# АЗ. ИСА (АС) ЖАНА АЗ. МЕХДИ (АС) УШУЛ КЫЛЫМДА КЕЛЕТ

# HZ. İSA (AS) VE HZ. MEHDİ (AS) BU YÜZYILDA GELECEK

**ХАРУН ЯХЬЯ (АДНАН ОКТАР)**

**HARUN YAHYA (ADNAN OKTAR)**

Bu kitapta kullanılan ayetler, Ali Bulaç'ın hazırladığı
"Kur'an-ı Kerim ve Türkçe Anlamı" isimli mealden alınmıştır.

**Birinci Baskı: Ağustos 2009**
**İkinci Baskı: Temmuz 2010**

**ARAŞTIRMA**
**YAYINCILIK**

Talatpaşa Mah. Emirgazi Caddesi
İbrahim Elmas İş Merkezi
A Blok Kat 4 Okmeydanı - İstanbul
Tel: (0 212) 222 00 88

Baskı: Kelebek Matbaacılık
Litros Yolu No: 4/1A Topkapı-İstanbul
Tel: (0 212) 612 43 59

**www.harunyahya.org - www.harunyahya.net**
**www.harunyahya.tv**

# МАЗМУНУ

**БИРИНЧИ КИТЕП**

**АЗ. ИСА (АС) ЖАНА АЗ. МЕХДИ (АС) УШУЛ КЫЛЫМДА КЕЛЕТ**

**БАШ СӨЗ:**

**1- БӨЛҮМ:**
**АЗ. ИСА (АС) ЖАНА АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ЧЫГААР УБАКТЫСЫ**
АЗ. МЕХДИ (АС) ХИЖРИЙ КАЛЕНДАРЫ БОЮНЧА 1400-ЖЫЛЫ, Б.А. УШУЛ КЫЛЫМДА ЧЫГАТ
САИД НУРСИ АЗРЕТИ АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ХИЖРИЙ 1400-ЖЫЛЫ ЧЫГААРЫН АЙТКАН
ДҮЙНӨНҮН ӨМҮРҮ 7000 ЖЫЛ
ДҮЙНӨНҮН ӨМҮРҮНҮН 7000 ЖЫЛ ЭКЕНИН АЙТКАН, СУЙУТИ АЗРЕТИДЕН АЛЫНГАН КУТТУУ ХАДИСТЕР
КАЙСЫ ИСЛАМ ААЛЫМДАРЫ ПАЙГАМБАРЫБЫЗ (САВ)ДЫН ХАДИСТЕРИНЕ ТАЯНЫП ДҮЙНӨНҮН ӨМҮРҮНҮН 7000 ЖЫЛ ЭКЕНИН БИЛДИРГЕН?
АКЫР ЗАМАН АЛААМАТТАРЫНЫН АКЫРКЫ 30 ЖЫЛДА ЧОГУУ БОЛУП ӨТКӨНҮ ДҮЙНӨНҮН ӨМҮРҮНҮН 7000 ЖЫЛ ЭКЕНИН ТАСТЫКТАЙТ
РАСУЛУЛЛАХ (САВ)ДАН СОҢ КЫЯМАТ ЖАКЫН
КҮН БАТЫШТАН ЧЫККАН СОҢ КЫЯМАТКА 120 ЖЫЛ КАЛЫШЫ МҮМКҮН ЭМЕС

**2- БӨЛҮМ:**
**КУТТУУ ХАДИСТЕРДЕ АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ**
**АЗ. МЕХДИ (АС) СӨЗСҮЗ ЧЫГАТ**
МУСУЛМАНДАР АРАСЫНДА АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫ СҮЙҮНЧҮЛӨӨНҮН МААНИСИ
АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН СӨЗСҮЗ ЧЫГА ТУРГАН БОЛУШУ
АЗ. МЕХДИ (АС) ХИЖРИЙ 1400-ЖЫЛЫ (1980-Ж.) ДИНГЕ ЧАКЫРУУ КЫЗМАТЫН БАШТАЙТ
ОЛУЯЛЫК (ВЕЛАЙЕТ) АЗ. МЕХДИ (АС) МЕНЕН АЯКТАЙТ

**АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ТӨРӨЛҮШҮ ЖАНА САНЖЫРАСЫ**

АЗ. МЕХДИ (АС) ПАЙГАМБАРЫБЫЗ (САВ)ДЫН УРПАКТАРЫНАН
АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ТААНЫТА ТУРГАН БИР ӨЗГӨЧӨЛҮГҮ АЛ
АЗ. ХАСАНДЫН УРПАКТАРЫНАН БОЛОТ
АЗ. МЕХДИ (АС) ҮЙДӨ ТӨРӨЛӨТ
АЗ. МЕХДИ (АС) ЧОҢ БИР ШААРДА ТӨРӨЛҮП, КИЙИН СТАМБУЛГА БАРАТ
АЗ. МЕХДИ (АС) КАВКАЗДАН КЕЛЕТ
БИР ТУУГАНЫ АЗ БОЛОТ
АЗ. МЕХДИ (АС) ҮЙЛӨНБӨЙТ

**АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН АТЫ**
ПАЙГАМБАРЫБЫЗ (САВ)ДЫН САНЖЫРАСЫ
АЗ. АЛИ КАСИДЕ-И ЭРЖҮЗЕДЕ ПАЙГАМБАРЫБЫЗ (САВ)ДЫН АТЫНЫН АДНАН ЭКЕНИН БИЛДИРГЕН
АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ЫСЫМДАРЫ
АЗ. МЕХДИ (АС)ГА ПАЙГАМБАРЫБЫЗ (САВ)ДЫН КАЙРЫЛГАН АТТАРЫ
АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН БИР ЫСМЫ «АРСТАН»

**АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ТЫШКЫ КӨРҮНҮШҮ**
АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ТЫШКЫ КӨРҮНҮШҮНҮН ТААНЫЛЫШЫНДАГЫ ТАҢ КАЛЫШТУУ ДЕТАЛЬДАР
АЗ. МЕХДИ (АС) СУЛУУ ЖАНА НУРДУУ
АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ЖҮЗҮ БЕРМЕТ АГЫН ЭСКЕ САЛАТ ЖАНА ЖАРКЫРАГАН ТАЗА ЖҮЗДҮҮ БОЛОТ
АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ӨҢҮ АРАБТАРДАЙ, Б.А. КАРА ТОРУГА ЧАЛГАН АК
АЗ. МЕХДИ (АС) АЧЫК ӨҢДҮҮ БОЛОТ ЖАНА ПАЙГАМБАРЫБЫЗ (САВ)ДЫКЫНА ОКШОШ ТҮСТӨ ЭКИ МЕҢИ БОЛОТ
АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ИЙИНИНДЕ ЭЛЧИЛИК МӨӨРҮ БАР
АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН АРКАСЫНДА ЖАЛБЫРАККА ОКШОШ БИР МЕҢ БАР
АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ДЕНЕСИ ИЗРАИЛ УРПАКТАРЫ СЫЯКТУУ
АЗ. МЕХДИ (АС) БАСЫШЫ СЫРТТЫ КӨЗДӨЙ БОЛОТ
АЗ. МЕХДИ (АС) СҮЙЛӨП ЖАТКАНДА БАСЫМ ЖАСОО ҮЧҮН КОЛУН КОЛДОНОТ
АЗ. МЕХДИ (АС) ОРТО БОЙЛУУ БОЛОТ
АЗ. МЕХДИ (АС) СӨӨЛӨТТҮҮ КИШИ БОЛОТ
АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН САКАЛЫ КОЮУ БОЛОТ
АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН САКАЛЫ КАПТАЛДАРЫ АЗ, ТӨМӨН ТАРАБЫ БОЛСО УЗУН БОЛОТ
АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ТИШТЕРИ КООЗ ЖАНА ЖАРКЫРАГАН БОЛОТ
АЗ. МЕХДИ (АС) ЖАШЫЛ КӨЗДҮҮ ЖАНА САКАЛЫ КАПТАЛДАРЫНДА АЗ БОЛГОН БИР КИШИ БОЛОТ

АЗ. МЕХДИ (АС) КЫЛЫЙ КӨЗДҮҮ
АЗ. МЕХДИ (АС) КЕҢ ДЕНЕЛҮҮ
КУРСАГЫНЫН КЕҢ БОЛУШУ
САН СӨӨГҮ КЕНЕН
АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН МАҢДАЙЫ АЧЫК ЖАНА КЕҢ БОЛОТ
АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН МУРДУ КИЧИНЕКЕЙ ЖАНА ИЧКЕ
АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН КАШТАРЫ КЕРМЕ БОЛОТ
АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ЧАЧЫ КАРА
АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ЧАЧТАРЫ КООЗДУГУ МЕНЕН КӨҢҮЛ БУРАТ
АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ОҢ БУТУНДА КАРА БИР ИЗ БАР
АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН МАҢДАЙЫНДА БИР МЕҢ БАР
АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН МАҢДАЙЫНДА БИР ИЗ (ЖАРА ИЗИ) БАР
АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН МАҢДАЙЫ ЖАРКЫРАГАН БОЛОТ
АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН БЕТИНДЕ МЕҢ БАР
АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН БЕТИНДЕГИ МЕҢ АЗ. МУСА (АС)ДЫН БЕТИНДЕГИ МЕҢГЕ ОКШОШ
АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ЖҮЗҮ ТАЗА ЖАНА БЕЙПИЛ
АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ЖАШЫ
АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН МАҢДАЙЫНДА БИР АЗ ЧУҢКУР БАР
АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ТЕРИСИ ЖАРКЫРАГАН
АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ЭКИ КАШЫНЫН АРАСЫНДА КИЧИНЕКЕЙ БИР ЧУҢКУР БАР
АЗ. МЕХДИ (АС) ЖАШЫ ӨТҮП КАЛГАН КЕЗДЕ ДА ЖАШ КӨРҮНӨТ
АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ПАЙГАМБАРЫБЫЗ (САВ)ГА ОКШОШ КЭЭ БИР ТЫШКЫ КӨРҮНҮШТӨРҮ

**АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ЧЫГУУ АЛААМАТТАРЫ (БЕЛГИЛЕРИ)**

1- АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ЧЫГУУ АЛААМАТТАРЫНЫН КАТАРЫ МЕНЕН БОЛУШУ
2- ФИТНАЛАРДЫН КӨБӨЙҮШҮ
3- АЗ. МЕХДИ (АС) ЧЫГААРДАН МУРДА КИШИ ӨЛТҮРҮҮЛӨР КӨБӨЙӨТ
4- ДҮЙНӨНҮН БҮТ ТАРАБЫН БАШАЛАМАНДЫК ЖАНА КАРГАШАЛАР КАПТАЙТ
5- АЯЛДАР МЕНЕН ЖАШ БАЛДАР ДА ӨЛТҮРҮЛГӨН ФИТНАЛАР БОЛОТ
6- ЭКОНОМИКАЛЫК КРИЗИС АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ЧЫГУУ АЛААМАТТАРЫНАН
7- МУСУЛМАНДАРГА КЫСЫМДЫН КӨБӨЙҮШҮ
8- МЕЧИТТЕРДИН БУЗУЛУШУ
9- АРАМДАРДЫН АДАЛ САНАЛЫШЫ
10- АЛЛАХТЫ АПАЧЫК ТАНУУ

11- ИРАН-ИРАК СОГУШУ
12- АФГАНИСТАНДЫН БАСЫП АЛЫНЫШЫ
13- ЕВФРАТ ДАРЫЯСЫНЫН СУУСУНУН ТОКТОШУ
14- РАМАЗАН АЙЫНДА АЙ МЕНЕН КҮН ТУТУЛУУЛАР
15- КУЙРУКТУУ ЖЫЛДЫЗДЫН ЧЫГЫШЫ
16- КААБАГА ЧАБУУЛ ЖАНА КААБАДА КАН ТӨГҮЛҮШҮ
17- ЧЫГЫШ ТАРАПТАН БИР ОТ КӨРҮЛҮШҮ
18- 1979-ЖЫЛЫ СТАМБУЛДА КЕМЕНИН ЖАРЫЛЫШЫ
19- ЖАЛГАН ПАЙГАМБАРЛАРДЫН КӨБӨЙҮШҮ
20- ДИНДИН ЖЕКЕ КЫЗЫКЧЫЛЫКТАРГА ПАЙДАЛАНЫЛЫШЫ
21- ЧОҢ ОКУЯЛАРДЫН ЖАНА ТАҢ КАЛЫШТУУ НЕРСЕЛЕРДИН БОЛУШУ
22- КҮНДӨН БИР АЛААМАТТЫН БОЛУШУ
23- ЧОҢ ШААРЛАРДЫН ЖОК БОЛУШУ
24- ЖЕР ТИТИРӨӨЛӨРДҮН КӨБӨЙҮШҮ
25- ЧОҢ БИР ОКУЯНЫН БОЛУШУ
26- «ЭКИ ТИШТҮҮ» КУЙРУКТУУ ЖЫЛДЫЗДЫН КӨРҮНҮШҮ
27- КОСМОСТО АДАМ КОЛУНА ОКШОГОН БИР КӨРҮНҮШТҮН ПАЙДА БОЛУШУ
28- ЧОҢ СЕЛДЕРДИН БОЛУШУ
29- КУШ ЖАНА ЧОЧКО ТУМООСУ АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ЧЫГУУ АЛААМАТТАРЫНАН
30- АКЫР ЗАМАНДЫН МААНИЛҮҮ БИР АЛААМАТЫ – БУЛ ЧАГЫЛГАН УРУУЛАРЫНЫН КӨБӨЙҮШҮ
31- БАГДАДДЫН ОТТОР МЕНЕН ЖОК КЫЛЫНЫШЫ
32- ИРАК АРМИЯСЫНЫН ЧӨЛДӨ ЖОГОЛУШУ
33- ИРАКТЫКТАРДЫН АКЧАСЫНЫН КАЛБАШЫ
34- ИРАК МЕНЕН ДАМАСККА (СИРИЯГА) ЭМБАРГО
35- ИРАКТЫН КАЙРАДАН ТҮЗҮЛҮШҮ
36- ДАМАСКТА ФИТНАЛАРДЫН БОЛУШУ
37- КҮНӨӨСҮЗ ЖАШ БАЛДАРДЫН ӨЛТҮРҮЛҮШҮ
38- ИРАК ЭЛИНИН ДАМАСККА, ТҮНДҮККӨ КАЧЫШЫ
39- ДАМАСКТА, ИРАКТА ЖАНА АРАБИСТАНДА КАРГАШАЛАРДЫН БОЛУШУ
40- ЕВФРАТ МЕНЕН ДИЖЛЕ (ТҮРКИЯДА БИР ШААР) АРАСЫНДА ЧОҢ УРУШТАРДЫН БОЛУШУ
41- ИРАК ЭЛИНИН ҮЧ ТОПКО БӨЛҮНҮШҮ

**АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ЧЫГААРЫНЫН ҮМҮТ ҮЗҮЛҮШҮ ДА АНЫН ЧЫГУУ АЛААМАТТАРЫНАН**

АЗ. МЕХДИ (АС) ЧЫГААРЫНАН ҮМҮТ ҮЗҮЛГӨН КЕЗДЕ ЧЫГАТ

АЗ. МЕХДИ (АС) ЖАШЫРУУН ЖАНА КАПЫСЫНАН ЧЫГАТ

**АЗ. МЕХДИ (АС) ЧЫГААРДАН МУРДА ЭЛДЕРДЕГИ БУЗУЛУУЛАР**
АЗ. МЕХДИ (АС) ЧЫККАНДА КӨПЧҮЛҮК НАМАЗ ОКУБАЙТ, ИСЛАМДА ШАРАПТЫН АРАМ ЭКЕНИНЕН ДА КАБАРСЫЗ БОЛУШАТ
АЗ. МЕХДИ (АС) ЧЫГААРДАН МУРДА ЖАЛГАН ЖАЛАА ЖАНА ЖАЛГАНЧЫ КҮБӨ КӨБӨЙӨТ
АЗ. МЕХДИ (АС) ЧЫГААРДАН МУРДА ЭЛДЕРДЕ БАҢГИЗАТ МЕНЕН КЫЛМЫШТАРГА БАЙЛАНЫШТУУ ӨЛҮМДӨР КӨБӨЙӨТ
АКЫР ЗАМАНДАГЫ АДАМДАР АРАСЫНДАГЫ СҮЙҮҮНҮН ЖОКТУГУ КЫЯМАТТЫН ДА, АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ЧЫГЫШЫНЫН ДА АЛААМАТЫ
РИВАЯТТАРДА АЗ. МЕХДИ (АС) ЖОК ЖЕРДЕ «ЖЕР БЕТИНДЕГИ БҮТ НЕРСЕНИН БУЗУЛААРЫ» БИЛДИРИЛГЕН
АЗ. МЕХДИ (АС) «АДАМДАР АР ТАРАПКА ТАРКАГАН» БИР ДООРДО ЧЫГАТ
АЗ. МЕХДИ (АС) АДАМДАР АРАСЫНДА УРУШ-ТАЛАШТАР ЭҢ КӨП БОЛГОН КЕЗДЕ ЧЫГАТ
АЗ. МЕХДИ (АС) АДАМДАР ЖАМАНДЫК, ЖЫРТКЫЧТЫК ЖАНА ЗУЛУМДУКТАН ТАЖАГАН КЕЗДЕ ЧЫГАТ
АЗ. МЕХДИ (АС) ЖАШЫРУУН КЕЗДЕ КООМДО ЗОМБУЛУК, АНАРХИЯ ЖАНА ПКК (ТҮРКИЯДАГЫ ТЕРРОРДУК УЮМ) ТЕРРОРУ БОЛОТ
АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ЧЫГУУ АЛААМАТТАРЫНЫН БИРИ – БУЛ АДАМДАРДЫН ТУУРА ЖОЛДОН ЧЫККАН БОЛУШУ
АЗ. МЕХДИ (АС) КЫЙЫНЧЫЛЫКТАР КӨБӨЙГӨН БИР ДООРДОН СОҢ ЧЫГАТ
ПАЙГАМБАРЫБЫЗ (САВ) АКЫР ЗАМАНДА ПАЛЕСТИНАДА ЗУЛУМДУК БОЛООРУН КАБАР БЕРГЕН
АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ЧЫГААРЫНАН МУРДАКЫ КЫСЫМЧЫЛ ШАРТТАРДАН УЛАМ ЭЧ КИМ АЛЛАХТЫН АТЫН ЭРКИН ЭСКЕРЕ АЛБАЙТ
АЗ. МЕХДИ (АС) АДАМДАР КЫЙЫНЧЫЛЫК, ЗУЛУМДУКТАРДАН ДАТТАНГАН КЕЗДЕ ЧЫГАТ
АЗ. МЕХДИ (АС) ЧЫГААРДАН МУРДА БАШКАРУУ СИСТЕМАЛАРЫ ЖЫГЫЛЫП, ЭКОНОМИКАЛЫК ТӨМӨНДӨӨЛӨР БОЛОТ
АЗ. МЕХДИ (АС) АДАМДАР АЛАРДЫ БАШКАРА ТУРГАН БИР АДАМДЫ ДА ТАППАЙ КАЛГАН КЕЗДЕ ЧЫГАТ
АДАМДАР ЧЫГУУ ЖОЛУН ИЗДЕП, АЯГЫНДА КУТУЛУУНУ –АЛЛАХТЫН БУЙРУГУ МЕНЕН- АЗ. МЕХДИ (АС)ДАН ТАБЫШАТ
АКЫР ЗАМАНДА АДАМДАРДЫН ЖҮЗДӨРҮ БУЗУЛУП, СУЛУУ ЭМЕС БОЛУП КАЛАТ
ЭВОЛЮЦИЯ МЕНЕН МАЙМЫЛДАН ПАЙДА БОЛГОНБУЗ ДЕП ИШЕНГЕН

КЭЭ БИР АДАМДАР МАЙМЫЛ МЕНЕН ЧОЧКО МҮНӨЗҮНДӨ ЖАНА КӨРҮНҮШҮНДӨ БОЛУШАТ
ДАРВИНИЗМДИ ЖАКТАГАН КЭЭ БИР «ДИН ААЛЫМДАРЫ» МАЙМЫЛ МЕНЕН ЧОЧКО СЫЯКТУУ БОЛУШАТ
ХАДИСТЕРДЕ АЙТЫЛГАН «АСМАНДАН ТАШ ЖАНА ОШОГО ОКШОШТОРДУН ЖААШЫ» УЧУРДА ДҮЙНӨНҮН КӨП ЖЕРЛЕРИНЕ БАГЫТТАЛГАН БОМБАЛООЛОР АРКЫЛУУ БОЛУУДА

**АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫ БАШЫНДА АДАМДАРДЫН КӨПЧҮЛҮГҮ БАЙКАШПАЙТ**
АДАМДАР АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫ ҮЙЛӨРҮНДӨ, КӨЧӨЛӨРДӨ КӨРҮШҮП, АНЫ КӨП КАРАШАТ; БИРОК «АЗ. МЕХДИ (АС)» ЭКЕНИН БИЛИШПЕЙТ
АЗ. МЕХДИ (АС) «МЕН АЗ. МЕХДИ (АС)МЫН» ДЕБЕЙТ; БИРОК АДАМДАРДЫН КӨЗҮНДӨГҮ КАПЫЛЕТТИК ПАРДАЛАРЫН АЛЫП САЛЫП, «МЕХДИ ЧЫНДЫГЫН» ТҮШҮНҮШҮНӨ ШАРТ ТҮЗӨТ
АДАМДАРДЫН АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫ ТААНЫЙ АЛБАШЫНЫН БИР СЫРЫ – БУЛ АЛЛАХТЫН АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫ КОРГОШУ
АЗ. МЕХДИ (АС) БАШЫНДА АТЫНЫН ЖАЙЫЛЫШЫНАН КАЧЫНАТ
АЗ. МЕХДИ (АС) АДАМДАРГА КӨРҮНӨТ, БИРОК АЛЛАХ АНЫН АЗ. МЕХДИ (АС) ЭКЕНИН БЕЛГИЛҮҮ МӨӨНӨТКӨ ЧЕЙИН АДАМДАРДАН ЖАШЫРАТ
ЧЫН ЫКЛАСТУУ МУСУЛМАНДАР АЗ. МЕХДИ (АС) МЕНЕН ШАКИРТТЕРИН АКЫРЫНДАП СҮЙҮП, БАРКТАШАТ
ЧЫГААРДАН МУРДА АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН АТАК-ДАҢКЫ ТЫНЫМСЫЗ ЖАЙЫЛАТ

**АЗ. МЕХДИ (АС) КЫЙЫНЧЫЛЫК, АЗАПТАРГА КАБЫЛАТ**
АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН КЫЙЫНЧЫЛЫК, АЗАПТАРГА КАБЫЛЫШЫ
БҮТ ПАЙГАМБАРЛАР МЕНЕН ЫКЛАСТУУ МУСУЛМАНДАР СЫЯКТУУ, АЗ. МЕХДИ (АС) ДА КААПЫРЛАРДЫН ТУЗАК ЖАНА ЖАЛААЛАРЫНА КАБЫЛАТ
АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН АРТЫНАН ТҮШҮП, КӨЗӨМӨЛДӨШӨТ ЖАНА КЫСЫМГА АЛУУНУ КААЛАШАТ
АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН КӨЗДӨРДӨН АЛЫС БОЛУШУ
АЗ. МЕХДИ (АС) ЖӨНҮНДӨ ТЕРС ПРОПАГАНДА ЖАСАЛЫШЫ
АЗ. МЕХДИ (АС) ЭКИ ЖОЛУ КАЙЫП БОЛОТ
АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН КОЛУ ДА, БУТУ ДА ӨЗ-ӨЗҮНЧӨ ЧЫНЖЫР МЕНЕН БАЙЛАНАТ
АЗ. МЕХДИ (АС) ӨТӨ ООР ШАРТТАРДА ИСЛАМ АХЛАГЫН ДҮЙНӨГӨ ЖАЙАТ
КУТТУУ ХАДИСТЕРДЕ АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН АКЫР ЗАМАНДЫН

ДАЖЖАЛИЯТ СИСТЕМАСЫ МЕНЕН БОЛГОН ПИКИРДИК КҮРӨШҮ
АЗ. МЕХДИ (АС) КЭЭ БИР АДАМДАРДЫН ТЕРС ПИКИРЛЕРИНЕН ТААСИРЛЕНБЕЙТ, ДАЙЫМА КУРАНГА КАРАП МАМИЛЕ КЫЛАТ
АЛЛАХ АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫ АГА ЖАБЫЛГАН ЖАЛААЛАРДАН ТАЗАЛАЙТ
АЛЛАХ АЗ. ИБРАХИМ (АС) СЫЯКТУУ АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫ ДА КААПЫРЛАРДЫН БҮТ ТУЗАКТАРЫНАН АМАН-ЭСЕН КУТКАРАТ
АЗ. МЕХДИ (АС) КАЙЫП КЕЗДЕ ДА ИШ-АРАКЕТТЕРИН УЛАНТАТ
АЗ. МЕХДИ (АС) ЖӨНҮНДӨ БИР ДАГЫ ЖАМАН МААЛЫМАТ ТАБЫЛА АЛБАЙТ ЖАНА АЗ. МЕХДИ (АС)ГА КУРУЛГАН ТУЗАКТАРДАН ЭЧ НАТЫЙЖА ЧЫКПАЙТ
БҮТ КЫСЫМ МЕНЕН ЧАБУУЛДАР АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫ АНДАН ДА КҮЧТӨНТӨТ
АЗ. МЕХДИ (АС) ӨТӨ ООР ШАРТТАРДА ИСЛАМ АХЛАГЫН ДҮЙНӨГӨ ЖАЙАТ КУТТУУ ХАДИСТЕРДЕ АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН АКЫР ЗАМАНДЫН ДАЖЖАЛИЯТ СИСТЕМАСЫ МЕНЕН БОЛГОН ПИКИРДИК КҮРӨШҮ
АЗ. МЕХДИ (АС) ЭЧ КАЧАН ЖЕҢИЛБЕЙТ; ЭЧ КИМ АЗ. МЕХДИ (АС)ГА ЗЫЯН ТИЙГИЗЕ АЛБАЙТ

**АЗ. МЕХДИ (АС) ТҮРКИЯДАН ЧЫГАТ ЖАНА СТАМБУЛДА ИШ-АРАКЕТ ЖҮРГҮЗӨТ**
АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН СТАМБУЛДУ РУХАНИЙ ЭЭЛЕШИ
АЗЫРКЫ ЧАЧЫРАНДЫ ТҮРК ТИЛДҮҮ МАМЛЕКЕТТЕР БИРИГИП АЗ. МЕХДИ (АС)ГА ЖАРДАМ БЕРИШЕТ
АЗ. МЕХДИ (АС) ИЧИНДЕ КЫЗМАТ КЫЛГАН КАЛК
КЕХФ СҮРӨСҮНҮН 79-АЯТЫНДА 1979-ЖЫЛЫ ЧӨККӨН INDEPENDENTA КЕМЕСИНЕ ЖАНА 1979-ЖЫЛЫ БОЛГОН АНАРХИЯ ШАРТТАРЫНА ИШАРТТАР БАР
АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН СТАМБУЛДА БАШТАЛА ТУРГАН КҮРӨШҮНҮН КЕЗЕГИ МЕНЕН МЕККЕ ДООРУ, ИЕРУСАЛИМ ДООРУ ЖАНА КИЙИН РИМ ДООРУ БОЛОТ
АЗ. МЕХДИ (АС) ИЧИНДЕ КЕҢ БАЗАРЛАРЫ БАР ЧОҢ БИР ШААРДАН ЧЫГАТ
АЗ. МЕХДИ (АС) ТҮРК КАЛКЫН ТЕРЕҢ ИЛИМ-БИЛИМИ МЕНЕН МААЛЫМДАНДЫРАТ
АЗ. МЕХДИ (АС) АЛГАЧ ТҮРК ЖЕЛЕГИ МЕНЕН ТҮРКИЯДАН ЧЫГАТ; АНДАН СОҢ ЖАШЫЛ ЖЕЛЕКТҮҮ БАШКА ӨЛКӨЛӨРДҮН РУХАНИЙ ЛИДЕРЛИГИН АРКАЛАЙТ
АЗ. МЕХДИ (АС) ТҮРКИЯДАН ЧЫГАТ ЖАНА КҮРӨШҮНҮН АЯГЫНА ЧЕЙИН АЛ ЖЕРДЕН КЕТПЕЙТ
ТҮРКТӨР АКЫР ЗАМАНДА ЧОҢ КҮЧКӨ ЭЭ БОЛУШАТ

**АЗ. МЕХДИ (АС) ЫЙЫК АМАНАТТАР МЕНЕН БИРГЕ ЧЫГАТ**

АЗ. МЕХДИ (АС) ПАЙГАМБАРЛАРДЫН БЕЛГИЛЕРИ МЕНЕН ЧЫГАТ

ПАЙГАМБАР МЫРЗАБЫЗ (САВ)ДЫН ЖЕЛЕГИ АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ЖАНЫНДА БОЛОТ, АЛ ЖЕЛЕК ДУШМАНДЫК КЫЛГАНДАРДЫН КОРКУУСУН, ЫКЛАСТУУ МУСУЛМАНДАРДЫН БОЛСО ЫЙМАНДАРЫН КӨБӨЙТӨТ

АЗ. МУСА (АС)ДЫН АСАСЫ ЖАНА АЗ. СУЛАЙМАН (АС)ДЫН ШАКЕГИ АЗ. МЕХДИ (АС)ДА БОЛОТ

АЗ. МЕХДИ (АС) ТАБУТ-У СЕКИНЕНИ ЧЫГАРАТ

АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ЫЙЫК АМАНАТТАР МЕНЕН ЧЫГЫШЫ

АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ЖЕЛЕГИ

АЗ. МЕХДИ (АС) ПАЙГАМБАРЫБЫЗ (САВ)ДЫН МӨӨРҮН КОЛДОНОТ

**АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ЖОГОРКУ МҮНӨЗҮ ЖАНА РУХАНИЙ БИЙИКТИГИ**

АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН МҮНӨЗҮ ПАЙГАМБАРЫБЫЗ (САВ)ГА ОКШОШ

АЗ. ДАВУД (АС)ДЫН ТАРТЫНУУСУНА, АЗ. АЙЙУБ (АС)ДЫН САБЫРЫНА ЭЭ БОЛГОН АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН МҮНӨЗҮ ПАЙГАМБАР МЫРЗАБЫЗ (САВ)ДЫН МҮНӨЗҮ

АЗ. МЕХДИ (АС) ДҮЙНӨНҮН ЭҢ ЖОГОРКУ МҮНӨЗДҮҮ АДАМЫ БОЛОТ

АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН МҮНӨЗҮНҮН ЫЙМАНДУУЛАРГА ӨРНӨК БОЛУШУ

АЛЛАХ АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫ БИР ТҮНДӨ ЖЕТИЛТЕТ

АЛЛАХ АЗ. МЕХДИ (АС)ГА БИР КҮНДӨ АБДАН ЧОҢ БИР НЕМАТ ЖАНА КҮЧ БЕРЕТ

АЗ. МЕХДИ (АС) БЕЙИШ КАЛКЫНЫН СЕЙИТТЕРИНЕН (МЫРЗАЛАРЫНАН)

АЗ. МЕХДИ (АС) АДАМДАРГА ЖАРЫК ЧАЧКАН БИР КҮН СЫЯКТУУ

АЗ. МЕХДИ (АС) АЛЛАХТЫ ДҮЙНӨДӨГҮ БҮТ НЕРСЕДЕН КӨП СҮЙӨТ ЖАНА АЛЛАХТАН ТЕРЕҢ БИР УРМАТ МЕНЕН КОРКОТ

АЗ. МЕХДИ (АС) ТУРГАН ҮЙДӨ АЛЛАХТЫН АТЫ КӨП ЭСТЕЛЕТ

ӨТӨ МЭЭРИМДҮҮ БОЛУШУ

МУСУЛМАНДАРДЫ КОРГОО СЕЗИМИНИН КҮЧТҮҮ БОЛУШУ

ЗААЛЫМГА КАРШЫ АКЫЙКАТТЫ ЖАКТАШЫ

ЭЧ КИМДИН ТАЛАМЫН ТАЛАШПАШЫ

МУКТАЖДЫКТАРЫН АДАМДАРГА БИЛДИРБЕЙТ

АДАМДАРГА ЖАКШЫЛЫК КЫЛЫШЫ

ӨТӨ ЖООМАРТ БОЛУШУ

АЗ. МЕХДИ (АС) ӨТӨ СҮЙҮҮГӨ ТОЛО ЖАНА ДОСТУККА ЖАКЫН БОЛОТ

АЗ. МЕХДИ (АС) ӨТӨ ЭР ЖҮРӨК БОЛОТ, ЭР ЖҮРӨКТҮК, БЕКЕМДИК, ТУРУКТУУЛУК ЖАНА КӨМӨКТӨШҮҮ СЫПАТТАРЫНА ЭЭ БОЛОТ

АЗ. МЕХДИ (АС) КҮЧТҮҮ ЫЙМАНЫ, СҮРҮ, ОЛУТТУУЛУГУ, АК СӨӨКТҮҮ МАМИЛЕЛЕРИ ЖАНА ПАЙГАМБАРЫБЫЗ (САВ)ДЫН АЛ ЖӨНҮНДӨГҮ СҮРӨТТӨӨЛӨРҮ МЕНЕН ТААНЫЛАТ
АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ИШ-АРАКЕТТЕРИНДЕ ТУУРА ЭМЕС ЖАНА ЗУЛУМДУКТУН БОЛБОШУ
АДАЛДАРДЫ ЖАНА АРАМДАРДЫ БИЛЕТ
АЗ. МЕХДИ (АС) ӨЗ ДООРУНУН ЭҢ ЖАКШЫСЫ БОЛОТ
АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ХИКМАТЫ, БААМЫ, ПАРАСАТЫ ЖАНА ТҮШҮНҮГҮ АБДАН КҮЧТҮҮ БОЛОТ
АЛЛАХ АЗ. МЕХДИ (АС)ГА ЭҢ ТУУРА ӨКҮМДҮ ИЛХАМ КЫЛАТ
АЗ. МЕХДИ (АС)ДА АЛЛАХТЫН «ХАДИ»; «ХИДАЯТ БЕРҮҮЧҮ» ЫСМЫНЫН БЕРЕКЕСИ БОЛОТ
АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ӨСҮМДҮК, ЖАНЫБАРЛАРДЫ СҮЙҮШҮ
АЗ. МЕХДИ (АС) ЖАНЫБАРЛАРДЫ СҮЙӨТ ЖАНА АЛАРДЫН АБАЛЫН ТҮШҮНӨТ
АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ЭЧ МАЛ-МҮЛКҮ БОЛБОЙТ
АЗ. МЕХДИ (АС) АДАМДАР АРАСЫНДА ЭҢ ИЛИМДҮҮ ЖАНА АДАМДАР ҮЧҮН ЭҢ ЖАКШЫ ДОС
АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН УСЛУБУ ЖАНА МАМИЛЕСИ ӨТӨ ЧЫН ЖҮРӨКТӨН БОЛОТ
АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ИШТЕРДИ ӨТӨ БАТ БҮТҮРҮШҮ
АЗ. МЕХДИ (АС) АЛЛАХТЫН ИЛХАМЫ МЕНЕН АДАМДАРДЫ ӨТӨ ЖАКШЫ ТААНЫЙТ; АЛГАН ЧЕЧИМДЕРИНДЕ КҮБӨ КЕРЕК БОЛБОЙТ
АЗ. МЕХДИ (АС) ЖОГОРКУ ПАРАСАТТУУ БОЛОТ ЖАНА АЛЛАХТЫН КААЛООСУ МЕНЕН КАЙЫП ИЛИМДЕРИН БИЛЕТ
УЛУУ АЛЛАХ АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫ ХИКМАТЫ, ИЛИМИ, ХИДАЯТЫ МЕНЕН БАГЫТТАЙТ
АЗ. МЕХДИ (АС) «ЭЧ КИМДЕ ЖОК ИЛИМДЕРДИН» ЭЭСИ БОЛОТ
АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ЖИФР (ЭБЖЕД) ИЛИМИН БИЛИШИ
АЗ. МЕХДИ (АС) АЛЛАХТАН БИР НЕМАТ КАТАРЫ ЛЕДҮН ИЛИМИ СЫЯКТУУ ЖАШЫРУУН ИЛИМДЕР МЕНЕН ЖАБДЫЛАТ
АЗ. МЕХДИ (АС) КЕРЕМЕТТҮҮ БИР НЕРСЕНИ БАЙКАЙТ
АЗ. МЕХДИ (АС) АЛЛАХТЫН ИЛХАМЫ МЕНЕН «АЛЛАХТЫН ЫРААЗЫЛЫГЫНА ЭҢ ЫЛАЙЫКТУУ МАМИЛЕНИ» БИЛЕТ ЖАНА ОШОГО ЖАРАША КЫЙМЫЛ-АРАКЕТ КЫЛАТ
АЗ. МЕХДИ (АС) КИМДИН ДОС, КИМДИН ДУШМАН ЭКЕНИН ЗАМАТТА ТҮШҮНӨТ
АЗ. МЕХДИ (АС) ИШТЕРДИ ЖАНА АДАМДАРДЫ ЭЧ КЕМЧИЛИКСИЗ БАШКАРЫШЫ МЕНЕН БЕЛГИЛҮҮ БОЛОТ
АЗ. МЕХДИ (АС) УБАГЫНДА БҮТ АДАМДАРДЫН АКЫЛЫ АЧЫЛАТ ЖАНА

ИЛИМДЕРИ КӨБӨЙӨТ
АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН КУРАН АХЛАГЫН ТҮШҮНДҮРҮҮ УСЛУБУНДАГЫ ЧЫН ЖҮРӨКТҮҮЛҮК АДАМДАРДЫН АЛЛАХКА ТЕРЕҢ ЫЙМАН КЕЛТИРИШИНЕ СЕБЕП БОЛОТ
АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН АДАМДАРДЫН БЕРЕКЕСИНЕ СЕБЕПЧИ БОЛУШУ
АЗ. МЕХДИ (АС) АКЫЛЫНА ЖАНА ЫЙМАНЫНА ӨТӨ ИШЕНИЛЕ ТУРГАН БИР АДАМ БОЛОТ, АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫ ТААНЫГАН ЧЫН ЫКЛАСТУУ АДАМДАР АНЫ ЭЭРЧИШЕТ
АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ДЕНЕСИ МЕНЕН ҮНҮ ӨТӨ КҮЧТҮҮ БОЛОТ, ОШОНДОЙ ЭЛЕ СӨЗДӨРҮ МЕНЕН ДҮЙНӨ ЖҮЗҮНДӨ ӨТӨ ТААСИРДҮҮ БОЛОТ
АЗ. МУСА (АС) АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН СОНУН МҮНӨЗДӨРҮН БИЛГЕНДЕ, «АЗ. МЕХДИ (АС) БОЛУУ ҮЧҮН» АЛЛАХКА ДУБА КЫЛГАН
АР БИР ЖООПКЕРЧИЛИКТИ ӨЗҮНӨ АЛЫШЫ
АЗ. МЕХДИ (АС) МЕНЕН БАЙЛАНЫШТУУ АР КАНДАЙ ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨР

**АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ПАЙГАМБАРЛАРГА ЖАНА ОЛУЯЛАРГА ОКШОШ ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ**
АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ЗУЛКАРНЕЙН (АС) ЖАНА АЗ. СУЛАЙМАН (АС) СЫЯКТУУ БҮТ ДҮЙНӨНҮ БАШКАРЫШЫ
АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮНҮН ПАЙГАМБАРЛАРГА ТҮШҮРҮЛГӨН КИТЕПТЕРДЕ БИЛДИРИЛИШИ
АЗ. МЕХДИ (АС) МЕНЕН ПАЙГАМБАРЛАР АРАСЫНДАГЫ ОКШОШТУКТАР
АЗ. МЕХДИ (АС) БҮТ ПАЙГАМБАРЛАРДЫН ИЛИМДЕРИНЕ ЭЭ БОЛОТ
АЗ. МЕХДИ (АС) АЗ. АДАМ (АС) ЖАНА АЗ. НУХ (АС) СЫЯКТУУ УЗУН ӨМҮРЛҮҮ БОЛОТ
АЗ. МЕХДИ (АС) АЗ. ХЫЗЫР (АС) ЖАНА АЗ. ЗУЛКАРНЕЙН (АС)ГА ОКШОШ КУРАНДА АТЫ АТАЛГАН АЗ. ЗУЛКАРНЕЙН (АС)ДЫН ЫСМЫНДА АКЫР ЗАМАНДЫН ЭЭСИ АЗ. МЕХДИ (АС)ГА ИШАРАТТАР БАР

**АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН АБДАН СҮЙҮЛҮШҮ**
АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН АДАМДАР ТАРАБЫНАН ӨТӨ СҮЙҮЛҮҮШҮ
БҮТ ТАРАПТА АЗ. МЕХДИ (АС)ДАН СӨЗ КЫЛЫНЫШЫ
АЗ. МЕХДИ (АС) ДООРУНДА ДҮЙНӨДӨГҮ БҮТ ЖАНДЫКТАР АЗ. МЕХДИ (АС)ДАН ЫРААЗЫ БОЛУШАТ
ЫЙМАН КЕЛТИРГЕНДЕР АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ЧЫГЫШЫН САГЫНУУ МЕНЕН КҮТҮШӨТ
АДАМДАРДЫН МҮМКҮН БОЛГОН АР КАНДАЙ СЕБЕП МЕНЕН АЗ. МЕХДИ (АС)ГА ЧУРКАШЫ, АГА МОЮН СУНУШУ ЖАНА АНДАН БАШ ТАРТПАШЫНЫН МААНИСИ

АЗ. МЕХДИ (АС) БҮТ МУСУЛМАНДАРДЫН ЖАКШЫЛЫК КЫЛУУЧУСУ БОЛОТ; АНЫН ДООРУНДА БҮТ АДАМДАРГА КӨП МАЛ-МҮЛК, БЕЛЕК ТАРКАТЫЛАТ
ЧЫККАНДА АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫ АДАМДАР ӨТӨ СҮЙҮШӨТ
РИВАЯТТАРДА АЗ. МЕХДИ (АС) ЧЫККАНДА, БҮТ АДАМДАРДЫН АНЫ ЭЭРЧИШИ БИЛДИРИЛГЕН
АЗ. МЕХДИ (АС) АДАМДАР ТАРАБЫНАН ТААНЫЛА ЭЛЕК КЕЗДЕРДЕ ДА АЛАРДЫН СҮЙҮҮСҮНӨ ЖАНА КЫЗЫГУУСУНА ЭЭ БОЛУП, ОЙЛОРУНАН ЧЫКПАЙТ

**АЗ. МЕХДИ (АС) ЖАМААТЫНЫН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ**

АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ЖАМААТЫНЫН САНЫ АЗ БОЛОТ
АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ШАКИРТТЕРИ ЖАШТАР БОЛОТ
АКЫР ЗАМАНДА АДАМДАРДЫН КӨПЧҮЛҮГҮ АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ЖАМААТЫНАН АЛЫС БОЛУШАТ
АЗ. МЕХДИ (АС) КАЙЫП КЕЗДЕ АГА ӨТӨ АЗ САНДА ГАНА АДАМ ИШЕНЕТ, БАШКА АДАМДАР ТЕРЕҢ КҮМӨНДӨ БОЛУШАТ
АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН 30 АДАМДАН ТУРГАН БИР ИШТӨӨ ТОБУ БОЛОТ
АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ШАКИРТТЕРИНИН БУЛ ДҮЙНӨГӨ БАГЫТТАЛГАН МАТЕРИАЛДЫК ЖАНА МОРАЛДЫК ЭЧ УМТУЛУУСУ БОЛБОЙТ
АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ШАКИРТТЕРИНИН ЖОГОРКУ ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ
АКЫР ЗАМАНДА АДАМДАРДЫН КӨПЧҮЛҮГҮ АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ШАКИРТТЕРИНИН БАРКЫН БИЛИШПЕЙТ
АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ШАКИРТТЕРИНИН РУХАНИЙ ТАРАБЫ КҮЧТҮҮ БОЛОТ
АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ШАКИРТТЕРИ ТАНДАЛГАН АДАМДАР БОЛОТ
АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН КЭЭ БИР ЖАРДАМЧЫЛАРЫ ГАНА АРАПЧА БИЛЕТ
АЛЛАХ АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫ ЖАНА ЖАРДАМЧЫЛАРЫН РУХАНИЙ КҮЧТҮҮ ЖАНА ТААСИРДҮҮ КЫЛГАН; АЛЛАХТЫН УРУКСАТЫ МЕНЕН ДҮЙНӨНҮН БҮТ ЖАГЫНДА АЛЛАХТЫН АТЫНЫН ЭСТЕЛИШИНЕ СЕБЕПЧИ БОЛУШАТ
АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ШАКИРТТЕРИНИН ЫЙМАНЫ ӨТӨ КҮЧТҮҮ БОЛОТ
АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ЖАРДАМЧЫЛАРЫ АЛАРГА ЖАСАЛГАН КЫСЫМДАН КОРКУШПАЙТ
АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ШАКИРТТЕРИ АЗ. МЕХДИ (АС) АЛГАН ЧЕЧИМДЕРГЕ ЭЧ КАРШЫ ЧЫГЫШПАЙТ
КЫЙЫНЧЫЛЫК ЖАНА КЫСЫМДАР АЗ. МЕХДИ (АС) МЕНЕН ШАКИРТТЕРИН КОРКУТПАЙТ
АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ШАКИРТТЕРИНИН КЭЭ БИР ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ
АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ШАКИРТТЕРИ БОЛГОН ЖАШТАРДЫН КЭЭ БИРЛЕРИ ЗУЛУМДУК ЖАНА КЫСЫМДАН УЛАМ ДАЖЖАЛДЫН ФИТНАСЫНА

КАБЫЛГАН ҮЙ-БҮЛӨЛӨРҮНӨН КЕТИШЕТ
АЗ. МЕХДИ (АС) МЕНЕН ШАКИРТТЕРИ АЛЛАХ АЛАРГА ТАРТУУ КЫЛГАН КҮЧ МЕНЕН АБДАН НАТЫЙЖАЛУУ БОЛУШАТ
АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН САБАКТАРЫН УККАНДАР ЭРТЕ МЕНЕН ИЛИМДҮҮ БОЛУП ТУРУШАТ
АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ШАКИРТТЕРИ АКЫР ЗАМАНДАГЫ ТЕХНОЛОГИЯДАН ПАЙДАЛАНЫШАТ
АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ШАКИРТТЕРИ КАЛУ БЕЛАДА АЛЛАХ АЛАРДАН УБАДА АЛГАН ЫЙМАНДУУЛАРДАН ТУРАТ
АЗ. МЕХДИ (АС) ТОБУНАН БОЛГУСУ КЕЛГЕН БИР МУСУЛМАН САБЫРДУУ, ТАКЫБА ЖАНА СОНУН МҮНӨДҮҮ БОЛУШУ КЕРЕК
АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫ СҮЙГӨНДӨР ДҮЙНӨНҮН АР ТАРАБЫНДАГЫ ТЕЛЕВИЗОР ЖАНА РАДИО ПРОГРАММАЛАРЫ АРКЫЛУУ АНЫН СӨЗДӨРҮН УГУШУП; УЧАК МЕНЕН ЖЕ БАШКА ЫЛДАМ УНААЛАР МЕНЕН ӨТӨ КЫСКА УБАКЫТ ИЧИНДЕ АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ЖАНЫНА БАРЫШАТ
АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ШАКИРТТЕРИ ДҮЙНӨНҮН КААЛАГАН ЖАГЫ МЕНЕН ИНТЕРНЕТ АРКЫЛУУ БИР КАНЧА МҮНӨТ ИЧИНДЕ БАЙЛАНЫШ КУРА АЛЫШАТ
АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ШАКИРТТЕРИ БОСФОР КӨПҮРӨСҮНӨН ӨТҮШӨТ, УЧАК МЕНЕН САЯКАТ КЫЛЫШАТ
АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ШАКИРТТЕРИ ӨЛГӨН ЖАНЫБАР МЕНЕН ӨСҮМДҮК ФОССИЛДЕРИН ТИРҮҮЛӨРҮ МЕНЕН САЛЫШТЫРЫП АДАМДАРГА КӨРСӨТҮШӨТ, УШУНДАЙЧА АЛЛАХТЫН УРУКСАТЫ МЕНЕН ДАРВИНИЗМДИ ЖАНА МАТЕРИАЛИЗМДИ ТААСИРСИЗ КЫЛЫШАТ

**АЗ. МЕХДИ (АС) ДООРУНУН МҮНАФЫКТАРЫ ТАРЫХТАГЫ ЭҢ ЧЕКТЕН ЧЫККАН МҮНАФЫКТАР БОЛОТ**

АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ЖАМААТЫ «ТАЗА ЖАНА БЕРЕКЕЛҮҮ БИР БУУДАЙГА» ОКШОШОТ. АРАЛАРЫНАН ЧЫККАН МҮНАФЫКТАР БОЛСО «АЛ БУУДАЙГА КИРГЕН МИТЕ, ЖИЙИРКЕНИЧТҮҮ БУУДАЙ КУРТТАРЫ» СЫЯКТУУ БОЛУШАТ
АЗ. МЕХДИ (АС) МҮНАФЫК МҮНӨЗДҮҮ АДАМДАРДЫ ЖҮЗҮНӨН ТААНЫЙТ
АЗ. ИСА (АС) ЖАНА АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН КЕЛИШИ ЖӨНҮНДӨ «АЛЛАХ МЕНЕН ПАЙГАМБАРЫ БИЗГЕ БОШ БИР АЛДАНУУНУ ГАНА УБАДА КЫЛДЫ» ДЕГЕНДЕР БОЛОТ
МҮНАФЫКТАР АЗ. МЕХДИ (АС)ДАН ТАРТЫНЫШАТ
МҮНАФЫКТАРДЫН БУЗУКУ ЖАНА КАТУУ ЖҮРӨКТҮҮ БОЛУШУ
АЗ. МЕХДИ (АС) ЖАМААТЫНДАГЫ МҮНАФЫКТАРДЫН ДАЖЖАЛДЫ ЭЭРЧИШИ

МҮНАФЫКТАР КЕТКЕН СОҢ АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН КӨРҮНҮШҮ
АЗ. МЕХДИ (АС) МЕНЕН ЖАМААТЫ КЕТКЕНДЕРДЕН ТААСИРЛЕНБЕЙТ
АЗ. МЕХДИ (АС) ЖАМААТЫНЫН МҮНАФЫКТАРДАН ТАЗАЛАНЫШЫ
АЗ. МЕХДИ (АС) ОТТУН ЭҢ ТӨМӨНКҮ КАТМАРЫНДА ОРУН АЛААРЫ БИЛДИРИЛГЕН МҮНАФЫКТАР МЕНЕН ПИКИРДИК КҮРӨШ ЖҮРГҮЗӨТ
ПАЙГАМБАРЫБЫЗ (САВ)ДЫН РИВАЯТТАРЫНАН АЗ. МЕХДИ (АС) ДООРУНДАГЫ МҮНАФЫКТАРДЫН КУЛК-МҮНӨЗҮ
МҮНАФЫКТАР ЖӨНҮНДӨ КУРАН АЯТТАРЫ

**АЗ. МЕХДИ (АС) ДООРУНДАГЫ ЖАЛГАН «ДИН ААЛЫМДАРЫ»...**
АКЫР ЗАМАНДА ДИНГЕ КЫЗМАТ КЫЛУУГА АКЫ СУРАГАН ЖАСАЛМА ДИН ААЛЫМДАРЫ БОЛОТ
АЗ. МЕХДИ (АС) ДООРУНДА ЧАЧЫ КЫРЫЛГАН КЭЭ БИР ЖАЛГАН ААЛЫМДАР ЧЫГЫП, ДИН ЖӨНҮНДӨГҮ ТҮШҮНДҮРМӨЛӨРҮ МЕНЕН ИСЛАМ АХЛАГЫНАН АДАШЫШАТ
АКЫР ЗАМАНДА КУРАНДЫ АБДАН ЖАКШЫ БИЛГЕН, ЧАЧЫ КЫРЫЛГАН КЭЭ БИР АДАМДАР ЧЫГАТ, АЛ АДАМДАР КУРАН АХЛАГЫНА КАРШЫ КАТУУ КҮРӨШ ЖҮРГҮЗҮШӨТ
ЧАЛМАЛУУ 70 МИҢ ААЛЫМ АЗ. МЕХДИ (АС)ГА КАРШЫ КҮРӨШКӨ ЖАРДАМ БЕРИШЕТ
АЗ. МЕХДИ (АС) ДООРУНДАГЫ БИР КАТАР ЖАХИЛ (САБАТСЫЗ) МУСУЛМАНДАРДЫН АБАЛЫ
БЕДИҮЗЗАМАН МЕХДИЛИК ТЕМАСЫН ТАНГАНДАРДЫН «ЫЙМАНДАРЫ АЛСЫЗ ЖАНА ТЕКЕБЕРДИГИ КҮЧТҮҮ» КИШИЛЕР ЭКЕНИН АЙТКАН

**АЗ. МЕХДИ (АС) ДООРУНДА КАН ТӨГҮЛБӨЙТ, ИСЛАМ АХЛАГЫ ИЛИМИЙ ИШ-АРАКЕТТЕР МЕНЕН БҮТ ДҮЙНӨГӨ ЖАЙЫЛАТ**
АЗ. МЕХДИ (АС) КАН ТӨКПӨЙТ
АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН КУРАЛЫ ЫЙМАН, СҮЙҮҮ
АЗ. МЕХДИ (АС) ИСЛАМ АХЛАГЫН ИЛИМИЙ ИШ-АРАКЕТТЕР МЕНЕН ЖАЙЫЛТАТ
МЕХДИ (АС) БҮТ ДҮЙНӨНҮ РУХАНИЙ ЭЭЛЕЙТ
АЗ. МЕХДИ (АС) МЕНЕН ШАКИРТТЕРИ ДҮЙНӨНҮН ТӨРТ ТАРАБЫНА ИСЛАМ АХЛАГЫН ЖАЙЫШАТ
АЗ. МЕХДИ (АС) ДИН АХЛАГЫН ЖАЙГАНДА ПАЙГАМБАРЫБЫЗ (САВ)ДЫН АКЫРКЫ ПАЙГАМБАР ЭКЕНИН КАБЫЛ АЛБАГАН ЭЧ КИМ КАЛБАЙТ
АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН «ҮСТҮНДӨ АЛЛАХТЫН АТЫ ЖАЗЫЛГАН, САРЫ АК ЖЕЛЕКТЕРИ» ДҮЙНӨНҮН ТӨРТ ТАРАБЫН КАПТАЙТ
АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ЫЙМАН ЖӨНҮНДӨГҮ ЭМГЕКТЕРИ АКЫР ЗАМАНДА АДАМДАРДЫН ТУУРА ЖОЛДУ ТАБЫШЫНА (ХИДАЯТ) СЕБЕПЧИ БОЛОТ

АЗ. МЕХДИ (АС) АЛЛАХТЫН БАР ЭКЕНИН, ЖАРАТУУНУ, ААЛАМДЫ, КУРАНДЫ, АКЫР ЗАМАНДЫ АБДАН КҮЧТҮҮ ДАЛИЛДЕР МЕНЕН ТҮШҮНДҮРӨТ ЖАНА ЭЧ КИМ АГА КАРШЫ ДАЛИЛ АЛЫП КЕЛЕ АЛБАЙТ
АЗ. МЕХДИ (АС) ДАРВИНИЗМ МЕНЕН МАТЕРИАЛИЗМГЕ КАРШЫ ПИКИРДИК КҮРӨШҮНДӨ АДАМДАРГА ЖАРАТУУНУН ДАЛИЛДЕРИН КӨРСӨТӨТ, ДИНГЕ ЧАКЫРУУДА БОЛСО КУРАН АЯТТАРЫН ЖАНА ПАЙГАМБАРЫБЫЗ (САВ)ДАН РИВАЯТ КЫЛЫНГАН САХИХ (ИШЕНИМДҮҮ) ХАДИСТЕРДИ ДАЛИЛ КАТАРЫ СУНАТ
АЗ. МЕХДИ (АС) АДАМДАРГА ЖАРАТУУ ЧЫНДЫГЫН ФОССИЛДЕР МЕНЕН ДАЛИЛДЕЙТ
АЗ. МЕХДИ (АС) БҮТ ДҮЙНӨНҮН ХИДАЯТЫНА СЕБЕПЧИ БОЛОТ
АЗ. МЕХДИ (АС) АДАМДАРДЫН КУРАН АХЛАГЫН ЭЧ КЕМЧИЛИКСИЗ ЖАШАШЫНА СЕБЕПЧИ БОЛОТ
АЗ. МЕХДИ (АС) ДҮЙНӨНҮН БҮТ ТАРАБЫНА КҮН СЫЯКТУУ ЖАРЫК ЧАЧАТ, АНЫН СЕБЕБИ МЕНЕН БҮТ «КАЙГЫ, ЗУЛУМДУКТАР» ТОКТОЙТ
АЗ. МЕХДИ (АС) АДАМДАРДЫН «ЧЫНЫГЫ ЖАНА ТЕРЕҢ СҮЙҮҮНҮ» ЖАШАШЫНА СЕБЕПЧИ БОЛОТ
АЗ. МЕХДИ (АС) АДАМДАРДЫН ЫЙМАНЫНА ЖАНА АЛЛАХТАН АБДАН КОРКУШУНА СЕБЕПЧИ БОЛОТ
АЗ. МЕХДИ (АС) КУРАНДЫН ТУУРА ЖОЛУН ЖАНА ПАЙГАМБАРЫБЫЗ (САВ)ДЫН СҮННӨТҮН АДАМДАРГА КӨРСӨТӨТ
АЛЛАХ АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫ СЕБЕПЧИ КЫЛЫП, КЫЛЫМГА ЖАНА БҮТ ДҮЙНӨГӨ ТААСИР БЕРЕ ТУРГАН СОНУН КИТЕПТЕРДИ ДАЯРДАТАТ
АЗ. МЕХДИ (АС) СЕБЕБИНЕН БҮТ ТАРАП АЛЛАХКА ИБАДАТ КЫЛЫНГАН ЖЕРЛЕРГЕ АЙЛАНАТ
АЗ. МЕХДИ (АС) КУРАНДЫ ЖАНА ХАДИСТЕРДИ АБДАН ЖАКШЫ ТҮШҮНҮП ТҮШҮНДҮРҮП БЕРЕТ

**АЗ. МЕХДИ (АС) ДООРУНДА ИСЛАМ АХЛАГЫ ӨЗҮНӨ КАЙТАТ, БҮТ МЕЗХЕПТЕР ЖОГОЛОТ**

АЗ. МЕХДИ (АС) ДООРУНДА ИСЛАМ ДИНИ ПАЙГАМБАРЫБЫЗ (САВ) ДООРУНДАГЫ ЧЫНЫГЫ АБАЛЫНДА ЖАШАЛАТ
АЗ. МЕХДИ (АС) ЧЫНЫГЫ ИСЛАМ АХЛАГЫН ЧЫГАРАТ
АЗ. МЕХДИ (АС) КӨРҮНГӨНДӨ БҮТ ТАРИКАТТАР АГА МОЮН СУНАТ. СЕБЕБИ МЕХДИ (АС) БҮТ ИСЛАМ ААЛАМЫНЫН МҮРШИДИ
АЗ. МЕХДИ (АС) ЭЧ КИМДИН, ЭЧ БИР КӨЗ-КАРАШТЫН, ЭЧ БИР ТАРИКАТТЫН ТААСИРИНДЕ БОЛБОЙТ
АЗ. МЕХДИ (АС) ЭЧ БИР ТАРИКАТКА КӨЗ-КАРАНДЫ БОЛБОЙТ, АЛ КӨРҮНГӨНДӨ ТАРИКАТТАРДЫН БААРЫ АГА БАШ ИЙЕТ
АЗ. МЕХДИ (АС) АДАМДАРДЫН МҮНӨЗҮНҮН СОНУН БОЛУШУНА,

АДАМДАРДЫН ЧЫН ЖҮРӨКТӨН МАМИЛЕ КЫЛЫШЫНА СЕБЕПЧИ БОЛОТ
АЗ. МЕХДИ (АС) КААПЫРДЫК АГЫМДАРДЫ ЖАНА БИДАТТАРДЫ ИСЛАМ ДИНИНЕН АЛЫСТАТАТ, АДАМДАРДЫ АЛЛАХКА ЫЙМАНГА ЧАКЫРАТ
АЗ. МЕХДИ (АС) ИСЛАМ ДИНИНДЕГИ БИДАТТАРДЫ ТАЗАЛАЙТ, АДАМДАРДЫ КУРАНГА ЖАНА ПАЙГАМБАРЫБЫЗ (САВ)ДЫН СҮННӨТҮНӨ БАГЫТТАЙТ
АЗ. МЕХДИ (АС) ПАЙГАМБАР МЫРЗАБЫЗ (САВ)ДЫН СҮННӨТҮН ЭЭРЧИЙТ, ИСЛАМ ДИНИНЕ КИЙИН КОШУЛГАН КОШУМЧАЛАРДЫ ТАЗАЛАП, ДИНИБИЗДИ ПАЙГАМБАРЫБЫЗ (САВ)ДЫН ДООРУНДАГЫ ЧЫНЫГЫ АБАЛЫНА КАЙТАРАТ
АЗ. МЕХДИ (АС) АДАМДАРДЫН АР КАНДАЙ ТЕМАДА КУРАН АХЛАГЫ БОЮНЧА ОЙЛОНУП МАМИЛЕ КЫЛЫШЫНА ШАРТ ТҮЗӨТ; Б.А. АЛАРДЫ: ЭҢ ТУУРА, ТАК, ЛОГИКАЛУУ, АКЫЛДУУ МАМИЛЕ КЫЛУУГА ҮНДӨЙТ

**АЗ. ИСА (АС) МЕНЕН АЗ. МЕХДИ (АС) БИРГЕ ИЛИМИЙ КҮРӨШ ЖҮРГҮЗӨТ, АЗ. ИСА (АС) АЗ. МЕХДИ (АС)ГА БАШ ИЙЕТ**
АЗ. ИСА (АС) АЗ. МЕХДИ (АС)ГА БАШ ИЙЕТ ЖАНА АЗ. МЕХДИ (АС) НАМАЗДА АЗ. ИСА (АС)ГА ИМАМДЫК КЫЛАТ
АЗ. ИСА (АС) АЗ. МЕХДИ (АС)ГА ЖАРДАМЧЫ БОЛОТ, АГА БАШ ИЙЭЭРИН АЙТАТ
АЗ. ИСА (АС) ЭКИНЧИ ЖОЛУ ДҮЙНӨГӨ КЕЛГЕНДЕ, ҮСТҮНДӨ МӨӨРҮ БАР КИТЕПТЕР МЕНЕН ИСЛАМ АХЛАГЫНА ЧАКЫРАТ
АЗ. ИСА (АС) МЕНЕН АЗ. МЕХДИ (АС) КӨРҮНҮШҮ ЖАНА МҮНӨЗҮ ЖАГЫНАН БИР-БИРИНЕ АБДАН ОКШОШ БОЛОТ
АЗ. ИСА (АС) АЗ. МЕХДИ (АС) УБАГЫНДА МУСУЛМАН БОЛУП ЖЕР БЕТИНЕ ТҮШӨТ
АЗ. МЕХДИ (АС) АЗ. ИСА (АС)ДЫН ДА ИМАМЫ БОЛОТ
КЕХФ СҮРӨСҮНДӨ АЙТЫЛГАН «ЭКИ ЖЕТИМ БАЛА» АЗ. ИСА (АС) МЕНЕН АЗ. МЕХДИ (АС)ГА ИШАРАТ КЫЛАТ

**АЗ. МЕХДИ (АС)ГА БАШ ИЙҮҮ**
АЗ. МЕХДИ (АС) ЧЫККАН КЕЗДЕ МУСУЛМАНДАРДЫН БИР РУХАНИЙ ЛИДЕРИ БОЛБОЙТ
АЗ. МЕХДИ (АС) «СЕН МЕХДИСИҢ» ДЕГЕН СӨЗДӨРДҮ КАБЫЛ АЛБАЙТ; АЛ КААЛАБАГАНЫНА КАРАБАСТАН АНЫ ЛИДЕР КЫЛЫШАТ
АЗ. МЕХДИ (АС)ГА КАЕРДЕ БАШ ИЙИЛЭЭРИ ЖӨНҮНДӨ МУСУЛМАНДАРДЫН РУХАНИЙ ЛИДЕРЛИГИ АЗ. МЕХДИ (АС)ГА ҮЙҮНДӨ ОТУРГАН КЕЗДЕ КЕЛЕТ
АЗ. МЕХДИ (АС) ЧЫККАНДА, БҮТ АДАМДАР АНЫН РУХАНИЙ ЛИДЕРЛИГИ АСТЫНДА БИРИГИШЕТ

**АЗ. МЕХДИ (АС) ИСЛАМ ААЛАМЫНЫН ЖАНА БҮТ АДАМЗАТТЫН КУТУЛУШУ БОЛОТ**

АЗ. МЕХДИ (АС) МУСУЛМАНДАРДЫ ЭРКИНДИККЕ ЖЕТКИРЕТ, АТЕИСТ СИОНИСТТЕР МЕНЕН АТЕИСТ МАСОНДОРДУН ШАЙТАНДЫК УЮМДАРЫН ТОКТОТОТ

МУСУЛМАНДАРДЫН БӨЛҮНҮҮЧҮЛҮГҮН АЗ. МЕХДИ (АС) ЖОК КЫЛЫП, ИСЛАМ ААЛАМЫН БИРИКТИРЕТ

АЗ. МЕХДИ (АС) БҮТ МУСУЛМАНДАР АРАСЫНДАГЫ ФИТНА, КАРГАША ЖАНА БӨЛҮНҮҮНҮ ЖОК КЫЛЫП, МУСУЛМАНДАРДЫ БИР ТУУГАН КЫЛАТ

АЗ. МЕХДИ (АС) АДАМДАРДЫ ДОСТУККА ЖАНА БИР БОЛУУГА ЧАКЫРАТ

АЗ. МЕХДИ (АС) ДООРУНДА ЖОЛДОН ЧЫККАН СИСТЕМАЛАР КЫЙРАЙТ

АЗ. МЕХДИ (АС) ДҮЙНӨНҮ ЖАМАНДЫКТАР МЕНЕН ЗААЛЫМ ФИЛОСОФИЯЛАРДАН КУТКАРЫП, АДАМДАР АРАСЫНА СҮЙҮҮ МЕНЕН ТЫНЧТЫКТЫ ЖАЙАТ

АЗ. МЕХДИ (АС) АДАМДАРДЫН БҮТ МАСЕЛЕЛЕРИН ЧЕЧЕТ, БҮТ АДАМДАРГА ЖАРДАМГА ЧУРКАЙТ

АЛЛАХ АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫ СЕБЕПЧИ КЫЛЫП, ЗОМБУЛУКТУ ДА, ЗОМБУЛУКТУН ФИЛОСОФИЯСЫН ДА ЖОК КЫЛАТ

АЗ. МЕХДИ (АС) УБАГЫНДА ЗААЛЫМДАРДЫН ӨКҮМДАРЛЫГЫ БҮТӨТ

**АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН БАШКА КЭЭ БИР ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ**

ХАДИСТЕРДЕ ИШАРАТ КЫЛЫНГАН 1956-ЖЫЛДЫН МААНИСИ

АЗ. МЕХДИ (АС) АРАПЧА БИЛБЕЙТ

АЗ. МЕХДИ (АС) РИМДИ РУХАНИЙ ЭЭЛЕЙТ, ВАТИКАНДА ЧОҢ БИР ЖЕР ТИТИРӨӨ БОЛОТ

ЧЫГЫШТАН БИР ТОП АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ЧЫГЫШЫ ҮЧҮН ШАРТТАРДЫ ДАЯРДАЙТ

АЛЛАХТЫН АЗ. МЕХДИ (АС)ГА БОЛГОН СҮЙҮҮСҮ СЕБЕБИНЕН ЖЕР ТИТИРӨӨЛӨР ТОКТОЙТ

АСХАБЫ КЕХФ АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ЖАРДАМЧЫСЫ БОЛОТ

АЗ. МЕХДИ (АС) ЖӨНҮНДӨ АР КАНДАЙ ПИКИРЛЕР АЙТЫЛАТ, БИРОК КИЙИН БИР ПИКИРГЕ КЕЛИНЕТ

АЗ. МЕХДИ (АС) ДООРУНДА БОЛО ТУРГАН КЭЭ БИР МААНИЛҮҮ ОКУЯЛАР

АЗ. МЕХДИ (АС) ЭМГЕКТЕРИНДЕ РИСАЛЕ-И НУРДАН ПАЙДАЛАНАТ

ПАЙГАМБАРЫБЫЗ (САВ)ДЫН АКЫР ЗАМАН ХАДИСТЕРИН АЗ. МЕХДИ (АС) ЭҢ ТУУРА ТҮШҮНДҮРӨТ

АЗ. МЕХДИ (АС) МЕНЕН ПАЙГАМБАРЫБЫЗ (САВ) АРАСЫНДА КӨЗ

БОЙОМОЧУ УЛГАЙГАН БИР АДАМ БОЛОТ
ХАДИСТЕРДЕ 1997- ЖАНА 1999-ЖЫЛГА ИШАРАТТАР

**АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ТАМАГЫ, КИЙИМДЕРИ ЖАНА УНААСЫ**
АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ТАМАГЫ ЖӨНӨКӨЙ БОЛОТ
АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН КИЙИМДЕРИ ДА, ТЕРИСИ ДА ЖАРКЫРАГАН БОЛОТ
АЗ. МЕХДИ (АС) ПАЙГАМБАРЫБЫЗ (САВ) СЫЯКТУУ АК ЖАРКЫРАГАН ЖАНА ТАЗА КИЙИМДЕРДИ КИЙЕТ
АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН МАШИНАСЫНЫН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

**АЗ. МЕХДИ (АС) ДООРУНДА ЕВРЕЙЛЕР**
АЗ. МЕХДИ (АС) ЧЫНЫГЫ ТООРОТТУ ЧЫГАРАТ ЖАНА БИР ЕВРЕЙ ЖАМААТЫ АНЫН СЕБЕБИНЕН МУСУЛМАН БОЛОТ
КӨП ЕВРЕЙЛЕР АЗ. МЕХДИ (АС) СЕБЕБИНЕН МУСУЛМАН БОЛОТ
АЗ. МЕХДИ (АС) МЕНЕН БИРГЕ ИЗРАИЛ (ИСРАИЛ) УРПАКТАРЫНАН БИР ЭЛ БОЛОТ
АЗ. МЕХДИ (АС) ЕВРЕЙЛЕРДИ АЗ. ДАВУД (АС) ЖАНА АЗ. СУЛАЙМАН (АС)ДЫН ӨКҮМҮ МЕНЕН БАШКАРАТ

**КУРАНДА АКЫР ЗАМАНГА, АЗ. ИСА (АС) ЖАНА АЗ. МЕХДИ (АС)ГА ЖАНА ИСЛАМ АХЛАГЫНЫН ДҮЙНӨГӨ ЖАЙЫЛЫШЫНА ИШАРАТ КЫЛГАН АЯТТАР**
ПАЙГАМБАРЫБЫЗ (САВ) НУР СҮРӨСҮНҮН 55-АЯТЫНЫН АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН СЕБЕБИНЕН ИСЛАМ АХЛАГЫНЫН ДҮЙНӨГӨ ЖАЙЫЛЫШЫНА ИШАРАТ КЫЛААРЫН БИЛДИРГЕН
КААПЫРЛАР КААЛАБАСА ДА, АЛЛАХ ИСЛАМ АХЛАГЫН БҮТ ЖЕР ЖҮЗҮНӨ ЖАЙАТ
ТАХА СҮРӨСҮНҮН 10-АЯТЫ АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ЧЫГААРЫНА ИШАРАТ КЫЛГАН БИР АЯТ
АЗ. ЙУСУФ (АС)ДЫН ӨМҮРҮНДӨ АЗ. МЕХДИ (АС)ГА ИШАРАТТАР БАР
КУРАНДА ИСЛАМ АХЛАГЫНЫН ЖАЙЫЛЫШЫНА ИШАРАТ КЫЛГАН БАШКА АЯТТАР
УЛУУ ИСЛАМ ААЛЫМДАРЫ КУРАНДА АЗ. МЕХДИ (АС)ГА ЖАНА ИСЛАМ АХЛАГЫНЫН ДҮЙНӨГӨ ЖАЙЫЛЫШЫНА ИШАРАТ КЫЛГАН КЭЭ БИР АЯТТАРДЫ МЫНДАЙЧА ТҮШҮНДҮРҮШКӨН
РИСАЛЕ-И НУР ШАКИРТТЕРИНЕН АХМЕД ФЕЙЗИ КУЛ МЫРЗАНЫН АКЫР ЗАМАНГА ТИЕШЕЛҮҮ КЭЭ БИР ЭБЖЕД ЭСЕПТЕРИ
АЗ. МЕХДИ (АС) ЖАНА АКЫР ЗАМАНГА ИШАРАТ КЫЛГАН КЭЭ БИР АЯТТАР ЖАНА ЭБЖЕД ЭСЕПТЕРИ

**ПАЙГАМБАР МЫРЗАБЫЗ (САВ) КАБАР БЕРГЕН АКЫР ЗАМАН ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫ**

АЗ. МЕХДИ (АС) АКЫР ЗАМАНДЫН ТЕХНОЛОГИЯЛЫК МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨРҮН ПАЙДАЛАНЫП БҮТ ДҮЙНӨГӨ КУРАН АХЛАГЫН ЖАНА ЫЙМАН АКЫЙКАТТАРЫН МААЛЫМДАП БЕРЕТ

АЗ. МЕХДИ (АС) ДООРУНДА ДҮЙНӨНҮН ТҮЗҮЛҮШҮ ЖАНА ААЛАМ ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТТАРГА ЖЕТИШИЛЕТ

АЗ. МЕХДИ (АС) ДҮЙНӨДӨГҮ ОКУЯЛАР ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТ АЛГАНДА ТЕХНОЛОГИЯЛАРДЫ ПАЙДАЛАНАТ

АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ЧАКЫРЫГЫН КӨПТӨГӨН ШААРДАГЫ АДАМДАР БИР УБАКТА ТЫҢДАЙ АЛЫШАТ

АЗ. МЕХДИ (АС) ДООРУНДА ЭЛЕКТРОНДУК БАЙЛАНЫШ

АДАМГА ӨЗ ҮНҮНҮН СҮЙЛӨШҮ

БУТТУН ТАМАНЫНА ЖАЙГАШТЫРЫЛГАН ҮН КАБЫЛДАГЫЧ

АЗ. МЕХДИ (АС) ИНТЕРНЕТ, ТЕЛЕВИЗОР ЖАНА РАДИО АРКЫЛУУ ДҮЙНӨНҮН ТӨРТ БУРЧУНДА БЕЛГИЛҮҮ БОЛОТ

АЗ. МЕХДИ (АС) ДООРУНДА СҮРӨТТӨЛҮШ ДА КӨРҮНГӨН ТЕЛЕФОН ЖАНА КОМПЬЮТЕР СИСТЕМАЛАРЫ АРКЫЛУУ БАЙЛАНЫШ КУРУЛАТ

УЧУРДА ИНТЕРНЕТТЕН СПУТНИКТИК СҮРӨТТӨЛҮШТӨР АРКЫЛУУ БҮТ ДҮЙНӨ ШААРЛАРЫН МАЙДА-БАРАТЫНА ЧЕЙИН КӨРҮҮГӨ БОЛОТ

АЗ. МЕХДИ (АС) ДООРУНДА ӨНҮККӨН ТЕХНОЛОГИЯ ЖАНА ИНТЕРНЕТТИН ЖАЙЫЛЫШЫ НАТЫЙЖАСЫНДА МААЛЫМАТ АЛУУ ОҢОЙ БОЛУП КАЛАТ

АЗ. МЕХДИ (АС) ДООРУНДА БАШКАРУУЧУ КИШИЛЕР БАЙЛАНЫШТЫ ЖАНА БИЛБЕГЕН НЕРСЕЛЕРИН КОЛДОРУНДАГЫ КИЧИНЕКЕЙ КОМПЬЮТЕРЛЕР ЖАНА КОМПЬЮТЕРЛҮҮ ТЕЛЕФОНДОР АРКЫЛУУ ИЗИЛДЕП БИЛИШЕТ

ХАДИСТЕРДЕ АЙТЫЛГАН «АСМАНДАН БИР КОЛ СОЗУЛУП, «УШУЛ АЗ. МЕХДИ (АС), АГА МОЮН СУНГУЛА» ДЕШИ» ТЕЛЕВИЗОР МЕНЕН ИНТЕРНЕТТЕН КӨРҮНӨ ТУРГАН АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН КОЛУНА ИШАРАТ КЫЛАТ

АЗ. МЕХДИ (АС) АДАМДАРДЫ ДИНГЕ ӨЗ ҮЙҮНӨН ЧАКЫРАТ

АЗ. МЕХДИ (АС) ИНТЕРНЕТ, ТЕЛЕВИЗОР, РАДИО ЖАНА ТЕЛЕФОН БАЙЛАНЫШТАРЫ АРКЫЛУУ АДАМДАР МЕНЕН СҮЙЛӨШӨТ

ДҮЙНӨ ЖҮЗҮ АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫ ТЕЛЕВИЗОР МЕНЕН ИНТЕРНЕТТЕН КӨРҮШӨТ

АЗ. МЕХДИ (АС) ДООРУНДА УНАА

АЗ. МЕХДИ (АС) ДООРУНДА ЫКЧАМ ТРАНСПОРТТУК КАРАЖАТТАР БОЛОТ

ДАЖЖАЛИЯТ ХАДИСТЕРИНДЕГИ АКЫР ЗАМАН ТЕХНОЛОГИЯСЫНА

ИШАРАТТАР
ПОЕЗД ТРАНСПОРТУНА ИШАРАТ
НАРКОЗДУН КОЛДОНУЛУШУНА ИШАРАТ
МАССАЛЫК ТАМАК СИСТЕМАЛАРЫНА ИШАРАТ
ЫКЧАМ ТРАНСПОРТ ТЕХНОЛОГИЯСЫНА ИШАРАТ
ТЕЛЕВИЗОР ЖАНА РАДИО ПРОГРАММАЛАРЫНА ИШАРАТ
КҮН ЭНЕРГИЯСЫНЫН КОЛДОНУЛУШУНА ИШАРАТ
ДАРВИНИСТТЕРДИН РЕКОНСТРУКЦИЯЛАРДЫ КОЛДОНУШУ
АКЫР ЗАМАНДА АТЕИЗМДИН ЖАЙЫЛЫШЫ
АКЫР ЗАМАНДА ДАРВИНИЗМДИН ЖАЙЫЛЫШЫ
АКЫР ЗАМАНДА МАТЕРИАЛИЗМДИН ЖАЙЫЛЫШЫ
ЭКОНОМИКАЛЫК КРИЗИСКЕ ИШАРАТ
МЕДИЦИНА ТЕХНОЛОГИЯСЫНА ИШАРАТ
ЖАМГЫР БОМБАСЫ
СҮТ ӨНДҮРҮШҮНҮН ЖОГОРУЛАШЫ
КЕНЧ ДЕТЕКТОРУ
ТРАЛ АҢЧЫЛЫГЫ
КҮН ОЧОКТОРУНУН АЧЫЛЫШЫ
ТУМАН БУЛУТТАР
АРАБ ЖЕРЛЕРИНДЕ ДАРЫЯЛАРДЫН АГЫШЫ
КУРАНДА ЖАНА ХАДИСТЕРДЕ КАБАР БЕРИЛГЕН ДАББЕТ-ҮЛ АРД
КОМПЬЮТЕР ЖАНА ИНТЕРНЕТ ТЕХНОЛОГИЯСЫНА ИШАРАТ КЫЛАТ
(ТУУРАСЫН АЛЛАХ БИЛЕТ)

**3- БӨЛҮМ: АЗ. ИСА (АС) УШУЛ КЫЛЫМДА ЖЕР БЕТИНЕ КАЙРАДАН КЕЛЕТ**

АЛЛАХ КААПЫРЛАР АЗ. ИСА (АС)ГА КУРГАН ТУЗАКТАРДЫ ТЕККЕ КЕТИРГЕН
КУРАНДА ПАЙГАМБАРЛАРДЫН ӨЛҮМҮ КАНДАЙЧА БАЯНДАЛАТ?
КУРАНДА АЗ. ИСА (АС)ДЫН ЖЕР БЕТИНЕ КАЙТЫШЫ
ХАДИСТЕРДЕ АЗ. ИСА (АС)ДЫН ЭКИНЧИ ЖОЛУ ЖЕР БЕТИНЕ КАЙТЫШЫ

**4- БӨЛҮМ: АЗ. ИСА (АС) МЕНЕН АЗ. МЕХДИ (АС) ДООРУНДА БОЛО ТУРГАН АЛТЫН КЫЛЫМ**

АЗ. МЕХДИ (АС) ДООРУ ЖАНА АЛТЫН КЫЛЫМ
АЗ. МЕХДИ (АС) ДООРУНДА ЭЧ КЕЗДЕШПЕГЕН МОЛЧУЛУК БОЛУШУ
БАЙЛЫК БОЛУШУ
МАЛ-МҮЛКТҮН САНАЛБАСТАН БЕРИЛИШИ
ЖАМГЫРДЫН КӨП ЖААШЫ
АЗ. МЕХДИ (АС) ЭЧ КЕЗДЕШПЕГЕН БИР АДИЛЕТТИК ТҮШҮНҮГҮНӨ ЭЭ

БОЛОТ
АЗ. МЕХДИ (АС) ДООРУНДА БЕЙПИЛДИК ЖАНА КООПСУЗДУК БОЛУШУ
БҮТ УРУШТАРДЫН ЖАНА ТҮШҮНБӨСТҮКТӨРДҮН ТОКТОШУ
СҮЙҮҮ ЖАНА БИР ТУУГАНДЫКТЫН ЖАЙЫЛЫШЫ
ӨМҮРЛӨРДҮН УЗАРЫШЫ
ӨЛГӨНДӨРДҮН ТИРҮҮЛӨРГӨ СУКТАНЫШЫ
АЗ. МЕХДИ (АС) ЖЕР БЕТИН ОҢДОП СУЛУУЛАШТЫРАТ
АЗ. МЕХДИ (АС) ДҮЙНӨНҮН ТӨРТ ТАРАБЫНА СҮЙҮҮ МЕНЕН КУБАНЫЧ ЧАЧАТ
АЗ. МЕХДИ (АС) ДООРУНДА БҮТ СОГУШТАР, ЗУЛУМ МЕНЕН ФИТНАЛАР ТОКТОЙТ
АЗ. МЕХДИ (АС) ЖЕР БЕТИНИН КАЗЫНАЛАРЫН ЧЫГАРАТ
АЗ. МЕХДИ (АС) МАЛ-МҮЛК МЕНЕН НЕМАТТАРДЫ АДИЛЕТТҮҮ ТАРКАТАТ; БҮТ ЖЕР БЕТИ БЕРЕКЕГЕ ТОЛОТ
ИСЛАМ ТЫНЧТЫКТЫН ЖАНА СҮЙҮҮНҮН ДИНИ; АЗ. ИСА (АС) МЕНЕН АЗ. МЕХДИ (АС) ЧЫККАН ДООР ТЫНЧТЫК, БЕЙПИЛДИК ДООРУ БОЛОТ
АЗ. МЕХДИ (АС) ДООРУНДА КӨРЛӨР АЙЫГЫП, ООРУЛУУЛАР ШЫПАА ТАБАТ, УЗУН ӨМҮР ЖАЙЫЛАТ
АЗ. МЕХДИ (АС) ӨЛКӨЛӨР АРАСЫНДА ТЕҢДИКТИ АЛЫП КЕЛЕТ
АЗ. МЕХДИ (АС) ДООРУНДА УШУНЧАЛЫК КӨП ЖАКШЫЛЫК МЕНЕН СУЛУУЛУКТАР ЖАРАТЫЛГАНДЫКТАН, ӨЗДӨРҮН РУХАНИЙ ӨЛҮҮ СЕЗГЕНДЕР ДАГЫ АБДАН ЖАШАГЫСЫ КЕЛЕТ
АЗ. МЕХДИ (АС) ДООРУНДА АДАМДАРДЫН ЖҮРӨКТӨРҮ КАЙГЫ МЕНЕН КАПАДАН АРЫЛАТ
АЗ. МЕХДИ (АС) ДООРУНДА АДАМДАРДЫН ЖҮРӨКТӨРҮ СҮЙҮҮ ЖАНА БИРИМДИК КААЛООСУНА ТОЛОТ, ДҮЙНӨНҮН БҮТ ТАРАБЫНА СҮЙҮҮ МЕНЕН БООРУКЕРДИК ЖАЙЫЛАТ
АЗ. МЕХДИ (АС) ДООРУНДА ЖАШАГАНДАРДЫН КУБАНЫЧТАН КӨЗДӨРҮ ЖАРКЫРАЙТ

**5- БӨЛҮМ: АКЫР ЗАМАН МЕНЕН АЗ. МЕХДИ (АС) ЖӨНҮНДӨГҮ ХАДИСТЕРДИ АКЫЛ ЖАНА АЛЛАХ МЫЙЗАМЫНА ЫЛАЙЫК ТҮШҮНҮШ КЕРЕК**

АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН КЕЛИШИ ЖӨНҮНДӨГҮ ХАДИСТЕРДИ ЖОМОК СЫМАЛ ЖОРОМОЛДОО ТУУРА ЭМЕС
АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН КЕЛИШИ КАНЧА ТҮРДҮҮ ЫКМА МЕНЕН ЖАШЫРЫЛУУДА?
АЗ. МЕХДИ (АС) АКЫЛГА СЫЙБАС ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨР МЕНЕН –АЛЛАХ МЫЙЗАМЫНА КАРШЫ АБАЛДА- КЕЛБЕЙТ; БҮТ ПАЙГАМБАРЛАРДАГЫ СЫЯКТУУ, АКЫЛ КАБЫЛ АЛА ТУРГАН –АЛЛАХ МЫЙЗАМДАРЫНА

ЫЛАЙЫКТУУ ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨР МЕНЕН- КЕЛЕТ
АРАПЧА БИЛГЕН КЕМЧИЛИКСИЗ МУСУЛМАН, БИЛБЕГЕН КЕМЧИЛИКТҮҮ ДЕГЕН ЛОГИКА ТУУРА ЭМЕС
«КУРАНДЫ ЖАНА ХАДИСТЕРДИ ТҮШҮНҮҮ ҮЧҮН СӨЗСҮЗ АРАПЧА ЖАНА ТАЖВИД ИЛИМИН БИЛҮҮ КЕРЕК» ДЕГЕН СӨЗДӨРГӨ ЖООП: «АЗ. МЕХДИ (АС) ИНТЕРНЕТ ИЛИМИН КОЛДОНОТ»
ПАЙГАМБАРЫБЫЗ (САВ) МЕДРЕСЕДЕ ТААЛИМ АЛГАН ЭМЕС, АЗ. МЕХДИ (АС) ДА МЕДРЕСЕДЕ ОКУБАЙТ, АГА БЕРИЛГЕН АТАЙЫН ИЛИМДЕР МЕНЕН ГАНА ӨКҮМ БЕРЕТ
АЗ. МЕХДИ (АС) АЛГАЧ ЧЫККАНДА ТААНЫЛБАЙТ
КЫЯМАТТЫН ЖЫЛЫНА ИШАРАТ КЫЛГАН ХАДИСТЕРДЕГИ БИР-БИРИНЕ КАРАМА-КАРШЫДАЙ КӨРҮНГӨН МААЛЫМАТТАР АЙТЫП БЕРҮҮДӨГҮ КАТАЛАР, ХАДИСТЕРДЕ АЙТЫЛГАНДАРДЫН ОРТОК ЖЕРИНЕ КАРАШ КЕРЕК
АКЫР ЗАМАНДА АЗ. МЕХДИ (АС) МЕНЕН КҮРӨШКӨН КЭЭ БИР КАЛП «ААЛЫМДАР» БОЛОТ
АЗ. МЕХДИ (АС) УБАГЫНДАГЫ КАРАҢГЫ ААЛЫМДАР МЕНЕН БАЙЛАНЫШТУУ ХАДИСТЕР, РИВАЯТТАР ЖАНА ТҮШҮНДҮРМӨЛӨР
АКЫР ЗАМАНДЫН ЫЙМАНЫ АЛСЫЗ ДИН ААЛЫМДАРЫ
АКЫР ЗАМАНДЫН ЫЙМАНДАРЫ АЛСЫЗ ДИН ААЛЫМДАРЫНЫН МҮНӨЗДӨРҮ...
АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ИМАМ РАББАНИ ЖАШАГАН КЫЛЫМДА ЭМЕС, БИЗ ЖАШАП ЖАТКАН ХИЖРИЙ 1400-ЖЫЛЫ ЧЫККАНДЫГЫНЫН КЭЭ БИР ДАЛИЛДЕРИ
АЗ. МЕХДИ (АС) ИМАМ РАББАНИНИН КӨЗҮ ӨТКӨН СОҢ ЭМЕС, ПАЙГАМБАР МЫРЗАБЫЗ (САВ)ДЫН КӨЗҮ ӨТКӨН СОҢ 1000 ЖЫЛДАН КИЙИН КҮТҮЛҮҮДӨ
МЕХДИЛИК ЖАШЫРЫЛА ТУРГАН ЭМЕС, СҮЙҮНЧҮЛӨНӨ ТУРГАН ОКУЯ

**6- БӨЛҮМ: МЕХДИЛИК ОКУЯСЫ КҮЧТҮҮ ДАЛИЛДЕРГЕ ТАЯНАТ**

**АЗРЕТИ МЕХДИ (АС) ЖӨНҮНДӨГҮ РИВАЯТТАР МҮТЕВАТИР**

**МЕХДИЛИК ХАДИСТЕРИНИН МҮТЕВАТИР ЭКЕНДИГИ ЖӨНҮНДӨ ААЛЫМДАРДЫН СӨЗДӨРҮ**
МУХАММЕД Б. РЕСУЛ БЕРЗЕНЖИ
АЛАЕДДИН АЛИ Б. ХИШАМ МУТТАКИ ХИНДИ
АБДУЛМУХСИН БИН ХАМД ЭЛЬ-АББАД
МУХАММЕД НАСРЕДДИН АЛБАНИ

ШЕМСЕДДИН МУХАММЕД БИН АХМЕД СЕФАРЕЙНИ
ЭБУ АБДУЛЛАХ МУХАММЕД Б. ЖАФЕР ИДРИСИ КЕТАНИ
ШЕХАБЕДДИН АХМЕД Б. МУХАММЕД ГУМАРИ
ХАСАНЕЙН МУХАММЕД МАХЛУФ ЭЛЬ-МЫСРИ
ЭБЪУЛ-ХАСАН МУХАММЕД Б. ХҮСЕЙИН АБУРИ
ЭБУ МУХАММЕД ХАСАН Б. АЛИ ЭЛЬ-БЕРБЕХАРИ ХАНБЕЛИ
САИД ХАВВА
МУХАММЕД Б. АЛИ ШЕВКАНИ
ШЕЙХ ХАСАН АДВИ ХАМЗАВИ
М. СЫДДЫК Б. ХАСАН КУНУЖИ
ИБН ТЕЙМИЙЕ
ЗАХИДУЪЛ-КЕВСЕРИ
МУХАММЕД Б. ХАСАН ЭЛЬ-ЭСНЕВИ

**АХЛИ-СҮННӨТ (АХЛИ-СУННАДА) МҮТЕВАТИР ХАДИСТЕРГЕ ИШЕНҮҮНҮН ЗАРЫЛДЫГЫ**

ШЕХАБЕТТИН ИБНИ ХАЖЕР АСКЕЛАНИ
МУХАММЕД ЖЕМАЛЕДДИН ЭЛЬ-КАСИМИ ЭЛЬ-ДЫМЫШКИ
НУРЕДДИН АТЕР
ЭБУ АБДУЛЛАХ МУХАММЕД Б. ЖАФЕР ИДРИСИ КЕТАНИ
ЭБУЪС-САДАТ МУХАММЕД Б. МУХАММЕД ЭБУ ШОХБЕ
ЭН-НЕВЕВИ

**МҮТЕВАТИР РИВАЯТТАРДЫ ТАНУУНУН КААПЫРЧЫЛЫК ЭКЕНИНЕ ӨКҮМ КЫЛГАН АХЛИ-СУННӨТ ААЛЫМДАРЫ**

ЖЕЛАЛЕДДИН СУЙУТИ
ЭБУЪЛ-ФАЗЛ АБДУЛЛАХ Б. МУХАММЕД ЭЛЬ-ИДРИСИ
МУХАММЕД ЭЛЬ-МЕККИ
МЕХДИЛИК ЖӨНҮНДӨ БЕРИЛГЕН КЭЭ БИР ФАТВА МИСАЛДАРЫ

**АЗ. МЕХДИ (АС) ЖӨНҮНДӨГҮ КУТТУУ ХАДИСТЕРДИН БУЛАКТАРЫ**

**АЗ. МЕХДИ (АС) ЖӨНҮНДӨ ЖАРЫК КӨРГӨН АХЛИ-СҮННӨТ БУЛАКТАРЫ**

Эль-Мусаннеф
Сүнени Ибни Маже
Сүнени Эбу Давуд
Сүнени Тирмизи
Китабул Бедъу веът-Тарих

Эль-Муъжемуъл-Кебир
Меалимуъс Сүнен Фи Шерхи Китаби Сүнени Эби Давуд
Месабихуъс Сүнне
Жамиуъл Усул Мин Э-хадис Сир Ресул
Эль-Фүтухат ул- Меккиййе
Металибуъс Сеул Фи Менакыб-и ал-ир Ресул
Тезкиретү Хавассиъл Үмме
Шерху Нехжиъл Белага
Мухтасару Сүнени Эбу Давуд
Тезкиретуъл-Куртуби
Вефайетуъл-Аъйан
Захуируъл Укба
Фераидуъс-Симтайн
Мишкатуъл-Месабих
Харидатүъл-Ажаиб ве Феридатүъл Гараиб
Эль-Менаруъл-Муниф Фиъс-Сахихи Веъз-Заиф
Китабуън-Нихайе (эль-Фитен веъл Мелахим)
Меведдетүъл-Курба
Шерхуъл-Мекасид
Эль-Фусусуъл-мүхимме
Эль-ОрфУъл-вЕрди Фи Ахбариъл-Мехди
Эль-Эимметуъл-исна ашер
Эль-Йевагыту вел-жевАхир
Эс-Саваикуъл-мухрика
Кензуъл-уммал
Ахбаруъд-дувел ве Ас-аруъл-увел
Али б. Султан Мухаммеди Хиреви
Эль-ишаретү Фи Эшратүъс-сае
Фетхуъл-менан, Шерхуъл-февзи веъл-Эман
Леваихуъл-энвариъл-Илахиййе
Исъафур-рагибин
Нуруъл-эбсар
Февзуъл-кадир, Шерхи Жамиуъс-сагир
МеШарикуъл-энвар
Эль-изае Лима Кане ве Ма Йекуну
Гайетүъл-меваиз
Авнуъл-маъбуд
Назмуъл-мүтенасир Мин Хадисиъл-Мүтеватир
Тухфетуъл-ахвези
Назретун Фи Ахадисиъл-мехди

Тажуъл-жамиуъл-усул
Ибразуъл-вехм Мекнун Мин Келами ибни Халдун
Хувеъл-мехди
Акидетү Эхлиъс-сүнне Фиъл Мехди

**АЗ. МЕХДИ (АС) ЖӨНҮНДӨ ЖАЗЫЛЫП КАЛЫНГАН ХАДИС ЖАНА РИВАЯТТАРДЫН СТАТИСТИКАСЫ**

**7- БӨЛҮМ: КҮТҮЛГӨН АЗ. МЕХДИ (АС) ЖӨНҮНДӨ БҮТ ИСЛАМ ААЛЫМДАРЫНЫН ПИКИРЛЕРИ**

**КУТУБИ СИТТЕДЕ ОРУН АЛГАН МЕХДИЛИК ЖӨНҮНДӨГҮ КЭЭ БИР ХАДИСТЕР**
САХИХИ БУХАРИ
САХИХИ МУСЛИМ
СҮНЕНИ ТИРМИЗИ
СҮНЕНИ ЭБУ ДАВУД
СҮНЕНИ ИБНИ МАЖЕ
АЗ. АЛИ (РА)
ИМАМЫ РАББАНИ
МУХАММЕД Б. РЕСУЛ АЛЬ - ХҮСЕЙНИ ЭЛЬ БЕРЗЕНЖИ
М. МУХЙИДДИН АРАБИ
ИБНИ КЕСИР
ИМАМ ШАРАНИ
ИБН ХАЖЕР ЭЛЬ МЕККИ
АЛИ БИН ХҮСАМЕДДИН ЭЛЬ МУТТАКИ
ШЕЙХ МАНСУР АЛИ НАСЫФ
КАДЫЗАДЕ
АБДҮЛХАМИД Б. ЭБИЪЛ-ХАДИД ЭЛЬ-МУТЕЗИЛИ
КУШАДАЛЫ ИБРАХИМ ХАЛВЕТИ
МУХАММЕД БИН МУХАММЕД БИН МАХМУД ЭЛЬ ХАФЫЗ ЭЛЬ-БУХАРИ
УЛУУ ОЛУЯ ИСМАИЛ ХАККЫ БУРСЕВИ АЗРЕТИ
АЛИ ХАЙДАР МЫРЗА АЗРЕТИ
ШЕЙХ НАЗЫМ АДИЛ ЭЛЬ ХАККАНИ АЗРЕТИ
НИМЕТУЛЛАХ ХОЖАЭФЕНДИ
ФЕТХУЛЛАХ ГҮЛЕН
ХЕКИМОГЛУ ИСМАИЛ (Өмер Окчу)
ХҮСЕЙИН ХИЛМИ ЫШЫК
МЕВДУДИ
МАХМУД ЭСАЪД ЖОШАН

МЕХМЕТ ШЕВКЕТ ЭЙГИ
МУСТАФА КАПЛАН
АХМЕД МУХСИН МЕРИЧ
БУРХАН БОЗГЕЙИК
ШАБАН ДӨГЕН
ШЕЙХ НАЗЫМ АДИЛ ЭЛЬ ХАККАНИ АЗРЕТИНИН ӨКҮЛҮ
ШЕЙХ АХМЕД ЙАСИН
СЕЙЙИД САЛИХ ӨЗЖАН ХОЖАЭФЕНДИ
ОСМАН ЧАТАКЛЫ
ХҮСЕЙИН ХАТЕМИ
ЙАШАР НУРИ ӨЗТҮРК
СЕРКАН ТЕКИН
ИБРАХИМ КОЖАБЫЙЫК
СҮЛЕЙМАН КӨСМЕНЕ

# АВТОР ЖӨНҮНДӨ

Эмгектеринде Харун Яхья атын колдонгон автор (Аднан Октар) 1956-жылы Анкарада (Түркия) төрөлдү. Башталгыч, орто мектеп жана лицейди Анкарада бүтүрдү. Андан соң Стамбул Мимар Синан университетинин Көркөм өнөр факультетинде жана Стамбул университети Философия бөлүмүндө билим алды. 1980-жылдардан бери ыйман, илимий жана саясий темаларда көптөгөн эмгектер даярдады. Мындан тышкары, автордун эволюция теориясынын жактоочуларынын алдамчылык ыкмаларын, алардын жактаган нерселеринин (эволюция теориясынын) туура эместигин жана Дарвинизмдин кандуу идеологиялар менен болгон караңгы (жашыруун) байланыштарын ортого койгон абдан маанилүү эмгектери бар.

Автордун эмгектеринде колдонгон аты чындыктан баш тартуучу пикирлерге каршы күрөшкөн эки пайгамбардын урматына, алардын атын эскерүү үчүн Харун (Муса пайгамбардын жардамчысы) жана Яхья (Иса пайгамбардын жардамчысы) аттарынан куралган. Автор тарабынан китептеринин сыртында колдонулган Расулуллахтын мөөрүнүн колдонулушунун символикалык мааниси – китептердин мазмуну менен байланыштуу. Бул мөөр Куран-ы Керимдин Аллахтын акыркы китеби жана акыркы сөзү, Пайгамбарыбыз (С.А.В.)дын да хатем-ул анбия экендигин көрсөтөт. Автор жарыкка чыккан бардык эмгектеринде Куранды жана Расулуллахтын (С.А.В.) сүннөтүн өзүнө жол көрсөткүч кылууда. Ушундай жол менен баш тартуучу философия системаларынын бардык негизги жактаган нерселерин бир бирден жыгууну жана динге каршы багытталган каршы пикирлерди толугу менен оозун жабуучу «акыркы сөздү» айтууна максат кылууда. Абдан терең акыл (хикмат) ээси жана идеалдуу инсан Расулуллахтын (С.А.В.) мөөрү бул акыркы сөздү айтуу ниетинин бир дубасы катары колдонулуп келүүдө.

Автордун бардык эмгектериндеги орток, негизги максат – Куранга чакырууну бүт дүйнөгө жеткирүү, мындай жол менен адамдардын Аллахтын бар экендиги, жалгыздыгы жана акырет сыяктуу негизги ыйман темалары жөнүндө ой жүгүртүүлөрүнө түрткү болуу жана чындыктан (Аллахтан) баш тартуучу системалардын чирик фундаменттерин жана туура эмес иш-аракеттерин ачыкка чыгарып, адамзатка көрсөтүү.

Харун Яхьянын эмгектери Индиядан Америкага, Англиядан Индонезияга, Польшадан Босния-Герцоговинага, Испаниядан Бразилияга чейин дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрүндө жактырылуу менен окулууда. Англис, француз, немец, италия, испан, португалия, урду, арап, албания, орус, босния, уйгур, индонезия тилдери сыяктуу көптөгөн тилге которулган бул эмгектер Түркия сыртында да көптөгөн китеп окуучулар тарабынан окулуп келүүдө.

Дүйнөнүн бардык тараптарында окурмандардын көңүлүнөн орун алган бул эмгектер көптөгөн адамдардын ыйманга келишине, башкаларынын ыйманынын тереңдешине себепчи болууда. Китептерди окуп, анализдеген ар бир адам бул

эмгектердин терең акыл, кыска-нуска, оңой түшүнүлө турган жана чын жүрөктөн чыккан сөздөр экендигин, акыл жана илимге таянгандыгын байкашууда. Бул эмгектер – ылдам таасир берүү, так натыйжа жаратуу, талашсыз жана толук илимий болуу өзгөчөлүктөрүнө ээ. Бул эмгектерди окуган жана булар жөнүндө терең ойлонгон адамдар материалисттик философия, атеизм жана ар кандай адашкан ой-пикир жана философиялардын чындыктан алыс экенин байкай алышат. Муну түшүнгөндөн кийин материализмди жактагандар ызалык, өжөрлүктөрү айынан гана жакташат, себеби илимий тараптан материализм жокко чыгарылды. Заманыбызда бардык чындыктан баш тартуучу агымдар Харун Яхья эмгектеринен илимий, идеялык жактан толук жеңилген абалда.

Шек жок, мындай өзгөчөлүктөр – Курандын терең мазмундуулугу жана өзгөчө баяндоосунун натыйжасы. Автор бул эмгектери менен мактанууну максат кылбайт, жалаң гана Аллахтын адамдарды туура жолго салуусуна себепчи болуу ниетинде. Мындан тышкары, бул эмгектердин жарыкка чыгып, таралышында акча табуу максат кылынбайт.

Бул чындыктарды эске алсак, адамдардын байкабаган чындыктарды байкашын камсыз кылган, алардын туура жолду табышына жардамчы болгон бул эмгектерди окууга үндөөнүн абдан маанилүү бир кызмат экендиги жакшы түшүнүктүү болот.

Бул баалуу эмгектерди таанытуу ордуна, адамдардын башын айланткан, пикирлерде кайчылаштыктар, күмөндөр жараткан, ыйманды куткарууда күчтүү жана так бир таасири болбогон демейки, монотондуу китептерди жайылтуу эмгек жана убакыт жоготуусуна алып келет. Негизги максат ыйманды куткаруу эмес, автордун адабий күчүн көрсөтүү болгон эмгектердин күчтүү таасирдүүлүккө жетиши кыйын. Бул бойунча шектенүү жаралгандар бар болсо, Харун Яхьянын эмгектеринин максатынын динсиздик менен күрөшүү жана Куран ахлагын жайуу гана экендигин бул кызматтын таасири, ийгиликтери жана окурмандардын ыраазы болгонунан байкашса болот.

Дүйнөдөгү зулум жана баш аламандыктар, Мусулмандар көрүп жаткан азаптардын негизги себебинин динсиздик пикирлеринин дүйнөдөгү өкүмчүлүгүнүн натыйжасы экендигин билүү зарыл. Бул абалдан кутулуу үчүн динсиздикти илим менен жеңүү, ыйман акыйкаттарын, чындыктарын ортого койуу жана Куран ахлагын адамдар түшүнө ала турган деңгээлде түшүндүрүү зарыл. Зулумдук, согуштар күчөгөн азыркы күндө бул кызматтын колдон келишинче ылдам болушу айдан ачык. Болбосо кеч калуу мүмкүн.

Бул маанилүү кызматта алдыңкы ролду аркалаган Харун Яхья эмгектери, Аллахтын буйругу менен, XXI кылымда дүйнө инсандарын Куранда сүрөттөлгөн бейпилдик жана тынчтыкка, чынчылдык жана адилеттүүлүккө, сулуулук жана бактылуулукка жеткирүүгө бир себепчи болмокчу.

# ОКУРМАНГА

• Автордун эмгектеринде эволюция теориясынын кыйрашына атайын орун беришинин себеби – бул теориянын ар түрдүү динге каршы бир философиянын негизин түзүгөндүгүндө. Жаратылуу жана натыйжада Аллахтын бар экендигинен баш тарткан дарвинизм 140 жылдан бери көптөгөн адамдардын ыйманын жоготушуна же жүрөктөрүндө күмөн жаралышына себеп болуп келди. Ошондуктан, бул теориянын бир калп экендигин ачык далилдөө - абдан маанилүү ыймандык милдет. Бул маанилүү кызматтын бардык адамдарга жеткирилиши зарыл.

• Дагы бир белгилей кетчү жагдай – бул китептердин мазмуну менен байланыштуу. Автордун бардык китептеринде ыйман темалары Куран аяттары негизинде түшүндүрүлүүдө, адамдар Аллахтын аяттарын үйрөнүүгө жана жашоого чакырылууда. Аллахтын аяттары менен байланыштуу бардык темалар окурмандын акылында эч кандай күмөн же суроо белгиси жаралбай турган негизде түшүндүрүлүүдө.

• Түшүндүрүүдө колдонулган чынчыл, жөнөкөй баян китептердин жаш-кары дебей бүт адамдардын оңой түшүнүшүнө шарт түзүүдө. Таасирдүү жана жөнөкөй баян колдонулган китептер - «бир токтобой окулчу» китеп өзгөчөлүгүнө ээ. Динден баш тартуу бойунча өжөрлүк көрсөткөн адамдар да бул китептерде түшүндүрүлгөн чындыктардан таасирленүүдө жана түшүндүрүлгөндөрдү калпка чыгара албай келет.

• Бул китеп жана автордун башка эмгектерин окурмандар жалгыз окуса да, маектешүү чөйрөсүндө окушса да болот. Бул китептенден пайдаланууну каалагандардын чогуу маек курушу, тажрыйба жана пикирлерин ортого койушу пайдалуу болот.

• Ошондой эле, жалаң гана Аллахтын ыраазычылыгы үчүн жазылган бул китептердин таанылышы жана окулушуна себепчи болуу да чоң кызмат болмокчу. Себеби автордун бардык китептеринде далил жана ишендирүү тарабы абдан күчтүү. Ушул себептен динди түшүндүрүүнү каалагандар үчүн эң эффективдүү ыкма – бул китептерди окууга башка адамдарды да үндөө болмокчу.

• Бул эмгектерде башка кээ бир эмгектерде байкалчу жазуучунун жекече ойлору, шектүү булактарга таянган сөздөрү, ыйык нерселерге болгон керектүү адап жана урматка көңүл бурбаган баяндар, үмүтсүз, күмөн жаратуучу түшүндүрүүлөрдү жолуктурбайсыз.

# Баш сөз

# «АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫ СҮЙҮНЧҮЛӨШКҮЛӨ»

**Ал Курейштен жана Эхли**
**Бейтимден бир киши.»**
*(Kitab-ul Burhan Fi Alamet-il Ahir zaman, s.13)*

***«<u>Аз. Мехди (ас)ды сүйүнчүлөгүлө</u>. Ал Курейштен жана Эхли Бейтимден бир киши.» (Kitab-ul Burhan Fi Alamet-il Ahir zaman, s.13)***

Саадет (бактылуулук) кылымынан бери «Мехди темасы» Ислам ааламында дайыма чоң маани берилген маанилүү бир тема болуп келген. Ыйман келтиргендер Мусулмандар чеккен азаптардын, жер бетиндеги каапырдыкка таянган көз-караш системаларынын, адилетсиздиктердин, дүйнөдө болуп жаткан согуш, уруштардын Аз. Мехди (ас) себебинен токтоорун үмүт кылып, бул куттуу кишинин алар жашаган кылымда келишин күтүшүп, ал үчүн Аллахка чын жүрөктөн дуба кылышкан.

Пайгамбарыбыз (сав)дын хадистеринде Асхабы Кирам доорунан баштап Мусулмандардын сагыныч менен Аз. Иса (ас) жана Аз. Мехди (ас)дын келишин күтөөрү жана Аллахтан **«ошол тарыхый доордо жашагандардан болууну тилешээри»** жөнүндө айтылат. Ал тургай, Аз. Иса (ас) менен Аз. Мехди (ас) дooруна жетүү үчүн улгайгандардын «**Аллахтан жаш болууну сурашаары»** кабар берилет. Хадистерде, ошондой эле, Пайгамбарыбыз (сав) ошол доордо жашай турган ыймандууларга **«карда сойлоп болсо дагы Аз. Мехди (ас)ды таап аны ээрчиши»** айтылып, ушул барктуу кылымга жеткендерге Аллахтын бул берешендигине ылайык болууга аракет кылышы кеңеш кылынган:

***Ибни Эби Шейбе жана Нуайм б. Хаммад Фитен аттуу эмгекте Ибни Маже жана Эбу Наим болсо Ибни Месуддан алып айтышты. Ал айткан:***

***«... Ал (Аз. Мехди (ас)) жер бетин ээлейт жана андан мурда кысымчылык жана зулумдукка толгон жерди адилеттикке толтурат. СИЛЕРДЕН АГА КИМ ЖЕТИШСЕ, КАР ҮСТҮНДӨ СОЙЛОП БОЛСО ДА КЕЛСИН, АГА КОШУЛСУН. Себеби Ал Аз. Мехди (ас).»*** *(Ahir Zaman Mehdisi'nin Alametleri, Celalettin Suyuti, s. 14)*

***«Анын (Аз. Мехди (ас)дын) убагында ЧОҢДОР «АТТИҢ КИЧИНЕ БОЛГОНУМДА», КИЧИНЕЛЕР БОЛСО «АТТИҢ ЧОҢ БОЛГОНУМДА» ДЕШЕТ.»*** *(El-Kavlu'l Muhtasar Fi Alamet-il Mehdiyy-il Muntazar, s. 48) (Kitab-ul Burhan Fi Alamet-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, s. 17)*

***«... АЛ ТУРГАЙ ЖАШАГАНДАР (АЛАРДАГЫ НЕМАТ-БАЙЛЫКТАРДЫ КӨРҮШҮ ҮЧҮН) ӨЛГӨНДӨРДҮ ДА ТИРҮҮ БОЛГОНДО ДЕШЕТ.»*** *(İmam Şa'rani, Ölüm-Kıyamet-Ahiret ve Ahir zaman Alametleri, s. 437)*

***Нуайм б. Хаммад Ибни Аббасдан алып мындай деди: «Аз. Мехди (ас) биздин Эхли Бейттен бир жаш жигит. УЛГАЙГАНДАРЫБЫЗ АГА ЖЕТИШПЕЙТ, ЖАШТАРЫБЫЗ БОЛСО АНЫ ҮМҮТ КЫЛЫШАТ.»*** *(Ahir Zaman Mehdisi'nin Alametleri, Celalettin Suyuti, s. 23)*

***Нуайм Тавусдан риваят кылды: «МЕН АЗ. МЕХДИ (АС)ГА ЖЕТКЕНГЕ ЧЕЙИН ӨЛБӨӨНҮ КААЛАДЫМ. Себеби анын доорунда жакшы адамдардын жакшылыгы көбөйөт, жамандарга да жакшылык кылынат.»*** *(Kitab-ul Burhan Fi Alamet-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, s. 17)*

***«(Аз. Мехди (ас)дын) Убагы ушунчалык адилеттүү болгондуктан, КАБЫРДАГЫ ӨЛГӨНДӨР ТИРҮҮЛӨРГӨ СУКТАНЫШАТ...»*** *(El-Kavlu'l Muhtasar Fi Alamet-il Mehdiyy-il Muntazar, s. 22)*

Адамдар кылымдардан бери күсөгөн ушундай сонун доор хадистердин ишараты боюнча **«жарым кылымдан көбүрөөккө»** созулат. Жана кылымдар бою Ислам дүйнөсү үчүн ушунчалык чоң мааниге ээ болгон кубанычтуу кабардын ишке ашышына өтө аз убакыт калды. – Аллахтын каалоосу менен – Пайгамбарыбыз (сав) хадистеринде Аз. Мехди (ас)дын келээрин айткан убакыт өтө жакын. Биз жашап жаткан ушул кылым – **Хижрий календары боюнча 1400**-жылдар – иншаАллах «**Мехди кылымы**». Кылымдар бою адамдар сагынып күтүп, чыгышы үчүн дуба кылган **«Аз. Иса (ас) менен Аз. Мехди (ас)дын келиши иншаАллах (Аллах буйруса) ушул кылымда болот»**. Ушул кылымда жашаган, ал тарыхый инсандардын чыгышын сагынуу, үмүт, толкундануу менен күткөн чын ыкластуу Мусулмандар иншаАллах Аз. Иса (ас) менен Аз. Мехди (ас)дын жардамчыларынан, досторунан, жакындарынан болуу урматына жетишишет. Жер бетиндеги динсиз агымдарга каршы жүргүзө турган пикирдик күрөштөрүндө, бүт дүйнөгө Ислам ахлагынын жайылышында, Ислам дүйнөсүнүн биригишинде, Христиан дүйнөсүнүн Курангa жана акыйкат динге моюн сунушунда иншаАллах Аз. Иса (ас) менен Аз. Мехди (ас)дын жардамчыларынан боло алышат. Ушул куттуу инсандардын жардамчыларынан болуп, Мусулман дүйнөсү 14-кылымдан бери күсөгөн адилеттик, тынчтык, бейпилдик, бактылуулук, молчулук жана берекеге жетишине себепчи болгондордун арасында болуу урматына жете алышат.

Пайгамбарыбыз (сав)дын хадистери, улуу Ахли Сүннөт аалымдарынын, өз кылымынын жол көрсөткүчтөрү, мужеддиддери, мучтехиддери болгон кымбаттуу Ислам аалымдарынын бүт сөздөрү бир добуштан биз жашап жаткан ушул кылымга ишарат кылууда. Ошондой эле, ал булактарда

айтылган **«Акыр заман алааматтары»** катары белгилүү болгон дээрлик бүт окуялар, ал хадистерде **«бир мончоктун таштарындай бир-биринин артынан»** ишке ашат деп айтылгандай, биринин артынан экинчиси ишке ашты. Дүйнөдө дээрлик күн сайын болуп жаткан окуялар биз жашап жаткан доордун «Акыр заман» экендигинин жана «Аз. Иса (ас) менен Аз. Мехди (ас)дын ушул кылымда чыгаарынын жана алар себебинен боло турган куттуу доордун жакындагандыгынын» жарчысы болууда.

Учурда бул чындыкты бул темага кызыккан же кызыкпагандардын баары билишет; жергиликтүү же чет элдик бүт каналдарда, радиолордо, маек программаларында, гезит жана журналдарда, конференцияларда, интернет сайттарында бүт адамдар Аз. Мехди (ас) жөнүндө сөз кылууда. Күмөнсүз, бул дагы Аз. Мехди (ас)дын хадистерде билдирилген жана келишин кабар берген өтө маанилүү бир ишарат:

***«АЗ. МЕХДИ (АС) ЧЫГАТ, БААРЫ АЛ ЖӨНҮНДӨ ГАНА СҮЙЛӨШӨТ, АНЫН СҮЙҮҮСҮН ИЧЕТ ЖАНА АНДАН БАШКА НЕРСЕ ЖӨНҮНДӨ СҮЙЛӨШҮШПӨЙТ.»*** *(Kitab-ül Burhan Fi Alamet-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, s. 33)*

Бул китептин даярдалуу максаттарынын бири – бул Аз. Иса (ас) менен Аз. Мехди (ас)ды толкундануу менен күткөн Мусулмандардын да, бул темага кызыккан бүт адамдардын да эң туура маалыматтарга жана эң ишенимдүү, сахих булактарга жете алышы; жана Пайгамбарыбыз (сав)дын кылымдар бою кылдаттык менен өткөрүлүп бүгүнкү күнгө чейин жетип келген кымбаттуу хадистеринде бул куттуу инсандар жөнүндө берилген маанилүү кабарларды көрүшү. Натыйжада Мусулмандар Ислам дүйнөсү жана жер бетиндеги бүт адамдардын бейпилдиги үчүн чоң мааниге ээ болгон бул маанилүү окуяларды жакшыраак түшүнүп, ал тарыхый окуяларга ылдамыраак жана жакшы даярдана алышат.

**14 кылымдан бери адамдар бир «Пайгамбар» көрүү урматына жете алышкан эмес.** Андай куттуу бир инсан менен жолугуп, таанышуу, Анын терең ыйманына, Аллах коркуусуна, сонун мүнөзүнө күбө болуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушкан эмес. **Аллахтын буйругу менен ал доор Аллах 1400 жылдан соң адамдарды бир «Пайгамбар» менен сыйлай турган бир кылым.** Аллах Аз. Иса (ас)ды каапырдыкка каршы күрөштө Аз. Мехди (ас)дын жардамчысы катары кайрадан жер бетине жөнөтөт. Аз. Иса (ас) бул келишинде Куранга моюн сунат жана бүт Христиан дүйнөсүнүн акыйкат дин болгон Куранга баш ийишине себепчи болот. Аз. Иса (ас) Аз. Мехди (ас)га моюн сунуп, Аз. Мехди (ас)дын руханий лидерлиги астында Ислам ахлагын бүт дүйнөгө жайышат. Бул ушул кылымда жашап жаткан адамдар үчүн чоң бир немат-жакшылык жана Аллахтын чоң бир берешендиги.

**Ошол сыяктуу адамдар кылымдардан бери күткөн «Акыр заман Мехдиси» да бир эле жолу келет жана ал Улуу Затты көрүү да азыркы**

**кылымдын адамдарына насип болууда.** Пайгамбарыбыз (сав) хадистеринде «Аз. Мехди (ас)дын өз кылымынын эң сонун мүнөздүү инсаны болоорун» кабар берген. Мүнөзүнүн болсо Пайгамбар Мырзабыз (сав)дын мүнөзүнө окшошоору кабар берилген. **Ыйман келтирген бир адам үчүн ушундай жогорку мүнөздүү, куттуу бир инсандын аны менен бир доордо жашашы Аллахтын чоң бир берешендиги, сыйы. Бир Мусулмандын өзү жашаган доордо, «дүйнөнүн эң сонун мүнөздүү адамы» экенин билген бир адамды издеши, табууга аракет кылышы зарыл.**

Аллах тандап жактырган ушундай жогорку эки кулунун чогуу бир убакта жөнөтүлүшү ыймандуулар үчүн чоң бир мээримдүүлүк. Бул китептеги маалыматтар болсо –Аллахтын буйругу менен – Мусулмандардын бул чоң мээримдүүлүктү жана Аллахтын ушул сонун сүйүнчүлөрүн жакшыраак түшүнүшүнө жана Ислам ахлагынын кылымдардан соң келе турган өкүмдарлыгына бир топ жакшы даярданышына себепчи болот.

# КИРИШҮҮ

# АЗ. ИСА (АС) ЖАНА АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ЧЫГААР УБАКТЫСЫ

## АЗ. МЕХДИ (АС) ХИЖРИЙ КАЛЕНДАРЫ БОЮНЧА 1400-ЖЫЛЫ, Б.А. УШУЛ КЫЛЫМДА ЧЫГАТ

**1. Ар кылымда бир мужеддид келет. Хижрий 1400-жылы болсо акыр замандын чоң мужеддиди Аз. Мехди (ас) келет.**

Пайгамбарыбыз (сав)дан риваят кылынган хадистерде, улуу ахли сүннөт аалымы Эбу Давуд Азретинин Сүнени Эбу Давуд аттуу эмгегинде, Имам Раббани Азретинин Мектубатында орун алган хадистерде жана Хижрий 1300-жылдын мужеддиди болгон акыркы миң жылдын эң чоң аалымы жана мужеддиди болгон Саид Нурси Азретинин Рисалелеринде ар кылымда Ислам динин кошумчалардан (бидаттан) тазалай турган бир адамдын келээри, ал киши себебинен Ислам ахлагы менен пазилети жана Пайгамбарыбыз (сав)дын сүннөтүнүн жандандырылаары кабар берилген.

Пайгамбарыбыз (сав) хадистеринде өзгөчө Хижрий 1400-жылды Аз. Мехди (ас)дын чыгаар убактысы катары билдирген жана ушул доордон баштап адамдардын Аз. Мехди (ас) айланасында топтолуп баштаарын айткан. Саид Нурси Азрети болсо өзү жашаган Хижрий 1300-жылдан бир кылымдан кийин Аз. Мехди (ас)дын келээрин жана дүйнөгө жайылган зулумдук системасын жок кылаарын айткан.

Эбу Хурейренин риваяты боюнча; Расулуллах (сав) мындайча буюрган: Чындап Азиз жана Желил болгон Аллах **АР КЫЛЫМДЫН БАШЫНДА** бул үммөттүн динин кошумчалардан (динге кийин кошулган туура эмес нерселерден) тазалап, жаңылай турган (илимдүү) бир затты жөнөтөт. *(Sünen-i Ebu Davud, 5/100)*

**АР КЫЛЫМДЫН БАШЫНДА** бул үммөттүн уламасы арасынан **БИР МУЖЕДДИД КЕЛЕТ** жана шариятты (Куран ахлагы жана пазилети менен Пайгамбарыбыз (сав)дын сүннөтүн) жандандырат. *(Mektubat-ı Rabbani, 1/520)*

Асхабы Кутуби Ситтеден Имамы Хакимдин Мүстедрекинде жана Эбу Давуддун Китабы Сүненинде, Бейхаки «Шуайбы Иманда» алып беришти (айтышты): **«АР КЫЛЫМДА БИР ЖЕНАБЫ ХАК (УЛУУ АЛЛАХ) БИР МУЖЕДДИД-И ДИН (ДИНДИ ЖАҢЫЛООЧУ) ЖӨНӨТӨТ...»** *(Barla Lahikası, s. 119)*

Устад Саид Нурси Азрети Барла Лахикасында (Barla Lahikası) Хижрий 1200-жылдын, б.а. 12-кылымдын мужеддидинин Азрети Мевлана Халид экенин билдирген.

«**АР КЫЛЫМДЫН БАШЫНДА** динди жаңылай турган бир мужеддидди (жаңылоочууну) жөнөтөт» деген сүйүнүчтүү кабарына ылайык **АЗРЕТИ МЕВЛАНА ХАЛИД** –дин аалымдарынын көпчүлүгүнүн тастыкташы менен жана бир добуштан – 1200-жылдын б.а. **ОН ЭКИНЧИ КЫЛЫМДЫН МУЖЕДДИДИ**. *(Barla Lahikası, s. 120)*

Мевлана Халид-и Багдади Хижрий 1193-жылы (1779-жылы) төрөлүп, Хижрий 1242-жылы (1827-жылы) көз жумган. Бул куттуу инсан Ислам аалымдарынын көпчүлүгүнүн пикири боюнча, Хижрий 12- жана 13-кылымдар арасындагы мужеддид.

## Устад Саид Нурси Хижрий 1300-жылдардын мужеддиди

Мевлана Халид Азретинин Хижрий 1200-жылдын мужеддиди экенин айткан соң, так жүз жылдан соң, б.а. Хижрий 1300-жылы болсо Бедиүззаман Саид Нурси өзүнүн жана эмгектеринин бир мужеддид катары кызмат кылганын апачык айткан:

**ТАК ЖҮЗ ЖЫЛДАН СОҢ** төрт багытта толук дал келип **РИСАЛЕ-И НУР БӨЛҮМДӨРҮ ОШОЛ ЭЛЕ МИЛДЕТТИ АТКАРДЫ** демек... Хадисте күмөнсүз айтылгандай – Рисале-и Нур динди жаңылоо багытында **БИР МУЖЕДДИД ӨКҮМҮНДӨ**. *(Barla Lahikası, s. 121)*

**БЕДИҮЗЗАМАН АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ХИЖРИЙ 1400-ЖЫЛЫ ЧЫГААРЫН АЙТКАН**

Азыр эске келди, эгер шаддалуу «ламдар» жана «мимдер» эки жолудан саналса, **МЫНДАН БИР КЫЛЫМДАН СОҢ ЗУЛУМДУКТУ ТАРКАТА ТУРГАН ЗАТТАР БОЛСО АЗРЕТИ МЕХДИ (АС)ДЫН ШАКИРТТЕРИ БОЛУШУ МҮМКҮН.** *(Şualar, s. 605)*

**ДҮЙНӨНҮН КЕЛЕЧЕГИНДЕ (ИСТИКБАЛ-И ДҮНЙЕВИДЕ) 1400 ЖЫЛДАН КИЙИН КЕЛЕ ТУРГАН БИР АКЫЙКАТТЫ** кылымдарында жакын (кариб) деп ойлошуптур. *(Sözler, s. 318)*

**Оо 1371**-жылдан кийинки Ислам ааламынын тагдырына көз салган Хутбе-и Шамийедеги акыйкаттар... **Ооба азыр болбосо да, 30-40 жылдан кийин** табигый-так илимдер жана чыныгы илим жана маданияттын жакшылыктарын ошол үч күчтү толук жабдып, шаймандарын берип ошол тогуз тоскоолдуктарды жеңип таркатуу үчүн акыйкатты изилдөө каалоосун жана ынсап менен адам сүйүүсүн ошол тогуз душман тобунун ордосуна жөнөтүп, **иншаАллах ЖАРЫМ КЫЛЫМДАН СОҢ аларды жер менен жексен кылат**. *(Hutbe-i Şamiye, s. 25)*

**ЖЕТИМИШ БИРДЕ ФЕЖРИ САДЫК (таңдын агарышы, күн чыгаардан мурдакы кызаруу, эрте мененки убакыт) БАШТАЛДЫ** же башталат. Эгер ал фежри казиб (эрте мененге жакын асманда жайылып баштаган биринчи кызаруу) болсо дагы, **ОТУЗ КЫРК ЖЫЛДАН СОҢ ФЕЖРИ САДЫК (фежри казибден соң жайылып баштоочу экинчи таң агарышы) ЧЫГАТ.** *(Hutbe-i Şamiye, s. 23)*

1371 + 30 = 1401 = 1981
1371 + 40 = 1411 = 1991

... Бул акыйкаттан көрүнүп тургандай; **КИЙИН КЕЛЕ ТУРГАН АЛ КУТТУУ ЗАТ РИСАЛЕ-И НУРДУ БИР ПРОГРАММА КЫЛЫП ЖАЙАТ ЖАНА ИШКЕ АШЫРАТ**. *(Sikke-i Tasdik-i Gaybi, s. 9)*

**ОШОЛ КЕЛЕЧЕКТЕ КЕЛЕ ТУРГАН АЖАЙЫП** (таң калыштуу) ИНСАНДЫН бир КЫЗМАТЧЫСЫ жана АГА ОРУН ДАЯРДАЙ ТУРГАН БИР КӨМӨКЧҮСҮ (ДҮМДАРЫ) жана АЛ ЧОҢ ӨКҮМДАРДЫН АСТЫНАН ЖҮРГӨН БИР АСКЕРИМИН (ПИШДАР БИР НЕФЕРИ) деп ойлойм. *(Barla Lahikası, s.162)*

**ОО АКЫР ЗАМАНДА** ЖАШООНУН КЕҢИРИ ЧӨЙРӨСҮНДӨ (дүйнө жүзүндө) **ЧЫНЫГЫ ЭЭЛЕРИ, Б.А. МЕХДИ МЕНЕН ШАКИРТТЕРИ ЖЕНАБЫ ХАКТЫН (УЛУУ АЛЛАХТЫН) БУЙРУГУ МЕНЕН КЕЛИП**, АЛ ЧӨЙРӨНҮ КЕҢЕЙТЕТ жана АЛ УРУКТАР ГҮЛ АЧАТ. БИЗ БОЛСО КАБЫРЫБЫЗДАН КАРАП АЛЛАХКА ШҮГҮР КЫЛАБЫЗ. *(Kastamonu Lahikası, s. 99)*

Азыр эске келди, эгер шаддалуу «ламдар» жана «мимдер» эки жолудан саналса, **МЫНДАН БИР КЫЛЫМДАН СОҢ ЗУЛУМДУКТУ ТАРКАТА ТУРГАН ЗАТТАР БОЛСО АЗРЕТИ МЕХДИ (АС)ДЫН ШАКИРТТЕРИ БОЛУШУ МҮМКҮН.**» *(Şualar, 1. Şua, s. 605) (Sikke-i Tasdik-i Gaybi, sf.* 90)

(Бедиүззаман 1-Шуаны (1. Şua) 1936-жылы жазган)

Азыркы учурда ушундай укмуштуу тенденциялар бар, баарын өз эсебине алгандыктан, элестетели, **ЧЫНЫГЫ КҮТҮЛГӨН ЖАНА БИР КЫЛЫМДАН СОҢ КЕЛЕ ТУРГАН АЛ ЗАТ (Аз. Мехди (ас))** дагы бул заманда келсе... *(Kastamonu Lahikası, s. 57)*

Аз. Мехди (ас)дын Хижрий 1400-жылы чыгаарын билдирген бир хадис Пайгамбарыбыз (сав)дан мындайча риваят кылынган:

**Адамдар 1400-жылы Аз. Мехди (ас)дын жанында чогулушат.** *(Risaletül Huruc-ül Mehdi, s. 108)*

Имам Раббани Аз. Мехди (ас)дын Пайгамбарыбыз (сав)дын көзү өткөн соң 1000 (миң) жылдан кийин **«миң менен экинчи миң жыл арасында»** келээрин билдирген:

Бирок күтүүлөр боюнча; **АРАДАН МИҢ ЖЫЛ ӨТКӨН СОҢ** бул сакталуу мамлекет жаңыланышы. Ага бир жогорулук берилип сууну табышы, көбөйтүлүшү... Ошентип кемчиликсиздиктин чыныгысы чыгып анын кордугун жабышы... **ЖАНА УЛУУ ЖАКЫНДЫККА БАА БЕРГЕН МЕХДИ КЕЛСИН**. Аллах андан ыраазы болсун. *(Mektubat-i Rabbani, 1/569)*

Куран өкүмдөрүнүн күчтөндүрүлүшү, элди жаңылашы ушул **ЭКИНЧИ МИҢДЕ**. Бул иш-аракеттин тууралыгына адилеттүү күбө: Аз. Иса (ас)дын **АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН УШУЛ МИҢ ИЧИНДЕ БАР БОЛУШУ**. *(Mektubat-ı Rabbani, c.1, s. 611)*

Расулулллах (сав)дын үммөтү арасынан чыккандан өтө кемчиликсиз. Б.а. Расулуллах (сав)дын көзү өткөндөн миң жылдан кийин кааласа аз болушсун. **АРАДАН МИҢ ЖЫЛ ӨТКӨН СОҢ АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН КЕЛИШИ ДА ОШОЛ ҮЧҮН**. Анын куттуу келишин Хатемүр-рүсүл Расулуллах (сав) сүйүнчүлөгөн. Аз. Иса (ас) да арадан миң жыл өткөн соң түшөт. *(Mektubat-ı Rabbani, c.1, s. 440)*

Пайгамбар Мырзабыз (сав)дын көзү өткөндөн миң жылдан кийин экинчи миң жылдыкка кирилген болот. Имам Раббани Азретинин жогорудагы сөздөрү боюнча, иншаАллах, Аз. Иса (ас) менен Аз. Мехди (ас) ушул миң менен экинчи миң жыл арасында келишет. Мехди (ас)дын экинчи миңде келээрин апачык, таптак айткан.

Аз. Мехди (ас) Хижрий 1400-жылы чыга турган акыр замандын улуу муждеддиди. Аллах ар бир Хижрий кылымынын башында Ислам ахлагы менен пазилетин жаңылоо жана акыйкат динди кошумчалардан тазалоо үчүн бир муждеддид жөнөткөн сыяктуу, биз жашап жаткан Хижрий 1400-жылы дагы сөзсүз бир хидаят башчысы (туура жолго баштоочу), бир кутбу азам, олуя бир кишини жөнөтөт. Ал киши Мусулмандарга кылымдар бою башынан өткөргөн азап, кыйынчылык, кордук жана зулумдуктарды унуттуруп, бүт адамзатка бейпилдик, тынчтык, бакыт, адилеттүүлүк, сүйүү жана бир туугандык алып келе турган Аз. Мехди (ас). Бирок Аз. Мехди (ас) башка кылымдарда чыккан муждеддиддерден айырмаланып, акыр замандын Улуу Мехдиси болот жана дажжалият эң күчтүү болгон ушундай бир доордо бүт зулумдукка таянган системаларды, жалган ишеним, философияларды илим, пикир менен кыйратып жок кылат.

**2. Аз. Мехди (ас) Хижрий 1400-жылы чыгаар замат таанылбайт. Толук таанылышы болжол менен 40 жылга барат.**

Аз. Мехди (ас) алгач чыгаар убактысы болгон Хижрий 1400-жылдын башында өз кызматын баштаганда адамдар көп убакытка чейин, аз сандагы адамдан тышкары, анын Аз. Мехди (ас) экенин билишпейт. Пайгамбарыбыз (сав)га пайгамбарлык милдети 40 жашында берилген, бирок ал кезде айланасында Аны тааныган, анын пайгамбар экенин билген аз санда гана адам болгон. Көп пайгамбарларда ушундай болгон.

Устад Саид Нурси Азрети Аз. Мехди (ас) чыкканда бүт адамдар тарабынан ошол замат таанылбашын айткан. Аз. Мехди (ас)дын өзүнүн да башында акыр замандын Мехдиси экенин билбешин айткан. Устад ал сөзүндө акыр заман кишилери деп атаган Аз. Иса (ас), Аз. Мехди (ас) жана дажжалды терең ыймандуу кээ бир ыймандуулардын гана тааный турганын айткан:

Бирок айткан элек: Бул дүйнө тажрыйба майданы. Акылга эшик ачылат, бирок эрки колунан алынбайт. **ДЕМЕК АЛ КИШИЛЕР**, ал тургай ал укмуштуу дажжал дагы **ЧЫККАН КЕЗДЕ КӨПТӨР, АЛ ТУРГАЙ ӨЗҮ ДА БАШЫНДА ДАЖЖАЛ ЭКЕНИН БИЛБЕЙТ. БАЛКИМ ЫЙМАН НУРУНУН КӨҢҮЛ БУРУШУ МЕНЕН, АЛ АКЫР ЗАМАН КИШИЛЕРИ ТААНЫЛЫШЫ МҮМКҮН.** *(Sözler, ss. 343-344)*

Улуу Ислам аалымы, мужеддид Мадиналык Алламе Сейййд Мухаммед б. Ресул эль-Хүсейни эль-Берзенжи болсо *"Kıyamet Alametleri"* (Кыямат алааматтары) аттуу маанилүү эмгегинде Аз. Мехди (ас)дын өкүмдарлык мөөнөтү менен байланыштуу өтө маанилүү бир жагдайга көңүл бурган жана Ибни Хажердин ***El-Kavlül Muhtasar*** аттуу эмгегин булак көрсөтүү менен, **«БУЛ РИВАЯТТАРДЫН БААРЫ ЧЫГЫШЫ ЖАНА КҮЧҮ ЖАГЫНАН ТУУРА»** дейт. Б.а. **ХАДИСТЕРДЕ АЙТЫЛГАН АР БАШКА ЖЫЛДАРДЫН БААРЫ ТУУРА ЖАНА АЛ ЖЫЛДАР АЛЛАХТЫН КААЛООСУ МЕНЕН КӨП УЗУН ЖАШААРЫ ПАЙГАМБАРЫБЫЗ (сав)дан риваят кылынган хадистер аркылуу билдирилген АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ӨМҮРҮНҮН АР КАЙСЫ ДООРЛОРУНА ИШАРАТ КЫЛАТ.**

Азрети Мехди (ас)да мурдакы пайгамбарлардын кээ бир өзгөчөлүктөрү бар. Алардын арасында **АЗРЕТИ АДАМ (АС) ЖАНА АЗРЕТИ НУХ (АС)ДАГЫ УЗУН ӨМҮРЛҮҮЛҮК** да бар.» *(Bihar-ul Envar, cilt. 51, Ansariyan Yayıncılık, derleyen: Muhammed Bakır el-Meclisi, İran-Kum, 2003, Sf.217*)

Төмөндөгү сөздөр Сейййд Эль-Берзенжи Азретинин Кыямат алааматтары аттуу эмгегинин 185- жана 186-беттеринен орун алган өз сөздөрү жана Аз. Мехди (ас)дын кызмат мөөнөтүндөгү ар башка кызмат доорлоруна көңүл буруууда:

**Мухаммед б. Ресул эль-Хүсейни эль-Берзенжи төмөнкүдөй маанилүү түшүндүрмөлөрдү жасаган:**

**Биринчиси,** Пайгамбар (сав) үммөтүн, өзгөчө Эхли Бейтин көп нерсе менен сүйүнчүлөгөн. Алардын ар кандай зулумдук, азаптардан куткарылаарын айткан. Бул болсо **көпкө созулган адилеттүүлүктөн гана көз-каранды. Жети жана тогуз жыл сыяктуу кыска бир мөөнөт болсо буга жетишсиз.**

**Экинчиси,** Мехди, Зулкарнейн менен Сулайман сыяктуу, **бүт дүйнөгө өкүмдарлык кылат. Башка өлкөлөрдө Мечиттерди, имараттарды курат, тогуз жыл сыяктуу кыска бир мөөнөт пикирдик күрөшүнө жана башка иштерге жетпейт.**

**Үчүнчүсү,** анын убагында өмүрлөр узарат. **ӨМҮРЛӨРДҮН УЗАРЫШЫ АНЫН ДА УЗУН ӨМҮРЛҮҮ БОЛУШУН ЗАРЫЛ КЫЛАТ...** Антпесе, өмүрлөрдүн узарышынын эч мааниси болбойт.

**<u>Төртүнчүсү,</u>** Ал Румдар менен тогуз жылдык бир тынчтык келишимин түзөт; ал боюнча **Константинопольдо** жети жыл жашайт. Ал жерге **эки жолу барышы жана кайтышы албетте көп жылдарга созулат. Сүфйан менен жүргүзө турган пикирдик күрөшү да ошондой.** Себеби жогоруда айтып кеткендей, Сүфйан ага моюн сунгандан үч жылдан кийин келишимди бузат жана ушул себептен аны менен пикирдик күрөш жүргүзүүгө мажбур болот.

Индия жана башка өлкөлөрдү руханий ээлеши да сөзсүз көп жылдарды алат. **<u>Айткандарыбыздын баары ар кайсы риваяттарда келген.</u>**

Бул иштердин баары өкүмдарлык мөөнөтүнүн тогуз жылдан көбүрөөк экенин көрсөтөт. Демек, **ЖЕТИ ЖЫЛ МЕНЕН ЧЕКТЕЛИШИ БҮТ ӨЛКӨЛӨРГӨ ТОЛУГУ МЕНЕН ЖЕТИ ЖЫЛ ӨКҮМДАР БОЛУШУН КӨРСӨТӨТ, ОНТОГУЗ ЖЫЛ МЕНЕН ЧЕКТЕЛИШИ СҮФЙАН МЕНЕН ПИКИРДИК КҮРӨШ ЖҮРГҮЗҮШҮ, АНЫ ПИКИРДИК ЖАКТАН ЖЕҢИП, ӨЛКӨЛӨРДҮ (РУХАНИЙ ЖАНА ПИКИРДИК) ЭЭЛЕШИ ЖАНА БҮТ АДАМДАРДЫН АНЫН БУЙРУГУНА КИРИШИН КӨРСӨТӨТ...** (б.а. ушул учурда өткөн убакытты көрсөтөт, ал болсо онтогуз жылды камтыйт...)

Жогоруда айткан элек; **Ал Румдар менен тогуз жыл тынчтык түзөт, алар менен пикирдик күрөш жүргүзүшү жана абалды башкарышы болжол менен он жылга созулат, Дамаскка кириши, Сүфйандын ага моюн сунушу, <u>үч жылдан соң моюн сунуудан баш тартышы, ушул себептен аны менен пикирдик бир күрөш жүргүзүшү жана натыйжада арадан бир топ жылдардын өтүшү болжол менен жыйырма төрт жылга барат...</u> Меккеге кириши, ал жерде Мекке Амиринин пикирдик системасын кыйратышы, натыйжада БҮТ ХИДЖАЗ ӨЛКӨЛӨРҮН РУХАНИЙ ЖАНА ПИКИРДИК ЖАКТАН ЭЭЛЕШИ БОЛСО <u>БОЛЖОЛ МЕНЕН КЫРК ЖЫЛГА</u> созулат...** Анан бүт өлкөлөрдү руханий жана пикирдик жактан ээлеши, Хоросандык Хашиминин чыгышы... да аз убакыт албайт!.. Тогуз же азыраак бир мөөнөт өкүмдарлык кылышы Исанын (ас) чыгышынан кийин болушу да ыктымал... *(Kıyamet Alametleri, Medineli Allame Muhammed b. Resul el-Hüseyni el-Berzenci, Pamuk Yayıncılık, 185, 186)*

Көрүнүп тургандай, улуу Ислам аалымы сеййид Мухаммед б. Ресул эль-Хүсейни эль-Берзенжи Азрети Аз. Мехди (ас)дын кызмат мөөнөттөрүн ар кайсы убакыттар ичинде түшүндүрүп, ал улуу муждеддиддин Куран ахлагы жана пазилети менен Пайгамбарыбыз (сав)дын сүннөтүн дүйнөгө жайышынын болжол менен 40 жылга созулаарын билдирген. Бул мөөнөт ичинде Аз. Мехди (ас) дажжалият системасы ага курган тузактар, жалган жалаалар, туткундуктар менен алек болот, бир кайып доору болот, мындан тышкары, саны 313 адамдан түзүлөөрү хадистерде айтылган шакирттеринин

чогулушу жана ыймандарынын күчтүү абалга келиши үчүн өтө чын ыкластан аракет кылат. Ошондой эле, Аз. Мехди (ас) белгилүү мөөнөт камакта болот, андан соң мусулмандарды туткундуктан куткарып, болуп жаткан азап, зулумдук жана кысымчыл шарттарды бүтүндөй жок кылуу жана адамдар арасында Куран ахлагын орнотуу жана Ислам биримдигин түзүү үчүн адилеттүү иш-аракеттерди жүргүзөт. Бирок бул иш-аракеттердин эч бири 7 же 10 жыл сыяктуу кыска убакыт ичинде жасап бүтүлбөйт, ар бири көп убакыт алат.

Ошол сыяктуу, Аз. Мехди (ас) дүйнө жүзүндө ар кайсы өлкөлөрдө курулуш, көркөмдөө иштерин жасап, имараттар жана мусулмандар ибадаттарын кенен кылышы үчүн мечиттерди курат. Бирок бул иштери дагы 9 жыл сыяктуу кыска убакыт ичинде эмес, бир топ узун убакытка созулат. Мындан тышкары, Сүфйан системасы менен пикирдик бир күрөш жүргүзөт жана ал система түзгөн мүнафыктык (эки жүздүүлүк) менен да бир топ жылга созулган бир илимий-пикирдик күрөшү болот. Ал тургай, ал болжол менен 24 жылга созулат. Ошондой эле, дүйнө өлкөлөрүн руханий жана пикирдик ээлеши, б.а. Куран ахлагы жана пазилети менен Пайгамбарыбыз (сав)дын сүннөтүн адамдарга кабыл алдырышы да бир топ убакыт алат. Эль-Берзенжи Азрети бүт ушундай иш-аракеттердин натыйжасында Аз. Мехди (ас)дын Ислам ахлагын дүйнөгө орнотушу үчүн эң аз 40 жыл аракет кылаарын айтууда. Булар болсо Аз. Мехди (ас)дын Хижрий 1400-жылы чыгаар замат таанылышынын эч мүмкүн эмес экенин, аны адамдардын таанышынын жогоруда айтылган бүт иш-аракеттеринен улам эң аз 40 жыл; б.а. 40, 50, 60 жыл сыяктуу узун убакытты алаарын көрсөткөн маанилүү далилдер.

**3. Пайгамбар Мырзабыз Аз. Мухаммед (сав)дын хадистеринде Аз. Мехди (ас) менен байланыштуу ар кандай мөөнөттөрдү бериши Аз. Мехди (ас)дын өмүрүнүн, пикирдик күрөшүнүн жана Куран ахлагына таянган руханий өкүмдарлык мөөнөтүнүн ар кайсы доорлоруна ишарат кылууда.**

Пайгамбарыбыз (сав)дын хадистеринде Аз. Мехди (ас) жөнүндө айтылган *«Аз. Мехди (ас) 14 жыл жашайт», «Аз. Мехди (ас)дын өмүрү 30 жыл»* жана *«Аз. Мехди (ас) дүйнөдө 40 жыл турат ...»* сыяктуу сөздөр **Аз. Мехди (ас)дын өмүрүнүн, пикирдик күрөшүнүн жана Куран ахлагына таянган руханий өкүмдарлык мөөнөтүнүн ар кайсы доорлоруна ишарат кылат.**

Хадистерде Аз. Мехди (ас) менен байланыштуу өтө детальдуу маалыматтар берилген жана бул куттуу акыр заман инсанынын өмүрүнүн маанилүү доорлоруна көңүл бурулган.

Мисалы, хадистерде Аз. Мехди (ас)дын чыгаардан мурда өтө чоң зулумдуктарга кабылаары, кол салуу жана жалган жалааларга туш болоору

сүрөттөлгөн. Камакта отурган убактары, туткундуктар, кысымдар Аз. Мехди (ас)дын өмүрүнүн өтө маанилүү доорун түзөт. Аз. Мехди (ас) сыяктуу шакирттери да өз доорунун каапырларынан өтө күчтүү азаптарды көрүп, өтө кыйын сыноолордон өткөрүлүшөт. Аз. Мехди (ас) жана шакирттеринин каапырлар менен, акыр замандын мүнафыктары менен, кээ бир фыкых (шарият) аалымдары менен жана акыр заман дажжалы менен жүргүзө турган пикирдик күрөшү дагы ушул убакыт аралыктарынын бири. Аз. Мехди (ас)дын шакирттеринин санынын 313 экени да хадистерде айтылган. Бул санды эске алганда мынча адамдын Аз. Мехди (ас)дын айланасында биригишинин, таалим алышынын, ыйман жагынан бышып жетилишинин да белгилүү убакыт алаары анык. Бүт мындай окуялар Аз. Мехди (ас) чыгышынан жана руханий лидер болушунан, б.а. бүт адамдар тарабынан таанылышынан мурда узун мөөнөт өтөөрүн жана ал убакыттын белгилүү баскычтары болоорун көрсөтөт.

Аз. Мехди (ас)дын кызмат мөөнөтүндөгү бул доорлор Пайгамбарыбыз (сав)дан төмөнкүчө риваят кылынган:

Расулуллах (сав) мындайча буюрган: «Менин үммөтүмдүн ичинде Аз. Мехди (ас) чыгып, **5 ЖЕ 9 ЖЫЛ (ӨКҮМ СҮРҮП)** жашайт. Бир адам ага келип: Эй Мехди (ас)! Мага (мал-мүлк) бер дейт. Ал болсо анын кийимин жайып, ичин көтөрө ала турганчалык мал-мүлккө толтурат.» *(Mer'iy b. Yusuf b. Ebi bekir b. Ahmet b. Yusuf el-Makdi'si "Feraidu Fevaidi'l Fikr Fi'l İmam El-Mehdi El-Muntazar")*

«... Мал-мүлктү бөлөм жана адамдарга пайгамбарларынын сүннөтү менен мамиле кылат, **Исламды арадагы коңшу аймактарга билдирет**, **7 ЖЫЛ ТУРАТ**, анан көз жумат жана Мусулмандар намазын кылышат.» *(Ali b. Sultan Muhammed el-Kari el-Hanefi "Risaletül Meşreb elverdi fi mezhebil Mehdi")*

Эбу Абдуллах Хүсейин б. Алиден риваят боюнча; Аз. Мехди (ас) **19 ЖЫЛ өкүм сүрөт**. *(Ukayli "En-Nectmu's-sakıb fi Beyanı Enne'l Mehdi min Evladı Ali b. Ebi Talib Ale't-Temam ve'l kamal")*

Таберани жана Эбу Нуаймдын Эбу Саид Эль-Худри (ра)дан риваяттары боюнча; Расулуллах мындайча буюрган: «Менин Эхли Бейтимден бир адам чыгат. Ал менин сүннөтүмдү айтып берет. Улуу Аллах анын урматына асмандан жамгыр түшүрөт. Жер бети (Улуу Аллахтын буйругу менен) берекесин сыртка чыгарат. Ал андан мурда зулумдук жана адилетсиздикке толтурулган дүйнөнү акыйкат жана адилеттүүлүккө толтурат. **БУЛ СҮННӨТТҮ 7 ЖЫЛ ЖАСАЙТ.»** *(Mer'iy b. Yusuf b. Ebi bekir b. Ahmet b.*

*Yusuf el-Makdi'si "Feraidu Fevaidi'l Fikr Fi'l İmam El-Mehdi El-Muntazar)*

Аз. Алиден риваят боюнча; **Аз. Мехди (ас) бүт кошумчаларды жок кылат жана бүт сүннөттөрдү ордуна алып келет.** Константинопольду, Кытайды, Дейлем тоосун ээлейт. **АЗ. МЕХДИ (АС) УШУНДАЙ АБАЛДА 7 ЖЫЛ ТУРАТ. Анын ар жылы силердин он жылыңар сыяктуу**. *(Ukayli "En-Nectmu's-sakıb fi Beyanı Enne'l Mehdi min Evladı Ali b. Ebi Talib Ale't-Temam ve'l kamal")*

Даракутни менен Таберанинин Эбу Хурейре (ра)дан риваяттары боюнча; Расулуллах (сав) мындайча буюрган: «Менин үммөтүмдүн ичинде Аз. Мехди (ас) болот. **<u>КАНЧАЛЫК 7 ЖЕ 8, ЖЕ БОЛБОСО 9 ЖЫЛДАН АЗ БОЛСО ДАГЫ</u>**, мурда эч болбогондой үммөтүмдөн күнөөсүз жана күнөөкөрлөрдүн баары анын доорунда немат-жакшылыктарга ээ болот.» *(Mer'iy b. Yusuf b. Ebi bekir b. Ahmet b. Yusuf el-Makdi'si "Feraidu Fevaidi'l Fikr Fi'l İmam El-Mehdi El-Muntazar")*

Нуаймдын Зүхриден риваяты боюнча; Аз. Мехди (ас) **<u>14 ЖЫЛ</u>** жашайт, анан кадыресе абалда көз жумат. *(Mer'iy b. Yusuf b. Ebi bekir b. Ahmet b. Yusuf el-Makdi'si "Feraidu Fevaidi'l Fikr Fi'l İmam El-Mehdi El-Muntazar")*

Ошондой эле Нуаймдын Букйе б. Велитден риваяты боюнча; **<u>АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ӨМҮРҮ 30 ЖЫЛ.</u>** *(Mer'iy b. Yusuf b. Ebi bekir b. Ahmet b. Yusuf el-Makdi'si "Feraidu Fevaidi'l Fikr Fi'l İmam El-Mehdi El-Muntazar")*

«Нуаймдын Динар б. Динардан риваяты боюнча; Аз. Мехди (ас) **<u>ДҮЙНӨДӨ 40 ЖЫЛ ТУРАТ.</u>** *(Mer'iy b. Yusuf b. Ebi bekir b. Ahmet b. Yusuf el-Makdi'si "Feraidu Fevaidi'l Fikr Fi'l İmam El-Mehdi El-Muntazar")*

Хадистерден Аз. Мехди (ас)дын бүт элдерди пикирдик жана руханий ээлешинин да көп убакыт алаары көрүнүп турат. Ислам аалымдары да айткандай, өлкөлөрдүн Аз. Мехди (ас) тарабынан бир-бирден руханий жана пикирдик ээлениши белгилүү бир убакыт ичинде болот. Ал тургай, Берзенжи Азрети Аз. Мехди (ас)дын Ислам ахлагын жайышынын 40 жылдай узун убакытка созулаарын айткан. Бул Аз. Мехди (ас)дын адамдар тарабынан толук таанылышынын ал чыккандан соң эң аз 40 жылдык бир мөөнөттөн кийин болоорун көрсөтөт.

... **БҮТ ХИДЖАЗ ӨЛКӨЛӨРҮН РУХАНИЙ ЖАНА ПИКИРДИК ЖАКТАН ЭЭЛЕШИ БОЛСО <u>БОЛЖОЛ МЕНЕН КЫРК ЖЫЛГА</u>** барат...

*(Kıyamet Alametleri, Medineli Allame Muhammed b. Resul el-Hüseyni el-Berzenci, Pamuk Yayıncılık, sf. 186)*

**4. Аз. Мехди (ас)дын Хижрий 1400-жылдын башында чыгышы сөзсүз чыгаар замат адамдар тарабынан таанылат деген мааниге келбейт**

Азыр Хижрий 1430-жылдарда жашап жатабыз, демек Аз. Мехди (ас) чыккандан бери, Пайгамбарыбыз (сав) кабар берген Хижрий жыл боюнча, 30 жыл өттү. Б.а. Берзенжи Азрети билдиргендей, Аз. Мехди (ас)дын толук таанылышы жана дүйнөлүк масштабдагы руханий жана пикирдик өкүмдарлыгы үчүн дагы эң аз 10 жылдык мөөнөт бар.

Кээ бир кишилер эч бир ишенимдүү далилге жана сахих (ишенимдүү) хадиске таянбастан айткандай; «Аз. Мехди (ас) Хижрий 1400-жылы ошол замат таанылат, Аз. Мехди (ас) экени бүт адамдар тарабынан билинет» деген сыяктуу пикирде болуу ахли сүннөт аалымдарынын пикирлерине толугу менен карама-каршы келет. Мындай пикирди айткан адам ахли сүннөт аалымдарынын пикирлерине толугу менен каршы чыккан болот. Себеби мисалы улуу ахли сүннөт аалымы Мадиналык Алламе Сейийд Мухаммед б. Ресул эль-Хүсейни эль-Берзенжи Азрети Аз. Мехди (ас) чыккандан кийинки таанылуу убактысы жөнүндө мындай деген:

(Төмөндө орун алган кесинди Мадиналык Алламе Сейийд Мухаммед б. Ресул эль-Хүсейни эль-Берзенжи Азретинин (Хижрий 1040-1103) котормосу Наим Эрдоган тарабынан жасалган El-işaatü li Eşratıssaati (Кыямат алааматтары) аттуу эмгегинин кеңейтилген 10-чыгарылышынын 301-бетинин оригиналы.)

**... ЖЕ БОЛБОСО, ТӨРТ, БЕШ АЛ ТУРГАЙ ОН ЖЫЛ, КЫЛЫМДЫН АЛГАЧКЫ ЖЫЛДАРЫНАН САНАЛАТ. ДЕМЕК; МЕХДИ (АС)ДЫН КЫЛЫМ БАШЫНАН ЖЕТИ, ТОГУЗ ЖЕ ОТУЗ ЖЫЛ МУРДА ЧЫГЫШЫ АНЫН КЫЛЫМДЫН БАШЫНДА ЧЫГААРЫНА ТОСКООЛ БОЛБОЙТ. БУЛ МӨӨНӨТТӨН КИЙИНГЕ КАЛСА ДА АБАЛ ӨЗГӨРБӨЙТ.** *(Kıyamet Alametleri, müellif: Medineli Allâme Muhammed b. Resul el-Hüseynî el-Berzencî, Pamuk Yayıncılık, İstanbul 2002 sf. 301)*

Эль Берзенжи Азрети бул сөзү менен Аз. Мехди (ас)дын чыгаар убактысы болгон Хижрий 1400-жылдан кийинки 4, 5, ал тургай 10 жылдын да кылым башынын алгачкы жылдарынан саналаарын айтууда. Ал тургай, мисалы Имам Раббани Азрети;

**АР КЫЛЫМДЫН БАШЫНДА бул үммөттүн уламасы арасынан БИР**

**МУЖЕДДИД КЕЛЕТ жана шариятты (Куран ахлагы жана пазилети менен Пайгамбарыбыз (сав)дын сүннөтүн) жандандырат.** *(Mektubat-ı Rabbani, 1/520)*

деп айткандай, Аз. Мехди (ас)дын **ХИЖРИЙ 1400-ЖЫЛДЫН БАШЫНАН 7, 9, АЛ ТУРГАЙ, 30 ЖЫЛ МУРДА ЖЕ КИЙИН ТААНЫЛЫШЫ** да Аз. Мехди (ас)дын Хижрий 1400-жылы чыгышына тоскоол болбойт. Ушундай болсо дагы Аз. Мехди (ас) баары бир Хижрий 1400-жылдын башында чыккан болот.

«Аз. Мехди (ас) Хижрий 1400-жылы адамдар тарабынан ошол замат таанылган жок, демек чыккан жок; Хижрий 1400-жылдан 30 жыл өтсө да, дагы эле чоң алааматтар чыккан жок, демек Аз. Мехди (ас) бул кылымда чыкпайт, Аз. Мехди (ас) башка кылымда чыгат...» деген сыяктуу акыл жана логикага туура келбеген сөздөр менен Аз. Мехди (ас)дын чыгышын жаап-жашырууга аракет кылгандарга ахли сүннөттүн маанилүү жана барктуу аалымдарынан болгон Эль-Берзенжи Азретинин бул сөзү өтө маанилүү бир жооп болот. Аз. Мехди (ас) Хижрий 1400-жылдан мурда же 7, 9 же болбосо 30 жыл кийин чыкса да, баары бир күтүлгөн Улуу Мехди (ас) болот. Бул абалдардын эч бири Пайгамбарыбыз (сав)дын сахих хадистери менен билдирилген бул чындыкты, Аллахтын буйругу менен, эч качан өзгөртө албайт.

(Төмөндөгү кесинди Али Б. Хүсамеддин эль-Муттаки Азретинин Kitab-ül Burhan Fi Alamet-il Mehdiyy-il Ahir zaman аттуу эмгегинин урматтуу Др. Суат Арусан тарабынан даярдалган, түркчө котормосунун 88, 89 жана 90-беттери.)

### 5. Пайгамбарыбыз (сав) дүйнөнүн өмүрүнүн 7000 жыл экенин билдирген

Ар жүз жылда бир дин ахлагын кошумчалардан (бидат) куткаруу жана жаңылоо үчүн Аллах тарабынан бир кишинин жөнөтүлөөрү Сүнени Эбу Давуд, Мектубаты Раббани сыяктуу улуу жана барктуу ахли сүннөт аалымдарынын эмгектеринде апачык айтылган. Пайгамбарыбыз (сав)дан риваят кылынган хадистерде акыр заманда чыгаары сүйүнчүлөнгөн Аз. Мехди (ас)дын чыгаар убактысы катары болсо Хижрий 1400-жыл берилген.

Бул 100 жылдык мөөнөттө Ислам ахлагы белгилүү бир процесс ичинде бүт дүйнөгө орноп, дин ахлагына каршы күрөш жүргүзгөн дажжалият системасы болсо толугу менен жок болот. Бирок болжол менен 100 жылга созула турган бул көтөрүлүү мөөнөтүнөн соң, б.а. Хижрий 1500-жылдары

дүйнө кайрадан бир бузулуу процессине кирет. Ахли сүннөттүн улуу хадис жана фыкых аалымдарынын бири Имам Ахмед Ибни Ханбел сыяктуу көп аалым бир-биринен алып өткөргөн бир хадисте Пайгамбарыбыз (сав) ага чейин дүйнөдө өткөн убакыттын 5600 жыл экенин билдирүү менен адамзат тарыхынын башталышы жөнүндө маанилүү бир маалымат берген:

Ахмед Ибни Ханбел Илелинде алып айтты. Исмаил б. Абдүлкерим, Абдүссамедден, Ал болсо Вехбден риваят кылды: **ДҮЙНӨДӨН БЕШ МИҢ АЛТЫ ЖҮЗ ЖЫЛ ӨТТҮ**. *(Ali B. Hüsameddin el-Muttaki, Kitab-ül Burhan Fi Alamet-il Mehdiyy-il Ahir zaman, sf. 89)*

(Төмөндөгү кесинди Али Б. Хүсамеддин эль-Муттаки Азретинин Kitab-ül Burhan Fi Alamet-il Mehdiyy-il Ahir zaman аттуу эмгегинин урматтуу Др. Суат Арусан тарабынан даярдалган, түркчө котормосунун 89-бетинен алынган.)

Мындан тышкары, дагы көптөгөн хадисте болсо дүйнөнүн өмүрүнүн 7000 жыл экени жөнүндө айтылат:

Энес Маликден алып өткөрдү. Ал айткан, Расулуллах (сав) айтты: **ДҮЙНӨНҮН ӨМҮРҮ АКЫРЕТ КҮНДӨРҮНӨН ЖЕТИ КҮН**. Аллах Таала буюрду: **РАББИҢДИН КАБАТЫНДА БИР КҮН СИЛЕР САНАГАНДАН МИҢ ЖЫЛ СЫЯКТУУ**. Ким бир дин бир тууганынын Аллах жолунда бир муктаждыгын камсыздаса, Аллах Таала ал үчүн күндүздөрүн орозо менен, түндөрүн болсо ибадат менен өткөргөндөй **УШУЛ ДҮЙНӨНҮН ЖЕТИ МИҢ ЖЫЛДЫК ӨМҮРҮ БОЮ СООП ЖАЗАТ**. *(Ali B. Hüsameddin el-Muttaki, Kitab-ül Burhan Fi Alamet-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, sf. 88)*

Даккак б. Зейдү Жүхениден риваят кылды: Мен көргөн бир түшүмдү Расулуллах (сав)га айтып бердим. Ал түштө Пайгамбар (сав) жети тепкичтүү бир минбардын эң жогорку тепкичинде эле: **Ал мындай деди: ЖЕТИ ТЕПКИЧТҮҮ СЕН КӨРГӨН МИНБАР УШУЛ ДҮЙНӨНҮН ӨМҮРҮ БОЛГОН ЖЕТИ МИҢ ЖЫЛ.** *(Ali B. Hüsameddin el-Muttaki, Kitab-ül Burhan Fi Alamet-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, 89)*

Ахли сүннөт аалымдарынан Хүсамеддин эль-Муттакинин эмгеги болгон *Kitab-ül Burhan Fi Alamet-il Mehdiyy-il Ahir Zaman* китебинен орун алган бул хадистер боюнча Пайгамбарыбыз (сав) дүйнөнүн өмүрүнүн 7000 жыл экенин кабар берүүдө. Дагы көптөгөн ахли сүннөт аалымдарынын эмгектеринде, мисалы, Муттаки Азретинин *Kenzu'l-Ummal*, №: 16459-хадисте; Мухаммед Тахир б. Али эль-Хиндинин эмгеги *Tezkiretu'l-Mevduat*, I/223'тө; Имам

Сахави *el-Makasidu'l-hasene* (Дейлемиден алынган), I/693, №1243-хадисте; Эль Мунавинин *Feyzu'l-Kadir*, III/547 № 4278 хадисте (Дейлемиден алынган), Байезид Бистами Азретинин *Miftahu'l-Cifr* аттуу эмгегинде дүйнөнүн өмүрүнүн 7000 жыл экени жөнүндөгү хадистер орун алган. Бул дагы ахли сүннөт аалымдарынын бир добуштан муну кабыл алышканын көрсөткөн апачык бир далил.

Хижрий 1300-жылдын жана акыркы миң жылдын эң чоң муждеддиди болгон Устад Саид Нурси Азрети болсо Ислам ахлагынын дүйнөгө өкүмдарлык мөөнөтү катары Хижрий 1500-жылдарды берген. Устад ошол жылдарга чейинки убакта Мусулмандардын ачык жана ашкере үстөмдүктө болоорун айткан. Андан кийинки жылдары болсо Ислам ахлагынын дүйнөдөгү жогорулоо доору бүтүп, каапырлар үчүн кыяматтын Хижрий 1545-жылдары болоорун айткан. (Туурасын Аллах билет.)

«Үммөтүмдөн бир тайпа Аллахтын буйругу келгенге чейин (кыяматка чейин) акыйкат үстүндө болот.»

«Үммөтүмдөн бир тайпа...» бөлүмүнүн жифр эсебинин натыйжасы (сандык мааниси) **1542 (2117) болуп бар болуунун аягына ишарат кылат. «Акыйкат үстүндө болот.» (шадда саналат) бөлүмүнүн болсо, жифр эсебинин натыйжасы 1506 (2082), бул жылга чейин ачык жана ашкере, балким үстөм**; анан оо 1542 (2117)-жылга чейин жашыруун жана жеңилген абалда акыйкатка чакыруу милдетин улантаарына ишарат кылат. **«Аллахтын буйругу келгенге чейин» (шадда саналат) бөлүмүнүн болсо; жифр эсебинин натыйжасы 1545 (2120) болуп, каапырдын башына КЫЯМАТТЫН КЕЛИШИНЕ ишарат кылат.** *(Kastamonu Lahikası, 33-б.)*

Пайгамбарыбыз (сав) дагы көптөгөн сахих хадисинде болсо дүйнөнүн болгону 1 күндүк өмүрү калса дагы, Аллахтын ал өмүрдү узартып Аз. Мехди (ас)ды сөзсүз чыгараарын билдирген. Бул өтө маанилүү бир сөз. Себеби Аз. Мехди (ас)ды Пайгамбарыбыз (сав)дын риваятына карабастан Хижрий 1400-жылы чыкпайт деп хадистерге каршы чыккан адамдардын бул хадистерди да көрмөксөн болгону анык. Чынында болсо Пайгамбарыбыз (сав) бул хадистери аркылуу Аз. Мехди (ас)дын чыгышынын жана анын себебинен Ислам ахлагынын орношунун адамзат үчүн канчалык маанилүү экенине апачык көңүл бурган.

(Төмөндө орун алган кесинди Мадиналык Алламе Сейийд Мухаммед б. Ресул эль-Хүсейни эль-Берзенжи Азретинин (Хижрий 1040-1103) котормосу Наим Эрдоган тарабынан жасалган El-işaatü li Eşratıssaati (Кыямат алааматтары) аттуу эмгегинин кеңейтилген 9-чыгарылышынын сырткы бети жана 299-бетинин оригиналы.)

Абдуллах (ра)дан риваят кылынды: Расулуллах (сав) мындай деген: Эхли бейтимден аты атыма туура келген бир киши башчы болот... **ДҮЙНӨНҮН БОЛГОНУ БИР КҮНДҮК ӨМҮРҮ КАЛСА ДАГЫ, АЛ (АЗ. МЕХДИ (АС)) БАШЧЫ БОЛУШУ ҮЧҮН УЛУУ АЛЛАХ АЛ КҮНДҮ СӨЗСҮЗ СОЗОТ.** *(Sünen-i Tirmizi 4/92)*

Аз. Алиден риваят кылынышы боюнча Расулуллах (сав) мындай деген: **КЫЯМАТ БОЛУШУ ҮЧҮН БИР КҮНДӨН БАШКА УБАКЫТ КАЛБАГАН БОЛСО ДАГЫ, УЛУУ АЛЛАХ МЕНИН ЭХЛИ БЕЙТИМДЕН (УРПАКТАРЫМДАН) БИР ЗАТТЫ ЖӨНӨТӨТ.** *(Sünen-i Ebu Davud, 5/92)*

Ибни Маже жана Эбу Наим Эбу Хурейреден алып өткөрүштү, анын айтышы боюнча Пайгамбар (сав) мындай деген: **ЭГЕР ДҮЙНӨДӨН БИР КҮН КАЛСА, АЛЛАХ АЛ КҮНДҮ СОЗОТ ЖАНА ЭХЛИ БЕЙТИМДЕН (УРПАКТАРЫМДАН) БИРӨӨНҮ БАШЧЫ (ӨКҮМДАР) КЫЛАТ.** *(Kitab-ül Burhan Fi Alameti-il Mehdiyy-il Muntazar, 10 El-Kavlu-l Muhtasar Fi Alamatil Mehdiyy-il Muntazar, 27 Ölüm-Kıyamet -Ahiret ve Ahir Zaman Alametleri, s. 437)*

Ушул себептен, «Аз. Мехди (ас)дын чыгышынын биринчи чейреги өтүп кетти, ошондуктан ал кийинки кылымда чыгат» деген сыяктуу хадистерге таянбастан, толугу менен логикасыз, ойдон чыгарылган сөздөрдү айткан кишилер бул хадистерди кайрадан карап, жакшылап ойлонушу керек.

Аллахтын **«дүйнөдөн бир күн калса дагы, ал күндү созуп Аз. Мехди (ас)ды чыгараарын»** кабар берген Пайгамбарыбыз (сав)дын сөздөрү Аз. Мехди (ас)дын чыгышы үчүн керек болсо убакыттын создуктурулаарын көрсөтөт. Демек, Аз. Мехди (ас)дын чыгышы, кээ бирлер айткандай, бир кылым кийинкиге кечиктирилип, бул кылымда күтүлүүдөн баш тартылбайт, тескерисинче Аз. Мехди (ас)дын чыгышы баары бир Хижрий 1400-жылдардын ичинде күтүлө берет. Өтө маанилүү бир жагдайды айта кетүү керек: Хижрий 1499-жылдын акыркы күнүнө чейин Хижрий 1400-жылдардын ичи болуп саналат.

Аз. Мехди (ас) чыгышы үчүн Аллахтын керек болсо убакытты созушу болсо, Хижрий 1500-жылдарга чейин боло турган Аз. Мехди (ас) ушул мөөнөт ичинде Ислам ахлагын жана пазилетин жана Пайгамбарыбыз (сав)дын сүннөтүн дүйнөгө жайуу иш-аракеттерин ар кандай жол менен улантаарын көрсөтөт. Бирок бул созуктуруу дүйнөнүн 7000 жылдык өмүрүнөн ашпай турганчалык бир созуктуруу болот жана андан соң Пайгамбарыбыз (сав) айткандай, Ислам ахлагынын дүйнөдөгү таасиринин жоголуп башташы заматтык бир артка кетүү аркылуу эмес, акылга сыярлык даражада

акырындап жүрөт. Андан соң дүйнөнүн 7000 жылдык өмүрүнүн аягы болгон кыяматтын болушу болсо, Устад Саид Нурси Азрети айткандай, иншаАллах Хижрий 1500-жылдары күтүлөт. (Туурасын Аллах билет.)

Улуу ахли сүннөт аалымы Берзенжи Азрети болсо дүйнөнүн өмүрүнүн Хижрий 1600-жылга жетпешин, б.а. Хижрий 1500-жылдар ичинде Аллахтын каалоосу менен кыяматтын күтүлөөрүн айтат. (Туурасын Аллах билет.)

**БУЛ ҮММӨТТҮН ӨМҮРҮ МИҢ ЖЫЛДАН АШАТ, БИРОК БИР МИҢ БЕШ ЖҮЗ ЖЫЛДАН АШПАЙТ...** *(Kıyamet Alametleri, Medineli Allame Muhammed b. Resul el-Hüseyni el-Berzenci, Pamuk Yayıncılık, İstanbul, 2002, s. 299)*

Пайгамбарыбыз (сав)дан риваят кылынган хадиске таянып Суйути Азрети болсо өз сөзүндө мындай дейт:

**«МЕНИН ҮММӨТҮМДҮН ӨМҮРҮ 1500 ЖЫЛДАН КӨП АШПАЙТ.»**
*(Suyuti, el-Keşfu an Mücavezeti Hazihil Ümmeti el-Elfu, el-havi lil Fetavi, Suyuti. 2/248, tefsiri Ruhul Beyan. Bursevi. (Arapça) 4/262, Ahmed bin Hanbel, Kitâbu'l-İlel, sh. 89)*

Демек, эгер жогоруда сөз болгон кишилер (Аз. Мехди (ас) бул кылымда келбейт деген кишилер) өздөрүнүн ахли сүннөт ишениминде экенинен эч күмөн санашпаса, ахли сүннөт ишенимине толук моюн сунаарын айтышса жана ал тургай аларды тарбиялап өстүргөн мугалимдеринин бул багытта ачык маалымкаты бар дешсе, анда ахли сүннөттүн бул эки барктуу жана урматтуу аалымынын өз эмгектеринде айткан пикирлерин да кабыл алууга мажбур. Бул улуу аалымдардын орток пикирине бүтүндөй карама-каршы келе турган жана эч бир ишенимдүү хадиске таянбаган сөздөрү менен мусулмандарды алагды кылбашы зарыл. Ахли сүннөт аалымдары арасында өтө маанилүү орду болгон Суйути менен Сейийд Эль-Берзенжи Азретинин экөөсүнүн тең терең көз-караштары, терең изилдөө жана илимдери менен ушундай орток пикирге барганын кабыл алып, биз жашап жаткан доорду Пайгамбарыбыз (сав)дан риваят кылынган хадистер менен баалап, ошого жараша пикирлерин айтышы керек.

Бир жагдайды унутпаш керек; Мусулмандар мындай темада сөзсүз Пайгамбарыбыз (сав)дын ахли сүннөт аалымдары тарабынан бир добуштан сахих (ишенимдүү) экени кабыл алынган хадистерине маани бериши зарыл. Өз оюнан чыгарып, эч бир аят же хадиске таянбастан, акылга сыйбас логикалар менен Аз. Мехди (ас)дын чыгышын кийинки кылымга кечиктирген жана Имам Раббани, Эбу Давуд Азрети, Суйути Азрети, Сейийд эль-Берзенжи

Азрети жана Устад Саид Нурси Азрети сыяктуу ахли сүннөт аалымдары бир добуштан кабыл алган **«ар кылымдын башында Мусулмандар арасынан динди кошумчалардан тазалай турган бир заттын чыгаарын»** сүйүнчүлөгөн бүт хадистерди апачык танган бир кишинин сөздөрүнө Мусулмандар маани беришпейт.

**6. Катары менен болуп жаткан акыр заман алааматтары Аз. Мехди (ас)дын чыгаарынын өтө маанилүү ишараты**

Хижрий 1400-жылга киргенден баштап катары менен хадисте айтылгандай **«тасбих мончоктору сыяктуу»** биринин артынан экинчиси болгон жана болуп жаткан, төмөндө кээ бирлери гана саналган акыр заман алааматтары кээ бир адамдардын «Аз. Мехди (ас)дын чыгышы кийинки кылымга калды» деген сөзүн толугу менен жокко чыгарат.

Аллах Расулу саллаллаху алейхи васаллам айтты: **«... эскирген жиби үзүлгөн бир мончоктун көздөрүндөй катары менен келүүчү алааматтарды күтүшсүн.»** (*Ebû Hureyre radıyallahu anh. Tirmizî)*

**Кыямат алааматтары биринин артынан экинчиси болот. Бир тизмектеги мончоктордун катары менен үзүлүшү сыяктуу.** *(Ramuz-El Ehadis, 277/6; Camiü's-Sagir, 3/167)*

Бул акыр заман менен байланыштуу хадистердин катары менен жана бүт майда-бараттарына чейин биз жашап жаткан Хижрий 1400-жылдын ичинде болуп жатышы акыр заманда күтүлгөн Аз. Мехди (ас)дын чыкканын көрсөтөт. (Туурасын Аллах билет.)

Акыр заман алааматтары бир бүтүн, жана ал алааматтардын болушу бир тараптан Пайгамбарыбыз (сав) кабар берген акыр заман ичинде жашап жатканыбызды, экинчи тараптан болсо бүт мусулмандар чоӊ толкундануу жана үмүт менен күткөн Аз. Мехди (ас)дын чыгаарын сүйүнчүлөөдө. Ушул себептен чоӊ жана кичине алааматтар деп аталган алааматтардын баары Мусулмандар үчүн зор мааниге ээ. Ал алааматтардын кандайдыр бирөөсүнүн болгонун көрүү Мусулмандардын үмүтүн күчтөнтүп, толкундануусун арттырат жана күчүнө эсе эсе кубат кошот.

30 жылдан бери катары менен ишке ашкан алааматтардын баары акыр заман жагынан сөзсүз түрдө өтө маанилүү алааматтар. Бирок ал алааматтардын баарынын бир учурда; бир күндө же бир жумада болушу мүмкүн жана логикалуу болбогондуктан, баарынын болушу сөзсүз түрдө айларга, жылдарга, он жылдарга созулат. Алааматтардын катары менен жана бир-бирден болушу үчүн өтө турган бул узун убакыт болсо Аз. Мехди

(ас)дын чыгаар замат таанылбашын, таанылышы үчүн алгач акыр заманда экенибизди далилдеген ал алааматтардын болушу керек экенин көрсөтүүдө.

• Мисалы, Хижрий 1400-жылы дал хадисте Пайгамбарыбыз (сав) айткандай Евфрат суусу ага курулган тосмо (дамба) менен токтотулган.

**«<u>Евфрат дарыясынын суусу тартылып</u> алтын казынасын айта турган убактысы жакындап келатат. Ким ошол кезде ал жерде болгон болсо, ал казынадан эч нерсе албасын.»** *(Хадисти Бухари менен Муслим риваят кылышкан.) (Riyâzü's-sâlihîn min hadîsi seyyidi'l-mürselîn, İmam Nevevî', 3/332)*

Бул хадистин чыкканын кабыл алышыбыз үчүн алгачкы токтогон убактысы жетиштүү болот. Евфрат суусунун кайрадан токтотулушу эми хадис жагынан эч маанини билдирбейт. Демек, башка бир кылымда бул окуянын кайталанышынын хадистин чыгышы жагынан эч мааниси болбойт. Себеби ансыз эле Хижрий 1400-жылы Евфраттын суусу биринчи жолу токтотулган.

• Ошондой эле, Пайгамбарыбыз (сав) Афганистандын басып алынаарын;

**«Таликанга (Афганистанга) кыйын болду.** Күмөнсүз, Аллах Тааланын ал жерде алтын менен күмүш эмес казыналары бар. Ал жерде Аллахты чындап билген адамдар бар. Алар Акыр заман Мехдисинин жардамчылары.» *(Kitab-ül Burhan Fi Alameti-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, s. 59)*

хадиси менен кабар берген. Орусиянын Афганистанды 1979-жылы, б.а. Хижрий календары боюнча 1400-жылы басып алышы менен бул хадис ишке ашкан. Башка бир кылымда дагы бир жолу Афганистан басып алына турган болсо да, биз үчүн 1979-жылы алгачкы жолу болгон басып алуу хадисти чыгарган басып алуу болот.

• Ай жана күн тутулуулары

**«Аз. Мехди (ас) үчүн 2 алаамат бар... Мунун биринчиси, Рамазандын биринчи түнү айдын, экинчиси болсо ортосунда күндүн тутулушу.»** *(El-Kavlu'l Muhtasar Fi Alamatil Mehdiyy-il Muntazar, s. 47)*

**«Аз. Мехди (ас) чыгаардан мурда бир Рамазан ичинде күн эки жолу тутулат.»** *(Ölüm-Kıyamet-Ahiret ve Ahir Zaman Alametleri, s. 440)*

**«... Күндүн орозо айынын ортосунда, айдын болсо аягында тутулушу...»** *(Kitab-ül Burhan Fi Alameti-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, s. 37)*

**«Аз. Мехди (ас)дын келиши Рамазан айында айдын эки жолу тутулушуна себеп болот.»** *(Kıyamet Alametleri, s. 200)*

Хижрий 1400-жылдардын ичинде, 1981- жана 1982-жылдары катары менен жана так Рамазан айында күн менен ай тутулуулары болгон. 1981- жана 1982-жылдары катары менен болгон бул асман окуялары менен хадис толук чыккан. Бул окуянын эки жыл катары менен болушу хадис айткан окуянын ишке ашканын көрсөтөт. Мындан кийин башка бир кылымда боло турган ушул сыяктуу окуянын эми хадиске тиешеси болбойт.

- Ошондой эле, дүйнөбүзгө жакын жерден 76 жылда бир өтүүчү Галилей куйруктуу жылдызы 1986-жылы, б.а. Хижрий 1406-жылы өткөн. Пайгамбарыбыз (сав) хадисте мындай деген:

**Ал келээрден мурда чыгыштан жарык чачкан бир куйруктуу жылдыз көрүнөт.** *(El-Kavlu'l Muhtasar Fi Alamatil Mehdiyy-il Muntazar, s. 53)*

- Пайгамбарыбыз (сав) хадисинде;

« ... **АЗЕРБАЙЖАНДАН СӨЗСҮЗ БИР ОТ ЧЫГАТ**. Жана эч нерсе анын алдында тура албайт. Бул окуя болгондо үйүңөрдө отургула...» (Şeyh Muhammed b. İbrahim-i Numani, Gaybet-i Numani s. 311)

деп айткан жана чындап эле Азербайжанга тиешелүү Тоолуу Карабах жерлери 1988-жылы армяндар тарабынан басып алынып, бул хадис да Хижрий 1400-жылдар ичинде болгон. Мындан кийинки бир келечекте Азербайжан жерлеринде боло турган жаңы бир басып алуунун хадис жагынан эч мааниси болбойт.

- Имам Раббани тарабынан кабар берилген Пайгамбарыбыз (сав)дын бир хадисинде болсо мүйүзгө окшогон эки учтуу бир жылдыздан сөз кылынып, ал алааматтын Аз. Мехди (ас)дын чыгуу алааматы экени кабар берилүүдө.

«Убада кылынган Мехди (ас)дын чыгуу белгилеринин болгон **Аббаси Малик Хорасанга барган кезде, ЧЫГЫШ ТАРАПТАН ЭКИ ТИШТҮҮ**

**АЙДЫҢ БИР МҮЙҮЗ ЧЫГАТ.»** *(İmam-ı Rabbani, Mektubat-ı Rabbani, 381. Mektup, s. 1184)*

Бул сүрөттөөлөргө толук туура келген **эки куйруктуу Люлин куйруктуу жылдызы** 2009-жылы 24-февральда дүйнөгө эң жакын жерден өткөн. Эми миңдеген жылдан кийин өтөөрү болжолдонгон бул куйруктуу жылдыз хадистеги сүрөттөөлөргө толук туура келет. Өтүү убактысы болсо Хижрий 1430-жылды берүүдө.

- 1979-жылы (Хижрий 1400-жылы Мухаррам айынын биринде) ажылык учурунда Каабада чоң бир кыргын болгон. **<u>Бул окуянын болуу убактысы болсо Хижрий 1400-жылдын биринчи күнү.</u>** Ал окуяда 30 киши көз жумган. Пайгамбарыбыз (сав) хадисте;

**АЛ (АЗ. МЕХДИ (ас)) ЧЫГА ТУРГАН ЖЫЛЫ адамдар ажылыкка башында бир башчысы болбостон барышат... Баары чогуу Куттуу Бейтти айланышат, анан Минага түшүшкөндө, иттер сыяктуу бир-бирине кол салып, ажылар тонолуп, кандар Акаба ысыгынын үстүнө агат.»** *(Kıyamet Alametleri, s. 168-169)*

деп, **«Аз. Мехди (ас) чыга турган жылы»** Каабада ушундай маанилүү бир окуянын болоорун айткан. **«Чыга турган жылы»** сөзү бул жагынан өтө маанилүү. Себеби бул окуя дагы, Аз. Мехди (ас)дын чыгуу убактысы дагы 1979-жылды көрсөтүүдө. 1979-жылы болгон бул окуядан 7 жылдан кийин ажылык учурунда андан да бир топ кандуу окуя болгон. Бул жолу 402 киши өлтүрүлгөн. Бирок ал окуянын биринчисинен айырмасы мунусу Каабанын ичинде эмес, жанында болгон. Бул эки окуя тең хадистерде Аз. Мехди (ас)дын чыгуу алааматы катары айтылган **«Каабага чабуул жана Каабада кан төгүү»** окуяларына толук туура келген абалда болгон. Көрүнүп тургандай, хадисте берилген детальдарга толук туура келген бул окуя болуп өткөнүнө карабастан, башка бир кылымда кайрадан ушундай окуя болот деп күтүү эч акылга жана логикага сыйбайт.

Мындан тышкары, Хижрий 1400-жыл өтүп кеткендиктен, кээ бир адамдардын «Аз. Мехди (ас) башка кылымда келет» деген сөзүн бул хадис аркылуу түшүндүрүшү да мүмкүн болбой калды.

- Аз. Мехди (ас)дын чыгуу алааматтарынын бири – бул акыр заманда өтө чоң бир экономикалык кризистин болушу. Хадисте адамдардын **«аз таап жатам, соода жүрбөй жатат, иштер жакшы болбой жатат»** деп экономикалык кыйынчылыктардан арыздана турган бир кризиске туш

болоору кабар берилет.

**Бүт адамдардын аз акча таап жатам деп арызданышы... Акчалары үчүн байлардын урмат көрүшү...** *(Kıyamet Alametleri, s. 146)*

**Базарда сооданын жүрбөшү, аз акча табуу...** *(Kıyamet Alametleri, s. 148)*

**Иштердин жакшы жүрбөшү. Баары «сата албай жатам, ала албай жатам, акча таба албай жатам!» деп арызданат.** *(Kıyamet Alametleri, s. 152)*

Учурда бүт дүйнөдө, Америка, Кытай, Германия сыяктуу ири экономикалар оор сокку алган дүйнөгө таанымал ири фирмалар, банктар жана өнөр жайлар криз себебинен банкрот болгон чоң бир экономикалык кризис өкүм сүрүп жатат. Дүйнөлүк Банктын башчысы Роберт Зеллик (Robert Zoellick) дүйнөдөгү бул экономикалык кризис жөнүндө:

**«ДҮЙНӨНҮН ТЕҢДЕШСИЗ БИР ЭКОНОМИКАЛЫК КРИЗИСКЕ КАБЫЛГАНЫ,** жакырлар дагы көбүрөөк кыйналаары жөнүндө пикирлер көп жана бир адамзат балээсинин алдын алуу үчүн өз убагында кийлигишибиз керек»[1]

________________________________

[1] http://www.netgazete.com/News/588843/dunya_bankasi_ekonomik_kriz_bircok_yoksul_ulke_icin_kalkinma_felaketine_donusebilir_.aspx

деп учурда болуп жаткан бул экономикалык кризистин чыныгы масштабын айткан. Бул сөздөрдөн да апачык көрүнүп тургандай, акыр заманда Аз. Мехди (ас)дын чыгуу алааматтарынын бири болгон экономикалык кризис менен бул маанилүү хадис дал Хижрий 1400-жылдардын ичинде ишке ашты.

Бул хадистер сыяктуу дагы жүздөгөн сахих хадис Хижрий 1400-жылдары катары менен болуп өттү.

Бүт мындай алааматтардын бир-бирден жана катары менен бир кылым ичинде чыккан болушу өтө маанилүү. Себеби бул хадистер бир жагынан акыр заманда жашап жатканыбызды, экинчи жагынан болсо бүт Мусулмандар толкундануу менен күткөн Аз. Мехди (ас)дын чыкканын далилдөөдө. (Туурасын Аллах билет.) Мындай таң калыштуу окуялардын катары менен ишке ашышы Мусулмандардын акыр заманда экенин билиши жана Аз. Мехди (ас)дын чыгышын күтүшү үчүн жетиштүү. Бирөөсү да калбастан, күтүлгөн бүт алааматтар бир-бирден жана катары менен Хижрий 1400-жылдары чыгып

жатканда, бул алааматтардын башка бир кылымда кайрадан болушун күтүүнүн эч мааниси жана логикасы жок.

**7. Ислам ахлагынын жана пазилетинин жана Пайгамбарыбыз (сав)дын сүннөтүнүн бүт дүйнөгө орноору Куран аяттары жана хадистер менен билдирилген.**

Курани Каримде Улуу Аллах Куран ахлагын дүйнөгө орнотоорун, сөзсүз ыкластуу, чын пейилдүү кулдарына күч, бийлик, кубат жана үстөмдүк берээрин, кыйынчылык менен азапка толгон жашоодон соң Мусулмандарды бейпилдикке жеткирээрин сүйүнчүлөөдө:

**Аллах араңардан ыйман келтиргендерге жана салих (чын ыкластуу) иштерди кылгандарга убада кылган: Эч күмөнсүз, алардан мурдакыларды «күч жана бийлик ээси» кылган сыяктуу аларды да жер жүзүндө «күч жана бийлик ээси» кылат, алар үчүн тандап жактырган динин аларга бекемдеп, жайгаштырат жана аларды коркууларынан кийин бейпилдикке айландырат... (Нур Сүрөсү, 55)**

**Жана алардан кийин силерди ал жерге сөзсүз жайгаштырабыз. Мына ушул макамымдан корkконго жана эскертүүмдөн корkконго тиешелүү (бир өзгөчөлүк). Жеңиш сурашты, (аягында) зулумдук кылуучу өжөр ар бир адам зыянга учурап, жок болду. (Ибрахим Сүрөсү, 14-15)**

**Аллахтын жардамы жана жеңиш келгенде, жана адамдардын Аллахтын динине топ-топ болуп кирип жатканын көргөнүңдө, ылдам Раббиңе хамд (мактоо) айтуу менен (Аны жаман-төмөн сыпаттардан) аруула жана күнөөлөрүңдү кечирүүсүн сура. Чынында Ал тооболорду кабыл кылуучу. (Наср Сүрөсү, 1-3)**

Пайгамбарыбыз (сав)дан риваят кылынган хадистерде болсо Аз. Мехди (ас)дын Хижрий 1400-жылы чыгаары жана Ислам ахлагын бүт дүйнөгө орнотоору сүйүнчүлөнөт. Анын доорунда бүт дүйнөдө тынчтык, бейпилдик, адилеттүүлүк, акыйкаттык, молчулук, бакубаттык, бактылуулук орноп, дүйнө укмуш коопсуздукка жетет. Аз. Мехди (ас) доору жөнүндө Пайгамбарыбыз (сав)дан риваят кылынган хадистердин кээ бирлери төмөнкүдөй:

**АДАМДАР 1400-ЖЫЛЫ АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ЖАНЫНДА ТОПТОЛУШАТ.** *(Risaletül Huruc-ül Mehdi, Mustafa Reşit Filizi, s. 108)*

Микдад б. Эсвед мындай дейт: Расулуллах саллаллаху алейхи ва алихтин **«Жер бетинде Ислам дини кирбеген жер, ылайдан жасалган бир үй жана (чөлдө) бир чатыр калбайт.»** дегенин уктум. *(Mecma-ul Beyan, Ebu Ali Fazl b. Hasan b. Fazl Tabersî, Тообо Сүрөсүнүн 33-аятынын тафсиринде.)*

… Мехди (ас)дын Курандык өкүмдарлыгы (Куран ахлагын орнотушу) **ААЛАМДЫН ЧЫГЫШ МЕНЕН БАТЫШЫН КАПТАЙТ…** *(El-Mehdiyy-il Mev'ud, т: 1, б: 254- 255.)*

… Ал (Аз. Мехди (ас)) дүйнөнү ээлейт жана **андан мурда кысымчылык жана зулумдукка толгон жер бетин адилеттүүлүккө толтурат.** Силерден ага ким жеткен болсо, кар үстүндө сойлоп болсо да келип, Ага кошулсун. Себеби Ал Аз. Мехди (ас). *(Ahir Zaman Mehdisinin Alametleri, Celalettin Suyuti (Акыр заман Мехдисинин алааматтары, Желалеттин Суйути), 14-б.)*

Төмөндө улуу ахли сүннөт аалымы Мадиналык Алламе Мухаммед б. Ресул эль-Хүсейни эль-Берзенжи Азретинин котормосу орун алган:

… (Аз. Мехди (ас)) Зулумдук менен жамандыкка толгон дүйнөнү **адилеттик менен чынчылдыкка толтурат.** *(Ebu Davud. Tirmizi. Büyük Fitne Mesih Deccal (Чоң фитна месих дажжал), Saim Güngör, Patuk Yayınları, 80-б., Ebu Davud ve Tirmizi / Büyük Hadis Külliyatı, Rudani 5-том, 365-б.)*

Анын (Аз. Мехди (ас)дын) адилеттиги бүт тарапты курчайт жана адамдар арасында **Аз. Пайгамбардын сүннөтү менен мамиле кылынат. (***El-Kavlu'l Muhtasar Fi Alamet-il Mehdiyy-il Muntazar, 20-б.)*

**… Жер бети зулумдук менен азапка толгон сыяктуу аны чынчылдык менен адилеттүүлүккө толтурат.** *(Süneni-i Ebu Davut, 5/93)*

(Аз. Мехди (ас)дын) **Доорунда бир адам да уйкусунан ойготулбайт, бир адамдын мурду да канабайт.** *(El-Kavlu'l Muhtasar Fi Alamatil Mehdiyy-il Muntazar, 44)*

**Идиш сууга толгон сыяктуу жер бети тынчтыкка толот. Эч ким арасында бир душмандык калбайт. Жана бүт душмандыктар, уруштар, кызганычтыктар сөзсүз жок болот.** *(Sahih-i Müslim, 1/136)*

**Жер бети зулумдук менен душмандыкка толгон соң, сөзсүз менин Эхли Бейтимден (урпактарымдан) бирөө чыгат. Жана мурда зулумдук менен душмандыкка толгон сыяктуу, Ал (Аз. Мехди (ас)) дүйнөнү**

**адилеттикке толтурат.** *(Kitab-ül Burhan fi Alamet-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, 11-б.)*

**... Жер бети коопсуздукка толот жана ал тургай, бир канча аял жанында бир дагы эркек болбостон, эч бир көйгөйсүз ажылыкка бара алат.** *(El Kavlu'l Muhtasar Fi Alamatil Mehdiyy-il Muntazar, 47-б.)*

**Үммөтүмдөн Мехди (ас) чыгат. Аллах Таала Азреттери адамдарды бай кылуу үчүн аны жөнөтөт. Ал кезде үммөтүм байыйт, жаныбарлар мол жана өсүмдүктөр түшүмү өтө көп болот, Аз. Мехди (ас) адамдарга бирдей кылып мол-мол мал-мүлк таркатат.** *(El Kavlu'l Muhtasar Fi Alamatil Mehdiyy-il Muntazar, 23-б.)*

**Адамдарга мал-мүлктү жана буюмду таркатканда, санабастан көп-көптөн берет.** *(El Kavlu'l Muhtasar Fi Alamatil Mehdiyy-il Muntazar, 21-б.)*

**... Мал-мүлк ушунчалык көбөйгөндүктөн, эч ким мал-мүлк кабыл албай калат.** *(Sünen-i Ibn-i Mace, 10/340)*

Бирок Аллах убадаларын билдирген бүт Куран аяттарына жана Пайгамбарыбыз (сав)дан риваят кылынган сахих хадистерге карабастан, дагы эле Ислам ахлагынын ушул кылымда орноорун танган бир адам бар болгон болсо, анда ал адам анын танышына себеп болгон логикасын дал ушул сыяктуу аяттар менен жана сахих хадистер менен бүт Мусулмандарга далилдеп бериши керек. Мусулмандарга Ислам ахлагынын бүт дүйнөдө ушул кылымда Аз. Мехди (ас) себеби менен эмне үчүн орнобой турганын, эмне үчүн бул кылымда ушундай чоң бир сүйүнчүнү күтүүдөн баш тартышы керек экенин, ачык далилдер менен, тилин кыйшаңдатпастан, апачык жана түшүнүктүү бир услуп менен, Пайгамбарыбыз (сав)дын сахих хадистеринен бир-бирден түшүндүрүп бериши зарыл.

Бирок эгер ушул кылымда бүт дүйнөдө Ислам ахлагы орнойт деп жаткан болсо, анда сөзсүз Мусулмандардын башында Мусулман бир руханий лидер болушу керек экенин, ал лидердин сөзсүз түрдө Пайгамбарыбыз (сав) тарабынан Хижрий 1400-жылы чыгаары сүйүнчүлөнгөн Аз. Мехди (ас) болушу керек экенин Мусулмандарга айтышы керек.

Эч күмөнсүз, Ислам ахлагы Аллах аяттарында сүйүнчүлөгөн жана Пайгамбарыбыз (сав) хадистеринде апачык айткан сыяктуу Аз. Мехди (ас)дын себепчи болушу менен иншаАллах орнойт. Муну кээ бир жаман ниеттүү кишилер канчалык жаап-жашырууга же тоскоол болууга аракет кылбасын, алардын шайтандык иш-аракетинен эч майнап чыкпайт. Аллахтын

мыйзамына эч ким эч качан кийлигише албайт жана мурдакы кылымдарда динди кошумчалардан тазалоо үчүн бир олуя, бир устат келип кызмат кылган сыяктуу, биз жашап жаткан кылымда да Аллах Аз. Мехди (ас)ды милдеттендирген жана ал Аллахтын каалоосу менен акыр замандын бул улуу кызматын аткарат.

**ООЗДОРУ МЕНЕН АЛЛАХТЫН НУРУН (ДИНИН) ӨЧҮРҮҮНҮ КААЛАШУУДА. БИРОК, АЛЛАХ, КААПЫРЛАР КААЛАШПАСА ДА, ӨЗ НУРУНУН (БҮТ ДҮЙНӨГӨ) ТОЛУК ТАРАЛУУСУНАН БАШКАСЫН КААЛАГАН ЖОК. (ТООБО СҮРӨСҮ, 32)**

# ДҮЙНӨНҮН ӨМҮРҮ 7000 ЖЫЛ

**1. Пайгамбарыбыз (сав)дан риваят кылынган хадистерде дүйнөнүн өмүрүнүн 7000 жыл экени кабар берилген.**

Энес Маликден алып айтты. Ал Расулуллах (сав) мындай дегенин айткан: **ДҮЙНӨНҮН ӨМҮРҮ АКЫРЕТ КҮНДӨРҮНӨН ЖЕТИ КҮН.** Аллах Таала буюрду: **РАББИҢ КАБАТЫНДА БИР КҮН СИЛЕР САНАГАНДАН МИҢ ЖЫЛ СЫЯКТУУ.** Ким бир дин бир тууганынын Аллах жолунда бир муктаждыгын камсыздаса, Аллах Таала ал үчүн күндүздөрүн орозо менен, түндөрүн болсо ибадат менен өткөргөндөй **БУЛ ДҮЙНӨНҮН ЖЕТИ МИҢ ЖЫЛДЫК ӨМҮРҮ БОЮ СООП ЖАЗАТ.** *(Ali B. Hüsameddin el-Muttaki, Kitab-ül Burhan Fi Alamet-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, 88-б.)*

Амр бин Йахйа Энес жөнүндө Элала бин Зайдга билдирдик, Аллах андан ыраазы болсун, мындай деди: Аллахтын Расулу айткан (сав): **ДҮЙНӨНҮН ӨМҮРҮ АКЫРЕТ КҮНДӨРҮНӨН ЖЕТИ КҮН.** Улуу Аллах айткан: чынында Сенин Раббиңдин Кабатында бир күн силер санап жаткан миң жыл сыяктуу.[1] *(Elkesfu An mucavezeti Hazihilumme el Elf ve Elluma fi Ecvibeti el'-Esile, Suyuti, 10-б.)*

Эттаберани Элкебийр айткан: Ахмед бин Эннадрил аскери жана Жафер бин Мухаммедул Арйаниге (же урйани да болушу мүмкүн) кабар бердик, экөө тең айтышты: Элвелийд бин Абдул Мелик бин Серхул Сахраниге кабар бердик, Сүлейман бин Атаул Курейшилхарби кабар бердик, Суллемету бин Абдиллахил Жехни жөнүндө Амр бин эби Шежеати бин Рабиил Жехни жөнүндө Эддеххак бин Землил Жехни айтты:

Бир түш көрдүм, аны Расулуллах (сав)га айтып бердим. Өзүндөгү сөздү

айтты: Эй Расулуллах бир кезде мен сени менен ичинде жети даражасы бар бир минбардын үстүндө элем, сен анын эң жогорку бир даражасындасың, (сав) айтты: ичинде жети даражасы бар минбар болсо, мен анын эң жогорку бир даражасындамын, **<u>ДҮЙНӨ БОЛСО ЖЕТИ МИҢ ЖЫЛ</u> ...** *(Elkesfu An mucavezeti Hazihilumme el Elf ve Elluma fi Ecvibeti el'-Esile, Suyuti, 10-б.)*

Даккак б. Зейдү Жүхениден риваят кылышты: мен көргөн бир түшүмдү Расулуллах (сав)га айтып бердим. Ал түштө Пайгамбар (сав) жети тепкичтүү бир минбардын эң үстүңкү тепкичинде эле: Ал мындай деди: **<u>СЕН КӨРГӨН ЖЕТИ ТЕПКИЧТҮҮ МИНБАР – БУЛ ДҮЙНӨНҮН ӨМҮРҮ БОЛГОН ЖЕТИ МИҢ ЖЫЛ.</u>** *(Ali B. Hüsameddin el-Muttaki, Kitab-ül Burhan Fi Alamet-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, 89)*

Ахли сүннөт аалымдарынан Хүсамеддин эль-Муттакинин эмгеги *Kitab-ül Burhan Fi Alamet-il Mehdiyy-il Ahir Zaman* аттуу китебинде орун алган бул хадистер боюнча, Пайгамбарыбыз (сав) дүйнөнүн өмүрүнүн 7000 жыл экенин кабар берүүдө. Дагы көптөгөн ахли сүннөт аалымынын эмгектеринде мисалы Муттака Азретинин *Kenzu'l-Ummal*, №16459-хадисте, Мухаммед Тахир б. Аль эль-Хиндинин эмгеги *Tezkiretu'l-Mevduat*, I/223'тө, Имам Сахави *el-Makasidu'l-hasene* (Дейлемиден алынган), I/693, №1243-хадисте, Эль Мунавинин *Feyzu'l-Kadir*, III/547; №4278-хадисте болсо (Дейлемиден алынган) Байезид Бистами Азретинин *Miftahu'l-Cifr* аттуу эмгегинде дүйнөнүн өмүрүнүн 7000 жыл экени жөнүндөгү хадистер орун алган. Бул болсо ахли сүннөт аалымдарынын бир добуштан муну кабыл алышканын көрсөткөн апачык бир далил.

**2. Белгилүү хадис аалымдарынан жана Ханбели мазхабынын куруучусу болгон Имам Ахмед Ибни Ханбел сыяктуу көптөгөн аалымдар бир-биринен алып өткөргөн бир хадисте <u>Пайгамбарыбыз (сав) ага чейин дүйнөдө өткөн убакыттын 5600 жыл экенин</u> билдирүү менен бир календардын башталыш датасына көңүл бурган:**

Ахмед Ибни Ханбел Илелинде алып жазган. Исмаил б. Абдүлкерим Абдүссамедден Ал болсо Вехбден риваят кылды: **ДҮЙНӨДӨН БЕШ МИҢ АЛТЫ ЖҮЗ ЖЫЛ ӨТКӨН.** *(Ali B. Hüsameddin el-Muttaki, Kitab-ül Burhan Fi Alamet-il Mehdiyy-il Ahir zaman, 89-б.)*

Пайгамбарыбыз (сав)дын дүйнөнүн өмүрүнүн 7000 жыл, Пайгамбарыбыз (сав)га чейин өткөн убакыттын болсо 5600 жыл экенин билдирген бул убакыттарды белгилүү бир календарга карап баалоо керек. Бул жылдарды эч качан адамзат тарыхынын башталышы болгон Аз. Адам (ас)дын дүйнөгө

түшүрүлүү жылы катары карабаш керек. Пайгамбарыбыз (сав)дын Меккеден Мединага көчү (хижраты) Хижрий календарынын башталышы, Аз. Исанын төрөлүшү Григорий календарынын (учурда колдонулуп жаткан календарь) башталышы катары кабыл алынып, тарыхый эсептөөлөр жүргүзүлүп, бул жылдардын мурункусу жана кийинкиси деп бөлүнгөн сыяктуу, Пайгамбарыбыз (сав)дан риваят кылынган бул 7000 жылдык убакыт дагы анын заманында башталгыч катары кабыл алынган бир окуяга карата берилген болушу ыктымал. Пайгамбарлар тарыхы бою болуп өткөн; мисалы, Аз. Ибрахим (ас) же Аз. Нух (ас)дын төрөлүшү, Аз. Ибрахим (ас)га пайгамбарлык милдетинин берилиши же Аз. Ибрахим (ас)дын бир жерден бир жерге көчүшү же Аз. Нух (ас)дын кемеге түшүп топон суунун башталышы же болбосо топондун аякташы же башка пайгамбардын өмүрүндө болуп өткөн ушул сыяктуу башка көптөгөн маанилүү окуянын жылына ишарат кылып жаткан болушу мүмкүн. Бул жерде эң негизгиси – бул Пайгамбарыбыз (сав)дын ошол календарь башталышына карап эсептөө жасап, дүйнөнүн өмүрүнүн ал календарь боюнча 7000 жыл экенин айтышы жана ага чейин ал башталыштан баштап 5600 жыл өткөнүн апачык кабар бериши.

Белгилүү ахли сүннөт аалымы **Берзенжи Азрети** үммөттүн өмүрүнүн Хижрий 1500-жылдан ашпашын айткан. (Туурасын Аллах билет.)

**БУЛ ҮММӨТТҮН ӨМҮРҮ МИҢ ЖЫЛДАН АШАТ, БИРОК МИҢ БЕШ ЖҮЗ ЖЫЛДАН АШПАЙТ...** *(Kıyamet Alametleri, Medineli Allame Muhammed b. Resul el-Hüseyni el-Berzenci, Pamuk Yayıncılık, İstanbul, 2002, 299-б.)*

Пайгамбарыбыз (сав)дан риваят кылынган хадиске таянып Суйути Азрети да өз сөзүндө үммөттүн өмүрүнүн Хижрий 1500-жылдардан ашпашын айткан:

**«МЕНИН ҮММӨТҮМДҮН ӨМҮРҮ 1500 ЖЫЛДАН КӨП АШПАЙТ.»** *(Suyuti, el-Keşfu an Mücavezeti Hazihil Ümmeti el-Elfu, el-havi lil Fetavi, Suyuti. 2/248, tefsiri Ruhul Beyan. Bursevi. (Arapça) 4/262, Ahmed bin Hanbel, Kitâbu'l-İlel, sh. 89)*

Үммөттүн өмүрү башка, дүйнөнүн өмүрү болсо башка. Акыркы 1000 жылдын эң улуу мужеддиди Саид Нурси Азрети Мусулмандардын Аллахтын буйругу келгенге чейин акыйкат жолдо болоорун жана 1506-жылдарга чейин үстөмдүгүн улантаарын, 1545-жылы болсо кыяматтын болушунун ыктымал экенин (туурасын Аллах билет) айткан:

«Үммөтүмдөн бир тайпа Аллахтын буйругу келгенге чейин (кыяматка чейин) акыйкат үстүндө болот.»

**«Үммөтүмдөн бир тайпа...» бөлүмүнүн жифр эсебинин натыйжасы (сандык мааниси) 1542 (2117) болуп бар болуунун аягына ишарат кылат. «Акыйкат үстүндө болот.» (шадда саналат) бөлүмүнүн болсо, жифр эсебинин натыйжасы 1506 (2082), бул жылга чейин ачык жана ашкере, балким үстөм; анан оо 1542 (2117)-жылга чейин жашыруун жана жеңилген абалда акыйкатка чакыруу милдетин улантаарына ишарат кылат. «Аллахтын буйругу келгенге чейин» (шадда саналат) бөлүмүнүн болсо; жифр эсебинин натыйжасы 1545 (2120) болуп, каапырдын башына КЫЯМАТТЫН КЕЛИШИНЕ ишарат кылат.** *(Kastamonu Lahikası, 33-б.)*

Ахли сүннөт аалымдарынан Берзенжи менен Имам Суйути Азреттеринин да, Устад Саид Нурсинин да Пайгамбарыбыз (сав)дан риваят кылынган хадистерге карап айткандары боюнча үммөттүн өмүрүнүн Хижрий 1500-жылдардан ашпашы түшүнүктүү болууда.

## ДҮЙНӨНҮН ӨМҮРҮНҮН 7000 ЖЫЛ ЭКЕНИН АЙТКАН, СУЙУТИ АЗРЕТИДЕН АЛЫНГАН КУТТУУ ХАДИСТЕР

**1**

Ибни Асакир айтат: Эбу Саид Ахмед б. Мухаммед Багдади арадагы рави уландысы менен риваят кылды. Энес б. Малик (ра)дан, Ал Расулуллах (сав)дын мындай дегенин айткан:

Ким бир дин бир тууганынын Аллах жолунда бир муктаждыгын камсыздаса, Аллах Таала ал үчүн күндүздөрүн орозо менен, түндөрүн болсо ибадат менен өткөргөндөй ушул **дүйнөнүн жети миң жылдык өмүрү** бою сооп жазат.

**2**

Ибни Абиййй айтат: Эбу Исхак, Ибрахим б. Абдуллах Небти, арадагы рави уландысы менен риваят кылган. Энес б. Малик (ра)дан, Ал Расулуллах (сав)дын мындай дегенин айткан:

**Дүйнөнүн өмүрү акырет күндөрүнөн жети күн.** Аллах Таала: «Сенин Раббиңдин жанындагы бир күн силер санаган миң жыл сыяктуу.» деп

буюрган.

**3**

Ибни Эби Дүйнө, Земмил Эмелинде мындай дейт: Али б. Саид, Хамза б. Хишандан, Ал болсо Саид б. Жубейрден риваят кылышкан,

Дүйнө акырет апталарынан бир апта.

**4**

Ибни Эби Хатем Тафсиринде Ибни Аббастан риваят кылган:

Дүйнө акырет апталарынан бир апта болуп, жети миң жыл жана мунун алты миңи өткөн.

**5**

Ибни Аббастан сахих (ишенимдүү) катары алынган мындай бир риваят бар.

**Ал мындай деген: дүйнө жети күн. Ар бир күн миң жыл сыяктуу.** Жана Расулуллах (сав) болсо анын аягында жөнөтүлдү.

**6**

Табарани Кебиринде мындай дейт, Ахмед б. Надр эль-Аскери жана Жафер б. Мухаммед-үл Ферйаби алып өткөрүшкөн; (рави уландысы менен) Даккак б. Зейди Жүхениден риваят кылышкан. Ал мындай деген:

Мен көргөн бир түшүмдү Расулуллах (сав)га айтып бердим. Ал түштө **Пайгамбар (сав) жети тепкичтүү бир минбардын эң үстүңкү тепкичинде эле.** Ал мындай деди: **сен көргөн жети тепкичтүү минбар ушул дүйнөнүн өмүрү болгон жети миң жыл**, Мен болсо анын акыркы миңинде болом.

**7**

Ибни Абд-ил Хамид Тафсиринде мындай дейт; Мухаммед б. Фадл, Хаммад б. Зейдден, ал болсо Йахйа б. Атикден, ал болсо Мухаммед б. Сиринден, ал болсо Мусулман болгон ахли-китап бирөөдөн риваят

кылышкан:

Аллах асмандар менен жерлерди алты күндө жараткан. **Раббимдин жанында бир күн силер дүйнө жашоосунда санаган миң жыл сыяктуу. Жана дүйнөнүн ажалы алты күн, жетинчи күнү кыямат болот. Алты күн өттү жана силер жетинчи күндөсүңөр.**

**8**

Пайгамбар (сав) убагында Адам (ас)дан бери 5600 жыл өткөнү жөнүндө Ахмед Ибни Ханбел Илелинде алып өткөргөн. Исмаил б. Абдүлкерим Абдүссамедден, Ал болсо Вехбден риваят кылган:

**Дүйнөдөн беш миң алты жүз жыл өткөн.**

*(Celaleddin Suyuti'nin Tasnifinden Hadisler, AHİR ZAMAN MEHDİSİNİN ALAMETLERİ, Ali Bin Hüsameddin El Muttaki, Kahraman Neşriyat Kitapevi, 88-б.)*

**КАЙСЫ ИСЛАМ ААЛЫМДАРЫ ПАЙГАМБАРЫБЫЗ (САВ)ДЫН ХАДИСТЕРИНЕ ТАЯНЫП ДҮЙНӨНҮН ӨМҮРҮНҮН 7000 ЖЫЛ ЭКЕНИН БИЛДИРГЕН?**

**БЕДИУЗЗАМАН САИД НУРСИ – ТАБЕРИ – БЕРЗЕНЖИ – ДЕЙЛЕМИ – БИСТАМИ – АХМЕД БИН ХАНБЕЛ – СУЙУТИ – МЕНАВИ – ИБНИ КЕСИР**

**1) БЕДИУЗЗАМАН САИД НУРСИ АДАМЗАТТЫН ӨМҮРҮНҮН 7000 ЖЫЛ ЭКЕНИН АЙТКАН:**

**«... АДАМ ЗАМАНЫНАН** (АЗ. АДАМ (АС) УБАГЫНАН) **ОО КЫЯМАТКА ЧЕЙИН КУРАН КҮНДӨРҮ МЕНЕН АЙТЫЛГАН ЖЕТИ МИҢ ЖЫЛ...»**
*(Barla Lahikası, 286-б.)*

**«ҮММӨТҮМДӨН БИР ТАЙПА АЛЛАХТЫН БУЙРУГУ КЕЛГЕНГЕ ЧЕЙИН (КЫЯМАТКА ЧЕЙИН) АКЫЙКАТ ҮСТҮНДӨ БОЛОТ.»**
«Үммөтүмдөн бир тайпа...» бөлүмүнүн жифр эсебинин натыйжасы (сандык мааниси) **1542 (2117) болуп** бар болуунун аягына ишарат кылат. «Акыйкат үстүндө болот.» (шадда саналат) бөлүмүнүн болсо, жифр эсебинин

натыйжасы 1506 (2082), бул жылга чейин ачык жана ашкере, балким үстөм; анан оо 1542 (2117)-жылга чейин жашыруун жана жеңилген абалда акыйкатка чакыруу милдетин улантаарына ишарат кылат. **«АЛЛАХТЫН БУЙРУГУ КЕЛГЕНГЕ ЧЕЙИН» (ШАДДА САНАЛАТ) БӨЛҮМҮНҮН БОЛСО; ЖИФР ЭСЕБИНИН НАТЫЙЖАСЫ 1545 (2120) БОЛУП, КААПЫРДЫН БАШЫНА КЫЯМАТТЫН КЕЛИШИНЕ ИШАРАТ КЫЛАТ.** *(Kastamonu Lahikası, 33-б.)*

Саид Нурси үммөттүн өмүрүнүн **ХИЖРИЙ 1506**-жылга чейин болоорун айткан:

**«... Биринчи сүйлөм МИҢ БЕШ ЖҮЗ (1500) натыйжасы менен акыр заманда бир тайпа мужахиддин (дин үчүн эмгектенгендердин) акыркы убактарына жана экинчи сүйлөм МИҢ БЕШ ЖҮЗ АЛТЫ (1506) натыйжасы менен үстөм болгон мүжахеденин (Аллах жолунда жасалган аракеттин) жылына... ишарат кылат. (...) бул жылга чейин (1506) көрүнгөн жана ашкере (ачык, белгилүү), балким үстөм абалда уланаарына ишарат кылат.»** *(Sikke-i Tasdik-i Gaybi, 46-б.)*

## 2) ТАБЕРИ ДҮЙНӨНҮН ӨМҮРҮНҮН 7000 ЖЫЛ ЭКЕНИН АЙТКАН:

«... Абдуллах бин Аббас риваятында Аз. Адамдан Аз. Нухка чейин 2256 жыл; Нухтан Ибрахимге 1079 жыл; Аз. Мусадан Аз. Сулаймандын Бейти Макдис мечитин курганга чейин 506 жыл. Андан Искендерге чейин 220 жыл. Искендерден Аз. Иса төрөлгөнгө чейин 369 жыл. Аз. Исадан Пайгамбарыбызга чейин 551 жыл. Арадагы 434 жыл падышалар арасы убакыттан саналган. Бирок хаварийлердин (апостол) айланага жайылып ал ишти жасаганы айтылат **ЖАНА ДҮЙНӨНҮН 7000 ЖЫЛ КЫЛЫНГАНЫ АЙТЫЛАТ...»** *(Табери котормосунан, 289-290-б.)*

## 3) КИТАБ-ҮЛ БУРХАН ФИ АЛАМЕТ-ИЛ МЕХДИЙЙ-ИЛ АХИР ЗАМАН КИТЕБИНДЕ ДҮЙНӨНҮН ӨМҮРҮНҮН 7000 ЖЫЛ ЭКЕНИ АЙТЫЛАТ:

Энес Маликтен алып айтты. Ал Расулуллах (сав)дын мындай дегенин айткан:

**Дүйнөнүн өмүрү акырет күндөрүнөн жети күн.** Аллах Таала буюрган: Раббиң Кабатында бир күн силер санагандан миң жыл сыяктуу.

Энес б. Маликтен, Ал Расулуллах (сав)дын мындай дегенин айткан:

Энес бин Маликтен: «Ким бир дин бир тууганынын Аллах жолунда

муктаждыгын камсыздаса, Аллах ал үчүн түндөрүн орозо менен, түндөрүн болсо ибадат менен өткөргөндөй, **УШУЛ ДҮЙНӨНҮН ЖЕТИ МИҢ ЖЫЛДЫК ӨМҮРҮ БОЮ сооп жазат.»** *(Kitab-ül Burhan fi Alamet-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, 88-б.)*

Ибни Аббастан сахих катары алынган төмөнкүдөй бир риваят бар, Ал айткан; **ДҮЙНӨ ЖЕТИ КҮН, АР БИР КҮН МИҢ ЖЫЛ СЫЯКТУУ жана Расулуллах (сав) болсо анын аягында жөнөтүлгөн.** *(Kitab-ül Burhan Fi Alamet-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, 89)*

Даккак б. Зейдү Жүхениден риваят кылышкан. Мен көргөн бир түшүмдү Расулуллах (сав)га айтып бердим. Ал түштө Пайгамбар (сав) жети тепкичтүү бир минбардын эң үстүңкү тепкичинде эле: Ал мындай деди, сен көргөн жети баскычтуу **МИНБАР УШУЛ ДҮЙНӨНҮН ӨМҮРҮ БОЛГОН ЖЕТИ МИҢ ЖЫЛ…** *(Kitab-ül Burhan Fi Alamet-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, 89)*

**4) ТАНДАЛМА ХАДИС КИТЕПТЕРИНДЕ ДҮЙНӨНҮН ӨМҮРҮНҮН 7000 ЭКЕНИ АЙТЫЛАТ:**

**«АДАМДАН КЫЯМАТКА ЧЕЙИН ДҮЙНӨНҮН ЖАНА АДАМЗАТТЫН ӨМҮРҮ 7000 ЖЫЛ.»**

*(Kenzu'l-Ummal, хадис №: 16459.)*

*(Muhammed Tahir b. Ali el-Hindî, Tezkiretu'l-Mevduat, I/223.)*

*Sahavî, el-Makasıdu'l-hasene (Дейлемиден алынган), I/693, хадис №: 1243.*

*Munavî Feyzu'l-Kadir, III/547; хадис №: 4278 (Дейлемиден алынган)*

**«… САБИЛЕР МЕНЕН БЕРКИ ҮЧ ЖАЛГЫЗ КУДАЙГА СЫЙЫНГАН ДИНДИ КАРМАНГАНДАР ДҮЙНӨНҮН ӨМҮРҮНҮН 7000 ЖЫЛ ЭКЕНИН БИР ДОБУШТАН АЙТЫШАТ…»**

*(Bayezid Bistamî, Miftahu'l-Cifr)*

**5) ПАЙГАМБАР МЫРЗАБЫЗ (САВ) ҮММӨТҮНҮН ӨМҮРҮНҮН 1500 ЖЫЛДАН АШПАШЫН КАБАР БЕРГЕН:**

**«Менин үммөтүмдүн өмүрү 1500 ЖЫЛДАН КӨП АШПАЙТ.»**

*(Suyuti, el-Keşfu an Mücavezeti Hazihil Ümmeti el-Elfu, el-havi lil Fetavi, Suyuti. 2/248, tefsiri Ruhul Beyan. Bursevi. (Арапча) 4/262, Ahmed bin Hanbel, Kitâbu'l-İlel, sh. 89.)*

Имам Суйути Пайгамбарыбыз (сав)дын хадистеринде **ҮММӨТТҮН ӨМҮРҮНҮН 1500 ЖЫЛДАН АШПАШЫН** билдиргенин кабар берген:

*Бул үммөттүн өмүрү миң (1000) жылдан өтөт, бирок бир миң беш жүз (1500) жылдан ашпайт. (Kıyamet Alametleri, 299-б.) (Celaleddin Suyuti'nin "El-Kesfu Fi Mücazeveti Hazin el-Ümmeti El Elfe Ellezi Dellet Aleyh el-Asar" аттуу китебинен алынган)*

## 6) ПАЙГАМБАРЫБЫЗ (САВ)ДЫН «МЕН АДАМЗАТТЫН АСЫР (ТҮШТӨН КИЙИНКИ) УБАКТЫСЫНДА КЕЛДИМ» ДЕГЕН ХАДИСИ:

МЕН АДАМЗАТТЫН **АСЫР УБАГЫНДА** КЕЛДИМ. *(Ahmed bin Hanbel. İlel.sh. 89.)*

Бул хадис «Менин үммөтүмдү өмүрү 1500 ЖЫЛДАН көп ашпайт.» хадиси менен бирге каралганда;

**КҮНДҮН ТӨРТТӨН ЖЕ БЕШТЕН БИРИ БОЛГОН АСЫРДАН ШАМГА ЧЕЙИНКИ УБАКЫТТЫ 1500 ЖЫЛ ДЕП КАБЫЛ АЛГАНЫБЫЗДА, АДАМЗАТТЫН ӨМҮРҮНҮН 6000-7500 ЖЫЛ АРАСЫНДА ЭКЕНИ БЕЛГИЛҮҮ БОЛОТ.** (Туурасын Аллах билет.)

## АКЫР ЗАМАН АЛААМАТТАРЫНЫН АКЫРКЫ 30 ЖЫЛДА ЧОГУУ БОЛУП ӨТКӨНҮ ДҮЙНӨНҮН ӨМҮРҮНҮН 7000 ЖЫЛ ЭКЕНИН ТАСТЫКТАЙТ

Пайгамбар Мырзабыз (сав)дан риваят кылынган жана эң белгилүү хадис имамдарынан болгон Имам Суйути алып өткөргөн 8 сахих (ишенимдүү) хадисте дүйнөнүн өмүрүнүн 7000 жыл экени, Пайгамбарыбыз (сав)га чейин бул мөөнөттүн 5600 жылы өткөнү кабар берилген.

7000ден 5600дү кемиткенибизде болсо 1400 жыл калат.

Башка бир хадисте болсо Пайгамбарыбыз «Үммөттүн өмүрүнүн 1500 жылдан көп ашпашын» кабар берген.

Учурда Хижрий 1430-жылдарда жашап жатканыбызды жана Хижрий 1500-жылга чейин Хижрий 14-кылымдын ичинде болоорубузду эске алсак, анда Аз. Мехди (ас)дын сөзсүз ушул кылым ичинде чыгышы керек экени түшүнүктүү болот.

Себеби Аз. Мехди (ас) чыгышы мүмкүн болгон башка бир кылым калбай калууда.

Хижрий 1400-жылдын башынан баштап Пайгамбарыбыз (сав) хадистеринде билдирген акыр заман алааматтарынын дээрлик баарынын

катары менен чыгышы акыр заманда экенибизди жана Аз. Мехди (ас)дын ушул кылым ичинде чыгаарын апачык көрсөтүүдө.

Ошондой эле, бул алааматтардын акыркы 30 жыл ичинде баары чогуу ишке ашышы дүйнөнүн өмүрүнүн 7000 жыл экенин, Пайгамбарыбыз (сав)га чейин бул мөөнөттүн 5600үнүн өткөнү жана Ислам үммөтүнүн моюн сунган өмүрүнүн болсо 1500 жылдан көп ашпашы жөнүндөгү хадистерди тастыктоодо. (Китептин алдыдагы бөлүмдөрүндө бул алааматтар терең каралган.)

# РАСУЛУЛЛАХ (САВ)ДАН СОҢ КЫЯМАТ ЖАКЫН

Расулуллах (сав): «Мен кыямат боло турган саатта жөнөтүлдүм. Бирок мунун мындан өтүшү сыяктуу мен кыямат саатынан өтүп бир аз алдыда келдим!» деди жана ортому менен сөөмөйүн көрсөттү. *(Күтүби Ситте, Мүстеврид Ибну Седдад эль-Фихриден риваят кылынган, хадис №5026) Тирмизи, Фитен 39, (2214).] [50]*

Расулуллах (сав): «Мен кыямат ушундай жакын кезде жөнөтүлдүм!» деди жана сөөмөйү менен ортомун жанаштырып көрсөттү. *(Күтүби Ситте, Сехл Ибну Саъддан риваят кылынган, хадис №5025) [Бухари, Рикак 39, Тафсир, Назиат 1, Талак 25; Мүслим, Фитен 132, (2950).] [49]*

Абдуллах Ибну Хавале эль-Эзди (ра)нин жанына түштүм. Мага: «Расулуллах (сав) бизди олжо алгыла деп жөө жөнөттү. Биз болсо кайттык жана эч олжо ала албадык. Чарчаганыбызды жүзүбүздөн түшүнүп арабызда түздөлүп: «Эй Аллахым, аларды мага тапшырба; мен аларды мойнума алуудан алсызмын! Аларды өздөрүнө да тапшырба, бул иштен өздөрү да алсыз. Аларды башка адамдарга да тапшырба, өздөрүн биринчи ойлошот!» деди. Анан колун башымын үстүнө койду жана «Эй Ибну Хавале! Халифалыктын (Мединадан) Арзы Мукаддесеге (Дамаскка) жылганын көрсөң, билип кой, эми зилзалалар (жер титирөөлөр), азаптар, чоң окуялар жакын болот. Ал күнү кыямат адамдарга ушул колумдун башына болгон жакындыгынан да жакын болот» деди. *(Күтүби Ситте, Ибну Зугб эль-Эйадиден риваят кылынган)*

Ушул окуялар болмоюнча кыямат болбойт... жер титирөөлөр көбөйөт... *(Ramuz-El Ehadis, 476/11)*

Кыяматтан мурда эки чоң окуя бар... жана андан соң зилзалалуу жылдар. *(Ramuz-El Ehadis, 187/2*)

Ушул окуялар болмоюнча кыямат болбойт... Өлүмдөр жана киши өлтүрүүлөр (кыргындар) көбөйөт... *(Camiü's-Sagir, 3:211, Müsned, 2:492, 4:391, 392)*

Расулуллах (сав) мындай деди: «Убакыт жакындашмайынча кыямат болбойт. Бул жакындашуу ушундай болот: бир жыл бир айдай, ай бир аптадай, апта болсо бир күндөй, күн сааттай, саат болсо бир тамызгынын күйгөнүндөй (кыска) болот.» *(Күтүби Ситте, Энестен риваят кылынган, хадис №5041)*

## КҮН БАТЫШТАН ЧЫККАН СОҢ КЫЯМАТКА 120 ЖЫЛ КАЛЫШЫ МҮМКҮН ЭМЕС

Пайгамбар Мырзабыз (сав) бир хадисинде кыяматтын чоң алааматтарынын бири катары күндүн батыштан чыгаарын кабар берген.

***«Күн батыштан чыгат, адамдар жалпылай ыйман келтирет, бирок мурда ыйман келтирбегендердин ыйманы аларга бир пайда алып келбейт.» (Тежрид-и Сарих котормосу, XII 307; Муслим, Фитен, 118)***

Хижрий 13-кылымдын улуу мужеддиди Саид Нурси Азрети болсо бул керемет окуянын кантип ишке ашышы ыктымал экенин Şualar (Шуалар) китебинде мындайча айткан:

Күндүн батыштан чыгышы жана астынан даббетүл-арздын чыгышы. Бирок күндүн батыштан чыгышы болсо апачык (далилдөө муктаждыгы жок даражадагы) бир кыямат алааматы. Жана ашкерелиги (апачык болгону) үчүн акылдын эрки менен байланыштуу болгон тообо эшигин жабуучу бир хадисе-и семавийе (Аллах жараткан окуя) болгондуктан, тафсири (жоромолу) менен мааниси ачык, түшүндүрүүнүн кажети жок болот. Бирок: Аллаху алем, ал чыгуунун (күндүн чыгышынын) көрүнүштөгү себеби: дүйнө башынын акылы болгон Курандын анын башынан чыгышы менен акылын жоготуп, Аллахтын уруксаты менен башын башка планетага сүзүү аркылуу кыймылынан артка кайтып, батыштан чыгышка өзгөрүп күн батыштан чыгып баштайт. Ооба, жерди күн менен, жер жана асман менен күчтүү байлаган хаблуллахиъл-метин (Аллахтын руханий жиби) болгон Курандын тартуу күчү үзүлсө, жер жүзүнүн жиби үзүлүп, ээн баш, бекерчи болуп тескери жана жөнгө салынбаган кыймылынан күн батыштан чыгат. Бир жагынан, сүзүшүү натыйжасында Аллахтын буйругу менен кыямат болот деген бир

түшүндүрмөсү бар. *(Şualar, Beşinci Şuâ, 510-б.)*

Куттуу хадисте айтылган окуя жөнүндөгү Саид Нурси Азретинин түшүндүрмөлөрү да эске алынганда, кыяматтан бир аз мурда боло турган бул чоң алааматтын ыктымал бир куйруктуу жылдыздын сүзүшү менен дүйнөнүн айлануу багытынын тескериге айланышы натыйжасында болоору көрүнүп турат. Мындай чоң өзгөрүүдөн соң катары менен чоң жер титирөөлөр, күчтүү бороондор болуп, цунамилер пайда болот, жердин тартылуу күчү бузулат, атмосфера катмары жоголот, озон катмары бузулат, мунун натыйжасында космостогу бүт зыяндуу нурлар жерге келип баштайт жана ушул сыяктуу дагы көптөгөн табигый кырсыктар болот, чоң ыктымалдык менен кыямат процесси ушундайча башталган болот. Физика эрежелери жоголо турган мындай бир шарттарда жашоо мүмкүнчүлүгү болбогондуктан, **СЫНОО ДА ТОЛУГУ МЕНЕН БҮТКӨН БОЛОТ.** Бедиуззаман Азретинин бул маанилүү жана укмуштуу окуяны «тообо эшигин жабуучу бир Аллахтан келген окуя» деп аташы да күн батыштан чыккан соң сыноонун бүтөөрүнө ишарат кылууда.

**КЫЯМАТ КҮН БАТЫШТАН ЧЫККАНДАН 120 ЖЫЛДАН КИЙИН БОЛОТ ДЕП АЙТУУ БОЛСО БҮТ БУЛ ТҮШҮНДҮРМӨЛӨРГӨ КАРАМА-КАРШЫ КЕЛЕТ.**

Аллах бул дүйнө шарттарын сыноого ылайык кылып жараткан. Дүйнөдө акылдын эркин алып койо турган окуялардын болушуна Аллах уруксат бербейт, себеби антпесе сыноо керек эмес болуп калат. Аллах дүйнөдө керемет катары жараткан окуяларды дагы бир көз-караш боюнча бир түшүрдүрмө (жооп) табуу мүмкүн кылып жасайт. Мунун натыйжасында болсо Аллах Ага ыйман келтирген, Ал жараткан окуялардагы тереңдикти, сырды, чеберчиликти көрө алган адамдар менен ыйман келтирбеген же күмөнсүрөп жүргөн адамдарды бир-биринен айырмалайт. Чын ыкластан ыйман келтиргендер менен жасалма, акылы менен ыйманы алсыз адамдар бирдей болуп калбашы үчүн Аллах дүйнө жашоосунда акылдын эркин ала турган, б.а. адамдардын эрктерин, өзүнчө ойлонуу жана тандоо жөндөмүн алып салып, көрөөр замат сөзсүз ыйман келтиришине себеп боло турган окуяларды жаратпайт.

Күндүн батыштан чыгышы болсо өтө кереметтүү жана акылдын эркин ала турган бир окуя. Бул окуя болгон соң сыноо бүткөн болот, тообо кылуу мүмкүнчүлүгү Аллахтын каалоосу менен калбайт жана кыямат башталат.

Устад Саид Нурси Азрети муну Beşinci Şua (Бешинчи Шуа)да төмөнкү хикматтуу тараптары менен баса белгилеген:

Ыйман менен теклиф (жоопкерчилик) эрк жагынан (эрк менен бир нерсени тандай алуу күчү жагынан) бир сыноо, бир тажрыйба, бир жарыш болгондуктан, пардалуу жана терең жана изилдөө менен тажрыйбага муктаж

болгон назари маселелер (көз-караш жана ой-пикирге таянган жана баштан өтпөгөн маселелер) албетте ачык (анык) болбойт. Жана бүт адамдар кааласа каалабаса, тастыктай турган даражада мажбурлуу ишене турган абалда болбойт. Ошентип Абу Бакирлер ала-йы иллийинге (бийиктердин эң бийигине) чыгышсын жана Абу Жахилдер эсфел-и сафилинге (төмөндөрдүн эң төмөнүнө) түшүшсүн. Ыктыяр (бир нерсени тандай алуу күчү, эрк) калбаса, теклиф (жоопкерчилик) боло албайт. Жана ушул сыр жана хикмат үчүн, керемettер сейрек жана анда-санда берилет. Бир жагынан, дар-ы теклифте (дүйнөдө) көзгө көрүнө турган кыямат алааматтары менен кыямат шарттары кээ бир мүтешабихаты Куранийе (Куранда бир-бирине окшогон, метафориялык мааниси да болгон аяттар) сыяктуу жабык жана жоромол жасай турган абалда болот. **БИРОК КҮНДҮН БАТЫШТАН ЧЫГЫШЫ АНЫК ДАРАЖАДА (ДАЛИЛДӨӨНҮН КЕРЕГИ ЖОК ДАРАЖАДА) БҮТ БААРЫН ТАСТЫКТООГО (ИШЕНҮҮГӨ) МАЖБУР КЫЛГАНДЫКТАН, ТООБО ЭШИГИ ЖАБЫЛЫП, ТООБО МЕНЕН ЫЙМАН КАБЫЛ БОЛБОЙТ.** *(Beşinci Şua)*

Күн батыштан чыккан соң бул дүйнөдөгү жашоо дагы 120 жылга уланат деген пикирдин туура эмес экенин эки тараптан анык көрүнүп турат. Биринчиси, сыноо жок, тообо кылуу мүмкүнчүлүгү бүткөн шарттарда 120 жыл жашоонун уланышы Аллахтын мыйзамына туура келбейт. Экинчиси болсо, күндүн батыштан чыгышы менен бирге катары менен баштала турган кыямат окуялары адамзаттын жашоосуна мүмкүндүк бербейт. **ЧОҢ ЖЕР ТИТИРӨӨЛӨР БОЛГОН, ДЕҢИЗДЕР ЖАРЫЛЫП, ЦУНАМИЛЕР, ӨТӨ КҮЧТҮҮ БОРООНДОР БОЛГОН, АТМОСФЕРА ЖОГОЛГОН, ОЗОН КАТМАРЫ ЖОК БОЛГОН, ЖАНА ДАГЫ КӨПТӨГӨН УКМУШТУУ ТАБИГЫЙ КЫРСЫКТАР БОЛУП ЖАТКАН ШАРТТАРДА 120 ЖЫЛ МЫНДАЙ ТУРСУН, 120 СААТ ДА ЖАШОО МҮМКҮН БОЛБОЙТ.** Ушунчалык үрөй учурган, бирок ошол эле учурда Аллахтын улуулугу кемчиликсиз көрүнгөн андай шарттарда **АДАМДАР ЭҢ КӨП 120 МҮНӨТ ЖАШАШЫ МҮМКҮН. БИРОК ОКУЯЛАРДЫН КАТААЛДЫГЫ АДАМДАРГА АЛ УБАКЫТТЫ 120 ЖЫЛДАЙ СЕЗДИРЕТ.**

Бирок Пайгамбар Мырзабыз (сав) хадисте айткан «күндүн батыштан чыгышы» салыштырмалуу мааниде да болушу мүмкүн. Анда хадис Аз. Мехди (ас)дын чыгышына ишарат кылган болот. Бул хадистер «күн» деп Аз. Мехди (ас) айтылган болушу ыктымал. Пайгамбар Мырзабыз (сав)дан риваят кылынган башка бир хадисте Аз. Мехди (ас) күнгө салыштырылган.

***АЗ. МЕХДИ (АС) БҮТ КАЙГЫ МЕНЕН ЗУЛУМДУКТАРДЫ ЖОГОТУУЧУ КҮН. Берешендик кылганда өтө берекелүү бир жамгыр.*** *(Muhammed B. Resul El Hüseyin El Berzenci, Kıyamet Alametleri, 188-б.)*

Күндүн батыштан чыгышы деп айтылган сөздөгү «батыш» сөзүнүн

мааниси болсо бул хадис башка куттуу хадистер менен бирге каралганда түшүнүктүү болот. Пайгамбар Мырзабыз (сав)дан риваят кылынган башка бир хадисте Аз. Мехди (ас)дын «батыштан» чыгаары айтылган:

Хафыз Эбу Нуайм риваят кылган куттуу хадисте Расули Экрем Мырзабыз мындай деген: мына (ошондой мүшкүл бир) убакта **МАГРИП (БАТЫШ) МАМЛЕКЕТИНИН ЭҢ АЛЫСКЫ АЙМАГЫНАН** жана Расули Экрем Мырзабыздын урматтуу кызы Фатманын урпактарынан бир адам чыгат. Мына ошол зат акыр заманда иш-аракет кыла турган Мехди (ас). Жана Мехди (ас)дын чыгышы болсо кыямат алааматтарынын биринчиси. *(Желаледдин Суйути жыйнагынан хадистер, Ahir Zaman Mehdisinin Alametleri (Акыр заман Мехдисинин алааматтары), Müellif Ali bin Hüsammeddin el Muttaki, Kahraman Neşriyat Kitabevi, 16-б.)*

Хадисте Аз. Мехди (ас)дын «магрип, б.а. батыш өлкөлөрүнүн эң алыскы аймагынан» чыгаары кабар берилген. Белгилүү болгондой, Түркия Ислам өлкөлөрүнүн эң батышында жайгашкан. Хадистеги маалыматтар Аз. Мехди (ас)дын Түркиядан чыгаарына ишарат кылууда. Бул хадис эске алынганда күндүн батыштан чыгаарын кабар берген куттуу хадистеги маалымат да Аз. Мехди (ас)дын батыш тараптан чыгаарына ишарат кылып жатат деп ойлоого болот.

Анда, Аз. Мехди (ас)дын чыгышы катары Пайгамбар Мырзабыз (сав)дын башка хадистерине таянып, Хижрий 1400-жылды негиз алсак, күндүн батыштан чыгышынан 120 жылдан кийин кыямат башталат деген сөз Хижрий 1520-жылдарга туура келет. Саид Нурси берген жылдарда болсо Хижрий 1520-жылдар Мусулмандык алсырап баштай турган жана каапырлардын системасы дүйнөгө толук жайыла турган жылдар. Саид Нурсинин айтуусу боюнча, бул жылдардан жыйырма-жыйырма беш жылдан кийин кыямат күтүлөт. (Туурасын Аллах билет)

# 2- Бөлүм

# КУТТУУ ХАДИСТЕРДЕ АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

## АЗ. МЕХДИ (АС) СӨЗСҮЗ ЧЫГАТ

### МУСУЛМАНДАР АРАСЫНДА АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫ СҮЙҮНЧҮЛӨӨНҮН МААНИСИ

Пайгамбарыбыз (сав) **«Аз. Мехди (ас) менен сүйүнчүлөшкүлө»** *(Kitab-ül Burhan Fi Alamet-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, 12-б.)* деп, Аз. Мехди (ас)дын келишин толкундануу жана кубануу менен күтүүнүн, ал куттуу зат үчүн даярдык көрүүнүн маанилүүлүгүнө көңүл бурган. Башка бир куттуу хадисте болсо ыйман келтиргендердин Аз. Мехди (ас)га көрсөтүшү керек болгон сүйүү менен моюн сунуучулугу төмөнкүчө айтылган:

**Силерден ага ким жеткен болсо, кар үстүндө сойлоп болсо дагы ага келсин. Ага кошулсун. Себеби ал – Аз. Мехди (ас).**

*(İbn Mace, Fiten, B 34, H 4082; İbn Ebi Şeybe, c. VII, 527-б.; Kitab-ül Burhan Fi Alamet-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, 14-б.)*

### АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН СӨЗСҮЗ ЧЫГА ТУРГАН БОЛУШУ

**Эгер дүйнөдөн бир күн калса дагы, Аллах Ал (Аз. Мехди (ас)) башкарууну өз колуна алганга чейин ал күндү созмок.**

*(Kitab-ül Burhan Fi Alamet-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, 10-б.)*

Эгер дүйнөдөн бир түн калса дагы, Аллах аны созмок жана **Эхли Бейтимдин (урпактарымдан) бирөөнү (Аз. Мехди (ас)) өкүмдар кылмак.**

*(Kitab-ül Burhan Fi Alamet-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, 10-б.)*

**Үммөтүмдүн арасында Аз. Мехди (ас) келет...** Үммөтүм анын убагында жакшы менен жаман эч теңдешсиз бак-дөөлөткө жетет, асман алардын үстүнө мол жамгыр жаадырат, жер өзүндөгү эч нерсесин жашырбайт.

*(Kitab-ül Burhan Fi Alamet-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, 9-б.)*

**Дүйнөдөн бир түн калса дагы, Аллах ал түндү созмок жана Эхли Бейтимден бирөө (Аз. Мехди (ас)) келип дүйнөгө өкүмдар болмок.** Анын аты атыма, атасынын аты атамдын атына туура келет. Мурда жер кандай зулумдукка толгон болсо, ал аны адилеттүүлүккө толтурат.

*(Kitab-ül Burhan Fi Alamet-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, 11-б.)*

### АЗ. МЕХДИ (АС) ХИЖРИЙ 1400-ЖЫЛЫ (1980-Ж.) ДИНГЕ ЧАКЫРУУ КЫЗМАТЫН БАШТАЙТ

**АДАМДАР 1400-ЖЫЛЫ АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ЖАНЫНА ЧОГУЛУШАТ.** *(Risaletül Huruc-ül Hz. Mehdi, 108-б.)*

Аз. Мехди (ас) Стамбулда иш-аракетин баштаган жана айланасында адамдар алгач чогулуп баштаган жылдын Хижрий 1400-жыл болоору бул хадисте апачык айтылган. Башка бир хадисте болсо Аз. Мехди (ас)дын Хижрий 1400-жылы кызмат кылаары мындайча айтылган.

**ХИЖРАТТАН (КӨЧТӨН) 1400 ЖЫЛДАН КИЙИНКИ АКИДДЕРДЕН ЭКИ ЖЕ ҮЧ АКИД САНА** (бир акид он жылга барабар)**. ОШОНДО МЕХДИ ЭМИН ЧЫГАТ.**

*(Esme-l Mesalik Lieyyam-il Mehdîyy-il Meliki Li Küll-id Dünya Biemrillah-il Malik, Kelde bin Zeyd 216)*

Мындан тышкары, Аз. Мехди (ас)дын динге чакыруу иш-аракеттерин Хижрий 1400-жылы баштаарын Бедиүззаман да төмөнкүчө айткан:

**«ДҮЙНӨНҮН КЕЛЕЧЕГИНДЕ 1400 ЖЫЛДАН КИЙИН КЕЛЕ ТУРГАН БИР АКЫЙКАТТЫ (Аз. Мехди (ас)дын келишин) ӨЗ КЫЛЫМЫНДА КАРИБ (жакын) ДЕП ОЙЛОШУПТУР.»** *(Sözler, 318-б.)*

## ОЛУЯЛЫК (ВЕЛАЙЕТ) АЗ. МЕХДИ (АС) МЕНЕН АЯКТАЙТ

**Мухйиддин Ибнүл-Араби** –куддисе сыррух- Азрети **Хаким эт-Тирмизи –куддисе сыррух- Азрети «Хатмүл-эвлийа»да** сураган суроолоруна жооп берүү үчүн жазган **«эль-Жевабүл-Мүстаким»** аттуу эмгегинде мындайча буюрган:

«(Аз. Мехди (ас)) ... **Мүлктүн доору аны менен бүтөт жана олуялык (велайет) аны менен аяктайт...»**

*(El-Cevabü'l-Müstakim amma Seele anhü et-Türmizi el-Hakim, Bayezid, no: 3750, 242b yaprağı)*

# АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ТӨРӨЛҮШҮ ЖАНА САНЖЫРАСЫ

## АЗ. МЕХДИ (АС) ПАЙГАМБАРЫБЫЗ (САВ)ДЫН УРПАКТАРЫНАН

Кыямат болушу үчүн бир күндөн башка эч убакыт калбаса дагы, **Аллах (жж) менин Эхли Бейтимден (урпактарымдан) бир затты (Аз. Мехди (ас)ды) жөнөтөт.**

*(Sünen-i Ebu Davud (Сүнени Эбу Давуд), 5/92)*

**Менин Эхли Бейтимден бир инсан (Аз. Мехди (ас))** бүт дүйнөгө өкүмдар болгонго чейин күндөр менен түндөр кетпейт.

*(En-Necmu's Sakıb (Эн-Нежмус Сакыб), Ukayli)*

**Аз. Мехди (ас) кызым Фатыманын урпактарынан.**

*(Sünen-i İbn Mace (Сүнени Ибн Маже), 10/348)*

Аз. Мехди (ас) менен сүйүнчүлөшкүлө. Ал Курейштен жана **Эхли Бейтимден бир киши.**

*(Kitab-ul Burhan Fi Alamet-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, 13-б.)*

**Аз. Мехди (ас) менин балдарымдын бирөө.** Жүзү асманда жаркыраган жылдыз сыяктуу.

*(Ali b. Sultan Muhammed el-Kari el-Hanefi'nin "Risaletül Meşreb elverdi fi mezhebil Mehdi")*

Бүт пайгамбарлар бир-биринин урпактарынан. Аз. Мехди (ас) да хадистерде айтылгандай ошол бүлөдөн келет. Эл арасында ал бүлөдөн келгендер «сейийд (сайийд)» деп аталышат. Аз. Мехди (ас) да сейийд болот.

Аллах Куранда бир-биринин урпактарынан келген элчилер жөнүндө айтат. Ал аяттар Аз. Мехди (ас)дын да ошол бүлөдөн келээрине ишарат кылууда.

***Чындыгында Аллах Адамды, Нухту, Ибрахим бүлөсүн жана Имран бүлөсүн ааламдар үстүнө тандады; алар бир-биринен (келген) бир урпак. Аллах угуучу, билүүчү. (Али Имран Сүрөсү, 33-34)***

***«Раббибиз, экөөбүздү сага моюн сунган (Мусулмандар) кыл жана***

***урпагыбыздан Сага моюн сунган (Мусулман) бир үммөт (бер). Бизге ибадат ыкмаларын (жер же эрежелерин) көрсөт жана тообобузду кабыл кыл. Күмөнсүз, Сен тооболорду кабыл кылуучу жана коргоочусуң.» (Бакара Сүрөсү, 128)***

***Аталарынан, урпактарынан жана бир туугандарынан кээ бирлерин (аларга коштук); аларды да тандадык жана туптуура жолго багыттап-салдык. (Энъам Сүрөсү, 87)***

## АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ТААНЫТА ТУРГАН БИР ӨЗГӨЧӨЛҮГҮ АЛ АЗ. ХАСАНДЫН УРПАКТАРЫНАН БОЛОТ

**«АЗ. МЕХДИ (АС) ФАТИМАНЫН УРПАКТАРЫНАН ЖАНА ХАСАНДЫН БҮЛӨСҮНӨН.»** *(Ebu Davud, Hz. Mehdi (as), 1)*

Абдүл Гафир Фариси Межма-ил Гараиб китебинде жана Ибну Жевзи Фиъл Гарибил Хадисте жана Ибнүл Эсирде Нихайеде айтышкан, Аз. Али хадиси жөнүндө мындай дешкен: **«АЗ. МЕХДИ (АС) АЗ. ХАСАНДЫН УРПАКТАРЫНАН.»** *(Ali Bin Hüsamettin El Muttaki, Celaleddin Suyuti'nin Tasnifinden Hadisler (Желаледдин Суйути жыйнагынан хадистер) - Ahir Zaman Mehdi'sinin Alametleri, 22-б.)*

Тамман Феваид аттуу эмгегинде жана Ибни Акасир Абдуллах б. Амрдан алып айтышкан. Мындай деген: **«ХАСАНДЫН УРПАКТАРЫНАН БИРӨӨ (АЗ. МЕХДИ (АС))** чыгыш тараптан чыгат, эгер Ага тоолор каршы чыкса, аларды эзет, жана өзүнө ал тоолордон жол салат.»

(Ali Bin Hüsamettin El Muttaki, Celaleddin Suyuti'nin Tasnifinden Hadisler (Желаледдин Суйути жыйнагынан хадистер) - Ahir Zaman Mehdi'sinin Alametleri, 22-б.)

Аз. Алиден бизге жеткен башка бир хадис боюнча, бир күнү ал **уулу Аз. Хасанга** карап: «Наби СаллАллаху Алейхи Васаллам атагандай, сөзсүз менин бул уулум Сеййид (мырза, жумшак, элеганттуу жана джентльмен). Жакында **АНЫН (АЗ. ХАСАНДЫН) УРПАКТАРЫНАН Набиңиздин аты менен аталган бир адам (АЗ. МЕХДИ (АС)) чыгат, кулк-мүнөзү ага (Аз. Пайгамбар (сав)га) окшошот,** бирок жаратылышында (дене өзгөчөлүктөрүндө) ага окшобойт» деген. *(Tac V, 363)*

# АЗ. МЕХДИ (АС) ҮЙДӨ ТӨРӨЛӨТ

Имам Зейнул Абидин алейхи-салам мындай деген: **«Биздин Каимибиз (Аз. Мехди (ас)) менен Аллахтын пайгамбарлары арасында бир катар окшоштуктар бар. Нух, Ибрахим, Муса, Иса, Аййуб жана Мухаммед саллаллаху алейхи ва алих пайгамбарлардын баары менен бир окшоштугу бар. Нух менен узун өмүрлүү болушунда, ИБРАХИМ МЕНЕН ТӨРӨЛҮШҮНҮН ЖАШЫРУУН БОЛУШУ (ҮЙДӨ ТӨРӨЛҮШҮНДӨ) жана калктан алыс болушунда...»** *(Kemal'ud-Din 322-б., 31-бап, 3-хадис)*

Аз. Али б. Хүсейин Зейнел Абидин (ас) мындай дейт: **«КАИМИБИЗДИН (АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН) ТӨРӨЛҮШҮ АДАМДАРДАН ЖАШЫРУУН БОЛОТ...»** *(Bihar-ül Envar, 51-т., 135-б.)*

## АЗ. МЕХДИ (АС) ЧОҢ БИР ШААРДА ТӨРӨЛҮП, КИЙИН СТАМБУЛГА БАРАТ

Расулуллах (сав) мындай деген: **«Аз. Мехди (ас) Мединадан (чоң шаардан) чыгат** жана Меккеге келет. Адамдар аны өз араларынан (таанып) чыгарышат жана ал өзү каалабаган абалда Рүкун менен Макам арасында ага моюн сунушат.» *(Mer'iy b. Yusuf b. Ebi bekir b. Ahmet b. Yusuf el-Makdi'si "Feraidu Fevaidi'l Fikr Fi'l İmam El-Mehdi El-Muntazar)*

Мындан тышкары, Рисалетүл хуруж үл Мехди аттуу эмгектин 69-бетинде Аз. Мехди (ас)дын **«Кара айылынан чыгаары»** айтылган. *(Mustafa Reşit Filizi, Risaletül huruc ül. Mehdi, 69-б.)*

Пайгамбарыбыз (сав)дан риваят кылынган хадистерде «медина» сөзү жашыруун мааниде колдонулган. Б.а. Пайгамбарыбыз (сав) «медина» сөзүн ар түрдүү маанилери менен колдонгон. Ислам ааламында болсо көптөгөн чоң шаар, б.а. «медина» бар. Ушул себептен, бул хадистердеги «медина» сөзүнүн эмне мааниге келээрин бул жөнүндөгү башка риваяттарды изилдөө аркылуу гана түшүнүүгө болот.

Мисалы, жогорудагы хадисте Пайгамбарыбыз (сав) Аз. Мехди (ас)дын мединадан чыгаарын билдирүүдө, башка бир хадисте болсо Аз. Мехди (ас)дын **Кара айылынан чыгаарын** айткан. Имам Куртубинин ***Тезкире***синде болсо **Аз. Мехди (ас)дын Ислам өлкөлөрүнүн батыш тарабынан чыгаары** айтылган. Бул Аз. Мехди (ас) төрөлгөн чоң шаардын Ислам өлкөлөрүнүн батыш тарабында жайгашкан чоң бир шаар экенин көрсөтүүдө.

Башка бир хадисте болсо Пайгамбарыбыз (сав) жанындагы кишиге Аз. Мехди (ас)дын мединаны, б.а. чоң бир шаарды руханий ээлей турганын

айтат. Риваятта Пайгамбарыбыз (сав)дын жанындагы кишиде көптөгөн медина (б.а. чоң шаар) бар болгондуктан, Аз. Мехди (ас)дын кайсы мединаны, б.а. кайсы шаарды руханий ээлей турганы жөнүндө күмөн пайда болгон. Ушул себептен, Пайгамбарыбыз (сав)дан ал мединанын (чоң шаардын) кайсысы экенин сураган.

Пайгамбарыбыз (сав) болсо жооп катары ал мединанын (б.а. шаардын) Стамбул экенин айткан.

Аз. Ибни Амрдан риваят кылынган. Расулуллах (сав) мындай деген:

Эй Үммөт! Алты нерсе бар; алар болмоюнча кыямат болбойт... Алтынчысы болсо мединанын ээлениши.

Айтылды: Кайсы медина? Ал айтты: Константиниййе. (Константинополь – Стамбул)

(Бул Стамбулдун Аз. Мехди (ас) тарабынан руханий ээлениши.)
*(Kıyamet Alametleri (Кыямат алааматтары), 204-б. Ramuz EI Ehadis 1/296)*

Демек, бул хадисте «медина» сөзү Пайгамбарыбыз (сав) тарабынан чоң бир шаар болгон Стамбулду айтуу максатында чоң шаар маанисинде колдонулган. Башка куттуу хадистерде Аз. Мехди (ас)дын ичинде Пайгамбарыбыз (сав)дын куттуу желеги да болгон ыйык аманаттар турган жерден чыгаары билдирилген. Пайгамбарыбыз (сав)дын желеги менен башка аманаттары азыр Стамбулдагы Топкапы Сарайында атайын бир бөлүмдө сакталып турат.

Абдуллах б. Шуреfеден риваят кылынган: Аз. Мехди (ас)дын жанында коолдолгон абалда Пайгамбарыбыз (сав)дын желеги болот. *(Kitab-ül Burhan Fi Alamet-il Mehdiy-il Ahir Zaman, 65-б.)*

(Аз. Мехди (ас)) Пайгамбар (сав)дын төө жүнүнөн жасалган желеги менен чыгат. Ал желек төрт бурчтуу, тигилбеген жана өңү болсо кара. Анда бир хиджр (кооздук) бар. Ал Расулуллах (сав)дын көзү өткөндөн бери ачылбаган болуп, Аз. Мехди (ас) чыкканда ачылат. *(Kitab-ül Burhan Fi Alamet-il Mehdiy-il Ahir Zaman, 23-б.)*

Алааматтар болсо; (Аз. Мехди (ас)дын) жанында Аллах Элчисинин (сав) көйнөгү, кылычы, желеги болот. Ал желек Пайгамбардын (сав) көзү өткөндөн бүгүнкүгө чейин эч ачылган эмес. Аз. Мехди (ас) чыкканга чейин да ачылбайт. *(Muhammed B. Resul Al-Hüseyni El Berzenci, Kıyamet Alametleri, 164-б.)*

Бул хадистерден Пайгамбарыбыз (сав)дын ыйык аманаттарынын Аз. Мехди (ас) турган жерде экени жана ал чыкканда ачылаары көрүнүп турат. Ыйык аманаттар Стамбулда болгондуктан, Аз. Мехди (ас)дын да Стамбулда болоору толук анык.

Бирок башка тараптан, Аз. Мехди (ас) төрөлгөн жана Ислам ааламынын батышында жайгашкан шаар менен ал ээлей турган шаардын башка башка мединалар, б.а. эки башка шаар экенин да риваят кылынган хадистерге карап түшүнүүгө болот.

Мисалы, Аз. Мехди (ас) ээлей турган мединанын, б.а. Стамбул шаарынын деңизде кургак бир жол салынып өтүлгөн, б.а. көпүрө системасы колдонулган бир шаар экени хадистеги баяндан көрүнүп турат.

**Константинопольду ээлөө** учурунда эрте мененки намаз үчүн даарат алып жатып **бир желек сайат. Деңиз экиге бөлүнүп суу өзүнөн-өзү алыстайт жана ачылган жолдон жүргөн Аз. Мехди тигил жээкке өтөт.** Анан дагы бир желек сайат жана: «Эй адамдар, сабак алгыла. Деңиз Израил урпактарына жол берген сыяктуу бизге да жол берди» дейт. Андан соң баары кайра кайра такбир айтышат жана 12 такбир менен шаардын 12 мунарасы да кулайт. *(El-Kavl-ül Muhtasar fi Alametil Mehdiyyül Muntazır, 57-б.)*

Мындан тышкары, хадисте Аз. Мехди (ас)дын ал шаарда желек сайаары да айтылуу менен шаардын Пайгамбарыбыз (сав)дын куттуу желеги турган Стамбул экени апачык түшүнүктүү болууда.

# АЗ. МЕХДИ (АС) КАВКАЗДАН КЕЛЕТ

Сеййид Ахмед Хүсамеддин (ра) Истихрачнамесинде Аз. Мехди (ас)дын төрөлгөн жери жөнүндө мындай кыстарма кылган:

**Мусулмандардан бир зат (Аз. Мехди (ас)) келет, ал заттын кадыр-баркы КАВКАЗДЫН ЭҢ УЛУУТООСУНАН айланага күндүн нурлары сыяктуу шуленисар болот** (айланага нурлар чачат). *(Osman Yüksel Serdengeçti, Mabedsiz Şehir, Serdengeçti Neşriyatı: VI, 107-б.)*

# АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН БИР ТУУГАНЫ АЗ БОЛОТ

**«Бир тууганы аз...»** *(Risalet ül Mehdi 161-б.)*

# АЗ. МЕХДИ (АС) ҮЙЛӨНБӨЙТ

Месуди мындайча алып баяндаган: «Али б. Хазма, Ибни Сираж жана Ибни Эби Саид бир жолу Имам Рызанын (ас) алдына барышканда, Али б. Хазма Имамга мындай деди: «Эй Расулуллахтын уулу, биз, сиздер (Эхли Бейт имамдары)нан мындайча алыптырбыз; **АР БИР ИМАМ ӨЛӨӨРДӨН МУРДА СӨЗСҮЗ БАЛАСЫН КӨРӨТ.** (Бул туура болду бекен?) Имам (ас) мындай деп жооп берген: «Төмөнкүнү да хадиске коштуңарбы **«КАИМ (АЗ. МЕХДИ (АС))ДАН ТЫШКАРЫ?»** *(İsbât-ül Vasiye (Mes'udî), 201-б.)*

# АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН АТЫ

Пайгамбарыбыз (сав)дын хадистеринде Аз. Мехди (ас)дын атынын Пайгамбарыбыз (сав)дын атына, Аз. Мехди (ас)дын атасынын атынын болсо Пайгамбарыбыз (сав)дын атасынын атына туура келээри айтылган.

Эбу Давуд менен Тирмизинин Ибни Месут (ра)дан алып айтканы боюнча, Аллах Элчиси (сав) мындай деген:

**«Анын (Аз. Мехди (ас)дын) аты атыма, атасынын аты болсо атамдын атына туура келет...»** *(Muhammed B. Resul Al-Hüseyni El Berzenci (Эль Берзенжи), Kıyamet Alametleri (Кыямат алааматтары), 159-160-б.)*

Эбу Хурейре (ра)дан риваят боюнча, Расулуллах (сав) мындай деген:

«Дүйнө өмүрүнөн бир эле күн калса дагы, **менин Эхли Бейтимден аты атыма туура келген бир зат (Аз. Мехди (ас))** келгенге чейин Аллах ал күндү сөзсүз созот.» *(Ахмед б. Ханбел «Муснед»инде алып жазган.)*

Абдуллах б. Өмер (ра)дан риваят боюнча;

Расулуллах (сав) мындай деген: **«Менин Эхли Бейтимден аты атыма туура келген бир зат (Аз. Мехди (ас))** бүт араптарга өкүмдар болгонго чейин дүйнө (жок болуп) кетпейт.»

Башка бир риваят боюнча мындай деген:

«Дүйнөдөгү жашоодон бир эле күн калса дагы, **менин Эхли Бейтимден аты атыма туура келген бир затты (Аз. Мехди (ас)ды)** жөнөткөнгө чейин

Аллах ал күндү сөзсүз созот. Ал мурда зулумдук менен азапка толтурулган дүйнөнү акыйкат менен адилеттүүлүккө толтурат.» *(Тирмизи, Эбу Давуд, Несаи, Бейхаки жана Эбу Амр Эд-Дани алып өткөрүшкөн.)*

Абдуллах б. Өмер (ра)дан башка бир риваят боюнча мындай деген:

**«Менин Эхли Бейтимден аты атыма туура келген бир зат (Аз. Мехди (ас))** (жер бетинде) өкүмдарлык курганга чейин дүйнө (жок болуп) кетпейт. Ал мурда зулумдук менен азапка толтурулган дүйнөнү акыйкат менен адилеттүүлүккө толтурат.» *(Эбул Касым Таберани «Эль- Мужемус-сагир» эмгегинде алып баяндаган. Мындан тышкары, Тирмизи «Эль-Жами» эмгегинде жана Эбу Давуд болсо «Сүнен» аттуу эмгегинде болжол менен ушундай мааниге келген, бирок кээ бир сөздөрдүн орду алмашкан абалда алып баяндашкан.)*

Хадистерде өзгөчө көңүл бурулган жагдай – бул аттардын бир-бирине «туура (дал)» келе турган болушу. Б.а. Аз. Мехди (ас)ды түздөн-түз «Ахмед же Мухаммед», атасын болсо «Абдуллах» аты менен күтпөш керек. (Туурасын Аллах билет)

Ахмет Мухаммед Аз. Мехди (ас) ысмы Аллах акыр заманда келе турган Аз. Мехди (ас)га берген ысым. Б.а. төрөлгөндөн баштап эле аты «Ахмет Мухаммед Мехди» болбойт. Бул Аллах тарабынан ага берилген ысым. Ансыз да Пайгамбарыбыз (сав) да хадистеринде «аты атыма туура келет» деп айтып жатат, «дал өзүндөй» деп жаткан жок. Ошол сыяктуу «атасынын аты менин атамдын атына туура келет» деп жатат. Бул жерде бир ишарат, бир сыр бар.

Мындан тышкары, бул жерде төмөнкүнү да ойлонуу керек. Эгер бир адамдын үй-бүлөсү балдарынын Аз. Мехди (ас) болушун каалабаса, ага башка бир ат коюп, анын Аз. Мехди (ас) болушуна «тоскоол болгон» болот. Ошол сыяктуу, баласынын атын «Ахмед Мухаммед» койгон болсо, анда бир тараптан эгер боло турган болсо баласынын Аз. Мехди (ас) болушун гарантиялаган болот. Мындай логиканын туура эмес экени анык. Аллах каалаган адамды тагдырда тандаган жана аны «Ахмет Мухаммед Мехди» деп атаган. Бир адамга төрөлгөндө бул аттын коюлушу же коюлбашы ага тоскоолдук болбойт.

## ПАЙГАМБАРЫБЫЗ (САВ)ДЫН САНЖЫРАСЫ

**АДНАНдын** эки уулу болгон. Алар: **МААД** менен Ак. **МААДдын** төрт уулу бар:

**НИЗАР**, Кудаа, Кунус жана Ийад. **НИЗАР**дын болсо үч уулу болгон. Аттары:

**МУДАР**, Рабиа жана Энмар. **МУДАР**дын эки уулу бар. Алар:

**ИЛЬЯС** менен Айлан. **ИЛЬЯС**тын үч уулу дүйнөгө келген. Аттары:

**МҮДРИКЕ**, Табыха жана Камаа. **МҮДРИКЕ**нин эки уулу болгон. Аттары:

**ХУЗЕЙМЕ** менен Хүзейл. **ХҮЗЕЙМЕ**нин болсо төрт уулу болгон. Алар:

**КИНАНЕ**, Эсед, Эседе жана Хун. **КИНАНЕ** аттуу чоң атасынын төрт уулу бар:

**НАДР**, Малик, Абди Менаф жана Милкан. **НАДР**дын эки уулу болгон. Аттары:

**МАЛИК** менен Йахлуд. **МАЛИК**тин жалгыз уулу бар. Ал **ФИХР**. Ал заттын төрт уулу дүйнөгө келген. Аттары:

**ГАЛИБ**, Мухариб, Харис жана Эсед. **ГАЛИБ**дин эки уулу болгон. Алар:

**ЛҮЕЙЙ** менен Тейм. **ЛҮЕЙЙ**дин төрт уулу бар. Аттары:

**КАЪБ**, Амир, Саме менен Авф. **КАЪБ**дын болсо үч уулу дүйнөгө келген. Алар:

**МҮРРЕ**, Адий, Хусайн. **МҮРРЕ**нин үч уулу бар. Аттары:

**КИЛАБ**, Тейм жана Йаказа. **КИЛАБ**дын болсо эки уулу бар:

**КУСАЙ**, Зүхре. **КУСАЙ**дын төрт уулу эки кызы бар. Аттары:

**АБДИ МЕНАФ**, Абдүддар, Абдүлузза, Абди Кусай. Кыздары: Тахмүр, Берре.

**АБДИ МЕНАФ**тын төрт уулу дүйнөгө келген. Аттары:

**ХАШИМ**, Абдүшшемс, Мутталиб жана Невфел. **ХАШИМ**дин төрт уулу менен беш кызы бар. Аттары:

**АБДҮЛМУТТАЛИБ (ШЕЙБЕ)**, Эсед, Эбу Сайфи. Кыздары: Шифа, Халиде, Заифе, Рукаййе жана Хаййе. Пайгамбарыбыздын чоң атасы Абдүл-Мутталибдин он уулу жана алты кызы болгон. Ал балдардын баары бир энеден болбогондуктан, аларды энелерине жараша санап өтөлү:

**АБДУЛЛАХ**, Эбу Талиб, Зүбейр; Үммү Хаким Бейза, Атика, Эрва, Берре. Булардын апасы Фатыма. Аббас, Дырар. Бул эки уулунун апасы Нүтейле. Хамза, Мукаввим, Хажы аттуу уулдары менен Сафиййе аттуу кызынын апасы болсо Хале. Харис аттуу уулунун апасы Семра. Эбу Лехеб (Абдүлузза). Анын апасы Лүбни.

**Аз. Аминанын** апасы Берре, анын апасы болсо Үммү Хабибтиба жагына келсек, Аз. Аминанын атасы Вехб, анын атасы Абди Менаф, анын атасы болсо Зүхре. Аз. Абдуллахтын ата тарабы баяндалды. Апасы Фатыма, анын апасы Сахре, анын апасы Тахмүр. Экөөсүнүн тең атасы **КИЛАБ**да биригет.

## АЗ. АЛИ КАСИДЕ-И ЭРЖҮЗЕДЕ ПАЙГАМБАРЫБЫЗ (САВ)ДЫН АТЫНЫН АДНАН ЭКЕНИН БИЛДИРГЕН

(Бир окуя болуп Аз. Алиге Эбу Тураб өздүк маалыматын берген Азрети Пайгамбарыбыз (сав)га Аз. Али «Хади Мустафа Аднан Пайгамбары» деп кайрылганы айтылат.)

Мындан улам эки аттуу болдум. Болгондо да өздүк маалымат; аны мурда эч уккан эмес элем. Эбу Тураб мага бул өздүк маалыматты берген эле: **Хади Мустафа (асм) Аднан пайгамбары...**

## АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ЫСЫМДАРЫ

**ЭЛЬ МЕХДИ:** Хидаят (туура жол) болгон, хидаятка жеткен
**ЭЛЬ ХАДИ:** Хидаятка баштоочу, туура жолго жеткирүүчү
**ЭЛЬ КАИМ:** Акыйкат үчүн турган, тик туруучу
**ЭЛЬ ХҮЖЖЕТ:** Танууга мүмкүн болбогон анык далил

**ЭЛЬ МУНТАЗАР:** Бүт баары тарабынан күтүлгөн

**МЕХДИ-ЙИ МУНТАЗАР:** Күтүлгөн Мехди

**ИМАМ-Ы МУНТАЗАР:** Күтүлгөн Имам (руханий лидер)

**ХАЛЕФ-И САЛИХ:** Аллах олуяларынын татыктуу халифасы (руханий лидери)

**МАНСУР:** Аллах тарабынан жардам берилген

**САХИБИЪЛ-ЭМР:** Аллахтан болгон адилеттүүлүктү ишке ашырууга милдеттүү

**САХИБҮЪЗ-ЗАМАН:** Замандын ээси

**ВЕЛИЙИ АСР:** Кылымдын велиси (олуясы), замандын жалгыз ээси, замандын жалгыз жол башчысы

**МЕХДИ-ЙИ МЕВЪУД:** Убада кылынган Мехди

**ИМАМ-Ы АСР:** Кылымдын имам (руханий лидери)

**САХИБЪҮД ДАР:** Мекендин ээси (руханий лидери)

**БАКИЙЙЕТУЛЛАХ:** Аллахтын жер бетиндеги жалгыз далили жана Аллахтын акыркы руханий лидери

**КАИМ-И АЛ-И МУХАММЕД (АС):** Пайгамбарыбыз (сав)дын урпагынан келген, тура (чыга) турган Мехди

**ЭЛЬ ХАТИМ:** Катым кылган, аягына жеткирген

**НАХИЙЕТҮЪЛ-МУКАДДЕСЕ:** Куттуу багыт, эң улуу жана куттуу

Абдулмелик Исами (1111). Меккеде жашаган белгилүү тарыхчылардан. Ал «Sımt-ul Nucum-il Avali (Сымт-ул Нужум-ил Авали)» деген төрт томдук тарых китебинде мындай деп жазат: «Аз. Мехди (ас)дын лакап аттары болсо **ХҮЖЖЕТ, ХАЛЕФ-И САЛИХ, КАИМ, МУНТАЗАР, САХИБ-ҮЗ ЗАМАН ЖАНА БААРЫНАН БЕЛГИЛҮҮСҮ БОЛСО МЕХДИ...»** *(Sımt-ul Nucum-il Avali, 4-т., 138-б.)*

Махмуд б. Вахиб Кызоглу Багдади-и Ханефи: «Cevheret-ul Kelam (Жевхерет-ул Келам) аттуу китепте мындай деп жазат: **«... Аз. Мехди (ас)дын ЛАКАП АТТАРЫ БОЛСО МЕХДИ, КАИМ, МУНТАЗАР, САХИБ-ҮЗ ЗАМАН, ХҮЖЖЕТ...»** *(Cevheret-ul Kelam, 157-б.)*

Абдуррахман-и Суфи. Фарс тилиндеги «Mirat-ul Esrar (Мират-ул Эсрар)» китебинин автору. «Tuhfet-u İsna Aşeriyye (Тухфет-у Исна Ашериййе)» китебинин автору Абдулазиз Дехлевинин атасы Шах Велийуллах Дехлеви «эль-Интибах фи Селасил-и Эвлийуллах ва Эсаниди Вариси Расулуллах саллаллаху алейхи ва алих» аттуу китепте андан алып, Имам-ы Заман «Аз. Мехди (ас)) жөнүндө мындай деп жазат: **... (АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ЛАКАП АТТАРЫ БОЛСО МЕХДИ, ХҮЖЖЕТ, КАИМ,**

**МУНТАЗАР, САХИБ-ҮЗ ЗАМАН.**

Өмер б. Захир риваят кылат:

«Бирөө Имам Жафер Садыкка; «Каимге (Аз. Мехди (ас)га) Эмирел-мүминин деп салам жөнөтө алабызбы» деп сурады. Имам мындай деди: «Жок...» Ал адам сурады: **«АНДА АГА (АЗ. МЕХДИ (АС)ГА) ЭМНЕ ДЕП САЛАМ ЖӨНӨТӨЙҮН?» АЗРЕТИ: «САЛАМ БОЛСУН САГА ЭЙ БАКИЙЕТУЛЛАХ ДЕП» ДЕДИ.**

# АЗ. МЕХДИ (АС)ГА ПАЙГАМБАРЫБЫЗ (САВ)ДЫН КАЙРЫЛГАН АТТАРЫ

Аз. Мехди (ас) **бейиштин павлини (кооздугу).** *(Bihar-ül Envar, 51-том, 105-бет)*

«Кыямат жакындаганда жана ыймандуулардын жүрөгү өлүм, ачарчылык, фитналар, сүннөттөрдүн жоголушу, бидаттардын (кошумчалардын) пайда болушу, жакшылыкка буюруп, жамандыктан тосуу (эмри бил маруф менен нехйи анyл мүнкер) мүмкүндүктөрүнүн жоголушу сыяктуу себептер менен алсыздаган кезде **менин урпактарымдан Аз. Мехди (ас)** менен Улуу Аллах сүннөттөрдү жандандырат. Анын адилеттиги жана берекеси менен ыймандуулардын жүрөгү бейпил болуп, Ажем (Арап эместер) менен Арап элдери арасында бир туугандык менен сүйүү орнойт.» *(Kitab-ül Burhan Fi Alameti-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, 66-б.)*

Аз. Имам Хүсейин (ас)дын мындай дегени риваят кылынган: «Аз. Мехди (ас) кыям кылганда (чыкканда) эл аны тааныбайт. Себеби **АЛ (АЗ. МЕХДИ (АС)) ЭЛГЕ СУЛУУ ӨҢДҮҮ БИРӨӨ БОЛУП КЕЛЕТ**...» *(Ikd-üd Dürer, 41-б.)*

«МАВЕРАННАХРДАН БИР ЗАТ (АЗ. МЕХДИ (АС)) ЧЫГАТ, **АНЫ ЭЛЬ-ХАРИС (АРСТАН) ДЕШЕТ.** Анын аскерлеринин башчысы болгон бир адам бар, аны болсо Мансур дешет. Ал Эль-Харис Курейш Расулуллах (сав)га шарттарды даярдаган сыяктуу, ал да Ал-и Мухаммедге шарттарды даярдайт же аларды жайгаштырат (риваят кылгандар күмөн кылышкан). Ар бир ыймандууга ага жардам берүү же чакырыгына жооп берүү (риваят кылгандар күмөн кылышкан) важиб (зарыл)». *(Ebu Davud, Mehdi 1, (2452)), Риваят кылган: Аз. Хилал Ибну Амр (р.а.), (Et-Tac, Ali Nâsıf el-Hüseynî, 5-т., 617-б.), (Sünen-i Ebu Davud Tercemе ve Şerhi, Şamil Yayınevi: 14/410)*

# АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН БИР ЫСМЫ «АРСТАН (АРСЛАН)»

**МАВЕРАННАХРДАН БИР ЗАТ (АЗ. МЕХДИ (АС)) ЧЫГАТ, АНЫ ЭЛЬ-ХАРИС (АРСТАН) ДЕШЕТ.** Анын аскерлеринин башчысы болгон бир адам бар, аны болсо Мансур дешет. **Ал Эль-Харис Курейш Расулуллах (сав)га шарттарды даярдаган сыяктуу, ал да Ал-и Мухаммедге шарттарды даярдайт же аларды жайгаштырат** (риваят кылгандар күмөн кылышкан). **Ар бир ыймандууга ага жардам берүү же чакырыгына жооп берүү** (риваят кылгандар күмөн кылышкан) **важиб (зарыл).** *(Ebu Davud, Mehdi 1, (2452)), Риваят кылган: Аз. Хилал Ибну Амр (р.а.), (Et-Tac, Ali Nâsıf el-Hüseynî, 5-т., 617-б.), (Sünen-i Ebu Davud Terceme ve Şerhi, Şamil Yayınevi: 14/410)*

***** «Харис» арстан дегенди билдирет.

Нуманинин Гайбети: «Эй ыймандуулардын Мырзасы, бизге сенин Аз. Мехди (ас)ың жөнүндө кабар бер.» Ыймандуулардын мырзасы мындай деди: **«... АЗ. МЕХДИ (АС) ДАЯРДЫКТУУ, ТААСИРИ КҮЧТҮҮ, ЖЕҢИШТҮҮ (ИЙГИЛИКТҮҮ) БИР АРСТАН...»** *(Kitab-ül Gaybet, [Bihar-ul Envar, 51-т.], Ansariyan Yayıncılık, Derleyen: Muhammed Bakır el-Meclisi, İran-Kum, 2003, 184-б.)*

# АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ТЫШКЫ КӨРҮНҮШҮ

Пайгамбарыбыз (сав) Аз. Мехди (ас)дын мүнөзү жана илимий күрөшүнөн тышкары, тышкы көрүнүшүн да майда-баратына чейин сүрөттөгөн. Пайгамбарыбыз (сав)дын Аз. Мехди (ас) жөнүндөгү сүрөттөөлөрү ушунчалык терең жана ачык болгондуктан, Аз. Мехди (ас) чыкканда аны көргөндөр бул сүрөттөөлөрдөн аны ошол замат таанышат.

Бир аятта Ахли Китаптын (мурда китеп берилгендер – иудей, христиандар) Пайгамбар Мырзабыз (сав)ды **«балдарын тааныган сыяктуу»** таанышаары айтылат:

**Биз китеп бергендер аны (пайгамбарды) өз балдарын тааныган сыяктуу таанышат. Ошого карабастан, алардын бир бөлүгү чындыкты билип туруп, жаап-жашырышат. (Бакара Сүрөсү, 146)**

Бул аят ишарат маанисинде Аз. Мехди (ас)дын таанылышына да ишарат кылууда. Аз. Мехди (ас) да чыкканда, Пайгамбарыбыз (сав)дын сүрөттөөлөрүнүн негизинде адамдар аны балдарын тааныган сыяктуу таанышат. Бирок ошого карабастан, кээ бир адамдар ал куттуу инсанды таанымаксан болушат жана аны танышат.

# АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ТЫШКЫ КӨРҮНҮШҮНҮН ТААНЫЛЫШЫНДАГЫ ТАҢ КАЛЫШТУУ ДЕТАЛЬДАР

**Пайгамбарыбыз (сав) хадистеринде андан кийинки кылымдарда боло турган окуялар же адамдардын эч бири жөнүндө Аз. Мехди (ас) жөнүндөгүчөлүк көп жана детальдуу маалымат берген эмес.** Хадистерде Аз. Мехди (ас) менен бирге Аз. Иса (ас)дын да акыр заманда жер бетине экинчи жолу келээри жана дажжалдын да чыгаары кабар берилген. Бирок Аз. Иса (ас) жөнүндө да, дажжал жөнүндө да Аз. Мехди (ас)чалык таң калыштуу жана детальдуу маалыматтар берилген эмес.

Хадистерде Аз. Мехди (ас)дын кулк-мүнөзү, жашоосу жана кыла турган иштеринчелик, тышкы көрүнүштөрү жөнүндө да таң калыштуу терең сүрөттөөлөр орун алган. Алардын баарын чогуу караганда, ал өзгөчөлүктөрдүн кандайдыр бир адамда кокустан чогулуп калбашын түшүнүүгө болот.

Бул ошол эле учурда Мусулмандардын Аз. Мехди (ас)ды эң туура таанып, аныкташынын канчалык маанилүү экенин көрсөтүүдө. Жакынкы

жылдары таанылып чыга турган Аз. Мехди (ас)га жолукканда, иншаАллах (Аллах каалаcа), бүт Мусулмандар Пайгамбарыбыз (сав)дын хадистеринде Аз. Мехди (ас)дын тышкы көрүнүштөрү жөнүндө айтылган бүт таң калыштуу терең сүрөттөөлөрдүн тууралыгын өз көздөрү менен көрүшөт.

Пайгамбарыбыз (сав)дын хадистеринде **Аз. Мехди (ас)ды таанытуучу денесиндеги детальдуу ишараттардын ар биринин өз орду айтылып, ар бирине өзүнчө аттар колдонулган.** Кээ бири **МЕҢ**, кээ бири **ИЗ**, кээ бири **ИШАРАТ**, кээ бири **МӨӨР** же **БЕЛГИ**, кээ бири **ЖАЛБЫРАК** деп аталып, кээ бири болсо **БЕРМЕТ** же **ЖЫЛДЫЗ**га окшотулган.

Мындан тышкары, **Аз. Мехди (ас)дын терисинин, чачынын жана сакалынын түсү, бою, дене түзүлүшүнүн бүт детальдары, жүзүнүн жалпы өзгөчөлүктөрү, башынын жана маңдайынын формасы, мурдунун, каштарынын, тиштеринин өзгөчөлүктөрү сыяктуу таанытуучу сыпаттары да укмуш терең сүрөттөлгөн.**

Мисалы, бир хадисте Пайгамбарыбыз (сав) **«Аз. Мехди (ас)дын ОҢ бутунда КАРА бир ИЗ болоорун»** айткан. Бирок көңүл бурулган болсо бул жерде бир изден эле сөз болгон жок, ал издин КАРА экени, ОҢ БУТУНДА болоору сыяктуу так аныктоочу детальдар да берилген. Төмөндөгү хадистерден Пайгамбарыбыз (сав) Аз. Мехди (ас)дын тышкы көрүнүшү жөнүндө берген маалыматтарды терең көрө алабыз.

# АЗ. МЕХДИ (АС) СУЛУУ ЖАНА НУРДУУ

Ал (Аз. Мехди (ас)) сулуу бир жигит, жүзү сулуу. **ЖҮЗҮНҮН НУРУ** башына жана чачтарынын карасына чейин көтөрүлөт. *(Mehdilik ve İmamiye, 153-б.; İkdüd Dürer'den)*

Жүзү жаркыраган **ЖЫЛДЫЗ СЫМАЛ НУРДУУ.** (El-K*avlu'l Muhtasar Fi Alamatil Mehdiyy-il Muntazar, 33-б. /Kitab-ül Burhan Fi Alamatil-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, 22-б.)*

Пайгамбарыбыз (сав) «Менин урпагымдан 40 жаштагы Мехди. Жүзү асманда **ЖАРКЫРАГАН ЖЫЛДЫЗ СЫЯКТУУ**.» деп айткан. *(Ali b. Sultan Muhammed el-Kari el-Hanefi "Risaletül Meşreb Elverdi fi Mezhebil Mehdi")*

Аз. Мехди (ас) менин урпактарымдан. **Анын жүзү жаркыраган жылдыз сыяктуу.** *(Ukayli "En-Necmu's-sakıb fi Beyanı Enne'l Mehdi min Evladı Ali b. Ebi Talib Ale't-Temam ve'l kamal")*

**СУЛУУ ЖҮЗДҮҮ. ЖҮЗҮНҮН НУРЛАРЫ АГА БИЙИКТИК (СҮР) БЕРЕТ.** *(Mer'iy b. Yusuf b. Ebi bekir b. Ahmet b. Yusuf el-Makdi'si "Feraidu Fevaidi'l Fikr Fi'l İmam El-Mehdi El-Muntazar")*

Ал (Аз. Мехди (ас)) орто бойлуу жана **СУЛУУ ЖҮЗДҮҮ** бир жаш жигит... **ЖҮЗҮНҮН НУРУ чачынын, сакалынын жана башынын каралыгы үстүнө КҮН СЫЯКТУУ ЖАРКЫРАЙТ** жана ага бийиктик (улуулук) берет. *(Ukayli "En-Necmu's-sakıb fi Beyanı Enne'l Mehdi min Evladı Ali b. Ebi Talib Ale't-Temam ve'l kamal")*

Хумран бин Аъйан айтат, Имам Мухаммед Бакыр алейхиссаламга: «...Сенин кожоюнуң **Аз. Мехди (ас)** кең курсактуу, маңдайында из бар, **ЖҮЗҮ СУЛУУЛАРДЫН УРПАГЫ. (Б.А. ЖҮЗҮ СУЛУУ)»** *(Şeyh Muhammed b. İbrahim-i Numani, Gaybet-i Numani, 253-б.)*

**АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ЖҮЗҮ БЕРМЕТ АГЫН ЭСКЕ САЛАТ ЖАНА ЖАРКЫРАГАН ТАЗА ЖҮЗДҮҮ БОЛОТ**

**АЗ. МЕХДИ (АС) МЕНИН УРПАКТАРЫМДАН БИР ЗАТ. ЖҮЗҮ БЕРМЕТ ЖЫЛДЫЗЫ СЫМАЛ.** *(Ebu Davud, Mehdi 1., Kıyamet Alametleri, İsmail mutlu 155-б.)*

## АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ӨҢҮ АРАБТАРДАЙ, Б.А. КАРА ТОРУГА ЧАЛГАН АК БОЛОТ

Араб элинин терисинин (денесинин) өңү Пайгамбар Мырзабыз (сав)дыкы сыяктуу кызылга (кара торуга) аралаш ак. Риваяттарда Аз. Мехди (ас)дын денесинин өңүнүн да ошондой болоору айтылат.

**Аз. Мехди (ас)дын түсү Араби (арабтардыкындай)...** *(İbn Hacer El Mekki; "El-Kavlü'l Muhtasar fi Alamatil Mehdiyy-il Muntazar", 15-75-б.)*

**Аз. Мехди (ас)дын түсү Араби.** *(Muhammed B. Resul Al-Hüseyni El Berzenci, Kıyamet Alametleri, 163)*

**Араб элинин түсү кызылга аралаш ак.**

Аз. Пайгамбар (сав)дын түсү дагы кызылга чалган ак түс эле. Бирок

денесинин көрүнгөн тараптары күн, шамал сыяктуу нерселердин таасири менен кара торуга чалчу. Риваяттардан Аз. Мехди (ас)дын дене түсүнүн да Пайгамбар Мырзабыз (сав) менен бирдей түстө болоору көрүнүп турат.

Риваяттарда Пайгамбарыбыз (сав)дын денесинин түсү мындайча билдирилген:

***• Энес б. Малик (ра) мындай дейт: «Пайгамбар Мырзабыз (сав) орто бойлуу эле; узун да эмес, кыска да эмес эле; көрүнүшү жагымдуу эле. Чачы болсо тармал да эмес, түз да эмес эле. Куттуу (Аллахтын жакшылыгы болгон нерсе, берекелүү) жүздөрүнүн түсү болсо нурдуу ак эле.» (Et-Tirmizi İmam Ebu İ'sa Muhammed, Şemail-i Şerife, 2-том, Hilal Yayınları, Ankara, 1976, 7-8-б.)***

***• Аз. Хасан (ра) алып өткөргөн: «Расулуллах Мырзабыз (сав) табиятынан сөөлөттүү жана сулуу эле. Чачтары тармал менен түздүн арасы эле; өзүнөн-өзү экиге бөлүнгөн болсо аларды башынын эки жагына түшүрчү, андай болбосо бөлчү эмес. Өстүргөн кезде чачы кулак жумшагынан өтчү. Пайгамбар Мырзабыз (сав)дын түсү эзхеръул-левн (өтө ак жана жаркыраган түс) эле, б.а. нурдуу ак эле. Маңдайы ачык эле. Каштары орок сыяктуу, коюу жана бир-бирине жакын эле. Моюну таза мрамордон жасалган айкелдердин мойну сымал күмүштөй жаркыраган эле. Денесинин бүт бөлүктөрү бир-бирине төп келишип, жарашыктуу бир дене түзүлүшүнө ээ эле...» (Et-Tirmizi İmam Ebu İ'sa Muhammed, Şemail-i Şerife, 1-том, Hilal Yayınları, Ankara,1976, 18-22-23-б.)***

***• Энес б. Малик (ра) мындай дейт: «Расулуллах Мырзабыздын бою өтө узун да, өтө кыска да эмес эле. Түсү болсо таза ак да, коюу кара тору да эмес эле. Чачтары болсо түз да, тармал да эмес эле. Кырк жашына келгенде Аллах Таала Аны пайгамбар кылып жөнөттү. Пайгамбар болгон соң Меккеде 10 жыл, Мединада да 10 жыл жашады жана 60 жаштарында көз жумду. Бул утурумдук дүйнө менен коштошкондо, чачы менен сакалында 20 кыл ак чач жок эле.» (Сүнени Тирмизи котормосу, Которгон: Осман Зеки Молламехметоглу (Osman Zeki Mollamehmetoğlu), Yunus Emre Yayınevi, İstanbul, 4-том, 201-б.)***

***• «Мырзабыз (сав) ак-кызгылт аралаш өңдө эле. Көздөрү кара, кирпиктери коюу жана узун эле.» (Аз. Али (р.а.), G.Ahmed Ziyaüddin, Ramuz El Hadis, 2-том, Gonca Yayınevi, İstanbul, 1997, 519/4-б.)***

***• Энес б. Малик Аз. Пайгамбар (сав)дын түсү жөнүндө мындай деди: Ак эле. Бирок кара торуга чалган ак эле. (İbni Kesir, Şemail'ür- Resul, 28-б.)***

# АЗ. МЕХДИ (АС) АЧЫК ӨҢДҮҮ БОЛОТ ЖАНА ПАЙГАМБАРЫБЫЗ (САВ)ДЫКЫНА ОКШОШ ТҮСТӨ ЭКИ МЕҢИ БОЛОТ

Эбу Жафер Имам Мухаммед Бекир (ас) Азрети ата-бабалары аркылуу Эхли Бейттин лидери, Азрети, Ыймандуулардын Амири (ас)дын минбардан айткандарын алып баяндаган: **«АКЫР ЗАМАНДА УРПАКТАРЫМДАН БИР КИШИ (АЗ. МЕХДИ (АС)) ЧЫГАТ, АК ТҮСКӨ АРАЛАШ АЧЫК ТҮСТҮҮ БОЛОТ, ... ПАЙГАМБАРДЫН ӨҢҮНДӨ ЭКИ ЭТ МЕҢИ БОЛОТ. АЛ (АЗ. МЕХДИ (АС)) КӨТӨРҮЛӨТ.»** *(İmam Hz. Mehdi (as)'ın Hayatı (Имам Аз. Мехди (ас)дын өмүрү), Allame Bakır  Şerif el- Kureyşi (Алламе Бакыр Шериф эль-Курейши))*

«Мехди менин неберелеримден. ... **ТҮСҮ АРАБТАРГА, ДЕНЕСИ ИЗРАИЛ УРПАКТАРЫНА ОКШОШ. ...**».

*[El-Beyan fi Ahbari Sahib-üz Zaman]*

# АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ИЙИНИНДЕ ЭЛЧИЛИК МӨӨРҮ БАР

Куттуу хадистерде айтылышынча, Аз. Мехди (ас)дын эки ийини арасында Аз. Мухаммед (сав)дагы сыяктуу анык бир алаамат болгон «пайгамбарлык мөөрү» болот.

Аз. Мехди (ас)дын **ийининде Пайгамбар Мырзабыз (сав)дагы пайгамбарлык мөөрү болот.** *(El-Kavlu'l Muhtasarr Fi Alamatil Mehdiyy- il Muntazar, 41-б.)*

**Ийининде Пайгамбар (сав)дын алааматы бар.** */Kitab-ül Burhan Fi Alamet-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, 23-б.)*

**Ийининде Пайгамбар (сав)дын белгиси бар.** *(Kıyamet Alametleri (Кыямат алааматтары), Berzenci (Берзенжи), 163-б.)*

Пайгамбарыбыз (сав) Аз. Мехди (ас)дын денесинде **ПАЙГАМБАРЫБЫЗ (САВ)ГА ТИЕШЕЛҮҮ БИР АЛААМАТ** болоорун кабар берген. Башка хадистерде болсо **БУЛ АЛААМАТТЫН**

**ПАЙГАМБАРЫБЫЗ (САВ)ДЫН ПАЙГАМБАРЛЫК МӨӨРҮ ЭКЕНИ** айтылган жана **ПАЙГАМБАРДЫН БЕЛГИСИНЕ** окшотулган. Бул дагы Аз. Мехди (ас)га байланыштуу өтө маанилүү дагы бир таң калыштуу маалымат.

Белгилүү болгондой, **МӨӨРДҮН ӨЗГӨЧӨЛҮГҮ КОЮУ ТҮСТӨ БОЛУШУ жана ТЕРИНИ КАПТАГАН БИР ТҮЗҮЛҮШТӨ БОЛОТ**.

Мындан тышкары, Аз. Мехди (ас)дын аркасындагы бул мең үчүн да анык критерий айтылып, орду так көрсөтүлгөн. Риваяттарда ар пайгамбардын оң колунун үстүндө пайгамбарлык мөөрү болоору кабар берилген. Пайгамбарыбыз Аз. Мухаммед (сав)дын пайгамбарлык мөөрүнүн болсо шемаили шерифинде (дене сүрөттөлүшүндө) «сол далысында дененин бетинде, жүрөгүнүн тушунда» экени айтылган. Ошондуктан хадистерде «Аз. Мехди (ас)дын ийининде Пайгамбар Мырзабыз (сав)дагы пайгамбарлык мөөрүнүн болоорунун айтылышы» Аз. Мехди (ас)дын да **«АРКАСЫНДА СОЛ ДАЛЫ СӨӨГҮНҮН БЕТИНДЕ, ЖҮРӨК ТУШУНДА КОЮУ ТҮСТӨ ЧОҢ БИР МЕҢ БОЛООРУН»** көрсөтүүдө.

## Расулуллах (сав)дын пайгамбарлык мөөрү

***Жабир б. Семүре (ра) айтып берген:***

**Мен Расулуллах Мырзабыз (сав)дын далы сөөктөрү арасында жайгашкан пайгамбарлык мөөрүн көрдүм.** *(Et-Tirmizi İmam Ebu İ'sa Muhammed, Şemail-i Şerife, 1-том, Hilal Yayınları, Ankara, 1976, 36-б.)*

Эбу Саид б. Йезидден риваят кылынган: **көзүм Пайгамбарыбыз (сав)дын эки далысы арасындагы мөөргө урунду.** *(Sünen-i Tirmizi (Сүнени Тирмизи), 6/126)*

Аз. Алинин неберелеринен Ибрахим б. Мухаммед (ра) алып айтып берген:

Чоң атам Аз. Али Пайгамбар Мырзабыз (сав)дын өзгөчөлүктөрүн айтып берип жатып, Расулуллахтын Хилйеси (сонун сыпаттар, кооздук, зыйнат, жасалга, сулуу жүз, көрүнүш) жөнүндөгү хадисти толук айтат жана:

**«Далы сөөктөрү арасында пайгамбарлык мөөрү бар эле. Жана Ал пайгамбарлардын акыркысы» дечү.** *(Et-Tirmizi İmam Ebu İ'sa Muhammed, Şemail-i Şerife, 1-том, Hilal Yayınları, Ankara, 1976, 38-б.)*

# АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН АРКАСЫНДА ЖАЛБЫРАККА ОКШОШ БИР МЕҢ БАР

Эбу Басир мындай дейт: Имам Мухаммед Бакыр же Жафери Садык алейхиссалам мындай деп айтты: «... (Аз. Мехди (ас)дын) **эки далы сөөгүнүн арасында бир мең бар. СОЛ ДАЛЫ СӨӨГҮНҮН СОЛ АСТЫҢКЫ ТАРАБЫНАН БИР ЖАЛБЫРАК БАР, МИРТ ЖАЛБЫРАГЫ СЫЯКТУУ.»** *(Şeyh Muhammed b.İbrahim-i Numani, Gaybet-i Numani, 253-б.)*

Хадисте Аз. Мехди (ас)дын аркасындагы бул меңдин орду да өтө терең айтылып, ЭКИ ДАЛЫ СӨӨГҮНҮН ОРТОСУНДА; СОЛ ДАЛЫ СӨӨГҮНҮН СОЛ АСТЫҢКЫ ТАРАБЫНДА экени белгиленген. Меңдин түзүлүшү да өтө терең сүрөттөлүп, «МИРТ ДАРАГЫНЫН ЖАЛБЫРАГЫНА» окшотулган. Бул жердеги «ЖАЛБЫРАК»ка окшоштуруудан меңдин «дарак жалбырагын эске сала турган абалда четтери бар, асты жагынан жогорураакта четтери орун алган бир мең экени», ошол эле учурда «соолуган бир жалбырак өңүндө; б.а. сары же теринин өңүндөгү бир мең экени» көрүнүп турат.

## АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ДЕНЕСИ ИЗРАИЛ УРПАКТАРЫ СЫЯКТУУ

**Аз. Мехди (ас)дын бою, келбети Бани Израил (Израил урпактары) төрөлөрү сыяктуу.** *(El-Kavlu-l Muhtasar Fi Alamatil Mehdiyy-il Muntazar, 36 29)*

**(Аз. Мехди (ас)дын) Денеси Израил денеси.** *(Kitab-ül Burhan Fi Alamet-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, 24)*

Аз. Мехди (ас) **Бани Израилден бир адамдай.** *(Кыймылы аларга окшошот, б.а. сөөлөттүү жана энергиялуу.) (Kitab-ül Burhan Fi Alamet-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, 23 30)*

Абдуллах б. Харрис мындай дейт: **АЗ. МЕХДИ (АС) кырк жашында турат жана (көрүнүшү жагынан) ИЗРАИЛ УРПАКТАРЫНА ОКШОШОТ.** *(Kitab-ul Havi li'l Feteva, 2-т., 135-б.)*

## АЗ. МЕХДИ (АС) БАСЫШЫ СЫРТТЫ КӨЗДӨЙ БОЛОТ

Бир өзгөчөлүгү – бул басып баратканда **сандарынын ачык жана бир-биринен алыс болушу.** *(El-Kavlu'l Muhtasar Fi Alamatil Mehdiyy-il Muntazar, 32-б.)*

## АЗ. МЕХДИ (АС) СҮЙЛӨП ЖАТКАНДА БАСЫМ ЖАСОО ҮЧҮН КОЛУН КОЛДОНОТ

Хадисте **«Аз. Мехди (ас) сүйлөп жатканда колун да колдоноору; сүйлөп жатканда сөздөрүнө басым жасагысы келгенде колун кыймылдатаары жана адамдардын болсо анын бул кыймылдарын көрөөрү»** кабар берилген:

Аз. Мехди (ас) ... жай жана оор сүйлөгөн кезде **ОҢ КОЛУН СОЛ ТИЗЕСИНЕ УРАТ.** *(İmam Suyuti (Имам Суйути), Kıyamet Alametleri (Кыямат алааматтары), Ölüm ve Diriliş (Өлүм жана тирилүү)*, 174-б.)

## АЗ. МЕХДИ (АС) ОРТО БОЙЛУУ БОЛОТ

Аз. Мехди (ас) **орто бойлуу болот.** *(El-Kavlu'l Muhtasar Fi Alamatil Mehdiyy-il Muntazar, 41-б.)*

Эбу Абдуллах Нуайм б. Хаммаддын Эбу Жафер б. Мухаммед б. Али Эль-Бакырдан риваяты боюнча, Аз. Алиден Аз. Мехди (ас)дын өзгөчөлүктөрү суралды, ал болсо мындай жооп берди: «Ал (Аз. Мехди (ас)) **орто бойлуу** жана сулуу жүздүү бир жаш жигит...» *(Ukayli "En-Necmu's-sakıb fi Beyanı Enne'l Mehdi min Evladı Ali b. Ebi Talib Ale't-Temam ve'l kamal")*

Пайгамбар Мырзабыз (сав) да, хадистерде Аз. Мехди (ас) үчүн айтылгандай, орто бойлуу. Риваяттарда мындайча айтылат:

Энес б. Малик риваяттарда мындай деди: **«Расулуллах (сав) орто бойлуу эле.»**
*(Tirmizi (Тирмизи), Şemail-i Şerif (Шемаили Шериф)*, 15-б.)

## АЗ. МЕХДИ (АС) СӨӨЛӨТТҮҮ КИШИ БОЛОТ

Ал (Аз. Мехди (ас))... **сөөлөттүү бир инсан.** (İkdüd dürer)

Аз. Мехди (ас) Бани Израилден бир адамдай. (Кыймылы аларга окшошот, **б.а. сөөлөттүү жана энергиялуу.**) *(Kitab-ül Burhan Fi Alamet-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, 23-30)*

## АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН САКАЛЫ КОЮУ БОЛОТ

(Аз. Мехди (ас)дын) **Сакалы коюу болот.** *(El-Kavlu'l Muhtasar Fi Alamatil Mehdiyy-il Muntazar, 23-б.)*

(Аз. Мехди (ас)дын) Сакалы коюу. *(Kıyamet Alametleri, Berzenci (Берзенжи), 163-б.)*

... (Аз. Мехди (ас)) Кара чачтуу. **Кара сакалдуу**. *(Mer'iy b. Yusuf b. Ebi bekir b. Ahmet b. Yusuf el-Makdi'si "Feraidu Fevaidi'l Fikr Fi'l İmam El-Mehdi El-Muntazar")*

... (Аз. Мехди (ас)дын) Жүзүнүн нуру **чачынын, сакалынын жана башынын карасы үстүнө күндөй жаркырайт** жана ага бийиктик берет. *(Ukayli "En-Necmu's-sakıb fi Beyanı Enne'l Mehdi min Evladı Ali b. Ebi Talib Ale't-Temam ve'l kamal")*

Аз. Мехди (ас) **коюу сакалдуу**... *(Mer'iy b. Yusuf b. Ebi bekir b. Ahmet b. Yusuf el-Makdi'si "Feraidu Fevaidi'l Fikr Fi'l İmam El-Mehdi El-Muntazar")*

## АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН САКАЛЫ КАПТАЛДАРЫ АЗ, ТӨМӨН ТАРАБЫ БОЛСО УЗУН БОЛОТ

**... (АЗ. МЕХДИ (АС)) ОРТО БОЙЛУУ, КАРА ТОРУ, МЕЖЗУМ (КЫСКА САКАЛДУУ), КЕВСЕЖ (САКАЛЫ КАПТАЛДАРЫНДА АЗ, ТӨМӨН ТАРАБЫ УЗУН); ... БИР АДАМ, АНЫ ШУАЙБ БИН САЛИХ ДЕШЕТ. АК КИЙИМЧЕН, КАРА ЖЕЛЕКТҮҮ 4000 КИШИНИН БАШЧЫСЫ...**.** *(Fetava-i Hadîsiyye, Ebü'l-Abbas Şehabeddin Ahmed İbn Hacer el-Heytemi-41)*

Пайгамбарыбыз (сав) Аз. Мехди (ас) жөнүндө кабар берген детальдардын бири Аз. Мехди (ас)дын сакалы менен байланыштуу. Көптөгөн хадисте Аз. Мехди (ас)дын сакалдуу болоорун кабар берген Пайгамбарыбыз

(сав) бул хадисинде болсо ал сакалдын формасы жөнүндө терең маалымат берген. Аз. Мехди (ас)дын сакалынын формасынын капталдары аз, б.а. ичке болуп түшкөн, ылдый тарабы болсо узун бир формага ээ экенин айткан.

Бул хадисте Пайгамбарыбыз (сав) Аз. Мехди (ас)ды Шуайб бин Салих деп атоодо. Хадисти түшүндүргөн улуу Ислам аалымы Хейтеми Азрети Аз. Мехди (ас) үчүн колдонулган Шуайб сөзүнүн «кичинекей топ (шубежик)» маанисинде колдонулганын айтып, бул сөз менен Аз. Мехди (ас)дын көп сандагы каапырларга каршы пикирдик күрөш жүргүзө турган дос-курдаш тобунун санынын өтө аз экени билдирилгенин айткан. Бин Салих сөзү менен болсо Аз. Мехди (ас)дын атасынын да салих (ыкластуу) бир адам экенине көңүл бурулганын айткан. Пайгамбарыбыз (сав) хадисте ак кийимине көңүл бурулган Аз. Мехди (ас) жөнүндө Хейтеми Азрети сахих хадистерге таянып кошумча бир маалымат да берген жана Аз. Мехди (ас)дын бир атынын Харрас, б.а. «Арстан» экенин айткан.

## АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ТИШТЕРИ КООЗ ЖАНА ЖАРКЫРАГАН БОЛОТ

Аз. Али (ра)дан алып айтылган:
«Аз. Мехди (ас)... **алдыңкы тиштери жаркыраган...»**

Ал (Аз. Мехди (ас)) **тиштери жаркыраган**... *(İmam Suyuti (Имам Суйути), Kıyamet Alametleri (Кыямат алааматтары), Ölüm ve Diriliş (Өлүм жана тирилүү), 1699-б., 174-б.)*

## АЗ. МЕХДИ (АС) ЖАШЫЛ КӨЗДҮҮ ЖАНА САКАЛЫ КАПТАЛДАРЫНДА АЗ БОЛГОН БИР КИШИ БОЛОТ

**<u>АЛ (АЗ. МЕХДИ (АС)) ЖАШЫЛ КӨЗДҮҮ,</u> ОРОК КАШТУУ, ИЙИЛГЕН МУРУНДУУ, КОЮУ САКАЛДУУ, <u>ОҢ ЖААГЫН КӨЗДӨЙ САКАЛСЫЗ</u> БИР ЖАШ ЖИГИТ.** (Мехди жөнүндө келген кабарлар *(Nurul Ebsar)Ehl-i Beyt & Oniki İmam, Kutuplar ve Mezhep İmamlarının Menkıbeleri Şeblenci (1250),Tercüme (Котормо): Saim Güngör, (Pamuk Yayıncılık Nisan 2004 Том: 628 77 93) 588-589-б.)*

Пайгамбарыбыз (сав)дан риваят кылынган хадистер Аз. Мехди (ас)дын тышкы көрүнүшү жөнүндө өтө маанилүү маалыматтарды берүүдө.

**1.**

**АЛ (АЗ. МЕХДИ (АС)) ЖАШЫЛ КӨЗДҮҮ ... БИР ЖАШ ЖИГИТ.**

Аз. Мехди (ас) жөнүндө билдирилген куттуу хадистер боюнча, Аз. Мехди (ас)дын көздөрү жашыл болот.

**2.**

**АЛ (АЗ. МЕХДИ (АС)) ... ОРОК КАШТУУ, ... БИР ЖАШ ЖИГИТ.**

Аз. Мехди (ас)ды адамдарга тааныта турган өзгөчөлүктөрүнүн бири – анын каштары ийилген (керме) болот:

**(АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН) КАШЫ ИЙИЛГЕН.** *(Muhammed B. Resul Al-Hüseyni El Berzenci, "Kıyamet Alametleri" Pamuk Yayınları, Trc. Naim Erdoğan, 163-б.)*

**3.**

**АЛ (АЗ. МЕХДИ (АС)) ... ИЙИЛГЕН МУРУНДУУ ... БИР ЖАШ ЖИГИТ.**

Пайгамбарыбыз (сав)дан риваят кылынган хадистер боюнча, Аз. Мехди (ас)дын мурду кичинекей жана түз болот, мурдунун ортоңку бөлүгүндө белгилүү-белгисиз бир дөмпөйүү болот:

**(АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН)** Чачы коюу, маңдайы кенен жана маңдайында бир аз чуңкурча бар. **МУРДУ КИЧИНЕКЕЙ ЖАНА ДАЛ КӨПҮРӨ БӨЛҮГҮНДӨ ӨТӨ КИЧИНЕКЕЙ БИР ДӨМПӨЙҮҮ БАР...** *(Bihar-ül Envar, с. 13)*

**4.**

**АЛ (АЗ. МЕХДИ (АС)) ... КОЮУ САКАЛДУУ ... БИР ЖАШ ЖИГИТ.**

Аз. Мехди (ас)дын сакалы өтө кооз жана коюу болот:

**(АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН) САКАЛЫ КОЮУ.**

*(Muhammed B. Resul Al-Hüseyni El Berzenci, "Kıyamet Alametleri" Pamuk Yayınları, Trc: Naim Erdoğan, 163-б.)*

**(АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН) САКАЛЫ КОЮУ БОЛОТ.**

*(Ahmet İbn-i Hacer-i Mekki (Heytemi), Beklenen Mehdi'nin Alametleri, El-Kavlu'l Muhtasar Fi Alamatil Mehdiyy-il Muntazar, 23-б.)*

**5.**

**АЛ (АЗ. МЕХДИ (АС)) … <u>ОҢ ЖААГЫН КӨЗДӨЙ САКАЛСЫЗ БИР ЖАШ ЖИГИТ.</u>**

Пайгамбарыбыз (сав) Аз. Мехди (ас) жөнүндө берген дагы бир маалымат – бул Мехди (ас)дын сакалынын формасынын ичке формада экени; капталдарынан аз, б.а. жаагы бою ичке болуп түшүп, төмөн тарабы болсо узун бир формага ээ экендиги.

Темим урпактарынан **ОРТО БОЙЛУУ, КАРА ТОРУ, МЕЖЗУМ (ЖУКА САКАЛДУУ), КЕВСЕЖ (САКАЛЫ КАПТАЛДАРЫНДА АЗ, ТӨМӨН ТАРАБЫ УЗУН БОЛГОН; БАШКА БИР МААНИСИ БОЛСО ЙЕМЕН НЕГИЗДҮҮ) БИР АДАМ**; аны Шуайб бин Салих дешет. **АК КИЙИМДҮҮ, КАРА ЖЕЛЕКТҮҮ 4000 КИШИНИН БАШЧЫСЫ.** Аз. Мехди (ас)дын алдыңкысы болот жана ким менен пикирдик күрөшкө кирбесин, согушта ким ага каршы чыкпасын, аны жеңет**. *(Fetava-i Hadîsiyye, İbn-i Hacer-i Heytemi-41)*

# АЗ. МЕХДИ (АС) КЫЛЫЙ КӨЗДҮҮ

Хумран бин Аъйан мындай дейт: Имам Мухаммед Бакыр алейхиссаламга мындай дедим: … «Аз. Мехди (ас) **КЫЛЫЙ КӨЗДҮҮ** (КӨЗДӨРҮ КИЧИНЕ, ТОГОЛОК ЧОҢ ЭМЕС)…» *(Şeyh Muhammed b.İbrahim-i Numani, Gaybet-i Numani 252-б.)*

# АЗ. МЕХДИ (АС) КЕҢ ДЕНЕЛҮҮ

Пайгамбарыбыз (сав) акыр замандын эң улуу кутбу, замандын ээси Аз. Мехди (ас) жөнүндө билдирген маалыматтар арасында Аз. Мехди (ас)дын тышкы көрүнүшү өтө терең кабар берилген. Бул өзгөчөлүктөрдүн бири – бул Аз. Мехди (ас)дын Пайгамбарыбыз (сав) сыяктуу сөөлөттүү (жарашыктуу)

жана денесинин кең болушу. Аз. Мехди (ас)дын кең курсактуу жана кең далылуу болооруна көңүл бурулган. Ошондой эле, Аз. Мехди (ас)дын каштарынын бир-бирине эакын экени, ылдам басканда жандуу, кыймылдуу бир табиятка ээ экени да түшүнүктүү болууда.

(Аз. Мехди (ас)) **Чоң денелүү**... *(Ukayli "En-Necmu's-sakıb fi Beyanı Enne'l Mehdi min Evladı Ali b. Ebi Talib Ale't-Temam ve'l kamal")*

Йахйа бин Нуфальден, ал тургай, Муса бин Жафер (ас) аср намазынан соң колдорун көтөрүп, дуба кылат, андан ким үчүн дуба кылганын сурайм. Ал мындай дейт: Мухаммед (сав) бүлөсүнөн Эль-Мехди үчүн жана минтип улантты: **КЕҢ КУРСАКТУУ, КАШТАРЫ ЖАКЫН, БУТТАРЫ ӨТӨ ЭНЕРГИЯЛУУ, ДАЛЫЛАРЫ КЕҢ..., АНЫН ТҮНҮ АЛЛАХКА МОЮН СУНУП ЖАНА САЖДА КЫЛЫП ЖЫЛДЫЗДАРГА КАРООЛ БОЛОТ, АНЫ КҮНӨӨЛӨГӨНДӨРДҮН ЖАПКАН ЖАЛААЛАРЫ АГА АЛЛАХТЫН АЛДЫНДА ТААСИР БЕРБЕЙТ, АЛ НУР ЧАЧУУЧУ БИР ШАМ ЧЫРАК, АЛЛАХТЫН БУЙРУГУ МЕНЕН ЧЫГАТ.** *(Bihar'ul Envar: 86-81)*

Эбу Жафер Имам Мухаммед Бекир (ас) Азрети бабалары аркылуу Эхли Бейттин лидери, Азрети, Ыймандуулардын Амири (ас)дын минбардан айткандарын алып өткөргөн, **«АКЫР ЗАМАНДА УРПАКТАРЫМДАН БИР КИШИ ЧЫГАТ, ... АЧЫК ЖАНА КЕҢ КУРСАКТУУ БОЛОТ, САН СӨӨКТӨРҮ КЕНЕН ЖАНА ЧОҢ, БЕЛГИЛҮҮ БОЛОТ, ...»** *(İmam Hz. Mehdi (a.s.)'nin Hayatı, Allame Bakır Şerif el- Kureyşi)*

Башка бир хадисте Азрети Али (ас) Имам Мехди (ас)дан мындайча сөз кылат: **«МАҢДАЙЫ КЕНЕН ... АЧЫК ЖАНА КЕҢ КУРСАКТУУ, САНДАРЫ КЕНЕН, ...»** *(Yenabi-ül Mevedde, 423-б.)*

(Аз. Мехди (ас)) **Курсагы чоң, эки саны арасы ачык**... *(Fevaidu Fevaidi'l Fikr Fi'l İmam El-Mehdi El-Muntazar, 13-б.)*

(Аз. Мехди (ас)) **Эки саны арасы ачык**... *(Mer'iy b. Yusuf b. Ebi bekir b. Ahmet b. Yusuf el-Makdi'si "Fevaidu Fevaidi'l Fikr Fi'l İmam El-Mehdi El-Muntazar")*

(Аз. Мехди (ас)дын) **Маңдайы кең.** (Хадис Аз. Мехди (ас)дын башынын да чоң болооруна ишарат кылууда.) *(Ali Bin Hüsamettin El Muttaki, Celaleddin Suyuti'nin Tasnifinden Hadisler (Желаледдин Суйути чогулткан хадистер) - Ahir*

*Zaman Mehdisinin Alametleri, 22-б.)*

## КУРСАГЫНЫН КЕҢ БОЛУШУ

... Курсагы чоң, эки саны арасы ачык...
*(Fevaidu Fevaidi'l Fikr Fi'l İmam El-Mehdi El-Muntazar, s. 13)*

## САН СӨӨГҮ КЕНЕН

Аз. Мехди (ас)дын курсагы кең болгондуктан сандары да кенен (жоон) болот.

Ал (Аз. Мехди (ас)) маңдайы ачык... курсагы чоң, **эки саны арасы ачык...** *(Fevaidu Fevaidi'l Fikr Fi'l İmam El-Mehdi El-Muntazar, 13-б.)*

(Аз. Мехди (ас)) **Эки саны арасы ачык**... *(Mer'iy b. Yusuf b. Ebi bekir b. Ahmet b. Yusuf el-Makdi'si "Fevaidu Fevaidi'l Fikr Fi'l İmam El-Mehdi El-Muntazar")*

## АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН МАҢДАЙЫ АЧЫК ЖАНА КЕҢ БОЛОТ

Аз. Мехдинин маңдайы ачык жана кең болгондуктан, башынын да чоң болоору хадистерден түшүнүктүү болот.

Мехди менден... **Маңдайы ачык**. *(Kitab-ül Burhan fi Alamet-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, 21-б.)*

Аллах Таала менин урпактарымдан **маңдайы ачык**, жер бетин адилеттикке толтуруп, мал-мүлктү адамдарга көп көп бере турган бир урпагымды (Аз. Мехди (ас)ды) жөнөтөт. *(El-Kavlu'l Muhtasar Fi Alamet-il Mehdiyy-il Muntazar, 23-б.)*

Сөзсүз Аллах менин урпактарымдын арасынан **маңдайы ачык (болгон) бир инсанды (Аз. Мехди (ас)) жөнөтөт.** *(Fevaidu Fevaidi'l Fikr Fi'l İmam El-Mehdi El-Muntazar, 11-б.)*

Ал (Аз. Мехди (ас)) **маңдайы ачык**… *(İmam Suyuti, Kıyamet Alametleri, Ölüm ve Diriliş, 1699-б., 174-б.)*

Аз. Мехди (ас)дын **маңдайы ачык**. *(Бул хадисти Эбу Давуд Сүненинде, Хаким болсо Мүстедрек китебинде риваят кылган.)*

## АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН МУРДУ КИЧИНЕКЕЙ ЖАНА ИЧКЕ

Анын маңдайы кең, **мурду болсо ичке болот**. *(Tirmizi (Тирмизи); Büyük Hadis Külliyatı (Чоң хадис жыйнагы), Rudani 5-том, 365-б.)*

… (Аз. Мехди (ас)) **кичинекей мурундуу**… *(Muhammed B. Resul Al-Hüseyni El Berzenci, "Kıyamet Alametleri" Pamuk Yayınları, Trc. Naim Erdoğan, 163-б.)*

«Мехди мен(ин урпактарым)дан. Анын маңдайы ачык жана **МУРДУ ИЧКЕ**. …» *(Ahmed, b. Hanbel II-291, III-17) (Süneni Ebu Davud Terceme ve şerhi (Сүнени Эбу Давуд котормо менен түшүндүрмөсү) 14-том, Şamil yayıncılık, K. el-Mehdi (35), 404-б.)*

(Аз. Мехди (ас)дын) Чачы коюу, маңдайы кең жана маңдайында бир аз чуңкур бар. **МУРДУ КИЧИНЕКЕЙ** жана дал көпүрө бөлүгүндө өтө кичинекей бир дөмпөйүү бар. Жаагында сыртка чыгып турган бир меңи бар. *(Bihar-ül Envar, 13-том)*

Абдулмелик Исами (1111): Меккеде жашаган белгилүү тарыхчылардан. Ал *"Sımt-ul Nucum-il Avali"* аттуу төрт томдук тарых китебинде мындай деп жазат:

**«… АЛ (АЗ. МЕХДИ (АС)) ТОКТОО, СУЛУУ ЖҮЗДҮҮ ЖАНА СУЛУУ ЧАЧТУУ, ИЧКЕ МУРУНДУУ ЖАНА КЕҢ ЖҮЗДҮҮ БИР ЖИГИТ.»** *(Sımt-ul Nucum-il Avali, 4-т., 138-б.) (Hz. Mehdi Aleyhisselam, Abdullah Turan, Al-i Taha, 157-б.)*

Имам Ахме Эбу Йала Семуйех Зийаүъл-Макдиси эль-Мухтареде Эбу Саид (ра)дан риваят кылышы боюнча, Азрети Пайгамбар (сав) мындай деп айткан: **Эхли Бейтимден** чачы тегиз, маңдайы ачык, МУРДУ КАДЫРЕСЕ БИР АДАМ жер бетин андан мурда зулумдукка толтурулган сыяктуу адилеттүүлүккө толтурмайынча кыямат болбойт. *(Muhammed bin Salih ed-*

*Dimaşki, Peygamber (saas) Külliyatı, 202-б.)*

## АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН КАШТАРЫ КЕРМЕ БОЛОТ

(Аз. Мехди (ас)дын) **Кашы керме (ийилген)**. *(Muhammed B. Resul Al-Hüseyni El Berzenci, "Kıyamet Alametleri" Pamuk Yayınları, Trc. Naim Erdoğan, 163-б.)*

## АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ЧАЧЫ КАРА

Эбу Абдуллах Нуайм б. Хаммаддын Эбу Жафер б. Мухаммед б. Али Эль-Бакырдан риваяты боюнча, Аз. Алиден Аз. Мехди (ас)дын өзгөчөлүктөрүнөн суралды, ал болсо мындай жооп берди:

**«... Чачтары далыларынын үстүнө төгүлөт.** Жүзүнүн нуру чачынын, сакалынын жана башынын каралыгы үстүнө күндөй жаркырайт жана ага бийиктик берет.»

(Аз. Мехди (ас)дын) Жүзүнүн нуру башына жана **чачтарынын карасына** чейин көтөрүлөт. *(Mehdilik ve İmamiye, 153-б. / İkdüd Dürer'den)*

(Аз. Мехди (ас)) **Кара чачтуу.** Кара сакалдуу. *(Mer'iy b. Yusuf b. Ebi bekir b. Ahmet b. Yusuf el-Makdi'si ìFevaidu Fevaidi'l Fikr Fi'l İmam El-Mehdi El-Muntazarî)*

(Аз. Мехди (ас)дын) Жүзүнүн нуру **чачынын, сакалынын жана башынын каралыгы** үстүнө күндөй жаркырайт жана ага бийиктик берет. *(Ukayli ìEn-Necmu's-sakıb fi Beyanı Enne'l Mehdi min Evladı Ali b. Ebi Talib Ale't-Temam ve'l kamalî)*

## АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ЧАЧТАРЫ КООЗДУГУ МЕНЕН КӨҢҮЛ БУРАТ

Хадисте Аз. Мехди (ас)дын **«сулуу жүздүү жана сулуу чачтуу»** болоору кабар берилген. Мындан тышкары, **«кең жүздүү»** деген сөз аркылуу башка хадистерде **«маңдайы кең»** экени кабар берилген Аз. Мехди (ас)дын

башынын да Пайгамбар Мырзабыз (сав)дын куттуу башы сыяктуу чоңурaак болоору түшүнүктүү болууда.

Ахмед б. Синан Кирмани Димешки (1019) ахли сүннөттүн белгилүү аалымдарынан жана *«Ahbar-ud Duvel (Ахбар-уд Дувел)»* аттуу китепте мындай деп жазат:

**«... Ал (Аз. Мехди (ас)) ОРТО БОЙЛУУ, СУЛУУ ЖҮЗДҮҮ, СУЛУУ ЧАЧТУУ...»** *(Ahbar-ud Duvel, 117-б. –Хижрий 1382-ж. басылмасы)*

Абдулмелик Исами (1111): Меккеде жашаган белгилүү тарыхчылардан. Ал *"Sımt-ul Nucum-il Avali (Сымт-ул Нужум-ил Авали)"* аттуу төрт томдук тарых китебинде мындай деп жазат:

**«... АЛ (АЗ. МЕХДИ (АС)) ТОКТОО, СУЛУУ ЖҮЗДҮҮ ЖАНА СУЛУУ ЧАЧТУУ, ИЧКЕ МУРУНДУУ ЖАНА КЕҢ ЖҮЗДҮҮ БИР ЖИГИТ.»** *(Sımt-ul Nucum-il Avali, 4-т., 138-б.; Hz. Mehdi Aleyhisselam, Abdullah Turan, Al-i Taha, 157-б.)*

# АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ОҢ БУТУНДА КАРА БИР ИЗ БАР

**(Аз. Мехди (ас)дын) оң бутунда КАРА БИР ИЗ БАР.** *(Şeyh Muhammed b.İbrahim-i Numani, Gaybet-i Numani 251-б.)*

# АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН МАҢДАЙЫНДА БИР МЕҢ БАР

Эбу Басир мындай дейт: Имам Мухаммед Бакыр же Жафери Садык алейхиссалам мындай деди: «Эй Эбу Мухаммед! Каимдин (Аз. Мехди (ас)дын) эки алааматы (же алааматтары) бар. **БАШЫНДА БИР МЕҢ жана бир из бар жана эки далы сөөгүнүн арасында бир мең бар.** *(Şeyh Muhammed b.İbrahim-i Numani, Gaybet-i Numani, 253-б.)*

# АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН МАҢДАЙЫНДА БИР ИЗ (ЖАРА ИЗИ) БАР

Хумран бин Аъйан мындай дейт, Имам Мухаммед Бакыр алейхиссаламга

мындай дедим: «... (Аз. Мехди (ас)дын) **МАҢДАЙЫНДА ИЗ БАР, жүзүндө болсо мең.**» *(Şeyh Muhammed b. İbrahim-i Numani, Gaybet-i Numani, 252-б.)*

Хумран бин Аъйан мындай дейт, Имам Мухаммед Бакыр алейхиссаламга: «... (Аз. Мехди (ас)дын) **МАҢДАЙЫНДА ИЗ БАР, жүзү сулуулардын урпагы. (Б.а. жүзү сулуу)**...» *(Şeyh Muhammed b.İbrahim-i Numani, Gaybet-i Numani, 252-253-б.)*

Эбу Басир мындай дейт: Имам Мухаммед Бакыр же Жафери Садык алейхиссалам мындай деди: «Эй Эбу Мухаммед! Каимдин (Аз. Мехди (ас)дын) эки алааматы (же алааматтары) бар. **БАШЫНДА бир мең жана БИР ИЗ БАР...** *(Şeyh Muhammed b.İbrahim-i Numani, Gaybet-i Numani, 253-б.)*

Аз. Мехди (ас)дын маңдайындагы ал из БИР ЖАРА ИЗИ болуш керек. Мындан тышкары, хадисте «мең» ордуна «из» сөзүнүн колдонулушу ал издин меңден ачыгыраак түстө экенин көрсөтүүдө.

# АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН МАҢДАЙЫ ЖАРКЫРАГАН БОЛОТ

Эбу Саид Эль-Худри Аллахтын Элчиси (сав)дан алып айтат, «Күмөнсүз, Улуу Аллах менин урпактарымдан жана Эхли Бейтимден... **МАҢДАЙЫ ЖАРКЫРАГАН БИРӨӨНҮ ЧЫГАРАТ,** ошентип ал жер бетин адилеттик, бакубаттык жана экономикалык теңдикке толтурат.» *[İkdüd Dürer fi Ekber-i Muntazar, 101-б.]*

# АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН БЕТИНДЕ МЕҢ БАР

Риваяттардан Аз. Мехди (ас)дын бетинде бермет сымал, жылдыздай жаркыраган, б.а. ачык түстөгү бир мең болоору түшүнүктүү болууда:

(Аз. Мехди (ас)дын) **Бетинде бермет сымал, бир жылдыздай жүзүн жаркыраткан бир ишарат бар.** *(Muhammed B. Resul Al-Hüseyni El Berzenci, "Kıyamet Alametleri" Pamuk Yayınları, Trc: Naim Erdoğan)*

Аз. Мехди (ас) коюу сакалдуу, алдыңкы тиштери жаркыраган, **жүзү меңдүү**, маңдайы ачык. *(Mer'iy b. Yusuf b. Ebu Bekir b. Ahmet b. Yusuf el-Makdi'si "Fevaidu Fevaidi'l Fikr Fi'l İmam El-Mehdi El-Muntazar")*

(Аз. Мехди (ас)дын) **Жүзүндө бир мең болот.** *(El-Kavlu'l Muhtasar Fi Alamet-il Mehdiyy-il Muntazar, 41-б.)*

(Аз. Мехди (ас)дын) **Жүзүндө бир мең бар.** *(Ali Bin Hüsameddin El Muttaki)*

Аз. Мехди (ас)дын бетинде БЕРМЕТ СЫМАЛ жана БИР ЖЫЛДЫЗДАЙ жүзүн ЖАРКЫРАТКАН БИР ИШАРАТ бар. Бул жерде да «мең» сөзү эле колдонулбастан, ал меңдин бүт өзгөчөлүктөрү айтылган. «Бермет сымал», «жылдыздай» жана «жаркыраган» сөздөрү ал меңдин формасы жөнүндө да, түсү жөнүндө да терең маалымат камтыйт. Берилген бүт бул маалыматтардан ал меңдин карараак түстө эмес, **ТЕРИ ӨҢҮНДӨ БИР МЕҢ ЭКЕНИ** түшүнүктүү болууда.

## АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН БЕТИНДЕГИ МЕҢ АЗ. МУСА (АС)ДЫН БЕТИНДЕГИ МЕҢГЕ ОКШОШ

Хадисте Аз. Мехди (ас)дын бетиндеги ачык түстүү меңге окшош меңдин Аз. Муса (ас)дын бетинде да бар экенине көңүл бурулган. Аз. Мехди (ас) Пайгамбарыбыз Аз. Мухаммед (сав)дын урпактарынан болот жана бүт пайгамбарлар бир атадан келет. Аллах гендик байланышты да себепчи кылып, Аз. Мехди (ас) менен башка пайгамбарлар арасында окшоштуктар жараткан.

Аз. Мехди (ас)дын түз мурдунун башталышында, эки кашы арасында кичинекей бир чуңкур бар. **Бетиндеги меңи Аз. Муса (ас)дагы сыяктуу сыртка чыгып турат жана жылдыз сыяктуу жаркыраган.** Териси өтө жаркыраган. *(Bihar-ül Envar, 13-том, 243-б. (Фарсча котормо))*

## АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ЖҮЗҮ ТАЗА ЖАНА БЕЙПИЛ

Белгилүү акын Ага Сеййид Хасан Азретиден (Аз. Мехди (ас)дан) сөз кылган: **«СУЛУУЛУГУ ТАЗА ЖҮЗҮНӨН КӨТӨРҮЛӨТ, ЭРТЕ МЕНЕНКИ ЖЕЛ (АНЫН) БЕЙПИЛДИК БЕРҮҮЧҮ ЖҮЗҮНӨН ЖАЙЫЛАТ.»**

*[Minanur Rahman, 2/237]*

«Мехди менин неберелеримден. **ЖҮЗҮ ЖАРКЫРАГАН БИР ЖЫЛДЫЗ СЫЯКТУУ,** ...Асмандарда жана жерде жашаган бүт жандыктар менен канаттуулар дагы анын өкүмдарлыгынан жана халифалыгынан (орун басар) бактылуу болот. Жыйырма жыл бою өкүм сүрөт.»

*[El-Beyan fi Ahbari Sahib-üz Zaman]*

# АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ЖАШЫ

Хадистерде айтылган Аз. Мехди (ас)дын жөнөтүлгөн жаштары анын кызматын баштаган, адамдар аны тааный турган жана иш-аракетин көрө турган жаштарын көрсөтөт.

(Аз. Мехди (ас)дын) **Жашы 30 менен 40 арасында кезде жөнөтүлөт...** Аз. Мехди (ас) менин урпактарымдан. **40 жаштарында.** *(El-Kavlu'l Muhtasar Fi Alamatil Mehdiyy-il Muntazar, 41-б.)*

Аз. Мехди (ас) менин урпактарымдан. Ал **40 жашында**. Жүзү жаркыраган бир жылдыз сыяктуу. *(Mer'iy b. Yusuf b. Ebi bekir b. Ahmet b. Yusuf el-Makdisi "Feraidu Fevaidi'l Fikr Fi'l İmam El-Mehdi El-Muntazar")*

Ал (Аз. Мехди (ас)) жаш бир адам. *(Mer'iy b. Yusuf b. Ebi bekir b. Ahmet b. Yusuf el-Makdi'si "Feraidu Fevaidi'l Fikr Fi'l İmam El-Mehdi El-Muntazar")*

# АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН МАҢДАЙЫНДА БИР АЗ ЧУҢКУР БАР

(Аз. Мехди (ас)дын) Чачы коюу, маңдайы кенен жана **маңдайында бир аз чуңкурайуу бар. Мурду кичинекей жана дал көпүрө бөлүгүндө өтө кичине бир дөмпөгү бар.** Бетинде сыртка чыккан бир меңи бар. *(Bihar-ül Envar, 13-том)*

Хадисте Аз. Мехди (ас)дын кең маңдайындагы бир аз чуңкурайууга көңүл бурулган. Аз. Мехди (ас)дын кичинекей жана түз мурдунун орто бөлүгүндө билинер-билинбес бир дөмпөйүү болот. Хадисте мындан тышкары Аз. Мехди (ас)дын бетиндеги меңдин сыртка чыккан формада экени да кабар берилүүдө.

# АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ТЕРИСИ ЖАРКЫРАГАН

Аз. Мехди (ас)дын жүзү алтын-коло бир металл сыяктуу жаркырайт. **Ушунчалык жаркыраган болгондуктан терисинин чыныгы түсү дээрлик көрүнбөйт.** *(Bihar-ül Envar, 13-том, 263-б.)*

Хадисте Аз. Мехди (ас)дын терисинин сулуулугуна көңүл бурулган. Көптөгөн хадисте жашы өтүп калган кезде да 40 жаштарда көрүнөөрү сүйүнчүлөнгөн Аз. Мехди (ас)дын териси өтө көзгө урунарлык даражада жаркыраган жана чың болот.

# АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ЭКИ КАШЫНЫН АРАСЫНДА КИЧИНЕКЕЙ БИР ЧУҢКУР БАР

Аз. Мехди (ас)дын... **ЭКИ КАШЫ АРАСЫНДА КИЧИНЕКЕЙ БИР ЧУҢКУР БАР...** *(Bihar-ül Envar, 13-том, 243-б., Фарсча котормо)*

Пайгамбарыбыз (сав)дан риваят кылынган хадисте Аз. Мехди (ас)дын эки кашы арасында **(БИР СЫЗЫК АБАЛЫНДА) ТАБИГЫЙ БИР КАБАК ЧУҢКУРУ** бар экени кабар берилген.

# АЗ. МЕХДИ (АС) ЖАШЫ ӨТҮП КАЛГАН КЕЗДЕ ДА ЖАШ КӨРҮНӨТ

Аз. Мехди (ас)дын жашы өткөн убакыт менен бирге бүт адамдар сыяктуу өтөт. Бирок көрүнүшүндөгү жаштык дайыма калат. Аз. Мехди (ас) дайыма болжол менен 40 жаштардагы бир киши көрүнүшүндө болот. Хадисте Аз. Мехди (ас)дын тааныта турган өзгөчөлүктөрүнүн бири катары жаш көрүнүшүнө көңүл бурулушунун себеби – бул акыр заманда адамдардын эрте улгайышы. Чынында эле бүгүн болуп жаткан акыр заманда көп адамдардын жаш туруп эле улгайганы көңүл буруудa. Көп жаштардын терилери эрте эле бырыш басып, көздөрүнүн айланасында сызыктар бат көбөйүп, улгайуу алааматтары эрте пайда болууда. Аз. Мехди (ас)дын жаш көрүнүшүн Аллах коргойт жана жашы өтүп калган кезде да 40 жаштардагыдай көрүнөт.

Жана анын (Аз. Мехди (ас)дын) **ИШАРАТТАРЫНЫН БИРИ – АНЫН**

**КҮНДӨРДҮН ЖАНА ТҮНДӨРДҮН ӨТҮШҮ МЕНЕН УЛГАЙБАШЫ.** *(Muntekab-ül Esar, Lütfullah Gülpaygani, 285-б.)*

Хадистерде берилген бул маалыматтардын ар бири өтө укмуш детальдуу маалыматтар. Пайгамбарыбыз (сав)дын хадистеринде эч ким мынчалык майда-баратына чейин сүрөттөлгөн эмес. Аз. Мехди (ас)дын өмүрү жөнүндөгү бүт маалыматтар сыяктуу, тышкы көрүнүшүндөгү бүт өзгөчөлүктөрүнүн да мынчалык так билдирилген болушу – Аз. Мехди (ас)ды сүйүп күткөн жана аны тааныгысы келген бүт Мусулмандар үчүн бир жагынан өтө маанилүү бир ишарат, экинчи жагынан болсо өтө кубанычтуу бир немат-жакшылык.

Хадистерде билдирилген Аз. Мехди (ас)дын бүт Ислам ааламынын биригишине себепчи болуп Мусулмандардын руханий лидерлигин аркалашы; динге каршы агымдарды таасирсиз кылып Ислам ахлагын бүт дүйнөгө орнотушу; Аз. Иса (ас) менен бирге намаз кылышы жана бүт Христиан ааламынын Исламга кайтышын камсыз кылышы сыяктуу бүт башка алааматтар менен бирге, тышкы көрүнүшүндөгү бул детальдардын да Аз. Мехди (ас)да чогулганын көрүү адамдарда, Аллахтын уруксаты менен, ал чыкканда Аз. Мехди (ас)дын ким экени жөнүндө эч талаш-тартыш калтырбайт.

# АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ПАЙГАМБАРЫБЫЗ (САВ)ГА ОКШОШ КЭЭ БИР ТЫШКЫ КӨРҮНҮШТӨРҮ

**1.** «Аллах Расулу саллаллаху алейхи ва саллам абдан жарашыктуу жана сүйкүмдүү эле. Куттуу жүзү айдын он төртүндөгү толгон ай сыяктуу жаркырачу... **МУРДУ БИР ТОП СУЛУУ ЭЛЕ**... Коюу сакалдуу, чоң көздүү, түз беттүү эле. Оозу кең, **ТИШТЕРИ БЕРМЕТТЕЙ ЖАРКЫРАГАН ЭЛЕ**... Моюну бир күмүш нуру сыяктуу эле... **ЭКИ ДАЛЫСЫ АРАСЫ КЕҢ**, далы сөөктөрүнүн баштары жоон эле...» *(Büyük Hadis Külliyatı (Чоң хадис жыйнагы), Cem'ul-fevaid min Cami'il-usul ve Mecma'iz-zevaid, İmam Muhammed Bin Muhammed bin Süleyman er-Rudani, 5-том, İz Yayıncılık, 31-б.)*

**2.** Энес б. Малик (ра) мындай дейт: «Расулуллах Мырзабыздын бою өтө узун да, өтө кыска да эмес эле. **ӨҢҮ БОЛСО ТАЗА АК ДА, ӨТӨ КАРА ТОРУ ДА ЭМЕС ЭЛЕ. ЧАЧТАРЫ БОЛСО ТҮЗ ДА, ТАРМАЛ ДА ЭМЕС ЭЛЕ.** ... Бул убактылуу дүйнө менен коштошкондо чачы менен сакалында 20 кыл ак чач жок эле.» *(Sünen-i Tirmizi Tercümesi (Сүнени*

*Тирмизи котормосу), Которгон: Osman Zeki Mollamehmetoğlu, Yunus Emre Yayınevi, İstanbul, 4-том, 201-б.)*

**3.** **«РАСУЛУЛЛАХ (САВ) АК, СУЛУУ ЖАНА ТОКТОО** эле.» *(Et-Tirmizi İmam Ebu İ'sa Muhammed, Şemail-i Şerife, 2. cilt, Hilal Yayınları, Ankara, 1976, 7-8-б.)*

**4.** Энес б. Малик (ра) мындай дейт: «Пайгамбар Мырзабыз **ОРТО БОЙЛУУ ЭЛЕ**; узун да эмес, кыска да эмес эле; жагымдуу көрүнүшү бар эле. Чачы болсо тармал да, түз да эмес эле. Куттуу (Аллахтын жакшылыгы бар, берекеттүү) **ЖҮЗҮНҮН ӨҢҮ БОЛСО НУРДУУ АК ЭЛЕ**.» *(Et-Tirmizi İmam Ebu İ'sa Muhammed, Şemail-i Şerife, 2-том, Hilal Yayınları, Ankara, 1976, 7-8-б.)*

**5.** Бера б. Азиб (ра) мындай дейт: «Расулуллах Мырзабыздан **СУЛУУРААК** бирөөнү көргөн жокмун. **ДАЛЫСЫНА ТҮШКӨН ЧАЧТАРЫ БАР ЭЛЕ. ЭКИ ДАЛЫ АРАСЫ КЕҢ ЭЛЕ. БОЮ БОЛСО КЫСКА ДА, УЗУН ДА ЭМЕС ЭЛЕ.**» *(Sünen-i Tirmizi Tercümesi (Сүнени Тирмизи котормосу), которгон: Osman Zeki Mollamehmetoğlu, Yunus Emre Yayınevi, İstanbul, IV-том, 210-б.)*

**6.** Аз. Алинин неберелеринен Ибрахим б. Мухаммед (ра) риваят кылат:

«Чоң атам Аз. Али Пайгамбар Мырзабызды айтып жатканда Аны мындайча сүрөттөчү: «Пайгамбар Мырзабыз **ӨТӨ УЗУН ДА, КЫСКА ДА ЭМЕС ЭЛЕ; АЛ ӨЗ КООМУНУН ОРТО БОЙЛУУСУ ЭЛЕ. ЧАЧТАРЫ ТАРМАЛ ДА, ТҮПТҮЗ ДА ЭМЕС ЭЛЕ; БИР АЗ ТАРМАЛ ЭЛЕ. КУТТУУ ЖҮЗҮНҮН ӨҢҮ КЫЗЫЛГА ЧАЛГАН АК; КӨЗДӨРҮ КАРА; КИРПИКТЕРИ КОЮУ ЖАНА УЗУН; ДАЛЫСЫНЫН БАШТАРЫ ИРИ ТҮЗҮЛҮШТӨ ЭЛЕ. Ал** адамдардын эң жоомарт көңүлдүүсү, эң чынчылы, эң жумшак табияттуусу жана эң дос жандуусу эле. **АНЫ КОКУСТАН КӨРГӨНДӨР АНЫН СҮРҮ АЛДЫНДА ӨТӨ КАТУУ ТОЛКУНДАНЫШЧУ; ЖОГОРКУ СЫПАТТАРЫН БИЛИП МАЕГИНДЕ БОЛГОНДОР БОЛСО,** Аны баарынан көп жакшы көрүшчү...» *(Et-Tirmizi İmam Ebu İ'sa Muhammed, Şemail-i Şerife, 1. cilt, Hilal Yayınları, Ankara,1976, 18-19-б.)*

**7.** Аз. Хасан (ра) алып айтып берген: **«РАСУЛЛУЛЛАХ МЫРЗАБЫЗ ЖАРАТЫЛЫШЫНАН СӨӨЛӨТТҮҮ (АЛЫМДУУ) ЖАНА СУЛУУ ЭЛЕ. КУТТУУ ЖҮЗҮ ТОЛГОН АЙДЫН ЖАРКЫРАШЫ**

**СЫЯКТУУ НУР ЧАЧААР ЭЛЕ. ОРТО БОЙЛУУДАН УЗУНУРААК, АРЫК УЗУНДАН КЫСКА ЭЛЕ.** Чачтары тармал менен түз ортосунда эле; эгер өзүнөн-өзү экиге бөлүнгөн болсо аларды башынын эки тарабына түшүрчү, эгер андай болбосо бөлчү эмес. Өстүргөндө чачы кулак жумшагынан өтчү. **ПАЙГАМБАР МЫРЗАБЫЗ (САВ)ДЫН ӨҢҮ ЭЗХЕРЪУЛ-ЛЕВН (ӨТӨ АК ЖАНА ЖАРКЫРАГАН) ЭЛЕ, Б.А. НУРДУУ АК ЭЛЕ. МАҢДАЙЫ АЧЫК ЭЛЕ. КАШТАРЫ ОРОК СЫЯКТУУ, КОЮУ ЖАНА БИР-БИРИНЕ ЖАКЫН ЭЛЕ.** Моюну таза мрамордон жасалган айкелдердин моюну сыяктуу күмүштөй тунук эле. Денесинин бүт мүчөлөрү бир-бирине төп келишип, **ЖАРАШЫКТУУ ТҮЗҮЛҮШТӨ ЭЛЕ**...» *(Et-Tirmizi İmam Ebu İ'sa Muhammed, Şemail-i Şerife, 1-том, Hilal Yayınları, Ankara,1976, 18-22-23-б.)*

**8.** Эбу Хүрейре (ра) мындай дейт: **«АЗРЕТИ ПАЙГАМБАР КҮМҮШТӨН ЖАРАТЫЛГАНДАЙ НУРДУУ АК ЭЛЕ; ЧАЧТАРЫ БОЛСО БИР АЗ ТАРМАЛ ЭЛЕ.»** *(Et-Tirmizi İmam Ebu İ'sa Muhammed, Şemail-i Şerife, 1-том, Hilal Yayınları, Ankara,1976, 28-29-б.)*

**9. «МЫРЗАБЫЗ (САВ) АККА КЫЗГЫЛТ АРАЛАШ ТҮСТӨ ЭЛЕ...»** *(Hz. Ali (ra), G.Ahmed Ziyaüddin, Ramuz El Hadis, 2-том, Gonca Yayınevi, İstanbul, 1997, 519/4-б.)*

**10. «АЛЛАХ РАСУЛУНУН (ЭЛЧИСИНИН) МАҢДАЙЫ КЕҢ, ОРОК КАШТУУ ЭЛЕ, КАШТАРЫ КОЮУ ЭЛЕ.** Эки кашынын арасы ачык, таза бир күмүш сыяктуу эле... **САКАЛЫ КОЮУ ЭЛЕ. МОЮНУ ӨТӨ СУЛУУ ЭЛЕ, УЗУН ДА, КЫСКА ДА ЭМЕС ЭЛЕ. МОЙНУНУН КҮН МЕНЕН ШАМАЛ КӨРГӨН ТАРАБЫ КУЙМА КҮМҮШ КУМУРА СЫЯКТУУ КҮМҮШТҮН АКТЫГЫ МЕНЕН АЛТЫНДЫН КЫЗЛЫДЫГЫН ЧАГЫЛТКАНДАЙ ЖАРКЫРАЧУ. КӨКҮРӨГҮ КЕҢ ЭЛЕ, КӨКҮРӨГҮНҮН ТҮЗДҮГҮ КҮЗГҮНҮ, АКТЫГЫ БОЛСО АЙДЫ ЭСКЕ САЛААР ЭЛЕ. ДАЛЫЛАРЫ КЕҢ ЭЛЕ. КОЛ МЕНЕН БУЛЧУҢДАРЫ ЧОҢ ЭЛЕ.** Алаканы жибектен да жумшак эле.» *(Huccetü'l İslam İmam Gazali, İhya'u Ulum'id-din, 2-том, Çeviri: Dr. Sıtkı Gülle, Huzur Yayınevi, İstanbul 1998, 820-б.)*

**11.** ... «Нур жүздүү жана **СУЛУУ КЕЛБЕТТҮҮ эле; АРЫК, ИЧКЕ ДА ЭМЕС ЭЛЕ.** ... Чачы менен кирпик жана муруттары коюу эле. Үнү жоон эле. Унчукпай турганда оор басырыктуу (токтоо), **СҮЙЛӨГӨНДӨ БОЛСО АЛЫМДУУ (СӨӨЛӨТТҮҮ)** эле. Алыстан караганда адамдардын эң сулуусу жана эң сүйкүмдүүсү көрүнчү; жакындан караганда болсо жагымдуу көрүнүшү бар эле. Өтө таттуу сүйлөчү. **ОРТО БОЙЛУУ ЭЛЕ**; караган адам

кыска да, узун да эмес экенин сезчү. **ҮЧ КИШИНИН АРАСЫНДА ЭҢ СУЛУУ КӨРҮНГӨНҮ ЖАНА НУР ЖҮЗДҮҮСҮ ЭЛЕ.** ...» *(İbni Sa'd, Tabakat, I, 230-231; Taberani, el-Mu'cem'ül-Kebir, IV, 49, nu:3605, VII, 105, nu:6510; Hakim, el-Müstedrek, III, 9-10; Beyhaki, Delail'ün-Nübüvve, I, 276-284; İbn'Asakir, Tarihu Medineti Dumeşk, III, 314-336, Prof. Dr. Ali Yardım, Peygamberimizin Şemaili, Damla Yayınevi, 3 Baskı, İstanbul, 1998, 48-б.)*

**12.** Жабир б. Семүре (ра) мындай дейт: **«МЕН РАСУЛУЛЛАХ МЫРЗАБЫЗДЫН ДАЛЫ СӨӨКТӨРҮ АРАСЫНДА ЖАЙГАШКАН ПАЙГАМБАРЛЫК МӨӨРҮН КӨРДҮМ. ...»** *(Et-Tirmizi İmam Ebu İ'sa Muhammed, Şemail-i Şerife, 1-том, Hilal Yayınları, Ankara,1976, 36-б.)*

**13.** Эбу Надре (ра) мындай дейт: «Асхабдан Эбу Саид эль-Худриден Расулуллах Мырзабыздын **ПАЙГАМБАРЛЫК МӨӨРҮНҮН** кандай нерсе экенин сурадым. **КУТТУУ АРКАСЫНДА ГҮЛ БҮЧҮРҮ СЫЯКТУУ БИР ТИШТЕМ ЭТ** экенин айтты.» *(Et-Tirmizi İmam Ebu İ'sa Muhammed, Şemail-i Şerife, 1-том, Hilal Yayınları, Ankara,1976, 42-б.)*

**14.** Эбу Хүрейре (ра) мындай дейт: «Мен Расулуллах Мырзабыздан сулуураак бирөөнү көргөн жокмун; күн анын куттуу жүзүндө айланып жүргөндөй эле. **ПАЙГАМБАР МЫРЗАБЫЗДАН ЫЛДАМЫРААК БАСКАН БИРӨӨНҮ ДА КӨРБӨДҮМ;** басып баратканда жер бети буттары астында түрүлүп бараткандай эле. **БИЗ АРТЫНАН БАРАТКАНДА АРТТА КАЛЫП КАЛБАШ ҮЧҮН ЖАНДАЛБАСКА ТҮШЧҮБҮЗ.»** *(Et-Tirmizi İmam Ebu İ'sa Muhammed, Şemail-i Şerife, 1-том, Hilal Yayınları, Ankara, 1976, 157-б.)*

**15.** Аз. Эбу Атабе (ра)дан: **«БАСЫП БАРАТКАНДА КҮЧТҮҮ КАДАМДАР МЕНЕН БАСЧУ.»** *(G.Ahmed Ziyaüddin, Ramuz El Hadis, 2-том, Gonca Yayınevi, İstanbul, 1997, 541/2)*

**16.** Аллах Расулу (Элчиси) адамдардын эң сөзмөрү, **ЭҢ ТАРТИПТҮҮ СҮЙЛӨГӨНҮ ЖАНА ЭҢ ТАТТУУ СӨЗДҮҮСҮ ЭЛЕ** (оозунан бал акчу)! Ал мындай дечү: «Мен арабдын эң фасихимин (катасыз сүйлөгөн. Ачык жана кооз сүйлөгөн).» *(Taberani, Hakim; Huccetü'l İslam İmam Gazali, İhya'u Ulum'id-din, 2-том, котормо: Dr. Sıtkı Gülle, Huzur Yayınevi, İstanbul 1998, 800-б.)*

**17.** Аз. Эбу Умаме (ра)дан: **«АДАМДАРДЫН ЭҢ ЖЫЛМАЙГАН ЖҮЗДҮҮСҮ ЖАНА ЖАГЫМДУУСУ ЭЛЕ.»** *(G.Ahmed Ziyaüddin, Ramuz El Hadis, 2-том, Gonca Yayınevi, İstanbul, 1997, 545/4)*

# АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ЧЫГУУ АЛААМАТТАРЫ (БЕЛГИЛЕРИ)

Аз. Мехди (ас)дын чыгуу алааматтары жөнүндө Пайгамбар Мырзабыз (сав)дын көптөгөн хадистери бар. Ал хадистер көптөгөн атактуу Ислам аалымдарынын китептеринде бизге алып жеткирилген. Бул бөлүмдө ушул хадистердин азыркы заман менен байланышы каралат. Ал хадистердин биз жашап жаткан доордун чөйрө менен шарттарын апачык сүрөттөгөнүн жана жакынкы эле жылдары катары менен ишке ашкан кээ бир өтө маанилүү окуяларды кереметтүү абалда кабар бергенин көрөбүз.

Мурдакы бөлүмдөрдө да айтып кеткендей, Аз. Мехди (ас) чыгышы жана кыямат алааматтары жөнүндөгү хадистердин катары менен ишке ашышы белгилүү бир доорго ишарат кылууда. **Жана бүт алааматтардын Хижрий 14-кылым башынан (1979-1980-жж.) баштап катары менен чыгышы биз жашап жаткан доордун Аз. Мехди (ас)дын жер бетинде жашап жаткан жылдары экенин апачык көрсөтүүдө.**

Төмөндө бир бөлүгү гана каралган жана баары катары менен ишке ашкан бул алааматтарды көрмөксөн болуу аларды дагы бир жолу катары менен ишке ашышы керек деп айтканга тете болот. Чындыгында болсо, бул алааматтар ансыз да бир жолу жана катары менен болуп өттү. Жана бул абал Мусулмандардын Пайгамбарыбыз (сав) кабар берген акыр замандын ичинде жашап жатканын түшүнүшү үчүн жетиштүү. Ишке ашкан бул жүздөгөн алааматка карабастан, «ушул эле алааматтар дагы бир жолу болсун» деп айтуу акыл менен логикага такыр сыйбайт. Чын ыкластуу бир Мусулман үчүн бул алааматтардын Пайгамбарыбыз (сав) айткандай абалда болуп өткөнүн бир жолу көрүү чындап акыр заманда жашап жатканына жана Аз. Мехди (ас)дын иншаАллах (Аллах буйруса) чыкканына ишениши үчүн жетиштүү.

Эми хадистерде кабар берилген Аз. Мехди (ас)дын чыгуу алааматтарынын кээ бирлерин карайлы. Бул жерде Пайгамбарыбыз (сав) кабар берген алааматтардын бир бөлүгү гана каралган, негизи Пайгамбарыбыз (сав) кабар берген жүздөгөн алаамат бар жана **алардын баары Хижрий 1400-жылдан баштап болуп өттү.**

**1) Аз. Мехдинин чыгуу алааматтарынын катары менен болушу**

**2) Фитналардын көбөйүшү**

**3) Аз. Мехди чыгаардан мурда абдан көп киши өлтүрүүлөрдүн болушу**

**4) Дүйнөнүн бардык тарабында хаос жана каргашанын жайылышы**
**5) Аялдар жана балдар да өлтүрүлгөн бузукулуктардын болушу**
**6) Экономикалык кризис Аз. Мехди (ас)дын чыгуу алааматтарынан**
**7) Мусулмандарга кысымчылыктын көбөйүшү**
**8) Мечиттердин бузулушу**
**9) Арамдардын адал саналышы**
**10) Аллахты ачык түрдө тануу**
**11) Иран-Ирак согушу**
**12) Афганистандын басып алынышы**
**13) Евфрат суусунун токтошу**
**14) Рамазан (орозо) айында ай менен күн тутулуулар**
**15) Куйруктуу жылдыздын чыгышы**
**16) Каабага чабуул жана Каабада кан төгүлүшү**
**17) Чыгыш тараптан бир оттун көрүнүшү**
**18) 1979-жылы Стамбулда болгон кеме жарылуусу**
**19) Жалган пайгамбарлардын көбөйүшү**
**20) Диндин жеке кызыкчылыктарга пайдаланылышы**
**21) Чоң окуялардын жана таң калыштуу нерселердин болушу**
**22) Күндөн бир алааматтын болушу**
**23) Чоң шаарлардын жок болушу**
**24) Жер титирөөлөрдүн көбөйүшү**
**25) Чоң бир окуянын болушу**
**26) «Эки тиштүү» куйруктуу жылдыздын көрүнүшү**
**27) Космосто адамдын колуна окшош бир көрүнүштүн пайда болушу**
**28) Чоң селдердин болушу**
**29) Чымчык жана чочко тумоосу Аз. Мехди (ас)дын чыгуу алааматтарынан**
**30) Акыр замандын маанилүү бир алааматы – бул чагылган урушунун көбөйүшү**
**31) Багдаддын оттор менен жок кылынышы**
**32) Ирак армиясынын чөлдө жоголушу**
**33) Ирактыктардын акчасынын калбашы**
**34) Ирак менен Дамаскка эмбарго коюлушу**
**35) Ирактын кайрадан түзүлүшү**
**36) Дамаскта фитналар болушу**
**37) Күнөөсүз жаш балдардын өлтүрүлүшү**
**38) Ирак элинин Дамаскка, түндүккө качышы**
**39) Дамаскта, Иракта жана Арабистанда каргашалар болушу**
**40) Евфрат менен Дижле арасында чоң уруштардын болушу**
**41) Ирак элинин үч топко бөлүнүшү**

**1) Аз. Мехди (ас)дын чыгуу алааматтарынын катары менен болушу**

Аз. Мехди (ас)дын чыгуу алааматтары кабар берилген хадистерде ал алааматтардын катары менен **«бир тасбихтин мончоктору»** сымал болоору айтылат. Чындап эле бул алааматтар катары менен жана Пайгамбарыбыз (сав) айткандай болуп жатат. Хадистерде айтылгандай, дүйнөнүн төрт тарабында каргаша жана анархия көбөйүп, катары менен фитналар, кыргындар жана чоң кырсыктар болуп жатат, жакырчылык менен ачарчылык өсүп, адамдар көп азап тартышууда. Бүт бул алааматтардын катары менен белгилүү бир доордун ичинде болуп жатышы Мусулмандар кылымдардан бери күткөн куттуу инсандын келгенин көрсөтүүдө.

*Мен Эбу Абдуллах Хүсейин бин Алиге мындай дедим «Бул иштен мурун алааматтар барбы?» - Мехдинин чыгышын айтып жатат – Ал «Ооба» деди. Мен «Алар эмнелер?» дедим. Ал: «Бени Аббастын кыйрашы, Сүфйандын чыгышы, Бейдада чөгүш» деди. Мен кайра «Бул иштин узакка созулушунан коркуп жатам» дедим. Ал:* ***«Бул иш тасбих мончоктору сыяктуу катары менен болот.»*** *деди.*

*(Ali Bin Hüsameddin El Muttaki (Али Бин Хүсамеддин Эль Муттаки), Желаледдин Суйути хадис жыйнактары – Ahir Zaman Mehdisinin Alametleri (Акыр Заман Мехдисинин алааматтары), Kahraman Neşriyat (Кахраман Нешрийат), 34-бет)*

***Кыямат аламаттары бири-биринин артынан ишке ашат. Бир тизмектеги мончоктордун катары менен үзүлүшү сыяктуу.***

*(Ramuz-El Ehadis, 277/6; Camiü's-Sagir, 3/167)*

*Абдан аянычтуу абалдар жана көрүнүштөр көрүнөт.* ***Фитналар бири-биринин артынан уланат....***

*(Ali Bin Hüsameddin El Muttaki, Celaleddin Suyuti'nin Tasnifinden Hadisler – Ahir Zaman Mehdisinin Alametleri, Kahraman Neşriyat, sf. 36)*

***Бир фитна болот, мунун артынан башка фитналар болот...***

*(Kitab-ül Burhan Fi Alameti-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, sf. 26)*

**2) Фитналардын көбөйүшү**

«Фитна» сөзү адамдардын дин боюнча сыноолору оордошкон окуяларды, чөйрө жана шарттарды сүрөттөйт. Адамдардын жашоо шарттары оордошкон, Аллах жана дин ар кандай жолдор менен жалганга чыгарылуу

аркылуу адамдардын ыйманын алсыздандырууга, жок кылууга аракет кылынган күчтүү сыноо чөйрөлөрү Ислам булактарында фитна чөйрөсү деп аталат.

Төмөнкү хадис Аз. Мехди (ас)дын чыгышынан мурун момундардын ыймандарынын алсызданаарын жана буга себеп боло турган окуяларды кабардайт:

*Кыямат жакындаганда жана момундардын жүрөгү;* ***өлүм, ачарчылык, фитналар, сүннөттөрдүн жоголушу, бидаттардын (кошумчалардын) пайда болушу, жакшылыкка чакыруу жана жамандыктан тосуу мүмкүнчүлүктөрдүн жоголушу*** *сыяктуу себептер менен алсызданган кезде менин урпактарымдан Мехди аркылуу Женабы Хак (Улуу Аллах) сүннөттөрдү жандандырат. Анын адилети жана берекети менен момундардын жүрөгү бейпил болуп, Ажем (Арап эместер) менен Арап элдери арасында сүйүү, урмат орнойт.*

*(Kitab-ül Burhan Fi Alameti-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, 66-б.)*

Кыскача айтып кете турган болсок, Аз. Мехди (ас)дан мурда төмөнкү окуялар болот:

**1- Өлүм:** Анархия менен көптөгөн кыргындар натыйжасында элдердин жан коопсуздугу азайат жана натыйжада тынчсыздануу күчөйт.

**2- Ачарчылык:** Жашоонун (бүт нерсенин) кымбат болушу себебинен күн өткөрүүнүн оордошу. Балээлер менен табигый кырсыктар натыйжасында жетишпестик, ачарчылыктын көбөйүшү.

**3- Фитналар:** Арамдардын чоң-кичине бүт баарынын арасында болушунча жайылышы жана арамга чакырыктын күчөшү. Ар кандай уятсыздыктын адамдардын көзүнчө жасалышы.

**4- Бидаттардын (кошумчалардын) пайда болушу:** Диндин өзүндө жок, кийин чыгарылган адат-салттардын диндин негиздериндей кабыл алынышы.

**5- Дин ахлагына чакыруу мүмкүнчүлүктөрүнүн жоголушу:** Жакшылыкка буюруп, жамандыктан кайтаруу, кыскасы, динге чакыруу мүмкүнчүлүгүнүн жоголушу натыйжасында пайда болгон боштук.

Фитна чөйрөлөрү ыйманы бекем момундар (ыймандуулар) үчүн ыймандарынын, сабырларынын жана акыреттеги даражаларынын жогорулашына себепчи болсо, алсыз жана үстүртөн ыйманга ээ болгон адамдардын ыймандарын жоготушуна же андан да алсыздашына жол ачат. Аз. Мехди (ас) мына ушундай бир фитна шарттары күчтүү бир доордо чыгат:

***Аз. Мехди (ас) фитналар чыккан бир убакыт аралыгында келет.***

*(Mektubat-ı Rabbani (Мектубаты Раббани), 2-258)*

Башка бир хадисте болсо акыр заманда «батыш» тарапта баш аламандык, фитна жана коркуу болоору кабар берилет:

***Магрибде (батышта) башаламандыктар, фитналар жана коркуу болот.*** *Ачарчылык жана кымбатчылык абдан жайылат. Фитналар көбөйөт.*

*(Ölüm-Kıyamet-Ahiret ve Ahir Zaman Alametleri (Өлүм-Кыямат-Акырет жана Акыр заман алааматтары), İmam Şarani (Имам Шарани), 440-б.)*

Башка бир хадисте болсо Аз. Мехди (ас)дын бүт тарапка жеткен өтө таркаган бир фитна бар кезде чыгаары кабар берилет:

***Эч бир тарап андан жашына албай турган бир фитна болот, бул фитна болгон жерден башка тарапка ылдам жайылат*** *жана бул абал бир чакыруучу (мүнади) асмандан добуш чыгарып: «Эй инсандар, мындан кийин амириңер Мехди» деп айтканга чейин уланат.*

*(El-Kavlu'l Muhtasar Fi Alamatil Mehdiyy-il Muntazar, 23-б.)*

Хадисте бүт адамдарга жете турган, ылдам жайыла турган бир фитнадан сөз болууда. Б.а. бүт адамдар кабардар боло турган, динге жана Аллахка каршы чыгарылган бир фитна адамдардын ыймандарына каршы аракет кылат. Учурда Аллахтын бар экенине жана жаратышына каршы чыгарылган эң чоң жана эң масштабдуу агым – бул материалисттик философия. Бул философия таянган «илимий негиз» болсо – бул «эволюция теориясы». Эч кандай илимий жана логикалык далилге таянбаган, жана акыл менен илимге бүтүндөй туура келбеген бул тантырак теория күчтүү пропаганда, алдамчылык жана көз бойомочулук ыкмалары аркылуу дүйнө жүзүндө белгилүү материалисттик чөйрөлөр тарабынан адамдардын аң-сезимине сиңирүүгө аракет кылынууда.

Учурда эволюция теориясы гезит-журнал, телевизорлор аркылуу кирбеген бир дагы үй, бул теорияны укпаган бир дагы адам дээрлик жок сыяктуу. Бул абал бүт Батыш дүйнөсүнө да, кээ бир Мусулман өлкөлөргө да тиешелүү. Окуу китептерине да киргизилген бул теория ойлоп чыгарган сансыз калп жана көз бойомочулуктар менен жаш кезинен баштап адамдарга сиңирилип, «биз кокустан пайда болдук», «маймылдан келип чыктык» сыяктуу күлкүмүштүү калптар менен адамдарды жаңылтышууда. Биринчи класстан баштап университеттерге чейин жаштардын мээлери эволюционисттик калптар менен жуулууда.

Болгондо да, Пайгамбарыбыз (сав) хадисинде билдирген бүт тарапка кире турган жана ылдам жайыла турган мындай бир фитна учурдагы

технологиялык мүмкүнчүлүктөр (гезит-журнал, телевизор, радио, интернет, космостук байланыш ж.б.) менен гана болушу мүмкүн. Чындап эле ушул күнгө чейин Аллахтын бар экенине, жаратылууга жана динге каршы согуш ачкан, дүйнөлүк масштабга жайылган башка бир фитна мурда болгон эмес. Булардын баары Аз. Мехди (ас)дын чыгуу убактысынын биз жашап жаткан убакка туура келээринин маанилүү ишараттары. Хадисте, мындан тышкары, Аз. Мехди (ас) келген соң бул фитнанын токтошу да айтылууда.

**3) Аз. Мехди (ас) чыгаардан мурда киши өлтүрүүлөр көбөйөт**

Хадистерде Аз. Мехди (ас) чыгаардан мурда дүйнөнүн көп бөлүгүнө жайылган зордук жана каргашалардын болоору, көп кан төгүлөөрү айтылат:

*Ушул окуялар болмойунча, кыямат келбейт... Өлүмдөр жана **кыргындар көбөйөт...***

*(Camiü's-Sagir, 3:211, Müsned, 2:492, 4:391, 392)*

*Шаууальда согуш үндөрү, Зилхижжада согуш жана киши өлтүрүүлөр болот. Дагы Зилхижжеде ажылар тонолот, ал тургай көчөлөр кандан өтө албай турган абалга келет... **Хержүмерж (кан төгүү) көбөйүү менен уланат.***

*(Ali Bin Hüsameddin El Muttaki, Желаледдин Суйути жыйнагынан хадистер – Ahir Zaman Mehdisinin Alametleri, Kahraman Neşriyat, 37-б.)*

*Минага түшүшкөндө, айланалары иттер курчагандай курчалып, уруулар бири-бирине кол салышы менен чоң согуштар болот. **Буттар кан көлү ичинде калат...***

*(Ali Bin Hüsameddin El Muttaki, Желаледдин Суйути жыйнагынан хадистер – Ahir Zaman Mehdisinin Alametleri, Kahraman Neşriyat, 35-б.)*

*Минада көп өлүм боло турган бир согуш болот. **Ал жерде таштарды кан көлүнө тумчуй турганчалык кан агат.***

*(Ali Bin Hüsameddin El Muttaki, Желаледдин Суйути жыйнагынан хадистер – Ahir Zaman Mehdisinin Alametleri, Kahraman Neşriyat, 31-б.)*

***Абдан кеңири таралган жана токтошу мүмкүн эмес сыяктуу бир фитна чыгат...***

*(El-Kavlu'l Muhtasar Fi Alamatil Mehdiyy-il Muntazar, 55-б.)*

***Эч бир тарап андан коргоно албай турган бир фитна чыгат, ал фитна калган жеринен ылдам башка бир тарапка жайылат...***

*(El-Kavlu'l Muhtasar Fi Alamet-il Mehdiyy-il Muntazar, 21-22-б.)*

Бул фитна жана балээлерден акыр замандагы технология мүмкүнчүлүктөрү урматында бүт адамдар кабардар болушат. Окуялар болгон

кезде, окуя болгон жерде өтө аз адам болсо дагы, дүйнө жүзү болуп өткөндөрдөн кабардар болот. Бул болсо акыр заманда массалык маалымат каражаттарынын өнүгүшүнө жана кеңири колдонулушуна бир ишарат. Радио, телевизор, гезит, интернет сыяктуу каражаттар кыргындарды, өлүмдөрдү, кан төгүүлөрдү, адилетсиздиктерди, зулумдукту бүт дүйнөгө угузат жана ал фитналардан бүт адамдар кабардар болушат.

**4) Дүйнөнүн бүт тарабын башаламандык жана каргашалар каптайт**

***Дүйнө херж-ү мерж* ичинде калганда,*** *фитналар чыкканда, жолдор кесилгенде, кээ бирлери кээ бирлерине кол салганда, чоң кичинеге мээримдүүлүк көрсөтпөй, чоңго урмат көрсөтүлбөгөндө, Аллах бул учурда алардан душмандыктын тамырын казып, далалат дарбазаларын колго алат жана башында мен бутуна тургузган сыяктуу, акыр заманда динди бутуна тургузат, мурда зулумдукка толгон дүйнөнү адилеттүүлүккө толтура турган бирөөнү (Мехдини) жөнөтөт. (Kitab-ül Burhan Fi Alameti-il Mehdiyy-il Ahir Zaman)*

*** Херж-ү мерж: Адамдар арасында пайда болгон фитна, фесат (баш аламандык), оор, хаос, тартипсиз чөйрө.**

Хадисте белгилүү бир жер айтылбастан, баш аламандыктын дүйнөнү бүт тарабына жайылаарына ишарат кылынууда. Чындап эле хадис сүрөттөгөндөй,учурда дүйнөнүн бүт тарабында чоң каргашалар, согуштар, кыргындар жана террор окуялары уланууда. Күн сайын жүздөгөн адам себепсиз өлтүрүлүп, мекендеринен чыгарылууда.

**5) Аялдар менен жаш балдар да өлтүрүлгөн фитналар болот**

Аз. Мехди (ас) чыгаардан мурда болгон фитна шарттарында аялдар, жаш балдар, улгайгандар дагы өлтүрүлүп, байкуш күнөөсүз адамдар өлтүрүлөт:

***Бул окуя учурунда бир аялдын өлтүрүлүшү бир камчынын кыймылдатылышы сыяктуу жеңил болот.*** *Бул окуя Мединадан жыйырма төрт мильге чейин жайылат. Андан кийин Аз. Мехдиге баш ийилет.*

*(Ali Bin Hüsameddin El Muttaki, Желаледдин Суйути хадис жыйнактары – Ahir Zaman Mehdisinin Alametleri, Kahraman Neşriyat, 34-б.)*

***Күнөөсүз адамдар өлтүрүлбөстөн, Мехди чыкпайт...***

*(Ali Bin Hüsameddin El Muttaki, Желаледдин Суйути хадис жыйнактары – Ahir Zaman Mehdisinin Alametleri, Kahraman Neşriyat, 35-б.)*

*Бул фитналардын эң акыркысы **күнөөсүз адамдардын өлтүрүлүшү**, ошол учурда гана андан баары ыраазы боло турган иштерди жасоочу Аз. Мехди (ас) чыгат.*

*(Ali Bin Hüsameddin El Muttaki, Желаледдин Суйути хадис жыйнактары – Ahir Zaman Mehdisinin Alametleri, Kahraman Neşriyat, 38-б.)*

***Күнөөсүз адамдар өлтүрүлгөнгө чейин Мехди чыкпайт** жана киши өлтүрүүлөргө жердегилер менен асмандагылар чыдай албай калган кезде чыгат...*

*(El-Kavlu'l Muhtasar Fi Alamet-il Mehdiyy-il Muntazar, 37-б.)*

***Апа, ата, кыз, эркек баарын өлтүрүшөт** жана Ажем (Арап эмес) жана Ирак шаарларын басып алуу менен үммөткө ачуу азап таттырышат. Булардын арасында фитна, зулумдук, жок кылуу жана качуулар болот. (Ali Bin Hüsameddin El Muttaki, Желаледдин Суйути хадис жыйнактары – Ahir Zaman Mehdisinin Alametleri, Kahraman Neşriyat, 36-б.)*

## 6) Экономикалык кризис Аз. Мехди (ас)дын чыгуу алааматтарынан

*Базарлардын текарубу кыямат алааматтарынан. «Базарлардын текарубу деген эмне?» дедим. Төмөнкүлөр: «Бүт баарынын аз таап жатам деп арызданышы...» (Ибни Мердувейх Эбу Хүрейре (ра)дан...) (Kıyamet Alametleri, Patık yayınları, 146-б.)*

*Нуайм б. Хаммад Ибни Месъуддан риваят кылынган бир хадисте Аз. Мехди (ас) чыгаардан мурда сүрөттөлгөн доор «СООДА менен жолдор ТОСУЛГАН жана фитналар көбөйгөн заман» деп сүрөттөлүүдө. Хадистин уландысында болсо Аз. Мехди (ас) доорунда ал фитналардын токтошу кабар берилет: «... Биз Ал (Аз. Мехди (ас)) инсанды издөө үчүн келдик, ФИТНАЛАР АНЫН КОЛУ МЕНЕН ӨЧҮШҮ МҮМКҮН. КОНСТАНТИНОПОЛЬ (СТАМБУЛ) АНЫ МЕНЕН ЭЭЛЕНЕТ. (Б.а. Аз. Мехди (ас) көңүлдөрдү руханий ээлейт, маданий, илимий чоң таасир жаратат.) Биз аны ысмы менен жана апасынын, атасынын ысмы менен жана аскерлери менен тааныйбыз...» (Kitab-ül Burhan fi Alamet-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, 52-б.)*

*(Аз. Мехди (ас) чыгаардан мурда) РЫНОКТУН КЫЙМЫЛСЫЗ (СТАГНАЦИЯДА) БОЛУШУ, АКЧА ТАБУУЛАРДЫН АЗАЙЫШЫ болот. (Kıyamet Alametleri, 148-б.)*

*Бүт адамдар АЗ ТААП ЖАТАМ ДЕП АРЫЗДАНАТ, акчасы үчүн байлар урмат көрөт. (Kıyamet Alametleri, 146-б.)*

*Соода менен жолдор тосулган жана фитналар көбөйгөн кезде...*

*(El-Kavlu'l Muhtasar Fi Alamatil Mehdiyy-il Muntazar, 39-40-б.)*

**7) Мусулмандарга кысымдын көбөйүшү**

Хадистерде акыр заманда Мусулман калктардын оор күндөрдү өткөрөөрү кабар берилет. Ал доордо Мусулмандарды көздөгөн уруштар, согуштар, адилетсиздиктер болот. Учурда жана жакынкы өтмүштө Ислам дүйнөсүнүн ар кайсы аймактарында болгон уруштар жана каргаша чөйрөсү, кээ бир Мусулман өлкөлөрдөгү диктатор башкаруучулар себеп болгон зулумдуктар хадистерде кабар берилген окуялардын болуп баштаганын көрсөткөн далилдерден.

***Руку жана сажда кылгандардын баарын жазаландырат.*** *Зулумдук, бузукулук (фесат) жана фыск чыгарат. Алим жана захиддерди өлтүрөт, көп шаарды басып алат. Кан төгүүнү адал кылып,* ***Ал-и Мухаммедге душмандык кылат...***

*(Ali Bin Hüsameddin El Muttaki, Желаледдин Суйути хадис жыйнактары – Ahir Zaman Mehdisinin Alametleri, Kahraman Neşriyat, 37-б.)*

*Менден кийин халифалар болот. Халифалардан кийин амирлер (өкүмдарлар),* ***амирлерден кийин заалим башкаруучулар келет.*** *Эң аягында Эхли Бейтимден бирөө чыгат.*

*(Kitab-ül Burhan Fi Alamet-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, 84-б.)*

***Ал өлтүрүүчү заалим башкаруучулар себебинен*** *бул үммөткө оор. Ал заалимдер аларга баш ийгендерден башкасын, унчукпагандарды да коркутушат... (Эбу Нуаймдан; Суйути, II т., 64-б.)*

***Бул жерде Мусулмандардын үчтөн бири өлтүрүлөт...***

*(Kitab-ül Burhan Fi Alamet-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, 73-б.)*

**8) Мечиттердин бузулушу**

*Сүфйани кургак бир өрөөндөн чыгат. Келп кабилесинен (уруусунан) кебетеси супсак, катуу жүрөктүү адамдардан бир армия курайт жана алар бардык тарапка зулумдук кылышат.* ***Ал медресе жана мечиттерди бузат,*** *руку жана сажда кылгандардын баарын жазалайт.*

*(Ali Bin Hüsameddin El Muttaki, Желаледдин Суйути хадис жыйнактары – Ahir Zaman Mehdisinin Alametleri, Kahraman Neşriyat, 35-б.)*

**9) Арамдардын адал саналышы**

Бүгүнкү күндө сойкулук, кумар, аракечтик, пайыз, паракорчулук сыяктуу көптөгөн иш-аракеттер арам болгонуна карабастан, көп адамдар тарабынан жана барган сайын көп жасалууда. Болгондо да бул арамдарды

жасагандар макталып, арамга үндөлүүдө, жасабагандар болсо жектелип, басмырланууда. Статистикалык маалыматтар бул көрсөткүчтөрдүн барган сайын өсүп баратканын көрсөтүүдө. Акыркы бир канча он жыл ичинде өтө кеңири тараган бул чекти билбеген, адал, арамга маани бербеген, ар кандай чектен чыгуучулукту кадыресе кабыл алган жашоо модели хадистерде сүрөттөлгөн шартты апачык чагылтууда. Аз. Мехди (ас)дын чыгышынын жарчысы болгон мындай караңгы абал хадистерде төмөнкүчө сүрөттөлөт:

*Бир фитна чыгат, муну башка фитналар ээрчийт жана алгачкылар кийинкилердин кылыч менен согушка кайтышын камчылайт жана андан соң бардык* ***арамдар адал кабыл алына турган бир фитна*** *келет. Андан кийин* ***халифат жер жүзүнүн эң жакшысы (кайырлуусу) болгон Мехдиге үйүндө отурганда келет.***

*(Kitab-ül Burhan Fi Alameti-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, 26-б.)*

***Күфүр (каапырдык) бардык тарапты каптап, хүкмү жамийат ичинде ачык жасалганга чейин*** *Мехди чыкпайт. Ал учурда болгон нерсе... күфүрдүн жайылышы. Анын күчү.*

*(Mektubat-ı Rabbani (Мектубат-ы Раббани), 2-259)*

*Аз. Мехди (ас)* ***бардык арамдар адал саналган чоң бир фитнадан соң*** *чыгат.*

*(El-Kavlu'l Muhtasar Fi Alamatil Mehdiyy-il Muntazar, 23-б.)*

**10) Аллахты апачык тануу**

***Жалпы элге угузулуп жана апачык Аллах Таала танылганга чейин Аз.Мехди (а.с.) келбейт.***

*(Kitab-ül Burhan Fi Alameti-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, 27-б.)*

Бул хадисте Аз. Мехди (ас)дан мурда адамдардын көпчүлүгүнүн ыймансыз же атеист болооруна жана мындан тышкары, алардын мындай тануучулугун (каапырдыгын) маалымат каражаттары аркылуу бүт адамдарга көрсөтүп, апачык жарыя кылаарына ишарат кылынууда. Учурда бул ушунчалык ачык абалга жеткендиктен, Аллахты тангандар «заманбап (модерн)» деп сыпатталып урмат көрүшүп, элдер тануучулукка чакырылууда. **АЛЛАХТЫ АРУУЛАЙБЫЗ**

**11) Иран-Ирак согушу**

Акыр заманда боло турган маанилүү бир согуш хадисте мындайча кабар берилет:

***Шавваль айында көтөрүлүш, Зилкадеде согуш сөздөрү, Зилхижжада***

***болсо согуш болот.***

*(Kıyamet Alametleri (Кыямат алааматтары), Berzenci (Берзенжи), 166-б.)*

Хадисте айтылган Шавваль, Зилкаде жана Зилхижже айлары Иран-Ирак согушунун баскычтарынын даталарына туура келүүдө:

**Шавваль айында көтөрүлүш...**

Иран Шахына биринчи көтөрүлүш 1398-ж. 5-Шавваль (1976-ж. 8-сентябрь)да болгон.

**Зилкадеде согуш сөздөрү, Зилхижжада болсо согуш болот...**

Хижрий 1400-жылы Зилхижже (1980-ж. октябрь) айында Иран-Ирак арасындагы согуш чындап башталган.

Башка бир хадисте болсо бул согуштун детальдары мындайча сүрөттөлөт:

*«Фарис» тараптан келе турган бир коом мындай дейт: «Эй Араптар! Силер көп фанатизмге кеттиңер! Силер буларга керектүү деңгээлде укук бербесеңер, силер менен эч ким достук курбайт... Бир күн аларга жана бир күн силерге берилсин, жана келишим аткарылсын...» Алар «Мутык»ка чыгышат, Мусулмандар ал жерден төмөн «Йазы»га түшүшөт... Мушриктер берки тараптагы (Ракабе) аттуу бир капкара болгон дарыянын жээгине токтошот... Араларында согуш болот: Эки топтон да Аллах жеңишти алып койот...*

*(Kıyamet Alametleri (Кыямат алааматтары), Berzenci (Берзенжи), 179-б.)*

-**«Фарис» тараптан келе турган:** Иран тараптан келе турган
- **Фарис:** Иран - Ирандык (Чоң Лугат)
- **«Йазы»га түшүшөт:** Өрөөн – Ирак өрөөнү
- **Мутык:** Ошол аймактагы бир тоонун аты
- **Ракабе:** Мунайзат скважиналары көп аймак

*«Эй Араптар! Силер көп фанатизмге кеттиңер! Силер буларга керектүү деңгээлде укук бербесеңер, силер менен эч ким достук курбайт...»*

Хадистин бул бөлүгүндө эки тарап арасында ашыкча улутчулдуктан чыккан бир түшүнбөстүк болооруна көңүл бурулууда. Бул пикир

келишпестиктен улам «Йазы»га түшүлүп, согуш башталат. (Йазы: Ирак түздүгү, өрөөнү)

*Эки топтон да Аллах жеңишти алып койот...*

Бул хадис да ишарат кылгандай, Иран-Ирак согушу 8 жылга созулуп, миңдеген адам өлгөнүнө карабастан, бир натыйжа чыккан эмес. Эки тарап тең анык жеңишке жете алган эмес.

**12) Афганистандын басып алынышы**

Таликанга (Афганистанга) жаман болду. Күмөнсүз, Аллах Тааланын ал жерде алтын жана күмүштөн эмес казыналары бар. Ал жерде Аллахты чындап, талап кылынган деңгээлде билген адамдар бар. Алар акыр заман Мехдисинин жардамчылары.

*(Kitab-ül Burhan Fi Alameti-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, 59-б.)*

***Таликанга жаман болду.***

Хадисте Афганистандын Аз. Мехди (ас) доорунда басып алынаарына ишарат кылынууда. Орустар Афганистанды басып алган 1979-жыл Хижрий 1400-жылга, б.а. Хижрий 14-кылымдын башына туура келет. Белгилүү болгондой, хадистерде Аз. Мехди (ас)дын кылымдын баштарында чыгаары айтылган. Аз. Мехди (ас) менен байланыштуу башка көптөгөн алааматтардын да Хижрий 1400-ж. жана Хижрий 14-кылымдын баштарына туура келиши Аз. Мехди (ас)дын чыгышы жөнүндө маанилүү бир ишарат берет.

***Ал жерде алтын жана күмүштөн эмес казыналар бар...***

Риваяттын бул бөлүгүндө Афганистандын табигый байлык булактарына көңүл бурулуп жаткан болушу мүмкүн. Учурда Афганистанда ар кандай себептер менен иштетилип баштала элек чоң мунайзат бассейндери, темир жана көмүр запастары аныкталды.

**13) Евфрат дарыясынын суусунун токтошу**

Евфрат суусунун тосулуп токтотулушу да Аз. Мехди (ас)дын чыгуу алааматтарынан:

Мехдинин алааматтарынан: **Евфрат суусунун токтотулушу.**

*(Kitab-ül Burhan Fi Alameti-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, 39-б.)*

Бул окуянын детальдары жөнүндө башка хадистерде да маанилүү маалыматтар берилген:

**Евфрат (дарыясынын суусу тартылып) кымбат алтын казынасын чыгара турган убакыт жакындап келатат.** Ким ошол кезде ал жерде болсо, андан бир нерсе алууга аракет кылбасын!. (Себеби улгайган дүйнөнүн өмүрү аягына жеткен болот.) *(Sahih-i Buhari (Сахихи Бухари), 12/305)*

Расулуллах: **Евфрат дарыясы алтын бир тоо үстүнөн ачылмайынча кыямат болбойт.** Адамдар ал үчүн согушат жана ар жүз кишиден токсон тогузу өлтүрүлөт, алардын ар бири «аттиң кутулган мен болгонумда» дейт деген. *(Sahih-i Müslim (Сахихи Мүслим), 11/320)*

Расулуллах: **Евфраттын алтын бир тоо үстүнөн ачылышы жакын.** Ал жерде ким болгон болсо, андан эч нерсе албасын! деди. *(Sahih-i Müslim (Сахихи Мүслим), 11/320)*

Расулуллах (сав) мындай деди: **Жакында Евфрат дарыясы алтын казынасын ачыкка чыгарат,** ким ал жерде даяр болсо, андан эч нерсе албасын. (Sünen-i Ebu Davud (Сүнени Эбу Давуд), 5/116)

(Расулуллах:) **«Евфрат дарыясы бир алтын тоосун ачыкка чыгарат»** деди. *(Sünen-i Ebu Davud (Сүнени Эбу Давуд), 5/116)*

**Евфрат дарыясынын суусу тартылып** алтын казынасын чыгара турган убакыт жакындап келатат. Ким ал кезде ошол жерде болгон болсо, ал казынадан эч нерсе албасын. Антпесе, же өлөт же өлтүрүлөт.» *(Хадисти Бухари менен Мүслим риваят кылышкан/ Riyazü's Salihin, 3/332)*

Көрүнүп тургандай, Аз. Мехди (ас)дын чыгышынын маанилүү бир алааматы болгон Евфрат дарыясынын суусунун токтотулушу жана алтындай баалуу бир казынанын чыгышы көптөгөн белгилүү хадис китебинде орун алган. Эми хадистердеги маанилүү сөздөрдү карайлы:

***Расулуллах мындай деди: (1) Евфрат дарыясынын суусу тартылып (2) алтындан бир тоо пайда болмоюнча кыямат болбойт. (3) Бул казынага байланыштуу кытал (кыргын) болот, ар жүздүн токсон тогузу өлөт. (Кыргынга катышкандардан) Ар бири бир гана мен кутулам деп үмүттөнөт.***

***(Хадисти Бухари менен Мүслим риваят кылышкан/ Riyazü's Salihin, 3/332)***

**(1) <u>Евфрат дарыясынын суусу тартылып...</u>**

Суйути азретинин китебинде бул хадис «суунун токтотулушу» деп айтылат. Чындап эле Кебан дамбасы (суу сактагычы) Евфрат дарыясынын суусун токтотту, тосту.

**(2) <u>«алтындан» бир тоо пайда болмоюнча...</u>**

Курулган дамба урматында электр энергиясынын өндүрүлүшү, жыйналган суунун айдоо жерлерге колдонулуп түшүмдүн көбөйүшү жана транспорттун жеңилдеши сыяктуу себептерден улам ал жердеги жерлер «алтындай» кымбат болуп калган.

Жогорудагы схемада да көрүнүп тургандай, дамба бетондон ири бир тоону эске салат. Бул дамбадан (куттуу хадистеги окшотуу боюнча тоодон) алтындай кымбат байлык төгүлүүдө. Ошондуктан дамба «алтын бир тоо» сыпатына ээ болууда. (Аллахуалем)

**<u>(3) Бул казынага байланыштуу кытал (кыргын) (*) болот</u>**

*Кытал: Бир топ адамдын өлүмүнө себеп болгон уруш

Бул аймакта дагы эле уланып жаткан анархия менен кыргын себебинен ал жерден жер алган аймактагы анархиядан жабыр тартышы мүмкүн. Хадисте айтылгандай же өлөт же болбосо өлтүрүлөт.

**14) Рамазан айында ай менен күн тутулуулар**

Аз.Мехди (ас) үчүн 2 алаамат бар, алардын биринчиси – **Рамазандын биринчи түнүндө айдын, экинчиси болсо– ортосунда күндүн тутулушу.** *(El-Kavlu'l Muhtasar Fi Alamatil Mehdiyy-il Muntazar, 49-б.)*

**Рамазандын биринчи түнүндө ай, ортосунда күн тутулат.** *(Кыямат алааматтары, Берзенжи, 199-бет)*

Анын салтанаты учурунда, **Рамазан айынын он төртүндө күн тутулат, ал айдын биринде болсо ай карарат...** *(Мектубат-ы Раббани, 2/1163)*

**... Күндүн орозо айынын ортосунда, айдын болсо аягында тутулушу...** *(Kitab-ül Burhan Fi Alameti-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, 38-б.)*

Аз.Мехди (ас)дын келиши **Рамазан айында айдын эки жолу тутулушуна** себеп болот. *(Кыямат алааматтары, 200-бет)*

Мехди чыгаардан мурда бир Рамазан ичинде **күн эки жолу тутулат**. *(Өлүм-Кыямат-Акырет жана Акыр Заман Алааматтары, Шарани, 440-бет)*

Жогорудагы риваяттарда көңүл бура турган эң негизги жагдай – бул

Рамазан айынын ортосунда күн тутулушунун жана бир ай ичинде «ай» менен «күндүн» эки жолу тутулушунун мүмкүн эмес экендигинин маалымдыгы. Бул кадимки шарттарда мүмкүн эмес бир көрүнүш. Ал эми башка акыр заман алааматтарынын көпчүлүгү адам түшүнө ала турган, себептер тегерегинде боло турган окуялар.

Эгер бул хадистерде сүрөттөлгөн окуялар көңүл коюп каралса, риваяттар арасында ар кандай айырмачылыктар бар экени көзгө урунат. Жогорудагы 1, 2 жана 3-риваяттарда ай Рамазандын биринчи күнү, 4-риваятта болсо акыркы күнү тутулат. Мындай абалда бир эле окуяны баяндаган ар башка риваяттардын орток пикирин аныктоо туура болот. Натыйжада жогорудагы хадис риваяттарынын жыйындысынан чыккан орток жыйынтыктар төмөнкүлөр болот:

**1. Рамазан айында ай менен күн тутулуулары болот.**

**2. Бул тутулуулар ортолордо, б.а. 14-15 күн аралык менен болот.**

**3. Бул тутулуулар эки жолу кайталанат.**

Бул жыйынтыктарга туура келген абалда, 1981-жылы (Хижрий 1401-жылы) Рамазан айынын 15-күнү ай, 29-күнү болсо күн тутулган. Кайра «экинчи жолу» 1982-жылы (Хижрий 1402-жылы) Рамазан айынын 14-күнү ай, 28-күнү болсо күн тутулган.

Мындан тышкары, бул окуяда «айдын» Рамазандын дал ортосунда АЙ ТОЛГОН кезде тутулушу жана көңүлдөрдү бура турган бир алаамат болуп көрүнүшү да өтө маанилүү.

Бул окуялардын Аз. Мехди (ас)дын башка чыгуу алааматтары менен бир учурда болушу жана Хижрий 14-кылымдын баштарында катары менен эки жыл (1401- жана 1402-жж.) кереметтүү абалда кайталанышы риваяттардын ишаратынын ушул окуялар экенин көрсөтүүдө.

**15) Куйруктуу жылдыздын чыгышы**

Аз. Мехди (ас) чыгаардан мурда (бүт тарапты) **жарык кылган куйруктуу бир жылдыз чыгат**.

(Кыямат алааматтары, Берзенжи, 200-бет)

Ал келээрден мурда **чыгыштан жарык чачкан бир куйруктуу жылдыз** көрүнөт.

(El-Kavlu'l Muhtasar Fi Alamatil Mehdiyy-il Muntazar, 53-б.)

Ал жылдыздын чыгышы **күн менен ай тутулуудан кийин** болот.

*(Kitab-ül Burhan Fi Alameti-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, 32-б.)*

Хадистерде айтылгандай:

- 1986-жылы (Хижрий **1406-жылы**), б.а. Хижрий 14-кылымдын баштарында «Галилей» куйруктуу жылдызы жерге жакын аралыктан өткөн. Бул куйруктуу жылдыз **жаркыраган, нурдуу** бир жылдыз.

- Кыймыл багыты **чыгыштан** батышты көздөй.

- 1981- жана 1982-жылдары (1401-1402-жж.) болгон **ай менен күн тутулууларынан кийин** чыккан.

Бул жылдыздын чыгышынын **Аз. Мехди (ас)дын башка чыгуу алааматтары менен бир учурда** болушу Галилей куйруктуу жылдызынын хадисте ишарат кылынган жылдыз экенин тастыктайт.

Тарых бою бул куйруктуу жылдыз өткөн учурларда Мусулмандар жагынан өтө маанилүү, ал тургай, бурулуш чекити деп санала турган окуялар болгон. Булардын кээ бирлери Пайгамбарыбыз (сав)дан алынып айтылып келинген риваяттарда да кабар берилген. Ал риваяттар боюнча бул жылдыз көрүнгөндө;

- Аз. Нух коому кыйраган.
- Аз. Ибрахим отко ташталган.
- Фараон менен коому жок кылынган.
- Аз. Йахйа (Яхья) шейит кылынган.
- Аз. Иса төрөлгөн.
- Расулуллах Мырзабыз (сав)га алгачкы вахий келип баштаган.
- Осмон империясы тарых сахнасынан орун алып баштаган.
- Стамбул Фатих Султан Мехмет тарабынан алынган.

**Галилей куйруктуу жылдызы жөнүндө кээ бир кызыктуу сандар**

Галилей куйруктуу жылдызы менен байланыштуу кээ бир сандардын «19» санынын эселери болушу көңүл бурат:

Галилей куйруктуу жылдызы 76 жылда бир өтөт.

76 = **19 x 4**

Бул жылдыз акыркы жолу Хижрий 1406-жылы көрүндү.

1406 = **19 x 74**

- Бул жөнүндө дагы бир кызыктуу жагдай мындай: жогоруда да санагандай Галилей жылдызы өткөн Хижрий 1406-жыл 19дун 74 эсеси. **«74»** саны болсо ошол эле учурда Курани Керимде 19 кереметине ишарат кылынган **МҮДЕССИР** сүрөсүнүн катар номери.

Белгилүү болгондой, Курандын Мүдессир Сүрөсүнүн (74-сүрө) 30-аятында «19» санынын ыймандуулар үчүн бир мээрим, каапырлар үчүн болсо бир фитна себеби экени айтылат.

Галилей куйруктуу жылдызынын 19 менен болгон мындай кереметтүү байланышы болсо каапырлар үчүн бир фитнаны, ыймандуулар үчүн болсо

бир мээримди (жакшылыкты) сүйүнчүлөгөнүнө ишарат кылып жатышы мүмкүн.

Мүдессир Сүрөсүнүн 1- жана 2-аяттарында Аз. Мухаммед (сав)га **«ЭЙ ЖАМЫНГАН! ТУР жана КОРКУТ»** деп буюрулууда. Бул аяттардын ачык, көрүнгөн мааниси. Бирок бул аяттардын акыр заманга багытталган экинчи бир жабык, жашыруун бир ишараттары да болушу мүмкүн. Балким «ЭЙ ЖАШЫРЫНГАН» деп Расулуллах Мырзабыздын урпактарынан чыга турган жана Хижрий 1406-жылы чыгуу алааматтарынын бири (куйруктуу жылдыздын чыгышы) чыга турган Аз. Мехди (ас)га ишарат кылынып жатышы ыктымал.

**74- Мүдессир Сүрөсү**

**1. Эй жамынчысына оронгон**

**2. Тур жана коркут (эскерт)**

Мүдессир: жамынган-оронгон-жашырынган деген мааниге келет.

- Дагы бир чоң керемет жана ишарат болсо – бул Галилей жылдызынын 1986-жылдагы (Хижрий 1406-ж.) өтүшүнүн Аз. Мухаммед (сав)га пайгамбарлык милдети жүктөлгөн б.з. 607-жылынан бери **19-ӨТҮШҮ** экендиги.

**16) Каабага чабуул жана каабада кан төгүлүшү**

***Ал чыга турган жылы*** *адамдар ажылыкка баштарында бир амир жок барышат. Баары чогуу Бейт-и Шерифти таваф кылышат, андан соң Минага түшүшкөндө, иттер сыяктуу бири-бирине чабуул койушат, ажылар тонолот,* ***кандар Акабе Жемресинин үстүнө агат.***

*(Кыямат алааматтары, Берзенжи, 169-бет)*

*Адамдар башында бир имам болбостон ажылык кылышат.* ***Минага түшүшкөндө айланалары иттер курчагандай курчалып, уруулардын (кабиле) бири-бирине кол салышы менен чоң уруштар болот. Буттар кан көлү ичинде калат.***

*(Kitab-ül Burhan Fi Alameti-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, 35-б.)*

Бул хадистерде «ал чыга турган жылы» деген сүйлөм менен Аз. Мехди (ас)дын чыгаар жылы ажылык учурунда боло турган бир кыргынга көңүл бурулууда. 1979-жылы ажылык учурунда болгон Кааба чабуулунда дал ушундай бир кыргын болгон. Эң кызыгы бул кандуу Кааба чабуулу дагы Мехдинин башка алааматтары болгон учурдун дал башында, б.а. Хижрий 1400-жылдын биринчи күнү 1400-ж. 1-Мухарремде (1979-ж. 21-ноябрь)

болгон.

Ошондой эле куттуу хадисте кан төгүлөөрү айтылуу менен киши өлтүрүү болооруна көңүл бурулган. Чабуул учурунда Сауд аскерлери менен чабуулчу аскерлер арасында болгон урушта 30 адамдын өлтүрүлүшү бул риваяттын калган бөлүгүн да тастыктаган.

1979-жылы (Хижрий 1400-жылы) болгон бул Кааба чабуулунан 7 жылдан кийин Хижрий 1407-жылы ажылык учурунда бир топ чоң кандуу окуя болгон. Ал окуяда көчөлөрдө демонстрация кылган ажыларга кол салынып, 402 адам өлтүрүлүп, өтө көп кан төгүлгөн. Бейтүл Муаззаманын жанында Мусулмандардын (Сауд Арабиясынын аскерлери менен Ирандык ажылардын) бир-бирин өлтүрүшү аркылуу чоң күнөөлөр жасалып, арам ишке барылган. Бул кандуу окуялар тиешелүү хадистерде сүрөттөлгөн абалга өтө окшошот:

*Расулуллах мындай деди: Рамазанда бир добуш, Шаввальда бир үн, Зилкадеде уруулар арасында согуш болот.* ***Ажылар тонолот. Минада өлүктөр көп боло турган бир согуш болот, ал жерде таштарды кан көлүнө айланта турганчалык кан агат.***

*(Kitab-ül Burhan Fi Alameti-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, 31-б.)*

*Рамазанда бир добуш болот. Шаввальда да бир добуш болот. Зилкадеде уруулар урушат.* ***Зилхижжада ажылар тонолот.*** *Мухарремеде асмандан мындай кайрылуу болот. «Көңүл бургула. Баланча Аллахтын калкынын жакшыларынан. Аны уккула жана аны ээрчигиле (ага моюн сунгула).»*

*(Ramuz El Hadis, 2/518)*

*Шавваль айында көтөрүлүш, Зилкадеде согуш жөнүндө сөздөр, Зилхижжада болсо согуш болот.* ***Ажылар тонолот, кандары агат.***

*(Кыямат алааматтары, Берзенжи, 166-б.)*

*Зилкаде айында* ***уруулар согушат, ажылар уурдалып, согуштар болот.***

*(Kitab-ül Burhan Fi Alameti-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, 34-б.)*

*"İkdiddurer" (Икдиддурер) аттуу китептеги алааматтардан: Шаввальда согуш чакырыктары,* ***Зилхижжада согуш жана кыргын болот, ошондой эле Зилхижжада ажылар тонолот, ал тургай, көчөлөр кандан өтүлбөй турган болот жана арамдар чайналат. Бейтүл Муаззаманын жанында чоң күнөөлөр жасалат.***

*(Kitab-ül Burhan Fi Alameti-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, 37-б.)*

**Бейтүл Муаззаманын жанында чоң күнөөлөр жасалат.**

Бул хадисте **Бейтүл Муаззаманын** (Каабанын) ичинде эмес, **жанында** чыга турган окуяларга көңүл бурулууда. **1407**-жылдын Зилхижжа айында (ажылык мезгилинде) болгон окуялар да биринчисинен айырмаланып,

Каабанын ичинде эмес, жанында болгон. Башында айтылган окуя болсо **1400-** жылы 1-Мухарремде Бейтүл Муаззаманын (Каабанын) түздөн-түз ичинде болгон. Эки окуя тең риваяттардын ишаратына туура келген абалда болуп өткөн.

Каабада кан төгүлүшү, ажылардын өлтүрүлүшү сыяктуу хадистерде кабар берилген мындай маанилүү эки чоң окуянын Аз. Мехди (ас) жөнүндө билдирилген бүт алааматтар чыккан учурда катары менен ишке ашышынын бир кокустук болушу өтө кыйын.

Хадистердеги сөздөрдү караганыбызда да ошол учурдагы маанилүү окуяларга ишараттар бар экенин көрөбүз:

**... Зилхижжада согуш менен кыргын болот.**

Хадистерде бул согуш менен уруштардан ажылардын өлтүрүлүшү менен бирге сөз кылынышы ал окуялардын бир убакыт аралыгында болоорун көрсөтүүдө. Бул убакыт периоду Иран-Ирак согушу чыккан, Түркиянын түштүк-чыгышында, Ортоңку чыгыш өлкөлөрүндө уруш, баш аламандыктар өтө көп болгон бир доор эле.

**... Шаввальда согуш чакырыктары болот.**

Ошол учурлардагы персия (парсы) булуңундагы тирешүүгө, Иран-Америка арасындагы тирешүү менен согуш абалына көңүл бурулган болушу мүмкүн.

**17) Чыгыш тараптан бир от көрүлүшү**

*"İkdiddurer" (Икдиддурер) аттуу китепте Мехди (ас)дын чыгуу алааматтарында мындай деп айтылат: **Чыгышта асманда үч түн көрүнгөн чоң бир оттун чыгышы.** Мутад (кадимки) күн чыгышынын кызылдыгы сыяктуу болбогон бир кызылдын асманда көрүнүп горизонтто жайылышы.*

*(Kitab-ül Burhan Fi Alameti-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, 32-б.)*

***Чыгыштан үч же жети күн катары менен чоң бир от чыгат, асманда караңгылык көрүнөт, асманда көнүмүш (кадимки) кызылдан такыр башкача бир кызыл жайылат.** Дүйнө жүзү угуп түшүнө ала турган бир тилде кайрылуу болот.*

*(Кыямат алааматтары, Берзенжи, 166-б.)*

*Ант ичем, бир от силерди курчайт. Ал от бүгүн Берехут деген өрөөндө өчүк абалда. Ал от ичинде күчтүү азабы бар абалда адамдарды курчайт. Ал от адамдарды, мал-мүлктөрдү өрттөп түгөтөт. Сегиз күн ичинде шамал менен булут сыяктуу учуп дүйнөнүн бардык тарабына жайылат. Түндөгү*

*ысыгы күндүзгү ысыгынан күчтүү. Ал от адамдардын башынын үстүнөн арштын астына чейин жакындашып, жер бети менен асман арасында чагылган сыяктуу коркунучтуу добушу болот, деп айтты.*

*(Өлүм-Кыямат-Акырет жана Акыр Заман Алааматтары, 461-бет)*
*(Кыямат Алааматтары, Берзенжи 289-бет)*

Аз. Мехди (ас) чыгаардан мурдакы алааматтардан болгон бул от жөнүндө кыска бир түшүндүрмө жасай кетүү туура болот.

Кээ бир адамдар бул отту себепсиз эле кокустан чыккан, өчүүнү билбеген, ал тургай бүт адамдар турган жеринен сөзсүз көрө турган бир алаамат катары күтүүдө. Чындыгында болсо, кыямат алааматтары чыккан учурда сыноо улангандыктан аларды түшүнүү бүт адамдар мажбур кабыл ала турганчалык ачык болбойт. Натыйжада адамдар акылын, абийирин, эркин колдонуп бүтүм чыгарат. Эгер кыямат алааматтары жөнүндөгү хадистер эң майда-баратына чейин (мисалы, кайсы шаарда, канчанчы жылы, кандайча болоору) айтылган болгондо, мурда да айтып кеткендей, бүт адамдар мажбурлуу түрдө кабыл алмак жана адамдар арасында даража айырмасы калмак эмес. Ушул себептен кыямат алааматтары жөнүндөгү хадистер атайылап жарым жашыруун абалда билдирилген.

От алааматын да ушул негизде баалоо керек. Бир от себепсиз эле чыкпайт, же бир кырсык, же бир жарылуу сыяктуу атайын же кетирилген ката натыйжасында чыгат. Аз. Мехди (ас)дын чыгуу алааматы катары айтылышы анын өтө кызыктай же укмуштуу бир алаамат болуп чыгышын талап кылбайт. Эң негизгиси ал оттун хадисте сүрөттөлгөн оттун өзгөчөлүктөрүнө туура келиши болуп саналат. Бул отту таанып, аныктоо үчүн алгач анын өзгөчөлүктөрүн түшүнүү керек.

Белгилүү болгондой, 1991-жылы июльда Ирак Кувейтти басып алган соң Кувейтке тиешелүү мунайзат скважиналарын атышы натыйжасында Кувейт менен персия булуңун өтө чоң бир от каптаган.

- Кувейтте күйгөн мунайзат адам менен жаныбарлар арасында өлүмгө себеп болууда. Адистердин айтуусу боюнча, күнүнө жарым миллион тонна мунайзат түтүнгө айланып атмосферага аралашууда. Күн сайын 10 миң тоннадан ашык күкүрт, көмүр кычкыл газы жана көп санда ракка себеп боло турган углеводороддор булут сымал булуңдун үстүн каптап турат... Бир эле булуң эмес, анын атында дүйнө күйүп жатат.

*(Kurtlar Sofrasında Ortadoğu (Бөрүлөр дасторконунда Ортоңку Чыгыш), M. Necati Özfatura (М. Нежати Өзфатура), 175-б.)*

- Окко тутулган эки скважина Түркия бир күндө чыгара ала тургандай мунайзат берет жана түтүндөр 55 км алыстыктагы Сауд Арабиядан да көрүнүүдө. *(Hürriyet (Хүррийет гезити), 1991-ж. 23-январь)*

- Булунда өчпөгөн балээ кабарлары: Кувейтте окко тутулган жүздөгөн мунайзат скважинасы жалын жалын күйүп жатат. Адистер «өчүрүү өтө кыйын» деген мунайзат скважиналарындагы оттун Түркиядан Индияга чейинки кеңири бир аймакка эң аз 10 жыл мөөнөт бою таасир тийгизээри айтылууда.

Отко тутулган мунайзат скважиналарынан чыккан от менен түтүндөр абаны тынымсыз булгоодо. Кувейт күндүзү түндөй көрүнүүдө. Оттор менен бирге көтөрүлгөн кара түтүн Кувейт асманында күздөн кыш мезгилине өтүүнү эске салууда... Кувейт толугу менен жашоого мүмкүн абалга келиши үчүн эң бир жыл убакыт керек. Бир топ километр алыстан көрүнгөн оттор менен бирге көтөрүлгөн түтүндөр Кувейт асманын толук каптап өлкөнү адам жашагыс кылууда жана бардар адамдар Кувейтти таштап кетишүүдө.

Дахрандагы изилдөө борбору мүдүрү Абдуллах Даббагдын NewYork Times'да чыккан сөзү боюнча, персия булуңундагы булгануу натыйжасында 106 түр балык, 180 түр моллюска жана аймакта жашаган 450 түр жаныбар жашоо үчүн күрөшүүдө. 600 мунайзат скважинасынан көтөрүлгөн түтүндөрдүн кошуна өлкөлөргө таркап жатканы, мындан тышкары, күкүрт сыяктуу канцерогендүү заттарды камтыган түтүндөрдүн кислота жамгырына айланып айыл-чарбада өндүрүмдүүлүктү азайтканы айтылууда. *(Kurtlar Sofrasında Ortadoğu, M. Necati Özfatura, 171-б.)*

*Ант ичем, бир от силерди каптайт. Ал от бүгүн* ***Берехут*** *деп аталган өрөөндө өчүк абалда.*

*(Katus Tercemesi (Камус котормосу), 1-т., 550-б.)*

**Берехут: бир өрөөндүн же бир кудуктун (скважина) аты.**

Куттуу хадистин баш жагында от жөнүндө «өчүк абалда» деп айтылууда. От күйүүчү бир заттын күйүшү натыйжасында чыккандыктан, бул жерде өчүк абалда күтүп жаткан нерсе оттун өзү эмес, от күйгүзө турган чийки зат.

Бул жерде жердин астынан чыгарылчу мунайзатка ишарат кылынууда. Чындап эле, хадистеги Берехут деп аталган жер бир кудуктун (скважинанын) аты. Бул кудук мунайзат скважинасы. Убактысы келгенде ал скважиналардан чыгарылган мунайзат күйүүгө даяр бир от абалына келет.

**«Ал от ичинде күчтүү азабы бар абалда адамдарды курчайт.»** Ал от жөн эле күйгөн бир от эмес, ошол эле учурда адамдарды жанынан, мал-мүлкүнөн айырып азапка, кайгыга сала турган жана бүт табиятты булгай турган бир от.

**«Ал от адамдарды, мал-мүлктөрдү өрттөп түгөтөт.»** Ал от кээ бир адамдардын өлүмүнө себеп болууда. Мындан тышкары, мал-мүлктөрдү күйгүзүп, материалдык зыян алып келүүдө жана бүт айлана-чөйрөнү, табиятты булгап адамдардын киреше булактарын жок кылууда.

**«Сегиз күн ичинде шамал менен булут сыяктуу учуп дүйнөнүн бардык тарабына жайылат.»** Ал оттун «шамал менен булут сыяктуу учканы» өзү эмес, түтүнү. Бул жерде салыштыруу жасалып түтүндүн булуттарга чейин көтөрүлөөрү айтылган. Ал түтүн шамалдын таасири менен бүт тарапка жайылат.

**«Түндөгү ысыгы күндүзгү ысыгынан күчтүү.»** Ал оттун күнү-түнү тынымсыз күйөөрү түшүнүктүү болууда.

**«Ал от адамдардын башынын үстүнөн арштын астына чейин жакындашып, жер бети менен асман арасында чагылган сыяктуу коркунучтуу добушу болот.»** Ал оттун өтө бийиктерге чейин чыгаарына жана ал оттон чагылган сыяктуу өтө күчтүү бир добуш менен жарылуулар болооруна ишарат кылынууда.

**«Асманда көнүмүш (кадимки) кызылдан такыр башкача бир кызыл жайылат.»** Хадистин бул бөлүгүндө окуянын түнкүсүн болооруна ишарат кылынууда. Түнкүсүн пайда болгон чоң жарылуунун жалындары өтө күчтүү бир жаркыроого себеп болот. Ал кызыл жалындар пайда кылган кызыл жарык адамдар билген кызыл «таң» жарыгынан такыр башкача болот. Себеби түнкүсүн мындай күндүз сыяктуу бир жарык болушу керемет окуя. *(**Таң**: күн чыгып жатканда жана батып бараткандa пайда болгон жана күндүн жарык чачуу күчү алсыздап, ак нурдан кызыл нур чача турган абалга келген убактардагы абалы.)*

**18) 1979-жылы Стамбулда кеменин жарылышы**

*Хүсейин б. Али (ра)дан мындай риваят кылынган:*

**«АСМАНДА ЧЫГЫШ ТАРАБЫНАН ТҮНДҮ ЖАРЫК КЫЛГАН ЧОҢ БИР ОТ КӨРГӨНҮҢӨРДӨ, МЫНА ОШОЛ КЕЗ АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН КЕЛҮҮ УБАКТЫСЫ БОЛОТ.»**

*(Mer'iy b. Yusuf b. Ebi bekir b. Ahmet b. Yusuf el-Makdi'si "Feraidu Fevaidi'l Fikr Fi'l İmam El-Mehdi El-Muntazar)*

*Эбу Жафер б. Мухаммед б. Али (ра)дан риваят кылынды:*

***«Силер үч же жети күн чыгыштан бир отту көргөнүңөрдө Ал-и Мухаммеддин (Аз. Мехди (ас)дын) чыгышын күткүлө,*** *иншаАллах-ү Таала, бир жарчы (асмандан бир периште) Аз. Мехди (ас)дын аты менен асмандан жар салат,* ***чыгыш, батыштагылардын баары бул үндү угат. Коркуудан уктап жаткандар ойгонот, тургандар отуруп калат, отургандар болсо ордунан атып турат.»*** *(Kitab-ül Burhan Fi Alameti-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, 32-б.)*

Хадисте Пайгамбарыбыз (сав) билдирген бул чоң жарылуу жана анын артынан чыккан чоң от 1979-жылы, б.а. Хижрий 1400-жылы Түркиядагы Кадыкөй тарапта болгон **Independenta** (Индепендента) аттуу мунайзат алып бараткан танкердин жарылуусун кабар берүүдө. 1979-жылы 15-ноябрьда дүйнөнүн төртүнчү чоң танкери болгон 150 миң гросстонналык Independenta аттуу 95 530 тонна чийки мунайзат алып бараткан бир Рим танкери Ислам ааламынын акыркы борбору болгон Стамбулга келе жатканда бир Греция жүк ташуучу кемеси менен сүзүшүп кетиши натыйжасында мунайзат күйүп кеткен жана деңизде көп күнгө созулган чоң бир от чыккан. Пайгамбарыбыз (сав) Стамбулда болгон бул окуя учурунун Аз. Мехди (ас)дын Стамбулга келүү убактысы экенин; **«... МЫНА ОШОЛ КЕЗ АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН КЕЛҮҮ УБАКТЫСЫ БОЛОТ.»** деп ачык билдирген.

Хадисте билдирилген маалыматтар боюнча, бул Аз. Мехди (ас) Стамбулга жаңы келген күндөр ичинде боло турган бир окуя. Бул окуя аркылуу Аз. Мехди (ас)дын Стамбулга келиши бир сүйүнчү катары бүт баары уга турган абалда бүт дүйнөгө жана жин ааламына да, адамзат ааламына да жарыя кылынган. Ошентип чагылган сыяктуу күчтүү бир үн аркылуу жана көп күнгө созулган чоң от, түтүн булуту аркылуу жана маал-маалы менен болуп турган жарылуулар аркылуу Аз. Мехди (ас)дын Стамбулга келгени Аллах тарабынан адамдарга кабар берилген.

Ошондой эле, акыркы 1000 жылдын эң чоң мужеддиди болгон Устад Саид Нурси Азрети эмгек жыйнагында да Аз. Мехди (ас)дын Хижрий 1400-жылы, Христиан жыл санагы боюнча 1979-жылы чыгаарын мындайча кабар берген:

**«ИСТИКБАЛ-И ДҮНЙЕВИЙЕДЕ** (дүйнөнүн келечегинде) **1400 ЖЫЛДАН КИЙИН КЕЛЕ ТУРГАН БИР АКЫЙКАТТЫ...»** *(Sözler, 318-б.)*

**19) Жалган пайгамбарлардын көбөйүшү**

Жалган пайгамбарлардын чыгышы хадистерде кабар берилген Аз. Мехди (ас)дын чыгуу алааматтарынын бири. Акыркы убактарда өзүн Аз. Иса

(ас)мын деп атаган көп киши чыкты.

***Ар бири өзүн Аллахтын пайгамбарымын деп атаган отузга жакын жалганчы жөнөтүлгөнгө чейин кыямат келбейт.***

*(Тирмизи, Фитен 43; Эбу Давуд, Мелахим 16)*

*Ар бири өзүн Жалгыз Мабуд (сыйынылуучу зат) болгон Аллахтан* ***пайгамбар катары жөнөтүлдүм деп айткан алтымыш жалганчынын чыгышы.***

*(Ali Bin Hüsameddin El Muttaki, Желаледдин Суйути хадис жыйнактары – Ahir Zaman Mehdisinin Alametleri, Kahraman Neşriyat, 36-б.)*

**20) Диндин жеке кызыкчылыктарга пайдаланылышы**

*Алимдер илимди* ***акча табуу үчүн гана үйрөнгөндө... динди дүйнө (мал-мүлк) үчүн сатканда... өкүмдү (чечимди) сатышканда...*** *кыямат жакындаган болот.*

*(Ölüm Kıyamet ve Diriliş, 480-б.)*

*Акыр заманда ушундай адамдар чыгышат, алар* ***диндерин дүйнөлүк максатта сатышат.***

*(Тирмизи, Зүхд, 60)*

*Ким Куран окуса (сыйлыгын) Аллахтан сурасын. Себеби акыркы замандарда* ***Куран окуп (сыйлыгын) адамдардан сураган бир топ адамдар чыгат.***

*(Акыркы Замандар менен байланыштуу хадистер, 9-бет)*

**21) Чоң окуялардын жана таң калыштуу нерселердин болушу**

*Анын учурунда* ***чоң окуялар болот.***

*(El-Kavlu'l Muhtasar Fi Alamatil Mehdiyy-il Muntazar, 27-б.)*

*Анын заманында* ***канчалаган таң калыштуу нерселер*** *болот.*

*(Мектубат-ы Раббани, 2/258)*

*Анын чыгуу мебделери жана мукаддимелери (чыгуу алааматтары) Расулуллах Мырзабыздын ирхасатына* окшош.*

*(Мектубат-ы Раббани, 2/258)*

*** Ирхасат:** Аз. Мухаммед (сав)дын пайгамбарлыгынан мурда ишке ашкан таң калыштуу окуялар, булар анын пайгамбарлыгын далилдеген окуялар.

Аз. Мухаммед (сав) төрөлгөндөн мурун чоң жана таң калыштуу окуялар болгон. Ал туулган түнү жаңы бир жылдыз пайда болгон, отко сыйынган

Иран падышаларынын сарайынын 14 мунарасы жыгылган, Иранда 1000 жылдан бери күйүп турган мажуси оту өчкөн, Семави Өрөөнүн сел баскан, Саве Көлү куруп калган.

Жогорудагы риваятта ишарат кылынгандай, Аз. Мехди (ас)дын чыгышы да Пайгамбар Мырзабыз (сав)дыкына окшошот. Анын чыгышында да чоң, таң калыштуу окуялар болот.

Риваяттардын ишараты боюнча Аз. Мехди (ас) чыга турган жыл болгон Хижрий 1400-жылдын (1979-жылдын) баштарында болгон чоң окуялар:

- **Каабага чабуул болду жана көптөгөн Мусулмандын каны төгүлдү.**
- 2500 жылдык Иран шахтыгы жыгылды жана Иран Шахы Рыза Пехлеви өлдү.
- **Индиянын Бомбей шаарында заводдон чыккан газ 20000 адамдын өлүмүнө себепчи болду.**
- Эки Мусулман өлкө болгон Иран жана Ирак арасында 8 жыл боло турган бир согуш башталды.
- **Орустар Афганистанды басып алды.**
- **Азербайжан басып алынды, 1990-ж.**
- Мехико шаары күчтүү бир жер титирөө натыйжасында кыйрады.
- **Түндүк Колумбиядагы Невада Дел Руиз вулканы 400 жылдан бери биринчи жолу атылды. Ээриген кар жана муздан пайда болгон ылай себебинен Армеро шаары картадан жоголду. 20000 адам өлдү.**
- Бангладештеги сел 25000 адамдын өлүмүнө себеп болду.
- **Христиандыктын борбору Римди суу басты.**
- 1986-жылы Кытайда тарыхтын эң ири токой өртү болду.
- **Индия Президенти Ганди, Египет Президенти Энвер Седат, Швеция Премьер-министри Олоф Палме өлтүрүлдү.**
- Папа II. Жан Поль атылды.
- **1980-жылдын башында алгачкы жолу СПИД аныкталды. Бүгүнкү күнгө чейин он миңдеген адамдардын өлүмүнө алып келген бул оору «Доордун чумасы» деп аталды. СПИД 1960-жылдары Америкада башталган жана ар кандай жыныстык эркиндикти алып келген «Секс революциясын» токтотту.**
- 1986-жылы космос ракетасы Challenger учурулгандан кийин жарылып кетти.
- **1986-жылы 26-апрельде Украинадагы Чернобль атомдук станциясында буга чейин кездешкен эң ири атомдук авария болду. Көптөгөн Европа өлкөсү радиацияга кабылды.**
- Озон катмарынын тешилиши Дүйнө климатына көптөгөн тескери таасирлер берди.
- **СССР кулады жана көз-карандысыз өлкөлөр түзүлдү.**

- Ирак Кувейтти өзүнө кошуп алган соң булуңдагы согуш башталды.
- **Армениядагы жер титирөө натыйжасында жер кабырга айланды. 500000 адам үйүн таштады, 40000ден ашык өлдү.**
- 1989-жылы Кытайда коммунисттик топ танкалар менен студенттерди тебеледи. Тиананмен майданында 2000 студент өлдү.
- **Кансыз согуштун символу болгон Берлин дубалы курулгандан 28 жылдан кийин жыгылды.**
- 1990-жылы Каабадагы туннельде болгон түртүшүүдө 1400дөн ашык ажы көз жумду.
- **1991-жылы Бангладеште болгон селдер натыйжасында 120000ден ашык адам өлдү, миллиондогон адам үйсүз калды.**
- Босниа жана Косоводогу кыргында жүз миңдеген Мусулман өлтүрүлдү жана жүз миңдегени мекенинен куулду.
- **Эбола вирусу он миңдеген адамдын өлүмүнө себеп болду.**
- Эль Нино бүт дүйнө өлкөлөрүнө чоң балакеттер алып келди.

• Адам геному долбоору деп аталган 13 жылдык бир изилдөөнүн натыйжасында адам ДНКсынын тизмеги 2003-жылы апрель айында жыйынтыкталды. Натыйжада адам ДНКсындагы болжол менен 30000 ген аныкталып, адамдын ген картасы чыгарылды.

• 60000 жылда бир болчу бир окуя болду жана Марс планетасы дүйнөгө эң жакын абалга келди.

• 2007-жылы август айында Америка Кошмо Штаттарында финансылык рыноктордогу кризис башталды жана экономикалык кризис барган сайын күчөп бүт дүйнөгө жайылып баштады.

**22) Күндөн бир алааматтын болушу**

*Аз. Мехди (ас)* ***күндөн бир алаамат көрүнгөнгө чейин*** *келбейт.*
*(El-Kavlu'l Muhtasar Fi Alamatil Mehdiyy-il Muntazar, 49-б.)*
***Күн бир алаамат болуп чыкканга чейин*** *Аз. Мехди (ас) чыкпайт.*
*(Kitab-ül Burhan Fi Alameti-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, 33-б.)*

Күндө мындай чоң бир жарылуу окуясы биринчи жолу биз жашап жаткан кылымда болду.

**<u>Күн тутулуу</u>**

1999-жылы 11-августта болгон күн тутулуу кылымдын акыркы толук күн тутулуусу эле. Биринчи жолу ушунча көп адам күн тутулуусун болгондо да ушунча көп убакытка көрүп, изилдөө мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон. Ал тутулууда көңүл бурган бир жагдай болсо – бул Түркиянын ал толук

тутулууну эң жакшы көрө алган өлкөлөрдүн бири болушу эле. Бартындан Силопиге чейин болжол менен 12 шаар менен 100 район тутулууну көрө алган.

Мынча көп ишараттын чогуу жана өтө кыска убакыт аралыгында катары менен ишке ашышы кокустук эмес. Бул ишараттар ишенген кулдар үчүн сүйүнүчтүү кабарлар.

**23) Чоң шаарлардын жок болушу**

***Чоң шаарлар кечээ эч болбогон сыяктуу жок болот.***
*(Kitab-ül Burhan Fi Alameti-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, 38-б.)*

Хадисте кээ бир чоң шаарлардын согуштар жана ар кандай табигый кырсыктар натыйжасында жок болооруна ишарат кылынууда. Көптөгөн чоң шаарлар бүт ушул кылым (Хижрий 1300-1400) ичинде жок болду же чоң кыйроого кабылды. Бул окуялар Аз. Мехди (ас)дын чыгышынан мурдакы алаамат катары өтө маанилүү далилдер болууда. Американын 1945-жылы Хиросима менен Нагасакиге таштаган атом бомбасы ал жерде жашаган адамдардын өлүмүнө себеп болуп, шаарды бүтүндөй жер менен жексен кылган.

Биз жашап жаткан кылымда болгон согуштарда көп шаарлар (Берлин, Гамбург, Варшава, Ленинград, Бухарест, Лондон...) толук кыйраган. Ал шаарлар бир топ убакыт өткөн соң гана кайра калыптандырылып бүткөн.

**24) Жер титирөөлөрдүн көбөйүшү**

***...Жер титирөөлөр көбөймөйүнчө,*** *фитналар ачык болмойунча, кылмыштар көбөймөйүнчө кыямат келбейт.*
*(Кыямат алааматтары, 109-бет)*

Пайгамбарыбыз (сав) жогорудагы хадисинде «жер титирөөлөрдүн көбөйүшүн» акыр заман алдында боло турган алааматтардын бири катары айткан. Чындап эле 20-кылым он миңдеген адамдар өмүрүнөн ажыраган жер титирөөлөр менен тарыхта калды. Кобедеги күчтүү жер титирөө, Түркияда, Тайваньда, Грецияда жана Мексикада биринин артынан бири болгон жер титирөөлөр акыр заман жөнүндө абдан маанилүү ишараттарды камтыйт.

***«Үммөтүмө зилзалалар болот. Бул зилзалаларда он миң, жыйырма миң, отуз миң адам өлөт.*** *Аллах бул өлүмдү муттакилерге (такыбаларга) кеңеш, каапырларга болсо азап кылат.»*

*(İbni Asakır, Geleceğin Tarihi (Келечектин тарыхы) 1, Orhan Baytan, Mevsim Yayıncılık, 81-б.)*

*Жашай турган үй, силерди ташый турган жаныбарларды таппай кала турган убак жакындады. Себеби* ***үйлөрүңөдү жер титирөөлөр бузат,*** *жаныбарларыңарды чагылгандар күйгүзүп көмүргө айлантат. (Nuaym bin Hattad, Geleceğin Tarihi (Келечектин тарыхы) 1, 82-б.)*

*Илим жоголмойунча,* ***жер титирөөлөр көбөймөйүнчө,*** *убакыт кыскармайынча, фитналар ачык болмойунча, кылмыштар көбөймөйүнчө* ***кыямат болбойт.*** *(Бухари, Ибни Маже, Кыямат алааматтары,108-бет)*

*Бул үммөттүн кийинки келген урпактары мурда жашап өткөндөрдү (ар кандай айып, шылтоолор менен) жамандаганда, ошондо кызыл шамалдарды,* ***(зилзаланы) жерге чөгүүнү (хасфты) же келбет өзгөртүүнү (месхти) (же асмандан таш жаашын (казфти)) күткүлө.*** *(Тирмизи, Фитен 39, 2211-б., Күтүби Ситте, 14-том, 341-б.)*

**25) Чоң бир окуянын болушу**

***«(1) Аз. Мехди (ас) чыгаардан мурда (2) мединада (3) капкара таштар дагы (4) кан ичине булана турган (5) чоң бир окуя болот. Бул окуяда бир аялдын өлтүрүлүшү (6) бир камчынын шилтенишиндей оңой болот. Жана бул окуя 2 километрдейге созулат.»*** *(EI-Kavlu'l Muhtasar Fi Alamatil Mehdiyy-iI Muntazar, 41)*

**(1) Аз. Мехди (ас) чыгаардан мурда ...** Куттуу хадистин минтип башталышы бул окуянын ошол эле учурда Аз. Мехди (ас)дын чыгаарынан мурдакы алааматтардан экенин көрсөтүүдө. Аз. Мехди (ас)дын чыгаар убактысы куттуу хадистер жана белгилүү Ислам аалымдарынын айтуусу боюнча, Хижрий 1400-жылдын (1979-1980-жж.) баштарында болушу керек. Хадистеги «Аз. Мехди (ас) чыгаардан мурда» деген сөз Аз. Мехди (ас) чыгаардан бир аз мурдараак бул чоң окуянын болооруна ишарат кылууда.

**(2) ... Мединада ...** Арап тилинде «Медина» сөзү ошол эле учурда чоң шаар маанисинде да колдонулат. Төмөндөгү хадис буга мисал.

Аз. Ибни Амрдан риваят кылынган. Расулуллах (сав) мындай деди:

***Эй Үммөт! Алты нерсе бар; алар болмоюнча кыямат болбойт... Алтынчысы болсо мединанын алынышы.***

***(Мындай деп) айтылды: Кайсы медина? (Ал) Айтты:***

***Константинополь (Стамбул)***

***(Бул Стамбулдун Аз. Мехди (ас) тарабынан руханий ээлениши.)***

***(Кыямат алааматтары, 204-б. Ramuz EI Ehadis 1/296)***

**(3) ... Капкара таштар дагы кан ичине булана турган ...** Куттуу хадистин бул бөлүгүндө болсо кандуу окуя боло турган жердин бети сүрөттөлүүдө. Кара таш, б.а. асфальт жол бетинде кандай бир окуя болооруна ишарат кылынууда.

- 1-майдагы (1977-жыл) Таксимде (Стамбулда) болгон окуяда 34 өлүм жана 200 кишинин жаракат алышынан аккан кандар кара таштар (б.а. асфальт жол) бетине төгүлгөн жана ал кандар көчөгө жайылган.

**Асфальт жол:** Майда шагыл таштардын асфальт заты менен аралаштырылышынан пайда болот. Бул аралашма жолго төгүлгөндө сом кара таш болуп калат.

**(4) ... кан ичине булана турган ...** Кагылышуулар натыйжасында аккан кан кээ бир жерлерде асфальтты бир жапкычтай жаап калган жана асфальт кээ бир жерлерде көрүнбөй калган.

**5) ... чоң бир окуя болот ...** 1-май Таксим окуясы анархия доорунда көп адам өлтүрүлгөн жана өтө көп кан төгүлгөн чоң бир окуя.

**(6) ... Бир камчынын шилтенишиндей оңой болот ...** Бул жерде бир салыштыруу аркылуу адам өлтүрүүнүн өтө оңой жасалаарына көңүл бурулууда. Бир камчыны ар тарапка кол менен оңой гана шилтөө мүмкүн болгон сыяктуу, камчыдай сабынан тутулган жана ар тарапка багыттоо мүмкүн болгон тапанча дагы машаасын (курок) басып коюу менен эле алдындагы адамды өлтүрө алат.

**26) «Эки тиштүү» куйруктуу жылдыздын көрүнүшү**

Улуу, белгилүү Ахли Сүннөт аалымы Имам Раббани Азрети Аз. Мехди (ас)дын чыгышы жөнүндө Мектубат-ы Раббани аттуу эмгегинде эки өтө маанилүү критерийди айткан.

**1- КРИТЕРИЙ**

**Бул критерийлердин биринчиси Аз. Мехди (ас)дын Пайгамбарыбыз (сав)дан миң жыл өткөндөн кийин чыгаары.**

Раббани Азрети Мектубат-ы Раббанинин 1/569-бетинде мындай дейт:

**Бирок күтүлгөн абал мындай; АРАДАН МИҢ ЖЫЛ ӨТКӨН СОҢ ал жашыруун мамлекет жаңыланат.** Ага бир артыкчылык берилип сууну табышы арттырылат... Ошентип кемалаттын (кемчиликсиздиктердин) чыныгысы чыгып анын азабын жабат... **Жана улуу моюн сунуучулукту барктаган АЗ. МЕХДИ (ас) КЕЛСИН.** Аллах андан ыраазы болсун.

(Мектубат-ы Раббани, 1/569)

Учурда Хижрий 1430-жылдардабыз. Бул Пайгамбарыбыз (сав)дан бери 1000 жыл өткөнүн көрсөтүүдө. Бул болсо Раббани Азрети Аз. Мехди (ас) чыгышы үчүн керектүү деп айткан биринчи критерийдин ишке ашканын далилдөөдө.

**2- КРИТЕРИЙ**

**Раббани Азрети Аз. Мехди (ас)дын чыгышы жөнүндө берген экинчи чоң критерий болсо «эки тиштүү жаркыраган бир жылдыздын» дүйнөнүн жакынынан өтүү шарты болгон.**

Сахабалар берген маалымат боюнча, Расулуллах Мырзабыз (сав) мындай деген:

**«Убада кылынган Мехдинин чыгаар алдындагы окуялардан болгон Аббаси Мелик (өкүмдар) Хорасанга барганда, ШАРК (ЧЫГЫШ) ТАРАПТА ЭКИ ТИШТҮҮ (1) МҮНЕВВЕР (ЖАРКЫРАГАН) (2) БИР МҮЙҮЗ (3) ЧЫГАТ.»**

**«ШАРК (ЧЫГЫШ) ТАРАПТА БИР КУЙРУКТУУ ЖЫЛДЫЗ ЧЫГЫП ЖАРЫК ЧАЧАТ.»**

Бул жылдыз да чыкты. Бирок ошолбу, же ошого окшошпу?

Ал жылдыздын:

-Куйруктуу жылдыз деп аталышы, ыктымал, төмөнкү негиздерге таянат:

**-Туруктуулардын кыймылы МАГРИБДЕН (БАТЫШТАН) МЕШРИККЕ (ЧЫГЫШКА) (4)...**

Бул жылдыздын абалы да ошонун кыймылына жараша. Б.а. **жүзү мешрик жанын көздөй, аркасы болсо магриб тарабына.** Бул узун актык дагы анын арткы тарабына. Ушул мааниге карап, ага:

-Куйрук... ысмынын берилиши туура болот.

**АНЫН АР КҮНКҮ ӨТҮҮ БАГЫТЫ БОЛСО МЕШРИКТЕН**

**МАГРИБГЕ. (5)** Бирок ал кысри (өзүнө тиешелүү мааниси бар) кыймылы менен улуу тагдырдын кыймылынан көз-каранды.

Сүбхан Аллах бүт нерсени эң жакшы билүүчү.

*İmam-ı Rabbani (Имам Раббани), Mektubat-ı Rabbani (Мектубат-ы Раббани), 381. Mektup, 1184-б.*

**(1) ... эки тиштүү...:**

2009-жылы 24-февральда жерге эң жакын жерден көрүнүп өткөн Люлин куйруктуу жылдызынын (комета) арткы тарабындагы куйруктун эки ача болушу хадистеги эки тиштүү сөзүнө толук дал келүүдө.

**(2) ... мүневвер (жаркыраган)...:**

Хадисте айтылган мүневвер (жаркыраган) сыпаты Люлин куйруктуу жылдызынын дүйнөгө жакындаганда 6 жылдыздын жарык чачышындай жаркырашына ишарат кылууда.

**(3) ... бир мүйүз...:**

Люлин куйруктуу жылдызын башка куйруктуу жылдыздардан айырмалаган эң негизги өзгөчөлүгү – бул жылдыздын ядросунун арткы тарабында жайгашкан куйругунун маңдайында, ядросунун алдыңкы тарабында, б.а. баш жагында да бир куйругунун болушу эле. Люлин куйруктуу жылдызынын тартылып алынган сүрөттөрүн караганыбызда эки тараптагы эки куйруктун көрүнүшү жагынан бир мүйүздү эске салаарын бир караганда байкайбыз.

**(4) Туруктуулардын кыймылы магрибден (батыштан) мешрикке (чыгышка)...:**

Хадистин уландысындагы «Туруктуулардын кыймылы магрибден (батыштан) мешрикке (чыгышка)...» сөзү асман телолорунун айлануу багытына ишарат кылууда; бул маалымат 20-кылымда алынган астрономия маалыматтарына толук дал келет. Чындап эле бүт асман телолору МАГРИБДЕН (батыштан) МЕШРИККЕ (чыгышты көздөй) кыймылдашат.

**(5) Анын ар күнкү өтүү багыты болсо мешриктен (чыгыштан) магрибге (батышка)...:**

Бул жерде болсо «**Анын ар күнкү өтүү багыты болсо**...» деп, Люлин куйруктуу жылдызынын башка асман телолорунан айырмаланып **чыгыштан батышты көздөй кыймылдаары билдирилген.**

Пайгамбар Мырзабыз (сав) хадисинде акыр заманда келиши күтүлгөн Аз. Мехди (ас)дын чыгуу алааматы катары айткан жана Имам Раббани да терең чечмелеген (тафсир кылган) **«эки тиштүү мүневвер (жаркыраган)**

**бир мүйүз чыгат»** сөзү **2009-жылы 24-февральда**, б.а. **Хижрий 1430-жылы** дүйнөгө эң жакын жерден өткөн Люлин куйруктуу жылдызына ишарат кылууда.

Бул куйруктуу жылдыздын эң негизги дагы бир өзгөчөлүгү мындай: илимпоздор бул куйруктуу жылдыздын эми **эң аз 1000 ЖЫЛДАН КИЙИН** кайрадан жердин (дүйнөнүн) жакынынан өтүшү мүмкүн экенин айтышууда.

Илимпоздор берген бул мөөнөт болсо, ахли сүннөт аалымдарынын; -Пайгамбарыбыз (сав)дын хадистерине таянып- дүйнөнүн өмүрү жана кыямат күнү менен байланыштуу берген жылдары боюнча, бул жылдыздын дагы бир жолу өтүшүнүн мүмкүн эмес экенин көрсөтүүдө. Себеби Пайгамбарыбыз (сав)дан риваят кылынган хадистерде дүйнөнүн өмүрүнүн 7000 жыл экени билдирилген.

Энес Маликтен алып айтты. Ал Расулуллах (сав)дын мындай дегенин айтты:

**ДҮЙНӨНҮН ӨМҮРҮ АКЫРЕТ КҮНДӨРҮНӨН ЖЕТИ КҮН.** Аллах Таала мындай буюрду: Раббиң кабатында бир күн силер санагандан миң жыл сыяктуу.

Энес бин Маликтен: «Ким бир дин бир тууганынын Аллах жолунда муктаждыгын камсыздаса, Аллах ал үчүн күндүздөрүн орозо менен, түндөрүн болсо ибадат менен өткөргөндөй, **УШУЛ ДҮЙНӨНҮН ЖЕТИ МИҢ ЖЫЛДЫК ӨМҮРҮ БОЮ** сооп жазат.»

*(Kitab-ül Burhan fi Alamet-il Mehdiyy-il Ahir zaman, 88-б.)*

Ханбели Мазхабынын түзүүчүсү Ахмет Ибни Ханбелдин эмгегинде орун алган жана Пайгамбарыбыз (сав)дан риваят кылынган бир хадисте болсо Пайгамбарыбыз (сав)га чейин дүйнөнүн өмүрүнөн 5600 жыл өткөнү билдирилген:

Ахмет Ибни Ханбел Илелинде алып жазган.

**ДҮЙНӨДӨН БЕШ МИҢ АЛТЫ ЖҮЗ ЖЫЛ ӨТКӨН.**

*(Kitab-ül Burhan Fi Alamet-il Ahir zaman, 89)*

Белгилүү, улуу ахли сүннөт аалымдарынан Суйути Азрети болсо үммөттүн өмүрү жөнүндө мындай деп билдирген:

**«МЕНИН ҮММӨТҮМДҮН ӨМҮРҮ 1500 ЖЫЛДАН КӨП АШПАЙТ.»**

*(Suyuti (Суйути), el-Keşfu an Mücavezeti Hazihil Ümmeti el-Elfu, el-havi lil Fetavi, Suyuti. 2/248, tefsiri Ruhul Beyan. Bursevi. (Араб тилинде) 4/262, Ahmed bin Hanbel, Kitâbu'l-İlel, sh. 89.)*

Пайгамбарыбыз (сав)дан риваят кылынган бүт бул маалыматтар каралганда, дүйнөнүн өмүрүнүн Хижрий 1500-жылдардан ашпашы тастыкталууда. Ушул себептен Люлин куйруктуу жылдызынын дүйнөгө жакын жерден дагы бир жолу 1000 жылдан кийин өтүшү сахих (ишенимдүү) хадистер жана ахли сүннөт аалымдарынын орток пикири боюнча мүмкүн эмес. (Туурасын Аллах билет.)

Бул, бир жагынан, Раббани Азрети *Мектубат*ында берген «эки тиштүү мүневвер жылдыз» жөнүндөгү маалыматтын Хижрий 1430-жылы дүйнөбүзгө жакын жерден өткөн Люлин куйруктуу жылдызына тиешелүү экендигинин бир далили жана, экинчи жагынан, Аз. Мехди (ас)дын чыгышы жөнүндө берген бул акыркы критерийдин да ишке ашкандыгынын анык бир көрсөткүчү.

**27) Космосто адам колуна окшогон бир көрүнүштүн пайда болушу**

... Эсма бинти Умейс мындай деди: **«АЛ КҮНДҮН (Аз. Мехди (ас)дын ЧЫГЫШЫНЫН) АЛААМАТЫ АСМАНДАН СОЗУЛГАН ЖАНА АДАМДАР АНЫ КАРАП ТУРГАН БИР КОЛ.»** *(Желаледдин Суйути жыйнагынан хадистер, Ahir Zaman Mehdisinin Alametleri (Акыр заман Мехдисинин алааматтары), Ali Bin Hüsameddin El Muttaki, 69-б.)*

**... МЫНА ОШОНДО (Аз. Мехди (ас) ЧЫГААР УБАКТЫСЫНДА) АСМАНДАН ӨЗҮН ТААНЫТКАН БИР КОЛ КӨРҮНӨТ...** *(Желаледдин Суйути жыйнагынан хадистер, Ahir Zaman Mehdisinin Alametleri (Акыр заман Мехдисинин алааматтары), Ali Bin Hüsameddin El Muttaki, 51-б.)*

**АСМАНДАН ЧЫККАН БИР КОЛ** жана «амириңер Мехди» деген бир кайрылуу угулганга чейин бөлүнүүлөр жана талаштар уланат. **АЛ КҮНДҮН АЛААМАТЫ: АСМАНДАН БИР КОЛ СОЗУЛАТ** жана адамдар аны карашат жана көрүшөт. *(Ahmed İbn-i Hacer-i Mekki (Heytemi), Beklenen Mehdinin Alametleri (Күтүлгөн Мехдинин алааматтары), El-Kavlu'l Muhtasar Fi Alamet-il Mehdiyy-il Muntazar, 53-б.)*

Пайгамбар Мырзабыз (сав)дан риваят кылынган бул хадистерде асманда бир **«колдун» көрүнөөрү жана ал колдун Аз. Мехди (ас)дын келүү алааматтарынан экени** билдирилүүдө. Ал кезге чейин талаш-тартыштардын уланаары жана Аз. Мехди (ас)дын асмандан, б.а. радио, телевизор жана интернет сыяктуу маалымат каражаттары аркылуу тынымсыз сөз болоору хадистерден түшүнүктүү болууда.

Америка Улуттук аэронавтика жана космос мейкиндигин изилдөө башкармалыгынын (NASA) алдындагы Chandra рентгендик обсерваториясы тарабынан тартылган бир космос фотосунда кол сыяктуу бир нейтрон жылдыздары тобу башка бир жылдыз тобун кармап жаткандай көрүнүүдө. Хадистерде айтылган «кол» сөзү NASA тарабынан **«Теңирдин колу»** деп аталган жана космостогу бир асман окуясы себеп болгон ушул көрүнүшкө ишарат кылган болушу мүмкүн. (Тuурасын Аллах билет.)

Бул жылдыз тобу пайда кылган кол формасынын турушу хадистеги «созуу» сыпатына да толук дал келет. NASA тарабынан тартылган сүрөттөгү кол формасы бир жерге созулуп жаткандай көрүнүүдө. Мындан тышкары, адамдардын Аз. Мехди (ас) доорундагы өнүккөн алдыңкы космос жана астрономия технологиясы урматында космостогу бул асман окуясын телескоптор аркылуу карап көрө алышы да хадистеги баянга толук дал келүүдө.

Аз. Мехди (ас)дын чыгуу алааматтары **«... эскирген жиби үзүлгөн бир шурунун мончоктору сыяктуу катары менен келүүчү алааматтарды күтүшсүн.»** (Эбу Хурейре радыйаллаху анх. Тирмизи) хадисинде айтылгандай, акыркы 30 жылдык убакыт аралыгында катары менен болуп өттү жана болуп жатат. Эң акыркы 2009-жылы 24-февральда дүйнөгө эң жакын жерден өткөн кош куйруктуу Люлин куйруктуу жылдызынын Имам Раббани тарабынан чечмеленген **«шарк тарабынан эки тиштүү мүневвер бир мүйүз чыгат»** хадисине ишарат кылышынан соң, эми болсо «**асмандан бир кол созулат»** хадиси ишарат кылган космостогу бул «кол көрүнүшү» Аз. Мехди (ас)дын чыкканына, иш-аракеттерин баштаганына, адамдар тарабынан таанылышынын да өтө жакын калганына далил болууда. (Туурасын Аллах билет.)

**28) Чоң селдердин болушу**

Жамгырдын көп жаашынан улам сел кырсыктарынын көбөйүшү кыяматтан мурда боло турган акыр замандын ишараттарынын бири. Жакынкы күндөрү дүйнөнүн ар кайсы аймактарынан келген сел кырсыгы жөнүндөгү кабарлар да биз жашап жаткан доордун акыр заман экенин тастыктоодо.

Пайгамбар Мырзабыз (сав) мындан 1400 жыл мурда биз жашап жаткан акыр заманда көбөйгөн жамгырлардын олуттуу кырсыктарга себеп болоорун хадистеринде билдирген.

Тарыхтын эч бир доорунда болбогондой көп санда кырсык кабарларын күн сайын телевизорлордон көрүп, гезиттерден окуп жатабыз. Табигый кырсыктардын акыркы жылдары сан жагынан да, масштабы жагынан да өскөнү статистикалык чындык. Биз жашап жаткан доордо болуп жаткан

табигый кырсыктар дүйнөнүн көптөгөн өлкөсүндө миллиондогон адамга таасирин тийгизип, эсеп жеткис чоңдуктагы материалдык жоготууларга жол ачты. Акыркы жылдары селдер себебинен пайда болгон жоготууларды анализдей турган болсок акыр замандын маанилүү ишараттарынын биринин ишке ашып жатканын апачык көрө алабыз.

2008-жылы Индияда июнь менен сентябрь айлары арасындагы жамгырлар себебинен келип чыккан сел кырсыгында миңден ашык киши өлдү. Пакистанда күчтүү жамгырлар себеп болгон селдерде 32 киши өмүрүнөн ажырады. Кытайда 2008-жылы май айында болгон күчтүү жер титирөөнүн борбору Сичуан шаары күчтүү жамгырлар астында калды. Кээ бир аймактарда олуттуу сел кырсыгы жана топурак жылышы болду. Болжол менен 1 миллион 880 миң кишинин жашоосуна таасир берген бул кырсыктарда 8 киши каза болду.

Кытайда өткөн ай күчтүү жамгырлар себебинен болгон сел кырсыгында 7 киши өлүп, 22 киши жоголду. Вьетнамдын түндүгүндөгү аймактарда ушул ай башында күчтүү жамгырлар себеп болгон сел менен топурак жылуулары натыйжасында 22 адам өмүрүнөн ажырап, 14 адамдын жоголгону билдирилди. Кээ бир Европа өлкөлөрүнө да сел кырсыгы таасир берди. Англиянын түндүк тарабында өткөн ай жана ушул ай болгон күчтүү жамгыр менен суу баскындары жашоого терс таасир берди. Чехияда өткөн айдын акыркы жумасында күчтүү жамгырлар себеп болгон селдерде 13 адам өлдү. Күчтүү жамгыр өзгөчө өлкөнүн түштүк аймагына көп таасир берди.

2000-жылы Мозамбикте 1 миллион адам сел себебинен үйсүз калган.

2002-жылы Индия, Непал жана Бангладеште мезгилдин мусон жамгырлары себеп болгон кырсыктарда болжол менен 1000 адам өлдү. Кытайда 2003-жылы күчтүү жаз жамгырларынан 2000 адам өлдү, 300 миң адам үйсүз калды. 1991-жылы Бангладеште болгон селдер натыйжасында 120000ден көп адам өлүп, миллиондогон адам үйсүз калды.

2007-жылы Азияда селдер себебинен 216 адам өлдү, 20 миллион адам үйсүз калды. 2007-жылы Түндүк Кореяда ашыкча жамгырлар себеп болгон сел кырсыгында 214 адам өлүп, 80 адам жоголду.

2007-жылы Мексикада сел кырсыгы себебинен үйлөрү бузулган 500 миң адам үйсүз калды.

Үй менен там калтырбаган күчтүү бир жамгыр жааганга чейин кыямат болбойт. *(Кыямат алааматтары, 253-б.)*

Асмандан күчтүү жамгыр жаап таш имараттардан тышкары бүт кирпич үйлөр бузулмайынча кыямат болбойт. *(Ahmed b. Hanbel (Ахмед б. Ханбел), Müsned (Муснед) 13/291, хадис №: 7554)*

Адамдарга **ЖАМГЫРДЫН МОЛЧУЛУГУ**, бирок түшүмдүн аздыгы менен алдамчы жылдар келет. Ал кезде калпычы адам туурага чыгарылып, **ЧЫНЧЫЛ АДАМ КАЛПЫЧЫГА ЧЫГАРЫЛАТ; ЧЫККЫНЧЫГА ИШЕНИЛЕТ, ИШЕНИМДҮҮ АДАМДЫ ЧЫККЫНЧЫЛЫК МЕНЕН АЙЫПТАШАТ** ... *(İbn-i Mace (Ибни Маже): 4036)*

Жетишпестик жана фитналар жылы; жамгырдын жаабашы эмес, **ЖАМГЫРДЫН ЖААП ЖААП, БИРОК ӨСҮМДҮК ӨСТҮРБӨШҮ.** *(Муслим)*

**... АНАН АЛЛАХ ЧИЙКИ СЫЯКТУУ ЖЕ КӨЛӨКӨ СЫЯКТУУ БИР ЖАМГЫР ЖӨНӨТӨТ,** же жамгыр түшүрөт. Андан адамдардын сөөктөрү (өлүү денелери) өсөт... *(Муслим: 7023)*

**КОШ КУЙРУКТУУ ЖЫЛДЫЗ КӨРҮНҮШҮНӨН 3 ЖЫЛ МУРДА КУРГАКТЫК БОЛУШУ ЖАНА АНДАН КИЙИН СЕЛ ОКУЯЛАРЫНЫН БОЛУШУ:**

Аз. Мехди (ас) чыгаарда кош куйруктуу бир куйруктуу жылдыз чыгат жана ушунчалык жаркыраган болгондуктан, толгон айдай жаркырайт. Бул жылдыз чыккан соң ушунчалык көп жамгыр жаап, көп зыян алып келет. Бирок адамдар ал жамгырларды кубануу менен тосуп алышат. Себеби андан мурдакы 3 жылда эч жамгыр жаабаган болот. *(Murtaza Lakha, R &K Tyrell Basımevi, Londra, 1993)*

❖ *«Люлин»* куйруктуу жылдызы 2009-жылы 24-февральда дүйнөгө эң жакын жерден өттү.

❖ Дал хадисте билдирилгендей, башка жылдыздардан айырмаланып эки куйрукка ээ жана нуру башка жылдыздардан 6 эсе көп.

❖ Хадисте билдирилгендей, жылдыз көрүнөөрдөн мурдакы 3 жыл бою жамгырлар дүйнөлүк масштабда өтө азайып, көп аймакта олуттуу бир кургакчылык башталган эле. Өкмөттөр арасы климат өзгөрүүсү боюнча панельде «Климат өзгөрүүсү 2007» отчету боюнча, 2007- жана кийинки бир канча жылда жамгыр жаабаган аймактарда кургакчылык күчөп, ал жерлерде ачарчылык менен оорулардын көбөйөөрү айтылган.

❖ Ушул эле хадисте айтылгандай, 2009-жылдын март айында Дим (Dim) дамбасынын эшиктери ашыкча суу толуусунан сынып, миңдеген адам үйүнөн эвакуация болууга мажбур болушкан. Учурда болуп жаткан сел кырсыктары да ушул жамгырлардын көбөйүшүнүн бир натыйжасы.

**КОШ КУЙРУКТУУ ЖЫЛДЫЗ КӨРҮНӨӨРДӨН 3 ЖЫЛ МУРДА БОЛГОН КУРГАКЧЫЛЫК**

**КОШ КУЙРУКТУУ ЖЫЛДЫЗ 2009-ЖЫЛЫ 24-ФЕВРАЛЬДА КӨРҮНГӨН СОҢ ЖАМГЫРЛАРДЫН КӨБӨЙҮШҮ**

**❖ 1979-Ж. 9-СЕНТЯБРЬ: СТАМБУЛДА ЧОҢ БИР СЕЛ БОЛГОН**

Аз. Мехди (ас)дын, хадистерде айтылгандай Хижрий 1400-ж., б.а. 1979-жылдагы, чыгышына туура келүүдө.

«Адамдар 1400-жылы Аз. Мехди айланасында чогулушат.»
***(Risaletül Huruc-ül Mehdi, 108-б.)***

**❖ 2009-Ж. 9-СЕНТЯБРЬ: УЧУРДА БОЛГОН СЕЛ КЫРСЫГЫ**

**29) Куш жана чочко тумоосу Аз. Мехди (ас)дын чыгуу алааматтарынан**

Пайгамбар Мырзабыз (сав) мындан 1400 жыл мурда акыр заманда адамдардын арасында эки эпидемиялык оорунун жайылаарын билдирген. Ошондой эле, Пайгамбарыбыз (сав) бул оорулар жөнүндө берген детальдуу маалыматтар аларды оңойураак биле алышыбызга шарт түзүүдө. Бул оорулар акыр заман алааматтары тынымсыз чыгып жаткан акыркы жылдары катары менен чыккан, экөөсү тең өлүмгө себеп болчу жана жугуштуу оорулар болгон куш жана чочко тумоолору. (Туурасын Аллах билет.) Бул жөнүндөгү кээ бир хадистер төмөнкүдөй:

«Алты нерсе кыяматтан мурда болот: ... Анан көп өлгөндөр болот. Силердин араңарда койлордун мурдуларынан аккан жана бир заматта өлтүрүүчү оору сыяктуу өлүмгө алып барчу эки оору таркайт.» *(Sahih–i Buhari (Сахихи Бухари), cizye (2/278 fethul bari))*

«Адамдар катуу коркмоюнча, Аз. Мехди (ас) чыкпайт. Андан мурда зилзалалар, фитналар, адамдардын башына келген балээлер жана чума оорусу чыгат... Мына ошол кезде (Аз. Мехди (ас)) чыгат. Ага жеткенге жана анын жардамчыларынан болгондорго сүйүнүчтүү кабарлар бар (алар кандай бактылуу). Ага (Аз. Мехди (ас)га) каршы чыккандар жана буйругуна каршы келгендерге шерменделик бар (алар шерменде, уят болушат).» *(Fera idu*

*Fevaidi'l Fikr Fi'l İmam el-Mehdi el-Muhtazar)*

AH1N1 чочко тумоосу менен AH5N1 куш тумоосу вирустары бул жандыктардын дем алуу каналдарындагы клеткалардын кабылдоочуларына жайгашат. Куштар да, чочколор да миллиондогон жылдан бери бар болгонуна карабастан, Пайгамбарыбыз (сав) билдирген ушул заманда жугуштуу ооруларга себеп болушу акыр заманда жашап жаткандыгыбыздын дагы бир далили. Бул нерсе дал Аз. Мехди (ас) чыгаар убакта Аллахтын буйругу менен адамдар арасында жайылды.

**30) Акыр замандын маанилүү бир алааматы – бул чагылган урууларынын көбөйүшү**

Аз. Энес (р.а.): «Кыямат жакындаганда, чагылгандар көп болот...»

**КЫЯМАТ ЖАКЫНДАГАНДА ЧАГЫЛГАНДАР УШУНЧАЛЫК КӨБӨЙГӨНДҮКТӨН,** адамдар (бир-бирине мындай) дешет: **«КЕЧЭЭ КИМГЕ ЧАГЫЛГАН ТИЙДИ?» АЛАР БОЛСО (МЫНДАЙ) ЖООП БЕРИШЕТ: «КЕЧЭЭ ПАЛАН ЖАНА ТҮКҮН (АДАМДАРДЫ) ЧАГЫЛГАН УРДУ.»**

*(El-Hakim, Müstedrek (Эль-Хаким, Мүстедрек), 4/444) (Ramuz el ehadis, 256/13-б.)*

Үйлөрүңөрдү жер титирөөлөр бузат, **ЖАНЫБАРЛАРЫҢАРДЫ ЧАГЫЛГАНДАР КҮЙГҮЗҮП КӨМҮРГӨ АЙЛАНТАТ.**

*(Nuaym bin Hammad (Нуайм бин Хаммад); Geleceğin Tarihi (Келечектин тарыхы) 4, 69-б.)*

Чагылган түшүүлөрү себеп болгон окуялар арасында эң көңүл бургандардын бири – бул 1998-жылы Конгодо футбол талаасына түшкөн чагылган матч ойноп жаткан 11 футболисттин өлүмүнө себеп болгон окуя. Ушул сыяктуу, 2001-жылы Мексикада футбол талаасына түшкөн чагылган себебинен болсо 6 адам өмүрүнөн ажырады. Булардан тышкары дүйнөдө чагылгандар себеп болгон окуялар дагы эле көп адамдын көз жумушуна, жаныбар, мал-мүлк жоготууларына себеп болууда.

**31) Багдаддын оттор менен жок кылынышы**

Акыр заманда Багдад оттор менен жок кылынат...

*(Risaletül Huruc ül Mehdi, 3-том, 177-б., Каттоо 854)*

**32) Ирак армиясынын чөлдө жоголушу**

«Аз. Мехди (ас)дын беш алааматы болот. Алар Сүфйани, Йемани, асмандан бир чакырык, **<u>Бейдада бир армиянын чөгүшү</u>** жана күнөөсүз адамдардын өлтүрүлүшү.» *(Nuaym Bin Hammad (Нуайм Бин Хаммад))*

...Дамасктан (Сириядан) өзүнчө бир армия ага каршы жөнөтүлөт, **бирок ал армия чөлдө жерге чөгөт.** *(El-Kavlu'l Muhtasar Fi Alamet-il Mehdiyy-il Muntazar, 22-б.)*

**<u>Бирок ал армия чөлгө киргенде, Зулхүлейфе деген жерде ушунчалык топуракка көмүлгөндүктөн,</u>** алардын үстүндөгүлөр астындагыларды, астындагылар үстүндөгүлөрдү кыяматка чейин көрө алышпайт. *El-Kavlu'l Muhtasar Fi Alamatil Mehdiyy-il Muntazar, 21-б.)*

**33) Ирактыктардын акчасынын калбашы**

**<u>«Ирактыктардын колунда</u>** өлчөй турган бир таразасы жана **<u>соода кыла турган бир акчасы дээрлик калбайт.»</u>** *(Kenzul Ummal, Kitab-ul kıyame, kısm-ul efal. 5-т. 45-б. El Muttaki (Эль Муттаки))*

Ирактыктардын азыр колунда акча болсо дагы, ал акча менен бир нерсе сатып алууда кыйналып жатышат.

**34) Ирак менен Дамаскка (Сирияга) эмбарго**

Эбу Надре (Р.А.) мындай деди; Жабир (Р.А.)нын жанында турганыбызда мындай деди: **<u>«Ушундай бир заман келатат, Ирак элине бир кафиз (кило), бир дирхам берилбейт».</u>**

«Бул кимден улам болот?» дедик. «Ажемдер (Араб эместер) буга бөгөт болушат» деди. Анан: **<u>«Дамаск элине бир динар, бир мүдй (кило) берилбейт»</u>** деди. «Бул кимден улам болот» дедик. «Румдардан (гректерден) улам» деди. *(Sahih Muslim (Сахих Муслим), 6961)*

**35) Ирактын кайрадан түзүлүшү**

...Жана Ирактагы күнөөсүз адамдар Дамаскты көздөй башпаанек издешет. Дамаск кайрадан түзүлөт, **<u>Ирак да кайрадан түзүлөт.»</u>**

*(Kenzul Ummal, Kitab-ul kıyame, kısm-ul efal. 5-т. 254-б., El Muttaki (Эль*

*Муттаки))*

**36) Дамаскта фитналардын болушу**

Дамаскта фитналар бир тараптан тынчыган сайын, башка бир тараптан тутунат.

Асмандан жарчы бир периште «Аз. Мехди (ас) амириңер (башчыңар). Аз. Мехди (ас) Халифаңар (руханий лидериңер).» дегенге чейин фитналар бүтпөйт. *(Risalet-ül Huruc-ül Mehdi... 63-б.)*

**37) Күнөөсүз жаш балдардын өлтүрүлүшү**

... Мухаммед үммөтүнөн күнөөсүз бир жаш бала өлтүрүлгөндө, асмандан бир периште «акыйкат анда (Аз. Мехди (ас)да) жана анын жанындагыда» деп кыйкырат. *(Sabban isafur Ragibin 154-б.)*

**38) Ирак элинин Дамаскка, түндүккө качышы**

... Иракка кол салынмайынча кыямат болбойт. (мына ошондо)

**Күнөөсүз жана таза Ирак калкы Дамаскка качат.**

*(Risalet-ül Huruc-ül Mehdi, 210-б.)*

**39) Дамаскта, Иракта жана Арабистанда каргашалардын болушу**

«Расулуллах (сав) мындай деген: ...Ушундай балээ жана кырсыктар болот; эч ким корголоно турган бир жер таба албай калат. **Ал балээлер Дамасктын айланасында жойлойт, Ирактын үстүнө түшөт. Арабистан жарым аралынын колу менен бутун байлайт.** Ислам үммөтү ал жакта балээлерге каршы кырларда согушушат. Эч ким аларга боор ооруп; вах! вах! да дебейт. Алар балээни бир жактан тосууга аракет кылып жатышканда, башка жактан ал кайра чыгат.»

*(Kenzul Ummal, Kitab-ul kıyame, kısm-ul efal. 5-т. 38-39-б. El Muttaki (Эль Муттаки))*

**... балээлер Дамасктын айланасында жойлойт,**

**Ирактын үстүнө түшөт.**

**Арабистан жарым аралынын колу менен бутун байлайт.**

**40) Евфрат менен Дижле (Түркияда бир шаар) арасында чоң уруштардын болушу**

**Евфрат менен Дижле арасында** Зевра деген бир шаар болот.

Ал жерде **чоң бир согуш болот. Аялдар туткунга алынып, эркектер болсо кой союлгандай мууздалат.»**

*(Kenzul Ummal, Kitab-ul kıyame, kısm-ul efal. 5-т. 38-б. El Muttaki (Эль Муттаки))*

**41) Ирак элинин үч топко бөлүнүшү**

Расулуллах (сав)дын айтуусу боюнча, **Ирак калкы үч топко бөлүнөт.** Бир бөлүгү **талоончуларга (мародер) кошулат.** Бир бөлүгү **үй-бүлөлөрүн артка таштап качышат.** Бир бөлүгү **согушуп, өлтүрүлүшөт.** Силер буларды көргөнүңөрдө кыяматка даярдангыла.

*(Feraidu Fevaidi'l Fikr Fi'l İmam El-Mehdi El-Muntazar)*

**Күфе калкы үч топко бөлүнөт:** Бир бөлүгү Сүфйанинин армиясына кошулат... **Бир бөлүгү алар менен согушат... Бир бөлүгү болсо талоончуларга кошулат...**

*(En-Necmu's Sakıb Fi Beyanı Enne'l Mehdi Min Evladı Ali B.Ebi Talib)*

**Бир бөлүгү талоончуларга кошулат**

**Бир бөлүгү үй-бүлөлөрүн артка таштап качышат**

**Бир бөлүгү согушуп, өлтүрүлүшөт**

## АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ЧЫГААРЫНЫН ҮМҮТ ҮЗҮЛҮШҮ ДА АНЫН ЧЫГУУ АЛААМАТТАРЫНАН

### АЗ. МЕХДИ (АС) ЧЫГААРЫНАН ҮМҮТ ҮЗҮЛГӨН КЕЗДЕ ЧЫГАТ

«Адамдар үмүтсүз болгон жана **«ЭЧ МЕХДИ ДЕГЕН НЕРСЕ ЖОК ЭКЕН» ДЕГЕН БИР УБАКТА АЛЛАХ Аз. Мехди (ас)ды ЖӨНӨТӨТ...»** *(Ali Bin Husameddin el-Muttaki, Kitab-ul Burhan fi-Alamet-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, 55-б.)*

**КАЛК ЧЫГЫШЫНАН ҮМҮТҮН ҮЗГӨН КЕЗДЕ АЛ (АЗ. МЕХДИ (АС)) ЧЫГАТ!** Анын убагында жашап ага жардам бергендер кандай

бактылуу! Ага душмандык кылып, ага жана анын буйругуна каршы чыккандарга жана анын душмандарынан болгондорго шерменделик! *(Şeyh Muhammed b. İbrahim-i Numani, Gaybet-i Numani 301-б.)*

**«... АЗ. МЕХДИ (АС) Расулуллах (сав)дын желеги менен, адамдардын башына балээ үстүнө балээ жааган жана ЧЫГЫШЫНАН ҮМҮТ ҮЗҮЛГӨН БИР УБАКТА ЧЫГАТ...»** *(Ali Bin Husameddin el-Muttaki, Kitab-ul Burhan fi-Alamet-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, 55-б.)*

Давуд бин Кесир-и Рыкки мындай дейт: Имам Эбу Абдуллах алейхиссаламга мындай дедим: «...Бул амир (б.а. кыям) (Аз. Мехди (ас)) өтө кечикти, ушунчалык болгондуктан жүрөктөрүбүз тарайды жана терең кайгыдан өлүп жатабыз.» Мындай деди: **«БУЛ ЗУХУР (АНЫН ЧЫГЫШЫ) МЫНДАН ДА ҮМҮТСҮЗ ЖАНА КАЙГЫ МЫНДАН ДА КӨП БОЛГОН КЕЗДЕ БОЛОТ.»** *(Şeyh Muhammed b.İbrahim-i Numani, Gaybet-i Numani, 208-б.)*

**... АНЫН (АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН) ЧЫГЫШЫ ҮМҮТСҮЗДҮК ЖАНА АЙЛАСЫЗДЫК УБАГЫНДА БОЛОТ.** *(Şeyh Muhammed b. İbrahim-i Numani, Gaybet-i Numani 274-б.)*

## АЗ. МЕХДИ (АС) ЖАШЫРУУН ЖАНА КАПЫСЫНАН ЧЫГАТ

Аз. Имам Рыза мындай деди: «...Бабаларымдан алып айтылган, **АЗ. МЕХДИ (АС) ЖАШЫРУУН ЖАНА КОКУСТАН ЧЫГАТ.»** *(Yenabi-ul Mevedde, 2-т., 197-б.)*

## АЗ. МЕХДИ (АС) ЧЫГААРДАН МУРДА ЭЛДЕРДЕГИ БУЗУЛУУЛАР

## АЗ. МЕХДИ (АС) ЧЫККАНДА КӨПЧҮЛҮК НАМАЗ ОКУБАЙТ, ИСЛАМДА ШАРАПТЫН АРАМ ЭКЕНИНЕН ДА КАБАРСЫЗ БОЛУШАТ

Аз. Хузейфенин айтуусу боюнча, Расулуллах Мырзабыз (сав) мындай деген:

«Эй Хузейфе! Ал күнү (Аз. Мехди (ас) чыкканда) алар Ридде (динден чыгуу) алдында болушат. **ШАРАПТЫ АДАЛ ДЕП ОЙЛОШОТ ЖАНА НАМАЗ ДА ОКУШПАЙТ.»** *(Ukayli "En-Necmu's-sakıb fi Beyanı Enne'l Mehdi min Evladı Ali b. Ebi Talib Ale't-Temam ve'l kamal)*

**АЗ. МЕХДИ (АС) ЧЫГААРДАН МУРДА ЖАЛГАН ЖАЛАА ЖАНА ЖАЛГАНЧЫ КҮБӨ КӨБӨЙӨТ**

Кыяматтын алдында... жалган күбөгө өтүү көбөйөт, акыйкатка күбөгө өтүү болсо жашырылат. *(Ramuz El - Hadis , 1/121)*

Жалган жалаанын көбөйүшү кыямат алааматтарынан. *(Ölüm- Kıyamet - Ahiret ve Ahir Zaman Alametleri, 450-б.)*

**АЗ. МЕХДИ (АС) ЧЫГААРДАН МУРДА ЭЛДЕРДЕ БАҢГИЗАТ МЕНЕН КЫЛМЫШТАРГА БАЙЛАНЫШТУУ ӨЛҮМДӨР КӨБӨЙӨТ**

Али (ас) мындай деген: **«АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН КЫЯМЫНАН МУРДА КЫЗЫЛ ӨЛҮМ жана АК ӨЛҮМ БОЛОТ**... *(Ikdü'd-Dürer, 98-б., Gaybet-i Numani, 397-б., Gaybet-i Şeyh Tusi, 267-б., Biharü'l-Envar, 52-т., 211-б.)*

Хадисте акыр заманда Аз. Мехди (ас) чыгаардан мурда коомдордо кылмыштардын көбөйөөрүнө көңүл бурулган. Хадистен апачык көрүнүп тургандай, учурда **АК УУ** (ар кандай баңгизат) деп аталган баңгизаттар менен хадисте айтылгандай **АК ӨЛҮМ** болот жана адамдарды материалдык жана руханий өлтүрөт. Мындан тышкары, хадисте айтылган (кан өңүндө) **КЫЗЫЛ ӨЛҮМ** менен болсо Аз. Мехди (ас)дан мурда **КАНДУУ КЫЛМЫШТАР ЖАСАЛААРЫНА** көңүл бурулган. **КЫЗЫЛ МЕНЕН АК ӨЛҮМДӨРДҮН** санындагы бул көбөйүү Аз. Мехди (ас)дын чыгуу алааматтарынан.

**АКЫР ЗАМАНДАГЫ АДАМДАР АРАСЫНДАГЫ СҮЙҮҮНҮН ЖОКТУГУ КЫЯМАТТЫН ДА, АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ЧЫГЫШЫНЫН ДА АЛААМАТЫ**

Баарына жалпы эмес, **ЖАЛГЫЗ (ТААНЫГАН, БИЛГЕН) АДАМДАРГА САЛАМ БЕРИЛ(ГЕН УБАКЫТ КЕЛ)МЕЙИНЧЕ**... кыямат болбойт. *(Ölüm-Kıyamet-Ahiret ve Ahir Zaman Alametleri, İmam Şarani (Имам Шарани), Tezkiretil Kurtubi Bedir Yayınevi, İstanbul 1981, 461-б., № 845)*

Амире бинти Нуфейл мындай дейт: «Имам Хүсейн алейхиссаламдын мындай дегенин уктум: **«СИЛЕР БИР-БИРИҢЕРДЕН БЕРИ (УЗАК) ЭКЕНИҢЕРДИ АЙТМАЙЫНЧА, БИР-БИРИҢЕРДИН БЕТИНЕ ТҮКҮРМӨЙҮНЧӨ, БИР-БИРИҢЕРДИ ТАКФИР ЭТМЕЙИНЧЕ** (каапырлык менен айыптамайынча) **ЖАНА БИР-БИРИҢЕРДИ**

**КАРГАМАЙЫНЧА (АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ЧЫГЫШЫ) БОЛБОЙТ.** Мындай дедим: Андай болсо ал кезде эч бир жакшылык жок. **«Жакшылыктын баары ошол кезде. Каимибиз (Аз. Мехди (ас)) кыям кылат жана булардын баарын жок кылат»** деди. *(Şeyh Muhammed b.İbrahim-i Numani, Gaybet-i Numani, 241-б.)*

Нүфейлдин кызы Үмейре мындай дейт: «Аз. Хасандын кызынын мындай дегенин уктум: **«Силер күткөн бул иш (АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ЧЫГЫШЫ) КЭЭ БИРЛЕРИҢЕР КЭЭ БИРЛЕРДЕН БЕРИ ЭКЕНИҢЕРДИ, АЛЫС БОЛООРУҢАРДЫ ИЗХАР КЫЛЫП (көрсөтүп) КАРГАШМАЙЫНЧА эч болбойт.»** *(Bihar-ul Envar, 52-т., 211-б.)*

**РИВАЯТТАРДА АЗ. МЕХДИ (АС) ЖОК ЖЕРДЕ «ЖЕР БЕТИНДЕГИ БҮТ НЕРСЕНИН БУЗУЛААРЫ» БИЛДИРИЛГЕН**

Эбу Хамза мындай дейт: «Имам Садык (ас)га мындай дедим: **«ИМАМСЫЗ (АЗ. МЕХДИ (АС) БОЛБОСТОН) ЖЕР БЕТИ БЕКЕМ (ТУРУКТУУ) КАЛАБЫ?» ИМАМ: «ЭГЕР ЖЕР ЖҮЗҮ ИМАМСЫЗ (АЗ. МЕХДИ (АС)СЫЗ) КАЛСА, АСТЫН-ҮСТҮН БОЛОТ»** деди. *(Usul-u Kafi, İslamiye baskısı, 1381, 1-т., 334-б.)*

Вешша мындай дейт: «Имам Рызадан (ас) «Жер бети имамсыз (Аз. Мехди (ас)сыз) калабы?» деп сурадым. Имам (ас) «Жок» деди. ... Имам (ас) анан мындай деди: **«ЖЕР БЕТИ ИМАМСЫЗ (АЗ. МЕХДИ (АС)СЫЗ) КАЛБАЙТ, АНТПЕСЕ ЖЕР БЕТИ АСТЫН-ҮСТҮН БОЛОТ.»** *(Usul-u Kafi, 1-т., 334-б.)*

Муфаззал бин Өмер Эмирүлмүминин алейхиссалам Күфе шаарынын минбарында мындай деди: **«БИЛИП КОЙГУЛА ЖЕР БЕТИ АЛЛАХТЫН ХҮЖЖЕТИ (АЗ. МЕХДИ (АС)) БОЛБОСТОН БУТУНДА ТУРА АЛБАЙТ... ЭГЕР АЛЛАХТЫН ХҮЖЖЕТИ (АЗ. МЕХДИ (АС)) БИР ЗАМАТКА ЖЕР БЕТИНЕН АЛЫНСА, ЖЕР ЭЛДИН ҮСТҮН БАСАТ.»** *(Şeyh Muhammed b. İbrahim-i Numani, Gaybet-i Numani, 162-б.)*

Аллах ар доордо жер бетиндеги бузукулуктун алдын алынышына, адамдардын бейпил жана бактылуу жашашына адамдарга Аллахтын динин баяндоочу, ага чакырыуучу элчилерин себепчи кылган. Аллах акыр заманда бүт дүйнө жүзүнүн бейпилдик менен кутулуусуна себепчи кылган киши болсо – бул Аз. Мехди (ас). Хадистерде Аз. Мехди (ас) болбогон шартта дүйнө жүзүнүн ар кандай кырсыктар менен кыйроого жана бузулууга туш болооруна, бүт дүйнөдө укмуш бир анархия менен башаламандык

жаралаарына ишарат кылынган. Чындап эле Аз. Мехди (ас)дын чыгышына аз калган ушул тапта дүйнөнүн көп тарабында террордун, согуштардын, кыргындардын өкүм сүрүп жатканы байкалууда.

Бедиүззаман Саид Нурси да эмгектеринде Аз. Мехди (ас)дын мындай өзгөчөлүгүнө көңүл бурган.

(Мехдинин) Экинчи озуйпасы (кызматы):

Хилафети Мухаммедийе (асм) наамы менен (Пайгамбарыбыз (сав)дын халифасы (орун басары), б.а. Мусулмандардын руханий лидери наамы менен) Ислам ахлагынын негиздерин кайрадан жандантуу. Ислам ааламынын биримдигин таяныч чекити кылып, **АДАМЗАТТЫ МАТЕРИАЛДЫК ЖАНА РУХАНИЙ КОРКУНУЧТАРДАН ЖАНА АЛЛАХТЫН АЗАБЫНАН** КУТКАРУУ... *(Emirdağ Lahikası, 259-б.)*

Бедиүззамандын айтуусу боюнча, Аз. Мехди (ас) Ислам дүйнөсүнүн руханий лидери катары бүт акыр замандын оор фитна менен башаламандыгы ичинде жашаган адамзатты материалдык, руханий бүт коркунучтардан куткарат жана адамдардын Аллахтын азабынан коргонушуна, натыйжада дүйнөдө жана акыретте кутулууларына себепчи болот.

## АЗ. МЕХДИ (АС) «АДАМДАР АР ТАРАПКА ТАРКАГАН» БИР ДООРДО ЧЫГАТ

Эбуъл Хижаф Пайгамбардын (сав) үч жолу мындай дегенин риваят кылат: «Аз. Мехди (ас) жөнүндө сүйүнүчтүү кабарлар болсун силерге, **ЭЛ ТАРКАГАН жана кыйынчылыктар чыккан КЕЗДЕ АЗ. МЕХДИ (АС) ЧЫГАТ...»** *(Bihar-ul Envar, 51-т., 74-б.)*

Риваятта Аз. Мехди (ас) чыгаардан мурдакы доордо **«калктын чачыранды абалда болоору»** кабар берилген. Бул болсо адамдардын иштөө, акча табуу сыяктуу ар кандай максаттар менен чет өлкөлөргө кетээрин жана чачыранды абалда болоорун көрсөтүүдө.

## АЗ. МЕХДИ (АС) АДАМДАР АРАСЫНДА УРУШ-ТАЛАШТАР ЭҢ КӨП БОЛГОН КЕЗДЕ ЧЫГАТ

Муфаззал бин Өмер айтат, Имам Эбу Абдуллах Жафери Садык алейхиссалам мындай деди: **«...Жана КАЛКТЫН ЭҢ АЖААНДАРЫ БОЛГОНДО, КӨРҮНҮҮ БОЛОТ (АЗ. МЕХДИ (АС) ЧЫГАТ).»** *(Şeyh Muhammed b. İbrahim-i Numani, Gaybet-i Numani, 187-б.)*

**АЗ. МЕХДИ (АС) АДАМДАР ЖАМАНДЫК, ЖЫРТКЫЧТЫК ЖАНА ЗУЛУМДУКТАН ТАЖАГАН КЕЗДЕ ЧЫГАТ**

Селеме б. Зүфер мындай дейт: «Бир күнү Хүзейфенин жанында «Аз. Мехди (ас) кыям этти (чыкты)» делгенде, Хүзейфе: «Эгер Аз. Мехди (ас) кыям эткен болсо силер Расулуллах (сав) дооруна жакын адамдарсыңар жана асхаб (сахабалар) дагы эле араңарда жашап жатат. Анда чындап бактылуу жана жыргалчылык адамдары болосуңар. Бирок жок, бул туура эмес, **АЗ. МЕХДИ (АС) АДАМДАР ЖАМАНДЫК, АЙБАНДЫК ЖАНА ЗУЛУМДУКТАН ТАЖАГАН** жана эч бир кайып (жашыруун жашаган) ал (киши)дей бийик жана сүйүктүү болбогон **БИР КЕЗДЕ КЫЯМ ЭТЕТ.**» деди. *(El-Havi, 2-т., 159-б.)*

**АЗ. МЕХДИ (АС) ЖАШЫРУУН КЕЗДЕ КООМДО ЗОМБУЛУК, АНАРХИЯ ЖАНА ПКК (ТҮРКИЯДАГЫ ТЕРРОРДУК УЮМ) ТЕРРОРУ БОЛОТ**

Аз. Мехди (ас)дын адамдар арасында көрүнбөгөн бир жашырынуу доору (көздөн кайымы) болот. Бул убакта адамдар Аз. Мехди (ас) жоголду, ал тургай кээ бирлери өлдү деп да ойлошот. Бул Пайгамбарыбыз (сав)дан риваят кылынган хадистерде мындайча айтылат.

**АЛ-И МУХАММЕДДИН КАИМИНИН (АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН) ЭКИ КӨЗДӨН КАЙЫМЫ (КАМАКТАГЫ УЧУРУ) БАР. БИРӨӨСҮ ЭКИНЧИСИНЕН УЗУНУРААК...** *(Şeyh Muhammed b. İbrahim-i Numani, Gaybet-i Numani 199-б.)*

«Бул кыямдын ээсинин (Аз. Мехди (ас)дын) эки көздөн кайымы бар. **БИР КӨЗДӨН КАЙЫМЫ** (камакта жаткан учуру) **УШУНЧАЛЫК КӨПКӨ СОЗУЛГАНДЫКТАН** мындай дешет: **«Өлдү.»** Кээ бирлери: **«Өлтүрүлдү»** дешет. Кээ бирлери: **«Кетти...»** дешет. *(Şeyh Muhammed b. İbrahim-i Numani, Gaybet-i Numani 198-б.)*

**... АЯГЫНДА МЕНИН УРПАКТАРЫМДАН БИРИ (АЗ. МЕХДИ (АС)) КАЛКТЫН КӨЗДӨРҮНӨН КАЙЫМ БОЛОТ. КАЛК АЛ ЖОГОЛДУ, ӨЛТҮРҮЛДҮ ЖЕ ӨЛДҮ ДЕШЕТ. АНАН ФИТНА ЧЫГАТ ЖАНА БАЛЭЭЛЕР ТҮШӨТ, <u>УРУУЧУЛУК (УЛУТЧУЛДУК) ФАНАТИЗМИ ТИРИЛЕТ, КАЛК ДИНИНДЕ ЖОЛУНАН АДАШАТ.</u>** *(Şeyh Muhammed*

*b.İbrahim-i Numani, Gaybet-i Numani, 163-б.)*

Жогорудагы хадисте болсо Пайгамбарыбыз (с.а.в) **«… АНАН ФИТНА ЧЫГАТ ЖАНА БАЛЭЭЛЕР ТҮШӨТ, УРУУЧУЛУК (УЛУТЧУЛДУК) ФАНАТИЗМИ ТИРИЛЕТ, КАЛК ДИНИНДЕ ЖОЛУНАН АДАШАТ.»** деп Хижрий 1400-жылдар (1979-1980-жж.) менен бирге коомдо башаламандык менен фитналар башталган, адамдар дин ахлагынан алыстап марксисттик, коммунисттик, атеисттик жана дарвинисттик пикирлерге бурула турган бир доорго көңүл буруууда. Чындап эле коомдо «80-жылдар» деп аталган өзгөчө Түркияда анархия, террор, башаламандык жана бейпилсиздик өтө өнүккөн, калктын жан, мал-мүлк коопсуздугу, бейпилдиги жоголгон, адамдар Ислам дининен алыстаган бир доорго кирилген. Өзгөчө ПКК (PKK) террору Түрк коомунда Күрт-Түрк бөлүнүүчүлүгү багытында фитна чыгарып, коом ичинде улутчулдук рухунун жаралышына себеп болгон. Элди Ислам дининин жылуу, тынчтыкты каалаган, сүйүү толо, бейпил рухунан алыстатып, коммунисттик, марксисттик жана дарвинисттик бир пикирге тарткан. Бирок Аз. Мехди (ас)дын чыгышы (көрүнүшү) менен иншаАллах бул батыл (негизсиз, жалган) идеологиялар пикирдик жактан жер менен жексен болот жана Аллах ишеними өтө ылдам бүт дүйнө жүзүндө таркайт.

## АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ЧЫГУУ АЛААМАТТАРЫНЫН БИРИ – БУЛ АДАМДАРДЫН ТУУРА ЖОЛДОН ЧЫККАН БОЛУШУ

Аз. Али мындай дейт: **«АДАМДАР АДАШУУ ЖОЛУНДА ОҢ МЕНЕН СОЛДУ КАРМАНГАН, ТУУРА ЖОЛДУ БИР ТАРАПКА ТАШТАШКАН.»** *(Nehc-ul Belaga, Hutbe 150)*

## АЗ. МЕХДИ (АС) КЫЙЫНЧЫЛЫКТАР КӨБӨЙГӨН БИР ДООРДОН СОҢ ЧЫГАТ

Эбуъл Хижаф Пайгамбардын (сав) үч жолу мындай дегенин риваят кылат: «Аз. Мехди (ас) жөнүндө сүйүнүчтүү кабарлар болсун силерге, эл таркаган жана **КЫЙЫНЧЫЛЫКТАР ЧЫККАН КЕЗДЕ АЗ. МЕХДИ (АС) ЧЫГАТ…»** *(Bihar-ul Envar, 51-т., 74-б.)*

## ПАЙГАМБАРЫБЫЗ (САВ) АКЫР ЗАМАНДА ПАЛЕСТИНАДА ЗУЛУМДУК БОЛООРУН КАБАР БЕРГЕН

Пайгамбарыбыз (сав) акыр заманда дүйнөнүн көп аймагында дажжалият себеп болгон башаламандык, уруш, кан төгүүлөрдүн, фитналардын болоорун

кабар берген. Мусулмандардын да бул оор шарттарда ар кандай кыйынчылыктарга кабылаарын айткан. Пайгамбарыбыз (сав) дажжалият фитнасы таасирдүү болот деген жерлердин бири – бул Палестина. Хадистеги Бейтүл Макдис сөзү Акса Мечитине жакын бир жер маанисине келет, б.а. Палестина аймагы жөнүндө сөз болууда. Учурда дал Пайгамбарыбыз (сав) кабар бергендей, палестиналык Мусулмандар чоң бир курчоо астында, жокчулук, ачарчылык жана ар түрдүү кыйынчылыктар менен сыналышууда.

Наим Каабдан алып, мындай деди:

Дажжал Бейтүл Макдисте (Акса Мечитине жакын бир жер, Палестина) **ЫЙМАНДУУЛАРДЫ КУРЧОО АСТЫНА АЛАТ ЖАНА АЛАРГА (ЫЙМАНДУУЛАРГА) УШУНЧАЛЫК КҮЧТҮҮ БИР АЧАРЧЫЛЫК КЕЛГЕНДИКТЕН,** ачтыктан жааларынын кылын да жегенге мажбур болушат. *(Желаледдин Суйути жыйнагынан хадистер, Ahir Zaman Mehdisinin Alametleri (Акыр заман Мехдисинин алааматтары), 48-б.)*

## АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ЧЫГААРЫНАН МУРДАКЫ КЫСЫМЧЫЛ ШАРТТАРДАН УЛАМ ЭЧ КИМ АЛЛАХТЫН АТЫН ЭРКИН ЭСКЕРЕ АЛБАЙТ

Шейх Тусинин Эль-Эмали китебинде: **«Бүт дүйнө бузукулукка толот. ЭЧ КИМ АЛЛАХ ДЕЙ АЛБАЙТ. Анан Улуу Аллах менден жана менин үй-бүлөмдөн бир затты (Аз. Мехди (ас)ды) жөнөтөт. Андан мурдакылар адилетсиздик менен толтургандай, ал (Аз. Мехди (ас)) болсо дүйнөнү адилеттүүлүккө толтурат.»**
*(Kitab-ül Gaybet, [Bihar-ul Envar, 51-том], Ansariyan Yayıncılık, Топтогон: Muhammed Bakır el-Meclisi, İran-Kum, 2003, 120-б.)*

Шейх Тусинин Эль-Эмали китебинде: «Дүйнө ушунчалык кысымчылык менен адилетсиздикке толгондуктан, **ЭЧ КИМ АЛЛАХТЫН ЫСЫМЫН ЖАШЫРУУН ЭМЕС (АЧЫК) АЙТА АЛБАЙТ. Анан Аллах дүйнөнү кысымчылык менен адилетсиздикке толгон сыяктуу, чынчылдык менен адилеттүүлүккө толтура турган жакшы бир коомду (Аз. Мехди (ас) жамаатын) алып келет.»** *(Kitab-ül Gaybet, [Bihar-ul Envar, 51-том], Ansariyan Yayıncılık, Топтогон: Muhammed Bakır el-Meclisi, İran-Kum, 2003, 186-б.)*

## АЗ. МЕХДИ (АС) АДАМДАР КЫЙЫНЧЫЛЫК, ЗУЛУМДУКТАРДАН ДАТТАНГАН КЕЗДЕ ЧЫГАТ

Эбуъл Хижаф болсо Пайгамбардын (сав) үч жолу мындай дегенин

риваят кылат: «Аз. Мехди (ас) жөнүндө сүйүнүчтүү кабарлар болсун силерге. **ЭЛ ТАРКАГАН ЖАНА КЫЙЫНЧЫЛЫКТАР ЧЫККАН (КӨБӨЙГӨН) КЕЗДЕ АЗ. МЕХДИ (АС) ЧЫГАТ. ЗУЛУМДУК МЕНЕН ЖЕМЕГЕ ТОЛГОН ЖЕР ЖҮЗҮН АДИЛЕТТҮҮЛҮККӨ ТОЛТУРАТ. КУЛДАРДЫН ЖҮРӨГҮНӨ АЛЛАХКА КУЛЧУЛУКТУ ОРНОТОТ ЖАНА АДИЛЕТТҮҮЛҮГҮ БҮТ БААРЫН КАПТАЙТ (ОРОЙТ).**
*(Peygamberin Ehl-i Beytinden Olan Hz. Mehdi (a.s.), 16-б.; Bihar-ül Envar, 51-т., 74-б.)*

Хадисте Аз. Мехди (ас)дын калк мазхабдарга бөлүнүп, топ-топ болуп бир-биринен бөлүнгөн, улутчулдук бөлүнүүчүлүгү болуп жаткан, экономикалык кыйынчылыктар көбөйгөн, анархия менен террор күчөгөн бир убакта чыгаары кабар берилген. Пайгамбарыбыз (сав) бул хадисти 3 жолу кайталаган. Бул кезде адамдардын экономикалык кризис, кымбатчылык жана баштарына келген материалдык жана руханий кыйынчылыктардан, зулумдуктардан улам тынымсыз арызданышаарын да айткан.

## АЗ. МЕХДИ (АС) ЧЫГААРДАН МУРДА БАШКАРУУ СИСТЕМАЛАРЫ ЖЫГЫЛЫП, ЭКОНОМИКАЛЫК ТӨМӨНДӨӨЛӨР БОЛОТ

Булардын баары (акыр заман алааматтары) **ӨЛКӨЛӨР ӨЗГӨРҮП, КУЛДАР АЛСЫЗ АБАЛГА ТҮШКӨН ЖАНА АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ЧЫГААРЫНАН ҮМҮТ ҮЗҮЛГӨН БИР УБАКТА БОЛОТ.** Мына ошондо менин урпактарымдан болгон **КАИМ (АЗ. МЕХДИ (АС)) БИР КООМ (ТОП) МЕНЕН ЧЫГАТ ЖАНА АЛЛАХ БУЛ КООМ (ТОП) АРКЫЛУУ АКЫЙКАТТЫ ҮСТӨМ КЫЛЫП, АЛАРДЫН ИЛИМИЙ КЫЛЫЧЫ МЕНЕН БАТЫЛДЫ (ЖАЛГАНДЫ) ӨЧҮРӨТ...** Эй адамдар, Аз. Мехди (ас)дын чыгышын бир-бириңерге сүйүнчүлөгүлө. Себеби Аллахтын убадасы чындык, куру убада эмес. Анын өкүмү артка кайтарылбайт. Ал бүт нерсени хикмат (терең максат, маани) менен жасайт жана бүт баарын билет. **АЛЛАХТЫН ЭЭЛЕШИ (ЖЕҢИШИ) ЖАКЫН.** *(Yenabiu'l-Mevedde, 440-б.)*

Пайгамбарыбыз (сав) акыр заман жөнүндөгү куттуу хадистеринде Аз. Мехди (ас) чыгаардан (көрүнөөрдөн) мурда боло турган кээ бир окуяларды кабар берген. Бул хадистер акыр замандын ичинде жашап жатканыбызды түшүнүшүбүз үчүн өтө маанилүү алааматтар. Бул хадисте болсо Пайгамбарыбыз (сав) Аз. Мехди (ас)дын чыгаарынан үмүт үзүлгөн, калп «дин аалымдары» «Аз. Мехди (ас) руханий бир нерсе, мурда келип өтүп кеткен, Аз. Мехди (ас)дын келишин күтпөгүлө, Аз. Мехди (ас) бул кылымда келбейт,

бир топ кылымдан кийин келет, ошондуктан Ислам ахлагынын дүйнөгө орношу бул кылымда болбойт...» сыяктуу сөздөрдү айта турган бир доорду сүрөттөгөн. Ал доордо дүйнө кабыла турган кризистерди кабар берип, кээ бир өлкөлөрдө саясий режимдердин өзгөрөөрүн айткан. Чындап эле биз жашап жаткан доордо коммунисттик режим менен башкарылган көптөгөн өлкөдө башкаруу системалары өзгөрүп, катары менен чоң экономикалык кризистер болду. Азыр дагы 2007-жылдан бери бүт дүйнөнү олуттуу таасири астына алган жана дүйнөнүн эң белгилүү уюмдары 7 жылга созулаарын айткан чоң бир экономикалык кризис уланып жатат. Мындан тышкары, бүт дүйнөгө жайылган жугуштуу оорулар, маданий кризистер (чөгүүлөр) да биринин артынан бири болуп жатат. Бул алааматтардын катары менен бир шурунун үзүлгөн мончоктору сымал болуп жатышы Аз. Мехди (ас)дын чыкканын жана өз кызматын кылып жатканын көрсөтүүдө. Башка хадистерден да түшүнүктүү болгондой, хадисте Аз. Мехди (ас) ичинен чыга турган коом – бул Түрк коому (эли). Аллах Аз. Мехди (ас) менен баатыр Түрк коомун себепчи кылып Аллахтын динин илим, билим жана табигый-так илимдер менен башка бүт диндерден үстөм кылат. Аз. Мехди (ас) доорунда иншаАллах Түркиянын лидерлиги менен бир Түрк-Ислам Биримдиги курулат.

## АЗ. МЕХДИ (АС) АДАМДАР АЛАРДЫ БАШКАРА ТУРГАН БИР АДАМДЫ ДА ТАППАЙ КАЛГАН КЕЗДЕ ЧЫГАТ

Аз. Мехди (ас) чыгаардан мурда ал жашаган коомдогу адамдар аларды башкарышы үчүн ар чөйрөдөн көп адамдарды башкаруучу кылып, бирок өздөрү издеген адилеттүүлүктү, бейпилдикти, эсенчиликти, тынчтыкты жана коопсуздукту коомдо түзө алышкан эмес болот. Ал эми Аз. Мехди (ас) менен бирге бүт дүйнөгө Аллахтын дини менен Куран ахлагы орнойт. Аз. Мехди (ас) чыккан соң эч ким, хадисте айтылгандай, «эгер биз бийликке жетип өкмөт түзгөнүбүздө адилеттүү болмокпуз» дей албайт. Аз. Мехди (ас) Аллахтын уруксаты менен Куран ахлагы жана Пайгамбарыбыз (сав)дын сүннөтү менен өкүм берип, анын себеби менен бүт дүйнөгө дин ахлагы алып келген адилеттик, бейпилдик, сүйүү жана мээримдүүлүк маанайы орнойт.

Хишам б. Салим Имам Садык (ас)дын мындай дегенин риваят кылат:

**«КАЛКТЫН БҮТ ЧӨЙРӨЛӨРҮ БИЙЛИККЕ ЖЕТМЕЙИНЧЕ, АЗ. МЕХДИ (АС) ЧЫКПАЙТ.»** Ошентип эч ким **«ЭГЕР БИЗ БИЙЛИККЕ ЖЕТИП ӨКМӨТ ТҮЗГӨНҮБҮЗДӨ АДИЛЕТТҮҮ БОЛОТ ЭЛЕК»** дей албайт. *(Bihar-ül Envar, 52-т., 244-б.)*

## АДАМДАР ЧЫГУУ ЖОЛУН ИЗДЕП, АЯГЫНДА КУТУЛУУНУ –

**АЛЛАХТЫН БУЙРУГУ МЕНЕН- АЗ. МЕХДИ (АС)ДАН ТАБЫШАТ**

Аз. Жафер Садык (ас) мындай дейт: **«Калк (адамдар) бүт тарапта (куткаруучу) издешет. Андан башкасын таба албай, кайра аны (Аз. Мехди (ас)ды) көздөй чуркашат.»** *(Bihar, 52-т., 326-б.)*

Аз. Бакыр (ас) Эбан б. Таглибге мындай деди: **«... Аз. Мехди (ас) да бизден жана акыр заманда динди коргойт.»** *(İsbat-ul Hudat, 2-т., 559-б.)*

**АКЫР ЗАМАНДА АДАМДАРДЫН ЖҮЗДӨРҮ БУЗУЛУП, СУЛУУ ЭМЕС БОЛУП КАЛАТ**

Пайгамбарыбыз (сав) хадистеринде акыр заманда адамдардын кебетелеринин өзгөрөөрүн, келбетинин бузулаарын, үстүндө «адам» сыпатынын калбашын, чочко менен маймыл сыяктуу түрү суук жана келбетсиз болуп калышаарын, жүздөрүнүн нурсуз, маанисиз жана жагымсыз бир көрүнүштө болоорун жана адам кейипинин жоголоорун; көңүлсүз, өлүктөрдөй байкуш, кубанычсыз, маанайсыз адамдар пайда болоорун кабар берген.

Айше (ра)дан: **«БУЛ ҮММӨТТҮН АЯГЫНДА** хасф (жерге чөгүү), **МЕСХ (КЕБЕТЕНИН ӨЗГӨРҮШҮ)** жана казиф (таш жаашы) болот...» *(Muhammed B. Resul El Hüseyin El Berzenci (Эль Хүсейин Эль Берзенжи), Kıyamet Alametleri, 111-б.)*

Акыр заманда жерге чөгүү, таш жаашы болот жана **АДАМ КЕЙПИНЕН ЧЫГУУ БОЛОТ.** *(Hz. Sehl İbni Saad, Ramuz El Ehadis, 2-том, 302/8-б.)*

(Ибни Маже) Эби Умаме (ра)дан: **«ҮММӨТҮМДӨН БИР КООМ** жеп (ичип) жыргап жатышат, эрте менен **МАЙМЫЛ МЕНЕН ЧОЧКО БОЛУП ТУРУШАТ..»** *(Taberâni) Muhammed B. Resul El Hüseyin El Berzenci (Эль Хүсейин Эль Берзенжи), Kıyamet Alametleri, 111-б.)*

**ЭВОЛЮЦИЯ МЕНЕН МАЙМЫЛДАН ПАЙДА БОЛГОНБУЗ ДЕП ИШЕНГЕН КЭЭ БИР АДАМДАР МАЙМЫЛ МЕНЕН ЧОЧКО МҮНӨЗҮНДӨ ЖАНА КӨРҮНҮШҮНДӨ БОЛУШАТ**

Риваяттардын ишараты боюнча акыр заманда адамдарды Аллах жараткан эмес, кокустуктар натыйжасында пайда болушкан деп ойлогон кээ бир адамдар болот (Аллахты аруулайбыз) жана ал адамдар «биз жана үй-бүлөлөрүбүз маймылдарбыз» дешет. Хадистерде «эволюция менен» жаралганына ишенген, өздөрүн маймыл, б.а. бир айбанбыз деген мындай адамдардын **«кебетелеринин да маймылга**

**окшошоору»** кабар берилген. Адамдык сулуулугу бузулуп, нурсуз, жагымсыз жана патологиялык келбетте болуп калышат жана үстүлөрүндөгү адамдык жагымдуулук, сулуулук жок болот.

Хадистерде берилген маалыматтардан, мындан тышкары, Пайгамбарыбыз (сав) **«маймыл»** деп сыпаттаган жана «маймылдар сыяктуу болоорун» кабар берген бул адамдардын **«өздөрүн маймыл катары көрүшөөрү жана маймыл мүнөзүндө болушаары»** түшүнүктүү болууда.

Мухаммед (сав)дын нафси кудуреттүү колунда болгонго касам (ант) ичем, **ҮММӨТҮМДӨН БИР ЖАМААТ ... ЭРТЕ МЕНЕН ТУРГАНДА ЧОЧКО МЕНЕН МАЙМЫЛ КЕБЕТЕСИНДЕ ТУРУШАТ...** *(Аз. Убаде РА) (Kıyamet Alametleri, Râmûz el-Ehàdîs'ten Dersler, 459/2)*

«Нафсим кудуреттүү колунда болгонго ант ичем, **ҮММӨТҮМДӨН КЭЭ БИР АДАМДАР ... БИР МАЙМЫЛ ЖАНА ТӨМӨН (ЧОЧКО) КЕЙПИНЕ АЙЛАНЫШАТ.»** *(Râmûzu'l-Ehadîs, Hadîs no: 5711)*

(Ибни Маже) Эби Умаме (ра)дан: **«ҮММӨТҮМДӨН БИР КООМ** жеп (ичип) жыргап жатышат, эрте менен **МАЙМЫЛ МЕНЕН ЧОЧКО БОЛУП ТУРУШАТ..»** (Taberâni) Muhammed B. Resul El Hüseyin El Berzenci (Эль Хүсейин Эль Берзенжи), Kıyamet Alametleri, 111-б.)

Али б. Эбу Талип жана Эбу Хурейре (ра)дан алып айтылышы боюнча, Аллахтын Элчиси саллаллаху алейхи ва саллам мындай деген:

«... **КЕБЕТЕЛЕРДИН МАЙМЫЛ ЖЕ ЧОЧКОГО АЙЛАНЫШЫН,** асмандан таш жана ошого окшоштордун жаашын **КҮТКҮЛӨ!»** *(Тирмизи) (Muhammed B. Resul El Hüseyin El Berzenci (Эль Хүсейин Эль Берзенжи), Kıyamet Alametleri, 114-б.)*

**ДАРВИНИЗМДИ ЖАКТАГАН КЭЭ БИР «ДИН ААЛЫМДАРЫ» МАЙМЫЛ МЕНЕН ЧОЧКО СЫЯКТУУ БОЛУШАТ**

Үммөтүмдүн ичинде коркунучтуу окуялар болуп, **АДАМДАР КОРГОЛОНУУ ҮЧҮН ААЛЫМДАРЫНЫН ЖАНЫНА КАЙТЫП КЕЛИШЕТ ЖАНА БИР ЗАМАТТА АЛАРДЫН МАЙМЫЛ ЖАНА ЧОЧКО ЭКЕНИН КӨРҮШӨТ.** *(İmam Şarani (Имам Шарани), Ölüm Kıyamet Ahiret ve Ahir Zaman Alametleri Muhtasaru Tezkiretil Kurtubi, 470-б.)*

Акыр заманда кээ бир калп «дин аалымдары» дарвинизмди жакташат жана өздөрүнүн эволюция менен пайда болгонуна ишенишет. Өздөрүн

маймылбыз, б.а. бир айбан түрүбүз деп айтышкандыктан, Пайгамбарыбыз (сав) да бул кишилерди **«маймыл»** деп сыпаттап, **«маймылдар сымал болушаарын»** кабар берген.

Хадисте, ошондой эле, кээ бир калп «дин аалымдарынын» **«чочко сыяктуу кежир, катуу, киши жактырбаган, орой, колуна киргендин баарын жеген, мээримсиз жана рухсуз болооруна»** ишарат кылынган.

## ХАДИСТЕРДЕ АЙТЫЛГАН «АСМАНДАН ТАШ ЖАНА ОШОГО ОКШОШТОРДУН ЖААШЫ» УЧУРДА ДҮЙНӨНҮН КӨП ЖЕРЛЕРИНЕ БАГЫТТАЛГАН БОМБАЛООЛОР АРКЫЛУУ БОЛУУДА

Айша (ра)дан: **«БУЛ ҮММӨТТҮН АЯГЫНДА ХАСФ (ЖЕРГЕ ЧӨГҮҮ),** месх (кебетенин өзгөрүшү) **ЖАНА КАЗИФ (ТАШ ЖААШЫ) БОЛОТ...»** *(Muhammed B. Resul El Hüseyin El Berzenci (Эль Хүсейин Эль Берзенжи), Kıyamet Alametleri, 111-б.)*

Али б. Эбу Талип жана Эбу Хурейре (ра)дан алып айтылышы боюнча, Аллахтын Элчиси саллаллаху алейхи ва саллам мындай деген:

**«... ЗИЛЗАЛА, ЖЕР МЕНЕН ЖЕКСЕН БОЛУУ БАЛЭЭСИН,** кебетелердин маймыл же чочкого айланышын, **АСМАНДАН ТАШ ЖАНА ОШОГО ОКШОШТОРДУН ЖААШЫН КҮТКҮЛӨ!»** *(Тирмизи) (Muhammed B. Resul El Hüseyin El Berzenci (Эль Хүсейин Эль Берзенжи), Kıyamet Alametleri, 114-б.)*

**АКЫР ЗАМАНДА ЖЕРГЕ ЧӨГҮҮ, ТАШ ЖААШЫ ЧЫГАТ** жана адам кейпинен чыгуу болот. *(Hz. Sehl İbni Saad, Ramuz El Ehadis, 2-том, 302/8-б.)*

Пайгамбарыбыз (сав) хадистеринде акыр заманда **«асмандан таш жана ошого окшоштордун жаашын», «зилзалалар болоорун», «жер менен жексен болуу балээсинин болоорун»** жана **«жерге чөгүү окуяларынын болоорун»** кабар берген. Биз жашап жаткан кылымда дүйнөнүн көп тарабында бомбалоо аркылуу асмандан таш жаап жатат. Жерге түшкөн бомбалар, хадисте **«таш жана ошого окшоштордун жаашы»** деп айтылгандай, жердеги топурак менен ташты көтөрүп, адамдардын үстүнө учурууда жана анын натыйжасында болсо чоң масштабда адамдар өлгөн балээлер болууда.

## АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫ БАШЫНДА АДАМДАРДЫН КӨПЧҮЛҮГҮ

**БАЙКАШПАЙТ**

**АДАМДАР АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫ ҮЙЛӨРҮНДӨ, КӨЧӨЛӨРДӨ КӨРҮШҮП, АНЫ КӨП КАРАШАТ; БИРОК «АЗ. МЕХДИ (АС)» ЭКЕНИН БИЛИШПЕЙТ**

Седири Сейрефи мындай дейт: Имам Эбу Абдуллах Жафери Садык алейхиссаламдан уктум: «... Акысы тартып алынган жана өзү таанылган байкуш имамыбыз жана бул (көздөн кайымдын) ээси **(АЗ. МЕХДИ (АС)) АЛАРДЫН АРАСЫНДА ЖҮРӨТ, БАЗАРЛАРЫН КЫДЫРАТ, АЛАР БАСКАН ЖЕРЛЕРДЕН ӨТӨТ. БИРОК АЛАР АНЫ (АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫ) ТААНЫШПАЙТ,** аягында Аллах өзүн аларга таанытышы үчүн Аз. Йусуф (ас)га уруксат бергендей ага уруксат берет.» *(Şeyh Muhammed b. İbrahim-i Numani, Gaybet-i Numani, 189-б.)*

Амр бин Саъд Эмирүлмүминин Али бин Эби Талиб алейхиссаламдан алып айтат: «... Алинин Раббисине ант болсун, хүжжет **(АЗ. МЕХДИ (АС)) ТИК ТУРАТ, ДҮЙНӨНҮН ЖОЛДОРУНДА БАСАТ, <u>ҮЙЛӨРГӨ ЖАНА САРАЙЛАРГА КИРЕТ</u>, БУЛ ЖЕРДИН ЧЫГЫШЫ МЕНЕН БАТЫШЫНДА КЫДЫРАТ, <u>СӨЗДӨРҮ УГУЛАТ, ЖАМААТКА САЛАМ БЕРЕТ</u>, КӨРӨТ,** бирок убада кылынган убакытка жана асмандан төмөнкү үн келгенге чейин билинбейт (таанылбайт).» *(Şeyh Muhammed b. İbrahim-i Numani, Gaybet-i Numani 167-б.)*

Пайгамбарыбыз (сав), чыгаардан мурдакы убакта, Аз. Мехди (ас)дын адамдар арасында көп көрүнөөрүн, адамдар аны үйлөрүндө отурган кезде, көчөлөрдө жүргөн кезде көрүшөөрүн, телевизорлордон, интернеттен үнүн угуп өзүн көрүшөөрүн, атын угушаарын, бирок ошого карабастан анын Аз. Мехди (ас) экенин таанып билишпешин айткан. Ошол сыяктуу, Аз. Мехди (ас)дын адамдар арасында, базарларда жүрөөрү, бирок анын Аз. Мехди (ас) болушун күтпөгөндүктөн адамдардын аны катардагы бир адамдай көрүп тааныбай турганы да кабар берилген. **Хадистерде берилген бул маалыматтар Аз. Мехди (ас)дын адамдар арасында таанымал, белгилүү; атак-даңкы чыккан, бүт адамдар билген, бирок «А. Мехди (ас) сыпаты менен таанылбаган» бир адам болоорун көрсөтүүдө.**

**АЗ. МЕХДИ (АС) «МЕН АЗ. МЕХДИ (АС)МЫН» ДЕБЕЙТ; БИРОК АДАМДАРДЫН КӨЗҮНДӨГҮ КАПЫЛЕТТИК ПАРДАЛАРЫН АЛЫП САЛЫП, «МЕХДИ ЧЫНДЫГЫН» ТҮШҮНҮШҮНӨ ШАРТ ТҮЗӨТ**

Аз. Мехди (ас) эч качан адамдарга «мен Мехдимин» дебейт. Аллах Пайгамбарыбыз (сав) оозунан кабар берген алааматтар (белгилер) аркылуу аны адамдарга таанытат. Бул алааматтардын бири болсо – **«АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫ АДАМДАРГА ЭҢ ЖАКШЫ АЙТЫП БЕРЕ ТУРГАН АДАМДЫН КАЙРА ЭЛЕ БИР ГАНА АЗ. МЕХДИ (АС) БОЛУШУ».** Аз. Мехди (ас) кылган эмгектери менен; Пайгамбарыбыз (сав)дын хадистерин жана Ислам аалымдарынын Аз. Мехди (ас) жөнүндөгү сөздөрүн эң туура жана эң хикматтуу жоромолдошу менен адамдарга Аз. Мехди (ас)ды эч кемчиликсиз таанытат. Бир хадисте Аз. Мехди (ас)дын Пайгамбарыбыз (сав)дын акыр заман жөнүндө берген маалыматтарынын маңызын түздөн-түз билген киши болоору, ушул себептен Пайгамбарыбыз (сав)дын акыр заман жөнүндөгү хадистерин эң туура түшүндүрө турган кишинин да кайра эле бир гана Аз. Мехди (ас) болоору мындайча айтылган:

Эбу Басир мындай дейт: Имам Мухаммед Бакыр алейхиссаламдын мындай дегенин уктум: «... Мындай деди: Аз. Мехди (ас) кыям эткенде Расулуллахтын жолунан жүрөт. **БИР ГАНА АЛ (АЗ. МЕХДИ (АС)) РАСУЛУЛЛАХ (САВ)ДЫН ЭМГЕКТЕРИН ТҮШҮНДҮРӨТ...»** *(Şeyh Muhammed b. İbrahim-i Numani, Gaybet-i Numani 191-б.)*

Аз. Мехди (ас) хикматтуу түшүндүрүп берүүлөрү аркылуу адамдардын парасаттарын ачат. Апачык «мен Аз. Мехди (ас)мын» дебейт, бирок руханий Аз. Мехди (ас)дын бар экенине жана күчүнө ишарат кылуу менен адамдардын көздөрүндөгү капылеттик пардасын ачып, «Мехди чындыгын» түшүнүүлөрүнө шарт түзөт. Аз. Мехди (ас) Аз. Мехди (ас)дан сөз кылган сайын адамдар барган сайын анын Аз. Мехди (ас) экенине чындап ишенишет жана ага руханий моюн сунгулары келет.

**АДАМДАРДЫН АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫ ТААНЫЙ АЛБАШЫНЫН БИР СЫРЫ – БУЛ АЛЛАХТЫН АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫ КОРГОШУ**

**БИРОК АЛЛАХ КАЛКТЫН НАПСИЛЕРИНЕ (НАФС) БОЛГОН ЗУЛУМДУГУ, АЗАБЫ ЖАНА ЫСЫРАПКОРЛУГУ СЕБЕБИНЕН АНЫ (АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫ) КАЛКТАН ЖАШЫРАТ.** *(Şeyh Muhammed b. İbrahim-i Numani, Gaybet-i Numani 162-б.)*

**АЗ. МЕХДИ (АС) БАШЫНДА АТЫНЫН ЖАЙЫЛЫШЫНАН КАЧЫНАТ**

Пайгамбарыбыз (сав)дын хадистеринде берилген маалыматтардан чыгаардан мурдакы убактарда Аз. Мехди (ас)дын ысмынын көп жайылтылбашы түшүнүктүү болууда. Аз. Мехди (ас)дын ысмы жайылбашы үчүн бирден-бир жол – бул псевдоним (башка бир ат) колдонуу. Ушул себептен Аз. Мехди (ас) иш-аракеттеринин алгачкы убактарында өз ысмын жашырып, өз атынын ордуна башка бир ысым колдонот.

Муфаззал бин Өмер мындай дейт: Имам Эбу Абдуллах Жафери Садык алейхиссаламдын алдында элем жана мени менен бирге башкалар да бар эле. Имам алейхиссалам бизге мындай деди: **«ЭЧ АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН АТЫН ЖАЙЫЛТА КӨРБӨГҮЛӨ»**... *(Şeyh Muhammed b. İbrahim-i Numani, Gaybet-i Numani 174-б.)*

Ушул эле хадисти шейхибиз Мухаммед бин Йакубу Кулейни (ра) да алып өткөргөн: «Аллах силердин хидаятыңарды көбөйтсүн көрдүңөрбү? **АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН АТЫНЫН ЖАЙЫЛТЫЛБАШЫ ЖӨНҮНДӨГҮ ХАДИСТЕРДЕ ИМАМ ЭМНЕ ДЕЙТ: «АНЫН (АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН) АТЫН ЖАЙЫЛТПАГЫЛА»**...» *(Şeyh Muhammed b. İbrahim-i Numani, Gaybet-i Numani 175-б.)*

**АЗ. МЕХДИ (АС) АДАМДАРГА КӨРҮНӨТ, БИРОК АЛЛАХ АНЫН АЗ. МЕХДИ (АС) ЭКЕНИН БЕЛГИЛҮҮ МӨӨНӨТКӨ ЧЕЙИН АДАМДАРДАН ЖАШЫРАТ**

Аллах Таала аны менен (Аз. Мехди (ас) менен) **адамдар арасына бир парда тартат, алар аны көрүшөт бирок таанышпайт.** *(Kemalu'd-din, 2-т., 351-б.)*

**ЧЫН ЫКЛАСТУУ МУСУЛМАНДАР АЗ. МЕХДИ (АС) МЕНЕН ШАКИРТТЕРИН АКЫРЫНДАП СҮЙҮП, БАРКТАШАТ**

... Аз. Пайгамбар... мындай деди: «Жебраил мага кабар берди; Эхли Бейтим менден соң зулумдукка кабылат. Бул зулумдук алардын арасынан Аз. Мехди (ас) чыкканга, **АЛАРДЫН (АЗ. МЕХДИ (АС) МЕНЕН ШАКИРТТЕРИ) АТАК-ДАҢКЫ КӨТӨРҮЛГӨНГӨ ЖАНА ИСЛАМ ҮММӨТҮ АЛАРДЫ СҮЙҮҮДӨ БИРИККЕНГЕ ЧЕЙИН УЛАНАТ. АЛ КЕЗДЕ АЛАРДЫ ЖАМАНДАГАНДАР АЗАЙАТ, СҮЙБӨГӨНДӨРДҮН БАШЫ ЖЕРГЕ САЛЫНАТ ЖАНА МАКТАГАНДАРЫ КӨБӨЙӨТ**.» *(Hidayet Önderleri (Хидаят башчылары), Hz. Muhammed Mustafa, 1-том, 314-б.)*

Акыр заманда Аз. Мехди (ас) чыгаардан мурда мусулмандарга күчтүү кысымчылык, зомбулуктар жасалат. Бирок адамдар Аз. Мехди (ас)дын чыкканын катары менен болуп жаткан акыр заман алааматтарынан түшүнүшөт. Бул кезде Аз. Мехди (ас) менен чын ыкластан Аллахка моюн сунган шакирттеринин аттары өтө көп айтыла баштайт. Атак-даңкы дүйнөгө тарайт. Андан соң ыйман келтиргендер Аз. Мехди (ас) менен шакирттерин акырындап баары сүйүп баштайт. Бирок бул учур келгенге чейин Аз. Мехди (ас) менен шакирттерине карата зулумдук, кысымчылык уланып, аны жамандагандар болот. Бирок акырындап андай адамдар азайат, тообо кылып, ниеттерин оңдогондордон тышкары, ал кишилер уят болуп, басмырланган абалга түшүшөт. Аз. Мехди (ас)ды сүйгөн, мактаган адамдардын саны акырындап абдан көбөйөт.

**ЧЫГААРДАН МУРДА АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН АТАК-ДАҢКЫ ТЫНЫМСЫЗ ЖАЙЫЛАТ**

Аз. Мехди (ас)ды таанууда көмөкчү болгон маанилүү маалыматтардын бири – бул **«Аз. Мехди (ас) аты менен атак-даңкынын дүйнө жүзүндө тынымсыз жайылышы»**. Адамдар Аз. Мехди (ас) экенин билишпесе дагы, хадистерде айтылган ар кандай жол менен Аз. Мехди (ас)ды көп көп көрүп, үнү угушат, пикирлерин угуп, анын эмгектерин окушат жана көп көп ал жөнүндө сөз кылышат. Хадистерде бул доордо бүт адамдардын өтө көп Аз. Мехди (ас)дан сөз кылаары, анын атын эстеп, ал жөнүндө сүйлөшөөрү, аны өтө сүйүп, жакшы көрүшөөрү мындайча билдирилген:

**АЗ. МЕХДИ (АС) ЧЫГАТ, БААРЫ АЛ ЖӨНҮНДӨ ГАНА СҮЙЛӨШӨТ, АНЫН СҮЙҮҮСҮН ИЧИШЕТ ЖАНА АНДАН БАШКА ЭЧ

**НЕРСЕДЕН СӨЗ КЫЛЫШПАЙТ.** *(Kitab-ül Burhan Fi Alamet-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, 33-б.)*

Аз. Мехди (ас) келгенде, **АДАМДАР АНЫ ӨТӨ ЖАКШЫ КӨРҮП КУЧАКТАШАТ**. *(El-Kavlu'l Muhtasar Fi Alamet-il Mehdiyy-il Muntazar, 37-б.)*

Аз. Мехди (ас) (доорундагы) адамдардын эң жакшысы. Анын жардамчылары жана ага моюн сунгандар... Жебраил алардын алдында, Микаил болсо аркаларында болот. **АНЫ (АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫ) АДАМДАР, БҮТ ЖАН-ЖАНЫБАР СҮЙӨТ.** *(Kitab-ül Burhan fi Alamet-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, 58-б.)*

Селеме б. Зүфер мындай дейт: **«... АЗ. МЕХДИ (АС) АДАМДАР ЖАМАНДЫК, ЗӨӨКҮРДҮК ЖАНА ЗУЛУМДУКТАН ТАЖАГАН ЖАНА ЭЧ БИР КӨЗДӨН КАЙЫМ БИРӨӨ (ЖАШЫРУУН ЖАШАГАН) АЛ АДАМДАЙ УЛУК ЖАНА СҮЙҮКТҮҮ БОЛБОГОН БИР КЕЗДЕ КЫЯМ ЭТЕТ (ЧЫГАТ).»** *(El-Havi, 2-т., 159-б.)*

Сөзсүз ал (Аз. Мехди (ас)), адамдар көргөн жамандыктары себебинен, **АЗ. МЕХДИ (АС) АЛАРГА ЭҢ СҮЙҮКТҮҮ БОЛМОЮНЧА, ЧЫКПАЙТ.** *(Ali Bin Hüsameddin El Muttaki, Желаледдин Суйутинин жыйнагынан хадистер, Ahir Zaman Mehdisinin Alametleri, Kahraman Neşriyat, 27-б.)*

**АЛЛАХ (БҮТ) АДАМДАРДЫН ЖҮРӨКТӨРҮН АНЫН (АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН) СҮЙҮҮСҮ МЕНЕН ТОЛТУРАТ**. *(Ahmed İbn-i Hacer-i Mekki (Heytemi), Beklenen Mehdinin Alametleri, El-Kavlu'l Muhtasar Fi Alamet-il Mehdiyy-il Muntazar, 42-б.)*

# АЗ. МЕХДИ (АС) КЫЙЫНЧЫЛЫК, АЗАПТАРГА КАБЫЛАТ

## АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН КЫЙЫНЧЫЛЫК, АЗАПТАРГА КАБЫЛЫШЫ

Каапыр (Аллахты, акыретти танган) коомдорду эскертүү жана аларды туура жолго чакыруу үчүн жөнөтүлгөн бүт элчилер жөнөтүлгөн коомдору тарабынан жалганчы аталып, алардын ар кандай жалган жалааларына туш болушкан. Эхли Бейттен (Пайгамбарыбыз (сав)дын урпактарынан) келе турган Аз. Мехди (ас)дын да ушул сыяктуу кыйынчылык, азаптарга кабылаары хадистерде кабар берилген.

Аз. Мехди (ас) бизден, Эхли Бейттен... Биз ушундай бир адамдарбыз, Аллах биз үчүн акыретти дүйнөнүн ордуна тандаган. **Менин Эхли Бейтим сөзсүз менден кийин балээ, уурдалуу жана сүргүнгө кабылат.**

Менден кийин **Эхли Бейтим балээ жана мээнеттерге кабылат жана аларга кол салуу болот.** *(Kitab-ül Burhan Fi Alamet-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, 14-б.)*

Пайгамбарыбыз Аз. Мухаммед (сав)дын төмөндөгү хадиси да ушундай бир абалды, **«Аз. Мехди (ас)га моюн сунуу учурунда өзүнүн көптөгөн азап жана адилетсиздикке туш болгонун адамдарга айтаарын»** кабар берүүдө:

... Аз. Мехди (ас) Расулуллахтын желеги менен адамдардын баштарына балээ үстүнө балээ жааган жана чыгышынан үмүт үзүлгөн бир кезде чыгат. Эки рекет намаз кылат (окуйт). Намаздан кайтканда мындай дейт: **«Эй адамдар! Мухаммед үммөтү жана өзгөчө анын Эхли Бейти көп балээлерди көрдү жана биз азап менен адилетсиздикке кабылдык.»**

*(Kitab-ül Burhan Fi Alamet-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, 55-б.)*

Төмөнкү куттуу хадисте болсо Стамбулду руханий ээлей турган Аз. Мехди (ас) менен жардамчыларына ээлөөдөн мурдакы доордо ар кандай кыйынчылыктар келээри жана кийин болсо бул кыйынчылыктардын алынаары айтылууда.

Аллах Константинопольду (Стамбулду) абдан сүйгөн досторунун элине ээлейт... **Алардан ооруну жана кайгыны алып салат.** *(Kıyamet Alametleri*

*(Кыямат алааматтары)*, Berzencî *(Берзенжи)*, *181-б.)*

Аллах Куранда көптөгөн пайгамбардын коомдору тарабынан жалганчы аталып, «акылынан адашкан» жана «сыйкырчы» деген жалааларга кабылганын жана дагы көптөгөн зомбулук, азаптарга туш болгонун билдирген. Элчилер бүт мындай зомбулуктарга сабыр кылып, аларга эң сылык жооп беришкен:

**Ант болсун, сенден мурда да элчилер жалганчы аталышты... (Энъам Сүрөсү, 34)**

**... Жана албетте бизге кылган кыйноолоруңарга сабыр кылабыз... (Ибрахим Сүрөсү, 12)**

**Анан андан жүз бурушту жана: «(Бул) Үйрөтүлгөн, бир жинди» дешти. (Духан Сүрөсү, 14)**

**Мына ушундай; алардан мурдакылар да бир элчи (пайгамбар) келсе эле сөзсүз: «Сыйкырчы жана жин тийген» дешкен. (Зарият Сүрөсү, 52)**

**Бирок ал «бүт жеке жана аскердик күчү менен» жүз бурду жана: «(Бул) Же бир сыйкырчы же бир жинди» деди. (Зарият Сүрөсү, 39)**

**(Фараон) айтты: «Ант болсун, менден башка бир кудай тутуна турган болсоң, сени сөзсүз түрмөгө камайм.» (Шуара Сүрөсү, 29)**

**Эй ыйман кылгандар, Мусага азап көрсөткөндөрдөй болбогула... (Ахзаб Сүрөсү, 69)**

**Айтышты: «Ал үчүн (бийик) бир имарат куруп, аны алоолоп күйгөн оттун ичине таштагыла.» (Саффат Сүрөсү, 97)**

**Анан аларда (Йусуфтун күнөөсүздүгү жөнүндө) далилдерди көргөн соң, сөзсүз аны белгилүү бир убакытка чейин зынданга таштоо (пикири) үстөм келди. (Йусуф Сүрөсү, 35)**

**... Ал акыйкатты тануучулар зикирди (Куранды) укканда сени жек көргөн көздөрү менен карашты. «Ал чындап бир жинди» дешүүдө. (Калем Сүрөсү, 50-51)**

## БҮТ ПАЙГАМБАРЛАР МЕНЕН ЫКЛАСТУУ МУСУЛМАНДАР СЫЯКТУУ, АЗ. МЕХДИ (АС) ДА КААПЫРЛАРДЫН ТУЗАК ЖАНА ЖАЛААЛАРЫНА КАБЫЛАТ

Кээ бир адамдар Аз. Мехди (ас)ды укмуштуу өзгөчөлүктөргө ээ бир адам болот; ага танка, ок, курал, ал тургай, атом бомбасы да таасир эте албайт деп ойлогондуктан, хадистерде айтылган Аз. Мехди (ас)дын башына келиши ыктымал болгон ар кандай кыйынчылыктарды да көрмөксөн болушууда. Чындыгында болсо, Пайгамбарыбыз (сав) хадистеринде Аз. Мехди (ас)дын пайгамбарларга ар кандай жагынан окшошоорун жана алар сыяктуу ар кандай кыйынчылыктар менен күрөшөөрүн айткан. Аз. Мехди (ас) да пайгамбарлар сыяктуу жалааларга кабылат, ар кандай кыйынчылык, жалган жалаа жана балээлер менен сыналат, жана каапырлар курган тузактарга көкүрөк тосот. Пайгамбарыбыз (сав)дан риваят кылынган хадистер төмөнкүдөй:

Имам Зейнул Абидин алейхис-салам мындай деген:

**«БИЗДИН КАИМИБИЗ (АЗ. МЕХДИ (АС)) МЕНЕН АЛЛАХТЫН ЭЛЧИЛЕРИ АРАСЫНДА БИР КАТАР ОКШОШТУКТАР БАР. НУХ, ИБРАХИМ, МУСА, ИСА, АЙЙУБ ЖАНА МУХАММЕД САЛЛАЛЛАХУ АЛЕЙХИ ВА АЛИХ ПАЙГАМБАРЛАРДЫН АР БИРИ МЕНЕН БИР ОКШОШТУГУ БАР. Нух** менен узун өмүрлүү болушунда, **Ибрахим** менен жашыруун төрөлүшүндө жана калктан алыс болушунда; **Муса** менен корккон абалы **(Аз. Мехди (ас)га багытталган коркунучтардын көптүгү; өлтүрүү, тузак куруу, камакка алуу, көзөмөлгө алуу, сүргүн сыяктуу ар кандай кооптуулуктардын көп болушу)** жана көздөрдөн алыс жашашында (дайыма жашырынып жашашында); **Иса** менен элдин ал жөнүндө талаш-тартышка түшүшүндө **(кээ бир адамдардын «Аз. Мехди (ас) келет», кээ бирлеринин болсо «келбейт» дешинде)**; **Аййуб** менен балээден соң кутулуунун келишинде **(Аз. Мехди (ас)га да көптөгөн кыйынчылык, оору, дарттардын келиши, бирок Аз. Аййуб сыяктуу Аллахтын мээрими менен баарынан кутулушунда); Мухаммед (сав)** менен болсо кылыч менен кыям этишинде **(Пайгамбарыбыз (сав)дын ыйык аманаттары болгон куттуу желеги, кылычы жана көйнөгүнүн (жемпер) Аз. Мехди (ас)дын жанында болушунда)** окшоштугу бар.»

*(Kemal'ud-Din 322-б., 31-бап 3-хадис)*

Имам Мехди (Аз. Мехди (ас)) **ДАВУД** ПАЙГАМБАР (АС)ДЫН САКТАНЫШЫНА (КАРМАНЫШЫНА) жана **АЙЙУБ** ПАЙГАМБАР (АС)ДЫН САБЫРЫНА ээ. *(Kefaayah al-Asar, 43-бет)*

Пайгамбарлардын баары ар кандай кыйынчылык, жалган жалаалар жана оорулар менен сыналышкан. Пайгамбарлардын баары каапырлардын кысымына жана тузактарына кабылып, каапырлар аларды өлтүрүүнү каалашкан, жана аларды «сыйкырчы», ал тургай, «акылынан адашкан (жинди)» дешкен. Аларга Куранды окуганда Пайгамбарыбыз (сав)ды **«Ал чындап бир жинди»** дешкен (Калем Сүрөсү, 51), Аз. Худ (ас)га **«акылы кем жана жалганчы»** деген жалаа жабылган (Араф Сүрөсү, 66). Аз. Йусуф (ас) эч кандай кылмыш кылбаганына карабастан, көп жылдар камакта жаткан, Аз. Муса (ас)ды **«сыйкырчы жана жинди»** дешкен (Зарият Сүрөсү, 39), Аз. Ибрахим (ас) коомунун алдыңкылары тарабынан отко ташталган (Анбия Сүрөсү, 68). Аз. Мехди (ас) да, Пайгамбарыбыз (сав) риваятында айткандай, пайгамбарлар жана бүт ыкластуу Мусулмандар туш болгон кыйынчылыктарга кабылып, каапырлардын тузак, фитна жана жалган жалаалары менен күрөшөт, жана татаал, азап толо бир өмүр сүрөт.

Пайгамбарыбыз (сав) хадистерде айткан «Мехди» сүрөттөөсү мына ушундай. Раббибиздин бир Кутб-у азам катары милдеттендирген Аз. Мехди (ас)ды адамдардан жогору жана периштелерге тиешелүү өзгөчөлүктөр менен жаратышы эч мүмкүн эмес. Мындай сөз эч бир сахих (ишенимдүү) хадисте жок, тескерисинче Аз. Мехди (ас) менен жанындагы шакирттеринин кыйынчылык, азаптарга толо бир өмүр сүрөөрү, Мусулман болгону жана дин ахлагында жашаганы үчүн көп адамдардын аларга терс мамиле кылаары көптөгөн хадистер менен кабар берилген.

## АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН АРТЫНАН ТҮШҮП, КӨЗӨМӨЛДӨШӨТ ЖАНА КЫСЫМГА АЛУУНУ КААЛАШАТ

Эбу Саид Эль-Худринин (ра) риваятында Расулуллах (сав) мындай деген: «Дажжал чыкканда, ага каршы ыймандуулардан бир адам (Аз. Мехди (ас)) багытталат. **БИР ЗАМАТТА АЛ ЫЙМАНДУУ КИШИГЕ БИР КАНЧА КУРАЛЧАНДАР, ДАЖЖАЛДЫН БОРБОРЛОРДО КӨЗӨМӨЛ ЖАСАГАН КУРАЛЧАНДАРЫ КАРШЫ ЧЫГЫШАТ.»** *(Mehdilik ve İmamiye 37, (Сахихи Муслим, 11/393'ден алынган)*

Пайгамбарыбыз (сав)дын бул хадисинде Аз. Мехди (ас)ды дажжалдын куралчан адамдарынын көзөмөлдөп, изине түшөөрү жана ушундайча аны таасирсиз кылууга аракет кылаары айтылууда. Куранда да акыйкат динге чакырган элчилерге өз доорлорунда ушул сыяктуу изине түшүп, тоскоол болууга аракет кылынганы мындайча кабар берилген:

**Ал бир жинди адам гана, аны белгилүү бир мөөнөт акмалап тургула. (Мүминун Сүрөсү, 25)**

Бирок Пайгамбарыбыз (сав) да айткандай, дажжалдын мындай иш-аракеттеринен майнап чыкпайт; ал тургай, тескерисинче Аз. Мехди (ас)дын таасири менен күчүнүн андан да өсүшүнө, дүйнө жүзүнө атак-даңкынын андан да жайылышына себеп болот.

## АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН КӨЗДӨРДӨН АЛЫС БОЛУШУ

...Түндөлөрүн ибадат менен өткөрүп, **күндүздөрү жашыруун болот...** *(Ukayli "En-Necmu's-sakıb fi Beyanı Enne'l Mehdi min Evladı Ali b. Ebi Talib Ale't-Temam ve'l kamal")*

## АЗ. МЕХДИ (АС) ЖӨНҮНДӨ ТЕРС ПРОПАГАНДА ЖАСАЛЫШЫ

Момун (ыймандуу) киши (Аз. Мехди (ас)) дажжалды көргөндө: «Эй адамдар! Расулуллах (сав) айткан дажжал мына ушул» дейт. Дажжал ошол замат ага тиешелүү буйругун берип, ал зат (киши) курсагы үстүнө жаткырылат жана артынан: «аны алып, жаралагыла» дейт. **Анан ал заттын аркасы менен курсагы уруп уруп кеңейтилет...** *(Mehdilik ve İmamiye, İbrahim Süleymanoğlu, 40-б.)*

Хадисте Аз. Мехди (ас)дын «аркасы менен курсагына уруп уруп кеңейтилиши» мүтешабих (салыштырмалуу) мааниде айтылган. *Mehdilik ve İmamiye (Мехдилик жана имамдык)* китебинин автору бул бөлүм жөнүндө «Аз. Мехди (ас)дын атак-даңкы тынымсыз айлана-чөйрөгө жарыяланып жайылууда» дейт. Бирок муну дажжал тараптарлары жасагандыктан, бул пропаганданын Аз. Мехди (ас)ды жамандоо аркылуу болоорун айтууга болот.

Пайгамбарыбыз (сав) доорунда Исламга каршы чыккандар өз ойлорунда аны жамандоо үчүн ал доордун маалымат каражаты болгон акындарды колдонушкан. Акындар көргөзмөлөрдө, базарларда Пайгамбар (сав)га караңгылык менен жинди, сыйкырчы, көзү ачык сыяктуу жалааларды жабышкан. Акыр заманда болсо Исламга каршы болгон дажжал тараптарлары Аз. Мехди (ас)ды өз ойлорунда жамандашып, өз ойлорунда элдин алдында абройун түшүрүүгө аракеттенишет.

Хадистерде Аз. Мехди (ас)дын башталгыч жылдарынын азап, кыйынчылыктарга толо күрөш жылдары болоору айтылат. «Алтын кылым» болсо Аз. Мехди (ас)дын жер бетиндеги акыркы жылдарына тиешелүү. Аз. Мехди (ас) менен Мусулмандар ушул доордо гана бейпилдикке, молчулукка

жетишет жана сүйүүгө, тынчтыкка, бир туугандыкка таянган бир өмүрдү ушул доордо сүрүшөт.

## АЗ. МЕХДИ (АС) ЭКИ ЖОЛУ КАЙЫП (КӨЗДӨН КАЙЫМ) БОЛОТ

Эбу Абдуллах Хүсейин бин Али алейхис-саламдан мындай дегени риваят кылынат:

**Бул ишти кыла тургандын (б.а. Аз. Мехди (ас)дын) эки көздөн кайым болуусу бар. Бул эки кайым болуунун бири ушунчалык көпкө созулгандыктан, кээ бирлер: «ал өлдү», кээ бирлер болсо: «ал кетти» дешет. Аны сүйгөндөр да, башкалар да анын ордун биле алышпайт, анын жакын кызматчысы гана анын ордун (турган жерин) билет.**

*("el-Saa Fi Eşrat-is Saa" 93-б. Египет басм.)*

## АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН КОЛУ ДА, БУТУ ДА ӨЗ-ӨЗҮНЧӨ ЧЫНЖЫР МЕНЕН БАЙЛАНАТ

Момун (ыймандуу) киши (Аз. Мехди (ас)) дажжалды көргөндө: «Эй адамдар! Расулуллах (сав) айткан дажжал мына ушул» дейт. **ДАЖЖАЛ ОШОЛ ЗАМАТ АГА ТИЕШЕЛҮҮ БУЙРУГУН БЕРИП,** ал зат (киши) курсагы үстүнө жаткырылат жана артынан: «аны алып, жаралагыла» дейт. Анан ал заттын аркасы менен курсагы уруп уруп кеңейтилет. Бул жолу **ДАЖЖАЛ АНЫ** (Аз. Мехди (ас)ды) **ЭКИ КОЛУНАН ЖАНА ЭКИ БУТУНАН КАРМАП УЧУРУП ЫРГЫТАТ.** Адамдар дажжал аны бир оттун ичине таштады деп ойлошот. Бирок ал бир бейиш ичине ташталган болот. *(Mehdilik ve İmamiye, İbrahim Süleymanoğlu, 40-б.)*

Пайгамбарыбыз (сав) хадисинде акыр заманда дажжалдын Аз. Мехди (ас)дын колуна жана бутуна чынжыр салаарына көңүл бурган. Хадисте берилген бул маалыматтардан Аз. Мехди (ас)дын колдору менен буттарынан чынжыр менен байланып ошол доордун түрмөлөрүнө жана жиндиканаларына ташталаары түшүнүктүү болууда.

## АЗ. МЕХДИ (АС) ӨТӨ ООР ШАРТТАРДА ИСЛАМ АХЛАГЫН ДҮЙНӨГӨ ЖАЙАТ

Абдуррахман б. Селиттен; Имам Хүсейин б. Али б. Эбу Талиб алейхис-салам мындай деди: **«... АКЫЙКАТ ҮЧҮН КЫЯМ ЭТЕ ТУРГАН АЛ (АЗ. МЕХДИ (АС)). ДҮЙНӨ ЖҮЗҮ ӨЛГӨН СОҢ АЛЛАХ АНЫ СЕБЕПЧИ КЫЛЫП КАЙРА АНЫ ЖАНДАНТАТ ЖАНА МУШРИКТЕР КААЛАБАСА**

**ДА АЛЛАХ АКЫЙКАТ ДИНДИ БАШКА ДИНДЕРДЕН ҮСТӨМ КЫЛАТ… АЛАРГА КЫСЫМЧЫЛЫКТАР БОЛОТ ЖАНА АЛАРГА АЙТЫЛАТ: «ЭГЕР ЧЫН СҮЙЛӨП ЖАТСАҢАР, БУЛ УБАДА КАЧАН ИШКЕ АШАТ.» Билип койгула, АЛ КӨЗДӨН КАЙЫМ КЕЗДЕГИ КЫСЫМДАРГА ЖАНА ЖАЛГАНЧЫГА ЧЫГАРУУЛАРГА САБЫР КЫЛУУ РАСУЛУЛЛАХ МЕНЕН БИРГЕ КЫЛЫЧТАП ЖИХАД КЫЛГАНГА БАРАБАР.»** *(Uyun-ul Ahbar, 1-т., 68-б.)*

**КУТТУУ ХАДИСТЕРДЕ АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН АКЫР ЗАМАНДЫН ДАЖЖАЛИЯТ СИСТЕМАСЫ МЕНЕН БОЛГОН ПИКИРДИК КҮРӨШҮ**

**ДАЖЖАЛ ЧЫККАНДА, АГА КАРШЫ ЫЙМАНДУУЛАРДАН БИР АДАМ (АЗ. МЕХДИ (АС)) БАГЫТТАЛАТ.** Бир заматта **АЛ ЫЙМАНДУУ КИШИГЕ БИР КАНЧА КУРАЛЧАНДАР, ДАЖЖАЛДЫН БОРБОРЛОРДО КӨЗӨМӨЛ ЖАСАГАН КУРАЛЧАНДАРЫ КАРШЫ ЧЫГЫШАТ.** *(Mehdilik ve İmamiye 37-б., Сахихи Мүслим, 11/393'төн алынган)*

Момун (ыймандуу) киши **(Аз. Мехди (ас)) дажжалды көргөндө: «Эй адамдар! Расулуллах (сав) айткан дажжал мына ушул» дейт. Дажжал ошол замат ага тиешелүү буйругун берип, ал зат (киши) курсагы үстүнө жаткырылат жана артынан: «аны алып, жаралагыла» дейт. Анан ал заттын аркасы менен курсагы уруп уруп кеңейтилет. Бул жолу дажжал аны (Аз. Мехди (ас)ды) эки колунан жана эки бутунан кармап учуруп ыргытат. Адамдар дажжал аны бир оттун ичине таштады деп ойлошот. Бирок ал бир бейиш ичине ташталган болот.** *(Mehdilik ve İmamiye, 40-б.)*

**ҮММӨТҮМДӨН БИР ТОП АЛАРГА ДУШМАНДЫК КЫЛГАНДАРДЫ ЖЕҢГЕН АБАЛДА АКЫЙКАТ ҮЧҮН КҮРӨШТҮ УЛАНТЫШАТ. АЛ ТУРГАЙ АЛАРДЫН АКЫРКЫСЫ МЕСИХҮД ДАЖЖАЛ МЕНЕН СОГУШАТ. (ПИКИРДИК КҮРӨШ ЖҮРГҮЗӨТ)** *(Ramuz El-Ahadis, 472-б.) (Hanbelin Müsnedi -Ebu Davud-Tabarani -Hakim)*

… Биз ушундай бир адамдарбыз; Аллах биз үчүн акыретти дүйнө ордуна тандаган. **Менин Эхли Бейтим сөзсүз менден кийин балээ, уурдалуу жана сүргүнгө туш болот. Менден соң Эхли Бейтим балээ жана мээнеттерге туш болушат жана аларга кол салуу болот.** *(Kitab-ül Burhan Fi Alamet-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, 14-б.)*

**… Аз. Мехди (ас) Расулуллахтын желеги менен адамдардын баштарына балээ үстүнө балээ жааган жана чыгышынан үмүт үзүлгөн**

**бир кезде чыгат. Эки рекет намаз кылат (окуйт). Намаздан кайтканда мындай дейт: «Эй адамдар! Мухаммед үммөтү жана өзгөчө анын Эхли Бейти көп балээлерди көрдү жана биз азап менен адилетсиздикке кабылдык.»** *(Kitab-ül Burhan Fi Alamet-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, 55-б.)*

**Кыяматка (дажжал менен күрөшкөнгө) чейин МЕНИН ҮММӨТҮМДӨН БИР ТОП акыйкат үчүн жеңген абалда күрөшүшөт.** (пикирдик күрөш жүргүзүшөт) *(Kitab-ül Burhan Fi Alamet-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, 80-б.)*

**ЖАНЫНДА ШОРПОДОН БИР ТОО, СУУБАГАН ЫСЫК ЭТ АККАН БИР ДАРЫЯ, ЖАПЖАШЫЛ БАКЧАЛАРДАН ТУРГАН ТОКОЙ, ТҮТҮН ЖАНА ОТ ТООСУ БАР**... Адамдарга мына ушул бейишим, бул болсо тозогум... **МЫНА ТАМАК, МЫНА СУУСУНДУКТАРЫ ДЕЙТ**... *(Kıyamet Alametleri, Medineli Allame Muhammed B. Resul El- Hüseyni El Berzenci (Эль-Хүсейин Эль Берзенжи), Patuk Yayıncılık, 214-б.)*

**«БИР КАТАР АДАМДАР ДАЖЖАЛ МЕНЕН СҮЙЛӨШҮШӨТ. Жана мындай дешет: БИЗ АНЫН КААПЫР ЭКЕНИН БИЛЕБИЗ; ТАМАГЫНАН ЖЕШ, ДАРАГЫНАН ПАЙДАЛАНЫШ ҮЧҮН АНЫ МЕНЕН ДОСТОШУУДАБЫЗ.** Аллахтын азабы келгенде, дажжал менен бирге баарына келет...
*(Nuaym b. Hammad; Kıyamet Alametleri, Medineli Allame Muhammed B. Resul El- Hüseyni El Berzenci (Эль-Хүсейин Эль Берзенжи), Patuk Yayıncılık, 9-чыгарылыш, 231-б.)*

## АЗ. МЕХДИ (АС) КЭЭ БИР АДАМДАРДЫН ТЕРС ПИКИРЛЕРИНЕН ТААСИРЛЕНБЕЙТ, ДАЙЫМА КУРАНГА КАРАП МАМИЛЕ КЫЛАТ

Аз. Али (ас) Аз. Мехди (ас)дын кыямы алып келе тургандар жөнүндө мындай дейт:

**АДАМДАРДЫН ЖЕКЕ ПИКИРЛЕРИНЕ, ЖОРОМОЛДОРУНА МААНИ БЕРБЕЙТ; КУРАНДЫН ӨКҮМҮН АТКАРЫП БАШТАЙТ.** *(Mikyalu'l Mekarim 1-т., 81-б.)*

Аз. Али (ра) Аз. Мехди (ас)дын чыгышы менен бирге боло турган окуялар жөнүндө: «Аз. Мехди (ас)дын адамдардын жеке пикирлерине, ал жөнүндөгү жоромолдоруна маани бербешин жана алардан таасирленбешин билдирүүдө. Аз. Мехди (ас) өзү жөнүндөгү кээ бир адамдардын тескери сөздөрүнөн, пикирлеринен таасирленбейт. Жалгыз критерий катары

Курандын өкүмдөрүн жана Пайгамбарыбыз (сав)дын сүннөтүн негиз алат жана ал өкүмдөрдү аткарып баштайт.

## АЛЛАХ АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫ АГА ЖАБЫЛГАН ЖАЛААЛАРДАН ТАЗАЛАЙТ

Аз. Мухаммед (сав) бүлөсүнөн Эль-Мехди (Аз. Мехди (ас)) ... кең курсактуу, каштары жакын, буттары өтө энергиялуу, далылары кең, ... анын түнү Аллахка моюн сунуу менен жана сажда кылуу менен жылдыздарга кезекчилик кылуу менен өтөт, **аны айыптагандардын жапкан айыптары ага Аллахтын алдында таасир бербейт, ал нур чачуучу бир шам чырак.** *(Bihar-ül Envar: 86-81)*

Хадисте Аз. Мехди (ас)дын Пайгамбарыбыз (сав)дын урпагынан болоору айтылуда. Аз. Мехди (ас)дын тышкы көрүнүштөрүнөн кең курсактуу болоору, каштарынын бир-биринен бөлүнгөн эмес, жакын болоору, буттарынын энергиялуу жана далыларынын кең болушу кабар берилүүдө. Хадисте Аз. Мехди (ас)дын түндөрдү ибадат кылуу менен жана Аллах ыраазылыгы үчүн илимий иш-аракеттер менен өткөрөөрүнө көңүл бурулууда. **Ошондой эле, хадисте Аз. Мехди (ас)га калп айып тагып, күнөөлөөчүлөрдүн да болоору айтылууда. Бирок иншаАллах Аллах Аз. Мехди (ас)ды ага жабылган жалаалардан тазага чыгарат.** Аз. Мехди (ас) коомдун караңгы адеп-ахлак өзгөчөлүктөрү арасында даана өзгөчөлөнүп турган, таза Ислам ахлагы менен нур чачуучу бир шам чырак сыяктуу болот.

## АЛЛАХ АЗ. ИБРАХИМ (АС) СЫЯКТУУ АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫ ДА КААПЫРЛАРДЫН БҮТ ТУЗАКТАРЫНАН АМАН-ЭСЕН КУТКАРАТ

Пайгамбар Ибрахим (ас) сыяктуу Имам Мехди (ас) да **ЖАЛЫНДАГАН ОТТОН КООПСУЗДУКТА ЖАНА ИШЕНИМДЕ** чыгат. *(Mikyaal al-Makaarem, 1-том, 181-бет)*

Бүт пайгамбарлар, чын ыкластуу Мусулмандар дүйнө жашоосундагы сыноонун бир талабы катары жана Аллахка болгон сүйүүлөрүнө, бекемдигине, ыйман тереңдигине өздөрү күбө болушу үчүн каапырлардын кысымдарына, кыйынчылык менен азаптарга туш болушкан. Аз. Нух (ас)дын, Аз. Муса (ас)дын, Аз. Йусуф (ас)дын, Пайгамбар Мырзабыз (сав)дын жана башка пайгамбарлардын жашоолорун караганыбызда Аллах жолунда каапырлардын тузактарына, жалааларына, айыптоолоруна, өлтүрүү жана сүргүн кылуу коркутууларына жолукканын көрөбүз. Бул Аллах Ага чын көңүлдөн шерик кошпостон ыйман келтирген, тобокел кылган чын ыкластуу Мусулмандар менен

жалганчы, жүрөгүндө «оорусу» бар ыйманы алсыз, мүнафык мүнөздүү (эки жүздүү) адамдарды бир-биринен айырмалоо үчүн жаратқан сыноонун бир сыры.

Аллах Аны чын жүрөктөн сүйгөн жана бир гана Аллахтын ыраазылыгына жетүү үчүн жашаган адамдарга **«... чындап кыйынчылык менен бирге жеңилдик бар. Чындап кыйынчылык менен бирге жеңилдик бар.»** (Инширах Сүрөсү, 5-6) аяттарына ылайык дайыма жеңилдик жаратып, алар жолуккан ар кыйынчылыкта аларга жардам берүү менен, аларга болгон сүйүүсүн, коргоосун, мээримин дайыма сездирет.

Мисалы, Аз. Ибрахим (ас) ичинде жашап жаткан коомду адашкан ишенимдеринен куткаруу каалаганы жана аларды Аллахтын динине, сонун ахлакка чакырганы үчүн коомунун катуу кысымчылыгына туш болгон. Ал тургай, коомунун душмандыгы ушундай бир даражага жетип, Аз. Ибрахим (ас)ды отко таштап аны күйгүзүүгө аракет кылышкан. Бирок Аллах «Эй от Ибрахимге карата муздак жана эсендик бол.» (Анбия Сүрөсү, 69) деп буйрук берүү менен Аз. Ибрахим (ас)ды коомунун бул таш боор тузагынан куткарган.

Пайгамбар Мырзабыз (сав) бул хадисинде «Пайгамбар Ибрахим (ас) сыяктуу Имам Мехди (ас) да **ЖАЛЫНДАГАН ОТТОН КООПСУЗДУКТА ЖАНА ИШЕНИМДЕ** чыгат» деп бир салыштыруу жасоо менен Аз. Мехди (ас)дын да Аз. Ибрахим (ас)дагы сыяктуу ага курулган **ЭҢ КООПТУУ ТУЗАКТАРДАН, ЖАБЫЛГАН ЭҢ ООР АЙЫПТООЛОРДОН, ЖАЛААЛАРДАН ЖАНА ЖАМАНДООЛОРДОН АЛЛАХТЫН ЖАРДАМЫ АРКЫЛУУ ИШЕНИМДҮҮЛҮК МЕНЕН КООПСУЗДУККА ЧЫГААРЫН** айткан.

## АЗ. МЕХДИ (АС) КАЙЫП КЕЗДЕ ДА ИШ-АРАКЕТТЕРИН УЛАНТАТ

Хадисте Аз. Мехди (ас)дын көздөн кайым кезде да иш-аракеттерин улантаарына ишарат кылынууда. Аз. Мехди (ас)га Ислам ахлагына чакырганы жана ийгиликтүү иш-аракеттери себебинен ыймансыздар күчтүү кысымчылык көрсөтүшөт. Ушул себептен кээ бир доорлордо Аз. Мехди (ас) камалат же адамдардын көзүнөн жашырынат. Пайгамбарыбыз (сав) мына ушул көздөн кайым кездеринде да Аз. Мехди (ас)дын адамдардын ыйманын бекемдей турган, Аллахтын бар экенин баяндай турган иш-аракеттерин улантаарын кабар берген.

Аз. Расулуллах (сав) «Көздөн кайым доорунда Аз. Мехди (ас)дын бар болушунун кандай пайдасы болот?» деген бир суроого мындайча жооп берди: **«Мени пайгамбар кылып жөнөткөн Аллахка ант болсун, адамдар көздөн кайым кезинде булуттардын артында калган күндөн пайдалангандай андан пайдаланышат.»** *(Bihar'ül-Envar, 52-том, 93-бет)*

**АЗ. МЕХДИ (АС) ЖӨНҮНДӨ БИР ДАГЫ ЖАМАН МААЛЫМАТ ТАБЫЛА АЛБАЙТ ЖАНА АЗ. МЕХДИ (АС)ГА КУРУЛГАН ТУЗАКТАРДАН ЭЧ НАТЫЙЖА ЧЫКПАЙТ**

Нечүл Белагадан ыймандуулардын Мырзасы (сав) мындай деди: «Ал (Аз. Мехди (ас)) адамдардан жашырынган кезде **АРТЫНАН ТҮШКӨНДӨР ИЗДЕШСЕ ДА АНЫН БУТ ИЗДЕРИН КӨРҮШПӨЙТ...**» *(Kitab-ül Gaybet, [Bihar-ul Envar, 51-т.], Ansariyan Yayıncılık, Derleyen: Muhammed Bakır el-Meclisi, İran-Kum, 2003, 186-б.)*

Хадисте **«буудайды ичинен бузууга аракеттенген курт сыяктуу жийиркеничтүү жана зыянкеч жандыктар»** деп аталган **МҮНАФЫКТАР ЖЕТКИРГЕН МААЛЫМАТТАР МЕНЕН АЗ. МЕХДИ (АС) ТУЗАК КУРУУГА АРАКЕТ КЫЛЫНААРЫ** кабар берилген. Бирок артынан түшкөндөр туткундоо, сүргүн кылуу же түрмөгө камоо сыяктуу максаттар менен Аз. Мехди (ас) жөнүндө маалымат чогулткулары келсе да, мындан эч майнап чыкпайт, **АЛ ЖӨНҮНДӨ ЭЧ АНЫН ЗЫЯНЫНА МААЛЫМАТ ТАБА АЛЫШПАЙТ ЖАНА КУРГАН ТУЗАКТАРЫНДА ЭЧ МАКСАТТАРЫНА ЖЕТЕ АЛЫШПАЙТ.**

**БҮТ КЫСЫМ МЕНЕН ЧАБУУЛДАР АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫ АНДАН ДА КҮЧТӨНТӨТ**

Момун (ыймандуу) киши (Аз. Мехди (ас)) дажжалды көргөндө: «Эй адамдар! Расулуллах (сав) айткан дажжал мына ушул» дейт. Дажжал ошол замат ага тиешелүү буйругун берип, ал зат (киши) курсагы үстүнө жаткырылат жана артынан: «аны алып, жаралагыла» дейт. **АНАН АЛ ЗАТТЫН АРКАСЫ МЕНЕН КУРСАГЫ УРУП УРУП КЕҢЕЙТИЛЕТ.** Бул жолу дажжал аны (Аз. Мехди (ас)ды) эки колунан жана эки бутунан кармап учуруп ыргытат. **АДАМДАР ДАЖЖАЛ АНЫ БИР ОТТУН ИЧИНЕ ТАШТАДЫ ДЕП ОЙЛОШОТ. БИРОК АЛ БИР БЕЙИШ ИЧИНЕ ТАШТАЛГАН БОЛОТ.** *(Mehdilik ve İmamiye, İbrahim Süleymanoğlu, 40-б.)*

Хадисте салыштырмалуу мааниде колдонулган Аз. Мехди (ас)дын **«аркасы менен курсагынын уруп уруп кеңейтилиши»** Аз. Мехди (ас)га жасалган кысымчылык жана чабуулдар менен Аз. Мехди (ас)дын атак-даңкынын андан да жайылаарын жана риваятта ишарат кылынгандай таасиринин дүйнөлүк масштабда барган сайын кеңейээрин көрсөтүүдө.

Ошондой эле хадисте **«дажжалдын Аз. Мехди (ас)ды бир оттун ичине ташташы»** болсо дажжалдын жамандык кылам деп жатып Аз. Мехди (ас)дын

күчүн көбөйтөөрүн көрсөтүүдө. Дажжалияттын жактоочулары Аз. Ибрахим (ас) сыяктуу Аз. Мехди (ас)ды да руханий бир отто күйгүзөөрүн айтышат, бирок Аллах ал отту муздак жана эсендик кылып, каапырлардын тузактарын бузат жана бул багыттагы алардын ар бир аракетин Аз. Мехди (ас)дын атак-даңкы менен таасиринин көбөйүшүнө себепчи кылат.

**АЗ. МЕХДИ (АС) ӨТӨ ООР ШАРТТАРДА ИСЛАМ АХЛАГЫН ДҮЙНӨГӨ ЖАЙАТ КУТТУУ ХАДИСТЕРДЕ АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН АКЫР ЗАМАНДЫН ДАЖЖАЛИЯТ СИСТЕМАСЫ МЕНЕН БОЛГОН ПИКИРДИК КҮРӨШҮ**

**ДАЖЖАЛ ЧЫККАНДА, АГА КАРШЫ ЫЙМАНДУУЛАРДАН БИР АДАМ (АЗ. МЕХДИ (АС)) БАГЫТТАЛАТ. Бир заматта АЛ ЫЙМАНДУУ КИШИГЕ БИР КАНЧА КУРАЛЧАНДАР, ДАЖЖАЛДЫН БОРБОРЛОРДО КӨЗӨМӨЛ ЖАСАГАН КУРАЛЧАНДАРЫ КАРШЫ ЧЫГЫШАТ.** *(Mehdilik ve İmamiye 37-б., Сахихи Мүслим, 11/393'төн алынган)*

Абдуррахман б. Селиттен; Имам Хүсейин б. Али б. Эбу Талиб алейхис-салам мындай деди: **«... АКЫЙКАТ ҮЧҮН КЫЯМ ЭТЕ ТУРГАН АЛ (АЗ. МЕХДИ (АС)). ДҮЙНӨ ЖҮЗҮ ӨЛГӨН СОҢ АЛЛАХ АНЫ СЕБЕПЧИ КЫЛЫП КАЙРА АНЫ ЖАНДАНТАТ ЖАНА МУШРИКТЕР КААЛАБАСА ДА АЛЛАХ АКЫЙКАТ ДИНДИ БАШКА ДИНДЕРДЕН ҮСТӨМ КЫЛАТ... АЛАРГА КЫСЫМЧЫЛЫКТАР БОЛОТ ЖАНА АЛАРГА АЙТЫЛАТ: «ЭГЕР ЧЫН СҮЙЛӨП ЖАТСАҢАР, БУЛ УБАДА КАЧАН ИШКЕ АШАТ.» Билип койгула, АЛ КӨЗДӨН КАЙЫМ КЕЗДЕГИ КЫСЫМДАРГА ЖАНА ЖАЛГАНЧЫГА ЧЫГАРУУЛАРГА САБЫР КЫЛУУ РАСУЛУЛЛАХ МЕНЕН БИРГЕ КЫЛЫЧТАП ЖИХАД КЫЛГАНГА БАРАБАР.»** *(Uyun-ul Ahbar, 1-т., 68-б.)*

Куран аяттарында Аз. Мехди (ас)га ишараттар бар. Пайгамбарыбыз (сав)дын Аз. Хүсейин (ра) тарабынан жеткирилген бир риваятында Хадид Сүрөсүнүн 17-аяты Аз. Мехди (ас)га карата бир ишарат деп айтылган. Хадисте **«Билгиле, чындап Аллах өлүмүнөн кийин жер бетине жашоо берет. Күмөнсүз, Биз акылыңарды колдоноорсуңар деп силерге аяттарды түшүндүрдүк.» аятындагы «... Аллах өлүмүнөн кийин жер бетине жашоо берет...»** сөзүнүн Аз. Мехди (ас)га ишарат экени айтылган.

Чындап эле акыр заманда чыга турган Аз. Мехди (ас) себепчи болуу менен Ислам дини кайрадан жанданып, мусулмандар Куран ахлагы жана Пайгамбарыбыз (сав)дын сүннөтүнө ылайык жашап башташат. Мусулмандардын саны көбөйөт жана дүйнө жүзүндө Ислам ахлагы орнойт.

Хадистин уландысында Аз. Хүсейин (ра) Тообо Сүрөсүнүн 33-аятынын да Аз. Мехди (ас)га ишарат кылаарын айткан жана Аз. Мехди (ас) доорунда **мушриктер (Аллахка шерик кошкондор) каалабаса да Ислам дининин үстөм болоорун, б.а. Ислам ахлагынын дүйнөгө орноорун айткан.**

Мындан тышкары, ошол эле куттуу хадисте Аз. Мехди (ас) менен шакирттеринин каапырлар тарабынан кыйноого алынаары, камалаары, жалган жалаа жана жаман сөздөргө кабылаары, жаман мамиле көрөөрү, башка жагынан болсо мүнафыктардын Аз. Мехди (ас)га шектенүү менен мамиле кылаары, андан дүнүйөлүк бир кызыкчылык күтүшөөрү жана Ислам ахлагынын дүйнөгө орношунда сабыр кыла албашы айтылган.

Аз. Мехди (ас)дын өзүнө жана шакирттерине жабылган ушул сыяктуу жалаа менен кыйноолорго карата тынымсыз төгүндөөлөрдү жасаары, б.а. чындыктарды калкка тынымсыз угузаары да ушул куттуу хадистен көрүнүп турат. Пайгамбарыбыз (сав) Аз. Мехди (ас) менен шакирттерине жабылган жалаалар менен жана аларга жасалган ар кандай кыйынчылыктар менен күрөшүүнүн, бул чабуулдарга карата пикирдик бир күрөш жүргүзүүнүн Пайгамбарыбыз (сав) менен бирге кылычтап согушуудай кыйын бир иш болоорун да кабар берген. Хадистин бул бөлүгүнөн Аз. Мехди (ас) менен шакирттеринин өтө оор жана татаал шарттарда Ислам ахлагын жайаары жана ар кандай кооптуулуктар курчаган абалда жашашаары да түшүнүктүү болууда.

## АЗ. МЕХДИ (АС) ЭЧ КАЧАН ЖЕҢИЛБЕЙТ; ЭЧ КИМ АЗ. МЕХДИ (АС)ГА ЗЫЯН ТИЙГИЗЕ АЛБАЙТ

Аз. Мехди (ас) Аллахтын уруксаты менен бүт дүйнө жүзүнө Ислам ахлагын орнотот, чоң жана укмуштуу бир илимий күрөш жүргүзөт жана теңдешсиз бир ийгиликке жетет. Адамдарды дин ахлагынан алыстаткан жана динди танышына себеп болгон дарвинизм менен материализм сыяктуу идеологияларды пикирдик жактан жер менен жексен кылат жана адамдар топ топ болуп динге багытталышат. Бул чоң күрөшүү учурунда дажжалият Аз. Мехди (ас)га каршы сансыз тузак куруп, аны акыйкатсыздык менен түрмөгө камайт, жалаалар менен бут тосууга аракет кылат, ал тургай, өмүрүнө да кол салат. Бирок Аз. Мехди (ас) Аллахтын коргоосунда жана Аллахтын уруксаты менен эч бир тузак ага зыян тийгизе албайт. Сырттан караганда кыйынчылык жана азаптай көрүнгөн абалдар дагы Аз. Мехди (ас)дын андан да күчтөнүшүнө, дүйнө жүзүндө таасиринин андан да артышына себеп болот. **АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫ ЭЧ ЖЕҢЕ АЛЫШПАЙТ, АЛЛАХТЫН УРУКСАТЫ МЕНЕН АЛ ДАЙЫМА ЖЕҢЕТ.** Аз. Мехди (ас)ды жеңе албашына ишарат кылган аяттардын бири төмөнкүдөй:

**ЭГЕР АЛЛАХ СИЛЕРГЕ ЖАРДАМ БЕРСЕ, СИЛЕРДИ ЭЧ КИМ ЖЕҢЕ АЛБАЙТ жана эгер силерди жападан жалгыз жана жардамсыз калтырган болсо, андан соң силерге ким жардам берет? Демек момундар бир гана Аллахка тобокел кылышсын. (Али Имран Сүрөсү, 160)**

# АЗ. МЕХДИ (АС) ТҮРКИЯДАН ЧЫГАТ ЖАНА СТАМБУЛДА ИШ-АРАКЕТ ЖҮРГҮЗӨТ

## АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН СТАМБУЛДУ РУХАНИЙ КАРАТЫШЫ

... Ар кайсы өлкөлөрдөн көптөгөн аалымдар бир-биринен кабарсыз Аз. Мехди (ас)ды издөө үчүн жолго чыгышат жана ар бирине 310дой адам жолдош болот. Аягында баары Меккеде жолугушат жана бир-биринен ал жерге эмне үчүн келгенин сураганда баары: «бул фитнаны токтото турган жана **Константинопольду (руханий) ээлей турган Аз. Мехди (ас)ды издеп жатабыз,** себеби биз анын атасынын, апасынын жана армиясынын аттарын уктук.» деп жооп беришет. *(Kitab-ül Burhan Fi Alamet-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, 40-б.)*

Аз. Мехди (ас) **Константинопольду** жана Дейлем тоосун **(руханий) ээлейт.** *(El-Kavlu'l Muhtasar Fi Alamatil Mehdiyy-il Muntazar, 27-б.)*

Аллах Таала Азрети ыймандуу кулдарына Римдин борбору болгон **Стамбулдун тасбих жана такбир менен (руханий) ээленишин** насип кылганга чейин кыямат болбойт. *(Ahmed Gümüşhanevi, Ramuz'ul Ahadis, 478-б.)*

«Аллах Таала ыймандууларга **Стамбул жана Рум (грек) (жерлерин) тасбих жана такбир менен (руханий) ээлөөнү** насип кылганга чейин кыямат болбойт» деген. *(Deylemi, Firdevs, 5/82, № 7524, Taberani, el-Mu'cemu'l-Kebir, 17/15,21)*

Аз. Пайгамбар (сав) мындай деген: **«Тасбих жана такбир кылып Константинопольду (руханий) ээлейсиңер.** Ошол кезге чейин жете албаган олжо мүлктөрүнө жетесиңер.» *(İbn- Mace (Ибн Маже), Fiten (Фитен), 35-б.)*

Амр б. Авфдан (ра) риваят кылынган:

«Аллах аны бир түндө калыптандырат. **Рум (грек) шаарын (Стамбулду) такбир менен (руханий) ээлейт...»** *(Muhyiddin Arabi (Мухйиддин Араби), "Futuhat-El Mekkiye", 366-бап, 3-т., 327- 328-б.)*

Алыс жерлердеги шакирттери Аз. Мехди (ас)га моюн сунат. Зулумдукту жана заалымдарды пикир менен таасирсиз кылып, өлкөлөр оңолот, **ЖЕНАБЫ ХАК (УЛУУ АЛЛАХ) АГА СТАМБУЛДУ (РУХАНИЙ) ЭЭЛЕТТИРЕТ.** *(Ukayli "En-Necmu's-sakıb fi Beyanı Enne'l Mehdi min Evladı Ali b. Ebi Talib Ale't-Temam ve'l kamal)*

Расулуллах (сав) мындай деген:

«Эхли Бейтимден бир зат (Аз. Мехди (ас)) (дүйнөгө) ээ болгонго чейин кыямат болбойт. **АЛ (АЗ. МЕХДИ (АС)) СТАМБУЛДУ ЖАНА ЖЕБЕЛДИ (тоону- Стамбулдун 7 дөбөсүн) (РУХАНИЙ) ЭЭЛЕЙТ»** *(Mer'iy b. Yusuf b. Ebi bekir b. Ahmet b. Yusuf el-Makdi'si "Feraidu Fevaidi'l Fikr Fi'l İmam El-Mehdi El-Muntazar)*

Аз. Мехди (ас) чыкканда (көрүнгөндө) алыс жерлерде, ал тургай, алыс өлкөлөрдө жашаган Мусулмандар да аны жакшы көрүп, моюн сундук дешет. Хадисте Пайгамбарыбыз (сав) Аз. Мехди (ас)дын Стамбулду жана тоону руханий ээлей турганын билдирген. Пайгамбарыбыз (сав) хадистеги «жебел», б.а. «тоо» сөзү менен Стамбулдун 7 төбөсүнө көңүл бурган. Белгилүү болгондой, Стамбулдун 7 төбө үстүнө курулганы анын эң негизги өзгөчөлүктөрүнүн бири болуп саналат. **«7 төбө»** аты адамдардын эсине ошол замат Стамбулду салган эң белгилүү бир ат.

## АЗЫРКЫ ЧАЧЫРАНДЫ ТҮРК ТИЛДҮҮ МАМЛЕКЕТТЕР БИРИГИП АЗ. МЕХДИ (АС)ГА ЖАРДАМ БЕРИШЕТ

... Ибрахим бин Үбейдуллах бин Ала атасынын мындай дегенин айткан. Имам Жафери Садык алейхиссалам мындай деди: Эмирүлмүминин алейхиссалам (Аз. Али) өзүнөн кийин Каимдин кыямына чейин боло турган окуялардан сөз кылды... . **ЖАНА АР ТАРАПТА МЕНИН УУЛУМА (АЗ. МЕХДИ (АС)ГА) ЖАРДАМ БЕРЕ ТУРГАН ЧАЧЫРАНДЫ ТҮРК ЖЕЛЕКТЕРИ ЧЫГАТ (КӨРҮНӨТ).** *(Şeyh Muhammed b. İbrahim-i Numani,Gaybeti numani, 323-б.)*

...Аллах ага (**АЗ. МЕХДИ (АС)ГА**) Румду, Дейлемди, Синдди, Индияны, Кабилшахты жана Каспийди **ЭЭЛЕТТИРЕТ.** *(Şeyh Muhammed b. İbrahim-i Numani, Gaybet-i Numani 274-б.)*

## АЗ. МЕХДИ (АС) ИЧИНДЕ КЫЗМАТ КЫЛГАН КАЛК

Хадистердеги маалыматтар боюнча, Аз. Мехди (ас) Түрк калкы ичинде

кызмат кылат.

«Аз. Мехди (ас) **РУМДАН, Б.А. ТҮРКТӨРДӨН (СЕБЕБИ, ИЛГЕРИ ТҮРКИЯ ДИЙАР-Ы РУМ ДЕП АТАЛГАН) ажырабайт (кетпейт).»** *(İş'afü'r-Rağıbîn'den naklen, Tılsımlar, 212-б.)*

## КЕХФ СҮРӨСҮНҮН 79-АЯТЫНДА 1979-ЖЫЛЫ ЧӨККӨН INDEPENDENTA КЕМЕСИНЕ ЖАНА 1979-ЖЫЛЫ БОЛГОН АНАРХИЯ ШАРТТАРЫНА ИШАРТТАР БАР

1979-жылы 15-ноябрьда дүйнөнүн төртүнчү чоң танкери болгон 150 миң гросстонналык Independenta (Индепендента) аттуу 95530 тонна чийки мунайзат алып бараткан бир румын танкери Стамбулга келе жатып бир кырсыкка туш болуп, бузулган жана бир топ күн бою күйгөн соң чөгүп кеткен.

Курандын Кехф Сүрөсүнүн **79-аятында 1979-жылы** болгон бул окуяга кээ бир ишараттар бар. Бул аятта Аз. Хызырдын Аз. Мусага бир кеме жөнүндө маалымат бергени жана кемедеги адамдарды коргоо үчүн, ар кандай терең себептер менен ал кемени майып кылып чөктүргөнү кабар берилген:

**«КЕМЕ ДЕҢИЗДЕ ИШТЕГЕН КЕДЕЙЛЕРДИКИ ЭЛЕ, АНЫ КЕМЧИЛИКТҮҮ КЫЛГЫМ КЕЛДИ, (СЕБЕБИ) АЛДЫЛАРЫНДА БҮТ КЕМЕЛЕРДИ ЗОМБУЛУК МЕНЕН ТАРТЫП АЛЧУ бир хан бар эле.»** (Кехф Сүрөсү, 79)

Ушул эле сүрөнүн 71-аятындагы Аз. Муса (ас)дын Аз. Хызыр (ас)га болгон **«Ичиндегилерди чөктүрүү үчүн аны тештиңби?»** деген суроосу да Аз. Хызырдын кийлигишүүсү натыйжасында аятта айтылган **«кеменин чөккөнүн»** кабар берет.

Ошентип экөө жолго түштү. **БИР КЕМЕГЕ ТҮШКӨНДӨ, АЛ АНЫ (КЕМЕНИ) ТЕШИП ЖИБЕРДИ. (Муса) Мындай деди: «ИЧИНДЕГИЛЕРДИ ЧӨКТҮРҮҮ ҮЧҮН АНЫ ТЕШТИҢБИ?** Ант болсун, сен таң калыштуу бир иш жасадың.» (Кехф Сүрөсү, 71)

Аяттагы бул мааниден Аз. Хызыр айткан кеменин да бузулуп, чөккөнү түшүнүктүү болууда. Куранда кабар берилген бул окуя 1979-жылы Стамбул кысыгында болгон кырсык натыйжасында Independenta аттуу кеменин да бузулуп көпкө күйгөн соң чөгүшүнө ишарат кылып жатышы ыктымал.

Пайгамбарыбыз (сав) да көп хадисинде Асхабы Кехфтин (Кехф (үңкүр)

ээлеринин) акыр заманда Аз. Мехди (ас)дын жардамчыларынан болоорун, натыйжада Курандын Кехф Сүрөсүндө акыр заманда боло турган окуяларга ишараттар бар экенин кабар берген жана ошондуктан бул сүрөнүн аяттарынын окулушун кеңеш кылган:

Силерден ким дажжалга жеткен болсо, **КЕХФ СҮРӨСҮНҮН БАШЫН АГА ОКУСУН,** бул сүрөнүн аягы дажжалдын фитнасынан кутулушуңар. *(Sünen-i Ebu Davud (Сүнени Эбу Давуд), 5/121)*

**АСХАБЫ КЕХФ АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ЖАРДАМЧЫЛАРЫ БОЛОТ.** *(Kitab-ül Burhan Fi Alamet-il Mehdiyy il Ahir Zaman, 59-б.)*

Аятта көңүл бурган экинчи бир жагдай – бул Аз. Хызырдын ал доордогу коомдук шарттар жөнүндө берген маалыматы. Аз. Хызыр бул жагдайга **«бүт кемелерди зомбулук менен тартып алчу бирөөлөр бар»** деген сөздөрүндө токтолгон жана кемедеги адамдарды ал кишилердин зомбулугунан куткарууну максат кылганын айткан.

Белгилүү болгондой, 1979-жыл зомбулук менен террор күчөгөн бир доор эле. Ал доордо банктар, заводдор, ишканалар жана мамлекеттик органдар басып алынып, күч менен тартып алынып, банктарда акчасы барлардын акчалары тонолуп, адамдардын үйлөрүнө кирилип буюмдары, мал-мүлктөрү тонолуп жаткан кез эле. Ал доор толугу менен бир террор жана чектен чыгуу доору эле.

Жогорудагы аятта, бир тараптан, 1979-жылы ушундай зомбулукчу бир террор менен анархия орун алаарына да ишарат кылынган.

## АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН СТАМБУЛДА БАШТАЛА ТУРГАН КҮРӨШҮНҮН КЕЗЕГИ МЕНЕН МЕККЕ ДООРУ, ИЕРУСАЛИМ ДООРУ ЖАНА КИЙИН РИМ ДООРУ БОЛОТ

Пайгамбарыбыз (сав)дан риваят кылынган хадистерден жана Устад Саид Нурсинин сөздөрүнөн Аз. Мехди (ас)дын жолдон чыккан жана дажжал системасын; дарвинизм, материализм жана атеизм сыяктуу Куран ахлагына каршы күрөшкөн дажжалдык философияларды, караңгы системаны пикирдик жактан жеңе турган жердин Стамбул экени түшүнүктүү болууда.

Аз. Мехди (ас)дын Меккедеги доору болсо Куран ахлагынын дүйнөгө орношу жагынан маанилүү бир доор болот. Мусулмандардын алдыңкыларынын бүт Мусулмандар атынан ага руханий моюн сунушканын, жакшы көрүшөөрүн айтышы ал Меккеде турган доордо болот. Бирок Мекке доору Аз. Мехди (ас)дын илимий күрөшүнүн акыркы жылдарына туура келет. Устад Аз. Мехди (ас)дын бул доорун саясат жана салтанат доору деп атаган.

Анын көрүнөөрүнүн акыркы жылдары болгон Мекке доорунда Ислам ахлагынын дүйнөгө орношу ишке ашат. Аз. Мехди (ас) Меккеде турган бул доордон соң Иерусалимде да бир топ убакыт жашайт. Иерусалимде Аз. Сулайман (ас)дын мечитин кайрадан куруп, христиандарга Инжилдин тууралары менен, иудейлерге Тооротун тууралары менен, мусулмандарга болсо Куран ахлагына жараша мамиле кылат. Хадистерде апачык айтылгандай, Аз. Мехди (ас) кийинки доорунда Римди да руханий башкаруусуна алат.

# <u>БУЛ ТЕМАГА БАЙЛАНЫШТУУ ХАДИСТЕР</u>

**Аз. Мехди (ас) үйдө төрөлөт**

Имам Зейнул Абидин алейхис-салам мындай деген: **«биздин каимибиз (Аз. Мехди (ас)) менен Аллахтын элчилери арасында бир катар окшоштуктар бар. Нух, Ибрахим, Муса, Иса, Аййуб жана Мухаммед саллаллаху алейхи ва алих пайгамбарлардын ар бири менен бир окшоштугу бар. Нух менен узун өмүрлүү болушунда, ИБРАХИМ МЕНЕН ЖАШЫРУУН ТӨРӨЛҮШҮНДӨ (ҮЙДӨ ТӨРӨЛҮШҮНДӨ) жана калктан алыс болушунда...»**

*(Kemal'ud-Din 322-б., 31-бап 3-хадис)*

Аз. Али б. Хүсейин Зейнел Абидин (ас) мындай дейт: **«КАИМИБИЗДИН (АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН) ТӨРӨЛҮШҮ АДАМДАРДАН ЖАШЫРУУН БОЛОТ...»** *(Bihar-ül Envar, 51-т., 135-б.)*

## Аз. Мехди (ас) Пайгамбарыбыз (сав)га тиешелүү ыйык аманаттар турган Стамбулдан чыгат

Абдуллах б. Шурефеден риваят кылынды: **Аз. Мехди (ас)дын жанында коноздолгон абалда Пайгамбарыбыз (сав)дын желеги болот.** *(Kitab-ül Burhan Fi Alamet-il Mehdiy-il Ahir Zaman, 65-б.)*

**Пайгамбар (сав)дын төө жүнүнөн жасалган желеги менен чыгат.** Ал желек төрт бурчтуу болуп, тигишсиз жана түсү болсо кара. Анда бир өзгөчөлүк (белги) бар. Ал Расулуллах (сав)дын көзү өткөндөн бери ачылбаган болуп Аз. Мехди (ас) чыкканда ачылат. *(Kitab-ül Burhan Fi Alamet-il Mehdiy-il Ahir Zaman, 23-б.)*

Алаамattарга келсек; жанында Аллах Элчисинин (сав) көйнөгү, кылычы, желеги болот. Ал желек Пайгамбардын (сав) көзү өткөндөн бүгүнү күнгө чейин эч ачылган эмес. Аз. Мехди (ас) көрүнгөнгө чейин да ачылбайт. *(Muhammed B. Resul Al-Hüseyni El Berzenci (Аль-Хүсейин Эль Берзенжи), Kıyamet Alametleri, 164-б.)*

## Аз. Мехди (ас) төрөлгөн чоң шаарынан чыгып

## көпүрөдөн өтүп Стамбулга келет

**«Константинопольду ээлөө учурунда эрте мененки намаз үчүн даарат алып жатып бир желек сайат. Деңиз экиге бөлүнүп суу өзүнөн-өзү алыстайт жана ачылган жолдон жүргөн Аз. Мехди (ас) аркы жээкке өтөт.** Анан дагы бир желек сайат жана мындай дейт: Эй адамдар, сабак алгыла. Деңиз Бани Исраилге (Исраил урпактарына) жол берген сыяктуу бизге да жол берди. Андан соң баары кайра кайра такбир келтирет жана 12 такбир менен шаардын 12 мунарасы да кулайт.» *(El-Kavl-ül Muhtasar fi Alametil Mehdiyyül Muntazır, 57-б.)*

## Аз. Мехди (ас)га Меккеде моюн сунулат

Расулуллах (сав) мындай деген: «Аз. Мехди (ас) **МЕДИНАДАН (ЧОҢ БИР ШААРДАН)** чыгат жана Меккеге келет. Адамдар аны **өз араларынан (таанып) чыгарышат жана анын каалабаганына карабастан Рүкун менен Макам арасында ага моюн сунушат.»** *(Mer'iy b. Yusuf b. Ebi bekir b. Ahmet b. Yusuf el-Makdi'si "Feraidu Fevaidi'l Fikr Fi'l İmam El-Mehdi El-Muntazar)*

Нуайм бин Хаммад Эбу Жаферден мындайча риваят кылган;

«Аз. Мехди (ас) Меккеде Пайгамбарыбыз (сав)дын желеги, көйнөгү, кылычы, ишараттары, нуру жана сонун сөздөрү менен куптан убагында (түнкүсүн) чыгат. Куптан намазын кылган соң бийик үн менен минтип жар салат...» *(Mer'iy b. Yusuf b. Ebi bekir b. Ahmet b. Yusuf el-Makdi'si "Feraidu Fevaidi'l Fikr Fi'l İmam El-Mehdi El-Muntazar)*

Адамдар аягында **Аз. Мехди (ас)га келишет жана Рүкун менен Макам арасында анын каалабаганына карабастан ага моюн сунушат. «Эгер (руханий лидерликти) кабыл албасаң мойнуңа урабыз» дешет. Жер менен асман жашоочулары андан ыраазы болот.** *(Ali Bin Hüsameddin El Muttaki, Желаледдин Суйути жыйнагынан хадистер -Ahir Zaman Mehdisinin Alametleri, Kahraman Neşriyat, 31-б.)*

**... Мекке калкынан бир топ аны (Аз. Мехди (ас)ды) каалабаганына карабастан (турган жеринен) чыгарышат. Хажери Эсвед (кара таш) менен Макамы Ибрахим (Ибрахим Макамы) арасында ага моюн сунушат.** *(Sünen-i Ebu Davud (Сүнени Эбу Давуд), 5/94; El-Kavlu'l Muhtasar Fi Alamatil Mehdiyy-il Muntazar, 20-б.)*

**... Жана анан, өзү каалабаганына карабастан, алардын моюн сунуусун кабыл алат. Эгер силер ага жетсеңер, ага моюн сунгула. Себеби ал жерде да, асманда да Аз. Мехди (ас).** *(Ali Bin Hüsameddin El Muttaki, Желаледдин Суйути жыйнагынан хадистер – Ahir Zaman Mehdisinin Alametleri, Kahraman Neşriyat, s. 35)*

## Аз. Мехди (ас)дын Иерусалим доору

Нуайм б. Хаммад Эртахтан алып (угуп) мындай деди: **АЗ. МЕХДИ (АС) БАЙТУЛ МАКДИСКЕ (ИЕРУСАЛИМГЕ) ТҮШӨТ ЖАНА КАЛК АНЫН ЭХЛИ БЕЙТИНЕН КЕЛГЕНДЕР МЕНЕН БИР ТОП УБАКЫТ ЖАШАЙТ...** *(Kitab-ül Burhan Fi Alameti-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, 77-б.)*

Аз. Мехди (ас) ыймандуулар менен бирге Байтул Макдисте (Иерусалим) эрте мененки намазды кылып жатканда, ошол кезде нүзул эткен (жер жүзүнө түшкөн) Аз. Иса (ас)ды тааныштырат жана Аз. Иса (ас) колдорун анын (Аз. Мехди (ас)дын) далысына коюп, «намаздын кааматы (парз намазды окуу үчүн айтылган азан; намазды баштоо ишараты) сен үчүн айтылды, ошондуктан сен окут» дейт жана аягында Аз. Мехди (ас) Аз. Иса (ас) менен ыймандууларга имам болуп намазды окутат (кылдырат). *(El Kavlu'l Muhtasar Fi Alamatil Mehdiyy-il Muntazar, 25-б.)*

Эбу Амр жана Дани Сүненде Жабир б. Абдуллахдан алып айтышты, Расулуллах (сав)дын мындай дегенин айтты: **Иса Ибни Мерйем фажрдын келиши (таң агарышы) учурунда Байтул Макдисте Аз. Мехди (ас)га түшкөнгө чейин Менин үммөтүмдөн бир топ акыйкат үчүн күрөшөт.** Ошондо Аз. Мехди (ас) мындай дейт: «Эй Аллахтын Пайгамбары өт алдыга бизге намаз кылдыр», **Ал Аз. Иса (ас)) болсо «Бул үммөттүн бири (АЗ. МЕХДИ (АС)) башкаларына амир (башчы)» дейт.** *(Celaleddin Suyuti'nin Tasnifinden Hadisler (Желаледдин Суйути жыйнагынан хадистер), Ahir Zaman Hz. Mehdisi'nin Alametleri, (Kitabül Burhan fi Alametil Hz. Mehdiyyil Muntazar), 80-б., которгон: Müşerref Gözcü - Kahraman Neşriyat)*

## Аз. Мехди (ас) иудейлерге Тооротт\u0443н чыныгысы менен, христиандарга болсо Инжилдин чыныгысы менен өкүм берет

Жабир б. Йезид эль-Жофи Имам Мухаммед Бакырдан риваят кылат:

«... Аз. Мехди (ас)дын Аз. Мехди (ас) деп аталышынын себеби мындай: жашыруун бир ишти көздөй багыттандырылат, Тоорот менен башка асмандан түшкөн китептерди Антакияда бир үңкүрдөн чыгарат жана **ЕВРЕЙЛЕР АРАСЫНДА ТООРОТ МЕНЕН, ХРИСТИАНДАР АРАСЫНДА ИНЖИЛ МЕНЕН ӨКҮМ БЕРЕТ.»** (El-Mehdiyy-il Mev'ud, 1-т., 254-255-б.)

«Анын Аз. Мехди (ас) аталышынын себеби Дамасктагы тоолордун бирине багытталышы. Ал жерден **(ЧЫНЫГЫ) ТООРОТ КИТЕПТЕРИН ЧЫГАРАТ...** *(Suyuti (Суйути), el-Havi li'l Feteva, II. 81)*

## Аз. Мехди (ас) Римди руханий башкаруусуна алат

**«... Аз. Мехди (ас) менен шакирттери ... (Римди) тасбих жана такбирлер менен руханий ээлешет...»** *(Medineli Allâme Muhammed b. Resul el-Hüseynî el-Berzencî (эль-Хүсейин эль-Берзенжи), Kıyamet Alametleri, 204-б.) (Suyuti (Суйути), el-Havi li'l Feteva, II. 81)*

**АЗ. МЕХДИ (АС) ИЧИНДЕ КЕҢ БАЗАРЛАРЫ БАР ЧОҢ БИР ШААРДАН ЧЫГАТ**

Ал (Аз. Мехди (ас)) дүйнөнүн бүт тарабына көңүл бурат жана ар заалымды (пикир менен) жок кылат. Ислам элинин жүрөгүн Аллах аны менен жандантат. Казыналарды Байтул Макдисте топтойт. **Ичинде бир базары, ар бир базарда болсо миң дүкөнү бар бир шаарга келет...** *(Имам-ы Суйути. Азрети Али (ра)ден) (Kıyamet ve Alametleri (Кыямат жана алааматтары), Ömer Öngüt, Hakikat Yayıncılık, 367-бет)*

Пайгамбар Мырзабыз (сав)дан риваят кылынган башка хадистер менен бирге каралганда, бул шаардын Стамбул экени түшүнүктүү болууда. (Туурасын Аллах билет.)

**АЗ. МЕХДИ (АС) ТҮРК КАЛКЫН ТЕРЕҢ ИЛИМ-БИЛИМИ МЕНЕН МААЛЫМДАНДЫРАТ**

**«... БИР УЛУТ БИР ТЕМИР УСТАНЫН БИР ОКТУН УЧУН КУРЧУТУШУ СЫЯКТУУ КУРЧУТУЛАТ- КӨЗДӨРҮ ВАХИЙ МЕНЕН**

**АЧЫЛЫП, КУЛАКТАРЫ ТАФСИРГЕ (ЧЕЧМЕЛӨӨГӨ) ТОЙГОН жана АКЫЛМАНДЫК ЧӨЙЧӨКТӨРҮ ТҮНҮ-КҮНҮ АЛАРГА СУНУЛГАН БОЛОТ.»** *(Kitab-ül Gaybet, [Bihar-ul Envar, 51-т.], Ansariyan Yayıncılık, Топтогон: Muhammed Bakır el-Meclisi, İran-Kum, 2003, 186-б.)*

Бул хадисте Түркиядан чыга (көрүнө) турган **АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ТҮРК КАЛКЫН ТҮНҮ-КҮНҮ ДЕБЕСТЕН КӨП МААЛЫМАТ, ИЛИМ СУНУШТАП ОКУТААРЫ,** аларга **ДЕМ БЕРИП ЖҮРӨКТӨРҮНҮН ИСЛАМ ДИНИНЕ АБДАН ЖАКЫНДАШЫН КАМСЫЗДААРЫ** жөнүндө сөз болууда. Аз. Мехди (ас) Түрк калкына өтө көп ыймандык жана илимий маалыматтарды берип аларды агартат (илимдүү кылат). Анын доорунда Түрк калкынын мээси жакшылап тунуп (ачылып), акылдары андан да күчтөнөт: баам-парасаттары артат. Түрк калкынын ар тараптуу илимге ээ болушу Аз. Мехди (ас)дын терең илими менен аларды агартышы себебинен мүмкүн болот.

## АЗ. МЕХДИ (АС) АЛГАЧ ТҮРК ЖЕЛЕГИ МЕНЕН ТҮРКИЯДАН ЧЫГАТ; АНДАН СОҢ ЖАШЫЛ ЖЕЛЕКТҮҮ БАШКА ӨЛКӨЛӨРДҮН РУХАНИЙ ЛИДЕРЛИГИН АРКАЛАЙТ

Ал жылы **КЫЗЫЛ ЖЕЛЕКТИН ЖАНА АНАН ЖАШЫЛ ЖЕЛЕКТИН ЭЭСИ БОЛГОН УУЛУМДУН (АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН) көздөн кайымы жар салынат.** *(Şeyh Muhammed b. İbrahim-i Numani, Gaybet-i Numani, 170-б.)*

Пайгамбарыбыз (сав)дын хадисинде айтылгандай, Аз. Мехди (ас) алгач Түрк желеги менен Түркиядан чыгат, андан соң болсо жашыл желектүү Ислам өлкөлөрүнө да руханий өкүмдар болот. Түрк-Ислам Биримдигинин түзүлүшүнө себепчи болот жана бул биримдиктин руханий лидерлигин аркалайт.

## АЗ. МЕХДИ (АС) ТҮРКИЯДАН ЧЫГАТ ЖАНА КҮРӨШҮНҮН АЯГЫНА ЧЕЙИН АЛ ЖЕРДЕН КЕТПЕЙТ

**«АЗ. МЕХДИ (АС) РУМДАН, ТҮРКТӨРДӨН** (себеби, илгери Түркия дийар-ы Рум (Рум өлкөсү) деп аталган.) **АЖЫРАБАЙТ (КЕТПЕЙТ).»** *(İş'afü'r-Rağıbîn'den naklen Tılsımlar Mecmuası, Bediüzzaman Said Nursi (Бедиүззаман Саид Нурси), 212-б.)*

## ТҮРКТӨР АКЫР ЗАМАНДА ЧОҢ КҮЧКӨ ЭЭ БОЛУШАТ

Семуренин риваяты боюнча, Расулуллах алейхиссалату вассалам мындай деди: **«АЛЛАХ АЛАКАНДАРЫҢАРДЫ АЖЕМДЕР МЕНЕН (ТҮРКТӨР МЕНЕН) ТОЛТУРАТ. АНДАН СОҢ АЛАРДЫ АРСТАНДАШТЫРАТ ЖАНА АЛАР СИЛЕРДИН ДУШМАНДАРЫҢАР МЕНЕН (ДИНДИ ТАНГАНДАР МЕНЕН) СОГУШАТ (ПИКИРДИК КҮРӨШ ЖҮРГҮЗӨТ) ЖАНА ОЛЖОЛОРУҢАРДЫ ЖЕШЕТ.»** *(Ahmet, Bezzar, Taberani, Ebu Nuaym, Hakim) (İsmail ibn Yusuf Nebhani, Resullerin Efendisi Hakında Allah'ın Alemlere Karşı Hücceti Peygamber Efendimizin Mucizeleri, 2-том, которгон: Abdülhalı Duran, 759-б., № 1840)*

Хадистеги **«Аллах алакандарыңарды Түрктөр менен толтурат»** деген сөздөр менен акыр заманда атеист сионисттерге жана масондорго каршы **«Түрктөрдүн чоң күчкө ээ болоору»** айтылган. **«Аллах аларды арстандаштырат»** деген сөздөр болсо ал доордо Түрктөрдүн эр жүрөк жана тартынбас мамилелери менен көңүл бураары жана эр жүрөк сөздөрү менен аны бүт дүйнөгө көрсөтүшөөрү айтылууда. Хадистеги маалыматтардан Түрктөрдүн акыр заманда арстандар сымал болоору; атеист сионисттер менен масондор сыяктуу, ал доордун бүт жолдон чыккан элементтерине каршы өтө натыйжалуу бир пикирдик күрөш жүргүзөөрү түшүнүктүү болууда.

Хадистеги **«Түрктөрдүн олжолорду жеши»** жөнүндөгү сөздөр болсо Түрк-Ислам Биримдигинин курулушу натыйжасында Түрктөрдүн өтө чоң күчкө жетээри жана бул биримдиктин мүмкүнчүлүктөрү урматында бир тараптан Түрктөрдүн өтө бай абалга келээри, экинчи жактан болсо бүт Ислам ааламын байытаары айтылган.

# АЗ. МЕХДИ (АС) ЫЙЫК АМАНАТТАР МЕНЕН БИРГЕ ЧЫГАТ

### АЗ. МЕХДИ (АС) ПАЙГАМБАРЛАРДЫН БЕЛГИЛЕРИ МЕНЕН ЧЫГАТ

Аз. Мехди (ас) көздөн кайым кезде, б.а. адамдардын арасында эмес, таанылып билинбеген, камак – сүргүн, жалаа, кыйноо жана зулумдуктарга кабылган убактарында көптөгөн мүнафык чыгат. Ал кишилер Аз. Мехди (ас) менен шакирттерине жасалган жаман мамиле жана Ислам ахлагынын орнобогонунан келип чыккан татаал шарттар себебинен жолдон адашышат. Бирок Аз. Мехди (ас) Аллах белгилеген убакыт келгенде пайгамбарлардын ушул күнгө чейин жеткен ар кандай жышаандары менен чыгат (көрүнөт). Ал жышаандардын бири – Пайгамбарыбыз (сав)дын Стамбулдагы Топкапы Сарайы Музейинде турган куттуу кийими жана куттуу желеги.

Салих б. Укбеден, ал атасынан, ал болсо Имам Мухаммед Бакырдан, ал болсо аталарынан алып (угуп) өткөрүшкөн; Расулуллах саллаллаху алейхи ва алих мындай деген: «Мехди менен урпактарымдан**, АНЫН КӨЗДӨН КАЙЫМ УЧУРУ БОЛОТ. АЛ УЧУРДА ҮММӨТТӨН БИР ТОБУ ЖОЛДОН АДАШАТ. АЛ ПАЙГАМБАРЛАРДЫН ЖЫШААНДАРЫ МЕНЕН** (алаамат, ишарат) **КЕЛЕТ**,... *(Kemal-ud Din, 1-т., 287-б. жана Bihar-ul Envar, 51-т., 72-б.)*

**ПАЙГАМБАР МЫРЗАБЫЗ (САВ)ДЫН ЖЕЛЕГИ АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ЖАНЫНДА БОЛОТ, АЛ ЖЕЛЕК ДУШМАНДЫК КЫЛГАНДАРДЫН КОРКУУСУН, ЫКЛАСТУУ МУСУЛМАНДАРДЫН БОЛСО ЫЙМАНДАРЫН КӨБӨЙТӨТ**

**АЛЛАХТЫН ЭЛЧИСИ ҮЧҮН АЗРЕТИ ЖАБРАИЛ (АС) ТАРАБЫНАН** Бедир согушу убагында алып келинген желек **ИМАМ-Ы ЗАМАН (АЗ. МЕХДИ (АС)) ТАРАБЫНАН КӨТӨРҮЛӨТ. АЛ ЖЕЛЕКТИН ӨЗГӨЧӨ СЫПАТЫ** төрт тарапта бир айлык алыстыктагы **ДУШМАНДАРДЫН ЖҮРӨГҮНӨ КОРКУУ САЛЫШЫ.** Ошондой даражада **ИШЕНГЕНДЕРДИН (ЫЙМАНДУУЛАРДЫН) ЖҮРӨКТӨРҮНДӨ ЫРААЗЫЛЫКТЫ ЖАНА БЕКЕМДИКТИ КӨБӨЙТӨТ.** *(Bihar-ül Envar, 51-том, 135-бет; 52-том, 328-бет; Mikyaal al-Makaarem, 1-том, 241-бет)*

**АЗ. МУСА (АС)ДЫН АСАСЫ ЖАНА АЗ. СУЛАЙМАН (АС)ДЫН ШАКЕГИ АЗ. МЕХДИ (АС)ДА БОЛОТ**

Абдуллах бин Синандан Имам Жафери Садык алейхиссаламдын мындай дегенин уктум: **«Мусанын асасы бейиш дарактарынын бирөөсүнүн бутагы эле жана ал Медйен шаарын көздөй барууну каалаганда Жабраил алейхиссалам аны Мусага берди. АЛ АСА АДАМДЫН ТАБЫТЫ МЕНЕН БИРГЕ ТАБЕРИЙЙА КӨЛҮНДӨ. ЧИРИБЕЙТ ДАГЫ, ӨЗГӨРБӨЙТ ДАГЫ. АЯГЫНДА КАИМ АЛЕЙХИССАЛАМ (АЗ. МЕХДИ (АС)) КЫЯМ ЭТКЕНДЕ АЛ ЭКӨӨСҮН ЧЫГАРАТ.»** *(Şeyh Muhammed b. İbrahim-i Numani, Gaybet-i Numani 278-б.)*

Эбул Жаруд Зийад бин Мүнзирден, Имам Эбу Жафер Мухаммед бин Али алейхиссалам мындай деди: **«КАИМ АЛЕЙХИССАЛАМ (АЗ. МЕХДИ (АС)) ЧЫККАНДА РАСУЛУЛЛАХ САЛЛАЛЛАХУ АЛЕЙХИ ВАССАЛЛАМДЫН ЖЕЛЕГИ, СУЛАЙМАНДЫН ШАКЕГИ, МУСАНЫН АСАСЫ ЖАНА ТАШЫ МЕНЕН ЧЫГАТ (КӨРҮНӨТ)...»** *(Şeyh Muhammed b. İbrahim-i Numani, Gaybet-i Numani 279-б.)*

**... МУСАНЫН АСАСЫ ЖАНА СУЛАЙМАНДЫН ШАКЕГИ АНДА (АЗ. МЕХДИ (АС)да).** ...Аллах каалаган убакытка чейин аны көздөрдөн алыс кармайт. Кийинчерээк чыгат (көрүнөт) жана дүйнө жүзүн мурда зулумдук менен толгон сыяктуу адилеттүүлүккө толтурат. *(Bihar-ul Envar, 52-т., 32-б.; İsbat-ul Hudat, 6-т., 19-б.)*

Анын Аз. Мехди (ас) аталышынын себеби – бул жашыруун болгон бир нерсенин жолун көрсөтүшү. **АНТАКИЯ ДЕП АТАЛГАН БИР ЖЕРДЕН ТАБЫТТЫ (ЫЙЫК АМАНАТТАР САНДЫГЫН) ТААП ЧЫГАРАТ.** *(Suyuti (Суйути), el- Havi li'l Feteva, II. 82)*

**АЗ. МЕХДИ (АС) ТАБУТ-У СЕКИНЕНИ (ЫЙЫК АМАНАТТАР САНДЫГЫН) АНТАКИЯ ҮҢКҮРҮНӨН ЧЫГАРАТ.** *(El-Kavlu'l Muhtasar Fi Alamatil Mehdiyy-il Muntazar, 54-б.)*

**АЗ. МЕХДИ (АС) ТАБУТ-У СЕКИНЕНИ ЧЫГАРАТ**

Антакия деген бир жерден **Табутту (ыйык аманаттар сандыгын) таап чыгарат.**

*(Suyuti (Суйути), el- Havi li'l Feteva, II. 82)*

Ал **Табут-у Секинени Антакия үңкүрүнөн чыгарат.**
*(Nuaym bin Hammad, Kitab-ül Fiten)*
Аз. Мехди (ас) **Табут-у Секинени Антакия үңкүрүнөн чыгарат.**
*(El-Kavlu'l Muhtasar Fi Alamatil Mehdiyy-il Muntazar, 54)*

## АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ЫЙЫК АМАНАТТАР МЕНЕН ЧЫГЫШЫ

**Аз. Мехди (ас) Пайгамбарыбыз (сав)дын желеги, көйнөгү, кылычы, ишараттары, нуру жана сонун сөздөрү менен куптан убактысында чыгат.** *(Ali b. Sultan Muhammed el-Kari el-Hanefi, "Risaletül Meşreb elverdi fi mezhebil Mehdi")*

**Байтул Мукаддестин казыналарын, Табут-у Секинени, Бани Исраил дасторкону менен табактардын бөлүктөрүн, Аз. Адам (ас)дын жуббасын (сырткы кийим), Аз. Сулайман (ас)дын минбарынын асасын жана Аллах Бани Исраилге жөнөткөн сүттөй ак мээлейлерди (кол кап) чыгарат.** *(El-Kavlu'l Muhtasar Fi Alamatil Mehdiyy-il Muntazar, 33-б.)*

## АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ЖЕЛЕГИ

Аз. Мехди (ас)дын желеги – бул Пайгамбарыбыз (сав)дын желеги:

**Пайгамбар (сав)дын төө жүнүнөн желеги менен чыгат.** Ал желек төрт бурчтуу, тигишсиз жана түсү кара. Анда бир нур бар. **Ал Расулуллах (сав)дын көзү өткөндөн бери ачылбаган болуп Аз. Мехди (ас) чыкканда ачылат.**

*(Ali Bin Hüsameddin El Muttaki, Celaleddin Suyuti'nin Tasnifinden Hadisler (Желаледдин Суйути жыйнагынан хадистер) – Ahir Zaman Mehdisinin Alametleri, Kahraman Neşriyat, 22-б.)*

Аз. Мехди (ас)дын желегинин өзгөчөлүктөрү башка хадистерде мындайча айтылган:

Сөзсүз түрдө, акыр заманда магриб (батыш) өлкөсүнүн эң алыс жеринен Аз. Мехди (ас) деген бир зат чыгат. Жана алды жагында кырк миля аралыктан жардам жүрөт. **Аз. Мехди (ас)дын желектери ак жана сары. Ичинде чиймелер бар. Желектеринде Аллахтын Улуу Аты жазылган. Анын желеги астындагы эч бир тобу жеңилбейт...** *(İmam Şarani (Имам Шарани), Ölüm-Kıyamet-Ahiret ve Ahir Zaman Alametleri Muhtasaru, (Tezkireti'l-Kurtubi), 438-б.)*

**Аз. Мехди (ас)дын желегинде «Моюн сунуу Аллах үчүн» деп жазылган.** *(Ali Bin Hüsameddin El Muttaki, Celaleddin Suyuti'nin Tasnifinden Hadisler (Желаледдин Суйути жыйнагынан хадистер) – Ahir Zaman Mehdisinin Alametleri, Kahraman Neşriyat, 65-б.)*

Хадистерде Аз. Мехди (ас)дын желеги менен бирге руханий ээлей турган шаарга да көңүл бурулган. Желегин Константинополь, б.а. Стамбулга сайаары кабар берилген:

Аз. Мехди (ас) **Константинопольду (руханий) ээлөө учурунда эрте мененки намаз үчүн даарат алып жатып бир желек сайат,** деңиз экиге бөлүнүп суу өзүнөн-өзү алыстайт жана ачылган жолдон жүргөн Аз. Мехди (ас) аркы жээкке өтөт. *(Kıyamet Alametleri, 181-б.)(El-Kavlu'l Muhtasar Fi Alamatil Mehdiyy-il Muntazar, 57-б.)*

## АЗ. МЕХДИ (АС) ПАЙГАМБАРЫБЫЗ (САВ)ДЫН МӨӨРҮН КОЛДОНОТ

Хадисте берилген маалыматтан Аз. Мехди (ас)дын өз эмгектеринде жана бүт жакшы, сооптуу жана пайдалуу ишинде Пайгамбар Мырзабыз (сав)дын мөөрүн колдоноору түшүнүктүү болууда.

Хадисте бул мөөрдүн алтын экенине, б.а. алтын өңүндөгү бир мөөр колдонулаарына да өзгөчө көңүл бурулган.

Жафер Садык (ас) мындай дейт: **«Каимди (Аз. Мехди (ас)ды) көрүп жаткан сыяктуумун, ... ПАЙГАМБАР (САВ)ДЫН АЛТЫН МӨӨР МЕНЕН МӨӨРЛӨНГӨН келишимин чөнтөгүнөн ЧЫГАРЫП ЖАТАТ. МӨӨРҮН АЧЫП АНЫ АДАМДАРГА ОКУП ЖАТАТ...»** (Bihar, 52-т., 326-б.)

# АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ЖОГОРКУ МҮНӨЗҮ ЖАНА РУХАНИЙ БИЙИКТИГИ

## АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН МҮНӨЗҮ ПАЙГАМБАРЫБЫЗ (САВ)ГА ОКШОШ

Аз. Мехди (ас) Аллахка карата өтө моюн сунуучу. **Мүнөзү (адеп-ахлагы) жагынан Пайгамбар (сав)га окшош.**

*(Kıyamet Alametleri, Berzenci (Берзенжи), 163-б.)*

**Мүнөзү (адеп-ахлагы) менин мүнөзүм болгон бир урпагым (Аз. Мехди (ас)) чыгат.**

*(Kitab-ül Burhan Fi Alamet-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, 21-б.)*

Пайгамбарыбыз (сав)дын сонун мүнөзү Куранда мындайча кабар берилген:

***Күмөнсүз сен жогорку жана өтө бийик бир ахлактуусуң (мүнөздүүсүң). (Калем Сүрөсү, 4)***

## АЗ. ДАВУД (АС)ДЫН ТАРТЫНУУСУНА, АЗ. АЙЙУБ (АС)ДЫН САБЫРЫНА ЭЭ БОЛГОН АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН МҮНӨЗҮ ПАЙГАМБАР МЫРЗАБЫЗ (САВ)ДЫН МҮНӨЗҮНДӨЙ БОЛОТ

**ИМАМ МЕХДИ (АЗ. МЕХДИ) (АС)ДЫН МҮНӨЗҮ АЛЛАХТЫН ПАЙГАМБАРЫ (САВ)ДЫН МҮНӨЗҮ.** Бүт нерсеге Кадир (Кудуреттүү) болгон Аллах Аллахтын элчисинин мүнөзүн «Жогорку ахлак (мүнөз)» катары ишарат кылган. *(Калем Сүрөсү, 4-аят; Mikyaal al-Makaarem, 1-том, 84-бет; İküd'dürer, 31-бет; A'laam al-Waraa, 291-бет; Muntakhab al-Asar, 183-бет Al-Malaahem wa-al-Fetan'дан алып өткөргөн.)*

Имам Мехди Аз. Мехди (ас) **ДАВУД ПАЙГАМБАР (АС)ДЫН (КҮНӨӨЛӨРДӨН) ТАРТЫНЫШЫНА жана АЙЙУБ ПАЙГАМБАР (АС)ДЫН САБЫРЫНА** ээ. *(Kefaayah al-Asar, 43-бет)*

## АЗ. МЕХДИ (АС) ДҮЙНӨНҮН ЭҢ ЖОГОРКУ МҮНӨЗДҮҮ АДАМЫ БОЛОТ

Имам Мехди (ас) бүт адамдардын **ЭҢ ТОКТОО, ЭҢ (КҮНӨӨДӨН) ТАРТЫНГАН, ЭҢ ДИНЧИЛ, ЭҢ ЖООМАРТ, ЭҢ ЭР ЖҮРӨК ЖАНА ЭҢ ОПАЛУУСУ (ТУРУКТУУСУ)**. *(Ehqaaq al-Haqq, 13-том, 367-бет)*

Имам Мехди (ас) **БҮТ КҮНӨӨЛӨРДӨН, КЕМЧИЛИКТЕРДЕН, ТАЗА ЭМЕС НЕРСЕЛЕРДЕН ЖАНА КАТАДАН АЛЫС ЖАНА ТАЗАЛАНГАН.** *(Bihar-ül Envar, 53-том, 187-бет)*

**АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН МҮНӨЗҮНҮН ЫЙМАНДУУЛАРГА ӨРНӨК БОЛУШУ**

Аллахтын болгон нур ага (Аз. Мехди (ас)га) жетет. Диний илимдерди жана **өрнөк мүнөздү кабыл алат.** (Аллахтан алат.) *(Konavi Risalet-ül Mehdi, s. 161 B)*

Куранда Пайгамбар Мырзабыз (сав)дын да чын ыкластан ыйман келтиргендер үчүн эң сонун өрнөк экени билдирилген:

**Ант болсун, силер үчүн, Аллахты жана акырет күнүн үмүт кылгандар жана Аллахты көп зикир кылгандар (эстегендер) үчүн Аллахтын Пайгамбарында (Элчисинде) сонун бир өрнөк бар. (Ахзаб Сүрөсү, 21)**

**АЛЛАХ АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫ БИР ТҮНДӨ ЫСЛАХ КЫЛАТ (ЖЕТИЛТЕТ)**

Эль-Мехди бизден, Эхли Бейттен. **Аллах аны бир түндө ыслах кылат (жетилтет) (б.а. тообосун кабыл алат же нурлар жана хикматтар менен жабдыйт).**

*(Sünen-i İbni Mace (Сүнени Ибни Маже) Kitabü-l 'fiten Tercemesi ve Şerhi (Китабүл фитен котормосу жана чечмелөөсү)- Kahraman Neşriyat, 10-том, которгон: Haydar Hatipoğlu, 34-бап, 348-бет)*

Ислам аалымдары бул хадисти төмөнкүчө чечмелешкен:

**... Бир түндө Аз. Мехди (ас)дын ыслах кылынышы сөзү болсо Женабы Хакктын ага кутуп даражасын беришине ишарат. Бул даражага аракет, эмгек менен жетүү мүмкүн эмес. Улуу Мевла Курани Керимде айткандай, Аз. Пайгамбар (сав)га берилген бул лүтуф (сыйлык) Аз.**

**Мехди (ас)га да берилген.** Улуу Мевла Курани Керимде Шура Сүрөсүнүн 52-аятында **Пайгамбарыбыз (сав)га мындай деген: «Сен китеп эмне, ыйман эмне билчү эмессиң. Бирок Биз аны (китепти) кулдарыбыздан каалаганыбызды аны менен туура жолго жеткирчү бир нур кылдык. Күмөнсүз сен туура жолду көрсөтүүдөсүң.»** Аз. Мехди (ас) диний маселелерде өз доорундагы мужтахиддердин эң пазилеттүүсү (жакшысы) жана эң кемчиликсизи. Бул да анын бийиктигин, даражасынын жогорулугун, макамынын бийиктигин көрсөтөт.

*(Ali b. Sultan Muhammed el-Kari el-Hanefi (Али б. Султан Мухаммед эль-Кари эль-Ханефи), "Risaletül Meşreb elverdi fi mezhebil Mehdi)*

Бедиүззаман Саид Нурси болсо Аз. Мехди (ас)дан мындайча сөз кылат:

Акыр замандын эң чоң бузукулук убагында, албетте, **ЭҢ ЧОҢ БИР МУЖТАХИД** (ижтихад кылган чоң Ислам аалымы), **ОШОНДОЙ ЭЛЕ ЭҢ ЧОҢ БИР МУЖАДДИД** (ар кылымдын башында диний акыйкаттарды мезгилдин муктаждыгына жараша сабак берүү үчүн жөнөтүлгөн чоң Ислам аалымы, жаңылоочу), **ОШОНДОЙ ЭЛЕ ХАКИМ, ОШОНДОЙ ЭЛЕ МЕХДИ, ОШОНДОЙ ЭЛЕ МУРШИД** (туура жолду көрсөткөн киши), **ЖАНА КУТБ-У АЗАМ** (Мусулмандар аны ээрчиген чоң олуялардан, мезгилдин эң чоң муршиди) катары бир нурдуу затты жөнөтөт жана ал зат Эхли Бейти Небевиден (Пайгамбарыбыз (сав)дын урпактарынан) болот...

*(Mektubat (Мектубат), 411-412)*

## АЛЛАХ АЗ. МЕХДИ (АС)ГА БИР КҮНДӨ АБДАН ЧОҢ БИР НЕМАТ ЖАНА КҮЧ БЕРЕТ

Имам Мухаммед Таки (ас) Абдулазим Хасениге мындай деди: «Каим – бул убада кылынган Аз. Мехди (ас). Көздөн кайым (көрүнбөгөн) кезде аны күтүү, көрүнгөндө болсо ага моюн сунуу керек... Мухаммед (сав)ды Пайгамбар тандаган Аллахка ант болсун, эгер кыямат болушуна бир күн эле калган болсо да, Аллах Аз. Мехди (ас) чыксын жана дүйнө жүзүн зулумдукка толгон сыяктуу адилеттикке толтурсун деп ал күндү созот, **АНЫН (Аз. Мехди (ас)дын) БИЙЛИГИН МУСА (АС)ДЫН БИЙЛИГИ СЫЯКТУУ БИР КҮНДӨ ОҢДОЙТ.** Муса (ас) жубайы үчүн бир аз от алууга барды. Бирок рисалет (Аллахтын милдет берүүсү) жана пайгамбарлык макамы менен кайтты.» *(İmam Muhammed Taki (Имам Мухаммед Таки)) (Bihar-ul Envar, 51-т., 156-б.; Isbat-ül Hüdat, 6-т., 420-б.) (Имамдан мындан тышкары ушул багытта беш хадис алып өткөрүлгөн.)*

## АЗ. МЕХДИ (АС) БЕЙИШ КАЛКЫНЫН СЕЙИТТЕРИНЕН (МЫРЗАЛАРЫНАН)

Хаким, Ибни Маже жана Эбу Наим Аз. Энесден алып баяндашты. Мен Расулуллах (сав)дан уктум. Мындай деди: **«БИЗ АБДУЛМУТТАЛИПТИН УРПАГЫНАН ЖЕТИ КИШИ БЕЙИШТИН МЫРЗАЛАРЫБЫЗ.** Мен, Хамза, Али, Жафер, Хасан, Хүсейин жана **МЕХДИ.»** *(Ali Bin Hüsameddin El Muttaki, Celaleddin Suyuti'nin Tasnifinden Hadisler (Желаледдин Суйути жыйнагынан хадистер) - Ahir Zaman Mehdisinin Alametleri, Kahraman Neşriyat, 19-б.)*

## АЗ. МЕХДИ (АС) АДАМДАРГА ЖАРЫК ЧАЧКАН БИР КҮН СЫЯКТУУ

**Булуттар күндүн бетин тосуп калганда адамдар күндөн пайдаланган сыяктуу, андан да (Аз. Мехди (ас)дан) ошондойчо пайдаланышат.** *(Yenabiu'ly-Mevedde, 477-б.)*

Аз. Мехди (ас) Аллах аны адамдардан жашыруун кармаган, Аз. Мехди (ас) экени билинбеген кездерде да илими, чын ыкласы, сонун мүнөзү жана Аллахка болгон терең жакындыгы менен адамдарды агартып, алардын жүрөктөрүн Аллахка жана Куран ахлагына жакындатат.

## АЗ. МЕХДИ (АС) АЛЛАХТЫ ДҮЙНӨДӨГҮ БҮТ НЕРСЕДЕН КӨП СҮЙӨТ ЖАНА АЛЛАХТАН ТЕРЕҢ БИР УРМАТ МЕНЕН КОРКОТ

**АЗ. МЕХДИ (АС) АЛЛАХТЫН АЛДЫНДА, АЛЛАХТЫН УЛУУЛУГУ АЛДЫНДА ХУШУ ЭТҮҮЧҮ (урмат менен коркуучу),** өтө хушу этүүчү; канаттарын ачып, башы менен ылдый асмандын чокусунан жерди көздөй түшүп бараткан бир бүркүт сыяктуу. Аз. Мехди (ас) **АЛЛАХТЫН ЖЕЛАЛИ АЛДЫНДА УШУНДАЙ ХУЗУ** (кичипейилдик абалы, кичипейил болуу, Аллахтын улуулугун, Желал жана Жамалын, бийиктигин ойлонуудан келип чыккан адамдагы бейпилдик жана хушу (урмат менен коркуу) абалы) **ЖАНА ХУШУ ЭТҮҮЧҮ (урмат менен коркуучу).** Аллах менен улуулугу Анын денесинде көрүнгөн жана Аллахтын затында жок болгон. *(El-Mehdiyy-il Mev'ud..., 1-т., 280- жана 300-б.)*

Аз. Мехди (ас) чымчыктын (гергес чымчыгы) канаты менен титиреши сыяктуу **Аллахтан абдан корккон бир киши.** *(Nuaym b. Hammad, vr 91a)*

Аз. Мехди (ас) адилеттүү, куттуу жана таптаза. АКЫЙКАТТАН КЫПЫНДАЙ ДА ӨТПӨЙТ (АТТАБАЙТ) АЛ (Аз. Мехди (ас)). АЛЛАХ АНЫН (АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН) КОЛУ МЕНЕН ИСЛАМ ДИНИН БИЙИК КЫЛАТ... Аз. Мехди (ас) **ДАЙЫМА АЛЛАХ КОРКУУСУН ЖҮРӨГҮНДӨ АЛЫП ЖҮРӨТ.** Жана Аллахтын Кабатындагы такаррук (жакындык) макамынан улам да бой көтөрбөйт (мактанбайт). *(El-Mehdiyy-il Mev'ud..., 1-т., 280- жана 300-б.)*

(Аз. Мехди (ас)) **Аллахка өтө моюн сунуучу.**
*(Kıyamet Alametleri, 163-б.)*

**АЗ. МЕХДИ (АС) ӨТӨ ТАКЫБАЛЫК ЭЭСИ. «АЛЛАХТАН АБДАН КОРККОН БИРӨӨ. БҮРКҮТ ТҮРҮНӨН НЕСИР КУШУНУН КАНАТТАРЫ МЕНЕН ТИТИРЕШИ СЫЯКТУУ АЛЛАХТАН КОРКОТ.»**
*(Kitabü'l-Bürhan Fi Alamet-il Mehdiyy il Ahir Zaman, 53-б.)*

Наим б. Хаммад Кабдан алып мындай деди:
**МЕХДИ ЧЫМЧЫКТЫН (ГЕРГЕС ЧЫМЧЫГЫНЫН) КАНАТЫ МЕНЕН ТИТИРЕШИ СЫЯКТУУ АЛЛАХТАН АБДАН КОРККОН КИШИ.**
*(Celaleddin Suyuti'nin Tasnifinden Hadisler (Желаледдин Суйути жыйнагынан хадистер), Ahir Zaman Mehdisi'nin Alametleri Ali bin Hüsameddin El Muttaki, 23-б.)*

**АЗ. МЕХДИ (АС) ТУРГАН ҮЙДӨ АЛЛАХТЫН АТЫ КӨП ЭСТЕЛЕТ**

Муфаззалдан, Имам Жафери Садык алейхиссаламдан уктум, ал мындай деди: **«БУЛ БУЙРУКТУН ЭЭСИНИН (АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН) БИР ҮЙҮ БАР, АЛ ҮЙДҮ «ХАМД (МАКТОО) ҮЙҮ» ДЕШЕТ.»** *(Şeyh Muhammed b. İbrahim-i Numani, Gaybet-i Numani 216-б.)*

Аз. Мехди (ас)дын үйү Аллахка көп хамд (мактоо) айтылган, ибадат кылынган, Аллахтын ыраазылыгы көздөлгөн жана Куран ахлагы кылдаттык менен (өтө бекем) жашалган бир жер.

**ӨТӨ МЭЭРИМДҮҮ БОЛУШУ**

Тавус: ... **АЗ. МЕХДИ (АС) АЛСЫЗДАРГА (БАЙКУШТАРГА) ӨТӨ МЭЭРИМДҮҮ.** (El-Havi, 2-т., 150-б.)

Аз. Мехди (ас) **ушунчалык мээримдүү болгондуктан**, анын убагында

бир адамдын да мурду канабайт.

*(El-Kavlu'l Muhtasar fi Alamatil Mehdiyy-il Muntazar, 42-б.)*

... Жакырларга **өтө мээримдүү болушу** Мехди (ас)дын алааматтарынан. *(Mer'iy b. Yusuf b. Ebi bekir b. Ahmet b. Yusuf el-Makdi'si "Feraidu Fevaidi'l Fikr Fi'l İmam El-Mehdi El-Muntazar")*

... Байкуштарга (алсыздарга) да **өтө мээримдүү болушу**. *(Nuaym b. Hammad, vr. 50b; Ukayli "En-Necmu's-sakıb fi Beyanı Enne'l Mehdi min Evladı Ali b. Ebi Talib Ale't-Temam ve'l kamal")*

Махмуд б. Вахиб Кызоглу Багдади Ханефи: «Cevheret-ul Kelam (Жевхерет-ул Келам)» аттуу китепте мындай деп жазат: **АЛ (АЗ. МЕХДИ (АС)) ЖЫЛУУ КАНДУУ (БООРУКЕР) ЖАНА СУЛУУ БИР ЖАШ ЖИГИТ...**

*(Cevheret-ul Kelam, 157-б.)*

Аз. Мехди (ас)дын маанилүү бир өзгөчөлүгү, төмөнкү хадисте билдирилгендей, муктаж абалдагы жакырларга өтө мээримдүү болушу, алардын бейпил жана бакубат жашоосу үчүн ар кандай социалдык иш-аракетти колдоп аларга мүмкүнчүлүк бериши болот.

Имам Мехди (ас) көп өлчөмдөрдө байлык таркатат. **ЖАКЫРГА ЖАНА МУКТАЖГА ӨТӨ ЖУМШАК**. *(Muntakhab al-Asar, 311-бет)*

## МУСУЛМАНДАРДЫ КОРГОО СЕЗИМИНИН КҮЧТҮҮ БОЛУШУ

Аз. Мехди (ас)дын коргоо сезиминин өтө күчтүү болоору хадистерде билдирилген. Исламга каршы айтылган ар кандай сөзгө толук жооп берип, ар кандай агымды толук таасирсиз (майнапсыз) абалга келтирет.

**Исламга каршы айтыла турган бир сөз дагы ага оор келет.**

*(El Kavlu'l Muhtasar Fi Alamatil Mehdiyy-il Muntazar, 30-б.)*

## ЗААЛЫМГА КАРШЫ АКЫЙКАТТЫ ЖАКТАШЫ

Аз. Мехди (ас) **заалымга каршы акыйкатты жактайт.** Ал тургай (заалым) бир адамдын азуу тишиндеги (адилетсиздик менен алынган бир тиштемди) да андан тартып алат жана ээсине кайтарат.

*(En-Necmu's-sakıb fi Beyanı Enne'l Mehdi min Evladı Ali b. Ebi Talib Ale't-*

*Temam ve'l kamal )*

**ЭЧ КИМДИН ТАЛАМЫН ТАЛАШПАШЫ**

Ал менин үммөтүмдөн, **тенеззүл этпеген** (Аллахтан башка эч кимге өзүн карыздар сезбеген) бир киши. *(Suyuti (Суйути), el-havi, 2/24)*

**МУКТАЖДЫКТАРЫН АДАМДАРГА БИЛДИРБЕЙТ**

Аз. Хүсейин (ра)дан суралды:

«Имам Мехди кайсы алааматтар менен билинет?» Мындайча жооп берди: «... Адамдар ага муктаж болушат. **Ал болсо адамдарга муктаждыгын билдирбейт (айтпайт).»**

*(Mer'iy b. Yusuf b. Ebi bekir b. Ahmet b. Yusuf el-Makdisi "Feraidu Fevaidi'l Fikr Fi'l İmam El-Mehdi El-Muntazar")*

**АДАМДАРГА ЖАКШЫЛЫК КЫЛЫШЫ**

Заман үзгүлтүккө учураган (системалар өзгөргөн) бир мезгилде Мехди (ас) деген бир киши келет **жана өтө берешен жана сонун (киши) болот.** *(Kitab-ül Burhan Fi Alamet-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, 14-б.)*

Ал фитналар чыккан бир мезгилде (убакта) келет **жана эч бир акысыз берешендик кылат (мал-мүлк таркатат).** *(El Kavlu'l Muhtasar Fi Alamatil Mehdiyy-il Muntazar, 24-б.)*

**ӨТӨ ЖООМАРТ БОЛУШУ**

«Тавус: ... **АЗ. МЕХДИ (АС) МАЛ-МҮЛК САДАКА КЫЛУУДА ӨТӨ ЖООМАРТ.»** *(El-Havi, 2-т., 150-б.)*

Акыр заманда бир халифа болот, **мал-мүлктү санап, эсептебестен бөлүштүрөт (таркатат).** *(Kitab-ül Burhan Fi Alamet-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, 15-б.)*

Башчыларыңардан бир башчы (амир) болот, **мал-мүлктү санабайт. Бирөө андан мал-мүлк сураганда, «ал» дейт. Ал кийимин жайат жана ал болсо толтурат.** *(Kitab-ül Burhan Fi Alamet-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, 15-б.)*

**АЗ. МЕХДИ (АС) ӨТӨ СҮЙҮҮГӨ ТОЛО ЖАНА ДОСТУККА**

**ЖАКЫН БОЛОТ**

Аз. Мехди (ас)дын сүйүүсү, боорукердиги, сылыктыгынан улам бүт адамдар андан ыраазы болгон, өтө сүйгөн, чын көңүлдөн ага моюн сунган бир адам болот. Аз. Мехди (ас) доорунда сүйүү, мээрим, боорукердик ушунчалык көп болуп, сулуулуктар ушунчалык көбөйүп, байлык да өтө көбөйүп, адилеттик, тынчтык жана бейпилдик ушунчалык тарагандыктан, «Анын убагында чоңдор «аттиң мен кичине болгонумда», кичинелер болсо «аттиң мен чоң болгонумда» дешет.»***1*** Аз. Мехди (ас)дын доору Аз. Мехди (ас)дын сүйүүсү, мээрими, сонун мүнөзү жана терең ыйманы себебинен «жакшы адамдардын жакшылыгы көбөйүп, жамандарга карата да жакшылык кылынган»***2*** бир доор болот.

Пайгамбарыбыз (сав)дын хадистеринде Аз. Мехди (ас)дын өтө мээримдүү жана сүйүүгө толо болоору, бүт адамдардын анын айланасында сүйүү жана кубаныч менен чогулаары, адамдар эле эмес, деңиздердеги балыктардын, асмандагы канаттуулардын да андан ыраазы болоору, бүт адамзат үчүн кубаныч булагы болоору айтылат.

**АЗ. МЕХДИ (АС) УШУНЧАЛЫК МЭЭРИМДҮҮ БОЛГОНДУКТАН,** анын убагында бир адам да уйкусунан ойготулбайт, бир адамдын да мурду канабайт. *(El-Kavlu'l Muhtasar Fi Alamet-il Mehdiyy-il Muntazar, 42-б.)*

Аз. Мехди (ас)дын кызматтары ушунчалык маанилүү жана чоң; риваяттарда **АНЫН БАШКАРУУСУНАН АДАМДАР ЭЛЕ ЭМЕС, БҮТ ЖЕР МЕНЕН АСМАН ЖАШООЧУЛАРЫНЫН ДА ЫРААЗЫ БОЛООРУ АЙТЫЛАТ.** *(İs'afür-Ragıbin, 146-б.; el-Havi, 2:66, 67)*

**(АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН) ЧЫГЫШЫ ЫЙМАНДУУЛАР ҮЧҮН ЭЛЕ ЭМЕС, ЖЕР МЕНЕН АСМАН ЖАШООЧУЛАРЫ ҮЧҮН ДА КУБАНЫЧ БУЛАГЫ БОЛОТ.** Канаттуулар, жапайы айбандар, деңиздеги балыктар дагы сүйүнүшөт. *(Kıyamet Alametleri (Кыямат алааматтары), 162, 163-б.)*

**Баары анын (Аз. Мехди (ас)дын) айланасында жакшы көргөн балдарына чын жүрөктөн сүйүп жакын болгон бир атанын мажилисинде же калкына мээримдүү бир хандын алдында сымал отурат,** (жана) көңүл кубанткан аяттарды жана кубанычтуу кабарларды түбөлүк бакыт мекенинде көрсөтөт. *(Seyyid Murtaza Müçtehidi Sistani, Nashr Almas Yayınları, 257-б. )*

Хадисте Аз. Мехди (ас)дын адамдарга болгон сүйүү жана боорукердигине көңүл бурулган. Аз. Мехди (ас) бүт адамдарга сүйүү жана

боорукердик менен мамиле кылат, жана анын жанында бүт адамдар өздөрүн бейпил, бактылуу сезишет. Ошондой эле, хадисте Аз. Мехди (ас)дын сүйүнчүлөөчү болоору да айтылууда. Аз. Мехди (ас) келген убакта калкты оор абалдан Курандын нуру менен чыгарат, жана кыйналып жаткан адамдарды сүйүнүчтүү кабарлары менен кубантат.

**АДАМДАР, БАЛ ААРЫЛАРЫНЫН БАШЧЫЛАРЫ АЙЛАНАСЫНДА ЧОГУЛУШУ СЫЯКТУУ, АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН АЙЛАНАСЫНДА ЧОГУЛУШАТ.** Андан мурда зулумдукка толгон дүйнөнү Ал адилеттикке толтурат. Адилеттүүлүгү ушунчалык (күчтүү) болгондуктан, уйкудагы бир адам да ойготулбайт жана бир тамчы кан да төгүлбөйт. Дүйнө Аср-ы Саадетке (Пайгамбарыбыз (сав) убагындагы бакубаттык доору) кайткандай болот. *(El-Kavlu'l Muhtasar Fi Alamet-il Mehdiyy-il Muntazar, 29-б.)*

(Аз. Мехди (ас)) Пайгамбардын (сав) жолунан жүрөт. Уктап жаткан кишини ойготпойт, кан да төкпөйт... Жер бети зулумдук менен кыйноонун ордуна адилеттикке толот. Бүт нерсени акыйкаттык жана адилеттик менен бирдей (тең) кылып тапшырат. **ОШЕНТИП ЖЕР МЕНЕН АСМАН ЖАШООЧУЛАРЫ АНДАН ЫРААЗЫ БОЛГОНУ СЫЯКТУУ, АСМАНДАГЫ КАНАТТУУЛАР, ТОКОЙДОГУ ЖЫРТКЫЧ АЙБАНДАР, ДЕҢИЗДЕГИ БАЛЫКТАР ДА ЫРААЗЫ БОЛУШАТ.** *(Medineli Allame Muhammed b. Resul el-Hüseyni el-Berzenci (эль-Хүсейни эль-Берзенжи), Patuk Yayıncılık, İstanbul, 2002, 163-б.)*

**АНЫН (АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН) УБАГЫНДА БӨРҮ МЕНЕН КОЙ БИРГЕ ОЙНОП, ЖЫЛАНДАР ЖАШ БАЛДАРГА ЭЧ ЗЫЯН ТИЙГИЗБЕЙТ.** Адам бир ууч урук таштап, 700 ууч түшүм алат... *(El-Kavlu'l Muhtasar Fi Alamet-il Mehdiyy-il Muntazar, 43-б.)*

Аз. Мехди (ас)дын сүйүүсү, боорукердиги жана мээрими адамдардын да бир-бирин сүйүшүнө, сылык болушуна, боорукер жана мээримдүү мамиле кылышына себепчи болот. Бул мындайча кабар берилет:

Аз. Мехди (ас) убагында Аср-ы Саадеттеги сыяктуу, **ӨЧКӨН СЕЗИМДЕР БИР-БИРДЕН УРУКТАНЫП, ГҮЛ АЧАТ.** *(el-Havi l'il-Fetava, 67, 68-б.; Rahbavi, Kıyamet Alametleri, 162, 163-б.)*

**(АЗ. МЕХДИ (АС)) АЛЛАХТЫН УРУКСАТЫ МЕНЕН ТАШ СЫЯКТУУ ЖҮРӨКТӨРДҮ ЖУМШАРТА АЛАТ, КӨМҮР СЫЯКТУУ РУХТАРДЫ АЛМАЗГА АЙЛАНТА АЛАТ,** өлүк рухтарды ыймандын нуру

менен тирилте алат... *(El-Kavlü'l-Muhtasır, 24-б.; Şaban Döğen Mehdi ve Deccal (Мехди жана дажжал), 194-195-б.)*

Бул хадистерде Аз. Мехди (ас)дан мурда адамдардын сүйүүдөн, мээримден алыс болоору, кээ бир адамдардын жүрөктөрүнүн катуу болуп калаары, кээ бир адамдардын терендиктен алыс болоору, рух сулуулугунун азайаары, бирок Аз. Мехди (ас) чыккан (көрүнгөн) соң адам рухундагы сүйүү, мээрим, боорукердик, сылыктык сыяктуу бүт сонун сезимдердин кайрадан жанданаары кабар берилүүдө.

**АЗ. МЕХДИ (АС) ӨТӨ ЭР ЖҮРӨК БОЛОТ, ЭР ЖҮРӨКТҮК, БЕКЕМДИК, ТУРУКТУУЛУК ЖАНА КӨМӨКТӨШҮҮ СЫПАТТАРЫНА ЭЭ БОЛОТ**

**Фитналардын алдын алуу ага оор келбеген жана өлтүрүү да аны артка кайтара албаган** Эхли Бейтиме (урпагыма) тиешелүү бирөө (Аз. Мехди (ас)) ээ болбостон күндөр менен түндөр бүтпөйт. *(Ali Bin Hüsameddin El Muttaki, Celaleddin Suyuti'nin Tasnifinden Hadisler (Желаледдин Суйути жыйнагынан хадистер) – Ahir Zaman Mehdisinin Alametleri, Kahraman Neşriyat, 13-б.)*

Аз. Мехди (ас) өз ишин өтө кылдат (дисциплиналуу) жасайт. *(Kıyamet Alametleri, Berzenci, 175-б.)*

**Адамдар акыйкатка кайтканга чейин (пикирдик) күрөшүн улантат.** *(El-Kavlu'l Muhtasar Fi Alamet-il Mehdiyy-il Muntazar, 23-б.)*

Мехди (ас) эсебин өтө кылдат жасайт жана убадасынан кайтпайт. *(Kitab-ül Burhan Fi Alamet-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, 24-б.)*

Алдынан тоолор чыкса дагы, аларды эзип өтөт, ал тоолордо өзүнө жол табат. *(El-Kavlu'l Muhtasar Fi Alamet-il Mehdiyy-il Muntazar, 39-б.)*

«Эй ыймандуулардын Мырзасы, бизге сенин Мехдиң (ас) жөнүндө кабар бер.» Ыймандуулардын Мырзасы (сав) мындай деди: «... (АЗ. МЕХДИ (АС)) **ӨЛҮМ КЕЛГЕНДЕ КОРКПОЙТ; ыймандуулар айланасын курчаганда алыстап жүз бурбайт; СОГУШЧАНДАР АГА КАРШЫ КҮРӨШКӨНДӨ ТЫНЧСЫЗДАНБАЙТ... ЖООМАРТ ЖАНА ЭР ЖҮРӨК...»** *(Kitab-ül Gaybet, [Bihar-ul Envar, 51-т.], Ansariyan Yayıncılık, топтогон: Muhammed Bakır el-Meclisi, İran-Kum, 2003, 184-б.)*

Аллах Куранда көптөгөн аятында элчилеринин сонун адеп-ахлагы жана эр жүрөк мүнөздөрүнөн сөз кылат. Элчилер коомдорунун бүт тануударына, шылдыңдарына, тузактарына жана чабуулдарына эң сонун жооп беришкен жана дайыма Аллахтын жардамы менен жеңип чыгышкан.

**Демек сен өзүңө буйрук кылынган нерсени апачык айт жана мушриктерге алдырба. (Хижр Сүрөсү, 94)**

**АЗ. МЕХДИ (АС) КҮЧТҮҮ ЫЙМАНЫ, СҮРҮ, ОЛУТТУУЛУГУ, АК СӨӨКТҮҮ МАМИЛЕЛЕРИ ЖАНА ПАЙГАМБАРЫБЫЗ (САВ)ДЫН АЛ ЖӨНҮНДӨГҮ СҮРӨТТӨӨЛӨРҮ МЕНЕН ТААНЫЛАТ**

Аз. Мехди (ас) ыйманы, ак сөөктүгү, жагымдуулугу, олуттуулугу, сонун мамилелери, сонун адеп-ахлагы, эч кимден белек албашы, тескерисинче, белек таркатышы, бүт адамдарга Ислам ахлагын эч кандай акы талап кылбастан айтып берип жайышы, кылган кызматтарынан эч кандай акы, кызыкчылык күтпөшү жана ар бир кыймыл-аракетинде Исламга пайдалуу болушу менен таанылат. Мусулмандар Пайгамбарыбыз (сав) ал жөнүндө билдирген мындай өзгөчөлүктөрүн бүт жакта сөз кылышат жана бул Аз. Мехди (ас)дын таанылышында өзүнчө бир далил болот.

Эбуъл Жаруд мындай дейт:

Имам Мухаммед Бакыр алейхиссаламга: **«... ИМАМ (АЗ. МЕХДИ (АС)) ЭМНЕ МЕНЕН ТААНЫЛАТ?»** дегенде мындай деди:

**«ХИДАЯТ ЖАНА ЖАГЫМДУУЛУГУ (БИЙИКТИГИ) МЕНЕН ЖАНА АЛИ МУХАММЕДДИН АНЫН (АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН) ПАЗИЛЕТТЕРИН (СОНУН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮН) МОЙНУНА АЛЫШЫ МЕНЕН.»** *(Şeyh Muhammed b. İbrahim-i Numani, Gaybet-i Numani, 284-б.)*

Харис бин Мугайре-и Насры мындай дейт, Имам Жафери Садык алейхиссаламга **«ИМАМ (АЗ. МЕХДИ (ас)) ЭМНЕ МЕНЕН ТААНЫЛАТ?»** дегенде мындай деди:

**«ЖАГЫМДУУЛУГУ ЖАНА ОЛУТТУУЛУГУ МЕНЕН. БАШКА ЭМНЕ МЕНЕН ТААНЫЛАТ? МЫНДАН ТЫШКАРЫ, АДАЛ ЖАНА АРАМ МЕНЕН, ЭЛДИН АГА БОЛГОН МУКТАЖДЫГЫ МЕНЕН ЖАНА АНЫН ЭЧ КИМГЕ МУКТАЖ БОЛБОШУНАН ТААНЫЛАТ...»** *(Şeyh Muhammed b. İbrahim-i Numani, Gaybet-i Numani, 283-б.)*

Харис бин Мугайре-и Насры мындай дейт: Имам Жафери Садык

алейхиссаламга «Имам (Аз. Мехди (ас)) эмне менен таанылат?» дегенде мындай деди:

**«ЖАГЫМДУУЛУГУ ЖАНА ОЛУТТУУЛУГУ МЕНЕН.»**

«Башка эмне менен таанылат?»

«Мындан тышкары, адал жана арам менен, **ЭЛДИН АГА БОЛГОН МУКТАЖДЫГЫ МЕНЕН ЖАНА АНЫН ЭЧ КИМГЕ МУКТАЖ БОЛБОШУНАН** таанылат, анын жанында Расулуллах (сав)дын куралы (кылычы) болот.»

Эбуъл Жаруд мындай дейт: Имам Мухаммед Бакыр алейхиссаламга: Эхли Бейттен болгон кандайдыр бир каим имамдан кийин келе турган имам (Аз. Мехди (ас)) эмне менен таанылат? дегенде мындай деди:

**«ХИДАЯТ ЖАНА ЖАГЫМДУУЛУГУ (БИЙИКТИГИ) МЕНЕН** жана Али Мухаммеддин анын пазилеттерин моюнга алуусу менен...»

*(http://www.al-shia.org/html/tur/books/book1/021.htm#link20)*

**АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ИШ-АРАКЕТТЕРИНДЕ ТУУРА ЭМЕС ЖАНА ЗУЛУМДУКТУН БОЛБОШУ**

Мен Аз. Мехди (ас)ды пайгамбарлардын барактарында (китептеринде) мындайча көрөм: **«Аз. Мехди (ас)дын иш-аракеттеринде зулумдук да, туура эместик да жок.»**

*(Nuaym b. Hammad, vr. 50b; Ali Bin Hüsameddin El Muttaki, Celaleddin Suyuti'nin Tasnifinden Hadisler (Желаледдин Суйути жыйнагынан хадистер) – Ahir Zaman Mehdisinin Alametleri, Kahraman Neşriyat, 21-б.)*

**АДАЛДАРДЫ ЖАНА АРАМДАРДЫ БИЛЕТ**

Аз. Хүсейин (ра)дан суралды:

«Имам Аз. Мехди (ас) кайсы алааматтар менен билинет?»Минтип жооп берди: «Көңүлүнүн бейпилдиги жана олуттуулугу менен, **адал менен арамды өтө жакшы билиши** менен таанылат.

*(Mer'iy b. Yusuf b. Ebi bekir b. Ahmet b. Yusuf el-Makdisi "Feraidu Fevaidi'l Fikr Fi'l İmam El-Mehdi El-Muntazar")*

**АЗ. МЕХДИ (АС) ӨЗ ДООРУНУН ЭҢ ЖАКШЫСЫ БОЛОТ**

Мухаммед **үммөтүнүн эң жакшысы** жана силердин кыйынчылыктарды кетирүүчү велиңер (досуңар) болгон кишиге кошулгула.. **Ал Аз. Мехди (ас).**

*(Kitab-ül Burhan Fi Alamet-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, 57-б.)*

Жашаган доорунда **жер жүзүнүн эң жакшысы** өзү (Аз. Мехди (ас)) болот. *(El-Kavlu'l Muhtasar Fi Alamet-il Mehdiyy-il Muntazar, 27-б.)*

Аз. Мехди (ас) (өз доорундагы) **адамдардын эң жакшысы.**
*(Kitab-ül Burhan Fi Alamet-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, 58-б.)*

## АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ХИКМАТЫ, БААМЫ, ПАРАСАТЫ ЖАНА ТҮШҮНҮГҮ АБДАН КҮЧТҮҮ БОЛОТ

Хадистерде Аз. Мехди (ас)дын Аллах ага берген өзгөчө бир күчкө ээ болоору билдирилет:

**Ал эч ким биле албаган жашыруун бир күчтүн ээси болгондуктан Аз. Мехди (ас) деп аталган.**
*(Kitab-ül Burhan Fi Alameti-il Mehdiyy-il Ahir Zaman)*

Мухйиддин Араби Аз. Мехди (ас)дын кээ бир өзгөчөлүктөрүн санаган. Төмөнкү сөздөрүндө Аз. Мехди (ас)дын көңүл бурган негизги 9 өзгөчөлүгүн айтып өткөн:

*1. Парасаттуу болушу*

*2. Ыйык китепти түшүнүшү*

*3. Аяттардын маанисин билиши*

*4. Дайындай турган адамдардын абалы менен мамилелерин билиши*

*5. Ачууланганда да мээрим менен адилеттиктен алыстабашы*

*6. Нерселердин класстарын билиши*

*7. Иштердин татаал, баш айланткан тараптарын билиши*

*Себеби буларды билген бир лидер бере турган өкүмдөрүндө жаңылбайт. Аз. Мехди (ас) салыштыруу илимин аны менен өкүм кылуу үчүн эмес, андан качынуу үчүн билет. Себеби берген өкүмү туура бир илхам натыйжасы болот. Б.а. Аз. Мухаммед (сав) алып келген шариятка ылайык өкүм берет. Ушул себептен, Пайгамбарыбыз (сав) аны сүрөттөп жатып «менин изимден жүрөт, ката кетирбейт» деген. Мындан көрүнүп тургандай, Аз. Мехди (ас) шарият ээси эмес, шариятка моюн сунуучу.*

*8. Адамдардын муктаждыгын жакшы түшүнүшү*

*Себеби алардын ар кандай иштерине жараш үчүн Аллах аны башка адамдар ордуна тандаган. Лидерлердин мамилеси жана иш-аракеттери өзүнөн мурда калктын кызыкчылыгын көздөш керек... Калктын пайдасына карама-каршы келген нерселер менен алектенип, алардын ишине жарабаган*

*бир лидер айдалышы керек. Себеби аны менен башка адамдар арасында айырма жок болуп калат.*

*9. Өзгөчө анын мезгилинде муктаждык сезилген кайып (билинбеген, жашыруун) илимдерине ээ болушу. Себеби ошонун урматында гана жаңы жаңы пайда болгон маселелерди чече алат. (Kıyamet Alametleri (Кыямат алааматтары), 189-б.)*

Аз. Мехди (ас)дын баам-парасаты жана түшүнүгү өтө күчтүү болот. Көп нерсени Аллахтын илхамы менен сезет.

Имам Садык (ас) мындай деди: **«АЗ. МЕХДИ (АС) АР КООМДУН (ЭЛДИН) ИШТЕРИНИН ИЧ ТАРАБЫНАН** (жашырган нерселеринен) **КАБАР БЕРЕТ ЖАНА ДОСУН ДУШМАНЫНАН ПАРАСАТ МЕНЕН АЙЫРМАЛАЙТ.»** *(Sırat'ul-Mustakifm, 2-т., 254-б.)*

**АЛЛАХ АЗ. МЕХДИ (АС)ГА ЭҢ ТУУРА ӨКҮМДҮ ИЛХАМ КЫЛАТ**

**... Аз. Мехди (ас) ДАВУД (АС) ЖАНА АЛ-И ДАВУД ӨКҮМҮ МЕНЕН ӨКҮМ ЧЫГАРАТ** жана эч кимден күбө менен далил сурабайт. Шейх Мүфид мындай дейт: «Каим-и Ал-и Мухаммед **(АЗ. МЕХДИ (АС)) КЫЯМ ЭТКЕНДЕ (ЧЫККАНДА), АЗ. ДАВУД (АС) СЫЯКТУУ, Б.А. БАТЫН (ЖАШЫРУУН) МААЛЫМАТЫ МЕНЕН ӨКҮМ ЧЫГАРАТ,** күбөгө муктаж болбостон өкүм берет. **АЛЛАХ ӨКҮМДҮ АГА ИЛХАМ КЫЛАТ ЖАНА АЛ АЛЛАХТАН БОЛГОН ИЛХАМГА КАРАП ӨКҮМ БЕРЕТ.** *(İrşad (Şeyh Müfid (Шейх Мүфид)), 365-366-б.)*

**АНЫН (АЗ. МЕХДИ (АС)) УБАГЫНДА ЭЧ КИМГЕ ЖАМАНДЫК КЫЛЫНБАЙТ.** *(El-Mehdiyy-il Mev'ud..., 1-т., 280- жана 300-б.)*

**АЗ. МЕХДИ (АС)ДА АЛЛАХТЫН «ХАДИ»; «ХИДАЯТ БЕРҮҮЧҮ» ЫСМЫНЫН БЕРЕКЕСИ БОЛОТ**

Диъбел атактуу ыр саптарын Имам Рызанын (ас) жанында окуган соң мындай деди:

«Аз. Мехди (ас) сөзсүз кыям этет (чыгат): **Аллахтын ысым жана берекеси менен чыгат»** (б.а. Имамдын кыямы сөзсүз.) **Ал Аллахтын ысым жана берекеси менен кыям этет.»** *(Yenabi-ul Mevedde, 2-т., 197-б.)*

Аллахтын **«Хади»,** б.а. **«Хидаят берүүчү, Туура жолго салуучу»** ысмы Аз. Мехди (ас)да да көрүнөт. **«Аз. Мехди»** ысмы да «хидаятка (туура жолго)

жеткирүүчү» маанисине келет. Аз. Мехди (ас) Аллахтын уруксаты менен дүйнөнүн төрт тарабындагы бүт адамдардын Аллахка ыйман келтиришине жана Ислам ахлагына багытталышына себепчи болот.

**АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ӨСҮМДҮК, ЖАНЫБАРЛАРДЫ СҮЙҮШҮ**

Аз. Мехди (ас) **кургак (куураган) бир даракты тиккенде болсо дарак ошол замат жашылданып жалбырак байлайт.** *(El-Kavlu'l Muhtasar Fi Alamet-il Mehdiyy-il Muntazar, 43-б.)*

Аз. Мехди (ас) бир жерге **кургак бир бутакты тигет жана бутак жалбырак байлап жашылданат.** *(Kitab-ül Burhan Fi Alamet-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, 67-б.)*

Бул куттуу хадистерде Аз. Мехди (ас)дын өсүмдүктөрдү сүйөөрү жана аларды өз колу менен өстүрөөрүнө ишарат кылынууда. Башка бир куттуу хадисте болсо мындай деп айтылат:

Аз. Мехди (ас) **учуп бараткан бир кушту ишарат кылганда, куш ошол замат бул буйрук менен жерге түшөт.** Кургак бир даракты тиккенде болсо, дарак ошол замат жашылданып, жалбырак байлайт.
*(El-Kavlu'l Muhtasar fi Alamatil Mehdiyy-il Muntazar, 43-б.)*

Бул хадисте болсо Аз. Мехди (ас)дын жаныбарлар менен алектенээри, жаныбарлардын да аны сүйөөрүнө ишарат кылынууда. Башка бир хадисте «жер менен асман жашоочуларынын Аз. Мехди (ас)ды сүйөөрү», «канаттуулардын жана деңиздердеги балыктардын дагы андан ыраазы болоору» билдирилүүдө:

**Анын халифалыгынан (руханий лидерлигинен) жер менен асман жашоочулары, бүт жапайы айбандар, канаттуулар, ал тургай, деңиздеги балыктар да ыраазы болушат.** *(El-Kavlu'l Muhtasar Fi Alamet-il Mehdiyy-il Muntazar, 31-б.)*

**АЗ. МЕХДИ (АС) ЖАНЫБАРЛАРДЫ СҮЙӨТ ЖАНА АЛАРДЫН АБАЛЫН ТҮШҮНӨТ**

**АЛ (АЗ. МЕХДИ (АС)) ТАСТЫКТАЛГАН, КАНАТТУУ МЕНЕН БҮТ АЙБАНАТТАРДЫН ТИЛИН БИЛГЕН БИРӨӨ.** *(Muhammed B. Resul El Hüseyin El Berzenci (Эль-Хүсейин Эль-Берзенжи), Kıyamet Alametleri, 188-б.)*

Аз. Мехди (ас)дын айбанаттарга болгон сүйүүсү жана боорукердиги өтө күчтүү болот; алардын абалын, муктаждыктарын өтө жакшы түшүнөт. Анын убагында жер жүзүндөгү бүт жандыктар сыяктуу жердеги жана асмандагы бүт айбанаттар да Аз. Мехди (ас)ды өтө жакшы көрүп, баары андан ыраазы болушат:

Аз. Мехди (ас) менен сүйүнчүлөшкүлө... **АНДАН ЖЕР МЕНЕН АСМАН ЖАШООЧУЛАРЫ ЫРААЗЫ**... *(Kitab-ül Burhan fi Alamet-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, 13-б.)*

**АНЫН** (Аз. Мехди (ас)дын) **ХАЛИФАЛЫГЫНАН** (руханий лидерлигинен) **ЖЕР МЕНЕН АСМАН ЖАШООЧУЛАРЫ, АЛ ТУРГАЙ АБАДАГЫ КУШТАР ДАГЫ ЫРААЗЫ БОЛОТ.** *(El-Kavlu'l Muhtasar Fi Alamet-il Mehdiyy-il Muntazar, 26-б.)*

... **АЛ КЕЗДЕ** (Аз. Мехди (ас) доорунда) **ЖЕР МЕНЕН АСМАН ЖАШООЧУЛАРЫ, БҮТ ЖАПАЙЫ АЙБАНДАР, КУШТАР, АЛ ТУРГАЙ, ДЕҢИЗДЕГИ БАЛЫКТАР ДАГЫ АНЫН ХАЛИФАЛЫГЫ МЕНЕН** (руханий лидерлиги менен) **КУБАНЫШАТ**...

## АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ЭЧ МАЛ-МҮЛКҮ БОЛБОЙТ

Ал (Аз. Мехди (ас)) **ДҮЙНӨГӨ БЕРИЛБЕЙТ ЖАНА (УШУЛ СЕБЕПТЕН) ТАШ ҮСТҮНӨ ТАШ ЖЫЙНАБАЙТ.**

*(El-Mehdiyy-il Mev'ud..., 1-т., 280- жана 300-б.)*

## АЗ. МЕХДИ (АС) АДАМДАР АРАСЫНДА ЭҢ ИЛИМДҮҮ ЖАНА АДАМДАР ҮЧҮН ЭҢ ЖАКШЫ ДОС

Анан Аз. Мехди (ас)дын сыпаттарын санап мындай деди: **«АРАҢАРДАГЫ ЭҢ КЕНЕН БАШПААНЕК, АРАҢАРДАГЫ ЭҢ ИЛИМДҮҮ ЖАНА ДОСТОРУН, ЖАКШЫ КӨРГӨНДӨРҮН ЭҢ КӨП СУРАП ТУРУУЧУ.** Аллахым! Анын чыгышын кайгылардын жоголушуна себепчи кыл жана үммөттүн чачырандылыгын аны менен топто! Эгер Аллах сени жеткирсе (үлгүртсө), **АГА МОЮН СУНУУГА ЧУРКА (АНЫ ЭЭРЧИ) ЖАНА АНДАН ЭЧ КАЧАН БАШ ТАРТПА (АЙРЫЛБА). ЭГЕР ҮЛГҮРҮП, АГА ЖЕТИП ЖАНА ХИДАЯТ ТАПСАҢ, АНДАН ЭЧ БАШ ТАРТПА (АЙРЫЛБА).** Ах –жана колу менен көкүрөгүн көрсөтүп- аны канчалык күчтүү көргүм келет.» *(Şeyh Muhammed b. İbrahim-i Numani, Gaybet-i Numani,*

*252-б.)*

**АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН УСЛУБУ ЖАНА МАМИЛЕСИ ӨТӨ ЧЫН ЖҮРӨКТӨН БОЛОТ**

Аз. Мехди (ас)дын **динге чакыруу ыкмасы адамдардын жүрөктөрүнө терең таасир берген жана Аллахка өтө чын ыкластуу жүрөк менен багытталган абалда болот.** Динден алыстагандар ибадаттарына, көңүл токтукка жана бейпилдикке кайтышат. *(İkdud Durar, 156-бет, Bihar- ül Envar, 53-том, 36-жана 280-б.)*

Хадисте Аз. Мехди (ас)дын Ислам ахлагын баяндап жатканда өтө чын ыкластуу бир ыкма колдоноору айтылган. Аллах Аз. Мехди (ас)дын чын ыкласын да себепчи кылып «Хади» сыпаты менен көрүнөт жана адамдарды хидаятка (туура жолго) жеткирет. Аз. Мехди (ас) доорунда адамдар чын жүрөктөн Аллахка ыйман келтиришет жана ыйманы алсыздаган адамдардын кайрадан ыймандары күчтөнөт. Аз. Мехди (ас)дын Ислам ахлагын баяндоодогу чын ыкласына өзгөчө көңүл бурулушунун себептеринин бири – бул Аз. Мехди (ас) жашаган доордо адамдардын көпчүлүгүнүн чын ыкластан алыс (жасалма) болушу. Хадисте, ошондой эле, ыйман келтирген адамдардын жүрөктөрүнүн ыраазы болооруна (тынчтанып, көңүл ток болооруна) жана коопсуздук (бейпилдик) орун алаарына да көңүл бурулган.

**АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ИШТЕРДИ ӨТӨ БАТ БҮТҮРҮШҮ**

Бул абал 7 жылга созулат. **Бирок анын ар бир жылы силердин 20 жылыңарга тете болот.** *(El-Kavlu'l Muhtasar fi Alamatil Mehdiyy-il Muntazar, 44-б.)*

Хадисте Аз. Мехди (ас)дын бир жылынын адамдардын 20 жылына тете болоору кабар берилүүдө. Аз. Мехди (ас) адамдар көп жылдар бою жасай албаган иштерди өтө кыска убакыт ичинде бүтүрөт. Ар нерсеге өтө ылдам, акылдуу, хикматтуу жана тамырынан чече турган жолду табат жана ишке ашырат.

**АЗ. МЕХДИ (АС) АЛЛАХТЫН ИЛХАМЫ МЕНЕН АДАМДАРДЫ ӨТӨ ЖАКШЫ ТААНЫЙТ; АЛГАН ЧЕЧИМДЕРИНДЕ КҮБӨ КЕРЕК БОЛБОЙТ**

Имам Мехди (ас) **АЛЛАХТАН КЕЛГЕН МААЛЫМАТКА ЫЛАЙЫК** өкүм берет. Адамдарды **ЧЫНЫГЫ ЖАНА ИЧКИ АБАЛДАРЫ МЕНЕН** тааныйт. Давуд Пайгамбар (сав) жана Сулайман Пайгамбар (ас)дын чечимдери сыяктуу **АНЫН ӨКҮМДӨРҮНӨ ДА КҮБӨ ТАЛАП КЫЛЫНБАЙТ.** *(Bihar-ül Envar, 18-том, 341-бет; 52-том, 325-бет; Mikyaal al-Makaarem, 1-том, 6-бет, 83-84 жана 145-б.)*

Хадисте Аллахтын туура чечимдерди Аз. Мехди (ас)дын жүрөгүнө илхам кылаарына ишарат кылынууда. Аз. Давуд (ас)дын жана Аз. Сулайман (ас)дын адилеттүү өкүмдөрү сыяктуу Аз. Мехди (ас)дын да бүт өкүмдөрү ушул себептен адилеттүү болот. Аз. Мехди (ас)дын жүрөгүнө адамдардын кулк-мүнөздөрү жана чыныгы жүздөрү илхам кылынат жана адамдар жөнүндө чечим чыгарып жатканда Аз. Мехди (ас) далилге жана күбөгө муктаж болбойт. Окуялардын ички (чыныгы) жүзүнүн Аз. Мехди (ас)га Аллах тарабынан сездирилээри хадисте ишарат кылынган.

## АЗ. МЕХДИ (АС) ЖОГОРКУ ПАРАСАТТУУ БОЛОТ ЖАНА АЛЛАХТЫН КААЛООСУ МЕНЕН КАЙЫП ИЛИМДЕРИН БИЛЕТ

Имам Садык (ас) мындай деген: «Аз. Мехди (ас) **ар элдин иштеринин ички тарабынан (жашырган нерселеринен) кабар берет жана досун душманынан парасат менен тааныйт.»** *(Sırat'ul-Mustakim, 2-т., 254-б.)*

## УЛУУ АЛЛАХ АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫ ХИКМАТЫ, ИЛИМИ, ХИДАЯТЫ МЕНЕН БАГЫТТАЙТ

Аллах Тааланын Аз. Мехди (ас)га кантип жардам берээрин Имам Рыза (ас) мындайча чечмелеген:

Аллах Аз. Мехди (ас)га **жүрөк кеңдигин берет. Жүрөгүн акыйкат менен хикматтардын (акылмандык) булагы кылат, ага дайыма илимин илхам кылат.**

Андан соң **эч бир суроонун жообунан алсыз болбойт, ишенимдүү жол көрсөтүүдө жана акыйкаттарды баяндоодо эч жаңылбайт: (Аллахтын каалоосу менен) катадан таза (алыс). Дайыма Аллахтын жол көрсөтүүчүлүк, ийгилик (жардам) жана тастыктоосуна ээ болот. Ката жана жаңылыш айтып алуудан алыс.** Кулдарына далил жана күбө болушу үчүн аны бул макамга Аллах тандаган. Аллах бул Өзүнөн болгон берешендигин каалаганына берет жана Аллах өтө берешен. *(Usul-u Kafi, 1-т., 390-б.)*

**АЗ. МЕХДИ (АС) «ЭЧ КИМДЕ ЖОК ИЛИМДЕРДИН» ЭЭСИ БОЛОТ**

«(Аз. Мехди (ас)дын) Анын фыкых (шарият) илими **ОН ААЛЫМДЫКЫНА БАРАБАР**.» *(Nuaym bin Hammad, Kitab-ül Fiten)*

Имам Садык (ас) мындай дейт:

«**ИЛИМ ЖЫЙЫРМА ЖЕТИ БӨЛҮККӨ БӨЛҮНГӨН**. Адамзат ушул күнгө чейин мунун ЭКИ БӨЛҮГҮНӨ гана жете алды. **Каимибиз (АЗ. МЕХДИ (АС)) КЫЯМ ЭТКЕНДЕ (ЧЫККАНДА) КАЛГАН ЖЫЙЫРМА БЕШ БӨЛҮГҮ ДА ЧЫГАТ** жана адамдар арасында жайылат.» *(Bihar, 52-т., 336-б.)*

**... АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ИЛИМ МЕНЕН АКЫЛМАНДЫГЫ БҮТ БААРЫНАН ЖОГОРУРААК.** Аз. Мехди (ас) Пайгамбар (сав)дын атын алып жүрөт жана адеп-ахлагы да Мухаммед (сав)дын адеп-ахлагы болот. *(El-Mehdiyy-il Mev'ud, 1-т., 281-282- жана 266- жана 300-б.)*

Аллах адамдарга хидаят (туура жолго жетүү) себепчиси болушу үчүн милдет (кызмат) тапшырган бүт пайгамбар менен элчилерин илимий жана дене жагынан кубаттуу кылган. Аллах акыр замандын хидаят башчысы кылып тандаган Аз. Мехди (ас) да жашаган доорунда ушул өзгөчөлүгү менен абдан көңүл бурат. Аз. Мехди (ас) Аллахтын берешендиги натыйжасында өтө бийик илимдерге ээ болот. Бирок хадис менен риваяттардагы маалыматтардан бул илимдин кадимки биз билген илимдерден көбүрөөк, хикмат (акылмандык), тереңдик, акыл, баам жана парасат экени түшүнүктүү болууда.

Андагы бул хикмат, баам, парасат, окуяларды жоромолдой алуу жана жыйынтык чыгара алуу жөндөмү себебинен, адамдар Аз. Мехди (ас)га узаткан ар суроодо, чечүү жолун издеген ар темада теңдешсиз бир акылды көрүшөт. Мурда эч ойлоруна келбеген жолдорду, эч көрө албаган чечимдерди, эч акылдары жетпеген көз-караштарды Аз. Мехди (ас)дан угуп, ишке ашырышат.

**АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ЖИФР (ЭБЖЕД) ИЛИМИН БИЛИШИ**

Аз. Мехди (ас)дын вехби (Аллахтан берилген) илимге тиешелүү дагы бир өзгөчөлүгү болсо – бул эбжед эсебин жана ага байланыштуу сырларды билиши. Ташкөпрүлүзаде Ахмет (Taşköprülüzade Ahmet) Мырза "*Mevzuatu'l-Ulum"* аттуу эмгегинде (11-т./ 246-б.) Аз. Мехди (ас)дын жифр илимин билээрин жазган:

Кээ бирлер айтышты, бул кемчиликсиз илим китеби акыр заманда чыгышы күтүлгөн Аз. Мехди (ас)дын чыгышы жөнүндө, **алар жифр илимин билишет жана сырларын аңдап түшүнүшөт.** Өткөн пайгамбарлардын китебинен да бул илим келген. *(Mehdilik ve İmamiye, İbrahim Süleymanoğlu, 252-б.)*

## АЗ. МЕХДИ (АС) АЛЛАХТАН БИР НЕМАТ КАТАРЫ ЛЕДҮН ИЛИМИ СЫЯКТУУ ЖАШЫРУУН ИЛИМДЕР МЕНЕН ЖАБДЫЛАТ

Каъб: «Кыям эте тургандын Аз. Мехди (ас) деп аталышынын себеби **жашыруун иштерге хидаят этилиши себебинен.**» дейт. *(Kitab-ul Havi li'l Fetava, 2-т., 148-б.)*

## АЗ. МЕХДИ (АС) КЕРЕМЕТТҮҮ БИР НЕРСЕНИ БАЙКАЙТ

Расулуллах (сав) мындай деди: «Мехди бизден Эхли Бейттен. **АЛЛАХ АНЫ (АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫ) БИР ТҮНДӨ ЫСЛАХ КЫЛАТ (ЖЕТИЛТЕТ).»**

*(Kitab-ül Burhan Fi Alameti-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, s.19)*

«АЛ (АЗ. МЕХДИ (АС)) **ЭЧ КИМ БИЛЕ АЛБАГАН ЖАШЫРУУН БИР КҮЧТҮН ЭЭСИ БОЛГОНДУКТАН** Мехди деп аталган.» *(Kitab-ül Burhan Fi Alameti-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, 19-б.)*

Бир риваятта Аз. Мехди (ас)дын **«БИР ТҮНДӨ ЖЕТИЛЭЭРИ»** кабар берилип, башка бир риваятта болсо «өзгөчө бир илимге ээ болоору» билдирилген. Бул сөздөр сөз болуп жаткан «ошол түн ичинде» Аз. Мехди (ас)дын «кереметтүү бир илимге жетээри» сымал бир МААНИНИ билдирүүдө. Аз. Мехди (ас)дын бул укмуштуу маалыматка жетиши натыйжасында андан да жетилип (акылмандыгы өсүп), ыйманынын абдан бекемдеши түшүнүктүү болууда.

Хадисте берилген бул маалыматтар Аз. Мехди (ас)дын бир тараптан ледүн илимине, бир тараптан болсо эч ким билбеген өзгөчө бир илимге ээ болооруна ишарат кылууда.

## АЗ. МЕХДИ (АС) АЛЛАХТЫН ИЛХАМЫ МЕНЕН «АЛЛАХТЫН ЫРААЗЫЛЫГЫНА ЭҢ ЫЛАЙЫКТУУ МАМИЛЕНИ» БИЛЕТ ЖАНА ОШОГО ЖАРАША КЫЙМЫЛ-АРАКЕТ КЫЛАТ

Мындай дедим: **«АЗ. МЕХДИ (АС) АЛЛАХТЫН ЫРААЗЫЛЫГЫН**

**КАЙДАН БИЛЕТ?» (АЛ) АЙТТЫ: «АЛЛАХ АНЫН ЖҮРӨГҮНӨ РАХМАТЫН (ЫРААЗЫЛЫГЫН) КӨРСӨТӨТ.»** (түшүрөт).» *(Şeyh Muhammed b. İbrahim-i Numani, Gaybet-i Numani 191-б.)*

**АЗ. МЕХДИ (АС) КИМДИН ДОС, КИМДИН ДУШМАН ЭКЕНИН ЗАМАТТА ТҮШҮНӨТ**

**«АЗ. МЕХДИ (АС) БҮТ ТОПТОРДУН ЖАШЫРУУН ПЛАНДАРЫНАН КАБАРДАР БОЛОТ ЖАНА ПЛАНДАРЫН ӨЗДӨРҮНӨ АЙТАТ. АЗ. МЕХДИ (АС) КАРАП ЭЛЕ (ЖҮЗҮНӨН) ДОС МЕНЕН ДУШМАНЫН ТААНЫЙТ.»** *(İrşad (Şeyh Müfid), 365-366-б.)*

**АЗ. МЕХДИ (АС) ИШТЕРДИ ЖАНА АДАМДАРДЫ ЭЧ КЕМЧИЛИКСИЗ БАШКАРЫШЫ МЕНЕН БЕЛГИЛҮҮ БОЛОТ**

Тавус: **АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН АЛААМАТТАРЫНЫН БИРИ – БУЛ БАШЧЫ КЫЛЫП ДАЙЫНДАГАНДАРЫН ЖАКШЫ КӨЗӨМӨЛДӨШҮ...»** *(El-Havi, 2-т., 150-б.)*

**АЗ. МЕХДИ (АС) УБАГЫНДА БҮТ АДАМДАРДЫН АКЫЛЫ АЧЫЛАТ ЖАНА ИЛИМДЕРИ КӨБӨЙӨТ**

Аз. Мехди (ас) чыккан (көрүнгөн) соң ага моюн сунган (аны ээрчиген) адамдардын чын ыкласы жана акылы өсөт. Аз. Мехди (ас) адамдардын адеп-ахлак жана кулк-мүнөзү жагынан жетилишине себеп болот, мунун натыйжасында болсо адамдардын Аллахтын аяттарын түшүнүү күчү жана түшүнүгү ачылат.

Имам Бакыр (ас) мындай деген: **«Каимибиз (Аз. Мехди (ас)) кыям эткенде колун кулдардын башынын үстүнө койот, ошентип акылдарын жыйнап, абдан жетилип өнүгүшөт. Аллах көрүүлөрүн жана угууларын күчтөндүрөт. Натыйжада алар менен Каим (Аз. Мехди (ас)) арасында эч кандай парда/тоскоолдук калбайт...»** *(Yevm'ul-Halas, 269-б.)*

**АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ӨКМӨТҮ (руханий лидерлиги) УБАГЫНДА БААРЫНА ИЛИМ МЕНЕН ХИКМАТ (АКЫЛМАНДЫК, ДААНЫШМАНДЫК) ҮЙРӨТҮШӨТ,** натыйжада аялдар үйлөрүндө Аллахтын китеби жана Пайгамбардын (сав) сүннөтү менен өкүм беришет. *(Bihar'ül Envar, 52-т., 352-б.)*

Ал мезгилде **ЖАЛПЫ КАЛКТЫН АКЫЛ КҮЧҮ ЖЫЙНАЛЫП ЖОГОРУЛАЙТ. АЗ. МЕХДИ (АС) АЛЛАХТЫН ТАСТЫКТООСУ МЕНЕН АДАМДАРДЫН АКЫЛЫН КЕМЧИЛИКСИЗГЕ ЖЕТКИРЕТ (Аллахтан болгон тарбия менен кемчиликсиздикке жеткирет) ЖАНА БҮТ БААРЫНДА БИР АГАРУУ (САБАТТУУЛУК) ПАЙДА БОЛОТ.** *(Usul-u Kafi, 1-т., Kitab'ül Akl, хадис: 21)*

**АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН КУРАН АХЛАГЫН ТҮШҮНДҮРҮҮ УСЛУБУНДАГЫ ЧЫН ЖҮРӨКТҮҮЛҮК АДАМДАРДЫН АЛЛАХКА ТЕРЕҢ ЫЙМАН КЕЛТИРИШИНЕ СЕБЕП БОЛОТ**

Имам Мехди (ас)дын **ДИНДИ ТҮШҮНДҮРҮҮ (БАЯНДОО) УСЛУБУ УШУНДАЙ БОЛОТ; АДАМДАР ДИНДИ ЖҮРӨКТӨРҮНҮН ТЕРЕҢИНЕН КАБЫЛ АЛЫШАТ жана АЛЛАХКА ӨТӨ ЧЫН ЫКЛАСТУУЛУК МЕНЕН** (чын жүрөктөн) сыйынышат. Динден алыстагандар бейпилдик жана коопсуздукка кайтышат. *(İküd'dürer, 156-бет; Bihar-ül Envar, 53-том, 86-бет; 52-том, 36- жана 280-бет)*

**АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН АДАМДАРДЫН БЕРЕКЕСИНЕ СЕБЕПЧИ БОЛУШУ**

... ал жакка (Аз. Мехди (ас)дын жанына) баргандардын баары **андан береке табышат.**

*(El Kavlu'l Muhtasar Fi Alamatil Mehdiyy-il Muntazar, 26-б.)*

**АЗ. МЕХДИ (АС) АКЫЛЫНА ЖАНА ЫЙМАНЫНА ӨТӨ ИШЕНИЛЕ ТУРГАН БИР АДАМ БОЛОТ, АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫ ТААНЫГАН ЧЫН ЫКЛАСТУУ АДАМДАР АНЫ ЭЭРЧИШЕТ**

«Эй ыймандуулардын Мырзасы (сав), бизге сенин Мехдиң (ас) жөнүндө кабар бер.» Ыймандуулардын Мырзасы (сав) мындай деди: **«... АЛ (АЗ. МЕХДИ (АС)) ЭҢ ЖАКШЫ БАШПААНЕК АРАҢАРДАГЫ, ЭҢ ЖАКШЫ БИЛҮҮЧҮ ЖАНА ЭҢ СЫЛЫК (АДАМ).** Эй Аллахым, ага берилгендик (опаалык) антын кыйынчылыктан чыгуунун себепчиси кыл жана **ҮММӨТТҮН ЧАЧЫРАНДЫЛЫГЫН АНЫН КОЛУ МЕНЕН БИРИКТИР. Силерге уруксат берилгенде муну кылгыла жана эгер ага (Аз. Мехди (ас)га) жетүүгө бир жол тапсаңар, АНДАН (АЗ. МЕХДИ (АС)ДАН) БАШКА ЖОЛ ТУТУНБАГЫЛА.»** *(Kitab-ül Gaybet, [Bihar-ul Envar, 51-том], Ansariyan Yayıncılık, топтогон: Muhammed Bakır el-Meclisi, İran-Kum, 2003, 184-бет)*

**АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ДЕНЕСИ МЕНЕН ҮНҮ ӨТӨ КҮЧТҮҮ БОЛОТ, ОШОНДОЙ ЭЛЕ СӨЗДӨРҮ МЕНЕН ДҮЙНӨ ЖҮЗҮНДӨ ӨТӨ ТААСИРДҮҮ БОЛОТ**

Аз. Рыза (ас) Раййан б. Салтынын «Сен Сахиб-ул Эмрсиңби?» суроосуна мындайча жооп берди: «Ооба мен да Сахиб-ул Эмр (буйрук ээси)мин, бирок жер жүзүн адилеттикке толтура турган Сахиб-ул Эмр мен эмесмин. Убада кылынган **Каим (Аз. Мехди (ас))** жашы бир аз өтүп калганда, бирок жаш көрүнүштө чыгат (көрүнөт). **УШУНЧАЛЫК КҮЧТҮҮ БОЛОТ; ЖЕР ЖҮЗҮНҮН ЭҢ ЧОҢ ДАРАГЫНА КОЛ СОЗСО АНЫ ТАМЫРЫНАН ҮЗҮП ЫРГЫТАТ, ТООЛОР АРАСЫНДА КЫЙКЫРСА КАТУУ ТАШТАР УН-ТАЛКАН БОЛОТ.** Муса (ас)дын асасы менен Сулайман (ас)дын шакеги анда. ... Аллах каалаган убакытка чейин аны көздөрдөн алыс кармайт. Андан соң көрүнөт жана жер жүзүн мурда зулумдукка толгондой адилеттикке толтурат. *(Bihar-ul Envar, 52-т., 32-б.; İsbat-ul Hudat, 6-т., 19-б.)*

**АЗ. МУСА (АС) АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН СОНУН МҮНӨЗДӨРҮН БИЛГЕНДЕ, «АЗ. МЕХДИ (АС) БОЛУУ ҮЧҮН» АЛЛАХКА ДУБА КЫЛГАН**

Салим-ул ешелл'дан:

**«АЗ. МУСА БИН ИМРАН ТООРОТТУН БИРИНЧИ БӨЛҮМҮНДӨ АЛИ МУХАММЕДДИН КАИМИНЕ (АЛЕЙХИССАЛАМ) (АЗ. МЕХДИ (АС)ГА) БЕРИЛГЕН КҮЧ-КУДУРЕТ МЕНЕН ПАЗИЛЕТТЕРДИ КӨРГӨНДӨ: РАББИМ, МЕНИ АЛИ МУХАММЕДДИН КАИМИ (АЗ. МЕХДИ (АС)) КЫЛЫП ЧЕЧ» ДЕДИ.** Ага мындайча айтылды: Чынында ал (Аз. Мехди (ас)) Ахмеддин (Пайгамбарыбыз (сав)дын) урпактарынан.

**КИЙИН ТООРОТТУН ЭКИНЧИ БӨЛҮМҮН КАРАГАНДА КАЙРА УШУНУ КӨРДҮ. ОШОЛ ЭЛЕ СӨЗҮН КАЙТАЛАДЫ ЖАНА АГА КАЙРА ОШОЛ ЭЛЕ ЖООП БЕРИЛДИ. АНАН ҮЧҮНЧҮ БӨЛҮМДӨ ДА ОШОЛ НЕРСЕЛЕРДИ КӨРГӨНДӨ МУРДАКЫ СӨЗДӨРҮН КАЙТАЛАДЫ ЖАНА МУРДАКЫ (ОШОЛ ЭЛЕ) ЖООБУН АЛДЫ.»** *(Şeyh Muhammed b. İbrahim-i Numani, Gaybet-i Numani, 280-б.)*

**Демек каапырларга баш ийбе жана аларга (Куран менен) чоң бир жехд (күрөш) кыл. (Фуркан Сүрөсү, 52)**

**Өздөрү жаракат алган соң Аллах менен элчисинин чакырыгына жооп бергендер, араларынан жакшылык кылгандар менен (күнөөдөн)**

**сактангандар үчүн чоң бир сыйлык бар. (Али Имран Сүрөсү, 172)**

## АР БИР ЖООПКЕРЧИЛИКТИ ӨЗҮНӨ АЛЫШЫ

**Ар милдетти өзүнө алат** жана алсызга, кыйналганга жардам берет. *(M. Muhyiddin Arabi (М. Мухйиддин Араби) "Futuhat-El Mekkiye", 366-бап, 3-т., 327- 328-б.)*

## АЗ. МЕХДИ (АС) МЕНЕН БАЙЛАНЫШТУУ АР КАНДАЙ ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨР

Мындай деди: Эй Эмирүлмүминин! Бул Аз. Мехди (ас) кимден? (Ал) Мындай деди: Бени Хашимден (Хашим уулдарынан), араптардын бийик тоосунун чокусунан. **АЛ УШУНДАЙ БИР ДЕҢИЗ; АЛ МААНИ ДЕҢИЗИНДЕ АДАМДАР ИЛИМИЙ ЖАНА АДЕП-АХЛАК ЖАГЫНАН ЧЕКСИЗ ӨНҮГӨ АЛАТ. АГА КОРГОЛОНГОНДОР ҮЧҮН БИР КООПСУЗДУК...** *(Şeyh Muhammed b. İbrahim-i Numani, Gaybet-i Numani, 251-б.)*

**ЭЧ НЕРСЕ АГА МОЮН СУНУУДАН (АНЫН ШАКИРТИ БОЛУУДАН, АНЫ ЭЭРЧҮҮДӨН) ТОСУП КОЙБОСУН,** сага жолтоо (тоскоол) болгондор дайыма фитнага баргандар. Сүйлөгөндө жамандыкты сүйлөшөт, унчукпай турганда бузуку, ичтери ирик.» *(Şeyh Muhammed b. İbrahim-i Numani, Gaybet-i Numani, 252-б.)*

Мындай деди: Эй Эмирүлмүминин! Бул Аз. Мехди (ас) кимден? (Ал) Мындай деди: Бени Хашимден (Хашим уулдарынан), араптардын бийик тоосунун чокусунан. Ал ушундай бир деңиз; ал маани деңизинде адамдар илимий жана адеп-ахлак жагынан чексиз өнүгө алат. Ага корголонгондор үчүн бир коопсуздук, **калк (адамдар) кекенүүгө толгондо аларды пак (таза) кылуучу зат, өлүм көрүнгөндө коркпойт, өлүм ага жеткенде чочубайт, күрөш майданынан эч артка чегинбейт. ТАЖРЫЙБАЛУУ, ЖЕҢҮҮЧҮ, ҮСТӨМ, АРСТАН, БЕКЕМ, КООМУНУН ТИРЕГИ, ЭР ЖҮРӨК,** Аллахтын илим кылычы, лидер, бүт баарын айланасында чогултат, бийиктик жана абройдун булагы болгон үйдө чоңойгон, анын бийиктиги эң асыл бийиктиктен келип чыгат. *(Şeyh Muhammed b. İbrahim-i Numani, Gaybet-i Numani, 251-б.)*

Хадисте Аз. Мехди (ас)дын шакирттеринин ага моюн сунушуна жолтоо

болууга аракет кылгандардын фитна чыгаруучу адамдар экени билдирилген. Ал адамдардын тескери, фитна чыгаруучу; сүйлөгөндө да, унчукпаган кезде да фитна, бузукулукту ойлонгон, ичтери ирик, уятсыз адамдар экенине хадисте көңүл бурулган.

# АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ПАЙГАМБАРЛАРГА ЖАНА ОЛУЯЛАРГА ОКШОШ ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

## АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ЗУЛКАРНЕЙН (АС) ЖАНА АЗ. СУЛАЙМАН (АС) СЫЯКТУУ БҮТ ДҮЙНӨНҮ БАШКАРЫШЫ

Куранда Зулкарнейн (ас) жана Аз. Сулайман (ас)дын Ислам ахлагын бүт дүйнөгө орноткону билдирилген. Хадистерде болсо Аз. Мехди (ас)дын, Зулкарнейн (ас) жана Аз. Сулайман (ас) сыяктуу, Ислам ахлагын бүт жер жүзүнө орнотоору (жайаары) кабар берилген:

**Жер жүзүнө төрт киши малик (ээ, башчы) болгон.** Экөөсү момун (ыймандуу), экөөсү каапыр. Момундар Аз. Зулкарнейн (ас) менен Аз. Сулайман (ас), каапырлар болсо Немруд менен Бухтуннасыр. Бешинчи болуп **Эхли Бейтимден бирөө (Аз. Мехди (ас)) келет жана ал да дүйнөгө малик (ээ, башчы) болот.** *(Kitab'ul Burhan Fi Alamet-il Mehdiyy il Ahir Zaman, 10-б.)*

**Аз. Мехди (ас) Аз. Зулкарнейн (ас) жана Аз. Сулайман (ас) сыяктуу дүйнөгө өкүмдарлык кылат.** *(El-Kavlu'l Muhtasar Fi Alamatil Mehdiyy-il Muntazar, 30-б.)*

## АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮНҮН ПАЙГАМБАРЛАРГА ТҮШҮРҮЛГӨН КИТЕПТЕРДЕ БИЛДИРИЛИШИ

Риваяттарда Аз. Мехди (ас)дын өзгөчөлүктөрүнүн жана чыгуу алааматтарынын пайгамбарларга түшүрүлгөн китептерде бар экени айтылат. Бул Инжил, Тоорот жана Забурда Аз. Мехди (ас)га байланыштуу маалыматтар бар деген мааниге келет.

**Пайгамбарлардын китептеринде** «Аз. Мехди (ас)дын иши зулумдук жана жамандык эмес» деп ишарат кылынган.

*(El-Kavlu'l Muhtasar Fi Alamatil Mehdiyy-il Muntazar, 47-б.)*

Мен Аз. Мехди (ас)ды **пайгамбарлардын барактарынан (китептеринен) мындайча көрөм:** Аз. Мехди (ас)дын иш-аракеттеринде зулумдук да, катачылык да жок. *(Ali Bin Hüsameddin El Muttaki, Celaleddin*

*Suyuti'nin Tasnifinden Hadisler (Желаледдин Суйути жыйнагынан хадистер) – Ahir Zaman Mehdisinin Alametleri, Kahraman Neşriyat, s. 21)*

Бул жөнүндө бир аятта мындайча ишарат бар:

**Ант болсун, Биз зикирден (Тооpоттон) кийин Забурда да: «КҮМӨНСҮЗ, ЖЕРГЕ САЛИХ КУЛДАРЫМ МУРАСКОР БОЛУШАТ» деп жаздык. (Анбия Сүрөсү, 105)**

Имам Бакыр жана Садыктан риваят кылынат: «Бул жердеги (аяттагы) **«САЛИХ КУЛДАР» - бул АЗ. МЕХДИ (АС) МЕНЕН ЖОЛДОШТОРУ.»**

*(Hüseyin es-Şirazi, 113-б.)*

Байыркы келишимде (Эски осуят, Ветхий завет) орун алган бул жөнүндөгү кээ бир баяндар болсо төмөнкүдөй:

***Йессенин (Жышайдын) денесинен бир бүчүр чыгат жана анын тамырларынан бир өсүмдүк чыгат. Анын үстүнө Рабб (Теңир)дин руху, акылмандык жана даанышмандык руху, кеңеш жана эр жүрөктүк руху, билим жана Раб коркуусу руху түшөт. Ал Раб коркуусунан ырахат алат; ал көздөрүнүн көргөнүнө карап соттобойт (сындабайт); кулактарынын укканына карап чечим чыгарбайт. Алсыздарды адилеттүүлүк менен баалайт; жер жүзүнүн жакырларына акыларын берет. Бир таяк менен урган сыяктуу жер жүзүн сөзү менен урат жана эриндеринин деми менен жаманды жок кылат. Адилеттик анын бел курчоосу... болот. Бөрү козу менен бирге отурат; кабылан улак менен бирге жатат; музоо, арстан жана багылган уй чогуу жашайт жана аларды кичинекей бир жаш бала кайтарат. Уй аюу менен бирге оттойт; балдары чогуу отурушат жана арстан уй сыяктуу саман жейт. Эмчектеги бала кобра жыланынын жанында ойнойт жана сүттөн жаңы чыккан бала кара жыландын уюгуна колун создот. Менин ыйык тоом үстүндө эч жамандык жасалбайт; эми эч зыян тийгизилбейт; себеби деңиздин түбү аны көмгөн сууларга толгон сыяктуу, жер жүзү да Раб илими менен ошондой толот. (Ышайа 11, 1-9)***

***Давуд урпагынан бирөө берилгендик менен хандык (башкаруучулук) кылат. Өкүм чыгарганда адилеттикти көздөйт, Тууранын жасоодо бачым аракет кылат. (Ышайа, 16, 5)***

**АЗ. МЕХДИ (АС) МЕНЕН ПАЙГАМБАРЛАР АРАСЫНДАГЫ ОКШОШТУКТАР**

**БИРОК ХУЖЖАТ (ДАЛИЛ) (АЗ. МЕХДИ (АС)) КАЛКТЫ ТААНЫЙТ, КАЛК БОЛСО АНЫ ТААНЫЙ АЛБАЙТ. ДАЛ ЙУСУФ (ЖУСУП) СЫЯКТУУ. ЙУСУФ КАЛКТЫ ТААНЫСА, АЛАР ЙУСУФТУ ТАНЫШКАН (ЧАНЫШКАН).** Анан Аз. Али төмөнкү аятты окуду: «Кулдарга азап болсун, Элчи аларга келген сайын аны шылдыңдашчу.» *(Şeyh Muhammed b. İbrahim-i Numani, Gaybet-i Numani, 162-б.)*

**АЛ (АЗ. МЕХДИ (АС) ААЛАМДАРГА МЭЭРИМ. МУСАНЫН ЖЕТИК ОЙЛУГУ ЖАНА ИСАНЫН БАРКЫ, АЙЙУБДУН САБЫРЫ АНДА...** *(Şeyh Muhammed b. İbrahim-i Numani, Gaybet-i Numani, 69-70-б.)*

**УЛУУ АЛЛАХ, ИСА БИН МЕРЙЕМ ЖАНА ЙАХЙА БИН ЗЕКЕРИЯГА КИТЕП, ПАЙГАМБАРЛЫК, ИЛИМ ЖАНА АКЫЛМАНДЫК БЕРГЕН СЫЯКТУУ, БУЛ ИМАМГА (АЗ. МЕХДИ (АС)ГА) ЖАШ КЕЗДЕ ИЛИМ БЕРГЕН.**

Мунун далили болсо Жафери Салык алейхиссаламдын төмөнкү сөзү: **АЛ ТӨРТ ПАЙГАМБАРГА ОКШОШОТ. АЛАРДЫН БИРИ ИСА БИН МЕРЙЕМ. СЕБЕБИ АГА ЖАШ КЕЗИНДЕ АКЫЛМАНДЫК, ПАЙГАМБАРЛЫК, КИТЕП ЖАНА ИЛИМ БЕРГЕН СЫЯКТУУ, АГА ДА ЖАШ КЕЗИНДЕ ИЛИМ БЕРГЕН ЭЛЕ...** *(Şeyh Muhammed b. İbrahim-i Numani, Gaybet-i Numani, 213-б.)*

**... АЗ. МЕХДИ (АС) ДАВУД (АС) ЖАНА АЛ-И ДАВУД ӨКҮМҮ МЕНЕН ӨКҮМ БЕРЕТ ЖАНА ЭЧ КИМДЕН КҮБӨ МЕНЕН ДАЛИЛ СУРАБАЙТ.** *(İrşad (Şeyh Müfid), 365-366-б.)*

Шейх Мүфид мындай дейт: «Каим-и Ал-и Мухаммед (сав) **(АЗ. МЕХДИ (АС)) КЫЯМ ЭТКЕНДЕ, ДАЛ АЗ. ДАВУД (АС) СЫЯКТУУ, Б.А. БАТЫН (АЛЛАХТАН БОЛГОН) МААЛЫМАТЫ МЕНЕН ӨКҮМ БЕРЕТ, күбө талап кылбастан өкүм чыгарат. АЛЛАХ ӨКҮМДҮ АГА ИЛХАМ КЫЛАТ ЖАНА АЛ АЛЛАХТАН БОЛГОН ИЛХАМГА ЖАРАША ӨКҮМ БЕРЕТ.** *(İrşad (Şeyh Müfid (Шейх Мүфид)), 365-366-б.)*

Абан бин Таалиб мындай дейт: Имам Жафери Садык алейхиссалам менен бирге Меккеде бир мечитте элек. Ал менин колумдан кармап мындай деди: **«... Анан бир жарчыга (мүнади) буйрук берет жана ал минтип жар салат: БУЛ АЗ. МЕХДИ (АС); СУЛАЙМАН МЕНЕН ДАВУД СЫЯКТУУ ӨКҮМ БЕРЕТ. БЕРГЕН ӨКҮМҮНДӨ ДАЛИЛ ЖАНА КҮБӨ СУРАБАЙТ.»** *(Şeyh Muhammed b. İbrahim-i Numani, Gaybet-i Numani, 374-б.)*

Имам Зейн-ул Абидин алейхиссалам мындай деген: **«БИЗДИН КАИМИБИЗ (АЗ. МЕХДИ (АС)) МЕНЕН АЛЛАХТЫН ЭЛЧИЛЕРИ АРАСЫНДА БИР КАТАР ОКШОШТУКТАР БАР. НУХ, ИБРАХИМ, МУСА, ИСА, АЙЙУБ ЖАНА МУХАММЕД САЛЛАЛЛАХУ АЛЕЙХИ ВА АЛИХ ПАЙГАМБАРЛАРДЫН АР БИРИ МЕНЕН БИР ОКШОШТУГУ БАР. НУХ менен узун өмүрлүү болушунда, ИБРАХИМ менен жашыруун төрөлүшүндө жана калктан алыс болушунда; МУСА менен корккон абалы** (Аз. Мехди (ас)га багытталган коркунучтардын көптүгү; өлтүрүү, тузак куруу, камакка алуу, көзөмөлгө алуу, сүргүн сыяктуу ар кандай кооптуулуктардын көп болушу) жана көздөрдөн алыс жашашында (дайыма жашырынып жашашында); **ИСА менен элдин ал жөнүндө талаш-тартышка түшүшүндө** (кээ бир адамдардын «Аз. Мехди (ас) келет», кээ бирлеринин болсо «келбейт» дешинде); **АЙЙУБ менен балээден соң кутулуунун келишинде** (Аз. Мехди (ас)га да көптөгөн кыйынчылык, оору, дарттардын келиши, бирок Аз. Аййуб сыяктуу Аллахтын мээрими менен баарынан кутулушунда); **МУХАММЕД (сав) менен болсо кылыч менен кыям этишинде** (Пайгамбарыбыз (сав)дын ыйык аманаттары болгон куттуу желеги, кылычы жана көйнөгүнүн (жемпер) Аз. Мехди (ас)дын жанында болушунда) окшоштугу бар.» *(Kemal'ud-Din 322-б., 31-бап 3-хадис)*

## АЗ. МЕХДИ (АС) БҮТ ПАЙГАМБАРЛАРДЫН ИЛИМДЕРИНЕ ЭЭ БОЛОТ

Имам Мехди (ас) **ИЛИМ САНДЫГЫНЫН КОРГООЧУСУ, БҮТ ПАЙГАМБАРЛАРДЫН (АС) ИЛИМДЕРИНИН МУРАСКОРУ жана БҮТ БААРЫНАН КАБАРДАР.** *(Bihar-ül Envar, 95-том, 378-бет; 102-том, 67-жана 117-бет; Mikyaal al-Makaarem, 1-том, 49-бет)*

## АЗ. МЕХДИ (АС) АЗ. АДАМ (АС) ЖАНА АЗ. НУХ (АС) СЫЯКТУУ УЗУН ӨМҮРЛҮҮ БОЛОТ

«Азрети Мехди (ас)да өткөн пайгамбарлардын кээ бир өзгөчөлүктөрү бар. Алардын арасында **АЗРЕТИ АДАМ (АС) ЖАНА АЗ. НУХ (АС)ДАГЫ УЗУН ӨМҮРЛҮҮЛҮК** да бар.» *(Bihar-ul Envar, 51-том, Ansariyan Yayıncılık, топтогон: Muhammed Bakır el-Meclisi, İran-Kum, 2003, 217-б.)*

## АЗ. МЕХДИ (АС) АЗ. ХЫЗЫР (АС) ЖАНА АЗ. ЗУЛКАРНЕЙН (АС)ГА ОКШОШ

Ахмед б. Исхак мындай дейт: «Имам Аскери алейхис-саламдын алдына бардым ... Азрети мындай деди:

... Эй Ахмед б. Исхак! **АЛ (АЗ. МЕХДИ (АС)) БУЛ ҮММӨТТӨ «ХЫЗЫР» АЛЕЙХИС-САЛАМ ЖАНА «ЗУЛ-КАРНЕЙН» СЫЯКТУУ...** *(Kemal-üd Din 2-т. 384-б.) (Hz. Mehdi Aleyhisselam, Abdullah Turan, Al-i Taha, 157-б.)*

Хадистеги маалымат Курандагы Аз. Зулкарнейн (ас) менен Аз. Хызыр (ас) (Аз. Кыдыр (ас)) кыссаларынын (окуя баяны) бир тараптан Аз. Мехди (ас)га да ишарат кылаарын көрсөтүүдө.

Бул багытта Аз. Мехди (ас)дын да Аз. Хызыр (ас) сыяктуу болоору, анын адеп-ахлагы менен тарбиясын алаары; ал сыяктуу Ледүн илимин билээри жана ушул илим менен иш-аракет кылаары түшүнүктүү болууда.

Ошондой эле, Курандагы Аз. Хызыр (ас) кыссасында Аз. Муса (ас)дын Аз. Хызыр (ас)дын кылгандарынын хикматын (түпкү маанисин, маңызын) билбестен каршы чыгышы сыяктуу, акыр заманда да адамдар ледүн илими менен иш-аракет жүргүзгөн Аз. Мехди (ас)ды чындап түшүнүп, барктай алышпайт. Аз. Мехди (ас)ды да адамдар такыр туура эмес түшүнүшөт жана ушул себептен калк ага абдан карама-каршы чыгат. Бирок чындыгында Аз. Мехди (ас)дын бүт кылгандары, Аллахтын жакшылыгы менен, жашыруун илим жана акылмандыктарга толо болот.

Пайгамбарыбыз (сав)дын башка хадистеринде да Кехф кыссасынын башынан аягына чейин адамдарды дажжалдын фитнасынан куткара турган Аз. Мехди (ас)га ишарат кылаары билдирилген. Жогорудагы хадис менен Кехф кыссасынын акыр заманга ишарат кылаары жөнүндөгү төмөнкү хадистердин баары Аз. Мехди (ас)дын Кехф кыссасында айтылган Аз. Зулкарнейн (ас) сыяктуу бүт дүйнөгө өкүмдарлык кылаарын да көрсөтүүдө:

Силерден ким дажжалга үлгүрсө **КЕХФ СҮРӨСҮНҮН БАШЫН АГА ОКУСУН**, бул сүрөнүн аягы дажжалдын фитнасынан кутулушуңар. *(Sünen-i Ebu Davud (Сүнени Эбу Давуд), 5/121)*

## КУРАНДА АТЫ АТАЛГАН АЗ. ЗУЛКАРНЕЙН (АС)ДЫН ЫСМЫНДА АКЫР ЗАМАНДЫН ЭЭСИ АЗ. МЕХДИ (АС)ГА ИШАРАТТАР БАР

**СЕНДЕН (ЭЙ МУХАММЕД,) ЗУЛ-КАРНЕЙН ЖӨНҮНДӨ СУРАШАТ. АЙТКЫН: «СИЛЕРГЕ АНДАН «КЕҢЕШ ЖАНА ЭСКЕРТМЕ КАТАРЫ» (КЭЭ БИР МААЛЫМАТТАР) БЕРЕМ.** (Кехф Сүрөсү, 83)

Пайгамбарыбыз (сав)дын көп хадистеринде Курандын Кехф кыссасында акыр заманга, Аз. Мехди (ас)дын бүт жер жүзүнө Ислам ахлагын орнотушуна жана дажжалдын пикир менен таасирсиз кылышына ишараттар бар экени билдирилген. Кехф кыссасын хадистердеги ушул маалыматтардын негизинде караганыбызда, чындап эле бул аяттарда баяндалган окуялардын акыр заман жөнүндө өтө маанилүү маалыматтарды берээрин көрөбүз. Булардын бири бул кыссада айтылган Аз. Зулкарнейндин ысмында жашырылган.

Ислам булактарында Аз. Зулкарнейндин ысмы жөнүндө мындай маалымат берилген:

Зулкарнейн сөзү арапча. «Зу» жана «карнейн» сөздөрүнүн биригишинен пайда болгон. **«ЗУ» ЭЭ ЖАНА МАЛИК ДЕГЕНДИ БИЛДИРЕТ. «КАРН» БОЛСО КӨКҮЛ, УБАКЫТ, КҮН МААНИЛЕРИНЕ КЕЛЕТ. «КАРНЕЙН» «КАРН»ДЫН ЭКИЛИГИ, Б.А. ЭКИ ДААНАСЫ ДЕГЕНДИ БИЛДИРЕТ.** *(el-Firuzabadî, el-Kamusu'l-Muhît, Kahire 1332, IV, 257 vd)*

Белгилүү болгондой, Аз. Мехди (ас)дын ысымдарынын бири **«САХИБҮЗ ЗАМАН»**. Бул болсо **«ЗАМАНДЫН ЭЭСИ»** маанисине келет. Аз. Зулкарнейн (ас)дын аты да **«Зу: Ээ»**, **«Карн: Заман (убакыт)»** жана **«Карнейн: Эки заман»** сөздөрүнүн биригишинен түзүлгөн. Бул жагынан караганда Аз. Зулкарнейндин ысмы **«ЭКИ ЗАМАНДЫН ЭЭСИ»** маанисин берүүдө. Эч күмөнсүз, Аз. Зулкарнейн менен Аз. Мехди (ас)дын ысымдарынын бир мааниге келиши – Курандын Зулкарнейн кыссасында баяндалган окуялардын Аз. Мехди (ас) убагында Аз. Мехди (ас) себепчи болуп ишке аша турган кээ бир окуялар жөнүндө маалымат берээрине өтө маанилүү бир ишарат. Пайгамбарыбыз (сав) да бир хадисинде «Аз. Мехди (ас) жашаган доордун Аз. Зулкарнейн (ас)дын доору сыяктуу болоорун» кабар берүү аркылуу бул чындыкка көңүл бурган:

Ахмед б. Исхак мындай дейт: «Имам Аскери алейхис-саламдын алдына бардым ... Азрети мындай деди: ... Эй Ахмед б. Исхак! **АЛ (АЗ. МЕХДИ (АС)) БУЛ ҮММӨТТӨ «ХЫЗЫР» АЛЕЙХИС-САЛАМ ЖАНА «ЗУЛ-КАРНЕЙН» СЫЯКТУУ...** *(Kemal-üd Din 2-т. 384-б.)*

Бул маалыматтардын баары Аз. Мехди (ас)дын Аз. Иса (ас) заманынын да, өз заманынын да ээси болоорун көрсөтүүдө.

Маден б. Эбу Талхадан риваят кылынган: **«КИМ КЕХФ СҮРӨСҮНҮН БАШЫНАН ОН АЯТТЫ ЖАТТАСА, ДАЖЖАЛДЫН ФИТНАСЫНЫН КООПСУЗ БОЛОТ.»**

Эбу Давуд мындай деди: «Дүштү Ваиде Катадеден мындайча алып айтты, бирок ал мындай деди: «**КИМ КЕХФ СҮРӨСҮНҮН АЯГЫНАН ОН АЯТ ЖАТТАСА», ШУБЕ БОЛСО КАТАДЕДЕН РИВАЯТЫНДА «КЕХФ СҮРӨСҮНҮН АЯГЫНАН» ДЕДИ».** *(Sünen-i Ebu Davud (Сүнени Эбу Давуд), 5/122)*

Эбу Дердадан риваят кылынган. Пайгамбар мындай деди: **«КИМ КЕХФ СҮРӨСҮНҮН БАШЫНАН ҮЧ АЯТ ОКУСА ДАЖЖАЛ ФИТНАСЫНАН КОРГОНГОН БОЛОТ.»** *(Sünen-i Tirmizi (Сүнени Тирмизи), 5/30)*

Эбу Үмаме эль- Бахилиден риваят кылынган: «... ким анын (дажжалдын) тозогунун балээсине туш болсо, Аллахтан жардам тилесин жана оттун Ибрахимге таасири сыяктуу, бул от да ал адамга муздак жана эсендик болсун үчүн **КЕХФ СҮРӨСҮНҮН БАШЫНДАГЫ АЯТТАРЫН ОКУСУН**.» *(Sünen-i İbni Mace (Сүнени Ибни Маже), 10/332)*

... Ким дажжалдын оту менен балээге туш болуп, сыналса, Аллахтан жардам сурасын жана КЕХФ СҮРӨСҮНҮН БАШ ЖАГЫНДАГЫ АЯТТАРДЫ ОКУСУН. Натыйжада дажжалдын оту ага карата муздак жана эсендик болот. *(Ölüm-Kıyamet-Ahiret ve Ahir Zaman Alametleri, 494-б.)*

# АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН АБДАН СҮЙҮЛҮШҮ

## АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН АДАМДАР ТАРАБЫНАН ӨТӨ СҮЙҮЛҮШҮ

Сөзсүз ал, адамдардын башына келген жамандыктар себебинен, **Аз. Мехди (ас) аларга эң сүйүктүү болгонго чейин чыкпайт.** *(Ali Bin Hüsameddin El Muttaki, Celaleddin Suyuti'nin Tasnifinden Hadisler – Ahir Zaman Mehdisinin Alametleri, Kahraman Neşriyat, 27-б.)*

**Жер жана асман жашоочулары андан (Аз. Мехди (ас)дан) ыраазы болот.**
*(Heysemi, VII т., 313-б.; Ebu Nuaym'dan, Suyuti (Суйути), II т., 58-б.; Ali Bin Hüsameddin El Muttaki, Celaleddin Suyuti'nin Tasnifinden Hadisler – Ahir Zaman Mehdisinin Alametleri, Kahraman Neşriyat, 31-б.)*

Аллах **бүт адамдардын жүрөктөрүн анын (Аз. Мехди (ас)дын) сүйүүсү менен толтурат.** *(El-Kavlu'l Muhtasar Fi Alamet-il Mehdiyy-il Muntazar, 42-б.)*

Аз. Мехди (ас) адамдарга келет; **аны жаңы келин сыяктуу жакшы көрүп, сүйүп кучакташат...** *(Ali Bin Hüsameddin El Muttaki, Celaleddin Suyuti'nin Tasnifinden Hadisler – Ahir Zaman Mehdisinin Alametleri, Kahraman Neşriyat, 35-б.)*

**Анын (Аз. Мехди (ас)дын) халифалыгынан (руханий лидерлигинен) жер менен асман жашоочулары, бүт жапайы айбандар, куштар, ал тургай деңиздеги балыктар да ыраазы болот.** *(El-Kavlu'l Muhtasar Fi Alamet-il Mehdiyy-il Muntazar, 31-б.)*

Бул фитналардын эң акыркысы күнөөсүз адамдардын өлтүрүлүшү; мына ошондо **андан бүт баары ыраазы боло турган Аз. Мехди (ас) чыгат.** *(Ali Bin Hüsameddin El Muttaki, Celaleddin Suyuti'nin Tasnifinden Hadisler – Ahir Zaman Mehdisinin Alametleri, Kahraman Neşriyat, 38-б.)*

**Аллах анын (Аз. Мехди (ас)дын) сүйүүсүн адамдардын жүрөктөрүнө салат.** Ошентип алар күндүздөрү арстанга айланган жана түндөрүн ибадат

менен өткөргөн бир коом болушат. *(Ukayli "En-Necmu's-sakıb fi Beyanı Enne'l Mehdi min Evladı Ali b. Ebi Talib Ale't-Temam ve'l kamal")*

Мухаммед үммөтүнөн **ыраазы болбогон бир дагы адам калбайт.** *(Muhammed B. Resul Al-Hüseyni El Berzenci (Аль-Хусейни Эль-Берзенжи), Kıyamet Alametleri, 163-б.)*

Жүзү сулуу, жыты жагымдуу, жарашыктуу (сөөлөттүү), **бирок адамдарга сылык жана жакын.** *(Mehdi, Deccal, Mesih, 102-б.)*

## БҮТ ТАРАПТА АЗ. МЕХДИ (АС)ДАН СӨЗ КЫЛЫНЫШЫ

Хадистерде Аз. Мехди (ас) убагында анын атынын көп сөз кылынаары айтылат. Бул Аз. Мехди (ас)дын ысмынын дүйнөнүн төрт тарабына жетээрин көрсөтөт:

Асмандан бир жарчы (мүнади) «Акыйкат Ал-и Мухаммедде» деп бакырган кезде Аз. Мехди (ас) көрүнөт. **Бүт баары ал жөнүндө гана сүйлөшөт, анын сүйүүсүн ичет жана андан башка эч нерседен сөз кылышпайт.** *(Ali Bin Hüsameddin El Muttaki, Celaleddin Suyuti'nin Tasnifinden Hadisler – Ahir Zaman Mehdisinin Alametleri, Kahraman Neşriyat, 33-б.)*

Бир жарчы (мүнади) асмандан «Акыйкат Аз. Мухаммед (сав) элинде» деп бакырган соң Аз. Мехди (ас) сүйүүсү адамдардын жүрөктөрүнө орнойт жана **андан башка эч нерсе жөнүндө сөз кылынбайт.** *(El-Kavlu'l Muhtasar Fi Alamatil Mehdiyy-il Muntazar, 20-б.)*

## АЗ. МЕХДИ (АС) ДООРУНДА ДҮЙНӨДӨГҮ БҮТ ЖАНДЫКТАР АЗ. МЕХДИ (АС)ДАН ЫРААЗЫ БОЛУШАТ

Эбу Саид Пайгамбардын (сав) мындай дегенин риваят кылат: **... АСМАН ЖАНА ЖЕР ЖҮЗҮНҮН ЖАШООЧУЛАРЫ АНДАН (АЗ. МЕХДИ (АС)ДАН) ЫРААЗЫ БОЛУШАТ...** *(El-Beyan, 72-б., Es-Sevaik-ul Muhrika, 161-б., Yenabi-ul Mevedde, 2-т., 177-б.)*

## ЫЙМАН КЕЛТИРГЕНДЕР АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ЧЫГЫШЫН САГЫНУУ МЕНЕН КҮТҮШӨТ

... Асмандардын жана жердин жашоочулары ал жетишпегендиктен дарт ичинде болушат, **ыйман келтирген эркектер менен ыйман келтирген аялдар**

**ал (Аз. Мехди (ас)) жок кезде сагынуу менен күтүшөт жана башаламандык ичинде болушат.** *(El-Sahife El-Mehdiye'den Seçme Dualar, Seyyid Murtaza Müçtehidi Sistani, 65-б., Kifayetul Athar: 158; El-Bihar 36: 337 жана 51: 109)*

Пайгамбарыбыз (сав) хадисинде Аз. Мехди (ас) көрүнөөрдөн мурдакы доордо ыймандуулардын да, асман менен жердеги жандыктардын да Аз. Мехди (ас)дын көрүнүшүн сагынуу менен күтүшөөрүн билдирген. Аз. Мехди (ас)дан мурда ыймандуулардын зулумдук жана кысымчылык астында кыйынчылык ичинде күн өткөрөөрүнө көңүл бурган. Ошондой эле, дарвинист жана материалисттик система өкүмдарлык кылган дүйнөлүк тартип ичинде жашашкандыктан адамдардын азап тартаарын, бирок бир тараптан терең сагынуу менен Аз. Мехди (ас) көрүнгөн соң келе турган бейпил жана коопсуз жашоону үмүт кылышаарын кабар берген.

Чынында эле Аз. Мехди (ас) көрүнөөрдөн мурдакы доордо дүйнөгө жайылган сүйүүсүздүк, ач көздүк жана душмандык маанайы жана бул маанай себеп болгон бейпилсиздик, каргаша жана анархия ыймандуулардын Аз. Мехди (ас)га болгон мындай сагынычын андан да күчөтөт.

## АДАМДАРДЫН МҮМКҮН БОЛГОН АР КАНДАЙ СЕБЕП МЕНЕН АЗ. МЕХДИ (АС)ГА ЧУРКАШЫ, АГА МОЮН СУНУШУ ЖАНА АНДАН БАШ ТАРТПАШЫНЫН МААНИСИ

Пайгамбардын (сав) мындай дегени айтылган: «Бизден болгон акыйкат үчүн Каим (Аз. Мехди (ас)) кыям этмейинче эч качан кыямат болбойт. Бул болсо Аллах уруксат берген бир убакта болот. Аны ээрчиген кутулат, андан артта калган болсо кыйрайт. Эй Аллахтын кулдары, Аллахтан корккула: **АЗ. МЕХДИ (АС) ЧЫККАНДА (КӨРҮНГӨНДӨ) БҮТ БААРЫН ТАШТАП, КОЛДОГУ БОЛГОН МҮМКҮНЧҮЛҮК МЕНЕН АНЫ КӨЗДӨЙ ЧУРКАГЫЛА.** Себеби ал Аллахтын халифасы (Мусулмандардын руханий лидери) жана менин камкорчум.» *(Bihar-ul Envar, 51-б., 65-б.; İsbat-ul Hudat, 6-т., 382-б.)*

... Эгер Аллах сени үлгүртсө, **АГА (АЗ. МЕХДИ (АС)ГА) МОЮН СУНУУГА ЧУРКА (АНЫ ЭЭРЧИ) ЖАНА АНДАН ЭЧ КАЧАН АЙРЫЛБА. ЭГЕР ҮЛГҮРҮП, АГА ЖЕТСЕҢ ЖАНА ХИДАЯТ ТАПСАҢ АНДАН ЭЧ АЙРЫЛБА.** Ах –жана колу менен көкүрөгүн көрсөтүп- аны канчалык көргүм келет.» *(Şeyh Muhammed b. İbrahim-i Numani, Gaybet-i Numani, 252-б.)*

**ЭЧ НЕРСЕ СЕНИ АГА (АЗ. МЕХДИ (АС)ГА) МОЮН СУНУУДАН (АНЫН ШАКИРТИ БОЛУУДАН, АНЫ ЭЭРЧҮҮДӨН) ТОСПОСУН,** сага

жолтоо болгондор дайыма фитна издегендер. Сүйлөгөндө жамандыкты сүйлөшөт, унчукпаганда бузуку жана ичтери ирик. *(Şeyh Muhammed b. İbrahim-i Numani, Gaybet-i Numani, 252-б.)*

## АЗ. МЕХДИ (АС) БҮТ МУСУЛМАНДАРДЫН ЖАКШЫЛЫК КЫЛУУЧУСУ БОЛОТ; АНЫН ДООРУНДА БҮТ АДАМДАРГА КӨП МАЛ-МҮЛК, БЕЛЕК ТАРКАТЫЛАТ

Хумран бин Аъйандан, Имам Мухаммед Бакыр алейхиссалам мындай деди: «Бул диниңерди кандарга буланган тыбырчылаган абалда көрүп жаткан сыяктуумун. Жана аны силерге биз эхли бейттен бирөөдөн (Аз. Мехди (ас)дан) башка эч ким кайтара албайт. АЛ **(АЗ. МЕХДИ (АС)) СИЛЕРГЕ АР ЖЫЛЫ ЭКИ ЖОЛУ БЕЛЕК АЛЫП КЕЛЕТ, АЙЫНА ЭКИ ЖОЛУ СИЛЕРГЕ ЫРЫСКЫ БЕРЕТ**, илим менен акылмандык силерге анын убагында берилет. Натыйжада аял өз үйүндө улуу Аллахтын китеби жана Расулуллах (сав)дын сүннөтүнө карап өкүм берет.» *(Şeyh Muhammed b. İbrahim-i Numani, Gaybet-i Numani 216-б.)*

Хадисте берилген маалыматтардан Аз. Мехди (ас) кызматка дайындаган кишилери аркылуу Мусулмандарга мал-мүлк менен белек таратаары; эл арасында турганда өзү да өз колу менен көп санда белек менен мал-мүлк таратаары түшүнүктүү болууда.

## ЧЫККАНДА АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫ АДАМДАР ӨТӨ СҮЙҮШӨТ

Селеме б. Зүфер мындай дейт: «Бир күнү Хүзейфенин жанында «Аз. Мехди (ас) кыям этти (чыкты)» деп айтылганда, Хүзейфе: «Эгер Аз. Мехди (ас) кыям эткен болсо силер Расулуллах (сав) дооруна жакын адамдарсыңар жана асхаб (сахабалар) дагы эле араңарда жашап жатат. Анда чындап бактылуу жана жыргалчылык адамдары болосуңар. Бирок жок, бул туура эмес, **АЗ. МЕХДИ (АС) АДАМДАР ЖАМАНДЫК, АЙБАНДЫК ЖАНА ЗУЛУМДУКТАН ТАЖАГАН ЖАНА ЭЧ БИР КАЙЫП (ЖАШЫРУУН ЖАШАГАН) АЛ (КИШИ)ДЕЙ БИЙИК ЖАНА СҮЙҮКТҮҮ БОЛБОГОН БИР КЕЗДЕ КЫЯМ ЭТЕТ**.» деди. *(El-Havi, 2-т., 159-б.)*

Сөзсүз ал, адамдардын башына келген жамандыктар себебинен, **АЗ. МЕХДИ (АС) АЛАРГА ЭҢ СҮЙҮКТҮҮ БОЛГОНГО ЧЕЙИН ЧЫКПАЙТ.** *(Ali Bin Hüsameddin El Muttaki, Celaleddin Suyuti'nin Tasnifinden Hadisler – Ahir Zaman Mehdisinin Alametleri, Kahraman Neşriyat, 27-б.)*

**АЛЛАХ БҮТ АДАМДАРДЫН ЖҮРӨКТӨРҮН АНЫН (АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН) СҮЙҮҮСҮ МЕНЕН ТОЛТУРАТ.** *(El-Kavlu'l Muhtasar Fi Alamet-il Mehdiyy-il Muntazar, 42-б.)*

**РИВАЯТТАРДА АЗ. МЕХДИ (АС) ЧЫККАНДА, БҮТ АДАМДАРДЫН АНЫ ЭЭРЧИШИ БИЛДИРИЛГЕН**

Аз. Имам Рыза мындай деди: **«... ЧЫККАНДА БОЛСО АГА (АЗ. МЕХДИ (АС)ГА) МОЮН СУНУУ КЕРЕК...»** *(Yenabi-ul Mevedde, 2-т., 197-б.)*

**АЗ. МЕХДИ (АС) АДАМДАР ТАРАБЫНАН ТААНЫЛА ЭЛЕК КЕЗДЕРДЕ ДА АЛАРДЫН СҮЙҮҮСҮНӨ ЖАНА КЫЗЫГУУСУНА ЭЭ БОЛУП, ОЙЛОРУНАН ЧЫКПАЙТ**

Айлана тымтырс кезде, **элдин көзүнө көрүнбөсө да (Аз. Мехди (ас)) эч качан адамдардын оюнан кетпейт.** *(Muntehabu'l Eser, 277-б.)*

# АЗ. МЕХДИ (АС) ЖАМААТЫНЫН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

## АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ЖАМААТЫНЫН САНЫ АЗ БОЛОТ

Аз. Мехди (ас), пайгамбарлар сыяктуу, узун жана кыйынчылыктарга толо бир өмүр сүрөт. Аз. Мехди (ас)дын көздөн кайым (көрүнбөгөн) учуру болот, ал тургай, бул көрүнбөгөн убактын көпкө созулушу, б.а. Аз. Мехди (ас)дын адамдар тарабынан таанылышынын; көрүнүшүнүн кээ бир адамдар ойлогондон бир топ көпкө созулушу ыйманы алсыз кээ бир адамдардын жүрөктөрүнүн катышына себеп болот. Ушул себептен Аз. Мехди (ас)га ишенгендер 313төй, өтө аз санда калат. Бул кишилер Аллах жүрөктөрүнө өзгөчө ыйман жазган, өтө чын ыкластуу адамдар болот.

Эбу Басир айтат: Имам Эбу Абдуллах алейхиссалам мындай деди: «Араптардан Каим алейхиссалам менен **(АЗ. МЕХДИ (АС) МЕНЕН) БИРГЕ ӨТӨ АЗ АДАМ БОЛОТ.»**... Мындай деди: **«Калк сөзсүз тазаланат. Тазаланат жана электен өткөрүлөт. Электен көп адамдар эленет.»** *(Şeyh Muhammed b. İbrahim-i Numani, Gaybet-i Numani, 239-б.)*

Фазл б. Шазан: Абдуллах б. Синан риваят кылат, Имам Жафер Садык айтты:

«Төшөктөрүнөн (үйлөрүнөн) жоголгондор **үч жүз он үч киши**, Бедир калкынын (Бедир согушуна катышкан Мусулмандардын) санынчалык... алар Каим Мехдинин сахабалары.»

**Саны Бедир Асхабындай (313).** Мурдакылар алардан өтө албаган сыяктуу, кийинкилер да аларга жете алышпайт. Алардын саны Талуд менен дарыядан өткөндөргө барабар. *(Kitab-ul Burhan Fi Alamet-i Mehdiyy-il Ahir Zaman, 57-б.)*

**Араларында аялдар да болгон 314 кишилик бир топ түзүшөт. Алар ар бир заалымды жеңишет. Алардын жүрөктөрү темир сыяктуу жана алар күндүзү арстан, түнү болсо абид (Аллахка көп ибадат кылган). Мурдакылар да, кийинкилер да жанаябастыкта аларга жете алышпайт.** *(Kitab-ul Burhan Fi Alamet-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, 57-68-б.)*

**Бедир согушундагы аскерлер сыяктуу 313 кишинин башкаруусун колунда тутуп** баары менен (пикирдик жактан) күрөшөт. Себеби **бул 313**

**киши түнкүсүн абид (көп ибадат кылган адам) күндүз баатыр сыпатына ээ.** *(Kıyamet Alametleri, 169-б.)*

Аз. Али (ас) мындай дейт: **«... АЛЛАХ АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ЖАРДАМЧЫЛАРЫН КОРГОЙТ, АЛАРГА БЕЛГИ ЖАНА АЛААМАТТАР МЕНЕН ЖАРДАМЧЫ БОЛОТ жана АЛАРДЫ ЖЕР ЖҮЗҮНҮН БҮТ АДАМДАРЫНА ҮСТӨМ (ЖЕҢҮҮЧҮ) КЫЛАТ.** Ошентип адамдар каалаcа, каалабаса акыйкат динге киришет. **АЛ (АЗ. МЕХДИ (АС)) ЖЕР ЖҮЗҮН АДИЛЕТТИК, НУР ЖАНА АПАЧЫК ДАЛИЛДЕРГЕ ТОЛТУРАТ.** Бүт өлкөлөр толугу менен ага моюн сунат жана анын алдында баш ийишет. Ошентип бүт каапырлар ыйман келтирет жана бүт жамандар ыкластуу кулдар (жаман адамдар оңолуп, хидаят таап чын ыкластуу Мусулмандар) болот.» *(İsbat-ul Hudat, 7-т., 49-б.)*

Нумани: Сулайман б. Харун эль-Ижли риваят кылат. Имам Хүсейинден мындай дегенин уктум: **«БУЛ БУЙРУКТУН ЭЭСИНИН (ИМАМ МЕХДИ (АС)ДЫН) КОРГОЛГОН БИР АСХАБЫ (АДАМДАРЫ) БАР. Адамдардын баары аны таштаса дагы, Аллах бул асхабын ага жөнөтөт,** мына ушулар жөнүндө Аллах: **«Булар китеп, акылмандык жана пайгамбарлык бергендерибиз. Эгер буларды таанытбастан каапырдыкка адашышса, ант болсун, Биз буга (карата) каапырдыкка адашпаган бир коомду өкүл кылганбыз.»** (6/89) аятын түшүргөн жана дагы ушулар жөнүндө: **«Эй ыйман келтиргендер, араңардан ким дининен артка кайтса (иртидат этсе), Аллах (ордуна) Өзү аларды сүйгөн, алар да Аны сүйгөн, ыймандууларга карата жөнөкөй, каапырларга карата болсо «күчтүү жана абройлуу», Аллах жолунда жехд (аракет) кылган жана сындагандын сынынан коркпогон бир коомду алып келет. Бул Аллахтын бир жакшылыгы, аны каалаганына берет. Аллах (мээрими) кең, билүүчү.»** (5/54) деп буюрган.

Хасан б. Салих-и Беззаздан: Хасан б. Али Аскери алейхис-салам мындай деди: **«ЧЫНДЫГЫНДА МЕНИН УУЛУМ – МЕНДЕН КИЙИНКИ КАИМ (АЗ. МЕХДИ (АС)). УЗУН ӨМҮРЛҮҮЛҮКТӨ ЖАНА КӨЗДӨН АЛЫС БОЛУУДА ПАЙГАМБАРЛАРДЫН СҮННӨТҮ АНДА (АЗ. МЕХДИ (АС)ДА) БОЛОТ. БУЛ МӨӨНӨТ КӨПКӨ СОЗУЛДУ ДЕП КЭЭ БИР ЖҮРӨКТӨР ТАШТАЙ КАТУУЛАШАТ. АЛЛАХ ЖҮРӨГҮНӨ ЫЙМАН ЖАЗГАН ЖАНА МЭЭРИМИ МЕНЕН КОЛДОГОН АДАМДАРДАН ТЫШКАРЫ АГА (АЗ. МЕХДИ (АС)ГА) ИШЕНГЕН КАЛБАЙ КАЛАТ.»** *(Kemal-ud Din, 526-б. жана Bihar-ul Envar, 51-т., 224-б.)*

Имам Мухаммед Бакыр (ас) жана Имам Жафер Садык (ас) Аз. Мехди

(ас)дын жардамчылары жөнүндө мындай деген: «Алар дүйнөнүн чыгышы менен батышын колуна каратат. **АЛАРДЫН АР БИРИНИН КЫРК АДАМДАЙ КҮЧҮ БАР. ЖҮРӨКТӨРҮ ТЕМИРДЕЙ. ОШЕНТИП «ЛА ИЛАХА ИЛЛАЛЛАХ ВА АННА МУХАММЕДЕН РАСУЛУЛЛАХ» БҮТ ТАРАПТА ЖАҢЫРАТ ЖАНА УГУЛАТ.»** *(Bihar-ul Envar, 52-т., 340-б.)*

Абдуллах бин Эбу Йафур айтат, Имам Эбу Абдуллах Жафери Садык алейхиссаламдын мындай дегенин уктум: «Жакындаган фитнадан улам араптардын көтөрүлүшчүлөрүнө азап болсун.» **МЫНДАЙ ДЕДИМ: «САГА КУРМАН БОЛОЮН, АРАПТАРДАН КАИМ АЛЕЙХИССАЛАМ (АЗ. МЕХДИ (АС)) МЕНЕН БИРГЕ КАНЧА КИШИ БОЛОТ?» «ӨТӨ АЗ»** деди эле, мындай дедим: «Аллахка ант болсун, алардан Аз. Мехди (ас)га жардам берем деген көп адам бар.» Айтты: «Калк сөзсүз тазаланат. Тазаланышат жана электен өткөрүлүшөт. Электе көп калк эленет.» *(Şeyh Muhammed b. İbrahim-i Numani, Gaybet-i Numani, 239-240-б.)*

Эбу Басир айтат: Имам Мухаммед Бакыр алейхиссалам мындай деди: **«... ТАЗАЛАНАТ ЖАНА ТАНДАЛАТ, НАТЫЙЖАДА АРАЛАРЫНДА ФИТНАЛАР ЭЧ ЗЫЯН ТИЙГИЗБЕГЕН БИР КООМ КАЛАТ.»** *(Gaybet-i Numani, 245-б.)*

Натыйжада силерден **КӨЗДӨГҮ СҮРМӨДӨЙ (СУРМА) ЖЕ ТАМАКТАГЫ ТУЗДАЙ ГАНА КАЛАТ**. Жана мен силерге бир мисал берем: бир кишинин белгилүү санда буудайы бар. Аны тазалайт жана бир үйгө койот, бир топ убакыттан кийин келгенде анын курттаганын көрөт, аны кайра тандап, тазалап, кайра үйдүн ичине койот. Бир топ убакыттан кийин келгенде анын кайрадан курттаганын көрөт. Кайрадан аны тандап, тазалайт жана бул ишин кайталайт. Аягында курттар эч зыян бере албаган өтө аз бекем буудай калат. Мына силер да ушундайсыңар. **АЯГЫНДА АРАҢАРДА ФИТНАЛАР ЭЧ ЗЫЯН ТИЙГИЗЕ АЛБАГАН ӨТӨ АЗ БИР ТОП КАЛАТ.**

*(Şeyh Muhammed b. İbrahim-i Numani, Gaybet-i Numani, 245-б.)*

Михзем бин Эбу Бурде-и Эседи жана башкалар алып өткөрүшкөн; Имам Жафери Садык алейхиссалам мындай деди: «Аллахка ант болсун, айнектин сынып чачырашы сымал чачырайсыңар. Айнек чачыраганда кайра биригип (мурдакы абалына) кайтышы мүмкүн. Бирок силер, Аллахка ант болсун, кумурадай сынып чачырайсыңар. Жана, Аллахка ант болсун, ушундай тазаланасыңар; натыйжада **АРАҢАРДА ӨТӨ АЗ АДАМ КАЛАТ**.» *(Gaybet-i Numani, 242-б.)*

Савфан бин Йахйа мындай дейт: Имам Рыза алейхиссалам мындай деди: «Аллахка ант болсун, силер тазаланып, тандалмайынча, мойнуңарды созуп күткөн (кыям) болбойт **(АЗ. МЕХДИ (АС) КӨРҮНБӨЙТ). НАТЫЙЖАДА АРАҢАРДА ӨТӨ АЗЫҢАР БЕРИДЕ (БЕКЕМ) КАЛАТ.»** *(Gaybet-i Numani, 243-б.)*

## АЯТТАР

**Аягында буйругубуз келгенде жана тандыр кайнаганда: «Ар биринен экиден жуп (жаныбар) менен алардын зыянына сөз өткөндөрдөн тышкары, үй-бүлөңдү жана ыйман келтиргендерди ага жүктө» дедик. <u>Ансыз да аны менен бирге өтө азы гана ыйман келтирген эле.</u> (Худ Сүрөсү, 40)**

**Чындыгында <u>булар аз сандагы бир топ.</u> (Шуара Сүрөсү, 54)**

**Аягында <u>Мусага өз коомунун бир тайпа жаштарынан башка</u>, Фараон жана анын адамдары аларды балээге кабылтышынан коркуп, ыйман келтирген болгон жок. Анткени, Фараон чынында жер жүзүндө бой көтөргөн бир залим жана чектен чыккандардан эле. (Йунус Сүрөсү, 83)**

**Талут аскерлери менен бирге бөлүнгөндө (мындай) деди: «Чындыгында Аллах силерди бир дарыя менен сынайт. Ким андан ичсе, эми ал менден эмес жана ким, колу менен бир ууч ичкенден тышкары, аны ичпесе менден. Аз ганасынан тышкары (баары суудан) ичишти. Ал аны менен бирге ыйман келтиргендер менен (дарыядан) өткөндө алар (калгандар): «Бүгүн биздин Жалутка жана аскерлерине каршы (тиреше турган) күчүбүз жок» дешти. (Ошондо) Сөзсүз Аллахка жолугаарын үмүт кылгандар (мындай) дешти: «Канчалаган аз сандагы топ көбүрөөк болгон бир топту Аллахтын уруксаты менен жеңген; Аллах сабыр кылуучулар менен бирге.» (Бакара Сүрөсү, 249)**

### АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ШАКИРТТЕРИ ЖАШТАР БОЛОТ

Хадисте Аз. Мехди (ас)га да жаштардын жардамчы болоору айтылат. Акыр заманда ыйман келтирбеген адамдардын көп болушу жана дажжал фитнасынын коркутуучу болушу себебинен да Аз. Мехди (ас)дын шакирттерин көбүнчө жаштар түзөт.

Аз. Мехди (ас)дын жардамчыларынын **көпчүлүгү жаштардан куралат**. Араларында аз санда улгайгандар болот. *(Bihar-ül Envar, 52-том, 334-бет)*

Тарыхта көп пайгамбарлардын жардамчылары жаштар болгон. Аллах Йунус Сүрөсүнүн 83-аятында мындайча билдирет:

**Аягында Мусага өз коомунун бир тайпа жаштарынан башка, Фараон жана анын адамдары аларды балээге кабылтышынан коркуп, ыйман келтирген болгон жок. Анткени, Фараон чынында жер жүзүндө бой көтөргөн бир залим жана чектен чыккандардан эле.**

**АКЫР ЗАМАНДА АДАМДАРДЫН КӨПЧҮЛҮГҮ АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ЖАМААТЫНАН АЛЫС БОЛУШАТ**

Төмөндөгү хадисте адамдардын көпчүлүгүнүн Аз. Мехди (ас)дан алыс тураарына ишарат кылынат. Ал адамдар Аз. Мехди (ас) менен жакындарынын бийик адеп-ахлагын жана Аллах жолундагы чоң пикирдик күрөшүн барктап-түшүнө алышпайт. Акыр заманда адамдардын көпчүлүгүнүн дин ахлагынан алыстаган болушу жана Аз. Мехди (ас) жамаатынын көптөгөн жалган жалаа, кыйынчылык, азаптарга кабылышы себебинен, кызыкчылыгыма зыяны тийет деп коркуп адамдардын Аз. Мехди (ас) менен жамаатына жакындабашы айтылган.

Мындай деди: «Аларды жер жүзүнүн бурчтарынан изде. **АЛАРДЫН ЖАШООЛОРУ ЖУПУНУ, ҮЙЛӨРҮ ЖОНДОРУНДА, ЭГЕР ДАЯР ТУРУШСА ТААНЫЛЫШПАЙТ, ЭГЕР ЖОГОЛУШСА ИЗДЕЛБЕЙТ, ООРУП КАЛЫШСА ЭЧ КИМ АЛАРДЫ КӨРГӨНҮ КЕЛБЕЙТ, ЭГЕР ҮЙЛӨНӨЛҮ ДЕШСЕ ЭЧ КИМ МАКУЛ БОЛБОЙТ. ЭГЕР ӨЛҮШСӨ ЖАНАЗАЛАРЫНА ЭЧ КИМ КАТЫШПАЙТ. АЛАР МАЛ-МҮЛКТӨРҮН АРАЛАРЫНДА ТЕҢ КЫЛЫП БӨЛҮШҮШӨТ ЖАНА БИР-БИРЛЕРИН КАБЫРЛАРЫНДА ЗЫЯРАТ КЫЛЫШАТ, БАШКА БАШКА ШААРЛАРДА БОЛУШСА ДА, ТИЛЕКТЕРИ ДАЙЫМА БИР.»** *(Gaybet-i Numani, 238-б.)*

**АЗ. МЕХДИ (АС) КАЙЫП КЕЗДЕ АГА ӨТӨ АЗ САНДА ГАНА АДАМ ИШЕНЕТ, БАШКА АДАМДАР ТЕРЕҢ КҮМӨНДӨ БОЛУШАТ**

... Билгиле, уулумдун (АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН) КӨЗДӨРДӨН АЛЫС БОЛГОН КЕЗИ ӨТӨ КӨПКӨ СОЗУЛАТ. **НАТЫЙЖАДА ЫЙМАНДАРЫН АЛЛАХ КОРГОГОНДОРДОН ТЫШКАРЫ БҮТ АДАМДАР АЛ**

**ЖӨНҮНДӨ КҮМӨНГӨ ТҮШҮШӨТ.** *(Bihar-ül Envar, 51-т., 160-б.; Isbat-ül Hüdat, 6-т., 427-б.)*

**АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН 30 АДАМДАН ТУРГАН БИР ИШТӨӨ ТОБУ БОЛОТ**

Пайгамбарыбыз (сав)дын хадистеринде Аз. Мехди (ас)дын шакирттеринин саны 313 киши деп айтылган. Бирок бул кишилердин арасынан, эмгектеринде ага көмөкчү болгон 30 кишилик бир тобу болот. Пайгамбарыбыз (сав) ал кишилердин Аллахтын бар экенин жана жалгыздыгын түшүндүргөн, дарвинизм жана материализм сыяктуу путпарасттык дин түшүнүктөрүн пикирдик жактан кулата турган эмгектерин даярдашында, керектүү маалыматтарды оңой гана таба алышында, убакыт жана көп аракет талап кылган иштерде анын баалуу убактысын коротушуна зарылчылык калтырбастан Аз. Мехди (ас)га жардам беришээрин кабар берген. Ал кишилер өз чөйрөлөрүндө адис кишилер болуп, Аз. Мехди (ас)дын убактысы менен абалы мүмкүнчүлүк бербеген учурларда ага толук жардамчы болгон, илимдүү кишилер болушат.

**Имам (Аз. Мехди (ас)) КҮЧТҮҮ ОТУЗ ЖАРДАМЧЫСЫ МЕНЕН**, жалгыз эмес. *(El-Sahife El-Mehdiye'den Seçme Dualar (Эль-Сахифе Эль-Мехдийеден тандалма дубалар), Seyyid Murtaza Müçtehidi Sistani, 49-б., Al-Bihar 52:153)*

Аз. Мехди (ас) 3 вазыйпасын (милдетин) орундатып жатканда ага жардамчылык кызматын кемчиликсиз жасаган, ыйманы жана абийири күчтүү, акылдуу, эрктүү, ыкластуу бул момундар Аз. Мехди (ас)ды Ислам ахлагы жана Пайгамбарыбыз (сав)дын сүннөтүнүн бүт дүйнөгө жайылышы (орношу) менен байланыштуу иштеринде жалгыз таштапайт. Ошондой эле, бул топ дарвинизм менен материализмдин пикирдик, илимий кулатылышы менен байланыштуу эмгектеринде жана бүт Мусулман өлкөлөрдүн Түрк Ислам Биримдиги астында биригип чоң бир күч пайда кылышы багытындагы маанилүү кызматын орундатышында да дайыма Аз. Мехди (ас)га көмөкчү болушат жана эч качан жалгыз калтырышпайт.

**АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ШАКИРТТЕРИНИН БУЛ ДҮЙНӨГӨ БАГЫТТАЛГАН МАТЕРИАЛДЫК ЖАНА МОРАЛДЫК ЭЧ УМТУЛУУСУ БОЛБОЙТ**

Эй Эбу Хурейре! Бул жамаат (АЗ. МЕХДИ (АС) ЖАМААТЫ) татаал

жана оор бир жолго түшүшүп, пайгамбарлардын даражасына жетишет. **АЛЛАХ АЛАРДЫ ТОЙГУЗГАН СОҢ АЧ КАЛУУНУ, КИЙИНТКЕН СОҢ ЖЫЛАҢАЧ КАЛУУНУ, ИЧИРГЕН СОҢ СУУСУЗ КАЛУУНУ ТАНДАШАТ; АЛЛАХТЫН КАБАТЫНДАГЫЛАРДЫ ҮМҮТ КЫЛЫШЫП БУЛАРДЫ ТАШТАШАТ. СУРАГЫНАН КОРКУШУП АДАЛДЫ ДА ТАШТАШАТ. ДҮЙНӨГӨ ДЕНЕЛЕРИ МЕНЕН ГАНА БАЙЛАНЫШТУУ БОЛУШАТ, АНЫН КАНДАЙДЫР БИР НЕРСЕСИ МЕНЕН АЛЕК ДА БОЛУШПАЙТ.**

Алардын Раббилерине болгон моюн сунуууларына периштелер менен пайгамбарлар да таң калышат. Алар кандай бактылуу, алар кандай бактылуу! Аллахтын алар менен менин арамды бириктиришин канчалык каалаар элем! … *(el-Vesaya li-İbnü'l-Arabi, Halet Ef. №: 198/2, 486a yaprağı)*

## АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ШАКИРТТЕРИНИН ЖОГОРКУ ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

Анын (Аз. Мехди (ас)) шакирттеринин табияты **АРУУ ЖАНА КЕМЧИЛИКСИЗ БОЛОТ. ЭКИ ЖҮЗДҮҮЛҮКТӨН (БИР ИШТИ ЭЛ КӨРСҮН ҮЧҮН КЫЛУУДАН) ЖАНА БҮТ БАШКА КИРЛЕРДЕН ТАЗАЛАНГАН БОЛУШАТ.** *(Bihar-ül Envar, 52-том, 35-бет)*

Алардын (Аз. Мехди (ас)дын шакирттеринин) **ЖҮРӨКТӨРҮ ЖАМАНДЫК, КЫЗГАНЫЧТЫК ЖАНА ДУШМАНДЫКТАН ТАЗАЛАНГАН** жана кемчиликсиз болот. *(Bihar-ül Envar, 52-том, 35-бет)*

Алардын (Аз. Мехди (ас)дын шакирттеринин) жүрөктөрү **БОЛОТТОН ДА КҮЧТҮҮ** болот. Алардын ар бири кырк күчтүү адамга тең болот. *(Mikyaal al-Makaarem, 1-том, 65-бет)*

Имам-ы Заман (Аз. Мехди (ас))дын шакирттери **АСЫЛ, ИЛИМДҮҮ БОЛУШАТ** жана **ДҮЙНӨНҮН БАШКАРУУЧУЛАРЫ БОЛУШАТ.** *(Al-Malaahem wa al-Fetan, 205-бет)*

## АКЫР ЗАМАНДА АДАМДАРДЫН КӨПЧҮЛҮГҮ АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ШАКИРТТЕРИНИН БАРКЫН БИЛИШПЕЙТ

Пайгамбарыбыз (сав) Аз. Мехди (ас)дын шакирттери жөнүндө мындай деген:

**АЛАР АЛЛАХ ЖОЛУНДА КҮРӨШҮШӨТ ЖАНА БОЙ КӨТӨРГӨНДӨР АЛАРДЫ ТӨМӨН КӨРҮШӨТ. АЛАРДЫН БАРКЫ**

**ДҮЙНӨДӨ БИЛИНБЕЙТ, БИРОК АКЫРЕТТЕ ЖАКШЫ ТААНЫЛЫШАТ.** *(Muntakab el Ezhar, 474-б.)*

Хадисте адамдардын көпчүлүгүнүн Аз. Мехди (ас)дын шакирттеринин ыймандарын жакшылап түшүнүп-барктай албашына көңүл бурулган.

**АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ШАКИРТТЕРИНИН РУХАНИЙ ТАРАБЫ КҮЧТҮҮ БОЛОТ**

Аз. Мехди (ас)дын шакирттеринин **рухтары чырак сыяктуу жарык**, алардын жүрөктөрү да жарык кылынган. *(Mikyal el-Mekarim, 1-том, 65-бет)*

Хадисте Аз. Мехди (ас)дын шакирттеринин руханий жактан өтө өнүккөн, терең ыймандуу, чын жүрөктөн Аллахка багытталган кишилер болооруна ишарат кылынууда. Аз. Мехди (ас)дын себепчи болушу менен ал кишилердин Аллахка болгон сүйүүлөрү жана Аллахтан болгон коркуулары өтө күчтүү болот, натыйжада адамдарды сүйүшү, асылдыгы жана боорукердик сезими да башкалардан өтө айырмаланган даражада күчтүү болот. Аз. Мехди (ас)дын шакирттери напсилеринин терс тараптарын толук башкарууга алышып, рухтарын эгоизм (өзүмчүлдүк), кызганычтык, кекенүү, жасалмалык сыяктуу терс өзгөчөлүктөрдөн тазалаган кишилер болушат.

**АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ШАКИРТТЕРИ ТАНДАЛГАН АДАМДАР БОЛОТ**

Хадисте Аз. Мехди (ас)дын шакирттеринин жакшы билим алган адамдардан тураарына көңүл бурулган. Аз. Мехди (ас)дын шакирттеринин өз доорунда жакшы билим алган жана асыл болуу менен өзгөчөлөнүшүнүн бир себеби: алар жашаган доордо адамдар асылдык, сылыктык жана сонун мүнөздөн алыстаган болот. Бул жагынан Аз. Мехди (ас) шакирттери эл арасында өтө тандамал кишилер болушат.

Аз. Мехди (ас)дын жардамчылары **асыл жана билимдүү болушат**. *(El-Melahim ve el Fitan, 205-бет)*

**АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН КЭЭ БИР ЖАРДАМЧЫЛАРЫ ГАНА АРАПЧА БИЛЕТ**

**АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ЖАРДАМЧЫЛАРЫ АРАП БОЛБОЙТ.** Башка

элдерден болот. **БИРОК АРАПЧА СҮЙЛӨШӨТ**. *(Muhammed B. Resul El Hüseyin El Berzenci (Мухаммед б. Ресул Эль-Хүсейин Эль-Берзенжи), Kıyamet Alametleri (Кыямат алааматтары), 187-б.)*

Хадисте берилген маалыматтан Аз. Мехди (ас)дын жардамчыларынын араптардан эмес, башка бир элден экени, бирок арап тилин билишээри түшүнүктүү болууда.

**АЛЛАХ АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫ ЖАНА ЖАРДАМЧЫЛАРЫН РУХАНИЙ КҮЧТҮҮ ЖАНА ТААСИРДҮҮ КЫЛГАН; АЛЛАХТЫН УРУКСАТЫ МЕНЕН ДҮЙНӨНҮН БҮТ ЖАГЫНДА АЛЛАХТЫН АТЫНЫН ЭСТЕЛИШИНЕ СЕБЕПЧИ БОЛУШАТ**

Имам Мухаммед Бакыр (ас) жана Имам Жафер Садык (ас) Аз. Мехди (ас)дын жардамчылары жөнүндө мындай деген: «Алар дүйнөнүн чыгышын жана батышын каратышат. **АЛАРДЫН АР БИРИНИН КЫРК АДАМДАЙ КҮЧҮ БАР. ЖҮРӨКТӨРҮ ТЕМИРДЕЙ. НАТЫЙЖАДА «ЛА ИЛАХА ИЛЛАЛЛАХ ВА АННА МУХАММЕДЕН РАСУЛУЛЛАХ» БҮТ ТАРАПТА ЖАҢЫРАТ ЖАНА УГУЛАТ.»** *(Bihar-ul Envar, 52-т., 340-б.)*

Аз. Мехди (ас)дын аялдардан жана эркектерден турган шакирттери руханий да, дене жагынан да күчтүү, өтө сапаттуу, бийик жана таасирдүү адамдардан турат жана ар бири кемчиликсиз бир динге чакыруу күчүнө ээ болот. Бүт мындай өзгөчөлүктөрү менен Аз. Мехди (ас)дын жардамчыларынын көрүнүшү укмуш көзгө урунаарлык болот.

Аллах алардын мындай динге чакыруу күчүн себепчи кылып, Аз. Мехди (ас) менен шакирттеринин таасири менен дүйнө жүзүндө бүт адамдарда массалык түрдө ыйманга багыт алуу кыймылы болот. Бүт жерде Аллахтын атын жана даңкын улуулашат жана Ислам ахлагын бүт дүйнөгө орнотушат.

Риваятта **«Ла илаха иллаллах ва анна Мухаммеден Расулуллах сөздөрүнүн бүт тарапта жаңыраары жана угулаары»** болсо **Аз. Мехди (ас)дын Ислам ахлагына чакыруу багытындагы иш-аракеттеринин маалымат каражаттарында, интернетте, телевизорлордо, радиолордо, гезиттерде, журналдарда, кыскасы, дээрлик бүт тарапта тынымсыз жарыяланаарына ишарат кылууда.**

**АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ШАКИРТТЕРИНИН ЫЙМАНЫ ӨТӨ КҮЧТҮҮ БОЛОТ**

Аз. Мехди (ас)дын жардамчыларынын **Аллах жөнүндө кыпындай да күмөндөрү болбойт** жана Аллахты кандай таануу керек болсо, ошондой таанышат. *(El-Beyan Fi-Akbarı Hz. Mehdi (a.s.) Ahir Zaman (a.s.), 5-бөлүм; Mikyal el-Mekarim, 1-том, 65-бет)*

Хадисте Аз. Мехди (ас)дын шакирттеринин ыймандарынын тереңдигинен сөз кылынууда. Акыр заманда Аз. Мехди (ас) доорунун алдында адамдар арасында Аллахты тануучу философиялар кеңири жайылган болот. Ушул себептен, чыныгы мааниде Аллахка ыйман келтирген, Аллахтын сыпаттарын чындап таанып Аллахтан корккон кишилер өтө аз санда болот. Аз. Мехди (ас)дын шакирттери болсо эч күмөн санабастан Аллахка терең ыйман келтиришет (ишенишет). Бул жагынан эл арасында өзгөчөлөнүшөт.

## АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ЖАРДАМЧЫЛАРЫ АЛАРГА ЖАСАЛГАН КЫСЫМДАН КОРКУШПАЙТ

Аз. Мехди (ас) колун жардамчыларынын ийини менен көкүрөгү арасына сүрөт, ошентип алар **өздөрү жөнүндө бериле турган эч бир өкүмдөн тартынышпайт, эч бир чечим аларга оор келбейт.** *(Bihar-ül-Envar, 52-том, 345-бет, El Melahim va el Fitan, 205-бет; Mikyaal el-Mekarim, 1-том, бет: 144/235)*

Хадисте Аз. Мехди (ас)дын шакирттеринин да кысымчылыкка кабылышы мүмкүн экенине көңүл бурулган. Ислам ахлагын жайуу үчүн чын ыкластан аракет кылган дээрлик ар момун кабыла турган кыйынчылыктар Аз. Мехди (ас)дын шакирттеринин да башына келет. Аз. Мехди (ас)дын жардамчылары аларга жасала турган кысымчылыктардан коркушпайт жана чыдамкай болушат. Аз. Мехди (ас) жардамчыларынын зыянына сот өкүмдөрүнүн да чыгышы мүмкүн экенине хадисте ишарат кылынууда. Аз. Мехди (ас)дын жардамчылары алардын зыянына чыга турган чечимдерден тартынышпайт жана Аллах ыраазылыгы үчүн жасаган илимий эмгектеринде, чечкиндүүлүктөрүндө эч азайуу болбойт.

## АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ШАКИРТТЕРИ АЗ. МЕХДИ (АС) АЛГАН ЧЕЧИМДЕРГЕ ЭЧ КАРШЫ ЧЫГЫШПАЙТ

Аз. Мехди (ас)дын шакирттери Аз. Мехди (ас)ды жүргүзгөн күрөштөрүндө да колдошуп, каалагандарын орундатышат жана **Аз. Мехди (ас)га бир кулдун ээсине болгонунан да баш ийүүчү жана моюн сунуучу болушат.** *(Mikyal el-Mekarim, том:1, бет: 65)*

Хадисте Аз. Мехди (ас)дын шакирттеринин Аз. Мехди (ас)га болгон моюн сунуучулугуна көңүл бурулган. Шакирттери Аз. Мехди (ас) алган чечимдерди эч такыбастан, өтө так орундатышат. Бул алардын Аллахка болгон ыйманындагы тереңдиктин жана чын ыкластуулуктун да көрсөткүчү болот. Хадисте Аз. Мехди (ас)га моюн сунуучу болуунун бир өзгөчөлүк катары айтылышынын себеби: Аз. Мехди (ас) кээ-кээде түпкү максаты (сыры) ошол замат түшүнүктүү болбогон чечимдерди алат. Чын ыкластан ыйман келтиргендерден башка адамдар үчүн Аз. Мехди (ас)дын чечимдерин такып сурабастан орундатуу мажбурлоочу бир сыноо болушу мүмкүн. Аз. Мехди (ас)дын андай чечимдеринде шакирттери эч көйгөй жаратпайт, баш ийүүчү жана моюн сунуучу мамиле көрсөтүшөт.

**КЫЙЫНЧЫЛЫК ЖАНА КЫСЫМДАР АЗ. МЕХДИ (АС) МЕНЕН ШАКИРТТЕРИН КОРКУТПАЙТ**

**АЛАРДАН «ЖОГОРКУ ЖАНА КҮЧТҮҮ», МАКТАЛГАН АЛЛАХКА ЫЙМАН КЕЛТИРИШКЕНИ ҮЧҮН ГАНА ӨЧ АЛЫШТЫ. (Бүруж Сүрөсү, 8)**

Мындай деди: «Аларды жер жүзүнүн бурчтарынан изде. Алардын жашоолору жупуну, үйлөрү жондорунда, эгер даяр турушса таанылышпайт, эгер **ЖОГОЛУШСА ИЗДЕЛБЕЙТ, ООРУП КАЛЫШСА ЭЧ КИМ АЛАРДЫ КӨРГӨНҮ КЕЛБЕЙТ**, эгер үйлөнөлү дешсе эч ким макул болбойт. Эгер **ӨЛҮШСӨ ЖАНАЗАЛАРЫНА ЭЧ КИМ КАТЫШПАЙТ**. Алар мал-мүлктөрүн араларында тең кылып бөлүшүшөт жана бир-бирлерин кабырларында зыярат кылышат, башка башка шаарларда болушса да, тилектери дайыма бир.» *(Gaybet-i Numani, 239-б.)*

Аз. Мехди (ас)га жана шакирттерине мүнафыктардан, каапырлар менен адашкандардан өтө күчтүү кысымчылыктар болот жана алар кыйноолорго, жалааларга туш болушат. Бирок эч ийилишпейт жана жеңилишпейт.

**Чындыгында алар бир тузак пландап куруп жатышат; Мен дагы бир тузак куруп жатам. Сен каапырларга бир мөөнөт бер, бир аз убакыт бер. (Тарык Сүрөсү, 15, 16, 17)**

Ислам ахлагынын дүйнөгө орношуна аз убакыт калды. Убада кылынган күч жакындап келе жатат:

**АЛ УБАДА КЫЛЫНГАН КҮНГӨ ... (Бүруж Сүрөсү, 2)**

**АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ШАКИРТТЕРИНИН КЭЭ БИР ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ:**

**АЛЛАХТЫН ӨЗГӨЧӨ КУЛДАРЫ.** *(Kıyamet Alametleri, 198-б.)*

Алардын **жүрөктөрү темир сымал** жана алар **күндүз арстан, түнкүсүн болсо абид** (көп ибадат кылуучу). *(Kitab ul Burhan Fi Alamet-il Mehdiyy il Ahir Zaman, 57)*

Сөзсүз **алар хидаят желектери.** *(Ramuz el-Ehadis, 1/153)*

Аллах жолунда **эч бир сындагандын сынынан коркпогон тандалган мусулмандар.** *(Sünen-i Ibni Mace, 10/259)*

**(Аз. Мехди (ас)дын) достору эр жүрөк, баатыр, ыкластуу, ыймандуу кишилер,** ага моюн сунууда аракетчил. Каякка жана кайсы ишке барышса сөзсүз жеңишке жетишет... *(Bihar'ul-Envar, 52-т., 279-б. жана 53-т., 12-б. İkmal'ud- Din, 2-т., 367-б.)*

Хүкейм бин Саъд мындай дейт: Имам Эмирүлмүминин Али алейхиссаламдын мындай дегенин уктум: «Каим (Аз. Мехди) алейхиссаламдын **асхабы (тобу) жаштар жана араларында улгайгандар жок**; көздөгү сүрмө же тамактагы туздай гана. Жана тамактагы эң аз нерсе – туз.» *(Şeyh Muhammed b. İbrahim-i Numani, Gaybet-i Numani 374-б.)*

Бул (Мехдинин) вазыйпа(сы) таянган күч жана руханий ордосу (армиясы) бир гана ыклас жана опаалык (берилгендик) жана бир-бирин колдоочулук сыпаттарына толук ээ болгон бир катар шакирттер (окуучулар). **Канчалык аз болушса да, руханий бир ордодой (армиядай) күчтүү жана баалуу болушат.** *(Emirdağ Lahikası (Эмирдаг Лахикасы, Бедиүззаман Саид Нурси), 259)*

**АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ШАКИРТТЕРИ БОЛГОН ЖАШТАРДЫН КЭЭ БИРЛЕРИ ЗУЛУМДУК ЖАНА КЫСЫМДАН УЛАМ ДАЖЖАЛДЫН ФИТНАСЫНА КАБЫЛГАН ҮЙ-БҮЛӨЛӨРҮНӨН КЕТИШЕТ**

Аллах адамдарга бир мээрим катары жөнөткөн элчилердин чакырган акыйкат жолуна түшкөн жана ал кымбаттуу элчилерди жактаган, аларга

көмөкчү болгон, Аллах аларга түшүргөн акыйкат китептерге ишенген ыймандуу жаштар тарыхта дайыма айланасындагы адамдардан, жакындарынан, өзгөчө үй-бүлөлөрүнөн көп кысымчылык көрүшкөн. Акыр заманда чыгышы чоң үмүт менен күтүлгөн Аз. Мехди (ас)ды сүйө турган, Анын Аллах Кабатынан жөнөтүлгөн куттуу бир киши экенине чын жүрөктөн ишенип, аны менен бирге Куран ахлагын жашай турган жаш шакирттери болсо **«Же силерден мурда жашап-өткөндөрдүн абалы башыңарга келбестен бейишке киребиз деп ойлодуңарбы?»** (Бакара Сүрөсү, 214) аятына ылайык тарых бою Мусулмандардын баштарына келген сымал сыноолорго туш болушат. Ошондуктан Куранда айтылган мисалдар менен Аз. Мехди (ас)дын жамаатындагы шакирттеринин бир бөлүгүнүн баштарына келгендер арасында өтө чоң окшоштуктар болот.

**Бир хадисте Аз. Мехди (ас)дын шакирттеринин бир-биринен башка досторунун болбой турганы, натыйжада жоголсо да изделбей турганы кабар берилет; бул дагы алардын кээ бирлеринин өз коомунун, үй-бүлөлөрүнүн, туугандарынын аларга болгон терс мамилелерине ишарат кылууда:**

Мындай деди: «Аларды жер жүзүнүн бурчтарынан изде. Алардын жашоолору жупуну, үйлөрү жондорунда, эгер даяр турушса таанылышпайт, эгер **ЖОГОЛУШСА ИЗДЕЛБЕЙТ, ООРУП КАЛЫШСА ЭЧ КИМ АЛАРДЫ КӨРГӨНҮ КЕЛБЕЙТ,** эгер үйлөнөлү дешсе эч ким макул болбойт. Эгер **ӨЛҮШСӨ ЖАНАЗАЛАРЫНА ЭЧ КИМ КАТЫШПАЙТ.** Алар мал-мүлктөрүн араларында тең кылып бөлүшүшөт жана бир-бирлерин кабырларында зыярат кылышат, башка башка шаарларда болушса да, тилектери дайыма бир.» *(Gaybet-i Numani, 239-б.)*

**Хадистерде Аз. Мехди (ас)дын жардамчыларынын Аз. Муса (ас)ды ээрчиген же Кехф Эли (Үңкүр ээлери) сыяктуу аз сандагы жаштардан тураарына көңүл бурулат:**

Хүкейм бин Саъд мындай дейт: Имам Эмирүлмүминин Али алейхиссаламдын мындай дегенин уктум: **«КАИМ (АЗ. МЕХДИ) АЛЕЙХИССАЛАМДЫН АСХАБЫ (ШАКИРТТЕРИ) ЖАШТАР жана АРАЛАРЫНДА УЛГАЙГАНДАР ЖОК**; алар көздөгү сүрмө же азыктагы туздай гана. Жана азыктагы эң аз нерсе – туз.» *(Şeyh Muhammed b. İbrahim-i Numani, Gaybet-i Numani 374-б.)*

Аз. Мехди (ас)дын айланасында жаштардын болооруна ишарат кылган

башка хадистер болсо төмөнкүдөй:

Аз. Мехди (ас) бизден Эхли Бейттен (урпактарымдан) **БИР ЖАШ ЖИГИТ.** Улгайгандарыңар ага жете алышпайт, жаштарыңар болсо аны үмүт кылышат. Аллах каалаганын кылат. *(Kitab-ül Burhan Fi Alamet-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, 23-б.)*

**Аз. Мехди (ас)дын туучусу (туу көтөрүүчүсү)** сакалы суюк, өңү сары кичинекей **БИР ЖАШ БОЛОТ.** *(El-Kavlu'l Muhtasar Fi Alamatil Mehdiyy-il Muntazar, 51-б.)*

Анын (Аз. Мехди (ас)дын) туучусу чыгыштан Темими уруусуна тиешелүү **БИР ЖАШ БОЛОТ**. *(El-Kavlu'l Muhtasar Fi Alamatil Mehdiyy-il Muntazar, 26-б.)*

**Кысымчылык жана зулумдук себебинен өз коомунан же үй-бүлөлөрүнөн кетип калган Мусулмандарды Аллах Куранда мындайча кабар берүүдө:**

**Кехф Эли (Үңкүр ээлери):**

Ал жаштар, ҮҢКҮРДҮ КОРГОЛОНУШКАНДА, мындай дешкен: «Раббибиз, Кабатыңдан бизге бир мээрим бер жана ишибизден бизге тууранын жеңилдет (бизди ийгиликтүү кыл). (Кехф Сүрөсү, 10)

... Силерди эч кимге сездирип койбосун. **СЕБЕБИ АЛАР ҮСТҮҢӨРГӨ ЧЫГЫП КЕЛИШСЕ, СИЛЕРДИ ТАШБАРАҢ КЫЛЫШАТ ЖЕ ДИНДЕРИНЕ КАЙРА КАЙТАРЫШАТ**; анда түбөлүк кутулууга жете албайсыңар.» (Кехф Сүрөсү, 19-20)

**Аз. Муса (ас)га ыйман келтирген жаштар:**

Аягында **МУСАГА ӨЗ КООМУНУН БИР ТАЙПА ЖАШТАРЫНАН БАШКА**, Фараон жана анын адамдары аларды балээге туш кылышынан коркуп, **ЫЙМАН КЕЛТИРГЕН БОЛГОН ЖОК.** Анткени, Фараон чынында жер жүзүндө бой көтөргөн бир залим жана чектен чыккандардан эле. (Йунус Сүрөсү, 83)

**Атасы менен мамилесин үзгөн Аз. Ибрахим (ас):**

(Атасы) Айткан эле: «Ибрахим, сен менин кудайларымдан жүз үйрүп

жатасыңбы? Эгер (мындай мамилеңди) токтотпосоң, ант болсун, **СЕНИ ТАШБАРАҢ КЫЛАМЫН; УЗУН БИР УБАКЫТКА МЕНДЕН АЛЫСТА, (БИР ЖЕРЛЕРГЕ) КЕТ.»**

(Ибрахим:) «Сага салам болсун, сен үчүн Раббимден кечиришин тилейм, себеби Ал мага абдан берешен» деди. **«СИЛЕРДЕН ЖАНА АЛЛАХТАН БАШКА СЫЙЫНГАНДАРЫҢАРДАН (АЛЫСКА) КЕТТИМ** жана Раббиме дуба кыламын...» (Мерйем Сүрөсү, 46-48)

Ибрахимдин атасы үчүн кечирүүнү тилеши ага берген бир сөзү үчүн гана эле. **АГА АНЫН ЧЫНДАП АЛЛАХКА ДУШМАН ЭКЕНИ БИЛДИРИЛГЕНДЕ АНДАН АЛЫСТАДЫ.** Чындыгында Ибрахим өтө сезимтал, жумшак пейилдүү эле. (Тообо Сүрөсү, 114)

**<u>Аз. Нух (ас) менен уулунун араларынын ажырашы:</u>**

**Нух Раббисине кайрылды. «Раббим, күмөнсүз менин уулум үй-бүлөмдөн жана Сенин убадаң да чындыгында акыйкат. Сен өкүмдарлардын өкүмдарысың» деди. (Худ Сүрөсү, 45)**

Мындай деди: **«ЭЙ НУХ, АНЫК АЛ СЕНИН ҮЙ-БҮЛӨҢДӨН ЭМЕС**. Себеби ал салих (жакшы) эмес бир иш (кылган). Демек билбеген нерсеңди Менден сураба. Чындыгында Мен караңгы-билбегендерден болбосун деп сага кеңеш кылам.» (Худ Сүрөсү, 46)

**<u>Аз. Нух (ас) жана Аз. Лут (ас)дын жубайлары менен араларынын ажырашы:</u>**

**АЛЛАХ КААПЫРЛАРГА НУХТУН ЖУБАЙЫН ЖАНА ЛУТТУН ЖУБАЙЫН МИСАЛ БЕРДИ.** Экөөсү тең кулдарыбыздан салих болгон эки кулубуздун никесинде эле; бирок аларга кыянаттык кылышты. Мындан улам (күйөөлөрү) аларга Аллахтан келген эч нерсе менен пайда беришпеди. Экөөсүнө тең: «отко башка кирүүчүлөр менен бирге киргиле» деп айтылды. (Тахрим Сүрөсү, 10)

Аяттардан да көрүнүп тургандай, пайгамбарлар жана Аллахка ыйман келтирген, Аллах ыраазылыгы үчүн жашоо чечимин алган момундар динчил болгону үчүн гана үй-бүлөлөрүнөн, чөйрөлөрүнөн кысымчылык менен зулумдук көрүшсө, алардан жүз бурушуп, дин ахлагын бейпил жана коопсуздукта жашай ала турган башка момундар менен бирге жашашууда. Мындай мамилелеринен Аллах Куранда мактоо менен сөз кылат.

**Пайгамбарыбыз (сав) доорунда жашаган сахабалардын кээ бирлери да Аллахка ыйман келтиргени жана Куран ахлагына ылайык бир жашоону тандаганы үчүн үй-бүлөлөрүнөн олуттуу кысым көрүшүп, камалышып, зомбулук көрүшкөн:**

Үммү Гүлсүм Бинти Укде жети жыл бою үй-бүлөсүнүн кысымчылыгы менен Мекке мушриктеринин арасында жашоого мажбур болгон. Расулуллах (сав)га моюн сунган учурдан баштап башка Мусулмандар сыяктуу ал да ар кандай кыйноо, кысымдарга туш болгон. Дин ахлагын таштаашы үчүн эң башында атасынан жана башка мушриктерден зулумдук, кысымдыкка кабылган... Бүт кыйынчылыктарга карабастан ага ыйманынан улам кысым көргөзгөн **ҮЙ-БҮЛӨСҮН ТАШТАП ӨЗҮ ЖАЛГЫЗ ЖАСАГАН ХИЖРАТ (КӨЧ) САПАРЫ** момундарга өрнөк болгон

Мусъаб Ибни Умейр (ра) Мусулман болгонун үй-бүлөсүнөн жана чөйрөсүнөн жашырып Пайгамбарыбыз (сав)ды жашыруун зыярат кылууну уланткан. Жашыруун намаз кылганын үй-бүлөсү билип калганда болсо өз туугандары тарабынан кармалып камалган жана Эфиопияга хижрат (көч) мүмкүнчүлүгү чыкканда алгачкы кербен менен бирге дин ахлагын кысымсыз жашоо үчүн **ҮЙ-БҮЛӨСҮНӨН КАЧЫП ЭФИОПИЯГА ХИЖРАТ КЫЛГАН.**

Аз. Селеме да Аллахка ыйман келтиргени үчүн үй-бүлөсүнөн көп убакыт бою кыйноо көргөн бир сахаба. Аз. Селеме менен бир тууганы Харис ыйман келтирип Пайгамбарыбыз (сав)ды ээрчишкени менен, калган үч бир тууганы Эбу Жахил, Ас жана Халид Аллах билдирген дин ахлагынан жүз бурушкан жана ыйман келтирген бир тууганларына душман болушкан. Аз. Селеме көп убакыт бою эң жакындары тарабынан кыйноого алынган. Бир туугандары Аз. Селеме дин ахлагынан баш тартышы үчүн ар кандай жолду колдонушкандыктан, Аз. Селеме аягында **ӨЗ ЖАНЫН КОРГОО ЖАНА ИСЛАМ АХЛАГЫН ТОСКООЛДУКСУЗ ЖАШАЙ АЛУУ ҮЧҮН ЭФИОПИЯГА ХИЖРАТ КЫЛГАН (КӨЧКӨН).**

**Дажжал фитнасы эң жогорку даражага жете турган акыр заманда Аз. Мехди (ас)дын жанында боло турган жаштардын кээ бирлерин үй-бүлөлөрүнүн жана чөйрөлөрүнүн дажжалдын жолуна чакыраары Пайгамбар Мырзабыз (сав)дын хадистеринде апачык көрүнүп турат:**

Аз. Мехди (ас)дын мындай мажбурлоого туш болгон кээ бир шакирттеринин Куранда мисал берилген башка момундар сыяктуу чечимге

бараары анык:

(Дажжал) Бир бедуинге мындай деши да анын фитнасынан. «Эгер сага атаң менен энеңди тирилтсем, менин сенин Раббиң экениме күбөлүк бересиңби?» Бедуин «ооба» дейт. **Эки шайтан энеси менен атасы көрүнүшүндө келип мындай дешет: «ЭЙ БАЛАМ АНЫ ЭЭРЧИ (АГА МОЮН СУН). АЛБЕТТЕ АЛ СЕНИН РАББИҢ».** *(Tirmizi (Тирмизи))*

**Аллах Куранда энеси, атасы, бир тууганы, баласы болсо дагы, адамды Аллах жолунан тосууга аракеттенгендерди дос тутпоону жана алардан жүз бурууну буйрук кылат:**

Биз адамга эне жана атасына (карата) жакшылыкты (туу тутушун) кеңеш кылдык. Эгер алар БИЛБЕГЕН БИР НЕРСЕНИ МАГА ШЕРИК КОШУШУҢ ҮЧҮН АРАКЕТ КЫЛЫШСА, АНДА АЛАРГА МОЮН СУНБА. Мага кайтып келесиңер. Анан жасагандарыңарды силерге кабар берем. (Анкебут Сүрөсү, 8)

Эй ыйман келтиргендер, эгер **ЫЙМАНДЫН ОРДУНА КААПЫРДЫКТЫ ЖАКШЫ КӨРҮП-ТАНДАШСА, АТАЛАРЫҢАРДЫ ЖАНА БИР ТУУГАНДАРЫҢАРДЫ ДОС ТУТПАГЫЛА.** Силерден ким аларды дос тутса, мына ошолор зулумдук кылуучулар. (Тообо Сүрөсү, 23)

Эй ыйман келтиргендер, чындыгында, **СИЛЕРДИН ЖУБАЙЛАРЫҢАРДАН ЖАНА БАЛДАРЫҢАРДАН КЭЭ БИРЛЕР СИЛЕР ҮЧҮН ДУШМАН.** Андай болсо алардан сактангыла. (Тегабүн Сүрөсү, 14)

Аллахка жана элчисине баш көтөргөн адамдар менен бир жакшы көрүү (жана достук) байланышы болгон Аллахка жана акырет күнүнө ыйман келтирген эч бир коом (топ) таба албайсың; **АЛАР АТАЛАРЫ, БАЛДАРЫ, БИР ТУУГАНДАРЫ, ӨЗ УРПАКТАРЫ БОЛСО ДАГЫ.** (Мүжаделе Сүрөсү, 22)

Бүт бул аятттардан жана хадистерден апачык көрүнүп тургандай, **АЗ. МЕХДИ (АС) УБАГЫНДА ЖАШАГАН ЖАНА БУЛ КЫМБАТТУУ ХИДАЯТ ЛИДЕРИН ЭЭРЧИГЕН ЖАШТАРДЫН КЭЭ БИРЛЕРИ** дажжалдын таасири астындагы үй-бүлөлөрүнөн илгеркилердин баштарына келгендей мамилелерге туш болушат жана аларга карата Аллах Куранда билдирген **«МАМИЛЕСИН ҮЗҮҮ»** жолун тандашат.

**АЗ. МЕХДИ (АС) МЕНЕН ШАКИРТТЕРИ АЛЛАХ АЛАРГА ТАРТУУ КЫЛГАН КҮЧ МЕНЕН АБДАН НАТЫЙЖАЛУУ БОЛУШАТ**

Аз. Али (ас) мындай дейт: **«... АЛЛАХ АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ЖАРДАМЧЫЛАРЫН КОРГОЙТ, АЛАРГА БЕЛГИ ЖАНА АЛААМАТТАР МЕНЕН ЖАРДАМЧЫ БОЛОТ жана АЛАРДЫ ЖЕР ЖҮЗҮНҮН БҮТ АДАМДАРЫНА ҮСТӨМ (ЖЕҢҮҮЧҮ) КЫЛАТ.** Ошентип адамдар кааласа, каалабаса акыйкат динге киришет.

**АЛ (АЗ. МЕХДИ (АС)) ЖЕР ЖҮЗҮН <u>АДИЛЕТТИК, НУР ЖАНА АПАЧЫК ДАЛИЛДЕР МЕНЕН ТОЛТУРАТ.</u>** Бүт өлкөлөр толугу менен ага баш ийет жана ага моюн сунат. Натыйжада бүт каапырлар ыйман келтирет жана бүт жамандар ыкластуу кулдар (жаман адамдар оңолуп хидаят (туура жол) таап чын ыкластуу Мусулмандар) болушат.» *(İsbat-ul Hudat, 7-т., 49-б.)*

*** Аллахтын Аз. Мехди (ас) менен жардамчыларына «БЕЛГИ ЖАНА АЛААМАТТАР МЕНЕН» жардам берээри билдирилген.** Хадистеги бул маалымат боюнча, Аз. Мехди (ас)дын Пайгамбарыбыз (сав)дын хадистеринде бүт майда-чүйдөсүнө чейин берилген тышкы көрүнүштөрү жана чыгуу алааматтары адамдардын «ушул киши Аз. Мехди (ас) экен» деп күчтүү күмөн менен (чындыкка эң жакын күчтүү ыктымалдык менен) ишенишине себепчи болот. Бул алааматтар Аз. Мехди (ас)дын өз кереметиндей болот жана Аллахтын бир кереметы катары кабыл алынат. Бул адамдардын ыйманынын андан да өсүшүнө себепчи болот жана натыйжада бул кереметтер да Аз. Мехди (ас)га динге чакыруу иштеринде (Аллахтын уруксаты менен) өзүнчө бир күч берет.

*** Аллах Аз. Мехди (ас)ды жер жүзүнүн бүт адамдарына ТОЛУГУ МЕНЕН ЖОГОРУ ЖАНА ҮСТӨМ (ЖЕҢҮҮЧҮ) КЫЛАТ».** Аз. Мехди (ас) атеизмди, материализмди, дарвинисттик философияны толугу менен жеңет. Куранды ушунчалык жакшы чечмелеп түшүндүрөт; ушунчалык так жана даана жоопторду айткандыктан, адамдар Аз. Мехди (ас)дын чын ыкласы жана айткан далилдеринин күчү менен –Аллахтын каалоосу менен- кааласа каалабаса дин ахлагын жашап башташат.

***** Пайгамбарыбыз (сав)дын хадистеринде **«АДИЛЕТТИК түшүнүгүнүн Аз. Мехди (ас)дын эң негизги өзгөчөлүгү болоору»** айтылган. Аллахтын уруксаты менен, Аз. Мехди (ас) чыккан соң бүт дүйнөдө теңдешсиз бир адилеттик өкүм сүрөт.

*** «Аз. Мехди (ас)дын бүт жер жүзүн НУР менен толтураары» кабар берилген.** Аз. Мехди (ас) ээрчиген Курани Керим бир нур. Эң башында Курани Керимдин нурунун бүт дүйнөгө жайылаарына ишарат кылынууда. Ошондой эле, Аз. Мехди (ас)дын өзү да нурдуу, шакирттери да нурдуу. Аз. Мехди (ас) айланасына да нур чачат, бүт дүйнөнү нурдантат; айланасындагы адамдарга жакшы көрүү, боорукердик жана сүйүү чачат.

Мындан тышкары, Аз. Мехди (ас)дын алдындагы бир жардамчысы болгон, ага шарттарды даярдаган Саид Нурси Азретине жана анын кереметтүү эмгеги болгон *Risale-i Nur Külliyatı'na (Рисале-и Нур жыйнагына)* да бир ишарат бар. Себеби Саид Нурсинин ысмында да, эмгектеринде да «нур» бар. Эмгектери нурдуу эмгектер. Бул эмгектердин да дүйнөгө жайылаарына, дүйнөгө нур чачаарына бир ишарат жана бир шилтеме бар.

*** Аз. Мехди (ас) бүт дүйнөгө «АПАЧЫК ДАЛИЛДЕР» сунат.** Эмгектерин апачык, тануугa мүмкүн эмес, Куранга таянган жана илимий далилдер менен түшүндүрөт; бул далилдери менен бүт каапырдык ой-пикир системаларын пикирдик жактан жер менен жексен кылат.

**АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН САБАКТАРЫН УККАНДАР ЭРТЕ МЕНЕН ИЛИМДҮҮ БОЛУП ТУРУШАТ**

«... (Анын (Аз. Мехди (ас)дын) жакшылыгы менен) **ТҮНКҮСҮН КАРАҢГЫ (САБАТСЫЗ), КОРКОК ЖАНА САРАҢ БОЛГОН КИШИ ЭРТЕ МЕНЕН ИЛИМДҮҮ, ЭР ЖҮРӨК ЖАНА ЖООМАРТ БОЛОТ. (Аллахтын) жардамы анын (Аз. Мехди (ас)дын) алдында жүрөт... Аллахтын элчисинин кадамдарынан жүрөт жана эчката кетирбейт;** Ал (Аз. Мехди (ас)) көрбөстөн аны колдогон бир периште болот, **көңүлсүз (соолуган) адамды өйдө тургузат жана алсызга жардам берет, иштери сөздөрүнө туура келет жана сөздөрү кылгандарына жараша болот...»** *(Al-Futuhatu'l Makkiyah, 6-б.)*

**АЗ. МЕХДИ (АС) ЧЫККАНДА (КӨРҮНГӨНДӨ)** Аллах ыйман келтиргендерге ушунчалык көрүү жана угуу күчүн бергендиктен, **ОРТОДО ЭЧ БИР ПОЧТОЧУ БОЛБОСТОН АЗ. МЕХДИ (АС) ТУРГАН ЖЕРИНЕН БҮТ ДҮЙНӨГӨ КАЙРЫЛАТ, АЛАР БОЛСО АНЫ УГУШАТ, АЛ ТУРГАЙ КӨРҮШӨТ.** *(Muntakab el Ezhar, 483-б.)*

Имам (ас) (Аз. Мехди (ас)) дүйнөнүн чыгыш менен батышын (руханий) ээлеп Исламды (Ислам ахлагын) дүйнөнүн төрт тарабына эгемен кылат...

**АЛЛАХ ТААЛА АДАМДАРГА УШУНДАЙ БИР КҮЧ БЕРЕТ; (натыйжада) БҮТ АДАМДАР ТУРГАН ЖЕРИНЕН АНЫН (АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН) СӨЗДӨРҮН УГАТ** жана Имам (ас) Исламга жашоо берет... *(Bihar'ul-Envar, 52-т., 279-б. жана 53-т., 12-б. İkmal'ud- Din, 2-т., 367-б.)*

Хадистеги **«... ТҮНКҮСҮН КАРАҢГЫ (САБАТСЫЗ), КОРКОК ЖАНА САРАҢ БОЛГОН КИШИ ЭРТЕ МЕНЕН ИЛИМДҮҮ, ЭР ЖҮРӨК ЖАНА ЖООМАРТ БОЛОТ...»** деп Аз. Мехди (ас)дын түндөрү ыктымал телевизор каналдары жана интернет аркылуу элге сабак өтөөрү жана элге ушундайча таалим берээри түшүнүктүү болууда. Булардын кайсы бирин көргөн бир киши ал сабактардан таасирленип; сабак башталганда сабатсыз, коркок жана сараң болсо Аз. Мехди (ас)дын сабактарын уккан соң илимдүү, эр жүрөк жана жоомарт болот. Хадисте Пайгамбарыбыз (сав) Аз. Мехди (ас)дын сабактарынын ушунчалык кереметтүү таасирге ээ болооруна басым жасоодо.

## АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ШАКИРТТЕРИ АКЫР ЗАМАНДАГЫ ТЕХНОЛОГИЯДАН ПАЙДАЛАНЫШАТ

Аз. Мехди (ас)дын жардамчыларынын бүт **дүйнөнү бир канча мүнөттө кыдыра турган күчү болот.** *(Mikyal el-Mekarim, Том:1, бет: 144)*

Хадисте Аз. Мехди (ас)дын жардамчылары колдоно турган акыр заман технологиясына ишарат кылынган. Аз. Мехди (ас)дын шакирттери интернет менен спутниктик телеберүү системаларынан пайдаланышат жана ушундайча дүйнөдө каалаган жерин заматта көрүп-көрсөтө алышат. Аз. Мехди (ас)дын шакирттери технологияны жана илимди пайдаланган, заманбап кишилер болушат.

**Дүйнөдөгү эч нерсе Аз. Мехди (ас)дын шакирттеринен жашыруун калбайт.** *(Mikyaal al Makaarem, том:1, бет: 235-236)*

Хадисте Аз. Мехди (ас)дын жардамчыларынын керек болгон ар кандай маалыматты оңой гана таба алаары айтылууда. Учурда бул интернет аркылуу мүмкүн болууда. Пайгамбарыбыз (сав) 1400 жыл мурда маалымат жана байланыш ыкмаларынын жеңилдеп, ылдамдашына ишарат кылган жана Аз. Мехди (ас)дын шакирттеринин бул технологиядан пайдаланаарына көңүл бурган.

## АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ШАКИРТТЕРИ КАЛУ БЕЛАДА АЛЛАХ

**АЛАРДАН УБАДА АЛГАН ЫЙМАНДУУЛАРДАН ТУРАТ**

Али бин Эбу Хамза айтат: Имам Эбу Абдуллах Жафери Садык алейхиссалам мындай деди: «Каим алейхиссалам (Аз. Мехди (ас)) кыям эткенде элдин көпчүлүгү аны танат. Себеби ал өспүрүм бир жигит кезинде чыгат. **АНЫ (АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫ) ЗЕРР ААЛАМЫНДА АЛЛАХ УБАДА АЛГАН МОМУНДАР ГАНА КАБЫЛ АЛАТ.»** *(Şeyh Muhammed b. İbrahim-i Numani, Gaybet-i Numani 247-б.)*

**АЗ. МЕХДИ (АС) ТОБУНАН БОЛГУСУ КЕЛГЕН БИР МУСУЛМАН САБЫРДУУ, ТАКЫБА ЖАНА СОНУН МҮНӨДҮҮ БОЛУШУ КЕРЕК**

Имам Жафер Садык (ас) мындай дейт.

**КИМ КАИМДИН (АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН) АСХАБЫНАН (ТОБУНАН) БОЛГУСУ КЕЛСЕ КҮТҮШҮ КЕРЕК ЖАНА КҮТҮП ЖАТКАН УБАКТА ТАКЫБА ЖАНА СОНУН МҮНӨЗДҮҮ БОЛУШУ ЗАРЫЛ.** *(Biharu'l Envar, 52-т., 140-б., хадис, 5)*

Пайгамбарыбыз (сав)дын урпактарынан болгон Имам Жафери Садык (ас) Азрети Аз. Мехди (ас)дын жакындарынан жана анын тобунан болууну каалаган Мусулмандардын Аз. Мехди (ас)дын чыгышын күтүп жаткан кезде Куранга ылайык иш-аракеттерди кылууну жана Аллах ыраазы боло турган сонун мүнөздө болууну кеңеш берген.

**АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫ СҮЙГӨНДӨР ДҮЙНӨНҮН АР ТАРАБЫНДАГЫ ТЕЛЕВИЗОР ЖАНА РАДИО ПРОГРАММАЛАРЫ АРКЫЛУУ АНЫН СӨЗДӨРҮН УГУШУП; УЧАК МЕНЕН ЖЕ БАШКА ЫЛДАМ УНААЛАР МЕНЕН ӨТӨ КЫСКА УБАКЫТ ИЧИНДЕ АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ЖАНЫНА БАРЫШАТ**

Аллах Аз. Мехди (ас)дын шакирти боло турган кымбаттуу кишилерди тагдырда атайын тандап даярдаган. Аллах Касас Сүрөсүнүн 68-аятында **«Раббиң каалаганын жаратат жана тандайт; тандоо алардын колунда эмес.»** деп билдирген. Бул аяттан да апачык көрүнүп тургандай, бир кишинин ыйман келтириши, чын жүрөктөн такыбалуу бир Мусулман болушу Аллахтын ал кишиге хидаят бериши менен гана мүмкүн болот. Бир адам канчалык каалабасын, Аллах кааламайынча жакшы көргөн кишисин хидаятка жеткире албайт. **Акыр заманда чыгышы чоң бир кубаныч жана толкундануу менен күтүлгөн, хадистерде бүт пайгамбарлардын илимдерине ээ болоору жана дүйнөнүн эң бийик мүнөздүү адамы болоору билдирилген Аз. Мехди**

**(ас)дын жанындагы шакирттеринен болуу баркына да Аллах тагдырда аныктаган тандалган кишилер жетишет.**

Пайгамбар Мырзабыз (сав)дан риваят кылынган бул хадисте Аллах жер жүзүндө атайын тандап даярдаган бул кишилердин **Аз. Мехди (ас)дын сөздөрүн дүйнөнүн ар тарабындагы телевизор жана радио берүүлөрү аркылуу угуп, учак менен же башка ылдам унаа каражаттары менен өтө кыска убакыт ичинде** Аз. Мехди (ас)дын жанына келишээрине ишарат кылынууда.

Имам Садык (ас) мындай деген: (Аз. Мехди (ас)) Рүкн менен Макам арасында туруп, бийик үн менен кайрылат: «Эй менин өкүлдөрүм, өзгөчө досторум, эй **МЕН ЧЫКПАСТАН АЛЛАХ МАГА ЖАРДАМ БЕРИШИ ҮЧҮН ЖЕР ЖҮЗҮНДӨ ДАЯРДАГАН КИШИЛЕР,** моюн сунуп мага келгиле.» Алар **ЖЕР ЖҮЗҮНҮН ЧЫГЫШ ЖЕ БАТЫШЫНДА МЭЭРАП (ТӨРКҮ ТАРАП) ЖЕ ТӨШӨКТӨРҮНДӨ ТУРГАН АБАЛЫНДА ИМАМ МЕХДИ (АС)ДЫН ҮНҮН УГУШАТ.** Бул жалгыз үн алардын **БААРЫНЫН КУЛАГЫНА ЖЕТЕТ ЖАНА БААРЫ АНЫ КӨЗДӨЙ ЖӨНӨШӨТ. КӨП ӨТПӨСТӨН КӨЗ АЧЫП ЖУМГАНЧА БААРЫ АЛДЫНА БАРЫШАТ.** Бул (улуу чогулуш) Рүкн менен Макам арасында (күн чыгаардан мурда) болот.» *(Bihar-ül Envar, 53-т., 7-б.)*

**АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ШАКИРТТЕРИ ДҮЙНӨНҮН КААЛАГАН ЖАГЫ МЕНЕН ИНТЕРНЕТ АРКЫЛУУ БИР КАНЧА МҮНӨТ ИЧИНДЕ БАЙЛАНЫШ КУРА АЛЫШАТ**

**МҮНӨТТӨ БАСЫП ӨТҮҮ** күчүнө ээ. *(Bihar-ül Envar, 52-том, 318-бет; Mikyaal al-Makaarem, 1-том, 148-бет Basaaer al-Darajaat'дан алган.)*

**АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ШАКИРТТЕРИ БОСФОР КӨПҮРӨСҮНӨН ӨТҮШӨТ, УЧАК МЕНЕН САЯКАТ КЫЛЫШАТ**

... (Аз. Мехди (ас)дын шакирттери) **СУУ ҮСТҮНДӨ БАСЫШАТ ЖАНА БУЛУТТАР ҮСТҮНДӨ ЖҮРҮШӨТ...** *(Bihar-ül Envar, 52-том, 318-бет; Mikyaal al-Makaarem, 1-том, 148-бет Basaaer al-Darajaat'дан алган.)*

Пайгамбар Мырзабыз (сав)дан риваят кылынган бул хадисте Аз. Мехди (ас)дын шакирттеринин Босфор көпүрөсүнөн өтөөрүнө, жана учак менен саякат кылышаарына ишарат кылынууда.

**АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ШАКИРТТЕРИ ӨЛГӨН ЖАНЫБАР МЕНЕН**

**ӨСҮМДҮК ФОССИЛДЕРИН ТИРҮҮЛӨРҮ МЕНЕН САЛЫШТЫРЫП АДАМДАРГА КӨРСӨТҮШӨТ, УШУНДАЙЧА АЛЛАХТЫН УРУКСАТЫ МЕНЕН ДАРВИНИЗМДИ ЖАНА МАТЕРИАЛИЗМДИ ТААСИРСИЗ КЫЛЫШАТ**

Аллахтын уруксаты менен алар (Аз. Мехди (ас)дын шакирттери) **ӨЛҮКТӨРДҮ ЖАНДАНТЫШАТ**... *(Bihar-ül Envar, 52-том, 318-бет; Mikyaal al-Makaarem, 1-том, 148-бет Basaaer al-Darajaat'дан алган.)*

# АЗ. МЕХДИ (АС) ДООРУНУН МҮНАФЫКТАРЫ ТАРЫХТАГЫ ЭҢ ЧЕКТЕН ЧЫККАН МҮНАФЫКТАР БОЛОТ

## АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ЖАМААТЫ «ТАЗА ЖАНА БЕРЕКЕЛҮҮ БИР БУУДАЙГА» ОКШОШОТ. АРАЛАРЫНАН ЧЫККАН МҮНАФЫКТАР БОЛСО «АЛ БУУДАЙГА КИРГЕН МИТЕ, ЖИЙИРКЕНИЧТҮҮ БУУДАЙ КУРТТАРЫ» СЫЯКТУУ БОЛУШАТ

Эсбаг бин Небате айтат: Эмирүлмүминин Али алейхиссалам мындай деди: **«... Силерден болгону көздөрү сүрмөдөй же тамактагы тузчалык калат. Жана мен силерге бир мисал берем: бир адамдын белгилүү өлчөмдө буудайы бар. Аны тазалап, бир үйгө коюп койот, бир топ убакыт кийин келип караганда анын курттаганын көрөт, аны кайра терип, тазалаган соң кайра үйгө коюп койот. Бир топ убакыттан кийин келгенде анын кайра курттаганын көрөт. Кайра аны терип, тазалайт жана муну көп жолу кайталайт. <u>АЯГЫНДА КУРТТАР ЭЧ ЗЫЯН ТИЙГИЗЕ АЛБАГАН ӨТӨ АЗ САНДА БЕКЕМ БУУДАЙ КАЛАТ.</u> Мына силер да ушундайсыңар. АЯГЫНДА АРАҢАРДА ФИТНАЛАР ЭЧ ЗЫЯН ТИЙГИЗЕ АЛБАГАН ӨТӨ АЗ САНДАГЫ БИР ТОП КАЛАТ.»** (Ушул эле хадисти Ахмет бин Мухаммед бин Саид да алып өткөргөн.) *(Şeyh Muhammed b.İbrahim-i Numani, Gaybet-i Numani, 246-б.)*

Хадисте Аз. Мехди (ас) жамаатынан чыккан мүнафыктардын **«буудайга кирген жийиркеничтүү курттар»** сыяктуу экени кабар берилген. **Аз. Мехди (ас) жамааты «буудай сыяктуу келечекте гүлдөп, өсүп өнө турган, береке алып келе турган, келечек убада кылган бир немат-жакшылыкка» окшотулган. Мүнафыктардын болсо «буудайды ичинен бузууга аракет кылган, курттай жийиркеничтүү жана зыянкеч жандыктар экени» кабар берилген.**

Хадисте ээсинин буудайды тазалаары, бирок буудайдын кайрадан курттай турганы, ээси көп жолу кайра кайра тазалаган соң эң аягында буудайда эч курт калбай турганы баяндалган. **Бул маалыматтар боюнча, буудайдагы жийиркеничтүү жана мите курттардын терилип, буудайдын курттардан тазаланышы сыяктуу; Аз. Мехди (ас) жамааты да белгилүү убакыттан соң мүнафыктардан тазаланып аягында таптаза бир жамаат менен өз милдетин жасайт.**

## АЗ. МЕХДИ (АС) МҮНАФЫК МҮНӨЗДҮҮ АДАМДАРДЫ ЖҮЗҮНӨН ТААНЫЙТ

... Эбу Басирден:

Имам Жафери Садык алейхиссалам «Күнөөлүүлөр жүздөрүнөн таанылат» (Мухаммед Сүрөсү, 30) аяты жөнүндө мындай деди: **«АЛЛАХ АЛАРДЫ ТААНЫЙТ, БИРОК БУЛ АЯТ КАИМ (АЗ. МЕХДИ (АС)) ЖӨНҮНДӨ ТҮШКӨН. АЗ. МЕХДИ (АС) АЛАРДЫ (МҮНАФЫКТАРДЫ) ЖҮЗДӨРҮНӨН ТААНЫЙТ ЖАНА АСХАБЫ (ШАКИРТТЕРИ) МЕНЕН БИРГЕ АЛАРДЫ (РУХАНИЙ) ТАЛКАЛАЙТ.»** *(Şeyh Muhammed b.İbrahim-i Numani, Gaybet-i Numani, 283-б.)*

**АЗ. ИСА (АС) ЖАНА АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН КЕЛИШИ ЖӨНҮНДӨ «АЛЛАХ МЕНЕН ПАЙГАМБАРЫ БИЗГЕ БОШ БИР АЛДАНУУНУ ГАНА УБАДА КЫЛДЫ» ДЕГЕНДЕР БОЛОТ**

**МҮНАФЫКТАР МЕНЕН ЖҮРӨКТӨРҮНДӨ «ООРУСУ» БАРЛАР: «АЛЛАХ МЕНЕН ЭЛЧИСИ БИЗГЕ БОШ БИР АЛДАНУУНУ ГАНА УБАДА КЫЛДЫ» ДЕП ЖАТЫШКАН ЭЛЕ. (АХЗАБ СҮРӨСҮ, 12)**

Аллах Куранда жүрөктөрүндө «оорусу» бар кишилердин **«Аллах менен элчиси бизге бош бир алданууну гана убада кылды»** деп айтышаарын билдирген. Бул аят Аз. Иса (ас) менен Аз. Мехди (ас)дын келишинен үмүтүн үзгөн кишилердин абалына да ишарат кылууда. Себеби бул кишилер Пайгамбарыбыз (сав) хадистери аркылуу кабар берген «Аз. Иса (ас) менен Аз. Мехди (ас)дын келишин танышып (жокко чыгарышып)», Пайгамбарыбыз (сав)дын бул жөнүндөгү сөздөрүн «негизсиз» дешүүдө. Учурда көп жерде Аз. Иса (ас) менен Аз. Мехди (ас)дын келбеши жөнүндө макала, китептер чыгып, эң негизгиси Ислам аалымы деп таанылган кээ бир кишилер да ушундай ойду айтышууда.

Бирок, **бул кишилердин ушундайча «Аз. Иса (ас) менен Аз. Мехди (ас)дын келишинин чындык эмес экенине» жана «бош бир убада» экенине ишениши да Пайгамбарыбыз (сав) болот деп убада кылган окуялардын бири. Себеби Пайгамбарыбыз (сав)дын хадистеринде Аз. Иса (ас) менен Аз. Мехди (ас)дын келишинин жакындаганын көрсөткөн акыр заман алааматтарынын бирөөсүнүн «Аз. Мехди (ас) келбейт экен, Аз. Мехди (ас) жок экен» деген сөздөрдүн көбөйүшү экени айтылган.** Бул жөнүндөгү кээ бир хадистер төмөнкүдөй:

«Адамдар үмүтсүз болуп, **«ЭЧ АЗ. МЕХДИ (АС) ДЕГЕН ЖОК ЭКЕН» ДЕП ЖАТКАН УБАКТА АЛЛАХ АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫ ЖӨНӨТӨТ...»** *(Ali Bin Husameddin el-Muttaki, Kitab-ul Burhan fi-Alamet-il Mehdiyy-il Ahir Zaman,*

*55-б.)*

«... АЗ. МЕХДИ (АС) Расулуллах (сав)дын желеги менен, адамдардын башына балээ үстүнө балээ жааган жана **ЧЫГААРЫНАН ҮМҮТ ҮЗҮЛГӨН БИР КЕЗДЕ ЧЫГАТ**...» *(Ali Bin Husameddin el-Muttaki, Kitab-ul Burhan fi-Alamet-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, 55-б.)*

**... АНЫН (АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН) КӨРҮНҮШҮ ҮМҮТСҮЗДҮК ЖАНА АЙЛАСЫЗДЫК УБАГЫНДА БОЛОТ.** *(Şeyh Muhammed b. İbrahim-i Numani, Gaybet-i Numani, 274-б.)*

**ЭЛ ЧЫГААРЫНАН ҮМҮТҮН ҮЗГӨН КЕЗДЕ АЛ (АЗ. МЕХДИ (АС)) ЧЫГАТ (КӨРҮНӨТ)!** Анын доорунда жашап ага жардам бергендер кандай бактылуу! Ага душмандык кылып, ага жана анын буйругуна каршы чыккандар жана анын душмандары болгондор кандай бактысыз (азапта)! *(Şeyh Muhammed b. İbrahim-i Numani, Gaybet-i Numani, 301-б.)*

Давуд бин Кесир-и Рыкки мындай дейт: «Имам Эбу Абдуллах алейхиссаламга мындай дедим: ...Бул амир (б.а. кыям) (Аз. Мехди) өтө кечикти, натыйжада жүрөктөрүбүз сыгылды жана терең кайгыдан өлүп баратабыз. Мындай деди: **«БУЛ КӨРҮНҮҮ (АНЫН ЧЫГЫШЫ) МЫНДАН ДА ҮМҮТСҮЗ ЖАНА КАЙГЫ МЫНДАН ДА КӨП БОЛГОН БИР КЕЗДЕ БОЛОТ.»** *(Şeyh Muhammed b.İbrahim-i Numani, Gaybet-i Numani, 208-б.)*

Акыр заман алааматтары катары менен болуп жаткан азыркы доор бизге Аз. Иса (ас)дын экинчи жолу жер жүзүнө келишинин жана Аз. Мехди (ас)дын чыгышынын өтө жакындаганын көрсөтүүдө. Аллахтын уруксаты менен бул эки куттуу инсан дал Пайгамбарыбыз (сав) хадистеринде айткандай чыгышат жана бүт жер жүзүнө Ислам ахлагын орнотушат.

**МҮНАФЫКТАР АЗ. МЕХДИ (АС)ДАН ТАРТЫНЫШАТ**

**ДАГЫ КӨПТӨГӨН АДАМДАР КУРАНДАН КӨБҮРӨӨК АНДАН (АЗ. МЕХДИ (АС)ДАН) КОРККОНУ ҮЧҮН КҮНӨӨЛӨРДӨН КАЧЫНЫШАТ...** *(Al-Futuhatu'l Makkiyah, 6-б.)*

Кээ бир адамдар Аз. Мехди (ас)дын күчтүү парасатынан, баамынан жана акылынан өтө коркушат. Ушундан улам өздөрүн ыймандуу сыяктуу көрсөтүп, Мусулмандай жашоого мажбур болушат. Жаман иштерди кылууга эрки жетип, батына алышпайт.

**МҮНАФЫКТАРДЫН БУЗУКУ ЖАНА КАТУУ ЖҮРӨКТҮҮ БОЛУШУ**

... бирок **ЖҮРӨКТӨРҮ БӨРҮ ЖҮРӨГҮ СЫЯКТУУ КАТУУ** болот. *(Tirmizi (Тирмизи), Zühd (Зүхд), 60)*

**ЭЧ НЕРСЕ СЕНИ АГА МОЮН СУНУУДАН (АНЫН ШАКИРТИ БОЛУУДАН, АГА БАШ ИЙҮҮДӨН) ТОСУП КОЙБОСУН, САГА ЖОЛТОО БОЛГОНДОР ДАЙЫМА ФИТНА ЧЫГАРУУЧУЛАР. СҮЙЛӨГӨНДӨ ЖАМАНДЫКТЫ СҮЙЛӨШӨТ,** унчукпаганда бузуку жана ичтери ирик. *(Şeyh Muhammed b. İbrahim-i Numani, Gaybet-i Numani, 252-б.)*

**АЗ. МЕХДИ (АС) ЖАМААТЫНДАГЫ МҮНАФЫКТАРДЫН ДАЖЖАЛДЫ ЭЭРЧИШИ**

... Анан МЕДИНА ШААРЫ ТУРГУНДАРЫ МЕНЕН БИРГЕ ҮЧ ЖОЛУ ТИТИРЕЙТ, НАТЫЙЖАДА (МЕДИНАДАГЫ) МҮНАФЫК ЭРКЕКТЕР МЕНЕН АЯЛДАРДАН ЭЧ КИМ КАЛБАСТАН БААРЫ АНЫН ЖАНЫНА БАРЫШАТ жана **ОШЕНТИП ТЕМИР УСТА КӨБҮКТҮ, ТЕМИРДИН КИРИН, ДАТЫН КЕТИРГЕН СЫЯКТУУ МЕДИНА ДА КИРДИ (Б.А. ЗЫЯНКЕЧ АДАМДАРДЫ) СЫРТЫНА ЧЫГАРАТ** ЖАНА АЛ КҮН КУТУЛУУ КҮНҮ ДЕП АЙТЫЛАТ. *(Масе (Маже) том: 10, 331-335-б.)*

**МҮНАФЫКТАР КЕТКЕН СОҢ АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН КӨРҮНҮШҮ**

Сүлейман бин Билал айтат: Имам Жафери Садык алейхиссалам атасынан, ал болсо чоң атасынан алып айтат, Аз. Хүсейн алейхиссалам мындай деди: Бир күнү бир адам Эмирүлмүмининин Али алейхиссаламдын жанына келип: «Эй Эмирүлмүминин! Бизге Мехдиңизден айтып бересизби? дегенде мындай деди: **«КЕТИШИ КЕРЕК БОЛГОНДОР КЕТИП МОМУНДАР (ЫЙМАНДУУЛАР) АЗАЙГАНДА ЖАНА ФИТНА ЧЫГАРУУЧУЛАР КЕТКЕНДЕ МЫНА ОШОЛ ЖЕРДЕ (Б.А. АЛЫС БИР ЖЕРДЕ КӨРҮНӨТ.)»** *(Şeyh Muhammed b. İbrahim-i Numani, Gaybet-i Numani, 250-б.)*

**АЗ. МЕХДИ (АС) МЕНЕН ЖАМААТЫ КЕТКЕНДЕРДЕН ТААСИРЛЕНБЕЙТ**

Аз. Муавийе (ра)дан риваят кылынган: **«ҮММӨТҮМДӨН БИР ТОП**

**БҮТ БААРЫНА ӨКҮМДАР БОЛМОЮНЧА КЫЯМАТ БОЛБОЙТ. АЛАР АЛАРДЫ ТАШТАП КЕТКЕНДЕРДЕН ТААСИРЛЕНБЕЙТ ЖАНА АЛАРГА ЖАРДАМ БЕРГЕНДЕРДЕН ДА ТААСИРЛЕНИШПЕЙТ.** *(Ramuz el-hadis, 476 (İbni Mace (Ибни Маже))*

Аз. Жабир (ра)дан риваят кылынган: **«БУЛ ИШ АНДАН БӨЛҮНҮП КЕТКЕНДЕРГЕ КАРАБАСТАН ЖЕҢГЕН (ҮСТӨМ) АБАЛДА УЛАНАТ. КАРШЫ ЧЫККАНДАРДЫН ЖАНА БӨЛҮНҮП КЕТКЕНДЕРДИН АГА ЗЫЯНЫ ТИЙБЕЙТ.»** *(Ramuz el-hadis 487)*

Севбан (ра)дан риваят кылынган; Расулуллах (сав) мындай деди: **«ҮММӨТҮМДӨН БИР ЖАМААТ АЛЛАХТЫН БУЙРУГУ КЕЛГЕНГЕ ЧЕЙИН БАТЫЛДЫ (ЖАЛГАНДЫ) ЖЕҢГЕН АБАЛДА, АКЫЙКАТ ЖОЛДО ЖОЛУН УЛАНТАТ ЖАНА АЛАРДЫ ЖАРДАМЧЫСЫЗ КАЛТЫРГАНДАР АЛАРГА ЗЫЯН ТИЙГИЗЕ АЛЫШПАЙТ.»** *(Sünen-I Tirmizi (Сүнени Тирмизи), 4/91)*

## АЗ. МЕХДИ (АС) ЖАМААТЫНЫН МҮНАФЫКТАРДАН ТАЗАЛАНЫШЫ

**«... ЭЛЕНЕСИҢЕР, АЛТЫНДЫН ЭЛЕНИШИ СЫЯКТУУ. ЖАНА АЛТЫН СЫЯКТУУ ТЕРИЛИП, ТАЗА БОЛОСУҢАР.»** *(Şeyh Muhammed b.İbrahim-i Numani, Gaybet-i Numani 236-б.)*

Абдуллах бин Өмери Йемани бир рижальден алып айтат; имам **Мухаммед Бакыр алейхиссалам мындай деди: «КӨЗДӨГҮ СҮРМӨНҮН ТАЗАЛАНЫШЫ СЫЯКТУУ ТАЗАЛАНАСЫҢАР ЭЙ АЛИ МУХАММЕДДИН ШИИЛЕРИ.** Жана көздүн ээси сүрмөнү көзүнө качан сүрөөрүн билет, бирок качан сүрмөнү өчүрөөрүн билбейт. **МЫНА ОШОЛ СЫЯКТУУ, ЭРТЕ МЕНЕН БИЗДИН ШАРИЯТЫБЫЗ МЕНЕН БУЙРУГУБУЗГА МОЮН СУНГАН КЕЧИНДЕ АНДАН ЧЫГАТ. КЕЧИНДЕ БИЗДИН ШАРИЯТЫБЫЗ МЕНЕН БУЙРУГУБУЗГА МОЮН СУНГАН БОЛСО ЭРТЕ МЕНЕН АНДАН ЧЫГАТ.** *(Gaybet-i numani, 241-б.)*

## АЗ. МЕХДИ (АС) ОТТУН ЭҢ ТӨМӨНКҮ КАТМАРЫНДА ОРУН АЛААРЫ БИЛДИРИЛГЕН МҮНАФЫКТАР МЕНЕН ПИКИРДИК КҮРӨШ ЖҮРГҮЗӨТ

Ал (Аз. Мехди (ас)) белгилүү мөөнөткө алардан алыстайт, натыйжада

жолдон чыккандар бөлүнүп кетишет. Анан жахил (караңгы, сабатсыз) мындай дейт: «Аллахка жетүүдө ал-и Мухаммедге (Пайгамбарыбыз (сав)дын урпактарынан бир адамга) муктаждык жок.» *(Gaybet-i Numani, 161-б.)*

Аллах адамзат тарыхы бою ар коомго акыйкат динди, сонун ахлакты, акыреттин бар экенин, дүйнө жашоосунун убактылуу экенин айтып бере турган пайгамбарлар менен элчилерди жөнөткөн. Аллах ал элчилердин себепчи кылуу менен адамдарды хидаятка (туура жолго) жана акыйкат динге чакырган.

Аз. Мехди (ас) болсо Пайгамбарыбыз (сав) тарабынан Хижрий 1400-жылы келээри сүйүнчүлөнгөн, адамдардын хидаятына себепчи боло турган бир элчи. Аллах Аз. Мехди (ас) колу менен дажжалият системасын; дарвинизм, материализм, коммунизм, фашизм сыяктуу адамдарга азап, башаламандык жана согуштарды алып келген, бүт дүйнөнү кан менен көз жашына толтурган бул шайтандык системаларды пикир-илим менен жеңип, таасирсиз кылат. Аз. Мехди (ас) доорунда адамдар Аллахка ыйман келтирип, Куран ахлагын кабыл алып, Пайгамбарыбыз (сав)дын сүннөтүнө ылайык жашашат, жана тынчтык, бир туугандык, биримдик жана бейпилдикте болушат.

Бирок андан мурда Аз. Мехди (ас) белгилүү бир мөөнөт бою шакирттери менен бирге көздөрдөн алыс жашайт. Бул убакта шакирттери арасында өзүн Мусулмандай көрсөткөн, бирок чындыгында ыйман келтирбеген мүнафыктар чыгып, алардын кээ бирлери Аз. Мехди (ас)дан **«Аллахка ыйман келтирүү үчүн Пайгамбар (сав) урпагынан бир кишиге муктаж эмеспиз...»** деген сыяктуу мисалдарды айтып бөлүнүп кетишет. Тарых бою Аллахтын пайгамбарларынын, элчилеринин, мужеддиддеринин, мужтахиддеринин, чоң аалымдардын, устаттардын каапырлар тарабынан кабыл алынбаганы сыяктуу, шакирттери арасынан чыккан кээ бир мүнафыктар да Аз. Мехди (ас)ды кабыл алгылары келбейт:

**Эгер сени жалганчыга чыгарып жатышкан болсо, сенден мурдакылар да жалганга чыгарылган... (Фатыр Сүрөсү, 25)**

Чындыгында болсо, дин ахлагынан алыстап, жамандык, зомбулук, адилетсиздик менен уятсыздыктар көбөйгөн кезде Аллах элдерге акыйкат динди түшүндүрө турган, аларды арам иштерден тосуп, жакшылыкка чакыра турган пайгамбарлар, элчилер, мужеддиддер, устаттар, хидаят башчыларын жөнөтүп, адамдарды дин ахлагына чакырган.

**Эй Адам урпактары, араңардан силерге аяттарымды кабар берген элчилер келгенде, ким тартынса жана (өзүн) оңдосо мына ошолорго коркуу жок, алар кайгырышпайт. (Аьраф Сүрөсү, 35)**

Акыр заманда фитна, жамандыктар өтө көбөйгөн, арамдар адал, адалдар арам саналган азыркыдай бир убакта Аллах Аз. Мехди (ас)ды акыр замандын эң чоң мужеддиди (жаңылоочу, ар кылымдын башында диний акыйкаттарды ошол доордун муктаждыктарына жараша сабак берүү үчүн жөнөтүлгөн чоң аалым), өкүмдары, устаты жана кутб-у азамы (улуу кутбу) катары жөнөтөт. Устат Саид Нурси Азрети Аз. Мехди (ас)дын акыр замандын чоң башаламандыгы убагында жөнөтүлөөрүн *Мектубат*ында мындайча билдирген:

«Женабы Хак (Улуу Аллах) ... акыр замандын эң чоң башаламандыгы убагында, албетте, **эң чоң бир мужтахид, жана эң чоң бир муженддид (керек болгондо аят менен хадистерден өкүм чыгаруучу чоң Ислам аалымдары жана башчылары), жана өкүмдар, жана Мехди, жана устат (муршит), жана кутб-у азам (заманынын эң чоң диний лидери) катары бир нурдуу затты (нурдуу бир инсанды) жөнөтөт** жана ал зат Эхли Бейт-и Небевиден (Аз. Пайгамбар (сав)дын урпактарынан) болот.» *(Mektubat (Мектубат), Yirmi Dokuzuncu Mektup (Жыйырма тогузунчу мектуп), 49-б.)*

Аз. Мехди (ас) адамдар арасында Курани Керим жана Пайгамбарыбыз (сав)дын сүннөтү менен өкүм берет. Мүнафыктар менен Аллахты тангандар канчалык жолтоо болууга аракет кылышпасын, Аз. Мехди (ас) Аллахтын уруксаты менен өз милдетин эң сонун орундатат.

Хадисте **ошондой эле «ал-и Мухаммед»** деп Аз. Мехди (ас)дын Пайгамбырыбыз (сав)дын урпактарынан экенине дагы бир жолу көңүл бурулган.

## ПАЙГАМБАРЫБЫЗ (САВ)ДЫН РИВАЯТТАРЫНАН АЗ. МЕХДИ (АС) ДООРУНДАГЫ МҮНАФЫКТАРДЫН КУЛК-МҮНӨЗҮ

**ДАГЫ КӨПТӨГӨН АДАМДАР КУРАНДАН КӨБҮРӨӨК АНДАН (АЗ. МЕХДИ (АС)ДАН) КОРККОНУ ҮЧҮН КҮНӨӨЛӨРДӨН КАЧЫНЫШАТ...** *(Al-Futuhatu'l Makkiyah, 6-б.)*

Эсбаг бин Небате айтат: Эмирүлмүминин Али алейхиссалам мындай деди: **«... Силерден болгону көздөрү сүрмөдөй же тамактагы тузчалык калат. Жана мен силерге бир мисал берем: бир адамдын белгилүү өлчөмдө буудайы бар. Аны тазалап, бир үйгө коюп койот, бир топ убакыт кийин келип караганда анын курттаганын көрөт, аны кайра терип,**

**тазалаган соң кайра үйгө коюп койот. Бир топ убакыттан кийин келгенде анын кайра курттаганын көрөт. Кайра аны терип, тазалайт жана муну көп жолу кайталайт.** **АЯГЫНДА КУРТТАР ЭЧ ЗЫЯН ТИЙГИЗЕ АЛБАГАН ӨТӨ АЗ САНДА БЕКЕМ БУУДАЙ КАЛАТ.** **Мына силер да ушундайсыңар. Аягында араңарда фитналар эч зыян тийгизе албаган өтө аз сандагы бир топ калат.»** (Ушул эле хадисти Ахмет бин Мухаммед бин Саид да алып өткөргөн.) *(Şeyh Muhammed b.İbrahim-i Numani, Gaybet-i Numani, 246-б.)*

... Эбу Басирден:

Имам Жафери Садык алейхиссалам «Күнөөлүүлөр жүздөрүнөн таанылат» (Мухаммед Сүрөсү, 30) аяты жөнүндө мындай деди: **«АЛЛАХ АЛАРДЫ ТААНЫЙТ, БИРОК БУЛ АЯТ КАИМ (АЗ. МЕХДИ (АС)) ЖӨНҮНДӨ ТҮШКӨН. АЗ. МЕХДИ (АС) АЛАРДЫ (МҮНАФЫКТАРДЫ) ЖҮЗДӨРҮНӨН ТААНЫЙТ ЖАНА АСХАБЫ (ШАКИРТТЕРИ) МЕНЕН БИРГЕ АЛАРДЫ (РУХАНИЙ) ТАЛКАЛАЙТ.»** *(Şeyh Muhammed b.İbrahim-i Numani, Gaybet-i Numani, 283-б.)*

**Бөлүнүп кеткендер да, каршы чыккандар да ага (Аз. Мехди (ас)га) зыян тийгизе албайт. Ал андан бөлүнүп кеткендерге карабастан жеңген абалда жолун улантат.** *(Ramuz e'l-Ehadis, 487-б.) (Таберани'нин Кебир'инен)*

Эй адамдар, сөзсүз Аллах Таала силерден **ЗААЛЫМДАРДЫ, МҮНАФЫКТАРДЫ жана АЛАРДЫ ЭЭРЧИГЕНДЕРДИ** тоскон жана силерге Мухаммед үммөтүнүн эң жакшысы болгон... **Аз. Мехди (ас)ды башчы кылган**, ага кошулгула. *(El Kavlu-l Muhtasar Fi Alamatil Mehdiyy-il Muntazar, Ahmed İbn-i Hacer-i Mekki, 31-б.)*

Нежхүл Белагадан: Ыймандуулардын Мырзасы (сав) мындай деди: «Ал (Аз. Мехди (ас)) адамдардан жашынган кезде, **КУУГУНЧУЛАР ИЗДЕСЕ ДА АНЫН БУТ ИЗДЕРИН КӨРӨ АЛЫШПАЙТ.** ... *(Kitab-ül Gaybet, [Bihar-ul Envar, 51-том], Ansariyan Yayıncılık, топтогон: Muhammed Bakır el-Meclisi, İran-Kum, 2003, 186-б.)*

Акыр заманда динсиздиктин эки агымы күчөйт:

Бирөөсү: **нифак (бөлүнүүчүлүк, эки жүздүүлүк) пардасы астында рисалет-и Ахмедийени (асм) тана турган, Сүфйан аттуу укмуштуу бир киши** нифакчылардын башына өтүп, Ислам шариятын бузууга аракеттенет. Ага каршы, Ал-и Бейт-и Небевинин нурдуу санжырасына уланган эхли велайет жана **эхли кемальдин башына өтө турган, Ал-и Бейттен МУХАММЕД МЕХДИ аттуу бир нурдуу зат ал Сүфйандын шахс-ы маневиси (пикирдик системасы) болгон МҮНАФЫКТЫК АГЫМЫН**

**ТААСИРСИЗ КЫЛЫП ТАЛКАЛАЙТ.** (АЛТЫНЧЫ ИШАРАТ *(Mektubat, 56-57-б.))*

Кыямат болбойт, үммөтүмдөн бир топ бүт адамдарга өкүмдар болмоюнча. **АЛАР АЛАРДЫ ТАШТАП КЕТКЕНДЕРДИН ТАШТАШЫНА МААНИ БЕРИШПЕЙТ** жана аларга жардам бергенден да таасирленишпейт. *(Ramuz El-Ehadis, 472 -Hanbelin Müsned'i (Ханбелдин Мүснеди) - Buhari (Бухари) – Müslim (Муслим))*

**ҮММӨТҮМДӨН БИР ЖАМААТ ДАЙЫМА Аллахтын буйругуна ылайык ДУШМАН МЕНЕН БОЛГОН КҮЧҮ МЕНЕН КҮРӨШӨТ, КАРШЫ ЧЫККАНДАР АЛАРГА ЭЧ ЗЫЯН ТИЙГИЗЕ АЛБАЙТ.** (Бул кыяматка чейин ушундайча уланат.) *(Kıyamet Alametleri, 28)*

**Ал (Аз. Мехди (ас)) белгилүү мөөнөткө алардан алыстайт, натыйжада жолдон чыккандар бөлүнүп кетишет.** Анан жахил (караңгы, сабатсыз) мындай дейт: **«Аллахка жетүүдө ал-и Мухаммедге (Пайгамбарыбыз (сав)дын урпактарынан бир адамга) муктаждык жок.»** *(Gaybet-i Numani, 161-б.)*

# МҮНАФЫКТАР ЖӨНҮНДӨ КУРАН АЯТТАРЫ

**ПАЙГАМБАРГА КАРШЫ ЧЫГУУГА ҮНДӨШҮ**

**«Жашыруун чогулуштардын шыбырашмайларынан» кайтарылып, анан (ошол) кайтарылган нерсеге кайра кайткандарды; күнөө, душмандык жана пайгамбарга баш көтөрүүнү (өз ара) шыбырашкандарды көрдүңбү? Алар сага келгенде, сени Аллах саламдаган сыяктуу саламдашат. Жана өздөрүнө өздөрү: «Айткандарыбыз үчүн Аллах бизге азап бербейби.» дешет. Аларга тозок жетет; ошол жерге киришет. Ал бара турган кандай жаман орун. (Мүжаделе Сүрөсү, 8)**

**Шексиз, «жашыруун чогулуштардын шыбырашмайлары» ыйман келтиргендерди кайгыга салуу үчүн бир гана шайтан (жасаган иштер)ден. Бирок Аллахтын уруксаты болмоюнча ал аларга эч кандай зыян тийгизе албайт. Демек момундар бир гана Аллахка тобокел кылышсын. (Мүжаделе Сүрөсү, 10)**

**Ант болсун, мурда алар фитна издешкен эле. Жана сага каршы бир катар иштерди жасашкан. Аягында алар каалабаса да акыйкат келди жана Аллахтын буйругу ачыкка чыгып-жогору болду. (Тообо Сүрөсү, 48)**

**Алар адамдардан жашырышат да, Аллахтан жашырышпайт. Чындыгында болсо алар Ага жакпай турган нерсени «түндөлөрү пландап түзүп жатышканда» (Аллах) алар менен бирге. Аллах – жасагандарын курчоочу. (Ниса Сүрөсү, 108)**

**«Макул-кабыл алдык» дешет. Бирок жаныңдан чыкканда алардан бир топ караңгыларда сенин айтканыңдын тескерисин пландашат. Аллах караңгыларда пландагандарын жазып жатат. Сен болсо алардан жүз бур жана Аллахка тобокел кыл. Векил (таянылуучу Зат) катары Аллах жетет. (Ниса Сүрөсү, 81)**

## МҮНАФЫКТАРДЫН КАБАР ТАШЫШЫ, ЖАМАНДЫК МЕНЕН ЗЫЯНДАН БАШКА НЕРСЕ АЛЫП КЕЛБЕШИ

**Силер менен бирге чыгышканда, силерге «жамандык менен зыяндан» башка нерсе кошмок эмес жана араңарда сөзсүз фитна чыгаруу үчүн ичиңерде аракет кылышмак. Араңарда аларга «кабар ташуучулар» бар. Аллах зулумдук кылуучуларды билет. (Тообо Сүрөсү, 47)**

**Адамдардын арасында ушундайлар бар: «Биз Аллахка жана акырет күнүнө ыйман келтирдик» дешет; чынында болсо ишенишпейт. (Өз оюнда) Аллахты жана ыйман келтиргендерди алдашат. Чынында болсо алар өздөрүн гана алдап жатышат жана муну билишпейт. Жүрөктөрүндө оору бар. Аллах да ооруларын көбөйттү. Калп айтып жаткандыгы үчүн аларга оор бир азап бар. (Бакара Сүрөсү, 8-10)**

**Мүнафык эркектер менен мүнафык аялдар; кээ бири кээ биринен; жамандыкка буюрушат, жакшылыктан тосушат, абдан сараңдык кылышат... (Тообо Сүрөсү, 67)**

## МҮНАФЫКТАРДЫН АЛЛАХТЫН ЭЛЧИСИ МЕНЕН МОМУНДАРДЫН БАРКЫН БИЛБЕШИ

**Чындыгында болсо иззет (күч, кадыр-барк жана улуулук) Аллах, Анын Элчиси жана момундарга тиешелүү. Бирок мунафыктар билишпейт. (Мүнафикун Сүрөсү, 8)**

**АРТТА КАЛУУНУ ТАНДАШЫ**

**Аллахтын элчисине каршы чыгышып, (согуштан) калып калгандар отуруп-калганына сүйүнүштү жана Аллах жолунда мал-мүлктөрү жана жандары менен жехд кылууну (аракет кылууну) жаман көрүшүп: «Мындай ысыкта (согушка) чыкпагыла» дешти. Айткын: «Тозок отунун ысыктыгы күчтүүрөөк.» Түшүнүшсө кана. (Тообо Сүрөсү, 81)**

**ӨТӨ КОРКОК АДАМДАР БОЛУШУ**

**Чындап силерденбиз деп Аллахтын атынан ант ичишет. Чынында болсо алар силерден эмес. Бирок алар абдан коркок адамдар. Эгер алар бир башпаанек же (жашай турган) үңкүрлөр же болбосо кире турган бир жер табышканда, ошол замат ошол жакты көздөй качышмак. (Тообо Сүрөсү, 56-57)**

**Алар үрккөн жапайы эшектер сыяктуу; арстандан коркуп качкан. (Мүдессир Сүрөсү, 50, 51)**

**МОМУНДАРГА КЕКЕНИП, АЧУУЛУУ БОЛУШУ**

**Силер мына ушундайсыңар; аларды жакшы көрөсүңөр, алар болсо силерди жакшы көрүшпөйт. Силер Китептин баарына ишенесиңер, алар силерге жолукканда, «ишендик» дешет, өз башынча калганда болсо, силерге болгон кекенүү жана ачууларынан улам сөөмөйлөрүн кезешет. Айткын: «Кек жана ачууңар менен өлгүлө». Күмөнсүз, Аллах жүрөктөрдүн түбүндө жашыруун турганды билүүчү. (Али Имран Сүрөсү, 119)**

**Же жүрөгүндө оорусу (илдети) барлар Аллах кекенүүбүздү эч (ачыкка) чыгарбайт деп ойлоштубу? (Мухаммед Сүрөсү, 29)**

**... Жок, алар «талашка жакын жана душман» бир коом. (Зухруф Сүрөсү, 58)**

**Же алар Аллах Өз берешендигинен адамдарга бергендерин кызганып жатышабы?.. (Ниса Сүрөсү, 54)**

**Силерге бир жакшылык келсе капаланышат, силерге бир жамандык**

**келгенде болсо буга сүйүнүшөт. Эгер силер сабыр кылсаңар жана сактансаңар, алардын «тузактары» силерге эч бир зыян бере албайт. Күмөнсүз, Аллах кылып жаткандарын ороочу. (Али Имран Сүрөсү, 120)**

**Эгер силерди колго түшүргөн болсо, силерге душмандык кылышат, колдору менен тилдерин жамандык менен силерге узатышат. Алар силердин танышыңарды (ыймансыз болушуңарды) ичинен каалашкан. (Мүмтехине Сүрөсү, 2)**

## МОМУНДАРДЫН АРАСЫН БУЗУУГА АРАКЕТТЕНИШИ

**Зыян тийгизүү, каапырдыкты (күчөтүү), момундардын арасын ажыратуу (бузуу) жана мурда Аллахка жана элчисине каршы согушканды күтүү үчүн мечит кургандар жана: «Биз жакшылыкты гана кааладык» деп ант ичкендер (бар го), Аллах алардын шексиз жалганчы экенине күбөлүк берет. (Тообо Сүрөсү, 107)**

**Эгер жакын бир пайда жана орто бир сапар болгондо, алар сөзсүз сени ээрчишмек. Бирок кыйынчылык аларга алыс сезилди. «Эгер күчүбүз жеткенде, сөзсүз сени менен бирге (согушка) чыкмакпыз» деп сага Аллах атынан ант ичишет. Өз напсилерин (өздөрүн) кыйроого түртүшүүдө. Аллах алардын чындап жалган сүйлөгөнүн билет. (Тообо Сүрөсү, 42)**

**Алардын кээ бирлери келип сени угат. Кийин жаныңдан чыгып кеткенде, илим берилгендерге: «Ал бир аз мурда эмне деди?» дешет. Мына ошолор; Аллах алардын жүрөктөрүн мөөрлөгөн жана алар өз каалоолоруна моюн сунушкан. (Мухаммед Сүрөсү, 16)**

## АЛЛАХТЫН УБАДАСЫНЫН АЛЫС СЕЗИЛИШИ

**Мына ошол жерде ыйман келтиргендер сыналган жана күчтүү бир олку-солкуга кабылышкан эле. Мүнафыктар жана жүрөктөрүндө «оорусу» (илдети) барлар: «Аллах жана Элчиси бизге куру бир алданууну гана убада кылышты» деп жатышкан. Алардан бир топ мындай деген эле: «Эй Йасриб (Медина) калкы, эми силер үчүн (бул жерде) кала турган жер жок, демек артка кайткыла.» Алардан бир топ болсо: «Чындап үйлөрүбүз ачык» деп Пайгамбардан уруксат сурап жаткан; бирок алар(дын үйлөрү) ачык эмес эле. Алардын качкысы гана келип жаткан. (Ахзаб Сүрөсү, 11, 12, 13)**

**МҮНАФЫКТАР ЭҢ ЧОҢ АЗАПКА ТУШ БОЛУШАТ**

**Чынында мүнафыктар оттун эң төмөн кабатында. Аларга бир жардамчы таба албайсың. (Ниса Сүрөсү, 145)**

**Мүнафыктарга сүйүнүчтүү кабар айт: алар үчүн чындыгында оор бир азап бар. (Ниса Сүрөсү, 138)**

**ЧЫНДАП СӨЗ БЕРГЕН СОҢ АНЫ БУЗУУЛАРЫ**

**(Булар) Аллахтын убадасын аны чындап тастыктаган соң бузушат, Аллах бириктиргиле деп буйруган нерсени үзүшөт жана жер бетинде бузукулук чыгарышат. Зыянга учурагандар мына ушулар. (Бакара Сүрөсү, 27)**

**(Булар) Аллахтын убадасын аны чындап тастыктаган соң бузушат... (Бакара Сүрөсү, 27)**

**Алардын көпчүлүгүнүн каапырдыкка адашкандар менен достошконун көрөсүң... (Маида Сүрөсү, 80)**

**Эгер аларга (шаардын ар) тарабынан кирилип, анан алардан фитна (башаламандык чыгарышы) талап кылынганда, эч күмөнсүз ага барышмак жана мында өтө аз (убакыт) гана (ойлонуп) турушмак. Бирок, ант болсун, мурда «артка бурулуп качпоо» жөнүндө Аллахка сөз беришкен эле; Аллахка берилген сөз (убада) болсо (оор бир) жоопкерчилик. (Ахзаб Сүрөсү, 14-15)**

**МУШРИКТЕР, МҮНАФЫКТАР МЕНЕН КААПЫРЛАРДЫН АЗ. МЕХДИ (АС)ГА ЖАНА АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ЖАНЫНДАГЫ ЫЙМАНДУУЛАР ЖАМААТЫНА ДУШМАН ЭКЕНИ ЖӨНҮНДӨ КУРАН АЯТТАРЫ**

**КИМ АЛЛАХКА, ПЕРИШТЕЛЕРИНЕ, ЭЛЧИЛЕРИНЕ, ЖАБРАИЛГЕ ЖАНА МИКАИЛГЕ ДУШМАН БОЛСО, күмөнсүз Аллах да каапырлардын душманы.» (Бакара Сүрөсү, 98)**

**Адамдардын арасында ушундайлар бар, дүйнө жашоосу жөнүндөгү сөздөрү сага жагат жана жүрөгүндөгүнө карабастан Аллахты күбө келтирет; ЧЫНДЫГЫНДА БОЛСО АЛ АЙЫГЫШКАН БИР ДУШМАН. (Бакара Сүрөсү, 204)**

**Эй ыйман келтиргендер, силерден эместерди сырдаш кылбагыла. Алар СИЛЕРГЕ ЖАМАНДЫК ЖАНА ЗЫЯН ТИЙГИЗҮҮГӨ АРАКЕТ КЫЛЫП, СИЛЕРГЕ ООР БИР АЗАП БЕРЕ ТУРГАН НЕРСЕНИ ЖАКТЫРЫШАТ. ЖАМАН КӨРҮҮ (ЖАНА ДУШМАНДЫКТАРЫ) ООЗДОРУНАН СЫРТКЫ ЧЫКТЫ, көкүрөктөрүндө жашыруун сактагандары болсо андан күчтүүрөөк. Балким акыл жүгүртөрсүңөр деп силерге аяттарыбызды түшүндүрдүк. (Али Имран Сүрөсү, 118)**

**АЛЛАХ СИЛЕРДИН ДУШМАНДАРЫҢАРДЫ ЖАКШЫРААК БИЛҮҮЧҮ; бир вели (эң ишенимдүү бир дос) катары Аллах жетет, бир жардамчы катары да Аллах жетет. (Ниса Сүрөсү, 45)**

**Жер бетинде кадам басканыңарда (сапарга же согушка чыкканыңарда), КААПЫРЛАРДЫН СИЛЕРГЕ БИР ЖАМАНДЫК КЫЛЫШЫНАН КОРКСОҢОР, намазды кыскартып окушуңарда силерге күнөө жок. КҮМӨНСҮЗ, КААПЫРЛАР СИЛЕРГЕ АНЫК ДУШМАН. (Ниса Сүрөсү, 101)**

**Силерге келгенде: «ишендик» дешет. Бирок алар каапырдык (ыймансыздык) менен киришкен жана кайра аны менен чыгышкан. Аллах (алардын) жашыргандарын жакшыраак билет. АЛАРДЫН КӨПЧҮЛҮГҮНҮН КҮНӨӨДӨ, ДУШМАНДЫКТА жана арамды жеште АРАКЕТТЕРИН ЫЛДАМДАТКАНЫН КӨРӨСҮҢ. Кылган иштери кандай жаман. (Маида Сүрөсү, 61-62)**

**Ант болсун, АДАМДАРДЫН АРАСЫНДА ЫЙМАНДУУЛАРГА ЭҢ**

**КҮЧТҮҮ ДУШМАН КАТАРЫ ЕВРЕЙЛЕР МЕНЕН МУШРИКТЕРДИ КӨРӨСҮҢ. ... (Маида Сүрөсү, 82)**

**ОШЕНТИП АР ПАЙГАМБАРГА АДАМ ЖАНА ЖИН ШАЙТАНДАРЫНАН БИР ДУШМАН КЫЛДЫК ... (Энъам Сүрөсү, 112)**

**Аларга каршы күчүңөрдүн жетишинче күч-кубат жана багылган аттар даярдагыла. Аны менен АЛЛАХТЫН ДУШМАНЫН ЖАНА СИЛЕРДИН ДУШМАНЫҢАРДЫ ЖАНА АЛАРДАН ТЫШКАРЫ СИЛЕР БИЛБЕЙ АЛЛАХ БИЛГЕН БАШКА (ДУШМАНДАРДЫ) КОРКУТУП-ТОСОСУҢАР. Аллах жолунда эмнени садака кылсаңар, силерге «толугу менен төлөнөт» жана силер адилетсиздикке кабылбайсыңар. (Энфал Сүрөсү, 60)**

**Биз Исраил урпактарын деңизден өткөрдүк; ФАРАОН МЕНЕН АСКЕРЛЕРИ АЙЫГЫШЫП, ДУШМАНДЫК МЕНЕН АРТТАРЫНАН КУУДУ... (Йунус Сүрөсү, 90)**

**Анан (Аллах) кыямат күнү аларды төмөн кылат жана мындай дейт: «АЛАР ЖӨНҮНДӨ (ЫЙМАНДУУЛАРГА) ДУШМАНДЫК КЫЛГАНЫҢАР ШЕРИКТЕРИМ КАНА?» ... (Нахл Сүрөсү, 27)**

**Мына ушундай; Биз АР ПАЙГАМБАРГА КЫЛМЫШКЕР-КҮНӨӨКӨРЛӨРДӨН БИР ДУШМАН КЫЛДЫК. Жол көрсөтүүчү жана жардамчы катары Раббиң жетет. (Фуркан Сүрөсү, 31)**

**Айтышты: «Биздин кудайларыбыз жакшыбы, же албы?» Аны бир гана талаш темасы болсун деп (мисал) беришти. Жок, АЛАР «ТАЛАШКА ЖАКЫН ЖАНА ДУШМАН» БИР КООМ. (Зухруф Сүрөсү, 58)**

**«Жашыруун чогулуштардын шыбырашмайларынан» кайтарылып, анан (ошол) кайтарылган нерсеге кайра кайткандарды; КҮНӨӨ, ДУШМАНДЫК ЖАНА ПАЙГАМБАРГА БАШ КӨТӨРҮҮНҮ (ӨЗ АРА) ШЫБЫРАШКАНДАРДЫ КӨРДҮҢБҮ? Алар сага келгенде, сени Аллах саламдаган сыяктуу саламдашат. Жана өздөрүнө өздөрү: «Айткандарыбыз үчүн Аллах бизге азап бергенде кана.» дешет. Аларга тозок жетет; ошол жерге киришет. Ал бара турган кандай жаман орун. (Мүжаделе Сүрөсү, 8)**

**ЭЙ ЫЙМАН КЕЛТИРГЕНДЕР, МЕНИН ДА ДУШМАНЫМ,**

**<u>СИЛЕРДИН ДА ДУШМАНЫҢАРДЫ</u> дос (вели) тутпагыла. Силер аларды жакшы көрүп жатасыңар; алар болсо акыйкаттан силерге келгенди танышкан, Раббиңер Аллахка ишенгениңер үчүн элчини да, силерди да (мекендериңерден) сүрүп-чыгарышкан. ... (Мүмтехине Сүрөсү, 1)**

**Сен аларды көргөнүңдө сөөлөттүү көрүнүштөрү сага жагат. Сүйлөгөндө болсо аларды угасың. (Чынында болсо) Алар (мунара сыяктуу) сүйөп коюлган жыгач-дөңгөч сыяктуу. (Мындай чыдабас (бош) болгондуктан) Ар бир добушту өздөрүнүн зыянына деп ойлошот. <u>АЛАР ДУШМАН, ОШОНДУКТАН АЛАРДАН КАЧЫНЫП-САК БОЛГУЛА.</u> Аллах аларды азаптасын; кантип бурулуп кетишүүдө. (Мүнафикун Сүрөсү, 4)**

**Эй ыйман келтиргендер, чындыгында, <u>СИЛЕРДИН ЖУБАЙЛАРЫҢАРДАН ЖАНА БАЛДАРЫҢАРДАН КЭЭ БИРЛЕР СИЛЕР ҮЧҮН ДУШМАН.</u> Андай болсо алардан сактангыла. Ошентсе да кечирип, токтоолук кылып (кемчиликтерин бетине айтпай), кечирим кылсаңар, албетте, Аллах кечиримдүү, коргоочу. (Тегабүн Сүрөсү, 14)**

**Адамдардын арасында ушундайлар бар, дүйнө жашоосу жөнүндөгү сөздөрү сага жагат жана жүрөгүндөгүнө карабастан Аллахты күбө келтирет; <u>ЧЫНДЫГЫНДА БОЛСО АЛ АЙЫГЫШКАН БИР ДУШМАН.</u> (Бакара Сүрөсү, 204)**

**Эй Пайгамбар, <u>КААПЫРЛАР МЕНЕН ЖАНА МҮНАФЫКТАР МЕНЕН</u> жехд кыл (аракет кыл) жана аларга карата катуу жана артка кайтара турган мамиле кыл. Алардын бараар жери тозок, кандай жаман төшөк ал!.. (Тообо Сүрөсү, 73)**

**<u>КААПЫРЛАРГА ЖАНА МҮНАФЫКТАРГА</u> моюн сунба, <u>КЫСЫМДАРЫНА АЛДЫРБА</u> жана Аллахка тобокел кыл. Векил (тобокел кылынуучу, таяныч) катары Аллах жетет. (Ахзаб Сүрөсү, 48)**

**Ант болсун, эгер <u>МҮНАФЫКТАР, ЖҮРӨКТӨРҮНДӨ «ООРУСУ» БАРЛАР</u> жана <u>ШААРДА ҮГҮТЧҮЛҮК КЫЛГАН (ЖАЛГАН КАБАР ЖАЙГАН)ДАР</u> (мындай иштерин) токтотушпаса, чындап сени аларга кол салдырабыз, анан ал жерде сени менен өтө аз (убакыт) кошуна боло алышат. (Ахзаб Сүрөсү, 60)**

**Шаарда тогуздук (тогуз адамдык) бир уюшкан топ бар эле, <u>ЖЕР</u>**

**ЖҮЗҮНДӨ БУЗУКУЛУК ЧЫГАРЫШЫП, ТАРТИП-БЕЙПИЛДИКТИ БУЗУШЧУ. Өз араларында АЛЛАХ АТЫНАН АНТ ИЧИШИП, МЫНДАЙ ДЕШТИ: «ТҮНКҮСҮН СӨЗСҮЗ АГА ЖАНА БҮЛӨСҮНӨ БИР ЧАБУУЛ УЮШТУРАЛЫ, анан велисине (жакындарына): бүлөсүнүн жок болушуна биз күбө болгон жокпуз жана биз чындап чындыкты айтып жатабыз дейли.» АЛАР ТУЗАКТУУ БИР ПЛАН КУРУШТУ. Биз да (алардын тузагына каршы) алар байкабаган бир тузак курдук. ... (Немл сүрөсү, 48-50)**

**(Аллах) Көздөрдүн ЧЫККЫНЧЫЛЫГЫН жана КӨКҮРӨКТӨРДҮН ЖАШЫРГАНДАРЫН билет. (Момун Сүрөсү, 19)**

**Күмөнсүз, Аллах (мушриктердин чабуулу менен тымызын тузактарын) ыйман келтиргендерден алыстатууда. Чындыгында Аллах ЧЫККЫНЧЫ ЖАНА НАШҮГҮР (ЖАКШЫЛЫКТЫ БИЛБЕГЕН) ЭЧ КИМДИ сүйбөйт. (Хаж Сүрөсү, 38)**

**Ал баш тарткандар (каапырлар) СЕНИ КАМОО же ӨЛТҮРҮҮ же СҮРГҮН КЫЛУУ максаты менен тузак курушкан эле. Алар бул тузакты куруп жатышканда, Аллах да бир тузак (бир жооп) куруп жаткан. Аллах тузак куруучулардын жакшысы. (Энфал Сүрөсү, 30)**

**Ага бир ТУЗАК КУРГУЛАРЫ КЕЛДИ, бирок Биз аларды андан да көбүрөөк кыйроого кабылгандар кылдык. (Анбия Сүрөсү, 70)**

# АЗ. МЕХДИ (АС) ДООРУНДАГЫ ЖАЛГАН «ДИН ААЛЫМДАРЫ»

## АКЫР ЗАМАНДА ДИНГЕ КЫЗМАТ КЫЛУУГА АКЫ СУРАГАН ЖАСАЛМА ДИН ААЛЫМДАРЫ БОЛОТ

Адамдарга ушундай бир заман келет; карапайым калк Куран окуйт, ибадатка өзүн арнайт (бирок) бидъат (диндеги негизсиз кошумчалар) иштер менен алек болушат; сезбеген тараптан ширкке (Аллахка шерик кошууга) адашышат. **СӨЗДӨРҮ ЖАНА ИЛИМДЕРИ МЕНЕН ЫРЫСКЫ ТАБЫШАТ, ДИНДИ ШАЙМАН КЫЛЫП ДҮНҮЙӨ ТАБЫШАТ. БИР КӨЗҮ КӨР ДАЖЖАЛДЫН ЖАРДАМЧЫЛАРЫ МЫНА УШУЛАР.** *(Râmûz-ul Ehâdîs, Hadîs No: 6255)*

Пайгамбарыбыз (сав)дын бул куттуу хадисинде акыр заманда бир катар адамдардын динге ойдон чыгарылган, негизсиз кошумчаларды кошкон кээ бир адамдарды ээрчий турганы айтылууда. Ал убакта кээ бир жалганчы аалымдар чыгып Ислам динин адамдарга ушунчалык туура эмес түшүндүргөндүктөн, көп адамдар алардын айткандарын динде бар деп ойлошот. Ушул себептен ширкке киргенин, чыныгы дин ахлагынан алыстаганын сезишпейт.

Ал жалганчы аалымдардын бир өзгөчөлүгү – алар динди шайман кылып, акча табышат. Б.а. бир Мусулман катары динге кызмат кылуудан эч кандай акы албашы керек болгонуна карабастан (Энъам Сүрөсү, 90), алар ошого барышат. Пайгамбарыбыз (сав) мындай кишилердин акыр заманда дин ахлагына каршы күрөшкөн дажжалият системасына кызмат кылаарын да кабар берген. Белгилүү болгондой, Пайгамбарыбыз (сав) башка бир хадисинде акыр заманда кээ бир жалган «аалымдардын» дажжалияттын буйругуна моюн сунаарын билдирген:

**ҮММӨТҮМДӨН БАШЫ ЧАЛМАЛУУ (БАШЫН ЧАЛМА МЕНЕН ОРОГОН) ЖЕТИМИШ МИҢ ААЛЫМ КИШИ ДАЖЖАЛДЫ ЭЭРЧИШЕТ.** *(İmam Ahmed Bin Hanbel, Müsned, 796-б.)*

Бул хадистер Аз. Мехди (ас) чыга турган доор болгон Хижрий 1400-жылдары тымызындык менен Мусулмандардын аракетине жолтоо болууга аракет кылуу аркылуу, динде жок кошумчаларды динде бардай көрсөтүү жана фитна чыгаруу аркылуу дажжалият системасын колдогон, Куран ахлагынан

алыс, динди өз кызыкчылыктары үчүн колдонууну көздөгөн, Ислам ахлагынын дүйнөгө жайылып, орношун каалабаган жаман ниеттүү жалганчы дин аалымдарынын болоорун апачык кабар берүүдө.

## АЗ. МЕХДИ (АС) ДООРУНДА ЧАЧЫ КЫРЫЛГАН КЭЭ БИР ЖАЛГАН ААЛЫМДАР ЧЫГЫП, ДИН ЖӨНҮНДӨГҮ ТҮШҮНДҮРМӨЛӨРҮ МЕНЕН ИСЛАМ АХЛАГЫНАН АДАШЫШАТ

Аз. Али (ра)дан:

Акыр заманда ушундай бир коом чыгат; **КУРАН ОКУШАТ БИРОК ТАМАКТАРЫНАН ЫЛДЫЙ ӨТПӨЙТ. ДИНДЕН ОКТУН ЖААДАН ЧЫГЫШЫ СЫЯКТУУ ЧЫГЫШАТ. АЛАР МЕНЕН КҮРӨШҮҮ АР БИР МУСУЛМАН ҮЧҮН БИР ШАРТ. КӨРҮНҮШҮНДӨ ЧАЧТАРЫ КЫРЫЛГАН.** *(Hadislerle Hz. Ali, İmam Nesai, Ebu Abdurrahman Ahmed Bin Şuayb, 142-б.)*

Пайгамбарыбыз (сав) хадистеринде Аз. Мехди (ас) убагында, б.а. акыр заманда жашай турган кээ бир жалган «дин аалымдарына» көңүл бурган. Мындай хадистердин бири Аз. Али (ра)дан риваят кылынган. Бул куттуу хадисте Пайгамбарыбыз (сав) ал кишилердин арап тилин так (акцентсиз) сүйлөшү, Куранды тажвиддүү окушу менен мактанган, бирок диндин өкүмдөрүн аткарууга, Курандын аяттарын туура түшүнүп ошого жараша жашоого келгенде болсо өтө эки жүздүү, жалганчы жолду тандаган кишилер болоорун айткан. Пайгамбарыбыз (сав) ал кишилердин абалын **«... Куранды окушат, бирок тамактарынан ылдый өтпөйт...»** деп сүрөттөгөн. Ал жалганчы, жасалма дин аалымдары кылган иштери жана сүйлөгөн сөздөрү менен байкабастан Курандын акыйкат жолунан бүтүндөй чыгышат. Ал кишилер Исламдын дүйнөгө жайылып, орношунан сөз кыла алышпайт, Мусулмандардын аракетин токтотуу максатын көздөшөт. Чын ыкластуу Мусулмандарга тиешелүү болгон Аллахтан үмүткөр болуу жана тагдырга моюн сунуу маанайынан алысташат жана окуяларга караңгы адамдардай үстүртөн карашат. Сүйлөгөн сөздөрү Куранга, Ислам ахлагына карама-каршы келет. Чыныгы Мусулмандар бир тараптан Аллахты жана динди тангандар менен пикирдик күрөш жүргүзүп жатып, экинчи жактан дин ахлагынын орношун жашырууга жана Мусулмандар арасында фитна-бузукулук чыгарууга аракеттенген ушундай кишилер менен күрөшүшөт. Пайгамбарыбыз (сав) хадисинде андай кишилер менен илимий күрөш жүргүзүүнү ар Мусулмандын милдети деп айткан. Болгондо да, акыр заманда андай кишилерди Мусулмандар таанышы үчүн Пайгамбарыбыз (сав) алардын чачы

жөнүндө бир маалымат да берген.

**АКЫР ЗАМАНДА КУРАНДЫ АБДАН ЖАКШЫ БИЛГЕН, ЧАЧЫ КЫРЫЛГАН КЭЭ БИР АДАМДАР ЧЫГАТ, АЛ АДАМДАР КУРАН АХЛАГЫНА КАРШЫ КАТУУ КҮРӨШ ЖҮРГҮЗҮШӨТ**

**«ЧЫГЫШТАН БАШТАРЫ КЫРЫЛГАН ЭЛДЕР ЧЫГАТ; ТИЛДЕРИ МЕНЕН КУРАН ОКУШАТ (БИРОК) ТАМАКТАРЫНАН ЫЛДЫЙ ӨТПӨЙТ. АЛАР ДИНДЕН ЖААДАН ОКТУН ЧЫГЫШЫ СЫЯКТУУ ЧЫГЫШАТ.»** *(Râmûz-ul Ehâdîs, хадис №: 6294)*

Пайгамбарыбыз (сав) акыр заманда Куранды өтө жакшы билген, чачтары кырылган кээ бир кишилердин чыгаарын кабар берген. Бирок ал кишилер сүйлөгөн сөздөрү менен динди жактап жаткандай көрүнгөнү менен, айткандары, динге кошкон кошумчалары жана туура эмес дин түшүнүктөрү менен октун жаадан чыгышы сыяктуу Ислам дининен алыс болушат. Андай туура эмес түшүнүгү натыйжасында Куранга жана чын ыкластуу Мусулмандарга каршы күрөшкөн маанайда болушат.

**ЧАЛМАЛУУ 70 МИҢ ААЛЫМ АЗ. МЕХДИ (АС)ГА КАРШЫ КҮРӨШКӨ ЖАРДАМ БЕРИШЕТ**

1. Расулуллах (сав) айтты: **Дажжал Ыспахан (исфахан) еврейлерден чыгат. Аны менен бирге баштарында чалмалуу 70 миң еврей бар.** *(El-kütüb's-sitte ve süruhuha, müsnedu Ahmed B-Hanbel 3-4, Tunus: Daru Sahnun, 1992. 22-т. (503-б., 447)*

2. 1816. Энес радыйаллаху анх'дан риваят кылынышы боюнча, Расулуллах саллаллаху алейхи ва саллам мындай деди: **«Исфахан еврейлеринен чалмалуу *(башка жана моюнга оролгон материал * Башка оролгон селденин ийинге таштагалган учу)* жетимиш миң киши дажжалдын артынан ээрчийт.»** *(Sahih-i Müslim (Сахихи Муслим), 8-том, 500-бет)*

3. Расулуллах (сав): **<u>ҮММӨТҮМДӨН БАШТАРЫ ЧАЛМАЛУУ 70 МИҢ КИШИ ДАЖЖАЛДЫ ЭЭРЧИЙТ (ДАЖЖАЛГА МОЮН СУНАТ)</u>**. *(Ebu Bekir Abdürrazzak b. Hemmam, Abdürrazzak es San'ani, El Musaannef, XI, 393)*

Белгилүү Ислам аалымы Суйути Азрети тоголок селде (чалма) еврейлердин

кийими болсо да, Расул-и Экремдин башкача типте селде (чалма) кийгенин айткан. Көз-карашын далилдөө үчүн болсо *El-Ehâdîsü'l-hisân fî fazli't-taylasan* аттуу бир эмгек жазган.

## АЗ. МЕХДИ (АС) ДООРУНДАГЫ БИР КАТАР ЖАХИЛ (САБАТСЫЗ) МУСУЛМАНДАРДЫН АБАЛЫ

Амр бин Саддан:

**ЭЛДЕР (СЫРТЫНАН) МЕНИН УРПАГЫМА ЧАКЫРЫШСА ДА, МЕНИН УРПАГЫМДАН АЛЫС БОЛУШАТ. БУЛ УШУНДАЙ ЖАМАН БИР КООМ; АДЕП-АХЛАГЫ (НАМЫСЫ) ЖОК. ЗӨӨКҮРЛӨРГӨ АРАЛАШЫП, ЗОМБУЛУКЧУЛАРГА ФИТНА ҮЙРӨТҮШӨТ, БАШЧЫЛАРГА КАН ТӨКТҮРҮШӨТ.** *(Şeyh Muhammed b. İbrahim-i Numani, Gaybet-i Numani, 170-б.)*

## БЕДИҮЗЗАМАН МЕХДИЛИК ТЕМАСЫН ТАНГАНДАРДЫН «ЫЙМАНДАРЫ АЛСЫЗ ЖАНА ТЕКЕБЕРДИГИ КҮЧТҮҮ» КИШИЛЕР ЭКЕНИН АЙТКАН

**Кыямат алааматтарын жана акыр заман окуяларын жана кээ бир амалдардын жакшылык жана соопторун баяндаган куттуу хадистер жакшы түшүнүлбөгөндүктөн, акылдарына ишенген КЭЭ БИР ИЛИМДҮҮЛӨР алардын кээ бирлерин алсыз** (анча ишенимсиз) **же мевзу** (хадис) **дешкен. ЫЙМАНЫ АЛСЫЗ ЖАНА ТЕКЕБЕР (ЭНАНИЙЕТИ КАВИ) КЭЭ БИРЛЕР болсо** (акылын жакшы көргөн, өзүн өйдө, кемчиликсиз көргөн; жана напсисин идолдоштурган кишилер (Аллахты аруулайбыз)) **танууга (каапырдыкка) чейин барышкан.»** *(Sözler, 355-б.)*

Бедиүззаман Саид Нурси өтө текебер, ыйманы алсыз, материалдык көз-караштарга алдырган кээ бир жахил (сабатсыз) дин аалымдарынын Аз. Мехди (ас) келбейт деп күрөш жүргүзөөрүн кабар берген. Бедиүззаман **«текебер (энанийети кави)»** сөзү менен ал кишилердин өз акылын сүйгөн, өзүн өйдө, кемчиликсиз көргөн; жана өз напсисин идолдоштурган (кудайлаштырган) кишилер экенине көңүл бурган (Аллахты аруулайбыз). **«Ыйманы алсыз»** сөздөрү менен болсо алардын мындай көз-караашта болушуна ал дин аалымдарынын Аллах ишениминин алсыз болушу, динден күмөн санашы, динди бир кесип же аброй алып келүүчү нерседей көрүшү себеп болоорун айткан.

Бирок ал кишилердин Аз. Мехди (ас) келбейт деп ишениши Аз. Мехди (ас)дын келүү алааматтарынын бири жана Аз. Мехди (ас)дын чыгаарынын өтө

жакындаганын көрсөткөн бир көрүнүш.

Пайгамбарыбыз (сав) хадистеринде Аз. Мехди (ас) чыгаардан мурда кээ бир кишилердин «Аз. Мехди келбейт экен, Аз. Мехди жок экен» сыяктуу сөздөрдү айтышынын же Мехдиликти танышынын Аз. Мехди (ас)дын чыгуу алааматтарынын бири экенин билдирген. Бул хадистердин бири мындай:

**«Адамдар үмүтсүз болуп, «ЭЧ АЗ. МЕХДИ ДЕГЕН ЖОК ЭКЕН» деп жаткан убакта Аллах Аз. Мехди (ас)ды жөнөтөт...»** *(Ali Bin Husameddin el-Muttaki, Kitab-ul Burhan fi-Alamet-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, 55-б.)*

# АЗ. МЕХДИ (АС) ДООРУНДА КАН ТӨГҮЛБӨЙТ, ИСЛАМ АХЛАГЫ ИЛИМИЙ ИШ-АРАКЕТТЕР МЕНЕН БҮТ ДҮЙНӨГӨ ЖАЙЫЛАТ

## АЗ. МЕХДИ (АС) КАН ТӨКПӨЙТ

Адамдар, бал аарыларынын башчыларынын айланасында чогулушу сыяктуу, Аз. Мехди (ас)дын айланасында чогулушат. АНДАН МУРДА ЗУЛУМДУККА ТОЛГОН ДҮЙНӨНҮ АЛ АДИЛЕТТИККЕ ТОЛТУРАТ. АДИЛЕТТҮҮЛҮГҮ УШУНЧАЛЫК (ЖАКШЫ) БОЛГОНДУКТАН, **УКТАП ЖАТКАН БИР АДАМ ДАГЫ ОЙГОТУЛБАЙТ ЖАНА БИР ТАМЧЫ ДА КАН ТӨГҮЛБӨЙТ.** ДҮЙНӨ «БАКУБАТТЫК КЫЛЫМЫНА (ПАЙГАМБАРЫБЫЗ (САВ) УБАГЫНДАГЫ СОНУН ЖАШООГО)» КАЙТКАНДАЙ БОЛОТ. *(El-Kavlu'l Muhtasar Fi Alamet-il Mehdiyy-il Muntazar, 29-б.)*

Аз. Мехди (ас) Пайгамбар (сав)дын жолунан жүрөт, **уктап жаткан кишини ойготпойт, КАН ДА ТӨГҮЛБӨЙТ.** *(Muhammed B. Resul Al-Hüseyni El Berzenci, Kıyamet Alametleri, 163-б.)*

(Аз. Мехди (ас)) Убагында **бир адам да уйкусунан ойготулбайт, БИР АДАМДЫН ДА МУРДУ КАНАБАЙТ.** *(El Kavlu'l Muhtasar Fi Alamatil Mehdiyy-il Muntazar, 44-б.)*

Ага (Аз. Мехди (ас)га) моюн сунгандар (Кааба тараптагы) рүкун менен макам арасында моюн сунушат. **Уктап жатканды ойготушпайт, ЭЧ КАН ТӨГҮШПӨЙТ.** *(El-Kavlu'l Muhtasar Fi Alamet-il Mehdiyy-il Muntazar, 24-б.)*

**ИДИШ СУУГА ТОЛГОН СЫЯКТУУ ЖЕР ЖҮЗҮ ТЫНЧТЫККА ТОЛОТ.** Эч ким арасында бир душмандык калбайт. Жана бүт душмандыктар, уруштар, кызганычтыктар сөзсүз жоголот. *(Sahih-i Müslim (Сахихи Муслим), 1/136)*

... Женабы Хак (Улуу Аллах) Исламды кандай биз менен баштаган болсо, аны (Аз. Мехди (ас)) менен аягына чыгарат. Кандай биз аркылуу алардын аралары ширк жана душмандыктан кутулуп, **жүрөктөрүнө достук менен сүйүү жайгашкан сыяктуу, Аз. Мехди (ас)дын келиши менен кайра**

**ошондой болот.** *(Ahir Zaman Mehdisi'nin Alametleri, Celalettin Suyuti (Желалеттин Суйути), 20-б.)*

## АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН КУРАЛЫ ЫЙМАН, СҮЙҮҮ

Аз. Мехди (ас) менен шакирттери атеизмдин мээсин, б.а. пикирдик системасын Куран менен, илим менен, табигый-так илимдер менен, ыйман менен жеңишет. Ишенимде, пикирде үстөмдүк жаралат жана батыл (жалган, негизсиз) пикирлер, адашуучулук, дарвинисттик, материалисттик, атеисттик көз-караштар жок болот, иншаАллах.

Аз. Амр б. Авфдан (ра) риваят кылынган:

Румдарга тиешелүү **Константинополь тасбих менен жана такбир менен Мусулмандар тарабынан алынмайынча** кыямат болбойт. *(Ramuz-el-Ehadis, 478-б.)*

Имам Мүслүм Эбу Хурейреден (р.а.) риваят кылган куттуу хадисте Пайгамбар (сав) бир күнү сахабаларына мындай деген:

... Ал мужахиддер ал шаарга келип отурукташканда курал-жарак менен согушушпайт, ок да атышпайт. **«Ла илаха иллаллаху акбар» деп такбир айтышат.** Бул такбирден шаардын эки тарабындагы дубалдардын бири кулайт. Анан экинчи жолу такбир айтышат. Натыйжада шаардын экинчи тарабы да кулайт. Анан **үчүнчү жолу такбир айтышат.** Натыйжада Ислам армиясы үчүн дубалдардан жарыктар ачылып, алар болсо ылдам ал жерлерден **шаарга кирип аны каратышат.** *(İmam Şarani, Ölüm-Kıyamet-Ahiret ve Ahir Zaman Alametleri, 445-446-б.)*

**Ал шаарга келгенде, Мусулмандар согушушпайт. Такбир айтышканда** шаардын деңиз тарабы кулайт, кайра такбир айтышканда экинчи тарабы кулайт. 3-жолу такбир айтканда болсо шаардын баары колдоруна өтөт. *(El-Kavlu'l Muhtasar Fi Alamatil Mehdiyy-il Muntazar, 30-б.)*

Аз. Мехди (ас) менен шакирттери Аллахты эстөө менен Стамбулду жана дүйнөнүн көп шаарларын руханий, пикирдик, маданий жактан каратып, дарвинизм менен материализмди илим-пикир менен өлтүрөт. Курандагы төмөнкү аятта да Улуу Аллах пикирдик өлтүрүүгө көңүл буруууда:

**Жок, Биз акыйкатты батылдын (жалгандын) үстүнө таштайбыз, ал болсо анын мээсин талкалайт. Бир карасаң, ал жок болгон болот. ...**

**(Анбия Сүрөсү, 18)**

**АЗ. МЕХДИ (АС) ИСЛАМ АХЛАГЫН ИЛИМИЙ ИШ-АРАКЕТТЕР МЕНЕН ЖАЙЫЛТАТ**

Хадистерде билдирилгендей, Аз. Мехди (ас) доорунда эч кимдин мурда канабайт, эч ким зыян тартпайт, ал тургай уктап жаткан киши да ойготулбайт. Бул болсо Аз. Мехди (ас)дын пикирдик күрөш жүргүзөөрүн көрсөтүүдө. Аз. Мехди (ас) пикир (далилдүү сөздөрү) менен дин ахлагына туура келбеген агым менен системалардын оозун жаап, илимий эмгектери менен Ислам ахлагын дүйнөгө орнотот.

**(Аз. Мехди (ас)дын) Убагында бир адам да уйкусунан ойготулбайт, бир адамдын да мурду канабайт.** *(El Kavlu'l Muhtasar Fi Alamatil Mehdiyy-il Muntazar, 42-б.)*

Аз. Мехди (ас)... **өтө бейпилдик ичинде басат.** *(Muhammed B. Resul Al-Hüseyni El Berzenci, Kıyamet Alametleri, 173-б.)*

**Аз. Мехди (ас) Пайгамбар (сав)дын жолунан жүрөт, уктап жаткан кишини ойготпойт, кан да төкпөйт.**
*(Muhammed B. Resul Al-Hüseyni El Berzenci, Kıyamet Alametleri, 163-б.)*

**МЕХДИ (АС) БҮТ ДҮЙНӨНҮ РУХАНИЙ ЭЭЛЕЙТ**

Эбу Басир мындай дейт, Имам Жафер Садык (ас)дан «Эй Расулуллахтын урпагы! Силер Эхли Бейттин Каими ким?» деп сураганымда минтип жооп берди: ... **АЗ. МЕХДИ (АС) ДҮЙНӨНҮ ЭЭЛЕЙТ**, Иса б. Мерйем (ас) түшүп анын артында намаз кылат. **ОШОНДО ЖЕР ЖҮЗҮ АЛЛАХТЫН НУРУ МЕНЕН ЖАРКЫРАЙТ, АЛЛАХТАН БАШКАСЫНА ИБАДАТ КЫЛЫНГАН ЖЕРЛЕРДИН БААРЫ АЛЛАХКА ИБАДАТ КЫЛЫНГАН ЖЕРЛЕРГЕ АЙЛАНАТ; МУШРИКТЕР КААЛАБАСА ДА, ДИН АЛ КҮНҮ АЛЛАХТЫН ДИНИ ГАНА БОЛОТ.**» *(Bihar-ul Envar, 51-т., 146-б.)*

Аз. Пайгамбар (сав) Аз. Алиге (ра) мындай деди: «Алгачкылары сен жана **АЯГЫ БОЛСО АЛЛАХ БҮТ ДҮЙНӨНҮ КАРАТЫШЫН АГА НАСИП КЫЛА ТУРГАН АЗ. МЕХДИ (АС).**» *(Bihar-ul Envar, 52-т., 378-б.)*

**АЗ. МЕХДИ (АС) ДҮЙНӨНҮН ЧЫГЫШ МЕНЕН БАТЫШЫН КАРАТЫП ИСЛАМДЫ** (Ислам ахлагын) **ДҮЙНӨНҮН ТӨРТ ТАРАБЫНА**

**ЭГЕМЕН КЫЛАТ...** Аллах Таала адамдарга ушундай бир күч бергендиктен, бүт баары турган жеринен анын сөздөрүн угушат жана **АЗ. МЕХДИ (АС) ИСЛАМГА ЖАШОО БЕРЕТ**... *(Bihar'ul-Envar, 52-т., 279-б. жана 53-т., 12-б. İkmal'ud- Din, 2-т., 367-б.)*

«Шашкандар кыйроого туш болот, (чыгуу) **(Аз. Мехди (ас)дын чыгышы) жакын дегендер кутулат**, мунаралар сыяктуу жерде бекем, **КАЙГЫДАН СОҢ УКМУШ БИР ЖЕҢИШ КЕЛЕТ.**» *(Şeyh Muhammed b. İbrahim-i Numani, Gaybet-i Numani, 229-б.)*

## АЗ. МЕХДИ (АС) МЕНЕН ШАКИРТТЕРИ ДҮЙНӨНҮН ТӨРТ ТАРАБЫНА ИСЛАМ АХЛАГЫН ЖАЙЫШАТ

Бану Амин Мухаммед эль-Бекирден аятта айтылган ЧЫНЧЫЛДАР жөнүндө мындайча алып айткан: **«БУЛАР ДҮЙНӨНҮН ЧЫГЫШЫН ЖАНА БАТЫШЫН КАРАТА ТУРГАН АКЫР ЗАМАНДАГЫ АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ДОСТОРУ.»** *(Şii Kuran Tefsircilerine Göre Kuran'da Mehdi, Ansariyan Yayınları, İran, 75-б., Ağustos 2008)*

Микдад б. Эсвед мындай дейт:

**Расулуллах (сав)дын «Жер жүзүндө Ислам дини кирбеген жер, ылайдан жасалган бир үй жана (чөлдө) бир чатыр калбайт.»** деп айтканын уктум. *(Mecma-ul Beyan, Тообо Сүрөсүнүн 33-аятынын тафсиринде.)*

## АЗ. МЕХДИ (АС) ДИН АХЛАГЫН ЖАЙГАНДА ПАЙГАМБАРЫБЫЗ (САВ)ДЫН АКЫРКЫ ПАЙГАМБАР ЭКЕНИН КАБЫЛ АЛБАГАН ЭЧ КИМ КАЛБАЙТ

Имам Бакыр алейхиссаламдан алып жеткирилген башка бир хадисте мындай деп айтылат: **БУЛ ЖЕҢИШ ЖАНА ҮСТӨМДҮК АЛ-И МУХАММЕДДЕН БОЛГОН АЗ. МЕХДИ (АС) КЫЯМ ЭТКЕНДЕ БОЛОТ. НАТЫЙЖАДА ЖЕР ЖҮЗҮНДӨ АЗ. МУХАММЕД МУСТАФАНЫ (АНЫН ПАЙГАМБАРЛЫГЫН) КАБЫЛ АЛБАГАН ЭЧ КИМ КАЛБАЙТ.»** *(Tefsir-i Burhan, 2-т., 121-б.)*

## АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН «ҮСТҮНДӨ АЛЛАХТЫН АТЫ ЖАЗЫЛГАН, САРЫ АК ЖЕЛЕКТЕРИ» ДҮЙНӨНҮН ТӨРТ ТАРАБЫН КАПТАЙТ

Мындайча риваят кылынган: «Эч күмөнсүз, акыр заманда магриб (батыш) өлкөсүнүн эң алыс жеринен Аз. Мехди (ас) деген бир зат чыгат.

Жана алды жагында кырк миля аралыктан жардам жүрөт. **АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ЖЕЛЕКТЕРИ САРЫ ЖАНА АК. ИЧИНДЕ СЫЗЫКТАР БАР. ЖЕЛЕКТЕРИНДЕ АЛЛАХТЫН УЛУУ ЫСМЫ ЖАЗЫЛГАН.** Анын желеги астындагы эч бир биримдик жеңилбейт.» *(İmam Şarani, Ölüm Kıyamet Ahiret ve Ahir Zaman Alametleri Muhtasaru, (Tezkireti'l Kurtubi), 438-б.)*

Хадисте акыр заманда Аз. Мехди (ас)ды адамдарга тааныта турган өзгөчөлүктөрдөн бирөөсүнүн Аз. Мехди (ас) колдоно турган **«сары ак желектер»** экени кабар берилген. Ошондой эле **«ал желектердин ичинде сызыктар болоору жана бетинде болсо Аллахтын аты эскерилген жазуулар болоору»** да айтылган.

Хадистен бул өзгөчөлүктөрдүн Аз. Мехди (ас) адамдарга Ислам ахлагын баяндаган китептерге ишарат кылаары көрүнүп турат. Ал китептер ак барактардан туруп, сары алтын өңдүү коооздуктары болот жана китептин ичинде болсо тексттер жана ал тексттерди ичине алган рамка катары колдонулган сызыктар, сүрөттөр жана графиктер болот. Жана Улуу Аллахтын аты китептин бүт жагында жазылуу болот; Аллахтын Бийиктиги жана Улуулугу ал китептерде өтө терең баяндалат. Мындан тышкары, хадисте «желекке» окшотулуп айтылгандай, бул китептер бир армиянын желектери сыяктуу, жеткен жеринин баарын каратышынын бир алааматы катары, Аз. Мехди (ас) руханий, маданий жана илим жагынан караткан (ээлеген); б.а. атеизмди жеңген бүт жерде болот.

Хадистеги **«анын желеги астындагы эч бир биримдик жеңилбейт»** деген сөз аркылуу болсо Аз. Мехди (ас)дын бул эмгектер жеткен бүт жерде жеңилгис бир таасир калтырып, Ислам ахлагынын жер бетинде орношуна себепчи болооруна ишарат кылынган.

## АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ЫЙМАН ЖӨНҮНДӨГҮ ЭМГЕКТЕРИ АКЫР ЗАМАНДА АДАМДАРДЫН ТУУРА ЖОЛДУ ТАБЫШЫНА (ХИДАЯТ) СЕБЕПЧИ БОЛОТ

Али б. Эбу Талиб (ас) мындай дейт: «Аз. Пайгамбар (сав) узун бир осуятында мага кайрылып мындай деди:

«Эй Али! Ыйман жагынан элдин эң таң калыштуулары жана ыйман күчтүүлүгү жагынан эң жогорку адамдар – бул акыр заманда келе турган кишилер. Алар Пайгамбарды көрүшкөн эмес жана имам да (Аз. Мехди (ас) да) алардан жашыруун. **БИРОК, АЛАР АК БАРАКТАРГА САЙМАЛАНГАН КАРА СЫЗЫКТАР АРКЫЛУУ (ЖАЗЫЛГАН ДАЛИЛДЕР МЕНЕН) ЫЙМАН КЕЛТИРИШЕТ.»** *(Men La Yehzuruhu'l Fakih, 1-т., 269-б.)*

Акыр заманда ак барактарга кара тамгалар менен китептердин басылаары жана Аз. Мехди (ас)дын шакирттеринин болсо Аз. Мехди (ас)дын башчылыгы менен даярдалган ал эмгектерди окуй турганы кабар берилген. Белгилүү болгондой, Аз. Мехди (ас)дын шакирттери да анын Аз. Мехди (ас) экенин анык билишпейт, бирок көрүнгөн алааматтардан улам ага карата бир оң күмөндө (Аз. Мехди (ас) болушу мүмкүн деген бир күмөндө) болушат.

**АЗ. МЕХДИ (АС) АЛЛАХТЫН БАР ЭКЕНИН, ЖАРАТУУНУ, ААЛАМДЫ, КУРАНДЫ, АКЫР ЗАМАНДЫ АБДАН КҮЧТҮҮ ДАЛИЛДЕР МЕНЕН ТҮШҮНДҮРӨТ ЖАНА ЭЧ КИМ АГА КАРШЫ ДАЛИЛ АЛЫП КЕЛЕ АЛБАЙТ**

Аз. Мехди (ас) Аллахтын бар экенин, ааламдын жана жаратуунун далилдерин Куран аяттары менен түшүндүрөт. Акыр заман окуяларын өтө күчтүү далилдер менен адамдарга баяндап, далилдейт жана эч ким анын бул далилдерин төгүндөй албайт.

Шейх Тусинин Гайбети (Gaybet): «Аз. Мехди (ас)дын өкүмдарлыгы Аллахтын бүт жаратkандары жөнүндөгү далилдеринен; булар ушунчалык көп болгондуктан, **анын (Аз. Мехди (ас)дын) далилдери бүт адамдарга үстөм болот (таасирдүү болот) жана эч кимдин ага каршы бир себеби (сөзү) болбойт.»** *(Kitab-ül Gaybet, [Bihar-ul Envar, том 51], Ansariyan Yayıncılık, Derleyen: Muhammed Bakır el-Meclisi, İran-Kum, 2003, 70-б.)*

**АЗ. МЕХДИ (АС) ДАРВИНИЗМ МЕНЕН МАТЕРИАЛИЗМГЕ КАРШЫ ПИКИРДИК КҮРӨШҮНДӨ АДАМДАРГА ЖАРАТУУНУН ДАЛИЛДЕРИН КӨРСӨТӨТ, ДИНГЕ ЧАКЫРУУДА БОЛСО КУРАН АЯТТАРЫН ЖАНА ПАЙГАМБАРЫБЫЗ (САВ)ДАН РИВАЯТ КЫЛЫНГАН САХИХ (ИШЕНИМДҮҮ) ХАДИСТЕРДИ ДАЛИЛ КАТАРЫ СУНАТ**

**Каим (Аз. Мехди (ас)) андан соң силердин араңарда чындыктар менен чыгат; силерге чындыктарды алып келет жана далилдер менен иш-аракет жүргүзөт...** *(El-Sahife El-Mehdiye'den Seçme Dualar, Seyyid Murtaza Müçtehidi Sistani, 65-б., Al-Bihar 51: 131)*

**АЗ. МЕХДИ (АС) АДАМДАРГА ЖАРАТУУ ЧЫНДЫГЫН ФОССИЛДЕР МЕНЕН ДАЛИЛДЕЙТ**

**МИҢ ЖЫЛДАН ЭСКИРЭЭК СКЕЛЕТ СӨӨКТӨР ИМАМ МЕХДИ**

**(АС) МЕНЕН СҮЙЛӨШҮШӨТ.** *(Mikyaal al-Makaarem, 1-т., 223-224-б.)*

Хадисте берилген маалымат Аз. Мехди (ас)дын фоссилдер менен алектенээрин, жаратуу чындыгын (Аллахтын жаратканын) фоссилдер менен далилдээрин, ал илгерки фоссилдер менен каапырдыкты; динсиз, материалисттик жана **дарвинисттик** системаны жок кылаарын көрсөтүүдө.

Аз. Мехди (ас)дын материализмдин жана **дарвинизмдин** жараксыздыгын далилдеп жатканда миң жылдан эски, б.а. миллиондогон жылдык фоссилдерди колдоноору апачык айтылууда. Хадис **фоссилдердин «сүйлөп кайрылып», «Хужжет Мехди (ас) биз Аллахтан бир далилбиз; биздин эволюция болбогонубузду, алгач жаралгандан бери өзгөрбөстөн ошол бойдон калганыбызды, бизди адамдарга далил көрсөтө аласың» дешине жана Аз. Мехди (ас)дын болсо жер астынан чыккан фоссилдер аркылуу бул чындыкты сүрөт, жазуу, китеп, видео тасма жана далилдер менен адамдарга айтып берээрине** ишарат кылууда.

Аз. Мехди (ас)дын бир ысмы – бул **«далил алып келүүчү»**, б.а. **«Хужжет»**. Хужжет Мехди (ас) акыр заманда хужжет (далил) менен сүйлөйт. Аллах ага бул мүмкүнчүлүктү берет жана жандыктарга тиешелүү сөөктөр да Аз. Мехди (ас) үчүн далил (хужжет) болушат. Аз. Мехди (ас) ал фоссилдерди ал доордун атеист, материалист жана **дарвинисттерине** каршы, эч танууга мүмкүн эмес анык далилдер катары колдонот жана ушундайча **дарвинисттерди** жеңип, динсиз материалист системаны толугу менен жок кылат.

Бедиуззаман Саид Нурси да эмгектеринде Аз. Мехди (ас)дын биринчи милдетинин **«маддиййун жана табиййун таунун»**, б.а. Аллахты танууну (жокко чыгарууну) көздөгөн материализм менен **дарвинизм** пикирин жер менен жексен кылып, толугу менен таасирсиз кылуу болоорун айткан:

**Жана анын (Аз. Мехди (ас)дын) үч чоң милдети (озуйпасы) болот: Биринчиси: Табигый-так илим** (биология) **жана философиянын таасири менен** жана **МАДДИЙУН** (материализм) **ЖАНА ТАБИИЙЙУН** (дарвинизм) **ТАУНУ** (чума, жугуштуу илдетинин) **АДАМЗАТ АРАСЫНДА ЖАЙЫЛЫШЫ МЕНЕН, БААРЫНАН МУРДА ФИЛОСОФИЯНЫ ЖАНА МАДДИЙУН ПИКИРИН** (дарвинист материалист философияны) **ТОЛУК ООЗУН ЖАП КЫЛЫП ЫЙМАНДЫ КУТКАРУУ...** *(Emirdağ Lahikası, 259-б.)*

## АЗ. МЕХДИ (АС) БҮТ ДҮЙНӨНҮН ХИДАЯТЫНА СЕБЕПЧИ БОЛОТ

**Аз. Мехди (ас) ХИДАЯТ** (туура жол) **ШАМЫ МЕНЕН ААЛАМДЫ КЫДЫРАТ ЖАНА САЛИХТЕР СЫЯКТУУ ЖАШАЙТ.** *(El-Mehdiyy-il Mev'ud, 1-т., 281-282 жана 266 жана 300-б.)*

**АЛЛАХПАРАСТТЫК НАПСИПАРАСТТЫККА АЙЛАНДЫРЫЛГАН СОҢ АЗ. МЕХДИ (АС) КЕЛЕТ ЖАНА НАПСИПАРАСТТЫКТЫ АЛЛАХПАРАСТТЫККА АЙЛАНТАТ; КУРАН КӨЗ-КАРАШ ЖАНА ПИКИРЛЕРГЕ ТУУРАЛАНГАН СОҢ АЗ. МЕХДИ (АС) КЕЛИП КӨЗ-КАРАШ МЕНЕН ПИКИРЛЕРДИ КУРАНГА ТУУРАЛАЙТ...** *(Nehc-ül Belağa, Feyz'ül İslam baskısı, 424, 425-б.)*

**АЗ. МЕХДИ (АС) АДАМДАРДЫН КУРАН АХЛАГЫН ЭЧ КЕМЧИЛИКСИЗ ЖАШАШЫНА СЕБЕПЧИ БОЛОТ**

Имам Мухаммед Бакыр (ас) болсо айткан: «Каимибиз **(АЗ. МЕХДИ (АС)) КЫЯМ ЭТКЕНДЕ** кулдардын башын колу менен сылайт жана алардын башаламан пикирлерин бир жерге жыйнайт. Аларды бир максатты көздөй багыттайт жана **АЛАРДА ЖАКТЫРЫЛГАН МҮНӨЗДҮ КЕМЧИЛИКСИЗ ДАРАЖАГА ЖЕТКИРЕТ.»** *(Bihar-ul Envar, 52-т., 336-б.)*

**АЗ. МЕХДИ (АС) ДҮЙНӨНҮН БҮТ ТАРАБЫНА КҮН СЫЯКТУУ ЖАРЫК ЧАЧАТ, АНЫН СЕБЕБИ МЕНЕН БҮТ «КАЙГЫ, ЗУЛУМДУКТАР» ТОКТОЙТ**

**АЗ. МЕХДИ (АС) БҮТ КЫЙЫНЧЫЛЫК МЕНЕН ЗУЛУМДУКТАРДЫ КЕТИРЕ ТУРГАН КҮН.** Берешендик кылганда өтө берекелүү бир жамгыр. *(Muhammed B. Resul El Hüseyin El Berzenci, Kıyamet Alametleri, 188-б.)*

**АЗ. МЕХДИ (АС) АДАМДАРДЫН «ЧЫНЫГЫ ЖАНА ТЕРЕҢ СҮЙҮҮНҮ» ЖАШАШЫНА СЕБЕПЧИ БОЛОТ**

Аз. Али б. Эбу Талиб (ас) болсо мындай дейт: **«Каимибиз (Аз. Мехди (ас)) кыям эткенде АДАМДАРДЫН ЖҮРӨГҮНДӨГҮ ДУШМАНДЫК МЕНЕН КАРАМА-КАРШЫЛЫКТАРДЫН СЕБЕПТЕРИН ТАМЫРЫНАН ЖОК КЫЛАТ.** Ошентип жалпы бир тартип жана коопсуздук орнойт.» *(Bihar-ul Envar, 52-т., 336-б.)*

Эбу Саид Пайгамбардын (сав) мындай дегенин риваят кылат: «...Андан

соң Аллах Таала Эхли Бейтимден бирөөнү (Аз. Мехди (ас)) зулумдукка толгон жер жүзүн адилеттикке толтурушу үчүн жөнөтөт. **АСМАН МЕНЕН ЖЕР БЕТИНИН ТУРГУНДАРЫ АНДАН (АЗ. МЕХДИ (АС)ДАН) ЫРААЗЫ БОЛУШАТ...»** *(El-Beyan, 72-б., Es-Sevaik-ul Muhrika, 161-б., Yenabi-ul Mevedde, 2-т., 177-б.)*

Аз. Мехди (ас) менен сүйүнчүлөшкүлө... **АНДАН АСМАН МЕНЕН ЖЕР ЖАШООЧУЛАРЫ ЫРААЗЫ...** *(Kitab-ül Burhan fi Alamet-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, 13-б.)*

**АНЫН (АЗ. МЕХДИ (АС)) ХАЛИФАЛЫГЫНАН** (РУХАНИЙ ЛИДЕРЛИГИНЕН) **ЖЕР МЕНЕН АСМАН ЖАШООЧУЛАРЫ, АЛ ТУРГАЙ, АБАДАГЫ КУШТАР ДАГЫ ЫРААЗЫ БОЛОТ.** *(El-Kavlu'l Muhtasar Fi Alamet-il Mehdiyy-il Muntazar, 26-б.)*

**... ОШОНДО ЖЕР МЕНЕН АСМАН ЖАШООЧУЛАРЫ, БҮТ ЖАПАЙЫ АЙБАНДАР, КУШТАР, АЛ ТУРГАЙ, ДЕҢИЗДЕГИ БАЛЫКТАР ДА АНЫН** (Аз. Мехди (ас)дын) **ХАЛИФАЛЫГЫ МЕНЕН** (руханий лидерлиги менен) **КУБАНЫШАТ...** *(El Kavlu'l Muhtasar Fi Alamatil Mehdiyy-il Muntazar, 31-б.)*

Эбу Саид Худри Расулуллахтан риваят кылат: **Аз. Мехди (ас)ды ээрчигендер ага корголонушат, БАЛ ААРЫЛАРЫНЫН ХАНЫША ААРЫГА КОРГОЛОНУШУ СЫЯКТУУ (АНЫН ЖАНЫНАН КООПСУЗДУК ЖАНА БЕЙПИЛДИК ТАБЫШАТ),** ал дүйнө жүзүн адилеттик жана чынчылдыкка толтурат. *(El Kavlu'l Muhtasar Fi Alamatil Mehdiyy-il Muntazar, 30-б.*)

### АЗ. МЕХДИ (АС) АДАМДАРДЫН ЫЙМАНЫНА ЖАНА АЛЛАХТАН АБДАН КОРКУШУНА СЕБЕПЧИ БОЛОТ

Эбуъл Хижаф болсо Пайгамбардын (сав) үч жолу мындай дегенин риваят кылат. **«... (АЗ. МЕХДИ (АС)) КУЛДАРДЫН ЖҮРӨГҮНӨ АЛЛАХКА КУЛЧУЛУКТУ ЖАЙГАШТЫРАТ.»** *(Bihar-ul Envar, 51-т., 74-б.)*

### АЗ. МЕХДИ (АС) КУРАНДЫН ТУУРА ЖОЛУН ЖАНА ПАЙГАМБАРЫБЫЗ (САВ)ДЫН СҮННӨТҮН АДАМДАРГА КӨРСӨТӨТ

Нежхүл Белагадан. Ыймандуулардын Мырзасы (сав) мындай деди:

**«Алар туура эмес жолдон жүрүп жана жол көрсөтүүчү адаттарды таштап оңго жана солго кетишти... Эй адамдар, бул ар убада ишке аша турган жана силер билбеген кишинин (АЗ. МЕХДИ (АС)) КЕЛИШИ ЖАКЫНДАГАН ЗАМАН. Көңүл бургула, ошондо арабыздан чыккан (АЗ. МЕХДИ (АС)) ОШОЛ ЭҢООР УБАКТАРДА ЖАРЫК БИР НУР МЕНЕН АЛАРДАН ӨТӨТ...»** *(Kitab-ül Gaybet, Bihar-ul Envar, 51-т.], Ansariyan Yayıncılık, топтогон: Muhammed Bakır el-Meclisi, İran-Kum, 2003, 186-б.)*

Пайгамбарыбыз (сав)дан риваят кылынган бул хадисте Аз. Мехди (ас)дын келиши менен бирге адамзаттын анын Куранга таянган нуру жана акылы менен айдыңдашы; Аз. Мехди (ас)дын Аллахтын туура жолун, Курандын сонундугун жана Расулуллах (сав)дын сүннөтүн адамдарга көрсөтөөрүн кабар берүүдө.

(Пайгамбарыбыз (сав)дан риваят кылынган бул хадистеги «ЖАРЫК БИР НУР МЕНЕН» деген сөз балким Аз. Мехди (ас) менен шакирттери колдоно турган ТЕЛЕВИЗОР МЕНЕН КОМПЬЮТЕР ЭКРАНЫНА да ишарат кылууда.)

## АЛЛАХ АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫ СЕБЕПЧИ КЫЛЫП, КЫЛЫМГА ЖАНА БҮТ ДҮЙНӨГӨ ТААСИР БЕРЕ ТУРГАН СОНУН КИТЕПТЕРДИ ДАЯРДАТАТ

Эбу Басир мындай дейт, Имам Мухаммед Бакыр же Имам Жафери Садык алейхиссаламдан алынган: **«АГА (АЗ. МЕХДИ (АС)ГА) ИМАМДЫКТЫ БЕРГЕН АГА ИЛИМ МЕНЕН КИТЕПТЕР БЕРЕТ ЖАНА АНЫ ЖАЛГЫЗ КАЛТЫРБАЙТ.»** *(Şeyh Muhammed b. İbrahim-i Numani, Gaybet-i Numani, 387-б.)*

Аз. Мехди (ас)дын дайыма Улуу Аллахтын көзөмөлүндө болоору; Аллахтын Аз. Мехди (ас)ды себепчи кылуу менен өтө натыйжалуу, кылымга жана бүт дүйнөгө таасир бере турган китептерди даярдатаары хадистен көрүнүп турат.

## АЗ. МЕХДИ (АС) СЕБЕБИНЕН БҮТ ТАРАП АЛЛАХКА ИБАДАТ КЫЛЫНГАН ЖЕРЛЕРГЕ АЙЛАНАТ

Эбу Басир мындай дейт, Имам Жафер Садык (ас)дан «Эй Расулуллахтын урпагы! Силер Эхли Бейттин Каими ким?» деп сураганымда минтип жооп берди: ... Аз. Мехди (ас) дүйнөнү ээлейт, Иса б. Мерйем (ас) түшүп анын артында намаз кылат. **ОШОНДО ЖЕР ЖҮЗҮ АЛЛАХТЫН НУРУ МЕНЕН ЖАРКЫРАЙТ, АЛЛАХТАН БАШКАСЫНА ИБАДАТ КЫЛЫНГАН**

**ЖЕРЛЕРДИН БААРЫ АЛЛАХКА ИБАДАТ КЫЛЫНГАН ЖЕРЛЕРГЕ АЙЛАНАТ; МУШРИКТЕР КААЛАБАСА ДА, ДИН АЛ КҮНҮ АЛЛАХТЫН ДИНИ ГАНА БОЛОТ.**» *(Bihar-ul Envar, 51-т., 146-б.)*

**АЗ. МЕХДИ (АС) КУРАНДЫ ЖАНА ХАДИСТЕРДИ АБДАН ЖАКШЫ ТҮШҮНҮП ТҮШҮНДҮРҮП БЕРЕТ**

Икмал-и Дин:

Мухаммед Ибни Синандан, Эмир Ибни Шамирден, Жабирден, Эбу Жафир (ас)дан риваят кылынган:

**«УЛУУ АЛЛАХТЫН КИТЕБИ ЖӨНҮНДӨГҮ БИЛИМИ ЖАНА АНЫН ЭЛЧИСИНИН (САВ) СҮННӨТҮ МЕХДИБИЗ (АС)ДЫН ЖҮРӨГҮНДӨ БИР ӨСҮМДҮКТҮН ЭҢ СОНУН ӨСҮП ӨНҮШҮ СЫЯКТУУ ӨРЧҮЙТ.»** *(Kitab-ül Gaybet, [Bihar-ul Envar, том 51], Ansariyan Yayıncılık, топтогон: Muhammed Bakır el-Meclisi, İran-Kum, 2003, 72-б.)*

Аз. Мехди (ас)дын Куранды жана хадистерди өтө жакшы түшүнүп, айтып берээри Пайгамбарыбыз (сав)дын хадисинде өтө маңыздуу (кыска жана нуска) кабар берилген.

# АЗ. МЕХДИ (АС) ДООРУНДА ИСЛАМ АХЛАГЫ ӨЗҮНӨ КАЙТАТ, БҮТ МЕЗХЕПТЕР ЖОГОЛОТ

## АЗ. МЕХДИ (АС) ДООРУНДА ИСЛАМ ДИНИ ПАЙГАМБАРЫБЫЗ (САВ) ДООРУНДАГЫ ЧЫНЫГЫ АБАЛЫНДА ЖАШАЛАТ

**РАСУЛУЛЛАХТЫН (САВ) КЫЛГАНДАРЫНЫН БААРЫН АЛ ДА (АЗ. МЕХДИ (АС) ДА) КЫЛАТ; РАСУЛУЛЛАХ (САВ) ЖАХИЛИЯТ (КАРАҢГЫЛЫК) НЕГИЗДЕРИН ЖЫККАН СЫЯКТУУ, АЛ ДА (АЗ. МЕХДИ (АС) ДА) МУРДАКЫ НЕГИЗДЕРДИ ЖЫГАТ. АЛ (АЗ. МЕХДИ (АС)) Исламды кайрадан башынан алат (баштайт).** *(Mikyalu'l Mekarim, 1-т., 57-б.)*

Аз. Мехди (ас) чыкканда дал Пайгамбарыбыз (сав) кылгандай, ал доордун бүт атеист, Аллахты тануучу системаларын жеңип, ал системалардын бүт пикирдик негиздеринин, көз-караштарынын, философияларынын, батыл (негизсиз, жалган) иш-аракеттеринин жана ишенимдеринин жараксыздыгын адамдарга көрсөтөт. Андан соң Ислам ахлагынын Пайгамбарыбыз (сав)дын доорундагы сыяктуу маңызына толук туура келген абалда –бүт кошумчалардан (бидат), чындыкка сыйбас иш-аракеттерден тазаланган абалында- орношуна себепчи болот.

## АЗ. МЕХДИ (АС) ЧЫНЫГЫ ИСЛАМ АХЛАГЫН ЧЫГАРАТ

Хадистерде билдирилгендей, Аз. Мехди (ас) чыкканда, Ислам динине кийин кошулган бүт батыл (жалган) ишеним жана иш-аракеттерди жок кылат. *«... адамдар арасында Пайгамбардын (сав) сүннөтү менен мамиле кылат»* риваятында билдирилгендей, Пайгамбар Мырзабыз (сав)дын жолунан жүрөт жана анын доорундагы сыяктуу чыныгы дин ахлагынын орношуна себепчи болот.

**Аз. Пайгамбар (сав) эң башында Исламды кантип бутунда кармаган (туткан) болсо, Аз. Мехди (ас) да эң аягында ошол сыяктуу Исламды бутунда кармайт.**
*(El-Kavlu'l Muhtasar Fi Alamatil Mehdiyy-il Muntazar, 27-б.)*

**... Динди Пайгамбар (сав)дын убагындагы сыяктуу дал өзүндөй**

**турмушка ашырат.** Жер бетинде мезхептерди жок кылат. Таза, акыйкат динден башка эч бир мезхеп калбайт.

*(Muhammed B. Resul El Hüseyin El Berzenci, Kıyamet Alametleri, 186-187-б.)*

**Аз. Мехди (ас) эч бир бидатты (кошумчаны) калтырбайт.**

*(El-Kavlu'l Muhtasar Fi Alamatil Mehdiyy-il Muntazar, 43-б.)*

**Аз. Мехди (ас) бир дагы бидатты (кошумчаны) калтырбайт.** Акыр заманда дал Пайгамбар (сав) сыяктуу диндин талаптарын орундатат.»

*(Muhammed B. Resul Al-Hüseyni El Berzenci, Kıyamet Alametleri, 163-б.)*

**Бидат (кошумча):** Диндин чыныгысында жок болгонуна карабастан, динге кошулган негизсиз (батыл) адаттар.

## АЗ. МЕХДИ (АС) КӨРҮНГӨНДӨ БҮТ ТАРИКАТТАР АГА МОЮН СУНАТ. СЕБЕБИ МЕХДИ (АС) БҮТ ИСЛАМ ААЛАМЫНЫН МҮРШИДИ (УСТАТЫ)

Аз. Мехди (ас) акыр замандын эң чоң устаты (мүршиди), олуясы, кутбу. Имам Раббани Азретинин да, Абдулкадир Гейлани Азретинин да, бүт ахли сүннөт аалымдарынын, бүт мезхеп имамдарынын жана бүт тарикаттардын да устаты. Ошондуктан Махмут Хожаэфенди Азретинин да устаты – Аз. Мехди (ас). Жүббели Ахмет (Түркиядагы бир аалым) бир сөзүндө Аз. Мехди (ас)дын келиши үчүн Аллахка жалбарып дуба кылып, Аз. Мехди (ас)ды көрүү үчүн Аллахка жалбарган.

Демек, Аз. Мехди (ас) келгенде Махмут Хожаэфенди Азрети да, Жүббели Ахмет да жана башка тарикаттар жана алардын мүчөлөрү да Аз. Мехди (ас)га баш ийишип, анын халифалыгын кабыл алышат. Аз. Мехди (ас) көрүнгөндө жалпы Мусулмандардын моюн сунушун кабыл албаган, «ал андай эмес» деген бир дагы Мусулман жамааты жок.

Аз. Мехди (ас) акыр замандын эң чоң устаты, эң чоң олуясы жана кутбу болгондуктан, ал көрүнгөндө бүт тарикаттар анда чогулат. Муну билген көптөгөн тарикат лидерлери жүздөгөн жылдан бери улантып келген халифалык (орун басарлык) аманатын кийинки кишиге калтыруу салтын акыр заманга кирилген соң токтотушкан. Мисалы, Али Хайдар Мырза да халифалыкты Аз. Мехди (ас)га калтырган. Махмут Хожаэфенди Азрети учурда Али Хайдар Эфендинин өкүлү. Бүт тарикаттар Аз. Мехди (ас)дын чыгуу убактысы болгон Хижрий 1400-жылдан (1979-1980-жж.) баштап анын көрүнүшүн жана табигый устаттыгын күтүп башташты.

## АЗ. МЕХДИ (АС) ЭЧ КИМДИН, ЭЧ БИР КӨЗ-КАРАШТЫН, ЭЧ БИР ТАРИКАТТЫН ТААСИРИНДЕ БОЛБОЙТ

... Артында Иса бин Мерйем намаз кыла турган Каимден (Аз. Мехди (ас)дан) тышкары, биз Эхли Бейттен болгондордун баарыбыздын мойнунда замандын тагутуна (Аллахтын өкүмүн таанызбаган бүт жандыктар, күч, шайтан) моюн сунуу болоорун (Аз. Мехди (ас) доорунда динсиздиктин жайылаарын, дээрлик бүт адамдардын ал системага көз-каранды болоорун) билбейсиңерби? Улуу Аллах анын көрүнүшүн жашырат жана өзүн жашырат. **ОШЕНТИП АЛ КӨРҮНГӨНДӨ АНЫН МОЙНУНДА ЭЧ КИМГЕ МОЮН СУНУУ БОЛБОЙТ...** *(Kemal'üd-Din, 1-т., 305-б.)*

Хасан бин Мүнзирдин Зүрареден риваяты боюнча Имам Жафери Садык алейхиссалам аягында мындай деген: «Аллахка ант, аягында ээңер (Аз. Мехди (ас)) сөзсүз көрүнөт жана **МОЙНУНДА ЭЧ КИМГЕ МОЮН СУНУУ** болбойт. *(Şeyh Muhammed b. İbrahim-i Numani, Gaybet-i Numani, 402-б.)*

Ибрахим бин Өмер-и Йемани айтат: Имам Эбу Абдуллах алейхиссалам мындай деди: «Каим (Аз. Мехди (ас)) кыям эткенде (чыкканда), **МОЙНУНДА ЭЧ КИМДИН БИАТЫ (МОЮН СУНУУСУ) БОЛБОСТОН КӨРҮНӨТ (чыгат).»** *(Şeyh Muhammed b. İbrahim-i Numani, Gaybet-i Numani, 218-219-б.)*

## АЗ. МЕХДИ (АС) ЭЧ БИР ТАРИКАТКА КӨЗ-КАРАНДЫ БОЛБОЙТ, АЛ КӨРҮНГӨНДӨ ТАРИКАТТАРДЫН БААРЫ АГА БАШ ИЙЕТ

Пайгамбарыбыз (сав) куттуу хадисинде Аз. Мехди (ас) төрөлүшүнүн жашыруун болоорун, б.а. анын үйдө төрөлөөрүн билдирген. Ошондой эле, Аз. Мехди (ас) көп убакытка чейин адамдардын көзүнөн оолак болуп, үйүндө жашап, адамдардын арасына чыкпайт. Аз. Мехди (ас) эч бир тарикатка мүчө болбойт, б.а. чыкканда Накшибенди тарикаты менен да, Кадири тарикаты менен да, башка тарикат менен да байланышы болбойт. Тескерисинче, тарикаттардын баары ага баш ийет жана Аз. Мехди (ас) бүт тарикаттардын үстүндө болот. Мындан тышкары, Пайгамбарыбыз (сав) Аз. Мехди (ас)дын узун өмүрлүү болоорун жана жашы өтүп калса дагы Аллахтын аны 40 жашынан да жашыраак көрүнүштө чыгараарын да кабар берген.

Эбу Саидден: Хасан б. Али алейхис-салам ... мындай деди: «... **УЛУУ АЛЛАХ АНЫН ТӨРӨЛҮШҮН ЖАШЫРАТ ЖАНА ӨЗҮН ЖАШЫРАТ.**

**ОШЕНТИП АЛ ЧЫККАНДА ЭЧ КИМГЕ МОЮН СУНБАГАН БОЛОТ... АЛ КӨЗДӨРДӨН КАЙЫМ КЕЗДЕ АЛЛАХ АНЫН ӨМҮРҮН УЗАТАТ, АНАН ӨЗ КУДУРЕТИ МЕНЕН АНЫ КЫРК ЖАШТАН ЖАШЫРААК КӨРҮНҮШТӨ АЧЫККА ЧЫГАРАТ** жана бул Аллахтын бүт нерсеге кудуреттүү экендигинин билиниши үчүн.» *(Kemal-ud Din, 1-т., 315-б.)*

## АЗ. МЕХДИ (АС) АДАМДАРДЫН МҮНӨЗҮНҮН СОНУН БОЛУШУНА, АДАМДАРДЫН ЧЫН ЖҮРӨКТӨН МАМИЛЕ КЫЛЫШЫНА СЕБЕПЧИ БОЛОТ

Имам Мехди (ас)дын жакшылыгы менен адамдардын аң-сезими жогорулайт жана мүнөздөрү толуктукка жетет. *(Bihar-ül Envar, том 52, 328 & 336-б.)*

(Аз. Мехди (ас) доорунда) Жүрөктөр муктажсыздык жана өзүнө жетиштүүлүккө толот. *(Bihar-ül Envar, том 52, 337-б.; İküd'dürer, 169-бет; Musnad)*

(Аз. Мехди (ас) убагында) Мактануу жана көргөзмөлүк токтойт жана коопсуздук (ишеним) кадимки көрүнүш болуп калат. *(İküd'dürer, 159-б.)*

(Аз. Мехди (ас) убагында) Улгайгандар жаштарга карата жардамкеч жана боорукер болсо, жаштар улгайгандарга урмат көрсөтүшөт. *(Bihar-ül Envar, том 52, 385-б.)*

(Аз. Мехди (ас) убагында) Жалган менен доомат (жалган жалаа) жоголот. *(Misbaah al-Zaaer, 217-219-б.)*

(Аз. Мехди (ас) убагында) чыныгы достук болот жана бул ушундай бир даражага жетет: ыймандуулардын бирөөсү башкасынын байлыгын (мүлкүн) андан уруксат албастан алат жана беркиси ага маани да бербейт. *(Bihar-ül Envar, том 52, 372-б.)*

## АЗ. МЕХДИ (АС) КААПЫРДЫК АГЫМДАРДЫ ЖАНА БИДАТТАРДЫ ИСЛАМ ДИНИНЕН АЛЫСТАТАТ, АДАМДАРДЫ АЛЛАХКА ЫЙМАНГА ЧАКЫРАТ

Расулуллах (с.а.в.) мындай дейт: **«АР ЗАМАНДА ҮММӨТҮМ ҮЧҮН ЭХЛИ БЕЙТИМДЕН БИР АДИЛ (АДИЛЕТТҮҮ) БАР. АЛАР ЖОЛДОН**

**ЧЫККАНДАРДЫН БУЗУКУЛУКТАРЫН, БАТЫЛЧЫЛАРДЫН БАТЫЛЫН (жалганын), ЖАХИЛДЕРДИН (караңгы) ЖОРОМОЛУН БУЛ ДИНДЕН АЛЫСТАТЫШАТ, уккула чынында силердин имамдарыңар силерди Аллахка алып барчу элчилер, демек силдердин элчилериңердин кимдер экенин жакшы карагыла.»**

*(Savaik'ul Muhrika, İbn-i Hacer, 148-б., Muhammediyye mat. Ve 90-б., Meymeniye mat. Mısır. / Yenabi'ul Mevedde, Kunduzi Hanefi, 226, 326, 327-б., Haydariye mat. 191, 271, 273 жана 297-б., İstanbul. / Zehair'ül Ukba, Muhibbiddin Taberi Şafii, 17-б.)*

Пайгамбарыбыз (сав) куттуу хадисинде ар кылымда сейиддер (Пайгамбар (сав)дын урпактары) арасынан адилеттик менен өкүм чыгарчу бир киши болоорун айткан. Ал кишилер өздөрүнүн кылымында батыл (негизсиз) кайсы агым бар болсо, ошону менен пикирдик күрөш жүргүзүшөт жана адамдарды дин ахлагын жашоого чакырат. Ал доордо элдерге таасир берген батыл дин (материализм, атеизм, путпарасттык, дарвинизм) кайсынысы болсо, ошону менен же баары чогуу болгон болсо баары менен пикирдик күрөш жүргүзүшөт. Хижрий 1400-жылдары мындай пикирдик күрөштү жүргүзө турган жана адамдарды акыйкат жолго чакыра турган сейиид Аз. Мехди (ас) болот. Аз. Мехди (ас) бир тараптан дарвинизм жана материализм идолун (путун) пикир менен талкалайт, экинчи жагынан кээ бир фанат кишилер динге кошкон ар кандай батыл (негизсиз) нерселерди динден алыстатып, диндин Пайгамбарыбыз (сав) доорундагы сыяктуу болушун камсыздайт. Устат Саид Нурси Азрети Аз. Мехди (ас)дын мындай пикирдик күрөшүн төмөнкүчө айткан:

Биринчиси: Табигый-так илим (биология) жана философиянын таасири менен жана **МАДДИЙУН (МАТЕРИАЛИЗМ) ЖАНА ТАБИИЙЙУН (ТАБИЯТЧЫЛЫК ИШЕНИМИНИН) АДАМЗАТ АРАСЫНДА ЖАЙЫЛЫШЫ МЕНЕН, БААРЫНАН МУРДА ФИЛОСОФИЯНЫ ЖАНА МАДДИЙУН ПИКИРИН (МАТЕРИАЛИСТТИК КӨЗ-КАРАШТЫ) ТОЛУК ООЗУН ЖАП КЫЛЫП ЫЙМАНДЫ КУТКАРУУ...** *(Emirdağ Lahikası, 337-б.)*

Аз. Мехди (ас) биринчи милдети катары маддийун, б.а. материализм, табиййун, б.а. дарвинизм менен пикирдик күрөш жүргүзөт жана бул эки Жаратканды тануучу агымды илим, пикир менен бүтүндөй таасирсиз кылып, адамдардын Аллахка чындап ыйман келтиришине себепчи болот.

**АЗ. МЕХДИ (АС) ИСЛАМ ДИНИНДЕГИ БИДАТТАРДЫ ТАЗАЛАЙТ,**

**АДАМДАРДЫ КУРАНГА ЖАНА ПАЙГАМБАРЫБЫЗ (САВ)ДЫН СҮННӨТҮНӨ БАГЫТТАЙТ**

**<u>АДАМДАР КУРАНДЫ ӨЗ НАПСИЛЕРИНЕ ЖАРАША ЖОРОМОЛДОГОНДО АЗ. МЕХДИ (АС) АЛАРДЫН КӨЗ-КАРАШТАРЫН КУРАНДЫ КӨЗДӨЙ БАГЫТТАП АНЫ КУРАНДЫН ЧЫНДЫКТАРЫНЫН КЫЗМАТЫНА БУРАТ.</u> АНАН СИЛЕРГЕ КИТЕП МЕНЕН СҮННӨТТҮН КАНТИП УНУТУЛГАНЫН КӨРСӨТӨТ ЖАНА АНЫН ЖАНДУУ МААНИЛЕРИН ЖАНДАНТАТ.**
*(Nehcü'l Belağa, hutbe 134)*

Аз. Мехди (ас) чыккан акыр заманда кээ бир адамдар Куранды өз напсилерине, өз кызыкчылыктарына карап жоромолдошуп, адамдарды да ошол жоромолдорго тартууга аракеттенишет. Аз. Мехди (ас) болсо адамдарга Куран аяттарынын чыныгы маанилерин айтып берет. Адамдар Куран аяттарынан, Пайгамбарыбыз (сав)дын сүннөтүнөн руханий өтө алыстаган бул доордо аларга аяттардын чыныгы маанилерин айтып берет.

**АЗ. МЕХДИ (АС) ПАЙГАМБАР МЫРЗАБЫЗ (САВ)ДЫН СҮННӨТҮН ЭЭРЧИЙТ, ИСЛАМ ДИНИНЕ КИЙИН КОШУЛГАН КОШУМЧАЛАРДЫ ТАЗАЛАП, ДИНИБИЗДИ ПАЙГАМБАРЫБЫЗ (САВ)ДЫН ДООРУНДАГЫ ЧЫНЫГЫ АБАЛЫНА КАЙТАРАТ**

Абдуллах бин Ата айтат: Имам Эбу Жафери Бакыр алейхиссаламга мындай дедим: **«БИЗГЕ КАИМ АЛЕЙХИССАЛАМДАН (АЗ. МЕХДИ (АС)ДАН) КАБАР БЕР...» МЫНДАЙ ДЕДИ: «РАСУЛУЛЛАХТЫН (САВ) ЖОЛУНАН ЖҮРӨТ; МУРДАКЫ НЕРСЕЛЕРДИ ЖОККО ЧЫГАРЫП (АЛЫП САЛЫП), ЖАҢЫ НЕРСЕЛЕР МЕНЕН КЕЛЕТ.»** *(Şeyh Muhammed b. İbrahim-i Numani, Gaybet-i Numani 216-б.)*

**АЗ. МЕХДИ (АС) АДАМДАРДЫН АР КАНДАЙ ТЕМАДА КУРАН АХЛАГЫ БОЮНЧА ОЙЛОНУП МАМИЛЕ КЫЛЫШЫНА ШАРТ ТҮЗӨТ; Б.А. АЛАРДЫ: ЭҢ ТУУРА, ТАК, ЛОГИКАЛУУ, АКЫЛДУУ МАМИЛЕ КЫЛУУГА ҮНДӨЙТ**

Имам Мухаммед Бакыр (ас) мындай деген: **«Каимибиз (АЗ. МЕХДИ (АС)) КЫЯМ ЭТКЕНДЕ КУЛДАРДЫН БАШЫН КОЛУ МЕНЕН СЫЛАЙТ ЖАНА АЛАРДЫН ЧАЧЫРАНДЫ ОЙЛОРУН БИР ЖЕРГЕ ЖЫЙНАЙТ. АЛАРДЫ БИР МАКСАТТЫ КӨЗДӨЙ БАГЫТТАЙТ** жана аларда жактырылган адеп-ахлакты кемаль даражасына (кемчиликсиздик деңгээлине)

жеткирет. *(Bihur-ul Envar, 52-т., 336-б.)*

Аз. Имам Бакыр (ас) мындай дейт: **«Каимибиз (Аз. Мехди (ас)) кыям эткенде АЛЛАХ КУЛДАРЫНЫН БАШЫН МЭЭРИМ КОЛУ МЕНЕН СЫЛАЙТ, ОЙЛОРУН (БИР ЖЕРГЕ) ЖЫЙНАЙТ ЖАНА АКЫЛДАРЫН ТОЛУК КЫЛАТ.»** *(Bihar-ul Envar, 52-т., 328-б.)*

# АЗ. ИСА (АС) МЕНЕН АЗ. МЕХДИ (АС) БИРГЕ ИЛИМИЙ КҮРӨШ ЖҮРГҮЗӨТ, АЗ. ИСА (АС) АЗ. МЕХДИ (АС)ГА БАШ ИЙЕТ

## АЗ. ИСА (АС) АЗ. МЕХДИ (АС)ГА БАШ ИЙЕТ ЖАНА АЗ. МЕХДИ (АС) НАМАЗДА АЗ. ИСА (АС)ГА ИМАМДЫК КЫЛАТ

Наим Эбу Саидден риваят кылынышы боюнча, Расулуллах (сав) мындай дейт: **Иса б. Мерйем артында намаз окуй турган киши бизден (АЗ. МЕХДИ (АС)).** *(Kitabül Burhan fi Alametil Mehdiyyil Muntazar, 78-б.)*

Ибни Эби Шейбе Мусаннефинде Ибни Ширинден алып айтты. Мындай деген: **Аз. Мехди (ас) бул үммөттөн жана Аз. Иса (ас)га имам болот.** *(Kitabül Burhan fi Alametil Mehdiyyil Muntazar, 79-б.)*

Нуайм б. Хаммад Абдуллах б. Амрдан алып айтты. Мындай деген: **Аз. Мехди (ас) – Иса Ибни Мерйем ага түшө турган жана артында намаз окуй турган киши.** *(Kitabül Burhan fi Alametil Mehdiyyil Muntazar, 79-б.)*

Бухари менен Муслим Эбу Хурейреден риваят кылган. Мындай деген: **Мерйем (Мариям) уулу Иса (ас) араңарга түшкөндө жана имамыңар силерден (АЗ. МЕХДИ (АС)) болгондо, көрөлү эмне кыласыңар?** *(Kitabül Burhan fi Alametil Mehdiyyil Muntazar, 79-б.)*

## АЗ. ИСА (АС) АЗ. МЕХДИ (АС)ГА ЖАРДАМЧЫ БОЛОТ, АГА БАШ ИЙЭЭРИН АЙТАТ

Аз. Иса Пайгамбар (ас) **ЗАМАНДЫН ИМАМЫНА (АЗ. МЕХДИ (АС)ГА) ЖАРДАМЧЫ БОЛУУ, АГА БАШ ИЙЭЭРИН АЙТУУ ЖАНА АНЫН АРТЫНДА НАМАЗ ОКУУ ҮЧҮН** асмандан түшөт. *(Şeyh Sadık, Al-Amaali, Oturum 39, 181-бет; İküd'dürer, 157- жана 230-б.)*

## АЗ. ИСА (АС) ЭКИНЧИ ЖОЛУ ДҮЙНӨГӨ КЕЛГЕНДЕ, ҮСТҮНДӨ МӨӨРҮ БАР КИТЕПТЕР МЕНЕН ИСЛАМ АХЛАГЫНА ЧАКЫРАТ

**Аз. Иса (ас) аны (сандыкты) алып ачат жана ичинен бир мөөр, миң китеп табат, ал китептер менен Исламды жандантат.** *(Risalet'ül Meşrep*

*elverdi fi mezhebi bil Mehdi, Ali bin Sultan Muhammed-el Kari, 4-Б. -Enis el-Cülesci китебинен)*

Хадисте берилген маалыматтан Аз. Иса (ас)дын Пайгамбарыбыз (сав)дын мөөрү менен мөөрлөнгөн китептерди табаары, ал сонун, кемчиликсиз эмгектер менен Исламга чакыраары түшүнүктүү болууда.

**АЗ. ИСА (АС) МЕНЕН АЗ. МЕХДИ (АС) КӨРҮНҮШҮ ЖАНА МҮНӨЗҮ ЖАГЫНАН БИР-БИРИНЕ АБДАН ОКШОШ БОЛОТ**

Абдуллах бин Замре Ибни Мати-и Химйери (Каъб-ул Ахбар)ден риваят кылышы боюнча мындай деген: «... Кыям эте турган (Каим) Аз. Мехди (ас) Алинин урпактарынан. Ал (Аз. Мехди (ас)) бул жер жүзүн жер жүзүнөн башка бир абалга алып келет. Каим (Аз. Мехди (ас)) Алинин урпактарынан. (Сейийд) **ЖАКШЫЛЫКТА, КӨРҮНҮШҮНДӨ ЖАНА АДЕП-АХЛАГЫНДА ЭҢ КӨП АЗ. ИСА (АС)ГА АЛ (АЗ. МЕХДИ (АС)) ОКШОШОТ.** Аллах пайгамбарларга берген (бийиктикти) ага да берет. Ага артыкчылыктар менен коозлуктарды берет...» *(Şeyh Muhammed b. İbrahim-i Numani, Gaybet-i Numani, 169-б.)*

**АЗ. ИСА (АС) АЗ. МЕХДИ (АС) УБАГЫНДА МУСУЛМАН БОЛУП ЖЕР БЕТИНЕ ТҮШӨТ**

Аз. Иса (ас) Пайгамбар Мырзабыз (сав)га үммөт болуу үчүн түшөт. Чыныгы (акыйкат) Инжилде Мухаммед алейхиссаламдын артыкчылыктарын көргөн **АЗРЕТИ ИСА АНЫН ҮММӨТҮНӨН БОЛУУ ҮЧҮН КӨП ЖАЛБАРЫП, ДУБА КЫЛГАН ЖАНА ДУБАСЫ КАБЫЛ КЫЛЫНГАН.** Аллах Таала аны тирүү абалында асманга көтөргөн. Кыяматка жакын Мухаммед алейхиссаламдын үммөтү болуу үчүн жер бетине түшүп, анын динине моюн сунат жана аны жайат, Христиандык жана Еврейлик сыяктуу бурмаланган диндерди Ислам динине кайтарат. *(Herkese Lazım Olan İman, Ebü'l-Baha Ziyaeddin Mevlana Halid b. Ahmed Halid-i Bağdadi, 1242/1827 ; Trc: Kemahlı Feyzullah Efendi, 6. bsk., İstanbul, İhlas Yayınları, 1989)*

**АЗ. ИСА (АС) ИНЖИЛДЕ БУЛ ҮММӨТТҮН МАКТООГО ТОЛГОН СЫПАТТАРЫН КӨРГӨНДӨ, АЛАРДАН КЫЛЫШЫ ҮЧҮН АЛЛАХКА ДУБА КЫЛЫП, АЛЛАХ АНЫН ДУБАСЫН КАБЫЛ КЫЛГАН.** Күнү (убактысы) келгенде муҗеддид катары жер бетине түшүшү ушул себептен. *(Kütüb-i Sitte Tercüme ve Şerhi, Feza Gazetecilik, 1996, 14/74)*

## АЗ. МЕХДИ (АС) АЗ. ИСА (АС)ДЫН ДА ИМАМЫ БОЛОТ

Расулуллах (сав) Мырзабыз кубануу менен мындай деген: «Дайыма үммөтүмдөн бир жамаат кыяматка чейин акыйкатты көтөрүү үчүн пикирдик күрөш жүргүзөт, **МЕРЙЕМ УУЛУ ИСА (АС) ЖЕР БЕТИНЕ ТҮШӨТ. ЭМИРЛЕРИ (АЗ. МЕХДИ (АС)) АГА (АЗ. ИСА (АС)ГА) «БИЗГЕ НАМАЗ КЫЛДЫР» ДЕГЕНДЕ, «ЖОК» ДЕЙТ ... ЖАНА «ИМАМ МЕХДИНИ» ИМАМДЫККА ӨТКӨРӨТ»** *(Sahih-i Müslim (Сахихи Муслим), 1-т., 209-б.)*

## КЕХФ СҮРӨСҮНДӨ АЙТЫЛГАН «ЭКИ ЖЕТИМ БАЛА» АЗ. ИСА (АС) МЕНЕН АЗ. МЕХДИ (АС)ГА ИШАРАТ КЫЛАТ

«Дубал болсо шаарда **ЭКИ ЖЕТИМ БАЛАНЫКЫ ЭЛЕ**, астында аларга тиешелүү бир казына бар эле; **АТАЛАРЫ САЛИХ БИРӨӨ ЭЛЕ**. Раббиң алардын жетилип, өз казыналарын чыгарышын каалады; (бул) Раббиңден бир мээрим. Буларды мен өз ишим катары (өз оюмдан) кылган жокмун. Мына сен сабыр кылууга күчүң жетпеген нерселердин жоромолу.» (Кехф Сүрөсү, 82)

Кехф Сүрөсүндөгү Аз. Хызыр кыссасында **«эки жетим баланын»** бар экени айтылууда. Ал эки жетим баланын **«аталарынын болсо салих (ыкластуу) бир киши экени»** айтылат. Аяттын бул сөздөрүндө Аз. Иса (ас) менен Аз. Мехди (ас)га ишараттар бар. Хадистерде Аз. Мехди (ас)дын жаш кезинде атасынан айрылып, жетим калаары айтылган:

**АЗ. МЕХДИ (АС) ЖЕТИМ БОЛОТ.** *(Şeyh Muhammed b. İbrahim-i Numani, Gaybet-i Numani, 176-б.)*

Белгилүү болгондой, Аз. Иса (ас)дын да атасы жок. Ушул себептен Аз. Иса (ас) да жетим. Ошондой эле, Аз. Иса (ас) да, Аз. Мехди (ас) да бир атадан келет. Ошондуктан экөөсүнүн тең атасы Аз. Ибрахим (ас). Кехф Сүрөсүндөгү **«аталары салих бирөө эле» сөздөрү болсо Аз. Ибрахим (ас)га ишарат кылууда.** Башка бир Куран аятында Аз. Ибрахим (ас)дын бул өзгөчөлүгү төмөнкүчө билдирилген:

Жана Биз ага (Аз. Ибрахимге) дүйнөдө бир жакшылык (коодук) бердик; **КҮМӨНСҮЗ АЛ АКЫРЕТТЕ ДА САЛИХТЕРДЕН**. (Нахл Сүрөсү, 122)

# АЗ. МЕХДИ (АС)ГА БАШ ИЙҮҮ

**АЗ. МЕХДИ (АС) ЧЫККАН КЕЗДЕ МУСУЛМАНДАРДЫН БИР РУХАНИЙ ЛИДЕРИ БОЛБОЙТ**

**АДАМДАР БАШТАРЫНДА БИР ИМАМ (ХАЛИФА)** (Мусулмандардын руханий лидери) **ЖОК АЖЫЛЫК КЫЛЫШАТ...** *(Kitab-ül Burhan Fi Alameti-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, 35-б.)*

Хасан бин Мүнзирдин Зүрареден риваяты боюнча, Имам Жафери Садык алейхиссалам аягында мындай деди: «Аллахка ант, аягында кожоюнуңар сөзсүз чыгат жана **МОЙНУНДА ЭЧ КИМДИН БИАТЫ БОЛБОЙТ (эч кимге моюн сунбаган болот).»** *(Şeyh Muhammed b. İbrahim-i Numani, Gaybet-i Numani, 402-б.)*

Эбу Саид Пайгамбардын (сав) мындай дегенин риваят кылат: «Акыр заманда султандардан (башчылардан) үммөтүмө күчтүү бир балээ келет. Андан күчтүүрөөгү угулбаган бир балээ. Ушунчалык күчтүү болгондуктан, жер жүзү аларга тар болот жана зулумдукка толот. **МОМУНДАР БУЛ ЗУЛУМДУКТАН КУТУЛУУ ҮЧҮН БИР БАШПААНА ЖАНА БИР КУТКАРУУЧУ ТАБА АЛЫШПАЙТ...»** *(El-Beyan, 72-б., Es-Sevaik-ul Muhrika, 161-б., Yenabi-ul Mevedde, 2-т., 177-б.)*

**АЛ (Аз. Мехди (ас)) ЧЫГА ТУРГАН ЖЫЛЫ АДАМДАР АЖЫЛЫККА БАШТАРЫНДА БИР ЭМИР (ХАЛИФА)** (Мусулмандардын руханий лидери) **ЖОК БАРЫШАТ...** *(Muhammed B. Resul Al-Hüseyni El Berzenci, Kıyamet Alametleri, Patuk Yayınları, 168-169-б.)*

Ибрахим бин Өмер-и Йемани айтат: Имам Эбу Абдуллах алейхиссалам мындай деди: «Каим (Аз. Мехди (ас)) кыям эткенде, **МОЙНУНДА ЭЧ КИМДИН БИАТЫ БОЛБОСТОН (эч кимге моюн сунбастан) ЧЫГАТ.»** *(Şeyh Muhammed b. İbrahim-i Numani, Gaybet-i Numani, 218-219-б.)*

... Артында Иса бин Мерйем намаз окуй турган Каимден (Аз. Мехди (ас)дан) тышкары, биз Эхли Бейттен болгондордун баарыбыздын мойнунда замандын тагутуна (Аллахтын өкүмүн таанproblems бут жандыктар, күч, шайтан) моюн сунуу болоорун (Аз. Мехди (ас) доорунда динсиздиктин

жайылаарын, дээрлик бүт адамдардын ал системага көз-каранды болоорун) билбейсиңерби? Улуу Аллах анын көрүнүшүн жашырат жана өзүн жашырат. **ОШЕНТИП АЛ КӨРҮНГӨНДӨ АНЫН МОЙНУНДА ЭЧ КИМГЕ МОЮН СУНУУ БОЛБОЙТ...** *(Kemal'üd-Din, 1-т., 305-б.)*

Хишам бин Салим айтат: Имам Эбу Абдуллах алейхиссалам мындай деди: «Каим (Аз. Мехди (ас)) кыям эткенде **АНЫН МОЙНУНДА ЭЧ КИМДИН АНТЫ, УБАДАСЫ ЖАНА БИАТЫ (моюн сунуу) БОЛБОЙТ.»** *(Şeyh Muhammed b. İbrahim-i Numani, Gaybet-i Numani, 219-б.)*

## АЗ. МЕХДИ (АС) «СЕН МЕХДИСИҢ» ДЕГЕН СӨЗДӨРДҮ КАБЫЛ АЛБАЙТ; АЛ КААЛАБАГАНЫНА КАРАБАСТАН АНЫ ЛИДЕР КЫЛЫШАТ

Куттуу хадистерде Аз. Мехди (ас)га моюн сунуунун анын каалабаганына карабастан болоору айтылат. Бул да Аз. Мехди (ас)дын өзүн эч качан «мен Аз. Мехди (ас)мын» деп жарыялабашын көрсөтөт. Ал тургай, адамдар ага келип «алааматтар сенде бар, сен Аз. Мехди (ас)сың» десе да, ал кабыл албайт. Аз. Мехди (ас)га көп жолу «алааматтар сенде бар», «Аз. Мехди (ас)сың» деп айтылат, бирок ал такыр муну кабыл албайт. Бирок «өлүм менен коркутулган» соң гана адамдардын өзүнө моюн сунушун кабыл алат.

Адамдар аягында Аз. Мехди (ас)га келишет жана Рүкун менен Макам арасында, **анын каалабаганына карабастан ага моюн сунушат** (аны лидер кылышат). «Эгер кабыл албасаң, мойнуңа урабыз» дешет. Жер менен асман жашоочулары андан ыраазы болот. *(Ali Bin Hüsameddin El Muttaki, Celaleddin Suyuti'nin Tasnifinden Hadisler, Kahraman Neşriyat, 31-б.)*

**Аз. Мехди (ас) мажбурлоо менен гана башчы болууга ыраазы болот.** *(El-Kavlu'l Muhtasar Fi Alamet-il Mehdiyy-il Muntazar, 48-б.)*

Халифа өлгөн учурда карама-каршылык болот. Медина калкынан бир киши чуркап Меккеге чыгат. Мекке калкынан бир топ **аны (Аз. Мехди (ас)ды) каалабаганына карабастан (турган жеринен) чыгарышат. Хажар аль-Асвад менен Ибрахим Макамы арасында ага (Аз. Мехди (ас)га) моюн сунушат.** *(Sünen-i Ebu Davud, 5/94; El-Kavlu'l Muhtasa Fi Alamatil Mehdiyy-il Muntazar, 20-б.)*

**... Жана анан өзү каалабастан моюн сунууларын кабыл алат.** Эгер силер ага жетсеңер, ага моюн сунгула. Себеби ал жерде да, асманда да Аз.

Мехди (ас). *(Ali Bin Hüsameddin El Muttaki, Celaleddin Suyuti'nin Tasnifinden Hadisler, Kahraman Neşriyat, 35-б.)*

... Аны кайра Меккеде таап, кайра «сен баланча уулу баланчасың, энең болсо түкөнчө кызы түкөнчө, сенде мобул мобул алааматтар бар, биринчи жолу бизден кутулдуң, соз колуңду сага биат кылалы (моюн суналы)» дешет. Ал болсо «мен издегениңер эмесмин» дейт жана кайра Мединага кетет. Мединада кайра изделгенде кайрадан Меккеге кайтат. Меккеде аны Рүкунда табышып, мындай дешет: **«эгер моюн сунуубузду кабыл албасаң, бизди издеп жаткан жана башында Хаддамдан бирөө турган Сүфйан армиясынан коргобосоң, күнөөлөрүбүз сенин мойнуңа жана кандарыбыз да мойнуңа болсун» дешет. Ошондо Аз. Мехди (ас) Рүкун менен Макам арасына отурат жана колун созуп биаттарды (моюн сунууларды) кабыл алат.** *(El-Kavlu'l Muhtasar Fi Alamatil Mehdiyy-il Muntazar, 39-40-б.)*

Фитна ичиндеги адамдар кан төгүлгөн бир кезде **үйүндө отурган Аз. Мехди (ас)га келип**, «биз үчүн тур эми» дешет. **Ал болсо кабыл албайт, өлүм менен коркутулган соң гана алар үчүн турат. Андан соң кан төгүү болбойт.** *(İbn Ebi Şeybe, т. VII, 531-б.; Abdurrezzak H. 20771, т. XI, 372-б.; Kitab-ül Burhan Fi Alamet-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, 52,53-б.)*

Аз. Фатиманын урпактарынан келген Аз. Мехди (ас) Меккеде майданга чыгарылат жана **каалабаганына карабастан ага моюн сунулат.** *(Kitab-ül Burhan Fi Alamet-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, 52, 53-б.)*

**КОЖОЮНДАРЫ (АЗ. МЕХДИ) ТАРТЫНАТ ЖАНА НАТЫЙЖАДА КААЛАБАГАНЫНА КАРАБАСТАН Бедир тобунчалык санда адам ага моюн сунат.**

*(Kitab-ül Burhan fi Alamet-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, 34-б.)*

Курани Керимде Йусуф Сүрөсүндө Аз. Йусуф (ас)дын да өзү каалабаса да өлкөнүн ханы тарабынан чынчылдыгы, адилеттиги, илими, ишенимдүүлүгү урматында башчы кылынганы кабар берилет:

**... Аны менен сүйлөшкөндө болсо (мындай) деди: «Сенин бүгүн биздин жаныбызда (эми) маанилүү бир ордуң бар, ишенимдүү (бир кеңешчи-башчы)сың. (Йусуф Сүрөсү, 54)**

## АЗ. МЕХДИ (АС)ГА КАЕРДЕ БАШ ИЙИЛЭЭРИ ЖӨНҮНДӨ

Меккеде аны Рүкунда табышып, мындай дешет: «эгер моюн сунуубузду кабыл албасаң, бизди издеп жаткан жана башында Хаддамдан бирөө турган Сүфйан армиясынан коргобосоң, күнөөлөрүбүз сенин мойнуңа жана кандарыбыз да мойнуңа болсун» дешет. **Ошондо Аз. Мехди (ас) Рүкун менен Макам арасына отурат жана колун созуп биаттарды (моюн сунууларды) кабыл алат.** *(El-Kavlu'l Muhtasar Fi Alamatil Mehdiyy-il Muntazar, 39-40-б.)*

**Рүкун менен Макам арасында ага моюн сунулат.** Аз. Мехди (ас) ушунчалык мээримдүү болгондуктан, анын доорунда бир адам да уйкусунан ойготулбайт, бир адамдын да мурду канабайт. *(El-Kavlu'l Muhtasar Fi Alamatil Mehdiyy-il Muntazar, 42-б.)*

Силер үч же жети күн чыгыштан бир отту көргөнүңөрдө Ал-и Мухаммеддин чыгышын күткүлө, иншаАллах-у Таада, бир мүнади (жарчы) **Аз. Мехди (ас)дын ысмы менен асмандан жар салат, чыгышта, батыштагылардын баары ал үндү угушат.** *(Kitab-ül Burhan Fi Alameti-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, 32-б.)*

Күнөөсүз адамдар өлтүрүлгөн жана бир тууганы да Меккеде өлтүрүлгөн кезде **асмандан бир мүнади (жарчы) «эмириңер паланча.** Жер бетин адилеттикке толтура турган Аз. Мехди (ас) мына ушул» деп жар салат. *(Ali Bin Hüsameddin El Muttaki, Celaleddin Suyuti'nin Tasnifinden Hadisler – Ahir Zaman Mehdisinin Alametleri, Kahraman Neşriyat, 35-б.)*

Өтө жайылган жана токтошу мүмкүн эместей бир фитна чыгат жана **ал фитна асмандан 3 жолу «Эмир (башчы) Аз. Мехди (ас), акыйкат ошол» деп жар салынганга чейин уланат.** *(El-Kavlu'l Muhtasar Fi Alamatil Hz. Mehdi (as)yy-il Muntazar, 55-б.)*

Хадистерде Аз. Мехди (ас)дын чыгышын асмандан келген бир үндүн кабар берээрине, б.а. радио жана телевизор аркылуу бүт адамдардын бул кубанычтуу кабарды угаарына көңүл бурулууда. Ал үндүн чыгыш менен батыштагылардын баарына жетээри айтылууда. Ал тургай, ар бир элдин бул үндү өз тилинде угаары кабар берилүүдө:

**Асмандан жердегилерге болгон бир үн; баары аны өз тилинде угат.**
*(Ali Bin Hüsameddin El Muttaki, Celaleddin Suyuti'nin Tasnifinden Hadisler – Ahir Zaman Mehdisinin Alametleri, Kahraman Neşriyat, 37-б.)*

Учурда жаңылыктар, кабарлар ар өлкөдө ал өлкөнүн тилине которулуп, радио, телевизор жана интернет аркылуу заматта бүт адамдарга жеткирилүүдө. Аз. Мехди (ас)дын чыгышы жөнүндөгү кабар да ушундай жол менен бүт адамдарга жеткирилет.

## МУСУЛМАНДАРДЫН РУХАНИЙ ЛИДЕРЛИГИ АЗ. МЕХДИ (АС)ГА ҮЙҮНДӨ ОТУРГАН КЕЗДЕ КЕЛЕТ

Аз. Мехди (ас) бүт арамдар адал саналган, чоң бир фитнадан соң чыгат. **ХАЛИФАЛЫК** (Мусулмандардын руханий лидерлиги) **АГА ҮЙҮНДӨ ОТУРГАНДА КЕЛЕТ** жана өз доорунда жер бетинин эң жакшысы ал болот. *(El-Kavlu'l Muhtasar Fi Alamet-il Mehdiyy-il Muntazar, 37-б.)*

## АЗ. МЕХДИ (АС) ЧЫККАНДА, БҮТ АДАМДАР АНЫН РУХАНИЙ ЛИДЕРЛИГИ АСТЫНДА БИРИГИШЕТ

Малик бин Замра айтат, Эмирүлмүминин Али алейхиссалам мага мындай деди: «... Жакшылыктын көпчүлүгү ошол заманда эй Малик! **АЛ ЗАМАНДА КАИМИБИЗ (АЗ. МЕХДИ (АС)) КЫЯМ ЭТЕТ ... АНАН АЛЛАХ БҮТ БААРЫН АНЫН АЙЛАНАСЫНДА БИРИКТИРЕТ.»** *(Şeyh Muhammed b. İbrahim-i Numani, Gaybet-i Numani 242-б.)*

Ыймандуулардын Мырзасы (сав) айтат: **«... АЛЛАХ СИЛЕР ҮЧҮН СИЛЕРДИ БИРИКТИРЕ ТУРГАН ЖАНА СИЛЕРДИ ЧАЧЫРАНДЫ КЕЗДЕ ЧОГУЛТА ТУРГАН БИРӨӨНҮ (АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫ) ЧЫГАРГАНГА ЧЕЙИН...** Күтсөңөр, сыйланасыңар жана **силердин адилетсиздикке туш болгонуңардын өчүн ала (дарвинизмге, материализмге жана атеизмге илим менен керектүү жообун бере) тургандын жана акыларыңардын куткаруучусунун ал (Аз. Мехди (ас)) экенин чындап түшүнөсүңөр...»** *(Kitab-ül Gaybet, [Bihar-ul Envar, т. 51], Ansariyan Yayıncılık, топтогон: Muhammed Bakır el-Meclisi, İran-Kum, 2003, 182-б.)*

# АЗ. МЕХДИ (АС) ИСЛАМ ААЛАМЫНЫН ЖАНА БҮТ АДАМЗАТТЫН КУТУЛУШУ БОЛОТ

## АЗ. МЕХДИ (АС) МУСУЛМАНДАРДЫ ЭРКИНДИККЕ ЖЕТКИРЕТ, АТЕИСТ СИОНИСТТЕР МЕНЕН АТЕИСТ МАСОНДОРДУН ШАЙТАНДЫК УЮМДАРЫН ТОКТОТОТ

Нежхүл Белагадан: Ыймандуулардын Мырзасы (сав) мындай деди: «... **(АЗ. МЕХДИ (АС)) ТУТКУНДУ ЭРКИНДИККЕ ЧЫГАРУУ, КУЛДУ АЗАТ КЫЛУУ жана ТУУРА ЭМЕС БАГЫТКА БУРУЛГАН УЛУТТУ ТАРКАТУУ ЖАНА ТУУРА ЖОЛДОГУЛАРДЫ БИРИКТИРҮҮ ҮЧҮН** эр жүрөктүк өрнөктөрүн көрсөтөт.» *(Kitab-ül Gaybet, [Bihar-ul Envar, т. 51], Ansariyan Yayıncılık, Derleyen (топтогон): Muhammed Bakır el-Meclisi, İran-Кит, 2003, 186-б.)*

Аз. Мехди (ас) өз доорунда **БАСЫП АЛЫНГАН АР КАЙСЫ ИСЛАМ ӨЛКӨЛӨРҮНДӨ ТУТКУНГА АЛЫНЫП ТҮРМӨГӨ КАМАЛГАН МУСУЛМАН БИР ТУУГАНДАРЫН ЭРКИНДИККЕ ЧЫГАРАТ. ОШОНДОЙ ЭЛЕ, АТЕИСТ СИОНИСТТЕР МЕНЕН АТЕИСТ МАСОНДОР ТҮЗГӨН ШАЙТАНДЫК УЮМДУ ТААСИРСИЗ (НАТЫЙЖАСЫЗ) КЫЛАТ.** Аз. Мехди (ас) Аллахка багытталган, Анын туптуура жолундагыларды Аллахтын уруксаты менен бириктирип, адамдар арасында бейпилдик, тынчтык жана коопсуздукту камсыздайт.

## МУСУЛМАНДАРДЫН БӨЛҮНҮҮЧҮЛҮГҮН АЗ. МЕХДИ (АС) ЖОК КЫЛЫП, ИСЛАМ ААЛАМЫН БИРИКТИРЕТ

Аз. Мехди (ас) чыга турган доордун өзгөчөлүктөрүнүн бири – бул Ислам ааламынын бир жана бүтүн болбошу. Ислам ааламынын бөлүнүп жарылышы, Мусулман калктар менен топтор арасындагы бөлүнүүчүлүк, пикир келишпестик, ал тургай, кагылышуулардын болушу Аз. Мехди (ас)дын чыгуу алааматтарынын бири. Аз. Мехди (ас) көрүнгөндө мындай чачырандылыкты толук жок кылып, Мусулман дүйнөсүнүн биримдигин камсыздайт. Бүт Мусулмандар сүйүү жана кубаныч менен Аз. Мехди (ас)дын айланасында биригишет.

Амире бинт-и Нуфейл айтат: Имам Хүсейн алейхиссаламдын мындай

дегенин уктум: **«СИЛЕР БИР-БИРИҢЕРДЕН БЕРИ (АЛЫС) ЭКЕНИҢЕРДИ АЙТМАЙЫНЧА, БИР-БИРИҢЕРДИН ЖҮЗҮНӨ ТҮКҮРМӨЙҮНЧӨ, БИР-БИРИҢЕРДИ ТАКФИР КЫЛМАЙЫНЧА (сен динден чыктың демейинче) ЖАНА БИР-БИРИҢЕРДИ КАРГАМАЙЫНЧА күткөнүңөр (Аз. Мехди (ас)дын чыгышы) келбейт.** Андай болсо ал кезде эч кандай жакшылык жок дедим. Ал мындай деди: **«Жакшылыктын баары ошол заманда. Каимибиз (АЗ. МЕХДИ (АС)) КЫЯМ ЭТЕТ (КӨРҮНӨТ) ЖАНА БУЛАРДЫН БААРЫН ЖОК КЫЛАТ.»** *(Şeyh Muhammed b. İbrahim-i Numani, Gaybet-i Numani 240-б.)*

## АЗ. МЕХДИ (АС) БҮТ МУСУЛМАНДАР АРАСЫНДАГЫ ФИТНА, КАРГАША ЖАНА БӨЛҮНҮҮНҮ ЖОК КЫЛЫП, МУСУЛМАНДАРДЫ БИР ТУУГАН КЫЛАТ

Нуайм б. Хаммад жана Эбу Наим; Мекхуль аркылуу Аз. Алиден риваят кылышкан. Ал мындай дегенин айткан: **«Эй Расулуллах (сав) Аз. Мехди (ас) бизден, Ал-и Мухаммедденби, же бизден эмеспи?»** Айтты: «Жок, **тескерисинче Бизден.** Аллах бул динди биз менен баштаган сыяктуу, Аны менен аягына чыгарат. Жана алар биз менен ширктен кутулган сыяктуу, **Анын менен да фитнадан кутулушат. Аллах биз менен адамдарды мушрикче душмандыктан куткарып, алардын жүрөктөрүнө достук менен сүйүү салган жана дин бир тууганы кылган сыяктуу, Аз. Мехди (ас) менен фитна душмандыгынан (кекенүү, жаман көрүү, жек көрүү жана душмандыктан) куткарат жана бир тууган кылат.»**

Табарани Эвсадда Амр б. Али Тарики менен Аз. Али б. Эби Талибден риваят кылды. Аз. Али Аз. Пайгамбар (сав)дан **«Эй Расулуллах Аз. Мехди (ас) бизденби же бизден эмеспи?»** деп сурады. Ал айтты: **«Тескерисинче Бизден.** Улуу Аллах Исламды биз менен баштаган сыяктуу Аны менен аягына чыгарат. Биз менен алар араларындагы ширк жана душмандыктан кутулган жана **жүрөктөрүнө достук менен сүйүү орногон сыяктуу, (Аз. Мехди (ас)дын келиши менен) кайра ошондой болот.** *(Celaleddin Suyuti'nin Tasnifinden Hadisler, Ahir Zaman Hz. Mehdisi'nin Alametleri, (Kitabül Burhan fi Alametil Hz. Mehdiyyil Muntazar), 23-б., Tercüme: Müşerref Gözcü - Kahraman Neşriyat)*

Хадистерде Аз. Мехди (ас)дын бүт Мусулмандар арасындагы фитна жана бөлүнүүчүлүктү токтотоору; жүрөктөрдө достук менен сүйүүнү орнотуп бүт Мусулмандардын бир туугандыгына себепчи болоору билдирилген.

**АЗ. МЕХДИ (АС) АДАМДАРДЫ ДОСТУККА ЖАНА БИР БОЛУУГА ЧАКЫРАТ**

**АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН КӨРҮНҮШҮ ЖАНА КЫЯМЫНДА БҮТ НЕРСЕ ДОСТУК МЕНЕН БИРИМДИК БОЛОТ...** *(El-İhtisas (Şeyh Müfid), 24-б.)*

**(АЗ. МЕХДИ (АС) УБАГЫНДА) ЖҮРӨКТӨРДӨГҮ КЕКЕНҮҮЛӨР КЕТИП, БҮТ ТАРАПТЫ БЕЙПИЛДИК МЕНЕН КООПСУЗДУК КУРЧАЙТ.** *(Bihar'ül Envar, т. 10)*

**АЗ. МЕХДИ (АС) ДООРУНДА ЖОЛДОН ЧЫККАН СИСТЕМАЛАР КЫЙРАЙТ**

Наим жана Эбу Наим Эбу Саидден риваят кылды, Ал Расулуллах (сав)дын мындай дегенин айтты: «Заман **ИНКИТАА ТУШ БОЛГОН (СИСТЕМАЛАР ӨЗГӨРГӨН) БИР УБАКТА** Мехди деген бир зат келет жана берешендиги мол жана сонун болот.» *(Ali Bin Hüsameddin El Muttaki, Celaleddin Suyuti'nin Tasnifinden Hadisler, Ahir Zaman Mehdisinin Alametleri, 14-б.)*

Дүйнөнүн бүт тарабында режимдер (системалар) өзгөрдү жана өзгөрүп жатат. Атеист, марксист, фашист, империалист системалардын баары кыйрады. Мунун Аз. Мехди (ас) чыга турган кылымда болушу Расулуллах (сав)дын бир керемети.

**АЗ. МЕХДИ (АС) ДҮЙНӨНҮ ЖАМАНДЫКТАР МЕНЕН ЗААЛЫМ ФИЛОСОФИЯЛАРДАН КУТКАРЫП, АДАМДАР АРАСЫНА СҮЙҮҮ МЕНЕН ТЫНЧТЫКТЫ ЖАЙАТ**

Момундардын Эмири (сав) сабактарында бизге ушундай сүйүнүчтүү кабарды айтты: дүйнө **жамандардан тазаланат жана арылат, заалим өкүмдарга каршы согуш (пикирдик күрөш) сегиз айга созулат, анан сүйүү менен тынчтык орнойт.** *(El-Sahife El-Mehdiye'den Seçme Dualar, Seyyid Murtaza Müçtehidi Sistani, 69-б.)*

Аз. Мехди (ас)дын үч чоң кызматынын (милдетинин) бири болгон дарвинизм жана материализм менен жүргүзгөн пикирдик күрөшү натыйжасында дүйнөдө бул философиялардын жемиши болгон заалимдик, таш боордук, сүйүүсүздүк сыяктуу адам табиятына карама-каршы иштер

токтойт. Өлкөлөр менен адамдарды дин ахлагын жашоодон, бир-бирин сүйүүдөн, мээрим көрсөтүүдөн, ынтымакта жашоодон, бир-бирине дин ахлагына ылайык жакшы мамиле кылуудан тоскон агымдар токтойт. Адамдарды материалист, Аллахка ишенбеген, руханий баалуулуктарын жоготкон, бузулган бир өмүр сүрүүгө түрткөн бул философиялар жана алардын ишке ашыруучулары Аз. Мехди (ас) урматында пикирдик жактан таасирсиз болуп калышат. Дүйнө жүзүндө сүйүү менен тынчтык орноп, өлкөлөр жана адамдар арасында терең достук, көмөктөшүү, биримдик жана ынтымак өкүм сүрөт.

**АЗ. МЕХДИ (АС) АДАМДАРДЫН БҮТ МАСЕЛЕЛЕРИН ЧЕЧЕТ, БҮТ АДАМДАРГА ЖАРДАМГА ЧУРКАЙТ**

**АЗ. МЕХДИ (АС) ЖАРДАМГА КЕЛҮҮЧҮ ЖАНА ФЕРЙАДРЕС** (ТЕЗ ЖАРДАМГА ЧАКЫРГАНГА ЖАРДАМГА ЧУРКАГАН, ЖАРДАМ БЕРҮҮЧҮ). **АЛЛАХ АНЫ ДҮЙНӨДӨГҮ АДАМДАРДЫН ТЕЗ ЖАРДАМЫНА ЖЕТИШИ ҮЧҮН ЖӨНӨТӨТ...** *(El-Mehdiyy-il Mev'ud, 1-т., 264, 275, 277, 285, 287, 288, 311, 318-б., 2-т., 11-б.)*

**АЛЛАХ АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫ СЕБЕПЧИ КЫЛЫП, ЗОМБУЛУКТУ ДА, ЗОМБУЛУКТУН ФИЛОСОФИЯСЫН ДА ЖОК КЫЛАТ**

Шейх Тусинин Гайбети: «Анан Аз. Мехди (ас)дын жогорулашы болот... **АЛЛАХ АЛ (АЗ. МЕХДИ (АС)) АРКЫЛУУ ЖАЛГАНДАРДЫ ЖОК КЫЛАТ. АЛ (АЗ. МЕХДИ (АС)) АРКЫЛУУ ЗОМБУЛУКТУ ЖОК КЫЛАТ.** Ал (Аз. Мехди (ас)) мойнуңардагы туткундук уятын жок кылат.» *(Kitab-ül Gaybet, [Bihar-ul Envar, том 51], Ansariyan Yayıncılık, Derleyen: Muhammed Bakır el-Meclisi, İran-Kum, 2003, 132-б.)*

**АЗ. МЕХДИ (АС) УБАГЫНДА ЗААЛЫМДАРДЫН ӨКҮМДАРЛЫГЫ БҮТӨТ**

**АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ӨКҮМДАРЛЫГЫ УБАГЫНДА ЗААЛИМДЕРДИН ЖАНА ТЕКЕБЕРЛЕРДИН ӨКҮМДАРЛЫГЫ, МҮНАФЫКТАРДЫН ЖАНА ЧЫККЫНЧЫЛАРДЫН САЯСИЙ ТААСИРИ НАБЫТ (ЖОК) БОЛОТ (ТОКТОЙТ).** *(El-Mehdiyy-il Mev'ud, т. 1, 252-б.)*

# АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН БАШКА КЭЭ БИР ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

### ХАДИСТЕРДЕ ИШАРАТ КЫЛЫНГАН 1956-ЖЫЛДЫН МААНИСИ

Хижрий 1300-жылдардын баалуу мужеддиди Бедиүззаман Саид Нурси Азрети *Рисале-и Нур*да (*Risale-i Nur*) 1956-жылга атайын токтолгон. 1956-жылы болгон окуялар эске алынганда, Саид Нурси Азретинин өзгөчө ушул жылга көңүл бурушу өтө таң калыштуу.

Рисале-и Нур шакирти Ахмед Фейзи Кул 1950-жылы жазган *"Maidet-ül Kur'an ve Hazinet-ül Bürhan"* аттуу эмгегинде кээ бир аяттардын эбжед маанилерин санаган. Бул эмгек Бедиүззаман Саид Нурси Азрети тарабынан кабыл алынып, "*Tılsımlar Mecmuası*" аттуу бөлүктүн аягына кошулган. Бул эмгекте эбжед мааниси катары Христиан жыл эсеби боюнча 1956-жылды берген аят – бул Таха Сүрөсүнүн 68-аяты.

**«Коркпо! дедик, үстөм боло (жеңе) турган сөзсүз сенсиң.» (Таха Сүрөсү, 68)**

Бул аяттагы **«сөзсүз сенсиң»** сөздөрүнүн эбжед мааниси **1956-жылды** берет.

**1956-жыл өтө маанилүү бир жыл.** Бедиүззаман Саид Нурси да, Ахмед Фейзи Кул да бул жылга өзгөчө маани берип, токтолушкан. Бедиүззаман Саид Нурси Азрети 1956-жылга ишарат кылган башка бир аяттын жоромолун *Emirdağ Lahikası* аттуу эмгегинде мындайча жасаган:

**Чындыгында мүнафыктар оттун эң төмөнкү кабатында. Аларга бир жардамчы таба албайсың. (Ниса Сүрөсү, 145)**

**... Эгер шадда эки «нун» саналса, окулбаган хамзалар жана (йе) да саналса, 1376 (1956-1957) болуп, бул зулуматлы нифактын (динсиздик жана зулумдукка таянган, эки жүздүү мүнафык системасынын) оозу жап болуу (токтоо) даражасына...** *(Emirdağ Lahikası (1), Mektup no: 15)*

Бедиүззаман Азрети бул жердеги <u>**«бул зулуматлы нифактын оозу жап болуу даражасына»** сөздөрү менен **1956-ЖЫЛДЫН** заалим каапырдык системанын, мүнафыктыктын, дарвинист-материалист системанын кыйрашынын</u> **БАШТАЛЫШЫ** экенин айтууда. Чындап эле 1956-жылдан соң

Ислам ааламында көп алга жылуулар болгон.

Куранда «1956-жылдын» эбжедин берген башка бир аят болсо Али Имран Сүрөсүнүн 81-аяты.

**Бир кезде Аллах бардык пайгамбарлардан, «Мен силерге китеп жана пайгамбарлык бергенден кийин силерге жаныңардагыны тастыктаган бир элчи келгенде, сөзсүз ага ыйман келтирип, дароо жардам бересиңер» - деп анык бир сөз (убада) алды жана: «Макул болдуңарбы, ушунуңар менен Менин убадамды (мойнуңарга) алдыңарбы?» деди. Алар: «Кабыл алдык» дешти. (Анда Аллах): «Күбө болгула, Мен да силер менен бирге күбө болуучуларданмын» - деди. (Али Имран Сүрөсү, 81)**

Бул аяттагы **«... кийин силерге жаныңардагыны тастыктаган бир элчи келди...»** сөздөрүнүн эбжеди **«1956-жылды»** көрсөтүүдө. *Рисале-и Нурлар*га болгон тыюунун алып салынышы да ушул жылга туш келген. 1956-жыл *Рисале-и Нур* үчүн өтө маанилүү бир жыл болгон. Белгилүү болгондой, ошол жылга чейин *Рисале-и Нур*ду алып жүрүү, окуу, таркатууга тыюу салынып, Нур Рисалелери жөнүндө бир миң беш жүздөй тергөө иштери ачылган эле. 1956-жылы болсо 8 жыл Афйон шаарында созулган соттун аякташы менен бул багыттагы чоң укуктук күрөш да аягына чыккан жана рисалелердин ичинде эч кандай кылмыштык элементи жок ыймандык эмгектер экени сот чечими менен бекитилген. Афйон Соту, 1956-жылы Түркия диний иштери башкарма кеңеши бүт *Рисале-и Нур жыйнагы*н бир-бирден карап ар бир Рисале жөнүндө оң жана пайдалуу Курандын бир чечмелөөсү деп рапорт берип, Нур Рисалелеринин пайдасына чечим алган жана натыйжада Рисале-и Нурлардын басып, көбөйтүлүшү эркин койо берилген.

Бедиүззаман Саид Нурси Азретинин Рисалелерде **1956-ЖЫЛГА** өзгөчө басым жасашынын мааниси 1956-жылы Түркияда жана дүйнөдө болгон чоң жана маанилүү окуяларды караганыбызда да апачык көрүнөт.

**1956-жылы болгон чоң жана маанилүү окуялар төмөнкүлөр:**

**1956-ж. 3-январь**

Судан көз-карандысыз бир республика болгонун жарыялады.

**1956-ж. 20-март**

Тунис Франциядан көз-карандысыздыкка жетти.

**1956-ж. 23-март**

Пакистан дүйнөнүн алгачкы Ислам Республикасы болду.

**1956-ж. 7-апрель**

Марокко көз-карандысыздыгын жарыялады.

**1956-ж.**

Ортоңку класстарда дин сабагы окутулуп баштаган.

## АЗ. МЕХДИ (АС) АРАПЧА БИЛБЕЙТ

Мухйиддин ибнүъл-Араби Азрети Хаким эт-Тирмизи Азретинин "Hatmü'l-evliya"да сураган суроолоруна жооп берүү үчүн жазган "el-cevabü'l-müstakim" аттуу эмгегинде мындай деген:

«... **Ал (Аз. Мехди (ас)) арапча жакшы сүйлөй албайт, бирок адеп-ахлагы жагынан андан айырмаланбайт. Ал орто бойлуу эрлерден.** Мүлктүн доору аны менен бүтөт жана велайет (олуялык) аны менен аягына чыгат. Анын ысмы «тирүү» болгон бир жардамчысы бар. Өзү руханий, көрүнүшү адам кейпинде.» (El-cevabü'l-müstakim amma seele anhü et-türmizi el-hakim, bayezid, no: 3750, 242b yaprağı) *(Kıyamet ve Alametleri, Ömer öngüt, Hakikat Yayıncılık, 288-б.)*

## АЗ. МЕХДИ (АС) РИМДИ РУХАНИЙ ЭЭЛЕЙТ, ВАТИКАНДА ЧОҢ БИР ЖЕР ТИТИРӨӨ БОЛОТ

**«... Аз. Мехди (ас) менен шакирттери ... (Римди) тасбих жана такбир менен каратышат... <u>Ал шаардын (ВАТИКАНДЫН)</u> дубалдары бир-бирден кулайт...»** *(Muhammed B. Resul El Hüseyin El Berzenci, Kıyamet Alametleri, 204-б.)*

Италияда болгон жер титирөө натыйжасында Ватикандын дубалдарында бузулуулар болгон. Римде көп имараттар жер менен жексен болгон.

## ЧЫГЫШТАН БИР ТОП АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ЧЫГЫШЫ ҮЧҮН ШАРТТАРДЫ ДАЯРДАЙТ

**Чыгыш тарабынан бир катар адамдар чыгып, Аз. Мехди (ас)дын салтанатын (өкүмдарлыгын) даярдашат.**

*(El-Kavlu'l Muhtasar Fi Alamatil Mehdiyy-il Muntazar, 21-б.)*

**Шарктан (чыгыштан) бир жамаат чыгат жана Аз. Мехди (ас)дын салтанатына жардам берет.** *(Ali Bin Hüsameddin El Muttaki, Celaleddin*

*Suyuti'nin Tasnifinden Hadisler – Ahir Zaman Mehdisinin Alametleri, Kahraman Neşriyat, 60-б.)*

... Анан Иерусалимге түшүшөт жана **Аз. Мехди (ас) үчүн салтанат даярдашат.** *(El-Kavlu'l Muhtasar Fi Alamatil Mehdiyy-il Muntazar, 47-б.)*

## АЛЛАХТЫН АЗ. МЕХДИ (АС)ГА БОЛГОН СҮЙҮҮСҮ СЕБЕБИНЕН ЖЕР ТИТИРӨӨЛӨР ТОКТОЙТ

**АНЫН (АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН) УРМАТЫНА ЖЕР ТИТИРӨӨЛӨРДҮ ТОКТОТОМ.** *(Şeyh Muhammed b. İbrahim-i Numani, Gaybet-i Numani 70-б.)*

## АСХАБЫ КЕХФ АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ЖАРДАМЧЫСЫ БОЛОТ

**Асхаб-ы Кехф (үңкүр ээлери) Аз. Мехди (ас)дын жардамчылары болот.**
*(Kitab-ül Burhan Fi Alamet-il Mehdiyy il Ahir Zaman, 59-б.)*

## АЗ. МЕХДИ (АС) ЖӨНҮНДӨ АР КАНДАЙ ПИКИРЛЕР АЙТЫЛАТ, БИРОК КИЙИН БИР ПИКИРГЕ КЕЛИНЕТ

Аз. Мехди (ас) жөнүндө ар кандай пикирлер болоору хадисте айтылган. Аз. Мехди (ас) жөнүндөгү бир-биринен айырмалуу көптөгөн пикирлер акырындап чыныгы жана туура пикирде биригет. Хадисте Аз. Мехди (ас)дын себепчи болушу менен бир-бирине бир тууган болгон Мусулмандардын акыларынын кыйынчылык менен курулаары айтылат. Мусулмандардын ал доордо оор кысымчылык шарттарында жашашы жана адилетсиздикке туш болоору хадистерден көрүнүп турат. Аллахтын Аз. Мехди (ас)ды себепчи кылышы аркылуу дүйнөдө адилеттик, толеранттуулук жана коопсуздук орнойт. Бул Аз. Мехди (ас)дан мурда дүйнөдө адилетсиздик менен сүйүүсүздүктүн өкүм сүрөөрүнө ишарат кылат. Аллахтын адамдарга болгон ыраазылыгы менен сүйүүсү Аз. Мехди (ас) себеби менен артат. Ислам дини Аз. Мехди (ас)дын себепчи болушу аркылуу чыныгы абалына кайтат жана Ислам ахлагы дүйнөгө орнойт.

Замандын ээси Эль-Мехди (Аз. Мехди (ас)) жөнүндө **ар түрдүү пикирлер биригип ээрчийт, ар кандай көз-караштар арасында булар биригет, анын себеби менен эң жакын досторуңардын акылары жулуп чыгарылат,** анын себеби менен душмандарыңардын жамандыктарына каршы

турасыңар жана дүйнө жүзүн анын себеби менен жакшылык жана адилеттикке толтурасыңар, анын чыгышы менен бирге кулдардын үстүндөгү немат-жакшылыктар менен ыраазылык артат (өсөт). **Кадыр-барк жана мактоо менен чындыктар ордуна кайтарылат жана дин анын колу менен кайрадан курулат.** *(Seyyid Murtaza Müçtehidi Sistani, Nashr Almas Yayınları, 343-б.)*

## АЗ. МЕХДИ (АС) ДООРУНДА БОЛО ТУРГАН КЭЭ БИР МААНИЛҮҮ ОКУЯЛАР

Андан **«(Аз. Мехди (ас)) качан чыгат?»** деп сурадым. Ал мындай деди: **«Ирактын Анбар аймагында, Евфрат менен Шираз жана Дижле жээгинде аскерлерди көргөнүңдө, Куфанын куполу бузулганда, Куфада кээ бир үйлөр күйгөндө,** булардын баарын көргөнүңдө Аллах каалаганын чындыгында жасайт, эч ким Аллахтын буйругуна тоскоол боло албайт жана эч ким Анын өкүмүн өзгөртө албайт.» *(Falahi Ssa'il: 199; жана El-Misbaah: 51 жана El-Baladul Amin: 35)*

Хадисте Аз. Мехди (ас)дын чыгуу алааматтары айтылууда. Акыр заманда болгон окуялардан Ирактын басып алынышында Ирактын Анбар аймагында Америка армиясынын башкарууну көпкө чейин башкарышы көп гезит, телевизорлордо айтылган. Түркияда Евфрат менен Дижле жээгинде ПКК (РКК) террорунун күчөшү да ушул убакта болгон. Хадисте айтылган «Шираз» шаары болсо Ирандагы бир шаардын ысмы болуу менен бирге Тегерандын да эски аты. Шах Пехлеви төңкөрүш менен бийликтен алынган кезде Ирандагы эң чоң кагылышуулар Тегеранда болгон. Хадисте ошол эле учурда Ирактын Куфа шаарында болгон кагылышууларга да токтолгон. Америка аскерлери менен аймактагы тирешүүчү топтор арасында болгон кагылышуулар медиада (ММКда) көп жарыяланган. Пайгамбарыбыз (сав) акыр заманда боло турган чоң (маанилүү) окуяларды 1400 жыл мурда кабар берген. Хадисте, ошондой эле, Аз. Мехди (ас)дын чыгышына тоскоол болууга аракеттенген кишилердин болушу мүмкүн экенине да ишарат кылынууда. Аллах тагдырда жараткан окуяларга тоскоол болууга эч кимдин күчү жетпейт, Аллах сөзсүз буйругун орундатат.

## АЗ. МЕХДИ (АС) ЭМГЕКТЕРИНДЕ РИСАЛЕ-И НУРДАН ПАЙДАЛАНАТ

... Бул акыйкаттан көрүнүп тургандай; **КИЙИН КЕЛЕ ТУРГАН АЛ МУБАРЕК (КУТТУУ) ЗАТ РИСАЛЕ-И НУРДУ БИР ПРОГРАММА**

**КАТАРЫ НЕШР ЖАНА ТАТБИК КЫЛАТ** (жазуу жана таркатуу аркылуу жайат жана турмушка ашырат). *(Sikke-i Tasdik-i Gaybi, 9-б.)*

Бедиүззаман бул сөзү менен дагы бир жолу Аз. Мехди (ас)дын келээрин сүйүнчүлөгөн жана ал куттуу заттын өз кызматтарын жасап жатканда, өзүн «Аз. Мехди (ас)га негиз даярдаган бир алдынан жүргөн аскер» катары санаган Бедиүззамандын эмгектеринен да пайдаланаарын айткан.

Бедиүззаман Аз. Мехди (ас) жөнүндөгү сөздөрүнүн көпчүлүгүндө кайталаган **«КЕЛЕ ТУРГАН»** сөзүн бул жерде да колдонгон. Бедиүззаман бул сөздөрү менен Аз. Мехди (ас)дын мурдакы мужеддиддер жана Бедиүззаман жашаган доорлордо келбегенин; ал куттуу заттын булардын баарынан **«КИЙИН»** келээрин айткан. Мындан тышкары, Бедиүззаман муну келээр чакты көрсөткөн этишти колдонуу аркылуу эле эмес, ага кошумча **«КИЙИН»** сөзү менен да тастыктап өтө тактап айткан.

Бедиүззаман, мындан тышкары, бул жерде **«ЗАТ»** сөзүн сыпаттап, Аз. Мехди (ас)дын **«КАНДАЙ ЗАТ»** экенин да айтууда. Бедиүззаман Аз. Мехди (ас)дын **«КУТТУУ БИР ЗАТ»** экенин белгилөөдө. **«КУТТУУ (МУБАРЕК)»** сөзү **«Аллахтын жакшылыгы болгон»** маанисине келет. Бедиүззаман бул жерде колдонгон бул **«куттуу»** сыпаты менен Аз. Мехди (ас)дын ыйманын, аткара турган кызматтарын мактоодо. Бедиүззаман бүт бул терең маалыматтар аркылуу Мусулмандарга Аз. Мехди (ас)дын адеп-ахлагын жана күрөшүн таанытып, ал жогорку адеп-ахлактуу кишини кайсы өзгөчөлүктөрү менен таануу мүмкүн экенин айтууда.

Бедиүззаман эмгектеринде Аз. Мехди (ас)дан мурдакы кылымдын мужеддиди болушу себебинен өзүн «Аз. Мехди (ас)дын бир алды», «ага негиз даярдаган бир аскери» деп сыпаттаган. Дагы бир сөзүндө болсо «өзү эккен уруктардын Аз. Мехди (ас) тарабынан өрчүтүлөөрүн жана ал куттуу инсан себебинен ал уруктардын жарып чыгаарын» айтуу менен Аз. Мехди (ас) келээрден мурда кылган кызматтары менен ага «бир алдыңкы даярдык» кылганын айтууда. **Бедиүззаман бул сөзүндө болсо Рисале-и Нур жыйнагынын Аз. Мехди (ас) динге чакырууда колдоно турган бир алдыңкы даярдык экенин айткан. Бедиүззаман Аз. Мехди (ас) чыккан кезде Рисалелердин жазылып даяр болоорун жана ыйманды куткаруу кызматында Рисалелерден пайдаланаарын айткан.** Бедиүззаман бул сөздөрү менен өзүнүн Аз. Мехди (ас) эмес экенин, Аз. Мехди (ас)дын **«АНДАН КИЙИНКИ УБАКТА КЕЛЕ ТУРГАН БИР ИНСАН ЭКЕНИН»** дагы бир жолу айтып кеткен.

## ПАЙГАМБАРЫБЫЗ (САВ)ДЫН АКЫР ЗАМАН ХАДИСТЕРИН АЗ. МЕХДИ (АС) ЭҢ ТУУРА ТҮШҮНДҮРӨТ

Эбу Басир айтат, Имам Мухаммед Бакыр алейхиссаламдын мындай дегенин уктум: «... Айтты: Аз. Мехди (ас) кыям эткенде Расулуллахтын жолунан жүрөт. **БИР ГАНА АЛ (АЗ. МЕХДИ (АС)) РАСУЛУЛЛАХТЫН (САВ) ЭМГЕКТЕРИН ТҮШҮНДҮРӨТ...»** *(Şeyh Muhammed b. İbrahim-i Numani, Gaybet-i Numani 191-б.)*

Бул хадис өзгөчө акыр заман хадистери жөнүндө айтылган. Аз. Мехди (ас) ал хадистердин чыныгы маанисин түздөн-түз билген киши болгондуктан, Пайгамбарыбыз (сав)дын акыр заман жөнүндөгү хадистерин эң туура ал түшүндүрөт.

## АЗ. МЕХДИ (АС) МЕНЕН ПАЙГАМБАРЫБЫЗ (САВ) АРАСЫНДА КӨЗ БОЙОМОЧУ УЛГАЙГАН БИР АДАМ БОЛОТ

Амр ибн ал-ас риваят кылган: «Пайгамбар Мырзабыз мындай деген: **«МЕН БУЛ ҮММӨТТҮН АЛГАЧКЫСЫМЫН. АЗ. МЕХДИ (АС) БУЛ ҮММӨТТҮН ОРТОСУНДА. АЗ. ИСА (АС) БОЛСО АЯГЫНДА. АРАБЫЗДА БОЛСО АЛДАМЧЫ (КӨЗ БОЙОМОЧУ) УЛГАЙГАН БИР АДАМ БАР.»** *(Bihar ül Envar, 51-том, Kitab ul Gaybet, Allame Muhammed Bakır El-Meclisi, 132-б.)*

Хадисте Пайгамбарыбыз (сав) акыр заманда дүйнөнү канга, зулумдукка жана азапка чөмүлткөн бүт Жаратканды тануучу системалардын түпкү логикасын түзгөн дарвинизмдин пикирдик атасы Дарвинге ишарат кылган. Белгилүү болгондой, Аз. Мехди (ас) чыгаардан мурда дүйнөнүн башаламандык (хержү мерж) ичинде калаары, чоң согуштар, кыргындар жана кыйроолор болоору, эгоизмдин, сүйүүсүздүктүн, ишенбестиктин орношу, адамдар бир-биринен өтө алыстаган бир заман болоору Пайгамбарыбыз (сав)дын хадистеринде акыр заман алааматтары катары кабар берилген. Мындай абалдын жаралышында Дарвиндин жана анын пикирлеринен келип чыккан дарвинизмдин өтө чоң таасири болгон. Бирок Аз. Мехди (ас)дын чыгышы менен бирге дарвинизм, материализм, коммунизм, фашизм сыяктуу бүт Жаратканды тануучу философиялар кыйрайт, андан соң Аз. Иса (ас) түшөт. Аз. Иса (ас) менен Аз. Мехди (ас) доорлору адамзат тынчтык, бейпилдик жана жыргалчылыкта жашаган, адамдар топ-топ болуп Аллахтын акыйкат динине кирген, Ислам ахлагы орногон бир доор болуп, дарвинизмдин таасири жок болот. Бул алтын кылым, устат Саид Нурси Азретинин айтуусу боюнча, хижрий 1506-жылдарга чейин уланат. (Туурасын Аллах билет.)

## ХАДИСТЕРДЕ 1997- ЖАНА 1999-ЖЫЛГА ИШАРАТТАР

Аз. Мехди (ас)дын чыгуу алааматтары кабар берилген хадистердин биринде болсо 1997- жана 1999-жылдарга көңүл бурулган:

Адамдар 95-жылга чейин малик (мүлктүү) болушат, б.а. иштер жакшы жүрөт. 97- жана 99-жылы мүлктөрү жок болот (түгөйт)...

*(El-Kavlu'l Muhtasar fi Alamatil Mehdiyy-il Muntazar, 54-б.)*

Хадистеги «95-жыл» деген сөз 1995-жылга көңүл буруп жатышы ыктымал. 1995-жылга чейин адамдар салыштырмалуу бардарчылыкта өмүр сүрүшүп, жашоо шарттары анчалык оордошкон эмес. Андан соң болсо ар кандай кыйынчылыктар чыгып баштаган. 1997-жылы ар кандай саясий кыйынчылыктар болгон. 1999-жылы болсо Түркиянын Мармара аймагында жана Түркия масштабында болгон жер титирөөлөрдө акыркы жылдардын эң чоң мал жана жан жоготуулары болгон.

# АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ТАМАГЫ, КИЙИМДЕРИ ЖАНА УНААСЫ

### АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ТАМАГЫ ЖӨНӨКӨЙ (КОШУМЧАСЫЗ) БОЛОТ

Аз. Мехди (ас)дын, Эмир-үл Мүминин Али алейхиссалам сыяктуу, **ТАМАГЫ ЖӨНӨКӨЙ**... *(Bihar-ul Envar, т. 52, 279-б.)*

Имам Садык (ас) айткан: «... Аллахка ант болсун, **АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН... ТАМАГЫ КОШУМЧАСЫЗ.»** *(Bihar-ul Envar, т. 52, 354-б.)*

### АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН КИЙИМДЕРИ ДА, ТЕРИСИ ДА ЖАРКЫРАГАН БОЛОТ

Имам Али (а.с) айтат: Расулуллах (сав) мага кайрылып мындай деди: **«АНЫН (АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН) ҮСТҮНДӨ НУРДАН КИЙИМДЕР БАР...»** *(Bihar, т. 36, 337-б.; т. 51, 108-б.)*

Хасан бин Махбуб-и Зеррад айтат: Имам Рыза алейхиссалам мага мындай деди: **«... (АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН) ҮСТҮНДӨ НУРДАН КИЙИМДЕР БАР.»** *(Şeyh Muhammed b. İbrahim-i Numani, Gaybet-i Numani, 207-б.)*

Хадисте **«үстүндө нурдан кийимдер бар»** сөздөрү менен Аз. Мехди (ас)дын кийиминин жаркыраган болooруна ишарат кылынган. Белгилүү болгондой, **«нур» «жарык булагы»** эмес, **«жарыкты чагылтуучу»** маанисине келет.

Курандын **«Жана айды алар ичинде бир нур кылып, күндү болсо (жарык кылуучу жана ысытуучу) бир шам чырак кылган.»** (Нух Сүрөсү, 16) аятында болсо күндүн бир жарык булагы экени, «нур» сөзү менен айтылган айдын болсо жарыкты чагылтаары белгиленген.

### АЗ. МЕХДИ (АС) ПАЙГАМБАРЫБЫЗ (САВ) СЫЯКТУУ АК ЖАРКЫРАГАН ЖАНА ТАЗА КИЙИМДЕРДИ КИЙЕТ

Абан бин Таглиб айтат: имам Жафери Садык а.с.дын мындай дегенин уктум, мен Каимди (Аз. Мехди (ас)) көрүп жаткан сыяктуумун. **<u>Нажафтын</u>**

**артында Расулуллахтын ак соотун кийет жана соотту кийген соң денеси Расулуллахтын денесиндей кеңейт. Бейиш жибектеринен бир кийим сооту жабат**... *(İmam Mehdi, Ali İrfan, Velayet Yayıncılık, 94-б.)*

Аз. Алинин неберелеринен болгон Имам Жафери Садык (ас) Пайгамбарыбыз (сав)дан риваят кылган бир хадисте акыр заманда чыга турган Аз. Мехди (ас) жөнүндө анын Пайгамбарыбыз (сав) сыяктуу ак, таза жана жаркыраган кийимдер кийээрин билдирген. Бул жерде «бейиш жибеги» деп таза жана жаркыраган көрүнүш айтылууда. Аз. Мехди (ас)дагы нур менен тазалыкка басым жасоо үчүн «бейиш жибеги» деген сөз колдонулган. Чындыгында болсо бейиш жибеги бейишке тиешелүү бир кездеме. Ошондой эле, бул хадисте Аз. Мехди (ас)дын денесинин Пайгамбарыбыз (сав) сыяктуу кең жана жарашыктуу болооруна көңүл бурулган.

## АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН МАШИНАСЫНЫН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

Аз. Мехди (ас) токтоо мүнөздүү, жакшы келбеттүү... **АНЫН АТЫ КАРАҢГЫЛАРДА ОН ТӨРТТҮК (ТОЛГОН) АЙ СЫЯКТУУ ЖАРКЫРАЙТ. АЛ (АЗ. МЕХДИ (АС)) ЭҢ ЖАКШЫ ТОПТУН АЛДЫНДА ЖҮРӨТ.** Алар Аллахтын динин кучактап, аны менен Аллахка жакындоого аракеттенишет... *(Şeyh Muhammed b. İbrahim-i Numani, Gaybet-i Numani 171-б.)*

Хадисте Аз. Мехди (ас) доорунда техникалык унаалардын биринин «машина» болооруна жана ал машиналардын фараларына, ички чырактарына көңүл бурулган. Хадисте берилген маалыматтан Аз. Мехди (ас)дын машинасынын фараларынын да жаркырашы түшүнүктүү болууда.

Ошондой эле хадисте Аз. Мехди (ас)дын **«атынын он төрттүк ай сыяктуу»** жаркырашына басым жасалганы да өтө таң калыштуу. Бул Аз. Мехди (ас)дын машинасындагы тоголок, чоң, жаркыраган бир жарык булагына ишарат кылууда; бул болсо Аз. Мехди (ас)дын машинасынын фараларын өтө так сүрөттөйт.

**«Ал эң жакшы топтун алдында жүрөт»** сөздөрү менен болсо Аз. Мехди (ас)дын машинасынын өз шакирттеринен турган бир конвойдун алдынан кетээрине ишарат кылынууда.

Же **«алдында жүрөт»** сөзү Аз. Мехди (ас)дын ал машинанын алдыңкы тарабында отураарын көрсөтүүдө.

Абан бин Таглиб мындай дейт, Имам Жафери Садык алейхиссаламдын мындай дегенин уктум: «Мен Каимди (Аз. Мехди (ас)ды) Куфанын

Нажафында көрүп жаткан сыяктуумун. **... АНДАН СОҢ (АЗ. МЕХДИ (АС)) КАРА-АК ТҮСТҮҮ ЭКИ КӨЗҮНҮН АРАСЫ НУР СЫЯКТУУ ЖАРКЫРАГАН БИР АТКА МИНЕТ...»**

Бул хадисте болсо машинанын эки тарабындагы эки фарага көңүл бурулган жана Аз. Мехди (ас)дын кара жана ачык түстүү машиналарды колдоноору айтылган.

# АЗ. МЕХДИ (АС) ДООРУНДА ЕВРЕЙЛЕР

### АЗ. МЕХДИ (АС) ЧЫНЫГЫ ТООРОТТУ ЧЫГАРАТ ЖАНА БИР ЕВРЕЙ ЖАМААТЫ АНЫН СЕБЕБИНЕН МУСУЛМАН БОЛОТ

«Анын Аз. Мехди (ас) денилишинин себеби мындай. Ал еврейлер ажылык кылган Дамаск тоолорунан бир тоонун ичиндеги **Тооротко тиешелүү китептерди чыгарат жана еврейлерден бир жамаат анын колунда Мусулман болот.**» *(İmam-ı Suyuti)*

«Анын Аз. Мехди (ас) денилишинин себеби Дамаскта жайгашкан тоолордун бирине кайрылышы. Ал жерден **(ЧЫНЫГЫ) ТООРОТ КИТЕПТЕРИН ЧЫГАРАТ, ЕВРЕЙЛЕРГЕ ДАЛИЛ СУНАТ.**» *(Suyuti, el-Havi li'l Feteva, II. 81)*

### КӨП ЕВРЕЙЛЕР АЗ. МЕХДИ (АС) СЕБЕБИНЕН МУСУЛМАН БОЛОТ

Нуайм Селман б. Исадан риваят кылды, ал айтты: «Угушум боюнча, Аз. Мехди (ас)дын колунда (убагында) бейпилдик (секине) болгон табыт Таберийа көлүнөн чыгарылат жана Байтул Макдисте Анын алдына алып келинет. **Еврейлер аны көргөндө, өтө азынан тышкары, көпчүлүгү Мусулман болушат.»** *(Celaleddin Suyuti'nin Tasnifinden Hadisler, Ahir Zaman Hz. Mehdisi'nin Alametleri, (Kitabül Burhan fi Alametil Hz. Mehdiyyil Muntazar), 23-б., Tercüme: Müşerref Gözcü - Kahraman Neşriyat)*

### АЗ. МЕХДИ (АС) МЕНЕН БИРГЕ ИЗРАИЛ (ИСРАИЛ) УРПАКТАРЫНАН БИР ЭЛ БОЛОТ

Аз. Мехди (ас) көрүнгөндө Аз. Муса (ас)дын коомунан болгон

ыймандуу, Аллахка карата чын ыкластуу еврейлер менен байланышта болот жана ал коомдон бир топ адам аны менен бирге иш-аракет кылат.

Шейх эль-Мүфид Эль-Иршад аттуу китебинде эль-Муфезел ибн Өмерден Эбу Абдуллах (ас)дын мындай дегенин билдирген: **«ИМАМ МЕХДИ МЕНЕН БИРГЕ... МУСА КООМУНАН БИР КАЛК БОЛОТ.»** (*El-Irşad, El-Mufid El-Tusi 402-б.)*

## АЗ. МЕХДИ (АС) ЕВРЕЙЛЕРДИ АЗ. ДАВУД (АС) ЖАНА АЗ. СУЛАЙМАН (АС)ДЫН ӨКҮМҮ МЕНЕН БАШКАРАТ

Аз. Мехди (ас) Пайгамбарыбыз (сав)дын урпактарынан болот. Белгилүү болгондой, Энъам Сүрөсүнүн 83-87-аяттары арасында пайгамбарлардын бир атадан экени билдирилген. Б.а. бүт пайгамбарлар бир атадан тарашкан. Ушул себептен, Аз. Мехди (ас) да, табигый түрдө, Аз. Муса (ас)дын, Аз. Сулайман (ас)дын, Аз. Аййуб (ас)дын жана Аз. Давуд (ас)дын урпактарынан болот. Аз. Мехди (ас) көрүнгөндө китеп берилгендерге (еврей, христиандарга) боорукердик жана сүйүү менен мамиле кылып, аларды коргоп колдойт. Мындай чын ыкластуу мамилеси кээ бир еврейлердин Мусулман болушуна себепчи болот. Аз. Мехди (ас) еврейлер арасында Тоороттун чыныгысы менен өкүм берет.

Али ибн-Ибрахим атасы ибн Эбу Өмер, Мансурдан, Фазыл эль-Аоур Эбу Убейдеден билдирген: **ПАЙГАМБАРДЫН ЭХЛИ БЕЙТИНЕН КАИМ (АЗ. МЕХДИ (АС)) КЕЛГЕНДЕ, ДАВУД ЖАНА СУЛАЙМАН ӨКҮМДАРЛЫГЫ БОЮНЧА БАШКАРАТ.»**

# КУРАНДА АКЫР ЗАМАНГА, АЗ. ИСА (АС) ЖАНА АЗ. МЕХДИ (АС)ГА ЖАНА ИСЛАМ АХЛАГЫНЫН ДҮЙНӨГӨ ЖАЙЫЛЫШЫНА ИШАРАТ КЫЛГАН АЯТТАР

## ПАЙГАМБАРЫБЫЗ (САВ) НУР СҮРӨСҮНҮН 55-АЯТЫНЫН АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН СЕБЕБИНЕН ИСЛАМ АХЛАГЫНЫН ДҮЙНӨГӨ ЖАЙЫЛЫШЫНА ИШАРАТ КЫЛААРЫН БИЛДИРГЕН

**Аллах араңардан ыйман келтиргендерге жана салих (чын ыкластуу) иштерди кылгандарга убада кылган: Эч күмөнсүз, алардан мурдакыларды «күч жана бийлик ээси» кылган сыяктуу аларды да жер жүзүндө «күч жана бийлик ээси» кылат, алар үчүн тандап жактырган динин аларга бекемдеп, жайгаштырат жана аларды коркууларынан кийин бейпилдикке айландырат. Алар жалаң гана Мага ибадат кылышат жана Мага эч нерсени шерик кошушпайт. Ким мындан кийин чындыктан баш тартса, дал ошолор – бузукулар. (Нур Сүрөсү, 55)**

Али бин Хасан аркылуу Аййаси тарабынан риваят кылынды: **Анын жанында бул улук аят окулду**: Алар Аллахка ант болсун биздин эхли бейттин сүйгөндөрүнөн. **АЛЛАХ БИЗДЕН БИР АДАМДЫН КОЛУ МЕНЕН АЛАРГА (МУНУ) КЫЛДЫРАТ. АЛ ИНСАН БОЛСО БУЛ ҮММӨТТҮН МЕХДИСИ.** *(Mecmau'l beyan fi tefsiri'l-Kuran Ebu Ali Eminuddin Fazl, Hasan b. Fazl Tabersi 1986, т:4, б. 832)*

**1.**

***Аллах араңардан ыйман келтиргендерге жана салих (чын ыкластуу) иштерди кылгандарга убада кылган...***

Деп Аллах чын жүрөктөн ыйман келтирген Мусулмандарга али келе элек, бирок сөзсүз келе турган бир убадасын билдирүүдө. Бул убада Ислам ахлагынын дүйнөгө жайылышы. (Туурасын Аллах билет.)

**2.**

***...Эч күмөнсүз, алардан мурдакыларды «күч жана бийлик ээси»***

***кылган сыяктуу…***

Аллах адамзат тарыхы бою Аз. Сулайман (ас) жана Аз. Зулкарнейн (ас)ды себепчи кылып дин ахлагын эки жолу дүйнөгө жайган (орноткон). Аллах Сулайман (ас)га да, Зулкарнейн (ас)га да чоң күч-кубат жана бийлик берген. Курани Керимде Аз. Сулайман (ас)дын кол астында жиндер бар экени жана ага кызмат кылганы, ошондой эле, шамалды жана жез металлын да Аллахтын Сулайман (ас)дын кызматына бергени айтылат (Себе Сүрөсү, 12). Мындан тышкары, Аллах Аз. Сулайман (ас)га ар кандай башка илимдерди да тартуулаган. Ал Аллахтын каалоосу менен шайтандарга да өкүм берип, куштар менен сүйлөшүп, кумурскалардын да өз ара сүйлөшкөндөрүн уга алган. Булардын баары Аз. Сулайманга Аллах насип кылган өзгөчө илимдер. Ошол сыяктуу, Пайгамбарыбыз (сав) Аз. Мехди (ас) доорунда да жердин астындагы байлыктарын анын кызматына берээрин, анын убагында алтын кылымдын болоорун билдирген:

**«Аз. Мехди (ас) менин урпактарымдан… Жер астындагы казыналарды чыгарат жана ширк шаарларын каратат.»** *(Beklenen Mehdi'nin Alametleri, Ahmet İbn-i Hacer-i Mekki (Heytemi), 25-б.)*

**«… Жер жүзү ичиндеги казыналарды сыртка ыргытат (чыгарат).»** *(El-Kavlu'l Muhtasar Fi Alamatil Mehdiyy-il Muntazar, 45-б.)*

**3.**

***…аларды да жер жүзүндө «күч жана бийлик ээси» кылат…***

Деп Аллах Аз. Сулайман (ас) менен Аз. Зулкарнейн (ас)дын жогоруда айтылган өкүмдарлыгынан соң боло турган башка бир өкүмдарлык доорун кабар берүүдө. Бирок Аз. Мехди (ас)дын чыгаар убактысы болгон хижрий 1400-жылдарга чейин дүйнө тарыхында андай дүйнө өкүмдарлыгы эч болгон эмес. Мусулмандар толук мааниде дүйнө жүзүндө **«күч жана бийлик ээси»** боло алышкан эмес. Ислам ахлагы бүт адамдар тарабынан кабыл алынган эмес. Пайгамбарыбыз (сав)дын акыр заман жана Аз. Мехди (ас) жөнүндө айткан хадистеринде Аз. Мехди (ас) доорунда ушундай дүйнөлүк масштабдагы бир өкүмдарлыктын болоору, Аз. Мехди (ас) себебинен көптөгөн еврейлердин Ислам динине кирээри, Аз. Иса (ас)дын жер бетине түшүүсү менен христиандардын Ислам динин кабыл алаары айтылат.

**«Анын Аз. Мехди (ас) денилишинин себеби мындай. Ал еврейлер**

**ажылык кылган Дамаск тоолорунан бир тоонун ичиндеги Тооротко тиешелүү китептерди чыгарат жана еврейлерден бир жамаат анын колунда Мусулман болот.»** *(İmam-ı Suyuti)*

**Нуайм Селман б. Исадан риваят кылды, ал айтты: «Угушум боюнча, Аз. Мехди (ас)дын колунда (убагында) бейпилдик (секине) болгон табыт Таберийа көлүнөн чыгарылат жана Байтул Макдисте Анын алдына алып келинет. Еврейлер аны көргөндө, өтө азынан тышкары, көпчүлүгү Мусулман болушат.»** *(Celaleddin Suyuti'nin Tasnifinden Hadisler, Ahir Zaman Hz. Mehdisi'nin Alametleri, (Kitabül Burhan fi Alametil Hz. Mehdiyyil Muntazar), 23-б., Tercüme: Müşerref Gözcü - Kahraman Neşriyat)*

**4.**

***... алар үчүн тандап жактырган динин аларга бекемдеп, жайгаштырат...***

Аллах Мусулмандарга бул аятында сөз болуп жаткан дүйнө өкүмдарлыгынын келечекте болоорун келээр чакты колдонуу менен билдирүүдө. Раббибиз аятында **«динин аларга бекемдеп, жайгаштырат...»** деп Ислам ахлагынын бүт дүйнөгө жайылып, орноорун жана күчтөнөөрүн билдирген. Мындай анык бир «орноо жана бекем жайгашуу» Аз. Сулайман (ас) менен Аз. Зулкарнейн (ас) доорлорунан соң акыйкат диндердин эч биринде хижрий 1400-жылга чейин болгон эмес. Пайгамбарыбыз (сав) болсо бул өкүмдарлыктын акыр замандын Улуу Мехдиси убагында болоорун ачык айткан. Хижрий 1400-жылдардын башталышы менен бирге Пайгамбарыбыз (сав) билдирген алааматтардын катары менен чыгып башташы да Аз. Мехди (ас)дын чыккандыгын жана Ислам ахлагынын дүйнө өкүмдарлыгынын жакындаганын көрсөткөн алааматтар.

**5.**

***... жана аларды коркууларынан кийин бейпилдикке айландырат...» (Нур Сүрөсү, 55)***

Бул аяттын аягында да акыр заманга ишарат кылынууда. Бул акыр заманда Ислам ахлагынын өкүмдарлыгынан мурда Мусулмандардын фитналар, каргаша, зулумдук себебинен кыйынчылыкта, коркуп жашашын билдирген. Чындап эле 20- жана 21-кылымдар дүйнө тарыхынын эң көп кан төгүлгөн, дин согуштары болуп, ыймандуулар өтө олуттуу кыйынчылыктарга

туш болгон, ыймандарын жашырып, ибадаттарын жашыруун кылууга мажбур болгон кылымдар болду.

**6.**

***... Алар жалаң гана Мага ибадат кылышат жана Мага эч нерсени шерик кошушпайт...***

Бирок Аллах ыйман келтиргендерге бул өкүмдарлык үчүн бир гана шарт койгон. Бул шарт бүт ыймандуулардын ширктен (шерик кошуудан) толук тазаланып Аллахты жалгыздашы. Бул кызматты болсо акыр заманда Аз. Мехди (ас) орундатат. Аллах аны себепчи кылып Ислам динин кошумчалардан (бидаттардан) тазалайт. Аз. Мехди (ас) бүт мезхептерди жок кылып, Ислам ахлагынын Пайгамбарыбыз (сав) доорундагы сыяктуу чыныгы, таза абалында жашалышын камсыз кылат.[1] Ошондой эле, акыр заманда түшө турган Аз. Иса (ас)дын себепчи болушу менен Христиандар Ислам динин кабыл алып Мусулман болушат жана «кудай үчөө» деген ишеним жоголот.[2] Еврейлердин көпчүлүгү болсо Аз. Мехди (ас) себебинен мусулман болушат.[3]

**1.** Аз. Мехди (ас) динди так Пайгамбардын (сав) убагындагы сыяктуу ишке ашырат. Жер бетинен мезхептерди жок кылат. Таза, акыйкат динден башка эч бир мезхеп калбайт.

Анын душмандары ичтихад аалымдарын туурагандар (ээрчигендер) болот. Себеби алар Аз. Мехди (ас)дын мезхеп аалымдарына карама-каршы өкүм бергенин көргөндө, аны жактырышпайт, бирок каршы чыга да алышпайт... Анын ачык душмандары фукаха (фыкых-шарият аалымдары) болот. Себеби калк арасында абройлору жоголот. Ал тургай, өкүм чыгаруу багытында илимдери да азайат. Бул имамдын келиши менен аалымдардын өкүмдөрдөгү келишпестиктери да чечилет. Эгер колунда кылыч (илим) болбогондо анын өлүмүнө фатва (өкүм) беришмек. *(Kıyamet Alametleri, 186-187)*

Аз. Пайгамбар (сав) башында Исламды бутунда кармаган сыяктуу, Аз. Мехди (ас) да эң аягында Исламды бутунда кармайт. *(El-Kavlu'l Muhtasar Fi Alamatil Mehdiyy-il Muntazar, 27)*

Аз. Мехди (ас) бир дагы кошумчаны (бидатты) калтырбайт. Акыр заманда дал Пайгамбар сыяктуу диндин талаптарын орундатат. *(Kıyamet Alametleri 163)*

**2.** Мына ушул убакта, ал жараян өтө күчтүү көрүнгөн бир убакта, Азрети Иса алейхиссаламдын инсандык руханиятынан турган чыныгы Исевилик (Иса пайгамбар алып келген) дини көрүнөт, б.а. мээримдүү

Аллахтын асманынан түшөт; азыркы Христиандык дини ал акыйкатка карата тазаланып, кошумчалардан жана бурмалоолордон арылып, Ислам акыйкаты менен биригет; руханий жактан Христиандык Исламиятка айланат. Жана Курангa моюн сунуп, ал Исевилик руханияты таби (баш ийүүчү) жана Исламият метбу (баш ийилүүчү) макамында калат; акыйкат дин бул кошулуу натыйжасында азим (бийик) бир күч-кубатка жетет. *(Mektubat, 53-54-б.)*

**3.** Нуайм Селман б. Исадан риваят кылды, ал айтты: Угушум боюнча, Аз. Мехди (ас)дын колунда (убагында) бейпилдик (секине) болгон табыт Таберийа көлүнөн чыгарылат жана Байтул Макдисте Анын алдына алып келинет. **ЕВРЕЙЛЕР АНЫ КӨРГӨНДӨ, ӨТӨ АЗЫНАН ТЫШКАРЫ, КӨПЧҮЛҮГҮ МУСУЛМАН БОЛУШАТ.** *(Celaleddin Suyuti'nin Tasnifinden Hadisler, Ahir Zaman Hz. Mehdisi'nin Alametleri, (Kitabül Burhan fi Alametil Hz. Mehdiyyil Muntazar), 23-б., Tercüme: Müşerref Gözcü - Kahraman Neşriyat)*

Азретинин (Аз. Мехди (ас)дын) кемчиликсиз илиминен жана ийгиликтеринен сөз кылынып жатканда мындай деп айтылган, ал көздөргө көрүнүп, **ЧЫККАНДА АЙТКАН НЕРСЕЛЕРИН ЕВРЕЙЛЕР МЕНЕН ТООРОТТУН НЕГИЗИНЕ КАРАП ТАЛКУУЛАЙТ ЖАНА ДАЛИЛ КӨРСӨТӨТ, МУНУН НАТЫЙЖАСЫНДА КӨПЧҮЛҮГҮ ИСЛАМ БОЛОТ.** *(Bihar-ül Envar)*

## КААПЫРЛАР КААЛАБАСА ДА, АЛЛАХ ИСЛАМ АХЛАГЫН БҮТ ЖЕР ЖҮЗҮНӨ ЖАЙАТ

**ООЗДОРУ МЕНЕН АЛЛАХТЫН НУРУН ӨЧҮРҮҮНҮ КААЛАШУУДА. БИРОК, КААПЫРЛАР КААЛАШПАСА ДА, АЛЛАХ ӨЗ НУРУН ТОЛУКТООДОН БАШКАСЫН КААЛАГАН ЖОК. (Тообо Сүрөсү, 32)**

**1.**

***Оздору менен Аллахтын нурун (динин) өчүрүүнү каалашууда... (Тообо Сүрөсү, 32)***

Аллахка ыйман келтирбеген, материалист жана атеист көз-караштагы кишилер Ислам ахлагынын жер жүзүнө жайылышына болушунча тоскоол болууга аракеттенишүүдө. Ал кишилер өзгөчө өткөн кылымда эволюция теориясы деген эч илимий далилге таянбаган бир тантык көз-караш менен адамдарды аалам кокустан пайда болгон деген акыл менен логикага сыйбас бир калпка мажбурлап ишендирүүнү өздөрүнө милдет кылып алышкан.

Аллахтын бүт ааламды жоктон жаратканын материалык-моралдык бүт мүмкүнчүлүктөрдү колдонуу менен өз ойлорунда бүт адамдардан жашырууну жана адамдарды Аллах ишениминен алыстатууну биринчи максат кылып алышкан. Ушундай жол менен Ислам дининин жайылышын, өсүшүн токтото алабыз деп ойлошкон.

**2.**

***...Бирок, каапырлар каалашпаса да, Аллах өз нурун толуктоодон башкасын каалаган жок. (Тообо Сүрөсү, 32)***

Чындыгында болсо Ислам дини – бул Аллах кулдары үчүн тандап жактырган, кыяматка чейин жарактуу болгон акыркы акыйкат дин, Аллахтын нуру. Биз жашап жаткан кылым болсо Ислам күчтөнүп, жайыла турган кылым.

Аллах бүт нерсени ороп курчап турат, ошондуктан Аллахтын нуру да бүт тарапты курчап турат. **Ислам ахлагы учурда өтө ылдам жайылып, дүйнөнүн төрт тарабында адамдар топ-топ Исламды кабыл алышууда.** Ыймансыздар (ишенбегендер) канчалык каалабаса да, Ислам ахлагы жайылбашы үчүн аракет кылышса да, Аллах Өз динин жер бетине орнотот жана Өз нурун толуктайт. Буга тоскоол болууга эч кимдин, эч качан күчү жетпейт.

Ислам ахлагынын дүйнө өкүмдарлыгы Аллах тагдырда жазган бир кубанычтуу кабар жана Аллах акыйкат китебибиз болгон Курани Керимде бүт момундарды бул убадасы менен сүйүнчүлөгөн.

## ТАХА СҮРӨСҮНҮН 10-АЯТЫ АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ЧЫГААРЫНА ИШАРАТ КЫЛГАН БИР АЯТ

**БИР ОТ КӨРҮП, ҮЙ-БҮЛӨСҮНӨ МЫНДАЙ ДЕГЕН ЭЛЕ: «ТОКТОГУЛА, <u>БИР ОТ КӨРДҮМ</u>; СИЛЕРГЕ АНДАН БИР ЧОК АЛЫП КЕЛЭЭРМИН ЖЕ ОТТУН ЖАНЫНДА <u>БИР ЖОЛ КӨРСӨТҮҮЧҮ ТАБААРМЫН.</u>» (ТАХА СҮРӨСҮ, 10)**

Аллах аятында Аз. Муса (ас)дын үй-бүлөсүн артка таштап коюп **өзү жалгыз, от күйгөн бир жерди көздөй сапарга чыкканын** кабар берет. Муса (ас) үй-бүлөсүнө **от турган жерден бир жол көрсөтүүчү, бир устат табаарына ишарат кылган.** «Мехди» сөзү «хидаятка багыттоочу» «жол көрсөтүүчү» маанисине келгендиктен, бул жагынан аят Аз. Мехди (ас)га ишарат кылууда.

Пайгамбарыбыз (сав)дан риваят кылынган бир хадисте Аз. Мехди (ас)дын чыгуу алааматтарынын бири – бул асманда бир оттун көрүнүшү:

**Хүсейин б. Али (ра)дан мындайча риваят кылынган:**

**«АСМАНДА ЧЫГЫШ ТАРАБЫНАН, <u>ТҮНДҮ ЖАРЫК КЫЛГАН ЧОҢ БИР ОТ КӨРГӨНҮҢӨРДӨ</u>, МЫНА ОШОЛ УЧУР АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН КЕЛЭЭР УБАКТЫСЫ.»**

***(Mer'iy b. Yusuf b. Ebi bekir b. Ahmet b. Yusuf el-Makdi'si "Feraidu Fevaidi'l Fikr Fi'l İmam El-Mehdi El-Muntazar)***

**ЧЫГЫШТАН БИР ОТТУ КӨРГӨНҮҢӨРДӨ Ал-и Мухаммеддин (Аз. Мехди (ас)дын) чыгышын күткүлө.**

***(Kitab-ül Burhan Fi Alameti-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, 32-б.)***

**1979-жылы 15-ноябрьда Стамбулда болгон Independenta аттуу 150 миң гросстонналык мунайзат алып бараткан танкердин жарылышы** Аз. Мехди (ас)дын чыгуу алааматтарынан болгон чоң бир жарылуу, чоң бир от жана анын натыйжасында келип чыккан чоң бир түтүнгө толук ишарат кылууда. **Мындан тышкары, хадисте «...ТҮНДҮ ЖАРЫК КЫЛГАН ЧОҢ БИР ОТ КӨРГӨНҮҢӨРДӨ, <u>МЫНА ОШОЛ УЧУР</u>...» деп бул жарылуу болгон күнгө апачык көңүл бурулуп, Аз. Мехди (ас)дын ушул чоң окуя болгон күндөрү чыгаары айтылган.**

**АЗ. ЙУСУФ (АС)ДЫН ӨМҮРҮНДӨ АЗ. МЕХДИ (АС)ГА ИШАРАТТАР БАР**

Мухаммед Бакыр алейхиссалам айтты: **«БУЛ ИШТИН ЭЭСИНДЕ (МЕХДИДЕ) ЙУСУФКА БИР ОКШОШТУК БАР.»** *(Şeyh Muhammed b. İbrahim-i Numani, Gaybet-i Numani s. 189) («Бул иштин ээси», б.а. велайеттин (олуялык) ээси дегенди билдирет. Бүт имамдарыбыз велайет ээси. Ошол эле убакта жогорудагы хадистерибизде айтылган велайеттин ээси бир гана он экинчи имамыбыз Аз. Мехди алейхиссалам.)*

«Эбу Басир айтат: Имам Мухаммед Бакыр алейхиссаламдын мындай дегенин уктум: «Бул **ГАЙБЕТТИН (көздөн кайым) ЭЭСИНДЕ (МЕХДИДЕ) ТӨРТ ПАЙГАМБАРДЫН СҮННӨТҮ БАР:... «АЗ. ЙУСУФТУН СҮННӨТҮ ЭМНЕ?» дедим. МЫНДАЙ ДЕДИ: «ЗЫНДАН ЖАНА ГАЙБЕТ (көздөрдөн алыс болуу).»**... *(Şeyh Muhammed b.İbrahim-i Numani, Gaybet-i Numani 190-б.)*

... **АНАН АЗ. МЕХДИ АЛЕЙХИССАЛАМ АЗ. ЙУСУФКА ОКШОЙТ**

жана анын калкты көрүп, бирок калктын аны көрө албашы жана Аз. Али да айткандай асмандан жар салынганга чейин анын көрүнбөшү анык. *(Şeyh Muhammed b.İbrahim-i Numani, Gaybet-i Numani 167-б.)*

Пайгамбарыбыз (сав)дын хадистеринде Курандын Йусуф кыссасында баяндалган Аз. Йусуф (ас)дын (Аз. Жусуп (ас)) өмүрү менен Аз. Мехди (ас)дын өмүрү арасында өтө чоң окшоштуктар бар экени кабар берилген. Пайгамбарыбыз (сав) берген бул маалыматка таянып Куран аяттарын караганыбызда, Аз. Мехди (ас) менен байланыштуу хадистерге абдан туура келген окуялардын бар экенин көрөбүз (туурасын Аллах билет).

## Аз. Йусуф (ас) өз доорунун Мехдиси

Аллах Куранда ар доордо адамдар үчүн «хидаятка багыттоочу бир элчи» жөнөткөнүн билдирген. Бүт пайгамбарлар хидаят менен жөнөтүлгөндүктөн, хидаятка жеткирүүчү, себепчи болуучу кишилер болгондуктан, ар пайгамбар бир Мехди. «Аз. Йусуф (ас) да өз доорунун Мехдиси». Бул жагынан да акыр заманда чыга турган Аз. Мехди (ас)дын өмүрү менен Аз. Йусуф (ас)дын өмүрү өтө окшошот.

## Аз. Йусуф (ас) сыяктуу, Аз. Мехди (ас)га да Аллах Кабатынан өзгөчө бир илим жана даанышмандык берилген

Куранда Аз. Йусуф (ас)га Аллах Кабатынан өзгөчө бир илим жана даанышмандык берилгени айтылат:

**«Ошентип Раббиң сени тандап, сөздөрдүн жоромолунан (бир илимди) сага үйрөтөт...» (Йусуф Сүрөсү, 6)**

**«... Ага сөздөрдүн жоромолунан (болгон бир илимди) үйрөттүк...» (Йусуф Сүрөсү, 21)**

**«Жетилген кезде ага өкүм менен илим бердик. Биз жакшылык кылгандарды мына ушинтип сыйлайбыз.» (Йусуф Сүрөсү, 22)**

Куранда Аз. Йусуф (ас) жөнүндө берилген бул маалыматтардан Аз.

Мехди (ас)дын да сөздөрдүн жоромолун жакшы билээри; өзгөчө бир илим жана даанышмандык ээси болоору түшүнүктүү болууда. Риваяттарда Аз. Йусуф (ас) сыяктуу, Аз. Мехди (ас)дын да Аллах тарабынан ага берилген «өзгөчө бир күчкө ээ болоору» айтылат.

**Ал эч ким билбеген жашыруун бир күчтүн ээси болгондуктан аны Мехди дешкен.** *(Ahir zaman Mehdisinin Alametleri, Müellif: Ali Bin Hüsameddin El Muttaki, Kahraman Neşriyat. 77-б.)*

**Белгилүү Ислам аалымдарынан Мухйиддин Араби эмгектеринде Аз. Мехди (ас)дын көңүл бурган негизги 9 өзгөчөлүгүн айтып өткөн:**

1. *Парасаттуу болушу*
2. *Ыйык китепти түшүнүшү*
3. *Аяттардын маанисин билиши*
4. *Дайындай турган адамдардын абалы менен мамилелерин билиши*
5. *Ачууланганда да мээрим менен адилеттиктен алыстабашы*
6. *Нерселердин класстарын билиши*
7. *Иштердин татаал, баш айланткан тараптарын билиши*
8. *Адамдардын муктаждыгын жакшы түшүнүшү*
9. *Өзгөчө анын мезгилинде муктаждык сезилген кайып (билинбеген, жашыруун) илимдеринен кабардар болушу.*

## Аз. Йусуф (ас) сыяктуу Аз. Мехди (ас) да белгилүү бир убакытка чейин эл арасында таанылбайт

Бирок **Хужжет (Мехди) элди тааныйт, эл болсо аны тааный албайт. Дал Йусуф сыяктуу.** Йусуф элди тааныганы менен алар Йусуфту танышчу. Анан Аз. Али төмөнкү аятты окуду: «Кулдарга азап болсун, Элчи аларга келген сайын аны шылдыңдашчу.» *(Şeyh Muhammed b. İbrahim-i Numani, Gaybet-i Numani 162-б.)*

Ал жашаган коомдогу адамдар Аз. Мехди (ас)дын жогорку өзгөчөлүктөрүн, жасаган жакшы (пайдалуу) иш-аракеттерин апачык көрүп турушса дагы, Аз. Мехди (ас) менен жамаатын толук байкай алышпайт. Аз. Мехди (ас)дын мындай абалы Аз. Йусуф (ас)дын өмүрүнө өтө окшошот. Курандын **«(Кургакчылык башталганда) Йусуфтун бир туугандары келип**

**жанына киришти, АНЫ ТААНЫШПАГАНЫ МЕНЕН ал аларды ошол замат тааныды.»** (Йусуф Сүрөсү, 58) аяты аркылуу бир туугандарынын Аз. Йусуф (ас)ды тааный албаганы, бирок Аз. Йусуф (ас)дын өз бир туугандарын тааныганы кабар берилген. Хадистердин ишараты боюнча, Аз. Мехди (ас) да дал Аз. Йусуф (ас) сыяктуу болот; башында ал адамдарды көрөт, бирок адамдар аны байкашпайт (тааный алышпайт).

## Аз. Йусуф (ас) сыяктуу, Аз. Мехди (ас) да андан үмүт үзүлгөн кезде чыгат

**«Сен чындап Йусуфсуңбу, сенсиңби?» дешти. «Мен Йусуфмун» деди. «Жана бул бир тууганым. Чындыгында Аллах бизге берешендик (жакшылык) кылды. Чындыгында ким тартынса жана сабыр кылса, күмөнсүз Аллах жакшылык кылгандардын сообун текке кетирбейт.» (Йусуф Сүрөсү, 90)**

Бир туугандары бир план куруп, Аз. Йусуф (ас)ды бир кудукка таштап, аталарына болсо «Аз. Йусуф (ас)ды бир бөрү жеди» дешип, үстүнө калп кан сүртүлгөн көйнөгүн алып барышкан. Атасы алардын айткандарынын бир план экенин түшүнгөн. Бирок атасы да, бир туугандары да көп жылдар бою Аз. Йусуф (ас)дан кабар ала алышкан эмес. Андан соң Аллах алар күтпөгөн кезде Аз. Йусуф (ас)ды Мисирдин (Египеттин) казыналарынын башында «күч жана бийлик» ээси кылып аларга жолуктурган:

**(Йусуф) Айтты: «Мени (бул) жердин (өлкөнүн) казыналарына (бир башчы) кыл. Себеби мен (буларды жакшы) бир коргоочумун, (башкаруу иштерин да) билемин.» (Йусуф Сүрөсү, 55)**

**Мына ушинтип, Биз жер жүзүндө Йусуфка күч-кубат жана мүмкүнчүлүк (бийлик) бердик. Ал жерде (Мисирде) каалаган жерде жашады. Биз кимге кааласак рахматыбызды насип кылабыз жана жакшылык кылгандардын сыйлыгын текке кетирбейбиз. (Йусуф Сүрөсү, 56)**

Бул аяттар Аз. Мехди (ас)дын да чыгышынан үмүт үзүлгөн, адамдар «Мехди» деген бир адам жок экен деген кезде чыгаарына ишарат кылууда. Ошондой эле, аяттардын ишараты боюнча ал кезде Аллах Аз. Мехди (ас)ды «күч жана бийлик ээси жана бүт ыймандуулардын руханий лидери катары» чыгарат. Пайгамбарыбыз (сав) да муну хадистеринде мындайча сүйүнчүлөгөн:

**Адамдар үмүтсүз болуп**, «эч Мехди деген жок экен» деген бир кезде **Аллах Мехди (ас)ды жөнөтөт…** *(Kitab-ul Burhan fi-Alamet-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, 55-б.)*

## Аз. Йусуф (ас) сыяктуу, Аз. Мехди (ас)га карата да кызганычта болушат

**Алар мындай дешкен эле: «Йусуф менен бир тууганын атабыз бизден көбүрөөк жакшы көрөт; бирок биз бир-бирин колдогон бир топбуз. Чындыгында атабыз апачык адашууда.»**

**«Өлтүргүлө Йусуфту же аны бир жерге таштап салгыла; анан атаңардын жүзү бир гана силерге (карап) калат. Андан соң салих (ыкластуу) бир топ (коом) болосуңар.» (Йусуф Сүрөсү, 8-9)**

Куранда бир туугандарынын Аз. Йусуф (ас)га карата абдан кызганычтык сезишип, ушул себептен ойлоруна аны өлтүрүү да келгени билдирилген. Ушул максатта ага зыян тийгизүү үчүн тузак курушуп, Аз. Йусуф (ас)ды бир кудуктун түбүндө өлүмгө ташташкан. Аятта Аз. Мехди (ас) убагында да кээ бир кишилердин Аз. Мехди (ас)га карата кызганычтык сезишээрине жана ушул себептен ага душмандык кылышаарына ишарат кылынууда. Ошондой эле, ал кишилердин кызганычтыктан улам Аз. Мехди (ас)га каршы күрөшкөн күчтөргө кошулуп, Аз. Мехди (ас)дын жолун тосуу үчүн ага бир план курушаары көрүнүп турат.

## Аз. Йусуф (ас) сыяктуу Аз. Мехди (ас)га да адилетсиздик жасалат

Куранда Аз. Йусуф (ас)га көп жолу план курулуп адилетсиздик жасалганы баяндалган. Алгач бир туугандары аны өлтүрүү максатында бир тузак курса, кийин үйүндө чогуу жашаган вазирдин аялы Аз. Йусуф (ас)га намысы менен байланыштуу жалаа жапкан. Бул жөнүндөгү кээ бир аяттар мындай:

**«Өлтүргүлө Йусуфту же аны бир жерге таштап салгыла…» (Йусуф Сүрөсү, 9)**

**Араларынан бирөө айтты: «Эгер (сөзсүз бир нерсе) кыла турган болсоңор, өлтүрбөгүлө Йусуфту, аны кудуктун тереңине таштап жибергиле, бир жолоочу кербен алып кетсин.» (Йусуф Сүрөсү, 10)**

**Шам убагында (кечинде) аталарына ыйлаган бойдон келишти. «Эй Атабыз, чындыгында, биз барып жарышып жатканбыз. Йусуфту болсо тамактарыбыздын (же буюмубуздун) жанына калтырып койгон элек. Бирок аны бөрү жептир. Бирок биз чындыкты айтсак да, сен бизге ишенбейсиң» дешти. (Йусуф Сүрөсү, 16-17)**

**Аял: «Мени ушактап-жамандаганыңар мына ушул. Ант болсун, аны менен менин болгум келди, ал болсо (өзүн) коргоду. Жана ант болсун, эгер ал ага буйруганымды кылбай турган болсо, сөзсүз зынданга ташталат жана албетте, уятка калгандардан болот» деди. (Йусуф Сүрөсү, 32)**

**Анан аларда (Йусуфтун тазалыгына байланыштуу) далилдерди көрүшкөн соң, сөзсүз аны белгилүү бир убакытка чейин зынданга таштоо (пикири) үстөм болду. (Йусуф Сүрөсү, 35)**

Куранда Аз. Йусуф (ас) жөнүндө берилген бул маалыматтардан Аз. Мехди (ас) да чыгаардан мурда ошол сыяктуу ар кандай адилетсиздиктерге кабылаары түшүнүктүү болууда. Пайгамбар Мырзабыз (сав)дын төмөнкү хадистеринде да Аз. Мехди (ас)га көптөгөн адилетсиздиктер жасалаары кабар берилген:

… Биз ушундай бир кишилербиз; Аллах биз үчүн акыретти дүйнөнүн ордуна тандаган. Менин **эхл-и бейтим (урпактарым) сөзсүз менден кийин балээ, уурдалуу жана сүргүнгө туш болот.** Менден кийин эхл-и бейтим (урпактарым) балээ жана мээнеттерге (азап, кыйынчылык) туш болот жана соккуга кабылышат. *(Kitab-ül Burhan Fi Alamet-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, 14-б.)*

… (Мехди) Эки ракат намаз кылат (окуйт). Намаздан кайтканда мындай дейт: «Эй адамдар! Мухаммед үммөтү жана өзгөчө анын эхл-и бейти көп балээлерге туш болду жана биз азап менен **АДИЛЕТСИЗДИККЕ КАБЫЛДЫК** (туш болдук).» *(Kitab-ül Burhan Fi Alamet-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, 55-б.)*

## Аз. Йусуф (ас) сыяктуу Аз. Мехди (ас)га да жалган жалаа жабылат жана тузак курулат

**(Атасы) Мындай деген эле: «Уулум, түшүңдү бир туугандарыңа айтпа, БОЛБОСО САГА БИР ТУЗАК КУРУШАТ. Себеби шайтан адам үчүн апачык бир душман.» (Йусуф Сүрөсү, 5)**

**Анан аларда (ЙУСУФТУН ТАЗАЛЫГЫНА БАЙЛАНЫШТУУ) ДАЛИЛДЕРДИ КӨРҮШКӨН СОҢ, сөзсүз аны белгилүү бир убакытка чейин ЗЫНДАНГА ТАШТОО (ПИКИРИ) ҮСТӨМ БОЛДУ. (Йусуф Сүрөсү, 35)**

Куранда күнөөсүз экени жөнүндөгү далилдер апачык болгонуна карабастан, баары бир Аз. Йусуф (ас)дын адилетсиздик менен, атайылап күнөөлүү көрсөтүлгөнү айтылган. Бул Аз. Мехди (ас)дын чыгаардан мурда ар кандай жалган жалааларга, тузак менен кутумдарга (заговор) кабылаарына ишарат кылууда. Пайгамбарыбыз (сав)дын хадистеринде да «Аз. Мехди (ас)дын арасында жашаган коомдо зулумдук, кыйынчылык, азап жана кысымдарга туш болоору» кабар берилген.

Бирок Аллах элдин напсилерине карата **ЗУЛУМДУГУ, АЗАБЫ ЖАНА ЫСЫРАБЫ СЕБЕБИНЕН аны (Мехдини) калктан жашырат.** *(Şeyh Muhammed b. İbrahim-i Numani, Gaybet-i Numani 162-б.)*

## Аз. Йусуф (ас) сыяктуу, Аз. Мехди (ас)га да кээ бир аялдардын кутумдук кылышы жана бир аялдын Аз. Мехди (ас)дын намысы жөнүндө жалаа жабышы

**Үйүндө жашаган аял аны менен болгусу келди жана эшиктерди бекем жаап: «Каалоолорум сен үчүн, келсеңчи» деди. (Йусуф) Айтты: «Аллахка корголоном. Себеби ал менин Кожоюнум, ордумду сонун кылды. Чындыгында, заалымдар кутула алышпайт.» (Йусуф Сүрөсү, 23)**

**Эшикти көздөй экөө тең чуркашты. Аял анын көйнөгүн артынан тартып айрыды. (Так) Эшиктин жанында аялдын кожоюнуна жолугушту. Аял айтты: «Үй-бүлөңө жамандык каалагандын зынданга ташталуудан же оор бир азаптан башка кандай жазасы болушу мүмкүн?» (Йусуф)**

**Айтты: «Ал өзү мени менен болгусу келди.»... (Йусуф Сүрөсү, 25-26)**

**Анан аларда (Йусуфтун тазалыгына байланыштуу) далилдерди көрүшкөн соң, сөзсүз аны белгилүү бир убакытка чейин зынданга таштоо (пикири) үстөм болду. (Йусуф Сүрөсү, 35)**

Куранда вазирдин аялынын күнөөсүз экенин билип туруп, Аз. Йусуф (ас)дын намысы жөнүндө жалаа жапканы билдирилген. Вазирдин аялы бул жалаасын күчтөндүрүү үчүн шаардагы бир катар аялдарды да өзүнө күбө көрсөткөн. Аяттардын ишаратынан Аз. Мехди (ас)га карата да бир топ аялдардын биригишип, кутумдук (заговор) кылаары жана ага да «бир аялга карата кылмыш кылган деп жалаа жабылаары» түшүнүктүү болууда. Аз. Йусуф (ас) ага жасалган ал кутумдук себебинен камак жазасын алган жана көп жылдар бою адилетсиздик менен түрмөдө жаткан. Бул Аз. Мехди (ас)дын да күнөөсүз болгонуна карабастан, ушул сыяктуу жалган, ойдон чыгарылган шылтоолор менен адилетсиз жазаланаарына ишарат кылууда.

## Аз. Йусуф (ас) сыяктуу, Аз. Мехди (ас) убагындагы башкаруу да анын ак жана күнөөсүз экенин билет; бирок кээ бир саясий себептерден аны камоо пикири үстөм келет

**Анан аларда (Йусуфтун тазалыгына байланыштуу) далилдерди көрүшкөн соң, сөзсүз аны белгилүү бир убакытка чейин зынданга таштоо (пикири) үстөм болду. (Йусуф Сүрөсү, 35)**

Аз. Йусуф (ас)дын күнөөсүз экени далилдерден апачык көрүнүп турган. Бирок башкаруучу макамындагы кишилер ал далилдерди апачык көрүп турушса да, кээ бир саясий себептер менен Аз. Йусуф (ас)га карата курулган тузакты кабыл алышкан жана аны күнөөлүү деп табышкан. Аз. Йусуф (ас)дын мындай абалынан Аз. Мехди (ас)дын да өзүн коргоо жана ак экенин далилдөө үчүн өтө күчтүү далилдерди сунаары, бирок башкаруучу макамындагы кишилердин ал ачык далилдерге карабастан, кээ бир саясий себептер менен ага камак жазасын берээри көрүнүп турат.

## Аз. Йусуф (ас) сыяктуу Аз. Мехди (ас)дын да көздөрдөн алыс (түрмө) доору болот

**Аны алып барып, кудуктун тереңине таштоону жалпылай чечишкенде, Биз ага (мындайча) вахий кылдык: «Ант болсун, сен аларга өздөрү билбеген убакта бул кылгандарын кабар бересиң.» (Йусуф Сүрөсү, 15)**

**… ошентип дагы көп жылдар бою (Йусуф) зынданда калды. (Йусуф Сүрөсү, 42)**

Седир-и Сейрефи айтат: Имам Эбу Абдуллах Жафери Садык алейхиссаламдан уктум: мындай деди: «Бул иштин ээсинде **(Мехдиде) Йусуфка бир окшоштук бар.**» Мындай дедим: «Сен бизге бир **КӨЗДӨН КАЙЫМДЫ** (камакты) же **ТАҢ КАЛУУНУ** билдирип жаткандайсың.»

Аз. Йусуф (ас) алгач кудукта, кийин болсо көп жылдар бою бир зынданда камалган. Йусуф алейхиссалам бирөө кыска, экинчиси узун убакытка созулган эки жолу адамдардын көзүнөн кайым (алыс) болгон. Биринчисинде, Йусуф (ас) кудукка ташталып, бир аз убакыт өткөн соң ал жерден өтүп бараткан кербен аны ал жерден чыгарган; экинчисинде болсо адилетсиздик менен зынданга ташталып, көпкө ал жерде жаткан. Бирок кийин күнөөсүз экени ачыкка чыгып, зындандан да чыгарылган.

Аз. Мехди (ас) да Аз. Йусуф (ас) сыяктуу өмүрүнүн ар кайсы убактарында көп жолу камалат. Бирок Аз. Йусуф (ас) сыяктуу Аз. Мехди (ас)дын да күнөөсүз экенин көрсөткөн далилдер апачык болот.

## Түшүндө он бир жылдыз, күн жана айдын Аз. Йусуф (ас)га сажда кылышы Ислам дүйнөсүнүн Аз. Мехди (ас)дын руханий лидерлиги астында биригишине ишарат кылат

**Йусуф атасына: «Атаке, чындап мен (түшүмдө) ОН БИР ЖЫЛДЫЗ, КҮНДҮ ЖАНА АЙДЫ көрдүм; мага сажда кылып жатышканын көрдүм» деген эле. (Йусуф Сүрөсү, 4)**

**(Атасы) Мындай деген эле: «Уулум, түшүңдү бир туугандарыңа айтпа, болбосо сага бир тузак курушат. Себеби шайтан адам үчүн апачык бир душман.» (Йусуф Сүрөсү, 5)**

Аз. Йусуф (ас) түшүндө жылдыз, күн жана айдын өзүнө сажда кылып

жатканын көргөн, жана көп жылдардан кийин Аллах Аз. Йусуф (ас)ды Мисирге (Египетке) башчы кылган. Бул Аз. Мехди (ас)дын өмүрүнө байланыштуу да өтө маанилүү ишараттарды камтыйт. Белгилүү болгондой, көбүнчө Ислам өлкөлөрүнүн желектеринде жылдыз, күн жана ай эмблемалары орун алган. Аз. Йусуф (ас) жөнүндөгү бул аяттардын ишаратынан Ислам өлкөлөрүнүн Аз. Мехди (ас)дын руханий лидерлиги астында чогулуп биримдик түзөөрү, Аз. Мехди (ас)дын ушундайча бүт Мусулмандардын руханий лидери болоору түшүнүктүү болууда.

## Йусуф Сүрөсүндө акыр замандагы экономикалык кризиске да ишараттар бар

**(Зынданга барып:) «Йусуф, эй туура (сөздүү киши)... Жети семиз уйду жети арык (уй) жеген жана жети жашыл башак менен калгандары кураган (түш) жөнүндө бизге фатва бер (жору). Адамдарга (сенин айткандарың менен) кайтып, балким алар (мунун маанисин) билип калышаар.»**

**Айтты: «Силер жети жыл мурда (сепкен) сыяктуу эгин сепкиле, бир аз жегениңерден тышкары (калганын) оргондоруңарды башагында калтыргыла.» (Йусуф Сүрөсү, 46-47)**

**Анан анын артынан (кургакчылыгы) оор жети жыл келет, сактаганыңардын бир азынан тышкары, мурда чогултканыңарды жеп түгөтөт.»**

**Анан анын артынан бир жыл келет; адамдар анда (ал жылы) мол мол жамгырга туш болушат жана анда сыгып-саашат.» (Йусуф Сүрөсү, 48-49)**

Аяттарда камакта жаткан кезде Аз. Йусуф (ас)дан ошол доордун өкүмдары көргөн бир түштү жоруп бер деп сурашканы айтылган. Аз. Йусуф (ас) ал түштүн «көпкө созула турган экономикалык бир кыйынчылыкка» ишарат кылаарын айткан.

Пайгамбарыбыз (сав)дын Аз. Йусуф (ас)дын өмүрүндө Аз. Мехди (ас)дын өмүрүнө окшоштуктар болоорун кабар бергени ошол доордогу сыяктуу Аз. Мехди (ас)дын чыгышынан мурда да жер бетинде терең бир экономикалык кризис болооруна ишарат кылууда. Аятта ишарат кылынган экономикалык каатчылыктын учурда дүйнөлүк масштабда болуп жаткан чоң экономикалык кризис болушу толук ыктымал (туурасын Аллах билет).

Ошондой эле Аз. Йусуф (ас) «кургакчылыгы оор жети жыл» деп айткан

каатчылык жана экономикалык кыйынчылык жылдары 2007- жана 2008-жылдарга ишарат кылып жатышы ыктымал (туурасын Аллах билет).

Аз. Йусуф (ас) «уй менен буудай» жөнүндө айтылган түштү жоруп, ал доордо боло турган экономикалык каатчылыкка карата «айыл-чарбасына маани берүүнүн туура чечим болоорун» айткан. Белгилүү болгондой, «уй менен буудай» айыл-чарба жана мал-чарбачылыгынын эң негизги элементтери. Ошондуктан Аз. Йусуф (ас)дын түш жоруусунан «акыр заманда Аз. Мехди (ас) чыгаардан мурда боло турган экономикалык кризис учурунда да айыл-чарба менен мал-чарбачылыгына маани берүүнүн туура чечим болоору» көрүнүп турат.

Аяттардын ишаратынан бул экономикалык кризистин «тынымсыз уланган бир убакыт аралыгы бою» же «белгилүү мөөнөт менен кайталануучу» да болушу мүмкүн экени көрүнүп турат.

**КУРАНДА ИСЛАМ АХЛАГЫНЫН ЖАЙЫЛЫШЫНА ИШАРАТ КЫЛГАН БАШКА АЯТТАР**

**Кыямат алааматтары биринин артынан экинчиси болот. Бир тизмектеги мончоктордун КАТАРЫ МЕНЕН үзүлүшү сыяктуу.** *(Ramuz-El Ehadis, 277/6; Camiü's-Sagir, 3/167)*

**Жок, алардын акырет жөнүндөгү маалыматтары «КАТАРЫ МЕНЕН топтолуп бекемделди»...** (Немл Сүрөсү, 66)

**Мехди ФИТНАЛАР ЧЫККАН БИР УБАКТА** келет. *(Mektubat-ı Rabbani, 2-258)*

**АЛ ҮММИЛЕР (ИЛИМСИЗДЕР) ИЧИНДЕ АЛАРДАН БОЛГОН ЖАНА АЛАРГА АЯТТАРЫН ОКУГАН, АЛАРДЫ АРЫЛТЫП-ТАЗАЛАГАН ЖАНА АЛАРГА КИТЕП МЕНЕН ДААНЫШМАНДЫКТЫ ҮЙРӨТКӨН БИР ЭЛЧИ (АЗ. МЕХДИ (АС)НЫ) ЖӨНӨТҮҮЧҮ. АЛАР БОЛСО** мындан мурда чындап апачык бир адашууда эле. (Жума Сүрөсү, 2)

**ЭЧ БИР ТАРАП АНДАН ЖАШЫНА АЛБАЙ ТУРГАН БИР ФИТНА чыгат,...** *(El-Kavlu'l Muhtasar Fi Alamet-il Mehdiyy-il Muntazar, 21-22-б.)*

Эй ыйман келтиргендер, силерге жашоо бере турган нерселерге силерди чакырганда, Аллахка жана элчисине жооп бергиле. Жана билгиле, албетте, Аллах адам менен жүрөгүнүн арасына кирет жана силер чындап Ага алып барылып чогултуласыңар. Жана **СИЛЕРДЕН ЗУЛУМ КЕЛТИРГЕНДЕРГЕ**

**ГАНА ТИЙИП ТИМ БОЛБОГОН БИР ФИТНАДАН** коркуп-сактангыла. … (Энфал Сүрөсү, 24-25)

**Дүйнө башаламандык ичинде калганда, фитналар чыкканда... ЖОЛДОР ТОСУЛГАНДА, кээ бирлери кээ бирине кол салганда...** *(Kitab-ül Burhan Fi Alameti-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, 12-б.)*

Улуттар арасында соода менен **ЖОЛДОР ТОСУЛАТ**… *(El Kavlu-l Muhtasar Fi Alamatil Mehdiyy-il Muntazar, 39-40-Б.)*

«Ага ыйман келтиргендерди коркутуп, Аллахтын жолунан тосуу үчүн жана анда дал келбестик (кыйшыктык) издеп **АР ЖОЛДУН (БАШЫН) ТОСУП-ОТУРБАГЫЛА.** (Аьраф Сүрөсү, 86)

**… жана киши өлтүрүүлөргө жердеги менен асмандагылар ЧЫДАЙ АЛБАЙ КАЛГАН абалга келгенде чыгат...** *(El-Kavlu-l Muhtasar Fi Alamet-il Mehdiyy-il Muntazar, 37-б.)*

Же силерден мурда жашап-өткөндөрдүн абалы башыңарга келбестен бейишке киребиз деп ойлодуңарбы? Аларга ушундай бир жокчулук, **УШУНДАЙ ООР БИР КЫЙЫНЧЫЛЫК КЕЛИП** жана ушунчалык чайпалышкандыктан, аягында элчи айланасындагы ыймандуулар менен «Аллахтын жардамы качан?» деп жатты. Көңүл бургула. Күмөнсүз Аллахтын жардамы өтө жакын. (Бакара Сүрөсү, 214)

**(Мүнафыктардын) Тилдери шекерден таттуу,**… *(Tirmizi, Zühd, 60)*

Сен аларды көргөнүңдө сөөлөттүү денелери көңүлүңө жагат. **СҮЙЛӨГӨНДӨ БОЛСО АЛАРДЫ УГАСЫҢ**. (Бирок) Алар (устун сыяктуу) жөлөп коюлган жыгач-дөңгөч сыяктуу. … (Мүнафикун Сүрөсү, 4)

**Чоң шаарлар кечээ эле жок сыяктуу кыйрайт.** *(Kitabül Burhan Fi Alametil Mehdiyyil Ahir Zaman, 38-б.)*

**БИЗ НЕЧЕНДЕГЕН ШААРЛАРДЫ КЫЙРАТЫП САЛДЫК. АЛАР ЗААЛЫМ БОЛЧУ. ЭМИ (АЗЫР) АЛ ЖЕРЛЕР АСТЫН-ҮСТҮН БОЛУП, ЭЧ КИМ ЖАШАБАГАН АБАЛДА ТУРАТ, ТАШТАЛГАН КУДУКТАРЫ (ДА) ТУРАТ, БИЙИК САРАЙЛАРЫ УҢУЛДАП ТУРУУДА.** (Хаж Сүрөсү, 45)

**Акыр заманда ушундай адамдар чыгат: диндерин дүйнө КЫЗЫКЧЫЛЫКТАРЫ ҮЧҮН САТЫШАТ. Алар жумшак көрүнүү үчүн кой кийимине оронушат.** *(Tirmizi, Zühd, 60)*

Китепти өз колдору менен жазып, анан **АЗ БИР БААГА САТУУ ҮЧҮН** «Бул Аллах Кабатынан» дегендерге азап болсун. Колдору менен жазгандары; топтоп жаткан (күнөө)лөрү үчүн алардын азабы оор. (Бакара Сүрөсү, 79)

**... БИРОК ЖҮРӨКТӨРҮ БӨРҮ ЖҮРӨГҮНДӨЙ КАТУУ БОЛОТ.** *(Tirmizi, Zühd, 60)*

Андан соң **ЖҮРӨГҮҢӨР кайрадан катуулашты; таш сыяктуу, ал тургай андан да КАТУУ**... (Бакара Сүрөсү, 74)

Куран окуган, бирок ОКУГАНДАРЫ ТИЛДЕРИНДЕ КАЛГАН, ЖҮРӨКТӨРҮНӨ ТҮШПӨГӨН (ЖЕТПЕГЕН) АДАМДАР ЧЫГА ТУРГАН бир учур келет. *(Son Zamanlarla İlgili Hadisler, 61-б.)*

... Силерди ооздору менен ыраазы кылышат, **ЖҮРӨКТӨРҮ БОЛСО КАРШЫ ЧЫГАТ**... (Тообо Сүрөсү, 8)

... **АЛАР ЖҮРӨКТӨРҮНДӨ БОЛБОГОН НЕРСЕНИ ТИЛДЕРИ МЕНЕН АЙТЫШАТ**... (Фетих Сүрөсү, 11)

**АЧАРЧЫЛЫК менен кымбатчылык болушунча көбөйөт.** *(Ölüm-Kıyamet-Ahiret ve Ahir Zaman Alametleri, 440-б.)*

Ант болсун, Биз силерди бир аз коркуу, **АЧАРЧЫЛЫК** жана мал-мүлк, жандардан жана түшүмдөрдөн азайтуу менен сынайбыз. (Бакара Сүрөсү, 155)

**Бүт баарынын АЗ ТААП ЖАТАМ деп арызданышы...** *(Kıyamet Alametleri, 146-б.)*

**ИШТЕРДИН ЖАКШЫ ЖҮРҮШПӨШҮ. Бүт баары «САТА АЛБАЙ ЖАТАМ, АЛА АЛБАЙ ЖАТАМ, ТАБА АЛБАЙ ЖАТАМ!» деп арызданышат.** *(Kıyamet Alametleri, 152-б.)*

«Ким мени эстөөдөн жүз бурса, ал үчүн **ООР (КЫЙЫНЧЫЛЫКТУУ) БИР КҮН ӨТКӨРҮҮ** бар ... (Таха Сүрөсү, 124)

**Жакырлар көбөйөт.** *(Ölüm-Kıyamet-Ahiret ve Ahir Zaman Alametleri, 455-б.)*

Аллах бир шаарды мисал келтирди: (эли) коопсуздук жана бейпилдик ичинде эле, ырыскысы да бүт тараптан мол мол келип жаткан эле; бирок **Аллахтын немат-жакшылыктарына нашүгүрдүк кылды, ошентип Аллах кылгандарына жооп (жаза) катары ага АЧАРЧЫЛЫК менен коркуу КИЙИМИН ТАТТЫРДЫ.** (Нахл Сүрөсү, 112)

**Адамдарга бир заман келет: мечиттеринде чогулуп НАМАЗ ОКУШАТ. БИРОК АРАЛАРЫНДА МОМУН (ЫЙМАНДУУ) БОЛБОЙТ.** *(Son Zamanlarla İlgili Hadisler, 17-б.)*

Мобул **НАМАЗ ОКУГАНДАРДЫН АБАЛЫ ООР**, алар намаздарында жаңылыштыкта, алар эл көзүнө окушууда (Маун Сүрөсү, 4-6)

**МЕЧИТТЕР НАМАЗ ОКУЛБАЙ, КЕЛИП ӨТҮЛӨ ТУРГАН БИР ЖОЛГО АЙЛАНГАН...** бир убак келмейинче кыямат болбойт. *(Son Zamanlarla İlgili Hadisler, 87-б.)*

Анан алардан кийин ушундай урпактар пайда болду, **НАМАЗ (ОКУУ)НУ ЖОГОТУШТУ...** (Мерйем Сүрөсү, 59)

Кыямат жакындаганда... **ӨЛЧӨӨ МЕНЕН ТАРАЗАЛАРДА АЛДАМЧЫЛЫК КЫЛЫНАТ.** *(Ramuz-El Ehadis, 33/7)*

Кем өлчөп тарткандардын абалы оор (аларга азап болсун), алар адамдардан өлчөп алганда толук алышат. Өздөрү аларга **ӨЛЧӨГӨНДӨ ЖЕ ТАРТКАНДА КЕМ БЕРИШЕТ.** (Мутаффифин Сүрөсү, 1-3)

**ТУУГАН МЕНЕН БАЙЛАНЫШТАР ҮЗҮЛӨТ.** *(Ramuz-El Ehadis, 448/7)*

Демек, «иш башына келип башкарууну колго алсаңар» ошол замат жер жүзүндө фесат (бузукулук) чыгарып, **ТУУГАНДЫК БАЙЛАНЫШТАРЫН ҮЗҮП ТАЛКАЛАЙСЫҢАР**, ушундайбы? (Мухаммед Сүрөсү, 22)

Алар (эч) бир момунга карата **ТУУГАНДЫК БАЙЛАНЫШТАРЫН ДА**, «келишим өкүмдөрүн» да сактап **ТААНЫШПАЙТ**. ... (Тообо Сүрөсү, 10)

Адамдарда **АЧ КӨЗДҮК МЕНЕН ЖУЛКУНУУ КӨБӨЙӨТ**. *(Müslim, İmare, 176; İbni Mace, Fiten, 24)*

**АЛАР САРАҢДЫК КЫЛЫШАТ**, адамдарга да **САРАҢДЫКТЫ БУЙРУШАТ (СУНУШТАШАТ)...** (Ниса Сүрөсү, 37)

... **МАЛ-МҮЛКТҮ «БИР ЖЫЙУУ (ТОПТОО) КААЛООСУ ЖАНА ЖУЛКУНУУСУ МЕНЕН» СҮЙӨСҮҢӨР.** (Фежр Сүрөсү, 20)

Кыямат жакындаганда АНАРХИЯ МЕНЕН БАШАЛАМАНДЫК КҮНДӨР БОЛОТ. *(Suyuti, Cami'üs Sagir, 3/211; Ahmed bin Hanbel, Müsned, 2/492)*

«Алар жер жүзүндө **БУЗУКУЛУК ЧЫГАРЫП, ЖАНА ТАРТИП ОРНОТУШПАЙТ** (абалды оңдошпойт).» (Шуара Сүрөсү, 152)

**КЫЯМАТ ЖАКЫНДАДЫ**. Бирок адамдар дүйнөгө болгон жулкунууларын (ач көздүктөрүн) гана көбөйтүшүүдө, Аллахтан болсо алысташуууда. *(Suyuti, Camiü's-Sagir, 2/57)*

**АДАМДАРДЫН СУРАК (УБАКТЫСЫ) ЖАКЫНДАДЫ, АЛАР БОЛСО КАПЫЛЕТТИК (БЕЙКАПАРЛЫК) ИЧИНДЕ ЖҮЗ БУРУШУУДА.** ... (Анбия Сүрөсү, 1)

**Адамдарга бир заман келет: КУРАНИ КЕРИМ БИР ӨРӨӨНДӨ, АДАМДАР БАШКА БИР ӨРӨӨНДӨ БОЛУШАТ**. *(Son Zamanlarla İlgili Hadisler, 23-б.)*

Аларга качан Аллах Кабатынан колдорундагыны тастыктаган бир элчи келсе, китеп берилгендердин бир бөлүгү билмексен болушуп **АЛЛАХТЫН КИТЕБИН АРТКА ТАШТАШТЫ**. (Бакара Сүрөсү, 101)

**КУРАНИ КЕРИМДИН сүрөтү гана, Исламдын аты гана калат.** *(Son Zamanlarla İlgili Hadisler, 24-б.)*

Жана элчи айтты: «Раббим, чындыгында **МЕНИН КООМУМ БУЛ КУРАНДЫ ТАШТАЛГАН (БИР КИТЕП) КАТАРЫ АРТКА ТАШТАШТЫ.**» (Фуркан Сүрөсү, 30)

## Аз. Мехди (ас)дын ысмынын Пайгамбарыбыз (сав)дын ысмына дал келиши

Эбу Давуд менен Тирмизинин Ибни Месут (ра)дан риваят кылышы боюнча, Аллахтын Элчиси (сав) мындай деген: **«АНЫН ЫСМЫ ЫСМЫМА, атасынын ысмы болсо атамдын ысмына ДАЛ КЕЛЕТ**...» *(Kıyamet Alametleri, Genişletilmiş 9. baskı, 159-160-б.)*

## Аз. Мехди (ас)дын «хидаят берүүчү» маанисине келиши

Силерден же кийин келгендерден бирөө ага жеткен болсо, кар үстүндө сойлоп болсо да ага кошулсун. Албетте, **АЛАР ХИДАЯТ (туура жол) ЖЕЛЕКТЕРИ.** *(Ramuz El Ehadis, 1-том, 298-б., №: 2)*

... Мындан кийин силерге **МЕНДЕН БИР ХИДАЯТ КЕЛГЕНДЕ**, ким Менин хидаятымды ээрчисе, аларга коркуу жок жана алар кайгыга калышпайт.» (Бакара Сүрөсү, 38)

Жана аларды Өз буйругубуз менен **ХИДАЯТКА БАГЫТТООЧУ АЛДЫҢКЫЛАР (жол башчылар) КЫЛДЫК** ... (Анбия Сүрөсү, 73)

**АЛЛАХ ХИДАЯТ БЕРГЕНДЕР мына УШУЛАР; демек СЕН ДА алардын БУЛ ХИДАЯТЫН ЭЭРЧИ (МОЮН СУН)**... (Энъам Сүрөсү, 90)

## Аз. Мехди (ас)дын Аллахтын уруксаты менен сөзсүз келээри

Дүйнө Мусулмандарга Эхли Бейтимден **БИР КИШИ МАЛИК (БАШЧЫ) БОЛГОНГО ЧЕЙИН КЫЙРАБАЙТ ЖАНА ЖОК БОЛБОЙТ**. *(Kitab-ül Burhan fi Alamet-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, Ali b. Hüsameddin el-Muttaki, 10-б.)*

**Сенин Раббиң «негизги жайгашуу борборлоруна» аларга аяттарыбызды окуган БИР ЭЛЧИ ЖӨНӨТМӨЙҮНЧӨ ШААРЛАРДЫ КЫЙРАТПАЙТ...** (Касас Сүрөсү, 59)

Жана **МЕХДИНИН ЧЫГЫШЫ КЫЯМАТ АЛААМАТТАРЫНЫН АЛГАЧКЫСЫ**. *(Ölüm-Kıyamet-Ahiret ve Ahir Zaman Alametleri, 494-б.)*

... **КЫЯМАТ-СААТЫНЫН аларга күтүүсүз келишинен башкасын күтүп жатышабы? МЫНА АНЫН ИШАРАТТАРЫ КЕЛДИ**... (Мухаммед Сүрөсү, 18)

## Аз. Мехди (ас)дын келишинен үмүт үзүлгөн бир убакта чыгышы

**АДАМДАР ҮМҮТСҮЗ БОЛУП, «ЭЧ МЕХДИ ДЕГЕН НЕРСЕ ЖОК ЭКЕН» ДЕГЕН убакта Аллах Мехдини жөнөтөт**... *(Kitab-ul Burhan fi-Alamet-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, 55-б.)*

... **МЕХДИ (АС)** Расулуллах (сав)дын желеги менен адамдардын башына балээ үстүнө балээ жааган жана **ЧЫГЫШЫНАН ҮМҮТ ҮЗҮЛГӨН КЕЗДЕ ЧЫГАТ**... *(Kitab-ül Burhan Fi Alamet-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, 55-б.)*

**... «АЛЛАХ АНДАН КИЙИН ЭЧ КАЧАН БИР ЭЛЧИ ЖӨНӨТПӨЙТ» деген элеңер...** (Момун Сүрөсү, 34)

## Аз. Мехди (ас) чыгаардан мурда жер жүзүндө фитна менен бузукулуктун көбөйүшү

**БИР ФИТНА КӨРҮНӨТ, АРТЫНАН БАШКА ФИТНАЛАР БОЛОТ.** *(Kitab-ül Burhan Fi Alameti-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, 26-б.)*

Кыяматтын алдында **КАРАҢГЫ ТҮНДӨР СЫЯКТУУ ФИТНАЛАР БАР.** *(Ramuz-El Ehadis, 121/5)*

Алар шаарларда көбүшкөн эле. Ошентип ал жерлерде **БУЗУКУЛУКТУ ТАРКАТЫП-КӨБӨЙТҮШКӨН ЭЛЕ.** (Фежр Сүрөсү, 11-12)

Мехди чыгаардан мурда... адамдар арасында **ФИТНАЛАР КӨБӨЙӨТ**... *(El Kavlu-l Muhtasar Fi Alamatil Mehdiyy-il Muntazar, Ahmed İbn-i Hacer-i Mekki, 39-40-б.)*

**Алардын көпчүлүгүнүн күнөөдө, душмандыкта жана арамды жеште аракеттерин КӨБӨЙТКӨНҮН КӨРӨСҮҢ...** (Маида Сүрөсү, 62)

## Аз. Мехди (ас)дын чыгышынын жарыяланышы

**АНЫН ЫСМЫ МЕНЕН АСМАНДАН ЖАР САЛЫНАТ** жана эч ким анын Мехди экенин тана албайт. *(El-Kavlu'l Muhtasar Fi Alamatil Mehdiyy-il Muntazar, 49-б.)*

**АСМАНДАН БИР ҮН АНЫ ЫСМЫ МЕНЕН ЧАКЫРАТ** жана чыгыштагы, батыштагы, ал тургай, уктап жаткан дагы ал үндү угуп, ойгонот. *(El-Kavlu-l Muhtasar Fi Alamatil Mehdiyy-il Muntazar, 56-б.)*

**Раббибиз, биз: «РАББИҢЕРГЕ ЫЙМАН КЕЛТИРГИЛЕ» ДЕП ЫЙМАНГА ЧАКЫРГАН БИР ЧАКЫРУУЧУНУ УКТУК, ошол замат ыйман келтирдик.** (Али Имран Сүрөсү, 193)

## Аз. Мехди (ас)га моюн сунулушу

**МЕХДИНИН ЖЕЛЕГИНДЕ БИАТ (МОЮН СУНУУ) АЛЛАХ ҮЧҮН ДЕП ЖАЗЫЛГАН.** *(Ali bin Hüsamettin el Muttaki, Celalettin Suyuti'nin Tasnifinden Hadisler- Ahir Zaman Mehdisinin Alametleri, Kahraman Neşriyat, 65-б.)*

**Күмөнсүз, САГА МОЮН СУНГАНДАР АЛЛАХКА гана МОЮН СУНУШТУ... (Фетих Сүрөсү, 10)**

## Аз. Мехди (ас) чыкканда аны ээрчүү

**Силерден ким ага жеткен болсо, КАР ҮСТҮНДӨ СОЙЛОП БОЛСО ДА АГА КЕЛСИН. АГА КОШУЛСУН. Себеби ал Мехди.** *(İbn Mace, Fiten, B 34, H 4082; İbn Ebi Şeybe, т. VII, 527-б.; Kitab-ül Burhan Fi Alamet-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, 14-б.)*

**Биз элчилердин баарын Аллахтын уруксаты менен АГА МОЮН СУНУЛУШУНАН БАШКА бир нерсе менен жөнөткөн жокпуз...** (Ниса Сүрөсү, 64)

**Бирок ЧУРКАП САГА КЕЛГЕН болсо...»** (Абаса Сүрөсү, 8)

## Адамдардын Аз. Мехди (ас)га баш ийиши

Адамдар, бал аарыларынын башчылары айланасында чогулушу сыяктуу, **АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН АЙЛАНАСЫНДА ЧОГУЛУШАТ...** *(El Kavlu'l Muhtasar Fi Alamatil Mehdiyy-il Muntazar, 29-б.)*

**... КАЙСЫ ЖАКТА БОЛБОГУЛА, АЛЛАХ СИЛЕРДИ БИР ЖЕРГЕ ЧОГУЛТАТ (БИРИКТИРЕТ)...** (Бакара Сүрөсү, 148)

## Аз. Мехди (ас)дын шаар борборунан чыгышы жана Константинопольду руханий каратышы

Дүйнөдөн эч убакыт калбай, бир күн эле калса дагы, ал күнү менин үй-бүлөмдөн бир зат Дейлем тоосуна (же өрөөнүнө) жана **КОНСТАНТИНОПОЛЬ ШААРЫНА** ээ болушу үчүн Аллах Таала күмөнсүз ал күндү созот. *(Kitab-ül Burhan Fi Alamet-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, 74-б.), (Ölüm-Kıyamet -Ahiret ve Ahir Zaman Alametler, 440-б.)*

**Сенин Раббиң «НЕГИЗГИ ЖАЙГАШУУ БОРБОРЛОРУНА» аларга аяттарыбызды окуган бир элчи жөнөтмөйүнчө шаарларды кыйратпайт...** (Касас Сүрөсү, 59)

## Аз. Мехди (ас)дын Аллах коркуусунун өтө күчтүү болушу

Мехди гергес кушунун канаты менен **ТИТИРЕШИ СЫЯКТУУ АЛЛАХТАН ӨТӨ КОРККОН** бир киши. *(Nuaym b. Hammad, vr 91a)*

**... АНДАН ИЧТЕРИ ТИТИРЕП-КОРККОНДОР жана Аллахтан башка эч кимден коркпогондор. Эсеп тутуучу катары Аллах жетет.** (Ахзаб Сүрөсү, 39)

Мехди **АЛЛАХКА КАРАТА ӨТӨ МОЮН СУНУУЧУ.** Адеп-ахлагы жагынан Пайгамбарга окшош. *(Kıyamet Alametleri, 163-б.)*

**Мага «ЧЫН КӨҢҮЛДӨН-КОШУМЧАСЫЗ БАГЫТТАЛГАНДЫН» жолун ээрчи.** (Локман Сүрөсү, 15)

... Бүркүт сымал Нешир кушунун канаттары менен **ТИТИРЕШИ СЫЯКТУУ АЛЛАХТАН КОРКОТ.** *(El Kavlu-l Muhtasar Fi Alamatil Mehdiyy-il Muntazar, 51-б.)*

**Жана алар Анын Улуулугунан ИЧТЕРИ ТИТИРӨӨДӨ БОЛГОНДОР.** (Анбия Сүрөсү, 28)

## Аз. Мехди (ас)дын өтө мээримдүү болушу

Аз. Мехди **УШУНЧАЛЫК МЭЭРИМДҮҮ БОЛГОНДУКТАН,** анын убагында бир адамдын да мурда канабайт. *(El-Kavlu'l Muhtasar fi Alamatil Mehdiyy-il Muntazar, 42-б.)*

**... Жана анын жанындагылар да каапырларга карата катуу, өз араларында болсо МЭЭРИМДҮҮЛӨР...** (Фетих Сүрөсү, 29)

## Аз. Мехди (ас)дын өтө сабырдуу болушу

Эй Эхли Бейт! Мехди бизден. Азиз жана жалил **АЛЛАХ АНЫ БИР ТҮНДӨ ЫСЛАХ ЖАНА ИРШАД КЫЛАТ** (туура жолду көрсөтөт). *(Ölüm-Kıyamet-Ahiret ve Ahir Zaman Alametleri, 437-б.)*

**... Эми, албетте, АЛ ТУПТУУРА БИР ЖОЛГО ЖЕТКИРИЛГЕН.** (Али Имран Сүрөсү, 101)

Мехдинин пазилети жана бийиктиги бүт кайгыларга жана күчтүү фитналарга **БОЛГОН КҮЧТҮҮ САБЫРЫНАН** улам... *(Tılsımlar Mecmuası, 212-б.. İs'afür Rağıbin'den naklen. Mehdi ve Deccal, Şaban Döğen, 154-б.)*

**Ант болсун, сенден мурда да элчилерди жалганга чыгарышты; аларга жардамыбыз келгенге чейин ЖАЛГАНГА ЧЫГАРЫЛГАН ЖАНА КЫЙЫНЧЫЛЫК ТАРТКАН НЕРСЕГЕ САБЫР КЫЛЫШТЫ. ...** (Энъам Сүрөсү, 34)

## Аз. Мехди (ас)дын күрөшчү болушу

Мехди чыгыш тараптан чыгат. **АЛДЫНАН ТООЛОР ЧЫКСА ДА, аларды эзип өтөт, ал тоолордо өзүнө жол табат.** *(El-Kavlu'l Muhtasar Fi Alamet-il Mehdiyy-il Muntazar, 39-б.)*

**Чындыгында алар тузак курушту. Бирок алардын ТУЗАГЫ ТООЛОРДУ ОРДУНАН КЫЙМЫЛДАТА ТУРГАН БОЛСО ДА, Аллах Кабатында аларга даярдалган тузак (жаза) бар.** (Ибрахим Сүрөсү, 46)

**АДАМДАР АКЫЙКАТКА КАЙТКАНГА ЧЕЙИН (пикирдик) КҮРӨШҮН УЛАНТАТ.** *(El-Kavlu'l Muhtasar Fi Alamet-il Mehdiyy-il Muntazar, 23-б.)*

**(Жер бетинде) ФИТНА КАЛБАГАНГА ЧЕЙИН АЛАР МЕНЕН КҮРӨШКҮЛӨ...** (Бакара Сүрөсү, 193)

## Аллахтын Аз. Мехди (ас)ды жардамчылары менен колдошу

Билип койгула, Аллахтын жер жүзүндөгү достору **МЕХДИ (АС)ГА МОЮН СУНГАНДАР (аны ээрчигендер).** *(El Kavlu-l Muhtasar Fi Alamatil Mehdiyy-il Muntazar, Ahmed İbn-i Hacer-i Mekki, 52-б.)*

**Айткын: «Эгер силер АЛЛАХТЫ СҮЙСӨҢӨР МАГА БАШ ИЙГИЛЕ; АЛЛАХ ДА СИЛЕРДИ СҮЙСҮН жана күнөөлөрүңөрдү кечирсин. Аллах кечиримдүү, боорукер.»** (Али Имран Сүрөсү, 31)

... Булуттардын асманда топтолушу сыяктуу, **АЛЛАХ АНЫН АЙЛАНАСЫНА БИР КООМ (ТОП) ЧОГУЛТАТ.** Алардын **ЖҮРӨКТӨРҮН ДОСТОШТУРАТ. ...** *(Kitab-ül Burhan Fi Alamet-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, 57-б.)*

**... АЛ ЖҮРӨКТӨРҮҢӨРДҮН АРАСЫН ДОСТОШТУРУП-ЖАКЫНДАТТЫ жана силер Анын немат-жакшылыгы менен бир туугандар болуп турдуңар...** (Али Имран Сүрөсү, 103)

## Аз. Мехди (ас)дын жардамчыларынын санынын аз болушу

**САНДАРЫ Бедир тобуна (313) БАРАБАР**... Алардын саны ТАЛУД МЕНЕН ДАРЫЯНЫ КЕЧИП ӨТКӨНДӨРГӨ БАРАБАР. *(Kitab-ul Burhan Fi Alamet-i Mehdiyy-il Ahir Zaman, 57-б.)*

**Бирок, АЛ ЖЕРДЕ БИР ҮЙДӨН БАШКА МУСУЛМАН КӨРБӨДҮК.** (Зарият Сүрөсү, 35)

Араларында аялдар да бар **314 КИШИЛИК БИР ТОП** түзүшөт... *(Kitab-ul Burhan Fi Alamet-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, 57-68-б.)*

**... «Чындыгында, БУЛАР АЗ АДАМДАН ТУРГАН БИР ТОП».** (Шуара Сүрөсү, 54)

Аз. Мехди (ас)га араларында аялдар да болгон **314 КИШИ** моюн сунат. *(El-Kavlu'l Muhtasar Fi Alamatil Mehdiyy-il Muntazar, 25-б.)*

**... Ансыз да аны менен бирге ӨТӨ АЗЫНАН БАШКАСЫ ЫЙМАН КЫЛБАГАН ЭЛЕ.** (Худ Сүрөсү, 40)

**Эстегиле; СИЛЕР САН ЖАГЫНАН АЗ ЭЛЕҢЕР...** (Энфал Сүрөсү, 26)

... бул **313 КИШИ** түнкүсүн абид (көп ибадат кылган киши), күндүз баатыр сыпатына ээ. *(Kıyamet Alametleri, 169-б.)*

**... Канчалаган КИЧИНЕКЕЙ ТОП көбүрөөк болгон бир топко Аллахтын уруксаты менен үстөм келген...** (Бакара Сүрөсү, 249)

## Аз. Мехди (ас)дын жардамчыларынын адеп-ахлагы

АНЫН АСКЕРЛЕРИ АДАМДАРДЫН ЭҢ ЖАКШЫСЫ. *(El-Kavlu'l Muhtasar Fi Alamet-il Mehdiyy-il Muntazar, 47-б.)*

**Ыйман кылып салих (чын ыкластуу) иштерди кылгандар болсо; мына ОШОЛОР ЖАРАТЫЛГАНДАРДЫН ЭҢ ЖАКШЫЛАРЫ.** (Беййине Сүрөсү, 7)

Аягында Аллах жолунда эч бир **СЫНДАГАНДЫН СЫНЫНАН КОРКПОГОН** тандамал Мусулмандар алар менен күрөшүшөт. *(Sünen-i İbn-i Mace, 10/359)*

**Аллах жолунда күрөшкөн жана СЫНДАГАНДЫН СЫНЫНАН КОРКПОГОН бир топ (эл) алып келет.** (Маида Сүрөсү, 54)

## Жардамчыларынын Аз. Мехди (ас)га иштеринде көмөк көрсөтүшү

МАМЛЕКЕТ ИШТЕРИНИН ООРДУКТАРЫН АНЫ МЕНЕН БӨЛҮШҮШӨТ (кеңешишет). *(Kıyamet Alametleri, 187-б.)*

**Анан ИШ(ТЕР)ДИ БӨЛҮШТҮРГӨНДӨРГӨ ант болсун.** (Зарият Сүрөсү, 4)

## Аз. Мехди (ас) менен жардамчыларынын түндөрү да ибадат кылышы

**... АЛАР күндүз арстан, ТҮНКҮСҮН БОЛСО АБИД (көп ибадат кылуучулар)...** *(Kitab-ul Burhan Fi Alamet-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, 57-68-б.)*

**ТҮНҮ БОЮ БОЛСО ӨТӨ АЗ УКТАШЧУ. Алар таңкы (эрте мененки) убактарда тообо (истигфар) кылышчу.** (Зарият Сүрөсү, 17-18)

## Аллахтын Аз. Мехди (ас)ды периштелер менен колдошу

Аллах аны **3 МИҢ ПЕРИШТЕ МЕНЕН КОЛДОЙТ.** *(El Kavlu-l Muhtasar Fi Alamatil Mehdiyy-il Muntazar, Ahmed İbn-i Hacer-i Mekki, 41-б.)*

**«Раббиңердин силерге ПЕРИШТЕЛЕРДЕН ТҮШҮРҮЛГӨН ҮЧ МИҢ КИШИ МЕНЕН ЖАРДАМ ЖЕТКИРИШИ силерге жетпейби?» деп жаткансың.** (Али Имран Сүрөсү, 124)

**... алардын ҮСТҮНӨ ПЕРИШТЕЛЕР ТҮШӨТ...** (Фуссилат Сүрөсү,

30)

**... АЛДЫЛАРЫНДА ЖЕБРАИЛ, АРТТАРЫНДА МИКАИЛ БОЛОТ...** *(El-Kavlu'l Muhtasar Fi Alamatil Mehdiyy-il Muntazar, 47-б.)*

**... эми Аллах анын Мевласы; ЖЕБРАИЛ жана момундардын салих(тер)и да. Алардын артынан ПЕРИШТЕЛЕР ДА АНЫН КОЛДООЧУСУ.** (Тахрим Сүрөсү, 4)

**Раббиң периштелерге вахий кылган эле: «Күмөнсүз Мен силер мененмин, ыйман келтиргендерге бекемдик кошкула...»** (Энфал Сүрөсү, 12)

**... ПЕРИШТЕЛЕРИ ДА (СИЛЕРГЕ ДУБА КЫЛЫШУУДА)...** (Ахзаб Сүрөсү, 43)

**АЛ ПЕРИШТЕЛЕР Аз. Мехди (ас)га каршы чыккандын ЖҮЗҮНӨ ЖАНА АРКАСЫНА УРАТ.** *(El Kavlu-l Muhtasar Fi Alamatil Mehdiyy-il Muntazar, Ahmed İbn-i Hacer-i Mekki, 41-б.)*

**Андай болсо, ПЕРИШТЕЛЕР ЖҮЗДӨРҮНӨ ЖАНА АРКАЛАРЫНА УРУП УРУП жандарын алганда кандай болот?** (Мухаммед Сүрөсү, 27)

## Аз. Мехди (ас) менен жардамчыларынын кыйынчылыкка туш болушу жана алардан мокобошу

Акыр заманда **ҮММӨТҮМДҮН БАШЫНА** султандарынан (башчы) **КҮЧТҮҮ БАЛЭЭЛЕР КЕЛЕТ**, натыйжада жерлер Мусулмандарга тар сезилет. *(Kitab-ül Burhan fi Alamet-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, 12-б.)*

**... Аллах жолунда АЛАРГА КЕЛГЕН (КЫЙЫНЧЫЛЫК ЖАНА МЭЭНЕТ)ТЕН УЛАМ мокошкон да жок, моюн да сунушпады. Аллах сабыр кылгандарды сүйөт.** (Али Имран Сүрөсү, 146)

Менден кийин Эхли Бейтим **БАЛЭЭ ЖАНА МЭЭНЕТТЕРГЕ ТУШ БОЛУШАТ жана ТАРЧЫЛЫККА КАБЫЛЫШАТ** (мекендеринен чыгарылышат). *(Kitab-ül Burhan Fi Alamet-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, 14-б.)*

**ЖОЛУМДА КЫЙНОО ТАРТКАНДАРДЫН, согушуп өлтүрүлгөндөрдүн сөзсүз жамандыктарын жашырам.** (Али Имран Сүрөсү, 195)

**Ант болсун, сенден мурда да элчилер жалганга чыгарылышты, аларга жардамыбыз келгенге чейин жалганга чыгарылганына жана АЗАПКА ТУШ БОЛГОНУНА сабыр кылышты...** (Энъам Сүрөсү, 34)

Эй адамдар! Мухаммед үммөтү жана өзгөчө анын Эхли Бейти көп балээлер көрдү, жана **БИЗ АЗАП ЖАНА АДИЛЕТСИЗДИККЕ** туш болдук. *(Kitab-ül Burhan Fi Alamet-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, 55-б.)*

**... Аларга ушундай бир жокчулук, УШУНЧАЛЫК ЖАН ЧЫДАГЫС БИР КЫЙЫНЧЫЛЫК КЕЛДИ жана ушунчалык чайпалышты...** (Бакара Сүрөсү, 214)

## Аз. Мехди (ас) менен жамаатынын Аллахтын коргоосу астында болушу

Каршы чыккандар **АЛАРГА ЭЧ ЗЫЯН ТИЙГИЗЕ АЛБАЙТ.** Бул (абал кыяматка чейин ушундайча уланат.) *(Kıyamet Alametleri, 286-б.)*

**... Силер туура жолго жетсеңер (түшсөңөр), адашкан СИЛЕРГЕ ЗЫЯН ТИЙГИЗЕ АЛБАЙТ...** (Маида Сүрөсү, 105)

## Аз. Мехди (ас)дын Аллахтын акыр заман үчүн атайын тандаган бир киши болушу

**АЛЛАХ АНЫ БАШКА АДАМДАР ҮСТҮНӨ ТАНДАГАН.** *(Kıyamet Alametleri, 189-б.)*

**РАББИҢ КААЛАГАНЫН ЖАРАТАТ ЖАНА ТАНДАЙТ; тандоо алардын колунда эмес...** (Касас Сүрөсү, 68)

## Аз. Мехди (ас)дын адамдарды Аллахка ыйман

## келтирүүгө чакырышы

**АДАМДАРДЫ АЛЛАХ ЖАНА ЭЛЧИСИНЕ МОЮН СУНУУГА ЧАКЫРАТ.** *(El Kavlu-l Muhtasar Fi Alamatil Mehdiyy-il Muntazar, Ahmed İbn-i Hacer-i Mekki, 50-б.)*

**Силерге эмне болуп жатат; ЭЛЧИ СИЛЕРДИ РАББИҢЕРГЕ ЫЙМАН КЫЛУУГА ЧАКЫРЫП-ЖАТСА Аллахка ыйман келтирбей жатасыңар? Чындыгында болсо Ал силерден анык бир сөз (убада) алган эле. Эгер ыймандуу болсоңор (ишенип сөзүңөрдү аткаргыла).** (Хадид Сүрөсү, 8)

## Аз. Мехди (ас)дын Ислам динин чыныгы абалына кайтарып, бидаттарды жок кылышы

Аз. Пайгамбар (сав) башында Исламды бутунда кармаган сыяктуу, МЕХДИ да эң аягында ИСЛАМДЫ БУТУНДА КАРМАЙТ. *(El-Kavlu-l Muhtasar Fi Alamatil Mehdiyy-il Muntazar, 27-б.)*

**... АЛ ДИНДИ (ИСЛАМДЫ) БҮТ ДИНДЕРГЕ ҮСТӨМ КЫЛУУ ҮЧҮН элчисин хидаят менен жана акыйкат дин менен жөнөткөн Ал.** (Тообо Сүрөсү, 33)

Мехди **ДИНДИ ПАЙГАМБАРДЫН (САВ) УБАГЫНДАГЫ СЫЯКТУУ ДАЛ ӨЗҮНДӨЙ ИШКЕ АШЫРАТ.** Жер жүзүнөн мезхептерди жок кылат. Таза жана чыныгы динден башка бир дагы мезхеп калбайт... *(Kıyamet Alametleri, 186-187)*

(Аз. Мехди (ас) убагында) Дин биримдиги да болот, анан **АЛЛАХТАН БАШКАСЫНА СЫЙЫНЫЛБАЙТ.** *(Sünen-i İbni Mace, cilt 10, Haydar Hatipoğlu, Bab 33, 331-335-б.)*

**СИЛЕРДИ** сүннөтүмдү бекем кармануугa, рашид жана **МЕХДИ ХАЛИФАЛАРЫМДЫН (ОРУН БАСАР) ЖОЛУНАН ЖҮРҮҮГӨ ЧАКЫРАМ.** *(İbni Mace, Mukaddime 6, Ebu Davud, Sünnet. 5. Mehdi ve Deccal, Şaban Döğen, 139-б.)*

**БУЛ МЕНИН ТУПТУУРА ЖОЛУМ. Демек аны ээрчигиле.** (Энъам Сүрөсү, 153)

## Аз. Мехди (ас)дын адамдардын акыйкат динди жашашына себепчи болушу

… Биаттан (моюн сунуудан) мурда адамдар **ТОП-ТОП** ага агышат… *(El-Kavlu'l Muhtasar Fi Alamet-il Mehdiyy-il Muntazar, 25-б.)*

**Адамдардын Аллахтын динине ТОП-ТОП киргенин көргөнүңдө.** (Наср Сүрөсү, 2)

## Аз. Мехди (ас)дын Мусулмандар арасында биримдикти камсыздашы

**АЛЛАХ** биз аркылуу адамдарды ширк душмандыгынан куткарып, алардын жүрөктөрүнө достук менен сүйүү салган жана дин бир тууганы кылган сыяктуу, **МЕХДИ АРКЫЛУУ** фитна душмандыгынан куткарат жана **БИР ТУУГАН КЫЛАТ.** *(Kitab-ül Burhan fi Alamet-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, Ali b. Hüsameddin el-Muttaki, 20-б.)*

**… ЖҮРӨКТӨРҮҢӨРДҮН АРАСЫН ДОСТОШТУРУП-ЖАКЫНДАТТЫ…** (Али Имран Сүрөсү, 103)

## Аз. Мехди (ас)дын Ислам ахлагынын дүйнөгө жайылышына себепчи болушу

Жалпылай жер жүзүнүн малиги (башчысы) төртөө. Алардын экөөсү: Зулкарнейн менен Сулайман ыймандуулардан, калган экөө, Немруд менен Бухтуннаср каапырлардан. **ЖЕРГЕ бешинчи болуп ЭХЛИ БЕЙТИМДЕН БИРӨӨ ЭЭ БОЛОТ. Б.А. МЕХДИ.** *(Mektubat-ı Rabbani, 2/1163)*

**… «Күмөнсүз, ЖЕРГЕ САЛИХ (ЫКЛАСТУУ) КУЛДАРЫМ МУРАСКОР БОЛОТ» деп жаздык.** (Анбия Сүрөсү, 105)

**Жана алардан кийин СИЛЕРДИ АЛ ЖЕРГЕ СӨЗСҮЗ ЖАЙГАШТЫРАБЫЗ…** (Ибрахим Сүрөсү, 14)

МЕХДИ Зулкарнейн менен Сулайман сыяктуу **ДҮЙНӨГӨ**

**ӨКҮМДАРЛЫК КЫЛАТ.** *(El-Kavlu'l Muhtasar Fi Alamatil Mehdiyy-il Muntazar, 29-б.)*

Үммү Селеменин риваяты боюнча, **АЗ. МЕХДИ (АС) ИСЛАМДЫ ЖЕР ЖҮЗҮНҮН АР КАЙСЫ АЙМАКТАРЫНА ЖАЙАТ (ОРНОТОТ).** *(İmam-ı Rabbani, Mektubat, I: 565)*

**... Эч күмөнсүз, алардан мурдакыларды «күч жана бийлик ээси» кылган сыяктуу, АЛАРДЫ ДА ЖЕР ЖҮЗҮНДӨ «КҮЧ ЖАНА БИЙЛИК ЭЭСИ» КЫЛАТ...** (Нур Сүрөсү, 55)

Мехди **ЧЫГЫШ МЕНЕН БАТЫШ АРАСЫНДАГЫ БҮТ ТАРАПТЫ (РУХАНИЙ) каратат.** *(El-Kavlu'l Muhtasar Fi Alamatil Mehdiyy-il Muntazar, 57-б.)*

**Берекелүү кылган ЖЕРДИН ЧЫГЫШЫНА ДА, БАТЫШЫНА ДА ал кор кылынып-алсыз кылынгандарды МУРАСКОРЛОР КЫЛДЫК...** (Аьраф Сүрөсү, 137)

Аллах ага (Мехдиге) **УШУНЧАЛЫК КҮЧ БЕРЕТ**: бир түн ичинде зулумдукту жана элин жоготот... *(Muhyiddin Arabi el-Endülüsu, Futuhat-ül Mekkiye, Bab 66, Kıyamet Alametleri, 186-б.)*

**... УШУНДАЙ БИР «КҮЧ ЖАНА МҮМКҮНЧҮЛҮК» БЕРЕБИЗ; аяттарыбыз урматында силерге жете алышпайт...** (Касас Сүрөсү, 35)

## Аз. Мехди (ас)дын Мусулмандардын руханий лидери болушу

Мехди Зулкарнейн жана Сулайман сыяктуу **ДҮЙНӨГӨ ӨКҮМДАРЛЫК КЫЛАТ.** *(El-Kavlu'l Muhtasar Fi Alamatil Mehdiyy-il Muntazar, s. 29)*

**АЛ СИЛЕРДИ ЖЕР ЖҮЗҮНҮН ХАЛИФАЛАРЫ КЫЛДЫ...** (Энъам Сүрөсү, 165)

**БИЗ БОЛСО жер жүзүндө күчтөн тайдырылгандарга берешендик кылып, АЛАРДЫ БАШЧЫЛАР (ЛИДЕРЛЕР) КЫЛУУ жана мураскорлор кылууну КААЛАЙБЫЗ.** (Касас Сүрөсү, 5)

## Жер жүзүндөгү бүт адамдардын Аз. Мехди (ас)дан ыраазы болушу жана аны өтө сүйүшү

**Аз. Мехди келгенде, адамдар АНЫ ЖАКШЫ КӨРҮП, СҮЙҮҮ МЕНЕН КУЧАКТАШАТ.** *(El Kavlu-l Muhtasar Fi Alamatil Mehdiyy-il Muntazar, Ahmed İbn-i Hacer-i Mekki, 37-б.)*

**Ыйман келтиргендер менен салих (чын ыкластуу) амалдарды кылгандар болсо РАХМАН (АЛЛАХ) АЛАР ҮЧҮН БИР СҮЙҮҮ КЫЛАТ.** (Мерйем Сүрөсү, 96)

## Аз. Мехди (ас)дын жер жүзүндө адилеттик менен өкүм бериши

Зулумдук менен бузукулукка толгон **ДҮЙНӨ ал (Аз. Мехди) келген соң АДИЛЕТТИККЕ ТОЛУП ТАШАТ.** *(El Kavlu'l Muhtasar Fi Alamatil Mehdiyy-il Muntazar, 20-б.)*

**... Аларга пайгамбарлары келгенде, АРАЛАРЫНДА АДИЛЕТТИК МЕНЕН ӨКҮМ БЕРИЛЕТ жана алар зулумдукка кабылышпайт.** (Йунус Сүрөсү, 47)

## Аз. Мехди (ас) доорунда жер жүзүнүн тынчтыкка толушу

**ДУШМАНДЫК МЕНЕН КЕКЕНҮҮНҮ ДА ЖОК КЫЛАТ... Идиш сууга толгон сыяктуу, ЖЕР ЖҮЗҮ ТЫНЧТЫККА ТОЛОТ...** Согуш да жүктөрүн таштайт. *(Sünen-i İbni Mace, Kitabü-l fiten Tercemesi ve Şerhi- Kahraman Neşriyat, том 10, Mütercim (которгон): Haydar Hatipoğlu, бап 33, 331-335-б.)*

**Эй ыйман келтиргендер, БААРЫҢАР ЧОГУУ «ТЫНЧТЫК ЖАНА БЕЙПИЛДИККЕ (СИЛМГЕ, ИСЛАМГА) КИРГИЛЕ...** (Бакара Сүрөсү, 208)

... Эч кимдин арасында бир **ДУШМАНДЫК КАЛБАЙТ.** *(Sahih-i Müslim (Сахихи Муслим), 1/136)*

Жана бүт **ДУШМАНДЫКТАР**, уруштар, кызганычтыктар сөзсүз **ЖОК**

**БОЛОТ.** *(Sahih-i Müslim (Сахихи Муслим), 1/136)*

**... ошондо сени менен арасында ДУШМАНДЫК БОЛГОН КИШИНИН ЖАКЫН БИР ДОС(УҢ) БОЛУП КАЛГАНЫН (көрөсүң).** (Фуссилет Сүрөсү, 34)

## Аз. Мехди (ас) доорунда жер жүзүнүн бүт тарабынын коопсуз болуп калышы

(Мехди) убагында **БИР АДАМ ДА УЙКУСУНАН ОЙГОТУЛБАЙТ, БИР АДАМДЫН ДА МУРДУ КАНАБАЙТ.** *(Kıyamet Alametleri, 163-б.)*

**... БЕЙПИЛДИК мына ОШОЛОР ҮЧҮН жана алар хидаятка жетишкен.** (Энъам Сүрөсү, 82)

**Душмандык менен КЕКЕНҮҮНҮ ДА ЖОК КЫЛАТ.** *(Sünen-i İbni Mace, Kitabü-l Fiten Tercemesi ve Şerhi, том 10, Haydar Hatipoğlu, бап 33, 331-335-б.)*

**Биз алардын көкүрөктөрүндө КЕКЕНҮҮДӨН ЭМНЕ БАР БОЛСО АЛЫП САЛГАНБЫЗ. ...** (Аьраф Сүрөсү, 43)

... жана **АМАНАТКА ЗЫЯН КЕЛБЕЙТ...** *(El Kavlu'l Muhtasar Fi Alamatil Mehdiyy-il Muntazar, 43-б.)*

**(Жана) Алар АМАНАТТАРЫНА жана убадаларына БЕКЕМ ТУРУУЧУЛАР.** (Мүминун Сүрөсү, 8)

## Аз. Мехди (ас) убагында топуракка береке келиши

... жана **ЖЕРДИН ӨСҮМДҮГҮ ӨТӨ КӨП БОЛОТ...** *(El Kavlu'l Muhtasar Fi Alamatil Mehdiyy-il Muntazar, 23-б.)*

**... БҮТ НЕРСЕНИН ӨСҮМДҮГҮН ӨСТҮРДҮК, АНДАН БИР ЖАШЫЛДЫК ЧЫГАРДЫК, АНДАН БИР-БИРИ ҮСТҮНӨ ЖЫЙЫЛГАН ДАНДАР ЧЫГАРУУДАБЫЗ...** (Энъам Сүрөсү, 99)

... Адам **БИР УУЧ УРУК ТАШТАП, 700 УУЧ ТҮШҮМ АЛАТ...** *(El Kavlu'l Muhtasar Fi Alamatil Mehdiyy-il Muntazar, 43-б.)*

**... садака бергендердин мисалы ЖЕТИ БАШАК БАЙЛАГАН, АР БИР БАШАКТА ЖҮЗ ДАН БОЛГОН бир дандын (уруктун) мисалы сыяктуу. ...** (Бакара Сүрөсү, 261)

## Аз. Мехди (ас) доорунда теңдешсиз бир молчулук менен байлык болушу

... **БУЮМДУ, МАЛ-МҮЛКТҮ ТАРАТАТ**, бирок молчулуктан улам эч ким кабыл албайт... *(El Kavlu'l Muhtasar Fi Alamatil Mehdiyy-il Muntazar, 31-б.)*

Сөзсүз, ал **УБАКТА МАЛ-МҮЛК КӨБӨЙҮП, СУУДАЙ АГАТ**, аны эч ким (маани берип) кабыл албайт. *(Ölüm-Kıyamet-Ahiret ve Ahir Zaman Alametleri, 464-б.)*

Ал кезде **ҮММӨТҮМ НЕМАТТАРГА БӨЛӨНӨТ**... *(El Kavlu'l Muhtasar Fi Alamatil Mehdiyy-il Muntazar, 23-б.)*

**... Аллах Өз берешендигинен АЛАРДЫ БАЙ КЫЛАТ...** (Нур Сүрөсү, 32)

**... АЛЛАХ КААЛАГАНЫНА ЭСЕ ЭСЕ КӨБӨЙТӨТ...** (Бакара Сүрөсү, 261-262)

**Анан аларга каршы СИЛЕРГЕ КАЙРА «КҮЧ-КУБАТ БЕРДИК», СИЛЕРГЕ МАЛ-МҮЛКТӨР ЖАНА БАЛДАР МЕНЕН ЖАРДАМ БЕРДИК...** (Исра Сүрөсү, 6)

**УЛУУ ИСЛАМ ААЛЫМДАРЫ КУРАНДА АЗ. МЕХДИ (АС)ГА ЖАНА ИСЛАМ АХЛАГЫНЫН ДҮЙНӨГӨ ЖАЙЫЛЫШЫНА ИШАРАТ КЫЛГАН КЭЭ БИР АЯТТАРДЫ МЫНДАЙЧА ТҮШҮНДҮРҮШКӨН**

**• ХУД СҮРӨСҮНҮН 86-АЯТЫ:**

Эбу Жафер (р.а.) бул алааматтардын мындайча санаган:

«... Ал (Аз. Мехди (ас)) чыкканда артын Каабага жөлөйт. Ага (Аз. Мехди (ас)) ээрчигендерден 313 киши моюн сунат (ээрчийт). Аз. Мехди (ас) алгач төмөнкү аятты окуйт: **«ЭГЕР МОМУН (ЫЙМАНДУУ) БОЛСОҢОР, АЛЛАХТЫН КАЛТЫРГАНЫ СИЛЕР ҮЧҮН ЖАКШЫРААК.»** **(Худ Сүрөсү, 86)**

Бул аятты окуп мындай дейт: **«МЕН СИЛЕР ҮЧҮН АЛЛАХТЫН КАЛТЫРГАНЫ ЖАНА ХАЛИФАСЫМЫН (Мусулмандардын руханий лидеримин). МЕН АНЫН ХУЖЖЕТИМИН.» АЗ. МЕХДИ (АС)ГА САЛАМ БЕРГЕНДЕР ТӨМӨНКҮДӨЙ САЛАМ БЕРИШЕТ: «САЛАМ САГА ЭЙ АЛЛАХТЫН ЖЕР ЖҮЗҮНДӨ КАЛТЫРГАНЫ (БАКИЙЙЕСИ!»** **Анан баары ага (Аз. Мехди (ас)га) бейъат (биат) кылат (моюн сунат).** (Аз. Мехди (ас)дын) **Адамдарынын саны он миңге жетет. Аллахтан башкага ибадат кылган, Мусеви (еврей) жана Христиандардын баары ага (Аз. Мехди (ас)га) ыйман келтирет. Ошентип жер жүзүндө жалгыз эл калат; ал Ислам эли.** Анан Аллахтан башкага сыйынгандардын үстүнө асмандан бир от түшөт жана аларды күйгүзөт. Туурасын Аллах билет.»

*(Nurul Ebsar, Ehl-i Beyt, Oniki İmam, Kutuplar ve Mezhep İmamlarının Menkıbeleri Şeblenci (1250),Tercüme: Saim Güngör, (Pamuk Yayıncılık Nisan 2004 Cilt: 628 77 93) s. 594)*

**• НУР СҮРӨСҮНҮН 55-АЯТЫ:**

**АЛЛАХ АРАҢАРДАН ЫЙМАН КЕЛТИРГЕНДЕРГЕ ЖАНА САЛИХ (ЧЫН ЫКЛАСТУУ) ИШТЕРДИ КЫЛГАНДАРГА УБАДА КЫЛГАН: ЭЧ КҮМӨНСҮЗ, АЛАРДАН МУРДАКЫЛАРДЫ «КҮЧ ЖАНА БИЙЛИК ЭЭСИ» КЫЛГАН СЫЯКТУУ АЛАРДЫ ДА ЖЕР ЖҮЗҮНДӨ «КҮЧ ЖАНА БИЙЛИК ЭЭСИ» КЫЛАТ, АЛАР ҮЧҮН ТАНДАП ЖАКТЫРГАН ДИНИН АЛАРГА БЕКЕМДЕП, ЖАЙГАШТЫРАТ ЖАНА АЛАРДЫ КОРКУУЛАРЫНАН КИЙИН БЕЙПИЛДИККЕ АЙЛАНДЫРАТ. АЛАР ЖАЛАҢ ГАНА МАГА ИБАДАТ КЫЛЫШАТ ЖАНА МАГА ЭЧ НЕРСЕНИ ШЕРИК КОШУШПАЙТ. КИМ МЫНДАН КИЙИН ЧЫНДЫКТАН БАШ ТАРТСА, ДАЛ ОШОЛОР – БУЗУКУЛАР.**

**(Нур Сүрөсү, 55)**

Али бин Хасан аркылуу Аййаси тарабынан риваят кылынды: **Анын жанында бул улук аят окунду:** Алар, Аллахка ант болсун, биздин эхли

бейттин сүйгөндөрүнөн. **<u>АЛЛАХ БИЗДЕН БИР ИНСАНДЫН</u> (АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН) <u>КОЛУ МЕНЕН АЛАРГА (МУНУ) КЫЛДЫРАТ. АЛ ИНСАН БОЛСО БУЛ ҮММӨТТҮН МЕХДИСИ.</u>**

*(Mecmau'l beyan fi tefsiri'l-Kuran Ebu Ali Eminuddin Fazl, Hasan b. Fazl Tabersi 1986, c:4, sf. 832)*

Айаши тафсиринде:

Зейнел-Абидин Азрети: ... (Нур Сүрөсү, 55) аятын окуду жана мындай деди: **<u>«ВАЛЛАХИ! АЛАР БИЗ ЭХЛ-И БЕЙТТИ СҮЙГӨНДӨР. АЛЛАХ АЛАР ҮЧҮН МУНУ СӨЗСҮЗ КЫЛАТ, БИЗДЕН БИРӨӨНҮН КОЛУ МЕНЕН... АЛ БУЛ ҮММӨТТҮН МЕХДИСИ.»</u>**

**• АНБИЯ СҮРӨСҮНҮН 105-АЯТЫ:**

**«АНТ БОЛСУН, БИЗ ЗИКИРДЕН (БҮТ АЛЛАХТАН КЕЛГЕН КИТЕПТЕР ЖЕ ТООРОТ) КИЙИН ЗАБУРДА ДА: <u>«ЭЧ КҮМӨНСҮЗ, ЖЕРГЕ МЕНИН САЛИХ КУЛДАРЫМ МУРАСКОР БОЛУШАТ»</u> ДЕП ЖАЗДЫК. (Анбия Сүрөсү, 105)**

**ИМАМ МУХАММЕД БАКЫР (А.С.) БУЛ АЯТ ЖӨНҮНДӨ МЫНДАЙ ДЕГЕН: <u>«БУЛАР АКЫР ЗАМАНДА ЧЫГА ТУРГАН АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ТОБУ.»</u>**

*(Mecma-ul Beyan Tefsiri.)*

**• МАИДА СҮРӨСҮНҮН 54- ЖАНА ЭНЪАМ СҮРӨСҮНҮН 89-АЯТТАРЫ:**

**«ЭЙ ЫЙМАНДУУЛАР! СИЛЕРДЕН КИМ ДИНИНЕН КАЙТСА, <u>АЛЛАХ ЖАКЫНДА УШУНДАЙ БИР КООМ АЛЫП КЕЛЕТ; АЛ АЛАРДЫ (АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫ ЖАНА АНЫ ЭЭРЧИГЕН МУСУЛМАНДАРДЫ) СҮЙӨТ, АЛАР ДА АНЫ СҮЙҮШӨТ.</u> МОМУНДАРГА КАРАТА ЖӨНӨКӨЙ, КААПЫРЛАРГА КАРАТА НАМЫСТУУ ЖАНА КАТУУ (БОЛУШАТ). АЛЛАХ ЖОЛУНДА ЖЕХД КЫЛЫШАТ (ПИКИРДИК КҮРӨШ ЖҮРГҮЗҮШӨТ) ЖАНА ЭЧ БИР СЫН ТАККАНДЫН СЫНЫНАН КОРКУШПАЙТ...» (Маида Сүрөсү, 54)**

**... Имам Жафер Садык (ас) бул аят жөнүндө мындай деген: <u>«БУЛ АЯТТА ИШАРАТ КЫЛЫНГАН КЫЗМАТТЫН ЭЭСИ (АЗ. МЕХДИ (АС))</u>**

**КОРГОО АСТЫНДА. ЭГЕР АДАМДАРДЫН БААРЫ КЕТСЕ ДА, АЛЛАХ АНЫ (АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫ) ЖАНА ТОБУН АЛЫП КЕЛЕТ. АЛАР УЛУУ АЛЛАХ АЛАР ЖӨНҮНДӨ МЫНДАЙ ДЕГЕН КИШИЛЕР: «Эми тигилер буларды танса, БИЗ БУЛАРДЫ ТАНБАЙ ТУРГАН БИР КООМДУ (АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫ ЖАНА АНЫ ЭЭРЧИГЕН (АГА МОЮН СУНГАН) МУСУЛМАНДАРДЫ) БУЛАРГА ӨКҮЛ КАЛТЫРГАНБЫЗ. (Энъам Сүрөсү, 89)**

**АЛАР (АЗ. МЕХДИ (АС) ЖАНА АГА МОЮН СУНГАН МУСУЛМАНДАР) ТӨМӨНКҮ АЯТТА АЙТЫЛГАН КИШИЛЕР: «ЭЙ ЫЙМАНДУУЛАР! СИЛЕРДЕН КИМ ДИНИНЕН КАЙТСА, АЛЛАХ ЖАКЫНДА УШУНДАЙ БИР КООМ АЛЫП КЕЛЕТ ... (Маида Сүрөсү, 54)..»** *(Tefsir-un Nu'mani.)*

**• ЙАСИН СҮРӨСҮНҮН 30-АЯТЫ:**

**БИРОК ХУЖЖАТ (АЗ. МЕХДИ (АС)) КАЛКТЫ ТААНЫЙТ, КАЛК БОЛСО АНЫ (АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫ) ТААНЫЙ АЛБАЙТ. ДАЛ ЙУСУФ СЫЯКТУУ. ЙУСУФ ЭЛДИ ТААНЫГАНЫ МЕНЕН АЛАР ЙУСУФТУ ТАНУШЧУ. АНАН АЗ. АЛИ ТӨМӨНКҮ АЯТТЫ ОКУДУ: «КУЛДАРГА АЗАП БОЛСУН, ЭЛЧИ (ПАЙГАМБАР) АЛАРГА КЕЛГЕН САЙЫН АНЫ ШЫЛДЫҢДАШЧУ.»** *(Şeyh Muhammed b. İbrahim-i Numani, Gaybet-i Numani s. 162)*

**• АНБИЯ СҮРӨСҮНҮН 105-АЯТЫ:**

**«АНТ БОЛСУН, БИЗ ЗИКИРДЕН (ТООРОТТОН) КИЙИН ЗАБУРДА ДА: «ЭЧ КҮМӨНСҮЗ, ЖЕРГЕ МЕНИН САЛИХ КУЛДАРЫМ МУРАСКОР БОЛУШАТ»** деп жаздык. Имам Бакыр жана **Садыктан риваят кылынат: «Бул жердеги (аятта айтылган) «САЛИХ КУЛДАР» АЗ. МЕХДИ (АС) МЕНЕН ДОСТОРУ.»** *(Hüseyin es-Şirazi, sf. 113)*

**• НЕМЛ СҮРӨСҮНҮН 62-АЯТЫ:**

**«ЖЕ БОЛБОСО КЫЙЫНЧЫЛЫК ЖАНА МУКТАЖДЫК ИЧИНДЕГИГЕ АГА ДУБА КЫЛГАНДА ЖООП БЕРГЕН, ЖАМАНДЫКТЫ АЧЫП КЕТИРГЕН ЖАНА СИЛЕРДИ ЖЕР ЖҮЗҮНҮН**

**ХАЛИФАЛАРЫ КЫЛГАНБЫ? ...»**

**НЕМЛ СҮРӨСҮ 62-АЯТ МЕНЕН БАЙЛАНЫШТУУ ХАДИС:**

**Мухаммед бин Муслим мындай дейт: «Хажети (муктаждык ичинде) болгон бирөө Аны чакырганда Ага жооп берет.» аяты жөнүндө** Имам Мухаммед Бакыр алейхиссалам мындай деди: **Бул аят Каим (Аз. Мехди (ас)) алейхиссалам жөнүндө түшкөн. Ак бир куш абалында Каабанын жолунан келип ЭЛ АРАСЫНДА АЗ. МЕХДИ (АС)ГА БИРИНЧИ БИАТ ЭТЕ (МОЮН СУНА) ТУРГАН – БУЛ ЖАБРАИЛ АЛЕЙХИССАЛАМ.** *(Şeyh Muhammed b. İbrahim-i Numani, Gaybet-i Numani s.37)*

**• БАКАРА СҮРӨСҮНҮН 155-АЯТЫ:**

**Ант болсун, БИЗ СИЛЕРДИ БИР АЗ КОРКУУ, АЧКАЛЫК ЖАНА МАЛ-МҮЛК, ЖАН ЖАНА ТҮШҮМДӨРДҮН БИР БӨЛҮГҮН АЗАЙТУУ МЕНЕН СЫНАЙБЫЗ. Сабыр кылгандарды сүйүнчүлө. (Бакара Сүрөсү, 155)**

**... Эбу Басирден: Имам Жафери Садык алейхиссалам мындай деди:**

**КАИМДИН (АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН) КЫЯМЫНАН МУРДА *БИР ЖЫЛ ЭЛДЕР АЧ КАЛАТ ЖАНА АЛАРДЫ ӨЛТҮРҮЛҮҮ КОРКУУСУ ОРОЙТ; МАЛ-МҮЛКТӨРҮ, ЖАНДАРЫ ЖАНА ТҮШҮМДӨРҮ АЗАЙАТ. Бул окуя Аллахтын Китебинде апачык жазылган. Анан төмөнкү аятты окуду: «СИЛЕРДИ КОРКУУ, АЧКАЛЫК, МАЛ-МҮЛК, ЖАН ЖАНА ТҮШҮМДӨРДҮН БИР БӨЛҮГҮН АЗАЙТУУ МЕНЕН СӨЗСҮЗ СЫНАЙБЫЗ. ЖАНА САБЫР КЫЛГАНДАРДЫ СҮЙҮНЧҮЛӨ.»**
*(Şeyh Muhammed b.İbrahim-i Numani, Gaybet-i Numani s. 297)*

*Аз. Мехди (ас)дын кыямынан мурда дүйнө жүзүндө 7 жылга созулган өтө чоң бир экономикалык каатчылык болот. Имам Жафери Садык (ас) 7 жылга созула турган бул экономикалык кризистин жана таасиринин өзгөчө бир жыл бою өтө күчөй турганына көңүл бурган.

Ошол сыяктуу, Мухаммед Бин Муслимден алынган башка бир риваят боюнча болсо;

**• Имам Жафери Садык алехийссалам мындай деди:**

**• Каимдин (Аз. Мехди (ас)дын) кыямынан мурда белгилер бар: «Улуу Аллах тарабынан момун (ыймандуу) кулдарына балээлер келет. Бул белгилер эмнелер? деп айттым.**

**• Айтты: <u>АЛ АЛЛАХ АЗЗЕ ВЕ ЖЕЛЛЕНИН ТӨМӨНКҮ БУЙРУГУ. «СИЛЕРДИ КОРКУУ, АЧТЫК, МАЛ-МҮЛК, ЖАН ЖАНА ТҮШҮМДӨРДҮ АЗАЙТУУ МЕНЕН СӨЗСҮЗ СЫНАЙБЫЗ. ЖАНА САБЫР КЫЛГАНДАРДЫ СҮЙҮНЧҮЛӨ.»</u>**

**• Айтып жатат: Силер момундарды сөзсүз сынайбыз. Коркуу менен, б.а. салтанаттарынын аягына жакын баланча уулдарынын өкмөтү менен коркутабыз. Жана ачтык менен, б.а. дандардын кымбатчылыгы менен. Жандар(дын азайышы), б.а. ылдам жана кокустан өлүмдөр. Түшүмдөр(дүн азайышы), б.а. жер иштетүүнүн азайышы жана мөмөлөрдүн берекесинин азайышы. <u>САБЫР КЫЛГАНДАРДЫ СҮЙҮНЧҮЛӨ, Б.А. МЫНА ОШОНДО КАИМ (АЗ. МЕХДИ (АС)) АЛЕЙХИССАЛАМДЫН ЧЫГЫШЫ МЕНЕН (АЛАРДЫ) СҮЙҮНЧҮЛӨ.</u>** Анан мага айтты: Эй Мухаммед! Бул анын чечмелениши (чыныгы мааниси жана жоромолу мына ушул). Аллах аззе ве желле айтат: «Анын чечмеленишин бир гана Аллах жана терең илимдүүлөр билишет.»

**• АЛИ ИМРАН СҮРӨСҮНҮН 83-АЯТЫ:**

**АЛАР АЛЛАХТЫН ДИНИНЕН БАШКА БИР ДИН ИЗДЕП ЖАТЫШАБЫ? ЧЫНДЫГЫНДА, АСМАНДАРДА ЖАНА ЖЕРДЕ ЭМНЕ БАР БОЛСО, БААРЫ – КААЛАСА ДА, КААЛАБАСА ДА – АГА МОЮН СУНАТ ЖАНА АГА КАЙТАРЫЛЫШУУДА. (Али Имран Сүрөсү, 83)**

**Тефсир-и Айашиде Имам Муса Казым аркылуу, бул аяттын Аз. Мехди (ас)га ишарат кылганы риваят кылынат.**

**• ХАДИД СҮРӨСҮНҮН 17-АЯТЫ:**

**БИЛГИЛЕ, ЧЫНДАП АЛЛАХ ӨЛҮМҮНӨН СОҢ ЖЕР ЖҮЗҮНӨ ЖАШОО БЕРЕТ. КҮМӨНСҮЗ, БИЗ АКЫЛЫН КОЛДОНУШААР ДЕП СИЛЕРГЕ АЯТТАРДЫ ТҮШҮНДҮРДҮК. (Хадид Сүрөсү, 17)**

Селам б. Мустенир болсо Имам Мухаммед Бакыр (ас)дан төмөнкү

хадисти риваят кылган:

**«АЛЛАХ ТААЛА КЫЯМ ЭТЕ ТУРГАН АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН КОЛУ МЕНЕН ЖЕРДИ ТИРИЛТЕТ. АЛ (АЗ. МЕХДИ (АС)) АДИЛЕТТИК МЕНЕН ЭЛДИ БАШКАРАТ. ОШЕНТИП ЖЕР ЖҮЗҮ ЗУЛУМДУК МЕНЕН ӨЛГӨН СОҢ, АЗ. (МЕХДИ (АС)) АДИЛЕТТИК МЕНЕН КАЙРА ТИРИЛТЕТ.»** *(Şeyh Tusi, Gaybet, s. 120; Duhayyil, el-Hz. Mehdi, s. 57)*

**• ХУД СҮРӨСҮНҮН 8-АЯТЫ:**

**Ант болсун, алардан азапты саналуу бир үммөткө (же белгилүү бир мөөнөткө) чейин кечиктирсек,** сөзсүз: «Аны тоскон эмне?» дешет. Кабарыңар болсун; аларга бул келе турган күнү алардан кайра тосулбайт жана шылдыңдап жаткан нерселери аларды бекем оройт. (Худ Сүрөсү, 8)

**...Исхак бин Абдулазизден:**

**Имам Жафери Садык алейхиссалам <u>«АЛАРДАН АЗАПТЫ САНАЛУУ БИР ҮММӨТКӨ ЧЕЙИН КЕЧИКТИРСЕК</u> аяты жөнүндө мындай деди:**

**<u>Азап Каим алейхиссаламдын (Аз. Мехди (ас)дын) кыямы. Саналуу бир үммөт болсо Бедирде согушкандардын санынчалык болгон жардамчылары.»</u>**

**• БАКАРА СҮРӨСҮНҮН 148-АЯТЫ:**

**... Демек жакшылыктарда (сооп иштерде) жарышкыла. Каерде болбогула, Аллах силерди чогултат.** Күмөнсүз Аллах бүт нерсеге кудуреттүү. (Бакара Сүрөсү, 148)

**...Эбу Басир**ден:

**<u>ИМАМ ЖАФЕРИ САДЫК АЛЕЙХИССАЛАМ «ЖАКШЫЛЫК ИШТЕРГЕ ЧУРКАГЫЛА, КАЕРДЕ БОЛСОҢОР ДА АЛЛАХ БААРЫҢАРДЫ ЗАМАТТА ТОПТОП, БИРИКТИРЕТ</u> аяты жөнүндө мындай деди: «<u>Каим (Аз. Мехди (ас)) менен асхабы (жардамчылары) жөнүндө түшкөн. Аллах аларды (Аз. Мехди (ас) менен асхабын) сөзсүз бир жерге чогултат.»</u>**

**• РАХМАН СҮРӨСҮНҮН 41-АЯТЫ:**

**(Себеби ал күнү) Кылмышкер-күнөөкөрлөр беттеринен таанылып, маңдайларынан жана буттарынан кармалышат.** (Рахман Сүрөсү, 41)

**...Эбу Басирден:**

Имам Жафери Садык алейхиссалам **«КЫЛМЫШКЕРЛЕР ӨҢДӨРҮНӨН ТААНЫЛАТ** аяты жөнүндө мындай деди: **АЛЛАХ АЛАРДЫ ТААНЫЙТ, БИРОК БУЛ АЯТ КАИМ (АЗ. МЕХДИ (АС)) ЖӨНҮНДӨ ТҮШКӨН. (АЗ. МЕХДИ (АС)) АЛАРДЫ ӨҢДӨРҮНӨН (КӨРҮНҮШҮНӨН) ТААНЫЙТ ЖАНА АСХАБЫ МЕНЕН БИРГЕ АЛАРДЫ ПИКИР МЕНЕН ТАЛКАЛАЙТ.**

**• ФУССИЛЕТ СҮРӨСҮНҮН 53-АЯТЫ:**

**КҮМӨНСҮЗ АНЫН АКЫЙКАТ ЭКЕНИ АЛАРГА АПАЧЫК БЕЛГИЛҮҮ БОЛСУН ҮЧҮН БИЗ АЯТТАРЫБЫЗДЫ СЫРТТА ДА, ӨЗ НАПСИЛЕРИНДЕ ДА АЛАРГА КӨРСӨТӨБҮЗ. Бүт нерсеге Раббиңдин күбө экени жетпейби?** (Фуссилет Сүрөсү, 53)

**Эбу Басир** айтат: Имам Мухаммед Бакыр алейхиссаламга Аллах аззе ве желленин бул аятынын тафсири суралды: **«ӨТӨ ЖАКЫНДА АЛАРГА ААЛАМДАГЫ ЖАНА РУХТАРЫНДАГЫ ДАЛИЛДЕРДИ КӨРСӨТКӨНҮБҮЗДӨ, АЯГЫНДА АНЫН АКЫЙКАТ ЭКЕНИН ТҮШҮНҮШӨТ.» Мындай деди: Аларга напсилериндеги месх (айбандашуу) көрсөтүлөт жана ааламдын аларга тарайганы көрсөтүлөт. Ошентип алар Аллахтын кудуретин өз напсилеринде да, ааламдарда да көрүшөт. «Аягында анын акыйкат экенин түшүнүшөт.» Мына ошондо Каим (Аз. Мехди (ас)) чыгат. Ал (Аз. Мехди (ас)) Аллах Аззе ве Желледен келген акыйкат жана бул эл аны (Аз. Мехди (ас)ды) сөзсүз көрөт.»**

**• МАИДА СҮРӨСҮНҮН 54-АЯТЫ:**

**Эй ыймандуулар! Силерден ким дининен кайтса, Аллах жакында ушундай бир коом алып келет; ал аларды сүйөт, алар да аны сүйүшөт. Момундарга карата жөнөкөй, каапырларга карата намыстуу жана катуу**

**(болушат). Аллах жолунда жехд кылышат жана эч бир сын таккандын сынынан коркушпайт. Бул Аллахтын бир берешендиги, аны каалаганына берет. Аллах (мээрими) кең, билүүчү.** (Маида Сүрөсү, 54)

**Сулейман бин Харуни Ижли мындай дейт:** Имам Жафери Садык алейхиссаламдын мындай дегенин уктум: **«Бул буйруктун ээсинин (Аз. Мехди (ас)дын) жардамчылары белгиленген,** эгер элдин баары өлсө да Аллах анын (Аз. Мехди (ас)дын) жардамчыларын алып келет. **Аллах аззе ве желле алар (Аз. Мехди (ас) менен жардамчылары) жөнүндө мындай деген: «Алар ага карата каапыр болушса да, Ага ушундай бир коом (топ) бергенбиз, ага карата каапыр болушпайт.» Аллах алар** (Аз. Мехди (ас) менен жардамчылары) **жөнүндө ошондой эле мындай деген: «Аллах ушундай бир коом алып келет: Аллах аларды** (Аз. Мехди (ас) менен жардамчыларын) **сүйөт, алар да** (Аз. Мехди менен жардамчылары) **да Аллахты сүйүшөт. Ыймандууларга карата кичипейил, каапырларга карата бийик (тик караган эр жүрөк).»**

**• БАКАРА СҮРӨСҮНҮН 249-АЯТЫ:**

**Талут аскерлери менен бирге чыкканда айтты: «ЧЫНДЫГЫНДА АЛЛАХ СИЛЕРДИ БИР ДАРЫЯ МЕНЕН СЫНАЙТ...»** (Бакара Сүрөсү, 249)

**Эбу Басир** мындай дейт: Имам Жафери Садык алейхиссалам мындай деди: «Талуттун асхабы (тобу) бир дарыя менен сыналган жана Аллах алар жөнүндө **«Силерди бир дарыя менен сынайбыз»** деген эле. **КАИМ (АЗ. МЕХДИ) АЛЕЙХИССАЛАМДЫН АСХАБЫ (ТОБУ) ДА ОШОЛ СЫЯКТУУ СЫНАЛЫШАТ.»**

**• АЛИ ИМРАН СҮРӨСҮНҮН 200-АЯТЫ:**

**Эй ыйман келтиргендер, сабыр кылгыла жана сабырда жарышкыла, (чек араларда) күзөттөшкүлө. Аллахтан корккула. Балким кутулаарсыңар.** (Али Имран Сүрөсү, 200)

**Имам Бакыр (ас) бул аятты мындайча чечмелеген:**

«Эй Мухаммедилер! Парздарды аткарууда сабыр кылгыла, душмандарыңардын азаптарына сабырдуу болгула, бир-бириңерге жардам бергиле, **ИМАМЫҢАР МЕХДИ РАСУЛГА БЕКЕМ ТУТУНГУЛА.»**

*(Süleyman İbrahim, Meveddet Pınarları, Hz. Muhammed Aleyhisselam ve Al-i Aba, On İki İmam, Hz. Mehdi (as) Resul Hakkındaki Ayet ve Hadisler, Çeviren: Adnan M. Selman, s. 219)*

**• ТООБО СҮРӨСҮНҮН 33-АЯТЫ:**

**Мушриктер каалабаса да Ал динди (Исламды) бүт диндерден жогору кылуу үчүн элчисин хидаят жана акыйкат дин менен Ал жөнөткөн. (Тообо Сүрөсү, 33)**

Имам Жафер Садык Азрети бул аят жөнүндө:

**«Аллахка ант болсун! Каим (Аз. Мехди (ас)) чыкмайынча бул аяттын мааниси ишке ашпайт.**

**Абайе бин Ребъиден Эмирел Мүминин Аз. Али (к.в.) жогорудагы аят жөнүндө:**

«Напсим кудуреттүү колунда болгон Аллахка ант ичем! Эрте менен кечинде ичинде **<u>«Ашхаду ан ла илаха иллаллах ва ашхаду анна Мухаммеден Расулуллах» деп айтылбаган бир дагы айыл менен шаар калбайт»</u> деди.**

**Имам Зейнел-Абидин жана Имам Мухаммед Бакыр Азрети:**

**«Женабы Хакк сөзсүз Каим (Аз. Мехди (ас)) менен Ислам динин бүт диндерге үстөм кылат» деди.**

**• ЙУНУС СҮРӨСҮНҮН 20-АЯТЫ:**

**Анан айтышат: «Раббиңден сага бир аят (керемет) түшсө кана!..» Айткын: «<u>Кайып бир гана Аллахка тиешелүү</u>, силер күтө тургула; мен да силер менен бирге күтүүчүлөрдөнмүн.»** (Йунус Сүрөсү, 20)

**...<u>ЖАФЕР САДЫК АЗРЕТИ: «БУЛ АЯТТАГЫ КАЙЫП АЗ. МЕХДИ (АС)</u>** деди.

**• ХУД СҮРӨСҮНҮН 80-АЯТЫ:**

**«СИЛЕРГЕ ЖЕТЕ ТУРГАН КҮЧҮМ БОЛГОНДО ЖЕ ИШЕНИМДҮҮ БИР ЖЕРГЕ КОРГОЛОНО АЛГАНЫМДА» ДЕДИ.** (Худ Сүрөсү, 80)

Котормо-түшүндүрмөсү: **Аз. Лут (ас) Аллахка арызданып коомуна кайрылып: Силерге каршы туруу үчүн менин бир күчүм болгондо же өтө бекем бир мунарага корголоно алганымда.**

Имам Жафер Садык Азрети: **«<u>Бул улук аяттагы Аз. Лут (ас) тилеген күч Каимдин (Аз. Мехди (ас)дын) күчү, корголонууну каалаган мунара болсо Аз. Мехди (ас)дын тобу эле. «Рукн-и Шедид» алар. Алардын бири кырк адамдын күчүндө жана ар биринин жүрөгү темирдей...»</u> деген.**

**• ЙУНУС СҮРӨСҮНҮН 110-АЯТЫ:**

**Элчилер үмүттөрүн үзүп, эми биз чындап жалганга чыгарылдык деген убакта аларга жардамыбыз келген; биз кимди кааласак ал кутулат. Кылмышкер-күнөөкөрлөр тобунан оор азабыбыз эч качан артка кайтарылбайт.** (Йунус Сүрөсү, 110)

Муфаддалдан, Жафер Садык Азретинен, атасынан, аталарынан, Эмирел Мүминин Аз. Алиден (к.в.):

**Аллахтын нусраты (жеңиши) адамдар жашоонун ордуна өлүмдү каалаганда келет, Раббим Китаб-ы Желилинде төмөнкү аятта айткандай:...**

**Пайгамбарлар «Нусрат-ы мевъуденин ылдам келбешинен» үмүтсүз болуп, жалганга чыгарылдык деп ойлогон кезде кокустан жардамыбыз** (Аз. Мехди (ас)) **аларга келди. Биз каалаганыбызды куткарабыз.**

**<u>ЖЕНАБЫ ХАККТЫН (АЛЛАХТЫН) НУСРАТЫ (ЖАРДАМЫ) КАИМ (АЗ. МЕХДИ (АС)) МЕНЕН КЕЛЕТ.</u>**

**• АНБИЯ СҮРӨСҮНҮН 105-АЯТЫ:**

**Ант болсун, Биз <u>Зикирден</u> кийин Забурда да: «Эч күмөнсүз, жерге Менин салих кулдарым мураскор болушат» деп жаздык.** (Анбия Сүрөсү, 105)

Биз муну **Левх-и Махфузда** жазгандан кийин, ант болсун, Забурда да жазган элек. Албетте жерге салих кулдарым мураскор болот.

**Мухаммед Бакыр жана Жафер Садык Азрети:**

**«БУЛ АЯТТА АЙТЫЛГАНДАР КАИМ (АЗ. МЕХДИ (АС)) МЕНЕН ЖАРДАМЧЫЛАРЫ (ТОБУ)»** **ДЕДИ.**

**• ХАЖ СҮРӨСҮНҮН 41-АЯТЫ:**

**Аларды жер жүзүндө бекем орноштуруп, бийлик берсек, намаздарын толук окушат, зекет беришет, жакшылыктарга буюруп, жамандыктардан кайтарышат. Иштердин акыбети Аллахтын колунда.** (Хаж Сүрөсү, 41)

Эбуъл Жаруддан:

**... Ал зулумдук менен мекендеринен чыгарылгандарга, эгер жерде орун берсек, «алар (Аз. Мехди (ас) менен жардамчылары) бийликке жеткен соң көбүшпөйт», намаздарын улантышат, зекеттерин беришет, жакшылыкка буйруп, жамандыктан кайтарышат. Алардын бүт үмүтүнүн акыбети Аллахка тиешелүү.**

**Имам Бакыр Азрети: «БУЛ АЯТ АЗ. МЕХДИ (АС) МЕНЕН АСХАБЫ (ЖАРДАМЧЫЛАРЫ) ЖӨНҮНДӨ ТҮШКӨН. АЛЛАХ АЛАРДЫ ЧЫГЫШТАН БАТЫШКА ЧЕЙИН БҮТ ДҮЙНӨГӨ ЭЭ КЫЛАТ, ИСЛАМДЫ АЛАР МЕНЕН БИЙИК КЫЛАТ, ЗУЛУМДУК МЕНЕН ДИНДЕГИ КОШУМЧАЛАРДАН ЭЧ НЕРСЕ КАЛБАЙТ.»**

**• ЗАРИЯТ СҮРӨСҮНҮН 23-АЯТЫ:**

**Асман менен жердин Раббисине ант болсун, КҮМӨНСҮЗ, АЛ (СИЛЕРГЕ УБАДА КЫЛЫНГАН) СИЛЕРДИН (ӨЗ АРА) СҮЙЛӨШКӨНҮҢӨРДӨЙ, АЛБЕТТЕ АНЫК БИР ЧЫНДЫК. (Зарият Сүрөсү, 23)**

Котормо-түшүндүрмөсү: **Асмандардын жана жердин Раббиси акысы үчүн күмөнсүз ал (Аз. Мехди (ас)) сүйлөп жаткан сөзүңөрдөй акыйкат.**

Бул аятта Женабы Хакк: **«АСМАНДАРДЫН ЖАНА ЖЕРДИН РАББИСИНЕ АНТ КЫЛАМ, КАИМДИН (АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН) ЧЫГЫШЫ ЖӨНҮНДӨГҮ УБАДА СҮЙЛӨП ЖАТКАН СӨЗҮҢӨРДӨЙ КҮМӨНСҮЗ ЖАНА АКЫЙКАТ»** дейт.

**• РУМ СҮРӨСҮНҮН 4, 5-АЯТТАРЫ:**

**... Жана ал күнү момундар сүйүнүшөт. Аллахтын жардамы менен. Ал каалаганына жардам берет... (Рум Сүрөсү, 4-5)**

**Имам Жафер Садык (ас) бул аят жөнүндө: «КАИМ (АЗ. МЕХДИ (АС)) ЧЫККАНДА МОМУНДАР АЛЛАХТЫН НУСРАТЫ (ЖАРДАМЫ) МЕНЕН ЖЕҢИЛДЕШЕТ» деди.**

**• ФУССИЛЕТ СҮРӨСҮНҮН 53-АЯТЫ:**

**Күмөнсүз анын акыйкат экени аларга апачык белгилүү болсун үчүн биз аяттарыбызды сыртта да, өз напсилеринде да аларга көрсөтөбүз. Бүт нерсеге Раббиңдин күбө экени жетпейби?** (Фуссилет Сүрөсү, 53)

Эбу Басирден: **Имам Бакыр азретине бул аят жөнүндө суралганда мындай деди: «Ичтеринде жана сырттарында Аллахтын ажайып жана кызыктай кереметтерин көрүшүп, АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ЧЫГЫШЫНЫН АКЫЙКАТ ЭКЕНИНЕ ИШЕНИШЕТ. МЫНДА ЭЧ КИМДИН КҮМӨНҮ КАЛБАЙТ.»**

**РИСАЛЕ-И НУР ШАКИРТТЕРИНЕН АХМЕД ФЕЙЗИ КУЛ МЫРЗАНЫН АКЫР ЗАМАНГА ТИЕШЕЛҮҮ КЭЭ БИР ЭБЖЕД ЭСЕПТЕРИ**

Маркум Ахмед Фейзи Кул Мырзанын ***"Maidet-ül Kur'an ve Hazinet-ül Bürhan"*** аттуу эмгегинде орун алган акыр заманга ишарат кылган кээ бир эбжеддер төмөнкүдөй:

**АЛБЕТТЕ РАББИҢ САГА СЕН ЫРААЗЫ БОЛО ТУРГАН НЕМАТТЫ БЕРЕТ, ошентип сен ыраазы болуп каласың. (Духа Сүрөсү, 5)**

**ЭБЖЕДИ:** вав менен **2015**, вавсыз **2009**

**СЕНИН ЗИКРИҢДИ (ДАҢКЫҢДЫ) КӨТӨРБӨДҮКПҮ? (Инширах Сүрөсү, 4)**

**ЭБЖЕДИ: 2009**

**АЛЛАХ ЖАЗЫП КОЙГОН: АНТ БОЛСУН, МЕН ҮСТӨМ КЕЛЕМ ЖАНА ЭЛЧИЛЕРИМ ДАГЫ.» Чындап Аллах эң чоң кубат ээси, күчтүү жана жогору. (Мужаделе Сүрөсү, 21)**

**<u>ЭБЖЕДИ:</u> 2010**

**ООЗДОРУ МЕНЕН АЛЛАХТЫН НУРУН ӨЧҮРҮҮНҮ КААЛАШУУДА. Бирок, каапырлар каалашпаса да, АЛЛАХ ӨЗ НУРУНУН ТОЛУК ТАРАЛУУСУНАН БАШКАСЫН КААЛАГАН ЖОК. (Тообо Сүрөсү, 32)**

**<u>ЭБЖЕДИ:</u> ХИЖРИЙ 1423 – ХРИСТИАН ЖЫЛ ЭСЕБИ БОЮНЧА 2002**

**Аны сатып алган бир Мисирдик (бий) аялына: «Анын ордун жогору кыл (аны жакшы бак), балким бизге пайдасы тийер же аны бала кылып алаарбыз» деди. Ошентип Биз Йусуфту жер бетинде (Мисирде) жайгаштырдык. Ага сөздөрдү жорууну (илим) үйрөттүк. АЛЛАХТЫН БУЙРУГУ ҮСТӨМ КЕЛҮҮЧҮ, бирок адамдардын көпчүлүгү билишпейт. (Йусуф Сүрөсү, 21)**

**<u>ЭБЖЕДИ:</u> 2014**

**Жана эч КҮМӨНСҮЗ, БИЗДИН АСКЕРЛЕРИБИЗ, ҮСТӨМ КЕЛЕ (жеңе) ТУРГАНДАР ОШОЛОР. (Саффат Сүрөсү, 173)**

**<u>ЭБЖЕДИ:</u>** 1994

**КАРАҢГЫЛЫГЫ ТҮШКӨНДӨ ТҮНДҮН... (Фалак Сүрөсү, 3)**

**<u>ЭБЖЕДИ:</u> MİLADİ: 1971**
(1971-ЖЫЛЫ ТЕРРОР ЖАНА АНАРХИЯ ОКУЯЛАРЫ БАШТАЛДЫ.)

**АНАН КАБАТЫБЫЗДАН АГА БИР МЭЭРИМ БЕРГЕН ЖАНА ӨЗ ТАРАБЫБЫЗДАН АГА БИР ИЛИМ ҮЙРӨТКӨН КУЛДАРЫБЫЗДАН БИР КУЛДУ ТАБЫШТЫ. (КЕХФ СҮРӨСҮ, 65)**

**<u>ЭБЖЕДИ:</u> ХИЖРИЙ: 1430-1431, ХРИСТИАН ЖЫЛ ЭСЕБИ БОЮНЧА: 2009-2010**

**ЖЕХД (аракет кылуу), КӨҢҮЛҮҢӨРГӨ ЖАКПАСА ДА СИЛЕРГЕ ЖАЗЫЛДЫ (ПАРЗ КЫЛЫНДЫ). (КЭЭДЕ) БИР НЕРСЕНИ ЖАМАН КӨРҮШҮҢӨР МҮМКҮН. ЧЫНДЫГЫНДА АЛ СИЛЕР ҮЧҮН ЖАКШЫЛЫК. ОШОНДОЙ ЭЛЕ (КЭЭДЕ) СИЛЕР ЖАКШЫ КӨРГӨН НЕРСЕ ӨЗҮҢӨРГӨ ЖАМАНДЫК БОЛУП ЧЫГАТ. АЛЛАХ БИЛЕТ, СИЛЕР БИЛБЕЙСИҢЕР. (БАКАРА СҮРӨСҮ, 216)**

**<u>ЭБЖЕДИ:</u> 2010-2050**

(Ахмет Фейзи Кул Мырза *Maidet-ül Kuran ve Hazinet-ül Bürhan* аттуу эмгегинде 2050-жылды Ислам ахлагынын өкүмдарлыгы эң бийикке жеткен жыл катары белгилеген)

**БИЗ СЕНИ ААЛАМДАР ҮЧҮН БИР МЭЭРИМ КАТАРЫ ГАНА ЖӨНӨТТҮК. (АНБИЯ СҮРӨСҮ, 107)**

**<u>ЭБЖЕДИ:</u> ХИЖРИЙ: 1430-1431**

**(ИСА) АЙТТЫ: «КҮМӨНСҮЗ МЕН АЛЛАХТЫН КУЛУМУН. (АЛЛАХ) МАГА КИТЕПТИ БЕРДИ ЖАНА МЕНИ ПАЙГАМБАР КЫЛДЫ.» (МЕРЙЕМ СҮРӨСҮ, 30)**

**<u>ЭБЖЕДИ:</u> ХИЖРИЙ: 1410-1412-1462**

**РАББИҢДИН НЕМАТЫН ТОКТОБОСТОН БАЯНДА (АЙТЫП БЕР). (ДУХА СҮРӨСҮ, 11)**

**<u>ЭБЖЕДИ:</u> ХИЖРИЙ: 1376 ХРИСТИАН ЭСЕБИ БОЮНЧА: 1956**

**АЗ. МЕХДИ (АС) ЖАНА АКЫР ЗАМАНГА ИШАРАТ КЫЛГАН КЭЭ БИР АЯТТАР ЖАНА ЭБЖЕД ЭСЕПТЕРИ**

**АЛАРГА «БЫШЫРЫЛЫП-КАТЫРЫЛГАН ЫЛАЙ ТАШТАРДЫ» ТАШТАП ЖАТЫШКАН; (ФИЛ СҮРӨСҮ, 4)**

**<u>ЭБЖЕДИ: Хижрий: 1359, Христиан жыл эсеби боюнча: 1940</u>** (2-ДҮЙНӨЛҮК СОГУШ)

**ЖАНА СИЛЕРДЕН ЗУЛУМДУК КЫЛГАНДАРГА ГАНА ЖЕТИП ТИМ БОЛБОГОН БИР ФИТНАДАН КОРКУП-САКТАНГЫЛА. БИЛГИЛЕ, ЧЫНДЫГЫНДА АЛЛАХТЫН (ЖАЗА МЕНЕН)**

**ЖЫЙЫНТЫКТАШЫ ӨТӨ КҮЧТҮҮ (АЗАБЫ ООР). (ЭНФАЛ СҮРӨСҮ, 25)**

**ЭБЖЕДИ: Христиан жыл эсеби боюнча: 1913**

1-ДҮЙНӨЛҮК СОГУШТУН БАШТАЛЫШЫ

**БИЗ (АГА): «КОРКПОГУН СӨЗСҮЗ СЕН (АЛАРДАН) ЖОГОРУ (БОЛО)СУҢ (ЖЕҢЕСИҢ) ДЕДИК.»** (Таха Сүрөсү, 68)

**Эбжеди: 1956-жыл**

Бир кезде Аллах бардык пайгамбарлардан, «Мен силерге китеп жана пайгамбарлык бергенден **кийин силерге, пайгамбарчылыгыңарды тастыктаган бир пайгамбар (элчи) келгенде (1)**, сөзсүз ага ыйман келтирип, дароо жардам бересиңер» - деп убада алды жана: «Макул болдуңарбы, ушунуңар менен Менин убадамды (мойнуңарга) алдыңарбы?» деди. Алар: «Макул болдук» дешти. (Анда Аллах): **«Күбө болгула, Мен да силер менен бирге күбө болуучуларданмын (2)**» - деди. (Али Имран Сүрөсү, 81)

**Эбжед (1): 1956-жыл**

**Эбжед (2): Хижри 1416, Миладий (Христиан жыл эсеби боюнча) 1994-жыл**

Биз болсо жерде зулумдук көргөн адамдарга (1) жакшылык кылып, аларды алдыңкылар жана мураскорлор кылууну (2) каалайбыз. (Касас Сүрөсү, 5)

**Эбжед (1): 1996**

**Эбжед (2): ...алдыңкылар... жана мураскорлор кылууну: 2021**

**Биз сени (бейиштен) кушкабар, (тозоктон) коркунучтуу кабар берүүчү кылып гана жибергенбиз.** (Фуркан Сүрөсү, 56)

**Эбжед: 1981**

**(Мындан тышкары, сүрөнүн катары (25) х аяттын катары (56) = 1400 (Миладий 1981)**

Мына ушинтип, **Биз жер жүзүндө Юсуфка күч-кубат жана мүмкүнчүлүк (бийлик) бердик.** Ал жерде (Мисирде) каалаган жерде

жашады. Биз кимге кааласак рахматыбызды насип кылабыз жана жакшылык кылгандардын сыйлыгын текке кетирбейбиз. (Йусуф Сүрөсү, 56)

**Эбжед: 2017**

(Аллах) Айтты: «Бардыгыңар бири-бириңерге (адам шайтанга, шайтан адамга) душман болгон абалда бейиштен түшкүлө. Эми (оо, инсандар) силерге Менден бир туура жол көрсөтүүчү келет; **Ким менин жолума (хидаятыма) ээрчисе, адашпайт жана бактысыз болбойт.**» (Таха Сүрөсү, 123)

**Эбжед: 1982**

(Аллах) Айтты: «Бардыгыңар бири-бириңерге (адам шайтанга, шайтан адамга) душман болгон абалда бейиштен түшкүлө. Эми (оо, инсандар) силерге Менден бир туура жол көрсөтүүчү келет; **Ким менин жолума (хидаятыма) ээрчисе, адашпайт жана бактысыз болбойт. (Таха Сүрөсү, 123)**

**Эбжед: 1982**

Айткын: «Баарыбыз күтүүдөбүз. Силер да күтө бергиле. **Жакында ким туура жолдун ээси болуп, (адашпай) баратканын билип аласыңар.** (Таха Сүрөсү, 135)

**Эбжед: 2023**

Биз аларды Өз буйругубуз менен хидаятка (туура жолго) баштоочу имамдардан (алдыңкылардан) кылдык **жана аларга жакшы иштерди жасоону, намаз окууну жана зекет берүүнү вахий кылдык.** Алар Бизге (эч нерсени шерик кошпой) ибадат кылуучулардан болчу. (Анбия Сүрөсү, 73)

**Эбжед: 1984**

**Алиф. Лам. Мим. Рум (аскерлери) жеңилүүгө дуушар болду.** (Рум Сүрөсү, 1-2)

**Эбжед: 1980**

Бир нече жыл ичинде. **Мындан мурун да, кийин да буйрук Аллахтын колунда. Жана ал (Рум жеңген) күн момундар сүйүнүшөт.** (Рум Сүрөсү, 4)

**Эбжед: 2010**

Ант болсун, Биз Зикирден кийин Забурда да: «Шек жок, **Жерге Менин салих пенделерим мураскор болушат»** деп жаздык. (Анбия Сүрөсү, 105)

**<u>Эбжед: 2051</u>**

Эгер Биз кааласак, аларга **<u>асмандан бир аят (керемет) түшүрөбүз</u>** жана бул моожиза алдында алардын моюндары ийилип калат. (Шуара Сүрөсү, 4)

**<u>Эбжед: 2022</u>**

Бул абалкы **<u>эскертүүчүлөрдүн бир эскертүүчү.</u>** (Нежм Сүрөсү, 56)

**<u>Эбжед: 2031</u>**

Албетте Аллах жана Анын периштелери Пайгамбарга салават-салам айтышат. **<u>Оо, ыйман келтиргендер, силер да ага салават айткыла жана толугу менен баш ийген абалда салам айткыла.</u>** (Ахзаб Сүрөсү, 56)

**<u>Эбжед: 1986</u>**

Чынында, **<u>Биз сени (бейиштен) сүйүнүчтүү кабар берүүчү жана (тозоктон) эскертүүчү кылып Акыйкат менен жибердик.</u>** (Тарыхтагы) бардык эл-үммөттүн ичинде бир эскертүүчү (Пайгамбар) өткөн. (Фатыр Сүрөсү, 24)

**<u>Эбжед: 1983</u>**

Жана Биз алар менен Өзүбүз берекеттүү кылган шаарлар арасында (бири экинчисинен) көрүнө турган шаарлар жараттык жана **<u>ал жерде жүрүү (мүмкүнчүлүктөрүн) бердик: «Ал жерлерде түнкүсүн жана күндүз бейпилдик ичинде кыдырып жүргүлө»</u>** (дедик). **(Саба Сүрөсү, 18)**

**<u>Эбжед: 2023</u>**

Биз аларга **<u>анын акыйкат экени анык болгонго чейин</u>**, Өзүбүздүн (кудурет) белгилерибизди мейкиндиктерде жана алардын өздөрүндө көргөзүп койобуз. Раббиңдин ар нерседен Кабардар, Күбө экени (аларга) жетиштүү эмеспи?! (Фуссилат Сүрөсү, 53)

**<u>Эбжед: 1990</u>**

Жана эч **<u>КҮМӨНСҮЗ, БИЗДИН АСКЕРЛЕРИБИЗ ГАНА ЖЕҢҮҮЧҮЛӨР.</u>** (Саффат Сүрөсү, 173)

**<u>Эбжед: 1994</u>**

Жана адамдардын **<u>Аллахтын динине топ-топ болуп кирип жатканын</u>**

**көргөнүңдө, ылдам Раббиңе хамд (мактоо) айтуу менен (Аны жаман-төмөн сыпаттардан) аруула** жана күнөөлөрүңдү кечирүүсүн сура. Чынында Ал тооболорду кабыл кылуучу. (Наср Сүрөсү, 2-3)

**Эбжед: 2016**

**Жана Биз менин атак-даңкыңды көтөрбөдүкпү?** (Инширах (Шарх) Сүрөсү, 4)

**Эбжед: 2009**

Ал Өзүнүн элчилерин туура жол жана акыйкат дин менен жиберет**. Ал динди (Исламды) бардык диндерден үстөм кылат.** Мушриктер жаман көрсө да. (Сафф Сүрөсү, 9)

**Эбжед: шаддасыз 2021**

Аны Мисирде сатып алган киши (падышанын вазири) аялына айтты: «Аны жакшы орунга жайгаштыр, пайдасы тийип калаар, же болбосо өзүбүзгө (бакма) бала кылып алаарбыз». Мына ушинтип Биз Йусуфту – түштөрдүн маанисин үйрөтүү үчүн – (Мисир деген) жерге мекендештирип койдук. **АЛЛАХ ӨЗ ИШИНДЕ (БУЙРУГУНДА) ЖЕҢҮҮЧҮ.** Бирок муну көпчүлүк адамдар билишпейт. (Йусуф Сүрөсү, 21)

**Эбжед: 2014**

Жана ким Аллахты, Анын Пайгамбарын жана ыймандуу адамдарды дос тутса (алар Аллахтын жамааты болуп саналат), **Албетте Аллахтын жамааты гана жеңүүчү.** (Маида Сүрөсү, 56)

**Эбжед: 2055**

**Раббиңдин нээматтарын (жакшылыктарын) тынбастан баянда.** (Духа Сүрөсү, 11)

**Эбжед: Хижрий 1376, Миладий 1956**

(Аллах) Айтты: «Бардыгыңар бири-бириңерге (адам шайтанга, шайтан адамга) душман болгон абалда бейиштен түшкүлө. Эми (оо, инсандар) силерге Менден бир туура жол көрсөтүүчү келет; **Ким менин жолума (хидаятыма) ээрчисе, адашпайт жана бактысыз болбойт.** (Таха Сүрөсү, 123)

**Эбжед: 1982**

**Ант болсун, аларга өздөрүнүн арасынан (ишеничтүү) бир элчи келди, бирок аны «жалганчы» дешти.** Анан аларды заалым болуп турган абалда азап кармады. (Нахл Сүрөсү, 113)

**Эбжед: 2007**

**САГА АНТ БЕРГЕН АДАМДАР, ЧЫНЫНДА АЛЛАХКА АНТ БЕРИШТИ.** Аллахтын Колу алардын колунун үстүндө. Эми, кимде-ким убадасын бузса, ал өзүнүн зыянына бузганы. Жана кимде-ким Аллахка берген убадасын аткарса, ага Аллах тез аранын ичинде улук сооп берет. (Фатх Сүрөсү, 10)

**Эбжед: 2025**

Эмне, такыбаа болуп, Аллахтын ырайымына бөлөнүүңөр үчүн өзүңөрдүн **АРАҢАРДАН СИЛЕРДИ ЭСКЕРТИП КОРКУТА ТУРГАН БИР АДАМ** аркылуу бир зикир (Китеп) келгенине таң калып жатасыңарбы? (Аьраф Сүрөсү, 63)

**Эбжед: Хижрий 1433, Миладий 2011**

**«... ЧЫНДЫГЫНДА АЛЛАХ СИЛЕРГЕ (ПАДЫША КЫЛЫП) АНЫ ТАНДАДЫ ЖАНА АНЫН ИЛИМ ЖАНА ДЕНЕ КҮЧҮН КӨБӨЙТТҮ...»** (Бакара Сүрөсү, 247)

**Эбжед: Хижрий 1418, Миладий 1996**

Кийин, алардын артынан **СИЛЕРДИ ЖЕРДЕ ОРУНБАСАР КЫЛДЫК**. Кандай амал кылышыңарды (сынап) көрүү үчүн. (Йунус Сүрөсү, 14)

**Эбжед: 2048**

**АЛБЕТТЕ, РАББИҢ САГА (СЕН) ЫРААЗЫ БОЛГОН НЭЭМАТТЫ (СЫЙЛЫКТЫ) БЕРЕТ,** анан сен ыраазы болосуң. (Духа Сүрөсү, 5)

**Эбжед: (вав-ы атыф менен) 2015, (вав-ы атыфсыз) 2009**

Жакшылык кылсаңар өзүңөргө пайда, жамандык кылсаңар да (зыяны) өзүңөргө кайтат. **АКЫРЫНДА УБАДАНЫН УБАКТЫСЫ КЕЛГЕНДЕ**,

(силерди жеңип, кул кылып) жүзүңөрдүн кунарын кетириш үчүн, биринчи жолкусунда кирген сыяктуу мечитке (Аль-Аксаага) кирүү үчүн жана басып алган жерлерин талап-талкалоо үчүн (кубаттуу пенделер жөнөтөбүз). (Исра Сүрөсү, 7)

**Эбжед: 2019**

**ЖАНА ЭЧ КҮМӨНСҮЗ, БИЗДИН АСКЕРИБИЗ ГАНА ЖЕҢҮҮЧҮЛӨР.** (Саффат Сүрөсү, 173)

**Эбжед: Хижрий 1410, Миладий 1988 (шаддалуу)**

**КААПЫРЛАРГА МОЮН СУНБА ЖАНА АЛАРГА (КУРАН МЕНЕН) ЧОҢ КҮРӨШ ЖҮРГҮЗ.** (Фуркан Сүрөсү, 52)

**Эбжед: Хижрий 1400, Миладий 1979**

**РАББИБИЗ, АЛАРДЫН АРАСЫНАН** аларга Сенин аяттарыңды окуп берүүчү, Китеп жана даанышмандыкты үйрөтүүчү жана аларды (ширктен ж.б. күнөө иштерден) тазартуучу **БИР ЭЛЧИ ЖИБЕР**… (Бакара Сүрөсү, 129)

**Эбжед: 1980**

Жана силер жакшы көргөн нерсе (нээмат) да бар: **АЛЛАХТЫН ЖАРДАМЫ ЖАНА ЖАКЫНДА КЕЛЕ ТУРГАН БИР ЖЕҢИШ.** Ыймандууларга сүйүнчүлө. (Сафф Сүрөсү, 13)

**Эбжед: Хижрий 1402, Миладий 1981**

Анан сен жүрөгүндө (мунафыктык) ооруусу бар адамдардын: «бизге ооматсыздык жетип калуусунан коркобуз» деп араларында аракет кылып жүргөнүн көрөсүң. **АЛЛАХ ЖЕҢИШТИ ЖЕ БОЛБОСО ӨЗ ТАРАБЫНАН БИР БУЙРУК БЕРИП КАЛГЫСЫ БАРДЫР**. Ошондо алар (эки жүздүү мунафыктар) жүрөктөрүнө каткан арам ойлоруна бушайман болуп калышат. (Маида Сүрөсү, 52)

**Эбжед: Миладий 1996**

Аллах силердин араңардагы ыйман келтирген жана жакшы амалдарды аткарган адамдарга убада кылган: Шек жок, мурдагы (ушундай) кишилерди «күч жана бийлик ээси» кылганы сыяктуу, **АЛАРДЫ ДА ЖЕР ЖҮЗҮНДӨ «КҮЧ ЖАНА БИЙЛИК ЭЭСИ» КЫЛАТ.** Жана аларга Өзү ыраазы болгон диндерин бекемдеп берүүнү, коркунучтарынан кийин (анысын) тынчтыкка

алмаштырып берүүнү (да убада берди жана мындай шарт койду): «Менин Өзүмө гана ибадат кылышат, Мага эч нерсени шерик кылышпайт». Ким ушундан кийин каапыр болсо, ошолор гана бузукулар. (Нур Сүрөсү, 55)

**Эбжед: 2013**

**РАББИҢ СЕНИ МЫНА УШИНТИП ТАНДАП АЛАТ,** сага сөздөрдүн маанисин билдирет жана мурунку аталарың Ибрахим жана Исхакка толук бергени сыяктуу, сага жана Якуб үй-бүлөсүнө нээматын толуктап берет... (Йусуф Сүрөсү, 6)

**Эбжед: Хижрий 1443, Миладий 2020 (шаддасыз)**

Аларга пайгамбары айтты: **«АЛЛАХ СИЛЕРГЕ ТАЛУТТУ (ПАДЫША КЫЛЫП) ЖӨНӨТТҮ...»** (Бакара Сүрөсү, 247)

**Эбжед: Хижрий: 1420, Миладий: 1998**

**ЧЫНЫНДА БИЗ АГА ЖЕР БЕТИНДЕ УЛУУ САЛТАНАТ – БИЙЛИК БЕРДИК жана ар бир нерсенин себептерин (жол), мүмкүнчүлүктөрүн бердик.** (Кахф Сүрөсү, 84)

**Эбжед: Хижрий 1440, Миладий 2017 (шаддалуу)**

Экөө **ЭКИ ДЕҢИЗДИН КОШУЛГАН ЖЕРИНЕ ЖЕТКЕНДЕ**, балыктарын унутуп койушту. Балык болсо деңизге бет алып, себеттен чыгып кеткен. (Кахф Сүрөсү, 61)

**Эбжед: Хижрий 1405, Миладий 1984**

**АЙТТЫ: «РАББИМ МАГА БЕРГЕН НЕРСЕ (КҮЧ, НЭЭМАТ, МҮМКҮНЧҮЛҮК) ЖАКШЫРААК.** Андан көрө мага күч-кубат жагынан жардам кылгыла, силер менен алардын арасына тосмо куруп берейин. (Кахф Сүрөсү, 95)

**Эбжед: Хижрий 1409, Миладий 1987 (шаддасыз)**

Алар (каапырлар) **Аллахтын нурун (динин) ооздору менен өчүрүүнү каалашат.** Бирок, Аллах, каапырлар жаман көрүшсө да, **Өз нурун (бүт дүйнөгө) толук таралуусунан башкага ыраазы болбойт.** (Тообо Сүрөсү, 32)

**Эбжед: Хижрий 1423, Миладий 2002**

Же болбосо, алар: «(Элчи) Аллахка карата жалган нерсе ойлоп чыгарды» дешеби? **Эгер Аллах кааласа сенин (элчинин) да жүрөгүңдү**

**мөөрлөп коймок. Аллах (вахий менен) жалганды өчүрөт** жана Өз сөздөрү менен акыйкатты орнотот. Ал көкүрөктөрдөгү сырларды Билүүчү. (Шура Сүрөсү, 24)

**Эбжед: 2014**

Эстегин, Мариямдын уулу Ыйса (мындай) деди: «Оо, Исрайил урпактары, мен чындап Аллахтан силерге жиберилген бир элчимин (пайгамбармын). (Мен) өзүмдөн мурдагы Тооратты тастыктаймын жана менден кийин келе турган, ысымы «Ахмад» болгон элчи жөнүндө сүйүнчү кабар айтамын. **Бирок (качан) ал (элчи) аларга анык далилдерди алып келгенде, «бул анык сыйкыр го» дешти.** (Сафф Сүрөсү, 6)

**Эбжед: 2011**

**ШЕК ЖОК АЛ (ЫЙСА) – КЫЯМАТТЫН БЕЛГИСИ. СИЛЕР АНДАН ЭЧ ШЕК САНАБАГЫЛА** жана Мага баш ийгиле. Туура жол – ушул. (Зухруф Сүрөсү, 61)

**Эбжед: 2026**

**Аларды жер жүзүндө бекем орноштуруп, бийлик берсек**, намаздарын толук окушат, зекет беришет, жакшылыктарга буюруп, жамандыктардан кайтарышат. Иштердин акыбети Аллахтын колунда. (Хаж Сүрөсү, 41)

**Эбжед: Хижри 1400, Милади 1979**

**Биз жараткан калктардын арасында акыйкат менен туура жолго баштай турган жана акыйкаттык менен адилеттик орното турган адамдар (үммөт) бар.** (Аьраф Сүрөсү, 181)

**Эбжед: 1987**

Жок. **(Күндүз) сиңип, (түнкүсүн) айланган (жылдыз)дарга ант ичем, бир агым ичинде (өз) ордун алгандарга**... (Таквир Сүрөсү, 15-16)

**Эбжед: Хижрий 1459, Миладий 2036**

**(Пайгамбарлар) жеңиш сурашты, ал эми (акыйкатка) зулумдук кылуучу жана (өз каапырчылыгында) өжөрлүк менен туруучу ар бир**

**адам зыянга учурап, жок болду.** (Ибрахим Сүрөсү, 15)

**Эбжед: 1993**

Ал адамдар сабатсыз (үмми) кабар алып келүүчү (неби) болгон элчиге (расул) баш ийишет (ээрчишет). Ал ушундай элчи: (яхудийлер менен христиандар) аны **өздөрүнүн Тоорат, Инжилдеринде (келээри) жазылуу экенин табышат.** Ал аларды жакшылыктарга буюруп, жамандыктардан кайтарат. Аларга таза, пакиза нерселерди адал, ыплас нерселерди арам кылып, үстүнөн машакаттарын, оор ибадаттарын алып таштайт. Эми, ага (элчиге) ыйман келтирип, аны урматтап, ага түшүрүлгөн нурду ээрчиген адамдар, ошолор гана (тозоктон) кутулуучулар. (Аьраф Сүрөсү, 157)

**Эбжед: 2025**

**Ошол асмандын жана жердин Раббисине ант болсун,** күмөнсүз, ал (силерге убада кылынган) силердин (араңарда) сүйлөшкөнүңөрдөй, албетте, анык бир чындык. (Зарият Сүрөсү, 23)

**Эбжед: Хижрий: 1459, Миладий (Христиан жыл эсеби боюнча): 2036**

Аллахтын жолунда чындап (бүт мүмкүнчүлүгүңөр менен) жихад кылгыла. **Ал силерди тандап алды. Ал силер үчүн диниңерге (ашыкча) оорчулук жүктөгөн жок, атаңар Ибрахимдин дини(нде болгон сыяктуу) (1). Ал (Аллах) мындан мурда да, мында (Куранда) да силерди «мусулмандар» деп атады (2), элчи силерге күбө болушу үчүн, силер да (башка) адамдарга күбө болушуңар үчүн (3).** Эми намазды толук (туура) окугула, зекетти бергиле жана өзүңөрдүн (чыныгы) Кожоюнуңар – Аллахка бекем (ыклас менен) кармангыла. Ал кандай жакшы Кожоюн (Мевла) жана кандай жакшы Жардамчы. (Хаж Сүрөсү, 78)

**Эбжед (1): 1911**
**Эбжед (2): 2034**
**Эбжед (3): 2026**

Анан айтышат: «Раббиңден сага бир аят (керемет) түшсө кана!..» Айткын: «Кайып бир гана Аллахка тиешелүү, силер күтө тургула; **мен да силер менен бирге күтүүчүлөрдөнмүн.»** (Йунус Сүрөсү, 20)

**Эбжед: 2002 (шаддасыз)**

Аягында алар өздөрүнө убада кылынганды көрүшкөндө, **жардамчы болуу жагынан ким алсызыраак экенин жана сан жагынан кимдин азыраак экенин билип калышат.** (Жин Сүрөсү, 24)

**Эбжед: 1995 (шаддалуу жана тенвиндүү)**

**Аларды мээримибизге киргиздик, күмөнсүз алар салих (ыкластуу) кишилер эле.** (Анбия Сүрөсү, 86)

**Эбжед: 2066**

(Бала төрөлүп чоңойгон соң ага айттык:) «Эй Йахйа (Яхья), **Китепти бекем карман.**» Бала кезинде эле ага акылмандык бердик. (Мерйем Сүрөсү, 12)

**Эбжед: 2067**

**ЖЕХД (АРАКЕТ КЫЛУУ), КӨҢҮЛҮҢӨРГӨ ЖАКПАСА ДА СИЛЕРГЕ ЖАЗЫЛДЫ (ПАРЗ КЫЛЫНДЫ). (КЭЭДЕ) БИР НЕРСЕНИ ЖАМАН КӨРҮШҮҢӨР МҮМКҮН. ЧЫНЫНДА АЛ СИЛЕР ҮЧҮН ЖАКШЫЛЫК. ОШОНДОЙ ЭЛЕ (КЭЭДЕ) СИЛЕР ЖАКШЫ КӨРГӨН НЕРСЕ ӨЗҮҢӨРГӨ ЖАМАНДЫК БОЛУП ЧЫГАТ. АЛЛАХ БИЛЕТ, СИЛЕР БИЛБЕЙСИҢЕР.** (Бакара Сүрөсү, 216)

**Эбжед: 1960-1961-2010-2050**
**(Ислам ахлагы бүт дүйнөгө толук жайылган жыл катары айтылат)**

**КҮМӨНСҮЗ, БИЗ САГА АПАЧЫК БИР ЖЕҢИШ (ФЕТИХ) БЕРДИК.** (Фетих Сүрөсү, 1)

**Эбжед: Хижрий: 1331, Миладий: 1913**
**(Түркиядагы Чанаккале жеңишинин жылы)**

**Аллах араңардан ыйман келтиргендерге жана салих (чын ыкластуу) иштерди кылгандарга убада кылган (1):** Эч күмөнсүз, алардан мурдакыларды «күч жана бийлик ээси» кылган сыяктуу аларды да жер жүзүндө «күч жана бийлик ээси» кылат, алар үчүн тандап жактырган динин аларга бекемдеп, жайгаштырат жана аларды коркууларынан кийин бейпилдикке айландырат. Алар жалаң гана Мага ибадат кылышат жана Мага эч нерсени шерик кошушпайт. Ким мындан кийин чындыктан баш тартса, дал

ошолор – бузукулар. (Нур Сүрөсү, 55)

**Эбжед (1): 2019 (шаддалуу)**

**АНАН КАБАТЫБЫЗДАН АГА БИР МЭЭРИМ БЕРГЕН ЖАНА ӨЗ ТАРАБЫБЫЗДАН АГА БИР ИЛИМ ҮЙРӨТКӨН КУЛДАРЫБЫЗДАН БИР КУЛДУ ТАБЫШТЫ.** (Кехф Сүрөсү, 65)

**Эбжед: Хижрий: 1430-1431, Миладий: 2009-2010**

**БИЗ САГА ГАНА СЫЙЫНАБЫЗ ЖАНА СЕНДЕН ГАНА ЖАРДАМ СУРАЙБЫЗ. БИЗДИ ТУУРА ЖОЛГО БАШТА.** (Фатиха Сүрөсү, 5-6)

**Эбжед: 2019**

Фатиха Сүрөсүнүн 5- жана 6-аяттарынын эбжед суммасы Аз. Мехди (ас) көрүнө турган убакыт болгон 2019-жылды берүүдө.

**ШААРДЫН ЭҢ АЛЫСКЫ ЖЕРИНЕН БИР АДАМ ЧУРКАП КЕЛДИ: «ЭЙ КООМУМ, ЭЛЧИЛЕРДИ ЭЭРЧИГИЛЕ (АЛАРГА БАШ ИЙГИЛЕ)» ДЕДИ.** (Йасин Сүрөсү, 20)

**Хижрий: 1458**
**Миладий: 2036**

Йасин Сүрөсүнүн 20-аятындагы «... **эй коомум, элчилерди ээрчигиле»...** сөзүнүн эбжеди 2036-жылды берүүдө.

**«АНТ БОЛСУН, БИЗ АЛАРДЫ БИР ИЛИМ МЕНЕН ААЛАМДАРДАН ЖОГОРУ КЫЛДЫК.»** (Духан Сүрөсү, 32)

**Хижрий: 1431-ж.**
**Миладий: 2010-ж.**

Духан Сүрөсүнүн 32-аятынын эбжеди 2011-жылды, ушул эле аяттагы **«Ант болсун... Биз аларды тандадык (жогору кылдык)»** сөзүнүн эбжеди болсо 2010-жылды берүүдө.

**АЛБЕТТЕ, РАББИҢ САГА БЕРЕТ, ОШЕНТИП СЕН ЫРААЗЫ БОЛУП КАЛАСЫҢ.** (Духа Сүрөсү, 5)

**Хижрий: 1410**
**Миладий: 1990**

Духа Сүрөсүнүн 5-аятынын эбжеди Аз. Мехди (ас)га жана Ислам ахлагынын дүйнөгө орношуна ишарат кылууда.

**КҮМӨНСҮЗ, СИЛЕРГЕ ҮСТҮҢӨРДӨН КҮБӨ БОЛО ТУРГАН БИР ЭЛЧИ ЖӨНӨТТҮК; Фараонго бир элчи жөнөткөнүбүз сыяктуу.** (Мүземмил Сүрөсү, 15)

**Хижрий: 1423**

**Миладий: 2001**

Мүземмил Сүрөсүнүн 15-аятындагы **«Күмөнсүз силерге үстүңөрдөн күбө боло турган бир элчи жөнөттүк;** ...» сөзү 2001-жылга ишарат кылууда.

# ПАЙГАМБАР МЫРЗАБЫЗ (САВ) КАБАР БЕРГЕН АКЫР ЗАМАН ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫ

## АЗ. МЕХДИ (АС) АКЫР ЗАМАНДЫН ТЕХНОЛОГИЯЛЫК МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨРҮН ПАЙДАЛАНЫП БҮТ ДҮЙНӨГӨ КУРАН АХЛАГЫН ЖАНА ЫЙМАН АКЫЙКАТТАРЫН МААЛЫМДАП БЕРЕТ

**Адилеттик менен теңдик сыяктуу, Имам Мехди (ас) илимди (маалыматты) бүт дүйнөгө жайат.** *(Bihar-ül Envar, том 36, бет 253)*

**Замандын Имамы (Аз. Мехди (ас))нын аракети урматында илим адамдардын жүрөктөрүнө кирет.** *(Bihar-ül Envar, том 53, бет 86 al-Ikhtesaas'tan aktarılıyor; Mikyaal al-Makaarem, том 1, б. 236)*

**Бул кылымда (Аз. Мехди (ас) убагында) адамдарга Куттуу Куран жана анын чындыктары үйрөтүлөт.** *(Bihar-ül Envar, том 52, б. 339)*

## АЗ. МЕХДИ (АС) ДООРУНДА ДҮЙНӨНҮН ТҮЗҮЛҮШҮ ЖАНА ААЛАМ ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТТАРГА ЖЕТИШИЛЕТ

Аз. Мехди (ас) убагында адамдар **жердин 7 кабатына да, асмандын 7 кабатына да жетишет.** *(Bihar-ül Envar том: 52, б. 321)*

Хадисте Аз. Мехди (ас) убагында жетишиле турган илимдерге жана технологиялык өнүгүүлөргө көңүл бурулган. Акыркы жылдары адамдар дүйнөнүн тереңдерин да, ааламдын эң алыскы бурчтарын да изилдеп, маалымат чогулта ала турган технологияга жетишишти. Жер кабыгынын катмарлары менен магманын түзүлүшүнө чейин дүйнөнүн ичи жөнүндөгү маалыматтар учурда белгилүү болуп калды. Атмосфера кабаттарынын газ түзүлүшү, башка бир галактикадагы жылдыздардын санына чейин көп маалыматтарга да адамдар Аллахтын уруксаты менен жетишишти. Пайгамбарыбыз (сав) убагында адамдар билбеген бул акыр заман акыйкаттарынын Аз. Мехди (ас) убагында белгилүү болоору 1400 жыл мурда Пайгамбарыбыз (сав) тарабынан билдирилген.

## АЗ. МЕХДИ (АС) ДҮЙНӨДӨГҮ ОКУЯЛАР ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТ АЛГАНДА ТЕХНОЛОГИЯЛАРДЫ ПАЙДАЛАНАТ

Аз. Мехди (ас) үчүн **аалам алаканынын ичиндей ачык болот.** *(Bihar-ül Envar, том 52, б. 328)*

Хадисте Аз. Мехди (ас)дын акыр замандагы технологиядан пайдаланаарына ишарат кылынууда. Акыр заманда аалам жөнүндө көптөгөн маалыматтар алынат. Ошол кезге чейин билинбеген көп нерселер акыр замандагы өнүгүүлөр менен Аллахтын каалоосу менен белгилүү болуп калат. Аз. Мехди (ас) каалаган кандайдыр бир маалыматын алуу үчүн же дүйнөнүн кандайдыр бир жериндеги бирөө менен байланыш куруу үчүн алаканга бата турган компьютер технологиясын колдонот.

## АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ЧАКЫРЫГЫН КӨПТӨГӨН ШААРДАГЫ АДАМДАР БИР УБАКТА ТЫҢДАЙ АЛЫШАТ

Абан бин Таглиб айтат: имам Жафери Садык а.с.дын мындай дегенин уктум, мен Каимди (Аз. Мехди (ас)ды) көрүп жаткан сыяктуумун,... **ар бир өлкөдөгүлөр анын алар менен бирге алардын өлкөлөрүндө экенин көрүшөт, ал Расулуллах (сав)дын желегин ачат**,... *(Zamanın İmamını Tanıyalım, İmam Mehdi, Ali İrfan, б. 94)*

Куттуу хадисте Аз. Мехди (ас)дан башка шаарларда жана өлкөлөрдө жашаган адамдардын да аны өз шаарларында, жандарында тургандай көрүшөөрүн, б.а. замандын технологиясы менен телевизор каналында түз берүү, радио жана интернет аркылуу аны угушаарын да билдирген. Аз. Мехди (ас) Пайгамбарыбыз (сав) сыяктуу Ислам ахлагын бүт дүйнөгө жайат жана Стамбулдагы Топкапы Сарайында сакталып турган куттуу желек Пайгамбарыбыз (сав)дан соң биринчи жолу анын убагында ачылат. (Белгилүү болгондой Аз. Мехди (ас) Пайгамбарыбыз (сав)дын куттуу желеги жана башка ыйык аманаттары сакталуу турган Стамбулдан чыгат.)

## АЗ. МЕХДИ (АС) ДООРУНДА ЭЛЕКТРОНДУК БАЙЛАНЫШ

Асмандан бир жарчы чыгат жана «Акыйкат али-Мухаммедде», жерден да бир жарчы чыгат жана Ал болсо «Акыйкат Исанын алинде» (АКЫЙКАТ АЗ. ИСА (АС)ДЫН УРПАКТАРЫНДА) деп жар салат. Аббас (ра) бул

жөнүндө **«Жерден келген үн шайтандан, асмандан келген үн болсо Аллахтан»** деп айткан.» *(Beklenen Mehdi'nin Alametleri, Ahmed İbn-i Hacer-i Mekki-Heytemi, бет. 53)*

Акыр заманда телевизор, радио, интернет сыяктуу радио толкундары менен таркаган ар кандай үн менен сүрөттөлүш, асмандан электрондук толкундар абалында да жер бетине жетет жана ошолор аркылуу адамдарга **«Акыйкат али-Мухаммедде»**, б.а. Аз. Мехди (ас) Пайгамбар Мырзабыз (сав)дын урпактарынан деген маалымат таркайт. Жер бетиндеги бүт адамдар ал үн менен сүрөттөлүштү угуп, көрүшөт.

Жер астында иш-аракет жүргүзгөн атеист масондор, атеист жашыруун дүйнө өкмөтү, б.а. дажжал комитети тарабынан жердин астынан таркаган туура эмес жана жаңылтуучу маалыматтар болот. **«Акыйкат Исанын алинде»** (АКЫЙКАТ АЗ. ИСА (АС)ДЫН УРПАКТАРЫНДА) деген маалыматты таркатышат. Аз. Иса (ас)дын үйлөнгөнүн, балалуу болгонун, анын урпагынын уланып келатканын жана биздин заманда анын урпактарынын жашап жатканын айтып чыгышат. Учурда масондор чыгарган «ыйык чыны» пикири ушул жөнүндө. Мунун акыр заманда ушундайча ишке ашышы Расулуллах (сав)дын дагы бир керемети.

## АДАМГА ӨЗ ҮНҮНҮН СҮЙЛӨШҮ

Напсим кудуреттүү колунда болгон (Аллах)ка ант ичем, жырткыч айбандар адамдар менен сүйлөшмөйүнчө, **адамга үнү менен бут кийими сүйлөмөйүнчө жана үй-бүлөсүнүн эмне кылганын ага кабар бермейинче** кыямат болбойт. *(İmam-ı Şa'rani, Ölüm, Kıyamet, Diriliş, бет. 471)*

Учурда кеңири колдонулган кассета жана CD плейрлер аркылуу адамдын үнүн жазып кийин угуу мүмкүн болууда. Риваятта **«адамга үнүнүн сүйлөшү»** деп ушул каражаттар айтылып жаткан болушу ыктымал. **«Адамга бут кийими сүйлөмөйүнчө»** деген сөз болсо чалгынчы (разведчик) адистер бут кийимине каткан угуу аппараттарын эске салат. Өзгөчө «кансыз согуш» убагында румыниялык чалгынчылар иштеп чыккан бут кийимдин такасына жайгаштырылчу угуу аппараттары батыш дипломаттары тарабынан колдонулган.

**«Кишиге үй-бүлөсүнүн эмне кылганын кабар бермейинче»** сүйлөмү болсо интернет камералары жана сүрөттөлүштү көрсөткөн телефондор аркылуу алыс жерден үй-бүлөлөрдүн, курбулардын бир-бири менен байланыш түзүп, бир-биринин эмне кылып жатканынан кабардар болушуна

ишарат кылууда.

## БУТТУН ТАМАНЫНА ЖАЙГАШТЫРЫЛГАН ҮН КАБЫЛДАГЫЧ

**Кишиге камчысынын учу, бут кийиминин боосу сүйлөмөйүнчө,** киши зекетин кабыл ала турган адамды таба албай турганчалык даражада байлык көбөймөйүнчө, Арап жерлеринде дарыялар, суулар акмайынча кыямат келбейт. *(Ahmed b. Hanbel, Müsned; Tirmizi, Fiten.19; Abd b. Humeyd, Müsned, II, 498*)

Жогорудагы риваятта айтылган **«бут кийиминин боосу сүйлөмөйүнчө»** сөзү бут кийимдерге орнотулган угуу системасында «бут кийим боосунун» антена кызматын аткараарына ишарат кылууда.

**«Кишиге камчысынын учу сүйлөмөйүнчө»** деген сүйлөм болсо учурдагы технологияга тиешелүү камчы сыяктуу көбүнчө антеналуу, кабельсиз жана чөнтөк телефондоруна ишарат кылып жатышы мүмкүн. Антеналары камчынын учу сыяктуу болгон антеналуу кабельсиз жана чөнтөк телефондору аркылуу бир кишинин башка бир адамдын үнүн угушу риваятта айтылган **«кишиге камчысынын учу сүйлөмөйүнчө»** сөзүнө өтө окшошот.

## АЗ. МЕХДИ (АС) ИНТЕРНЕТ, ТЕЛЕВИЗОР ЖАНА РАДИО АРКЫЛУУ ДҮЙНӨНҮН ТӨРТ БУРЧУНДА БЕЛГИЛҮҮ БОЛОТ

Акыр заманда Аз. Мехди (ас)дын атак-даңкы тынымсыз жайылат. Мында интернет, телевизор жана радиолордун чоң пайдасы болот. Пайгамбарыбыз (сав)дын хадистеринде Аз. Мехди (ас)дын атак-даңкынын интернетте жарыяланган видеолор, телевизор тасмалары жана радиолор аркылуу жайылаары мындайча кабар берилген:

Имам (ас) (Аз. Мехди (ас)) дүйнөнүн чыгыш менен батышын (руханий) каратып Исламды (Ислам ахлагын) дүйнөнүн төрт тарабына эгемен кылат... **АЛЛАХ ТААЛА АДАМДАРГА УШУНДАЙ БИР КҮЧ БЕРЕТ: БҮТ БААРЫ ТУРГАН ЖЕРИНЕН АНЫН (АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН) СӨЗДӨРҮН УГАТ** жана Имам (а.с) Исламга жашоо берет... *(Bihar'ul-Envar, т. 52, б. 279 жана т. 53, б.12 İkmal'ud- Din, т. 2, б. 367)*

Күмөнсүз, **КАИМ (АЗ. МЕХДИ (АС)) УБАГЫНДА БИР МОМУН ЧЫГЫШТА БОЛСО, БАТЫШТАГЫ БИР ТУУГАНЫ АНЫ КӨРӨТ.** Ал

эми, **БАТЫШТА БОЛСО ЧЫГЫШТАГЫ БИР ТУУГАНЫН КӨРӨТ.** *(Bihar'ul-Envar, т. 52, б. 391)*

Хадистерде, ошондой эле, интернет, телевизор, радио сыяктуу байланыш каражаттары аркылуу бүт элдердин Аз. Мехди (ас)дын үнүн жана видеолорун өз тилдерине которулган абалда дүйнөнүн бүт тарабынан уга алышаарына да ишарат кылынган:

Икдуъд-Дурерде айтат: **БУЛ ҮН БҮТ ЖЕР ЖҮЗҮНӨ ТАРКАЙТ, АР БИР ЭЛ ӨЗ ТИЛИНДЕ УГАТ.** *(Kitab-ül Burhan Fi Alamet-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, б. 51) (Muhammed B. Resul El Hüseyin El Berzenci, Kıyamet Alametleri, б. 201)*

Асмандан жердегилерге кайрылган **БИР ҮН; БҮТ БААРЫ АНЫ ӨЗ ТИЛИНДЕ УГАТ.** *(Kitab-ül Burhan Fi Alamet-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, 37-б.)*

Асмандан бир үн аны ысмы менен чакырат жана **ЧЫГЫШТАГЫ, БАТЫШТАГЫ, АЛ ТУРГАЙ, УКТАП ЖАТКАН ДА АЛ ҮНДҮ УГУП,** ойгонот. *(Ahmed İbn-i Hacer-i Mekki (Heytemi), Beklenen Mehdinin Alametleri, El-Kavlu'l Muhtasar Fi Alamatil Mehdiyy-il Muntazar, б. 56)*

## АЗ. МЕХДИ (АС) ДООРУНДА СҮРӨТТӨЛҮШ ДА КӨРҮНГӨН ТЕЛЕФОН ЖАНА КОМПЬЮТЕР СИСТЕМАЛАРЫ АРКЫЛУУ БАЙЛАНЫШ КУРУЛАТ

Имам Садык (ас) мындай деген: **«Күмөнсүз, Каим (Аз. Мехди (ас)) убагында бир момун чыгышта болсо, батыштагы бир тууганы аны көрөт. Эгер батышта болсо, чыгыштагы бир тууганы аны көрөт.»** *(Bihar'ul-Envar, т. 52, б. 391)*

Пайгамбарыбыз (сав) бул хадисте Аз. Мехди (ас)дын чыгаар убактысы болгон хижрий 1400-жылдардагы өнүккөн жогорку технологияга көңүл бурган. 21-кылымда өндүрүлгөн сүрөттөлүштүү (адамдын өзүн да көрсөтө турган) чөнтөк телефондор менен компьютерлердеги камера системалары аркылуу дүйнөнүн бүт тарабындагы адамдар менен каалаганда өзүн да көрүп байланыш түзүү жана сүйлөшүү мүмкүнчүлүгү пайда болду. Бул окуя менен бирге Аз. Мехди (ас)дын чыгаар убактысын ишарат кылган дагы бир белги ишке ашты.

**УЧУРДА ИНТЕРНЕТТЕН СПУТНИКТИК СҮРӨТТӨЛҮШТӨР АРКЫЛУУ БҮТ ДҮЙНӨ ШААРЛАРЫН МАЙДА-БАРАТЫНА ЧЕЙИН КӨРҮҮГӨ БОЛОТ**

Иштер ээсине (Аз. Мехди (ас)га) тапшырылганда Улуу Аллах ал үчүн дүйнөнүн эң төмөнкү жерин көтөрүп, эң жогорку жерлерди болсо төмөндөтөт. **ОШЕНТИП БҮТ ДҮЙНӨНҮ АЛАКАНЫНЫН ИЧИН КӨРГӨНДӨЙ КӨРӨТ. Араңардан кимдин алаканынын ичинде бир тал чач болсо аны көрө албайт?** *(Bihar-ül Envar, 5-том, б. 328)*

**Аз. Мехди (ас) үчүн аалам алаканынын ичиндей ачык болот.** *(Bihar-ül Envar, том 52, б. 328)*

Аз. Мехди (ас) убагында спутник аркылуу көрүү, телевизор жана интернет системалары Аз. Мехди (ас)га кызмат кылат. Учурда интернет аркылуу спутниктен тартылган сүрөттөр менен бүт дүйнө шаарларын майда-баратына чейин көрүүгө болот. Хадисте Аз. Мехди (ас) менен шакирттеринин акыр замандагы интернет технологиясынан пайдаланаары түшүнүктүү болууда.

Имам Жафери Садык алейхиссаламдын уулу Мухаммеддин риваяты боюнча Имам алейхиссалам мындай деген: **«АЗ. МЕХДИ (АС) КЫЯМ ЭТКЕНДЕ ар мамлекетке бир элчи жөнөтөт жана ар бир элчиге мындай дейт. «СЕНИН КЕЛИШИМИҢ КОЛУҢДА. Түшүнбөгөн бир абалга туш болуп, өкүм (чечим) чыгарууда кыйналсаң КОЛУҢДУ КАРА ЖАНА КОЛУҢДА ЖАЗЫЛГАНДЫ ЖАСА.»...** *(Şeyh Muhammed b. İbrahim-i Numani, Gaybet-i Numani, б. 381)*

Аз. Мехди (ас) убагында башкаруучу абалындагы кишилер байланышты жана билбеген нерселерин издеп үйрөнүүнү колдорундагы алакан ичи компьютерлер жана компьютерлүү чөнтөк телефондору менен интернет аркылуу жүргүзүшөт.

**АЗ. МЕХДИ (АС) ДООРУНДА ӨНҮККӨН ТЕХНОЛОГИЯ ЖАНА ИНТЕРНЕТТИН ЖАЙЫЛЫШЫ НАТЫЙЖАСЫНДА МААЛЫМАТ АЛУУ ОҢОЙ БОЛУП КАЛАТ**

Аз. Мехди (ас) убагында **маалымат ушунчалык көп (кеңири) болот**:

үйүндөгү бир аял да Аллахтын Китебине жана Пайгамбардын сүннөтүнө карап өкүм берет. *(Bihar ül-Envar, т. 52, б. 352)*

Аз. Мехди (ас) убагында өнүккөн технология жана интернеттин жайылышы натыйжасында маалыматка жетүү өтө оңой болуп калат. Иштебеген аялдар да үйлөрүндө ар кандай маалыматты алуу мүмкүнчүлүгүнө жетишишет жана анын урматында Куран ахлагын жана Пайгамбар Мырзабыз (сав)дын сүннөтүн өтө так жасай алышат.

**АЗ. МЕХДИ (АС) ДООРУНДА БАШКАРУУЧУ КИШИЛЕР БАЙЛАНЫШТЫ ЖАНА БИЛБЕГЕН НЕРСЕЛЕРИН КОЛДОРУНДАГЫ КИЧИНЕКЕЙ КОМПЬЮТЕРЛЕР ЖАНА КОМПЬЮТЕРЛҮҮ ТЕЛЕФОНДОР АРКЫЛУУ ИЗИЛДЕП БИЛИШЕТ**

Имам Жафери Садык алейхиссаламдын уулу Мухаммеддин риваяты боюнча Имам алейхиссалам мындай деген: **«КАИМ АЛЕЙХИССАЛАМ (АЗ. МЕХДИ (АС)) КЫЯМ ЭТКЕНДЕ** ар мамлекетке бир элчи жөнөтөт жана ар бир элчиге мындай дейт. **«СЕНИН КЕЛИШИМИҢ КОЛУҢДА. Түшүнбөгөн бир абалга туш болуп, өкүм (чечим) чыгарууда кыйналсаң КОЛУҢДУ КАРА ЖАНА КОЛУҢДА ЖАЗЫЛГАНДЫ ЖАСА.»...** *(Şeyh Muhammed b. İbrahim-i Numani, Gaybet-i Numani, б. 381)*

Хадисте Аз. Мехди (ас) убагында башкаруучу кызматындагы кишилердин байланыш куруу, маалымат алуу же билбеген нерселерин изилдеп үйрөнүү максатында кичинекей компьютерлерди жана компьютерлүү телефондорду пайдаланаарына көңүл бурулган. Бул куттуу доордо технологиянын эң жогорку деңгээлге жетээри, адамдардын аларга келген кабарларды жана билбеген нерселерин ушундай кичинекей компьютерлердин баскычтарын басып ал каражаттардын экрандарынан көрүп түшүнөөрү хадистен көрүнүп турат.

**ХАДИСТЕРДЕ АЙТЫЛГАН «АСМАНДАН БИР КОЛ СОЗУЛУП, «УШУЛ АЗ. МЕХДИ (АС), АГА МОЮН СУНГУЛА» ДЕШИ» ТЕЛЕВИЗОР МЕНЕН ИНТЕРНЕТТЕН КӨРҮНӨ ТУРГАН АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН КОЛУНА ИШАРАТ КЫЛАТ**

Кеза (Н. б. Хаммад) Зүхриден риваят кылды. Айтты: ... **АСМАНДАН МЫНДАЙ БИР ҮН УГУЛАТ: «АЛЛАХТЫН ОЛУЯСЫ БАЛАНЧАНЫН**

**АСХАБЫ»** (б.а. Мехди (ас)ды айтып жатат). Эсма бинти Умейс айтты: **АЛ КҮНДҮН БЕЛГИСИ (АЛААМАТЫ) АСМАНДАН СОЗУЛГАН ЖАНА АДАМДАР АНЫ КАРАП ТУРГАН БИР КОЛ.** *(Celalettin Suyutinin Tasnifinden Hadisler, Ahir Zaman Mehdisinin Alametleri, Ali Bin Hüsameddin El Muttaki, б. 69)*

**... МЫНА ОШОНДО АСМАНДАН ӨЗҮН ТААНЫТКАН БИР КОЛ КӨРҮНӨТ...** *(Celalettin Suyuti'nin Tasnifinden Hadisler, Ahir Zaman Mehdisinin Alametleri, Ali Bin Hüsameddin El Muttaki, б. 51)*

**АСМАНДАН КӨРҮНГӨН БИР КОЛ** жана «амириңер (башчыңар) Мехди» деп жарыялангана чейин чукушуулар жана карама-каршылыктар уланат. **АЛ КҮНДҮН БЕЛГИСИ: АСМАНДАН БИР КОЛ СОЗУЛАТ** жана адамдар аны карашат жана көрүшөт. *(Ahmed İbn-i Hacer-i Mekki (Heytemi), Beklenen Mehdinin Alametleri, El-Kavlu'l Muhtasar Fi Alamet-il Mehdiyy-il Muntazar, б. 53)*

**(Аз. Муса) (Анан) Колун чыгарды, ал болсо ошол замат карагандарга аппак (болуп көрүндү). (Аьраф Сүрөсү, 198)**

Пайгамбарыбыз (сав) хадистеринде Аз. Мехди (ас) чыгаардан мурда адамдарга **Аз. Мехди (ас)ды тааныта турган белгилердин бирөөсүнүн «асмандан созула турган бир кол»** болоорун кабар берген. Ошондой эле хадистер боюнча, **«адамдар ал колду көрүшүп, аны карашат». Хадистерде асмандан созулган ал кол менен бирге адамдарга «Аллахтын олуясы баланчанын асхабы болгон Аз. Мехди (ас) ушул» деп жар салынат. Адамдарга кайрылган бул үн Аз. Мехди (ас)дын үнү болот.»** Аз. Мехди (ас) «мен Аз. Мехди (ас)мын» дебейт, бирок Аз. Мехди (ас)ды эң жакшы билген киши катары телевизор менен интернет аркылуу адамдарга Аз. Мехди (ас)ды айтып берет.

Ошондой эле, хадистердеги бул ишараттар боюнча, Аз. Мехди (ас) телевизор менен интернет аркылуу адамдардын көз алдында болот, адамдар ошолор аркылуу дайыма Аз. Мехди (ас)дын колун көрүшөт. Ошондой эле, ишараттардан, Куранда кабар берилген Аз. Мусанын колу сыяктуу, Аз. Мехди (ас)дын колунун да өтө сулуу жана көңүл бура турган болоору; жана колунун дайыма алдыңкы планда болуп адамдар тарабынан көрүлөөрү түшүнүктүү болууда.

Башка бир хадисте болсо «Аз. Мехди (ас)дын сүйлөп жатканда колун да колдоноору; сүйлөп жатып сөздөрүнө басым жасагысы келгенде колун кыймылдатаары жана адамдардын болсо анын ал кыймылдарын көрөөрү»

кабар берилген:

Аз. Мехди (ас)дын тилинде туттугуу бар. Жай жана салмактуу сүйлөгөндө **ОҢ КОЛУН СОЛ ТИЗЕСИНЕ КОЙОТ.** *(İmam Suyuti, Kıyamet Alametleri, Ölüm ve Diriliş, б. 174)*

Бүт ушул хадистерде ишарат кылынган **«ал колдун адамдар тарабынан көрүлүшү»** Аз. Мехди (ас)ды адамдарга таанытa турган дагы бир маанилүү белги болот.

## АЗ. МЕХДИ (АС) АДАМДАРДЫ ДИНГЕ ӨЗ ҮЙҮНӨН ЧАКЫРАТ

Имам Бакыр (ас) мындай деген: «Каимибиз (Аз. Мехди (ас)) кыям эткенде ... **АЛАР МЕНЕН СҮЙЛӨШКҮСҮ КЕЛГЕНДЕ УГУШАТ ЖАНА ӨЗ ОРДУНАН ТУРУП АНЫ КӨРҮШӨТ.»** *(Yevm'ul-Halas, б. 269)*

Аз. Мехди (ас) акыр заманда чыкканда адамдарга Аллахтын бар экенин, жалгыздыгын айтып берет, Куран ахлагын жана Пайгамбарыбыз (сав)дын сүннөтүн кайрадан жандантат. Пайгамбарыбыз (сав) куттуу хадисинде Аз. Мехди (ас)дын динге чакырыгын түздөн-түз өз үйүнөн жасаары, бир телеберүү аркылуу бүт адамдарга угузаары түшүнүктүү болууда.

## АЗ. МЕХДИ (АС) ИНТЕРНЕТ, ТЕЛЕВИЗОР, РАДИО ЖАНА ТЕЛЕФОН БАЙЛАНЫШТАРЫ АРКЫЛУУ АДАМДАР МЕНЕН СҮЙЛӨШӨТ

Аз. Мехди (ас) убагында адамдар жаткан жеринен, отурган креслосунан, ал тургай, бийик бир жерде болсо да Аз. Мехди (ас)дын үнүн уга ала турган бир технологияга ээ болушат. Белгилүү болгондой, учурда телевизор, телефон, радио жана компьютер системалары аудио жана видео түз берүүлөрдү дүйнөнүн төрт тарабындагы кишилерге заматта жеткире алат.

Имам Садык (ас) мындай деген: **... АЛАР ЖЕР ЖҮЗҮНҮН ЧЫГЫШЫ ЖЕ БАТЫШЫНДА МЭЭРАП ЖЕ ТӨШӨКТӨРҮНДӨ ТУРГАН ЖЕРИНЕН ИМАМ АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ҮНҮН УГУШАТ. БУЛ ЖАЛГЫЗ ҮН АЛАРДЫН БААРЫНЫН КУЛАГЫНА БАРАТ ЖАНА БААРЫ АНЫ КӨЗДӨЙ КЫЙМЫЛДАШАТ.** Көп өтпөстөн көз ачып жумганча баары алдына барышат...» *(Bihar'ul-Envar, т. 53, б. 7)*

**ДҮЙНӨ ЖҮЗҮ АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫ ТЕЛЕВИЗОР МЕНЕН ИНТЕРНЕТТЕН КӨРҮШӨТ**

**АЗ. МЕХДИ (АС) ЧЫККАНДА** Аллах ыйман келтиргендерге ушундай бир көрүү жана угуу күчүн бергендиктен, **ОРТОДО БИР ПОЧТОЧУ БОЛБОСТОН АЗ. МЕХДИ (АС) ТУРГАН ЖЕРИНЕН БҮТ ДҮЙНӨГӨ КАЙРЫЛАТ, АЛАР БОЛСО АНЫ УГУШАТ, АЛ ТУРГАЙ, КӨРҮШӨТ.** *(Muntakab el Ezhar, б. 483)*

Хадисте Аз. Мехди (ас) чыккан кезде байланыштын жеңилдеши менен, видео жана үн заматта жеткирилчү телевизорлор менен интернетке көңүл бурулган. Аз. Мехди (ас)дын дүйнөлүк масштабда динге чакыруу жасаары, сөздөрү менен видеолорунун бүт адамдарга оңой гана жете алаары түшүнүктүү болууда.

**АЗ. МЕХДИ (АС) ДООРУНДА УНАА**

Аз. Мехди (ас) токтоо мүнөз, жакшы келбеттүү... **АНЫН АТЫ КАРАҢГЫЛАРДА ОН ТӨРТТҮК АЙ СЫЯКТУУ ЖАРКЫРАЙТ.** Ал эң жакшы топтун алдында жүрөт. Алар Аллахтын динин бекем карманышып, аны менен Аллахка жакындаганга аракет кылышат... *(Şeyh Muhammed b. İbrahim-i Numani, Gaybet-i Numani б. 171)*

Хадисте Аз. Мехди (ас) убагында техникалык каражаттардын бирөөсүнүн «унаа (машина)» болооруна жана ал унаалардын фараларына, ичиндеги чырактарына көңүл бурулган. Хадисте берилген маалыматтан Аз. Мехди (ас)дын машинасынын фараларынын да жаркырашы көрүнүп турат.

**АЗ. МЕХДИ (АС) ДООРУНДА ЫКЧАМ ТРАНСПОРТТУК КАРАЖАТТАР БОЛОТ**

Абан бин Таглиб айтат: Имам Жафери Садык (ас)дын мындай дегенин уктум, мен Каимди (Аз. Мехди (ас)ды) көрүп жаткан сыяктуумун,... **эки көзүнүн арасы жаркыраган кара ак бир атка минет, ...** *(Zamanın İmatını Tanıyalım, İmam Mehdi, Ali İrfan, бет. 94)*

Бул куттуу хадисте Аз. Мехди (ас) жашап жаткан доордо учурдагы ыкчам транспорттук каражаттарга көңүл бурулган. Ал каражаттардын өтө ыкчам, бир жерден башка бир жерге өтө бат жеткирчү каражаттар экенине Пайгамбарыбыз (сав) көңүл бурган.

## ДАЖЖАЛИЯТ ХАДИСТЕРИНДЕГИ АКЫР ЗАМАН ТЕХНОЛОГИЯСЫНА ИШАРАТТАР

Ибнил Мүнади Али (кв)ден риваят кылган: **«Булуттарды оң колу менен кармайт, күндү баткан жерине чейин кармайт, деңизде басат, бирок суу таманына чейин жетет... Алдында түтүн, артында жашыл тоо болот... Анын кыйкырыгын жер менен асман арасындагылардын баары угушат...»** *(Kıyamet Alametleri, 10. baskı, б. 219)*

**Булуттарды оң колу менен кармайт...**

Пайгамбарыбыз (сав)дан риваят кылынган бул хадисте **«дажжалдын булуттарды оң колу менен кармашына»** ишарат кылынган. Учурда асмандын үстүңкү катмарларына чейин көтөрүлө алган учактар бул хадиске ишарат кылышы ыктымал. Учактар булуттардын деңгээлине чыгып, асмандагы булуттар адам колу жете ала турган болуп калууда. Бул технология хадистерде айтылган «булуттарды оң колу менен кармайт» сөздөрүнө дал келгендей көрүнүүдө. (Туурасын Аллах билет.)

**Күндү баткан жерине чейин кармайт...**

Ушул эле хадисте айтылган **«күндү баткан жерине чейин кармайт»** сөзү да учурдагы технологияларга туура келет. Учурда телескоп жана спутник сыяктуу технологиялык каражаттар аркылуу дүйнөнүн бүт тарабындагы күндүн батышын көрүүгө, терең изилдөөгө болот. Спутник системалары бүт өлкөлөрдү көрсөтө алууда жана ал көрүнүштөрдү интернет аркылуу бүт дүйнө жашоочулары көрө алышууда. Хадисте айтылган **«дажжалдын күндү баткан жерине чейин кармашы»** ушул спутник системасынын колдонулушуна ишарат кылып жатышы мүмкүн. (Туурасын Аллах билет.)

**Деңизде басат, бирок суу таманына чейин жетет...**

Пайгамбарыбыз (сав) **«дажжалдын деңизде басаарын, бирок суунун таманына чейин жетээрин»** да айткан. Бул бүгүнкү күндө жасалган серфинг, суу лыжасы, жылаң бут менен суу лыжасы сыяктуу ар кандай суудагы спорт тармактарына мааниси жагынан туура келет. Бул спорттор менен алектенген

киши деңиздин үстүндө жүрөт, сууга буттары гана тийет. Суунун буттардын таманына чейин эле жетээри жөнүндө айтылган жогорудагы хадис суу спортторуна ишарат кылган сыяктуу. (Туурасын Аллах билет.)

**Алдында түтүн, артында жашыл тоо болот...**

Хадисте айтылган **«алдында түтүн, артында жашыл тоо болот»** сөзү абада учактар пайда кылган пейзажга туура келет. Учак асманда учуп бараткanda, алдында булуттардан турган бир түтүн булуту турса, артында жашыл өсүмдүктөргө толгон бир тоо пейзажын калтырат.

**Анын кыйкырыгын жер менен асман арасындагылардын баары угушат...**

Хадисте дажжал жөнүндө **«анын кыйкырыгын жер менен асман арасындагылардын баары угушат»** деп да айтылган. Учурда радио, телевизор жана интернет сыяктуу технологиялык жетишкендиктер ар кандай спутник системалары жана радио толкундар урматында дүйнөнүн төрт тарабында маалымат, телеберүүлөрдү жасап, бир радио же телепрограмманы дүйнөнүн бүт өлкөлөрүнөн бүт адамдар бир убакта уга алышууда. Бул технологиялык система бир телеберүүнүн же бир үндүн хадисте айтылгандай «асман менен жердегилердин баарынын угушуна» дал келгендей көрүнүүдө. (Туурасын Аллах билет.)

**Жерге буйрук берип, эгин өстүрөт...**

Хадисте, ошондой эле, **«дажжалдын жерге буйрук берип эгин өстүрөөрү»** айтылат. Учурда ар кандай айыл-чарба техникалары жана тракторлор урматында жерге эгин эгүү оңой болуп калды жана техникалардын сугаруу жана жер семирткич чачуу технологиялары урматында кыска убакыт ичинде түшүм алынууда. Жерге эгин сээп, түшүм алуунун ушундай айыл-чарба техникалары урматында оңой болуп калышы хадистин ишаратына дал келүүдө. (Туурасын Аллах билет.)

**(Дажжал) Бир дарыяга келип, агышын буйруйт, агат, анан жогору көздөй агышын буйруйт, агат, куруп калышын буйруйт, куруп калат...»** *(Hammadoğlu Nuaym) (Kıyamet Alametleri, Medineli Allame Muhammed B. Resul El-Hüseyin El Berzenci, Pamuk Yayıncılık, б. 213)*

Риваятта дажжал убагында тосмолордун (дамба) курулушуна ишарат кылынууда. Себеби дарбазалары жабылганда суулар ошол замат куруп калат, ачылганда болсо кайра агып баштайт (туурасын Аллах билет).

## ПОЕЗД ТРАНСПОРТУНА ИШАРАТ

**(Дажжал)** Бүт баарын алдоо үчүн алгач **эки тоону жанына алып басат; тоолордун бирөөсүндө мол дарак, мөмө болот, экинчисинде болсо түтүн менен от болот;»** *(Hakim, ile İbni Asakir İbni Ömer) (Kıyamet Alametleri, Medineli Allame Muhammed B. Resul El-Hüseyin El Berzenci, Pamuk Yayıncılık, б. 213)*

Бул риваятта болсо акыр заманда поезддер менен поезд вагондору айтылып жатат. Поезд вагондору дарактан жасалат жана мөмөлөрдү ташууда колдонулууда. Риваятта айтылгандай, темир жолдордо болсо **«түтүн менен от»** бар. Дажжалдын «эки тоону жанына алып басышы» бир тараптан темир жолду, экинчи тараптан болсо мол мөмөлөрдү жүктөгөн ал вагондорду башкарып колдонушуна ишарат кылууда.

Мазут же көмүр менен жүргөн поезддердин мотор тараптарында от, түтүн трубасында болсо түтүн пайда болот. Риваяттагы **«эки тоо»** сөзү темир жол менен вагондордон турган эки чоң массага ишарат кылууда. **«Жанына алып басышы»** болсо поездди башкарган кишинин вагондор менен бирге, чогуу жүрүп баратышына ишарат кылууда (туурасын Аллах билет).

## НАРКОЗДУН КОЛДОНУЛУШУНА ИШАРАТ

(Дажжалдын) жанында бейиш менен тозок болот... **Адамдары да болот, алардын бир бөлүгүн өлтүрүп, анан тирилтет...** *(Kıyamet Alametleri, Medineli Allame Muhammed B. Resul El-Hüseyin El Berzenci, Pamuk Yayıncılık, б. 213)*

Акыр заманда наркоз колдонуу менен адамдардын жүрөктөрү чыгарылып кайра салынууда. Адамдар ушундайча кандайдыр бир мааниде өлүк абалына барып, анан кайра тирилтилип жатышат. Ошол сыяктуу, жүрөгү токтоп калган кишилер да электрошок менен кайра жашап кетишүүдө. Риваятта ушуга ишарат кылынууда (туурасын Аллах билет).

## МАССАЛЫК ТАМАК СИСТЕМАЛАРЫНА ИШАРАТ

**(Дажжалдын) Эттен тоосу, суудан дарыясы болот... (Nuaym Huzeyfe'den)** *(Kıyamet Alametleri, Medineli Allame Muhammed B. Resul El-*

*Hüseyin El Berzenci, Pamuk Yayıncılık, б. 213)*

**«Жанында нан менен эт тоолору, суу дарыялары болот»** *(Kıyamet Alametleri, Medineli Allame Muhammed B. Resul El-Hüseyin El Berzenci, Pamuk Yayıncılık, б. 214)*

**«Жанында шорподон бир тоо, муздабаган ысык эт, аккан бир дарыя... мына тамагы, мына суусундуктары дейт...»** *(Kıyamet Alametleri, Medineli Allame Muhammed B. Resul El-Hüseyin El Berzenci, Pamuk Yayıncılık, б. 215)*

Риваятта 20-кылымда адамдарды зулумдук астында жашаткан коммунисттик режимдерде элге тамактардын массалык берилишине көңүл бурулган. Белгилүү болгондой, бул системаларда 10-20 миң кишилик заводдордо массалык түрдө иштетилген адамдарга риваятта окшотулгандай дарыядай көп суусундуктар менен тоодой тамактар алып барылчу.

## ЫКЧАМ ТРАНСПОРТ ТЕХНОЛОГИЯСЫНА ИШАРАТ

**«(Дажжал) Бүт жер жүзүн 40 күндө айланат.»** *(Kıyamet Alametleri, Medineli Allame Muhammed B. Resul El-Hüseyin El Berzenci, Pamuk Yayıncılık, б. 216)*

Риваятта акыр заманда бир жерден бир жерге жетүүдө транспорттук каражаттардын ылдамдыгына ишарат кылынууда.

## ТЕЛЕВИЗОР ЖАНА РАДИО ПРОГРАММАЛАРЫНА ИШАРАТ

**«(Дажжалдын) Чыгыш менен батыштагы элдер уга ала турган тездикте үч кыйкырыгы бар.** *(Kıyamet Alametleri, Medineli Allame Muhammed B. Resul El-Hüseyin El Berzenci, Pamuk Yayıncılık, б. 216)*

Риваятта акыр заманда чыгыш менен батыштагы бүт адамдар оңой гана уга ала турган абалда радио, телеберүүлөрдүн жасалаарына ишарат кылынган (туурасын Аллах билет).

## КҮН ЭНЕРГИЯСЫНЫН КОЛДОНУЛУШУНА ИШАРАТ

**«(Дажжал) ... заматта күндүн астында бышыра алат.»** *(Hakim, ile İbni Asakir İbni Ömer) (Kıyamet Alametleri, Medineli Allame Muhammed B. Resul El-Hüseyin El Berzenci, Pamuk Yayıncılık, б. 216)*

Акыр заманда күн энергиясынан пайдаланылаарына ишарат кылынууда (туурасын Аллах билет).

## ДАРВИНИСТТЕРДИН РЕКОНСТРУКЦИЯЛАРДЫ КОЛДОНУШУ

**«(Дажжал) жахилдерге (сабатсыз) келип, кааласаң өлгөн атаңды, апаңды тирилтейин дейт, ал болсо ооба көрсөт дегенде жанындагы шайтан атасынын кейпине кирет жана «уулум мен сенин атаңмын! Бул адамды ээрчи (ага баш ий)!» дейт...** *(Kıyamet Alametleri, Medineli Allame Muhammed B. Resul El-Hüseyin El Berzenci, Pamuk Yayıncılık, б. 217)*

Дажжал адамдарга «өлгөн атаңды тирилтейин» дейт, алар «ооба көрсөт» дегенде болсо, маймыл скелеттерин, реконструкция менен жасалган жасалма маймыл сымал адам сүрөттөрүн жана жасалма ортоңку форма фоссилдерин көрсөтүп, аларга «мен сенин атаңмын» дейт. Алар бул шайтандык алдамчылыкка алданышат. Дажжал системасы адамдарга аталарын маймыл сыяктуу көрсөтөт, алар болсо дажжалдын бул оюнуна алданышат.

## АКЫР ЗАМАНДА АТЕИЗМДИН ЖАЙЫЛЫШЫ

**«(Дажжал) Ал «мен ааламдардын Раббимин» дегенде (Аллахты аруулайбыз)...** *(Kıyamet Alametleri, Medineli Allame Muhammed B. Resul El-Hüseyin El Berzenci, Pamuk Yayıncılık, б. 218)*

Дажжал «мен ааламдардын Раббимин» (Аллахты аруулайбыз) деп адамдарды алдап; затты, жана натыйжада бүт атомдорду адамдарга «кудайдай» (жаратуучудай) көрсөткөн (Аллахты аруулайбыз). Бирок дажжалдын ал оюну Аз. Мехди (ас)дын адамдарга чындыкты алып келиши; дарвинизмдин жалган экенин жана бүт нерсени Аллах жаратканын бүт дүйнөгө көрсөтүшү натыйжасында бузула турган болуп жаратылган.

## АКЫР ЗАМАНДА ДАРВИНИЗМДИН ЖАЙЫЛЫШЫ

**«(Дажжал) Ал болсо «кана жөнөгүлө, адамдарга алардын Раббиси экенимди айткыла; мына бейиш менен тозок бар экенин айтып бергиле» дейт. (Аллахты аруулайбыз)**

**Анан алар кишинин атасы, апасы жана бир тууганы кейпине кирип жайылышат, бир адамдын үйүнө келип «сен бизди тааный алдыңбы» дешет. «Ооба бул атам, бул болсо апам, бул болсо бир тууганым» деп жооп берет...**

**... «Калп айтып жатасыңар! Силер шайтансыңар, ал болсо өтө чоң жалганчы! Бизге Расулуллах (сав) силер жөнүндө айтып берген кабары жеткен. Анын жалганчы экенин, жанындагы жардамчыларынын болсо шайтандар экенин, Иса (ас) келип аны талкалай турганын Аллах Элчиси (сав) бизге кабар берген...» анан куру кол кайтышат дажжалдын жанына...** *(Kıyamet Alametleri, Medineli Allame Muhammed B. Resul El-Hüseyin El Berzenci, Pamuk Yayıncılık, б. 218)*

Риваятта айтылышы боюнча, шайтанга моюн сунган кишилер кишинин өзүн да, аталарын да «маймылдарсыңар» деген калпты айтып адамдарды алдашат. «Мен да маймылмын, сен да маймылсың, эжең да маймыл» дешет. Бирок Аз. Мехди (ас) лидерлик кылган ыймандуулар дажжалдын ал оюнун бузушат жана бүт нерсени Аллахтын жоктон жаратканын бүт адамдарга айтып беришет. Риваяттагы «калп айтып жатасыңар, силер шайтансыңар, ал болсо өтө чоң жалганчы» деп Аз. Мехди (ас)дын дажжалдын ал тузагын толук бузуп, жок кылаары кабар берилген.

## АКЫР ЗАМАНДА МАТЕРИАЛИЗМДИН ЖАЙЫЛЫШЫ

**«(Дажжал) Ал болсо «кана жөнөгүлө, адамдарга алардын Раббиси экенимди айткыла; мына бейиш менен тозок бар экенин айтып бергиле» дейт...**

**Ал силердин Раббиңер, араңарда өкүм берүү үчүн келди, бейиши менен тозогу да бар... (Аллахты аруулайбыз)** *(Kıyamet Alametleri, Medineli Allame Muhammed B. Resul El-Hüseyin El Berzenci, Pamuk Yayıncılık, б. 218)*

Дажжал «бейиш менен тозок бул дүйнөдө» деп айтуу менен Аллахты танат (жокко чыгарат) жана адамдарды да тануугa (каапырдыкка) чакырат. Риваят дажжалияттын таасири астындагы материалист илимпоздордун бүт дүйнөгө жайылып, атеизмдин, натыйжада дажжалият менен дарвинизмдин пропагандасын жасашына жана адамдарды атеизмге чакырышына ишарат

кылууда.

## ЭКОНОМИКАЛЫК КРИЗИСКЕ ИШАРАТ

**Дажжал чыгаардан үч жыл мурда өтө каатчылык күндөр болот, ачарчылык өкүм сүрөт. Биринчи жылы Аллах асманга жамгырды камашын буйруйт...** *(Kıyamet Alametleri, Medineli Allame Muhammed B. Resul El-Hüseyin El Berzenci, Pamuk Yayıncılık, б. 220)*

Риваятта кабар берилген акыр заманда боло турган бул окуя ишке ашты. Дүйнө жүзүндө адамдар экономикалык көп кыйынчылыктарды тартышууда. Дүйнөнүн көп тарабында согуш, уруштар, террор менен зомбулуктар болуп; көп адамдар кыйынчылык, азап жана ачкалык сыяктуу оор шарттарда жашап жатышат.

Ошондой эле риваятта айтылган кургакчылык да дүйнө жүзүндө өз таасирин көрсөткөн.

## МЕДИЦИНА ТЕХНОЛОГИЯСЫНА ИШАРАТ

**«(Дажжал) Бир адамга колу тийип өлтүрөт аны экиге бөлөт... Анан араларынан өтүп «мына көрдүңөр, эми мен аны тирилтем...» дейт.** *(Kıyamet Alametleri, Medineli Allame Muhammed B. Resul El-Hüseyin El Berzenci, Pamuk Yayıncılık, б. 220)*

Риваятта акыр заманда технология менен медицинанын өнүгүшүнө ишарат кылынууда. Дажжал доорунда адам денесинин эки бөлүккө бөлүнүп, анан ал бөлүктөрдүн кайра бириктирилишинин мүмкүн болоору айтылууда. Учурда операция убагында адамдардын жүрөк, боор сыяктуу ички органдары денелеринен чыгарылып, анан кайра ордуна салынуу менен адамдарга кайра жан киргизилип жатат.

## ЖАМГЫР БОМБАСЫ

Муслим Нүввас б. Семъандан риваят кылган бир хадисте мындай айтылган:

«Асманга буйрук берип, **жамгыр жаадырат**...» *(Kıyamet alametleri baskı 10 sf. 219)*

Хадисте акыр заманда каалаган кезде жамгыр жаадыруучу ыкмалардын иштеп чыгылаары билдирилген. Чындап эле учурда мындай ыкмалар колдонулуп жатат. Жамгыр бомбасы же булут уруктоо деп аталган бул ыкма мындайча жасалат:

«Жамгыр бомбасы – бул өтө муздак булуттарга муз кристаллдарын чачуу аркылуу жамгыр же кар жаашын камсыз кылуу. Өтө муздак булуттар көп кездешет. Алар 0°Сден төмөн же ал тургай -40°Сден төмөн өтө майда суу тамчыларынан турат. Мындай бир булутка муз кристаллдарынын ташталышы шарттарды өзгөртөт. Кристаллдар сууга караганда төмөнүрөөк буу басымына ээ болгондуктан, суу тамчыларынын бууланышына себеп болушат. Андан соң ал нымдуулук муз кристаллдарынын бетинде чогулат. Ошентип муз кристаллдарынын чоңдугу төмөн түшүп баратканда тынымсыз өсөт. Натыйжада булуттун уруктанышы жогорку деңгээлдерде муз кристаллдарынын пайда болушу менен өзүнөн-өзү келип чыгат. Муз кристаллдарынын булутка түшүшү же атмосферадагы музга айланган бүртүктөрдүн болушу окуяны жыйынтыктайт. Жасалма булут уруктандырууну абадан же жерден жасоого болот. Бир учакты колдонуу менен булуттардын ичине катуу көмүр кычкыл газы (кургак муз) бүртүктөрү чачылат. Температурасы өтө төмөн болгондуктан ал бүртүктөрдө өтө көп санда муз кристаллдары бар.»

Бул ыкма учурда көп колдонулган жерлердин бири – Канада. Бул жөнүндө National Geographic журналынын интернет сайтында төмөнкү маалыматтар берилген:

***«Канзаста (АКШ) кээде чогулган булуттар жамгыр жаайт деген күтүүнү пайда кылат, бирок эч жаабайт; анын ордуна түшүмгө зыян тийгизген мөндүргө айланткан убактар да болот. Батыш Канзас Аба Абалын Модификация Программасы булуттарды жөнгө салуу үчүн учактарды жөнөтөт. Канаттарга тагылган күйгүчтөр чыгарган күмүш йод түтүнү көтөрүлгөн абаны, белгилүү бороон булуттарын нөл градустан төмөнкү ички бөлүктү көздөй багыттайт. Ал бийиктикте күмүш йод бөлүкчөлөрү булут суусу айланасында тоңо алчу ядролор кызматын аткарат. Жетиштүү салмакка жеткен муз бүртүктөрү ылдый түшүп баштайт жана түшүп баратканда ээрип жамгырга айланат. Теориялык жактан караганда, бул стратегия бир эле жамгыр санын көбөйтпөйт, нымдын булуттар ичинде жогору айдалып мөндүргө айланышынын да алдын алат...***

Жамгыр бомбасы акыркы 60 жыл ичинде иштеп чыгылган бир

технология. Учурда АКШ, Израил, Канада, Россия, Тайланд, Марокко, Австралия сыяктуу болжол менен 24 өлкө бул ыкманы көбүрөөк жамгыр жаадыруу үчүн колдонушууда.

## СҮТ ӨНДҮРҮШҮНҮН ЖОГОРУЛАШЫ

Пайгамбар Мырзабыз (сав)дын акыр заман жөнүндөгү хадистеринде айтылган окуялардын бири – бул сүт өндүрүшүнүн өсүшү. Биз жашап жаткан доордо мал чарбачылыгындагы өнүгүүлөр хадистерде ишарат кылынган бул өндүрүмдүүлүк өсүшүнө себеп болду (туурасын Аллах билет).

Бул хадис Ибнил-Мүнади Али (кв)ден риваят кылынган. Муслим Нуввас б. Семъандан риваят кылган бир хадисте мындайча айтылган:

«Кээ бир адамдарга келип чакырат, алар ага ишенишет... Асманга буйрук берип жамгыр жаадырат... Жерге буйрук берип эгин өстүрөт... **Жаныбарларын да көбөйтөт... Эмчектерин болсо сүткө толтурат.»** *(Muhammed B. Resul Al-Hüseyni El Berzenci, Kıyamet Alametleri 10. baskı, б. 219)*

Учурда жакында эле колдонулуп баштаган жаныбарлар популяциясын жасалма уруктандыруу иш-аракеттери, эмбрион которуусу жана жогорку өндүрүмдүү жаныбарлар менен жаныбар сапатынын көтөрүлүшү Голландия менен Бельгия баш болгон бүт өлкөлөрдө сүт өндүрүшүндө чоң бир өсүүгө себеп болгон. Мисалы, Голландияда бир уйдан алынган бир күндүк сүт орточо 35 литрге жеткен. Ал тургай, бир күндө 53 литр сүт берген уйлардын да бар экени белгилүү.

## КЕНЧ ДЕТЕКТОРУ

Акыр замандын өзгөчөлүктөрүн баяндаган бир куттуу хадисте болсо дажжалдын бир имараттын жанынан өтүп баратып ал имараттын астында жашырылган кенчти кабар берээри айтылат:

(Дажжал) Кыйшайып калган бир эски имараттын жанынан өтүп баратып **«кана астыңда жашырылган кенчиңди (казынаңды) чыгар!»** деп буйрук берет, заматта кенч табылат...» (Муслим Нуввасдан риваят кылган) *(Muhammed B. Resul Al-Hüseyni El Berzenci, Kıyamet Alametleri, бет: 219)*

Белгилүү болгондой, учурда жер астындагы металлдарды табуучу, кымбат жана арзан металлдарды жана металл ээритмелерин бир-биринен айырмалоочу детекторлор көп колдонулууда. Ал детекторлор урматында бир имараттын, дубалдын же топурактын астында көмүлгөн металл бар же жок экени заматта белгилүү болууда. Көмүлгөн алтын, күмүш, жез, бронза сыяктуу металлдардын ордуларын оңой гана аныктоого шарт түзгөн андай детекторлор инженерияда, курулушта, аскердик бөлүктөрдө көп колдонулган сыяктуу, кээ бир адамдар тарабынан кенч детектору катары колдонулууда.

Жогорудагы хадисте кенч детектору сыяктуу бир каражаттын колдонулушуна ишарат кылынып жатышы ыктымал. Ушундайча кыйшайып калган имараттын астында казына бар экени аныкталып, ал казына жер жүзүнө чыгарылган болушу мүмкүн (туурасын Аллах билет).

## ТРАЛ АҢЧЫЛЫГЫ

Анын (дажжалдын) акылдарды таң калтырган иштеринин бири төмөнкүдөй: күнүнө үч жолу **деңизге чумкуйт**; колдорунун бири узун. ***Узун болгон колу менен деңиздин түбүнө таянып, башка колдору менен тереңдердеги балыктардын каалаганын кармап чыгат...*** *(Ebu Nuaym Hüzeyfe (r.a)'dan nakil edilmiştir). (Kıyamet Alametleri, 10. baskı, б. 216)*

Пайгамбарыбыз (сав)дын хадистеринде акыр заманда дажжалдын **«деңиздин түбүнө созунуп, тереңдеги балыктарды кармап чыгаарына»** ишарат кылынган. Учурда суу жандыктары аңчылыгында колдонулган **«трал торлору»** хадистин ишаратына толук дал келгендей көрүнүүдө (туурасын Аллах билет). Трал торлору менен аңчылык көптөгөн түр бир учурда кармалуучу бир аңчылык тармагы болгондуктан, «мульти аңчылык» деп да аталат. Трал деңиз тереңи жана орто суу балыкчылыгында колдонулууда. Болот тросттор менен деңиздин түбүн сыдырган ал торлор алдынан чыккан бүт балыктарды ичине камайт.

Трал тору конус формасындагы чоң бир баштыкка окшошот жана оозу болжол менен 30 метр кеңдикте. Тор ташталганда оозу ачык турушу үчүн эки жагына тең тактай плиталар жайгаштырылат. «Эшик» деп аталган ал тактай плиталар болот кабельдер менен трал кемесине байланат. Деңиз түбү катуу болбогон жерлерде деңиз түбүндөгү балыктарды кармоо үчүн көбүнчө түп тралы колдонулат. Трал кемесинен деңизге ташталган трал тору кеме менен айдалат жана тор деңиздин түбүн сыдырып жолундагы балыктарды чогултат. Торду сүйрөө иши 1,5-3 саатка чейин созулат. Анан тор бир кран жардамы менен тартып алынып, ичиндеги балыктар кемеге төгүлөт. Балыктар

тазаланып жуулган соң кеменин кампасында муздардын арасына көмүлүп сакталат. Кээ бир чоң жана өнүккөн трал кемелеринде балыктар тазаланган соң муздатуучу аппараттарда тоңдурулат. Андай кемелер деңизде көбүрөөк мөөнөткө жүрүп аңчылыгын уланта алышат.

## КҮН ОЧОКТОРУНУН АЧЫЛЫШЫ

Абада учуп бараткан кушту кармап, заматта **күндүн астында бышыра алат.** (*Kıyamet Alametleri, 8. baskı, mütercim: Naim Erdoğan, Pamuk Yayıncılık, б. 216)*

Пайгамбарыбыз (сав)дан риваят кылынган жогорудагы хадистерде дажжалдын доору, б.а. акыр заман жөнүндө «кармалган жандыктын турган жеринде заматта бышырылып желишине» көңүл бурулууда. Мунун «күнөстүү жерде» жасалаары да айтылат. Хадистеги бул сөздөр учурдагы технология менен колдонулган «күн очокторуна» көңүл буруп жатышы мүмкүн (туурасын Аллах билет).

Учурда LPG, табигый газ, электр энергиясы, отун менен көмүрдүн ордуна альтернатива катары чыгарылган «күн очоктору» урматында күндүн астында эт сыяктуу тамактарды да заматта бышырып жеш мүмкүн болууда.

Күндөн келген жылуулук ички бети жаркыраган плиталар урматында очокко багытталат. Очоктун ортосуна коюлган тамак чагылтылган күн нурларынан келген жогорку температура астында бышат. *(Emily Krone, "Elburn-made solar ovens give hope to many Third World", Daily Herald, 26 Eylül 2004, бб. 1, 3.*)

Акыр заман жөнүндөгү жогорудагы хадистер биз жашап жаткан доор менен байланыштуу болушу жагынан өтө маанилүү.

## ТУМАН БУЛУТТАР

Дажжал «мен ааламдардын Раббимин... Мобул күн менин уруксатым менен чыгат, кааласаңар аны камап койойун! дейт. «Макул камачы көрөлү» деп жооп беришет. Анан күндү камайт, бир күндү бир айдай, бир жуманы болсо бир жылдай кылат.» (Нуайм б. Хаммад жана Хаким ибни Месуттан (ра) риваят кылынган) *(Muhammed B. Resul Al-Hüseyni El Berzenci, Kıyamet Alametleri, 10. baskı, б. 219, 220)*

Пайгамбарыбыз (сав)дын хадистеринин биринде дажжалдын күндү камашына ишарат кылынган. Учурда ар кандай техникалык ыкмалар менен түтүн булуттарды пайда кылууга жана ал булуттар аркылуу күн нурун тосууга мүмкүн болууда. Түтүн булуттарын пайда кылган туман бомбалары

1- жана 2-дүйнөлүк согуштарда колдонулуп, бүт асманды каптап, көзгө эч нерсе көрүнбөй калган жана асмандагы учактар менен парашютчан аскерлерди аныктоого жолтоо болунган. Бул жасалма ыкма хадисте ишарат кылынган күндүн камалышы, б.а. күн нурун тосуу үчүн колдонула турган бир ыкма жана хадиске дал келгендей көрүнүүдө (туурасын Аллах билет).

## АРАБ ЖЕРЛЕРИНДЕ ДАРЫЯЛАРДЫН АГЫШЫ

**«Араб жерлеринде суулар менен дарыялар акмайынча кыямат келбейт.»** *(Ölüm, Kıyamet ve Diriliş, İmam Şarani, б. 471)*

Бул куттуу хадис учурда Арабистан жарым аралында, өзгөчө Израил менен Сауд Арабиясы сыяктуу өлкөлөрдө суунун көп колдонулуп чөлдө айыл-чарбачылык кылынышына ишарат кылууда.

## КУРАНДА ЖАНА ХАДИСТЕРДЕ КАБАР БЕРИЛГЕН ДАББЕТ-ҮЛ АРД КОМПЬЮТЕР ЖАНА ИНТЕРНЕТ ТЕХНОЛОГИЯСЫНА ИШАРАТ КЫЛАТ (ТУУРАСЫН АЛЛАХ БИЛЕТ)

Ибни Аббас (ра)дан: «Жүзү адам жүзүнө окшошот, **тумшугу кылдуу...**» *(Kıyamet Alametleri, Medineli Allame Muhammed B. Resul Al-Huseyni El Berzenci, Pamuk Yayıncılık, б. 276)*

**Жүзү адам жүзүнө окшош:** Жүзү адам жүзүнө окшош деп Даббенин адамга окшош өзгөчөлүктөрдө болооруна ишарат кылынууда. Учурда компьютерлер да адам сыяктуу камералар урматында көрүп, кабылдагыч системалары менен угуп, түздөн-түз сүйлөшөт.

**Тумшугу кылдуу:** Бул хадисте айтылган **«тумшугу кылдуу»** сөзү компьютерлерди заряддоо үчүн колдонулган жана ичке зымдардан турган электрдик кабельге ишарат кылып жатышы мүмкүн. Канаттуулардын тумшугу пластмасса сыяктуу, бир слюданы (катмардуу тунук минералды) эске салат. Ичке кабельдүү пластмасса заряддагыч хадисте айтылган окшотууга ишарат кылып жатышы ыктымал.

Хузейфе (ра)дан: **«... Эч ким ага жете албайт, качкан болсо кутула албайт.»** *(Kıyamet Alametleri, Medineli Allame Muhammed B. Resul Al-Huseyni El Berzenci, Pamuk Yayıncılık, б. 276)*

Учурда маалымат өткөрүүдө компьютердин ылдамдыгына жете алуу мүмкүн эмес болууда. Жана Даббе чыккан убакта Куранды жана Мусулмандардын чакырыгын уккусу келбегендер дагы, компьютерлер үйлөрүнө чейин киргендиктен, Аллахтын Улуу кудуретин жана Куран ахлагын сөзсүз угууга мажбур болушуп, кача алышпайт.

Эбу Хурейре (ра)дан: **«Даббет-үл Арзда ар түрдүү түс бар...»** *(Kıyamet Alametleri, Medineli Allame Muhammed B. Resul Al-Huseyni El Berzenci, Pamuk Yayıncılık, б. 276)*

Учурдагы компьютерлерде 16,8 миллион түс бар.

Эбуз Зубейр (ра)дан риваят кылган: **«... Көзү жамандын көзү сыяктуу, кулагы пил кулагы сыяктуу ...»** *(Kıyamet Alametleri, Medineli Allame Muhammed B. Resul Al-Huseyni El Berzenci, Pamuk Yayıncılık, б. 276)*

Учурдагы компьютерлерде кичинекей көз сымал камералар бар, ал камералар урматында компьютерлер ар кандай сүрөттөлүштү ала алууда.

Учурда ноутбуктардын көрүнүшү пил кулагына окшошуп кетет. Ошол сыяктуу компьютерлердин үн жазуу өзгөчөлүгү урматында чөйрөдөгү бүт үндөрдү компьютер кабылдап, ал тургай, жаза алууда.

Жанында **Аз. Муса (ас)дын асасы** ... болот. Бийик үн менен минтип кыйкырат: «Адамдар эми аяттарыбызга жүрөктөн ыйман келтирбес болушту.» **Анан момун (ыймандуу) менен каапырды мөөрлөйт** (ыйман келтиргендер менен каапырлардын таанылышына себепчи болот). *(Kıyamet Alametleri, Medineli Allame Muhammed B. Resul Al-Huseyni El Berzenci, Pamuk Yayıncılık, б. 277)*

**Аз. Муса (ас)дын асасы болот:** Улуу Аллах Аз. Муса (ас)дын асасын бир заматта тирүү жыланга айлантып, ошол доордун дарвинист, материалисттерине каршы жоктон Жаратуунун эң чоң далилдеринин бирин көрсөткөн. Акыр заманда болсо компьютер жана интернет аркылуу бүт дарвинист менен материалисттерге Жаратуунун далилдери көрсөтүлөт.

**Анан момун менен каапырды мөөрлөйт:** Акыр заманда момундардын да, каапырлардын да компьютер жана интернет аркылуу Пайгамбарыбыз (сав)дын мөөрүн көрөөрү түшүнүктүү болууда. Хадисте интернетке киргендердин баарынын Расулуллах (сав)дын мөөрүн көрөөрүнө, ал мөөрдүн

момундардын кубанычын көбөйтүп, жүздөрүн нурдантаарына, каапырлардын болсо текебердигин эзээрине ишарат кылынууда.

«Момунга жолугуп **момундун жүзүн мөөрлөгөндө жүзү жаркырап калат. Каапырды мөөрлөгөндө капкара болуп калат.»** *(Kıyamet Alametleri, Medineli Allame Muhammed B. Resul Al-Huseyni El Berzenci, Pamuk Yayıncılık, б. 277)*

Интернетке киришкенде Аллахтын бар экендигинин далилдерине, Куран аяттарына жана Ислам ахлагын баяндаган эмгектерге жолуккан жана Пайгамбарыбыз (сав)дын мөөрүн алдында көргөн момундардын хидаяты өсүп, ыймандары андан да күчтөнөт. Пайгамбарыбыз (сав)дын мөөрүн көргөн каапырлардын болсо катуу ачуулангандыктан жүздөрү капкара болот.

**«...Жер жүзүндө бир жылдыздай жүрөт. Артынан түшкөн аны кармай албайт,** андан качса кутула албайт... *(Kıyamet Alametleri, Medineli Allame Muhammed B. Resul Al-Huseyni El Berzenci, Pamuk Yayıncılık, б. 277)*

Компьютерлер интернет аркылуу бүт маалыматтарды дүйнөнүн бүт тарабына секундалар ичинде жеткире алууда. Компьютерлер дээрлик бүт үйлөрдө болгондуктан адамдар акыйкат менен чындыктан кача алышпайт.

«Чыгып, үч жолу **жер менен асман арасындагылардын баары уга турган бир үн менен кыйкырат.»**

**«Чыгышка бурулуп кыйкырат, бүт чыгыштагылар үнүн угушат. Дамаскка бурулуп кыйкырат, бүт Йемендиктер үнүн угушат.»** *(Kıyamet Alametleri, Medineli Allame Muhammed B. Resul Al-Huseyni El Berzenci, Pamuk Yayıncılık, б. 277)*

Даббет-үл Арз жердин астына да, жердин үстүнө да, асманга да жете алат. Ал жетпеген, ал кирбеген бир дагы шаар, бир дагы үй калбайт. Учурда компьютерлер бүт үйлөргө кирди, жана спутник технологиялары жана интернет урматында жер астында иштеген адамдардан көк тиреген имараттардын башында жашаган же асманда учак менен саякат кылган адамдарга чейин бүт адамдарга бүт үндөр, бүт видеолор жете алууда.

Чындап намаз кылган кишинин жанына келип, «бул сенин кылган намазың болбой калды, себеби сен жалганчысың жана мүраиндин (эки жүздүү, рийакар (эл көрсүн үчүн жасаган) кишинин) дал өзүсүң» деп эки көзүнүн арасына **жалганчы мөөрү урулат**. *(Kıyamet Alametleri, Medineli*

*Allame Muhammed B. Resul Al-Huseyni El Berzenci, Pamuk Yayıncılık, б. 278)*

Куранды өз оюнда күбө кармап, тилин тыяк-быякка чойгон, Курангa каршы болуп туруп, динчил көрүнгөн эки жүздүү кишилерге компьютер жана интернет аркылуу жооп берилүүдө жана алардын «жалганчы» экени апачык жар салынууда.

**Шайтанды өлтүрөөрү** (пикирдин жактан жок кылаары) жөнүндөгү баян эске түшкөндөй жогоруда айтылган. *(Kıyamet Alametleri, Medineli Allame Muhammed B. Resul Al-Huseyni El Berzenci, Pamuk Yayıncılık, б. 278)*

Шайтандын системасы болгон дарвинизм, материализм, атеизм интернет аркылуу дүйнөгө жеткен жана Аллахтын жалгыздыгын, улуулугун баяндаган макала, китеп, видеолор аркылуу толук жер менен жексен болуп, шайтандын дини компьютер, интернет аркылуу жок болот.

**...бир кадам менен үч күндүк аралыкты басып өтөт...** *(Kıyamet Alametleri, Medineli Allame Muhammed B. Resul Al-Huseyni El Berzenci, Pamuk Yayıncılık, б. 278)*

Учурда компьютер жана интернет урматында бир секунда ичинде дүйнөнүн башка учуна, бүт адамдарга маалымат жеткирүү мүмкүн болуп калды.

# 3- Бөлүм

# АЗ. ИСА (АС) УШУЛ КЫЛЫМДА ЖЕР БЕТИНЕ КАЙРАДАН КЕЛЕТ

## АЛЛАХ КААПЫРЛАР АЗ. ИСА (АС)ГА КУРГАН ТУЗАКТАРДЫ ТЕККЕ КЕТИРГЕН

Кээ бир еврейлер менен Римдик путпарасттардын Аз. Иса (ас)ды өлтүрүү үчүн түзгөн планы – тарыхтын ар кайсы доорлорунда каапырлар көп пайгамбарларга карата курган тузактардын бири. Аллах Куранда каапырлардын качан аларга бир пайгамдар келип, аларды чыныгы дин ахлагын жашоого чакырбасын, сөзсүз ага каршы ар кандай тузактарды курушканын жана ал тургай аны өлтүрүүгө аракет кылышканын кабар берген.

**Ант болсун, Биз Мусага китепти бердик жана артынан катары менен элчилер жөнөттүк. Мерйем уулу Исага да апачык далилдер бердик жана аны Рухуъл-Куддус менен тастыктадык. Демек, силерге качан бир элчи напсиңер жактырбаган бир нерсе менен келсе, текеберденип кээ бирлериңер аны жалганчыга чыгарып, кээ бирлериңер аны өлтүрөсүңөрбү? (Бакара Сүрөсү, 87)**

Аз. Ибрахим (ас)ды отко таштаган, аскерлери менен бирге Аз. Муса (ас)дын артынан түшкөн, сүйүктүү Пайгамбарыбыз Аз. Мухаммед (сав)ды бир түнү кол салып өлтүрүүгө аракет кылган, Аз. Йусуф (ас)ды кудукта калтырган, **«Раббибиз Аллах»** дегени үчүн гана ыймандууларды мекендеринен сүргүн кылууга аракеттенгендер, ар кайсы доорлордо жашаганы менен, көз-караш, ойлору окшош болгон адамдар. Баары Аллахка жана элчилерине баш көтөрүүгө аракеттенип, Аллах буйруган дин ахлагына каршы чыгышып, акыретте кылгандарына жооп берээрин унутушкан. Пайгамбарлардын аларга Аллахтын кулусуңар деген эскертүүлөрү, аларды башкаларга жакшылык кылууга, садака берүүгө, Аллах ыраазылыгы үчүн жакшылык кылууга, адилеттүү болууга, кичипейил болууга чакырышы алардын ачууланышына жана Аллах Кабатында тандалган жана таптаза болгон элчилерге каршы тузактар курушуна себеп болгон. Каапырлардын мындай мамилеси бир Куран аятында төмөнкүчө кабар берилет:

**... Аларга элчилер жөнөткөн элек. Аларга качан напсилерине**

**жакпаган бир нерсе менен бир элчи келсе, кээ бирлерин жалганчыга чыгарышты, кээ бирлерин болсо өлтүрүштү. (Маида Сүрөсү, 70)**

Ошол сыяктуу, Меккелик мушриктердин да Аз. Мухаммед (сав)ды мекенинен чыгаруу жана өлтүрүү үчүн тузактар пландаганы Куранда билдирилген. Раббибиз каапырлар ал тузакты куруп жатканда Өзүнүн да аларга бир тузак курганын кабар берген. Эч күмөнсүз, тузак кургандардын эң жогоркусу Улуу Аллах.

**Ал баш тарткандар (каапырлар) сени камоо же өлтүрүү же сүргүн кылуу максаты менен тузак курушкан эле. Алар бул тузакты куруп жатышканда, Аллах да бир тузак (бир жооп) куруп жаткан. Аллах тузак куруучулардын жакшысы. (Энфал Сүрөсү, 30)**

Жогоруда да айтып кеткендей, каапырлар Аз. Иса (ас)ды да өлтүрүүгө аракет кылышкан. Өз ойлорунда өтө кылдат бир план түзүп, Аз. Иса (ас)ды колго түшүрүп өлтүрөбүз деп ойлошкон. Тарыхый жана Ислам булактарында орун алган маалыматтар боюнча, кээ бир мушрик еврейлер римдиктерди Аз. Иса (ас)га каршы үгүттөө үчүн Аз. Иса (ас) жөнүндө көптөгөн жалган менен куру дооматтарды чыгарышкан. Ушундайча римдиктердин Аз. Иса (ас)ды өлтүрүүгө аракет кылышын максатташкан. Кээ бир еврейлердин Аз. Иса (ас)га каршы план курганы Куранда төмөнкүчө билдирилген:

**Иса аларда каапырдыкты сезгенде: «Аллах үчүн мага жардам бере тургандар ким?» деди. Хаварийлер: «Аллахтын жардамчылары бизбиз; биз Аллахка ишендик, биздин чындап Мусулмандар экенибизге күбө бол» дешти. «Раббибиз, биз (Сенин) түшүргөнүңө ишендик жана элчини ээрчидик. Бизди күбөлөр (шахиддер) менен бирге жаз.» <u>Алар (ишенбегендер) бир план курушту. Аллах да (буга каршы) бир план курду. Аллах план куруучулардын эң жакшысы.</u> (Али Имран Сүрөсү, 52-54)**

Аллах алардын тузактарын алар эч күтпөгөн жактан тескериге айланткан. Аз. Иса (ас)ды эч өлтүрө алышкан эмес, аларга бир окшотулуу жасалган. Раббибиз ал тандалган кулун каапырлардын тузактарынан коргоп куткарган. Аз. Иса (ас) өлгөн эмес жана Аллах Кабатында тирүү. Аллахтын Куранда Аз. Иса (ас)га курулган тузактардын бузулганын билдириши Аз. Иса (ас)дын Аллах Кабатында тирүү экендигинин маанилүү далилдеринин бири. Эгер Аз. Иса (ас) кээ бирлер айткандай, өлгөн болгондо (чындыгында бул туура эмес), анда бул каапырлардын курган тузагы максатына жеткен деген

мааниге келмек. Себеби ал тузактын негизги максаты – Аз. Иса (ас)дын өлтүрүлүшү эле. Бирок Аллах Аз. Иса (ас)га курула турган ал тузакты бузаарын билдирген жана **«... Аллах каапырларга момундардын зыянына эч качан жол бербейт.»** (Ниса Сүрөсү, 141) аятынын бир көрүнүшү катары каапырлардын Аз. Иса (ас)ды өлтүрүшүнө жол берген эмес. Куранда көп аятында каапырлардын тузактарынын эч качан ийгиликке жете албашы, ал тузактардын жер менен жексен кылынышынын Аллахтын сүннөтүнүн бир талабы экени кабар берилген. Бул аяттардын кээ бирлери төмөнкүдөй:

**Чындыгында алар тузак куруштү. Бирок алардын тузагы тоолорду ордунан кыймылдата турган болсо да, Аллах Кабатында аларга даярдалган тузак (жаза) бар. (Ибрахим Сүрөсү, 46)**

**... Чындыгында Аллах каапырлардын тузактарын текке кетирүүчү. (Энфал Сүрөсү, 18)**

**Же тузак курууну каалап жатышабы? Бирок (чынында) ал каапырлар (өздөрү) тузакка түшүүчүлөр. (Тур Сүрөсү, 42)**

**Күмөнсүз, Аллах (мушриктердин чабуулу менен тымызын тузактарын) ыйман келтиргендерден алыстатууда. Чындыгында Аллах чыккынчы жана нашүгүр (жакшылыкты билбеген) бир адамды сүйбөйт. (Хаж Сүрөсү, 38)**

**Чындыгында алар бир тузак пландап жасашууда; Мен дагы бир план куруп даярдап жатам. Сен каапырларга бир мөөнөт бер, аз бир убакыт бер. (Тарык Сүрөсү, 15-17)**

**Алардан мурдакылар тузак курушкан эле, Аллах(тын азап буйругу) алардын кургандарынын негизине тийди (бузду), ошентип үстүндөгү чатыры баштарына түштү; азап аларга алар сезбеген тараптан келген эле. (Нахл Сүрөсү, 26)**

# КУРАНДА ПАЙГАМБАРЛАРДЫН ӨЛҮМҮ КАНДАЙЧА БАЯНДАЛАТ?

Куранда пайгамбарлардын өлүмдөрү баяндалган кыссалардагы сөздөр менен, Аз. Иса (ас)дын Аллах Кабатына көтөрүлүшү баяндалган аяттардын анализи маанилүү бир чындыкты көрсөтүүдө. Бул бөлүмдө Аз. Иса (ас)

кыссасы (окуя баяны) менен башка пайгамбарлардын өлүмдөрүн баяндаган сөздөрдүн арапча маанисин жана Куран аяттарында кандайча колдонулганын карайбыз. Куранда пайгамбарлардын өлүшү же өлтүрүлүшү жөнүндө колдонулган сөздөр алдыда терең карала тургандай, **«кателе (өлтүрүү), мате (өлүү), халеке (хелак болуу), салебе (асуу)»** же бир канча өзгөчө сөздөр. Ал эми Аз. Иса (ас) үчүн Куранда апачык **«Аны өлтүрүшкөн жок (ма кателеху) жана асышкан жок (ма салебуху)»** сөзү колдонулуп эч кандай өлтүрүү ыкмасы менен өлтүрүлбөгөнүнө басым жасалат. Каапырларга Аз. Иса (ас)га окшоштун көрсөтүлгөнү жана анын Аллах Кабатына көтөрүлгөнү билдирилет. Али Имран Сүрөсүндө болсо Аз. Иса (ас)ды Аллахтын көз жумдурааары жана аны Өз Кабатына көтөрөөрү билдирилген:

**Аллах Исага айткан эле: «Эй Иса, чындыгында сени Мен көз жумдурам (мүтевеффийке), сени Өзүмө көтөрөм (рафиуке), сени каапырлардан тазалайм жана сени ээрчигендерди кыяматка чейин каапырдыкка адашкандардын үстүнө өткөрөм...» (Али Имран Сүрөсү, 55)**

Куранда өлүм маанисине келген сөздөрдүн жана Али Имран Сүрөсүндө айтылган **«көз жумдуруу»** сөзүнүн колдонуу формалары төмөнкүдөй:

**1) TEVEFFA: КӨЗ ЖУМДУРУУ (ЖАНЫН АЛУУ)**

Аяттагы **«вефат»** сөзү өлүү маанисинен башка маанилерге келет. Аяттардын арапча маанилеринин анализи Аз. Иса (ас)дын биз билген мааниде өлбөгөнүн апачык көрсөтөт. Маида Сүрөсүнүн 117-аятында өлүм окуясы мындайча кабар берилет:

**«Мен аларга мага буйрук кылгандарыңдан башка эч нерсе айткан жокмун. (Ал болсо мындай эле:) «Менин да Раббим, силердин да Раббиңер болгон Аллахка кулчулук кылгыла.» «Алардын арасында кезимде мен аларга күбөмүн. Мени көз жумдурганыңда (тевеффейтени), аларды Өзүң көрүп турдуң. Сен баарына күбө болуучусуң.» (Маида Сүрөсү, 117)**

Али Имран Сүрөсүнүн 55-аятында болсо Аллахтын Аз. Иса (ас)ды **«көз жумдурааары (вефат кылдыраары»**, каапырлардан коргошу жана аны Өз Кабатына көтөрөөрү кабар берилүүдө. Аяттын тафсиринен (чечмелөөсүнөн) чыккан маани –көптөгөн Ислам аалымы менен муфассирлердин орток пикири боюнча- Аз. Иса (ас)дын өлбөгөнү. Аятта төмөнкүчө билдирилген:

**Аллах Исага айткан эле: «Эй Иса, чындыгында сени Мен <u>көз жумдурам (мүтевеффийке)</u>, сени Өзүмө <u>көтөрөм (рафиуке)</u>, сени каапырлардан тазалайм жана сени ээрчигендерди кыяматка чейин каапырдыкка адашкандардын үстүнө өткөрөм. Анан Мага гана кайтып келесиңер, талашкан нерселериңер жөнүндө араңарда Мен өкүм берем.» (Али Имран Сүрөсү, 55)**

Бул аяттарда айтылган жана котормолордо өлтүрүү же көз жумдуруу деп которулган сөз арап тилинде **«вефеа»** тамырынан келип чыккан **«тевеффа»** этиши, жана ал этиш өлүм маанисине эмес, **«жандын алынышы»** маанисине келет. Арапча тафсирлерде да өлүм маанисинде колдонулбайт. Ислам аалымы Куртубинин тафсири мунун мисалдарынын бири. Куртуби тафсиринде ал сөз үчүн **«напсилердин колго алынышы»** сөзүн колдонгон. Адамдын жанынын алынышынын дайыма эле өлүм маанисине келбеши Куранда бизге билдирилет. Мисалы, **«тевеффа»** сөзү колдонулган бир аятта адамдын өлүмү эмес, уйкуда жанынын алынышы жөнүндө сөз кылынат:

**Силерди түндөсү <u>көз жумдурган (жаныңарды алган) (йетевеффакум)</u> жана күндүз «күчүңөр жетип жасап жатканыңарды» билүүчү, анан белгиленген ажал жеткенге чейин анда силерди тирилтүүчү Ал... (Энъам Сүрөсү, 60)**

Бул аятта **«көз жумдуруу»** деп которулган сөз менен Али Имран Сүрөсүнүн 55-аятында колдонулган сөз бир, б.а. эки аятта тең **«тевеффа»** сөзү орун алган. Адамдын түнкү уйкудагы абалы өлүм эмес болгондуктан, жогорудагы аятта колдонулган **«йетевеффакум»** сөзүнүн өлүмдү айтып жатпаганы, туура котормонун **«түнкүсүн жаныңарды алган»** болушу керек экени анык. Төмөнкү аятта болсо ушул эле сөз мындайча колдонулат:

**Аллах алар <u>өлө турган (мевт)</u> убакта <u>жандарын алат (йетевеффа)</u>; өлбөгөндү болсо <u>уйкусунда (жанын алат) (лем темут)</u>. Ушундайча, ал жөнүндө <u>өлүм чечими (эль мевте)</u> берилгенди (анын рухун) кармап калат, беркисин (беркисинин рухун) болсо белгиленген бир ажалга чейин кайра салат... (Зүмер Сүрөсү, 42)**

Бул аяттан да көрүнүп тургандай, Аллах уктаган адамдын жанын алат, бирок өлүм чечими берилбегендин жанын ажалы келгенге чейин кайрадан салат. Бул абалда адам биз билген мааниде өлгөн болбойт. Белгилүү бир убакыт үчүн гана руху денесинен бөлүнүп, башка бир чен-өлчөмгө кирген болот. Ойгоно турган убакта болсо кайрадан руху денесине тапшырылат.

Уйкунун бир «жан алынуу» катары каралганын, бирок аны менен биологиялык өлүм айтылбаганын көрсөткөн мисалдардын бири – бул Пайгамбар Мырзабыз (сав)дын уйкудан турганда ***«Бизди өлтүргөн соң тирилткен Аллахка мактоолор болсун»*** (Бухари, Китабуъд Деават, 6312) дегенин билдирген куттуу хадис. Эч күмөнсүз, Аз. Мухаммед (сав) бул даанышман сөзү менен уктаганда биологиялык маанидеги өлүм эмес, уктаган адамдын биз түшүнгөндөн башка бир мааниде **«жанынын алынаарына»** көңүл бурган. Белгилүү Ислам аалымы жана муфассир Ибн Кесир дагы Али Имран Сүрөсүнүн тафсирин жасап жатканда, башка көптөгөн далилдер менен бирге ушул куттуу хадисти да колдонгон. Ибн Кесирдин тафсиринде **«тевеффа»** сөзүнүн уйкуга ишарат кылаары, ушул эле сөздүн башка аяттарда кандайча орун алганы көрсөтүлүп түшүндүрүлөт. Бул түшүндүрмөлөрдөн соң Ибн Кесир Ибн Эбу Хатимден риваят кылынган бир хадисти да колдонуп пикирин мындайча айтат:

***Ибн Эбу Хатим айтат; «Бизге атам... Хасандан риваят кылды, ал «Сени көз жумдурам (жаныңды алам)...» аяты жөнүндө мындай деген: бул жер «Сени уйку өлүмү менен өлтүрөм, б.а. уктатам» маанисинде; Аллах Таала Аз. Иса (ас)ды уктап жаткан кезде асманга көтөргөн... Женабы Хак Аз. Иса (ас)ды күмөнсүз бир чындык катары уйку менен жанын алган соң асманга алган жана ал кезде ага азап көрсөткөн еврейлердин азаптарынан куткарган.*** *(İbn Kesir, Tefsiru'l Kur'ani'l Azim, том I, б. 573-576)*

Ислам аалымдарынан Мухаммед Захид эль-Кевсери болсо **«тевеффа»** этишинин маанисин карап жатып, аятта ал этиштин өлүм маанисине келбегенин айткан жана Зүмер Сүрөсүнүн 42-аятындагы **«мевт»** сөзүнө көңүл бурган:

***Эгер Аз. Иса өлгөн болгондо (бул туура эмес), «Аллах өлүм убактысы келген напсилердин жанын алат.» (Зүмер Сүрөсү, 42) аятында орун алган жана өлүм маанисине келген «мевт» сөзү билдирилмек эмес... Эгер кээ бирлер айткандай, Аллах Таала кадимки өлүмдү (биологиялык мааниде өлүмдү) билдирген болгондо, бул апачык кабар берилмек. Аллах еврейлердин Аз. Иса (ас)ды өлтүрбөгөнү, жанын алуу жана асманга көтөрүүдөн сөз кылып жатат, демек бул жерде кадимки өлүмдөн башка бир маанини түшүнүш керек.*** *(Zahid Kevseri, Nazratün Abire fi Mezaimi men Yünkiru Nüzule İsa kable'l-Ahire, Mısır, 1980, б. 34-37)*

Ислам тарыхынын алгачкы муфассирлеринин бири катары кабыл алынган Матуриди да аятта Аз. Иса (ас)дын кадимки биологиялык маанидеги

өлүмү жөнүндө сөз болбогонун айткан:

***Аяттагы маани өлүм маанисиндеги жанын алуу эмес, дененин дүйнөдөн алынышы маанисиндеги жан алуу.*** *(Maturidi, Tev'vilatü'l Kurani'l Metaun, Beyrut, б. 67)*

Ислам аалымдары «тевеффа» этишин жоромолдоодо Аз. Иса (ас)дын өлбөгөнү, Аллах Кабатына көтөрүлгөнү жана кыямат алдында жер жүзүнө кайра келээри жөнүндө бир пикирге келишкен. Мисалы, белгилүү тафсир аалымы Табери бул этиштин **«жерден алуу»** маанисинде колдонулганын айтат жана аятты төмөнкүчө түшүндүрөт:

***Биздин оюбузча эң бекем көз-караш бул сөздү «колго алуу», «жерден тартуу» маанисинде алуу. Анда аяттын мааниси «сени жерден алып, асманга тартам» абалында болот. Аяттын уландысы болсо акыр заманда каапырларга каршы жеңишке көңүл буруу менен бул пикирди тастыктайт.*** *(Taberi Tefsiri (Табери Тафсири), том III, 290-1)*

Элмалылы Хамди Йазыр болсо тафсиринде бул аяттын маанисинин **«Аз. Иса (ас)дын өлбөгөнү, Аллах Кабатында тирүү экени»** деп билдирет:

***... Биздин оюбузча бул тафсир менен ишенимдин кыскача мааниси мындай: Аллахтан бир сөз болгон жана Рухул-Кудүс менен тастыкталган Месих Исанын руху али алына элек. Рухунун ажалы келе элек. Сөз али Аллахка кайта элек. Анын али дүйнөдө кыла турган иштери бар.*** *(Elmalılı Hamdi Yazır (Элмалылы Хамди Йазыр), Hak Din Kuran Dili, том II, б. 1112-1113)*

Жыйынтыктасак, Аз. Иса (ас)дын уйкудагыга окшош абалга салынып Аллах Кабатына көтөрүлгөнүн, окуянын биз билген өлүм эмес экенин, болгону бул чен-өлчөмдөн бир чыгуу экенин айта алабыз. (Туурасын Аллах билет.)

### 2) КАТЕЛЕ: ӨЛТҮРҮҮ

Куранда өлүм жөнүндө айтылып жатканда көбүнчө колдонулган сөз арапчада **«өлтүрүү»** маанисине келген **«кателе»** сөзү. Момун Сүрөсүндө **«кателе»** сөзү төмөнкүчө колдонулууда:

**Фараон айтты: «Койо бергиле мени, <u>Мусаны өлтүрөйүн (актул)</u>, ал**

**(барып) Раббисине жалбарып-жалынсын... (Момун Сүрөсү, 26)**

Аяттагы **«Мусаны өлтүрөйүн»** сөзү арапчада **«актул Муса»** деп айтылат. Бул сөз «кателе» этишинен келип чыккан. Башка бир аятта болсо ушул эле сөз төмөнкүчө колдонулууда:

**... Пайгамбарларды акыйкатсыздык менен <u>өлтүргөндөрү үчүн эле (йактулуне)</u>... (Бакара Сүрөсү, 61)**

Аятта айтылган «**өлтүргөндөрү үчүн эле»** сөзүнүн арапчасы **«йактулуне»** деп айтылат жана бул дагы «кателе» сөзүнөн келип чыккан. Жана котормодо да апачык айтылгандай **«өлтүрүү»** маанисине келүүдө.

Төмөндө пайгамбарлардын өлүмүн баяндаган кээ бир аяттарда **«кателе»** этишинин кандайча колдонулганы берилген. Кашанын ичинде маанилери билдирилген бүт сөздөрдүн этиш тамыры **КАТЕЛЕ**:

**... Алардын бул сөздөрүн жана пайгамбарларды акыйкатсыздык менен <u>өлтүрүшүн (катлехум)</u> жазабыз... (Али Имран Сүрөсү, 181)**

**... Текебердик кылып кээ бирлериңер аны жалганчы атап, кээ бирлериңер болсо аны <u>өлтүрөсүңөрбү? (тактулуне)</u> (Бакара Сүрөсү, 87)**

**... Айткын: «Эгер ишенген (ыймандуу) болсоңор, мурда эмне үчүн Аллахтын пайгамбарларын <u>өлтүрчү элеңер? (тактулуне)</u>» (Бакара Сүрөсү, 91)**

**Аллахтын аяттарын тангандар, пайгамбарларды акыйкатсыздык менен <u>өлтүргөндөр (йактулуне)</u> жана адамдардан адилеттикти буйругандарды <u>өлтүргөндөр (йактулуне)</u>;... (Али Имран Сүрөсү, 21)**

**... Эгер силер чынчыл болсоңор, анда аларды эмне үчүн <u>өлтүрдүңөр (кателтумухум)</u>? (Али Имран Сүрөсү, 183)**

**... Айткан эле: «Сени сөзсүз <u>өлтүрөм»... (Ле актуленнеке).</u> (Маида Сүрөсү, 27)**

**Эгер мени <u>өлтүрүү (тактулени)</u> үчүн колуңду мага созо турган болсоң, мен сени <u>өлтүрүү (актулеке)</u> үчүн колумду сага узатпайм... (Маида Сүрөсү, 28)**

**Өлтүргүлө (уктулу) Йусуфту же аны бир жерге таштап салгыла... (Йусуф Сүрөсү, 9)**

**Фараондун аялы айтты: «Мен үчүн да, сен үчүн да бир көз чечекейи; аны өлтүрбөгүлө... (ла тактулу)» (Касас Сүрөсү, 9)**

**«Эй Муса, алдыңкылар сени өлтүрүү (ли йактулу) жөнүндө өз араларында сүйлөшүп жатышат...» (Касас Сүрөсү, 20)**

**Анан коомунун (Ибрахимге) жообу бир гана: «Аны өлтүргүлө (уктулуху) же күйгүзгүлө» деш болду... (Анкебут Сүрөсү, 24)**

### 3) ХАЛЕКЕ: ӨЛҮҮ

Куранда өлтүрүү этиши үчүн колдонулган башка бир сөз болсо **«халеке»** этиши. Халеке сөзү аяттарда **«хелак болуу, өлүү»** маанилеринде колдонулууда. Мисалы, Момун Сүрөсүнүн 34-аятында мындай деп айтылат:

**... Аягында ал көз жумганда (халеке) айткан элеңер; «Аллах андан соң эч качан бир элчи жөнөтпөйт... (Момун Сүрөсү, 34)**

Аятта **«көз жумганда»** деп которулган сөздүн арапчасы **«иза хелеке»** деп айтылат жана бул сөздүн мааниси болсо өлүү.

### 4) МАТЕ: ӨЛҮМ

Куранда пайгамбарлардын өлүмү жөнүндө колдонулган дагы бир сөз болсо – бул **«мате»** сөзү. Мате сөзү аяттарда **«өлүү»** маанисинде колдонулууда. Себе Сүрөсүндө Аз. Сулайман (ас) жөнүндө мындай деп айтылат:

**Ошентип анын (Сулаймандын) өлүмүнө (эль мевте) чечим кылганыбызда, өлүмүн (мевтихи) аларга асасын жеп жаткан бир дарак куртунан башкасы кабар берген жок... (Саба Сүрөсү, 14)**

Ушул эле уңгудан чыккан башка бир сөз формасы болсо Аз. Йахйа (Яхья) (ас) жөнүндө колдонулган:

**... Ага салам болсун; туулган күнү, өлөр күнү (йемуту) жана тирүү абалда кайрадан-тургузула турган күн да. (Мерйем Сүрөсү, 15)**

Бул аятта **«өлөр күнү»** деп которулган сөздүн арапчасы **«йемуту»** сөзү. Ушул эле сөз Аз. Йакуб (ас)дын өлүмү жөнүндөгү аяттарда да орун алат:

**Же силер Йакубдун <u>өлүм убагында (эль мевте)</u> ал жерде күбө беленңер?.. (Бакара Сүрөсү, 133)**

Бул аяттагы **«эль мевте»** сөзү да ушул эле сөз уңгусунан келип чыгат жана өлүм маанисине келет.

Аз. Мухаммед (сав) жөнүндөгү бир аятта болсо **«кателе»** жана **«мате»** этиштери чогуу колдонулат:

**Мухаммед болгону бир элчи (пайгамбар). Андан мурда канчалаган элчилер жашап-өткөн. Эми ал <u>өлсө (мате) же өлтүрүлсө (кутиле)</u> силер изиңер менен кайра артка кайтасыңарбы?... (Али Имран Сүрөсү, 144)**

**Мате (өлүү)** тамырынан (уңгусунан) чыккан **мевт** сөзү пайгамбарлардын өлүмүн баяндаган башка аяттарда да кездешет:

**... Айтты: «Аттиң мындан мурда <u>өлүп (митту)</u>, эстерден чыгып унутулганымда кана.» (Мерйем Сүрөсү, 23)**

**Сенден мурда эч бир адамга өлүмсүздүк (эль хулде) берген жокпуз; эми сен <u>өлсөң (митте)</u>, алар өлүмсүз калышабы? (Анбия Сүрөсү, 34)**

**«Мени <u>өлтүрө турган (йумитуни)</u>, анан тирилте турган да Ал.» (Шуара Сүрөсү, 81)**

**5) ХАЛИД: ӨЛҮМСҮЗ**

Аяттарда орун алып, түздөн-түз өлүү же өлтүрүү этишин эмес, бирок өлүмсүздүктү түшүндүргөн башка бир сөз болсо – бул **«халид»** сөзү. Халид сөзү үзгүлтүксүз болуу, үзгүлтүксүздүгү улануу маанилерине келет. Анбия Сүрөсүндө **«халид»** сөзү төмөнкүчө колдонулган:

**Биз аларды тамак жебес денелер кылган жокпуз жана алар <u>өлүмсүз (халидийне)</u> эмес эле. (Анбия Сүрөсү, 8)**

**6) САЛЕБЕ: АСУУ**

Куранда пайгамбарлардын өлүмү айтылып жатканда колдонулган

сөздөрдүн бири – бул **салебе (асуу)** этиши. Салебе этиши **«асуу, крестке асуу жана өлүм жазасына тартуу»** сыяктуу маанилерге келет. Бул этиш аяттарда мындайча колдонулат:

**... Чындыгында болсо аны өлтүрүшкөн жок жана аны асышкан жок (ма салебу) ... (Ниса Сүрөсү, 157)**

**... Бирөө кожоюнуна шарап ичирет, экинчиси болсо асылат (йуслеби)... (Йусуф Сүрөсү, 41)**

**... Өлтүрүлүшү, асылышы (йусаллебу) гана... (Маида Сүрөсү, 33)**

**Сөзсүз колдоруңар менен буттарыңарды кайчылаш кесем жана баарыңарды өлүм жазасына тартам (усаллибеннекум) (Аьраф Сүрөсү, 124)**

**... Силердин колдоруңар менен буттарыңарды кайчылаш кесем жана силерди курма дарактарына асамын (усаллибеннекум)... (Таха Сүрөсү, 71)**

**... Буттарыңарды кайчылаш кестирем жана силердин баарыңарды чындап асамын (усаллибеннекум). (Шуара Сүрөсү, 49)**

Аяттардан да көрүнүп тургандай, башка пайгамбарлардын өлүмү баяндалган аяттарда такыр башка сөздөр колдонулган. Аллах Куран аяттарында Аз. Иса (ас)дын өлтүрүлбөгөнүн, адамдарга ошол сыяктуу көрсөтүлгөнүн, аны Өз Кабатына көтөргөнүн билдирген. Аз. Иса (ас) үчүн **«жанын алуу»** маанисине келген **«тевеффа»** этиши колдонулса, башка пайгамбарлар үчүн **«кателе»** же **«мевт»** сыяктуу сөздөр колдонулган. Бул маалыматтар болсо бизге Аз. Иса (ас)дын абалынын кереметтүүлүгүн дагы бир жолу көрсөтүүдө.

## Аллах Аз. Иса (ас)ды Өз Кабатына көтөргөн

Аз. Иса (ас)дын өлбөгөн жана өлтүрүлбөгөндүгүнүн маанилүү далилдеринин бири болсо – бул **Раббибиздин Аз. Иса (ас)ды Өзүнө көтөргөнүн** билдириши. Аяттарда бул чындык кабар берилет:

**... сени Өзүмө көтөрөм (рафиуке), сени каапырлардан тазалайм жана сени ээрчигендерди кыяматка чейин каапырдыкка адашкандардын**

**үстүнө өткөрөм... (Али Имран Сүрөсү, 55)**

**... Тескерисинче (бел), Аллах аны Өзүнө көтөрдү (рефеа). Аллах үстөм жана күчтүү, өкүмдар жана даанышман. (Ниса сүрөсү, 158)**

Аллах Аз. Иса (ас)ды Өзүнө көтөрүп, аны каапырлардын тузактарынан коргоп, куткарган. Аяттарда **«рафиуке»** жана **«рефеа»** деп колдонулган сөздөрдүн арапча уңгусу **«реф»** сөзү. «Реф» сөзүнүн сөздүктөгү мааниси **«көтөрүлүү»**. Ислам аалымы Эшари Али Имран Сүрөсүнүн 55-аятын, Ниса Сүрөсүнүн 158-аяты менен чогуу түшүндүргөн жана бул жөнүндөгү пикирин мындайча айткан:

***«Аз. Иса (ас)дын тирүү абалда асманга реф кылынганы (көтөрүлгөнү) жөнүндө үммөттүн ижмасы бар.»*** *(Eşari, el-İbane an Usuli'd Diyane, thk. ve ta'l. Fevkıyye Hüseyin Mahmud, Kahire, 1986, II, б. 115)*

(**Ижма-ы үммөт**: ошол кылымда жашаган Ислам аалымдарынан мужтахиддердин бир маселе жөнүндө берилген өкүмдө бир пикирге келиши.)

Ислам аалымдарынын көпчүлүгү бул аяттарды түшүндүрүүдө «**Аз. Иса (ас)дын өлбөгөнү, Аллах Кабатына көтөрүлгөнү жана ал көтөрүлүүнүн руху жана денеси менен бирге болгону»** жөнүндө бир пикирде. Ал аалымдардын кээ бирлеринин пикирлери мындай:

Хасан Басри Чантай тафсиринде **«рафиуке»** сөзүн **«Өзүнө көтөрүү»** деп тафсир кылган жана **«Аллах Аз. Иса (ас)ды руху жана денеси менен бирге жогору көтөрүп алган.»** деп пикирин айткан. *(Hasan Basri Çantay, Kuran-ı Hakim ve Meal-i Kerim, Cilt I, б. 92)*

Ибн Теймиййенин түшүндүрмөсү болсо мындай: **«Аллах аны Өз Кабатына көтөрдү... аяты Аз. Иса (ас)дын руху жана денеси менен көтөрүлгөнүн айтууда...»** *(İbn Teymiyye, Меспии Fetava, IV, б. 323)*

Захид Кевсери болсо Куранда Аз. Иса (ас)дын Аллах Кабатына көтөрүлүшүнүн каршы чыгылгыс ачык жана так экенин айтат. Али Имран Сүрөсүнүн 55-аятын жана Ниса Сүрөсүнүн 157-158-аяттарын далил катары көрсөткөн Кевсери бул аяттарда **Аз. Иса (ас)дын «рефи»синин насс** (насс: аныктык, ачыктык. Курани Керимде же куттуу хадистерди бир иш же темадагы ачыктык жана натыйжада ачык болгон келам жана аят) өкүмүндө экенин айтат жана аны мындайча баяндайт:

***Себеби «реф»тин чыныгы мааниси төмөндөн жогору көздөй жылдыруу. Бул жерде аяттарды салыштырма мааниде түшүндүрүүгө бир***

***негиз жок. Ошондуктан атак-даңк жана макам жагынан жогорулатуу сыяктуу бир маани чыгарууга аракет кылуунун бир далили жок.*** *(Zahid Kevseri, Nazratün Abire, б. 93)*

Куран аяттарынан жана Ислам аалымдарынын жоромолдорунан апачык көрүнүп тургандай, Аз. Иса (ас) тирүү абалда, денеси менен бирге Аллах Кабатына көтөрүлгөн. Бул Аллахтын бир керемети жана ыйман келтиргендер өтө кубанып, толкундана турган бир керемет. Аз. Иса (ас)дын руху гана Аллах Кабатына көтөрүлдү же ал көтөрүлүү аркылуу руханий (макамдык) бир көтөрүлүү айтылган деген пикирлер болсо чындыкка туура келбейт. Жогоруда да кээ бир мисалдар келтирилгендей, көптөгөн Ислам аалымдары андай пикирлердин туура эмес экенин эмгектеринде далилдешкен.

Аз. Иса (ас)дын тирүү абалда Аллах Кабатына көтөрүлгөндүгүнүн дагы бир маанилүү далили болсо Ниса Сүрөсүнүн 158-аятындагы арапча **«бел»** сөзү. Кыргызчага **«тескерисинче»** маанисинде которулган бул сөздүн арапча грамматикалык мааниси жана колдонуу өзгөчөлүктөрү өтө маанилүү бир чындыкка көңүл бурат. Ал боюнча, «бел» байламтасы тескери маанини билдирген бир сүйлөмдөн кийин келсе, арапча грамматика эрежелери боюнча андан кийин келген сүйлөм мурдакы сүйлөмдүн толук карама-каршысы болушу керек. Демек Аз. Иса (ас) жөнүндөгү аятта **«... Аны өлтүрүшкөн жок, тескерисинче (бел) Аллах аны Өзүнө көтөрдү...»** деп өлүмдүн карама-каршысы болгон тирүүлүккө ишарат кылынып жатышы ыктымал (туурасын Аллах билет). Бул жөнүндө жакынкы убактардагы Ислам аалымдарынан Шейхүлислам Мустафа Сабри Мырза да мындай жоромол жасаган:

***Ниса Сүрөсүнүн 158-аятында орун алган жана «тескерисинче» деп которулган «бел» байламтасы тескери маанини билдирген бир сүйлөмдөн кийин келсе, арапча грамматика эрежелери боюнча андан мурдакы сүйлөм андан кийинки сүйлөмдүн толугу менен карама-каршысы болушу керек. Өлүмдүн карама-каршысы тирүүлүк. Грамматика эрежелери ушуну талап кылат. Эгер бир «бул жерде руханий «реф» жөнүндө сөз болгон» жана «Аз. Иса кадимкидей көз жумган» десек, ал эрежеге каршы келген болобуз. Себеби анда «бел» байламтасынан кийин келген «реф» байламтадан мурда келген, ошол эле учурда тескери бир сүйлөм болгон өлтүрүү жана асуу этиштерине карама-каршы болбойт. Себеби бир киши өлтүрүлгөн да, руху да асманга көтөрүлгөн болушу мүмкүн. Антпесе, бул сөз маанисиз болуп калат жана Курани Керим мындай маанисиз сүйлөмдөрдөн аруу, алыс... «Рефтин» руханий гана болгонун жактагандардын чечмелеши боюнча, аяттын котормо мааниси мындай: «Аны өлтүрүшкөн жок жана асышкан жок... тескерисинче Аллах анын даражасын көтөрдү.» Бул***

***жерде ижаз (маңыздуу сөз) мындай турсун, ортоңку даражалуу бир белагат (даанышман сүйлөө чеберчилиги) да жок... «Имараттын лифти мени ар күнү мен жашаган төртүнчү кабатка чыгарат» дегенде эч бир акылдуу адам бул сүйлөмдөн «мени руханий төртүнчү кабатка чыгарат» деген маанини чыгарбайт. Демек Аз. Иса дагы руханий эле көтөрүлгөн эмес.*** *(Mustafa Sabri, Mevkıfu'l Akl, б. 233)*

Саид Рамазан эль-Бутинин ***İslam Akaidi (Ислам акаиди)*** аттуу эмгегинде болсо бул мындайча түшүндүрүлгөн:

***Аяттын мурдакы бөлүмү менен кийинки бөлүмдөрү арасындагы эки тараптуу төп келүүчүлүк мажбурлуу түрдө бир акыйкатты көрсөтүүдө. Мисалы, бир арап кишинин «мен ач эмесмин, тескерисинче эс алып жатам» деши туура сүйлөм болбойт. Ошол сыяктуу, «Халид өлгөн жок, тескерисинче ал жакшы бир киши» сүйлөмү да сүйлөм мүчөлөрү жагынан мааниси бузук. Туурасы болсо: «Халид өлгөн жок, тескерисинче жашап жатат» болот. «Башчы өлтүрүлгөн жок, ал Аллах Кабатында даражасы жогору бир киши» деп айтуу сүйлөмдүн маанисинде бир кемчиликке алып келет. Себеби анын Аллах Кабатында жогорку даражалуу киши болушу анын өлтүрүлүшүнө тоскоол эмес. «Бел» байламтасы мурдакы сөз менен кийинки сөз арасында бир карама-каршылыкты көрсөтөт. Б.а. «бел» өзүнөн мурдакы бир өкүмдү жокко чыгарат.*** *(M. Said Ramazan el-Buti, Yaratıcının Varlığı ve Yaratılanın Görevi İslam Akaidi, Mavde Yayınları, İstanbul, 1996, б. 338)*

Апачык көрүнүп тургандай, жогорку күч-кудуреттүү Аллах Аз. Иса (ас)га курулган тузакты аны тирүү абалда Өз Кабатына көтөрүү аркылуу бузган. Бул далилдердин баары Аз. Иса (ас)дын Аллах Кабатында тирүү экенин жана Раббибиз буйруган бир убакта кайрадан жер жүзүнө келээрин дагы бир жолу көрсөтүүдө. (Туурасын Аллах билет.)

## Аллахтын Аз. Иса (ас)ды каапырлардан тазалашы

Аз. Иса (ас)дын Аллах Кабатына көтөрүлүшү жөнүндө аяттарда кабар берилген маалыматтардын бири – бул Аллахтын Аз. Иса (ас)ды каапырлардан тазалашын кабар бериши. Али Имран Сүрөсүнүн 55-аятында мындай деп айтылат:

**... сени Өзүмө көтөрөм (рафиуке), сени каапырлардан тазалайм (мутаххируке) жана сени ээрчигендерди кыяматка чейин каапырдыкка**

**адашкандардын үстүнө өткөрөм... (Али Имран Сүрөсү, 55)**

Аяттын арапчасындагы **«мутаххируке»** сөзүнүн уңгусу **«тахара»** сөзү, жана анын сөздүк мааниси: таза болуу. Ислам аалымдары аяттагы бул сөздүн Аз. Иса (ас)дын тирүү абалда Аллах Кабатына көтөрүлгөндүгүнүн далилдеринин бири деп кабыл алышат. Ислам аалымдары боюнча аяттын тафсири; **«Сени алып жатам, Кабатыма көтөрүп жатам жана сени каапыр жана фажирлер (бузуку, жалганчылар) менен кирдеген бул чөйрөдөн алыстатып жатам»** маанисинде.[52] Бул боюнча, «Аллахтын Аз. Иса (ас)ды каапырлардан тазалашы» Аз. Иса (ас)ды өлтүрүү үчүн курулган тузактардын бузулушу жана каапырлардын максатына жете албашы, б.а. Аз. Иса (ас)дын тирүү абалда Аллах Кабатына көтөрүлүшү деген мааниге келет. (Туурасын Аллах билет.)

Ошондой эле, аяттагы сүйлөмдөн Аз. Иса (ас)дын тазаланышы деп денеси менен жана каапырлардын арасынан бөлүнүп тазаланышынын айтылып жатканы көрүнүп турат. (Туурасын Аллах билет.) Натыйжада кээ бирлер айткан, Аз. Иса (ас) өлүп руху гана Аллах Кабатына көтөрүлгөн деген пикирдин туура эмес экени дагы бир жолу көрүнүп турат. Аз. Иса (ас)дын рухунун гана көтөрүлүшү аятта билдирилген тазалануунун ишке ашпашы деген мааниге келет.

Аятта билдирилгендей бир тазалануу болушу үчүн Аз. Иса (ас)дын руху жана денеси менен бирге каапырлардын арасынан бөлүнүшү керек. Мындан тышкары, руханий бир тазалануу Аз. Иса (ас) сыяктуу жогорку адеп-ахлактуу, Аллах Кабатында абройлуу жана терең ыймандуу бир пайгамбар үчүн маанисиз. Аз. Иса (ас)дын жогорку адеп-ахлагы Мерйем Сүрөсүнүн 33-аятында мындайча кабар берилген; **«Туулган күнүмдө, өлөр күнүмдө жана тирүү абалда кайрадан-тургузула турган күнүмдө да салам мага.»** Аз. Иса (ас)дын руху чын ыкластуу бир момун жана Аллахтын элчиси болгондуктан, Аллахтын уруксаты менен, таптаза. Бирок ал турган чөйрө мушриктер менен каапырлардын жаман мүнөздөрү жана жаман иш-аракеттеринен улам таза эмес. Бир аятта Раббибиз мушриктердин адеп-ахлагынын жамандыгынан улам «кир» экенине ишарат кылган:

**Эй ыймандуулар, <u>мушриктер кир кишилер</u>; демек бул жылдардан соң эми Харам Мечитине жолобошсун... (Тообо Сүрөсү, 28)**

Демек, Аз. Иса (ас)дын каапырлардан тазаланышы анын денеси менен бирге алардын арасынан алысташы маанисине келет. Аллах Аз. Иса (ас)ды каапырлардан жана алар курган тузактардан тазалап коргогон. Бул болсо Раббибиздин Аз. Иса (ас)ды Өз Кабатына көтөрүшү аркылуу ишке ашкан.

(Туурасын Аллах билет.)

Египеттик аалым Халил Херрас болсо аятта билдирилген **«тазалануу»** сөзүнүн мааниси жөнүндө мындай дейт:

***Аз. Иса (ас)дын каапырлардан тазаланышы алардын бузуку тузактарынан кутулушу аркылуу болот. Бул болсо Аз. Иса (ас)дын өлүмү жана топуракка көмүлүшү аркылуу эмес, тирүү абалда асманга көтөрүлүшү аркылуу боло алат. Себеби душмандары, Аз. Иса (ас)га окшоткон кишиге кылган сыяктуу, анын денесине да кыйноо жасашы мүмкүн эле...*** *(Halil Herras, Hz. İsa Gelecek mi?, Isparta, Ocak 2002, б. 66)*

Аз. Иса (ас)дын каапырлардан тазаланышы Элмалылы Хамди Йазыр тафсиринде да айтылгандай, Аз. Иса (ас)дын Аллах Кабатына көтөрүлүшү аркылуу болгон:

***... Жана бул көтөрүү аркылуу ал күфүр кылган, каапырлардан сени тазалайм, эми алар менен байланышың калбайт...*** *(Elmalılı Hamdi Yazır, Hak Din Kuran Dili, Cilt II, б. 1112-1113)*

# КУРАНДА АЗ. ИСА (АС)ДЫН ЖЕР БЕТИНЕ КАЙТЫШЫ

Бул бөлүмгө чейин айтылгандардан Аз. Иса (ас)дын өлбөгөнү жана Аллах Кабатына көтөрүлгөнү апачык түшүнүктүү болду. Бирок Куранда көңүл бурулган дагы бир маанилүү жагдай бар: Аз. Иса (ас) жер жүзүнө кайра кайтып келет.

Аз. Иса (ас)дын жер жүзүнө экинчи жолу келиши Куранда апачык билдирилген. Куранда билдирилген бул далилдер төмөнкүдөй:

**1-ДАЛИЛ**

Аз. Иса (ас)дын экинчи жолу жер жүзүнө түшөөрү жөнүндө ишараттар камтыган аяттардын биринчиси – бул Али Имран Сүрөсүнүн 55-аяты:

**Аллах Исага айткан эле: «Эй Иса, чындыгында сени Мен көз жумдурам (мүтевеффийке), сени Өзүмө көтөрөм (рафиуке), сени каапырлардан тазалайм жана сени ээрчигендерди кыяматка чейин каапырдыкка адашкандардын үстүнө өткөрөм. Анан Мага гана кайтып келесиңер, талашкан нерселериңер жөнүндө араңарда Мен өкүм берем.»**

**(Али Имран Сүрөсү, 55)**

Аяттагы «**сени ээрчигендерди кыяматка чейин каапырдыкка адашкандардын үстүнө өткөрөм»** сүйлөмү терең маанилүү. Куранда кыяматка чейин каапырларга үстөм болгон жана Аз. Иса (ас)га чындап моюн сунган (аны ээрчиген) бир топтун бар экени жөнүндө сөз болуп жатат. Бул ээрчигендер кимдер? Аз. Иса доорунда жашаган хаварийлерби, же бүгүн жашап жаткан христиандарбы?

Аз. Иса (ас) Аллах Кабатына көтөрүлөөрдөн мурда аны ээрчигендердин саны өтө аз эле. Жана ал дүйнөдөн кеткен соң христиандык өтө бат бузулуп баштаган. Мындан тышкары, хаварийлер олуттуу бир кысымчылык астында жашашкан. Кийинки эки кылым бою да Аз. Иса (ас)га ыйман келтиргендер ошондой кысымдарга кабылышкан; себеби эч кандай саясий күчтөрү жок эле. Демек өтмүштө жашаган христиандар каапырларга үстөм болгон жана бул аят ошолор жөнүндө деп айта албайбыз.

Андан кийинки убакты, б.а. азыр жашап жаткан христиандарды караганыбызда болсо ансыз да христиан дининин чыныгы абалынын бузулганын, Аз. Иса (ас) чакырган акыйкат динден башка бир дин пайда болгонун көрөбүз. Аз. Иса (ас) Аллахтын уулу деген адашкан бир ишеним кабылданып, үчтөө ишеними (Ата, уул, ыйык Рух) кабыл алынган. (Аллахты аруулайбыз.) Демек дин өзүнүн чыныгы абалынан өтө алыстаган учурдагы христиандарды Аз. Иса (ас)га вахий кылынган акыйкат динге моюн сунгандар катары кабыл ала албайбыз. Куранда үчтөө (троица) ишениминин адашкан бир ишеним экени мындайча билдирилген:

**Ант болсун, «Аллах үчтүн үчүнчүсү» дегендер каапыр болушту. Чындыгында жалгыз бир Кудайдан башка кудай жок... (Маида Сүрөсү, 73)**

Демек, «**сени ээрчигендерди кыяматка чейин каапырдыкка адашкандардын үстүнө өткөрөм»** сөзүнүн ачык бир ишараты бар. Аз. Иса (ас)ды ээрчиген жана кыяматка чейин жашай турган бир топ болушу керек. Мындай бир топ, албетте, Аз. Иса (ас)дын жер жүзүнө кайра келиши натыйжасында пайда болот. Жана аны кайра дүйнөгө келгенде ээрчигендер кыяматка чейин каапырларга үстөм кылынат.

**2-ДАЛИЛ**

Бул темада жогоруда карап өткөн Ниса Сүрөсүнүн 156-158-аяттарынан соң Аллах 159-аятта мындай деп буюрат:

**Ант болсун, китеп берилгендерден (эхли китап) өлөрдөн мурда ага ишенбей турган эч ким жок. Кыямат күнү ал болсо аларга күбө болот. (Ниса Сүрөсү, 159)**

Бул аяттагы **«өлөрдөн мурда ага ишенбей турган эч ким жок»** сөзүнүн өтө терең мааниси бар. Бул сүйлөмдүн арапчасы төмөнкүдөй:

**"... ве ин мин эхлил китаби илла лейүминенне бихи кабле мевтихи»**

Бул жерде кээ бир тафсирчилер **«ал»** ат атоочу Аз. Иса (ас) эмес, Куран жөнүндө деп ойлошкон жана аятты китеп берилгендер өлөрдөн мурда Куранга ыйман келтиришет деп жоромолдошкон.

Чындыгында болсо бул аяттан мурдакы эки аятта да **«ал»** ат атоочу талашсыз Аз. Иса үчүн колдонулган:

**Жана: «Биз Аллахтын пайгамбары Мерйем уулу Месих Исаны чындап өлтүрдүк» дегени себептүү да (аларга ушундай бир жаза бердик). Чындыгында болсо аны өлтүрүшкөн жок жана аны асышкан жок. Бирок аларга (ошого) окшош көрсөтүлдү. Чындап ал жөнүндө талашка түшкөндөр анык бир күмөн ичинде. Алардын күмөндөн башка бул жөнүндө эч кандай маалыматтары жок. Аны өлтүрүшпөгөнү анык. (Ниса Сүрөсү, 157)**

**Жок, Аллах аны Өзүнө көтөрдү. Аллах үстөм жана күчтүү, өкүмдар жана даанышман. (Ниса сүрөсү, 158)**

Бул аяттардын артынан эле келген аятта колдонулган **«ал»** ат атоочунун Аз. Иса (ас)дан башка бир киши же нерсе жөнүндө экенин көрсөткөн эч кандай далил жок.

**Ант болсун, китеп берилгендерден (эхли китап) өлөрдөн мурда ага ишенбей турган эч ким жок. Кыямат күнү ал болсо аларга күбө болот. (Ниса Сүрөсү, 159)**

Башка жагынан, аяттын экинчи сүйлөмү болгон **«Кыямат күнү ал болсо аларга күбө болот»** деген сүйлөм дагы маанилүү. Куранда кыямат күнү адамдын тилинин, колдорунун жана буттарынын (Нур Сүрөсү, 24; Йасин Сүрөсү, 65), көрүү, угуу сезимдеринин жана терилеринин (Фуссилет Сүрөсү, 20-23) анын зыянына күбө болоору билдирилет. Курандын күбө болушу жөнүндө болсо бир дагы аят жок. Биринчи сүйлөм –грамматикалык жактан

же логикалык жактан эч кандай далил болбогону карабастан- Куран жөнүндө айтылган деп кабыл алынса, экинчи сүйлөмдөгү **«ал»** ат атоочу да Куран жөнүндө деп жакталган болот. Бирок мындай деп айтуу үчүн ачык бир аят талап кылынат. Ошондой эле, мурдакы аятта билдирилген **«... Аллах аны Өзүнө көтөрдү»** сүйлөмү дагы бул аятта ишарат кылынгандын Куран эмес экенин дагы бир жолу көрсөтүүдө. Куран 1400 жылдан бери ыймандууларга туура жол (хидаят) көрсөтүүчү болуп келатат жана Аллах Кабатына көтөрүлгөн жок. Аллах Кабатына Аз. Иса (ас) көтөрүлгөн. Бул дагы аятта кабар берилген «күбө болуунун» Аз. Иса (ас)дын «эхли китапка (китеп берилгендерге)» бере турган күбөлүгү экенин, аятта **«ал»** ат атоочу менен Куранга ишарат кылынбаганын көрсөткөн дагы бир далил. (Туурасын Аллах билет.)

Башка аяттарда ушул эле ат атооч Куранга ишарат кылган жерлерде (Немл Сүрөсү, 77 жана Шуара Сүрөсү 192-196-аяттардагы сыяктуу) аяттын алдында жана артында Курандан сөз болгонун көрөбүз. Аяттын алдында, артында же аяттын ичинде Куран жөнүндө айтылбаса, бул аятта Куран жөнүндө сөз болуп жатат деш туура эмес болот. Бул аятта болсо апачык Аз. Иса (ас)га ишенүү жана анын ыймандууларга күбө болушу жөнүндө сөз болуп жатат.

Аяттын мааниси жөнүндө дагы бир белгилей кетчү жагдай болсо – бул **«өлүмүнөн мурда»** сөзүнүн жоромолу менен байланыштуу. Кээ бирлери бул сүйлөм **«Эхли китаптын (китеп берилгендердин) өз өлүмдөрүнөн мурда»** ишениши деген маанида деп ойлошууда. Бул көз-караш боюнча, «эхли китаптан (китеп берилгендер, б.а. еврей, христиандар)» болгон ар бир киши ага өлүм келбестен Аз. Иса (ас)га сөзсүз ыйман келтирет. Бирок арап тилинин грамматикасы бул пикирдин туура эмес экенин көрсөтүүдө. Куранда «эхли китап» жөнүндөгү бүт аяттарда көптүк санды көрсөткөн **«хум»** мүчөсү колдонулган. (Бейийне Сүрөсү, 1 жана 6; Хадид Сүрөсү, 29; Хашр Сүрөсү, 2деги сыяктуу.) Бул аятта болсо жекелик санды билдирген **«ху»** мүчөсү колдонулган. Демек, аятта Аз. Иса (ас)дын өлүмүнөн –б.а. жер жүзүнө экинчи жолу келип биологиялык маанide өлөрдөн- мурда «эхли китаптын» ага ишенээри кабар берилип жатат. (Туурасын Аллах билет.) Мындан тышкары, Аз. Иса (ас) убагында «эхли китап» сыпатына кирген кээ бир еврейлер ага ыйман келтирбей эле тим болбостон, аны өлтүрүү үчүн тузак да курушкан. Аз. Иса (ас)дан кийин жашап өткөн еврей менен христиандардын болсо Аз. Иса (ас)га –Куранда билдирилгендей- ыйман келтиргенин айтуу мүмкүн эмес. Жыйынтыктасак, аятты жакшылап караганыбызда анын маанисинин төмөнкүдөй экенин түшүнөбүз: **«Аз. Иса (ас) өлөрдөн мурда бүт эхли китап (китеп берилгендер) ага ыйман келтиришет»**. Б.а. Аз. Иса (ас) экинчи жолу дүйнөгө келгенде бүт еврей, христиандар аны ээрчип Мусулман

болушат жана Ислам ахлагы бүт жер жүзүнө орнойт.

Ошондой эле, аятта келечек жөнүндө сөз болуп жатканы анык, себеби Аз. Иса (ас)дын **«өлүмү»** жөнүндө айтылып жатат. Чындыгында болсо ал өлгөн эмес, Аллах Кабатына көтөрүлгөн. Аз. Иса дүйнөгө кайрадан келет жана бүт адамдар сыяктуу жашап өлөт. Экинчиси Аз. Иса (ас)га бүт эхли китап (еврей, христиандар) ыйман келтиришет. Бул дагы али боло элек, бирок сөзсүз болоору кабар берилген бир окуя.

Ошондуктан бул жерде **«өлүмүнөн мурда»** деп Аз. Иса (ас) жөнүндө айтылган. Эхли китап аны көрүп таанып, ал жашап жаткан кезде ага моюн сунушат жана Аз. Иса (ас) болсо алар жөнүндө акыретте күбө болот. (Туурасын Аллах билет.)

### 3-ДАЛИЛ

Аз. Иса (ас)дын акыр заманда кайрадан жер жүзүнө кайтышы жөнүндө дагы бир аят – бул Зухруф Сүрөсүнүн 61-аяты. Бул сүрөнүн 57-аятынан баштап Аз. Иса (ас)дан сөз кылынат:

**Мерйем уулу (Иса) бир мисал катары берилгенде, сенин коомуң ошол замат андан (жыргап сөз кылып) каткырып күлүшүүдө. «Биздин кудайларыбыз жакшыбы, же албы?» дешти. Аны бир гана талаш темасы болсун деп (мисал) беришти. Жок, алар «талашка жакын жана душман» бир коом. Ал болгону бир кул; ага немат-жакшылык бердик жана аны Исраил урпактарына бир өрнөк кылдык. Эгер Биз каалаганыбызда, албетте силерден периштелер кылмакпыз; жер жүзүндө (силерге) халеф (ордуңарды басуучулар) болушмак. (Зухруф Сүрөсү, 57-60)**

Бул аяттардын артынан эле келген 61-аятта Аз. Иса (ас)дын кыямат сааты үчүн бир илим экени айтылат:

**Күмөнсүз, ал кыямат сааты үчүн бир илим. Демек андан эч шек санабагыла жана мага баш ийгиле. Туптуура жол ушул. (Зухруф Сүрөсү, 61)**

Бул аятта Аз. Иса (ас)дын акыр заманда жер жүзүнө кайтышы кабар берилүүдө. Себеби Аз. Иса (ас) Куран түшүрүлөөрдөн алты кылым мурда жашаган. Ошондуктан ал биринчи жашоосун **«кыямат сааты үчүн бир илим (маалымат)»**, б.а. бир кыямат белгиси катары түшүнө албайбыз. Аят Аз. Иса (ас)дын акыр заманда кайрадан жер жүзүнө келээрин жана анын болсо бир кыямат алааматы болоорун ишарат кылууда. (Туурасын Аллах билет.) Бул

аяттагы **«Ал кыямат сааты үчүн бир илим»** сүйлөмүнүн арапчасы төмөнкүдөй: **«Иннеху ле илмун лиссаати.»** Бул жердеги **«ху»** ат атоочун **«Куран»** деп жоромолдогондор бар. Бирок Куран үчүн **«ху»** ат атоочу колдонулганда сөзсүз аяттан мурда же кийин же аяттын ичинде Куран жөнүндө сөз кылган башка сүйлөмдөр болот. Башка бир жерде **«ху»** ат атоочу менен Куран жөнүндө сөз кылынган эмес. Ошондой эле, мурдакы аятты караганыбызда ал жерде да апачык Аз. Иса (ас) жөнүндө **«ал»** ат атоочу колдонулганын көрөбүз:

**«Ал болгону бир кул; ага немат-жакшылык бердик жана аны Исраил урпактарына бир өрнөк кылдык.»**

Бул ат атоочтун Куранга ишарат кылаарын айткандар болсо аяттын уландысындагы **«Андан эч шек санабагыла жана мага баш ийгиле»** сүйлөмүн «далил» катары көрсөтүшөт. Бирок бул сүйлөмдөн мурдакы аяттарда толугу менен Аз. Иса (ас)дан сөз кылынат. Ушул себептен **«ху»** ат атоочунун мурдакы аяттар менен байланыштуу болушу жана Аз. Иса (ас) жөнүндө айтылып жатышы туурараак болот. Белгилүү Ислам аалымдары да бул ат атоочту аяттарга да, сахих хадистерге да таянып, Аз. Иса (ас) деп түшүндүрүшөт. Элмалылы Хамди Йазырын тафсиринде мындайча чечмеленет:

***Сөзсүз, ал саат үчүн бир илим – сааттын келээрин өлүүлөрдүн тирилип, кыям этээрин билдирген бир далил жана белги (алаамат). Себеби Иса элдерге көрүнүшү жана өлүүлөрдү тирилтүү (эмвати ихйа) керемети жана ошондой эле өлүүлөрдүн турушун (эмватын кыямын) кабар бериши жагынан кыяматтын болооруна бир далил болгон сыяктуу, хадисте айтылгандай кыямат белгиси (эшраты саат).***

*(http://www.kuranikerim.com/telmalili/zuhruf.htm)*

Заманбап Ислам аалымдарынан Сейийд Кутуб да тафсиринде Аз. Иса (ас)дын жер жүзүнө кайра келишинин маанилүү далилдеринин биринин ушул аят экенин айтат. Кутубдун тафсиринде мындай деп айтылат:

Аз. Иса (ас)дын кыямат болоордон мурда жер жүзүнө түшөөрү жөнүндө көптөгөн хадистер бар тилибизде. Бул аят да ошого ишарат кылат. **«Ал кыяматтын болоорун көрсөтүүчү бир илим.»** Б.а. Аз. Иса (ас)дын жер жүзүнө түшүшү менен кыяматтын жакындаганы белгилүү болот. Экинчи бир окуу формасында аят мындайча окулат: **«Ве иннеху ле алемун лиссати».** Б.а. анын түшүшү кыяматтын белгиси, алааматы. Эки окуу формасы тең бир эле маанини берет. Аз. Иса (ас)дын асмандан түшүшү – туура сөздүү жана ишенимдүү Пайгамбар, Ага салат жана салам болсун, сөз кылган жана улуу

Куран ишарат кылган бир кайып кабары. Кыямат күнүнө чейин өзгөрбөстөн кала турган бул эки булактан келген маалыматтардан башка, бул маселе жөнүндө кандайдыр бир адамдын сүйлөй турган бир сөзү болушу мүмкүн эмес. *(Seyyid Kutub, Fizilali'l Kuran, http://www.sevde.de/Kuran-Tevsiri/Kuran_Tefsiri.htm)*

Кевсери эң илгерки акаида китептеринде да бул аяттын Аз. Иса (ас)дын экинчи жолу жер жүзүнө келишине далил катары колдонулганын айтса, Өмер Насухи Билмен тафсиринде болсо бул аят мындайча чечмеленет:

***Жана кыямат жакындаган болушу үчүн Иса Алейхиссаламдын бир алаамат экенин жана кыяматтын болоорунун күмөнсүз экенин кабар берет... Иса Алейхиссаламдын жер жүзүнө түшүшү да кыямат шариятынан саналат...*** *(Ömer Nasuhi Bilmen, Kuran-ı Kerim'in Türkçe Meal-i Alisi ve Tefsiri, Cilt VII, 3292)*

Мындан тышкары, дагы бир нерсени айта кетүү керек: Куранда эч бир пайгамбардын кыямат үчүн бир илим экени айтылган эмес. Аз. Мухаммед (сав), Аз. Ибрахим (ас), Аз. Нух (ас), Аз. Муса (ас), Аз. Сулайман (ас), Аз. Йусуф (ас), Аз. Давуд (ас), Аз. Йакуп (ас) жана дагы көптөгөн пайгамбардын өмүрү Куранда терең баян кылынат, бирок эч бири жөнүндө мындай сөз айтылган эмес. Бул дагы Аз. Иса (ас)дын –Аллахтын каалоосу менен- башка пайгамбарлардан айырмалуу бир өзгөчөлүккө ээ экенине ишарат кылууда. Бул өзгөчөлүк – Аз. Иса (ас)дын Аллах Кабатына алынган соң кайрадан жер жүзүнө кайтарыла турган болушу. (Туурасын Аллах билет.)

**4-ДАЛИЛ**

Аз. Иса (ас)дын экинчи келишине ишарат кылган башка аяттар болсо төмөнкүдөй:

**Периштелер: «Мерйем, чындыгында Аллах Өзүнөн бир сөздү сага сүйүнчүлөөдө. Анын аты Мерйем уулу Иса Месих. Ал дүйнөдө жана акыретте «тандалган, барктуу, урматтуу» жана (Аллахка) жакын кылынгандардан. Бешикте да, жетилгенде да адамдар менен сүйлөшөт. Жана Ал чын ыкластуулардан» дешти. «Раббим, мага бир адам тийбесе, кантип балалуу болушум мүмкүн?» деди. (Бирок) Аллах эмнени кааласа жаратат. Бир иштин болушун чечсе, ага «Бол» гана дейт, ал болсо ошол замат болуп калат. Ага Китепти, даанышмандыкты, Тооротту жана Инжилди үйрөтөт. (Али Имран Сүрөсү, 45-48)**

Аятта Аллахтын Аз. Иса (ас)га Тооротту, Инжилди жана ошондой эле **«Китепти»** үйрөтөөрү кабар берилүүдө. Ушул эле сөз Маида Сүрөсүнүн 110-аятында да орун алган:

**Аллах минтип айтат: «Эй, Марийам (Мерйем) уулу Иса, сага жана энеңе болгон нематымды эстегин. Мен сени Рухул-Кудүс менен кубаттадым, бешикте (жаткан) кезиңде да, жетилген кезиңде да адамдар менен сүйлөшчү элең. Сага Китепти, даанышмандыкты, Тооротту жана Инжилди үйрөттүм. Уруксатым менен ылайдан канаттуууга окшош (бир нерсени) жасачусуң...» (Маида Сүрөсү, 110)**

Эки аятта тең кездешкен **«китеп»** сөзүн караганыбызда, мунун Куранга ишарат кылаарын көрөбүз. Аяттарда Тоорот менен Инжилден тышкары жөнөтүлгөн акыркы акыйкат китептин Куран экени билдирилет. (Аз. Давуд (ас)га берилген Забур да Эски Осуяттын (Ветхий Завет) ичинде.) Ошондой эле, Курандын башка бир аятында, Али Имран Сүрөсүнүн 3-аятында **«китеп»** сөзү Инжил менен Тооротон тышкары Куранды айтуу үчүн колдонулган:

**Аллах... Андан башка Кудай (Илах) жок. Тирүү, каим. Ал сага Китепти Акыйкат жана андан мурдакыларды тастыктоочу катары түшүрдү. Ал Тоорот менен Инжилди да түшүргөн эле. (Али Имран Сүрөсү, 2-3)**

Китеп сөзү Куранга ишарат кылган башка кээ бир аяттар төмөнкүдөй:

**Аллах Кабатынан жандарындагы (Тоорот)ту тастыктаган бир Китеп келгенде, -чынында андан мурда каапырларга каршы жеңиш сурап жатышкан- мына билип-таанышгандары келгенде, аны танышты. Аллахтын каргышы каапырларга болот. (Бакара Сүрөсү, 89)**

**Силерге өзүңөрдөн, силерге аяттарыбызды окуй турган, силерди тазалай турган, силерге Китеп жана даанышмандыкты жана билбегениңерди үйрөтө турган бир элчи жөнөттүк. (Бакара Сүрөсү, 151)**

Демек, Аз. Иса (ас)га үйрөтүлө турган үчүнчү **«Китептин»** Куран экени жана мунун болсо Аз. Иса (ас) акыр заманда дүйнөгө кайтканда гана мүмкүн экени анык. Себеби Аз. Иса (ас) Куран түшүрүлөөрдөн болжол менен 600 жыл мурда жашаган. Ошондой эле, Пайгамбар Мырзабыз (сав)дын хадистеринде Аз. Иса (ас)дын дүйнөгө экинчи жолу келгенде Инжил менен эмес, Куран менен өкүм берээрин кабар бергени да мунун бир далили:

***Кырк (40) жыл Аллахтын Китеби жана менин сүннөтүм менен өкүм берип, көз жумат.*** *(Kitab-ul Burhan Fi Alamet-il Mehdiyy il Ahir Zaman, б. 92)*

Бул жерден да апачык көрүнүп тургандай, Аз. Иса (ас) кайрадан жер жүзүнө келгенде, Курандагы өкүмдөр менен өкүм берип, Аз. Мухаммед (сав)дын сүннөтүн улантат. Бул дагы аяттардагы мааниге толук дал келүүдө. (Албетте туурасын Аллах билет.)

Бул аяттарда көңүл буруу керек болгон дагы бир жагдай бар: Аз. Иса (ас) жөнүндө айтылган бул нерсе, мындан мурдакы темадагы сыяктуу, башка эч бир пайгамбар жөнүндө айтылган эмес. Мисалы, Аз. Муса (ас)га Тooроттун түшүрүлгөнү, Аз. Ибрахим (ас)га берилген барактар бар экени, Аз. Давуд (ас)га Забурдун вахий кылынганы Куранда айтылат. Же пайгамбарлардын алардан мурдакы доорлордо түшкөн китептер бар болсо, ал китептерди билишкени кабар берилет. Бирок эч бир пайгамбар жөнүндө анын доорунан кийин түшүрүлө турган бир китептин да аларга үйрөтүлгөнү айтылбайт. Өзүнөн мурда түшүрүлгөн, өзүнө вахий кылынган жана өзүнөн кийин түшүрүлө турган китепти билээри айтылган жалгыз пайгамбар – бул Аз. Иса (ас). Бул дагы Аз. Иса (ас)дын кайрадан жер жүзүнө келээринин жана экинчи жолу келгенде өзүнөн кийин вахий кылынган китеп менен, б.а. Куран менен өкүм берээринин ишараттарынын бири. (Туурасын Аллах билет.)

**5-ДАЛИЛ**

Бүт булардан тышкары, **«Күмөнсүз, Аллах Кабатында Исанын абалы Адамдын абалы сыяктуу...»** (Али Имран Сүрөсү, 59) аяты дагы Аз. Иса (ас)дын кайтып келишине ишарат кылып жатышы мүмкүн. Тафсир аалымдары көбүнчө бул аятты эки пайгамбардын тең атасыз болушуна, Аз. Адамдын Аллахтын **«Бол»** буйругу менен топурактан жаратылышы менен Аз. Иса (ас)дын да **«Бол»** буйругу менен атасыз төрөлүшүнө ишарат кылат дешет. Бирок аяттын экинчи ишараты да болушу мүмкүн. Аз. Адам (ас) бейиштен жер жүзүнө түшүрүлгөн сыяктуу, Аз. Иса (ас) да акыр заманда Аллахтын Кабатынан жер жүзүнө түшүрүлүшү мүмкүн. (Туурасын Аллах билет.) Көрүнүп тургандай, Аз. Иса (ас)дын жер жүзүнө кайра кайтып келээри жөнүндөгү Куран аяттары апачык.

**6-ДАЛИЛ**

Куранда Аз. Иса (ас)дын Аллах Кабатына алынганын айткан башка бир аят болсо Мерйем Сүрөсүндө орун алат:

**«Туулган күнүмдө, өлөр күнүмдө жана тирүү абалда кайрадан-тургузула турган күнүмдө да салам мага.» (Мерйем Сүрөсү, 33)**

Бул аят Али Имран Сүрөсүнүн 55-аяты менен чогуу каралганда өтө маанилүү бир чындыкка ишарат кылат. Али Имран Сүрөсүндөгү аятта Аз. Иса (ас)дын Аллах Кабатына көтөрүлгөнү айтылат. Бул аятта өлүү же өлтүрүлүү жөнүндө эч маалымат берилген эмес. Бирок Мерйем Сүрөсүнүн 33-аятында Аз. Иса (ас)дын өлөр күнү жөнүндө сөз болуп жатат. Бул экинчи өлүм болсо Аз. Иса (ас)дын экинчи жолу дүйнөгө келип, белгилүү мөөнөт жашаган соң көз жумушу аркылуу гана болушу мүмкүн. (Туурасын Аллах билет.)

**7-ДАЛИЛ**

Аз. Иса (ас)дын кайрадан дүйнөгө келиши жөнүндө дагы бир далил болсо Маида Сүрөсүнүн 110-аятында жана Али Имран Сүрөсүнүн 46-аятында орун алган **«кехлен»** сөзү. Аяттарда мындайча буюрулат:

**Аллах минтип айтат: «Эй, Мариям уулу Иса, сага жана энеңе болгон нематымды эстегин. Мен сени Рухул-Кудүс менен кубаттадым, бешикте (жаткан) кезиңде да, жетилген (кехлен) кезиңде да адамдар менен сүйлөшчү элең...» (Маида Сүрөсү, 110)**

**«Бешикте да, жетилгенде (кехлен) да адамдар менен сүйлөшөт. Жана Ал салихтерден (чын ыкластуулардан).» (Али Имран Сүрөсү, 46)**

Бул сөз Куранда жогорудагы эки аятта гана жана бир гана Аз. Иса (ас) үчүн колдонулат. Аз. Иса (ас)дын жетилген кезин сүрөттөө үчүн колдонулган **«кехлен»** сөзү **«отуз менен элүү жаштар арасында, жаштык доору аяктап улгайууга кадам таштаган, жашы кемелге (кемчиликсиздикке) жеткен киши»** маанисине келет. Бул сөз Ислам аалымдары арасында бир оздон **«35 жаштан кийинки убакка ишарат кылат»** деп которулат.

Аз. Иса (ас)дын жаш кезинде, т.а. отуз жаштын баштарында асманга көтөрүлгөнүн, жер жүзүнө түшкөн соң кырк жыл тураарын айткан жана Ибни Аббастан риваят кылынган хадиске таянган Ислам аалымдары Аз. Иса (ас)дын улгайуу доорунун кайра дүйнөгө келген соң болоорун, ошондуктан бул аяттын Аз. Иса (ас)дын түшүшүнө бир далил экенин айтышат. *(Muhammed Halil Herras, Faslu'l-Makal fi Ref'I İsa Hayyen ve Nüzulihi ve Katlihi'd-Deccal, Mektebetü's Sünne, Kahire, 1990, б. 20)*

Куран аяттарын караганыбызда бул сөздүн бир гана Аз. Иса (ас) үчүн колдонулганын көрөбүз. Бүт пайгамбарлар адамдар менен сүйлөшүп, аларды динге чакырышкан. Баары жетилген кезинде динге чакыруу милдетин орундатышкан. Бирок Куранда башка пайгамбарлар жөнүндө мындай бир сөз колдонулган эмес. Бул сөз Аз. Иса (ас) жөнүндө гана колдонулган жана кереметтүү бир абалды айтып жатат. Себеби аяттарда катары менен келген **«бешикте»** жана **«жетилген кезде»** сөздөрү эки чоң кереметтүү убакка көңүл бурат.

Имам Табери ***Taberi Tefsiri (Табери Тафсири)*** аттуу эмгегинде бул аяттардагы сөздөрдү мындайча чечмелейт:

***Бул сөздөр (Маида Сүрөсү, 110) Аз. Иса (ас)дын өмүрүн аяктап улгайган кезинде адамдар менен сүйлөшө алышы үчүн асмандан түшөөрүнө ишарат кылууда. Себеби ал жаш кезинде асманга көтөрүлгөн...***

***Бул аятта (Али Имран Сүрөсү, 46) Аз. Иса (ас)дын тирүү экенине далил бар жана ахли сүннөт да ушундай көз-караштa. Себеби аятта анын улгайган кезде да адамдар менен сүйлөшөөрү айтылат. Улгайышы болсо асмандан жер жүзүнө түшкөн кезде гана болот.*** *(Taberi Tefsiri, İmam Taberi, том 2, б. 528; том 1, б. 247)*

Бирок кээ бир кишилер **«жетилген»** сөзүн чыныгы маанисинен алыстатып жоромолдошуп, Курандын жалпы логикасына ылайык баалашпайт. Ал кишилер пайгамбарлар дайыма жетилген жана кемелге жеткен кишилер болушат, ошондуктан бул сөз пайгамбарлардын бүт өмүрлөрүнө ишарат кылат дешет. Албетте, пайгамбарлар Аллах кемелге жеткирген, бышып жетилген кишилер. Бирок Аллах Ахкаф Сүрөсүндө бышып жетилүү жашынын 40 жаш экенине ишарат кылат. Аятта мындай деп айтылат:

**Биз адамга ата-энеңе жакшы мамиле кыл деп кеңеш бердик. Энеси аны кыйналып көтөрүп жүрдү жана аны кыйынчылык менен төрөдү. Анын (кош бойлуу кезде) көтөрүп жүрүлүшү менен сүттөн чыгышы отуз ай. Анан күчтүү (жетилген) убакка жетип кырк жыл (жаш)ка жеткенде: «Раббим, мага, эне жана атама берген нематка шүгүр кылышымды жана Сен ыраазы боло турган салих бир ишти кылышымды мага илхам кыл; мен үчүн салих (ыкластуу) урпактар бер. Чындап мен тообо кылып Сага бурулдум жана чындап мен Мусулмандарданмын» деди. (Ахкаф Сүрөсү, 15)**

**«Кехлен»** сөзүнүн чечмелениши да, Курандагы башка маалыматтар сыяктуу, Аз. Иса (ас)дын кайрадан жер жүзүнө келишине ишарат кылууда. (Туурасын Аллах билет.)

Куранда өмүр сүрүп жаткан кезде жер жүзүнөн жүздөгөн жыл кетип, кайра кайткан башка мисалдар да кабар берилет.

## Жүз жылдан кийин тирилтилген киши

Бул мисалдардын бири Бакара Сүрөсүндө баяндалган **«жүз жыл өлгөнү»** айтылган бир адамдын өмүрү менен байланыштуу:

**Же асты үстүнө келген, эч ким жашабаган бир шаарга жолуккан сыяктууну (көргөн жоксуңбу?) Айтты эле: «Аллах бул жерди өлүмүнөн кийин кантип тирилтет болду экен?» Буга жооп катары Аллах аны жүз жыл өлүү абалда койду, кийин аны тирилтти. (Жана ага) Айтты: «Канча болдуң?» Ал: «Бир күн же бир күндөн аз болдум» деди. (Аллах ага:) «Жок, жүз жыл болдуң (уктадың), бирок тамагыңды жана суусунуңду кара, али бузула элек; эшегиңди бир кара; сени инсандарга өрнөк-далил кылуубуз үчүн (муну мындай кылдык). (Эшектин) Сөөктөрдү кара кандайча аларды бириктиргенибизди, кийин аларга эт кийгизгенибизди? деди. Ага (кишиге) баары белгилүү болгондон кийин ал айтты: «(Эми) Чындыгында Аллахтын бардык нерсеге күчү жете турган экендигин билем.» (Бакара Сүрөсү, 259)**

Жогоруда айтып кеткендей, аяттарда Аз. Иса (ас)дын жанынын алынганы айтылат. Жогорудагы аятта болсо толук бир **өлүм (мевт)** айтылган. Ошондуктан чындап өлгөн бир кишинин да Аллахтын каалоосу менен бул дүйнөдө кайра тирилтилгени Куранда кабар берилген бир чындык. Куранда ушуга окшогон башка окуялардан да мисалдар берилет.

## Кехф элинин (үңкүр ээлеринин) көп жыл өткөн соң ойготулушу

Бул жагдайга ишарат кылган дагы бир мисал болсо – бул Кехф Сүрөсүндөгү «Асхабы Кехф» окуя баяны.

Аллах өз доорунун динге каршы өкүмдарынын зулумдугунан коргонуу үчүн үңкүргө корголонгон бир жаштар тобу жөнүндө кабар берген бул баянда (кысса) алардын көп жылдар уктаган соң кайра ойготулганы айтып берилет.

Аяттар төмөнкүдөй:

**Ал жаштар, үңкүргө корголонушканда, мындай дешкен: «Раббибиз, Кабатыңдан бизге бир мээрим бер жана ишибизден бизге тууралы**

**жеңилдет (бизди ийгиликтүү кыл).**

**Ушундайча үңкүрдө жылдар бойу алардын кулактарына урдук (терең бир уйку бердик). (Кехф Сүрөсү, 10-11)**

**Сен аларды ойгоо деп ойлойсуң, бирок алар (терең уйкуда) уктап жатышат. Биз аларды оң тарапка жана сол тарапка айлантып турдук. Иттери болсо эки колун сунуп жаткан. Аларды көргөнүңдө, алардан артка бурулуп качмаксың, алардан ичиңди коркуу каптамак.**

**Ушундайча, бири-биринен сурашсын деп аларды тирилттик (ойготтук). Араларынан бир сүйлөөчүсү айтты: «Канча турдуңар?» Айтышты: «Бир күн же күндүн бир (канча сааттык) бөлүгүнчөлүк турдук.» Айтышты: «Канча турганыңарды (болгонуңарды) Раббиңер жакшыраак билет; эми бирөөңөрдү мобул акчаңар менен шаарга жөнөткүлө, кайсы тамак таза болсо карап, силерге андан бир ырыскы алып келсин; бирок өтө этият болсун жана силерди эч кимге сездире көрбөсүн. (Кехф Сүрөсү, 18-19)**

Куранда жаштардын үңкүрдө канча жыл турганы так айтылбайт. Ал жөнүндө «жылдар бою» деп айтылат, мындан мөөнөттүн өтө кыска эмес экени түшүнүктүү болот. Мындан тышкары, канча мөөнөт турганы жөнүндө адамдардын божомолдошу да өтө узун бир мөөнөт болгон 309 жыл:

**Алар үңкүрлөрүндө үч жүз жыл турушту жана дагы тогуз (жыл). Айткын: «Канчалык турушканын Аллах жакшыраак билет. Асмандардын жана жердин кайып кабарлары Аныкы. Ал кандай жакшы көрүүдө жана кандай жакшы угууда. Андан башка алардын бир досу (велиси) жок. (Ал) Өз өкүмүндө эч кимди орток кылбайт.» (Кехф Сүрөсү, 25-26)**

Дүйнө шарттары боюнча адамдардын мынча көп убакыт укташы мүмкүн эмес. Ошондуктан бул аятта биз билген маанидеги бир уйкуга эмес, Кехф элинин убакыт менен мейкиндик болбогон башка бир чен-өлчөмгө алынышына жана кайрадан дүйнөгө жөнөтүлүшүнө ишарат кылынып жатышы ыктымал. (Туурасын Аллах билет.)

Уйкудан ойгонгон адамдар сыяктуу бул кишилер да кайрадан жашоого кайтышкан. Ошол сыяктуу, Аз. Иса (ас) да убактысы келгенде кайрадан дүйнөдөгү жашоого кайтып, Аллах ага тапшырган барктуу милдетин орундаткан соң, **«Айтты: «Ал жерде (дүйнөдө) жашап, ал жерде өлөсүңөр жана ал жерден чыгарыласыңар.»** (Аьраф Сүрөсү, 25) өкүмүнүн бир талабы катары бүт адамдар сыяктуу дүйнөдө өлөт. (Туурасын Аллах билет.)

# ХАДИСТЕРДЕ АЗ. ИСА (АС)ДЫН ЭКИНЧИ ЖОЛУ ЖЕР БЕТИНЕ КАЙТЫШЫ

Аз. Иса (ас)дын Аллах Кабатында тирүү экени жана акыр заманда жер жүзүнө кайра келээри хадистерде кеңири орун алган. Эң чоң жана ишенимдүү хадис булактары катары кабыл алынган ***Кутуби Ситте***де, Имам Маликинин ***Муватта***сында, Ибн Хузейме менен Ибн Хиббандын ***Сахих***теринде, Ибн Ханбел жана Тайалисинин ***Мүснед***деринде Аз. Иса (ас) жөнүндө хадистер бар. Мындан тышкары, көптөгөн Ислам аалымдары Аз. Иса (ас)дын өлбөгөнү жана жер жүзүнө кайра келээри жөнүндө изилдөө, анализдерди жасашып, бул багытта булак боло турган ар кандай китеп, трактаттарды даярдашкан.

Аз. Иса (ас)дын Аллах Кабатында тирүү экени жана кайрадан дүйнөгө келээри жөнүндө жыйынтыгын айткан Ислам аалымдарынын башында мезхеп имамыбыз болгон Эбу Ханифа (Имам Азам) турат. Эбу Ханифа ***Фыкхы Экбер*** аттуу эмгегинин акыркы бөлүмүндө мындай дейт:

***Дажжалдын, Яжуж менен Мажуждун чыгышы, күндүн батыштан чыгышы, Аз. Иса (ас)дын асмандан түшүшү жана башка кыямат алааматтары, сахих (ишенимдүү) кабарларда жеткирилгендей, акыйкат, болот.*** *(Ebu Hanife, Nu'man b. Sabit (150/767), Fıkh-ı Ekber, Çeviren: H. Basri Çantay, Ankara, 1982)*

Аз. Иса (ас)дын келиши жөнүндө риваят кылынган хадистер теватур даражасында. Көп изилдөөчүлөр да аалымдарыбыздын пикирлеринин ушундай экенин айтышат. Теватурдун аныктамасы ***Чоң Лугатта (Büyük Lugat)*** мындайча жасалган:

**ТЕВАТУР:** Күчтүү кабар, ичинде калп ыктымалы болбогон жана бир жамаатка таянган күчтүү (ишенимдүү) кабар.

**МҮТЕВАТИР ХАДИС** болсо – бул жалгандан ойлоп табуу үчүн бириге албай турганчалык көп сандагы бир жамаат тарабынан риваят кылынган хадистер.

Ислам аалымы Сейийд Шериф Гүржани мүтеватир хадис түшүнүгүн мындайча түшүндүрөт:

**МҮТЕВАТИР КАБАР** – бул равилердин (риваят кылгандардын) саны ушундай бир даражага жеткен бир кабар; анча көп риваятчынын жалган ойлоп табуу үчүн биригиши мүмкүн эмес болот. Мындай риваят кылынган кабар жөнүндө лафыз (сөздөр) менен маанилер дал келсе, ал «мүтеватир-и лафзи» деп аталат. Эгер баарынын арасында орток мааниде биримдик болуу менен бирге лафыздар (сөздөр) арасында карама-каршылыктар бар болсо, ал «мүтеватир-и маневи» деп айтылат. *(Muhtasar-ı Seyyid-i Şerif, б. 46)*

Аз. Иса (ас) менен байланыштуу куттуу хадистердин кээ бирлери мындай:

***Аллахка ант, сөзсүз жана сөзсүз Мерйем уулу Иса түшөт, адилеттүү бир өкүм берүүчү, адилеттүү бир өкүмдар катары түшөт...*** *(Sahih-i Müslim (Сахихи Муслим), Bir Şerhin-Nevevi, том II, б. 192; Kitab-ul İman, Bab-u Nuzül-i İsa İbn-i Meryem, Kenzul Ummal, 14/332)*

***Иса бин Мерйем адилеттүү бир өкүм берүүчү жана адилеттүү бир имам катары түшмөйүнчө кыямат болбойт...*** *(Sünen-i İbni Mace (Сүнени Ибни Маже), 10/340)*

***Напсим кудурет колунда болгон Аллахка ант ичем, Мерйем уулу Исанын адилеттүү абалда түшүшү жакын...*** *(Ebu Hureyre ra / Buhari (Бухари), Büyu 102, Mezalim 31, Enbiya 49; Müslim (Муслим), İman 242 (155); Ebu Davud (Эбу Давуд), Melahim 14 (4324); Tirmizi (Тирмизи), Fiten (Фитен) 54 (2234)*

***Анан Мерйем уулу Иса түшөт жана Мусулмандардын амири ага: «Кел, бизге намаз кылдыр» дейт. Анда Аз. Иса: «Жок, Аллахтын бул үммөткө бир тартуусу катары силердин кээ бирлериңер кээ бирлериңерге амирсиңер (башчысыңар)» дейт.*** *(Sahih-i Müslim (Сахихи Муслим), т. 1, б. 209)*

***Аны менен (Аз. Иса менен) менин ортомдо эч бир пайгамбар жок. Ал (Аз. Иса) күмөнсүз түшөт. Аны көргөнүңөрдө таанысыла! Ал орто бойлуу, өңү агыш кызыл. Сарыга бойолгон эки кийимчен болот. Жамгыр жаабаса да чачынан суу тамат. Ислам үчүн (илимий) күрөш жүргүзөт. Дажжалиятты жок кылат, анан жер жүзүндө толук кырк жыл турат. Анан өлөт жана намазын Мусулмандар кылышат.*** *(Buhari, Müslim, Ebu Davud ve Tirmizi (Бухари, Муслим, Эбу Давуд жана Тирмизи), Büyük Hadis Külliyatı (Чоң хадис жыйнагы), Rudani, 5-том, б. 380)*

***«Имамыңар силерден болгон абалда Мерйем уулу (Иса) араңарга түшкөндө кандай болот экенсиңер?» деди.*** *(Sahih-i Müslim (Сахихи Муслим), т. 1, б. 208)*

# 4- Бөлүм

# АЗ. ИСА (АС) МЕНЕН АЗ. МЕХДИ (АС) ДООРУНДА БОЛО ТУРГАН АЛТЫН КЫЛЫМ

## АЗ. ИСА (АС) ЖАНА АЗ. МЕХДИ (АС) ДООРУ ЖАНА АЛТЫН КЫЛЫМ

Пайгамбарыбыз (сав)дан риваят кылынган көптөгөн хадисте дүйнө жүзүндө Ислам ахлагы орной турган бир доор болооруна ишарат кылынат. «Алтын кылым (доор)» деп аталган бул доор, хадистерден да көрүнүп тургандай, «Асры Саадет» (Пайгамбарыбыз убагындагы бакыт доору) сыяктуу бир доор болот.

Адамдар алтын кылымда жашоолорунан ушунчалык ыраазы болушкандыктан, бир хадисте айтылгандай, «убакыттын кантип өткөнүн билбей калышат, сонун жыргалчылыктардан көбүрөөк пайдалануу үчүн Аллахтан өмүрлөрүнүн узарышын» тилешет. Пайгамбарыбыз (сав)дын башка бир сөзүндө Алтын кылымдагы абал мындайча сүрөттөлөт:

... Кичинелер аттиң чоң болгонумда, чоңдор болсо аттиң мен кичине болгонумда дешет... Жакшы адамдардын жакшылыгы көбөйөт, жамандарга да жакшылык кылынат.

*(Kitab-ül Burhan Fi Alamet-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, б. 17)*

## АЗ. МЕХДИ (АС) ДООРУНДА ЭЧ КЕЗДЕШПЕГЕН МОЛЧУЛУК БОЛУШУ

Үммөтүмдө Аз. Мехди (ас) бар. Адамдар ага келишип: «Эй Мехди! Мага да бер, мага да бер!» дешет; **Аз. Мехди (ас) болсо анын этегин көтөрө алышынча толтурат.** *(Tirmizi, Fiten, B. 53, H 2223; İbn Mace, Fiten, B 34, H 4083)*

Үммөтүмдүн арасында Аз. Мехди (ас) болот. **Менин үммөтүм ал доордо ушундай бир байлыкка жетет, ал күнгө чейин эч качан андай болгон эмес. Жер жемишин (азыктарын) берет жана адамдардан эч нерсе жашырбайт (бербей койбойт).** Мал-мүлк да ал күнү өтө көбөйгөн болот.

*(Sünen-i İbn Mace, 10/347)*

Ал кезде үммөтүм, жакшысы да, жаманы да баары **эч көрбөгөндөй нематтар менен сыйланышат.** *(Kitab-ül Burhan Fi Alamet-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, б. 16)*

Анын (Аз. Мехди (ас)дын) убагында **адам бир канча ууч урук таштап, 700 ууч түшүм алат.** *(Kıyamet Alametleri, б. 164)*

Анын убагында **агып жаткан суулар да суусун көбөйтүшөт.** Аз. Мехди (ас) казыналарды чыгарат... *(El Kavlu'l Muhtasar Fi Alamatil Mehdiyy-il Muntazar, б. 36)*

Сөзсүз ал кезде **мал-мүлк көбөйүп суудай агат, аны эч ким (барктап) кабыл албайт.** *(Ölüm-Kıyamet-Ahiret ve Ahir Zaman Alametleri, б. 464)*

**... Жер ичиндеги боорлору болгон алтын, күмүштү сыртка учуруп ыргытат...** *(Kıyamet Alametleri, б. 197)*

Жана Мухаммед үммөтүнүн жүрөктөрүн байлык менен толтурат жана адилеттикти аларга жайгаштырат. Ушунчалык даражага жеткендиктен, бир жарчыга **«Кимдин муктаждыгы бар болсо мага келсин» жеп жар салышы буйрулганда, бир кишиден башка эч ким келбейт.** Ал киши сурайт. Ал болсо «Казыначыга бар, сага берсин» дейт. Ал болсо «Аз. Мехди (ас) жөнөттү» деп айтып, казыначыдан күчү жетишинче мал-мүлк алат. Бирок кийин бушайман болуп «Мен баарынан көбүрөөк муктажмынбы, эч ким барган жок, мен бардым» деп алган мал-мүлкүн кайра тапшыргысы келет. Анда казыначы мындай дейт: «Биз бергенибизди кайра албайбыз.»

*(Ali Bin Hüsameddin El Muttaki, Celaleddin Suyuti'nin Tasnifinden Hadisler – Ahir Zaman Mehdisinin Alametleri, Kahraman Neşriyat, б. 13)*

(Аз. Мехди (ас) убагында) **ТОПУРАК КАЗЫНАЛАРЫН ЧЫГАРАТ.** *(Mikyaal al-Makaarim том 1, б. 46)*

(Аз. Мехди (ас) убагында) Топурактын (жердин) **ЖАШЫРУУН КАЗЫНАЛАРЫ ЖАНА КЕНДЕРИ** чыгат. Адамдар ал казыналарды чындап жер бетинде көрүшөт.

*(Bihar-ül Envar, том 52, б. 337; E'qd al-Dorar, б.149; Mo'jam Ahaadees al-İmam Mehdi (a.s), том 1 бет 230 Сахих Муслимден алган.)*

(Аз. Мехди (ас) убагында) **АСМАНДАН МЭЭРИМ (РАХМАТ) ЖААЙТ. ДАРАКТАР ГҮЛДӨРГӨ ТОЛОТ ЖАНА ТОПУРАК (ЖЕР) ЖАШЫЛДЫГЫН** жайат.

*(Bihar-ül Envar, том 52, бет 316 Khesaal'дан алган; Mikyaal al-Makaarim, том 1, бет 101, 247.)*

Имам Мехди (ас)дын өкмөтү (руханий өкүмдарлыгы) убагында **ЧОҢ КӨЧӨЛӨР КӨБӨЙӨТ** (б.а. көчөлөр өтө чоң жана кенен болот).

*(Bihar-ül Envar, том 52, бет 333; Mikyaal al-Makaarim, том 1, бет 294 Şeyh Tusi (ar)'нин gaybet'инен алынган).*

(Аз. Мехди (ас) убагында) **СЕЛГЕ ТОЛГОН ДАРЫЯЛАР БҮТ ТАРАПКА АГАТ ЖАНА СУУ БААРЫ ҮЧҮН КОЛДОНУЛА АЛА ТУРГАН** жана түрдүү болот.

*(İküddürer, бет 149; Muntakhab al-Asar, бет 157)*

Ал кезде (Аз. Мехди (ас) доорунда) **БОДО МАЛДАРДЫН САНЫ КӨБӨЙӨТ** жана адамдар алардан эң көп пайда чыгарышат.

*(Tarikh maa Ba'd al-Zuhoor, бет 772)*

Замандын Имамынын (Аз. Мехди (ас)) куту себептүү **ЖАКШЫЛЫК МЕНЕН НЕМАТТАР ЭСЕЛЕНИП КӨБӨЙӨТ.**

*(Muntakhab al-Asar, бет 157)*

Ал доордо (Аз. Мехди (ас) доорунда) **ДЫЙКАНЧЫЛЫК МЕНЕН АЙЫЛ-ЧАРБАСЫ МҮМКҮН БОЛГОН ЭҢ КӨП ТҮШҮМДҮ БЕРЕТ. БИР УРУКТАН 700 ДАН АЛЫНАТ.**

*(Бакара Сүрөсү, 261-аят (2/261- Мал-мүлктөрүн Аллах жолунда сарптагандардын (кайыр-садака кылгандардын) мисалы жети башак байлаган, ар бир башагы жүздөн уруктуу жалгыз бир уруктун мисалындай. Аллах каалаганына эсе эсе көбөйтөт. Аллахтын (берешендиги) көп, (Ал баарын) билүүчү.) E'qd al-Dorar бет 159; Al-Malaahem wa al-Fetan, Бөлүм 204, бет 97)*

**БАЙЛЫК БОЛУШУ**

Үммөтүм арасында Аз. Мехди (ас) чыгат. **Аллах аны адамдарды бай кылуу үчүн жөнөтөт.** Үммөт нематтарга бөлөнөт, жаныбарлар көп көп жеп ичишет, жер жемишин чыгарат, мал-мүлк деңгээл менен берилет. *(Kitab-ül*

*Burhan Fi Alamet-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, б. 15)*

**Аллах анын (Аз. Мехди (ас)дын) колу менен жакырчылыкты кетирет** жана Мехди Дамаскка түшөт.

*(Kitab-ül Burhan Fi Alamet-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, б. 66)*

Жана Мухаммед үммөтүнүн **жүрөктөрүн байлыкка толтурат** жана адилеттикти аларга орнотот. *(Ali Bin Hüsameddin El Muttaki, Celaleddin Suyuti'nin Tasnifinden Hadisler – Ahir Zaman Mehdisinin Alametleri, Kahraman Neşriyat, б. 13)*

Мухаммед **үммөтүнүн көңүлү байлыкка толот.**

*(El-Kavlu'l Muhtasar fi Alamatil Mehdiyy-il Muntazar, б. 20)*

## МАЛ-МҮЛКТҮН САНАЛБАСТАН БЕРИЛИШИ

Акыр заманда бир халифа (Аз. Мехди (ас)) (руханий лидер) болот, **мал-мүлктү санап эсептебестен таркатат.** *(Kitab-ül Burhan Fi Alamet-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, б. 15)*

Амирлериңерден бир амир (Аз. Мехди (ас)) болот, **мал-мүлктү санабайт**. Бирөө андан мүлк сураганда, «Ал» дейт, ал болсо кийимин жайат жана ал аны толтурат. *(Kitab-ül Burhan Fi Alamet-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, б. 15)*

## ЖАМГЫРДЫН КӨП ЖААШЫ

Ал (Аз. Мехди (ас)) жер жүзүн адилеттикке толтурат. Жер жемишин берет, **асман болсо жамгырын жаадырат.** Үммөтүм мурда болуп көрбөгөндөй нематтар менен сыйланат. *(İbn Ebi Şeybe, т VII, б. 512-513; Ali Bin Hüsameddin El Muttaki, Celaleddin Suyuti'nin Tasnifinden Hadisler – Ahir Zaman Mehdisinin Alametleri, Kahraman Neşriyat, б. 35)*

(Аз. Мехди (ас) убагында) **асман жамгырынан эч нерсе аябайт жана жоомарттык менен мол жаадырат.** Жер жүзү өсүмдүктөрүнөн эч бирин кем кылбайт жана сөзсүз аларды толук өстүрүп чыгарат... *(Saati, H 143, т. XXIV, б. 50; Ölüm-Kıyamet-Ahiret ve Ahir Zaman Alametleri, б. 437)*

Анын (Аз. Мехди (ас)дын) убагында үммөттүн жакшылары да, жамандары да эч болуп көрбөгөндөй көп нематтарга жетишет. **Көп жамгыр жааганына карабастан, бир тамчысы да текке кетпейт,** топурак жалгыз урук сурабастан өндүрүмдүү жана берекелүү болот. *(El-Kavlu'l Muhtasar fi Alamatil Mehdiyy-il Muntazar, б. 20-21)*

## АЗ. МЕХДИ (АС) ЭЧ КЕЗДЕШПЕГЕН БИР АДИЛЕТТИК ТҮШҮНҮГҮНӨ ЭЭ БОЛОТ

Кыяматтын болушу үчүн бир күндөн башка убакыт калбаган болсо да, Аллах менин Эхли Бейтимден бир затты (Аз. Мехди (ас)) жөнөтөт; жер жүзү зулумдукка толгон сыяктуу, **АЛ ЖЕР ЖҮЗҮН АДИЛЕТТИККЕ ТОЛТУРАТ**. *(Sünen-i Ebu Davud, 5/92)*

**Ыймандуулардын Мырзасы (а.с) айтат: «... ИМАМ (АЗ. МЕХДИ (АС)) ЭМНЕНИН ТУУРА ЭМНЕНИН ТУУРА ЭМЕС ЭКЕНИН ЖАКШЫ БИЛЕТ. ЖАМАН ӨКҮМДӨРДҮ ҮСТҮҢӨРДӨН АЛЫП ТАШТАЙТ. (АЗ. МЕХДИ (АС)) КОРКУНУЧТАРЫҢАРДЫН АЛДЫН АЛАТ ЖАНА АДИЛЕТСИЗ БАШКАРУУЧУЛАРЫҢАРДЫ ТААСИРСИЗ КЫЛАТ ЖАНА ДҮЙНӨНҮ ЧЫНЧЫЛ ЭМЕСТЕРДЕН ТАЗАЛАЙТ. АКЫЙКАТ МЕНЕН ИШ-АРАКЕТ ЖҮРГҮЗӨТ ЖАНА СИЛЕРДИН АРАҢАРДА ЫНСАПТУУ БИР АДИЛЕТТИК ТАРАЗАСЫН КУРАТ...** Күтсөңөр сыйланасыңар жана силердин адилетсиздикке кабылганыңардын кегин ала тургандын жана **АКЫЛАРЫҢАРДЫН КУТКАРУУЧУСУНУН ОШОЛ ЭКЕНИН СӨЗСҮЗ ТҮШҮНӨСҮҢӨР**. Чындап Аллах атына ант ичем, чындыгында Аллах динчил жана жакшылык кылган кишилер менен бирге.» *(Kitab-ül Gaybet, [Bihar-ul Envar, том 51], Ansariyan Yayıncılık, derleyen: Muhammed Bakır el-Meclisi, İran-Kum, 2003, б. 182)*

Аз. Мехди (ас) менден, жер жүзү зулумдук менен кыйноого толгон сыяктуу, **АНЫ ЧЫНЧЫЛДЫК МЕНЕН АДИЛЕТТИККЕ ТОЛТУРАТ.** *(Süneni-i Ebu Davud, 5/93)*

Бул (Амир) болсо (Аз. Мехди (ас)) адамдар жер жүзүн мурда зулумдукка толтурган сыяктуу **ЖЕР ЖҮЗҮН АДИЛЕТТИККЕ ТОЛТУРАТ**. *(Sünen-i İbn-i Mace, 10/348)*

Зулумдук менен бузукулукка толгон **ДҮЙНӨ АЛ (АЗ. МЕХДИ (АС)) КЕЛГЕН СОҢ АДИЛЕТТИККЕ ТОЛУП ТАШАТ.** *(El Kavlu'l Muhtasar Fi*

*Alamatil Mehdiyy-il Muntazar, б. 20)*

**АЗ. МЕХДИ (АС) УБАГЫНДА АДИЛЕТТИК УШУНЧАЛЫК ЖОГОРУ БОЛГОНДУКТАН,** мажбурлап алынган мал-мүлктүн баары ээсине кайра кайтарылып берилет. *(El-Kavlu'l Muhtasar Fi Alamatil Mehdiyy-il Muntazar, б. 23)*

Аз. Мехди (ас)га араларында аялдар да болгон 314 киши моюн сунат жана ар бир заалым анын алдында жеңилет. **ЗАМАНЫ УШУНЧАЛЫК АДИЛЕТТҮҮ БОЛГОНДУКТАН, КАБЫРДАГЫ ӨЛҮКТӨР ТИРҮҮЛӨРГӨ СУКТАНЫШАТ...** *(El-Kavlu'l Muhtasar Fi Alamet-il Mehdiyy-il Muntazar, б. 22)*

Адамдар, бал аарыларынын башчыларынын айланасында чогулушу сыяктуу, Аз. Мехди (ас)дын айланасында чогулушат. **МУРДА ЗУЛУМДУККА ТОЛГОН ДҮЙНӨНҮ АЛ АДИЛЕТТИККЕ ТОЛТУРАТ. АДИЛЕТТИГИ УШУНДАЙ (БИЙИК) ДАРАЖАДА БОЛГОНДУКТАН, УКТАП ЖАТКАН БИР АДАМ ДА ОЙГОТУЛБАЙТ ЖАНА БИР ТАМЧЫ КАН ДА ТӨГҮЛБӨЙТ. ДҮЙНӨ «АСРЫ СААДЕТ» ДООРУНА КАЙРА КАЙТКАНДАЙ БОЛОТ.** *(El-Kavlu'l Muhtasar Fi Alamet-il Mehdiyy-il Muntazar, б. 29)*

**АНЫН (АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН) АДИЛЕТИ БҮТ ТАРАПТЫ КАПТАЙТ** жана адамдар арасында Аз. Пайгамбар (сав)дын сүннөтү менен мамиле кылат. Ал тургай, бирөөгө мал-мүлккө муктаж болгон ким бар болсо чакыр дейт, ал киши буйругун орундатканда, бир киши гана келет. *(El-Kavlu'l Muhtasar Fi Alamet-il Mehdiyy-il Muntazar, б. 20)*

Аз. Мехди (ас) менен сүйүнчүлөшкүлө. Ал Курейштен жана Эхли Бейтимден бир киши. Ал адамдар карама-каршылыктар жана социалдык чайпалуулар ичинде болгон бир убакта чыгат. **АЛ (АЗ. МЕХДИ (АС)) ЖЕР ЖҮЗҮН, АНДАН МУРДА ЗУЛУМДУК МЕНЕН КЫСЫМЧЫЛЫККА ТОЛТУРУЛГАН СЫЯКТУУ, АДИЛЕТТИК МЕНЕН ЫНСАПКА (мээримге) ТОЛТУРАТ.** *(Hz. Ebu Said el Hudri r.a. / Ramuz El-Ehadis 1-том, бет 7, № 7) Kitab-ül Burhan fi Alamet-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, б. 13)*

**АЛ (АЗ. МЕХДИ (АС)) ЖЕРГЕ КОЖОЮН БОЛОТ ЖАНА АНДАН МУРДА КЫСЫМЧЫЛЫК МЕНЕН ЗУЛУМДУККА ТОЛГОН ЖЕРДИ АДИЛЕТТИККЕ ТОЛТУРАТ.** Силерден ким ага жетсе, кар үстүндө сойлоп болсо да ага келип, ага кошулсун. Себеби ал Аз. Мехди. *(Kitab-ül Burhan fi*

*Alamet-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, б. 14) (Hz. İbn-i Mes'ud RA (Büyük Kıyamet Alametleri, 135/3)*

Жер жүзү зулумдук менен душмандыкка толгон соң, сөзсүз менен Эхли Бейтимден бирөө (Аз. Мехди (ас)) чыгат. **ЖАНА МУРДА КАНТИП ЗУЛУМДУК МЕНЕН ДУШМАНДЫККА ТОЛГОН БОЛСО, АЛ ДҮЙНӨНҮ АДИЛЕТТИККЕ ТОЛТУРАТ.** *(Kitab-ül Burhan fi Alamet-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, б. 11)*

Менден кийин ... **ЭХЛИ БЕЙТИМДЕН БИР КИШИ (АЗ. МЕХДИ (АС)) КЕЛИП, АЛ ЖЕР ЖҮЗҮН АДИЛЕТТИККЕ ТОЛТУРАТ.** *(Hz. Ebdurrahman Ibni Kays (r.a), Ramuz El-Ehadis 2- том, бет 518, № 4)*

Жер жүзү зулумдук менен душмандыкка толмоюнча кыямат болбойт. **АНДАН СОҢ ЭХЛИ БЕЙТИМДЕН ЖАНА МЕНИН УРПАГЫМДАН БИР КИШИ (АЗ. МЕХДИ (АС)) ЧЫГЫП, ЖЕР ЖҮЗҮН АДИЛЕТТИК МЕНЕН ЧЫНЧЫЛДЫККА ТОЛТУРАТ.** *(İmam-ı Ahmed, İbn'i Hibban, Hakim.)*

Дүйнөдө бир күн калса дагы (кыямат келбестен) Аллах ал күндү созот, аты атыма, атасынын аты болсо атамдын атына туура келген **ЭХЛИ БЕЙТИМДЕН СӨЗСҮЗ БИР КИШИ (АЗ. МЕХДИ (АС)) КЕЛИП, МУРДА ЗУЛУМДУК МЕНЕН АДИЛЕТСИЗДИККЕ ТОЛГОН ЖЕР ЖҮЗҮН АДИЛЕТТИК МЕНЕН ЫНСАПКА (мээримге) ТОЛТУРАТ.** *(Ebu Davud ve Tirmizi / Büyük Hadis Külliyatı, Rudani 5- том, б. 365)*

Эч күмөнсүз; жер адилетсиздик, кайгы менен зулумдукка толот. Зулумдук менен кайгыга толгон кезде, **АЛЛАХ ЭХЛИ БЕЙТИМДЕН АТЫ МЕНИН АТЫМДА, АТАСЫНЫН АТЫ АТАМДЫН АТЫНДА БИР АДАМДЫ (АЗ. МЕХДИ (АС)) ЖӨНӨТҮП, ДҮЙНӨНҮ АДИЛЕТТИККЕ ЖАНА АКЫЙКАТКА ТОЛТУРАТ.** Мурда зулумдук менен адилетсиздикке толгон сыяктуу. *(Hz. Muaviye Ibni Kur'an r.a. / Ramuz El-Ehadis 2- том, б. 346, № 6)*

Дүйнөдөн бир күн эле калса дагы, **УЛУУ АЛЛАХ** сөзсүз зулумдук менен адилетсиздик, кайгыга толтурган сыяктуу **ЖЕР ЖҮЗҮН ЧЫНЧЫЛДЫК МЕНЕН АДИЛЕТТИККЕ ТОЛТУРУШУ ҮЧҮН АТЫ АТАМДЫН АТЫНА ТУУРА КЕЛГЕН МЕНДЕН (ЭХЛИ БЕЙТИМДЕН) БИРӨӨНҮ (АЗ. МЕХДИ (АС)) ЖӨНӨТҮҮ ҮЧҮН АЛ КҮНДҮ СОЗМОК.** *(Ebu Davud ve Tirmizi)*

**АЗ. МЕХДИ (АС) АДИЛЕТТҮҮ БИР ӨКҮМ ЧЫГАРУУЧУ КАТАРЫ ЧЫГАТ...** *(El-Kavlu'l Muhtasar Fi Alamet-il Mehdiyy-il Muntazar, б. 31)*

Али Бин Эби Талибден (ра) риваят кылынган. Расулуллах (сав) мындай деген:

«Дехрден бир күндөн башка калбаса дагы, Аллах **МУРДА ЗУЛУМДУККА ТОЛТУРГАН СЫЯКТУУ, АНЫ АДИЛЕТТИККЕ ТОЛТУРА ТУРГАН ЭХЛИ БЕЙТИМДИН БИРӨӨНҮ СӨЗСҮЗ ЖӨНӨТМӨК.»** (Эбу Давуд алып жазган.) *(Fi Zilali'l- Kuran'da Kıyamet ve Alametleri, Ahmed Faiz, 1993, б. 113)*

Дүйнө жашоосунун бир күнү калса, Аллах Таала ал күндү созуп, менин Эхли Бейтимден бирөөнү (Аз. Мехди (ас)) жөнөтөт. Анын ысмы менен ысмым сыяктуу. Атасынын ысмы атамдын ысмы сыяктуу. **ЗУЛУМДУК МЕНЕН ЖАМАНДЫККА ТОЛГОН ДҮЙНӨНҮ АДИЛЕТТИК МЕНЕН ЧЫНЧЫЛДЫККА ТОЛТУРАТ.** *(Büyük Fitne Mesih Deccal, Saim Güngör, Patuk Yayınları, б. 80) (Ebu Davud ve Tirmizi / Büyük Hadis Külliyatı, Rudani, 5-том, б. 365)*

Эй Аббас, бул ишти Аллах мени менен баштады. Сенин урпактарыңдан бирөө менен бүтүрөт. **АЛ ЭР ЖИГИТ (АЗ. МЕХДИ (АС)) ДҮЙНӨНҮ, МУРДА ЗУЛУМДУККА ТОЛГОН СЫЯКТУУ, КАЙРАДАН АДИЛЕТТИККЕ ТОЛТУРАТ...** *(Hz. Ammar İbn-i Yaser RA (Büyük Kıyamet Alametleri, 498/1)*

**ЖЕР ЖҮЗҮ ЗУЛУМДУК МЕНЕН КЫЙНООНУН ОРДУНА АДИЛЕТТИККЕ ТОЛОТ. (АЗ. МЕХДИ (АС)) БҮТ НЕРСЕНИ АКЫЙКАТ ЖАНА АДИЛЕТТИК ЧЕН-ӨЛЧӨМДӨРҮНӨ КАРАП БИРДЕЙ ТАРКАТАТ.** Ошентип жер менен асман тургундары андан ыраазы болгон сыяктуу, абадагы куштар, токойдогу жырткыч айбандар, деңиздеги балыктар да ыраазы болушат. *(İmam Suyuti, Kıyamet Alametleri, Ölüm ve Diriliş, б. 1699, б. 175)*

... Эбу Хамза-и Сомалиден: Бир күнү Имам Мухаммед Бакыр алейхиссаламдын жанында отурган элем. Жанындагылар таркап кеткен соң мага мындай деди: «Эй Эбу Хамза! Аллахтын жанында өзгөрбөс болгон анык өкүмдөрдүн бири – бул Аз. Мехдибиз (ас)дын кыямы... **ЖЕР ЖҮЗҮ ЗУЛУМДУК МЕНЕН ТАШ БООРДУККА ТОЛГОН СОҢ, АДИЛЕТТИК МЕНЕН ТЕҢДИККЕ ТОЛТУРА ТУРГАН АЗ. МЕХДИ (АС)...** *(Şeyh Muhammed b.İbrahim-i Numani, Gaybet-i Numani, б. 90-91)*

Ыймандуулардын Мырзасы (сав) айтат: **«... ИМАМ (АЗ. МЕХДИ (АС)) ЭМНЕНИН ТУУРА ЭМНЕНИН ТУУРА ЭМЕС ЭКЕНИН ЖАКШЫ БИЛЕТ. ЖАМАН ӨКҮМДӨРДҮ ҮСТҮҢӨРДӨН АЛЫП ТАШТАЙТ. (АЗ. МЕХДИ (АС)) КОРКУНУЧТАРЫҢАРДЫН АЛДЫН АЛАТ ЖАНА АДИЛЕТСИЗ БАШКАРУУЧУЛАРЫҢАРДЫ ТААСИРСИЗ КЫЛАТ ЖАНА ДҮЙНӨНҮ ЧЫНЧЫЛ ЭМЕСТЕРДЕН ТАЗАЛАЙТ. АКЫЙКАТ МЕНЕН ИШ-АРАКЕТ ЖҮРГҮЗӨТ ЖАНА СИЛЕРДИН АРАҢАРДА ЫНСАПТУУ БИР АДИЛЕТТИК ТАРАЗАСЫН КУРАТ...** Күтсөңөр сыйланасыңар жана силердин адилетсиздикке кабылганыңардын кегин ала тургандын жана **АКЫЛАРЫҢАРДЫН КУТКАРУУЧУСУНУН ОШОЛ ЭКЕНИН СӨЗСҮЗ ТҮШҮНӨСҮҢӨР**. Чындап Аллах атына ант ичем, чындыгында Аллах динчил жана жакшылык кылган кишилер менен бирге.» *(Kitab-ül Gaybet, [Bihar-ul Envar, том 51], Ansariyan Yayıncılık, derleyen: Muhammed Bakır el-Meclisi, İran-Kum, 2003, б. 182)*

... Абд-и Хайрдан:

Эмирүлмүминин Али бин Эби Талиб алейхиссаламдын мындай дегенин уктум: «Расулуллах (саллаллаху алейхи ва алих) мага мындай деди:

... **«(АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН) Ысмы менин ысмым, ЖЕР ЖҮЗҮ ЗУЛУМДУК МЕНЕН ТАШ БООРДУККА ТОЛГОНДО ЧЫГАТ ЖАНА АНЫ АДИЛЕТТИК МЕНЕН ТЕҢДИККЕ ТОЛТУРАТ.»** *(Şeyh Muhammed b.İbrahim-i Numani, Gaybet-i Numani, б. 97-98)*

Жабир бин Абдуллахы Энсари айтат:

**ЖАНА ЖЕР ЖҮЗҮ ЗУЛУМДУК, АДИЛЕТСИЗДИК, ЖАМАНДЫККА ТОЛГОН СЫЯКТУУ, АЗ. МЕХДИ (АС) АНЫ АДИЛЕТТИК, ТЕҢДИК ЖАНА НУРГА ТОЛТУРАТ.** *(Şeyh Muhammed b.İbrahim-i Numani, Gaybet-i Numani, б. 278)*

Имам Зейнелабидин алейхиссаламдын небереси Али бин Өмер айтат: Имам Эбу Абдуллах, Жафери Садык алейхиссалам мындай деди:

**«МЕНИН УРПАКТАРЫМДАН БОЛГОН КАИМ (АЗ. МЕХДИ (АС))... ЖЕР ЖҮЗҮН ЗУЛУМДУК МЕНЕН ТАШ БООРДУККА ТОЛГОН СЫЯКТУУ, АДИЛЕТТИК МЕНЕН ТЕҢДИККЕ ТОЛТУРАТ.»** *(Şeyh Muhammed b.İbrahim-i Numani, Gaybet-i Numani, б. 217)*

Исхак бин Галиптен: Имам Жафери Садык алейхиссалам Аз. Мехди (ас)дын абалы менен мүнөздөрүн айтып берген бир кутбасында мындай деген:

**КЕНЕН НУРУ, КЕҢИРИ ШЫПААСЫ МЕНЕН АЧЫК, АКЫЙКАТ ЖАНА АШКЕРЕ БИР БАЯН МЕНЕН АДИЛЕТТИКТИ ИШКЕ АШЫРАТ.** *(Şeyh Muhammed b.İbrahim-i Numani, Gaybet-i Numani б. 267)*

... Ибни Эбу Хамзадан:

**АГА (АЗ. МЕХДИ (АС)ГА) АДИЛЕТТИК, ЫНСАП (мээрим) ЖАНА ИХСАН (берешендик, жакшылык кылуу) СЫПАТТАРЫ ТАРТУУ КЫЛЫНГАН.** *(Şeyh Muhammed b. İbrahim-i Numani, Gaybet-i Numani, б. 287)*

Хишам бин Салим айтат: Имам Жафери Садык алейхиссалам мындай деди:

«Аз. Мехди (ас) көрүнгөнгө чейин элдин бүт классы элди башкарат. Ошентип эч ким «эгер биз өкмөт болгонубузда адилеттикти ишке ашырмакпыз» дей албай калат. **АНДАН СОҢ КАИМ (АЗ. МЕХДИ) АЛЕЙХИССАЛАМ АКЫЙКАТ ЖАНА АДИЛЕТТИК МЕНЕН КЫЯМ ЭТЕТ.»** *(Şeyh Muhammed b.İbrahim-i Numani, Gaybet-i Numani, б. 322)*

**(АЗ. МЕХДИ (ас)) ЭЧ КИМДИ БАШКАСЫНАН ӨЙДӨ КӨРБӨЙТ.** *(El-Mehdiyy-il Mev'ud, б. 1, б. 264, 275, 277, 285, 287, 288, 311, 318, т. 2, б. 11)*

Фазл бин Йесар мындай дейт: Имам Жафери Садык алейхиссаламдын мындай дегенин уктум:

**«АЛЛАХКА АНТ БОЛСУН, ЫСЫК МЕНЕН СУУКТУН ҮЙЛӨРҮНӨ ТОЛУШУ СЫЯКТУУ, АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН АДИЛЕТИ ДА АЛАРДЫН ҮЙҮНӨ ТОЛОТ.»** *(Şeyh Muhammed b.İbrahim-i Numani, Gaybet-i Numani, б. 351)*

Аз. Мехди (ас) менин Эхли Бейтимден жана менин урпактарымдан. **АЛ (АЗ. МЕХДИ (АС)) ЖЕР ЖҮЗҮН АДИЛЕТТИККЕ ТОЛТУРАТ.** *(Ölüm, Kıyamet, Ahiret ve Ahir Zaman Alametleri, İmam Şarani, Bedir Yayınevi, б. 438, (816))*

**АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН АДИЛЕТИ УШУНДАЙ БОЛОТ: ЭЧ КИМГЕ, ЭЧ КАЧАН, КАНДАЙДЫР БИР ЖОЛ МЕНЕН АДИЛЕТСИЗДИК КЫЛЫНБАЙТ.** *(Kafi, т. 4, б. 427)*

Аз. Мехдинин (ас) сот жана өкүмдөрүндө, Аз. Мехди (ас)дын өкмөтүндө (руханий өкүмдарлыгында) **ЭЧ КИМГЕ БИР ИЙНЕНИН УЧУНДАЙ ДА ЗУЛУМДУК МЕНЕН АДИЛЕТСИЗДИК КЫЛЫНБАЙТ ЖАНА ЭЧ КИМ**

**КАПА КЫЛЫНБАЙТ.** *(El-Mehdiyy-il Mev'ud, т. 1, б. 280, 283, 284)*

**АЗ. МЕХДИ (АС) АДИЛЕТТИК ӨЛЧӨМҮ МЕНЕН ТАРАЗАСЫН ЭЛ АРАСЫНА КАЛТЫРАТ ЖАНА НАТЫЙЖАДА ЭЧ КИМ БАШКА БИРӨӨГӨ ЗУЛУМДУК КЫЛА АЛБАЙТ.** *(El-Mehdiyy-il Mev'ud, т. 1, б. 280, 283, 284)*

Аз. Мехди (ас) кыям эткенде **ЗУЛУМДУК МЕНЕН АДИЛЕТСИЗДИКТИ ЖОК КЫЛАТ ЖАНА ЖЕР ЖҮЗҮНҮН БҮТ ТАРАБЫН АДИЛЕТТИККЕ ТОЛТУРАТ.** *(Bihar'ül Envar, т. 51, б. 146)*

**АЗ. МЕХДИ (АС) БҮТ САНАА МЕНЕН ЗУЛУМДУКТАРДЫ КЕТИРЕ ТУРГАН КҮН.** Берешендик кылганда өтө берекелүү бир жамгыр. *(Muhammed B. Resul El Hüseyin El Berzenci, Kıyamet Alametleri, б. 188)*

Эбу Саиди Худри Пайгамбардын (сав) минбарда мындай дегенин риваят кылат: «Эхли Бейтимден болгон убада кылынган **АЗ. МЕХДИ (АС) АКЫР ЗАМАНДА ЧЫГАТ.** Асман ага жамгырын жаадырат жана жер ага өсүмдүктөрүн өстүрөт. **АДАМДАР ЖЕР ЖҮЗҮН ЗУЛУМДУККА ТОЛТУРГАН СОҢ АЛ ЖЕР ЖҮЗҮН АДИЛЕТТИККЕ ТОЛТУРАТ.»** *(Bihar-ul Envar, т. 51, б. 74, İsbat-ul Hudat, т. 7, б. 9)*

## Аз. Мехди (ас) убагында соттор, түрмөлөр бошойт

▪ Аз. Мехди (ас) ачык көрүнөөрдөн мурда кылмыштуулук деңгээли менен түрлөрүнүн көбөйөөрүн Пайгамбарыбыз (сав) хадистеринде билдирген. Булар акыр заман белгилеринен.

▪ Кылмыштардын көбөйөөрү, зинанын (никесиз байланыштын) көбөйөөрү, өзүн-өзү өлтүрүүлөрдүн көбөйөөрү, паракордуктун жайылаары жана ушуга окшогон көптөгөн кылмыштын акыр заманда көбөйөөрү хадистерде айтылат.

▪ Акыр заманда маанилүү бир алаамат катары адамдар арасында сүйүүсүздүк менен ишенимсиздик жайылгандыктан, кичинекей пикир келишпестиктер дагы чоң талаштарга себеп болуп, аягында чоң кылмыштарга чейин алып барууда.

▪ Мунун табигый бир натыйжасы катары учурда түрмөлөрдө киши толо. Соттордо да күн сайын адамдар толо.

▪ Ал соттордо, түрмөлөрдө кызмат кылган соттор, прокурорлор, күзөтчүлөр **ТӨРТ ДУБАЛ ИЧИНДЕ ТАР, КАРАҢГЫ БӨЛМӨЛӨРГӨ КАМАЛГАН АБАЛДА.** Эртеден кечке чейин ушундай түнт жерлерде иштөөгө мажбур. Адамдар арасында эң адилеттүү чечимдерди, бир адамдын бүт өмүрүнө таасир бере турган чечимдерди ушундай оор шарттарда алышууда.

▪ Бул кымбаттуу инсандарыбыз өз кызматын орундатып жатканда эч кандай материалдык, моралдык кысым астында болбошу маанилүү. Эң туура жана эң абийирдүү чечимдерге кол коюшу үчүн ойлору эркин, бейпил болушу өтө маанилүү. Ал кишилерге эң жакшы мүмкүнчүлүктөрдүн сунулушу шарт.

## Бедиүззаман «Аз. Мехди (ас)дын бүт дүйнөгө адилеттик менен акыйкаттык алып келээрин» билдирген

... Жүздөгөн куттуу баатырларды чоңойткон жана миңдеген руханий башчыларды үммөттүн башына өткөргөн жана Курандын маңызынын уюткусу менен жана ыймандын нуру менен жана Исламияттын кадыр-баркы менен азыктанган, жетилген Эхли Бейт албетте акыр заманда шериат-ы Мухаммедийени (Пайгамбарыбыз (сав)дын жолун) жана **ХАКИКАТИ ФУРКАНИЙЕНИ** (Курандын негизи менен маңызын) **ЖАНА СҮННЕТИ АХМЕДИЙЕЙИ** (Пайгамбарыбыз (сав)дын сүннөтүн) **КАЙРАДАН ЖАНДАНДЫРУУ МЕНЕН, БААРЫНА ЖАРЫЯ КЫЛУУ МЕНЕН, ИШКЕ АШЫРУУ МЕНЕН БАШКЫ БАШЧЫСЫ БОЛГОН ЧОҢ АЗ. МЕХДИНИН БИЙИК АДИЛЕТИН ЖАНА ЧЫНЧЫЛДЫГЫН ДҮЙНӨГӨ КӨРСӨТҮҮШҮ** толук кадыресе болуу менен бирге абдан керектүү жана зарыл жана адамдардын коомдук жашоосундагы эрежелердин талабы. *(Şualar (Шуалар), б. 456)*

Дүйнө хержү-мерж (фитна, башаламандык) ичинде калганда, фитналар чыкканда, жолдор тосулганда, кээ бирлери кээ бирлерге кол салганда, чоң кичинеге мээрим кылбай, чоңго урмат менен мамиле кылынбаганда Аллах ошол кезде алардан душмандыктын тамырын курутуп, чектен чыгуу мунараларын багынта турган жана мурда мен бутунда кармаган сыяктуу, акыр заманда динди бутунда кармап, мурда зулумдукка толгон дүйнөнү адилеттикке толтура турган бирөөнү (Мехди) жөнөтөт. *(Kitab-ül Burhan Fi Alameti-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, s. 12)*

**АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫ ЭЭРЧИГЕНДЕР АГА КОРГОЛОНУШАТ, БАЛ**

**ААРЫЛАРЫНЫН ХАНЫША ААРЫГА КОРГОЛОНУШУ СЫЯКТУУ (АНЫН ЖАНЫНДА ИШЕНИМДЕ ЖАНА КООПСУЗДУКТА БОЛУШАТ),** ал жер жүзүн адилеттик менен чынчылдыкка толтурат. *(Kitab-ül Burhan Fi Alamet-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, б. 11)*

## АЗ. МЕХДИ (АС) ДООРУНДА БЕЙПИЛДИК ЖАНА КООПСУЗДУК БОЛУШУ

**Жер жүзү коопсуздукка толот жана ал тургай бир канча аял жанында эч эркек болбостон, бейпил гана ажылыкка барышат.**

*(Nuaym b. Hammad, vr. 74b; Suyuti, m. II, б. 77; El-Kavlu'l Muhtasar Fi Alamatil Mehdiyy-il Muntazar, б. 23)*

Мурда зулумдукка толгон дүйнөнү адилеттикке толтурат. Адилети **ушундай даражада болот: уктап жаткан бирөө да ойготулбайт жана бир тамчы кан да төгүлбөйт.** Дүйнө «Асры Саадет» дооруна кайткандай болот. *(Nuaym b. Hammad, K. Fiten vr. 77b; Suyuti, m. II, б. 77; El Kavlu'l Muhtasar Fi Alamatil Mehdiyy-il Muntazar, б. 29)*

Рүкун менен Макам арасында ага моюн сунулат. Аз. Мехди (ас) ушунчалык мээримдүү болгондуктан, **анын убагында бир адам да уйкусунан ойготулбайт, бир адамдын да мурду канабайт.** *(El-Kavlu'l Muhtasar Fi Alamatil Mehdiyy-il Muntazar, б. 42)*

## БҮТ УРУШТАРДЫН ЖАНА ТҮШҮНБӨСТҮКТӨРДҮН ТОКТОШУ

**Согуш (адистери) да салмактарын (курал-жарак, жабдыктарын) таштайт.** *(Sünen-i İbn Mace, 10/334)*

**Идиш сууга толгон сыяктуу жер жүзү тынчтыкка толот. Эч кимдин арасында бир душмандык калбайт. Жана бүт душмандыктар, уруштар, кызганычтыктар сөзсүз жок болот.** *(Sahih-i Müslim (Сахихи Муслим), 1/136)*

**Согуш (адистери) салмактарын (б.а. курал-жарак ж.б.) таштайт.** *(Ölüm-Kıyamet-Ahiret ve Ahir Zaman Alametleri, б. 496)*

**Душмандык менен кекти да жок кылат.** Уулуу бүт айбандардын уусу жулуп алынат. Ал тургай, кичинекей бала колун жыландын оозуна салат,

жылан ага зыян тийгизбейт. Бөрү кой-эчки тобу арасында топтун ити сыяктуу болот. *(Sünen-i İbni Mace, Kitabü-l fiten Tercemesi ve Şerhi- Kahraman Neşriyat, том 10, Mütercim: Haydar Hatipoğlu, бап 33, б. 331-335)*

**Анын заманында бөрү менен кой чогуу ойнойт, жыландар жаш балдарга зыян тийгизбейт.** Адам бир ууч урук таштап, 700 ууч түшүм алат. *(El Kavlu'l Muhtasar Fi Alamatil Mehdiyy-il Muntazar, б. 43)*

## СҮЙҮҮ ЖАНА БИР ТУУГАНДЫКТЫН ЖАЙЫЛЫШЫ

Аллах биз аркылуу адамдарды ширк душмандыгынан куткарып, алардын жүрөктөрүнө достук менен сүйүү орнотуп, дин бир тууганы кылган сыяктуу, **Аз. Мехди (ас) аркылуу фитна душмандыгынан куткарып, бир тууган кылат.** *(Taberani'den, Heysemi, т. VII, б. 317; Nuaym b. Hammad, vr 52b; Kitab-ül Burhan Fi Alamet-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, б. 20)*

Менин урпактарымдан Мухаммед б. Абдуллах (Мехди) аркылуу Улуу Аллах сүннөттөрдү жандантат. Анын адилеттик жана берекети менен момундардын жүрөгү кубанат. **Ажем (арап эмес) жана арап элдери арасында достук менен сүйүү орнойт.** *(Kitab-ül Burhan Fi Alamet-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, б. 66)*

Биз аркылуу алар араларындагы ширк менен душмандыктан кутулуп, **жүрөктөрүнө достук менен сүйүү орногон сыяктуу, (анын келиши менен) кайра ошондой болот.** *(Kitab-ül Burhan Fi Alamet-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, б. 20)*

## ӨМҮРЛӨРДҮН УЗАРЫШЫ

Хадистерде да айтылгандай, акыр замандын жана Аз. Мехди (ас)дын чыгуу белгилеринин бири – ал куттуу доордо «өмүрлөрдүн узарышы». Бул жөнүндөгү хадис жана риваяттардын кээ бирлери төмөнкүдөй:

**Анын (Аз. Мехдинин) заманында өмүрлөр узарат.** Өмүрлөрдүн узарышы анын (Аз. Мехди (ас)дын) да узун өмүрлүү болушун зарыл кылат. *(Kıyamet Alametleri, б. 184)*

Анын (Аз. Мехди (ас)дын) заманында... өмүрлөр узарат жана аманатка зыян келбейт... *(El-Kavlu'l Muhtasar Fi Alamet-il Mehdiyy-il Muntazar, б. 43)*

Өмүрлөр узарат, аманаттар ордуна кайтарылып берилет. *(İmam Suyuti, Kıyamet Alametleri, Ölüm ve Diriliş, бет: 1699, бет: 179)*

Мурдакы доорлордо да адам өмүрүндө салыштырмалуу өсүш болгон, бирок эч кайсы доордо 21-кылымдагы сыяктуу даана бир өсүш болгон эмес. Изилдөөлөр адам өмүрүнүн бул кылымда 50%га өскөнүн, 100 жашынан өткөн адамдардын санынын келечекте бир топ көп болоорун көрсөттү.

## Кылымдар боюнча адам өмүрүнүн узарышы

**1800-жылдары орточо өмүр сүрүү мөөнөтү 24 жыл**
**1900-жылдары орточо өмүр сүрүү мөөнөтү 48 жыл**
**2000-жылдары орточо өмүр сүрүү мөөнөтү 63 жыл**

20-кылымдын аягы менен 21-кылымдын башында ген технологиясындагы өнүгүүлөр менен генетикада жүргүзүлгөн изилдөөлөрдөн алынган жыйынтыктар «өмүрлөрдүн мындан да узарышын» көрсөтүүдө. Мисалы, National Geographic журналындагы бир кабарда *«Көбүрөөк жана ден-соолукта өмүр сүрүү үчүн керектүү формуланын өтө жакында аптекалардан табылаары»* жазылган. Адамдын узун өмүрлүү болушун камсыздоочу генди табышканын айткан илимпоздор жакынкы келечекте адам өмүрүнүн 100 жылдан ашаарын айтышууда. Жүргүзүлгөн башка бир изилдөө болсо ушул жылдары төрөлгөн балдардын 125-150 жашка чейин жашаарын айтууда. Көп изилдөөчүлөр болсо 21-кылымдын экинчи жарымында «150 жаштагы адамдардын кадыресе көрүнүш болоорун» айтышып, адам өмүрүнүн 21-кылымда мурдакы замандар менен салыштыргыс даражада узараарына көңүл бурушууда.

Пайгамбарыбыз (сав) мындан 1400 жыл ашуун убакыт мурда кабар берген бир маалыматтын мынчалык апачык, даана ишке ашышы, күмөнсүз, момундар үчүн өтө баалуу бир кубанычтуу кабар. Бул кабар сыяктуу, Пайгамбар Мырзабыз (сав)дын башка кабарлары да бир-бирден ишке ашып, 21-кылымда адамзат өтө куттуу окуяларга күбө болот. Аллахтын уруксаты менен, Аз. Иса (ас) кайрадан дүйнөгө келет, Аз. Мехди (ас) чыгат, жана бул куттуу заттар аркылуу Ислам ахлагы бүт дүйнөгө орнойт. Ислам ахлагынын жер жүзүнө жайылып орношу Куранда да убада кылынган бир кубанычтуу кабар. Нур Сүрөсүнүн 55-аятында Раббибиз мындай дейт:

**Аллах араңардан ыйман келтиргендерге жана салих (чын ыкластуу) иштерди кылгандарга убада кылган: Эч күмөнсүз, алардан мурдакыларды**

**«күч жана бийлик ээси» кылган сыяктуу аларды да жер жүзүндө «күч жана бийлик ээси» кылат, алар үчүн тандап жактырган динин аларга бекемдеп, жайгаштырат жана аларды коркууларынан кийин бейпилдикке айландырат... (Нур Сүрөсү, 55)**

**Адам өмүрүнүн жогорку чеги барбы?**
**Хүррийет гезити, 2004-ж. 18-март**
**(İnsan Ömrünün Üst Sınırı Var mı? Hürriyet Gazetesi, 18 Mart 2004)**

***Кээ бир илимпоздордун айтымында азыр төрөлгөн балдар 150 жашка чейин жашай алат, кээ бирлери болсо узун өмүр сүрүүнүн жогорку чеги жок деген пикирде. Өмүр сүрүү мөөнөтү ар 10 жылда тынымсыз 2 жылга узарууда. Бул боюнча, 2150-жылы орточо өмүр узактыгы 122,5 жыл болот жана 150 жашка жеткен адамдар кадыресе кабыл алынат. АКШда учурда 100 жаштан өткөн 40000 адам бар. Бул көрсөткүч 1950-жылдары 2300 тегерегинде эле. Германия Ростоктогу Макс Планк Демографиялык изилдөө институтунан Джеймс Ваупел (James Vaupel) жүз жаштагы адамдардын санынын индустриалдашкан өлкөлөрдө ар 10 жылда эки эселенгенин айтат.***

(http://webarsiv.hurriyet.com.tr/200403/18/429832.asp Tempo Dergisi (Темпо журналы), 25-июнь 2004-ж.)

19-кылымдын аягынан бери адам өмүрү дээрлик эки эсеге узарды. Генетикалык медицинадагы өнүгүүлөр урматында адам өмүрүнүн мындан да узараары божомолдонууда. Anti-Aging медициналык журналы жүргүзгөн изилдөөдө 60 улгайгандар адисинен 2100-жылы төрөлө турган бир наристенин канча жашашын божомолдошу суралган. Адистердин көпчүлүгү суроого «эң аз 100 жыл» деп жооп берсе, кээ бирлери өмүр сүрүү мөөнөтүнүн 150, ал тургай, 200 жыл болушу мүмкүн экенин айтышты.

**Узунураак жашоо мүмкүнбү? Радикал гезити 21-апрель 2002-ж.**
**(Daha Uzun Yaşamak Mümkün Mü? Radikal Gazetesi, 21 Nisan 2002)**

***... 19-кылымдын аяктарында «Өнөр-жай төңкөрүшү» менен илимдеги өнүгүүлөр өткөн кылымда медицинада укмуш өнүгүүлөргө жол ачты. Бул жагдай адам өмүрүн 50%га узартты… Орточо жаш чеги 40-50 жаштан 60-70 жашка келди. Жаңы миң жылдыкка кирип жатканда болсо адам жашоосунун сыры болгон гендердеги бузуктуктардын кээ бир ооруларга себеп болоору аныкталды. Биотехнологиялык өнүгүүлөр эми гендердеги бузуктуктарды оңдоо чекитине келди.***

**(http://www.radikal.com.tr/haber.php?haberno=35461)**

**ӨЛГӨНДӨРДҮН ТИРҮҮЛӨРГӨ СУКТАНЫШЫ**

Алар ар заалымды жана жаббар (зордукчул) уулу жаббарды жеңет. Анын доорунда **өлгөндөр тирүүлөргө суктана турган бир адилеттик болот.** *(Kitab-ül Burhan Fi Alamet-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, б. 68)*

Заманы ушунчалык адилеттүү болгондуктан, **кабырдагы өлүктөр тирүүлөргө суктанышат...** *(El-Kavlu'l Muhtasar fi Alamatil Mehdiyy-il Muntazar, б. 22)*

**Ал тургай жашап жаткандар (алардагы нематтарды көрүшү үчүн) өлүктөр жашап жаткан болгондо дешет.** *(Ölüm-Kıyamet-Ahiret ve Ahir Zaman Alametleri, б. 437)*

Бедиүззаман Саид Нурси да Аз. Мехди (ас)дын андан кийинки доордо келип Ислам ахлагын орнотоорун айтып жатканда, кабырынан ал сонун доорду көрүп шүгүр кылаарын айткан:

***Оо акыр заманда, жашоонун кеңири чөйрөсүндө чыныгы ээлери, б.а. Аз. Мехди менен шакирттери Женабы Хакктын (Аллахтын) уруксаты менен келип, ал чөйрөнү кеңейтет жана ал уруктар гүл ачат. Биз болсо КАБЫРЫБЫЗДА КӨРҮП Аллахка шүгүр кылабыз. (Kastamonu Lahikası, б. 99)***

**АЗ. МЕХДИ (АС) ЖЕР БЕТИН ОҢДОП СУЛУУЛАШТЫРАТ**

**Ааламда бузулган бир жер калбайт жана Аз. Мехди (ас) бүт жакты оңдоп, кооздойт.** *(El-Mehdiyy-il Mev'ud, т. 1, б. 264)*

Кыям эте турган (Каим) Аз. Мехди (ас) Аз. Алинин урпактарынан. **АЛ БУЛ ЖЕР ЖҮЗҮН ЖЕР ЖҮЗҮНӨН БАШКА АБАЛГА АЛЫП КЕЛЕТ...** *(Şeyh Muhammed b. İbrahim-i Numani, Gaybet-i Numani б. 169)*

**АЗ. МЕХДИ (АС) ДҮЙНӨНҮН ТӨРТ ТАРАБЫНА СҮЙҮҮ МЕНЕН КУБАНЫЧ ЧАЧАТ**

Аз. Мехдинин (ас) дос, курдаштары ааламдын бүт тарабына барып, бүт тарапта күчтү колдорунда кармашат, бүт баары жана бүт нерсе аларга моюн сунат, ал тургай **ЧӨЛДӨГҮ ЖЫРТКЫЧ АЙБАНДАР МЕНЕН ОЛЖОЛОР (ЖЫРТКЫЧ) КУШТАРДЫН БҮТ БААРЫ АЛАРДЫН ЫРААЗЫЛЫГЫНА ЖЕТҮҮНҮ КААЛАШАТ. АЛ ДИН ЭЛЧИЛЕРИ СЕЛАХ (БЕЙПИЛДИК, БАКУБАТТЫК, ОҢДОО ЖАНА ЖАКШЫРТУУ) ЖАНА АДИЛЕТТИК ЭЛЧИЛЕРИ УШУНДАЙ БИР КУБАНЫЧТЫК АЛЫП КЕЛИШКЕНДИКТЕН, Аз. Мехди (ас)дын асхабы (шакирттери) бут баскан жер башка жерлерге мактанышат.** *(İkmal'üd Din. Bihar'ül Envar, т. 52, б. 327)*

**АЗ. МЕХДИ (АС) ДООРУНДА БҮТ СОГУШТАР, ЗУЛУМ МЕНЕН ФИТНАЛАР ТОКТОЙТ**

Аз. Мехдинин (ас) доорунда **ФИТНА ЖАНА УРУШ ОТУ ӨЧӨТ, ЗУЛУМДУК, ТҮНКҮ БАСКЫН ЖАНА ТАЛАП-ТОНОО АДАТЫ ЖОГОЛОТ, СОГУШТАР ЖОК БОЛОТ.** *(El-Mehdiyy-il Mev'ud, т. 1, б. 264)*

**Ообу ДҮЙНӨНҮ ФИТНА МЕНЕН ДУШМАНДЫК КАПТАГАНДА, БҮТ ТАРАП ЗУЛУМДУК, БУЗУКУЛУК ЖАНА ТАЛАП-ТОНООГО ТОЛГОНДО, ДАЛАЛЕТ ЖАНА ИНХИРАФ МУНАРАЛАРЫН ЖЫГУУ** (акыйкатты таштап жалганга адашкандарды пикир менен таасирсиз кыла турган), **КАРАҢГЫ ЖАНА ТАШ ЖҮРӨКТӨРДҮ ТАВХИД (ЖАЛГЫЗ КУДАЙ), АДАМГЕРЧИЛИК ЖАНА АДИЛЕТТИК НУРУ МЕНЕН АЙДЫҢ КЫЛУУ ҮЧҮН АЛЛАХ УЛУК ОҢДООЧУСУН (Аз. Мехди (ас)ды) ЖӨНӨТӨТ.** *(El-Mehdiyy-il Mev'ud, т. 1, б. 310)*

**АЗ. МЕХДИ (АС) АДАМДАРДЫ ЧОҢ БИР БАЛЭЭДЕН, БҮТ АДАМДАРГА ЖЕТКЕН ЖАНА СОКУР БИР ФИТНАДАН КУТКАРАТ.** *(El-Mehdiyy-il Mev'ud, т. 1, б. 264)*

**АЗ. МЕХДИ (АС) ЖЕР БЕТИНИН КАЗЫНАЛАРЫН ЧЫГАРАТ**

Аз. Хузайфанын айтышы боюнча, Расулуллах Мырзабыз (сав) мындай деген:

... Анын (Аз. Мехди (ас)дын) заманында бүт суулар даамдуу (тузсуз) болот, дарыялар узарат, **ЖЕР ЖҮЗҮ** өсүмдүктөрүн көбөйтөт жана (ичиндеги) **КАЗЫНАЛАРЫН СЫРТКА ЧЫГАРАТ.** *(En-Necmu's-sakıb if Beyanı Enne'l*

*Mehdi min Evladı Ali b. Ebi Talib, Tercüme eden: Ömer Dönmez б. 43)*

**... АЗ. МЕХДИ (АС) КАЗЫНАЛАРДЫ ЧЫГАРАТ...** *(El Kavlu'l Muhtasar Fi Alamatil Mehdiyy-il Muntazar, б. 33)*

**АНЫН (АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН) ДООРУНДА ЖЕР АСТЫНДАГЫ КАЗЫНАЛАР, БАЙЛЫКТАР ЖАНА БАШКА КЕНДЕР ЧЫГАРЫЛАТ.** *(El-Mehdiyy-il Mev'ud, т. 1, б. 264, 275, 277, 285, 287, 288, 311, 318, т. 2, б. 11)*

**АНЫН (Аз. Мехди (ас)дын) ДООРУНДА ЖЕР ЖҮЗҮ ИЧИНДЕГИ КАЗЫНАЛАРДЫ СЫРТКА ЫРГЫТАТ.** *(El Kavlu'l Muhtasar Fi Alamatil Mehdiyy-il Muntazar, б. 43)*

**... ЖЕР ИЧИНДЕ ЖАШЫРГАН БҮТ БАЙЛЫКТАРЫН, АЛТЫНДАН ЖАНА КҮМҮШТӨН УСТУНДАР АБАЛЫНДА СЫРТКА ЫРГЫТАТ.** *(İmam Şa'rani, Ölüm Kıyamet Ahiret ve Ahir Zaman Alametleri, б. 464)*

Аз. Имам Бакыр (ас) мындай дейт: «Каимибиз (Аз. Мехди (ас)) кыям эткенде **ЖЕР ЖҮЗҮНҮН БҮТ КЕН ЖАНА КАЗЫНАЛАРЫ АНЫН КОЛУНА ӨТӨТ.**» *(Bihar-ul Envar, т. 52, б. 351)*

**АЗ. МЕХДИ (АС) МАЛ-МҮЛК МЕНЕН НЕМАТТАРДЫ АДИЛЕТТҮҮ ТАРКАТАТ; БҮТ ЖЕР БЕТИ БЕРЕКЕГЕ ТОЛОТ**

Пайгамбарыбыз (сав) айтат: Эбу Саид айтып берет: ...

**АЗ. МЕХДИ (ас) УШУНЧАЛЫК ЖООМАРТ АДАМ БОЛОТ; АГА КАЙРЫЛЫП «МАГА МУНУ ТАРТУУ КЫЛ, МУНУ ТАРТУУ КЫЛ» ДЕП ЖАЛБАРГАНДАРДЫН ЭТЕКТЕРИН КӨТӨРӨ АЛА ТУРГАНЧАЛЫК ТОЛТУРА КЫЛЫП ТАРТУУ КЫЛАТ.** *(Tirmizi, İmam Suyuti, Kıyamet Alametleri, Ölüm ve Diriliş, б. 1699, б. 171)*

Үммөтүмдөн Аз. Мехди (ас) чыгат. **АЛЛАХ ТААЛА АЗРЕТТЕРИ АДАМДАРДЫ БАЙ КЫЛУУ ҮЧҮН АНЫ (Аз. Мехди (ас)ды) ЖӨНӨТӨТ.** Ал кезде үммөтүм немат менен сыйланат, айбандар молчулукта жана жердин түшүмдөрү өтө көп болот, **АЗ. МЕХДИ (АС) АДАМДАРГА БИРДЕЙ САНДА МОЛ МОЛ МАЛ-МҮЛК ТАРКАТАТ.** *(El-Kavlu'l Muhtasar Fi Alamet-il Mehdiyy-il Muntazar, б. 23)*

**АЗ. МЕХДИ (АС) КЕЛГЕНДЕ МАЛ-МҮЛКТҮ КӨП ТАРКАТАТ...**

*(Kitab-ül Burhan fi Alamet-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, б. 15)*

Үммөтүм арасында **АЗ. МЕХДИ (АС) ЧЫГАТ, АЛЛАХ АНЫ АДАМДАРДЫ БАЙ КЫЛУУ ҮЧҮН ЖӨНӨТӨТ.** Үммөт немат менен сыйланат, айбандар көп көп жеп ичишет, жер түшүмдөрүн чыгарат, **МАЛ-МҮЛК «САХАХ» НЕГИЗИНДЕ (тең жана бирдей кылып социалдык адилеттикке ылайык) БЕРИЛЕТ.** *(Kitab-ül Burhan fi Alamet-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, б. 15)*

**АЛ (АЗ. МЕХДИ (АС))** фитналар чыккан бир убакыт аралыгында келет **ЖАНА АКЫСЫЗ БЕРЕШЕНДИК КЫЛАТ.** *(El-Kavlu'l Muhtasar Fi Alamet-il Mehdiyy-il Muntazar, б. 23)*

**МУХАММЕД ҮММӨТҮНҮН КӨҢҮЛҮ БАЙЛЫККА ТОЛОТ.** *(El-Kavlu'l Muhtasar Fi Alamet-il Mehdiyy-il Muntazar, б. 20)*

Андан (Аз. Мехди (ас)дан) жер менен асман жашоочулары ыраазы. **ЖАНА АЛ (АЗ. МЕХДИ (АС)) МАЛ-МҮЛКТҮ БӨЛҮШТҮРӨТ... ЖАНА МУХАММЕД (САВ) ҮММӨТҮНҮН ЖҮРӨКТӨРҮН БАЙЛЫККА ТОЛТУРАТ ЖАНА АДИЛЕТТИГИ АЛАРДЫ ТОЛУК КУРЧАЙТ.** *(Hz. Ebu Said el Hudri r.a. / Ramuz El-Ehadis 1-том, бет 7, №:7) (Kitab-ül Burhan fi Alamet-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, б. 13)*

... Абд-и Хайрдан: Эмирүлмүминин Али бин Эби Талиб алейхиссаламдын мындай дегенин уктум: «Расулуллах (сав) мага мындай деди:

**... (АЗ. МЕХДИ (АС))** Жер жүзү зулумдук менен таш боордукка толгондо чыгат жана аны адилеттик менен теңчиликке толтурат. **КӨБҮНЧӨ БИРӨӨ АНЫН (АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН) ЖАНЫНА КЕЛЕТ ЖАНА АНЫН ЖАНЫНДА КӨП МАЛ-МҮЛК БОЛОТ ЖАНА АЛ КИШИ АЙТАТ: «ЭЙ МЕХДИ! МАГА БУЛ МАЛ-МҮЛКТӨН ТАРТУУ КЫЛ.» АЙТАТ: «КААЛАШЫҢЧА НЕМАТ ТАРТУУ КЫЛДЫМ.»** *(Şeyh Muhammed b.İbrahim-i Numani, Gaybet-i Numani, б. 97-98)*

Аз. Имам Хусейинден (ра) мындайча риваят кылынган:

«Бир-бириңердин акыбалыңарды сурап бир-бириңерге тартуу кылгыла. Ант болсун данды жарып өстүргөн жана жандыктарды жараткан Аллахка, **УШУНДАЙ БИР ЗАМАН КЕЛЕТ, ЭЧ КИМ БИР ДИНАР ЖАНА ДИРХАМ КАРЖАГАНГА БИР ЖЕР ТАБА АЛБАЙ КАЛАТ.»** (Б.а. Аз. Мехди (ас) көрүнгөндө Аллах Тааланын жана велисинин (олуясынын) (Аз. Мехди

(ас)дын) ашыкча берешендигинен улам эч ким акчасын сарптай турган бир жер таба албай калат). *(Ikdüd Dürer, б. 236)*

Аз. Мехди (ас) көрүнгөндө жана кыямында **...БҮТ АДАМДАР МУКТАЖ БОЛГОН НЕРСЕСИН ЭЧ ТОСКООЛДУКСУЗ БАШКА БИРӨӨНҮН ЧӨНТӨГҮНӨН АЛАТ.** *(El-İhtisas (Şeyh Müfid), б. 24)*

Аз. Мехди (ас) доорунда **МОМУНДАР БИР-БИРИ МЕНЕН ЖАСАГАН МАМИЛЕЛЕРИНДЕ ПАЙДА АЛЫШПАЙТ.** *(Vesail'üş Şia, Ticaret babları)*

Анын доорунда үммөттүн жакшылары да, жамандары да **БОЛУП КӨРБӨГӨНДӨЙ КӨП НЕМАТТАРГА ЭЭ БОЛОТ.** Көп жамгыр жааса да, бир тамчысы да текке кетпейт, топурак бир дагы урук каалабастан өндүрүмдүү жана берекелүү болот. *(El-Kavlu'l Muhtasar Fi Alamet-il Mehdiyy-il Muntazar, б. 21)*

## ИСЛАМ ТЫНЧТЫКТЫН ЖАНА СҮЙҮҮНҮН ДИНИ; АЗ. ИСА (АС) МЕНЕН АЗ. МЕХДИ (АС) ЧЫККАН ДООР ТЫНЧТЫК, БЕЙПИЛДИК ДООРУ БОЛОТ

**Исламдын тынчтыктын, сүйүүнүн жана бир туугандыктын дини экени жөнүндөгү Куран аяттары:**

**Эй ыйман келтиргендер, баарыңар тобуңар менен «тынчтык жана бейпилдикке (Силмге, Исламга) киргиле жана шайтандын кадамдарын ээрчибегиле. Себеби ал - силерге апачык бир душман. (Бакара Сүрөсү, 208)**

**Аллах тынчтык мекенине чакырат жана кимди кааласа туптуура жолго багыттап-жеткирет... (Йунус Сүрөсү, 25)**

**... Ким бир жанды, ал башка бирөөнү өлтүрүп же бир бузукулук чыгарбаса да (эч күнөөсүз жерден) өлтүргөн болсо, бардык адамдарды өлтүргөндөй (күнөө кылган) болот... (Маида Сүрөсү, 32)**

**Момундар (ыймандуулар) бир тууган. Демек бир туугандарыңардын арасын оңдогула жана Аллахтан коркуп-тартынгыла; ошондо боорукердик табаарсыңар. (Хужурат Сүрөсү, 10)**

**Аллахка жана Элчисине моюн сунгула жана өз ара урушуп талашпагыла, маанайыңар түшүп, күчүңөр жоголот. Сабыр кылгыла. Күмөнсүз, Аллах сабыр кылгандар менен бирге. (Энфал Сүрөсү, 46)**

**Ыйман келтиргендер жана салих (чын ыкластуу) иштерди кылгандар болсо, Рахман (Аллах) алар үчүн бир сүйүү кылат. (Мерйем Сүрөсү, 96)**

**Силер адамдар үчүн чыгарылган жакшы бир үммөтсүңөр; маруфту (жакшы жана Исламга туура келгенди) буюруп, мүнкерден (жаман иш, күнөөлөрдөн) тососуңар жана Аллахка ыйман кыласыңар. (Али Имран Сүрөсү, 110)**

**Сен кечирим (же жеңилдик) жолун танда, (Исламга) ылайык болгонду буйрук кыл жана караңгы-сабатсыздардан жүзүңдү бур. (Аьраф Сүрөсү, 199)**

**Аз. Иса (ас)дын жер жүзүнө тынчтык менен сүйүү алып келээри, кылмыш, зулумдук менен согуштарды токтотоору жөнүндөгү хадистер:**

Аллахка ант, Мерйем уулу Иса адилеттүү бир өкүмдар катары сөзсүз түшөт... Жана бүт **ДУШМАНДЫКТАР, УРУШТАР, КЫЗГАНЫЧТЫКТАР СӨЗСҮЗ ЖОК БОЛОТ...** *(Ölüm Kıyamet Ahiret, б. 498)*

Иса бин Мерйем (ас) менин үммөтүм ичинде;

Адилеттүү бир өкүмдар жана адилеттүү бир имам болот,... (Зиммилерден) Салыкты алып салат, **идиш сууга толгон сыяктуу, ЖЕР ЖҮЗҮ ТЫНЧТЫККА ТОЛОТ.** Дин биримдиги да болот, андан соң Аллахтан башкага сыйынылбайт. *(Sünen-i İbni Mace, 10/334)*

Иса (ас) үммөтүм ичинде адилеттүү бир өкүм чыгаруучу, толук адилеттүү бир имам –өкүмдар- катары болот... **БҮТ ДУШМАНДЫКТАР, КЕКЕНҮҮЛӨР ЭЭРИП ЖОК БОЛОТ...** Жер жүзү күмүш табак сыяктуу болот жана Азрети Адам заманындагы сыяктуу (мол) өсүмдүктөрүн чыгарат... *(Ölüm-Kıyamet-Ahiret, б. 496)*

Идиш сууга толгон сыяктуу **ЖЕР ЖҮЗҮ ТЫНЧТЫККА ТОЛОТ. ЭЧ КИМДИН АРАСЫНДА БИР ДУШМАНДЫК КАЛБАЙТ. ЖАНА БҮТ ДУШМАНДЫКТАР, УРУШТАР, КЫЗГАНЫЧТЫКТАР СӨЗСҮЗ ЖОГОЛОТ.** *(Sahih-i Müslim (Сахихи Муслим), 1/136)*

Анан кырк жыл өмүр сүрөт. **Анын заманында эч ким өлбөйт. Адам кой менен айбандарына (баргыла, оттогула) дейт; алар кетишет, эгиндин ортосунан өтүп баратып бир башак да оозоруна алышпайт. Жылан менен чаяндар эч кимге зыян тийгизишпейт. Жырткыч айбандар эшиктердин алдында туруп эч кимге зыяндары тийбейт...** *(İmam Suyuti, Kıyamet Alametleri, Ölüm ve Diriliş, б. 1699, б. 184)*

Адамдар арасындагы **ДУШМАНДЫКТАР МЕНЕН КЕКЕНҮҮЛӨР ЖОГОЛОТ.** Чаян менен жыландардын уулары болбойт, ал тургай бир жаш бала колу менен жылан менен ойноп, жылан аны чакпайт. Жаш кыз арстанды качууга мажбурлайт, арстан ага тийишпейт. Бөрү койлор арасында бир койчунун ити сыяктуу кайтарып турат. Идиштин сууга толушу сыяктуу жер жүзү дин биримдигине толот. Аллахтан башкага сыйынылбайт. **СОГУШ, УРУШ ДЕГЕНДЕН ЭЧ НЕРСЕ КАЛБАЙТ...** Жер жүзү күмүш дасторкондой болот. Өсүмдүктөрүн Адам заманындагы сыяктуу чыгарат. Бир сабак жүзүмгө бир аскер тойот. Бир топ адам жалгыз анарга тойот. Бир өгүздүн баасы ушунчалык болот, бир канча дирхамга бир ат сатып алынат.

Айтылды:

«Эй Аллахтын Пайгамбары! Эмне үчүн ат анчалык арзан болот?»

**«СОГУШ БОЛБОГОНДУКТАН АГА КӨП МУКТАЖДЫК КАЛБАЙТ.»**

«Эмне үчүн өгүз анчалык кымбат болот?»

«Жер жүзүнө бүт эгин айдалгандыктан, ал өтө керек болот...» *(Ibn-i Mace benzerini Ebu Ümame'den nakletti, Büyük Hadis Külliyatı, Rudani, 5-том, б. 370-371-372)*

**Иса Алейхиссалам үммөтүм ичинде адилеттүү бир өкүм берүүчү, толук адилеттүү бир имам –өкүмдар- катары болот... БҮТ ДУШМАНДЫКТАР, КЕКЕНҮҮЛӨР ЖОК БОЛОТ, ар уулуу айбандын уусу чыгарылып алынат.** Ал тургай, жаш бала колун жыландын оозуна салса, жылан балага зыян бербейт. Жаш кыз арстанды (жакшы көрүп) кысат, арстандын балага зыяны тийбейт. Бөрү койлордун арасында аларды коргоочу иттери сыяктуу болот. **ЖЕР ЖҮЗҮ, ИДИШ СУУГА ТОЛГОН СЫЯКТУУ, ТЫНЧТЫК МЕНЕН БЕЙПИЛДИККЕ ТОЛТУРУЛАТ. (Ошол кезде) жалгыз келме (б.а. тавхид (жалгыз Аллах) келмеси) болот жана бир гана Аллахка сыйынылат. Согуш (адистери) ООРДУКТАРЫН (Б.А. КУРАЛ-ЖАРАК ЖАНА БАШКАЛАРДЫ) ТАШТАЙТ...** *(Ölüm Kıyamet Ahiret, б. 496-497)*

(Аз. Иса Алейхиссалам) Анан кырк жыл өмүр сүрөт. **АНЫН ЗАМАНЫНДА ЭЧ КИМ ӨЛБӨЙТ.** Адам кой менен айбандарына (баргыла, оттогула) дейт; алар кетишет, эгиндин ортосунан өтүп баратып бир башак да ооздоруна алышпайт. Жылан менен чаяндар эч кимге зыян тийгизишпейт. Жырткыч айбандар эшиктердин алдында туруп эч кимге зыяндары тийбейт. Киши бир өлчөм буудай алып өгүзсүз жана сокосуз эгет, андан жети жүз өлчөм буудай алат. *(İmam Suyuti, Kıyamet Alametleri, Ölüm ve Diriliş, б. 184)*

Жети жыл бою **ЭЧ КИМ ЭЧ КИМГЕ ДУШМАНДЫК КЫЛБАЙТ.»** *(264- İbn Mende, a.e.II 958-9, el-Mukaddesi, a. E. Vr. 136- a 137-b)*

Анын (Аз. Иса) заманында топурак (жер) тереңдердеги казыналарын чыгарат. Адамдар мал-мүлккө муктаж болушпайт. **Кызганычтык менен кекенүүлөр жоголот.** Аллах бүт уулуу жандыктардын ууларын жок кылат. Ошентип жаш балдар жылан жана чаяндар менен ойноп, эч зыян көрүшпөйт. Бөрү койго зыян бербейт. **АДАМДАР БИР-БИРИН ӨЛТҮРҮШПӨЙТ. ЖЕР ЖҮЗҮНӨ ТЫНЧТЫК ОРНОЙТ.** Топурак алгачкы замандардагы сыяктуу мол түшүм берет. *(265- bk. Müsnet, II, 409, 437; es-Sefarini, Levami, II 95) (İslam inancı açısından nüzul-i İsa meselesi, Dr. Zeki Sarıtoprak, Çağlayan yayınları, İzmir-1997, б. 96)*

Адамдар арасында себептери жоголгон үчүн **КЕКЕНҮҮ МЕНЕН ДУШМАНДЫККА ОРУН БОЛБОЙТ...** *(Kıyamet Alametleri, б. 242-243)*

«Мерйем уулу (Иса) сөзсүз түшөт.»... **«ДУШМАНДЫК, ТААРЫНЫШУУ ЖАНА КЫЗГАНЫЧТЫКТАР ЖОГОЛОТ.»** *(Ebu Hureyre r.a. / Büyük Hadis Külliyatı, Rudani 5-том, б. 379)*

## АЗ. МЕХДИ (АС) ДООРУНДА КӨРЛӨР АЙЫГЫП, ООРУЛУУЛАР ШЫПАА ТАБАТ, УЗУН ӨМҮР ЖАЙЫЛАТ

Замандын Имамы (Аз. Мехди (ас)) убагында **КӨРЛӨР КӨРҮҮ КҮЧҮНӨ ЭЭ БОЛОТ жана ООРУЛУУЛАР ШЫПАА ТАБЫШАТ.** *(Bihar-ül Envar, том 51, бет 70)*

Ал кезде (Аз. Мехди (ас) заманында) **УЗУН ӨМҮР ЖАЙЫЛАТ (КӨБӨЙӨТ).** *(Bihar-ül Envar, том 52, бет 330 Şeyh Toosi(a.r), Al-Ghaibah'den aktarıyor; İküd'dürer)*

Ал доордо (Аз. Мехди (ас) доорунда) бүт нерсеге Кудуреттүү болгон

**АЛЛАХ МУСУЛМАНДАРДАН БҮТ ООРУЛАРДЫ КЕТИРЕТ. КҮЧ-КУБАТТАРЫНА КАЙРАДАН ЖЕТИШЕТ.** *(Bihar-ül Envar, том 52, бет 335 жана 364; Mikyaal al-Makaarem, том 1, бет 247)*

Бул хадистерде Аз. Мехди (ас) доорунда медицина илиминде жана дары-дармек технологиясында боло турган укмуштуу өнүгүүлөр натыйжасында көрбөгөн адамдардын Аллахтын каалоосу менен шыпаа таап, көздөрүнүн көрүп калаарына, оорулардын көпчүлүгүнүн дарыланаарына жана мунун себебинен өмүрлөр узараарына ишарат кылынууда.

## АЗ. МЕХДИ (АС) ӨЛКӨЛӨР АРАСЫНДА ТЕҢДИКТИ АЛЫП КЕЛЕТ

Аз. Мехди (ас) мал-мүлктү **элдер арасында бирдей (тең)** таркатат жана бүт класс айырмачылыктарын жок кылат. *(Bihar-ül Envar, том: 51, б. 78 жана 88)*

Аз. Мехди (ас) өлкөлөр арасындагы бакубаттык деңгээлин теңдейт. Мал-мүлк адамдарга орток бөлүштүрүлөт. Бай менен жакырлар арасындагы айырмачылык Аз. Мехди (ас) заманында толугу менен жоголот. Аз. Мехди (ас) Ислам ахлагынын дүйнөгө орношуна себепчи болот жана бүт дүйнөгө теңдик менен бир туугандык маанайын алып келет.

## АЗ. МЕХДИ (АС) ДООРУНДА УШУНЧАЛЫК КӨП ЖАКШЫЛЫК МЕНЕН СУЛУУЛУКТАР ЖАРАТЫЛГАНДЫКТАН, ӨЗДӨРҮН РУХАНИЙ ӨЛҮҮ СЕЗГЕНДЕР ДАГЫ АБДАН ЖАШАГЫСЫ КЕЛЕТ

Эбу Саид Пайгамбарбыз (сав) мындай дегенин риваят кылат: «... Андан соң Аллах Таала Эхли Бейтимден бирөөнү (Аз. Мехди (ас)ды) зулумдукка толгон жер жүзүн адилеттикке толтурушу үчүн жөнөтөт. Асман менен жер жашоочулары андан (Аз. Мехди (ас)дан) ыраазы болушат. Жер жүзү бүт өсүмдүктөрүн аларга өстүрөт жана асман тынымсыз аларга жамгыр жаадырат. **... АЛЛАХ ТААЛА ЖЕР ЖҮЗҮНӨ ТҮШҮРГӨН МЫНЧА КӨП ЖАКШЫЛЫКТАР СЕБЕБИНЕН ӨЛҮКТӨР КАЙРАДАН ЖАШООНУ КААЛАШАТ.»** *(El-Beyan, б. 72, Es-Sevaik-ul Muhrika, б. 161, Yenabi-ul Mevedde, т.2, б. 177)*

Пайгамбарыбыз (сав)дан жеткирилген хадистер менен риваяттарда Аз.

Мехди (ас) чыккандан кийинки доордо адамдардын материалдык, моралдык бүт тараптан өтө бийик бир бакубаттык деңгээлине жетээри, болуп көрбөгөндөй бир бейпилдик жана бактылуулук ичинде жашашы кабар берилген. Ал доордогу жашоонун сонундугунан улам руханий жактан өздөрүн өлүү сезген, «мен ансыз да өлүкмүн» деген же эл арасында «бул киши ансыз да качан эле өлгөн» сыяктуу сыпатталган адамдар да кайрадан жашоо каалоосуна толушат. Ошондуктан хадисте Аз. Мехди (ас) доорунда боло турган теңдешсиз сонун жашоо себебинен ушул сыяктуу адамдардын да жанданаарына, диний күчтөнөөрүнө ишарат кылынган.

## АЗ. МЕХДИ (АС) ДООРУНДА АДАМДАРДЫН ЖҮРӨКТӨРҮ КАЙГЫ МЕНЕН КАПАДАН АРЫЛАТ

(Аз. Мехди (ас) доорунда) Жүрөктөр **КАЙГЫ МЕНЕН КАПАДАН АРЫЛАТ.** *(Bihar-ül Envar, том: 52, бет: 129; том: 102, бет: 102; Mikyaal al-Makaarem, том: 1, бет: 116 жана 142; Misbaah al-Zaaer, бет: 217-219)*

## АЗ. МЕХДИ (АС) ДООРУНДА АДАМДАРДЫН ЖҮРӨКТӨРҮ СҮЙҮҮ ЖАНА БИРИМДИК КААЛООСУНА ТОЛОТ, ДҮЙНӨНҮН БҮТ ТАРАБЫНА СҮЙҮҮ МЕНЕН БООРУКЕРДИК ЖАЙЫЛАТ

Замандын Имамынын (Аз. Мехди (ас)дын) берекети менен **АДАМДАРДЫН ЖҮРӨКТӨРҮ СҮЙҮҮ МЕНЕН ЫНТЫМАККА ТОЛОТ.** *(Bihar-ül Envar, том: 53, бет: 187; Mikyaal al-Makaarem, том: 1, бет: 52)*

(Аз. Мехди (ас) заманында) **СҮЙҮҮ МЕНЕН БООРУКЕРДИК ДҮЙНӨНҮН БҮТ БУРЧТАРЫНА ЧЕЙИН ЖАЙЫЛАТ (ОРНОЙТ).** *(İkbal'ul-A'mal бет: 507; Bihar-ül Envar, том: 21, бет: 312)*

## АЗ. МЕХДИ (АС) ДООРУНДА ЖАШАГАНДАРДЫН КУБАНЫЧТАН КӨЗДӨРҮ ЖАРКЫРАЙТ

Үммү Хани айтат: Имам Эбу Жафер Мухаммед Бакыр алейхиссалам мындай дедим: Имам мындай деди: Эй Үммү Хани! Анан караңгы түндөгү нур сыяктуу көрүнөт. **ЭГЕР СЕН ОШОЛ ЗАМАНДА (АЗ. МЕХДИ (АС) ЗАМАНЫНДА) ЖАШАСАҢ, КУБАНЫЧТАН КӨЗДӨРҮҢ НУРДАНАТ.»** *(Şeyh Muhammed b. İbrahim-i Numani, Gaybet-i Numani б. 171)*

...Ибрахим эль Керхиден: ...Имам Жафери Садык алейхиссалам мага мындай деди: ...Эй Ибрахим! Ал (Аз. Мехди (а.с.)) оор азаптардан жана балээлерден коркуу менен ачтыктан соң жүрөктөрдөгү кайгыны кетирет. **АНЫН (АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН) ЗАМАНЫНДА ЖАШАГАНДАР КАНДАЙ БАКТЫЛУУ!**

...Ибрахим-и Керхи айтат: Жүрөгүмдү мынчалык сүйүнткөн жана көзүмө жаш алып келген мындай бир сөздү ошол кезге чейин уккан эмес элем.» *(Şeyh Muhammed b. İbrahim-i Numani, Gaybet-i Numani, б. 95-96)*

# 5- Бөлүм

# АКЫР ЗАМАН МЕНЕН АЗ. МЕХДИ (АС) ЖӨНҮНДӨГҮ ХАДИСТЕРДИ АКЫЛ ЖАНА АЛЛАХ МЫЙЗАМЫНА ЫЛАЙЫК ТҮШҮНҮШ КЕРЕК

## АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН КЕЛИШИ ЖӨНҮНДӨГҮ ХАДИСТЕРДИ ЖОМОК СЫМАЛ ЖОРОМОЛДОО ТУУРА ЭМЕС

Бедиүззаман Саид Нурси Азрети Кастамону Лахикасы'нда (Kastamonu Lahikası) кээ бир жахил (сабатсыз, түшүнүгү жок) дин аалымдарынын хадистерди тышкы маанисине гана карап, акылга сыйбас түшүндүрмөлөр менен жоромолдошоорун, ушул себептен акыл жана абийир менен оңой гана түшүнө турган темаларда өздөрүнүн да күмөнгө түшүшөөрүн, ошол эле учурда илими аз Мусулмандарга да зыян тийгизээрин айтат. Саид Нурси Азрети акыр заман Мусулмандары көп туш болгон мындай жагдайды өтө маңыздуу баян кылган.

... КЭЭ БИР ЗАХИРИ УЛАМАЛАР (хадистердин тышкы маанисин карап өкүм чыгарчу аалымдар) **АЛ РИВАЯТ ЖАНА ХАДИСТЕРДИН ЗАХИРИНЕ** (тышкы маанисине) **КАРАП КҮМӨНГӨ ТҮШҮШКӨН. ЖЕ СЫХХАТЫН** (тууралыгын) (уламыш сыяктуу, жомоктордо айтылган чындыкка сыйбас бир нерседей туура эмес) **ТАНЫП ЖЕ УЛАМЫШ (ЖОМОК) СЫМАЛ БИР МААНИ БЕРИП, МУХАЛ БИР СУРЕТТИ** (дээрлик мүмкүн эмес, акыл менен таразалап түшүнүүгө мүмкүн болбогон өзгөчөлүктөрдөгү бир кишини) **КҮТҮП ЖАТКАНДАЙ** (айтып беришкендиктен), **АВАМЫ МУСЛИМИНГЕ** (андай метафизикалык түшүндүрмөлөргө ишене албай кыйналган же ушул себептен ишенбегендиктен, эл арасынан илими жок Мусулмандарга ыймандык жактан) **ЗЫЯН ТИЙГИЗИШЕТ**. *(Kastamonu Lahikası, б. 80)*

Чындап эле учурда кээ бир жахил (түшүнүгү жок) дин аалымдары чыгып, Пайгамбар Мырзабыздан риваят кылынган хадистерди дал Саид Нурси Азрети айткандай, тышкы маанисине карап жоромолдошууда жана ушундайча өз ойлорунда Аз. Мехди (ас)дын келишин жаап-жашырууга аракет кылышууда. Саид Нурси бул сөзүндө айткан дин аалымдарынын учурда да дал ошондой ыкмалар менен адамдарды алдоого аракеттенишин, Аллахтын каалоосу менен, Бедиүззамандын бир керемети десек болот.

Мисалы, учурда кээ бир жахил жана фанат дин аалымдары «Аз. Мехди (ас) өтө укмуштуу бир адам болот жана чыгаар чыкпас элдер тарабынан ошол замат таанылат», «Аз. Мехди (ас)га танка, ок, курал-жарак, ал тургай, атом бомбасы да эч нерсе кыла албайт», «Аз. Мехди (ас)дын башынын үстүндө адамдар караганда көрө турган абалда булут үстүндө периштелер болот жана ал периштелер дайыма Аз. Мехди (ас)ды ишарат кылып адамдарга таанытат» деген сыяктуу **ПАЙГАМБАР МЫРЗАБЫЗ (САВ)ДЫН ХАДИСТЕРИНЕ ЖАНА АЛЛАХТЫН АДАТЫНА ТОЛУГУ МЕНЕН КАРАМА-КАРШЫ КЕЛГЕН БИР СӨЗДӨРДҮ АЙТЫШУУДА.**

Аз. Мехди (ас)дын жанында периштелердин болоорун жана ал периштелердин ага жардам берээрин Пайгамбар Мырзабыз (сав) хадистеринде айткан:

**АЗРЕТИ ЖАБРАИЛ (А.С) ЖАНА АЗРЕТИ МИКАИЛ (А.С), КЫРК АЛТЫ МИҢ (46000) ПЕРИШТЕ** Имам Мехди (Аз. Мехди (ас))дын **ЖАРДАМЧЫЛАРЫ ЖАНА ЖОЛДОШТОРУ** арасында болот. *(Şeyh Sadooq'un(a.r.) Al-Amaali, отурум: 92, бет: 504; No'mani, Al-Ghaibah бет: 56; Tafseer al-Ayyaashi, том: 1, бет: 197; Bihar-ül Envar, том: 19, бет: 284; бет: 52, бет: 326 Kaamil al-Ziyaaraat'тан алган; том: 52, бет: 356; том: 53, бет: 14, 87; Tafseer al-Burhaan, том: 1, бет: 313; Al -Burhaan Fi Alaamaat-e-Mahdi Aakher al-Zamaan (as), бет: 77; Mikyaal al-Makaarem, том: 1, бет: 29, 73-74)*

Бирок **АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ЖАНЫНДАГЫ ПЕРИШТЕЛЕРДИН КӨРҮНҮШҮ РУХАНИЙ ААЛАМДА ГАНА ИШКЕ АШКАН ЖАНА ОШОНДУКТАН ПЕРИШТЕЛЕР ГАНА КӨРӨ АЛА ТУРГАН БИР ОКУЯ БОЛОТ.**

Аллах (ж.ж.) Куранда Пайгамбарыбыз (сав)дын коомунан кээ бир кишилердин Аз. Мухаммед (сав)дын пайгамбарлыгынын бир далили катары жанында периште түшүрүлүшү керек дешкенин кабар берип, андан соң Пайгамбарыбыз (сав)дын эскертүүчү катары жөнөтүлгөн бир адам, бир элчи гана экенин билдирген:

**Эми алардын: «Ага бир казына түшүрүлүшү же АНЫ МЕНЕН БИРГЕ БИР ПЕРИШТЕ КЕЛИШИ КЕРЕК ЭМЕС БЕЛЕ?» дегенинен улам көкүрөгүң кысылып сага вахий болгондордун бир бөлүгүн таштайсыңбы? Сен болгону бир эскертүүчүсүң. Аллах бүт нерсеге өкүл. (Худ Сүрөсү, 12)**

Дагы көп аяттарда болсо пайгамбарларды танган кишилердин көбүнчө ишенүү үчүн периштелерди көрүү шартын койгону айтылат:

**«Эгер чын сүйлөп жаткан болсоң, <u>БИЗГЕ ПЕРИШТЕЛЕРДИ АЛЫП КЕЛИШИҢ КЕРЕК ЭМЕСПИ?</u>» Биз периштелерди акыйкат менен гана түшүрөбүз. Анда болсо аларга көз ачтырылбайт. (Хижр Сүрөсү, 7-8)**

**Жана айтышат: <u>«АГА БИР ПЕРИШТЕ ТҮШҮРҮЛҮШҮ КЕРЕК ЭМЕС БЕЛЕ?»</u> Эгер бир periште түшүрүлгөн болгондо, албетте иш бүткөн болмок, анан аларга көз ачтырылмак эмес. (Энъам Сүрөсү, 8)**

**Чындыгында, <u>БИЗ АЛАРГА ПЕРИШТЕЛЕР ТҮШҮРСӨК, АЛАР МЕНЕН ӨЛҮКТӨР СҮЙЛӨШСӨ ЖАНА БҮТ НЕРСЕНИ АЛДЫЛАРЫНА ЧОГУЛТСАК ДА, АЛЛАХ КААЛАМАЙЫНЧА, БААРЫ БИР АЛАР ИШЕНИШМЕК ЭМЕС.</u> Бирок алардын көпчүлүгү жахилдик кылышууда. (Энъам Сүрөсү, 111)**

**Алар <u>ӨЗДӨРҮНӨ ПЕРИШТЕЛЕРДИН КЕЛИШИН</u>, же болбосо Раббиңдин келишин же Раббиңдин кээ бир аяттарынын келишин күтүп жатышабы? Раббиңдин аяттарынан кээ бирлери келген күнү, мурда ыйман келтирбеген болсо же ыйманы менен бир жакшылык таппаган болсо, эч кимге ыйманы пайда бербейт. Айткын: «Күткүлө, биз да күмөнсүз күтүп жатабыз.» (Энъам Сүрөсү, 158)**

**(Каапырдыкка адашкандар) <u>АЛАРГА ПЕРИШТЕЛЕРДИН КЕЛИШИНЕН</u> же Раббиңдин буйругунун келишинен башка бир нерсени күтүп жатышабы? Алардан мурдакылар да ушундай кылышкан. Аллах аларга зулумдук кылган жок, бирок алар өз напсилерине зулумдук кылышты. (Нахл Сүрөсү, 33)**

**Анан коомунан каапырдыкка адашкан алдыңкылар айтышты: «Бул силерге окшогон бир адам гана. Силерге үстөм болгусу келип жатат. <u>ЭГЕР АЛЛАХ (АНЫН АЙТКАНДАРЫН) КААЛАГАНДА, СӨЗСҮЗ ПЕРИШТЕЛЕРДИ ТҮШҮРМӨК.</u> Биз өтмүш аталарыбыздан да муну уккан эмеспиз.» (Мүминун Сүрөсү, 24)**

**Айтышты: «Бул элчиге эмне болгон, тамак жейт жана базарларда жүрөт? <u>АГА АНЫ МЕНЕН БИРГЕ ЭСКЕРТҮҮЧҮ БОЛО ТУРГАН БИР ПЕРИШТЕ ТҮШҮРҮЛҮШҮ КЕРЕК ЭМЕС БЕЛЕ?</u>» (Фуркан Сүрөсү, 7)**

**«Андай болсо (эгер чынчыл болсо), үстүнө алтындан билериктер ташталышы же жанында <u>АНЫ МЕНЕН БИРГЕ ПЕРИШТЕЛЕР КЕЛИШИ</u>**

**<u>КЕРЕК ЭМЕС БЕЛЕ?</u>" Ошентип өз коомун басмырлады, алар болсо ага моюн сунушту. Чындыгында алар бузуку бир коом эле. (Зухруф Сүрөсү, 53-54)**

**Аларга «Бир гана Аллахка кулчулук кылгыла» деп алдыларынан жана арттарынан элчилер келгенде, айтышты: «<u>ЭГЕР КААЛАГАНДА РАББИБИЗ ПЕРИШТЕЛЕР ТҮШҮРМӨК.</u> МЫНДАН УЛАМ БИЗ СИЛЕРДИН АЛЫП КЕЛГЕН НЕРСЕЛЕРИҢЕРДИ ЖОККО ЧЫГАРАБЫЗ (ТАНАБЫЗ).» (Фуссилет Сүрөсү, 14)**

**«Же ӨЗҮҢ АЙТКАНДАЙ, асманды үстүбүзгө бөлүк бөлүк түшүрүшүң же АЛЛАХТЫ ЖАНА ПЕРИШТЕЛЕРДИ АЛДЫБЫЗГА (КҮБӨ КАТАРЫ) АЛЫП КЕЛИШИҢ КЕРЕК.» «Же алтындан бир үйүң болушу керек же асманга көтөрүлүшүң керек. Бизге биз окуй ала турган бир китеп түшүрмөйүнчө сенин көтөрүлгөнүңө да ишенбейбиз». Айткын: «Раббимди улуулайм; мен элчи кылынган бир адамдан башкасы эмесмин». Аларга хидаят (туура жол) келгенде, адамдарды ишенүүдөн (ыймандан) алардын: «Аллах элчи кылып бир адамды жөнөттүбү?» деген сөздөрү гана тосуп койду. АЙТКЫН: «ЭГЕР ЖЕР ЖҮЗҮНДӨ (АДАМ ЭМЕС) ЫРААЗЫ БОЛУП ЖҮРГӨН ПЕРИШТЕЛЕР БОЛГОНДО, БИЗ ДА АЛАРГА АСМАНДАН ЭЛЧИ КАТАРЫ АЛБЕТТЕ ПЕРИШТЕЛЕРДИ ЖӨНӨТМӨКПҮЗ.» (Исра Сүрөсү, 92-95)**

Бул аяттардан да апачык көрүнүп тургандай, ыйман кылбагандардын айткан шылтоолору ар доордо бир эле болгон. **Пайгамбар Мырзабыз (сав)дын доорундагы каапырлар Пайгамбарыбыз (сав)га ишенбешинин далили катары жанында периште болбошун айтканы сыяктуу, учурда да ыйман кыла албаган кээ бир адамдар Аз. Мехди (ас) сыяктуу вели (олуя) бир адамдын чыгышын кабыл албаш үчүн дал ошол ыкманы колдонушууда.**

«Аз. Мехди (ас)дын башынын үстүндө бир периште болот», «бүт адамдар ал периштени көрүшөт» жана «Аз. Мехди (ас)ды ушундайча таанышат» деп, дүйнө шарттарында Аллахтын каалоосу менен эч качан болбой турган бир нерсени айтышып, Аз. Мехди (ас)дын чыгышына өз ойлорунда жолтоо боло алабыз деп ойлошууда.

Хадистерде «Аз. Мехди (ас)дын башынын үстүндөгү бир булуттан бир периштенин жар салып, «Аз. Мехди (ас) ушул, ага моюн сунгула» деп Аз. Мехди (ас)ды таанытаары айтылат, **бирок хадисте айтылган булут адамдар көрө ала турган бир булут эмес. Руханий ааламда периштелер менен жин ааламы көрө ала турган бир булут.** Мындай окуя периштелер менен жиндер

үчүн акылга сыйбас бир көрүнүш болбойт. Пайгамбарыбыз (сав)дын хадистеринде кабар берилгендей, Аз. Мехди (ас) адамдардан тышкары, жиндер менен периштелердин да Аз. Мехдиси болот. Аллах Аз. Мехди (ас)ды 3 бөлөк ааламга тең мээрим катары жөнөткөн. Ошондуктан бул сөз жиндерге жана өзгөчө периштелер ааламына тиешелүү жана мындай көрүнүш алар үчүн кадыресе бир окуя болот. Хадисте айтылган окуя ишке ашып бир periште Аз. Мехди (ас)ды сүйүнчүлөп тааныткандa, башка бир хадисте айтылгандай башка периштелер да ал чакырыкты кабыл алып, Аз. Мехди (ас)га жардам беришет. Пайгамбарыбыз (сав)дын бул жөнүндөгү хадистери мындай:

**... Аз. Аллах 3000 периштени ага** (Аз. Мехди (ас)га) **жардамга жөнөтөт.** *(Nuaym b. Hammad)*

**Аллах аны** (Аз. Мехди (ас)ды) **үч миң periште менен колдойт.** *(El Kavlu-l Muhtasar Fi Alamatil Mehdiyy-il Muntazar, Ahmed İbn-i Hacer-i Mekki, б. 41)*

Ошондуктан бул хадистердин сырттан көрүнгөн маанисине карап жоромол жасабаш керек. Себеби бул жерде «бир булуттун ичинде бир периштенин келип адамдар менен сүйлөшүшү жана аларга Аз. Мехди (ас)ды таанытышы» жөнүндө айтылбаганы анык. Мындай окуя Пайгамбарыбыз Аз. Мухаммед (сав)да да, башка пайгамбарлардын эч биреөсүндө да болгон эмес. Пайгамбарларга да периштелер эч качан periште экени жүз пайыз көрүнүп турган көрүнүштө эмес, дайыма сулуу бир адам кейпинде келишкен. Мындай керемет болсо, адамдардын баары мажбурлуу ыйман келтиришип, Аз. Мехди (ас)ды кабыл алышмак жана эч күмөн санашмак эмес. Бирок мындай абал Аллах Куранда билдирген Аллахтын адатына толугу менен карама-каршы. Себеби Аз. Мехди (ас) менен байланыштуу мындай керемет болсо, дүйнө жашоосунда адамдар үчүн жаратылган «сыноо» болбой калмак, бул болсо Куран боюнча мүмкүн эмес. Периштелер адамдарга көрүнбөйт. Периштелер Аз. Мехди (ас)га көрүнбөстөн жардам беришет, адамдардын жүрөгүнө Аллахтын каалоосу менен, «Бул киши Аз. Мехди (ас)» деп илхам кылышат. Кээ бир кишилер айткандай, асмандан периштелер адамдарга көрүнүп, «Бул Аз. Мехди (ас). Ага моюн сунгула» десе, ошондой эле булуттан бир кол чыгып, Аз. Мехди (ас)ды көрсөтүп ага моюн сунууну ишарат кылса жана миллиондогон адамдар бул окуяга күбө болушса, бүт мындай ачык жана анык далилдерге карабастан Аз. Мехди (ас) дагы эле Мехди экенин кабыл албаса, анда мындан ал периштелердин эч биринин сөзүнө ишенбейт деген маани келип чыгат. Бул болсо мүмкүн эмес нерсе. Периштелер ачык сүйлөшүшү өз араларында болот.

Аз. Мехди (ас) Меккеге барат жана ал жерде, өзү каалабай турса да, адамдардын **«эгер кабыл албасаң, сенин мойнуңа урабыз»** деп мажбурлашынан соң Рукун менен Макам арасында биаттарын (моюн сунууларын) кабыл алат. *(El-kavlu'l muhatasar fi alamet-il mehdiyy-il muntazar, б. 32)*

Аз. Мехди (ас)дын жанында көрүнгөн бир периште болуп бүт адамдарды ага моюн сунууга чакырса, Аз. Мехди (ас) да өзүнүн Аз. Мехди (ас) экенине анык ишенет. Мындай абалда адамдардын аны мажбурлап Аз. Мехди (ас) экенин кабыл алдырышынын кажети жок болот. Себеби жанында көрүнгөн бир периште турса, анын айткандары туура жана анык далил болгондуктан, Аз. Мехди (ас) каршы чыкмак эмес. Анда Аз. Мехди (ас)дын адамдардын ага моюн сунушун кабыл алышы шарт болмок.

<u>Ар кайсы өлкөлөрдөн көптөгөн аалымдар бир-биринен кабарсыз Мехдини издөө үчүн жолго чыгышат</u> жана аалымдардын ар бирине 310дой адам жолдош болот... бир-бирлеринен «ал жерге эмне үчүн келгенин» сурашканда, баары «бул фитналарды токтото турган жана Константинопольду руханий ээлей турган Мехдини издеп жатабыз, себеби биз анын, атасынын апасынын жана аскерлеринин аттарын билдик» деп жооп беришет. *(El-kavlu'l muhatasar fi alamet-il mehdiyy-il muntazar, б. 40)*

Ислам аалымдарынын Аз. Мехди (ас)ды издеп чыгаары Пайгамбарыбыздын (сав) хадистеринде көп жерде айтылат. Аз. Мехди (ас)дын башынын үстүндө анын Аз. Мехди (ас) экенин айткан көрүнгөн бир периште болсо, бүт адамдар ким экенин жана турган жерин заматта билип калышмак. Ислам аалымдарынын Аз. Мехди (ас)ды издеп чыгышынын эч кажети болмок эмес. Кээ бир жахил дин аалымдары Аз. Мехди (ас)дын чыгышын өз ойлорунда адамдардан жашыра алуу үчүн дагы бир «жол» катары «Аз. Мехди (ас)га танка, ок, курал-жарак, ал тургай, атом бомбасы да таасир бере албайт» дешүүдө. Чындыгында болсо, Пайгамбарыбыз (сав) хадистеринде Аз. Мехди (ас)дын пайгамбарларга көп тараптан окшошоорун жана алар сыяктуу ар кандай кыйынчылыктар менен күрөшөөрүн айткан. Аз. Мехди (ас) да пайгамбарлар сыяктуу жалган жалааларга кабылып, ар кандай кыйынчылык, жалаа жана балээлер менен сыналат, жана каапырлар курган тузактарга туш болот. Пайгамбарыбыз (сав)дан риваят кылынган хадистер төмөнкүдөй.

Имам Зейнул Абидин алейхис-салам мындай деген:

**«БИЗДИН КАИМИБИЗ (АЗ. МЕХДИ (АС)) МЕНЕН АЛЛАХТЫН**

**ЭЛЧИЛЕРИ АРАСЫНДА БИР КАТАР ОКШОШТУКТАР БАР. НУХ, ИБРАХИМ, МУСА, ИСА, АЙЙУБ ЖАНА МУХАММЕД САЛЛАЛЛАХУ АЛЕЙХИ ВА АЛИХ ПАЙГАМБАРЛАРДЫН АР БИРИ МЕНЕН БИР ОКШОШТУГУ БАР. Нух** менен узун өмүрлүү болушунда, **Ибрахим** менен жашыруун төрөлүшүндө жана калктан алыс болушунда; **Муса** менен корккон абалы (Аз. Мехди (ас)га багытталган коркунучтардын көптүгү; өлтүрүү, тузак куруу, камакка алуу, көзөмөлгө алуу, сүргүн сыяктуу ар кандай кооптуулуктардын көп болушу) жана көздөрдөн алыс жашашында (дайыма жашырынып жашашында); **Иса** менен элдин ал жөнүндө талаш-тартышка түшүшүндө (кээ бир адамдардын «Аз. Мехди (ас) келет», кээ бирлеринин болсо «келбейт» дешинде); **Аййуб** менен балээден соң кутулуунун келишинде (Аз. Мехди (ас)га да көптөгөн кыйынчылык, оору, дарттардын келиши, бирок Аз. Аййуб сыяктуу Аллахтын мээрими менен баарынан кутулушунда); **Мухаммед** (сав) менен болсо кылыч менен кыям этишинде (Пайгамбарыбыз (сав)дын ыйык аманаттары болгон куттуу желеги, кылычы жана көйнөгүнүн (жемпер) Аз. Мехди (ас)дын жанында болушунда) окшоштугу бар.» *(Kemal'ud-Din 322-б., 31-бап 3-хадис)*

**«Эбу Басир айтат: Имам Мухаммед Бакыр Алейхиссаламдын мындай дегенин уктум: «Бул КӨЗДӨН КАЙЫМДЫН (АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН) ЭЭСИНДЕ ТӨРТ ПАЙГАМБАРДЫН СҮННӨТҮ БАР:... Айттым: «АЗ. ЙУСУФТУН СҮННӨТҮ ЭМНЕ?» АЙТТЫ: «ЗЫНДАН МЕНЕН КӨЗДӨН КАЙЫМ (АЛЫС) БОЛУУ.»...** *(Şeyh Muhammed b.İbrahim-i Numani, Gaybet-i Numani б. 190)*

Пайгамбарыбыз (сав) хадистеринде акыр замандын Чоң Мехдисинин дажжалият системасынын кысымдарына, кыйноо менен азаптарына туш болоорун, камалаарын, өлтүрүлүү коркунучу менен жашаарын, колдору менен буттарынан чынжырга байланаарын, мойнуна жез барак асылып, азап менен кыйынчылыкка ташталаарын, элден обочо кармалаарын айткан.

Эгер Аз. Мехди (ас) кээ бирлер айткандай башында көрүнгөн периштелер бар, курал-жарак, танка, ок эчтеке кыла албаган укмуштуу бир жандык болгондо, кантип түрмөгө камалып, кантип кыйноо, кысымчылык көрүп, кыйынчылык ичинде жашамак эле? Эч бир курал-жарак, бомба эч нерсе кыла албаган бир кишиге ким жакындай алат, ким андай кишини камап же кыйнай алат? Мындан тышкары, Пайгамбарыбыз (сав) Аз. Мехди (ас)дын көздөн кайым (эл көзүнөн алыс) болгон учуру болоорун да айткан. Эгер Аз. Мехди (ас) андай укмуштуу бир адам болгондо, эмне үчүн элден жашынып, көздөрдөн алыс жашамак эле?

Көрүнүп тургандай, кээ бир жахил дин аалымдарынын айткан сөздөрү

Бедиүззаман Саид Нурси Азрети айткан сүрөттөөгө толук дал келүүдө. Мусулмандарды ушул сыяктуу ыкмалар менен жаңылтууга жана алдоого аракеттенүү дүйнөдө жана акыретте адамды чоң жоопкерчилик астында калтырышы мүмкүн.

Аллах бир Куран аятында мындай деп билдирет:

**Кыямат күнү өз күнөөлөрүнүн баарын жана караңгылык менен адаштыргандарынын күнөөлөрүнүн бир бөлүгүн көтөрүшү үчүн. Карачы, кандай жаман жүктү аркалашууда. (Нахл Сүрөсү, 25)**

## АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН КЕЛИШИ КАНЧА ТҮРДҮҮ ЫКМА МЕНЕН ЖАШЫРЫЛУУДА?

Аз. Мехди (ас)дын келиши жана бар экени жөнүндө ар кандай жаңылыштыктарга түшкөн көптөгөн адамдар бар. Бул жаңылуулардын кээ бирлери төмөнкүдөй:

**1.** Аз. Мехди (ас) буга чейин жашап кеткен, илгери чыккан.

**2.** Аз. Мехди (ас) руханият, б.а. көзгө көрүнбөс бир рух сыяктуу. Ошондуктан бир адам деп күтүүнүн мааниси жок.

**3.** Аз. Мехди (ас) келет, бирок бир канча кылымдан кийин келет.

**4.** Аз. Мехди (ас) катардагы бир адам болот. Аз. Мехди (ас) Бедиүззаман эмгектеринде «Аз. Мехди (ас)дын үч кызматы бар» деп айткан кызматтардын 2- жана 3-кызматтарын орундатат, материалист, дарвинист жана атеист философиялар менен пикирдик күрөш жүргүзбөйт, ыйманга себеп болчу акыйкат, далилдерди баян кылбайт, болгону Рисалелерди (Бедиүззамандын эмгектерин) окуй турган кайсы бир саясий лидер. Ошондуктан өтө таанылган бирөө болбойт.

**5.** Аз. Мехди (ас) деген бир киши такыр жок жана эч качан келбейт.

**6.** Аз. Мехди (ас) келиши мүмкүн, бирок бул темаларды изилдөө туура эмес. Аз. Мехди (ас) келгенде биздин кызмат кылып жатканыбызды көрүшү керек, ошондуктан изилдөөнүн кажети жок. Келсе келет, келбесе жок.

**7.** Башынын үстүндөгү бир периште бүт адамдарга көрүнүп «Бул Мехди,

ага моюн сунгула» деши, Аз. Мехди (ас)га танка, ок, курал-жарак эч нерсе кыла албашы зарыл. Мындай өзгөчөлүктөрү жок киши Аз. Мехди (ас) эмес.

**8.** Акыр заманда көп санда Мехди келет. Үч, беш, он даана Мехди келиши мүмкүн. Баары акырын Мехдилик кызматтарын орундатып көз жумушат, ошондуктан бул чындыкты өтө аз киши билет.

Аз. Мехди (ас)дын келиши жөнүндө Расулуллах (сав)дын ушунчалык ачык хадистери, Бедиүззаман Саид Нурси Азретинин ушунчалык так, түшүнүктүү сөздөрү турганда, муну мынчалык татаал жана түшүнүксүз кылып, жаап-жашырууга аракет кылуу – акыр замандын кызыктай жана олуттуу өзгөчөлүктөрүнүн бири. Аз. Мехди (ас)дын келиши жана бар экени жөнүндөгү жогоруда санап өтүлгөн жаңылыштыктарга түшкөн жүз миллиондогон адам бар. Аз. Мехди (ас) ушул кылымда келет деп ишенгендер болсо башында 313 киши болот. Учурдагы жалпы көрүнүш да мунун ушундай экенин көрсөтүүдө. Расулуллах Мырзабыз (сав) куттуу хадистеринде Аз. Мехди (ас)дын жанында 313 кишинин чогулаарын айткан.

Ачык, анык хадистер боюнча, Аз. Мехди (ас)ды түшүнө алган 313 кишиден башка эч ким болбойт. Түшүнбөшүнүн себеби жогоруда саналган жаңылыштыктар. Кээ бир адамдар Аз. Мехди (ас)дын бар экенин чындап түшүнбөсө, кээ бирлери шайтандык бир аракет менен билмексен болот жана Аз. Мехди (ас) көрүнгөнгө чейин абал ушундайча уланат. Бедиүззаман Саид Нурси Азрети болсо Аз. Мехди (ас)дын ыймандын нуру менен таанылаарын жана аны байкап жанында боло турган кишилердин өтө аз санда болоорун мындайча билдирет:

Бул озуйпа (милдет) таянган күч жана руханий армиясы ыклас, берилгендик жана биримдик сыпаттарына толук ээ болгон бир катар шакирттер. **Канчалык аз болушса да, руханий жактан бир армиядай күчтүү жана кымбаттуу болушат.** Мына ошол көп тараптуу, ошол кубаттуу армия Ал-и Мухаммед Алейхиссалату Вассалам жана Аз. Мехдинин эң өзгөчө армиясы. *(Emirdağ Lahikası, б. 259)*

Аз. Мехди (ас)дын чыгышына тиешелүү бүт алааматтар чыкканына жана ал ишараттар апачык болгонуна карабастан, Аз. Мехди (ас)дын таанылбашы өтө чоң бир керемет. Бирок адамдардын көпчүлүгүнүн көзүнө парда тартылган жана адамдар ушул ачык чындыктарга карабастан, Аз. Мехди (ас)ды байкай албай жатышат. Бул абал акыр замандын күчүнүн чоңдугун, маанилүүлүгүн, баам-парасаттын канчалык жоголгонун, адамдардын кандай акылда экенин көрсөтүүдө.

Бирок Аз. Мехди (ас)дын чындап жалгыз бир киши экенин жана ушул кылымда чыгаарын Аллахтын уруксаты менен бүт дүйнө жакында түшүнөт.

## АЗ. МЕХДИ (АС) АКЫЛГА СЫЙБАС ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨР МЕНЕН – АЛЛАХ МЫЙЗАМЫНА КАРШЫ АБАЛДА- КЕЛБЕЙТ; БҮТ ПАЙГАМБАРЛАРДАГЫ СЫЯКТУУ, АКЫЛ КАБЫЛ АЛА ТУРГАН – АЛЛАХ МЫЙЗАМДАРЫНА ЫЛАЙЫКТУУ ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨР МЕНЕН- КЕЛЕТ

Аз. Мехди (ас) адамдар, каалаcа да каалабаса да, ыйман кылууга мажбур боло тургандай бир көрүнүштө чыкпайт. Тескерисинче, Аз. Мехди (ас) кадыресе жана Аллах мыйзамына туура келген бир көрүнүштө болот жана Аллах мыйзамына туура келген кадыресе бир өмүр сүрөт. Ансыз да, ушул себептен Аз. Мехди (ас) эл арасында оңойчулук менен таанылбайт, акырындап кийинчерээк таанылат. Бедиүззаман Саид Нурси айткандай, «жакын шакирттери дагы ыймандын нуру менен гана; ага карашканда Аз. Мехди (ас)ды байкашат.»

***«Анын алааматтары келди.»*** *(Мухаммед Сүрөсү, 18)* ***аятынын бир нуктеси*** *(терең мааниси)* ***бул заманда элден момундардын ыйман деңгээлин жана күмөн менен тынчсыздануулардан коргоо үчүн жазылган. Акыр заманда ишке аша турган окуяларга*** *байланыштуу хадистердин бир бөлүгүнүн окшоштуруп баяндалган Куран аяттары* ***сыяктуу терең маанилери бар. Мухкемдер*** *(Курандын жоромол талап кылбаган ачык аяттары) сыяктуу тафсир кылынбайт (чечмеленбейт)* ***жана бүт адамдар биле бербейт. Балким тафсир (чечмелөө) ордуна тевил кылышат*** *(башкача чечмелешет).*

***... «Чындыгында болсо ал аяттардын тафсирин*** *(чыныгы чечмеленишин)* ***Аллахтан жана илимде тереңдеген жана истикамет (тууралык) ээси болгондордон башкасы биле албайт»*** *(Али Имран Сүрөсү, 7) сыры менен, болуп өткөн* ***соң тевилдери (чыныгы маанилери) түшүнүктүү болот жана эмне ой айтылганы белгилүү болот, илимде расих болгондор*** *(илимде тереңдеген; диний илими бекем жана күчтүүлөр)* ***«Биз буга ишендик. Мухкем (ачык) аяттар да, мутешабих (салыштырмалуу) аяттар да баары Раббибиздин Кабатынан түшүрүлгөн.»*** *(Али Имран Сүрөсү, 7)* ***деп ал жашыруун акыйкаттарды ачыкка чыгарышат.*** *(Şualar, 5. Şua, б. 578)*

**Биринчи жагдай:**

**Ыйман жана сунуш** (жоопкерчилик) **ыктыяр чөйрөсүндө** (эрк жана бир нерсени тандай алуу күчү жагынан) **бир сыноо, бир тажрыйба, бир**

**жарыш болгондуктан, пардалуу** (үстү жабык) **жана терең жана теткик** (изилдөө) **жана тажрыйба талап кылган теориялык маселелер албетте бедихи** (өтө белгилүү жана ачык) **болбойт. Жана баары кааласа каалабаса тастыктай турган** (бүт баары кабыл ала турган) **даражада зарыл болбойт. Ошентип Эбу Бекирлер аъла-йы иллийинге** (бийиктердин эң бийигине) **чыгышсын жана Эбу Жехилдер эсфел-и сафилинге** (төмөндөрдүн эң төмөнүнө) **түшүшсүн** (үчүн)**. Ыктыяр калбаса** (адамдагы бир нерсени тандай алуу күчү, б.а. эрк жоголсо) **теклиф калбайт (**анда кишинин жоопкерчилиги да калбайт)**. Жана ушул сыр менен хикматтан** (даанышмандыктан) **улам, кереметтер сейрек жана кээ-кээде берилет** (кээ-кээде гана кереметтер болот)**. Дүйнөдөгү сыноо шарттарында көзгө көрүнө турган кыямат алааматтары жана кыяматтын болушун кабар берген белгилер, кээ бир Курандагы мутешабих** (өкүмү ачык эмес, чечмелөө керек болгон) **аяттар сыяктуу, жабык жана тевилдүү** (чечмелөө талап кылган абалда) **болот. Бирок, күндүн магрибден** (батыштан) **чыгышы бедахет даражасында** (апачык абалда) **бүт адамдарды тастыктоого мажбур кылгандыктан** (бүт баары көрүп ишене турган бир окуя болгондуктан)**, тообо эшиги жабылат; андан соң тообо менен ыйман макбул болбойт** (бул окуя болгон соң, Аллах Кабатында кишинин тообосу жана ыйман келтирилиши кабыл алынбайт)**. Себеби Эбу Бекирлер, Эбу Жехилдер менен тастыкта бирге болушат** (анда жакшылар да, жамандар да бул чындыктарды кабыл алат жана экөөсү тең бирдей абалда болгон болот)**. Ал тургай, Азрети Иса Алейхиссаламдын нүзулү** (экинчи жолу жер жүзүнө түшүшү) **да жана анын Иса Алейхиссалам экени ыймандын нуру менен билинет; бүт баары биле бербейт.**

**Экинчи жагдай:**

**Пайгамбарларга билдирилген умур-у гайбийе** (кайыпка тиешелүү, билинбеген иштердин жана окуялардын) **бир бөлүгү майда-бараттары менен билдирилет. Бул жакта эч кыскартуу болбойт жана кийлигише албайт. Курандын жана куттуу хадистин** (Пайгамбарыбыз (сав) айткан, Аллахтын Курандан тышкаркы сөздөрү орун алган хадистердин) **мухкематы** (чечмелөө талап кылбаган ачык болгондору) **сыяктуу. Жана калган бир бөлүгү кыскача билдирилет, тафсилат** (майда-бараттары) **жана тасвираты** (баяндары) **анын ижтихадына тапшырылат** (диний жактан анык өкүмү билдирилбеген нерселер болгондуктан, Пайгамбардын Куран менен хадиске таянып түшүндүрүп өкүм беришине калтырылат)**. Ыйманга кирбеген хадисат-ы кевнийеге** (ыйман темаларынан тышкары, ааламда болгон окуяларга) **жана вукуат-ы истикбалийеге** (келечекте боло турган окуяларга) **тиешелүү хадистер сыяктуу. Бул бөлүктө, Пайгамбарыбыз (А.С.М.)**

**белагаты менен** (максатка жана шарттарга эң ылайыктуу жасаган; сонун, маңыздуу сөздөрү менен), **салыштырмалуу окшоштуруулар менен, сыноонун сырына туура келген абалда терең баяндап, аларды мисалдар менен түшүндүрөт. Мисалы: бир маекте терең бир добуш угулду. Айтты: «Бул добуш жетимиш жылдан бери тозок тарапка кулап бараткан бир таштын ушул мүнөттө тозоктун түбүнө жетип түшүшүнүн добушу.» Бул кызыктай кабардан беш-алты мүнөттөн соң бирөө келип айтты: «Эй Расулуллах! Жетимиш жашындагы баланча мүнафык көз жумду, тозокко кетти.»** *(Müslim: Cennet (Муслим: Бейиш), 31, хадис №: 2844; Müsned, 3:341, 346*) (Бул мисал) **Пайгамбардын бийик белигане келамынын** (кемчиликсиз, орундуу, абалга ылайык айткан маңыздуу сөзүнүн) **тевилин** (чечмеленишин жана түшүндүрмөсүн) **көрсөттү.**

**Үчүнчү жагдай: эки маңыз.**

**Биринчиси:**

**Тешбихтер жана темсилдер сүрөтүндө** (окшоштуруу жана салыштырма мисалдарды колдонуп) **риваят кылынган кээ бир хадистер ортодон убакыт өткөн сайын эл арасында тыштан көрүнгөн мааниси менен туура деп кабыл алынгандыктан, ал хадистер ишке ашкан окуяларга туура келбегендей көрүнгөн. Чындыктын өзү болгонуна карабастан, окуялардын негизи хадистерде айтылганга толук туура келгени байкалбай калууда.**

**Экинчиси:**

**Кээ бир хадистер Мусулмандар көпчүлүк болгон же Ислам ахлагы жашалган же халифалыктын борбору турган жер жөнүндө болгону менен, бүт адамдар жөнүндө деп кабыл алынган жана белгилүү бир топ жөнүндө болгонуна карабастан, бүт адамдарды камтыган жана жалпы бир нерседей кабыл алынган.**

**Төртүнчү жагдай:**

**Ажал жана мевт** (өлүм) **сыяктуу, билинбеген иштердин көптөгөн акылмандык жана максатка ылайык жашыруун сакталышы сыяктуу, дүйнөнүн жандалбаска түшкөн абалы жана өлүмү жана адамдардын жана айбандардын ажалы менен өлүмү болгон кыямат дагы көптөгөн пайда жана акылмандык менен жашырылган...**

**... Эгер булар апачык белгилүү болгондо, ыймандын кээ бир негиздери менен чындыктары апачык көзгө көрүнөр болуп калмак, баары кааласа каалабаса тастыктамак** (бүт адамдар бул чындыктарга

ишенип ыйман келтиришмек)**. Ыктыяр** (абийирди колдонуп бир нерсени тандай алуу күчү) **менен эркке байланыштуу дүйнө жашоосундагы сыноонун сыры жана ыйман келтирүүнүн артындагы акылмандык менен максат да бузулмак** (жок болмок).

**Мына ушул сыяктуу көптөгөн максат жана акылмандыктар менен келечек жөнүндөгү билинбеген иштер менен окуялар жашыруун болгондуктан, бүт адамдар ар мүнөттө ажалын да, жашоосун да ойлогондуктан, дүйнө үчүн да, акырет үчүн да иштеген сыяктуу, ар кылымда да кыяматтын болушун да, дүйнөнүн уланышын да ойлогондуктан, бир жагынан убактылуу дүйнө жашоосунда түбөлүк жашоосуна, экинчи жагынан эч өлбөй тургандай болуп дүйнөнү сулуулаганга аракет кыла алат.**

**... Жана материалдык ааламда келечекте боло турган окуялардын көпчүлүгүнүн ушундай терең сырлары болгондуктан, кайыптан** (келечектен) **кабар берүүгө тыюу салынган.** (Аллахтын мыйзамындагы) **«Кайыпты бир гана Аллах билет» эрежесине карата сыйлабастык жана баш ийбестик кылбаш үчүн, медар-ы теклиф** (дин талап кылган жоопкерчиликтер, диндин буйруктары менен тыюулары) **жана ыйман негиздеринен башка, Аллахтын уруксаты жана буйругу менен, келечек жөнүндө билинбеген жана жашыруун окуялардан кабар бергендер дагы ишарат маанисинде пардалуу жана үстү жабык кабарлар беришкен. Ал тургай, Тоорот жана Инжил жана Зебурда Пайгамбарыбыз жөнүндө келген сүйүнүчтүү кабарлар менен маалыматтар дагы белгилүү деңгээлде пардалуу жана жабык келген;** (натыйжада) **ал китептерге моюн сунган кээ бир адамдар ал чындыктарды өз пикирлери менен туура эмес жоромолдошуп ыйман келтиришкен эмес. Бирок ыйман негиздери менен байланыштуу темаларда түшүндүрүп жана кайталап кабар берүү жана апачык баяндап берүү адамдын сыноосундагы жоопкерчиликтери жагынан керектүү болгондуктан, Аллахтан алган маалыматтарды адамдар түшүнө тургандай кылып айтып берген Пайгамбарыбыз (сав) акыретке байланыштуу темаларды терең жана дүйнөнүн келечеги жөнүндөгү темаларды болсо кыскача кабар берген.**

**Бешинчи жагдай:**

**... Дажжалдын кылымдарына тиешелүү кереметтери, алар менен байланыштуу абалда риваят кылынгандыктан, ал өзгөчөлүктөрдүн ал кишилердин өзүндө болоору кабыл алынып, ошондой элестетилгендиктен, ал риваяттын мааниси жаап, жашырылган. Мисалы, учак жана поезд менен саякат кылышы...**

**Мисалы, Ислам дажжалы өлгөндө ага кызмат кылган шайтандын Стамбулдагы Дикилиташта бүт дүйнөгө кыйкыраары кеңири тараган** *(Müslim: Fiten (Муслим: Фитен), 34)* **жана бүт баары ал үндү угушат: «Ал өлдү». Б.а. өтө таң калыштуу жана шайтандарды да таң калтыра турган радио менен кыйкырылып, кабар берилет.**

**Дажжалдын режимине** (башкаруусуна) **жана курган комитетине** (жашыруун жамаатына) **жана өкмөтүнө тиешелүү кызыктай абалдары жана коркунучтуу иш-аракеттери анын өзү менен байланыштуу риваят кылынгандыктан мааниси жашырылган. Мисалы** (хадисте) **«ушунчалык күчтүү жана (ишин) уланта берет; Азрети Иса (ас) гана аны өлтүрө алат (таасирсиз кылат), башка чара жок»** *(Tirmizi, Fiten: 62; Ebû Dâvud, Melâhim: 14; Müsned, 3:420, 4:226; el-Hâkim, el-Müstedrek, 4:529-530)* (деп) **риваят кылынган. Б.а. анын кесибин** (ыкмасын) **жана жырткыч режимин** (башкаруусун) **буза турган, өлтүрө турган** (таасирсиз кылып руханий жок кыла турган) **Аллах Кабатынан жөнөтүлгөн жана улук, чын ыкластуу бир дин Исевилерде** (Христиандарда) **чыгат жана Куран акыйкатына моюн сунган жана Ислам дини менен биримдик түзүп бириккен ал Христиандык дини Азрети Иса Алейхиссаламдын экинчи жолу жер жүзүнө түшүшү менен ал динсиз** (атеист) **кесип** (жол, агым) **кыйрап,** (руханий) **өлөт. Болбосо анын өзүн** (дажжалды) **бир микроп, бир оору да өлтүрө алат.**

**Кээ бир хадис риваят кылган кишилердин туура эмес өкүм чыгарып жасаган чечмелөөлөрү хадис сөздөрүнө аралашып хадис деп кабыл алынып, маани** (хадистердин чыныгы мааниси) **жашырылат. Ошондуктан ал хадистердин ишке ашкан окуяларга дал келгени байкалбай калат, мутешабих өкүмүнө кирет** (булар чечмелөө талап кылган хадистер деп кабыл алынат).

**Илгерки заманда бул заман** (учурдагы) **сыяктуу жамааттын жана коомдун руханий кишилиги ачыкка чыкпагандыктан жана көп өзгөчөлүктү жалгыз бир кишиге жүктөө пикири кеңири тарагандыктан, жамааттын өзгөчөлүгү жана чоң иш-аракеттери ал жамааттын башындагы кишилерге берилгендиктен; ал кишилер керемет жана бүт сыпаттарга ылайык жана дал келиши үчүн денесинен жана күчүнөн жүз даража чоң бир ажайып** (кызыктай) **дене жана укмуш бир айкел жана өтө кереметтүү бир күч жана бийликтүү болушу талап кылынгандыктан ошондой** (элестетилип) **баяндалган. Ишке ашкан окуяларга туура келбегенде ал риваят мутешабих (салыштырмалуу) болот.**

**... «Чоң Аз. Мехдинин» абалдары (өзгөчөлүктөрү) мурдакы Аз. Мехдилерге ишарат кылган риваяттарга туура келбегендиктен, мутешабих хадис өкүмүнө кирет** (чечмелөө керек болгон хадистер деп кабыл алынат)...

## АРАПЧА БИЛГЕН КЕМЧИЛИКСИЗ МУСУЛМАН, БИЛБЕГЕН КЕМЧИЛИКТҮҮ ДЕГЕН ЛОГИКА ТУУРА ЭМЕС

Салих (чын ыкластуу) бир Мусулман болуунун эң негизги шарттарынын бири – бул чын ниет. Такыбалуу бир момун болуу үчүн негизгиси – бул арап тилин билүү же билбеш эмес, Аллахты абдан сүйүү, Аллахтан абдан коркуу, Аллахтын ыраазылыгынын эң көбүн издөө жана максат кылуу. Арапча билгендин баары жакшы Мусулман болот же арапча билбеген Мусулман боло албайт деген сыяктуу пикир туура эмес. Дүйнө жүзүндө болжол менен 280 миллион адам арапча сүйлөйт. Ал адамдар арап тилинин грамматикасын, морфологиясын, акцентсиз окууну өтө жакшы билет. Бирок ал адамдардын көпчүлүгү атеист болуп, материализмди жакташууда же коммунизм, фашизм сыяктуу дин ахлагына туура келбеген идеологияларды кабыл алышууда. Иракта, Египетте, Ливияда, Сирияда, Алжирде, Мароккодо, Тунисте өтмүштө Мусулмандарга кысымчылык көрсөтүп, көптөгөн Мусулмандардын түрмөлөрдө оор шарттарда күн өткөрүшүнө себеп болгондор да өтө жакшы арапча билишет. Чын ыкластуу бир Мусулман болуунун эң негизги шарттарынын бири – бул чыныгы ниет.

Көптөгөн арапча билим берген университеттин философия бөлүмдөрүндө өздөрүнүн төмөн акылдары менен Исламды сындаган, Куранды сындаган (Куранды аруулайбыз), Пайгамбар Мырзабыз (сав)ды сындаган (Пайгамбарыбыз (сав)ды аруулайбыз) сабактар бар. Дүйнөнүн көптөгөн өлкөсүндө көптөгөн университетте арап тили жана адабияты бөлүмү бар, ал бөлүмдөрдөн миңдеген адам диплом алып бүтүрүшүүдө. Бирок ал адамдардын көпчүлүгү материалист, коммунист жана ал тургай атеист болушууда. Өтө жакшы арапча билген бирок Пайгамбарыбыз (сав)га өзүнүн караңгы логикасы менен акаарат айтууга барган кишилердин саны өтө көп. Арапчаны өтө жакшы, өтө туура окуган адамдар да бар. Фатиха Сүрөсүн өтө жакшы окуган масондор, коммунисттер, фашисттер да бар. Ошондуктан, арапча билген жакшы Мусулман болот деген логика туура эмес. 70 миллион калкы бар Түркияда арапча билгендердин саны өтө көп эмес, бирок Ислам бул өлкөдө кемчиликсиз жашалууда.

Мусулмандар Куранды үйрөнүү үчүн да, фыкых илимин үйрөнүүү үчүн да белгилүү Ислам аалымдары даярдаган тафсирлер менен шарият

китептерине кайрылышат. Ал эмгектерде бир Мусулманга керектүү бүт маалыматтар кемчиликсиз баяндалган. «Мен жакшыраак түшүндүрөм» деген адамдын сөздөрү эмес, ахли сүннөт аалымдарынын эмгектери Мусулмандар үчүн маанилүү. Мусулмандар ал эмгектерди окуп илим алышат. Мисалы, Куран үйрөнүүнү каалаган бир Мусулман Элмалылы Хамди Йазырдын Курани Керим тафсирин окуп толук маалымат ала алат. Фыкых (шарият) илимин үйрөнүүнү каалаган бир Мусулман болсо Өмер Насухи Билмендин «Чоң Ислам илмихал»ин (Ömer Nasuhi Bilmen, Büyük İslam İlmihali) окуйт. Көбүрөөк маалымат алгысы келсе "Dürrul-Muhtâr"' жана "Redd-ül-Muhtâr" эмгектерин окуйт. Мусулмандар илимин жогорулатуу үчүн жахил (сабатсыз, түшүнүгү жок) «аалым», молдолордун сөздөрүн укпайт, Имам Раббанинин «Мектубат»ын, Имам Газалинин «Ихйа»сын, Мансур Али Насыфтын «Таж Тержүме»син, «Нимети Ислам»ды окушуп, керектүү бүт маалыматты алышат. Исламды туура үйрөнүүнүн жолу да ушул.

## «КУРАНДЫ ЖАНА ХАДИСТЕРДИ ТҮШҮНҮҮ ҮЧҮН СӨЗСҮЗ АРАПЧА ЖАНА ТАЖВИД ИЛИМИН БИЛҮҮ КЕРЕК» ДЕГЕН СӨЗДӨРГӨ ЖООП: «АЗ. МЕХДИ (АС) ИНТЕРНЕТ ИЛИМИН КОЛДОНОТ»

**1)** Учурда дүйнөнүн көптөгөн өлкөсүндө Куранды жана хадистерди өз эне тилинде кемчиликсиз бир арапча менен окуган жүз миллиондогон арап бар. Бирок бул Куранды билүү жана аны менен жашоо үчүн жетиштүү эмес.

**2)** Куранды билүү жана аны менен жашоо чын ниет менен болот. Негизгиси – бул Куран менен хадистерди арапча жатка билүү эмес, түшүнүп чын ниет менен ошого карап жашоо. Аллах Куранда **«бир гана чын ниеттүү кулдарынын кутулууга жетээрин жана бейишке бараарын»** билдирген. (Саффат Сүрөсү, 40) (Саффат Сүрөсү, 74).

**3)** Ал өлкөлөрдө жүз миңдеген коммунист, атеист, масон же дарвинист адамдар бар. Арапчаны суудай билген ал адамдар кааласа Куранды тажвид менен кемчиликсиз окуй алышат. Бул алардын динчил жана такыба болгонун көрсөтпөйт.

**4)** Иракта, Египетте, Ливияда, Сирияда, Алжирде, Мароккодо, Тунисте өтмүштө Мусулмандарга кысымчылык кылган, көптөгөн Мусулмандын түрмөлөрдө оор шарттарда кармалышына себеп болгондор да арапчаны өтө жакшы билишет. Курандын Фатиха Сүрөсүн өтө жакшы окуган масондор,

коммуністтер, фашисттер да бар. Ошондуктан «арапча билген жакшы Мусулман», «арапча билбеген болсо жакшы Мусулман эмес» деген логика туура эмес.

**5)** Дүйнөдөгү дарвинисттер, материалисттер, атеисттер, коммунисттер бир адамдын арапча же тажвид илимин билишинен эмес, чын ниеттүү динчил болушунан таасирленишет. Илим жана философия менен дарвинизмдин жер менен жексен кылынышынан коркуп, паника болушат.

**6)** Аз. Мехди (ас)дын да эң негизги жана эң натыйжалуу өзгөчөлүгү «терең ыйманы» болот. Болбосо АЗ. МЕХДИ (ас) да Пайгамбарыбыз (сав) сыяктуу УММИЙ (ИЛИМСИЗ) БОЛОТ.

**7)** Аз. Мехди (ас)дын көп темада терең изилдөө жасоо, чет тилдерди үйрөнүү же тил тамырларын изилдөөгө убактысы болбойт, бирок бул анын кемчиликсиз кызмат кылышына тоскоол болбойт. Бедиүззаман Аз. Мехди (ас)дын **«УБАКЫТ ЖАНА АКЫБАЛЫ ЖАГЫНАН МҮМКҮНЧҮЛҮГҮ БОЛБОШУН, УШУЛ СЕБЕПТЕН ДАЯР ЭМГЕКТЕРДЕН ПАЙДАЛАНААРЫН»** айткан:

Ыймандуулардын туура жолдон чыгышынын алдын алуу жана бул озуйпа (милдет) дүйнөнү жана бүт нерсени таштоо менен, изилдөө жана туураны ортого чыгаруу жана көп убакыт талап кылгандыктан, **АЗРЕТИ МЕХДИНИН АЛ ОЗУЙПАНЫ ТҮЗДӨН-ТҮЗ ӨЗҮ КЫЛУУГА УБАКЫТ ЖАНА АКЫБАЛЫ МҮМКҮНЧҮЛҮК БЕРБЕЙТ.** Себеби хилафет-и Мухаммедийе (а.с.м.) тарабындагы салтанаты (б.а. Пайгамбарыбыз (сав)дын Мусулмандарга аманаты болгон акыйкат дин Исламды жайуу үчүн кылган укмуш аракети) аны менен алектенүүгө убакыт калтырбайт. Ыктымал ал озуйпаны андан мурда бир топ бир багытта аткарат. **АЛ ЗАТ АЛ ТОП КӨПКӨ СОЗУЛГАН ИЗИЛДӨӨЛӨРҮ ЖАНА АНАЛИЗДЕРИ МЕНЕН ЖАЗГАН ЭМГЕКТИ ӨЗҮНӨ ДАЯР БИР ПРОГРАММА КЫЛАТ**, аны менен ал биринчи озуйпаны толук жасаган болот. *(Emirdağ Lahikası, б. 266)*

**8)** Шейх Экбер Мухйиддин Араби Азрети Аз. Мехди (ас)дын көп иште ага жардамчы боло турган «вазирлеринен», б.а. «шакирттеринен» сөз кылган:

Билгин, Аз. Мехди (ас) чыкканда бүт Мусулман олуялар жана эл сүйүнөт. **АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН АЛЛАХТАН БОЛГОН, Б.А. РУХАНИЙ КОЛДОО КӨРГӨН АДАМДАРЫ (шакирттери) БОЛОТ.** Анын (Аз. Мехди (ас)дын) чакырыгын колдошот жана АГА (АЗ. МЕХДИ (АС)ГА) ЖАРДАМ

БЕРИП АНЫ ЖЕҢИШКЕ ЖЕТКИРИШЕТ. Өлкөгө тиешелүү бүт оор жүктөрдү ошолор аркалашат. АЛЛАХ АЗ. МЕХДИ (АС)ГА БЕРГЕН МИЛДЕТТЕН (КЫЗМАТТАН) УЛАМ АГА (Аз. Мехди (ас)га) КӨМӨК КӨРСӨТҮШӨТ...

Анын (Аз. Мехди (ас)дын)... ишенген кишилери, б.а. ВАЗИРЛЕРИ БОЛСО ИШЕНИМДҮҮЛӨРДҮН ЭҢ ИШЕНИМДҮҮЛӨРҮ.

... АЛЛАХ БИР ТОП КИШИНИ АГА (АЗ. МЕХДИ (АС)ГА) ВАЗИР ДАЙЫНДАГАН...

... Өзгөчө АЛ ВАЗИРЛЕР БҮТ ТАРМАКТА ЧЫНДАП АРИФ (илимдүү) КИШИЛЕР БОЛУШАТ.

... ДАГЫ АЛ ВАЗИРЛЕРДИН БЕЛГИЛҮҮ БИР ӨЗГӨЧӨЛҮГҮ – АЛАРДЫН ЭЧ КАЧАН СОГУШ МАЙДАНДАРЫНДА **(КААПЫРЛАРГА ЖАНА АТЕИСТ АГЫМДАРГА КАРШЫ ЖҮРГҮЗҮЛГӨН ИЛИМИЙ КҮРӨШТӨ) ЖЕҢИЛҮҮГӨ ТУШ БОЛБОШУ...** *("Futuhat-El Mekkiye", 366-бап, т.3, б. 327- 328)*

**9)** Мындан тышкары, Аз. Мехди (ас)дын эң негизги өзгөчөлүктөрүнүн бири – ал Аллахтан келген даанышмандык жана илимдер менен жабдылат. Хадистерде бул мындайча айтылган:

«Аз. Мехди (ас) бизден, Эхли Бейттен. **АЛЛАХ АНЫ (АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫ) БИР ТҮНДӨ ОҢДОЙТ.** (б.а. тообосун кабыл алат же даанышмандыктар менен жабдыйт. *(Sünen-i İbni Mace Kitabü-l 'fiten Tercemesi ve Şerhi- Kahraman Neşriyat, том 10, Mütercim: Haydar Hatipoğlu, Бап: 34, б. 348)*

«Эй Эхли Бейт! Мехди (ас) бизден. Азиз жана жалил **АЛЛАХ АНЫ (АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫ) БИР ТҮНДӨ ОҢДОП, ИРШАД КЫЛАТ** (туура жолду көрсөтөт).» *(Ölüm-Kıyamet-Ahiret ve Ahir Zaman Alametleri, İmam Şarani, б. 437)*

**10)** Аз. Мехди (ас) Аллахтын берешендиги менен укмуштуу бир илимге ээ болот. Хадистерде Аз. Мехди (ас)дын башка адамдарда болбогон «**ВЕХБИ (ЖАШЫРУУН) ИЛИМДЕРГЕ ЖАНА ЛЕДҮН ИЛИМИНЕ ЭЭ БОЛООРУ**» кабар берилген. Мухйиддин Араби Азрети Аз. Мехди (ас)дын мындай өзгөчөлүгүн төмөнкүчө баян кылат:

**1. ПАРАСАТТУУ БОЛУШУ** **2.** Ыйык китепти түшүнүшү **3.** Аяттардын маанисин билиши **4. ДАЙЫНДАЙ ТУРГАН КИШИЛЕРИНИН РУХАНИЙ АБАЛЫ МЕНЕН ИШ-АРАКЕТТЕРИН

**БИЛИШИ** **5.** Ачууланганда да мээрим менен адилеттиктен четтебеши **6.** Жандыктардын класстарын билиши **7. ИШТЕРДИН ТАТААЛ ТАРАПТАРЫН БИЛИШИ**. Себеби булардан кабардар болгон бир лидер бере турган өкүмдөрүндө жаңылбайт. Аз. Мехди (ас) салыштыруу илимин аны менен өкүм берүү үчүн эмес, андан качынуу үчүн билет. Себеби берген өкүмү туура бир илхам натыйжасы болот. Б.а. Аз. Мухаммед (сав) алып келген Куранга ылайык өкүм берет. Ушул себептен Пайгамбарыбыз (сав) аны сүрөттөп жатканда «Менин изимден жүрөт, ката кетирбейт» деген. Мындан көрүнүп тургандай, Аз. Мехди (ас) жаңы бир дин алып келбейт, акыйкат дин болгон Куранга моюн сунат. **8.** Адамдардын муктаждыгын жакшы түшүнүшү. Себеби алардын ар кандай иштерине жарашы үчүн Аллах аны башка адамдарга башчы кылып тандаган. Лидерлердин мамиле менен иш-аракеттери өздөрүнөн мурда эл кызыкчылыгын көздөшү керек... Элдин пайдасына каршы нерселер менен алектенип, алардын иштерине жарабаган бир лидер айдалышы керек. Себеби аны менен башка адамдар арасында эч айырма калбаган болот. **9. ӨЗГӨЧӨ АНЫН ЗАМАНЫНДА МУКТАЖДЫК БОЛГОН КАЙЫП ИЛИМДЕРИН БИЛИШИ.** Себеби ошондо гана жаңы жаңы чыккан маселелерди чече алат. *(Muhammed B. Resul Al-Hüseyni El Berzenci, Kıyamet Alametleri, Pamuk Yayınları, Kıyamet Alametleri, б. 189)*

**11)** Аз. Мехди (ас)дын өзгөчөлүгү укмуш акылдуу, терең ыймандуу жана абийирлүү болушу. Ансыз да бир мужтахид менен мужеддид үчүн эң негизгиси жана керектүүсү – бул анын терең ыйманы менен күчтүү абийири.

**12)** Мындан тышкары, Аллах акыр заманда компьютер менен интернет технологиясын Аз. Мехди (ас)дын кызматына берет. **АЗ. МЕХДИ (ас) ЖАТТОО МЕНЕН ӨЗҮНҮН ЭС-ТУТУМУНУН ОРДУНА, ИНТЕРНЕТ МЕНЕН КОМПЬЮТЕРДИН ЭС-ТУТУМУН КОЛДОНОТ, УШУЛ СЕБЕПТЕН УКМУШ КӨП МААЛЫМАТКА ЭЭ БОЛОТ.** Дүйнөдө эч ким интернеттей көп маалыматка ээ эмес. Эч кимдин эсинде анча көп маалыматты тутушу; миңдеген адам араң эсинде тута алган интернеттеги маалыматтын баарын өзүндө топтошу мүмкүн эмес. Ошондуктан Аз. Мехди (ас) интернет аркылуу ар кандай маалыматты алат жана ал доордун бүт маалымат архивдерин колдонот. Каалаганда дүйнөнүн бүт маалыматы маңыздуу абалда ага келет. Демейде бир аалым өз илимин гана колдонсо, Аз. Мехди (ас) интернет аркылуу өтө кеңири масштабдуу бир кеңешмени жана маалымат архивин колдонот. Өз доорунун бүт аалымдарынын илимдеринен жана өз тармагындагы адистердин баарынан пайдалануу менен эң туура жана кемчиликсиз маалыматтарга жете алат.

**13) <u>ИНТЕРНЕТТЕГИ МААЛЫМАТТЫН КӨПТҮГҮ СЕБЕБИНЕН АЗ. МЕХДИ (ас)ДЫН КУРАН, ХАДИС ЖАНА МААЛЫМАТТАРДЫ ЖАТТОО МУКТАЖДЫГЫ ДА БОЛБОЙТ.</u>** Илгерки доорлордо ал замандын шарттары арапча билүүнү талап кылгандыктан, Куранды арапча жатка билүү маанилүү эле. Бирок **<u>БҮГҮНКҮ КҮНДӨ КУРАНДЫН БҮТ ТИЛДЕРДЕГИ МААНИЛЕРИНИН КОТОРМОЛОРУ ИНТЕРНЕТТЕ БАР.</u>** Ошондуктан интернет бул муктаждыкты жойду. Себеби интернетте ар кандай маалыматка оңой гана жетүүгө болот. Тажвид жана Курандын котормосу үчүн керектүү илимдерде адис боло алуу үчүн сөздөрдүн бүт арапча уңгуларын толук билүү, алардын башка тилдерде кандайча колдонулаарын түшүнүү керек. Ал үчүн парсы, еврей тилдери сыяктуу ар кандай тилдерди да билүү зарыл. Чындыгында болсо эч кимдин бүт сөздүктөрдүн баарын жатка биле албашы анык. Ал үчүн компьютер менен интернетке муктаждык бар. **<u>Арапча ар бир сөздүн ар кандай маанилери, Курандын арапча дагы, башка тилдеги дагы түшүндүрмөлүү котормолору, Кутуби Ситте хадистеринин арапчалары жана ар бир сөзүнүн маанилери түшүндүрмөлөрү менен интернетте бар.</u>** Интернетке киргендердин баары ал маалыматтарды оңой гана ала алышат. АЗ. МЕХДИ (ас) да интернеттеги ал маалыматтарды колдонуп арапча, парсча, еврей тили сыяктуу көптөгөн чет тилдеги изилдөөлөрүндө дайыма ал багыттагы тил адистеринен жана кеңири аалымдар тобунан пайдаланат; **<u>ОШЕНТИП АРАПЧАНЫН ЭҢ БАЙЫРКЫ ТИЛ ТАМЫРЫНА ЧЕЙИН БИЛЕТ. Мындан тышкары, интернетте генетика, молекулярдык биология, палеонтология, биохимия сыяктуу бүт илим тармактарындагы жана ар кандай темадагы бүт маалыматтар да бар.</u>** Эч ким баарын жатка биле албаган бул маалыматтар Аллахтын бир берешендиги менен интернетте даяр абалда адамдардын кызматына сунулган. Аз. Мехди (ас) да интернет аркылуу бул маалыматтардын баарына ээ болот.

**14) БҮТ БУЛАРДЫН НАТЫЙЖАСЫНДА БОЛСО АЗ. МЕХДИ (АС) ТЕҢДЕШСИЗ БИР ДҮЙНӨ МААЛЫМАТЫНА ЭЭ БОЛОТ ЖАНА БҮТ АЛ МААЛЫМАТ ЖЫЙЫНДЫСЫ МЕНЕН АБИЙИРИНИН ҮНҮ МЕНЕН ТУУРАЛАРДЫ АНЫКТАЙТ. <u>АЛЛАХТЫН ИЛХАМЫ МЕНЕН ИШ-АРАКЕТ КЫЛГАНДЫКТАН КАТА КЕТИРБЕЙТ ЖАНА ЭЧ КЕМЧИЛИКСИЗ ЖОРОМОЛ ЖАНА ӨКҮМДӨРДҮ ЧЫГАРАТ.</u>** Мунун натыйжасында болсо эң күчтүү аалымдын да Аз. Мехди (ас)дын мындай илими алдында илими жетишсиз болуп калат. **<u>УШУЛ СЕБЕПТЕН АЗ. МЕХДИ (АС) ЖАШАП ӨТКӨН ЭҢ ЖОГОРКУ МУЖЕДДИД ЖАНА МУЖТАХИД ӨЗГӨЧӨЛҮГҮНӨ ЭЭ БОЛОТ.</u>**

**15)** Аз. Мехди (ас) өз заманынын бүт маалымат архивин колдонгондон

тышкары, кеңешүүнү да өтө жакшы жасайт. Ошентип эң туура маалыматты абийири менен эң туура баалайт. **ЖАНА БЕРЕ ТУРГАН ЧЕЧИМДЕРИНДЕ КАТА КЕТИРБЕЙТ.** Шейх Мухйиддин Араби Азрети Пайгамбарыбыз (сав)дын муну баяндаган бир хадисин мындайча алып жазган:

Ушул себептен Пайгамбар (сав) аны (Аз. Мехди (ас)ды) сүрөттөп жатканда «Менин изимден жүрөт; ката кетирбейт» деген. Мындан көрүнүп тургандай, Ал (Аз. Мехди (ас)) шарият алып келбейт, шариятка моюн сунат (б.а. Аз. Мехди (ас) жаңы бир китеп алып келбейт, Куранга моюн сунат). Жана ошол эле учурда **КҮНӨӨДӨН ДА АЛЫС. БУЛ ЖЕРДЕГИ КҮНӨӨСҮЗДҮК – АНЫН ӨКҮМ БЕРҮҮДӨГҮ КҮНӨӨСҮЗДҮГҮ.** Себеби чыныгы мааниде күнөөсүздүк Пайгамбарда гана болушу мүмкүн. Ал (Аз. Мехди (ас)) болсо Пайгамбар эмес, Вели (Олуя). Олуялар күнөө кылуудан корголушкан; күнөөсүз эмес. *(Muhammed B. Resul El Hüseyin El Berzenci, Kıyamet Alametleri, б. 190)*

**16)** «Аз. Мехди (ас) бизден, Эхли Бейттен. **АЛЛАХ АНЫ (МЕХДИНИ) БИР ТҮНДӨ ОҢДОЙТ** (б.а. тообосун кабыл алат же даанышмандыктар менен жабдыйт). *(Sünen-i İbni Mace Kitabü-l 'fiten Tercemesi ve Şerhi-Kahraman Neşriyat, том 10, Mütercim: Haydar Hatipoğlu, бап: 34, б. 348)*

***«Эй Эхли Бейт! Мехди (ас) бизден. Азиз жана жалил АЛЛАХ АНЫ (АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫ) БИР ТҮНДӨ ОҢДОП, ИРШАД КЫЛАТ (туура жолду көрсөтөт).» (Ölüm-Kıyamet-Ahiret ve Ahir Zaman Alametleri, İmam Şarani, б. 437)***

Тексттин мурдакы бөлүмдөрүндө терең айтылып кеткендей, Пайгамбарыбыз (сав)дын бул хадистеринде «Аллах Кабатынан Аз. Мехди (ас)га бир түндө кереметтүү өзгөчөлүктөр менен илимдердин берилээри» кабар берилген. Бирок хадистерде айтылган «БИР ТҮНДӨ» сөзү ошол эле учурда бүгүнкү күндөгү интернет технологиясы аркылуу ыкчам жетүүгө мүмкүн болгон ар кандай маалыматка жана Аз. Мехди (ас)дын интернет аркылуу бир түндө ал маалыматтарды алып илимин жогорулатаарына да ишарат кылууда. Аз. Мехди (ас) интернет технологиясын колдонуп радио, телевизор жана чөнтөк телефондору сыяктуу кеңири байланыш каражаттары аркылуу Ислам ахлагынын жайылышына жана дүйнөнүн бүт тарабындагы адамдардын иршад болушуна (хидаят (туура жолду) табышына) да себепчи болот. Аз. Мехди (ас)дын түнү-күнү жасаган ал иршад кызматы башка хадистерде да айтылат. Пайгамбарыбыз (сав) Аз. Мехди (ас) менен шакирттеринин өзгөчө түнү жасаган иш-аракеттерине мындайча көңүл

бурган:

Бедир согушундагы аскерлер сыяктуу 313 кишинин башында туруп айланага сес көрсөтөт. Себеби ал 313 киши **ТҮНКҮСҮН АБИД (КӨП ИБАДАТ КЫЛГАН АДАМ)** күндүз баатыр сыпатына ээ. *(Muhammed B. Resul Al-Hüseyni El Berzenci, Kıyamet Alametleri, Pamuk Yayınları, б. 169)* Араларында аялдар да болгон 314 кишилик бир топ түзүшөт. Алар заалымдардын баарын жеңишет. Алардын жүрөктөрү темирдей жана алар күндүз арстан, ТҮНКҮСҮН БОЛСО АБИД. Мурдакылар да, кийинкилер да өз мал-жанын аябастыкта аларга жете алышпайт. *(Kitab-ul Burhan Fi Alamet-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, б. 57-68)*

Бул хадистерден, Бедиүззаман да айткандай, күндүз көп иштер менен алек болгон Аз. Мехди (ас) менен шакирттеринин түнкүсүн интернетти колдонуп ар кандай фыкых маалыматтарын ала алаары жана адамдарды туура жолго чакыраары көрүнүп турат. Бул хадистердеги «ТҮНКҮСҮН БОЛСО АБИД (ИБАДАТ КЫЛУУЧУ)» сөзү менен Аз. Мехди (ас) менен шакирттеринин динге чакыруу иш-аракеттерин күндүзү эле эмес, интернет, телевизор жана радио сыяктуу каражаттар менен түнкүсүн да улантаарына көңүл бурулган.

Куранда да **«Чындыгында түн кубанычы (түн ибадаты адамдын ички дүйнөсүнө болгон) таасири жагынан күчтүүрөөк, окуу жагынан бекемирээк.»** *(Муземмил Сүрөсү, 6)* аяты менен билдирилгендей, Пайгамбарыбыз (сав) түндөрү иш-аракет кылган сыяктуу, Аз. Мехди (ас) да түнкүсүн көптөгөн илимий баяндарды жасап, адамдарды агартат.

**17)** Пайгамбарыбыз (сав)дын көптөгөн хадисинде «акыр заманда Аз. Мехди (ас) менен шакирттеринин кызматына бериле турган бул интернет технологиясынын кемчиликсиздигине жана жаттоо муктаждыгынын жоголооруна» ишараттар бар. Бул хадистердин кээ бирлери мындай:

**... АЛАР (АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ШАКИРТТЕРИ) БҮТ ДҮЙНӨНҮ МҮНӨТТӨР ИЧИНДЕ БАСЫП ӨТҮҮ КҮЧҮНӨ ЭЭ.** *(Bihar-ül Envar, том 52, б. 318; Mikyaal al-Makaarem, том 1, б. 148 Basaaer al-Darajaat'dan aktarıyor.)*

Аз. Мехди (ас) менен шакирттери интернет аркылуу дүйнөнүн каалаган жери менен бир канча мүнөт ичинде байланыш кура алышат.

**АЗ. МЕХДИ (АС)ГА ААЛАМ АЛАКАНЫНА САЛГАНДАЙ**

**КӨРҮНӨТ.** *(Bihar-ül Envar, том 52, б. 328)*

Хадисте Аз. Мехди (ас) менен шакирттеринин акыр замандагы интернет технологиясынан пайдаланаары көрүнүп турат.

Имам Жафери Садык алейхиссаламдын уулу Мухаммеддин риваяты боюнча Имам алейхиссалам мындай деди: **«АЗ. МЕХДИ (АС) КЫЯМ ЭТКЕНДЕ** ар мамлекетке бир элчи жөнөтөт жана ар бир элчиге мындай дейт. «СЕНИН ОСУЯТЫҢ КОЛУҢДА».

Түшүнбөгөн бир абалга туш болсоң жана өкүм берүүдө кыйналсаң **КОЛУҢА КАРА ЖАНА КОЛУҢДА ЖАЗЫЛГАНДЫ ЖАСА.»**... *(Şeyh Muhammed b. İbrahim-i Numani, Gaybet-i Numani, б. 381)*

Аз. Мехди (ас) доорунда башчы кызматындагылар байланышты жана билбеген нерселерин изилдеп билүүнү колдорундагы компьютерлер, компьютерлүү чөнтөк телефондору менен интернет аркылуу кылышат.

Аз. Мехди (ас) **ЖАЛЫНДУУ ХИДАЯТ ШАМАНАСЫ (ФАКЕЛ) МЕНЕН ААЛАМДЫ КЫДЫРАТ** жана салихтердей жашайт. *(El-Mehdiyy-il Mev'ud, т. 1, б. 281-282 жана 266 жана 300.)*

Аз. Мехди (ас) менен шакирттери телевизор, интернет жана спутник аркылуу дүйнөлүк масштабда динге чакыруу жасап адамдардын хидаятына себепчи болушат.

Иштер ээсине (Аз. Мехди (ас)га) аманат кылынганда Улуу Аллах ал үчүн дүйнөнүн эң төмөнкү жерин бийик кылат, эң бийик жерлерди болсо ылдыйлатат. **ОШЕНТИП БҮТ ДҮЙНӨНҮ АЛАКАНЫНЫН ИЧИН КӨРГӨНДӨЙ КӨРӨТ.** Араңардан кимиңер алаканынын ичинде бир тал чач болсо аны көрө албайт? *(Bihar-ül Envar, 5- том, б. 328)*

Аз. Мехди (ас) доорунда спутниктик телеберүү, телевизор жана интернет системалары Аз. Мехди (ас)га кызмат кылат.

## ПАЙГАМБАРЫБЫЗ (САВ) МЕДРЕСЕДЕ ТААЛИМ АЛГАН ЭМЕС, АЗ. МЕХДИ (АС) ДА МЕДРЕСЕДЕ ОКУБАЙТ, АГА БЕРИЛГЕН АТАЙЫН ИЛИМДЕР МЕНЕН ГАНА ӨКҮМ БЕРЕТ

Пайгамбарыбыз (сав) да **уммий** эле, б.а. окуп-жазганды билчү эмес. **Ал**

**атайын бир медресе таалимин алган эмес эле.** Чет тил таалимин да алган эмес эле. Пайгамбарыбыз (сав) арап тилин гана билчү, Аллах ага жашыруун жана ледүн илимдерин насип кылган. Хижрий жыл санагы боюнча 1400-жылы чыга турган жана акыр замандын чоң мужеддиди, кутбу, эң чоң акыркы вели (олуя) болгон **Аз. Мехди (ас) да кандайдыр бир медресе таалимин албайт, жашыруун жана ледүн илимдерине гана ээ болот. Аллах Аз. Мехди (ас)ды бир түндө оңдойт, б.а. Аз. Мехди (ас) бир түндө өтө терең илимдерге ээ болот.**

Пайгамбарыбыз (сав) да Аз. Мехди (ас)дын ушундай өзгөчө бир илим менен илимдендирилгенин мындайча кабар берген:

***Эль-Мехди бизден, Эхли Бейттен.*** ***<u>АЛЛАХ АНЫ БИР ТҮНДӨ ОҢДОЙТ</u>*** *(б.а. тообосун кабыл алат же даанышмандыктар менен жабдыйт). (Sünen-i İbni Mace Kitabü-l 'fiten Tercemesi ve Şerhi- Kahraman Neşriyat, том 10, Mütercim: Haydar Hatipoğlu, бап: 34, бет: 348)*

## АЗ. МЕХДИ (АС) АЛГАЧ ЧЫККАНДА ТААНЫЛБАЙТ

Имам Раббани Азрети Аз. Мехди (ас)дын **КЫЛЫМДЫН БАШТАРЫНДА ЧЫГААРЫН**, өз доорунда кылым башынан он сегиз жыл өтсө дагы анын чыкпаганын айткан:

*Бирок бул чыгуу* ***Аз. Мехди (ас) чыгаарда боло турган чыгуу эмес. Себеби АНЫН (АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН) ЧЫГЫШЫ КЫЛЫМДЫН БАШТАРЫНДА БОЛОТ. Азыр болсо кылымдын башынан он сегиз жыл өттү.*** *(İmam-ı Rabbani, Mektubat-ı Rabbani, 381. Mektup, б: 1184)*

Имам Раббани Азретинин **«АНЫН ЧЫГЫШЫ КЫЛЫМДЫН БАШТАРЫНДА БОЛОТ» деген сөзү АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ЧЫГУУ АЛААМАТТАРЫНЫН КЫЛЫМДЫН БАШТАРЫНДА БОЛУП БАШТАЙТ <u>ДЕГЕН МААНИГЕ КЕЛЕТ</u>;** кылым башталаары менен Аз. Мехди (ас) чыгат, Ислам ахлагы ошол замат орнойт жана Аз. Мехди (ас)ды көрөөр замат адамдар тааныйт **<u>ДЕГЕН МААНИГЕ ЭМЕС.</u>**

Чындап эле Имам Раббани Азрети айткандай, **ХИЖРИЙ 1400-ЖЫЛДАН БҮГҮНКҮ КҮНГӨ ЧЕЙИНКИ 30 ЖЫЛДЫК УБАКЫТ ИЧИНДЕ ПАЙГАМБАР МЫРЗАБЫЗ (САВ) АЙТКАН АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ЧЫГУУ БЕЛГИЛЕРИНИН ДЭЭРЛИК БААРЫ БОЛДУ.** (китепте бул белгилер орун алган.)

Имам Раббани Азретинин бул жердеги **«АЗЫР БОЛСО КЫЛЫМДЫН**

**БАШЫНАН ОН СЕГИЗ ЖЫЛ ӨТТҮ»** деген сөзү да маанилүү. Имам Раббани Азрети бул сөзүндө эгер Аз. Мехди (ас) чыккан болгондо, дилгир жана кереметтүү вели (олуя) бир адам катары өзүнүн да кылым башынан ал кезге чейин өткөн 18 жыл ичинде болуп өткөн чыгуу белгилеринен Аз. Мехди (ас)ды **ыймандын нуру менен сезээрине жана байкаарына ишарат кылган**. Бирок Имам Раббани Азрети жашаган доордо кылым башталышынан он сегиз жыл өтсө дагы Аз. Мехди (ас)дын чыгуу белгилери болгон эмес, жана ошондуктан Аз. Мехди (ас) да чыккан эмес.

Ошондуктан **Имам Раббани Азрети Аз. Мехди (ас) чыгаар замат Ислам ахлагы бүт дүйнөгө орнойт, натыйжада Аз. Мехди (ас)ды көргөндүн баары ошол замат тааныйт деген сыяктуу ойду эч айткан эмес.** Өзү сыяктуу терең илимдүү олуя кишилердин гана Аз. Мехди (ас)ды байкай алаарына көңүл бурган.

Аз. Мехди (ас) алгач чыкканда бүт адамдардын ошол замат таанныбашы, эл арасында жүрсө дагы билинбеши, **ДИЛГИР ЖАНА КЕРЕМЕТТҮҮ ОЛУЯ АДАМДАРДЫН АНЫ ЫЙМАН НУРУНАН, ЫЙМАН ТЕРЕҢДИГИНЕН ЖАНА ЫЙМАН САЛАБАТТУУЛУГУНАН ТААНЫЙ АЛААРЫ** Саид Нурси Азретинин сөздөрүнөн да көрүнүп турат:

*Бирок айткан элек: Бул дүйнө тажрыйба майданы. Акылга эшик ачылат, бирок ыктыяры колдон алынбайт.* ***ДЕМЕК АЛ ИНСАНДАР*** *(б.а. акыр замандын негизги инсандары –**АЗ. МЕХДИ (ас)** менен **АЗ. ИСА (ас)**), ал тургай, ал укмуш дажжал дагы* ***ЧЫККАНДА КӨПЧҮЛҮГҮ, АЛ ТУРГАЙ ӨЗҮ ДА БАШЫНДА*** *дажжал экенин* ***БИЛБЕЙТ. БАЛКИМ ЫЙМАН НУРУНУН КӨҢҮЛ КОЮШУ МЕНЕН АЛ АКЫР ЗАМАН ИНСАНДАРЫ*** *(б.а. акыр замандын негизги инсандары **АЗ. МЕХДИ (ас)** жана **АЗ. ИСА (ас)**)* ***ТААНЫЛЫШЫ МҮМКҮН.*** *(Sözler, 343-344-беттер)*

Имам Раббани сыяктуу дилгир жана кереметтүү олуя бир адам болгон Бедиүззаман Саид Нурси Азрети Мектубат аттуу эмгегинде Аз. Иса (ас)ды да кайрадан дүйнөгө келгенде бүт адамдардын билбешин, жанындагы **ТЕРЕҢ ЫЙМАНДУУ ШАКИРТТЕРИ ТАРАБЫНАН ЫЙМАНДЫН НУРУ МЕНЕН ТААНЫЛААРЫН** айткан:

***... АЗРЕТИ ИСА АЛЕЙХИССАЛАМ КЕЛГЕН КЕЗДЕ,*** *бүт адамдар* ***АНЫН ЧЫНЫГЫ ИСА экенин билиши зарыл эмес. АНЫН МУКАРРЕБ ЖАНА ХАВАССЫ*** *(терең ыймандуу жакын шакирттери) ыймандын нуру менен* ***АНЫ ТААНЫЙТ.*** *Бедахет (заматта жана апачык) даражасында* ***БҮТ БААРЫ АНЫ ТААНЫБАЙТ...*** *(Mektubat, б: 60)*

**ИМАМ РАББАНИ АЗРЕТИНИН СӨЗДӨРҮНӨН ДА, САИД НУРСИ АЗРЕТИНИН АЙТКАНДАРЫНАН ДА АЗ. МЕХДИ (АС) ЧЫГААРЫ МЕНЕН ИСЛАМ АХЛАГЫ ЗАМАТТА БҮТ ДҮЙНӨГӨ ОРНОП, АЗ. МЕХДИ (АС) БҮТ АДАМДАР ТАРАБЫНАН ОШОЛ ЗАМАТ ТААНЫЛАТ ДЕГЕН МААНИ <u>КЕЛИП ЧЫКПАЙТ.</u>**

Аз. Мехди (ас) чыкканда Ислам ахлагы дүйнөнүн төрт тарабына заматта жайылып орносо, анда Аз. Мехди (ас)ды баары таанып, байкамак. Андай шартта Аз. Мехди (ас) эч кандай кыйынчылык көрмөк эмес. Чындыгында болсо, **Аз. Мехди (ас)дын калк тарабынан таанылбашы, ал тургай ал жагынан <u>Аз. Йусуф (ас)га окшошоору</u>, кыйынчылык менен кысымчылыкка кабылаары, <u>Аз. Муса (ас)</u> сыяктуу өлтүрүлүү, тузак курулуу, туткунга алынуу, сүргүн кылынуу сыяктуу ар кандай коркунучтун ичинде, жашынып жашаары** Пайгамбар Мырзабыз (сав)дын хадистеринде апачык айтылган:

*... АНАН **АЗ. МЕХДИ АЛЕЙХИССАЛАМ АЗ. ЙУСУФКА ОКШОШОТ ЖАНА АНЫН (АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН) КАЛКТЫ КӨРГӨНҮН <u>БИРОК КАЛКТЫН АНЫ (АЗ. МЕХДИ (АС)) КӨРӨ АЛБАГАНЫН</u>** жана Аз. Али да айткандай **<u>АСМАНДАН ЖАР САЛЫНГАНГА ЧЕЙИН АНЫН (АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН) КӨРҮНБӨШҮ АНЫК.</u>** (Şeyh Muhammed b.İbrahim-i Numani, Gaybet-i Numani б. 167)*

***Эбу Басир айтат: Имам Мухаммед Бакыр Алейхиссаламдын мындай дегенин уктум: «Бул КӨЗДӨН КАЙЫМДЫН (АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН) ЭЭСИНДЕ ТӨРТ ПАЙГАМБАРДЫН СҮННӨТҮ БАР...» Айттым: <u>«АЗ. ЙУСУФТУН СҮННӨТҮ ЭМНЕ?» АЙТТЫ: «ЗЫНДАН ЖАНА КӨЗДӨН КАЙЫМ (АЛЫС) БОЛУУ.»</u>...*** *(Şeyh Muhammed b.İbrahim-i Numani, Gaybet-i Numani б. 190)*

*Седири Сейрефи айтат: Имам Эбу Абдуллах Жафери Садык алейхиссаламдан уктум: Мындай деди: **«БУЛ ИШТИН ЭЭСИНДЕ (АЗ. МЕХДИ (АС)ДА) ЙУСУФКА БИР ОКШОШТУК БАР.» МЫНДАЙ ДЕДИМ: <u>«СЕН БИЗГЕ БИР КӨЗДӨН КАЙЫМДЫ ЖЕ КЕРЕМЕТТИ КАБАР БЕРИП ЖАТКАНДАЙСЫҢ.»</u>** (Şeyh Muhammed b. İbrahim-i Numani, Gaybet-i Numani б. 189)*

Имам Зейн-ул Абидин алейхиссалам мындай деген: «**Биздин каимибиз (Аз. Мехди (ас)) менен Аллахтын элчилери арасында бир катар окшоштуктар бар. Нух, Ибрахим, Муса, Иса, Аййуб жана Мухаммед саллаллаху алейхи ва алих пайгамбарлардын ар бири менен бир**

**окшоштугу бар.** Нух менен узун өмүрлүү болушунда, Ибрахим менен жашыруун төрөлүшүндө жана калктан алыс болушунда; **МУСА МЕНЕН КОРККОН АБАЛЫ (АЗ. МЕХДИ (АС)ГА БАГЫТТАЛГАН КОРКУНУЧТАРДЫН КӨПТҮГҮ; ӨЛТҮРҮҮ, ТУЗАК КУРУУ, КАМАККА АЛУУ, КӨЗӨМӨЛГӨ АЛУУ, СҮРГҮН СЫЯКТУУ АР КАНДАЙ КООПТУУЛУКТАРДЫН КӨП БОЛУШУ) ЖАНА КӨЗДӨРДӨН АЛЫС ЖАШАШЫНДА (ДАЙЫМА ЖАШЫРЫНЫП ЖАШАШЫНДА)**; Иса менен элдин ал жөнүндө талаш-тартышка түшүшүндө (кээ бир адамдардын «Аз. Мехди (ас) келет», кээ бирлеринин болсо «келбейт» дешинде); Аййуб менен балээден соң кутулуунун келишинде (Аз. Мехди (ас)га да көптөгөн кыйынчылык, оору, дарттардын келиши, бирок Аз. Аййуб сыяктуу Аллахтын мээрими менен баарынан кутулушунда); Мухаммед (сав) менен болсо кылыч менен кыям этишинде (Пайгамбарыбыз (сав)дын ыйык аманаттары болгон куттуу желеги, кылычы жана көйнөгүнүн (жемпер) Аз. Мехди (ас)дын жанында болушунда) окшоштугу бар.» (Kemal'ud-Din 322-б., 31-бап 3-хадис)

## КЫЯМАТТЫН ЖЫЛЫНА ИШАРАТ КЫЛГАН ХАДИСТЕРДЕГИ БИР-БИРИНЕ КАРАМА-КАРШЫДАЙ КӨРҮНГӨН МААЛЫМАТТАР АЙТЫП БЕРҮҮДӨГҮ КАТАЛАР, ХАДИСТЕРДЕ АЙТЫЛГАНДАРДЫН ОРТОК ЖЕРИНЕ КАРАШ КЕРЕК

Кыяматтын боло турган убактысына ишарат кылган хадистер каралганда, берилген убакыт жагынан хадистерде дал келбестиктер бар экени көрүнөт.

Мындай жагдайда хадистердеги маалыматтардын бир добуштан көңүл бурган орток жерине кароо керек. Мисалы, дүйнөнүн өмүрүнүн 7000 жыл экени жөнүндө ахли сүннөттүн чоң аалымдарынан Суйути Азрети жыйнаган 8 хадис анализ кылынганда, ал хадистердин баарында бир эле нерсенин айтылганы, араларында бир орток маани бар экени көрүнөт.

Хадистерде айтылган окуялардын окшоштугу, бирок убакыт бирдиги жагынан карама-каршылык болушу хадистердин Пайгамбар Мырзабыз (сав)дан бүгүнкү күнгө чейинки риваяты учурунда ката кетирилген болушу ыктымал экенин көрсөтөт. Ушул себептен кыяматтын качан боloорун баяндаган хадистердеги риваят каталарын кадыресе кабыл алып, хадистердин орток маанисине көңүл буруу керек.

### 1- ТҮШҮНДҮРМӨ:

Кыяматтын убактысын сүрөттөгөн хадистерден акыр заман башталган соң кыяматка чейин адамдардын орточо 120 жыл жашаары түшүнүктүү

болууда. Бул мөөнөт болсо башында атеист системалар жайыла турган, анан Аз. Мехди (ас)дын чыгышы жана Аз. Иса (ас)дын экинчи жолу жер жүзүнө келиши менен бирге Ислам ахлагы бүт дүйнөгө жайылып орной турган, эң акыркы баскычта болсо Ислам ахлагы дүйнө жүзүнөн толугу менен алсыздап өчө турган жана атеизм орной турган дүйнөнүн акыркы доору болот. Б.а. бул 120 жылдык мөөнөттүн башында жана аягында атеизм (динсиздик) агымы күчтүү болот, бул процесстин ортосунда болсо Ислам ахлагынын дүйнөгө орношу, б.а. алтын кылым болот.

Кыяматтын убактысын алыс көрсөтүп өз ойунда адамдардын коркушуна жолтоо болууга аракет кылуу акылдуу жана туура бир мамиле болбойт. Кыямат узак убакыттан кийин боло турган болсо дагы, ансыз да ар бир адам өлгөн кезде кыяматты көрөт. Пайгамбарыбыз (сав)дан риваят кылынган бир хадисте мындай деп айтылат:

Бир маекте терең бир добуш угулду. Айтты: «Бул добуш жетимиш жылдан бери тозок тарапка тоголонгон бир таштын ушул мүнөттө тозоктун түбүнө жетип түшүшүнүн добушу.» Бул таң калыштуу кабардан соң бирөө келип айтты: «Эй Расулуллах! Жетимиш жаштагы баланча мүнафык көз жумду, тозокко кетти. *(Müslim: Cennet (Муслим: Бейиш), 31, хадис №: 2844; Müsned (Муснед), 3:341, 346)*

Бул хадистен да көрүнүп тургандай, Пайгамбарыбыз (сав) ал кезде жашап жатса да, башка адамдар да жашап жатса дагы, хадисте айтылган мүнафык өлүп, суракка алынып, тозокко кеткен. Бүт окуялар өтө бат болуп бүткөн. Ушул себептен өлгөндөрдүн баары өз кыяматын көрүп күбө болгондуктан, адамдар коркпосун деп гана кыямат убактысын көп убакытка кечиктирип айтуу бир жагынан калп айтуу болот, экинчи жагынан чындыктарды өзгөртпөйт.

**2- ТҮШҮНДҮРМӨ:**

Күндүн батыштан чыгышы жөнүндөгү хадистин экинчи түшүндүрмөсү болсо Аз. Мехди (ас)дын батыш тарабынан чыгаары болушу ыктымал. Пайгамбар Мырзабыз (сав)дан риваят кылынган бир хадисте Аз. Мехди (ас)дын «батыштан» чыгаары айтылат.

Хафыз Эбу Нуайм риваят кылган куттуу хадисте Ресули Экрем Мырзабыз мындай деген: Мына (ошондой мүшкүл (кыйын, оор) бир) заманда **МАГРИП (БАТЫШ) МАМЛЕКЕТИНИН ЭҢ АЛЫСКЫ АЙМАГЫНАН** жана Ресули Экрем Мырзабыздын куттуу кызы Фатманын урпактарынан бирөө чыгат. **Мына ошол зат акыр заманда иш-аракет кыла турган Аз.**

**Мехди (ас). Жана Аз. Мехди (ас)дын чыгышы болсо кыямат белгилеринин алгачкысы.** *(Celaleddin Suyuti'nin Tasnifinden Hadisler, Ahir Zaman Mehdisinin Alametleri, Müellif Ali bin Hüsammeddin el Muttaki, Kahraman Neşriyat Kitabevi, б: 16)*

Мындан тышкары, Пайгамбар Мырзабыз (сав)дан риваят кылынган башка бир хадисте болсо Аз. Мехди (ас) күнгө окшоштурулган.

***АЗ. МЕХДИ (ас) БУТ САНАА МЕНЕН ЗУЛУМДУКТАРДЫ КЕТИРЕ ТУРГАН КҮН.*** *Берешендик кылганда өтө берекелүү бир жамгыр. (Muhammed B. Resul El Hüseyin El Berzenci, Kıyamet Alametleri, б. 188)*

Белгилүү болгондой, Түркия Ислам өлкөлөрүнүн эң батышында жайгашкан. Хадистеги маалыматтар Аз. Мехди (ас)дын Түркиядан чыгаарына ишарат кылууда. Бул хадис эске алынганда, күндүн батыштан чыгаарын кабар берген куттуу хадистеги маалымат да ушул сыяктуу Аз. Мехди (ас)дын батыш тарабынан чыгаарына ишарат кылган десек болот.

Анда, Аз. Мехди (ас)дын чыгаар жылы катары Пайгамбар Мырзабыз (сав)дын башка хадистерине таянып Хижрий 1400-жылды негиз алсак, «күн батыштан чыккандан 120 жылдан кийин кыямат башталат» деген сөз Хижрий 1520-жылдарга туура келет. Саид Нурси берген даталарда да Хижрий 1520-жылдар Мусулмандык алсыздап баштай турган жана каапырдык система дүйнөгө толук орной турган жылдар. Бедиүззаман Саид Нурсинин айтуусу боюнча, бул жылдардан жыйырма-жыйырма беш жылдан соң кыямат күтүлөт. (Туурасын Аллах билет.)

## АКЫР ЗАМАНДА АЗ. МЕХДИ (АС) МЕНЕН КҮРӨШКӨН КЭЭ БИР КАЛП «ААЛЫМДАР» БОЛОТ

**"Fütühat-ül Mekkiye" (Фүтүхат-үл Меккийе)** аттуу эмгегинде **Мухйиддин Араби эль Эндүлүси Азрети** мындай дейт:

*...Аз. Мехди (ас) динди Пайгамбардын (сав) убагындагы дал өзүндөй ишке ашырат. Жер жүзүнөн мезхептерди жок кылат. Калыс жана акыйкат динден башка бир дагы мезхеп калбайт.* ***АНЫН (АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН) ДУШМАНДАРЫ ИЧТИХАД ААЛЫМДАРЫН ТУУРАГАНДАР БОЛОТ. Себеби алар Аз. Мехди (ас)дын мезхеп имамдарына карама-каршы өкүм бергенин көргөндө аны ЖАКТЫРЫШПАЙТ, БИРОК КАРШЫ ДА ЧЫГА АЛЫШПАЙТ... АНЫН (АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН) КЫЛЫЧЫ БИР***

***ТУУГАНДАРЫ. Кылычынан коркушкандыктан каалаcа каалабаса өкүмдарлыгына (руханий лидерлигине) моюн сунушат...***

***... АНЫН (АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН) АЧЫК ДУШМАНДАРЫ ФУКАХА (ФЫКЫХ-ШАРИЯТ ААЛЫМДАРЫ) БОЛОТ. СЕБЕБИ КАЛК АРАСЫНДА АБРОЙЛОРУ ЖОГОЛОТ. АЛ ТУРГАЙ, ӨКҮМ ЧЫГАРУУ БАГЫТЫНДА ИЛИМДЕРИ ДА АЗАЙАТ.*** *Бул имамдын (Аз. Мехди (ас)дын) келиши менен аалымдардын өкүмдөрдөгү келишпестиктери да чечилет...* ***ЭГЕР КОЛУНДА КЫЛЫЧ (ИЛИМ) БОЛБОГОНДО АНЫН ӨЛҮМҮНӨ ФАТВА (ӨКҮМ) БЕРИШМЕК.*** *Бирок Женабы Хак (Улуу Аллах) аны (Аз. Мехди (ас)ды) берешендиги менен жана кылыч (бир туугандары) менен тазалайт,* ***АЛАР АГА (Аз. Мехди (ас)га) МОЮН СУНУШАТ. СЕБЕБИ ЭЛ АРАСЫНДА АБРОЙЛОРУ ЖОГОЛОТ, АЛ ТУРГАЙ, ӨКҮМ ЧЫГАРУУ БАГЫТЫНДА ИЛИМДЕРИ ДА АЗАЙАТ.*** *Аз. Мехди (ас)дын келиши менен аалымдардын өкүмдөрүндөгү келишпестиктер да чечилет. Андан (Аз. Мехди (ас)дан) бир жагынан коркушат, экинчи жагынан бир нерселер үмүт кылышат.* ***ЖҮРӨГҮНӨН АНЫ (АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫ) ЖЕК КӨРҮШӨТ. БИРОК ОШОГО КАРАБАСТАН КААЛАСА-КААЛАБАСА ӨКҮМҮН КАБЫЛ АЛЫШАТ.*** *(Medineli Allâme Muhammed b. Resul el-Hüseynî el-Berzencî, Kıyamet Alametleri, б: 187, Patuk Yayıncılık)*

***Анын (Аз. Мехди (ас)дын) доорунда дин бүтүндөй рей (аалымдар чыгарган өкүмдөр)ден тазаланып баштапкы калыбына келет. БЕРЕ ТУРГАН КӨП ӨКҮМДӨРҮНДӨ УЛАМАНЫН МЕЗХЕПТЕРИНЕ КАРАМА-КАРШЫ КЕЛЕТ. МЫНДАН УЛАМ АНДАН (АЗ. МЕХДИ (АС)ДАН) АЛЫС БОЛУШАТ.*** *Себеби алар өз күмөндөрүндө, чындап Аллах имамдарынан соң бир мучтахид калтырган эмес деп ойлошот... (Muhyiddin Arabi, "Futuhat-El Mekkiye", 66-бап, т: 3, б: 327- 328)*

Бул жөнүндө башка кээ бир маалыматтар мындай:

***ҮММӨТҮМДӨН БАШЫ ЧАЛМАЛУУ ЖЕТИМИШ МИҢ ААЛЫМ КИШИ ДАЖЖАЛГА МОЮН СУНУШАТ.*** *(İmam Ahmed bin Hanbel, Müsned, б: 796)*

***... КЭЭ БИР ЗАХИРИ УЛАМАЛАР (хадистердин тышкы маанисин карап өкүм чыгарчу аалымдар) АЛ РИВАЯТ ЖАНА ХАДИСТЕРДИН ЗАХИРИНЕ (тышкы маанисине) КАРАП КҮМӨНГӨ ТҮШҮШКӨН. ЖЕ СЫХХАТЫН (тууралыгын) (уламыш сыяктуу, жомоктордо айтылган чындыкка сыйбас бир нерседей туура эмес) ТАНЫП ЖЕ УЛАМЫШ***

***(ЖОМОК) СЫМАЛ БИР МААНИ БЕРИП, МУХАЛ БИР СУРЕТТИ*** *(дээрлик мүмкүн эмес, акыл менен таразалап түшүнүүгө мүмкүн болбогон өзгөчөлүктөрдөгү бир кишини)* ***КҮТҮП ЖАТКАНДАЙ*** *(айтып беришкендиктен),* ***АВАМЫ МУСЛИМИНГЕ*** *(андай метафизикалык түшүндүрмөлөргө ишене албай кыйналган же ушул себептен ишенбегендиктен, эл арасынан илими жок Мусулмандарга ыймандык жактан)* ***ЗЫЯН ТИЙГИЗИШЕТ.*** *(Бедиүззаман Саид Нурси Азрети, Kastamonu Lahikası, б: 80)*

***... ИМАМ-Ы МЕХДИ (ас) ЧЫККАНДА өзгөчө ФУКАХА (ФЫКЫХ (ШАРИЯТ) ААЛЫМДАРЫ) АГА (АЗ. МЕХДИ (АС)ГА) ДУШМАН БОЛОТ. АНЫН (АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН) КЫЛЫЧЫ БИР ТУУГАНДАРЫ.*** *Колунда кылыч болбогондо* ***–Б.А. БИР ТУУГАНДАРЫ БОЛБОГОНДО- ЗАМАНДЫН ФУКАХАСЫ (ФЫКЫХ ААЛЫМДАРЫ) АНЫН (АЗ. МЕХДИ (АС)) ӨЛҮМҮНӨ ФАТВА БЕРИШМЕК (ӨКҮМ ЧЫГАРЫШМАК).*** *Бирок Женабы Хак аны (Аз. Мехди (ас)ды) берешендиги менен жана кылыч* ***(БИР ТУУГАНДАРЫ)*** *менен тазалайт, алар ага (Аз. Мехди (ас)га) ишенип баш ийишет.* ***ӨКҮМҮН ИШЕНБЕГЕН ДА КАБЫЛ АЛУУГА МАЖБУР БОЛУП ТЕСКЕРИСИН ЖАШЫРЫШАТ.*** *(Ramuz el-Hadis, б: 56 73)*

*Келээри убада кылынган Аз. Мехди (ас) диндин баркын көтөрүүнү, сүннөттү кайрадан жандандырууну каалаган* ***кезде, диндин маңызында, чыныгысында жок нерселерди диндин буйругу деп ойлогон кээ бир адамдар таң калып мындай дешет: БУЛ АДАМ (АЗ. МЕХДИ (АС)) ДИНИБИЗДИ ЖОК КЫЛУУНУ ЖАНА ШАРИЯТЫБЫЗДЫ КЫЙРАТУУНУ КААЛАП ЖАТАТ.*** *(Mektubat-i Rabbani (Мектубат-ы Раббани), 1/535)*

## АЗ. МЕХДИ (АС) УБАГЫНДАГЫ КАРАҢГЫ ААЛЫМДАР МЕНЕН БАЙЛАНЫШТУУ ХАДИСТЕР, РИВАЯТТАР ЖАНА ТҮШҮНДҮРМӨЛӨР

Пайгамбар Мырзабыз (сав) кыямат белгилеринин бири катары илимдин жоголуп караңгылыктын орноорун айткан:

♦ ***Аллах Таала илимди силерге тартуу кылган соң (эсиңерден) мажбурлап тартып албайт. Бирок аалымдарды илимдери менен бирге жамаат ичинен алат, рухтарын алат. Анан чымкый жахил (караңгы) бир топ калат. Эл алардан диний муктаждыктарын сурашат, алар болсо (аят, хадисти карабастан) өздөрүнүн ойуна жана каалоосуна карап фатва берип, өздөрү да жолдон чыгышат, башкаларды да жолдон***

***чыгарышат.*** *(Buhari Tecrid-i sarih: 2174)*

♦ *«Дажжалша Исфехан еврейлеринен **чалмалуу жетимиш миң киши моюн сунат (аны ээрчийт).*** *(Müslim, Et-Tac Ali Nâsıf el-Hüseynî, c.5/s.627)*

♦ ***«ҮММӨТҮМДӨН БАШЫ ЧАЛМАЛУУ ЖЕТИМИШ МИҢ ААЛЫМ КИШИ ДАЖЖАЛГА МОЮН СУНАТ (ДАЖЖАЛДЫ ЭЭРЧИЙТ).»*** *(İmam Ahmed Bin Hanbel, Müsned, sf. 796)*

♦ *Расулуллах (с.а.в) мындай деген: «Үммөтүмө ушундай бир заман келет, башчылары заалым, **аалымдары ач көз жана такыбасыз болушат,** ибадат кылгандары рийакар (эл көзүнө), соодагерлери пайызчы, кемчиликтерди жашыруу соодада гана болот. Аялдары дүйнө сулуулугуна берилишет. Ал кезде жамандары аларга жугат, жакшылары дуба кылып, аларга жооп берилбейт.» (Bihar'ul-Envar, c. 23, s. 22)*

♦ ***Үммөтүм жаман аалымдар,*** *караңгы адиббер (ибадат кылуучулар) себебинен кыйрайт. [Darimi]*

♦ ***Кыяматта бир дин аалымы тозокко ташталат. Таанығандар ага «Сен дүйнөдө диндин буйруктарын айтып берчү элең. Эмне үчүн бул азапка түштүң?» дешет. Ал болсо «Адамдарга күнөө бул, кылбагыла» деп, өзүм кылчумун. «Кылгыла» дегендеримди болсо кылчу эмесмин. Мунун жазасын тартып жатам» дейт. [Buhari (Бухари)]***

♦ ***Ушундай бир заман келет, аалымдар фитна элементи болушат. [Ebu Nuaym]***

♦ *Имам Раббани Азрети айтат: **Дүнүйө артынан куүган дин аалымдарынын сөздөрүн угуу, китептерин окуу уу жегендей зыян. Жаман дин аалымдарынын зыяндары жугуштуу. Жамааттарды бузат, элдерди бөлөт. Тарыхта Ислам мамлекеттеринин баштарына келген балээлерге дайыма жаман дин аалымдары себеп болду. Мамлекет кызматкерлерин туура жолдон ошолор адаштырды.** Пайгамбар Мырзабыз (Мусулмандар 73 бөлүккө бөлүнөт. Алардын 72си тозокко кирет, бирөөсү гана тозоктон кутулат) деди. **Бул 72 жолдон чыккан топтун башчылары дайыма жаман дин аалымдары болгон.** Тозоктон кутула турган жалгыз топ болсо – бул сүннөт жолунан жүргөндөр. **(47. Mektup)***

♦ *«Бидат (кошумча) ээси, руханий кичине адамдардын жанынан илим издөө кыямат алааматтарынан.» (Camiu's-sağir: 2475) (Kıyamet ve Alametleri, Ömer Öngüt, sf. 53)*

♦ *«Дүйнөгө карата зайыттык тилде калмайынча, такыбалык да жасалма болмоюнча кыямат болбойт.» (Camiu's-sağir: 9856) (Kıyamet ve Alametleri, Ömer Öngüt, sf. 53)*

♦ ***Пайгамбар Мырзабыз акыр замандын абалын кабар берген:*** *«Адамдарга ушундай бир заман келет: Исламдын аты гана, Курандын болсо сүрөтү гана калат. Мечиттер тышкы көрүнүшү жагынан жаркыраган, бирок ичтери хидаяттан бош (куру кол) болот. Алардын аалымдары асман астындагылардын эң жамандары. Фитна алардан чыкты жана кайра аларга кайтат.» (Beyhaki) (Kıyamet ve Alametleri, Ömer Öngüt, sf. 54)*

♦ *Расулуллах –саллаллаху алейхи ва саллам- Мырзабыз куттуу хадисинде мындай деди: «Үммөтүмө ушундай бир заман келет: Исламдын аты гана, ыймандын сүрөтү,* ***Курандан болсо тамга*** *менен басмалар* ***калат.*** *Аракеттери курсак, диндери акча, кыбылалары аялдары болот. Алар азга канаат кылышпайт, көпкө болсо тоюшпайт.» (Kıyamet ve Alametleri, Ömer Öngüt, sf. 50)*

♦ ***ИМАМ-Ы МЕХДИ (ас) ЧЫККАНДА өзгөчө ФУКАХА (ФЫКЫХ (ШАРИЯТ) ААЛЫМДАРЫ) АГА (АЗ. МЕХДИ (АС)ГА) ДУШМАН БОЛОТ. АНЫН (АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН) КЫЛЫЧЫ БИР ТУУГАНДАРЫ.*** *Колунда кылыч болбогондо –**Б.А. БИР ТУУГАНДАРЫ БОЛБОГОНДО- ЗАМАНДЫН ФУКАХАСЫ (ФЫКЫХ ААЛЫМДАРЫ) АНЫН (АЗ. МЕХДИ (АС)) ӨЛҮМҮНӨ ФАТВА БЕРИШМЕК (ӨКҮМ ЧЫГАРЫШМАК).** Бирок Женабы Хак аны (Аз. Мехди (ас)ды) берешендиги менен жана кылыч **(БИР ТУУГАНДАРЫ)** менен тазалайт, алар ага (Аз. Мехди (ас)га) ишенип баш ийишет. **ӨКҮМҮН ИШЕНБЕГЕН ДА КАБЫЛ АЛУУГА МАЖБУР БОЛУП ТЕСКЕРИСИН ЖАШЫРЫШАТ.** (Ramuz el-Hadis, б: 56 73)*

♦ *Анын (Аз. Мехди (ас)дын) доорунда дин бүтүндөй рей (аалымдар чыгарган өкүмдөр)ден тазаланып баштапкы калыбына келет. **БЕРЕ ТУРГАН КӨП ӨКҮМДӨРҮНДӨ УЛАМАНЫН МЕЗХЕПТЕРИНЕ КАРАМА-КАРШЫ КЕЛЕТ. МЫНДАН УЛАМ АНДАН (АЗ. МЕХДИ (АС)ДАН) АЛЫС БОЛУШАТ.** Себеби алар өз күмөндөрүндө, чындап Аллах имамдарынан соң бир мучтахид калтырган эмес деп ойлошот... (Muhyiddin Arabi, "Futuhat-El Mekkiye", 66-бап, т: 3, б: 327- 328)*

## АКЫР ЗАМАНДЫН ЫЙМАНЫ АЛСЫЗ ДИН ААЛЫМДАРЫ

***«Кыямат алааматтарынан жана акыр заман окуяларынан жана кээ бир амалдардын пазилет жана соопторунан сөз кылган куттуу хадистер жакшылап түшүнүлбөгөндүктөн, акылдарына ишенген КЭЭ БИР ИЛИМДҮҮЛӨР алардын бир бөлүгүн алсыз же тема*** *(хадис)* ***дешкен. ЫЙМАНЫ АЛСЫЗ ЖАНА ТЕКЕБЕР КЭЭ БИРЛЕР БОЛСО*** *(акылын сүйгөн, өзүн өйдө, кемчиликсиз жана жогору сезген; жана өз напсисин кудай кылган кишилер болсо (Аллахты аруулайбыз)),* ***ТАНУУГА (КААПЫРДЫККА) ЧЕЙИН БАРЫШКАН.»*** *(Sözler, б: 355)*

Бедиүззаман Саид Нурси «ыймандары алсыз» жана «өтө текебер» кээ бир аалымдардын Аз. Иса (ас)дын чыгышын жана Аз. Мехди (ас)дын келишин бурмалап же жокко чыгараарын кабар берген. Бедиүззаман көңүл бурган бул «аалымдардын» андай мамилеси болсо алардын чындыгында социалист, дарвинист жана материалист билим алган кишилер болушунан келип чыгат. Ал кишилер – өздөрүнөн жогору бир макамдын бар экенин кабыл албаган, баары өзүн өз-өзүнчө кудайлаштырган (Аллахты аруулайбыз), өздөрүн дүйнөнүн эң илимдүүсү кабыл алган жана баарынан жогору көргөн адамдар. Ушул себептен бир мезхепке моюн сунууну да, Аз. Мехди (ас)ды ээрчүүнү да кабыл алышпайт. Аз. Мехди (ас)дын чыгышын да, Аз. Иса (ас)дын экинчи жолу жер жүзүнө келишин да кабыл алгысы келбешинин себеби ушул.

Бедиүззаман өз сөзүндө, ал кишилердин, алар ойлогондон тескерисинче, Аллахка болгон ишенимде күмөн санаган, ыймандары алсыз, акылдары кем кишилер экенин айткан. Пайгамбарыбыз (сав) көз жумган соң Эхли Бейтке кол салган, Аз. Осман, Аз. Өмер, Аз. Али жана Аз. Хусейин менен Эхли Бейт имамдарын шейит кылган көз-караш да ушул эле. Бул кир (пас) адам модели – текебер, чектен чыккан, жашыруун атеист, фитна чыгаруучу саясат түшүнүгү менен руху да, жүзү да карарган адам мүнөзү.

## АКЫР ЗАМАНДЫН ЫЙМАНДАРЫ АЛСЫЗ ДИН ААЛЫМДАРЫНЫН МҮНӨЗДӨРҮ

- Эң негизги белгиси жүздөрүндө нур болбошу; таш боор бир кебетеде болушу.

- Көз-караштары кыйшык жана көздөрү жек көрүүгө толо. Мимикалары өтө жасалма. Өздөрүн дайыма алдыга чыгарышат.

- Сүйлөгөндө эч нерсени Аллахка бербейт; Аллахтын жаратканын айтуудан өтө качынышат (Аллахты аруулайбыз).1 Сүйлөгөндө тагдырдан, тозоктон, бейиштен сөз кылуудан качынат; бул темаларды мүмкүн болушунча айткылары келбейт.

- Бир темада сөз кылып жатканда өздөрүн баарын билгендей көрүп баяндашат.1 Сый-урматсыз жана дайыма талашып-тартышууга даяр бир услупта болушат.

- Сүйүүнү, урматтоону, боорукердик, мээримди билишпейт.

- Чектен чыккан жана тап берүүчү мамилелери менен көңүл бурушат.

- Баарын билгендей жана өтө илимдүүлөй мамиле жасашат.

- Динди бир кесип же бир аброй себепчиси катары көрүшөт.

- Арапча же башка бир тилди билбеген бирөө менен сүйлөшүп жатканда, маңдайындагы адамдын же элдин көпчүлүгүнүн чет тилди билбегенин билип туруп, өзүн илимдүү көрсөтүү жана мактануу үчүн гана тынымсыз арапча аралаштырып сүйлөшөт.

- Ушакчы, тымызын, жашыруун кекчил мүнөздөрү бар.

- Сулуулуктан, сүйүүдөн, боорукердиктен, мээримден, коздуктан сөз кылгылары келбейт.

- Дин менен байланыштуу маселелерди Куранга, хадиске, абийирге карап жоромолдошпойт. Жоромол, баалоолорун өздөрүнүн кир логикалары жана пас акылдары менен жасаганга аракеттенишет.

- Динсиздерге (атеисттерге) жагынуу, алардын колдоосун алуу үчүн эки жүздүү сүйлөшөт. Чын ыкластуу диндарларга карата кычкыл жана орой мамиле кылышат.

- Дүйнөнүн утурумдук экенин көп айткылары келбейт. Ишенбеген нерселерине ишенгендей көрүнүшөт.

- Топторго бөлүнүү, бөлүүчү маанайда. Бириктирүүчү эмес.

- Атеисттерге урмат көрсөтүп, жагынууга аракет кылышат. Чын ыкластуу диндарларга карата болсо басмырлоочу, орой мамиле жасашат. Кызганчаактыгын жашырууга аракет кылышат, бирок апачык билинип турат.

- Атеисттер (динсиздер) андай кишилерди өтө барктап, маани беришет. Диндарларга кол салууда көбүнчө ушундай уятсыз кишилер колдонулат. Динсиздер динге жана диндарларга кол салгысы келгенде, ушул кишилерди колдонушат. Динсиздердин аларга көрсөткөн урматынан улам текебердиги андан да өсөт.

- Майда-бараттарга кирип демагогия кылууда өтө «уста» болушат. Абал жана шарттарга жараша, хамелеон сыяктуу түрлөрүн өзгөртүшөт. Динсиздерди жактап, диндарларга каршы сөздөрдү айтып жагынууга аракеттенишет. Динсиздердин кол алдында мындай уятсыз бир топ дайыма болот.

**АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ИМАМ РАББАНИ ЖАШАГАН КЫЛЫМДА ЭМЕС, БИЗ ЖАШАП ЖАТКАН ХИЖРИЙ 1400-ЖЫЛЫ ЧЫККАНДЫГЫНЫН КЭЭ БИР ДАЛИЛДЕРИ**

Имам Раббани Азрети *Мектубат*ында Аз. Мехди (ас)дын анын доорунда чыкпаганын айткан. Мунун далили катары эки маанилүү далилди айткан.

• Бул далилдердин биринчиси Аз. Мехди (ас)дын кылымдын башында чыгуу шарты.

• Экинчиси болсо анын чыгышынын Пайгамбарыбыз (сав) билдирген алааматтардын катары менен ишке ашышы менен чогуу болушу.

Имам Раббани Азретинин 381-Мектуптагы сөзү:

Бирок бул чыгуу **АЗ. МЕХДИ (АС) ЧЫГААРДА БОЛО ТУРГАН ЧЫГУУ ЭМЕС.** Себеби **АНЫН (АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН) ЧЫГЫШЫ КЫЛЫМДЫН БАШТАРЫНДА БОЛОТ. АЗЫР БОЛСО КЫЛЫМДЫН БАШЫНАН ОН СЕГИЗ ЖЫЛ ӨТТҮ.** *(İmam-ı Rabbani, Mektubat-ı Rabbani, 381. Mektup, б: 1184)*

Имам Раббани бул сөзүндө Аз. Мехди (ас)дын хижрий бир кылымдын башында чыгаарын айтууда.

• Бирок Раббани жашаган доордо хижрий бир кылымдын башынан 18 жыл өтсө дагы, Аз. Мехди (ас)дын чыкканын көрсөткөн белгилердин бирөөсү да ишке ашкан эмес.

Бул дагы ал доордо Аз. Мехди (ас)дын чыкпай тургандыгынын эң маанилүү көрсөткүчтөрүнүн башында турат. Себеби Аз. Мехди (ас) чыкканда хижрий бир кылымдын башынан баштап Пайгамбарыбыз (сав) кабар берген акыр заман белгилери катары менен болуп башташы керек.

• Бирок бул белгилер Раббани жашаган хижрий кылымдын башынан баштап 18 жыл бою жана кийин хижрий 1400-жылга чейин катары менен болгон эмес. Бирок хижрий 1400-жылдын башталышы менен бирге бул белгилер (алааматтар) үзүлгөн бир шурунун мончокторунун түшүүсү сыяктуу катары менен ишке ашты.

## АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН ИМАМ РАББАНИ ЖАШАГАН КЫЛЫМДА ЭМЕС, БИЗ ЖАШАП ЖАТКАН ХИЖРИЙ 1400-ЖЫЛЫ ЧЫККАНДЫГЫНЫН КЭЭ БИР ДАЛИЛДЕРИ

• Имам Раббани Азретинин доорунда түндү жарык кылган чоң бир от[1] көрүлгөн эмес.

Ал эми 1979-жылдын 15-ноябрында Стамбул Босфор кысыгында чоң бир мунайзат танкери жарылган. Чоң бир жарылуу болуп, ал танкер менен ичиндеги мунайзаттын күйүшү бир канча күнгө созулган. Күйүү учурунда чоң жалын чыгып, айлананы жарыткан жана кара түтүн буркураган. Муну маал-маалы менен жарылуулар коштогон.

• Имам Раббани Азрети убагында Иран-Ирак согушу[2] болгон эмес.

Ал эми 1980-жылдын октябрь айында Иран-Ирак арасында бир согуш башталган. Ал согуш – Пайгамбарыбыз (сав) мындан 1430 жыл мурда Аз. Мехди (ас)дын чыгуу белгилеринин бири катары билдирген бир согуш.

• Имам Раббани Азрети жашаган доордо чыгыш тараптан бир оттун

көрүнүшү[3] сыяктуу бир окуя болгон эмес.

Ал эми 1991-жылы Ирак аскерлери Саддамдын буйругу менен Кувейтке тиешелүү мунайзат кудуктарын аткылашкан жана бул кол салуу натыйжасында Кувейт менен Перс булуңун чоң бир от каптаган. Бул окуя менен Пайгамбарыбыз (сав) Аз. Мехди (ас)дын чыгуу белгилеринин бири катары билдирген хадис хижрий 1400-жылдарда ишке ашкан.

• Имам Раббани Азрети жашаган доордо Евфрат дарыясынын суусу эч токтотулган эмес.[4]

Ал эми 1973-жылы Евфрат дарыясына курулган Кебан дамбасы менен тарыхта биринчи жолу Евфраттын суусу бир дамба менен тосулган.

• Имам Раббани Азрети жашаган доордо Евфрат дарыясынын суусу токтогон соң ал аймакта чоң бир террор болгон эмес жана көп санда адам каза тапкан эмес.[5]

Ал эми Евфрат дарыясына дамба курулгандан көп өтпөй хижрий 1400-жылдардын башында ошол эле аймакта ПКК террору башталган жана көп санда адам каза болуп, көп түрк аскерлери шейит болгон.

• Имам Раббани Азрети жашаган доордо Евфрат-Дижле арасында чоң бир согуш болгон эмес.[6]

Ал эми 1980-жылы башталган жана 8 жылга созулган Иран-Ирак согушу – эки Мусулман өлкө арасында хижрий 1400-жылы башталган жана бул хадиске толук дал келген бир согуш.

• Имам Раббани Азрети жашаган доордо Каабага кандайдыр бир чабуул болгон эмес жана Каабада кан төгүлгөн эмес.[7]

Ал эми хижрий 1400-жылдын биринчи күнү болгон 1979-жылы 21-ноябрьда Каабага кандуу чабуул уюштурулган жана көп киши өлтүрүлгөн. Кайра 7 жылдан соң хижрий 1407-жылы Каабада андан да кандуу бир окуя болуп, көп санда ажы шейит болгон. Кааба тарыхында бир жолу болгон бул террор себебинен Каабада таваф (Каабаны айлануу) токтогон.

• Имам Раббани Азрети жашаган доордо Ислам үммөтү халифасыз калган эмес.

Раббани Азрети христиан жыл эсеби боюнча 1564-1624-жылдар арасында жашаган. Анын доорунда Кануни Султан Сулайман – 1-Мустафа да кошо 8 Осмон империясынын падышасы Ислам үммөтүнүн халифалык милдетин аркалашкан. Б.а. Раббани Азрети жашаган доордо халифалык макамы жана ал руханий макамга ээ кишилер бар эле. Ал эми Пайгамбарыбыз (сав) риваяттарда Аз. Мехди (ас) чыккан кезде Ислам үммөтүнүн башында бир халифа (руханий лидер) болбой турганын билдирген. Бул жөнүндө Пайгамбарыбыз (сав)дан риваят кылынган бир хадисте мындай деп айтылат: *(Аз. Мехди (ас)) Дүйнөдө аты белгилүү бир халифа калбай калганга чейин чыкпайт. (El-Kavlu'l Muhtasar Fi Alamet-il Mehdiyy-il Muntazar, бет: 54)*

• Имам Раббани Азрети жашаган доордо эки жыл катары менен Рамазан айында ай менен күн тутулуулар болгон эмес.[8]

Ал эми Пайгамбарыбыз (сав) Аз. Мехди (ас) чыга турган акыр заманда бул асман кубулуштарынын болоорун айткан. Дал Пайгамбарыбыз (сав) билдиргендей, хижрий 1400-жылдар ичинде эки жыл катары менен Рамазан айында 15 күн аралык менен күн менен ай тутулуулары болгон. Бул тутулуулар 1981- жана 1982-жылдары болуп өткөн.

**1981-жылы (хижрий 1401-жылы) Рамазан айынын 15-күнү ай, 29-күнү болсо күн тутулган.*

**Кайра «экинчи жолу» 1982-жылы (хижрий 1402-жылы) Рамазан айынын 14-күнү ай, 28-күнү болсо күн тутулган.*

• Имам Раббани Азрети жашаган доордо Афганистан басып алынган эмес.

Ал эми Пайгамбарыбыз (сав) бир хадисинде «Таликанга (Афганистанга) жаман болду»[9] деп, Аз. Мехди (ас) чыга турган доордо бул өлкөнүн басып алынаарына көңүл бурган. Чындап эле хижрий 1400-жылы (1979-жылы) Афганистан топурактарына советтер союзу тарабынан басып алуу жасалган.

• Имам Раббани Азрети жашаган доордо Азербайжан басып алынган эмес.

Ал эми Пайгамбарыбыз (сав) акыр заманда «Азербайжандан сөзсүз бир от чыгаарын»[10] билдирген. Чындап эле 1990-жылы Тоолуу Карабагды

талашкан армяндар тарабынан Азербайжанга кол салуу болгон жана көптөгөн азери Мусулман бир тууганыбыз шейит кылынган.

• Имам Раббани Азрети жашаган доордо Люлин жана Галилей куйруктуу жылдыздары (комета) катары менен дүйнөгө жакын жерден өтүшкөн эмес.

Галилей куйруктуу жылдызы[11] 1986-жылы дүйнөгө жакын жерден өткөн. Ал 76 жылда бир өтүп турат. Куйруктуу жылдыздын бул акыркы өтүшү жыл жагынан хижрий 1400-жылдарга туура келген.

Раббани Азрети *Мектубат*ында Пайгамбарыбыз (сав) хадисинде кабар берген жана акыр заманда чыга турган эки баштуу, батыштан чыгышты көздөй (башка куйруктуу жылдыздардын кыймыл багытына карама-каршы) кыймылдаган бир куйруктан жылдыз жөнүндө сөз кылган.[12] Ал жылдыз – 2009-жылы дүйнөгө жакын жерден өткөн Люлин куйруктуу жылдызы. Илимпоздор бул жылдыз эми 1000 жылдан кийин гана кайра дүйнөгө жакын жерден өтүшү мүмкүн дешүүдө.

• Имам Раббани Азрети жашаган доордо Сирия менен Египет башчылары өлтүрүлгөн эмес.[13]

Ал эми, дал хадистерде билдирилгендей, хижрий 1400-жылдын алдында Египет менен Сирия амирлери катары менен киши колдуу болуп өлтүрүлүшкөн. Бул окуялардын кээ бирлери мындай:

- 1920-жылы Сириянын мурдакы президенти Салах Аль-Дин Беетар,
- 1921-жылы Сирия премьер-министри Дроуби Паша,
- 1949-жылы Сирия премьер-министри Мухсин аль-Барази,
- 1951-жылы Иордания ханы Абдуллах,
- 1982-жылы бомбалуу кол салуу менен Ливияда фалангист лидери Бешир Жемайел.

• Имам Раббани Азрети жашаган доордо египеттиктердин туткунга алынышы сыяктуу бир жагдай болгон эмес.[14]

Ал эми 1956-жылы 26-октябрьда Израил Египетке кол салды жана Синай жарым аралын басып алды. Андан соң кайра Израил-Египет арасында 6 күндүк согуш болду. Учурда дагы эле Иордан дарыясынын батыш жээги, Голан дөбөлөрү жана Иерусалим Израилдин карамагында турат. Бул согуштар учурунда өтө көп санда египеттик Израил аскерлери тарабынан туткунга алынды же шейит кылынды.

• Имам Раббани Азрети жашаган доордо чаң-түтүндүү караңгы бир фитна[15] болгон эмес.

Ал эми 2001-жылдын 11-сентябрында АКШнын Нью-Йорк жана Вашингтон шаарларында болгон дүйнө тарыхынын эң чоң террордук кол салуулары бул хадиске көп жагынан дал келет. Бул окуялардын артынан өтө чоң бир чаң менен түтүн булуту айлананы каптап калган.

• Имам Раббани Азрети жашаган доордо дүйнөлүк масштабга жайылган кыргындар болгон эмес.[16]

Ал эми 20-кылымда болсо Биринчи жана Экинчи дүйнөлүк согуштарда эле болжол менен 250 миллион адам каза тапкан. 20-кылымда иштеп чыгылган курал-жарак технологиясы жана ошого жараша чыккан согуш стратегиялары натыйжасында кыргындар, басып алуулар жана согуштар өтө көп санда адамдардын өлүмүнө себеп болгон. Палестинада, Руандада, Босния-Герцеговинада, Чеченистанда, Чыгыш Түркистанда (Синьцзян), Иракта жана дүйнөнүн дагы көп жеринде өтө көп адамдар көз жумду.

• Имам Раббани Азрети жашаган доордо Мусулмандар менен еврейлер согушушкан эмес.[17]

Ал эми, Мусулмандар менен еврейлер арасындагы пикир келишпестиктер 20-кылымдын баштарынан бүгүнкү күнгө чейин уруш, согуштар менен коштолуп келатат.

• Имам Раббани Азрети жашаган доордо дүйнөдө Аллахты апачык жокко чыгарган бир көрүнүш болгон эмес.[18]

Ал эми, өз ойлорунда Аллахты жокко чыгарган адашкан агым болгон атеизм 19-кылымдын аягынан баштап жайылган. Материализм жана дарвинизмдин жайылышы менен өздөрүнө философиялык жана калп «илимий» бир таяныч таптык деп жаңылган атеисттердин саны 20-кылымда көбөйгөн. Аз. Мехди (ас) доорунда атеизм, материализм, дарвинизм жана коммунизм сыяктуу адашкан ишеним системалары илим-пикир менен жок кылынат. Куран ахлагы жана Пайгамбарыбыз (сав)дын сүннөтү бүт дүйнө жүзүндөгү адамдарга жайылат. Раббани Азрети жашаган доордо мындай каапырдык система дүйнөгө жайылган да жок, Аз. Мехди (ас) тарабынан ал системалар пикир менен жок кылынып дин ахлагы да дүйнөгө орногон жок.

• Имам Раббани Азрети жашаган доордо Мусулмандар бир-бири менен согушушкан эмес.[19]

Ал эми, хижрий 1400-жылдын баштарынан баштап кээ бир мусулман өлкөлөр арасында согуштар болуп баштаган. Иран-Ирак согушу, Иректын Кувейтти басып алышы бул хадистин хижрий 1400-жылдан кийин чыкканын көрсөтүүдө.

• Имам Раббани Азрети жашаган доордо дүйнөдө чоң бир анархия менен башаламандык болгон эмес.[20]

Ал эми, Аз. Мехди (ас) чыккан, өткөн 20-кылым дүйнөдө анархия менен террор күчөгөн, чоң кыргын менен согуштар болгон, анархия менен башаламандык эң бийик чекке жеткен бир кылым болду.

• Имам Раббани Азрети жашаган доордо «бир армиянын чөлдө жоголушу»[21] сыяктуу бир окуя болгон эмес.

Ал эми, 2003-жылы Ирактын басып алынышы учурунда Ирак армиясынын 15000 кишилик Көйрөңдөр аттуу аскердик бөлүгү жоголуп кеткен.

• Имам Раббани Азрети жашаган доордо ирактыктардын акчасынын түгөнүшү, акча бирдигинин айлануудан алынышы сыяктуу окуя болгон эмес.[22]

Ал эми, 2003-жылы Ирактын басып алынышы учурунда Ирак динары айлануудан алынып салынып, Ирак динары өтө ыкчам наркын жоготкон.

• Имам Раббани Азрети жашаган доордо Багдад от-жалын ичинде калган эмес.[23]

Ал эми, 2003-жылы Иракты басып алуу учурунда биринчи күндөн баштап Багдад эң көп бомбалоого кабылган шаар болуп, хадисте айтылган окуя ишке ашкан.

• Имам Раббани Азрети жашаган доордо Ирак кайрадан түзүлгөн эмес.[24]

Ал эми, 2003-жылкы басып алуудан соң бүлгүнгө айланган Ирак учурда өтө ыкчам кайра оңдолуп, түзүлүп баштады.

• Имам Раббани Азрети жашаган доордо бийик имараттар курулган эмес.[25]

Ал эми, биз жашап жаткан хижрий 1400-жылдар өтө бийик имараттар курулган бир кылым болууда.

• Имам Раббани Азрети жашаган доордо адамдар камчысынын учу менен сүйлөшкөн эмес, б.а. телефон ойлоп табыла элек болчу.[26]

• Имам Раббани Азрети жашаган доордо чөлдөр жашылдандырылган эмес; кайрак жерлерде айыл-чарбаны жакшыртуу иштери жасалган эмес эле.

Пайгамбарыбыз (сав) хадисинде «Арабистанда да дарыялар менен бакчалар пайда болмоюнча кыямат болбойт.» (Ahmed b. Hanbel, Müsned (Ахмед б. Ханбел, Мүснед), 17/22, хадис №: 8819) деп, чөл жерлеринде айыл-чарбаны жакшыртуу иштеринин жасалаарын кабар берген. Бүгүн болсо Арабистандын чөл топурактарына суу жеткирилип, эң суу жок жерлерден да айыл-чарба түшүмдөрү алынууда.

• Имам Раббани Азрети жашаган доордо адамдын өз үнү өзү менен сүйлөшкөн эмес, б.а. үн жазуу каражаттары али ойлоп табыла элек болчу.[27]

Бул технологияларда өзгөчө 20-кылымда олуттуу өнүгүүлөр болуп баштаган.

• Имам Раббани Азрети жашаган доордо чоң шаарлардын жок болушуна себеп болгон окуялар, согуштар болгон эмес.[28]

Бирок Биринчи жана Экинчи дүйнөлүк согуштар учурунда да, акыркы жылдары болгон чоң жер титирөөлөрдө да көптөгөн мега-шаарлар жер менен жексен болду. Хиросима менен Нагасаки шаарлары атом бомбаларынын ташталышы натыйжасында адам жашагыс болуп калды.

• Имам Раббани Азрети жашаган доордо Пайгамбарыбыз (сав) хадисинде кээ бир маанилүү жерлерин айтып кеткен чоң бир окуя болгон эмес.[29]

Ал эми, Пайгамбарыбыз (сав) хадисте айтып кеткен ал маанилүү жагдайлар хижрий 1400-жылдын алдында болуп өткөн 1977-жылы 1-майдагы

«1-май Таксим (Стамбул) окуяларына» өтө окшошуп кетет.

• Имам Раббани Азрети жашаган доордо кургакчылыктан соң көп жаан-чачындар болгон эмес.[30]

Ал эми, Пайгамбарыбыз (сав) акыр заманда, өзгөчө Люлин куйруктуу жылдызы өткөн соң көп жаан-чачын болоорун айткан. Чындап эле 2009-жылы 24-февральда Люлин куйруктуу жылдызы өткөн соң март айынан баштап өзгөчө Түркияда өтө көп жаан-чачындар болгон. Андан мурда Түркияда кургакчылык орун алып жаан-чачын аз болуп жатат деп арыздангандар көп болуп жаткан эле, бирок куйруктуу жылдыз өткөн соң элдер жаан-чачындын көп болушу себебинен үйлөрүнөн эвакуацияга да мажбур болушкан. Мисалы, Дим дамбасынын дарбазалары жаан-чачындын көптүгүнөн сынган.

Санап өткөн бул белгилердин баары Пайгамбарыбыз (сав) тарабынан акыр заманда чыгаары билдирилген Аз. Мехди (ас)дын белгилеринин бир бөлүгү гана. Бирок ушул белгилер дагы Аз. Мехди (ас)дын Раббани Азрети жашаган доордо эч чыкпагандыгынын бир көрсөткүчү. Имам Раббани өзү жашап жаткан хижрий кылымдын алгачкы 18 жылына чейин жана андан кийин да чыкпаган бул алааматтардан улам, Аз. Мехди (ас)дын анын кылымында чыгышынын мүмкүн эмес экенин айткан. Ал эми биз жашап жаткан хижрий 1400-жылдын алгачкы күнүнөн баштап болсо бул белгилер бир-бирден чыгып баштаган. Бул жагдай Аз. Мехди (ас)дын ушул кылымда чыккандыгынын, Аллахтын уруксаты менен, анык жана так бир көрсөткүчү.

***Булактар:***

**1-** Хүсейин б. Али (РА)дан риваят кылынган:

«Асманда чыгыш тараптан түндү жарык кылган чоң бир от көргөнүңөрдө, мына ошол убак – Аз. Мехди (ас)дын келээр убагы.» (mer'iy b. Yusuf b. Ebi bekir b. Ahmet b. Yusuf el-Makdi'si "Feraidu Fevaidi'l Fikr Fi'l İmam El-Mehdi El-Muntazar)

**2-** Шавваль айында көтөрүлүш Зилкадеде согуш сөздөрү, Зилхижжада болсо согуш болот. *(Kıyamet Alametleri, б: 166)*

**3-** Ант ичем, бир от силерди оройт. Ал от бүгүн Берехут деген өрөөндө өчүк абалда. Ал от ичинде укмуш азабы менен адамдарды оройт. Ал от адамдарды, мал-мүлктөрдү күйгүзүп жок кылат. Сегиз күн ичинде шамал менен булуттай учуп дүйнөнүн бүт тарабына таркайт. Түнкү ысыгы күндүзгү ысыктыгынан күчтүүрөөк. Ал адамдардын башынын үстүнөн арштын астына чейин жакындап жер бети менен асман арасында чагылгандай коркунучтуу бир күркүрөк болот, деди. *(Ölüm-Kıyamet-Ahiret ve Ahir Zaman Alametleri, б: 461)*

**4-** Евфрат дарыясынын суусу тартылып алтын казынасын ачыкка чыгараар

убактысы жакындап келатат. Ким ошол кезде ал жерде болсо ал казынадан эч нерсе албасын. *( Riyazü's Salihin, 3/332)*

**5-** «Евфрат дарыясынын суулары тартылып алтындан бир тоо пайда болот, адамдар аны алуу үчүн согушат жана АР ЖҮЗ КИШИНИН БИРӨӨСҮ гана аман калат. Бул убак келгенге чейин кыямат болбойт.» *(Müslim, Fiten, 29)*

**6-** «Евфрат менен Дижле арасында Зевра (Багдад) деген бир шаар болот. Ал жерде чоң бир согуш болот. Аялдар туткунга алынып, эркектер болсо кой союлгандай союлушат.» *(Kenzul Ummal, Kitab-ul kıyame kısm-ul efal, т: 5, бет: 38, El Muttaki)*

**7-** Шаввальда согуш кыйкырыктары, Зилхижжада согуш менен кыргын (уруш) болот, ошондой эле Зилхижжада ажы тонолот, ал тургай, көчөлөр кандан өтө алгыс болот жана арамдар чайналат. Байтул Муаззаманын жанында чоң күнөөлөр жасалат. *(Kitab-ül Burhan Fi Alameti-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, б: 37)*

**8-** Рамазандын биринчи түнү ай, ортосунда күн тутулат. *(Kıyamet Alametleri, б: 199)*

Мехди үчүн 2 алаамат бар... Мунун биринчиси, Рамазандын биринчи түнү айдын, экинчиси болсо ортосунда күндүн тутулушу. *(El-Kavlu'l Muhtasar Fi Alamatil Mehdiyy-il Muntazar, б: 47)*

Рамазанда эки жолу ай тутулуу болот. *(El-Kavlu'l Muhtasar Fi Alamatil Mehdiyy-il Muntazar, б: 53)*

Мехди чыгаардан мурда бир Рамазан ичинде күн эки жолу тутулат. *(Ölüm-Kıyamet-Ahiret ve Ahir Zaman Alametleri, б: 440)*

**9-** Таликанга (Афганистанга) жаман болду. Күмөнсүз, Аллах Тааланын ал жерде алтын менен күмүш эмес казыналары бар.» *(Kitab-ül Burhan Fi Alamet-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, б: 59)*

**10-** ...Эбу Басир айтат: Имам Эбу Абдуллах Жафери Садык алейхиссалам мындай деди: Атам мага мындай деди: «АЗЕРБАЙЖАНДАН СӨЗСҮЗ БИР ОТ ЧЫГАТ. ЖАНА ЭЧ НЕРСЕ АНЫН АЛДЫНДА ТУРА АЛБАЙТ. МЫНДАЙ ОКУЯ БОЛГОНДО ҮЙҮҢӨРДӨ ОТУРГУЛА. Биз эмне кылсак силер да ошону кылгыла. (Б.а. биз үйдө отурганда силер да отургула.) Жана биздин кыям этүүчүбүз (Аз. Мехди (ас)) кыймылдаганда ылдам жана эч токтобостон аны көздөй чуркагыла... *(Şeyh Muhammed b. İbrahim-i Numani, Gaybet-i Numani б: 311)*

**11-** Ал келээрден мурда чыгыштан нур чачкан бир куйруктуу жылдыз көрүнөт. *(El-Kavlu'l Muhtasar Fi Alamatil Mehdiyy-il Muntazar, б: 53)*

**12-** Кайталап, ЧЫГЫШ ЖАКТАН ЧЫККАН НУРДУУ УСТУНДАН сурап жатасыңар. Белгиле, асхаб берген кабар боюнча, Расулуллах (сав) Мырзабыз мындай деген: «Убада кылынган Мехди (ас)дын чыгуу белгилери болгон Аббаси Малик Хорасанга барганда, ЧЫГЫШ ТАРАПТА ЭКИ ТИШТҮҮ (1) ЖАРКЫРАГАН (2) БИР МҮЙҮЗ (3) ЧЫГАТ.»

**13-** Андан мурда Дамаск (Сирия) менен Египет маликтери (өкүмдар, мамлекет башчысы) өлтүрүлөт... *(El-Kavlu'l Muhtasar Fi Alamet-il Mehdiyy-il Muntazar, б: 49)*

**14-** «Сирия калкы Египеттик урууларды туткунга алышат.» *(El Kavl-ul Muhtasar Fi*

*Alamat-il Mehdiyy-il Muntazar, б: 49)*

**15-** Чаңдуу түтүндүү, караңгы бир фитна болот, муну башкалары ээрчийт... *(Kitab-ül Burhan fi Alamet-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, б: 26)*

**16-** Мехдиден мурда көп кыргындар боло турган чоң бир фитна болот. *(El-Kavlu'l Muhtasar Fi Alamet-il Mehdiyy-il Muntazar, б: 37)*

**17-** Мусулмандар менен еврейлер согушмайынча кыямат болбойт... *(Müslim, Tirmizi)*

**18-** Аллах апачык жокко чыгарылган абалга келмейинче кыямат болбойт. *(Kitabül Burhan Fi Alametil Mehdiyyil Ahir Zaman, б: 27)*

**19-** Эки чоң Ислам армиясы бир-бири менен согушмайынча кыямат болбойт. *(Ölüm-Kıyamet-Ahiret ve Ahir Zaman Alametleri, б: 454, №831)*

Аз. Эбу Хурейре (ра) айтат: Расулуллах алейхиссалату вассалам айтты: «Мусулмандардан эки топ өз ара согушмайынча кыямат болбойт. Алар араларында чоң согуш кылышат, бирок доолору бир.» *(Buhari, Fiten: 24, Menakıb: 25, İstitabe: 8; Müslim, İman: 248, Fiten: 17)*

**20-** Кыяматтын алдында анархия менен башаламандык күндөрү бар. *(Suyuti, Cami'üs Sagir, 3/211)*

**21-** Мехдинин беш алааматы бар. Алар: Сүфйани, Йемани, асмандан бир кыйкырык (жар салуу), Бейдада бир армиянын чөгүшү жана күнөөсүз адамдардын өлтүрүлүшү. *(Naim Bin Hammad)*

**22-** «Ирактыктардын колунда өлчөй турган бир таразасы жана соода кыла турган бир акчасы дээрлик жок болуп калат.» *(Kenzul Ummal, Kitab-ul kıyame kısm-ul efal, m:5, б: 45)*

**23-** Акыр заманда Багдад оттор менен жок кылынат... *(Risalet-ül Huruc-ül Mehdi, том: 3, бет: 177)*

**24-** ... Иракка кол салынмайынча кыямат болбойт. Жана Ирактагы күнөөсүз адамдар Дамаскты (Сирияны) көздөй башпаана издешет. Дамаск кайрадан түзүлөт, Ирак да кайрадан түзүлөт. *(Kenzul Ummal, Kitab-ul kıyame kısm-ul efal, m:5, б: 254)*

**25-** Бийик бийик имараттар курулмайынча кыямат болбойт. *(Ölüm, Kıyamet ve Diriliş, б: 468)*

Имараттардын көк тиреген абалга келиши... *(Kıyamet Alametleri, б: 146)*

**26-** Кишиге камчысынын учу сүйлөмөйүнчө кыямат болбойт. *(Ölüm, Kıyamet ve Diriliş, б: 471)*

**27-** Кишиге (өз) үнү сүйлөмөйүнчө кыямат болбойт. *(Ölüm, Kıyamet ve Diriliş, б: 471)*

**28-** «Чоң шаарлар кечээ эч жоктой болуп кыйрайт.» *(Kitabül Burhan Fi Alametil Mehdiyyil Ahir Zaman, б: 38)*

**29-** «Аз. Мехди (ас) чыгаардан мурда мединада капкара таштар да кан ичинде жоголо турган чоң бир окуя болот. Бул окуяда бир аялдын өлтүрүлүшү бир камчынын шилтенишиндей оңой болот. Жана бул окуя 2 километрдейге созулат.» *(EI-Kavlu'l*

*Muhtasar Fi Alamatil Mehdiyy-iI Muntazar, 41)*

**30-** Аз. Мехди (ас) чыгаарда кош куйруктуу бир куйруктуу жылдыз чыгат жана ушунчалык жаркыраган болгондуктан, толгон айдай жаркырайт. Бул жылдыз чыккан соң ушундай бир жамгыр жаайт, чоң зыяндарды алып келет. Бирок элдер ал жамгырларды кубанып тосуп алышат. Себеби андан мурдакы 3 жылда эч жамгыр жаабаган болот. *(Murtaza Lakha, R &K Tyrell Basımevi, Londra, 1993)*

### АЗ. МЕХДИ (АС) ИМАМ РАББАНИНИН КӨЗҮ ӨТКӨН СОҢ ЭМЕС, ПАЙГАМБАР МЫРЗАБЫЗ (САВ)ДЫН КӨЗҮ ӨТКӨН СОҢ 1000 ЖЫЛДАН КИЙИН КҮТҮЛҮҮДӨ

Имам Раббани Азрети Мектубат-ы Раббани аттуу эмгегинде 261-Мектупта Аз. Мехди (ас)дын **ПАЙГАМБАР МЫРЗАБЫЗ (САВ)ДЫН КӨЗҮ ӨТКӨНДӨН 1000 (МИҢ) ЖЫЛ ӨТКӨН СОҢ «миң менен экинчи миң жыл арасында»** келээрин айтат:

***(İmam-ı Rabbani, Mektubat-ı Rabbani, 1-том, 261. Mektup, б: 628)***

Бул жерде Имам Раббани апачык жана таптак **ӨЗҮНҮН КӨЗҮ ӨТКӨН СОҢ ЭМЕС, ПАЙГАМБАРЫБЫЗ (САВ)ДЫН КӨЗҮ ӨТКӨН СОҢ** деп айтууда. Бул сөз маанилүү, себеби кээ бир адамдар Имам Раббани Азретинин эч бир жоромолго мүмкүндүк бербей турганчалык ачык болгон **«Б.А. РАСУЛУЛЛАХ МЫРЗАБЫЗДЫН КӨЗҮ ӨТКӨН СОҢ»** деген сөзүн «Имам Раббанинин көзү өткөн соң» дешип **ТУУРА ЭМЕС ЖОРОМОЛДОШУУДА.**

Аз. Мехди (ас)дын чыгышына тынчсызданган ал кишилер өз ойлорунда Аз. Мехди (ас)дын чыгышын мүмкүн болушунча кийинки жылдарга кечиктирүүгө аракет кылышып, ушул жол менен өз ойлорунда 500-600 жыл утканга аракеттенишүүдө.

Чындыгында болсо, **ИМАМ РАББАНИ АЗРЕТИНИН ЖОГОРУДАГЫ СӨЗДӨРҮ БОЮНЧА, ИНШААЛЛАХ, АЗ. ИСА (АС) МЕНЕН АЗ. МЕХДИ (АС) УШУЛ МИҢ МЕНЕН ЭКИНЧИ МИҢ ЖЫЛ АРАСЫНДА КЕЛИШЕТ.**

## МЕХДИЛИК ЖАШЫРЫЛА ТУРГАН ЭМЕС, СҮЙҮНЧҮЛӨНӨ ТУРГАН ОКУЯ

**Аз. Мехди (ас)дан сөз кылынышы Аз. Мехди (ас)дын чыгуу белгилеринен**

Хижрий 13-кылымдын муждеддиди Бедиүззаман эмгектеринде Аз. Мехди (ас)дын келиши жана Ислам ахлагынын бүт дүйнөгө жайылышы жөнүндө бүт Мусулмандарга жол көрсөтө турган маанилүү баяндарды жасаган. Бирок кээ бир чөйрөлөр Бедиүззаман эмгектеринде кеңири орун берген **«Мехдилик темасында ачык сөз кылуу көп жагынан туура эмес жана жакшы болбойт»** деп айтышууда.

Чындыгында болсо ***«Мехдилик маселеси жаап-жашырыла турган эмес, сүйүнчүлөө керек болгон бир нерсе»***. Аз. Мехди (ас)дын келиши түздөн-түз Пайгамбарыбыз (сав) тарабынан сүйүнчүлөнгөн жана Пайгамбарыбыз (сав)дын бул темада мүтеватир (өтө ишенимдүү) деп кабыл алынган көптөгөн хадистери бар. Пайгамбарыбыз (сав) бир хадисинде ***«АЗ. МЕХДИ МЕНЕН СҮЙҮНЧҮЛӨШКҮЛӨ. Ал Курейштен жана Эхли Бейтимден бир киши.»*** (Kitab-ul Burhan Fi Alamet-il Ahir zaman, б: 13) деп, мунун Мусулмандар үчүн бир кубанычтуу кабар экенин билдирген. Башка бир хадисинде болсо Пайгамбарыбыз (сав) ***«Аз. Мехди (ас) чыгат, <u>БААРЫ БИР ГАНА АЛ ЖӨНҮНДӨ СҮЙЛӨШӨТ</u>, анын сүйүүсүн ичет жана <u>АНДАН БАШКА ЭЧ НЕРСЕДЕН СӨЗ КЫЛЫШПАЙТ.</u>»*** *(Kitab-ül Burhan Fi Alamet-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, б: 33)* деп, Аз. Мехди (ас) чыгаар кезде бүт адамдардын ал куттуу инсандан сөз кылаарын кабар берген. Пайгамбарыбыз (сав) билдирген бул хадистер учурда ишке ашып баштады жана бүт адамдар Аз. Мехди (ас)дан сөз кылып жатышат.

Бедиүззаман да эмгектеринде бул темага көп токтолуп, жүздөгөн бет бою муну ар тараптан баян кылган. Эгер муну жашыруу керек же окуунун кереги жок деп ойлогондо, албетте буга байланыштуу баяндарын рисалелерге (Рисале-и Нур) кошмок эмес. Кошпош керек болгон бир жагдай болгондо, Бедиүззаман эмгектеринде анын ***«махрем»*** экенин жана жарыялабаш керек болгону үчүн рисалелерге киргизилбегенин көп жерлерде айткан. Бедиүззамандын мындай сөздөрүнүн бири төмөнкүчө:

**Рисалелер болсо, ал сыяктуу рисалелерди махрем дегенбиз... басып чыгарылышына уруксат берген эмеспиз...** *(Bediüzzaman ve Talebelerinin Mahkeme Müdafaları, б: 187)*

Бедиүззаман да айткандай, жашыруун нерсе басып чыгарылбайт. Бирок Мехдилик темасында болсо абал толук тескерисинче. Бедиүззаман Аз. Мехди (ас)дын келишин жүздөгөн бет бою түшүндүрүп, баяндаган жана мунун жашырыла турган бир маселе эмес экенин апачык айткан. Канча жылдан бери рисалелердин миллиондогон адамдар тарабынан окулуп жатышы да бул теманын жашыруун эмес, ачык айтылган бир тема экенин апачык көрсөтөт.

Бирок Бедиүззамандын бул темага көз-карашы апачык болгонуна

карабастан, бул туура эмес көз-карашка Бедиүззамандын сөздөрүнө бир катар туура эмес маанилерди кошуу менен колдоо табууга аракет кылынууда. Бул максатта колдонулган жана туура эмес жоромолдонгон Бедиүззамандын сөздөрүнүн бири мындай:

**Бир туугандарымдын экинчи жаңылыштыгы; фани** *(убактылуу)* **жана кыйратууга мүмкүн болгон бир кишини кээ бир тараптары менен биринчи озуйпада** *(милдетте)* **пишдарлык** *(алдылык)* **кылган Нур шакирттеринин руханиятын өкүлчүлүк кылган ал алсыз бир тууганына беришүүдө. Бирок бул эки илтибас** *(жаңылыштык, адаштыруу)* **да Рисале-и Нурдун чыныгы ыкласына жана эч нерсеге, ал тургай руханий жана акыреттик макаматка да курал болбошуна бир тараптан зыян тийгизген сыяктуу, саясатчыларды да эвхама** *(куру санаага)* **салып, Рисале-и Нурдун нешрине** *(басып чыгрылышына, жайылышына)* **зыяны тийет. Бул заман шахс-ы маневи** *(руханий киши)* **заманы болгондуктан, мындай чоң жана баки** *(түбөлүктүү)* **акыйкаттар фани** *(убактылуу)* **жана алсыз жана ката кетириши мүмкүн болгон кишилерге таянып курулбайт. Натыйжада: Ал келе турган заттын ысмын берүү, үч озуйпасы** *(кызматы)* **чогуу эске келип жатат, туура эмес болот. Бир жагынан эч нерсеге курал болбогон Нурдагы ыкласка зыяны тийет, авам-ы мүминин** *(илим-билими аз болгон момундардын)* **оюнда акыйкаттардын күчү белгилүү даражада кемийт, йакинийет-и бүрханийе** *(йакин (күбө болгондой) даражасында белгилүү болгон, танууга мүмкүн болбой турган абалда чындыктарды далилдеген анык далил)* **да казайа-йы макбуледеги** *(кабыл аларлык өкүм менен пикир, маани бериле турган заттардын айткандары жана ушул себептен кабыл алынган)* **акыйкатка жакын күчтүү пикирге айланат, өжөр далилге, ишаратка жана кежир, текебер динсиздикке** *(болгон)* **толук үстөмдүгү** *(жеңиши)* **мүтехаййир** *(жаңылуудагы)* **ыймандууларда көрүнбөй баштайт; саясатчылар куру санаага түшүп тынчсызданып, жана кээ бир хожалар** *(аалым, молдолор)* **каршы чыгып баштайт. Ошол үчүн Нурларга ал ысымды берүү мүнасип** *(ылайыктуу)* **болбойт. Балким мужеддиддир, анын пишдарыдыр** *(алдыдыр)* **дегенге болот.** *(Sikke-i Tasdik-i Gaybi, б: 10)*

Бедиүззамандын бул сөзүндө айткандары бурмаланып, «Аз. Мехди (ас) маселесинен апачык сөз кылуу өтө зыяндуу болот деп айткан» дешүүдө. Бирок бул пикир такыр туура эмес бир жоромолго таянат. Себеби Бедиүззаман бул сөздөрүн өзү жашаган доорго карата айткан. Бедиүззаман шакирттеринин ага карата Мехдилик жөнүндө оң күмөндө экенин (б.а. аны Мехди болушу мүмкүн деп күмөн кылышканын), бирок мунун **«чаташтыруудан келип чыккан бир жаңылыштык экенин»** айтууда. Ушул

себептен өзү жөнүндө **«мындай деп айтпагыла; мени Мехди сыяктуу көрсөтпөгүлө»** деп айтып жатат. Бирок көңүл бурулган болсо, Бедиүззаман бул жерде **«Мехдилик жөнүндө сөз кылуунун эмес; «туура эмес бир пикирге таянганы үчүн аны Аз. Мехди (ас) катары көрсөтүүнүн» туура эмес жана зыяндуу болоорун» айтып жатат.** Ал доордо Бедиүззаманга карата мындай туура эмес бир пикирдин жайылышынын ыкласка зыян тийгизээрин, кээ бир саясатчылардын тынчсызданышына себепчи болушу, Рисале-и Нурдун басып көбөйтүлүшүнө зыян тийгизиши мүмкүн экенин жана Рисале-и Нурдун каапырларга болгон үстөмдүгүнүн жарым калаарын эскертүүдө. Бедиүззаман мындай туура эмес бир жакшы күмөндө болуунун (Бедиүззаманды Мехди деп күмөн кылуунун) Мехдилик темасында туура эмес бир «күчтүү күмөн» пайда болушуна жана натыйжада ыймандуулардын туура эмес багытталышына себепчи болоорун; мындай адашуу натыйжасында мунун Мусулмандардын чыныгы Аз. Мехди (ас)ды байкашына тоскоол болушу мүмкүн экенин айтууда.

Бедиүззаман, мындан тышкары, бул жердеги сөздөрү менен өзүнүн Аз. Мехди (ас) эмес экенин да көп жолу апачык айткан. Мисалы, «мен Аз. Мехди (ас)дын үч милдетинин баарын орундаттым» деген жок. Көңүл бурулган болсо, өзүнүн **«Аз. Мехди (ас)дын биринчи милдети болгон ыйман акыйкаттары жөнүндө Аз. Мехди (ас)га алдылык (андан мурдагы кызматкерлик) гана кылганын жана муну да кээ бир тараптардан гана орундатканын»** айтууда. **«Ал келе турган заттын ысмын берүү... туура эмес болот»** деген сөздөрү менен «бул ысымдын Аз. Мехди (ас) болбогонуна карабастан, ага берилишинин туура эмес болоорун жана ыкласка зыян тийгизээрин; ушул себептен Аз. Мехди (ас) ысмынын ага эмес, ал келе турган затка берилишин» айтууда. Өзүн болсо «балким мужеддид жана Аз. Мехди (ас)дын пишдары, б.а. алдындагысы десеңер болот» деп айтууда.

Булардан тышкары, Бедиүззамандын Аз. Мехди (ас)дын чыгышы жөнүндө берген жылы, белгилүү болгондой, 2011-жыл. Мынчалык маанилүү бир окуянын ишке ашышына ушунчалык аз убакыт калса дагы, бул темадан дагы эле сөз кылбаш жана жаап-жашыруу, албетте, туура эмес.

Бедиүззамандын сөздөрү апачык. Бедиүззаман рисалелердин **«авамдан хавасска** (илими аз болгон катардагы бир адамдан Курандык жана руханий сырларды билген, илим, ибадат жана такыбалык жолунда көтөрүлгөн Аллах олуясына) **же бир ортоңку класс окуучусунан бир философко чейин окугандардын баары оңой гана түшүнө ала турган»** *(Kastamonu Lahikası, б: 70) (Şualar, б: 549)* **эмгектер экенин айткан.** Бедиүззамандын бул жөнүндөгү сөздөрүнүн кээ бирлери мындай:

***... Рисале-и Нур*** *бул кызматты эң кооптуу бир заманда жана эң*

*керектүү жана кылдат бир убакта,* ***бүт баары түшүнө турган абалда,*** *Куран акыйкаттары жана ыймандын эң терең жана эң жашыруундарын абдан күчтүү далилдер менен далилдейт. (Şualar, бет: 748)*

***... Рисале-и Нурду аял, эркек, мамлекеттик кызматкер жана соодагер, аалым жана философ сыяктуу ар кандай элдин катмары окуп түшүнө алат...*** *(Şualar, бет: 549)*

Ушуга карабастан, Рисалелерди өзгөчө сырларды билген, өзгөчө чечмелөө күчү болгон жана өзгөчө жөндөмдөргө ээ кээ бир өзгөчө кишилер гана түшүнө алат деп, Бедиүззамандын сөздөрүнө апачык маанисинен башка жоромолдорду чыгаруу такыр туура эмес. Андай болсо каалагандардын баары Бедиүззамандын сөздөрүнөн өзүнүн көз-карашына жараша жаңы туура эмес ойлорду чыгара берет. Натыйжада Рисалелер Бедиүззамандын чыныгы сөздөрүн эмес, ал сөздөрдү өзүнүн илими жана түшүнүгүнө жараша чечмелеген кишилердин пикирлерин чагылткан эмгектерге айланат. Мындай чечмелөө логикасынын Бедиүззамандын нуска жана чын ыкластуу бир тил менен калемге алган Жыйнагына кандай зыян берээрин жакшылап ойлоп көрүү керек.

## Бедиүззаман ага Мехдилик жөнүндө жакшы күмөн кылгандарга Аз. Мехди (ас) эмес экенин далилдери менен айтып берген

Жашап жаткан доорунда шакирттеринен жана жакын чөйрөсүнөн Бедиүззаманга «Аз. Мехди (ас) эмессизби» деген маанайда бир катар суроолор узатылган. Тарых бою ушул сыяктуу суроолор Бедиүззамандан мурда жашап өткөн мужеддидерге да узатылып, шакирттеринен аларды Мехди деп санагандар болгон. Алар да шакирттерине Мехди эмес экенин, Аз. Мехди (ас)дын өзгөчөлүктөрүнүн аларга туура келбешин далилдери менен айтып беришкен. Аз. Мехди (ас)дын качан жана каерде чыгаарын, кандай өзгөчөлүктөрдө болоорун, илимий күрөшүн, Ислам ахлагын кандайча орнотоорун терең сүрөттөп беришкен. «Мен Аз. Мехди (ас) эмесмин, себеби Аз. Мехди (ас) мындай жашта болот, бул жактан чыгат, мындай өзгөчөлүктөрдө болот, сеййид болот» деген сыяктуу Пайгамбарыбыз (сав)дын хадистерине ылайык бир катар жоромолдорду жасашкан.

**Бедиүззамандын болсо бул жөнүндө пикирлерин сурагандарга эки түрдүү жообу болгон;**

**1)** Өзүнүн Аз. Мехди (ас) эмес экенин апачык айткан жана аны Мехдисиң деп күмөн кылгандарга **«Аз. Мехди (ас) эмес экенин жана эмне**

**үчүн боло албашын»** эмгектеринде терең түшүндүрүп айтып берген.

**2)** Аны Мехдисиң деп күмөн кылгандарга **«жакшы күмөн илгертен бери болуп келатат, буга каршы чыгууга болбойт; ушул себептен мен дагы жакшы күмөн кылгандарга эч нерсе дечү эмесмин»** деп жооп берген, бирок ал кишилерге да ага айтылган **«Мехдилик таңуулоосун кабыл албаганын»** айткан.

**<u>1) Бедиүззаман «Мехдилик сыпатын эч кабыл албаганыма бүт бир туугандарым күбө болушат»</u>** <u>*(Şualar, б: 365)*</u> **<u>деген жана буга рисалелерде жүздөгөн бет далилдерди жазган:</u>**

Бир темада суроо суралганда Бедиүззамандын ага эмне деп жооп бергени маанилүү жана өзү Аз. Мехди (ас) эмес экенин апачык айткан. Бедиүззаман эмгектеринде **«өзүнүн Аз. Мехди (ас) эмес экенин»** *(Emirdağ Lâhikası, б: 266)*, **«Аз. Мехди (ас)дын өзүнөн бир кылымдан кийин келээрин»** *(Kastamonu Lâhikası, б: 57)*, **«өзүнүн Аз. Мехди (ас)дын бир жигити, аскери жана алдыдагысы экенин»** *(Barla Lâhikası, б: 162)*, **«эмгектери жана жасаган иштери менен Аз. Мехди (ас)га пайдубал даярдаганын»** *(Sikke-i Tasdik-ı Gaybî, б: 189)*, **«аны жана Рисале-и Нурларды Аз. Мехди (ас) деп ойлоонун болсо бир жаңылыштык жана чаташтыруу экенин»** *(Emirdağ Lahikası, б: 266)* айткан.

**«Аз. Мехди (ас)дын «сейийд» болоорун»** *(Tenvir, Şualar, б: 365)*, **«саясат, салтанат жана диянат ааламында үч чоң милдетти чогуу орундатаарын»** *(Şualar, б:456)* ***(Şualar, б: 590) (Emirdağ Lahikası, б: 259-260)***, **«Пайгамбарыбыз (сав)дын халифасы, б.а. бүт Мусулмандардын руханий лидери наамы менен Ислам ахлагынын негиздерин кайрадан жандантаарын»** *(Sikke-i Tasdik-i Gaybi, б: 9)*, **«бүт дүйнөгө тынчтык менен адилеттик алып келээрин»** *(Emirdağ Lahikası, б: 259) (Mektubat, б: 411-412)*, **«Муҗеддид-и Экбер», б.а. «эң чоң муҗеддид» сыпатында болоорун»** *(Tılsımlar Mecmuası, б: 168)*, **«Ислам биримдигин түзөөрүн»** *(Emirdağ Lahikası, б: 260)*, **«бүт Ислам ааламынын, Пайгамбарыбыз (сав)дын урпактары болгон сейийддердин жана бүт Мусулмандардын колдоосуна ээ болоорун»** *(Emirdağ Lahikası, б: 260)*, **«Христиан дүйнөсү менен биримдик түзөөрүн»** *(Sikke-i Tasdik-i Gaybi, б: 9)*, **«Аз. Иса менен бирге намаз кылышаарын»** *(Şualar, б: 493)*, **«Куран ахлагын бүт дүйнөгө орнотоорун жана бүт адамдарды туура жолго салаарын»** *(Sikke-i Tasdik-i Gaybi, б: 9) (Mektubat, б: 473)* **терең баяндаган.**

Бедиүззаман өзү жашаган убакта **«бүт Мусулмандарды бир асман астына топтоп Ислам биримдигин курган эмес; бүт ыймандуулардын халифасы (руханий лидери) сыпатына ээ болгон эмес». «Бүт дүйнөгө**

**адилеттик менен акыйкатты алып келген эмес, «Ислам ахлагын бүт жер жүзүнө жайып орноткон эмес». «Мужеддид-и экбер жана Хаким (өкүмдар) сыпаттарына ээ болгон эмес», «бүт Ислам аалымдарынын, Пайгамбарыбыз (сав)дын урпактары болгон сейиддердин жана бүт Мусулмандардын колдоосун алган эмес.»** Өмүрүн Куран ахлагына чакырууга арнап, бул багытта ар кандай жан аябастыктарга барган жана өтө чоң бир ыйман кызматын жасаган. Өз кылымынын мужеддиди катары мойнундагы милдетин эң сонун даражада орундаткан. Бирок анын динге чакырыгы күч-кубат жана өкүмдарлык ичинде эмес, материалдык жана моралдык жактан өтө оор шарттарда жана теңдешсиз кыйынчылыктар ичинде өткөн. Өкүмдар (өкүм берүүчү) сыпатында болгон эмес; тескерисинче кысымчылык көрүп, өмүрүн туткундук, материалдык кыйынчылыктар астында өткөргөн. Айтылып кеткендей, кеңири масштабда адамдардын колдоосуна ээ болгон эмес, тескерисинче ар кандай адилетсиздиктерге кабылып, кыйноолорду тартып, өмүрүнүн көп бөлүгүн камак жана сүргүн сыяктуу шарттарда өткөргөн. Жогоруда саналган мүмкүнчүлүктөрдүн жана орундатыла турган милдеттердин болсо өзүнөн кийинки кылымдын мужеддиди катары Аз. Мехди (ас)ге насип болоорун айткан.

**<u>2) Бедиүззаман Аз. Мехди (ас) эмес экенин далилдери менен бирге айтып берген, бирок аны Мехдисиң деп күмөн кылгандарга эч нерсе дебешин айткан:</u>**

Жашап жаткан доорунда жакын чөйрөсүнөн Бедиүззаманга Мехдилик жөнүндө күмөн кылгандар болгон. Ал тургай Бедиүззаман шакирттеринин мындай пикирлерин айткан сөздөрүн рисалелердин ар кайсы бөлүмдөрүнө кошкон. Бирок, белгилүү болгондой, бир багытта бир кишиге күмөн кылынышы ал пикирдин чындыкты чагылтаарын көрсөтүүчү бир далил эмес. Бедиүззаман да рисалелеринде муну айткан. **«Ага жакшы күмөндө болгон кишилердин болушу мүмкүн экенин; анын илгертен бери болуп келгенин, ага каршы чыгууга болбошун; бирок чындыгында мунун бир чаташтыруу жана жаңылыштык экенин»** айткан. Бедиүззамандын бул жөнүндөгү сөздөрүнүн бири мындай:

*... Рисале-и Нурдун руханиятын бир Аз. Мехди (ас)дай көрүшүүдө (жеке пикирлеринде ушундай кабыл алышууда).* ***Ал руханияттын бир мүмессили*** *(өкүлү)****, Нур шакирттеринин биримдигинен келген бир руханият жана ал руханиятта кандайдыр бир деңгээлде мүмессили*** *(өкүлү)* ***болгон бечара котормочусун күмөн кылышкандыктан, кээде ал ысымды*** *(Аз. Мехди (ас) ысмын)* ***ага да беришүүдө. Чындыгында бул бир илтибас*** *(чаташтыруу)*

***жана бир сехив*** *(ката, жаңылыштык)*, ***бирок алар анда месьул*** *(жоопкерчиликтүү)* ***эмес. Себеби жакшы күмөн илгертен бери болуп келатат жана ага каршы чыгылбайт. Мен да ал бир тууганарымдын көп эмес жакшы күмөндөрүн бир дуба жана бир тилектей жана Нур шакирттеринин бекем ишенимдеринин бир чагылышы катары көргөнүм үчүн аларга көп кийлигишчү эмесмин.*** *(Emirdağ Lahikası, б: 248)*

Бедиүззаман Рисале-и Нурдун руханиятын жана ал эмгектердин автору катары өзүн кээде Аз. Мехди (ас) болушу мүмкүн деп ойлошконун, бирок мунун бир чаташтыруу жана ката экенин айткан. Мындай пикирдеги адамдардын аны ыйманга баштоочу акыйкаттарды баян кылуу жагынан баалашканын, бирок Аз. Мехди (ас)дын калган эки милдети болгон **«Ислам биримдигин түзүү, бүт Ислам дүйнөсүнүн лидери болушу жана Ислам ахлагын дүйнөгө орнотуунун анда көрүнбөгөнүн эске алышпаганын»** айткан. **Ушул себептен Рисале-и Нурга жана ага Мехдиликти ыйгаруунун болгону бир «күмөн» гана экенин белгилеген.**

## Бедиүззаман «Аз. Мехди (ас)дын сейийд болоорун; өзүнүн болсо сейийд эмес, күрт экенин» эмгектеринде көп жолу айткан

Бедиүззаман өзүнүн Аз. Мехди (ас) эмес экенин айткан далилдердин бирөөсүндө **«Аз. Мехди (ас)дын сейийд болоорун, бирок өзүнүн сейийд эмес экенин»** айткан. Бедиүззаман бул чындыкты апачык айткан сөздөрүнүн кээ бирлери мындай:

***... Мехдилик сыпатын эч кабыл албаганыма бүт бир туугандарым күбө болушат.*** *Ал тургай, Денизлидеги илимдүү кишилер эгер Саид мехдилигин жарыяласа бүт шакирттери кабыл алышат дегенине карата Саид каршы чыккан жазуусунда айткан:* ***«мен сейийд эмесмин, Мехди сейийд болот» деп аларды танган...*** *(Şualar, б: 365)*

***Мен өзүмдү сейийд*** *(Пайгамбарыбыз (сав)дын урпактарынан)* ***деп билбеймин. Бул заманда санжыралар белгисиз. Ал эми акыр замандын ал улуу инсаны болсо Ал-и Бейттен*** *(Пайгамбарыбыз (сав)дын урпактарынан)* ***болот.*** *(Emirdağ Lahikası, б: 247-250)*

Бедиүззаман, мындан тышкары, эмгектеринде Пайгамбарыбыз (сав)дын бир хадисин эске салып, **«сейийд болгон бир кишинин сейийддигин жашырышынын Куран ахлагына туура келбешин»** айтып, бул боюнча сөзүнүн анык туура экенин айткан:

***Сеййид эместин сеййидмин жана сеййид болуп туруп эмесмин дегендер экөө тең күнөөкөр жана духул жана хуруж*** *(баш көтөрүү)* ***арам болгондуктан... хадис жана Куранда дагы, тескерисине же кем кылууга*** *(жашырууга)* ***тыюу салынган.*** *(Muhakemat, б: 52)*

Эгер Бедиүззаман сейййд болгондо, аны жашырышы үчүн эч кандай себеп жок эле. Себеби Пайгамбар Мырзабыз (сав)дын урпактарынан болуу жашыруу керек болгон бир өзгөчөлүк эмес; тескерисинче Мусулмандар үчүн чоң бир аброй. Дүйнө жүзүндө миллиарддаган сейййд бар жана баары сураганда сейййд экенин ачык айтышат. Ошондуктан Бедиүззаман да эгер сейййд болгондо ага мындай бир суроо узатылганда «Ооба сейййдмин, шерифмин, бирок Аз. Мехди (ас) эмесмин» деп; өзүнүн Пайгамбарыбыз (сав)дын урпактарынан болгонун айтуудан өтө кубаныч сезмек. Себеби **«сейййд экенин кабыл алышы Аз. Мехди (ас) экенин да кабыл алышын»** талап кылган бир жагдай эмес. Бирок, ошого карабастан, сейййд эмес экенин көп жолу апачык айткан. Мындан тышкары, Бедиүззаман рисалелерде көп жолу **«күрт»** экенин айтып ага далилдер көрсөткөн *(Münazarat, б:84; Tarihçe-i Hayat, б:228; Bediüzzaman ve Talebelerinin Mahkeme Müdafaları, б:18)*. Ошондой эле, эгер өзүн Аз. Мехди (ас) болушум мүмкүн деп ойлогондо, миллиондогон киши окуган эмгектеринде буга толугу менен карама-каршы келген жүздөгөн бет түшүндүрмөлөрдү жазып; Аз. Мехди (ас)дын өзгөчөлүктөрүнүн өзүнө туура келбешин жана ал куттуу заттын өзүнөн кийинки доордо келээрин ондогон далилдер менен баян кылмак эмес.

Ошону менен бирге, **«ар сейййд киши, сөзсүз Аз. Мехди (ас) болот деген нерсе да жок».** Дүйнө жүзүндө миллиондогон сейййд адам бар. Бир кишинин сейййд болушу Аз. Мехди (ас) болушун талап кылбагандыктан, сейййд болгон ар бир адам муну кубануу менен жана эч тартынбастан айта алат. Болгондо да, **Бедиүззаман «менин бул багыттагы бир гана кемчилигим сейййд эместигим, эгер сейййд болгонумда Аз. Мехди (ас) болмокмун» да деген эмес.** Тескерисинче, **«Аз. Мехди (ас)дын бүт өзгөчөлүктөрүн, кыла турган теңдешсиз кызматтарын көпкө баян кылган жана алардын өзү жашаган доордо али ишке ашпаганын айткан».**

## Аз. Мехди (ас) душманы дажжалият менен суфйанияттын таасири Бедиүззаман жашаган кезде учурдагыдай күчтүү эмес эле

Учурдагы Ислам өлкөлөрүнүн жана бүт дүйнө Мусулмандарынын абалы Аз. Мехди (ас) орундата турган милдеттердин Бедиүззаман доорунда орундатылбаганын апачык көрсөтүүдө. Суфйаният менен дажжалияттын

таасири Мусулман өлкөлөрдө өтө күчтүү сезилүүдө. Дүйнөнүн көп өлкөлөрүндө дин эркиндиги керектүү деңгээлде эмес. Бедиүззаман тирүү кездеги Мусулмандар кабылган кыйынчылык, азаптар болсо мынчалык оор эмес эле. Бул дагы Аз. Мехди (ас) сыяктуу, суфйан менен дажжалдын иш-аракеттеринин ал доордо али жасалбаганын көрсөтүүдө. Дажжал жана суфйан менен күрөшүү чөйрөсү пайда болбостон Аз. Мехди (ас)дын милдетин орундатышы болсо эч мүмкүн эмес.

Мындан тышкары, учурда бүт Ислам ааламы менен Мусулмандар өз араларында өтө бөлүнүп-жарылган абалда. Бедиүззаман өзү жашаган доорунда бүт дүйнө Мусулмандарын бириктирүү боюнча бир роль ойногон эмес. Пайгамбарыбыз (сав)дын хадистеринде бүт Мусулмандарды бириктирүүчү сыпатына Аз. Мехди (ас)дын ээ болоору айтылат. Бедиүззаман да Аз. Мехди (ас)дын бул өзгөчөлүгүн мындайча билдирген:

***... ал зат бүт ыймандуулардын руханий жардамдары менен жана Ислам биримдигинин көмөгү менен жана бүт улама жана эвлийанын*** *(аалымдардын жана олуялардын)* ***жана өзгөчө Ал-и Бейттин урпактарынан*** *(Пайгамбарыбыз (сав)дын урпактарынан)* ***ар кылымда күчтүү жана көп санда болгон миллиондогон жан аябас сейииддердин*** *(Пайгамбар урпактарынан болгон жан аябас кишилердин)* ***жардамы менен ал чоң озуйпаны*** *(милдетти)* ***орундатканга аракет кылат.*** *(Emirdağ Lahikası, б: 260)*

Бедиүззаман бул сөзүндө Аз. Мехди (ас)дын үчүнчү кызматын айтып кеткен. Ал боюнча, Аз. Мехди (ас) Куран ахлагы унутулган бир доордо адамдардын кайрадан дин ахлагына кайтышына себепчи болуп, Ислам бирimдигин курат жана бүт Мусулмандардын биригип баары чогуу Аз. Мехди (ас)дын бул кызматындагы жардамчылары болоорун билдирген. Бүт Мусулмандар кире турган мындай чоң масштабдагы бир бирдимдик менен колдоо Бедиүззамандын доорунда болгон эмес. Бедиүззаман да сүйүнчүлөгөндөй, мындай чоң массанын руханий жардамдары акыр заманда гана Аз. Мехди (ас) менен бирге түзүлөт жана Ислам ахлагынын бүт дүйнөгө жайылып орнотулушунда чоң роль ойнойт.

## Бедиүззаман ар кандай темада рисалелердеги түшүндүрмөлөрдүн жетиштүү экенин айткан

Бедиүззаман «Бир Рисале-и Нур шакирти катары мен да ушуларды ээрчиймин» деп, өмүр бою эмгектеринде жазгандарынын тууралыгын кайра кайра тастыктаган. Рисалелердин ар бири миңдеген нускалуу китептер. **Ошондуктан эмгектеринде апачык «мен өзүмдү сейиид деп билбеймин»**

**деп жаткан болсо, кээ бир кишилердин «Бедиүззамандын бул сөздөрү туура эмес; ал палан күнү бизди чакырып, шериф да, сейиид да, Аз. Мехди (ас) дагымын деген» деп айтышы Бедиүззаман Саид Нурси Азретине карата өтө жаман бир акарат, чоң бир зулумдук жана жалган жалаа болот.** Себеби бул Бедиүззамандай баалуу жана жогорку адеп-ахлактуу бир инсандын бул боюнча жазгандарын **«жалган»** деп айтуу маанисине келет. Жүздөгөн бет бою жазгандарына каршы, Бедиүззаман **«эки үч кишиге гана бүт жазгандарынын калп экенин айткан»** дегендей сөздөр андай сөздөрдү айткандардын мойнуна күнөө болот. **«Бедиүззаман Азрети миллиондогон адамдарды алдады, калп айтты; анын чыныгысын, туурасын үч беш кишиге айтты»** дегендей сөздөрдү эч кабыл алуу мүмкүн эмес.

Башка жагынан караганда, Бедиүззамандын өзүнүн Аз. Мехди (ас) эмес экенин айтышы үчүн **«мен Аз. Мехди (ас) эмесмин»** деп айтып коюшу гана жетиштүү. Мындай куттуу бир инсандын **«жүздөгөн бет өтө кеңири бир калп айтканын; үммөттү алдаганын, ал жазылгандардын бир алдамчылык экенин»** айтуу бир тантырактык гана. Сүйгөндүгү үчүн болсо дагы мынчалык оор бир акарат кылуу такыр туура эмес.

Бедиүззаман сыяктуу терең ыймандуу улуу бир мужеддиддин эмгектеринде ойлогон жана ишенген нерселерине карама-каршы баяндарды жасашы эч мүмкүн эмес. Ошондуктан Бедиүззамандын көзү өткөндөн бир топ жылдан кийин мындай сөздөрдү айтып чыгуу, канчалык жакшы ниет менен, Бедиүззаманды сүйүү үчүн кылынып жаткан болсо дагы, Бедиүззаманга карата жасалган чоң бир жалган жалаа болот. Аны жалганчы көрсөткөн жана жүздөгөн бет үммөттү алдады деген мындай мамиле болсо эч бир абийир кабыл албай турган бир көрүнүш.

Мындан тышкары, эч кандай далилге таянбаган андай сөздөрдү колдоо үчүн Аз. Иса (ас) жөнүндө да чындыкка сыйбас бир катар сөздөр айтылууда. Белгилүү болгондой, Пайгамбарыбыз (сав)дын хадистеринде Аз. Мехди (ас) доорунда Аз. Иса (ас)дын экинчи жолу жер бетине келээри айтылат. Аз. Мехди (ас)дын имамдыгында Аз. Иса (ас) менен Аз. Мехди (ас) бирге намаз окуп, жети жыл жер жүзүндө бирге өкүмдарлык кылышат. Бирок бул окуялардын эч бири Бедиүззаман тирүү кезде болгон эмес. Бедиүззаман Аз. Иса (ас) менен бирге болгон эмес. Муну да ар кандай жолдор менен бурмалоого аракет кылышып; «Аз. Иса (ас) рух абалда гана келет» же «Бедиүззаман тирүү кезде келип, көз жумуп көмүлгөн» деген сыяктуу негизсиз пикирлерди айтышууда. Чындыгында болсо Бедиүззаман эмгектеринде апачык сөздөр менен жана өтө көп жолу Аз. Иса (ас)дын денеси менен **«бир адам»** абалында жер жүзүнө келээрин айткан. Аз. Иса (ас)дын **«Христиан руханийлери менен биримдик кураарын, дажжал менен**

**күрөшүп аны пикирдик жактан таасирсиз кылаарын»** белгилеген. Бул сөздөрүнүн бирөөсүндө Бедиуззаман Аз. Иса (ас)дын бир руханият эмес, бир адам экенин мындайча айткан:

*... **асмандар ааламында АДАМДЫК ДЕНЕСИ МЕНЕН турган КИШИ ИСА АЛЕЙХИССАЛАМ ал акыйкат диндин башына өтөөрүн....** (Mektubat, бет: 60)*

Мындан тышкары, Бедиуззаман Аз. Иса (ас)дын дажжал менен болгон күрөшүн баян кылган сөздөрүндө да бир руханият менен бир руханият арасында боло турган окуядан эмес; Аз. Иса (ас)дын жеке өзүнүн дажжалдын жеке өзүнө карата жүргүзө турган бир күрөштөн сөз кылат:

*... Жооп: Хадис-и сахихте (тууралыгы анык болгон хадисте) риваят кылынган: **«Азрети Иса Алейхиссаламдын келээрин жана Ислам шарияты менен амал кылаарын, дажжалды өлтүрөөрүн»** ыйманы алсыздар алыс көрүшүүдө (болбойт деп ойлошууда). Анын акыйкаты түшүндүрүлүп берилсе, эч алыс көрүнө турган жери калбайт. (Mektubat, б: 58-59)*

Башка бир сөзүндө болсо Бедиуззаман дажжалдын таасиринин кереметтүү бир пайгамбар тарабынан гана жок кылышы мүмкүн экенин белгилеп, Аз. Иса (ас)дын бир руханият эмес, кереметтер көрсөтө турган өзгөчөлүктөрдөгү бир инсан болоорун дагы бир жолу апачык айткан:

***... укмуштуу жана кереметтүү** (кереметтер ээси) **жана бүт баары кабыл ала турган БИР ЗАТ гана болушу мүмкүн: АЛ ЗАТ биздин жана көп адамдардын пайгамбары болгон АЗРЕТИ ИСА АЛЕЙХИССАЛАМ....** (Şualar, бет: 463)*

Бедиуззамандын Аз. Иса (ас) жана Аз. Мехди (ас)дын келиши жөнүндөгү бул апачык сөздөрүнө карабастан, жеке маектерди далил көрсөтүү менен айтылган жогорудагы сыяктуу сөздөр – ушундай баалуу бир муjеддид жазган рисалелердин баарын күмөндүү кылып койо турган өтө кооптуу иш-аракеттер. Ушул сыяктуу, көптөгөн кишилер ар кандай сөздөрдү айтып чыгып «Бедиуззаман Саид Нурси бул жерде мындай деген, бирок булардын баары бир тактика, калп; туурасын бизге айткан» десе, бул канчалык туура болот? Мындай абалда белгилүү мөөнөттөн соң Рисале-и Нурдагы ар темада андай нерсе айтылып башташы мүмкүн жана Бедиуззамандын эмгектери чыныгы маанисинен жана даанышмандыгынан барган сайын алыстайт. Мындай коркунучтун алдын алуу болсо Бедиуззамандай баалуу бир Ислам

аалымынын түздөн-түз жазып тастыктаган апачык сөздөрүн коргоо менен мүмкүн болот. Бедиүззаман да эмгектеринде, бүт башка темалардагы сыяктуу бул темада да эң туура түшүндүрмөлөрдүн рисалелерде экенин эскертип, рисалелерде жазылгандарды окуганда өзү менен көрүшкөндөй эң туура маалыматтарды алуу мүмкүн экенин айткан.

***Рисале-и Нурдун ар бир китеби бир Саид. Силер кайсы китепти карасаңар мени менен маңдай-тескей сүйлөшкөндөн он эсе жакшыраак пайдаланасыңар жана чындап мени менен көрүшкөн болосуңар. Рисале-и Нур мага эч кандай муктаждык калтырбайт.*** *(Emirdağ Lahikası, б: 159)*

*... Себеби айтат: «Мени менен көрүшкүсү келген эгер акырет үчүн, Рисале-и Нур үчүн болсо, Рисале-и Нур мага эч муктаждык калтырган эмес. Миллиондогон нускасынын ар бири он Саиддей пайда берет... Эгер Рисале-и Нурдун кызматына, жайылышына тиешелүү болсо; мага кызмат кылган чындап жан аябас шакирттерим жана руханий балдарым жана бир тууугандарымдын менин атымдан көрүшүшү жетиштүү, мага эч муктаждык жок... (Emirdağ Lâhikası-2, б: 214)*

Бедиүззаман эмгектеринде ушул эле чындыкты айткан шакирттеринин сөздөрүнө да орун берген. Булардын кээ бирлери мындай:

***Эй хожалар (аалымдар) жана жүрөк элдери! Сурай турган суроолоруңардын жоопторун Рисале-и Нурдан таба аласыңар.*** *Эхл-и кешф (көзгө көрүнбөгөн кайып чындыктарын Аллахтын берешендиги менен ачып түшүнгөн олуялар) жана жүрөк элинен бирөөсү мен сыяктуу алсыз бир адамдан* ***Аз. Мехди (ас)ды сурап жатат. «Качан келет...» Али Аз. Мехди (ас)ды түшүнө элек. Даббетүл Арз кимдер экенин билбейт. Алар жөнүндө рисалелерде бир бахис (сөз, түшүндүрмө) бар. Ар бир мүшкүл (татаал) суроонун жообун ошол рисалелерден издегиле, табасыңар.*** *(Mustafa Hulusi, Barla Lahikası, б: 143)*

***... бул жөнүндө айтайын, устатыбыз Бедиүззаман бир Нур шакиртине Рисале-и Нурдан кээде окуп берүү кубанычын бергенде, түшүндүрбөй, мындай дейт: «Рисале-и Нур ыйман маселелерин керектүү даражада түшүндүргөн. Рисале-и Нурдун хожасы (мугалими) – Рисале-и Нур. Рисале-и Нур башкалардан сабак алууга муктаждык калтырган эмес.*** *(Sözler, б: 772)*

# 6- Бөлүм

# МЕХДИЛИК ОКУЯСЫ КҮЧТҮҮ ДАЛИЛДЕРГЕ ТАЯНАТ

## АЗРЕТИ МЕХДИ (АС) ЖӨНҮНДӨГҮ РИВАЯТТАР «МҮТЕВАТИР»

«Мүтеватир» деген эмне?

Аз. Мехди (ас) жөнүндө риваят кылынган хадистердин мүтеватир экени дээрлик бүт Ислам аалымдары тарабынан кабыл алынган бир чындык. Бирок алгач «мүтеватир хадистин» эмне мааниге келээрин түшүндүрүп кетүү керек. «Кириш» бөлүмүндө да кыскача түшүндүрүп кеткендей, хадис изилдөөчүлөр боюнча, бир кабар бир канча киши тарабынан риваят кылынган болсо жана ал риваят кылуучулардын чогулуп аны ойдон чыгарышы алардын абалында мүмкүн эмес болгон болсо, ал «мүтеватир» кабар деп аталат. Мүтеватир кабар болсо «теватүр» деп аталат.

Бир булакта «теватүр» түшүнүгүнө мындай аныктама берилет:

«Теватүр» сөздүк мааниси жагынан «күчтүү кабар, ичинде калп ыктымалы жок жана бир жамаатка таянган күчтүү кабар» дегенди билдирет. *(Büyük Lugat-Tür-Dav, 3003)*

Башка ар кайсы булактарда болсо мүтеватир сөзүнүн мааниси мындайча түшүндүрүлөт:

«Калпты ойлоп табуу үчүн биригиши акыл менен караганда мүмкүн эмес көрүнгөн топтордун бир-биринен жана алгачкы топтун түздөн-түз Расулуллах (сав)дан риваят кылган куттуу хадис. Йакин (эч күмөн саналбас) бир маанини билдирет. Андан соң ал хадис жөнүндө «Бул хадис чындап Расулуллах (сав) тарабынан айтылган болду бекен?» деген күмөн жок болуп калат.» *(Ömer Nasuhi Bilmen, "Muvazzah İlm-i Kelam", б: 53)*

**«МҮТЕВАТИР КАБАР»:** Сезимдер менен сезилген бир нерсе жөнүндө калпты ойлоп табуу үчүн биригиши акыл менен караганда мүмкүн болбогон бир топтун айткан бир кабары болуп, түздөн-түз (йакини) илимди түшүндүрөт.

**«МҮТЕВАТИР ХАДИС»:** Калпты ойлоп табуу үчүн биригиши дээрлик

мүмкүн болбогон риваят кылуучулар тобунун («жемм-и гафир») ар урпакта өздөрү сыяктуу бир топтон алып өткөргөн, угуу же көрүүгө («махсусат») таянган хадис. Анык маалыматты түшүндүрөт, амал кылуу важип, тануу каапырдык болот, изилдөө жана сындоого болбойт.

**Лафзен (сөз жагынан) мүтеватир:** бүт риваят кылгандардын сөздөрү бирдей болгон хадис; мындай хадис «жок дегенге боло турганчалык» аз. «Мен кезебе алеййе...» мисалы. Шарт кошпостон «мүтеватир хадис» дегенде «лафзен мүтеватирди» түшүнөбүз.

**Манен (мааниси жагынан) мүтеватир:** араларында орток мааниси болгон ар кандай сөздөр менен айтылган өкүмдөрдүн, теватүр шарттарына ээ болгон риваят кылуучулар тарабынан риваят кылынышынан келип чыккан «орток маани». Мисалы, 100дөй ар кандай сөздөр менен айтылган хадистен чыккан бир мүтеватир маани – бул Расулуллах Алейхиссалату весъселамдын «колдорун көтөрүп дуба кылганы». *(İsmail Lütfi Çakan, "Hadis Usulü", İFAV, İstanbul 1993, б: 105-150)*

## МЕХДИЛИК ХАДИСТЕРИНИН МҮТЕВАТИР ЭКЕНДИГИ ЖӨНҮНДӨ ААЛЫМДАРДЫН СӨЗДӨРҮ

Бул жөнүндөгү көптөгөн аалымдардын пикирлери төмөндө берилди:

### МУХАММЕД Б. РЕСУЛ БЕРЗЕНЖИ

**Аз. Мехди (ас)дын бар экени жана акыр заманда чыгаары, Пайгамбар (сав) бүлөсүнөн жана Фатыма (ра) урпактарынан болушу теватүр көрсөткүчүнө жеткен хадистерде айтылган жана ал хадистерди тануунун (жокко чыгаруунун) эч кандай мааниси жок...** Теватүр көрсөткүчүн ашкан, туура жана ачык хадистерде Аз. Мехди (ас)дын Фатыма урпактарынан болуп, дүйнө аяктабастан мурда чыгаары, зулумдук менен адилетсиздикке толгон дүйнөгө адилеттик менен акыйкатты алып келээри, анын заманында Иса Месихтин асмандан түшөөрү жана анын башчылыгында намаз кылаары далилденген. *(Muhammed b. Resul Berzenci, "el-İşaetü li Eşrat'is-Saeti", б: 305)*

### АЛАЕДДИН АЛИ Б. ХИШАМ МУТТАКИ ХИНДИ

Аллахтын мээрими сага болсун, билгин, убада кылынган **Аз. Мехди (ас)дын бар экендигинде эч күмөн жок.** Үч жүз хадис жана эмгек менен, ал тургай, андан да көбү менен бул далилденген. *(Casim Mühelhil, "el-Burhan", т: 1, б: 339)*

**АБДУЛМУХСИН БИН ХАМД ЭЛЬ-АББАД**

**Ар бир Мусулмандын Пайгамбар (сав) берген кайып кабарларына, өзгөчө Аз. Мехди (ас) жана дажжалдын чыгаары жөнүндө алдын ала айткан кабарларга ишениши, тастыкташы важип.** Мехдилик жөнүндөгү кабарлардын көптүгү сөздөрдүн тууралыгына карабастан, аларды ойдон чыгарылган деп ойлоо мүмкүн эмес. Сабатсыздар, акыйкат менен күрөшкөндөр же алардын сөздөрүн изилдөөдөн алсыз болгондор гана бул кабарларды танышат. Чындыгында болсо, ал хадистерди тастыктоо Пайгамбар Азретине ишенүүнүн бир бөлүгү. Себеби анын сөздөрүн кабыл алуу – ага ишенүүнүн бир талабы. Жана Аллах Куранда (Бакара Сүрөсү, 2-4) ыймандууларды мактаган кайыпка ишенүүнүн дал өзү. *(Dr. Abdulmuhsin bin Hamd el-Abbad, "Mecellet'ül-Camiat-ül-İslamiyye", жыл 1, саны 3, б: 624-627)*

**МУХАММЕД НАСРЕДДИН АЛБАНИ**

Сөздүн маңызы мындай; **Аз. Мехди (ас)га ишенүү – Пайгамбар (сав)дан алып жеткирилген теватүр хадистерге таянган бекем бир ишеним жана ага ишенүү важип.** Себеби Аллахтын буйругунда (Бакара Сүрөсү, 2-4) такыбалардын өзгөчөлүктөрүнүн бири катары айтылган кайыпка ишенүү ыймандын бир бөлүгү. Жахилдерден (караңгы, сабатсыз) башкасы муну танбайт. Бул ишеним китеп менен сүннөттө туура кабыл алынган ишенимдер менен өлүүнү Аллахтан тилейм. *(Muhammed Nasreddin Albani, "Mecellet'üt-Temeddün'il-İslami", сан: 22, б: 646)*

**ШЕМСЕДДИН МУХАММЕД БИН АХМЕД СЕФАРЕЙНИ**

Кыямат күнүнүн эң чоң алааматтарынын бири – ал жөнүндө теватүр даражасын аша турган даражада хадис болгон бир кишинин чыгышы. Имамдардын акыркысы. Аз. Пайгамбар (сав)дан кийин пайгамбар болбогон сыяктуу, андан кийин имам болбойт. Бул имам Фатыма урпактарынан.

**Көптөгөн хадис хафыздары (жаттоочу) Аз. Мехди (ас)дын Пайгамбар урпактарынан экенин кабыл алышкан, мындай мүтеватир бир нерседен жүз буруу туура болбойт.** Акыйкат жолдогулардын ишеними боюнча, Аз. Мехди (ас) Иса Месихтен башка. Аз. Мехди (ас) Месихтен мурда чыгат. Бул нерсе Сунни аалымдары арасында алардын ишениминен санала турганчалык кеңири тараган. *(Şemseddin Muhammed bin Ahmed Sefareyni, "Levaih'ül-Envar'ül-Behiyye", т: 2, б: 74, 76, 86)*

**ЭБУ АБДУЛЛАХ МУХАММЕД Б. ЖАФЕР ИДРИСИ КЕТАНИ**

**... Аз. Мехди (ас) жөнүндөгү хадистер ушунчалык көп; теватүр өлчөмүнө жетет жана аларды жокко чыгаруу (тануу) туура болбойт...** Эгер узун болуп кетээринен тынчсызданбасам, бул темада билген

хадистеримдин баарын бул жерге жазам. *(Ebu Abdullah Muhammed b. Cafer İdrisi Ketani, "Nezm'ül Mütenasir min ahadis'il-Mütevatır", б: 145 жана 146)*

**ШЕХАБЕДДИН АХМЕД Б. МУХАММЕД ГУМАРИ**

**... Аз. Мехди (ас)дын чыгаарына ишенүү важип,** ага ишенүү Пайгамбар (сав)дын буйругун тастыктоо үчүн зарыл. Бул тема ахли сүннөт ишеним китептеринде жазылган жана далилденген. *(Şehabeddin Ahmed b. Muhammed Gumari, "İbraz'ül-Vehm'ül Meknun", б: 3 жана 4)*

**ХАСАНЕЙН МУХАММЕД МАХЛУФ ЭЛЬ-МЫСРИ**

**Мусулмандарга сахих (ишенимдүү) хадистерге ишенип Аз. Мехди (ас)дын акыр заманда чыгаарына толук ишенишин кеңеш кылабыз.** Себеби буга терс сөздөрдү айткандардын диний илими да жок, чындыгында бул хадистерге ишенишпейт дагы. *(Hasaneyn Muhammed Mahluf el-Mısri, "Seyyid'ül Beşer Yetaheddesü An'il-Mehdiyyi-Müntazar", китептин баш сөзү)*

**ЭБЪУЛ-ХАСАН МУХАММЕД Б. ХҮСЕЙИН АБУРИ**

**Аз. Мехди (ас)дын чыгаары жөнүндө көптөгөн равиден (риваят кылуучудан) мүтеватир хадистер риваят кылынган.** Ал хадистер Аз. Мехди (ас)дын Пайгамбардын Эхли Бейтинен экенин, жети жыл өкүм сүрүп дүйнөнү адилеттикке толтураарын, Месихтин чыгып дажжалды (фитнасын) жок кылышында ага жардам берээрин жана Аз. Мехди (ас) намаз кылдырып жатканда Аз. Исанын анын артында намаз кылаарын айтат. *(Şemseddin Muhammed Kurtibi, "Tezkire", б: 710)*

**ЭБУ МУХАММЕД ХАСАН Б. АЛИ ЭЛЬ-БЕРБЕХАРИ ХАНБЕЛИ**

... Жана Мерйем уулу Исанын асмандан түшөөрүнө, дажжалды (фитнасын) жок кылаарына жана **Мухаммед урпактарынан Каимдин артында намаз кылаарына ишенүү...** *(Casim Mühelhil, "El-Burhan", т: 1, б: 426)*

**САИД ХАВВА**

**Изилдөөчүлөр акыр заманда Эхли Бейттен бир халифанын (руханий лидердин) болооруна пикир келишпестик кылышкан эмес. Бир добуштан кабыл алынган бул лидер бүт баары тарабынан Аз. Мехди (ас) деп билинген инсандан башка бирөө эмес.** Бул боюнча, биз да келээри билдирилген ошол өзгөчөлүктөрдөгү халифага (руханий лидерге) ишенебиз жана ал чыкканда анын тараптарларынан болууга ниеттүүбүз. Аллахтан бул ниетибизде бизге жардамчы болушун тилейбиз. *(Prof. Said Havva, "El-Akaid'ül-İslamiyye", т: 2, б: 1021-1026)*

**МУХАММЕД Б. АЛИ ШЕВКАНИ**

**... Булар эч күмөнсүз мүтеватир хадистер, пайгамбардын буйругу өкүмүндө.** Себеби бул темада ичтихат кылууга болбойт жана жеке өкүмдөр жараксыз... **Бул боюнча, дажжал жана Месих жөнүндөгү риваяттар мүтеватир болгон сыяктуу Аз. Мехди (ас) жөнүндөгүлөр да мүтеватир.** *(Muhib b. Salih el'Bureyni, "Ikd'üd'Dürer Fi Ahbaril'Muntazar", б: 14- 15)*

**ШЕЙХ ХАСАН АДВИ ХАМЗАВИ**

Аз. Мехди (ас) жөнүндөгү хадистер маанилик теватүр өлчөмүнөн ашып, аларды тануунун бир мааниси жок. *("Meşarik'ül-Envar", f. 2, б: 115)*

**М. СЫДДЫК Б. ХАСАН КУНУЖИ**

**Фатыма урпактарынан болгон Аз. Мехди (ас) жөнүндөгү хадистер теватүр өлчөмүнөн көп.** «Сүнен», «Мүснед» жана «Муъжем» китептеринде бар. *(Kunuci, "el-İzaetü...", б: 94)*

**ИБН ТЕЙМИЙЕ**

Расулуллах (сав)дан акыр заманда урпактарынан ысмы ысмына, ысымдыгы ысымдыгына туура келген, жер жүзүн адилеттикке толтура турган бирөөнүн чыгаарын кабар берген **Аз. Мехди (ас) хадистеринин баары сахих.** *(İbn Teymiye, "Minhacü's-Sünne", т: IV, б: 291)*

**ЗАХИДУЪЛ-КЕВСЕРИ**

Аз. Мехди, Дажжал жана Месих жөнүндөгү хадистердин теватүр даражасына жеткени жөнүндөгү риваяттарда хадис илимдери жөнүндө илими бар адамдар тарабынан **күмөн саналган бир жагдай эмес.** Бирок кээ бир калемгерлер кыямат алааматтарына итикаддын, б.а. ыйман кылуунун важип экенин кабыл алса дагы, алар бул темага тиешелүү кээ бир хадистер жөнүндө күмөн санашууда. Бирок бул алардын хадис илиминде терең илимдүү болбогондугунун натыйжасы, башка себеби жок. *(Muhammed Zahidul'l Kevseri, "Nazratun abire fi Mezaimi Men Yünkirü Nüzule İsa Kable'l Ahire", б: 49)*

**МУХАММЕД Б. ХАСАН ЭЛЬ-ЭСНЕВИ**

Мухаммед б. Хасан Эль-Эсневи (Менакибиш-Шафии) эмгегинде айтат; Аз. Мехди (ас) жөнүндө Расулуллах (сав)дан риваят кылынган кабарлар теватүр абалына жеткен... Анын Эхли Бейтинен болоору кабар берилген... *(Muhammed B. Resul Al - Hüseyni El Berzenci, "Kıyamet Alametleri", Pamuk Yanıları, Trc. Naim Erdoğan)*

## АХЛИ-СҮННӨТ (АХЛИ-СУННАДА) МҮТЕВАТИР ХАДИСТЕРГЕ ИШЕНҮҮНҮН ЗАРЫЛДЫГЫ

Мүтеватир хадистерге ишенүүнүн зарылдыгына жана мүтеватир кабарлардын диндеги маанисине көптөгөн Ислам аалымы өз эмгектеринде басым жасашкан. Төмөндө көптөгөн Ислам аалымынын бул жөнүндөгү пикирлеринен мисалдар берилди:

### ШЕХАБЕТТИН ИБНИ ХАЖЕР АСКЕЛАНИ

«Теватүр иснад илиминин ичине кирбейт. Себеби иснад илими бир хадистин туура же туура эмес экенин риваят кылгандардын кулк-мүнөз, өзгөчөлүктөрүн изилдөө аркылуу аныктайт. Ал эми мүтеватир бир кабардын болсо риваят кылуучулары изилденбейт, мүтеватир хадиске эч күмөн кылбастан амал кылуу важип.» *(Dr. Subhi Salih, "Ulum'il-Hadis", б: 151 жана 152)*

### МУХАММЕД ЖЕМАЛЕДДИН ЭЛЬ-КАСИМИ ЭЛЬ-ДЫМЫШКИ

«Билгин, тууралыгы илимий жактан далилденген бир топ адам риваят кылган хадис – «мүтеватир». Б.а. ал кишилердин бүт риваят топторунда калпычылыкта кызматташуу ыктымалы жок... Риваят кылуучулары жөнүндө эч талаш-тартышка кирбестен бул хадистерге ишенүү важип.» *(Muhammed Cemaleddin el-Kasimi el-Dımışki, "Kavaid'üt-Tahdis, min Fununi Mustah'il-Hadis", б: 151)*

### НУРЕДДИН АТЕР

«Сахих же Хасен хадистердин риваят кылуучуларында талап кылынган чынчылдык сыяктуу шарттар «мүтеватир» хадис риваят кылуучуларында талап кылынбайт. Себеби бул хадистерди риваят кылгандардын саны ушунчалык көп болгондуктан, акыл менен караганда, алардын биригип хадис ойлоп чыгышы мүмкүн эмес. Ушул себептен хадис изилдөөчүлөр мүтеватир хадистерди изилдешпейт. Алардын ою боюнча, бир хадистин тууралыгы же жарактуулугу гана изилденет. Ал эми мүтеватир хадистин болсо мындай нерсеге муктаждыгы жок... Бул риваят кылуучулардын йакин (ишеним) бере турганчалык көп болушу себептүү. Бул да табигый жана зарыл бир жагдай.» *(Nureddin Ater, "Menhac'ün-Nakd fi Ulum'il-Hadis", б: 405)*

### ЭБУ АБДУЛЛАХ МУХАММЕД Б. ЖАФЕР ИДРИСИ КЕТАНИ

«Бүт риваят кылуучулары башында, ортосунда жана аягында демейде

калпычылыкта кызматташышы мүмкүн эмес даражада көп болгон кабар «мүтеватир»... Хадис изилдөөчүлөр мүтеватир риваятчылардын адилеттүү болушун, ал тургай, Мусулман болушун да шарт кошушпайт... Жетик, адилеттүү жана Мусулман саналышы, ошол эле учурда жашап жаткан болушу шарт эмес. Каапыр, фасык (бузуку), жетик эмес болушу жаиз (шариятка ылайык, ошондой болсо да кабыл алына берет). Кандайдыр бир өзгөчө сыпатта болуу шарты да кошулган эмес.» *(Ebu Abdullah Muhammed b. Cafer İdrisi Ketani, "Nezm'ül-Mütenasir min ahadis'il-Mütevatır", б: 5-6-9)*

**ЭБУЪС-САДАТ МУХАММЕД Б. МУХАММЕД ЭБУ ШОХБЕ**

«Мүтеватир хадистерде риваят кылуучунун адилеттүү жана ал тургай Мусулман болушу шарт эмес. Себеби мүтеватирдин кабыл алынуу шарты аны айтуучулардын көп болушу. Бир шаар калкы бир окуянын болгонун айтышса, алардын сөзү анык маалымат болгон болот.» *(Dr. Ebu's-Sadat Muhammed b. Muhammed Ebu Şohbe, "el-Vesit fi Ulumi ve Mustalah'il-Hadis", б: 190)*

**ЭН-НЕВЕВИ**

«Кабар эки бөлүктөн турат: мүтеватир жана ахад... Мүтеватир кабар калпты ойлоп табуу үчүн биригиши мүмкүн эмес болгон бир топтун кайра эле ошол сыяктуу бир топтон алып баяндаган бир кабар болуп эки тарап (биринчи катмар менен экинчи катмар) жана ортодогулар (бул экөөнүн арасындагылар) тең. Бул топ күмөндүү болбостон сезимдер менен кабыл алына турган бир нерсени кабар беришет жана ал кабар берүүдөн йакини (күмөнсүз, ишенимдүү) илим келип чыгат. Изилдөөчүлөрдүн көпчүлүгүнүн акылга сыярлык деп кабыл алган пикири боюнча, теватүрдү белгилүү бир сан менен чектөөгө болбойт.» *(El-Cezairi, "Tevcihu'n-Nazar", б: 33)*

## МҮТЕВАТИР РИВАЯТТАРДЫ ТАНУУНУН КААПЫРЧЫЛЫК ЭКЕНИНЕ ӨКҮМ КЫЛГАН АХЛИ-СҮННӨТ ААЛЫМДАРЫ

Бул жерге чейин кээ бирлерин карап өткөн ахли-сүннөт аалымдарынын сөздөрүнөн акыр заманда Пайгамбар Мырзабыз (сав)дын урпактарынан Аз. Мехди (ас) аттуу куттуу бир заттын чыгаары жөнүндөгү рибаяттардын мүтеватир экенин көрдүк. Негизсиз жана калп болушу акыл менен логикалык жактан мүмкүн эмес болгон мындай рибаяттарга ишенүүнүн зарылдыгын карадык.

Натыйжада кээ бир Ислам аалымдары да, анык ишенимдүү болгону үчүн, мүтеватир хадистерди тануунун түздөн-түз Азрети Пайгамбар (сав)ды тануу маанисине келээрин айтып, мунун болсо каапырдык болоору жөнүндө анык бир өкүмгө барышкан. Бул аалымдардын кээ бир сөздөрү төмөнкүчө:

### ЖЕЛАЛЕДДИН СУЙУТИ

Билгиле: ким болбосун сөзү менен же кыймыл-аракети менен –фыкыхта айтылгандай- (мүтеватир хадистерди) танып (жокко чыгарып) далил катары көрбөсө каапыр болот, Ислам чегинен чыгат; еврейлер менен, христиандар менен жана Аллах каалаган топ менен тирилтилет (кыяматта). *(Abdulgani Abdulhak, "Hücciyet'üs Sünnet", б: 270, Miftah'ül Cennet'ten naklen)*

### ЭБУЪЛ-ФАЗЛ АБДУЛЛАХ Б. МУХАММЕД ЭЛЬ-ИДРИСИ

«...Себеби аалымдар алган чечими боюнча, ким болбосун Пайгамбар (сав)дан риваят кылынган хадистерди, мүтеватир экени далилденген соң, жокко чыгаруу боюнча кабыл алаарлык бир аргумент көрсөтпөстөн жокко чыгарса, каапыр болот.» *(Ebu'l-Fazl Abdullah b. Muhammed el-İdrisi, "El-Mehdi-ül Muntazar", б: 94-95)*

### МУХАММЕД ЭЛЬ-МЕККИ

Ишенимдүү равилер (риваят кылуучулар) баяндаган хадистерде Пайгамбарыбыз (сав) Аз. Мехди (ас)дын акыр заманда чыгаарын сүйүнчүлөп, анын сыпаттарын жана чыгуу белгилерин айтып берген... Ким болбосун убада кылынган Аз. Мехди (ас)ды жокко чыгарып, калп деп ойлосо, каапыр болот деп айтылган. *(Alaaddin Ali b. Hişam Muttaki Hindi, "El-Burhan fi Alamati Mehdiyyi Ahir Zaman", т: 2, б: 865-876)*

Төмөндөгү эки хадис дагы бул аалымдар барган өкүмдү тастыктайт:

**«Аз. Мехди (ас)дын чыгышын калпка чыгарган Аз. Мухаммед (сав)га түшүрүлгөндү калпка чыгарган болот...»**

**«... Аз. Мехди (ас)ды калпка чыгарган күмөнсүз каапыр.»**

Бул хадистерди алып өткөргөн ахли-сүннөт булактары катары менен төмөнкүлөр:

1- "**Fevaid-ul Ahbar**", Ebu Bekir Ahmed b. Muhammed İskafi (ölm: H. 260)

2- "**Cem'ul Ahadis-il Varide fi-l Mehdi**", Hafız Ebu Bekir b. Hayseme, (ölm: H. 279)

3- "**Maani-l Ahbar**", Ebu-l Bekir Muhammed b. İbrahim Kelabazi Buhari (ölm: 380)

4- "**Ravd-ul Enf ve Şerh-us Sire**", Ebu Kasım Abdurrahman Süheyli (ölm: 581), т: 2, б: 431. (Малик б. Энес Мухаммед б. Мүнкедирден, ал болсо Жабирден риваят кылган)

5- "**İkd-ud Durer fi Ahbar-il Mehdi-il Muntazar**", Yusuf b. Yahya Makdisi eş-Şafii (ölm: 685), б: 157. "**Fevaid-ul Ahbar**", İskafi ve "**Şerhu-s Sire**", Эбуъл Касым Сүхейлиден алынган.

6- "**Feraid-us Simtayn**", Şeyh İbrahim b. Muhammed Hamvini (ölm: 730), т: 2, б: 337, № 585, "**Maani-l Ahbar**" Эбу Бекир Мухаммед б. Ибрахимден алынган.

7- "**Lisan-ul Mizan**", İbn-i Hacer Askalani (ölm: 852), т: 4, б: 147, Mısır Baskısı; б: 130, Haydarabad Baskısı, "Maan-il Ahbar"дан алынган.

8- "**el-Orfu-l Verdi Fi Ahbari-l Mehdi**", Celaleddin Suyuti (ölm: 911), б: 161, "**Fevaid-ul Ahbar**"дан алынган.

9- "**el-Kavl-ul Muhtasar fi Alamât-il Mehdi-il Muntazar**", İbn-i Hacer eş-Şafii el-Mekki (ölm: 974) б: 56, Şam (Сирия), Zahiriye китепканасындагы кол жазмасынан алынган копия, Кумдагы Ayetullah Mar'aşi китепканасында бар, (Феваид-ул Ахбар жана Шерх-ус Сирадан алынган...)

10- "**el-Fetave-l Hadise**", İbn-i Hacer-i Mekki б: 37

11- "**el-Burhan Fi Alâmât-i Mehdi-i Ahir-iz Zaman**", Muttaki Hindi (ölm: 975).

12- "**Levaih-ul Envar-il ilahiye...**", Şeyh Muhammed b. Ahmet Sefarini el-Hanbeli (ölm: 1188), т: 2, Hz. Mehdi (as) konulu "el-Faidet-ul Hamise" adlı bölümü; Хафиз Искафиден алынган. (Бул булакта рави Жабир б. Абдуллахтын ишенимдүүлүгү жөнүндө мактоо менен сөз кылынган.)

13- "**Yenâbi-ul Mevedde**", Süleyman b. İbrahim Kunduzi (ölm: 1294), 78. Babın başları, Жабир б. Абдуллах Энсариден алынган.

14- "**el-İzae Li Ma Kâne ve Mâ Yekunu Beyne Yedey-is Sa'eh**", Seyyid Muhammed Sıddık Kanuci Buhari (ölm: 1307) б: 137, "**Cem-ul Ahadis-il Varide Fi-l Mehdi**" İbn-i Hayseme жана "**Fevaid-ul Ahbar**" İskafi'ден алынган.

15- "**El-Mehdiyyu'l Muntazar**", Ebulfazl Abdullah b. Muhammed Sıddık (ölm: 1308), б: 94 "**Fevaid-ul Ahbar**"дан алынган.

## Мехдилик жөнүндө берилген кээ бир фатва мисалдары

Жогоруда айтылгандардан көрүнүп тургандай, Мехдилик жөнүндөгү хадистер теватүр даражасында болуп, эч күмөн санабастан ага ишенүү зарыл экенин көрсөтүүдө. Бул темада дүйнөдө фатва макамы катары кабыл алынган, улуу Ислам аалымдары тарабынан түзүлгөн «Rabitat'ül-Alem'il-İslami (Рабитатъүл-Алемъил-Ислами)» тобунун Шейх Мухаммед Мунтасыр эль-Кетани башчылыгындагы Ислами Фыкых Кеңеши тарабынан берилген жана Шейх Мухаммед эль-Каззаз кол койгон 23 Шавваль 1396 (17.10.1976) датасындагы фатвасы мындай:

*«...Көп санда сахаба пайгамбардан Аз. Мехди (ас) жөнүндө хадис риваят кылышкан. Мисалы, Осман б. Аффан, Али б. Эбу Талиб, Үммү Селеме сыяктуу жыйырмасын мен билем жана алардан башка дагы көптөгөн риваят кылышкан. Мындан тышкары, Пайгамбар сөзү өкүмүндө болгон сахабанын буйругу да бар.* ***Бул темада ичтихад кылууга болбойт жана карама-каршы пикир айтууга болбойт.*** *Бул темадагы пайгамбар хадистери Сүнени Эбу Давуд, Тирмизи, Ибн-и Маже жана Ибни Асакирдин Тарихъи Дымышки жана башка китептерде жазууга алынган.*

*Аз. Мехди (ас) жөнүндө атайын китептер да жазылган:* ***«Ахбаръүл-Мехди», «Эбу Нуайм китабы», «эль-Вехмъүл-Мекнун»*** *жана башкалар сыяктуу... Мурдакы жана учурдагы улуктар Аз. Мехди (ас) жөнүндөгү хадистердин теватүр экенин эскертишкен: эс-Сехави «Фетхъүл-Мугыйс»да; Ибни Теймиййе «Фетава»да жана Эбъул-Аббас Магрыби «эль-Вехмъүл-Мекнун»да айткандай...*

*Хафыздар менен мухаддистер Аз. Мехди (ас) жөнүндөгү хадистердин теватүр экенине йакин этишкен. Натыйжада Аз. Мехди (ас)дын чыгаарына ишенүү важип. Ахли-сүннөт ва жамаат ишенимдеринен саналат.* ***Сүннөттөн кабарсыз болгон жана бидъат (кошумча) кошуучулардан тышкары эч бир Мусулман бул ишенимди танбайт (калпка чыгарбайт).»*** *(Muhammed Mehdi el-Horasan, "el-Beyan fi Ahbar-ı Sahibüzzaman Mukaddimesi", б: 76-79)*

Ошол сыяктуу, дүйнөлүк масштабда Исламдык темаларда сөзү өткөн «Илим жана фатва темаларынын туруктуу курултайы»нын Шейх Абдүлазиз б. Баз, Шейх Абдүрреззак Афиши, Шейх Абдуллах б. Сууд жана Шейх Абдуллах б. Гадйан да араларында болгон аалымдар тарабынан берилген 2844 номерлүү Мехдилик жөнүндөгү фатвасы мындай:

*«Аз. Мехди (ас)дын чыгаарын далилдеген риваяттар көп, хадис алдыңкылары көптөгөн далил менен буларды риваят кылышкан. Эбуъл-Хасан эль-Абури, Алламе Сефарейни жана Алламе Шевкани сыяктуу улуктар бул хадистердин маанилик теватүр экенин айтышкан. Улуу Пайгамбар (сав) буйруктарында өзгөчөлүктөрүн айтып берген кишиден башканы Аз. Мехди (ас) деп кабыл алуу жаиз (туура, шариятка ылайык) эмес.»*

## АЗ. МЕХДИ (АС) ЖӨНҮНДӨГҮ КУТТУУ ХАДИСТЕРДИН БУЛАКТАРЫ

Аз. Мехди (ас)дын келүү алааматтары, өзгөчөлүктөрү жана Аз. Мехди (ас) доорунда боло турган окуялар жөнүндөгү куттуу хадистер көптөгөн ишенимдүү хадис булагында орун алган. Бул булактардын кээ бирлери төмөнкүлөр:

1. Тирмизинин Сүнен'инде 3 даана,
2. Эбу Давуддун Сүнен'инде 8 даана,
3. Ибни Маженин Сүнен'инде 8 даана,
4. Ахмед бин Ханбелдин Мүснед'инде 12 даана,
5. Абдүлреззак б. Хеммамдын эль-Мусаннеф'инде 8 даана,
6. Ибн Эби Шейхенин эль-Мусаннеф'инде 14 даана,
7. Ибн Хиббандын Сахих'инде 7 даана,
8. Хейсеминин Зеваид'инде 20 даана,
9. Суйутинин Жамиъус Сагыр'ында 8 даана,
10. Эль-Муттаки эль-Хиндинин Кензүл Уммаль'инде 59 даана,
11. Хакимдин Мүстедрек'инде 12 даана,
12. Дейлеминин эль-Фирдевс'инде 7 даана,
13. Дарекутнинин Сүнен'инде 1 даана болуп, жалпысы бул булактарда Аз. Мехди (ас) жөнүндө 159 ишенимдүү куттуу хадис орун алган.

Мындан тышкары, улуу Ислам аалымдарынан,

Ибн Кесир 3, Хафыз Бусури 2, Зехеби 5, Мунзири 1, Азимабади 6, Элбани 6 ишенимдүү куттуу хадиске эмгектеринен орун беришкен.

Булар Аз. Мехди (ас) менен байланыштуу хадистер орун алган ишенимдүү булактардын бир бөлүгү гана. Булардан тышкары да дагы көптөгөн ишенимдүү булактарда Аз. Мехди (ас) темасындагы хадистер менен баяндар бар.

## АЗ. МЕХДИ (АС) ЖӨНҮНДӨ ЖАРЫК КӨРГӨН АХЛИ-СҮННӨТ БУЛАКТАРЫ

Көптөгөн Ислам аалымы, хадис имамы, мезхеп имамы жана Ислам тарыхчысы Азрети Мехди (ас) жөнүндө ондогон китеп жана рисале (трактат) жазышкан. Ал заттар ал эмгектеринде Аз. Мехди (ас)га ишенүүнүн Ислам ишениминин шарттарынын бири экенин далилдери менен көрсөтүшкөн. Кээ бир аалымдар болсо жазган эмгектеринде Мехдилик темасына атайын бөлүмдөрдү арнап, ал тургай, булардын кээ бирлеринде Аз. Мехди (ас)

темасында жазылган китептерден да кеңири орун беришкен. Булардын көпчүлүгү китеп болуп басылган жана бир тобу болсо али басыла элек.

Төмөндө Аз. Мехди (ас) темасын караган кээ бир ахли сүннөт булактары жөнүндө кыска маалыматтарды камтыган бир тизме берилген. Эмгектер автордук укук жылдарына карата тизилген. Бир эле ушул тизме дагы Мехдилик темасынын Ислам дининде канчалык бекем жана тамырлуу негиздерге, барктуу жана ишенимдүү далилдерге таянганын көрсөтүшү жагынан жетиштүү:

**Эль-Мусаннеф**

Эбу Бекр Абдур-раззак б. Хеммам б. Нафи эль-Химйери эс-Санъани эль-Йемени *(126-211-жж. хижрий)*

Белгилүү хадис аалымы жана хадис хафыздарынан (жаттоочу); Йемен-Санъалык. 17 миң хадис жаттаган, Бухари дагы андан хадис алган.

Зехеби бул эмгек жөнүндө мындай дейт: «көптөгөн хадис аалымы ишенимдүүлүгүн кабыл алган, сахих хадис китептеринде андан хадис алынган, белгилүү илим булактарынын бири.»

Ибн-и Халликан болсо мындай дейт: «убагында Суфйан б. Уйейне, Ахмед Ибн-и Ханбел жана көптөгөн Ислам аалымы андан хадис алып жазышкан.»

**Сүнени Ибни Маже**

**Мухаммед б. Йезид б. Мажеи эр-Реби-и эль-Газвини** *(209-273-жж. хижрий)*

**Ысымдыгы:** Эбу Абдуллах

Эң белгилүү китеби эки томдук Сүненүъл-Мустафа; бул Сүнен-и Ибн-и Маже деген ат менен белгилүү. Ахли сүннөттүн Кутуби Ситте деп аталган хадис булактарынын бири. Бул китебинин «эль-Фитен» бабынын бир бөлүмүндө Имам Мехди алейхис-салам жөнүндөгү хадистерди риваят кылган.

**Сүнени Эбу Давуд**

**Эбу Давуд, Сүлейман б. Эшъас б. Исхак эль-Эзди, эль-Сежистани** *(202-275-жж. хижрий)*

Эмгектери арасында белгилүүсү – Кутуби Ситтеден болгон, «Сүнен-и Эбу Давуд» деген ат менен билинген, Сүнени.

Автор бул китебинде Аз. Мехди (ас) жөнүндөгү бабынын «Китабуъл-Мехди» бөлүмүндө Аз. Мехди (ас)дын өзгөчөлүктөрү, чыгуу алааматтары, чыккан соң эмнелерди кылаары менен байланыштуу он үч хадис риваят кылган.

**Сүнени Тирмизи**

**Эбу Иса, Мухаммед б. Иса б. Савре б. Муса б. эз-Заххак эс-Селеми эз-Зерир эль-Буги эт-Тирмизи** *(209-297-жж. хижрий)*

Белгилүү хадис аалымдары жана имамдарынан; хадис жаттоодо даңкы чыккан. Түбү Жейхан дарыясынын чыгышындагы «Тирмиз» шаарынын Буг айылында төрөлүп, хадис үйрөнүү үчүн Хорасан, Ирак, Хижаз сыяктуу жерлерге саякат кылып, Мухаммед б. Исмаил эль-Бухариден сабак алган жана ошол эле учурда чогуу кээ бир хадис аалымдарынан илим алышкан, Ахмед б. Ханбел, эд-Дареми жана үчүнчү кылымдын хадис аалымдарынан пайдаланган.

Ошондой эле, Рижал илими, тарых жана хадис тармактарында да эмгектери бар. Эш-Шемаил, эль-Илел, эт-Тарих жана эль-Жамиуъс-Сахих аттуу китептери алардын арасында. Өзгөчө анын бул акыркы китеби ахли сүннөттө өтө баалуу жана барктуу. Ошол эле учурда Кутуби Ситтенин да бирөөсү. Бул китеби жөнүндө көптөгөн чечмелөөлөр жазылган. Сүнендин төртүнчү томунда Имам Мехди алейхис-салам жөнүндө бир катар хадистерди алып өткөргөн.

**Китабул Бедъу веът-Тарих**

**Эбу Зейд Ахмед б. Сах эль-Белхи**

Бул китеп Стамбулда Дамат Ибрахим Пашанын китепканасындагы нускасында жана Ибнүъл Вердинин «Харидат-үд Ажаиб» китебинде да ушул авторго тиешелүү экени айтылган. Ажы Халифа да Кешфүъз-Зүнун'дун 1-томунун 227-бетинде бул эмгектин авторунун Эбу Зейд экенин айткан. Эбу Зейд рижал жана биография китептеринде да тарыхчылардын алдыңкыларынан деп саналган; дин, шарият, философия, адабият жана башка илимдерде да белгилүү бир ысым катары кабыл алынган. Бирок француз мүстешрик (шарк (чыгыш) илимдерин изилдөөчү) Cloman Hewar изилдөөлөрү натыйжасында бул китептин авторунун тарыхчы Мутаххар б. Тахир эль-Мукаддес экенин айтат. Себеби Эбу Зейд кээ бир биография булактары боюнча, хижрий 322-ж. же хижрий 340-жылы көз жумган. Ал эми китептин автордук укук жылынын болсо хижрий 355-ж. экени жазылган. Ажы Халифа да *«Кешф үз-Зүнун»* аттуу эмгегинде Эбу Зейддин өлүм тарыхын ушундай деп жазган.

Бирок эль-Мукаддестин биографиясы биз үчүн да белгисиз. Бул китеп 1899-1919-жылдар арасында мүстешрик Clamon Hewar'дын эмгеги менен алты томдо, чечмелөөлөрү менен Францияда басылып чыккан; андан соң Багдадда офсет болуп басылган. Бир бөлүгү болсо дагы эле басылып чыга элек.

Бул эмгектин автору ким болсо дагы, китептин көп бөлүгүн Имам Мехди алейхис-салам темасына арнаган.

**Эль-Муъжемуъл-Кебир**

**Эбуъл Касым Сүлейман б. Ахмед б. Эййуб б. Мутайийр эль-Лахми эт-Таберани** *(260-360-жж. хижрий)*

Атактуу хадис аалымы жана хафыздарынан. Дамасктын (Сирия) Табер аймагында төрөлүп, хадис үйрөнүү үчүн Дамаск, Хижаз, Ирак, Египет, Йеменге саякаттар кылган жана андан соң Исфаханда кылым башында көз жумган.

Эң негизги эмгектеринен болгон бул китеп Ирак фонддор министрлиги тарабынан он том болуп басылып чыккан. Мужем-и Эвсат жана Сагир'иде, Делиде жана эки том абалында Египетте басылган. Онунчу томунда Имам Мехди алейхис-салам менен байланыштуу хадистерди караган. Башка томдордо да Аз. Мехди (ас) менен байланыштуу хадистер бар.

**Меалимуъс Сүнен Фи Шерхи Китаби Сүнени Эби Давуд**

**Эбу Сүлейман Хамд б. Мухаммед эль-Хаттаби эль-Бести** *(319-388-жж. хижрий)*

Афганистандын Кабулга караштуу Бест аймагында төрөлүп кайра ошол жерде көз жумган. Хадис, фыкых, адабият, лексикография тармактарында илим алган. Зехеби аны ишенимдүү илимий кишилердин бири деп айткан. Ал дагы китебинин бир бөлүмүндө Имам Мехди алейхиссалам менен байланыштуу хадистерди алып жазган.

**Месабихуъс Сүнне**

**Хүсейин б. Месъуд Шафии** *(436-510- же 516-жж. хижрий)*

«Мухйис Сүнне (сүннөттү жандантуучу) деген атка ээ болгон».

Түбү Афганистандын Герат шаарына караштуу Баг айылынан. Хорасандын Рей шаарында көз жумган.

Ибн-и Халликан аны илим деңизи деп атаган. Хижрий 1318-жылы Египетте басылып чыккан китебинин бир бөлүмүн Имам Мехди алейхис-салам менен байланыштуу хадистерге арнаган.

**Жамиуъл Усул Мин Э-хадис Сир Ресул**

**Эбу Саадет Мубарек б. Мухаммед Ибн-и Эсир эль-Жезири катары белгилүү** *(544-606-жж. хижрий)*

Белгилүү тарыхчы, Ибн-и Эсирдин бир тууганы; Куран тафсири, фыкых, хадис, грамматика жана лексикография тармагында илим алган; Ибн-и Өмер аралында төрөлүп, Мосул шаарына отурукташкан жана Мосулда көз жумган. Эң негизги эмгеги болгон бул эмгегин Кутуби Ситтеден топтогон жана 13 том болуп Бейрутта басылып чыккан бул эмгегинин бир бөлүмүн Имам

Мехди алейхис-салам темасына арнаган.

**Эль-Фүтухат ул- Меккиййе**

**Мухйиддин б. Араби жана Шейх-и Экбер катары белгилүү болгон Мухаммед б. Али б. Мухаммед б. Ахмед б. Абдуллах эт-Таи эль-Хатеми** *(560-638-жж. хижрий)*

Арифтердин (олуя киши) эң белгилүүсү. Философия, теология, тафсир, адабият, акындык сыяктуу көптөгөн тармакта төрт жүзгө жакын рисале (трактат) жана китеби бар деп айтылат. Андалусиянын Мурс шаарында төрөлүп, Димешкте жашаган жана ошол жерде көз жумган.

Бул эмгектин үчүнчү томунун Имам Мехди алейхис-салам менен байланыштуу бөлүмүндө акылдык жана риваят кылынган далилдер менен буга далилдер көрсөткөн.

**Металибуъс Сеул Фи Менакыб-и ал-ир Ресул**

**Мухаммед б. Талха, эш-Шафии** *(582-652-жж. хижрий)*

Мухаддистердин атактууларынан; фыкых усулу, адабият багыттарында атагы чыккан. Түбү Нусайбиндик болуп, кийинчерээк Димешк жана Халебге жайгашып ошол жерде көз жумган. Бул китепти алгач Ибн-и Жевзинин «Тезкиретү Хавассиъл Умме» аттуу китеби менен чогуу, хижрий 1287-жылы 91 бет абалында таш басылмасы (литография) менен жарык көрүп, кийинчерээк Нежефте басылып чыккан.

Бул китептин 12-бабынын темасы «Он экинчи Имам Мухаммед ибн-и Хасан эль-Аскери эль-Мехди».

**Тезкиретү Хавассиъл Үмме**

**Сибт б. Жевзи Ханe-фи Йусуф б. Кызоглу б. Абдуллах эль-Баг-дади эд-Димешки** *(581-654-жж. хижрий)*

Фыкых, тафсир, тарых жана хадис илимдерине салым кошкон; хадис хафызы; белгилүү хатиптерден (үгүттөөчү). Багдадда төрөлүп, Димешкте көз жумган. Эмгектеринен бири болгон эль-Фыкху Алеъл-Меза-хибиъл-Эрбаа (чыныгы аты: Исаръул Инсаф Фи Асаръил-Хилаф) китеби түркчөгө которулган жана бир канча жолу басылган.

Жогоруда аты аталган эмгеги 12 Имамдын пазилет менен өзгөчөлүктөрүн камтыйт. Китептин акыркы бөлүмү болсо Аз. Мехди (ас) жөнүндө.

**Шерху Нехжиъл Белага**

**Ибн-и Эбиъл Хадид эль-Мутези-ли** *(586-655-жж. хижрий)*

Тарых жана адабият жана дагы көптөгөн илим тармагында аты чыккан

киши. Мадайда төрөлүп, Багдадда жашаган жана Аббаси халифаларынын кеңеш катчылыгын кылган.

Эң белгилүү эмгеги болгон Нехжиъл-Белага чечмелөөсү Алламе Хоинин 22 томдун Нехжиъл Белага чечмелөөсүнөн кийинки, бул темадагы эң кеңири чечмелөөлөрдүн бирөөсү деп саналат. Египет, Бейрут жана Иранда көп жолу басылып чыккан.

Бул китепте Аз. Али алейхис-саламдын акыр заман жөнүндөгү сөздөрү бөлүмүндө жана башка бөлүмдөрдө Имам Мехди алейхис-салам менен байланыштуу темаларга кеңири орун берилген.

**Мухтасару Сүнени Эбу Давуд**

**Абдулазим эль-Мунзири эш-Шафии** *(581-656-жж. хижрий)*

Жазуучу, тарыхчы, хафыз, адабиятчы жана хадис илиминин алдыңкы аалымдарынан. Эмгектери арасында маанилүү орунду ээлеген бул китептин 6-томунда Имам Мехди алейхис-салам менен байланыштуу темаларга орун берген.

**Тезкиретуъл-Куртуби**

**Мухаммед б. Ахмед б. Эбубекр б. Фарах эль-Энсари Эбу Абдуллах Куртуби** *(көз жумушу: 671-ж. хижрий)*

Малики мезхебинин белгилүү муфассирлеринен. Эз-Зерек бул инсан жөнүндө мындай дейт: Ал салихтерден, Куртубда төрөлгөн, ал жерден чыгышка көчүп, Египеттин Эсйуут шаарынын түндүгүндөгү Ибн-и Хасип аймагына жайгашкан жана ал жерде көз жумган.

Эмгектеринен болгон «эль-Жамиу Ли Ахкамъил-Куран» 20 том болуп басылган жана Куртуби Тафсири деген ат менен белгилүү. Жогоруда ишарат кылынган эмгеги Тезкиретун Би Ахвалиъи Мевта ва Ахвалиъл Ахире деген ат менен Египетте эки том болуп басылган. Китептин экинчи томунда бир бөлүмдү Имам Мехди алейхис-саламга арнаган.

**Вефайетуъл-Аъйан**

**Ибн-и Халликан-ы Ша-фии** *(608-681-жж. хижрий)*

Түбү Эрбилдик болуп, Египетке барган, ал жердер Дамаскка жайгашып белгилүү убакыт казылык кылган. Өзү атактуу тарыхчы жана адабиятчылардан.

Бул китеп аалымдардын жана изилдөөчүлөрдүн пикиринде, тартиптүү, ишенимдүү жана эң белгилүү биография китептеринин бири деп кабыл алынат. Бул китебинин 4-томунда Имам Мехди алейхис-саламга арналган кыска бир бөлүм орун алган.

**Захуируъл Укба**

**Мухибиддин Ахмет б. Абдуллах б. Мухаммед эт-Табери эль-Мекки эш-Шафии** *(615-694-жж. хижрий)*

Меккеде төрөлүп, ошол жерде көз жумган. Мухаддистердин атактууларынан, Шафии мезхебинин шейхтеринен жана Хижаз муфтийлеринен. Хадис менен фыкыхта баалуу эмгектери бар.

Хижрий 1350-жылы Египетте басылган жана Эхли Бейт алейхис-саламдын баалуулуктарын камтыган бул китептин бир бөлүмүн Имам Мехди алейхис-салам түзөт.

**Фераидуъс-Симтайн**

**Ибрахим б. Саадеттин-и Хорасани** *(644-732-жж. хижрий)*

Хадис хафызы жана ахли сүннөт аалымдарынан. Зехеби «Тезкире» аттуу эмгегинин 4-томунда ал жөнүндө мындай дейт: «Ал мухаддистердин имамы, Исламдын мактанычтарынан жана олуялардын алдыңкыларынан. Газан Падышасы анын себепчи болушу менен Мусулман болгон.»

Ибн-и Хажер эль-Асгалани да «эд-Дүрерүъл-Камине» аттуу эмгегинде Зехебинин сөздөрүн тастыктайт жана ага кошумча, ахли сүннөт аалымдарынын көпчүлүгүнүн андан хадис риваяты үчүн уруксат алганын айтат.

Бул эмгеги хижрий 1398-жылы Бейрутта, андан мурда Лахордо басылган.

Жогоруда аты аталган китебин Аз. Зехра (с.а), Аз. Али алейхис-салам менен урпактарынын баалуулуктары темасына арнап, бир бөлүмүн болсо Имам Мехди алейхис-саламдын чыгышы жана кыямы жөнүндөгү жагдайларга арнаган.

**Мишкатуъл-Месабих**

**Велийуддин Мухаммед б. Абдуллах эль-Хатиб-и Тебризи** *(көз жумушу: 741-ж. хижрий)*

Белгилүү мухаддистерден. Бул китебинин 3-томунун бир бөлүмүн Имам Мехди алейхис-салам темасына арнаган.

**Харидатүъл-Ажаиб ве Феридатүъл Гараиб**

**Сиражуддин Өмер б. Музаффер эш-Шафии Ибн-и Верди** *(көз жумушу: 749-ж. хижрий)*

Сириянын Нуман аймагында төрөлүп, фыкых, адабият, акындык, лексикография, грамматика жана тарых темаларында эмгектер жасап, казылык да кылган.

Сириянын Халеб шаарында көз жумган. Эмгектеринин бири – кыямат

алааматтарын караган жана Имам Мехди алейхис-салам жөнүндө бир бөлүмдү да камтыган жогорудагы китеби.

**Эль-Менаруъл-Муниф Фиъс-Сахихи Веъз-Заиф**

**Мүэллиф: Шемсуддин Мухаммед б. Эби Бекр; Ибн-и Каййым эль-Жевзи катары белгилүү.** *(691-751-жж. хижрий)*

Ханбели мезхебинин белгилүү аалымдарынан, Ибн-и Теймийеден фыкых илимин алып, бир көз-караште болгону үчүн, Димешк мунарасында зынданга ташталып, Ибн-и Теймийе көз жумган соң койо берилген.

Эмгектеринин бири болгон бул китебинин 50-бөлүмүндө Имам Мехди алейхис-салам темасын караган.

**Китабуън-Нихайе (эль-Фитен веъл Мелахим)**

**Эбуъл Фида Исмаил б. Өмер; Ибн-и Кесир катары белгилүү** *(701-774-жж. хижрий)*

Мухаддис, тарыхчы, муфассир жана жазуучу. Дамасктын Басра аймагында төрөлүп, хижрий 706-жылы Димешкке жайгашкан жана ал жерде илим алган. Бул китеби Египет менен Бейрутта басылган. Бул китептин 1-томунда Имам Мехди алейхис-салам менен байланыштуу хадистерди «Акыр заманда чыга турган Мехди» темасы менен караган.

**Меведдетүъл-Курба**

**Сейийд Али б. Шахаб б. Мухаммед эль-Хүсейни** *(714-786-жж. хижрий)*

Хорасан аалымдарынан. Кашмирге жайгашкан жана үзүрлүү аракеттери натыйжасында аймактагы адамдардын көпчүлүгүн Исламга киргизген. Арапча жана фарсча көптөгөн эмгектери бар. Эң белгилүү китеби – ушул китеп. Кундузинин Йенабиуъл-Меведде аттуу эмгеги менен бирге биринчи жолу Стамбулда «Ахтар» басма үйү тарабынан хижрий 1301-жылы басылган жана бул китебинде Имам Мехди алейхис-салам менен байланыштуу бөлүмдү «Имамдардын саны жана алардын бири Мехди» деп караган.

**Шерхуъл-Мекасид**

**Месъуд б. Өмер б. Абдуллах Саадеттин Тафтазани** *(712-793-жж. хижрий)*

Түбү Хорасандын Несага караштуу Тафтазан айылында төрөлүп, ал жерден Сераксга жайгашкан, кийинчерээк Тимурлан тарабынан Самаркандга сүргүн кылынган жана ошол жерде дүйнөдөн кайткан, жаназасы алып барылып Сераксга коюлган.

Теология илими, логика, баян жана арап адабияты тармактарында эң

белгилүү инсандардын бири; теология илиминде булак катары белгилүү болгон эки томдук эмгегинин акыркы бөлүмүнүн Имамдык жөнүндөгү бөлүгүндө Имам Мехди алейхис-саламдын кыямы жагдайына орун берген.

Бул эмгеги хижрий 1277-жылы Стамбул «Олмандешер» басмаканасында басылып, кийинчерээк болсо Египетте басылып чыккан.

**Эль-Фусусуъл-мүхимме**

**Нуреддин Али б. Мухаммед** *(Ибн-и Себбаг эль-Малики катары белгилүү) (784-855-жж. хижрий)*

Түбү Африканын Сефагас аймагынан. Меккеде төрөлүп, ошол жерде көз жумган. Малики мезхебинин жазуучу жана мухаддистеринен; ахли сүннөт аалымдарынан, Халеби, Семхуди, Хамзави жана Шебленжи сыяктуу көптөгөн аалымдар андан хадис риваяты үчүн уруксат алышкан.

Көптөгөн биография жазуучулар да андан сөз кылышкан.

Бул китебинде он эки Имамды тааныштырган жана бир бөлүмүн Имам Мехди алейхис-саламга арнаган.

**Эль-ОрфУъл-вЕрди Фи Ахбариъл-Мехди**

**Желалуддин Абдуррахман б. Кемалуддин Мухаммед-и Суйути эш-Шафии** *(849-911-жж. хижрий)*

Адабиятчы, тарыхчы, муфассир жана мухаддис. Каирде жетим болуп чоңойгон, ал жердин мухаддис жана аалымдарынан илим алган. Биографиясы көптөгөн рижал жана тарых китептеринде бар. Ислам ааламында эмгектери болбогон китепкана дээрлик жокко эсе.

Аты аталган бул рисалеси (трактаты) «эль-Хавилиъл-фетава» аттуу эки томдук эмгегинен орун алып, бул эмгекте Имам Мехди алейхис-салам жөнүндөгү хадистерди караган.

**Эль-Эимметуъл-исна ашер**

**Шемседдин Мухаммед б. Тулун** *(880-953-жж. хижрий)*

Мухаддис, жазуучу, тарыхчы, адабиятчы, медицина жана түш жоруу илимдерине ээ. Димешкте жашап, ал жерде көз жумган. Негизги эмгектеринин бири болгон бул китепте он эки Имамдын өмүрү каралып, бир бөлүмүндө Имам Мехди алейхис-салам жөнүндөгү жагдайларга орун берилген.

Китеби 1958-жылы Бейрут «Даруъс-садр» басма үйү тарабынан басылган.

**Эль-Йевагыту вел-Жевахир**

**Имам Абдулваххаб эш-Шарани эш-Шафии** *(898-973-жж. хижрий)*

Египетте дүйнөгө келген жана Каирде көз жумган. Жазуучу, мухаддис, мутасаввыф жана башка илимдерде да атагы чыккан белгилүү инсандардан.

Акаид темасы менен байланыштуу бул эки томдук эмгегинин экинчи томунун бир бөлүмүн Имам Мехди алейхис-салам темасына арнаган.

**Эс-Саваикуъл-мухрика**

**Ахмед б. Хажер Хейтеми эль-Мекки эш-Шафии** *(909-974-жж. хижрий)*

Мухаддис, жазуучу жана белгилүү инсандардын бири; «эль-Фетавеъл-хадисе» аттуу эмгеги менен жогорудагы эмгегинин бир бөлүмүн Имам Мехди алейхис-салам менен байланыштуу темаларга арнаган.

**Кензуъл-уммал**

**Муттаки Хинди** *(885-975-жж. хижрий)*

Жазуучу, мухаддис, хатип (үгүттөөчү) жана көп багытта илимий наамы бар бир инсан. Индиянын Бурханпур шаарында төрөлүп, белгилүү убакыт илим алган соң, Мекке менен Мединага жайгашып, ал жерде да илим алууну уланткан. Көптөгөн аалымдан хадис, тасаввуф (мистика), фыкых (шарият) тармактарында илим алган соң, кайра Индияга кайтып Исламдык агартуу кызматын өтөгөн жана Меккеде көз жумган.

Аты аталган 14 томдук энциклопедиялык эмгеги хадис булактарынын бири катары белгилүү. Эмгегинин 14-томунун бир бөлүмүн «Акыр заманда чыга турган Мехди» деген тема менен караган. Мындан тышкары, башка бир «Телхисуъл-бейан веъл-Бурхан Фи аламатиъл-Мехди» аттуу эмгегин болсо атайын Имам Мехди алейхис-салам темасына арнаган.

**Ахбаруъд-дувел ве Ас-аруъл-увел**

**Ахмед б. Йусуф б. Ахмед эд-Димешки** *(939-1019-жж. хижрий)*

Карамани деген ат менен белгилүү.

Атактуу тарыхчылардан. «Кешф-үз-зүнун» аттуу эмгектин автору бул китеп жөнүндө «Ислам ааламында мамлекеттер жөнүндө мындай бир китеп көргөн жокмун» деп айткан.

Бул эмгек Исламдан мурдакы жана кийинки мамлекет тарыхтарын, түзүлүштөрүн караган. Китептин кеңири бир бөлүмүн болсо он эки Имам жана Имам Мехди алейхис-салам менен байланыштуу темалар түзөт. Бул китеп хижрий 1282-жылы чоң көлөмдө 500 беттик таш басылма (литография) абалында Багдадда басып чыгарылган.

**Али б. Султан Мухаммеди Хиреви**

*(көз жумушу- 1014-ж. хижрий)*

Көптөгөн илим тармагында адис белгилүү аалымдардан. Афганистандын Герат шаарында төрөлүп, кийин Меккеге жайгашып ошол жерде көз жумган. Бул беш томдук эмгегинин 5-томунда Имам Мехди алейхис-салам менен байланыштуу хадистерди караган. Башка бир эмгеги «эль-Мешребуъл-верди» аттуу китебин болсо жалаң Имам Мехди алейхис-салам темасына арнаган.

**Эль-ишаретү Фи Эшратүъс-сае**

**Мухаммед б. Абдур-расул эш-Шафии** *(1040-1103-жж. хижрий)*

Муфассир, мухаддис, илимий усулчу, адабиятчы жана лексикограф. Илим алуу үчүн Багдад, Стамбул, Дамаск жана Египетке барып, анан Мединага жайгашып сабак берген жана ал жерде көз жумган. Бул китеби хижрий 1370-жылы Египетте үч жүз бет болуп басылган. Бул эмгек, атынан да көрүнүп тургандай, акыр заман алааматтары менен Имам Мехди алейхис-саламдын чыгышын колго алган.

**Фетхуъл-менан, Шерхуъл-февзи веъл-Эман**

**Ахмед б. Али Эбуън Нежах эль-Ханефи** *(1089-1173-жж. хижрий)*

Сириянын Триполи шаарынын айылдарынын бирөөсүндө төрөлгөн. Белгилүү аалымдардан, акын, адабиятчы жана мухаддис. Негизги эмгектеринин бири болгон бул китебинин бир бөлүмүн Имам Мехди алейхис-салам темасына арнаган.

**Леваихуъл-энвариъл-Илахиййе**

**Шемседдин Мухаммед б. Ахмед эн-Наблуси** *(1114-1188-жж. хижрий)*

Ханбели мезхебинин белгилүү жазуучуларынан, мутасаввыф (мистик) жана тарыхчы. Палестинанын Наблус шаарынын айылдарынын бирөөсүндө төрөлүп, кийинчерээк Дамаскка жайгашкан жана ошол жерде көз жумган.

Аты аталган бул баалуу эмгеги эки том болуп хижрий 1324-жылы Египетте басылган. Экинчи томунун бир бөлүмүндө Имам Мехди алейхис-салам темасынан сөз кылат.

**Исъафур-рагибин**

**Мухаммед б. Али эс-Себбан эль-Мысри эш-Шафии**

Египеттин белгилүү илим инсандарынан; лексикография, грамматика, ыр түзүү, риторика, логика, сыйер, хадис, астрономия жана дагы көп тармактарда жогору билим деңгээлине жеткен.

Египеттин Каир шаарында төрөлүп, ошол жерде көз жумган. Аты аталган бул эмгекте Улуу Пайгамбар саллаллаху алейхи ва алихтин сыратын (жолун) жана Эхли Бейттин баалуулуктарын ыр саптары менен жазып, бир бөлүмүн Имам Мехди алейхис-салам темасына арнаган. Бул китеби «Нуруъл-

эбсар» аттуу эмгеги менен бирге Египетте таш басылма (литография) абалында басылып чыккан.

**Нуруъл-эбсар**

**Сейийд Мүмин б. Хасан Шебленжи** *(көз жумушу: 1290-ж. хижрий)*

Мухаддис, адабиятчы жана тарыхчы. Негизги эмгектеринен болгон бул китеби Улуу Пайгамбар саллаллаху алейхи ва алих жана Эхли Бейтинин өмүр баяндарын карап, Имам Мехди алейхис-салам менен байланыштуу бөлүмүнө «Мухаммед б. Хасан алейхис-саламдын өмүр баяндары» деген тема коюлган. Каирде таш басылма абалында басылган.

**Февзуъл-кадир, Шерхи Жамиуъс-сагир**

**Мухаммед Абдуррауф эль-Менави эш-Шафии** *(952-1031-жж. хижрий)*

Белгилүү, алдыңкы мухаддистерден; хадис, теология, фыкых (шарият), тарых сыяктуу көп багыттарда илим алган жана эмгектер жазган. Аты аталган бул китептин алтынчы бөлүмүндө Имам Мехди алейхис-салам менен байланыштуу бир бөлүм бар, экинчи жолу 1972-жылы «Даруъл-маариф» басма үйү тарабынан Бейрутта басылган.

**МеШарикуъл-энвар**

**Шейх Хасан эль-Адви эль-Мысри** *(1221-1303-жж. хижрий)*

Теолог, мухаддис, Малики мезхебинин жазуучуларынан, эль-Эзхерде илим алып, устаттык да кылган жана Каирде көз жумган. Аты аталган баалуу эмгектин бир бөлүмүн Имам Мехди алейхис-салам темасына арнаган. Китеп хижрий 1307-жылы Осмон империясы басмаканасы тарабынан басылган.

**Эль-изае Лима Кане ве Ма Йекуну**

**Сейийд Мухаммед Сыддык Хан б. Хасан** *(1248-1307-жж. хижрий)*

Индиянын Кенуч шаарында төрөлүп, Делиде илим алган, Ислам илимдери тармагында индусча, фарсча жана арапча көп эмгектер жазган; арапча китептери Каир жана Бейрутта басылган. Аты аталган бул китеби «Кыяматтан мурда фитналар жана кыямат алааматтары» темасын камтып, бир бөлүмүн Имам Мехди алейхис-салам менен байланыштуу темага арнаган.

Бул китеби хижрий 1293-жылы Индияда, экинчи чыгарылышы болсо хижрий 1379-жылы Египетте «эс-Сууди» басмаканасында басылган.

**Гайетүъл-меваиз**

**Хайреддин Нуман эль-Алуси эль-Ханефи** *(1252-1217-жж. хижрий)*

Үгүттөөчү, теолог жана казы; Ханефи мезхебинин жазуучуларынан.

Ишенимдүү биографтар автор жөнүндө: «Акылы илиминен көп, илими жазганынан сулуураак, жазганы ыр сабынан бекемирээктей» деген сөздөр менен аны макташкан.

Аты аталган бул китеп алгач хижрий 1301-жылы Египетте басылган жана биринчи томунун бир бөлүмү Имам Мехди алейхис-салам темасына арналган.

**Авнуъл-маъбуд**

**Мухаммед Шемс үлхак эль-Хинди** *(1273-1329-жж. хижрий)*

Белгилүү мухаддистерден кабыл алынган бул инсан бул китебин Эбу Давуддун Сүненине чечмелөө катары калемге алып, он биринчи томунун бир бөлүмүн Имам Мехди алейхис-салам темасына арнаган.

**Назмуъл-мүтенасир Мин Хадисиъл-Мүтеватир**

**Автор: Эбу Абдуллах Мухаммед б. Жафер б. Ибрис б. Мухаммед эль-Фаси эль-Малики** *(1274-1345-жж. хижрий)*

Тарыхчы, жазуучу жана мухаддис. Мароккодо төрөлүп, ошол жерде каза болгон. Негизги эмгектеринен болгон бул китеп хижрий 1328-жылы Мароккодо басылган. Бул китепте да Имам Мехди менен байланыштуу хадистердин мүтеватир экени айтылат.

**Тухфетуъл-ахвези**

**Автор: Эбуъл-Ала Мухаммед эль-Мүбарекфури** *(1283-1353-жж. хижрий)*

Индиянын Мүбарекфур шаарында төрөлүп, арапча, логика, философия, астрономия, фыкых (шарият) жана фыкых усулу тармактарында илимдүү белгилүү аалымдардан.

Аты аталган бул китепти Сүнен-и Тирмизинин чечмелөөсү катары жазып; Индия, Каир жана Арабистанда басылып чыккан. Бул эмгегинин алтынчы томунун бир бөлүмүн Имам Мехди алейхис-салам менен байланыштуу темаларга арнаган.

**Назретун Фи Ахадисиъл-мехди**

**Мухаммед эль-Хызр эль-Хүсейин эль-Мысри** *(1292-1377-жж. хижрий)*

Түбү Алжирлик болуп, Тунисте төрөлгөн. Илим алууну Тунис Зейтунийе Илим комплексинде улантып, кийинчерээк Египет аль-Азхарда мугалимдик кылган жана ошол жерде көз жумган. Көптөгөн эмгек, макалалары бар; Имам Мехди алейхис-салам менен байланыштуу аты аталган бул макаласы «Темеддүн-и Ислами» журналында хижрий 1370-жылы Сирияда

жарыяланган.

**Тажуъл-жамиуъл-усул**

**Шейх Мансур Али Насиф** *(көз жумушу: хижрий 1373-жылдардан кийин)*

Аль-Азхардын белгилүү аалымдарынан жана мударристеринен. Аты аталган бул китебинин бешинчи томунун бир бөлүмүн Имам Мехди алейхис-салам темасына арнаган.

**Ибразуъл-вехм Мекнун Мин Келами ибни Халдун**

**Ахмед б. Мухаммед б. эс-Садык эш-Шафии эль-Магриби** *(көз жум.: 1380-ж. хижрий)*

Марракештин алдыңкы мухаддис, хафыз жана аалымдарынан. Аты аталган бул китепти Ибн-и Халдундун Имам Мехди алейхис-салам жөнүндөгү күмөнүн жок кылуу үчүн жазган. Китеп хижрий 1347-жылы Дамаскта «эт-Теракки» басма үйү тарабынан басылган.

**Хувеъл-мехди**

**Устат, Шейх Насреддин эль-Албани (Албаниялык)**

Учурдагы аалымдардан; ар кандай темаларда эмгек, макалалары бар. Аты аталган бул макаласын Дамаскта чыккан «Темеддүн-и Ислам» журналында Имам Мехди алейхис-салам жөнүндөгү суроолорго жооп катары жазган.

**Акидетү Эхлиъс-сүнне Фиъл Мехди**

**Шейх Абдулмухсин б. Хамд**

Медина Ислам университетинин устаттарынан. Аты аталган бул макалада «Ахли сүннөт ишениминде Имам Мехди алейхис-салам» темасын караган жана хижрий 1388-жылы «Жамиатүъл-Ислами» аттуу журналда Сауд Арабия муфтийи Бин Баздын тастыктоосу менен чогуу жарыяланган. Ал жерде ахли сүннөттүн Имам Мехди алейхис-салам жөнүндөгү ишенимин көрсөткөн. Башка бир макаласында болсо Имам Мехди алейхис-салам менен байланыштуу хадистерди жокко чыгаргандарга жооп берген. Бул макаласы хижрий 1400-жылы ошол эле журналда жарыяланган.

## АЗ. МЕХДИ (АС) ЖӨНҮНДӨ ЖАЗЫЛЫП КАЛЫНГАН ХАДИС ЖАНА РИВАЯТТАРДЫН СТАТИСТИКАСЫ

- Аз. Мехди (ас)дын чыгаарын сүйүнчүлөгөн хадистердин саны:

**657**

♦ «Аз. Мехди (ас) Эхли Бейттен; Аз. Мехди (ас)дын ысмы Расулуллахтын ысмынын жана ысымдыгы болсо анын ысымдыгынын өзүндөй» деген хадистердин саны: **389**

♦ «Аз. Мехди (ас) адамдар арасында Расулуллахка эң көп окшогон киши» деген хадистердин саны: **48**

♦ Аз. Мехди (ас)дын келбети менен боюн сүрөттөгөн хадистердин саны: **21**

♦ «Аз. Мехди (ас) Аз. Али (ас)дын урпактарынан» деген хадистердин саны: **214**

♦ «Аз. Мехди (ас) Аз. Фатыманын урпактарынан» деген хадистердин саны: **192**

♦ «Аз. Мехди (ас) жер жүзүн адилеттикке толтурат» деген хадистердин саны: **123**

♦ «Аз. Мехди (ас)дын эки жолу көздөн кайымы болот» деген хадистердин саны: **10**

♦ «Аз. Мехди (ас) көпкө көздөн кайым болот» деген хадистердин саны: **91**

♦ Көздөн кайымынын себебин түшүндүргөн хадистердин саны: **7**

♦ Көздөн кайым кезде элдин Аз. Мехди (ас)дан пайдаланаары жөнүндөгү хадистердин саны: **7**

♦ «Аз. Мехди (ас) узун өмүрлүү» деген хадистердин саны: **318**

♦ «Аз. Мехди (ас) жаш көрүнөт» деген хадистердин саны: **8**

♦ «Аз. Мехди (ас)дын төрөлүшү жашыруун болот» деген хадистердин саны: **14**

♦ «Аз. Мехди (ас)да эч кимдин биаты болбойт (бир халифага же

башка бирөөгө моюн сунган болбойт; эч бир пикирдин, топтун, тарикаттын же кандайдыр бир саясий көз-караштын таасири астында болбойт)» деген хадистердин саны: **<u>10</u>**

♦ Каапырларды пикирдик жактан жеңет, жер жүзүн ширктен тазалайт» деген хадистердин саны: **<u>19</u>**

♦ Аз. Мехди (ас) Аллахтын буйругун ачыкка чыгарат, Ислам ахлагын дүйнө жүзүнө жайат жана дүйнөнү (руханий) өзүнө каратат...» деген хадистердин саны: **<u>47</u>**

♦ «Аз. Мехди (ас) адамдарды Куранга жана сүннөткө баштайт» деген хадистердин саны: **<u>15</u>**

♦ «Аз. Мехди (ас) Аллахтын душмандарын илим менен пикирдик жактан таасирсиз кылат» деген хадистердин саны: **<u>4</u>**

♦ «Аз. Мехди (ас)да Пайгамбарлардан бир катар сүннөттөр бар» деген хадистердин саны: **<u>23</u>**

♦ «Аз. Мехди (ас) Пайгамбарыбыз (сав)дын кылычы менен кыям этет (б.а. Пайгамбарыбыз (сав)дын ыйык аманаттары болгон куттуу желеги, кылычы жана көйнөгү Аз. Мехди (ас)дын жанында болот)» деген хадистердин саны: **<u>7</u>**

♦ Аз. Мехди (ас)дын мүнөзү жана тышкы көрүнүшү жөнүндөгү хадистердин саны: **<u>30</u>**

♦ Аз. Мехди (ас)дын зүхдү (адеп-ахлагы жана такыбалыгы) жөнүндөгү хадистердин саны: **<u>4</u>**

♦ Аз. Мехди (ас)дын адилеттиги жана анын доорунда коопсуздуктун орношу жөнүндөгү хадистердин саны: **<u>7</u>**

♦ Аз. Мехди (ас)дын илими жөнүндөгү хадистердин саны: **<u>5</u>**

♦ Аз. Мехди (ас)дын жоомарттыгы жана берешендиги жөнүндөгү хадистердин саны: **<u>13</u>**

♦ «Аллах Таала Аз. Мехди (ас)дын колу менен пайгамбарлардын

кереметтерин ачыкка чыгарат жана алардын мурастары анын жанында» деген хадистердин саны: **5**

♦ «Аз. Мехди (ас) күчтүү бир сыноодон кийин чыгат» деген хадистердин саны: **24**

♦ «Аз. Мехди (ас) Иса бин Мерйем (а.с)га намазда имамдык кылат» деген хадистердин саны: **25**

♦ Аз. Мехди (ас)дын чыгышынын өзгөчөлүгүн баяндаган риваяттардын саны: **12**

♦ Аз. Мехди (ас)дын чыгаарынан мурдакы абал, фитна жана күнөөлөрдүн көптүгү жөнүндөгү хадистердин саны: **37**

♦ Аз. Мехди (ас)дын кээ бир чыгуу алааматтары жөнүндөгү хадистердин саны: **29**

♦ Асмандан Аз. Мехди (ас)дын жана атасынын ысмы менен угула турган үн жөнүндөгү хадистердин саны: **27**

♦ Аз. Мехди (ас) чыгаардан мурдакы доордо баалардын өтө жогору болушу, оорулардын көбөйүшү ж.б. жөнүндөгү хадистердин саны: **23**

♦ Сүфйанинин чыгышы, ай тутулушу ж.б. жөнүндөгү хадистердин саны: **38**

♦ Дажжалдын чыгышы жөнүндөгү хадистердин саны: **12**

♦ Аз. Мехди (ас)дын чыга турган жери менен байланыштуу хадистердин саны: **17**

♦ Аз. Мехди (ас)дын жер жүзүнүн чыгыш менен батышын руханий каратышы жөнүндөгү хадистердин саны: **12**

♦ Аз. Мехди (ас) доорунда бүт элдердин Ислам ахлагынын негизинде топтолушу жөнүндөгү хадистердин саны: **7**

♦ Аз. Мехди (ас) доорунда жердин байлык менен кендерин тышка чыгараары жөнүндөгү хадистердин саны: **10**

- ♦ Аз. Мехди (ас) доорунда асман менен жер бетинин берекелерин тышка чыгарааары жөнүндөгү хадистердин саны: **12**

- ♦ 313 кишинин Аз. Мехди (ас)дын жанында болоору жөнүндөгү хадистердин саны: **25**

- ♦ Аз. Мехди (ас) чыкканда жер жүзүнүн адилеттикке толоору жөнүндөгү хадистердин саны: **129**

- ♦ Аз. Исанын экинчи жолу жер жүзүнө түшүшү жана Аз. Мехди (ас)дын артында намаз кылаары жөнүндөгү хадистердин саны: **29**

- ♦ Аз. Мехди (ас)дын дажжалды (руханий жана пикир менен) таасирсиз кылаары жөнүндөгү хадистердин саны: **6**

- ♦ Аз. Мехди (ас)дын Сүфйани менен пикирдик күрөш жүргүзүп, (руханий жана пикирдик) таасирсиз кылаары жөнүндөгү хадистердин саны: **2**

- ♦ Аз. Мехди (ас) доорунда жер жүзүнүн гүлдөшү жөнүндөгү хадистердин саны: **5**

- ♦ Аз. Мехди (ас) кылымында иштердин жеңилдеши жана акылдардын өсөөрү жөнүндөгү хадистердин саны: **7**

- ♦ Аз. Мехди (ас)дын тобунун баалуулуктары жөнүндөгү хадистердин саны: **14**

- ♦ Аз. Мехди (ас)дын тобунун күч-кубаты жөнүндөгү хадистердин саны: **5**

- ♦ Чыккандан кийин Аз. Мехди (ас)дын халифалыгынын (руханий лидерлигинин) мөөнөтү жөнүндөгү хадистердин саны: **18**

- ♦ Аз. Мехди (ас)дын тамагы, ичкен суусундугу жана кийими жөнүндөгү хадистердин саны: **4**

- ♦ Аз. Мехди (ас)дын элди чакырган нерселери жөнүндөгү хадистердин саны: **7**

♦ Кутулууну күтүүнүн баалуулугу жөнүндөгү хадистердин саны: **23**

♦ Аз. Мехди (ас)ды ээрчигендердин кээ бир кызматтары жөнүндөгү хадистердин саны: **54**

♦ Аз. Мехди (ас)ды көрүү жана аны имам (руханий лидер) тутунуу жөнүндөгү хадистердин саны: **10**

♦ Көздөн кайым кезинде Аз. Мехди (ас)га ишенгендердин баалуулугу жөнүндөгү хадистердин саны: **23**

***(Safî-i Gulpayganî, Müntahab'ul-Eser, б: 15-19)***

# 7- Бөлүм

# КҮТҮЛГӨН АЗ. МЕХДИ (АС) ЖӨНҮНДӨ БҮТ ИСЛАМ ААЛЫМДАРЫНЫН ПИКИРЛЕРИ

**Кутуби Ситтеде орун алган Мехдилик жөнүндөгү кээ бир хадистер**

Бул бөлүмдө тарыхтын ар кайсы доорлорунда жашаган Ислам аалымдарынын Мехдилик жөнүндөгү көз-караштары жана эмгектеринде орун берген бул жөнүндөгү риваяттардын бир бөлүгү каралган.

Белгилүү болгондой, *Кутуби Ситте* (Алты китеп) алты белгилүү хадис китебинен турган хадис жыйнагынын жалпы аты. Ал алты китепте Пайгамбар Мырзабыз (сав)дан риваят кылынган хадистердин туура экени бүт ахли сүннөт аалымдары тарабынан тастыкталган.

Ушул себептен, Кутуби Ситте – ахли сүннөт итикады (ишеними) боюнча, динде Курандан кийинки эң негизги экинчи булак. Аалымдар Кутуби Ситтенин ишенимдүүлүгү жөнүндө, ал жыйнактагы хадистерди жокко чыгарууну Расулуллах (сав)ды танууга теңешкен. Кутуби Ситтеде Мехдилик жөнүндө көптөгөн хадис риваят кылынган. Кутуби Ситтеден орун алышынын өзү эле Мехдилик темасынын тууралыгында эч күмөн жок бир чындык экенин көрүүгө жетиштүү.

*Кутуби Ситте*деги Мехдилик жана акыр заман жөнүндөгү хадистерден кээ бир мисалдар төмөндө берилген:

**САХИХИ БУХАРИ**

*Имам Мухаммед бин Исмаил Бухаринин (810-870) сахих хадис китеби. Кутуби Ситтенин эң негизги китеби. Ахли сүннөт аалымдары Сахихи Бухарини Курани Керимден кийинки Ислам дининде эң негизги экинчи китеп деп кабыл алышат. Ичинде 7275 хадис бар. Имам Бухари ал сахих (ишенимдүү) хадистерди болжол менен 600 миң куттуу хадис арасынан тандап алган жана Сахихи Бухарини он алты жылда жазган.*

... Эбу Хурейре (ра) мындай деген: Расулуллах (сав) мындай деди: «Түнкүсүн бастырылганымда Аз. Муса (ас)га жолуктум». –Рави (риваят кылуучу) айтты: Расулуллах (сав) аны сүрөттөдү.- «Анан Шенуе уруусунун эркектеринен бирөө сыяктуу каратору, узун бойлуу, түз чачтуу бир зат экенин көрдүм.» Расулуллах (сав) айтты: «Мен Аз. Иса (ас)га да жолуктум.»

Пайгамбар (сав) аны да сүрөттөп мындай деди: ***«Аз. Иса (ас) дене түзүлүшү орто, мончодон чыккандай ак жүздүү эле...»***

...Бизге Муса Ибн Укбе риваят кылды. Нафиъ мындай деген: Абдуллах ибн Умер (ра) айтты: Пайгамбар (сав) бир күнү адамдардын арасында дажжал масихти сөз кылып мындай деди: «... Көңүл бургула, **дажжал месихтин оң көзү кылый. Анын көзү сабагындагы катарынан сыртка чыккан, чоң бир жүзүм сыяктуу.»**

...Мага эз-Зухри Салимден риваят кылды, атасы Абдуллах ибн Умер мындай деген: Жок Аллахка ант, Пайгамбар (сав) Аз. Иса (ас) жөнүндө «Кызыл (жүздүү)» деген жок. Ал мындай деди: «Мен уктап калган элем, түшүмдө Каабаны таваф кылып жатканмын. **Ошол кезде кара тору, койо берилген түз чачтуу бир кишини көрдүм**, эки киши арасында аларга таянып эки тарапка чайпалып бараткан (тавафты (айланууну) ушундайча кылып жаткан), **башы болсо суу тамчытып жаткан же башы суу төгүп жаткан**. Мен;

- Бул ким? деп сурадым.
- Мерйем уулу, дешти.

Аны көздөй басканымда анан кызыл жүздүү, узун бойлуу, башы тармал чачтуу, оң көзү майып, тостогой; сабагындагы катардан сыртка чыгып турган бир жүзүм сыяктуу. (Ал жердегилерден:)

- Бул ким? деп сурадым.
- Бул дажжал. дешти.

Саид ибнуъл, Мусеййеб, Эбу Хурейре (ра)дан мындай дегенин уккан: Расулуллах (сав) мындай деди: **«Напсим колунда болгон Аллахка ант ичем, сөзсүз келечекте Мерйем уулу Иса силердин араңарга адилеттүү бир өкүмдар катары түшөт. Ошондо крестти сындырат** (христиан дининдеги Аз. Иса өлтүрүлгөн деген ишенимди өзгөртөт), **чочкону өлтүрөт** (чочконун зыяндуу бир тамак экени жөнүндө адамдарды эскертип адамдардын чочкого кызыгуусун жоготот), **адам башына салыкты алып салат, мал-мүлк ушунчалык көбөйүп, эч ким мал-мүлк албайт. Жалгыз сажда дүйнө жана дүйнөдөгү бүт нерседен жакшыраак болот.»**

...Бизге эль-Лейс, Йунус ибн Йезидден; ал болсо Ибн Шихабдан; ал болсо Эбу Катаде эль-Энсаринин кароосундагы Нафиден риваят кылды, Эбу Хурейре (ра) мындай деген: Расулуллах (сав) мындай деди: **«Имамыңар (руханий лидериңер) өзүңөрдөн болгон кезде Мерйем уулу силердин араңарга түшкөндө (Иса да имамыңарды ээрчигенде) силер кандай болот**

**болдуңар экен?»**

«... эз-Зухри риваят кылып мындай деди: Мага Саид ибнуъл Мусейеб кабар берип мындай деди: Эбу Хурейфе (ра) Расулуллах (сав)дан мындай дегенин укту: **«Мерйем уулу Иса силердин араңарга өкүмүндө адилеттүү бир өкүмдар катары түшмөйүнчө, крестти сындырмайынча (христиан дининдеги Аз. Иса өлтүрүлгөн деген ишенимди өзгөртөт),** чочкону өлтүрмөйүнчө (чочконун зыяндуу бир тамак экени жөнүндө адамдарды эскертип адамдардын чочкого кызыгуусун жоготот), адам башына салыкты алып салмайынча жана мал-мүлк эч ким кабыл албай турган даражада толуп ташмайынча кыямат болбойт.»

**САХИХИ МУСЛИМ**

*Эбул-Хүсейн Муслим бин Хажжаж Кушейринин (821-874) сахих хадис китеби. Имам Муслим хадис аалымдарынын эң атактууларынан. Хадистерин 300 миң хадис арасынан тандаган. Сахих-и Муслим Сахих-и Бухариден кийинки эң негизги булак китеп болуп саналат. Бул эки негизги китеп «Сахихайн» деп аталат.*

**Мына ушулар КОНСТАНТИНОПОЛЬДУ (б.а. Стамбулду) (руханий) каратышат.** Караткан соң кийимдерин зайтун дарактарына асып коюп араларында олжолорду бөлүштүрүп жатканда шайтан кокустан алардын арасында бир кыйкырык салып: «дажжал месих силердин тууган-уруктарыңар арасында силердин ордуңарга өтүп халефеңер (орун басарыңар) болду» дейт. Бул сөздөр калп болсо дагы, Мусулман аскерлер жолго чыгышат. Аягында Дамаскка келишкенде, согуш үчүн даярдык кылып, саптарын оңдоп жатышканда кокустан (заматта) намазга каамат кылынат. Ошол замат **Мерйем уулу Иса Алейхиссалам түшөт жана Пайгамбарларынын сүннөтүн алып моюн сунуу үчүн ал Мусулман жамааттын жанына келет.** Мына ошол кезде Аллахтын душманы болгон дажжал месих Иса (ас)ды көргөндө туздун суда ээриши сыяктуу ээрийт. Эгер Аз. Иса (ас) аны таштап койгон болгондо, өзүнөн-өзү кыйраганга чейин ээримек.

... Хузейфетъбну Эсид (ра) айтат: Пайгамбар (сав) бир казатта эле. Биз болсо андан төмөнүрөөк бир жерде турганбыз. Пайгамбар (сав) бир кезде кокустан биздин жаныбызга келип калды жана:

-Эмне жөнүндө сүйлөшүп жатасыңар? деп сурады. Биз:

-Кыямат жөнүндө сүйлөшүп жатабыз дедик. Пайгамбар (сав):

Андан мурда он аят (б.а. алаамат) болмоюнча кыямат болбойт: Мешрыкта (чыгышта) бир жер чөгүшү, Магрибде (батышта) бир жер чөгүшү,

Араб жарым аралында бир жер чөгүшү болуп жалпысы үч жер чөгүшү; духан (түтүн), дажжал, даббетуъл-ард (жер жаныбары), Яжуж менен Мажуждун чыгышы, күндүн батыштан чыгышы, Аден жеринин эң алыскы жеринен чыгып адамдарды көчүрө турган бир от! деди.

Шубе айтты: Мага Абдулазиз ибн Руфей, Эбуът-Туфейлден, ал болсо Эбу Сарихадан Пайгамбар (сав)ды айтпастан ушул сыяктууну риваят кылды. Ал жердеги эки равинин (риваятчынын) бирөөсү онунчу алаамат жөнүндө: **Мерйем уулу Иса Алейхиссаламдын түшүшү деди.**

... Анан дажжал ал коомдон кайтып кетет. **Андан соң ал коом аз жамгырлуу бир жетишпестик кыйынчылыгына кабылышат. Колдорунда эч мал-мүлктөрү калбайт.** Дажжал бир талкаланган жерге келип ага: казыналарыңды чыгар! дейт. Анан ал талкаланган жердин казыналары бал аарысы тобунун аары башчысын ээрчип кетиши сыяктуу анын артынан кетишет. Анан ал өспүрүм, жаш бир жоомартты чакырып, аны кылыч менен уруп эки бөлүккө бөлүп, бөлүктөрдү бир ок атышы аралыгына бир-биринен алыстатат. Анан дажжал бөлгөн жаш жигитти чакырат, ал болсо ошол замат жүзү жайнап, күлүп келет. Дажжал бул иш менен алектенип жатканда **заматта Аллах Месих ибн Мерйемди жөнөтөт, Ал болсо Дамасктын чыгыш тарабындагы Ак мунара жанына үйүр бойогу менен бойолгон эки бөлүк кийим кийип колдорун эки периштенин канаттары үстүнө койгон абалда түшөт.** Башын ылдый ийгенде суу тамчыйт, жогору көтөргөндө болсо андан чоң жемчугдай тунук жана кооз бир суу түшөт. Эми эч бир каапыр үчүн анын деминин шамалын тирүү абалда көрүү мүмкүндүгү болбойт. Анын деми көзү көргөн жерге чейин жетет. Анан Аз. Иса (ас) дажжалды издейт; жана аягында аны Байтуъль-Макдиске жакын бир жер болгон Бабу Лурид деген жерде жетип (фитнасын) жок кылат. Анан Мерйем уулу Иса Алейхиссаламга Аллах дажжалдын жамандыгынан коргогон бир коом келет, Аз. Иса алардын жүзүнө колу менен тийип масх кылат (сылайт). Жана аларга бейиштеги даражаларын айтат. Алар бул акыбалда турганда кокустан Аллах Аз. Исага: Мен азыр мага тиешелүү бир катар кулдар чыгардым, эч кимдин алар менен согушууга күч-кудурети жок. Сен айланаңдагы кулдарымды Турда жакшылап корго, ал жерди алар үчүн бекем бир башпаана жана калаа кыл! деп вахий кылды. Жана Аллах Яжуж менен Мажужду жөнөтөт. Бирок алар ар бир дөбөдөн ылдам басып өтүшөт (аль-Анбия: 96), алардын алгачкы кербендери Таберийа (Тверия) көлүнө барып андагы суунун баарын ичип жиберишет. ЯЖУЖ ЖАНА МАЖУЖ тобунун аягы ал жерге барып: «Ант болсун, бир жолу бул жерде бир суу бар эле» дешет. Аллахтын Пайгамбары Иса менен анын жардамчылары толук курчалышат. Алардын кандайдыр бирөөсүнө бир өгүз башы бүгүн бирөөңөрдүн жүз динарынан жакшыраак

болот. Анан Аллахтын Пайгамбары Иса менен достору Аллахка суроо –же дуба- кылышат. Аллах душман аскерлери арасына төө менен чоң баш малдардын мурундарында болгон бир мурун куртун жөнөтөт, натыйжада баары жалгыз демдин өлүшүндөй өлүп кыйрашат. Анан Аллахтын Пайгамбары (сав) менен анын сахабалары жерге түшүшөт. Эми алар жер бетинде ЯЖУЖ менен МАЖУЖ кишилеринин майлары менен жаман жыттары толтурбаган бир карыш жер таба алышпайт. Аллахтын Пайгамбары Аз. Иса менен анын сахабалары Аллахтан сурап, дуба кылышат...

• 242- (155)..........: Эбу Хурейре (ра) мындай деген: Расулуллах (сав) айтты: **«Өмүрүм колунда болгон Аллахка ант ичем, Мерйем уулу (Иса Алейхиссалам)дын адилеттүү бир өкүмдар катары силердин араңарга түшүшү албетте жакын.** Ал крестти сындырат (христиан дининдеги Аз. Иса өлтүрүлгөн деген ишенимди өзгөртөт), чочкону өлтүрөт (чочконун зыяндуу бир тамак экени жөнүндө адамдарды эскертип адамдардын чочкого кызыгуусун жоготот), адам башына салыкты алып салат. (Ал кезде) мал-мүлк ушунчалык ашып-ташат, эч ким мал-мүлк кабыл албай калат.

• 243- .....: Эбу Хурейре (ра) айтты: Расулуллах (сав) мындай деди: **«Аллахка ант ичем, Мерйем уулу адилеттүү бир өкүмдар катары сөзсүз түшөт,** крестти сөзсүз сындырат (христиан дининдеги Аз. Иса өлтүрүлгөн деген ишенимди өзгөртөт), чочкону сөзсүз өлтүрөт (чочконун зыяндуу бир тамак экени жөнүндө адамдарды эскертип адамдардын чочкого кызыгуусун жоготот), адам башына салыкты сөзсүз алып салат. (Ал кезде) жаш ургаачы төөлөр сөзсүз ташталат, аларга талап болбойт, бүт душмандыктар, жаман көрүүлөр жана кызганычтыктар сөзсүз жоголот. Ал сөзсүз мал-мүлккө чакырат (же адамдар мал-мүлккө чакырылышат) бирок мал-мүлктү эч ким кабыл албайт.»

• 244- ..........: Эбу Хурейре (ра) айтты: Расулуллах (САВ): **«Имамыңар (мамлекет башчыңар) силерден болгон абалда Мерйем уулу (Иса алейхиссалам) араңарга түшкөндө (имамыңарды ээрчигенде) кандай болот экенсиңер?»** деди.

• 245- ..........: Эбу Хурейре (ра) мындай деген:

Расулуллах (сав): **«Мерйем уулу (Иса алейхиссалам) араңарга түшкөндө жана силерге башчы болгондо силер кандай болосуңар?»** деди.

• 246- ..........: Эбу Хурейре (ра)дан: Расулуллах (сав): **«Мерйем уулу (Иса алейхиссалам) араңарга түшкөндө жана силерден (бирөөнү) имам кылганда абалыңар кандай болот?»** деди.

• 247- (156)..........: Жабируъбну Абдиллах (ра) мындай деген:

Пайгамбар (сав)дан уктум, ал мындай деди: «Үммөтүмдөн бир топ кыямат күнүнө чейин акыйкат жолдо согушуп үстөм болууну улантат.»

Аягында Мерйем уулу Иса түшөт жана **Мусулмандардын амири (башчысы) ага: Кел, бизге намаз кылдыр, дейт. Анда Иса: Жок, Аллахтын бул үммөткө бир берешендиги катары силердин кээ бирлериңер башка бөлүгүнө амирсиңер (башчысыңар), дейт.**

**СҮНЕНИ ТИРМИЗИ**

*Хадис аалымдарынан Мухаммед бин Иса Тирмизи (824-893) тарабынан топтолгон сахих хадис китеби. Алты том. Тирмизи белгилүү хадис аалымдарынан жана имамдарынан, хадис жаттоодо атагы чыккан. Түбү Жейхан дарыясынын чыгышындагы «Тирмиз» шаарынын Буг айылында төрөлүп, хадис үйрөнүү үчүн Хорасан, Ирак, Хижаз сыяктуу жерлерди кыдырып, Мухаммед б. Исмаил эль-Бухариден сабак алган жана ошондой эле чогуу кээ бир хадис аалымдарынан илим алышкан. Ахмед б. Хамбел, эд-Дареми жана үчүнчү кылымдын хадис аалымдарынан пайдаланган. Эш-Шемаил, эль-Илел, эт-Тарих жана эль-Жамиуъс-Сахих аттуу китептери ушулардан. Өзгөчө анын бул акыркы китеби ахли сүннөттө өтө бааланып, атак-даңкка ээ. Ошол эле учурда Кутуби Ситтенин бирөөсү. Бул китеби жөнүндө көптөгөн чечмелөөлөр жазылган. Сүнендин төртүнчү томунда Имам Мехди алейхис-салам жөнүндө хадистерди алып жазган.*

Севбан (р.а)дан риваят боюнча, Расулуллах (сав) мындай деди: «Үммөтүм үчүн жалгыз коркконум – адашкан жана адаштыруучу мамлекеттик кызматкерлердин чыгышы. Севбан Расулуллах (сав)дын мындай дегенин да айткан: Үммөтүмдөн бир жамаат Аллахтын буйругу келгенге чейин батылдан (адашкан агымдан) үстөм болуп акыйкат жолду улантышат. Аларды жардамсыз калтыргандар аларга зыян бере алышпайт.

Абдуллах б. Месъуд (ра)дан риваят боюнча, Расулуллах (сав) мындай деди: **«Эхли Бейтимден (урпактарымдан) ысмы ысмыма окшогон бир киши араптардын башына өтүп башкарууну колуна алганга чейин дүйнөнүн аягы келбейт.»**

Абдуллах б. Месъуд (ра)дан риваят боюнча, Расулуллах (сав) мындай деди: **«Эхли Бейтимден ысмы ысмыма окшош бир киши иш башына өтөт.»** Асым айтат: Эбу Салих Эбу Хурейренин мындай дегенин бизге айтып берди: **«Дүйнөнүн бир күндүк өмүрү калган болсо дагы ал киши башчылыкка өтүшү үчүн Аллах ал күндү созот.»**

Эбу Саид эль Худри (р.а)дан риваят боюнча мындай деген: Пайгамбарыбыз (сав)дан кийин бир окуя чыгаарынан корктук жана

Расулуллах (сав)дан сурадык, айтты: **«Үммөтүмдүн арасында Аз. Мехди (ас) чыгат, беш же жети же тогуз (күмөн кылган рави Зейд) жашайт.** Эбу Саид айтат: «Бул мөөнөт кандай?» деп сурадык. Расулуллах (сав) «Жыл» деди, жана мындайча улантты **«Бир адам ал Аз. Мехди (ас)га келет жана Эй Аз. Мехди (ас) мага бер, мага бер, дейт. Мехди болсо анын кийиминин этегине көтөрө ала турганчалык этегин толтурат.»**

Эбу Хурейре (ра)дан риваят боюнча, Расулуллах (сав) мындай деди: **«Жаным Кудуреттүү колунда болгон Аллахка ант ичем, Мерйем уулунун адилеттүү бир өкүмдар катары силерге түшүшү өтө жакын. Ал келгенде крестти сындырат (христиан дининдеги Аз. Иса өлтүрүлгөн деген ишенимди өзгөртөт), чочкону сөзсүз өлтүрөт (чочконун зыяндуу бир тамак экени жөнүндө адамдарды эскертип адамдардын чочкого кызыгуусун жоготот), адам башына салыкты алып салат, мал-мүлк ушунчалык көбөйүп, эч ким аны кабыл албайт.»**

Мүжемма б. Жарийе эль Энсари (р.а)дан уктум, мындай деди: **«Мерйем уулу Иса (ас) дажжалды «Баб-ы Луд» деген жерде (фитнасын) жок кылат.»**

... Расулуллах (сав) мындай деди: «Силер үчүн корккон нерсем дажжалдан башка.» Эгер дажжал мен силердин араңарда турганымда чыкса аны силердин ордуңарга мен далилдер менен жеңем. Мен араңарда жок кезимде чыкса ар Мусулман өз далилдери менен өзүн коргонот. Мен бүт Мусулмандарды анын жамандыгынан Аллахка аманат тапшырам. **«Дажжал тармал чачтуу бир жигит көрүнүшүндө, көзү тышка чыккан абалда.** Абдулазза б. Катанга окшошот. **Силерден ким ага жолукса Кехф Сүрөсүнүн башындагы аяттарын окусун.** Расулуллах (сав) сөзүн мындайча улантты: Дажжал Дамаск менен Ирак арасынан чыгат, оң сол бүт тарапты тез арада бузууга аракеттенет. Эй Аллахтын кулдары, ал күндөрдү көрсөңөр Аллахтын дининде калууга тырышып диниңерде бекем болгула.

**СҮНЕНИ ЭБУ ДАВУД**

*Хадис аалымдарынан Хафыз Эбу Давуд Сулайман бин Эшъас Сижистанинин (817-888) сахих хадистерден топтогон китеби. Китеп 4800 хадистен турат. Имам түбү Ирандын Систан шаарынан. Жаш кезинде илим алуу үчүн өлкөлөрдү кыдырып, Зехебинин айтышы боюнча, хижрий 220-жылы Багдадда Ахмед Ибн-и Ханбелден илим алган.*

*Көптөгөн мухаддистен хадис сабактарын алып белгилүү хадис аалымдарынын бири болгон. Андан Тирмизи, Несаи, ал тургай, устаты Ахмед*

*Ибн-и Ханбел дагы хадис алган.*

*Кийинчерээк көптөгөн шаарда жашаган соң, Аббаси халифаларынан эль-Васиктин чакыруусу менен Басрага жайгашып ошол жерде көз жумган. Анын хадис менен бирге башка темаларда да эмгектери бар.*

*Эмгектери арасында белгилүүсү – Кутуби Ситтеден болгон, «Сүнен-и Эбу Давуд» деген ат менен белгилүү, Сүнени. Айтылышы боюнча, Улуу Пайгамбар саллаллаху алейхи ва салихтин сүннөтүн сактоо үчүн жарым миллион хадис арасынан бул китептеги хадистерди тандап жыйнаган.*

*Автор бул китебинде Аз. Мехди (ас) менен байланыштуу бабынын «Китабуъл-Мехди» бөлүмүндө Аз. Мехдинин өзгөчөлүктөрү, чыгуу алааматтары, чыккандан кийин эмне кылаары жөнүндө он үч хадис алып өткөргөн.*

Али (б. эби Талих) (ра)дан; Расулуллах (с.а)тин мындай дегени риваят кылынган.

Дүйнөнүн өмүрүнөн бир күн эле калса дагы, **Аллах (жж) менин Эхли Бейтимден бир адам жөнөтөт. Ал дүйнөнү (мурда) зулумдукка толгон сыяктуу адилеттикке толтурат.**

Үммү Селеме (ра) мындай деген: Расулуллах (сав)дын мындай дегенин уктум:

**«Мехди менин үй-бүлөмдөн, Фатыманын урпактарынан.»**

Эбу Исхактан риваят кылынышы боюнча;

Аз. Али (ра) уулу Хасанды карап мындай деген:

«Менин бул уулум Расулуллах (сав)дын аты сыяктуу сеййид. **Анын урпактарынан аты Набибиздин (Пайгамбарыбыздын) атынан болгон, ага жаратылыш (дене) жагынан эмес, мүнөзү жагынан окшогон бир адам келет.»**

... Эбу Саид эль-Худри (р.а)дан риваят кылынышы боюнча, Расулуллах (сав) мындай деген:

«Мехди менден (менин урпактарымдан). **Анын маңдайы ачык жана мурду кичинекей.** Дүйнөнү зулумдукка толгон сыяктуу адилеттикке толтурат жана жети жыл өкүм сүрөт.»

Расулуллах (сав)дын жубайы Үммү Селеме (ра)дан Расулуллах (сав)дын мындай дегени риваят кылынган:

«Бир халифа өлгөндө башаламандык чыгат. Мединалыктардан бирөө Мединадан чыгып Меккеге качат. (Бирок) Меккеликтерден кээ бир адамдар аны (турган жеринен) чыгарып, анын каалабаганына карабастан, (Каабада)

Рүкун менен Макам-ы Ибрахим арасында ага моюн сунушат (аны башчы кылышат). Дамасктыктардан ага бир армия жөнөтүлөт, бирок ал армия Мекке менен Медина арасындагы Бейда деген жерде жерге чөгөт. Адамдар аны көргөндө Дамаск (Сирия) менен Иректын жакшы, ыкластуу кулдары ага келип моюн сунат. Анан Курейштен таякелери Келб (уруусунан) болгон бир адам чыгып, ал моюн сунгандарга бир армия жөнөтөт. Бирок моюн сунгандар Келб урпактарынан болгон киши жөнөткөн армияны жеңишет. Бул армия Келб жөнөткөн бир армия. (Ошондо) Келбдин олжосуна жетпегенге кыйын!... **Халифа (Мусулмандардын руханий лидери) болгон зат (Аз. Мехди) мал-мүлктү таркатат. Адамдардын бир бөлүгү Пайгамбарларынын сүннөтү менен иш-аракет кылышат. Ислам дини жер жүзүнө толук орнойт. (Аз. Мехди) жети жыл туруп анан көз жумат жана Мусулмандар намазын кылышат.»**

Бизге Мүседдед кабар берди. Аларга Өмер б. Абид кабар берген экен. Бизге Эбу Бекир, б.а. Ибн-и Айаш кабар берди. (Х) бизге Мүседдед кабар берди, бизге Суфйандан Йахйа кабар берди (Х). Бизге Ахмед б. Ибрахим кабар берди. Бизге Убейдуллах б. Муса кабар берди.

Бизге Заиде кабар берди. (Х) Бизге Ахмед б. Ибрахим кабар берди, мага Убейдуллах б. Муса Фытридан кабар берди, айтты. (Риваяттардагы) маани бир. Булардын баары Асымдан, Асым. Зирден, ал болсо Абдуллах б. Месуди (ра) аркылуу Расулуллах (сав)дан риваят кылган; Расулуллах (сав) мындай деген:

**«Дүйнөдө болгону бир күн калса, -Заиде хадисинде мындай деди. Аллах ал күндү созуп, – анан бүт равилер (риваятчылар) биригишти.- Ал күнү менден же Эхли Бейтимден, аты атыма, атасынын аты атамдын атына туура келген бир адам жөнөтөт.»**

Фытр хадисинде кошумча төмөнкү бар:

Ал инсан «дүйнөнү зулумдукка толгон сыяктуу, адилеттикке толтурат». Сүфйан хадисинде мындай деди. Араптарга аты атыма туура келген Эхли Бейтимден бирөө башчы болмоюнча дүйнө бүтпөйт, -же кетпейт-

Эбу Давуд айтат; Өмер менен Эбу Бекрдин (риваяттар) Сүфйандын (риваяты) бирдей, б.а. акыркы кошумча булардын риваятында да бар.

Эбу Исхактан риваят кылынышы боюнча;

Аз. Али (ра) уулу Хасанга карап мындай деген:

«Менин бул уулум Расулуллах (с.а)дын аты сыяктуу сейийд. **Анын урпактарынан аты Набибиздин атынан болгон, ага жаратылыш (дене көрүнүшү) жагынан эмес, мүнөзү жагынан окшогон бир инсан келет.»**

Аз. Али кыссаны эстеди, **«Дүйнөнү адилеттик менен толтурат...»** деди.

Харун мындай деди: Бизге Амр. б. Аби Кайс Мутаррыф б. Тарифтен ал эби Хасенден, ал болсо Хилал б. Амрдан мындай дегенин риваят кылды:

Мавераннахрда эль-Харис б. Харрас аттуу бир адам чыгат. Анын (армиясынын) алдында Мансур аттуу бирөө болот, Курейш Расулуллахка мүмкүндүк бергендей Ал-и Мухаммедге (халифалыгына) мүмкүндүк берет – же даярдайт, ар бир ыймандуунун ага жардам бериши же анын чакырыгын кабыл алышы важип.

**СҮНЕНИ ИБНИ МАЖЕ**

*Хадис аалымдарынан Эбу Абдуллах Мухаммед бин Йезиддин (824-886) сахих хадис китеби. Ибни Маже белгилүү хадис имамдарынан; хадис илимдерин изилдөө үчүн Газвинден Багдад, Басра, Мекке, Куфе, Дамаск, Египет жана Рей сыяктуу шаарларга саякат кылган.*

*Тарых, тафсир жана хадис илими тармагында көптөгөн эмгеги бар. Эң белгилүү китеби эки томдук Сүненуъл-Мустафа; бул Сүнени Ибни Маже деген ат менен белгилүү. Ахли сүннөттүн Кутуби Ситте деп айтылган хадис булактарынын бирөөсү. Бул китебинин **«эль-Фитен»** бабынын бир бөлүмүндө Имам Мехди алейхис-салам менен байланыштуу хадистерди алып жазган.*

«... Хузейфе бин Эсид Эби Сериха (радыйаллаху анх)дан; мындай деген:

(Бир күнү) биз (сахабалар) кыямат күнү (абалдары) жөнүндө (өз арабызда) сүйлөшүп жатканыбызда Расулуллах (саллАллаху алейхи ва саллам) (жогору жагыбыздагы) бир бөлмөдөн түшүп бизге келип калды жана:

**(Мобул) он чоң алаамат болмоюнча, кыямат болбойт:** күндүн батыш тараптан чыгышы, дажжал, духан (түтүн), Даббе(түъл-Ард), Яжуж жана Мажуж, **Иса бин Мерйемдин (асмандан түшүп ортого) чыгышы**, бири чыгышта, бири батышта жана бири Арап жарым аралында болуп жалпы үч Хуфус (б.а. жердин чөгүшү) жана Эбйененин Аден мамлекетинин эң алыскы жеринен чыгып адамдарды Махшар (жери)не айдаган ушундай бир от; адамдар түнөгөндө ал (от) да алар менен бирге түнөйт жана адамдар түшкү убакытта уктаганда ал да алар менен бирге уктайт.»

«... Эбу Хурейре (ра)дан риваят кылынышы боюнча; Пайгамбар (сав)дын мындай дегенин айткан:

**Иса бин Мерйем (Мухаммед дининдеги) адилеттүү бир өкүмдар жана адилеттүү бир имам (мамлекет башчысы) болуп (асмандан жерге) түшмөйүнчө кыямат болбойт.** Ал (түшкөндө) крестти сындырат (христиан дининдеги Аз. Иса өлтүрүлгөн деген ишенимди өзгөртөт), чочкону өлтүрөт (чочко зыяндуу бир азык деп адамдарды эскертип адамдардагы чочкого болгон кызыгууну жок кылат), адам башына салыкты алып салат. Мал-мүлк

ушунчалык көбөйүп, эч ким мал-мүлк кабыл албайт.

Али (ра)дан риваят кылынышы боюнча, Расулуллах (сав) мындай деди: **«Эль-Мехди бизден, Эхли Бейттен. Аллах аны бир түндө тазалайт (б.а. тообосун кабыл алат, же илим жана акылмандыктар менен жабдыйт).**

«... Абдуллах (бин Месъуд) (Радыйаллаху анх)дан; мындай деген:

Менин Эхли Бейтим, сөзсүз (бүлөм) менден кийин балээ, уурдалуу жана сүргүнгө туш болот. Аягында жанында кара желектери бар бир коом чыгып тараптан келет жана жакшылык (өкүмдарлык) сурашат. Бирок сурагандары берилбейт. Анан согушушат жана аларга (Аллах тарабынан) жардам берилет. Андан соң сурагандары (өкүмдарлык) аларга берилет. Бирок алар аны кабыл албай башчылыкты **Эхли Бейтимден бир инсанга тапшырышат. Ал (башчы) болсо адамдар жер жүзүн мурда зулумдукка толтурган сыяктуу жер жүзүн адилеттикке толтурат. Силерден ким ал күнгө жеткен болсо кар үстүндө жөрмөлөп болсо да аларга барсын (кошулсун), деди.»**

«Силер ал (армиянын башында) келгенди көргөндө, кар үстүндө жөрмөлөп болсо дагы (барып) ага моюн сунгула. **Себеби ал Аллахтын халифасы (Мусулмандардын руханий лидери) Аз. Мехди.» деди.**

Абдуллах бин эль-Харис бин Жезиз-Зүбейди (ра)дан риваят кылынышы боюнча, Расулуллах (сав) «Чыгыштан бир катар адамдар чыгат жана **Мехди үчүн негиз (шарттарды) даярдашат»** деди.

«... Эбу Саид-и Худри (ра)дан риваят кылынышы боюнча, Пайгамбар (сав) мындай деген:

**Үммөтүмдүн арасында эль-Мехди болот.** (Араңарда турушу) кыска тутулган болсо (кала турган мөөнөтү) жети (жыл). Кыска тутулбаса (кала турган мөөнөтү) тогуз жыл. **Менин үммөтүм ал доордо ушундай бир бакубаттыкка жетет; ал күнгө чейин андай эч болгон эмес.** Жер жемишин (азык түшүмдөрүн) берет жана адамдардан эч нерсе жашырбайт (бербей койбойт). Мал-мүлк да ал күнү көп чогулган болот. Бир адам туруп: Эй Мехди! Мага (мал) бер, дейт. Аз. Мехди болсо: «Ал» дейт.

«... Саид бин эль-Мүсеййеб (ра)дан; мындай деген:

Биз (ыймандуулардын энеси) Үммү Селеме (ра)нын жанында элек. Бир саам Аз. Мехди (ас) жөнүндө сүйлөштүк. Ошондо Үммү Селеме (ра): Мен Расулуллах (сав)дан уктум, (ал) айтты: **Мехди (кызым) Фатыманын урпактарынан.»**

«... Энес Бин Малик (Радыйаллаху анх)дан; мындай деген:

Мен Расулуллах (сав)дан уктум, мындай деди:

Биз Абдулмутталибдин балдары бейиш калкынын чоңдорубуз: **Мен, Хамза, Али, Жафер, Хасан, Хүсейин жана Мехди.»**

**АЗ. АЛИ**

Аз. Али (ра) белгилүү диванында Аз. Мехди (ас) менен кээ бир акыр заман окуяларынан сөз кылган. Ал дивандын Мүштакзаде чечмелөөсүнөн алынган бир бөлүгү мындай:

Котормосу: **Айа уулум! (...) кайнаганда (аралашканда) Адилеттүү Мехдиге мунтазыр бол (аны күт)...**

**ИМАМЫ РАББАНИ**

• **... ИншаАллах Мехди Алейхиссалам толугу менен чыгат.** Бул макамдан кабар берген табакат мешайихи (шейхтер) азайды... Ал макамдын илимдеринен жана таалиминен сөз кылуу мындай турсун...

Ал макам төмөнкү куттуу аятта маанисин сонун тапкан:

**«Бул Аллахтын берешендиги; каалаганына берет. Аллах өтө берешен.»** (Жума Сүрөсү, 4) *("Mektubat-ı Rabbani", т: 1, Mektup 32, б: 125)*

• **Келиши убада кылынган Аз. Мехди (ас)дын да раббы (тарбиясына келген) илим сыпаты.** Азрети Али сыяктуу, Аз. Иса менен байланышы бар. **Азрети Исанын кадамы Азрети Алинин башында болуп, бир кадамы болсо Аз. Мехди (ас)дын башында.**

...Келээри убада кылынган Аз. Мехди (ас) олуялыктын толуктугун алат. Бул Тарикат-ы Алиййеге келет жана бул Силсиле-и Алиййени толуктайт. Себеби бүт олуялыктар ушул Нисбет-и Алиййенин астында турат. *("Mektubat-ı Rabbani", т: 1, 251. Mektup, б: 550, 554)*

• Кийин келгендерге кантип бул өкүмү өтмөк эле: **Алардын арасында Аз. Мехди алейхиссалам бар. Расулуллах (сав) Мырзабыз анын кудүмүн (келишин) жана денесин сүйүнчүлөп; мындай деген:**

**«Ал Аллахтын халифасы.»** *("Mektubat-ı Rabbani", т: 1, б: 814)*

Мухбир-и Садык (Туура кабар берүүчү) Расулуллах (сав) Мырзабыз айткан кыямат алааматтарынын баары чындык. Алардын калп болуу ыктымалдыгы жок. Алардын арасында төмөнкүлөр бар:

Көнүмүшкө карама-каршы, күндүн батыштан чыгышы. **Аз. Мехди (ас)дын чыгышы,** Рухуллах Исанын түшүшү. Расулуллах Мырзабызга жана ага салаваты салам, дажжалдын чыгышы, Яжуж менен Мажуждун чыгышы, Даббе-и Арздын чыгышы, асмандан бир түтүндүн көрүнүшү жана, адамдарды каптап аларды оор бир азап менен кыйнашы. Ушунчалык кыйналып, адамдар

мындай дешет: **«Раббибиз, бизден азапты кетир; биз ыймандуударбыз...»** (Духан Сүрөсү, 12)

Бир куттуу хадисте мындай деген: **«Аз. Мехди (ас) чыгат. Башынын үстүндө бир кесим булут болот. Ал жерде болсо бир периште болот жана мындай деп жар салат: Бул инсан Мехди; ага моюн сунгула...»**

Расулуллах (сав) Мырзабыз мындай деди:

«Жалпылай жер жүзүнүн башчысы төртөө... Алардын экөө момундардан, экөө болсо каапырлардан. Зулкарнейн менен Сулайман момундардан. Немруд менен Бухтуннасыр болсо каапырлардан. Жерге бешинчи болуп Эхли Бейтимден бирөө ээ болот. Б.а. **Аз. Мехди (ас)**.»

Расулуллах (сав) Мырзабыз башка бир куттуу хадисинде мындай деди:

**«Аллах Таала Эхли Бейтимден бирөөнү чыгармайынча дүйнө кыйрабайт.** Анын аты атыма туура келет; атасынын аты атамдын атына туура келет. Мурда зулумдук менен адилетсиздикке толгон сыяктуу, анын келиши менен дүйнө адилеттик менен акыйкаттын өз ордун табышына толот...»

Башка бир куттуу хадисте болсо Расулуллах (сав) Мырзабыз мындай деди:

**«Асхабы Кехф (Үңкүр ээлери) Аз. Исанын жардамчылары болушат.» Аз. Иса (ас) Аз. Мехди (ас) доорунда жерге түшөт. Аз. Мехди (ас) дажжалды өлтүрүүдө (пикирдик жактан жок кылууда) Аз. Иса (ас) менен бир пикирде болот.** Анын башкаруусу учурунда Рамазан айынын он төртүндө күн тутулат; ал айдын алгачкы күнү болсо ай карарат. Булардын болушу адаттагыга жана астрологдордун эсебине карама-каршы болот.

Мухбир-и Садык Расулуллах (сав) Мырзабыз тарабынан кабар берилген, айтылгандардан башка, дагы көптөгөн алааматтар бар.

Шейх Ибни Хажер **Аз. Мехди (ас)дын алааматтары жөнүндө бир рисале (трактат) жазды; алар эки жүз алааматка жетет.**

Убада кылынган абал, апачык болсо дагы, өтө караңгылыктан улам бир жамаат адашты. Субхан Аллах аларга туура жолду көрсөтсүн. *(Mektubat, т: 2, 380. Mektup, б: 1162-1163 )*

**...Анын чыгышы кылымдын баштарында болот. Азыр болсо кылымдын башынан он сегиз жыл өттү.**

Куттуу хадисте Аз. Мехди (ас)дын алааматтары жөнүндө мындай деп айтылган: **«Шарк (чыгыш) тарапта бир куйруктуу жылдыз чыгып жарык чачат.»**

...Ал жылдыздын абалы анын кыймылына жараша. Б.а. жүзү чыгыш тарапты көздөй. Арты болсо батыш тарапка. Ал узун агаруу болсо анын арт жагында. Ошол мааниде ал «куйруктуу» деп аталат. Анын кадимки кыймылы болсо чыгыштан батышты көздөй. Бирок ал өзгөчө кыймылы менен улук

тагдырдын кыймылынан көз-каранды.Чыныгы жагдайды эң жакшы билүүчү Субхан Аллах.

Тизме...

**Аз. Мехди (ас)дын чыгуу убактысы жакын. Анын чыгуу убактысы болгон кылымдын башына жеткенге чейин башталыштар болот.** Аллах андан ыраазы болсун. Анын чыгуу башталыштары (чыгаар алдындагы окуялар) Расулуллах (сав) Мырзабыздын ирхасатына окшошот. Ал ирхасат Расулуллах (сав) Мырзабыздын элчилиги көрүнөөрдөн мурда болгон. Ушул мааниде мындай дешкен:

Мухаммед Расулуллахтын жүзү болгон Абдуллахтын нутфасы Аминанын жатынына түшкөндө бүт путтар (идолдор) жер сүзүп жыгылышты. Бүт шайтандар милдеттеринен алынышты. Периштелер Иблистин тактысын астын-үстүн кылып деңизге таштashты. Аны болсо кырк күн азапташты.

Расулуллах (сав) Мырзабыз төрөлгөн түнү Кисранын сарайы титиреди; он төрт мунарасы жыгылды.

Отпарастардын оту өчтү. Ал от миң жылдан бери күйүп турган эле; ошончо убакыт бою эч өчкөн эмес эле.

**Аз. Мехди (ас) да улук.** Анын себеби менен Исламга жана Мусулмандарга чоң күч келет. Анын олуялыгынын захир (көрүнгөн) жана батын (көрүнбөгөн) чоң тарабы бар. Канчалаган кереметтүү акыбал жана кереметтердин ээси болот.

Анын доорунда канчалаган таң калыштуу акыбалдар чыгат.

Жогоруда баяндалган маанилерге ылайык минтип айтууга болот: Анын денеси көрүнөөрдөн мурда адаттан тышкары кереметтүү абалдар көрүнөт... Дал Расулуллах (сав) Мырзабыздын пайгамбарлыгынан мурдакы ирхасат сыяктуу. Ал көрүнүүгө келген иштер болсо анын чыгуу алдындагы башталыштар болушат.

Куттуу хадистерден да бул маанилер көрүнүп турат.

Билгин, бир куттуу хадисте Расулуллах (сав) Мырзабыз мындай деген: **«Күфүр (каапырдык) бүт тарапты каптап жамаат ичинде ашкере жасалмайынча Аз. Мехди (ас) чыкпайт.»** *(Mektubat, т: 2, 381. Mektup, б:1169-1171)*

**Арадан миң жыл өткөн соң, Аз. Мехди (ас)дын келиши да ошол үчүн.** Анын куттуу келишин Хатемъүр-рүсүл Расулуллах (сав) Мырзабыз сүйүнчүлөгөн. **Аз. Иса (ас) да арадан миң жыл өткөн соң түшөт...** *(Mektubat, т: 1, 209. Mektup, б: 440 )*

Бул эки кылымдын жакшыраак болушу төмөнкү жагынан мүмкүн: Аллахтын олуя кулдарынын көп чыгышы, бидатчылардын (динге кошумча кошуучу, аларды ээрчүүчү) аз болушу, зөөкүрдүк жана чектен чыгуу усталарынын сейрек болушу... Мындай болушу да, бул катмардан кээ бир

олуялардын ал эки кылымдагы олуялардан жакшыраак болушуна жолтоо болбойт. **Мисал катары Азрети Мехди (ас)ды айта алабыз**… *(Mektubat, т:1, 209. Mektup, б: 441)*

## МУХАММЕД Б. РЕСУЛ АЛЬ - ХҮСЕЙНИ ЭЛЬ БЕРЗЕНЖИ

**Чоң алааматтардын биринчиси – бул Аз. Мехди (ас)дын келиши…** Бул боюнча колдогу хадистер ар кандай риваяттарда болгону менен өтө көп.

Мухаммед б. Хасан эль-Эсневи (Менакибиш-Шафии) эмгегинде айтат; Аз. Мехди (ас) жөнүндө Расулуллах (сав)дан риваят кылынган кабарлар теватүр даражасына жеткен… Анын Эхли Бейтинен болоору кабар берилген…

### Биринчи баскыч: Аты-ата-бабасы-төрөлүшү-көрүнүшү-ага моюн сунгандар-андан жүз бургандар

#### Аты

Риваяттардын көпчүлүгүндө анын аты «Мухаммед» деп айтылат; кээ бир риваяттарда болсо «Ахмед» деп айтылат… Атасынын аты болсо «Абдуллах»…

Эбу Давуд менен Тирмизинин Ибни Месут (ра)дан риваят кылышы боюнча, Аллахтын Расулу (сав) мындай деген; «Анын аты атыма, атасынын аты болсо (атамдын атына) дал келет»…

#### Такма аты

Анын такма аты «Мехди»... Себеби Аллах аны туурага хидаят кылган... Ошондой эле «Жабир»... Себеби ал Мухаммед үммөтүнүн сынган жүрөктөрүн дарылайт... Же ал заалым жана жаббар (зомбулукчу) кишилерди жеңип кыйратат...

#### Ата-бабасы

Ал Пайгамбар (сав)дын Эхли Бейтинен (урпактарынан)… Көп сандагы, чыныгы риваяттар боюнча анын өзгөчө Фатыма урпактарынан экени айтылат… Кээ бир риваяттарда Аббас урпактарынан экени айтылат…

Анан Фатыма урпактарынан деген риваяттарда айырмачылыктар бар: Кээ бир риваяттар аны Хасан (ра) урпактарынан десе; башка риваяттарда Хүсейин (ра) урпактарынан экени айтылат… Фатыма урпактары эң көп Хасан менен Хүсейин (Р. Анхүма)дан келгендиктен, бул темадагы риваяттар ушундай ар түрдүү болгон.

Аббас урпактары жөнүндө да риваяттардын айырмачылыгы ушундай. Бирок Аббас урпактарынан (Мехди) аттуу бирөө табылган… Аз. Мехдиден

мурда Мансур келген…

**Моюн сунулушу**

Ага Меккеде Хажери Эсвед менен Макам-ы Ибрахим арасында ашура түнү моюн сунулат.

**Хижраты (көчүшү)**

Ал куттуу Иерусалимге хижрат кылат (көчөт). Ал хижраттан соң Медина талкаланып, жапайылардын башпаанеги болот. Бейти Макдисдин оңдолушу Мединанын талкаланышы жөнүндө хадистер бар.

**Көрүнүшү**

«Ал ачык маңдайлуу, кичинекей мурундуу, чоң көздүү, тиштери жаркыраган жана сейрек бир киши. Сакалы коюу, далысында Пайгамбар (сав)дын белгиси бар. Сандары узун, түсү араптардыкындай. Тилинде тутугуу бар. Жай жана тутугуп сүйлөгөндө оң колун сол тизесине койот. Кырк жашында. Башка бир риваят боюнча отуз менен кырк жаш арасында. Аллахка карата өтө моюн сунуучу, үстүндө эки пахта кездемеси бар. Адеп-ахлагы жагынан Пайгамбар (сав)га окшош. Кара тору. Орто бойлуу. Кашы ийилген.

**Жолу**

Пайгамбар (сав)дын жолунан жүрөт. **Уктап жаткан кишини ойготпойт, кан да төкпөйт.** Жандандырбаган сүннөт, алып салбаган бидат (диндеги кошумчалар) калтырбайт. Акыр заманда дал Пайгамбар (сав) сыяктуу диндин талаптарын орундатат. Зулкарнейн менен Сулайман сыяктуу бүт дүйнөгө өкүмдарлык кылат. Крестти сындырат (Христиан дининдеги Аз. Иса өлтүрүлгөн деген ишенимдин туура эмес экенин айтат), чочкону өлтүрөт (чочконун зыяндуу азык экенин адамдарга эскертип адамдардын чочкого кызыгуусун жоготот). Мусулмандарга бүт баарын кайтарып берет. Жер жүзү зулумдук менен кыйноонун ордуна адилеттикке толот. Бүт нерсени акыйкаттык жана адилеттик критерийлери менен тең бөлүштүрөт.

**Ошентип жер менен асман жашоочулары андан ыраазы болушат, абадагы куштар, токойдогу жырткыч айбандар, деңиздеги балыктар да ыраазылык билдиришет.** Мухаммед (сав) үммөтүнөн ыраазы болбогон эч ким калбайт. Ал тургай, «муктаж адам барбы?» деп жар салынат; «муктаждыгыбыз жок» деп жооп беришет. Бирок бир адам келип «менин муктаждыгым бар» дейт; анда Аз. Мехди (ас) ага:

«Бар, казыначы каалаганыңды берсин» деп буйрук берет. Адам келип казыначыга жагдайды баяндайт, ал болсо:

«Ач кулачыңды» дейт. Кулачын ачып казыначы ага мол санда мал-мүлк

бергенде ал адам өтө бушайман болуп: «Мухаммед (сав) үммөтүнүн эң көзү тойбогон кишиси менмин!» деп, казынадан алганын кайра тапшыргысы келет. Бирок казыначы «биз бергенибизди кайра албайбыз!» дейт. Жакшы-жаман бүт адамдар анын заманында теңдешсиз немат-жакшылыкка көмүлөт. Асмандан мол-мол мээрим жаайт, жерлерде береке көбөйөт; бүт кенчтерди табат.

Бүт өлкөлөр ага эшиктерин ачышат. Индия хандары ага моюн сунуп, бүт казыналарын Бейти Макдиске беришет. **Ар тараптан аарылардын уюгуна корголонушу сыяктуу, ага келип корголонушат.** Адамдарга башындагы сыяктуу асмандан үч миң периште түшүп, каршы чыккандардын жүзүнө жана артына сокку урушат. (Б.а. үч миң периште менен жардам алышат.) Периштелердин башында Жабраил (ас), аягында Микаил (ас) болот.

**Анын заманында бөрү менен кой чогуу оттойт, жаш балдар жылан жана чаян менен ойношот, адамдар бир өлчөм буудай эгип, жети жүз өлчөм түшүм алышат.** Пайызга акча берүү, жугуштуу оору, ойноштук, ичимдик ичүү сыяктуу жамандыктар жоголот. Өмүрлөр узарат, аманаттар өз ордуна тапшырылат. Эхли Бейтти жаман көргөн бир адам да калбайт. **Адамдар анын сөзүн сүйүшөт. Аллах (ж.ж.) анын урматында сокур фитнаны өчүрөт.** Жер жүзүндө коопсуздук менен тынчтык орнойт. Ал тургай, бир аял беш аял менен бирге араларында бир дагы эркек болбостон, эркин, коркпостон ажыга бара алат.

Иса (ас)дын булардын кээ бирлерин орундатышы буга тоскоол болбойт. Себеби экөө тең бир эле нерселерди кылышы мүмкүн. Бир учурда келиши да ыктымал. Бул жөнүндө алдыда айтылат.

### Экинчи баскыч

Аны бизге таанытa турган алааматтар жана келээринин жакындаганын көрсөтө турган ишараттар…

Алааматтарга келсек;

**Жанында Аллах Пайгамбарынын (сав) көйнөгү, кылычы, желеги болот. Ал желек Пайгамбар (сав)дын көзү өткөндөн бери эч ачылган эмес. Аз. Мехди (ас) чыкканга чейин да эч ачылбайт. Желегинде «Эль Биатъу Лиллах» «Аллах үчүн биат (моюн сунуу)» деп жазылган болот.**

Башында бир чалма болот, ал чалманын ичинен бир адам чыгып, Аз. Мехди (ас)ды көрсөтүп, мындай деп кыйкырат: «Мына Аллахтын халифасы Мехди! Ага моюн сунгула!»

**Ал кургак бир камыш дарагын кургак бир жерге сайат, заматта жашылданып жалбырак чыгарат.**

Андан керемет сурашат, ал болсо абада учкан бир канаттууну көрсөтөт,

заматта колуна түшөт.

Асмандан мындай бир үн угулат: «Эй адамдар, эми Аллах зомбулукчуларды, мүнафык менен жардамчыларын силерден алыстатты. Мухаммед (сав) үммөтүнүн эң жакшысын башыңарга алып келди. Меккеде ага кошулгула, ал Мехди! Аты болсо Ахмет б. Абдуллах. Башка бир риваят: «Силерге Мухаммед үммөтүнүн эң жакшысы болгон Жабирди дайындады. Меккеде ага жеткиле, ал Мехди. Аты Мухаммед б. Абдуллах!

Жер алтын сыяктуу боорлорун сыртка ыргытат. **Адамдардын жүрөктөрү байыйт. Жер жүзү берекеге толот.** Каабанын астынан кенч чыгат. Аны Аллах жолунда таркатат. Антиахия же Тверия көлүнөн «Табут эс-Секине» чыгарылат. Көтөрүп келинип Бейти Макдисте анын алдына коюлат. Еврейлер аны көргөндө бир азынан тышкары баары Мусулман болушат. Израил урпактарына деңиз экиге бөлүнгөн сыяктуу, ага да бөлүнөт. Арасынан оңой гана өтүп кетет. Хорасандан кара желектер менен адамдар келип, ага моюн сунушат. Мерйем уулу Иса (ас) менен жолугушат, Иса анын артында намаз кылат. Үстүндө Пайгамбар (сав)дын алааматы болот.

## Келээринин жакындаганын көрсөтө турган ишараттар

• **Евфрат дарыясы жарылып, астынан бир тоодон алтын төгүлөт.**

• **Рамазандын биринчи түнүндө ай, он бешинчи түнүндө күн тутулат.** Дүйнө курулгандан бери кездешпеген абалда болот ал тутулуу окуясы, Рамазан айында эки жолу ай тутулат.

• **Бүт тарапты жарык кылган куйруктуу жылдыз чыгат,** чыгыштан үч же жети күн катары менен.

• **Чоң бир от көрүнөт,** асманда караңгылык көрүнөт, асманда көнүмүш кызылга карама-каршы такыр башкача бир кызылдык жайылат. Жер жүзү угуп түшүнө ала турган бир тилде жар салынат...

• **Дамаскта «Хариста» деп аталган бир айыл жер менен жексен болот.** Асмандан Мехди аты менен чакырылат, чыгыш менен батыштагынын баары ал үндү угушат! Уктап жаткан ойгонот, турган отуруп калат, отурган болсо тура калат.

• **Шавваль айында көтөрүлүш, Зилкадеде согуш сөздөрү, Зилхижжада болсо согуш болот.** Ажылар тонолот, кандары (Жемретүл Акабе) үстүнө агат. Бул саналгандардын кээ бирлери болуп өттү.

• **Пикир келишпестиктер жана көп көп жер титирөөлөр болот.** Асмандан келген бир үн мындай дейт: «Кулагыңарды ачкыла! Акыйкат Аз. Мухаммед (сав)дын элинде», Жерден бирөө мындай дейт: «Акыйкат Иса (ас) менен Аббас элинде. «Биринчиси периштенин, экинчиси болсо шайтандын айкырыгы болот.

• **Евфрат астынан бир тоодон алтын чыгат.** *(Kıyamet Alametleri, б: 166)*

• **Аз. Мехди (ас) абада учуп бараткан бир кушка манжасы менен ишарат кылат, куш алаканынын ичине түшөт...** Купкургак бир камыш куурайын кургак топуракка сайат, заматта көгөрөт... (Kıyamet Alametleri, б: 173)

**Аз. Мехди (ас) ишин өтө тартиптүү жасайт...** (Kıyamet Alametleri, б: 175)

**Анан Аллах Константинопольду (Стамбулду) өтө сүйгөн досторунун колу менен каратат.** Алардан оору менен кайгыны алып салат, анан көп өтпөстөн Аз. Иса түшөт, дажжал менен күрөшөт.» Бул хадисти өтө узун кылып Имам Суйути (Жами-и Кебиринде) айткан.

«Ыкдъүд-Дүрерде» мындай дейт: **«Константинопольдун** жети дубалы бар. Ар бир дубал жыйырма бир аршын (узундук бирдиги). Жана анда жүз эшик бар. Шаардын аягындагы акыркы дубалдын туурасы он аршын. Ал Рум деңизине куюлган жээкке курулган. Деңизи Рум аймактары жана Андалусияны көздөй созулат.

Аз. Мехди (ас) эрте мененки намазга даарат алуу үчүн деңиздин жанына желекти сайат, суу андан алыстайт. Жана ачылган жолдон өтүп адамдарга мындай деп кыйкырат: «Эй адамдар, кана силер да өткүлө. Улуу Аллах Израил урпактарына кылган сыяктуу силерге да деңизди экиге бөлдү.» Алар да өтүшөт. Такбирлер кылышат, бул жолу титирөө бир аз күчтүүрөөк болот. Үчүнчү такбир кылышканда он эки мунара жер менен жексен болот. Ал жерден түз шаарга киришет... *(Kıyamet Alametleri, б: 181)*

... Пайгамбарыбыз (сав)дан риваят кылынган: «Дүйнөгө эки ыймандуу, эки каапыр өкүмдар болгон. Ыймандуулар: Зулкарнейн, Сулайман Алейхиссалам, каапырлар болсо: Немруд, Бухту Наср. «Дүйнөгө Эхли Бейтимден бешинчи болуп Мехди өкүмдар болот.» Ибни Мердүвейх Ибни Аббастан риваят кылат: «Асхабы Кехф Аз. Мехдинин жардамчылары. Уламанын ою боюнча, алардын бул заманга чейин калышы Мухаммед үммөтүнөн болуу баркына жетиши үчүн.»

**Эскертүү:**

Көптөгөн риваяттарда Пайгамбарыбыз (сав)дан мындай деп риваят кылынган: «Чоң согуш, Константинопольдун каратылышы, дажжалдын чыгышы жети ай ичинде болот.» Башка бир риваятта бул «жети жыл» деп айтылат. Эбу Давуд боюнча, «жети жыл» риваяты «жети ай» риваятынан туурараак. *(Kıyamet Alametleri, б: 182-183)*

**Дагы бир эскертүү:**

Аз. Мехди (ас)дын өкүмдарлык мөөнөтү жөнүндө түрдүү риваяттар бар. Кээ бир риваяттарда бул мөөнөт беш же жети же болбосо тогуз жыл деп айтылат. Кээ бирлеринде болсо жети эле, кээ бир риваяттарда болсо тогуз, башка бир риваятта: аз болсо беш, көп болсо тогуз; кээ бир риваятта он тогуз жыл жана бир канча ай, кээ биринде жыйырма, кээ биринде жыйырма төрт, кээ биринде отуз, кээ биринде кырк жыл деп айтылат.» Бул кырк жылдын тогузун Румдар (гректер) менен тынчтык ичинде өткөргөн. Ибни Хажер (*Элкавлүл Мухтасар*) аттуу эмгегинде мындай дейт:

**«Бул риваяттардын баары чыгышы жана күчү жагынан туура болушу мүмкүн.»** Ооба Ибни Хажердин бул сөзүн бир канча тараптан тастыктоого болот. Биринчиси, Пайгамбар үммөтүн өзгөчө Эхли Бейтин көп нерсе менен сүйүнчүлөгөн. Алардын ар кандай зулумдук жана кыйноолордон кутулаарын айткан. Бул болсо узун мөөнөткө созулган адилеттиктен гана көз-каранды. Жети жана тогуз жыл сыяктуу кыска убакыт болсо буга жетпейт. Экинчиси, **Аз. Мехди (ас) Зулкарнейн менен Сулайман сыяктуу бүт дүйнөгө өкүм берет.** Башка өлкөлөрдө мечиттерди, имараттарды курушат, тогуз жыл сыяктуу кыска убакыт жүргүзө турган күрөшүнө жана башка иштерге жетпейт.

Үчүнчүсү, **анын заманында өмүрлөр узарат. Өмүрлөрдүн узарышы анын да узун өмүрлүү болушун талап кылат.** Антпесе өмүрлөрдүн узарышынын эч мааниси болбойт.

Белгилүү болгондой, Аз. Иса (ас) түшөт жана дажжалды (фитнасын) жок кылат. Бул бир чындык: Аз. Иса Аз. Мехди (ас)дан өкүмдарлыкты албайт; себеби лидерлер Курейштен. Адамдар арасында бул экөө тең болот, демек Аз. Иса (ас) анын амири (башчысы) эмес, вазири (жардамчысы) болот. Ушул себептен Аз. Мехди (ас)дын артында намаз кылат жана ага моюн сунат. Муслимде Жабирден келген төмөнкү хадис ушуга ишарат кылат: намазда турганда Аз. Иса (ас) ага мындай дейт: кээ бирлериңер кээ бирлериңерге Аллах бул үммөткө берешендик кылган үчүн амир (башчы). Кээ бир риваяттарда кездешкен: «Аз. Мехди (ас) адамдарга ошол намазды гана кылдырат, андан кийин Имам Иса болот» деген сөз буга тоскоол эмес. Себеби анын имам менен амирлиги өзгөрбөс болгон соң, анын Аз. Иса (ас)ды намазга имам кылып дайындашы мүмкүн. Себеби анын халифалык жогорулугуна уруксат бар; өзгөчө жогорулук Курейштен тышкары болсо!» *(Kıyamet Alametleri, б: 185)*

... Пайгамбарыбыз (сав)дын төмөнкү куттуу хадиси караңыз бул жагдайда сонун жол көрсөтөт:

«Силерге Мерйемдин уулу толук адилеттүү бир өкүмдар катары келгенде, имамыңар силерден болгон кезде абалыңар кандай болот болду экен?» «Имамыңар силерден болгон...» деген сөз «адилеттүү бир өкүмдар»

сөзү Имамдык маанисине келиши мүмкүн деген күмөндү жок кылган. Себеби **Иса Алейхиссалам келгенде Аз. Мухаммед (сав)дын шариятына моюн сунат.** Бул жердеги имамдыктын мааниси намаз имамдыгы эмес. Ийгилик (жардам) Аллахтан... *(Kıyamet Alametleri, б: 186) Muhammed B. Resul Al - Hüseyni El Berzenci "Kıyamet Alametleri" Pamuk Yayınları, Trc. Naim Erdoğan)*

**М. МУХЙИДДИН АРАБИ**

Билгиле, Аз. Мехди (ас) сөзсүз чыгат. Бирок жер жүзү зулумдук менен кыйноого толмоюнча чыкпайт. Ал мына ошондой бир кезде чыгат, дүйнөнү тууралык жана адилеттикке толтурат. Ал тургай дүйнөдө бир күн эле калса дагы, Аллах ал күндү созот, ал халифа (Мусулмандардын руханий лидери) келгенге чейин. Ал сөзсүз Аллахтын Пайгамбарынын урпактарынан болот, Аз. Фатыма урпактарынан келет.

**Мал-мүлктү тең кылып таркатат**, мекендештери арасында адилеттик менен мамиле жүргүзөт. Бир адам ага келип Эй Мехди мага бер, дейт. Алдында мал-мүлк болот. Аз. Мехди (ас) ошол замат алдындагы мал-мүлктөн анын этегине толтурат, көтөрө ала турганчалыгын алып кетет. Аз. Мехди (ас) дин өткөөл убакта болгон бир кезде чыгат... Киши кечинде караңгы, коркок жана сараң болсо, эрте менен аалым, эр жүрөк жана жоомарт болуп калат. Бейпилдик жана бактылуулук аны менен жүрөт. Ал беш, же жети же тогуз жыл жашайт. Расулуллахтын изинен жүрөт. Анын атынан эч бир башчы ката кетирбейт. **Көрбөгөн абалда аны оңдоп турат.** Ар кандай кызматты мойнуна алат жана **алсыз кыйналганга жардам берет.** Кырсыкка кабылгандарга жардамчы болот. **Айтканын кылат, кылганын айтат,** күбө боло турган нерсесин да билет. Аллах аны бир түндө жетилтет. Рум шаарын (Стамбулду) такбир менен каратат. Жанында ал кезде Аз. Исхак урпактарынан жетимиш миң Мусулман болот.

Динди бутунда типтик тургузат, мурдакы абалына кайтарат. Исламга кайрадан рух үйлөйт, басмырланган кезде аны менен Исламды мурдакы күчтүү абалына алып келет. **Ал Ислам өлгөн соң Исламды кайра тирилтет.**

Дин ошентип анын себеби менен мурдакы абалына кайтат.

**Анын убагында дин толугу менен пикирлерден тазаланып баштапкы абалына келет. Бере турган көп өкүмдөрүндө уламанын мезхептерине карама-каршы келет. Ушундан улам андан алыс болушат. Себеби өз ойлорунда чындап Аллах имамдарынан соң бир мужтахид калтырган эмес деп ойлошот...**

**Билгин, Аз. Мехди (ас) чыкканда бүт Мусулман алдыңкылары жана карапайым калк сүйүнөт.** Аз. Мехди (ас)дын Аллахтан болгон, б.а. руханий колдоо көргөн адамдары болот. Анын чакырыгын тик кармашат жана ага жардам берип аны жеңишке жетиштиришет. **Өлкөгө тиешелүү бүт оор**

**жүктөрдү ошолор аркалашат.** Аллах Аз. Мехди (ас)га берген кызматта ага көмөк көрсөтүшөт. Кийинчерээк Аз. Иса (ас) Дамаск чыгышындагы Ак минаретке түшөт. Имам ордунан артка өтөт, Аз. Иса (ас) алдыга өтүп, адамдарга намаз кылдырат. Адамдар арасында Расулуллах (сав)дын сүннөтү менен өкүм берет, крестти сындырат (Христиан дининдеги Аз. Иса өлдү деген ишенимди өзгөртөт), чочкону өлтүрөт (чочконун зыяндуу азык экенин адамдарга эскертип адамдардын чочкого кызыгуусун жок кылат). Аллах Аз. Мехди (ас)дын рухун таптаза кылып алат.

Аз. Мехди (ас) убактысы келгенге чейин жашырынат, убада кылынган убактысы келгенде чыгат. Анын шейиттери шейиттердин эң жакшысы, ишенген кишилери, б.а. вазирлери болсо ишенимдүүлөрдүн эң ишенимдүүлөрү болушат.

Аллах бир топ кишини ага вазир дайындаган. Аллах ал кишилерди жашырган. Мен аңдап түшүнүү жана күбө болуу аркылуу бул акыйкаттарга жеттим. Мындан тышкары, Аллах кулдары үчүн даярдаган нерселерди да билдим. **Алар алдыңкы кээ бир сахабалар сыяктуу алдыда болушат. Алдыңкы сахабалардын Аллахка берген сөзүн орундатканы сыяктуу, алар да ал сөздөрүн орундатышат. Ал кишилер ошол эле учурда Арап эмес, ажем, б.а. башка улуттан болушат.** Арап болушпаса дагы, арапчадан башка тилде сүйлөшпөйт. Алардын түрүнөн болбогон бир коргоочулары болот. Ал Аллахка эч качан каршы чыккан эмес. Ал эң таза жана чын ниеттүү вазирлеринен болот.

Өзгөчө ал вазирлер ар темада чыныгы мааниде түшүнүгү жогору кишилер болушат. Бирок Аз. Мехди (ас) өзү болсо, өзү... жана чыныгы мааниде саясатчы болот. Ошондой эле ал вазирлердин дагы бир белгилүү өзгөчөлүгү алар эч качан согуш талаасында жеңилишпейт. Мисалы Рум шаарын, Стамбулду болсо керек такбирлер менен гана каратышат. Биринчи такбирде дубалдардын үчтөн бири кулайт, экинчи такбирде дубалдын үчтөн бири кулайт, үчүнчү такбирде дубалдын калган бөлүгү кулап жер менен жексен болот. **Ошентип ал шаарды кылычсыз жана курал-жарак колдонбостон каратышат.** Мына ушул акыйкаттын дал өзү, жеңиш менен бир тууган.

Аз. Мехдинин вазирлери муктаж болгон нерселер өз милдеттерин эң жакшы кылышы үчүн тогуз даана, бул нерселерде ага жете албайт. Андан аз да болбойт. Ал нерселер катары менен төмөнкүлөр;

- **Көрөгөчтүк,**
- **Аллахтын кайрылуусун таануу,**
- **Аллахтан келгенди которо билүү,**
- **Башчылардын мартаба жана даражаларын билүү,**
- **Ачууланып турганда мээримди билүү,**

**• Башчы муктаж боло турган атайын ырыскыны жана башка нерселерди билиши,**

**• Иштердин бир-бири менен болгон байланышын билиши,**

**• Адамдардын муктаждыктарын канааттандырууда чектен чыгууну жана чек коюуну билиши,**

**• Өзүнүн атайын мөөнөтү ичинде муктаж болгон кайып илимдерин билиши.**

Иштер менен окуялар боло электе Аз. Мехди (ас) Аллах тарабынан аларды билет. Себеби алдын ала боло тургандарга даяр болушу керек.

**Аз. Мехди (ас) дин жагынан жеке пикир жана салыштырууга кайрылуудан күнөөсүз.** Ага мындай кылуу арам. Себеби Аллахтын дини жөнүндө өкүм берүүдө Наби, б.а. Пайгамбар эмес бирөөнүн салыштыруу жасашы туура эмес. Эгер салыштыруу жасашына уруксат берилгенде, Аллах аны пайгамбардын Аз. Мухаммед (сав)дын тили менен кабар бермек. Ошондой эле, Аз. Пайгамбар (сав) имамдардын эч бири жөнүндө менин изимден жүрөт, ката кетирбейт деп айткан эмес. Бул сөздү Аз. Мехди (ас) үчүн гана айткан. Анын күнөөсүздүгүн, халифалыгын жана бере турган өкүмдөрүндө күнөөсүздүгүн билдирген. *("Futuhat-El Mekkiye", 366-бап, т. 3, б: 327- 328)*

**ИБНИ КЕСИР**

Шуайб б. Халиддин Эбу Исхактан риваяты боюнча, Аз. Али уулу Хасанга карап мындай деген: «Чындыгында менин ушул уулум **Расулуллах атагандай Сейийд.** Өтө жакында **анын урпактарынан бирөө чыгат**, ал Пайгамбарыңар (сав)дын аты менен аталат. Расулуллах (сав)га адеп-ахлагы да окшошот, бирок табияты (денеси) эмес.» *(İbni Kesir Nihayetü'l-Bidaye ve'n Nihaye, 1/38.)*

Расулуллах Мырзабыз айтат: «Дүйнөдө бир күндөн башка күн калбаса (Заидеден келген риваятта) Аллах ал күндү созот. Ал тургай ал күнү Мени же менин Эхли Бейтимден аты менин атыма, атасынын аты атамдын атына окшогон бирөө жөнөтүлөт.» (Фытр хадисинде болсо) «Жер жүзү зулумдук менен адилетсиздикке толтурулган сыяктуу ал адилеттик менен чынчылдыкка толтурат. (Сүфйан хадисинде болсо) «Менин Эхли Бейтимден аты менин атыма дал келген бирөө арап элине башчы болгонго чейин дүйнө кетпейт жана дүйнөнүн өмүрү бүтпөйт.» *(İbni Kesir, "Nihayetü'l-Bidaye ve'n Nihaye", 1/39. Ebu Davud, "Mehdi", 1. H. 4282, 4283. Tirmizi, "Fiten", 52. H. 2231)*

Башка бир риваятта болсо: «Дүйнөдө эч бир күн калбай бир эле күн калса, Аллах ал күндү созот. Аты менен атыма дал келген Эхли Бейтимден бирөө өз милдетин аркалаганга чейин.» *(İbni Kesir, "Nihayetü'l-Bidaye ve'n*

*Nihaye", 1/39. Tirmizi, "Fiten", 52. H. 2231)*

Расулуллах айтат: «Үммөтүм арасынан эль Мехди болот. Эгер араңарда турушу кыска кылынса жети жыл турат. Кыска кылынбаса туруу мөөнөтү тогуз жыл. Менин үммөтүм арасында ал кезде ушундай бир молчулук болот; ал күнгө чейин андай бир молчулук менен бакубаттык эч качан такыр угулган эмес. Жер жүзү бүт түшүмдөрүн берет, анда эч нерсе жашыруун калбайт. Ал күнү мал-мүлк аябай чогулган болот. Бир адам туруп, Эй Мехди, мага мал-мүлк бер дейт, ал болсо дароо ал дейт.» *(İbni Kesir, "Nihayetü'l-Bidaye ve'n Nihaye", 1/42, "İ. Maceh", Fiten, 34, H. 4083)*

Расулуллах айтат: «Үммөтүм арасынан эль Мехди чыгат беш же жети же тогуз жыл араларында жашайт. Ага бир адам келип, эй Мехди мага мал-мүлк бер, дейт, Аз. Мехди (ас) болсо анын этегин көтөрө ала турганчалык толтурат.» *(İbni Kesir, "Nihayetü'l-Bidaye ve'n Nihaye", 1/43. Tirmizi, "Fiten", 53, H. 2232)*

Ибни Кесир айтат, бул «хасен» бир хадис. Бул хадис башкачараак да Расулуллах (сав)дан риваят кылынган. Бул хадисте Аз. Мехди (ас)дын эң көп тура турган мөөнөтүнүн тогуз жыл болооруна, эң аз мөөнөтүнүн болсо беш же жети жыл болооруна ишарат кылынат. Мал-мүлктү мол-мол тарката турган халифа ошол болуу керек. Эң жакшысын Улуу Аллах билет. Анын заманында мөмөлөр өтө көп болот, айыл-чарба түшүмү өтө көбөйөт, мал-мүлк болушунча көбөйөт. Ал кезде эч бир күч ага каршы тура албайт, дин типтик туруп өкүмчүлүк кылат, жакшылыктар дайыма жана үзгүлтүксүз болот. *(İbni Kesir, "Nihayetü'l-Bidaye ve'n Nihaye", 1/43, 44)*

«Бизге Халеф б. Велид, Аббад б. Аббад жана Халид б. Саъд риваят кылышты. Ал Зеват Эбуъл Ведактан, ал болсо Эбу Саидден риваятта Эбу Саид айткан: «Бир адам мындай деди: «Аллахка ант ичем, башыбызга келген эч бир амир (башчы) мурдакыдан жаман болбой койбойт.» Анда Эбу Саид мындай дедим дейт: «Эгер Расулуллахтан бир нерсе укпаган болгонумда, мен дагы ошол сыяктуу сөздү сөзсүз айтмакмын. Расулуллахтын мындай дегенин уктум: «Силердин башчыларыңардан бир Башчы келет, мал-мүлктү сан жеткис кылып таркатат. Ага бир адам келип мал-мүлк сурайт, ал болсо ал, дейт. Келген киши кийимин жайат, аны мүлккө толтурат. Жана Расулуллах үстүндөгү калың бир кийимин жайып, ал адамдын ошол убактагы абалын баяндап, анан анын бурчтарын жыйнады жана мына ушинтип ал адам аны алып кетет.» *(İbni Kesir, "Nihayetü'l-Bidaye ve'n Nihaye", 1/44)*

Расулуллах айтат: «Биз Абдулмутталибдин балдары бейиш элинин мырзаларыбыз. Мен, Хамза, Али, Жафер, Хасан, Хүсейин жана Мехди.» *(İbni Kesir, "Nihayetü'l-Bidaye ve'n Nihaye", 1/44. "İ. Maceh", "Fiten", 34. H. 4087)*

## ИМАМ ШАРАНИ

Эбу Давуд Эбу Саид эль-Худриден риваят кылган куттуу хадисте Пайгамбар Мырзабыз мындай деген:

**- Үммөтүмдүн арасында Аз. Мехди (ас) болот.** Эгер кыска мөөнөт болсо жети жыл, кыска болбосо тогуз жыл өкүм сүрөт. Аз. Мехди (ас) доорунда мал-мүлк (б.а. байлык) көбөйөт. Жанында көп байлык болот. Бирөө туруп:

- Эй Мехди мага (бир аз) жардам бер, дегенде ал:

- (Каалаганыңча, көтөрө алышыңча) ал, дейт.

Эбу Давуд риваят кылган (башка) куттуу хадисте:

- Мехди мен(ин урпактарым)дан. Маңдайы кең жана ачык.

(Эбу Саид эль-Хурдиден) риваят кылынган куттуу хадисте Расулу Экрем Мырзабыз мындай деген:

- Ант ичем, бул үммөткө ушундай (күчтүү) балээлер келип, киши зулумдуктан, таш боордуктан кутулуу үчүн жашына турган бир жер таба албай калат. Ошондой кыйын убакта Аллах Таала туугандарымдан, менин бүлөмдөн бир адамды жөнөтөт, анын урматында жер жүзү адилеттикке, акыйкатка толот. (Андан мурда) башкалар тарабынан жер жүзү зулумдук менен таш боордукка толтурулган сыяктуу. **Андан (б.а. Аз. Мехди (ас)дан) асман тургундары (периштелер менен пайгамбарлардын рухтары) жана жер бетинде жашаган (ыймандуулардын жана айбанаттардын) баары ыраазы болушат.** (Аз. Мехди (ас) доорунда) асман эч жамгырын аябайт жана жоомарттык менен көп жаадырат.

Жер жүзү да өсүмдүктөрүнөн эч бирин кем кылбайт жана сөзсүз аларды толук жетилтип чыгарат. Ал тургай тирүүлөр (алардагы немат-жакшылыктарды көрүшү үчүн) өлгөндөрдүн да тирүү болушун каалашат. **Имам Мехди (ас) мындай адилеттик менен молчулук ичинде жети жыл, же сегиз жыл же тогуз жыл жашап өкүмдар болот.**

Эбу Давуд риваят кылган куттуу хадисте Аллахтын Элчиси:

Дүйнөдө бир эле күн калса дагы Аллах Таала сөзсүз ал күндү созот жана Улуу Аллах ал күнү менин урпактарымдан же **Эхли Бейтимден аты атыма, атасынын аты атамдын атына туура келген** (б.а. Абдуллах уулу Мухаммед болгон) **кемчиликсиз бир кишини жөнөтөт**, деген.

Бул хадисти мааниси менен Имам Тирмизи риваят кылып сахих жана хасен деген.

Ошол сыяктуу Тирмизи риваят кылган куттуу хадисте Расулу Экрем Мырзабыз (сав) мындай деген:

Дүйнөдө бир күндөн башка эч убакыт калбаса дагы, Эхли Бейтимден бир киши адамдардын башына өтүшү үчүн сөзсүз Аллах Таада ал күндү созот. Жана ал заттын алдында (жардамчы) периштелер болот жана Ислам (дини бүт улуулугу менен) ортого чыгат. **Аз. Мехди (ас)дын казынасында**

**мал-мүлк, байлык ушунчалык көп болот**; бир киши жанына келип:

- Эй Мехди мага жардам бер, деп сураганда Мехди анын кийиминин ичине көтөрө ала турганчалык акчаны уучтап берет.

Хафыз Эбу Нуайм риваят кылган куттуу хадисте Расулу Экрем Мырзабыз (сав) мындай деген:

Эй Эхли Бейт! Мехди бизден. Азиз жана Жалил болгон Аллах аны бир түндө – же эки күндө деген- жетилтип, илимдүү кылат.

Магрибде да баш аламандыктар, фитналар жана коркуу (толо күндөр) болот. Ачарчылык жана кымбатчылык болушунча көбөйөт. Фитналар көбөйөт, адамдардын бир бөлүгү башкаларын жешет. Мына (ошондой кыйын бир) убакта Магриб өлкөсүнүн эң алыс аймагынан жана Расулу Экрем Мырзабыз (ас)дын куттуу кызы Фатманын балдарынан бирөө чыгат. Мына ошол киши акыр заманда көтөрүлө турган Аз. Мехди (ас). Жана Аз. Мехди (ас)дын чыгышы кыямат алааматтарынын биринчиси.

Имам Шурейк риваят кылган куттуу хадисте:

Аз. Мехди (ас) чыгаардан мурда бир Рамазан ичинде күн эки жолу тутулат, деп айтылган.

Эң туурасын Аллах билет.

Ибни Маже Эбу Хурейреден риваят кылган куттуу хадисте Расулу Экрем Мырзабыз:

Дүйнө(нүн өмүрү)нөн эч убакыт калбай, бир күн эле калса дагы, ал күнү менин бүлөмдөн бир зат (инсан) (Меккедеги Мерве үстүнө көтөрүлгөн) Дейлем тоосун, же Дейлем өрөөнүн жана **Стамбулду жана Рим шаарын каратышы үчүн Азиз жана Жалил Аллах сөзсүз ал күндү созот, деген.** Бул хадистин булагы сахих (ишенимдүү).

Имам Мехди (ас) анан колундагы аскерлер менен бирге Алтын чиркөөгө жетип ичинде чоң жана көп (баалуу) мал-мүлктөргө ээ болушат. Аз. Мехди (ас) ал мүлктөрдү алып Мусулмандар арасында тең жана бирдей кылып бөлүштүрөт. Аз. Мехди (ас) анан Чиркөөнүн ичинде секинет (бейпилдик) – руханий күч- сандыгына ээ болот. Сандыктын ичинде Аз. Исанын учу темир таягы менен Аз. Мусанын асасы бар. Ал аса Аз. Адам бейиштен чыгарылганда аны менен кошо жерге түшкөн эле. Рим императору Кайзер ал бейпилдик сандыгын (Иерусалимдеги) Байтул Макдисте колго түшүрүп, ичиндеги бүт (баалуу) буюмдар менен мүлктөрдү алып Алтын чиркөөгө алып барган. Мына ошол буюм бүгүнкү күнгө чейин Алтын чиркөөнүн ичинде сакталуу турат. Ал буюмдарды Аз. Мехди (ас) кайра ал жерден алат... *("Ölüm - Kıyamet - Ahiret ve Ahir zaman Alametleri", Bedir Yayınevi, б: 432-448)*

**ИБН ХАЖЕР ЭЛЬ МЕККИ**

Аз. Мехди (ас)дын келээри, Расулуллах Мырзабыз (сав)дын урпактарынан

болоору, дүйнөгө жети жыл өкүмдарлык кылаары, жер жүзүн адилеттикке толтурааары жана Аз. Иса (ас) менен бирге чыгып, Анын Палестинада (Лут) эшигинде дажжалды (фитнасын) жок кылышына жардамчы болоору, бул үммөткө имамдык кылып, Аз. Иса (ас)дын Анын артында намаз кылаары» маанисиндеги бүт хадистер көптөгөн равинин (риваят кылуучунун) риваяты менен ишенимдүү, анык кабарлар болуп калган. **Саналган бүт бул жагдайлар Аз. Мехди (ас)дын жашоосуна байланыштуу эң маанилүү өзгөчөлүктөр.**

**Аз. Мехди (ас)дын түсү Араби (ак аралаш кызыл), денеси Исраили. Оң бетинде жаркыраган жылдыз сыяктуу бир мең бар. Анын халифалыгынан жер менен асман жашоочулары, ал тургай абадагы куштар да ыраазы болот.**

Аз. Мехди (ас) **Бани Исраил көрүнүшүндө, жер жүзүнүн казыналарын чыгарат** жана күфүр (каапырдык) чөлкөмүн каратат.

**Рүкун менен Макам арасында ага моюн сунулат. Аз. Мехди (ас) ушунчалык мээримдүү болгондуктан, анын убагында бир адамдын да мурда канабайт.**

**Сакалы мол жана коюу болот.**

**Тиштери жаркыраган болот.**

**Адамдарга мал-мүлк жана буюм таркатканда, санабастан мол-мол берет.**

Эч бир тарап жашына албай турган бир фитна чыгат, **ал фитна токтогон жерден ылдам башка бир тарапка жайылат** жана бул абал бир жарчы асмандан жар салып «Эй адамдар, башчыңар эми Мехди» дегенге чейин уланат.

Аллах Таала Исламды Расулуллах Мырзабыз менен баштаган сыяктуу, Аз. Мехди (ас) менен аягына чыгарат.

**Зулумдук менен бузукулукка толгон дүйнө ал келген соң адилеттикке толуп ташат.**

**Көптөгөн жер титирөөлөр боло турган бир убакта жөнөтүлөт.**

Анын убагында үммөттүн жакшылары да жана жамандары да эч болуп көрбөгөндөй көптөгөн нематтарга ээ болушат. Көп жамгыр жааса дагы бир тамчысы да текке кетпейт, топурак бир урук да сурабастан түшүмдүү жана берекелүү болот.

Аз. Мехди (ас) чыкканда башында бир чалма болот жана бир жарчы «Бул Аллахтын халифасы Мехди. Ага моюн сунгула» деп жар салат.

Пайгамбар Мырзабыз (сав) «Хорасан тарабынан желектер чыкканын көргөнүңөрдө, кар үстүндө сойлоп болсо да, ал желектерге кошулгула, себеби араларында Аллахтын халифасы Аз. Мехди (ас) бар» дейт.

Ал фитналар чыккан бир убакта келет жана өтө берешен болот.

**Константинополь жана Дейлем тоосун каратат.**

**Исламга каршы айтыла турган бир сөз дагы ага оор келет.**

Аз. Мехди (ас)дан мурда көп киши өлтүрүүлөр боло турган чоң бир фитна болот.

**Күнөөсүз адамдар өлтүрүлгөнгө чейин Аз. Мехди (ас) чыкпайт** жана ал киши өлтүрүүлөргө жердеги жана асмандагылар чыдай албай калган кезде чыгат. Аз. Мехди (ас) келгенде адамдар аны барктап, сүйүп кучакташат.

Аз. Мехди (ас) бүт арамдар адал саналган, чоң бир фитнадан соң чыгат. Халифалык ага үйүндө отурганда келет жана өз доорунун жер бетиндеги эң жакшысы ал болот.

Аз. Мехди (ас) чыгаардан мурда Мединада капкара таштар да кан астында кала турган чоң бир окуя болот. Ал окуяда бир аялдын өлтүрүлүшү бир камчынын шилтенишиндей оңой болот. Жана ал окуя 2 километрдей созулат, анан Аз. Мехдиге моюн сунулат.

**Аз. Мехди (ас) чыгаардан мурда элдер арасында соода менен жолдор тосулат,** адамдар арасында фитналар көбөйөт. Ар кайсы өлкөлөрдөн көптөгөн аалым бир-биринен кабарсыз Аз. Мехди (ас)ды издөө үчүн жолго чыгышат жана аалымдардын ар бирин 310дой адам коштойт. Аягында баары Меккеде жолугушат. Жана бир-биринен «Ал жерге эмне үчүн келгенин» сураганда баары «бул фитналарды токтото турган жана Константинопольду карата турган Аз. Мехди (ас)ды издеп жатабыз, себеби биз анын, атасынын, апасынын жана армиясынын аттарын уктук» деп жооп беришет.

Аллах (ж.ж.) бүт адамдардын жүрөктөрүн анын сүйүүсү менен толтурат. Анан **ал күндүздөрү арстан, түндөлөрү абид (көп ибадат кылуучу) бир топ менен бирге жүрөт.**

Аз. Мехди (ас) бир дагы бидатты (динге кийин кошулган кошумчаны) калтырбайт жана бүт сүннөттү жандандырат. Константинополь, Кытай жана Дейлем тоолорун каратат, бул абал 7 жылга созулат. Бирок анын ар бир жылы силердин 20 жылыңарга тең болот. Анан Аллах Таала каалаганын кылат.

**Анын доорунда бөрү менен кой чогуу ойнойт, жыландар жаш балдарга зыян тийгизбейт.** Адам бир ууч урук таштап, 700 ууч түшүм алат. Рийа (көргөзмөлүк), риба (сүткордук), зина (ойноштук), ичимдик жоголот, өмүрлөр узарат жана аманатка кыянат кылынбайт. Жамандар кыйрайт, Пайгамбар Мырзабыз (сав)ды жаман көргөн эч ким калбайт.

**Ал күндөн бир алаамат көрүнгөнгө чейин келбейт.**

**Анын башчылары адамдардын эң жакшысы.**

Жер жүзү коопсуздукка толот жана ал тургай бир канча аял жанында эч эркек болбостон, бейпил гана ажылыкка бара алат.

Өтө тараган жана эч бүтпөстөй көрүнгөн бир фитна чыгат жана ал фитна асмандан 3 жолу «Амир (башчы) Мехди, чындык ал» деп жар салганга

чейин уланат.

Дүйнөдө аты атала турган бир халифа калбаганга чейин чыкпайт.

**Ал келээрден мурда чыгыштан жарык чачкан бир жылдыз көрүнөт.**

**Рамазан айында эки жолу ай тутулат.**

Асмандан бир үн аны аты менен чакырат жана чыгыштагы батыштагы, ал тургай, уктап жаткан киши дагы ал үндү угуп, ойгонот.

**Константинопольду каратуу убагында эрте мененки намаз үчүн даарат алып жатып бир желек сайат, деңиз экиге бөлүнүп суу өзүнөн-өзү алыстайт жана ачылган жолдон Аз. Мехди аркы өйүзгө өтөт.** Анан дагы бир желек сайат жана; «Эй адамдар, сабак алгыла. Деңиз Израил урпактарына кандай жол берсе, бизге да ошондой жол берди» дейт, андан соң баары кайра кайра такбир айтышат жана 12 такбир менен шаардын 12 мунарасы да кулайт. *("El-Kavlü'l Muhtasar fi Alamatil Mehdiyy-il Muntazar", б: 15-75)*

**АЛИ БИН ХҮСАМЕДДИН ЭЛЬ МУТТАКИ**

**Аллах анын сүйүүсүн адамдардын көкүрөктөрүнө орнотот.** Ал андан соң күндүз арстан, түнкүсүн болсо абид (көп ибадат кылуучу) бир топ менен бирге болот.

Дани Катадеден риваят кылды. Ал: Фитна ичиндеги адамдар кан төгүлгөн кезде үйүндө отурган Аз. Мехди (ас)га келет жана «Биз үчүн тур эми» дешет, деди. **Ал болсо кабыл албайт, бирок өлүм менен коркутушкан соң алар үчүн турат. Андан соң кан төгүлбөйт.**

**(Анын убагында) Уктап жаткан да ойготулбайт, эч кандай кан да төгүлбөйт.**

Ахмед, Ибни Эби Шейбе, Ибни Маже жана Нуайм б. Хаммад Фитен аттуу китепте Аз. Алиден риваят кылышты, Расулуллах (сав) айтты: Аз. Мехди (ас) бизден Эхли Бейттен. Аллах аны бир түндө жетилтет.

Табарани Кебиринде жана Эбу Наим Ибни Месуддан риваят кылышты. Ал Расулуллах (сав)дын мындай дегенин айтты: Эхли Бейтимден аты менен атым, мүнөзү менин мүнөзүм болгон бир урпагым чыгат жана мурда зулумдукка толгон дүйнөнү ал адилеттикке толтурат.

**Сакалы коюу, тиштери жаркыраган, жүзүндө бир мең бар. Далысында Пайгамбар (сав)дын алааматы бар. Пайгамбар (сав)дын төө жүнүнөн жасалган желеги менен чыгат.** Ал желек төрт бурчтуу, тигишсиз жана түсү кара. Анда бир шоола бар. Ал Расулуллах (сав)дын көзү өткөндөн бери ачылбаган болуп Аз. Мехди (ас) чыкканда ачылат. Аз. Аллах үч миң периштени Аз. Мехдиге жардам үчүн жөнөтөт жана периштелер ага каршы чыккандардын жүзүнө жана аркасына урушат. **Ал жашы отуз менен кырк арасында (кырк жашта) болгон абалда жөнөтүлөт.**

Ибни Эби Шейбе Эби Желдден риваят кылды, ал айтты: Бир фитна

көрүнөт, артынан башка фитналар болот жана биринчилер кийинкилердин кылыч менен согушка айланышын камчылайт жана андан соң **халифалык жер жүзүнүн эң жакшысы болгон Аз. Мехди (ас)га үйүндө отурганда келет.**

Дани Селеме б. Зүферден риваят кылды, айтты: Бир күнү Хузейфенин жанында Аз. Мехди (ас) чыкты деп айтылды. Ал: Силер эгер араңарда Аз. Мухамммед (сав)дын асхабы турган убакта Ал чыкса бейпилдикке жеттиңер. Сөзсүз Ал, адамдар көргөн жамандыктарынан улам, Гаиб (Аз. Мехди) аларга адамдардын эң сүйүктүүсү болмоюнча чыкпайт, деди.

Кеза (Н. б. Хаммад) Эбу Хурейреден риваят кылды, айтты: Апачык Аллах Таала жокко чыгарылмайынча Мехдиге моюн сунулбайт.

Нуайм б. Хаммад Фитенинде сахих (ишенимдүү) бир далил менен Муслимден алынган Аз. Али (ра)дан риваят кылды. Айтты: Фитналар төртөө. Молчулук фитнасы, жокчулук фитнасы, дагы бир фитна жана алтын кени. Андан соң Пайгамбар (сав)дын урпактарынан бирөө чыгат жана Аллах анын колу менен адамдардын ишин оңдойт.

**Наим Каабдан риваят кылды. Айтты: Аз. Мехди (ас) чыгаардан мурда чыгыштан жаркыраган куйруктуу бир жылдыз чыгат.**

Дани шехр б. Хавшебден риваят кылды. Расулуллах (сав)дын мындай дегенин айтты: Рамазанда бир алаамат, Шаввальда бир үн, Зилкадеде элдер арасында согуш болот. **Ажылар тонолот.** Минада көп өлүмдүү бир согуш болот, ал жерде таштарды кан көлүнө айланта турганчалык кан төгүлөт.

Наим Шурейктен риваят кылды. Ал мага мындай жетти деди: **Аз. Мехди (ас) чыгаардан мурда Рамазанда (айында) эки жолу ай тутулуусу болот.**

**Баары ал жөнүндө гана сүйлөшөт, анын сүйүүсүн ичет жана андан башка эч нерсени сүйлөшпөйт.**

Нуайм б. Хаммад жана Эбил Хасенил харби Харбийат аттуу эмгектердин биринчи бөлүгүндө Али б. Абдуллах б. Аббастан риваят кылышты. Ал айтты: **Аз. Мехди (ас) күн бир алаамат болуп чыкмайынча чыкпайт.**

Нуайм б. Хаммад жана Хаким Мбр б. Шуайбдан, ал атасынан, атасы болсо чоң атасынан риваят кылды, айтты: Расулуллах (сав) мындай деди: **Зилкаде айында уруулар согушат, ажылар уурдалат, кандуу согуштар болот.** Кожоюндары (Аз. Мехди) тартынат жана аягында каалабаганына карабастан Бедир тобунчалык санда адам ага Рүкун менен Макам арасында моюн сунат. Жер менен асман жашоочулары да андан ыраазы.

Чоң шаарлар кечээ эле жоктой болуп кыйрайт. Сүфйан менен армиясы жоон топ беш урууну басып алат.

**ШЕЙХ МАНСУР АЛИ НАСЫФ**

Шейх Мансур Али Насыф Тач аттуу китебинин чечмелөөсүндө мындай деп жазат:

**«Селеф уламасы арасында болсун, халеф уламасы арасында болсун төмөнкү жагдай өтө белгилүү. Акыр заманда сөзсүз бир кишинин чыгаарын билүү керек. Ал киши менен Эхли Бейтимден болот. Аны Аз. Мехди (ас) дешет.** Бүт Ислам өлкөлөрүн каратат, ар бир Мусулман ага моюн сунат, араларында адилеттик менен мамиле кылат. Динди күчтөндүрөт жана бекемдейт. Андан соң болсо дажжал чыгат, Аз. Иса түшөт жана дажжалды (фитнасын) жок кылышат.» Аз. Мехди (ас) менен байланыштуу хадистерди алдыңкы сахабалардан жана жакшыларынан бир топ риваят кылышкан. Ошондой эле белгилүү мухаддистерден Эбу Давуд, Тирмизи, Ибни Маже, Таберани, Эбу Йаъла, Беззаз, Имам Ахмед б. Ханбел, Хаким (рд. хум эжмаин) азреттери риваят кылышкан. *(Ahmet Faruk, "Ka'be Baskını ve Mehdilik", Vahdet Yayınevi, б: 21)*

**КАДЫЗАДЕ**

«Анын ысмы Мухаммед, атасынын аты Абдуллах. Аз. Фатыманын урпактарынан, замандын халифасы (Мусулмандардын руханий лидери) **адилеттүү бир имам, кемчиликсиз бир олуя, акыйкат бир мужеддид.** Аллах (жж) каалаган кезде аны жаратат жана жөнөтөт. Ислам динин аны менен күчтөндүрөт. Анын өкүмү астында эки киши, ал тургай, эки айбан арасында да душмандык калбайт. Ар бир ыймандуу чынчыл бир дос болуп, мулхиддер муваххид, ыймансыздар чынчыл аалым болсо керек. Көптөгөн каратуулар жана олжолор менен бүт Мусулмандарды бай кылса керек. Аз. Иса (ас) менен бириксе жана Аз. Иса дажжалды (фитнасын) жок кылса жана зыммилерден салыкты алып салып жана Исламга киргендердин ыймандарын кабыл алса керек.» *(Kadızade, "Amentü Şerhi" (Sdş. M. Rahmi) б:358)*

**АБДҮЛХАМИД Б. ЭБИЪЛ-ХАДИД ЭЛЬ-МУТЕЗИЛИ**

...Имам Алинин бул сөзүнөн максат замандын аягында Мухаммед урпактарынан кыям эте турган (Аз. Мехди)... Себеби **бүт Мусулман топтор «Ал кыям этмейинче дүйнө бүтпөйт» деп бир пикирди айтышкан.** *("Şerh-i Nehc-ül Belaga", т: 3, б: 434 жана 435. Hutbe şerhi)*

**КУШАДАЛЫ ИБРАХИМ ХАЛВЕТИ**

Чоң аалымдардан Кушадалы Ибрахим Халвети да **жазган каттарында Аз. Мехди (ас)дын жакында келээрин жана өз кызматын орундатаарын айткан.** (Y. N. Öztürk, Kuşadalı İbrahim Halveti, б: 204-212, Fatih Yay. 1982)

**МУХАММЕД БИН МУХАММЕД БИН МАХМУД ЭЛЬ ХАФЫЗ**

**ЭЛЬ-БУХАРИ**

Хижрий жыл эсеби боюнча 8- жана 9-кылымдын чоң аалымдарынан болгон Мухаммед бин Махмуд эль Хафызы эль-Бухари өзүнүн *Фаслуъл-Хитаб ли-Вааслиъл-ахбаб* аттуу эмгегине Мехдилик жөнүндө узун бир бөлүм кошуп бул темадагы хадистерди чогулткан;

«**Жамиуъл-усуль**де кыямат сааты жана алааматтарынан катары айтылат; Месих алейхиссалам жана Аз. Мехди (ас) жөнүндө Жабир (ра)ден риваят кылынышы боюнча Расулуллах (сав) айткан;

- Үммөтүмдөн бир топ акыйкат жолдо үстөм абалда кыямат күнүнө чейин күрөшүшөт. Ошол кезде Аз. Иса (ас) түшөт, Мусулмандардын амири ага айтат: Кел бизге намаз кылдыр. Ал ага айтат: Жок, Аллахтын бул үммөткө сыйы катары силердин бирөөңөр башкаларыңарга амир (башчы). Хадисти Муслим риваят кылган...

... **Шерхуъус-сүнне**де «эшратуъс-саа» бабында Аз. Мехди (ас) жөнүндө риваят кылат. Эбу саид иъл-худри Расулуллах (сав)дын мындай дегенин айтат: Расулуллах бул үммөттүн башына келе турган бир балээден сөз кылып,

- Ал балээнин келиши менен адам зулумдан жашына турган бир башпаана таба албаган бир убакта Аллах менин урпактарымдан, Эхли Бейтимден бир инсан жөнөтөт. Жер жүзү андан мурда кандай зулумдук-зомбулукка толтурулган болсо ал адилеттикке толтурат. **Асман менен жер жашоочулары андан ыраазы болушат.** Асман бир дагы тамчы калтырбай бүт жамгырын жаадырат. Жер жүзү да канча өсүмдүгү бар болсо баарын чыгарат. Ал тургай өлүүлөр да тирилгилери келет. Ал ушундай негизде жети жыл же сегиз жыл же болбосо тогуз жыл жашайт...

...Имам Эбуъл-Аббас эль-Мустагфири *«Делаилүън Нүбүвве веъл-Мужизат»* китебинде Аз. Мехди (ас) жөнүндө Абдуллах ибн Месудга жеткен далил менен риваят кылат: Расулуллах (сав) мындай деген:

- Күндөр менен түндөр түгөнбөстөн Аллах Эхли Бейтимден аты менин атымдан, атасынын аты атамдын атынан болгон бир адамды жөнөтөт. **Жер жүзү кандай зулумдук менен зомбулукка толтурулган болсо ал адилеттик менен толтурулат**... *(Muhammed bin Muhammed bin Mahmud el-Hafizi el-Buhari, Faslu'l-Hitab, б: 553-557 Erkam Yay. No: 45)*

**УЛУУ ОЛУЯ ИСМАИЛ ХАККЫ БУРСЕВИ АЗРЕТИ**

... Ал үчүн Куранда келет (билдирилет): «Кыйынчылыкка түшкөндө дубасын кабыл кылганда.» (Немл Сүрөсү, 62) деп кыйынчылык учуру келгенде дубанын Аллах тарабынан кабыл кылынышы баяндалат. Жана ушул себептен ар кылымда болгон оор кыйынчылыктарды жок кылууга толук ээ бир киши чыккан. **ЖАНА ААЛАМДЫН БАШАЛАМАНДЫГЫ ЧЕГИНЕ ЖЕТИП МУКТАЖДЫК БОЛГОНДО АЗ. МЕХДИ (А.С.) ЧЫКСА КЕРЕК.**

**СЕБЕБИ ДОКТОРДУН КҮЧҮ ООРУНУН, КЫЙЫНЧЫЛЫКТЫН, ДАРТТЫН, БАЛЭЭНИН КҮЧҮНӨ ЖАРАША БОЛОТ. АКЫР ЗАМАНДА БОЛСО ДҮЙНӨНҮН КАНЧАЛЫК ООРУГА, КЫЙЫНЧЫЛЫККА, ДАРТКА, БАЛЭЭГЕ КАБЫЛААРЫН ОШОЛ УБАКТАГЫЛАР БИЛИШЕТ….** *(İsmail Hakkı Bursevi Ruhül MESNEVİ SF 250)*

17-кылымда жашаган чоң олуялардан Исмаил Хаккы Бурсеви Азрети Рухүл Месневисинде акыр заманга жана акыр заманда чыга турган Аз. Мехди (ас)га өзгөчө көңүл бурган. Бурсеви Азрети Аз. Мехди (ас) чыга турган замандын көптөгөн башаламандыктарга толо болоорун, анын материалдык жана руханий оорулар өтө көп жана күчтүү болгон бир убакта чыгаарын айткан. Ошондой эле, Аз. Мехди (ас)дын ушундай чоң руханий ооруларга, ага чейин болуп көрбөгөндөй башаламандыкка Аллахтын себепчи кылышы менен толук дабаа боло турган терең илимге ээ болооруна **«СЕБЕБИ ДОКТОРДУН КҮЧҮ ООРУНУН, КЫЙЫНЧЫЛЫКТЫН, ДАРТТЫН, БАЛЭЭНИН КҮЧҮНӨ ЖАРАША БОЛОТ»** деп өзгөчө көңүл бурган. Мындан тышкары, Бурсеви Азрети өзү жашаган 17-кылымда ал замандын али келе элек экенине болсо **«…АКЫР ЗАМАНДА БОЛСО ДҮЙНӨНҮН КАНЧАЛЫК ООРУГА, КЫЙЫНЧЫЛЫККА, ДАРТКА, БАЛЭЭГЕ КАБЫЛААРЫН ОШОЛ УБАКТАГЫЛАР БИЛИШЕТ…»** деп ишарат кылган.

**АЛИ ХАЙДАР МЫРЗА АЗРЕТИ**

Али Хайдар Мырза Азрети Аз. Мехди (ас)дын чыгаар убактысы катары Хижрий 1400-жылдарга, б.а. 1980-жылдарга ишарат кылган:

**«Мырза Бабанын (Али Хайдар Мырза Азретинин) Мехди (ас)га саламын жана моюн сунуусун жеткирүүнү каалаганы жөнүндө көптөгөн риваяттар бар. Дервишанынан уктук. Ошондой эле Мырза Бабадан окуган атактуу аалымдардан маркум Хасан Буркай Хожаэфендинин бир өкүлү Мырза Бабанын Аз. Мехди (ас)дын чыгаар убактысы катары 80-жылдардын баштарын ишарат кылганын айтты.»**

(http://www.ihvanforum.org/islam-i-hayat/77066-mehdi-ile-ilgili-kim-ne-dedi/)

Бирок кээ бир кишилер Али Хайдар Мырза Азретинин бул сөзүн танышууда жана өз пикирлерин бышыктоо үчүн бир окуяны айтышууда. Ал боюнча, Исмаил Хаккы Бурсеви *Рухуъл Бейан* аттуу тафсиринде Мухйиддин Арабиге бир шилтеме жасаган жана Аз. Мехди (ас)дын келиши жөнүндө бир убакыт көрсөткөн эмес. (Мырза Баба) Али Хайдар Мырза Азрети болсо ал сөздүн жанына «Кана эмне болду?» деп жазган. Ал сөздү далил көрсөткөн

кишилер (Мырза Баба) Али Хайдар Мырза Азрети Аз. Мехди (ас) Хижрий 1400-жылы келет деп ойлогон эмес дешет. Чындыгында болсо (Мырза Баба) Али Хайдар Мырза Азрети Хижрий 1287-жылы төрөлгөн жана Хижрий 1380-жылы көз жумган. Б.а. ал Хижрий 1400-жылдарды эч көргөн эмес. Ошондуктан Али Хайдар Мырза 1700-жылдары жазылган Исмаил Хаккы Бурсевинин *Рухуъл Бейан* аттуу тафсирине жогорудагы сөзүн жазуу менен Аз. Мехди (ас) ошол жылдары же андан да мурдакы жылдары келет деген көз-караштын туура эмес экенин көрсөткөн. Б.а. ал сөзү менен Аз. Мехди (ас)дын Хижрий 1400-жылы келээри жөнүндөгү пикирин тастыктаган.

**ШЕЙХ НАЗЫМ АДИЛ ЭЛЬ ХАККАНИ АЗРЕТИ**

Эң куттуу кылымдардын ичинде Мырзабыздын кылымы. Эмне үчүн? Мырзабыз болгон, жашаган заман болгону үчүн. Бүт шайтандардын, дажжалдардын, Аллахка жол кесүүчүлөрдүн, каапырлардын, мушриктердин кылымы бүтүп бүт уятсыздыктар токтоп, **АЗРЕТИ МЕХДИ (АС) ЭКИ МИҢИНЧИ ЖЫЛДАРЫ ДАЯР БОЛСУН ЖАНА АЗРЕТИ ИСА (АС) ЖЫЙЫРМА БИРИНЧИ КЫЛЫМДЫН ИЧИНДЕ АСМАНДАН ТҮШҮП ЖЕР ЖҮЗҮНДӨ ДАЯР БОЛСУН.**

**ИШЕНИМИБИЗ УШУНДАЙ АЗЫР. КЫЛЫМДЫН ЖАРЫМЫНАН КӨБҮ УШУНДАЙЧА АЗРЕТИ ИСА ЖАНА АЗРЕТИ МЕХДИНИН БАР БОЛУШУ МЕНЕН КУТТУУ БОЛОТ.** Ойгоо бол! *(Şeyh Nazım Adil El Hakkani / Kıbrıs)* http://www.osmanli.de/pdf_yazilar_2008/sn_hazreti_mehdi.pdf

**ЭКИ МИҢИНЧИ ЖЫЛДАРЫ АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН КЕЛИШИ МУКАРРЕР (ЧЕЧИЛГЕН, ТАГДЫР КЫЛЫНГАН ЖАНА АНЫК).** Ушундайча Дин-и Мубин, Ислам ортого чыгат. *(Şeyh Nazım Adil El Hakkani / Lefke)* http://www.osmanli.de/pdf_yazilar/sn_mehdi_as.pdf

Аллахтын эрки алардын да нур жарыгынын астына киришин каалады. (Америкалыктарды айтууда.) Мырзабыз (сав) бизге кыяматтын алдында эң акыркы күндөрдүн абалы жөнүндө кабар берди. Эмне айткан болсо болот. (Бүт дүйнөгө Ислам жайылат.)

**БИЗ ЖАШАП ЖАТКАН КЫЛЫМ – МЕХДИ АЛЕЙХИССАЛАМДЫН КЫЛЫМЫ.** *(Şeyh Nazım Adil El Hakkani / Lefke)*

http://www.osmanli.de/pdf_yazilar/sn_amerika_islam_olacaktir.pdf

Алып баруучу: Мехди Алейхиссалам жөнүндө эмнелерди айтасыз?

Шейх Назым Азрети: Эй Сахибуззаман (Аз. Мехди (ас)) жет. Бизге жардамга жет, Пайгамбарыбыз (сав)дын сүйүнчүсүсүң. Эй Сеййиди, Пайгамбарыбыз (сав)дын сүйүнчүсү жакында чыгат деген үмүттөбүз. (MPL TV интервьюсунан)

Шейх Назым Азрети: Замандын Ээси иншаАллах жакын. Замандын ээсинин келиши жакын, дүйнө өзгөрөт. Кыяматка жакындап атабыз. Мырзабыз (сав) акыр заман пайгамбары. Мырзабыз (сав)дын урпактарынан 1500 жыл өттү. Менин үммөтүм деди, туура жүрүшсө Женабы Аллах бир күн өмүр берди аларга... Женабы Хакктын кабатында бир күн миң жыл. Менин үммөтүмдүн өмүрү 1,5 күн, б.а. 1500 жыл. Азыр биз 1400дүн ичиндебиз. 70 жыл бар кыяматка чейин, өтө жакындады. Көп алааматтар бар, Аллахка корголондук, ал алааматтардын ичинен аман-эсен өтөлү.» (Шейх Назым Адил Эль Хакканинин маегинен)

**НИМЕТУЛЛАХ ХОЖАЭФЕНДИ**

Бул кылым Исламдын кылымы болот. Күмөнсүз Аз. Мехди (ас) келет. Кээ бирлер буга көп маани бербей жатышат. Такыр туура эмес. Мен көптөгөн улуктардан өз кулагым менен уктум. Ансыз да көптөгөн хадистер бар. Мехдилик ишеними Пайгамбарыбыз (сав)дын урпактарынан улуу бир аалым бир имам кыяматтан мурда бүт Мусулмандарды бириктирип жалган диндерди карманган кишилер менен согушат (илимий күрөш жүргүзөт). Ал убакта жалган диндер Исламдын орношу менен илимий жактан да, абройу жагынан да өздөрүн жоготушат... *(Ниметуллах Хожаэфендинин Feyz Dergisi (Фейз журналы) менен кылган маегинен)*

**ФЕТХУЛЛАХ ГҮЛЕН**

## Аз. Мехди (ас)дын чыгышы жана Аз. Месихтин келиши

«Месих жана Мехди жөнүндөгү кутуу хадистер жана үммөттүн кабылы негиз алынганда нүзул-ү Исага (Аз. Исанын кайрадан жер жүзүнө келишине) жана зухур-у Мехдиге (Аз. Мехди (ас)дын чыгышына) ишенүү Мырзабыз (сав)га ишенимдин көрсөткүчү десек болот.» [1]

***<u>Аз. Мехди (ас) Пайгамбар (сав) урпактарынан болот</u>***

«Аз. Мехди жөнүндөгү куттуу хадистерге да эки мисал берүү ордунда болсо керек: **«Мехди бизден, Эхли Бейттен. Аллах аны бир түндө жеңишке жеткирет. Мехди Фатыма урпактарынан» (Ибн Маже, Фитен, 34; Дарими, Мехди, 1). «Дүйнөнүн өмүрүнүн бүтүшүнө бир күн эле калса дагы, Аллах зулумдукка толгон дүйнөнү адилеттикке толтура турган Эхли Бейттен бирөөнү жөнөтөт» (Ахмед б. Ханбел, II, 117-118).**

Улуу Аллах мээриминин натыйжасы катары ар үммөт бузулган кезде бир муслих (калыптандыруучу), бир мужеддид (динди жаңылап өзүнө

кайтаруучу), бир халифе-и зишан (Ислам коомуна руханий лидер бир киши), бир кутб-у азам (заманынын эң улук диний лидери), бир жогорку муршид (жол башчы) же бир мехди өкүмүндө болгон куттуу заттарды жөнөтүп, бузулууга жолтоо болуп элди калыптандырып, дин-и Ахмедини (Исламды) коргогон.

Бул жагдайга көңүл бурган жана саясат багытында Мехди-и Аббаси (ийгиликтүү кишилер үчүн бир салыштырма мааниде колдонулат), диний багытта Гавс-ы Азам (заманынын эң улуу аалымы, Абдулкадир Гейлани), Шах-ы Накшибенд (Накшибендиликтин куруучусу, Мухаммед Бахауддин), актаб-ы эрбаа (төрт белгилүү ахли сүннөт аалымы катары белгилүү болгон кишилер) жана он эки имам (Аз. Алинин урпактарынан келген он эки халифа) сыяктуу заттарды мисал көрсөткөн Бедиүззаман айтат: **«Анын мыйзамы ушундай көрүнүүдө (иштөөдө), демек акыр замандын эң чоң бузукулугу заманында, албетте эң улуу бир мучтахид да (керек болгондо аят менен хадистерден өкүм чыгарган бир аалым), эң улуу бир мужаддид да, сот да, Мехди да, муршид (адамдарга туура жолду көрсөтүүчү) да, кутб-у азам (заманынын эң улуу диний лидери) да болгон бр нурдуу затты (инсанды) жөнөтөт жана ал зат ахли байт-и Небевиден (Аз. Пайгамбар (сав)дын урпактарынан) болот.»** Бедиүззаман Аз. Мехди жөнүндөгү хадистер алсыз (тууралыгы күмөндүү) деген сөздөргө карата болсо «Кээ бир китептерде сөз кылынбаган кайсы маселе бар? Ал тургай Ибн-и Жевзи сыяктуу улуу бир мухаддис (хадис адиси) кээ бир сахих эхадисе (тууралыгы анык болгон хадистерге) мевзу (мааниси туура эмес) деп айтканын аалымдар таажжуп менен (таң калуу менен) риваят кылышкан. Ар алсыз же мевзу хадистин маанисин туура эмес дегенге болбойт.»[2]

***Моюнтурук жерге коюлган соң***

«Адамыбыз менен бирге баарыбыздын үмүтүбүз өтө күчтүү. Расулу Экрем (сав)га ишенимибиз бар. Үммөттүн башында сахабе-и кирамга ишарат кылган ааламдын мырзасы (сав) **акырында (акыркы убактарда) моюнтурук жерге коюлган соң (чарасыз калынганда) көтөрөт деген кубанычтуу кабарын качан эле кабар берген.** Диндин кайрадан жанданаарын жана бүт ааламда ЛаилахаиллАллахМухаммеденРасулуллахтын кайрадан жайылаарын айткан, туура айткан.»[3]

***Биз күткөн жаш жигит***

«Фатихтен сөз кылганда; кандай сонун ал амир, буга ээ болуу үчүн 21-22 жаштагы жаш башчы. Материалдык-руханий каалоо сезимдеринен баш тарткан эле. **20-кылымда Куранга ээ чыгат деп күткөн ЖАШ**

**ЖИГИТИБИЗДИН жашында эле улуу султан.»**[4]

***313 киши***

«Бедирде бүт дүйнөгө күчүн көрсөткөн адамдардын саны 313 эле, периште ысмын окуган сыяктуу мен маанилүү жерлерде алдыңыздарга чыгаарда алардын аттарын окуп, шапаат үмүт кылып, анан алдыңыздарга чыгам, ошончолук улук менин көзүмдө Бедирдеги адамдар. Эмне үчүн улук? Башынан тырмагына чейин ак от да ошон үчүн. 313 даана ак оттой адам болсо бүгүн, жер жүзүнө өкүмдар болууга болот, **үмүт кылабыз иншаАллах бул бак, бул бакча, бул эгин талаасы бул 300 адамды, 313 адамды тарбиялап чоңойтот деп үмүт кылабыз.»**[5]

Пайгамбар Мырзабыз (сав)дын хадистеринде Аз. Мехди (ас)дын жардамчыларынын санынын 313 киши болоору риваят кылынат.

***Мухаммед б. Ханефи (р.а.)дан риваят кылынды: «Саны Бедир Асхабындай (313 киши). Мурдакылар аларга жете албаган сыяктуу, кийинкилер да аларга жете алышпайт. Алардын саны ТАЛУД менен дарыядан өткөндөргө барабар.» (Kitab-ul Burhan Fi Alamet-i Mehdiyy-il Ahir Zaman, б. 57)***

***Бедир согушундагы аскерлер сыяктуу 313 кишинин башчылыгында айланага сүр көрсөтөт, себеби бул 313 киши түнкүсүн абид (ибадат кылган), күндүзү баатыр сыпатына ээ. (Kıyamet Alametleri, б. 169)***

***Аз. Мехди (ас) жөнүндөгү хадистерди тануута болбойт***

**«Кутуби Ситтеде төрт баркталган хадис китебинде; Хакимдин Мустедрекинде, Бейхакиде, Табараниде Аз. Мехди (ас)дын келээри жөнүндө куттуу хадистер бар, аларды танууга дээрлик эч ыктымалдык жок. Бухари жана Муслим-и Шерифте ысым жагынан гана бул заттан сөз кылынбайт, балким белгисиз, келечекте жер жүзүн адилеттикке толтура турган бир инсандан сөз кылынат.** Бухари менен Муслимде айтылган ушул эле инсан башкаларында «Мухаммед» аты менен же Мырзабыздын (сав) «менин ысмымда болот» сөзү менен айтылат. Өтө күчтүү дал келүүчүлүк бар.»[6]

***Бул иштин ылайыктуулары келгенде***

«Урматтуу Мусулман, буларды ар кандай мисалдары менен сага жеткирүүгө жана сен үчүн эң куттуу озуйпа болгон бул озуйпадан алыста калбашың үчүн айтылышы керек болгон нерселерге көңүлүңдү бурдум жана мүмкүнчүлүк сунууга аракеттендим, кайрадан мойнума алуунун кажети жок. **Бул иштин ылайыктуусу эмесмин, ылайыктуусу келгенге чейин мен**

**сыяктуулар, окшошторум менен бирге бул ишти улантабыз, ошондой көрүнүүдө. Ылайыктуусу келгенде ишти аларга калтырабыз, ылайыктуусу эмеспиз, бул иштин ылайыктуулары туура менен чындыктын чыныгы котормочулары болушат жана өлүү көңүлдөрүбүздү жандандырышат. Муну болгон чын ниетим менен үмүт кылам, Раббимден күтөм, бирок ал күнгө чейин биз сүйлөйбүз.»**[7]

**<u>БУЛАКТАР</u>**

1) Mesih Nerede? Mehdi Kim? isimli makaleden http://tr.fgulen.com/a.page/eserleri/kirik.testi/a12729.html

2) http://tr.fgulen.com/a.page/eserleri/akademi.yazilari/2000.akademileri/a2290.html)

3) Ruh Ufku Serisi, 1.Cd, Işığa Doğru, 7.Kaset, Nil Yapımcılık A.Ş.

4) Ruh Ufku Serisi, 1.Cd, Gönül Dünyamızdan Konferansı, 1.Kaset, Nil Yapımcılık A.Ş.

5) Ruh Ufku Serisi, 5.Cd, İçtimai Adalet Konferansı, 2.Kaset, Nil Yapımcılık A.Ş.

6) Sohbetler, B Serisi, 14. Kaset, Yıl 1979

7) Sohbetler, Müeyyidat, 11. Kaset, 11 Ocak 1980

**ХЕКИМОГЛУ ИСМАИЛ (Өмер Окчу)**

Кызматкерлердин жана аскерлердин чини жана даражасы болгон сыяктуу, ар бир Мусулмандын да руханий чини жана даражасы бар. Муну бүт баарын билүүчү Аллах билет. Ансыз да чин жана даражаларды берүүчү да Ал. Бүт баарын билүүчү Аллах билгендеринин бир бөлүгүн бир катар кулдарына билдирет, алар «ахли кешиф» деп аталышат, эл арасында кереметтүү кишилер деп аталышат. Олуя – жалпы бир сыпат.

Олуялардын баары эле керемет көрсөтө албайт, ал тургай өзүнүн руханий даражасын билбеген олуялар көп. Бир инсан көрсөткөн укмуштуу окуялар керемет деп саналышы үчүн ал инсандын сүннөткө ылайык жашашы шарт. Сүннөткө ылайык жашабагандар көрсөткөн укмуш нерселер истихрач деп аталат, мунун керемет менен байланышы жок.

Керемет – Исламга кызмат кылган инсандын кызмат мүмкүнчүлүктөрү ар кандай абалда чектелген болсо (Аллахтын берешендиги менен) керемет менен кызматын улантышы, айланасындагы адамдардын Исламга жакындыгын күчтөндүрүү үчүн.

Мындан тышкары, икрам бар. Кереметтей көрүнөт, бирок керемет эмес.

Мисалы, дарска келген адамдардын бирөөсүнүн суроосуна аалым билбестен жооп берет. Суроосу бар киши «жүрөгүмдөгүнү билди» дегени менен, аалым анын бир «Аллахтын икрамы» экенин билип, шүгүр кылат, бой көтөрбөйт жана өзүн кереметтүү кишимин деп санабайт, жана санабашы керек...

Ислам динин кыяматка чейин улантаарын билдирген Аллах динине кызмат кыла турган кулдарын жөнөтөт; алар болсо Исламга кызмат кылышат.

Исламга кызмат кылгандар ар кандай руханий даражадагы кишилер. Бирок Мехдилик даражасы булардын эң жогоркусу. Согуш майданын жеңген паша маршал болгон сыяктуу, дажжал менен күрөшкөн олуя да Мехди даражасына көтөрүлөт. Демек дажжал болгон заманда Аз. Мехди (ас)ды издөө керек. Бирок Аз. Мехди (ас)ды таанып-тааныбаш анчалык өтө маанилүү эмес.

Куттуу хадистер менен анык болгондуктан Мехдилик даражасын жокко чыгарбаш керек.

Бирок аны тааныбаш жоопкерчиликти талап кылбайт. Себеби сүннөткө моюн сунгандардын баары Аз. Мехди (ас)дын жардамчысы. Башка тараптан, Аз. Мехди (ас)дын жанындагы, ал тургай, күн сайын Аз. Мехдини көргөн адам сүннөткө моюн сунбаса, Аз. Мехдиден да руханий өтө алыс болот, жана дүйнө менен акырети да тозок болот.

Пайгамбарыбыз (сав) адамзаттын эсендиги үчүн өтө көп кыйынчылыктарды тарткан. Руханий даражасы жагынан Пайгамбарыбыз (сав)га жакындагандар кыйынчылык жагынан да Ага жакындайт, б.а. көп кыйынчылык тартышат. **Бирок акыр замандын негизги инсаны өлтүрүлө албайт.**

Аз. Мехди (ас) дажжалдын кылгандарынын тескерисин кылат. Дажжал акыйкат менен жалганды аралаштырат, **Аз. Мехди (ас) акыйкат менен жалганды айырат; акыйкатты акыйкат деп көрсөтөт, жалганды болсо жалган деп көрсөтөт.** Дажжал жалганчы, адамдарды алдайт. Аз. Мехди (ас) чындыкты, акыйкатты сүйлөйт. Дажжал күнөөлөрдү жайат. Аз. Мехди (ас) адамдарды чоң күнөөлөрдөн тосуп, сүннөткө багыттайт. Дажжал дипломго, кызматтык даражага, чинге, саясий күчкө таянат (ишенет). Колунда көп байлык бар. Аз. Мехди (ас) Аллахтан башка эч нерсеге таяна албайт. **Б.а. анын сырттан көрүнгөн күчү болбойт. Балким диплому, акчасы, кызматтык даражасы, саясий жана аскердик күчү да болбойт.** Аз. Мехди (ас) мүмкүнчүлүктөр жок шарттарда көп нерселерди жасайт, натыйжада анын тараптарлары да (дажжалдын бүт мүмкүнчүлүктөрүнө карабастан) Аллахка корголонуп, Ислам динин үйрөнүп, түшүнүп жана жашашсын үчүн.

Мамлекетке ишенген полиция өзү жалгыз бир айылды чогулткан сыяктуу, Аллахка (руханий) аскер боло алган бир момун (ыймандуу) да атеизмдин ар кандайы менен күрөшө алат. Ошондуктан Аз. Мехди (ас)дын

иш-аракеттеринде эң көп көңүл бурган жагдай – бул анын материалдык мүмкүнчүлүктөрүнүн жоктугу болот же **материалдык мүмкүнчүлүктөргө маани бербеши болот.** Ар кандай мүмкүнчүлүк – бир каражат, максат эмес. Максат – Аллахтын ыраазылыгы.

**Аз. Мехди (ас) Иттихад-ы Исламжы (Ислам биримдигин жактоочу),** Мусулмандардын баарын камтыйт. **Бир инсандын Мусулмандыгына бир алаамат бар болсо, момун деп өкүм кылат.** Бүт адамдарга ыйман тарабынан карайт. Ансыз да момун ыймандуу дегенди билдирет. Куран аятынын мааниси боюнча «Момундар бир тууган». **Аз. Мехди бул аятка таянып, момундарды бир тууган деп билет, Иттихад-ы Исламга (Ислам биримдигине) барат.**

Момун ишенген, Мусулман болсо Исламды жашаган маанисине келет.

Ошондуктан **Аз. Мехди (ас) атеизмге каршы семави (Аллахтан келген) диндерди тутунгандарды да коргоп-колдойт.** Бир тараптан бир миллиард Мусулмандын бир эл катары бутка турушун каалайт, экинчи тараптан Христиандар менен келишимдер түзүп, атеизмдин жайылышынын алдын алууга жана атеизмден Мусулмандарды, ал тургай, Христиандарды коргоого аракет кылат.

Демек дажжалдын орду атеизм, Аз. Мехди (ас)дын орду болсо дин. Демек, акыр заманда атеизм менен дин болгон күчү менен (руханий) урушат; Ислам дини кыяматка чейин уланат. Бир даана момун болсо эле кыямат келбейт. Кыямат каапырлардын башына келет, ошондуктан момун ыйманында бекем болушу керек.

Дажжал заманында Мусулман болуунун жазасы бар, бул абал бир балээ. Бирок балээлер динчил болгон үчүн эле келбейт. Акылын жоготуу, майып болуу, жол кырсыгына туш болуу, рак болуу, банкрот болуу, жумушунан айдалуу сыяктуу ар адамдын башына жүздөгөн балээ келиши мүмкүн. Булардын арасында бир балээ гана «динчил болуудан» келет, ал да ыктымал, келиши да мүмкүн, келбеши да... Бир адамдын жүз балээден коркпой, «динчил болуудан» улам келе турган балээден гана коркушу эч туура болбойт.

Физика, химия мыйзамдары менен миңдеген маселе чечилген сыяктуу, ар бир Аят менен Хадис да бир мыйзам, алар менен да көптөгөн укуктук, экономикалык жана башкаруу маселелери чечилет. **Бул жолду Аз. Мехди (ас) ачат, Курандын океандай маанилерин көз алдына тартуулайт.**

Курани Керимдин өзү керемет. Ушундай бир керемет: ар кандай жамандыкты жасай алган адамды ар кандай жамандыктан тосуп, ар кандай жакшылыкты жасай турган кылып койот.

Аз. Мехди (ас)дын тараптарларында мындай абал апачык көрүлөт. Курани Керим ар кылымда ар кандай адамга кайрылып, ар адамдын дүйнө

менен акыретин бейиш кылган. Ар адам колу жеткен мөмөлөрдү чогулткан сыяктуу, **Курани Керимден бүт адамдар пайдаланат. Аз. Мехди (ас)дын тараптарларында ар кандай жаштагы, ар кайсы маданияттан адамдар болот.**

Адамдар чыгарган пикирлер көбөйгөн доорлордо Куран бүт пикирлерден үстөмдүгүн курат жана **Аз. Мехди (ас) жоопсуз калган суроолорго анык далилдер менен жооптор берет.**

Компьютерлерди жасагандарды жараткан Аллах бир катар кулдарынын мээсин жоопсуз суроолорго жооп бере турган кылып программалаган. Мындай акыбал Аз. Мехдиде эң жогорку даражага жетет.

Ар кандай мүмкүнчүлүктөр менен Мусулмандарды Ислам дининен алыстатышкан кезде, Курани Керим айланасындагы дубалдарды жыгып, өзүн-өзү өкүмдар кылат. Кээ бирлер бир катар Мусулмандардын бийик адеп-ахлагына карап Курандын акыйкат экенине ынанат... Кээ бирлер Курани Керимдеги аяттардын жана аяттардагы гармониянын көрүнүшү менен ыйманын күчтөндүрөт. Кээ бирлер аяттардын терең маанисине суктанып, жалган агымдардан Акыйкат динге багыт алат.

Мындай абалдар Аз. Мехди (ас) заманында көп болот.

Курани Керимди алгач баян кылып, чечмелеген – бул Пайгамбарыбыз (сав). Эркам (р.а)нын үйүндө чогулуп, Ислам динин баян кылып жатканда, ал доордун супер күчтөрүнөн болгон Византия менен Персия императорлуктары жөнүндө бир нерсе айтпаган сыяктуу, Курандан башка кандайдыр бир китеп окутуп, түшүндүргөн эмес. Ислам динин үйрөнгөн сахабалар Исламга туура келбегендердин баарын жалган (негизсиз, батыл) дешип, Исламда күч алышып, Ислам императорлуктары ошолордун руханий моюндарында көтөрүлгөн.

**Аз. Мехди (ас) да өз кылымында бир баш дарыгердей чыгат, ооруну аныктайт.** Курани Керимдин рецепт экенин айтат. Дарыканадагы ар бир дарынын оорусу башка башка болгондой... Рецептке карап дары алынып, ал жерде жазылгандай колдонулган сыяктуу... Ошол сыяктуу ар бир аят бир дары.

Мусулмандар руханий оорулуу болгон бир убакта Аз. Мехди (ас) чыгып, кайсы аяттын кайсы дартка дабаа экенин айтат жана Мусулмандар сырат-ы мустакимге (туура жолго) кирип баштап, шыпаа табышат. Аз. Мехди бүт көңүлдөрдү Курани Керимге, куттуу хадистерге жана табиятка туура келген аалам китебине бурат. Ал сүннөткө ушунчалык моюн сунуп, Пайгамбарыбыз (сав)дын кичипейил жашоосун өз кылымына алып келет, ар абалы менен Мусулмандарга өрнөк болууга аракеттенет. Ошого карабастан ага жалаа жабышып, «өзүн Пайгамбар сезип жатат» дешет.

Убактылуу инсан болгон Аз. Мехди (ас)ды кулатып, тараптарларын

сууткулары келет. **Бирок анын душмандары ага көп зыян тийгизбеген сыяктуу, анын шакирттерине да зыян тийгизе алышпайт. Жасаган чоң кызматтарынын алдында көрүлгөн зыяндар төөнүн кулагындай эле болуп калат.**

Пайгамбарыбыз (сав)дын эң чоң керемети – бул Куран. Курандын эң чоң керемети болсо – Пайгамбарыбыз (сав). Пайгамбарыбыз (сав) окуган-жазганды билбесе да, Курандын ар кылымда, ар кандай илимпозго кайрылышы анын Аллахтын сөзү экендигинин маанилүү бир далили. Куран ахлагы менен адеп-ахлагы калыптанган Пайгамбарыбыз (сав)дын эң бийик адеп-ахлакта болушу да Курандын керемети. 1400 жылдан бери чыккан олуялар, устаттар, имамдар, аалымдар Ислам дининин акыйкат экенине руханий кол коюшкан, Аз. Мехди (ас) да сүннөткө моюн сунуп, пазилеттүү бир киши болушу себептүү маанилүү. **Анын тараптарларындагы бийик адеп-ахлак дажжал тараптарларын таң калтырат. Адепсиздиктен тажаган көп адамдар тообо кылышып, Аз. Мехди (ас) тарабына өтүшөт. Аз. Мехди (ас) бир киши кезден тараптарлары өтө бат көбөйүп, баары таң калат.**

Метафизика бар болгон сыяктуу, метахимия, метабиология, ал тургай, метатарых бар. Тарыхый окуялардын ээнбаш, кокустан болбошун изилдөөчүлөр билишет. Окуялар улуу инсандардын чыгышына себеп болсо да, улуу инсандар чоң окуяларга себеп болсо да... Натыйжада адам өзүн-өзү жасабаган сыяктуу, окуялар да өзүнөн-өзү болбойт. Атмосфераны жараткан ким болсо, куюнду жараткан да Ал жана куюндарды белгилүү бир ылдамдыктын үстүнө чыгарбаган да кайра эле ааламдын өкүмдары Аллах. Ар кандай окуя аалам тартиби ичинде орун алып, өз милдетин жасайт. Көптөгөн башаламандыктар ичинде бир тартип бар.

Убакыт лентасында окуялар агып жатканда периодду сызгандай болот. Б.а. белгилүү убакыт аралыктары менен окуялар күчөп, тынчтанат. Хижрий 14-кылымдан бир мисал берсек,

Хижрий 15-кылымды, натыйжада 2 периодду түшүнүүгө мүмкүн болот.

1882-жылы Хижрий 1300-жыл башталган. Ошентип Хижрий 14-кылым башталды жана 1979-жылга чейин уланды. Эми 14-кылымда жер жүзү сахнасына келген инсандарга бир көз чаптыралы. Тарыхый маалыматтарыңыз менен алардын ойногон ролдорун эстейсиз.

Хижрий 14-кылымда англис Монтгомери (1887-ж.) сыяктуу аскерлер, Эйнштейн (1879-1955) сыяктуу илимпоздор, француз Фрелид (1856-1939) сыяктуу дарыгерлер, орус Максим Горький (1868-1936) сыяктуу жазуучулар жана англис Лоуренс (1888-1935) сыяктуу шпиондор чоң роль ойношкон.

Булар тарых сахнасында өз орундарын алып, бир-бирлерине каршы болгон күчү менен күрөшкөн кишилер. Өтө чоң окуяларга себеп болушкан же

чоң окуялардын ичинде өз орундарын ээлешкен... **1980-жылдары болсо массаларды артынан ээрчиткен лидерлердин калбаганын, күндөр батып жылдыздар калганын көрдүк. Себеби 1980-жылы Хижрий 15-кылымга кирген элек. Кылымдын башында элек. Бул кылымдын маанилүү инсандары жаш бала же өспүрүм куракта... Демек эки миңинчи жыл маанилүү.** Иштин кызык тарабы оң да, сол да эки миңинчи жылга өтө маани берүүдө. Эки тарап тең боло турган окуяларды азыртан сезишүүдө.

Бул саптар жазылган күндөрдө Ислам ааламы кошо, дүйнөдө капитализм менен социализмдин күрөшү бар эле. Эки миңинчи жылы Ислам дини экономика, укук жана эркиндик, маданият жагынан тарых сахнасына чыгат болду экенби?

**Ансыз да эки миңинчи жылдын мааниси ушунда: же Ислам дини ӨКҮМДАР болуу үчүн чыгат же адамгерчилигин жоготкон адамдар болгон күчү менен кыяматты каалашат.** Себеби кыяматка жакын заманда эң жаман адам да кыяматтын келишин каалайт, жамандардын себебинен дүйнө жашоого мүмкүн эмес абалга келет. Ислам дининен алыстаган адамдар жакшылык үчүн өтө аз нерсе жасап, жамандык үчүн өтө көп иштерди жасашууда... Ошон үчүн адамдар адамгерчилигин жоготуп, ошон үчүн адамдар өтө кыйналышууда.

Ааламга тартип берүүчү Аллах адамдар үчүн Ислам дини тартибин жөнөткөн. Ааламдын тартиби бузулганда кыямат келген сыяктуу, Исламга моюн суна албаган адамдардын тартиби бузулуп кайра эле кыямат келет.

Бирок кыяматтан мурда ар бир адам өз кыяматы болгон өлүмүн карашы керек. Бүт адамдар кабыр эшигинен өтүп акырет сарайында суракка алынып, өмүрүнөн сурак берет. Күнөөкөрлөр тозокко, күнөөкөр эместер же кечирилгендер бейишке кирет. Европа маданияты адамдардын ишенимдерин тебеледи жана акырет ишенимин дээрлик өчүрүп шыпырды. Өз архитектурасын билбеген архитекторлор чоңойду, өз инженериясын билбеген иженерлердин саны көбөйдү. Ошентип материалисттик дүйнөдө бүт баары кылгандарым үчүн жаза тартпайм деп ойлогондуктан, адам адамдын бөрүсү болду. Акырет ишеними адамдардын бир-бирине пайдалуу болушуна шарт түзөт, бирок бул ишенимди кантип берүүгө болот? Бул жагынан эки миңинчи жыл менен жана кыямат менен алек болгон адам өзүн, өлүмүн, акыретти унутпашы керек, ошондо дүйнөбүз оңолот. *(Müslüman ve Para, Hekimoğlu İsmail (Ömer Okçu), Timaş Yayıncılık, Mart 2005, (Türdav Yayıncılık , 1.baskı, 1978)*

**ХУСЕЙИН ХИЛМИ ЫШЫК**

**«МЕХДИ»:** Азрети Мехди акыр заманда дүйнөгө келет. Расулуллах (сав) Мырзабыздын урпактарынан болот. Иса Алейхиссалам менен жолугуп,

мазхаптарды жок кылат, анын гана мазхабы калат, бүт жерди алат, бүт жерде адилеттик болот, Асхабы Кехф (Үңкүр ээлери) ойгонуп үңкүрдөн чыгып, Аз. Мехди (ас)дын жардамчысы болот.

Кээ бир ою таза кишилер улуу деп ойлогон кишилерди Аз. Мехди (ас) дешүүдө. Аз. Мехди (ас)дын алааматтарын Расулуллах (САВ) мырзабыз билдирген. Ибни Хажер-и Меккинин (Аламат-үл-Мехди) китебинде жана Суйутинин (Эль-Бурхан) китебинде булардан эки жүзгө жакын алаамат жазылган. (Эль-Футухат-ул-Исламиййе) экинчи жүз, экижүзтоксонжетинчи бетинде айтат: **«Күтүлгөн Мехди Азрети Фатыманын урпактарынан болот».** Меккеден чыгат. Ал кезде Мусулмандар халифасыз (руханий бир лидерсиз) болушат. Каалабаганына карабастан, мажбурлап халифа (руханий лидер) кылынат. (Чыга турган убактысы жана жашы жана өмүрү так белгилүү эмес). **Аз. Мехди (ас) чыгаар убакта жер жүзүндө халифа (руханий лидер) болбошу жана «мен Мехдимин» деп жарыялагандардын Мехди эмес экени ушунан көрүнүп турат.**

Көп куттуу хадистерде айтылган: (Мехдинин баш жагында бир булут болот. Булуттан бир периште: Бул Мехди, сөзүн уккула!) дейт. Бир куттуу хадисте айтылган: (Силер ысмын уккан кишилерден жер жүзүнө төрт киши өкүмдар болду. Экөөсү момун (ыймандуу), экөөсү болсо каапыр эле. Момун экөө Зулкарнейн менен Сулайман «алейхиссалам» эле. Каапыр экөө болсо Немруд менен Бухтуннасар эле. Бешинчи болуп жер жүзүнө менин урпактарымдан бирөө, б.а. Мехди өкүмдар болот). Бир куттуу хадисте айтылган: (Кыямат болоордон мурда Аллах таала менин урпактарымдан бирөөнү жаратат, ысмы менин ысмымдай, атасынын ысмы менин атамдын ысмындай болот жана дүйнөнү адилеттикке толтурат. Андан мурда дүйнө зулумдукка толгон болсо, анын убагында адилеттикке толот). Бир куттуу хадисте айтылган:

***(Асхабы Кехф Азрети Мехдинин жардамчылары болот жана Иса «Алейхиссалам» анын убагында асмандан түшөт. Иса «Алейхиссалам» дажжал менен күрөшкөндө, Азрети Мехди аны менен бирге болот. Анын өкүмдарлыгы убагында, кадимки убактан тескерисинче жана эсептерге терс, куттуу Рамазандын он төртүнчү күнү күн тутулат жана биринчи түнү ай тутулат).***

Демек, ынсап кылышсын, бул алааматтар (караңгы-сабатсыздар Аз. Мехди (ас) деп ойлогон кишилерде жана) ал өлгөн адамда барбы, жокпу? Азрети Мехдинин дагы көптөгөн алааматтарын Мухбир-и садык «алейхиссалату вассалам» кабар берген. Ахмед ибни Хажери Мекки азрети (Elkavlülmuhtasar fi alamatil-Mehdi) аттуу китебинде Азрети Мехдинин эки жүзгө жакын алааматтарын жазган. Келээри кабар берилген Аз. Мехди (ас)дын алааматтары белгилүү турганда, башкаларды Аз. Мехди (ас) деп

ойлогондор канчалык караңгы. Аллах таала аларга туураны көрүүнү насип кылсын! (Желаледдин Суйутинин «Cüz'ün minel-ehadis vel-asar-il-varide-ti fi hakk-ıl-Mehdi» китебинде да Азрети Мехдинин алааматтары билдирилген). *(б.60-61)*

Имамы Раббани «рахмет-уллахи алейх» экинчи томдун алтымышсегизинчи мектубунда айтат, куттуу хадисте (Жер жүзүн күфр каптамайынча жана бүт тарапта күфр менен каапырдык жасалмайынча, Азрети Мехди келбейт) деп айтылган. Бул жерден көрүнүп тургандай, Азрети Мехди чыгаардан мурда күфр менен каапырлык бүт тарапка жайылат, Ислам менен Мусулмандар байкуш болушат. *(H.Hilmi Işık, Saadeti Ebediye б. 350)*

**МЕВДУДИ**

...Бирок бул бир чындык, **Аллах (жж)тын өкүмдарлыгын бүт дүйнөгө орнотуучу бир мужеддид келет.** Жакында болсун, же кийинчерээк болсун, айырмасы жок, **Ал Пайгамбарыбыз (сав)дын хадистеринде ачык сүрөттөлгөн Имам Мехди.** Ал жөнүндөгү кээ бир ишараттар да түздөн-түз Пайгамбарыбыз (сав) тарабынан баяндалган.

Ал ишараттар Муслим, Тирмизи, Ибни Маже жана башка кээ бир хадис китептериндеги хадистерде айтылган. Биз ал риваяттардын бирөөсүнө гана бул жерде токтолгубуз келди.

Ушуга ишенебиз, **Имам Аз. Мехди (ас) келген убактысынын эң идеалдуу командири, лидери болот.** Бул жердеги идеалдан максатым мындай: **ошол доордун бүт чындыктарын билет, башчы жөндөмүнө толук ээ болгон бир адам болот. Аны биринчи тана тургандар салттык уламалар жана сопу тобу болот деп корком.** Себеби алар ал адамдын алар ойлогон Аз. Мехди (ас) менен эч байланышы жок экенин көрүшөт.

**Аз. Мехди (ас) келгенде Мусулмандардын ой-пикир жана ишенимдериндеги жахилия кирлерин тазалоого аракет кылып, эң таза абалында Исламды ортого койот. Исламды бүт тарапка өкүмдар кылуу үчүн аракеттенет. Өзүнө тиешелүү же өзү түзгөн бир пикир же идеалы болбойт. Ошол эле учурда жахилия да бош турбайт, болгон күчү менен «батылды (жалганды)» жайуу үчүн аракеттенет. Бирок акыйкат үчүн жасалган бул чоң күрөштө Аллах (жж)тын жардамы менен Мусулмандар жеңишке жетип, жахилия жеңилет.**

Аз. Мехди (ас)дын акыйкат идеалы үчүн жасаган бүт иш-аракеттери Исламдын дүйнөгө орношуна себепчи болуп, бүт дүйнөдө бир Ислам тартиби курулат. Исламдын бул өкүмдарлыгын башкаруу формасы катары гана кароо туура эмес болот. Себеби Исламдын өкүмдарлыгы бүт тармакта болот. Бүт булардын натыйжасында хадисте да айтылгандай «жердеги жана асмандагылардын баары бактылуу болот.»

Бир Мусулман катары, Исламдын өкүмдарлыгын көрүүнү күсөйбүз. Аны көрө алабызбы же көрө албайбызбы, негизгиси ал эмес. Негизгиси ал максат үчүн аракет кылуу. Акыркы фетихтин (жеңиштин) командирин оюбузда элестетсек, мындай жеңиштин имамы менен элдер элестеткен имам арасында эч кандай окшоштук жок экенин көрөбүз. Мындай лидердин келээри жөнүндөгү ишенимге таң калуу менен карагандарга таң калбоо чынында мүмкүн эмес... *(Mevdudi, "İslam'da İhya Hareketleri", б. 52-55)*

**МАХМУД ЭСАЪД ЖОШАН**

... Мен кээ бир досторго айттым: **«Карагыла, Аз. Мехди (ас) кыямат алааматтарынын бири, чыгат. Анын доорунда жашаган адамдар (велев хабвен алес селжи) муз үстүндө сойлоп болсо да, ага жетип, анын жардамчысы болушу керек!...»**

...Аз. Мехди (ас) сүйүүсү баарыбыздын ичибизде бар. Аз. Мехди (ас)га моюн сунуу каалоосу баарыбыздын каалообуз... *(Prof. Dr. Mahmud Es'ad COŞAN, "Güncel Meseleler")*

Ахмед ибни Ханбел жана Бавердиден Эбу Саид Эль Худри риваят кылган (ра).

Көп күбөлөрү болгон, көп куттуу хадистерде айтылган бир нерсе. Кыскача айтып өтөм. «Эй Мухаммед үммөтү, Мехди келет, сүйүнчү, сүйүнчү.» Бир Мехдинин келээрин айтып сүйүнчүлөшкүлө, мындай бир Мехди келет. Ал кандай инсан болот? «Менин үй-бүлөмдөн, менин урпактарымдан, Курейш уруусунан бир киши болот.» Аз. Фатыма (ра)нын урпактарынан риваяттары бар. Башка риваяттар да бар. Адамдар, Мусулмандар бир-бири менен талашып-тартышып, чайпалганда, жер титирөөлөр, руханий жер титирөөлөр менен алек болуп, бир-бири менен көп урушкан бир убакта чыгат Мехди. Жер жүзүн каратат жана жер жүзүн адилеттик менен чынчылдыкка толтурат. Ал мындай өкүмдарлыкты кураардан мурда жер жүзү кыйынчылык, азап жана зулумдукка толгон болсо, ал аны өзгөртүп, жер жүзүн чынчылдык менен адилеттикке толтурат. Зулумдук кетет, азап кетет. Ушунчалык жактырылып, адамдар ушунчалык сүйүшүп, ушунчалык андан ыраазы болушат; анын адилетинен жана кемчиликсиз башкаруусунан асмандагы жандыктар да периштелер, куштар, жердеги адамдар, жаныбарлар баары ыраазы болот. Жана мал-мүлктү «сахахен» таркатат. Сахахен деген эмне? Сахахен эмне деп сурашкан укканда сахабалар, угуучулар. «Биссевийе» деген. Мааниси бирдей, тең кылып таркатат, адилетсиздик кылбастан бүт баарына мол мол таркатат. Бүт адамдар мал-мүлккө жетет, Мехдинин сонун бөлүштүрүүсү натыйжасында. Анан Мухаммед үммөтүнүн, Мусулмандардын жүрөгүн маңыз менен толтурат, көңүлдөрү байыйт Мусулмандардын. Бүт баарынын көзү тойот,

көңүлү тойот. Андай ач көздүк, мал-мүлккө болгон нерсе калбайт. Бүт баарына таркатат, мүлк мол болуп эч кимде ач көздүк калбайт, б.а. адилети менен тойгузат. Себеби береке да келет анын ал адилети менен. Баарына жардамы жетет, эч кимди артта калтырбайт. Бүт баарын оройот мындай жоомарттыгы менен адилети. Жана абал ушундай болот, ал тургай бир жарыячыга жарыя айттырат, муктаждыгы бар мага келсин деп. Ушинтип жар салганына карабастан эч ким келбейт, себеби бүт баарынын көзү ток, көңүлү ток, мал-мүлкү бар болот. Жана эч ким келбейт, бир адам гана келип, мал-мүлк сурайт. Ал (Аз. Мехди (ас)) болсо бар казынамды караган, мал-мүлктү караган, бөлүштүргөн кызматчыма айт дейт. Ал барат. Ага келип, Мен Мехди алейхиссалам сага жөнөткөн кишимин дейт. Б.а. ал жөнөттү. Мен ага кайрылган элем, ал мени сага жөнөттү маанисинде. Б.а. мага мал-мүлк берсин деп сага жөнөттү, бол мал-мүлк бер дейт. Анда күзөтчү, ал мүлктү караган кызматчы ал дейт... Ушунчалык көп алгандыктан берилгендерди көтөрө албай калат. Б.а. кучагындабы, же этегине салган болобу, же чөнтөктөрүнө толтурабы, айтор көтөрө албай калат. Анан кээ бирлерин таштайт, көтөрө албай калганы үчүн. Көтөрө албаганын таштайт, ал тургай көтөрө ала турганчалык калтырып калганын таштайт. Ашыкчасын калтырат, б.а. бүт нерсе ушунчалык көп. Анан ал мал-мүлк менен казыначынын жанынан, казына имаратынан, мүлк берилген жерден чыгат. Бирок бушайман болот. Мухаммед үммөтүнүн мал-мүлк жагынан, жүрөгү жагынан, зат жагынан эң такыбасы болсом жакшыраак болмок эмес беле? Эмнеге мындай ач көздүк кылдым? Эмнеге келдим? Бүт адамдарга жарыя кылынды, бүт баары чакырылды бул мүлктү алсын деп, эч ким келген жок. Менден башка эч ким келбеди. Мен эле келдимби деп бушайман болот. Ушундай молчулук болот деп баян кылган Пайгамбар Мырзабыз. Ушундайча ушундай абал, ушундай сонун абал, молчулук, береке, сонун жашоо, көз токтугу, көңүл ыраазылыгы менен 6-7 же 9 же 9 жыл өтөт. Башка риваяттар бар, Аллах Таала Азреттери Мехди Алейхиссаламды үч миң периште менен тастыктайт. Алар каршы чыккандарды жоюшат. Тосушат. 30-40 жаштар арасында болот деген риваяттар бар. Андан кийин эмне болоору жөнүндө мындай сүйлөм бар: ал ошентип ал милдетти аткарган соң көз жумуп, кеткен соң Мусулмандардын арасынан Мусулмандар ага намаз кылышат. Өтө сонун мүнөздүү инсан. Андан соң балээлер башталат. Андан соң жашоонун ырахаты калбайт. Жамандыктар көбөйгөндөн улам ушундай абалдар болот деп бул куттуу хадис кабар берет, келечекте ушундай бир Мехди келээрин Пайгамбар Мырзабыз убагынан кабар берет. Дүйнөнүн келечектеги абалдары жөнүндө Пайгамбар (сав)дын келечекти кабар берген куттуу хадистеринин бири, бир тобу ушул... *(Профессор, доктор Эсад Жошан Азретинин маектеринен)*

Бул куттуу хадисте Пайгамбар Мырзабыз Мехди жөнүндө бир маалымат

берет. Силерге Хорасан тараптан кара желектер чыгып келет. Кара желектер келет Хорасан тараптан. Эгер аларды көрсөңөр аларга кошулгула. Муздун үстүндө болсоңор да, сойлор кетип баратсаңар да баары бир аларга кошулгула. Себеби ал Аллахтын Халифасы (Мусулмандардын руханий лидери) Мехди. Белгилүү кыямат алааматтарынын бири да – Мехдинин чыгышы. Мына ушул Мехди Хорасан тараптан чыгат, кара желектери болот жана ага адамдар, Мусулмандар моюн сунушу керек болот. Хорасан белгилүү Ирандын түндүк-чыгыш тарабындагы бир аймак. Ошол тараптан чыгат. Мехди Расулуллахтын урпактарынан болот, аты Аныкындай болот, атасынын аты анын атасынын атындай болот. *(Профессор, доктор Эсад Жошан Азретинин маектеринен)*

**МЕХМЕТ ШЕВКЕТ ЭЙГИ**

Сахабанын алдыңкыларынан Каъб азретинин (ра) Расулуллах Мырзабыз (сав) жөнүндө даярдаган «Банет Сүъад» аттуу эмгекке он тогузунчу кылымдын Осмон империясынын тургунунан Эйүб Сабри Паша «Азизүъл-Асар» аттуу бир чечмелөө жазган жана ал 1291-жылы Стамбулда 283 бет болуп басылган. Бул китептин 176-бетинде кыскасы мындай деп жазылат:

***«Кээ бир акылман-дилгирлер Азрети Имам Мехди радийАллаху анхтын 1400-хижрий жылы чыгаарын болжолдошкон... Кээ бирлери болсо 1422-жылды көрсөткөн.»***

Азыр Хижрий 1419-жылдабыз. Аз. Мехди (ас)дын чыгаарына аз калды. Негизи азыр Мусулмандар арасында «мен Аз. Мехдимин» деген же «бул Аз. Мехди (ас)» деп айтылган көп адамдар болсо да, алардын акыр заманда чыгаары кабар берилген чыныгы Аз. Мехди (ас) менен эч байланышы жок. Кээ бир Ислам аалымдары Аз. Мехди (ас) жөнүндө өзүнчө эмгектерди жазышкан. Аз. Мехди (ас)дын атасынын ысмы, өз ысмы, кээ бир өзгөчөлүктөрү жөнүндө маалыматтар берилген. Азыр Мусулмандар өз акылдары менен бириге албай жатышат, кутулуу, абройлуу болуу үчүн кылышы керек болгон кызмат жана иштерди жасай албай жатышат. Эми Аз. Мехдини күтүүдөн башка чара калган жок. Аз. Мехди (ас) чыкканда жалганчы Мехдилер эмне кылаар экен көрөлү?

**Кабарларда Мехди Азрети чыкканда бир катар уламанын аны тааныбашы, каршы чыгаары билдирилет. Алар «улама-и су». Мусулмандарды алаксыткан, башын маң кылган, алдаган, уктаткан кишилер...** *(Мехмет Шевкет Эйги, Milli Gazete (Милли гезити), 15/06/1998)*

**МУСТАФА КАПЛАН**

Мустафа Каплан Бедиүззамандын Аз. Мехдини сүйүнчүлөгөнүн, Аз. Мехди (ас)дын Рисале-и Нурларды өзүнө программа кылаарын, башкалар

ойлогондой Бедиүззаман Саид Нурсинин акыр заман Мехдиси эмес экенин бир окурманга жазган жообунда мындайча айткан:

...1400 жылдан бери Ислам үммөтү төрт көздөп күткөн Аз. Мехдини түшүндүргөн Бедиүззаман Азрети ал заттын үч маанилүү кызматы болоорун айтат... ошол эле Устат Аз. Мехди (ас) өзүнө программа кыла турган эмгектердин өзү жазган Рисале-и Нур жыйнагы экенин болсо башка бир эмгегинде мындайча айткан: **«кийин келе турган ал куттуу зат Рисале-и Нурду бир программа кылып жайылтып, колдонот»** *(Sikke-i Tasdiki Gayb, б. 9)*

Кымбаттуу окурманыбыз эгер ушул бет номерлери берилген эмгектерди караса, Бедиүззаман Азретинин ушундай дегенин көрөт...

Мен Бедиүззаман азретинин **«Аллахтын илхамы»** менен жазганына жүрөктөн ишенем. Бүгүнкү күнгө чейин айткандары бир-бирден ишке ашкан сыяктуу, бул айткандары да дал ошондой ишке ашат. Б.а. бүт Ислам ааламын бириктире турган Аз. Мехди Мусулмандардын ыймандарын мына ушул Рисале-и Нур жыйнагы менен куткарат. Демек ал заттын программасы ушул эмгектер.

Ишенбегендерди мажбурлай албайбыз. Кандай болгону менен ал чыкканда чындык да белгилүү болот. ***(05-08-1998 Akit Gazetesi (Акит гезити))***

Дагы башка бир макаласында бул тема жөнүндө:

«...демек Рисале-и Нурдун чыныгы ээлери болгон Аз. Мехди (ас) менен шакирттери келгенде Бедиүззаман азрети 1911-жылы сүйүнчүлөгөн **«Осмон империясы өлкөсүнөн чыга турган улуу бир жаркыраган нур»** кабары иншаАллах материалдык ааламда да турмушка ашат. Ансыз да жогоруда Эмирдаг Лахикасынан алынган тексттин *(Emirdağ Lahikası, т.2, б. 108)* акыркы сүйлөмүн караган муну күмөн санабастан түшүнөт.

Мындай дейт: **«балким иншаАллах, ал көз-караш жүз жылдан кийин нурлар эккен уруктардын гүл ачышы менен дал ошол кенен бөлмө нур бөлмөсү болуп, анын туура эмес фразасын чындык көрсөтөт.»** (аты аталган эмгек)

Устат туура эмес сүйлөгөнүн айткан маектен жүз жылдын өтүшү үчүн бул жакта эмне калды... Акылы дилгирлер айтылгандардын турмушка ашышына көп убакыт калбаганын кечикпестен көрүшөт. *(07-02-2000 Akit Gazetesi (Акит гезити))*

Мустафа Каплandын бул жөнүндөгү башка макалалары болсо төмөнкүдөй:

«...Эки топтогу Мусулмандардын реакциясына туш болуп жатам. Бедиүззаман Азретини «Акыр заман Мехдиси» деп кабыл алган бир туугандарыбыз жаңы бирөө дагы келет деп айткан туура эмес дешүүдө. Бирок

эмгектерде көп жерде Устат ушундай деп жазган. Көңүл буруп караган бир көздүн жаңылышы кыйын…

Келе турган Аз. Мехди (ас)дын ыйман багытында Рисале-и Нурларды программа кылаарын айтканда болсо Нуржу (Рисале-и Нур шакирти) эмес Мусулман бир туугандарыбыз каршы чыгышууда. Чындыгында болсо бул сөздү түздөн-түз Бедиүззаман Азрети айткан, биз жөн гана анын сөзүн жеткирүүдөбүз…

**1400 жылдан бери Ислам ааламы күткөн зат келгенде…** жакындап калганынан эч күмөнүм болбогон ал күндөр келгенде, **кимдин туура айтканын бүт аалам көрөт…»** дейт. *(04-09-1998 Akit Gazetesi (Акит гезити))*

Өткөн кылымдын муждеддиди Бедиүззаман Азрети да бул чындыкка басым жасап, мындай дейт. **«Жана муну түшүндүк, бул кызматыбыз менен ал нурдуу заттарга негиз даярдап жатабыз.»** *(Mektubat, 28. Mektub, 7. Mesele, 5. Sebeb, б. 380), (29. 9. 1999 Akit Gazetesi (Акит гезити))*

Кабар берилген хадистердин чыгаар убактысы жакындады. Азыр илим жагынан кабыл албагандар **түздөн-түз Аз. Исанын (ас) иштерин жана андан мурда Аз. Мехди (ас)дын иштерин көрүп кабыл алууга мажбур болушат. Өмүрү бар көрөт…** *("Bu da Tetimmesi", Akit Gazetesi (Акит гезити), 19. 12. 1996)*

Канчалык акыркы муждеддид Бедиүззаман Азрети сенде жашап, **Мехди Алейхиссалам да сенде төрөлсө да;**

Эй 1900 доору сен бул ааламга балээ болдуң. Адамдар акыйкат жолун унутуп напсилерин ээрчиген бактысыз бир убакыт периоду болдуң…

…Көп шүгүр, эми артта калдың. Бүгүн сен жоксуң? Болжол менен бир кылым чыныгы Мусулмандарга бакыт тарката турган 21-кылымдын көлөкөсү үстүбүзгө түштү. *(Gel Sevgili 2000, Akit Gazetesi (Акит гезити), 01. 01. 2000)*

Досубуз Мурат Капкынердин 1999-жыл 17-сентябрьдагы макаласын кыркып сактап койгон элем, бирок эми гана колго алуу мүмкүнчүлүгүм болду. Макаланын омурткасы Аз. Мехди (ас) жөнүндө эле. Берген маалыматтары болсо китептин ортосунан алынган туура сөздөр эле. Кээ бир абзацтарын сиздер менен бөлүшкүм келди:

«Аз. Мехди (ас)дын алдындагы шарт – бул зулумдук кылган коомдорго Аллахтан балээлердин келиши. Аяттардын жалпысынан да көрүнүп тургандай, балээлер бир сүйүнчү. Күндүн күркүрөшү сыяктуу жамгырдын, мээримдин сүйүнүчтүү кабары.

**Балээлерден соң бирөө чыгып, (аяттар кайталап билдиргендей) «Эч кандай акы сурабастан» Аллахка чакырып, адилеттикке чакырса ошол Аз. Мехди. Б.а. «акы сурабаш» бир дүнүйөлүк пайда үмүт кылуу мындай турсун, көп рисктерге кирүү, жана бирөө мындай «акы сурабастан»,**

**«дүнүйөдө зыян көрүп көп рисктерге» кирсе, ошол Аз. Мехди.»**

Аль Хак, биз да ушундай пикирдебиз. Демек үстүбүзгө жаай баштаган жерден жана асмандан келген балээлер ошол эле учурда бийик бир сүйүнчүнү да алып келүүдө. Дагы бир аз бешик сыяктуу чайпалтсын, андан соң ошол «акы сурабастан Аллахка чакырган» макам ээси чыгат иншаАллах.

Туура сөзгө кошо турган бир кошумча таба албай турам. Албетте жүрөгүндө кыпындай чыныгы ыйманы барлар ал нурдуу затты таанып, сүйөт, ал чакырган Куран жолуна болгон жүрөгү менен «леббейк» (моюн сундум) дейт. Дүнүйөлүк кызыкчылык үчүн динин арзан саткандардын ал чыккан кезде тынчсызданышы, албетте кадыресе көрүнүш... *("Kapkıner'den doğru tespitler", Akit Gazetesi (Акит гезити), 27. 11. 1999)*

Кабарды «Ааламда чоң жолугушуу (Evrende büyük buluşma)» темасы менен 1999-жыл 23-декабрь күнкү Акит гезитинде окудум. Алдыбыздагы 5-май күнү күн, ай, жер жана кээ бир планеталар бир жип сыяктуу бир линияда тизилишет экен. Риваят боюнча, мындай абал мындан 6 миң жыл мурда болгон экен.

Ааламда кокустук жок экенин ар бир момун (ыймандуу) билет жана ошондой ишенет. Жаратылган бүт нерсенин тизгини Аллахтын колунда, демек, албетте, каалагандай тизет, каалагандай бузат. Бирок ал тизилүүнүн туш келди болбошу анык.

Ооба, ааламдын жаңы бир кылымга кирип жатканда жаңы бир көз-караштын өкүмдарлыгына даярданганын тануу мүмкүн эмес. Акылы бар Аллах Пайгамбары баяндаган динди тамгасы тамгасына кабыл алат. Акыркы бушаймандыктын пайдасы болбой турган күндөр жакындап келатат. Сел сыяктуу келе турган балээлерден коргонуунун жалгыз жолу да ошол бекем ыйман... *("5 Ay Sonra...", Akit Gazetesi (Акит гезити), 05. 01. 2000)*

## АХМЕД МУХСИН МЕРИЧ

Азрети Султан Мехмед Фатихти Стамбулдун каратылышы маселесинде эң көп үндөгөн жана «Фатих» наамына ылайык даражага жетишинде көмөгүн аябаган киши – албетте, «Акшейх» наамы менен белгилүү Акшемседдин Азрети (1390-1459) эле. Акшейх каратуунун (фетихтин) материалдык жана руханий болуп эки тараптуу экенин билээр эле.

Себеби Фахр-ы Алем (асм)дан риваят кылынган куттуу хадистер командир жана аскерлерден турган бир армиянын Стамбулду каратышынан да, **курал-жараксыз, кан төкпөстөн, тавхид, тасбихтер менен боло турган, Ал-и Бейттен бир куттуу заттын башчылыгындагы руханий бир армиянын Стамбулда каратышынан да сөз кылган эле. Ошого карап Акшейх Стамбулдун келээри хадистер менен анык билдирилген Аз. Мехди (ас) колу менен экинчи жолу каратылаарын өтө жакшы билээр**

**эле.**

Ал доордун уламасынын хадистерге таянып Султан Мехмеддин Стамбулду карата албашын айтканына карабастан, Акшейх бир эмес, «эки каратуунун» болооруна таянып, уламанын бул багыттагы сөздөрүнө каршы чыгып, Султан Мехмедге фетихнама деп атоого боло турган сүйүнчү каттарды жазган эле.

**«Стамбулду алгач Мехмед каратат, анан Стамбул кресттиктердин колуна өтөт, андан соң Аз. Мехди (ас) Стамбулду кайрадан каратат»** деп ал доордун уламасына жооп берген. *(Risaletü'n- Nuriye, Akşemseddin, A. İhsan Yurd, İstanbul, 1972).*

**Хадистерде анык билдирилген жана Акшейх да сүйүнчүлөгөн экинчи каратуунун башчысы Аз. Мехди (ас) жана хадисте айтылгандай «эч бир сындагандын сын сөзүнөн тартынбаган»** эр жүрөк аскерлерден турган нурдуу армиясы эң алгач жүрөктөрдөгү Ыйык София Соборунун эшиктерин ачат жана жеңиштин символунун ибадатка ачылышы менен экинчи каратуу турмушка ашат. *("Akşeyh'in Nurlu Müjdesi Ve İkinci Fetih", 25. 05. 2000)*

**БУРХАН БОЗГЕЙИК**

Эбжед эсеби жалпысынан Хижрий календарьга карап жасалат. Бул илимди билген жана эсепти жасоого жөндөмдүүлөр акыр заман алааматтары жөнүндөгү куттуу хадистерди карап кээ бир эсептерди жасашууда. Ал эсептерди караганыбызда алдыбыздагы жылдары өтө маанилүү өзгөрүүлөрдүн болоорун айта алабыз.

Мубарекфури да **«Тухфетүъл Ахвези»** аттуу эмгегинде акыр замандагы хадистердин бири жөнүндө төмөнкү маалыматтарды берет:

«Мусулмандар арасында белгилүү нерсе мындай: акыр заманда зулумдук менен адилетсиздик бүт тарапты каптаган бир убакта Пайгамбардын урпактарынан бир инсан чыгып зулумдукту жок кылып, адилеттикти орнотот жана Мусулмандар ага моюн сунуп, бүт Ислам өлкөлөрүн башчылыгына алат. Бүт Ислам дүйнөсүн башкара турган бул зат Аз. Мехди (ас) деп аталат. Аз. Мехди (ас) чыга турган доордо дажжал да чыгат жана Мырзабыз (САВ) кабар берген кыямат алааматтары да ушундайча чыккан болот. *(Günden Güne, "2000'e Bir Kala", 01.02.1999)*

Миңдеген жылдан бери буйрукка моюн сунган бир аскердей ызы-чууга айланып турган «Дүйнө кемеси» эми жолдун аягына келип калды. Жолдун аягына келгенин кантип билебиз?

**Ааламдын Мырзасы (Алейхиссалату Вассалам) кабар берген кыяматтын кичине жана чоң алааматтарынын дээрлик баары чыкты. Көп болсо бир канча алаамат гана калды. Алардын эң негизгиси – бул**

**акыр заманда Куран өкүмдарлыгынын болушу.**

Мына азыр жаңы бир доордун алдында турабыз. Көпкө созулган «зулумдук доору» бүтүп жатат. Адамзат бул доордо көп азап тартты. Аллахтын динине согуш ачкан режимдер себебинен адамзат бейпилдик жана бакыт жүзүн көрбөдү. Албетте, аларга уруксат жана мүмкүндүк берген да Аллах Таала эле. Адамзат ошондой бир доордо сыноодон өтүшү керек эле. Алмаз табияттуулар менен көмүр табияттуулар, Аз. Абу Бакир сыяктуулар менен Абу Жахилдер бир-биринен айрылышы керек эле. Улук Курандагы жана Куттуу Хадистердеги ишараттарды карай турган болсок, эми «каапырлар» жолдун аягына келишти. *(Günden Güne, "Emniyet kemerinizi bağlayın!", 01. 10. 1999)*

**ШАБАН ДӨГЕН**

Азыркы учурдун белгилүү изилдөөчүлөрүнөн Шабан Дөген «Мехди жана Дажжал» аттуу китебинде Аз. Мехди (ас) темасын бир-бирден анализдеген. Булардын кээ бирлери төмөнкүдөй.

***• Аз. Мехди (ас) адам-үстү эмес***

Аз. Мехдини да адам-үстү, укмуштуу бирөө деп ойлоо туура болбойт; Ислам түшүнүгүнө, Аллахтын мыйзамына, табият мыйзамдарына карама-каршы келет. Пайгамбарыбыз (сав)дын да ар бир иши кереметтүү болгон эмес, демек Аз. Мехдиден кантип мындайды күтүүгө болот? Албетте Аз. Мехди (ас) орду жана убактысы келгенде кереметтерди көрсөтөт. Бирок ар бир кылганы керемет эмес. Мевдуди айткандай, «Аз. Мехди (ас) качан келсе келсин ал замандын илимин, маданиятын, акыбалын, мажбурлуу нерселерин өтө жакшы билет жана заманына ылайыктуу чараларды көрөт, өз доорунун табигый жана илимий ачылыштарынан, каражаттардан пайдаланып, аларды эң жакшы колдонот.» (б. 22)

***• Аз. Мехди (ас) жана такыбалык***

Анан пайгамбарлык сыяктуу Мехдилик да аракет менен жетүүгө мүмкүн болгон бир даража эмес. Бүтүндөй Аллахтын тартуусу жана Аллах аны каалаганына, албетте эң ылайыктууга берет... (б. 30)

***• Аз. Мехди (ас) «мен Мехдимин» деп айтабы?***

Аз. Мехди (ас) апачык «Мен Мехдимин. Аллах тарабынан бул милдет берилди. Мага моюн сунгула» деп чыкпайт. Муну айтуу анын милдети да эмес. **Ал эмгектери жана кызматтары менен гана таанылат.** *(б. 42)*

***• Аз. Мехди (ас) жөнүндө***

Ким бул Аз. Мехди? Пайгамбар эмне үчүн өзгөчө ага моюн сунууну насаат кылган. Эгер анын доорунда жашасак, аны кантип тааныйбыз? Ал башаламандык, бузуктук доорунун адамы болгон үчүн күрөшүн эмнеге каршы жана кантип жүргүзөт? Өзгөчөлүктөрү кандай? Булар жана ушуга окшогон суроолордун жообу билинмейинче Аз. Мехди (ас)дын функциясын, эмгектеринин маанисин албетте толук түшүнүүгө болбойт. (б. 143)

***<u>• Аз. Мехди (ас) ким?</u>***

...Мехди сөзү кеңири периоддуу бир сөз. Бирок бул сөздүн башына «эль» мүчөсү келгенде өзгөчө жана белгилүү бир адамдын ысмы болгон болот жана куттуу хадистерде акыр заманда келээри сүйүнчүлөнгөн белгилүү жана руханий улуу куткаруучу үчүн колдонулганы көрүлөт. (б. 145)

***<u>• Ислам аалымдары жана Аз. Мехди (ас)</u>***

Мевлана Желалеттин Руми болсо мындан төмөнкүчө сөз кылат:

Ар доордо пайгамбар ордуна бир олуя бар;

Бул сыноо кыяматка чейин уланат.

Кимдин мүнөзү жакшы болсо кутулат.

Кимдин жүрөгү айнектен болсо кутулат.

Тирүү жана кызматтагы имам мына ошол олуя;

Өмер урпагынан болсун, Али урпагынан болсун

Эй жол издеген, Аз. Мехди (ас) да ошол, хади да.

Бир жагынан жашыруун, бир жагынан сенин маңдайыңда отурат. (б. 154)

***<u>• Пазилети</u>***

Хакимдин Мустедрекинде Аз. Алиден келген бир риваятта Аз. Мехди (ас) менен аскерлеринин пазилети жөнүндө мындай деп айтылат: **«Мурункулар алардан өтө албаган сыяктуу, кийинкилер да аларга жете албайт»** *(Müstedrek, Mukaddime: 52, Fasıl, б.319)*

***<u>• Аз. Мехди (ас) олуялыктын эң бийигинде.</u>***

(İmam-ı Rabbani, Mektubat, б.357 (251. mektuptan)

Өз заманында жер жүзүнүн эң жакшысы болот. (el-Kavlü'l-Muhtasar) (б. 159)

***<u>• Кызмат мөөнөтү</u>***

Бедиүззаман «Үммөтүмдөн бир топ кыямат келгенге чейин акыйкат жолдо күрөшүүнү улантат» (Buhari, İ'tisam:10; Müslüm, İman: 247; İbni Mace, Mukaddime: 1; Tirmizi, Fiten: 51) куттуу хадисти түшүндүрүп жатып хадистин

өзүн эбжед эсебине салган. Ал эсеп боюнча, хадистеги «Захирине алеъл-хакк = акыйкат жолдо үстөм абалда» сүйлөмүнүн эбжед мааниси 1506. Бул жамаат Хижрий календарь боюнча 1506-жылга чейин ачык, ашкере, үстөм болот. Андан кийинки кызматтар болсо 1542-жылга чейин жашыруун жана жеңилүү менен жүргүзүлөт. «Хатта йеътийеллаху биэмрихи = кыямат келгенге чейин» 1545 болсо каапырдын башына кыяматтын келишине ишарат кылат. *(Nursi, Kastamonu Lahikası, б.23) (Mehdi ve Deccal, Şaban Döğen (Мехди жана Дажжал, Шабан Дөген), б. 164)*

***• Аз. Мехди (ас) качан чыгат?***

Аз. Али заман Бисмиллахтын тамгаларынын аягына келгенде Мехдинин чыгаарын айтат. *(Ramuz, 2:676)* Бисмиллах 19 тамга жана Кехф Сүрөсү болсо 111 аяттан турат жана Курани Керимдин 18-сүрөсү. Бул жерде мындай бир дал келүүчүлүк бар: 18-кылымдын аягы менен 19-кылымдын башында Аз. Мехди (ас) чыгып, кызматын баштайт. **Аз. Мехди (ас)дын жеңип башташы болсо 111x18=1998. (б. 167)**

***• Аз. Мехди (ас) ичинде кызмат кылган эл***

Аз. Мехди (ас)дын Пайгамбар урпактарынан экенин бир аз мурда айттык. Бирок бул Аз. Мехди (ас)дын сөзсүз араптардын арасынан чыгаарын көрсөтпөйт. Ал тургай, хадистерден араптардын сыртынан чыгаарын түшүнүүгө да болот. Мисалы, Тирмизиде орун алган бир хадисте «Аз. Мехди (ас) араптарга өкүмдар болгонго (каратканга) чейин кыяматтын келбеши» (Tirmizi, Fiten:43) айтылат; бул жерден араптардын ичинен чыкпашын түшүнүүгө болот. Себеби араптарга өкүмдар болуу (каратуу) үчүн алардын сыртынан чыгышы керек. (б. 170)

• Башка бир куттуу хадистен болсо төмөнкүнү көрөбүз: чыгыштан бир катар адамдар чыгып, Аз. Мехдиге негиз даярдашат. Б.а. Аз. Мехди (ас) алардын арасында өкүмдар болот.

*(İbni Mace, Kitab-ül Fiten: 35 (4088)*

Бул хадис чыгышта жайгашкан же чыгыштан келген бир элдин арасынан чыгаарын көрсөтүүдө –Аллах-у аълем- булар ал кездерде чыгышта жайгашкан, кийин Анатолияга жайгашкан Түрктөргө ишарат кылууда. (б. 171)

• Сейийд Ахмед Хүсамеддин (р.а.) Истихрачнамесинде Аз. Мехди (ас)дын төрөлгөн жери жөнүндө мындай деп жазган:

***«Мусулмандардан бир зат келет, бул заттын баркы Кавказдын эң улуу тоосунан айланага күндүн нурлары сыяктуу айланага нурлар чачат.*** *(Osman Yüksel Serdengeçti, Mabedsiz Şehir, Serdengeçti Neşriyatı: VI, s.107)*

***Булардын баары Аз. Мехди (ас)дын иш-аракетин Түрктөрдүн***

***арасында жүргүзөөрүн көрсөтүүдө. (б. 172)***

***• <u>Аз. Мехди (ас)га жардам бергендер</u>***

Арап эмес, башка элдерден болгон бул жардамчылар *(Kıyamet alametleri, б. 169)* ар заалымды жана зомбулукчуну жеңет. Темирдей жүрөктүү ал адамдардын дагы бир маанилүү өзгөчөлүгү – бул түндөлөрү абид (көп ибадат кылган), күндүздөрү болсо арстан болушу. *(Kitabü'l-Bürhan, б. 57-68)*

**Аз. Мехди (ас)дын армиясы кээ-кээде соккуларга туш болуп, кээ-кээде ал оор кызматты аркалай албоо, тынчтыкты каалоо; жан, мал-мүлк, кызматтык абал коркуусу сыяктуу ар кандай себептерден андан бөлүнүп кеткендер болот. Бирок «алар буга маани беришпейт,» (Ramuzü'l Ehadis, б. 476** *(Ибни Мажеден)*

**«Бөлүнүп кеткендер да, каршы чыккандар да ага зыян тийгизе албайт. Ал андан бөлүнүп кеткендерге карабастан жеңүүчү абалда жолун улантат.»** *(Ramazü'l-Ehadis, б.487 (Таберанинин Кебиринен)*

Ошентип **«күрөшкөндөр менен сабыр кылгандар аныкталган»** *(Али Имран Сүрөсү, 142) болот. (б. 192)*

## ШЕЙХ НАЗЫМ АДИЛ ЭЛЬ ХАККАНИ АЗРЕТИНИН ӨКҮЛҮ ШЕЙХ АХМЕД ЙАСИН

***Ахмед Йасин Мырза:*** ...Аз. Мехди (ас) – олуялык ичинде эң жогорку даража болгон гавсийет (улуу олуялык) даражасы. Аз. Мехди (ас) дейбиз аны, түшүнгөнүбүз боюнча муждеддиддин да үстү, гавсийет даражасынын да үстү. Улуу Аллах тарабынан өзгөчө бир кызмат берилген бир инсан. Жана ал инсан пайгамбар эмес бирок. Расулуллах Мырзабыз (с.а.в) акыркы пайгамбар. Ошон үчүн аны Мехди Расул дейбиз.

... Кээ бир адамдар айтат; мындай нерсе келбейт, Аз. Иса (ас) келбейт деп, бул алардын көз-карашы. Биздин көз-карашыбыз боюнча, биздин ишенимибиз боюнча, Мырзабыз (сав)дан бизге бүгүнгө чейин жеткен куттуу хадистеринен түшүнгөнүбүз боюнча, Аз. Мехди (ас) келет. Дажжал да келет. Аз. Иса (ас) да келет. Кандай абалда келет, кандай болот, биз булар менен эмес, көбүрөөк ал заттарга ылайык абалга жете алуу үчүн өзүбүз менен, напсибиз менен күрөшүүдөбүз. Даярдап жатып адамдарды да ал үчүн даярдап жатабыз.

***Алып баруучу:*** Аз. Мехди (ас) үчүн?

***Ахмед Йасин Мырза:*** Албетте, бүт баары каалайт, мен да Аз. Мехди (ас)га аскер болоюн деп. Ким каалабайт. Бүт баары каалайт, бирок албетте

мунун да критерийлери болот туурабы?

***Алып баруучу:*** Анда ал критерийлерди сизден алсак болобу? Мисалы, Аз. Мехди (ас) убагында билишибиз боюнча көп мехдилер чыгат. Б.а. ушунчалык көп мехди чыгат; мунун себеби болсо чыныгы Аз. Мехди (ас)ды жаап-жашырышы.

***Ахмед Йасин Мырза:*** Ооба.

***Алып баруучу:*** Андай болсо адамдар бир жаңылыштыкка, бир катага түшпөшү үчүн Аз. Мехди (ас)ды кантип таанышат? Критерийлери кандай, ишараттары кандай? Өтө ачык, белгилүү бир ишараты барбы?

***Ахмед Йасин Мырза:*** Албетте бар, мен жөнөкөй бир жооп берем, терең кирбестен, баарынан мурда Аз. Мехди (ас)дын чыгышын ылдамдата турган убакыт периоду жалган мехдилер менен башталат. Алар канчалык көп болсо, Улуу Аллах ошончолук шашылыш чыныгы куткаруучу Аз. Мехди (ас)ды жөнөтөт. Аз. Мехди (ас)да болушу керек болгон шарт кайсы? Албетте, Расулуллах (сав) алып келген Курани Керимге моюн сунган бир зат жана мырзабыздын сүннөтүнө толук моюн сунган бир инсан. Аз. Мехди (ас) калп айткан бир адам болушу мүмкүнбү?

***Алып баруучу:*** Жок.

***Ахмед Йасин Мырза:*** Бирөөгө жалаа жапкан бирөө болушу мүмкүнбү? Ушак сүйлөгөн бирөө болушу мүмкүнбү? Атак-даңкты көздөгөн бирөө болушу мүмкүнбү? Критерийлер ушунчалык жөнөкөй, бул кандай Аз. Мехди (ас)ды башка жалган мехдилерден айырмалай турган болсо, айырмалачу кишилерде баарынан мурда бирөөгө жан тартуу оорусу болбошу керек.

***Алып баруучу:*** Б.а. бир киши анын Аз. Мехди (ас) же ал эмес экенин түшүнүшү үчүн ал киши негизи өзүн өнүктүрүшү керек. Мисалы, бирөөгө жан тарткан (фанаттык) маанайда болбойт. Жүрөгүндө фитна-бузукулук болбойт.

***Ахмед Йасин Мырза:*** Ооба, фитна-бузукулук болбойт, бой көтөрүү, текебердик сыяктуу оорулардан сөзсүз тазаланган болушу керек. Көңүл буруңуз бул өтө маанилүү.

***Алып баруучу:*** Аз. Мехди (ас)дын өзгөчөлүктөрү?

***Шейх Ахмед Йасин:*** Чынчыл инсан, акыйкатты баяндайт.

***Алып баруучу:*** Б.а. дайыма акыйкаттан сөз кылабы?

***Шейх Ахмед Йасин:*** Албетте, Аллахтан сөз кылат, ал адамдан сөз кылбайт, Аллахты жана Пайгамбарын сөз кылат, адам катары баланча киши, баланча олуя, олуялар акыйкат, бирок сөзсүз бирөөлөр жөнүндө сөз кылбайт, мисалы бир шакирт дайыма шейхин сөз кылат, Аз. Мехди (ас) да ошол сыяктуу дайыма баланча олуяны сөз кылбайт, ал Аллахты жана Пайгамбарын баяндайт. Жана адамдарды туура жолгон чакырат.

***Алып баруучу:*** Анын илими кандай? Көп илимдүүбү?

***Шейх Ахмед Йасин:*** ...Унутпайлы, аалым жана абсолюттук Зат – бул Аллах. Сүйүктүүсү (Хабиби) Мухаммед Мустафа (ас)ды эч бир мугалим алдында тизе чөктүрбөстөн бүт илим жана даанышмандыктар менен жабдыган сыяктуу, Аллах Таала кулун ошол илим жана даанышмандык менен жабдууга кудуреттүү. Каалаганын жасайт.

***Алып баруучу:*** Каалаfor бир түндө.

***Шейх Ахмед Йасин:*** Ислам аалымдарынын көз-карашы да ошондой, туурамчы (бирөөдөн үйрөнгөн) бир илим менен учурдагы технология жана фитналар менен кантип согушасыз? Учурда бар болгон илим менен согушканыңызда болсо күрөшүбүздүн натыйжасы көрүнүп турат, өз напсилерибизди бир карайлы? Демек Аллахтан келген бир илимге муктаждык бар. Албетте булардын баары биздин ишенимибиз жана менин пикирим.

***Алып баруучу:*** Б.а. Аз. Мехди (ас)дын илими дүйнөдөн алган бир илим болбойт, Аллах тарабынан ага ...

***Шейх Ахмед Йасин:*** Көп бөлүгү ошондой болот, б.а. жана да айттык, пайгамбарлар келгенде, мен пайгамбармын дегенде аларга айтышкан, кереметиң барбы деп? Туурабы? Эгер Аз. Мехди (ас) да бул сыпатка жеткен болсо, бул даражага жеткен болсо адамдар биз билбеген илим менен бизге мамиле кылат, көрсөт аны деп, анда аларды бизге көрсөтөт.

***Алып баруучу:*** Аз. Мехди (ас)дын бир өзгөчөлүгү бар, бүт диндерди бириктириши...

***Шейх Ахмед Йасин:*** ... Аз. Мехди (ас) келгенде бүт баары чыныгысына кайтат. Ушундай бир илим менен ачык жана руханий илим менен бүт даанышмандыктарды ортого койот...

***Алып баруучу:*** Демек ыймандуу киши акылдуу болот, бүт мындай критерийлерге карап негизи келгенде Аз. Мехди (ас)ды тааный алат же жүрөгүнүн үнүн угуп ага шакирт болууну сураса, сөзсүз Аллах ага насип кылат.

***Шейх Ахмед Йасин:*** Улуу Аллах ар кандай асылдарды денебизге койгон, караңыз рух ушунчалык чоң мүмкүнчүлүк менен жабдылганы менен, колунда бүт бул критерийлерди анализ кыла турган акыл деген бир асыл бар, тилекке каршы адамдар бүгүн 1%ын гана иштете алышууда, 99%ын иштете албай жатышат, Улуу Аллах бизге ошон үчүн Курани Керимде эскертүү берүүдө, эмнеге тефеккүр кылбайсыңар, неге аз ойлоносуңар деп? *(MPL Televizyonu Babi Alem Programı (MPL каналы Babi Alem программасы)*

# Аз. Мехди (ас)дын убактысы келди

... Мындан бир топ көбү жасалып жатат. Калктын санына жараша дүйнөнүн бүт тарабында. Бирок Улуу Аллах эч бир күчтөрдүн кыймылын баштатпай жатат. Күттүрүп жатат. Күттүрүп жатат, бир гана Аллахка белгилүү, балким, булардын баары Аз. Мехди (ас)дын убактысы келгендигинин, жакында балким көрүнөөрүнүн алааматыдыр. Бирок бул жерде бир жагдайды баса белгилейли. Адамдар эмне үчүн олуяны таба албай жатышат? Себеби баарынын кыялындагы олуя башка. Эч ким Аллахтын олуясын издеген жок. Өз кыялындагы олуяны издеген үчүн таба албай жатат. Мехди (ас) да ошондой. Бүт баары кыялындагы Мехдини күтүп жатат. Улуу Аллах түшүрө турган Мехдини күткөн жок, аны күтсө табат. Улуу Аллах доордун ээсинен, замандын ээсинен, улуу элчиден, улуу устаттан жана сыры бекемден, сырды ачуучудан, анын руханий колдоосунан эч бирибизди айырбасын.

Албетте, ойлоп көрүңүз, сиз эң жакшы бир аалыммын десеңиз, алгач аалымдар алдыңыздан чыгат. Эң жакшы доктормун десеңиз докторлор сиз менен күрөшөт. Эң жакшы инженермин десеңиз бүт инженерлер мен сенден жакшымын деп урушушат. Мен мамлекетти башкарганды эң жакшы билем десеңиз, бүт мамлекеттер сиз менен жарышат, «сен эмне билесиң, биз көбүрөөк билебиз» деп. Мындан чоңураак фитна болобу? Фитна убагында келет ансыз да, бүт пайгамбарлар да фитна көбөйүп, Улуу Аллахка,

Жаратуучуга ибадаттар азайып же унутулган убакта жөнөтүлгөн. Ошол сыяктуу, адамдар капылеттикке чумкуп, напсилеринин артынан чуркап, Аллахка ибадат жана моюн сунууну унуткан кезде Улуу Аллах куткаруучу деп аталган, аларды илим менен, билим менен, даанышмандык менен куткара турган Мехди (ас) сыпатындагы затты жөнөтөт. Ал келгенде бар болгон фитналардын үстүнө жаңы фитналар да чыгат. Эгер бир жамааттан чыкса, башка жамааттар неге бизден чыкпады дейт. Көпчүлүгү кабыл албайт, Кудай сактасын. Ошон үчүн динибиз тавхид дини. Биримдик дини, вахдет дини. Эгер баары бир болсо, Аллахтын буйруктары жана Расулуллах (сав)дын критерийлерине карап издесе, кимден чыкса чыксын, эң негизгиси акыйкат болсун, ошол акыйкаттын айланасында биригет. *(Шейх Ахмет Йасин, MPL каналы)*

## СЕЙЙИД САЛИХ ӨЗЖАН ХОЖАЭФЕНДИ

«Түшүп түз Устаттын үйүнө бардым. Устаттын үйүнө барып, эшикти кактым, эшикти Тахири ага ачты. Ооо Сейийд Ага деп кучакташып өбүштүк, анан Зубейи ага чыкты. Аны менен кучакташып жатканда Устат сыртка чыкты. Устатым, Сейийд Салих келиптир дешти, макул келсин деди.... «Тахири» деди. «Катымды алып келгиле» Тахири колундагы катты берди. «Оку» деди катты. Окуганда, айтты, «бул кат Джизреден келиптир. Сейданын халифаларынын бири жөнөтүптүр. Ал кезде ал бир Шейх эле, Накшибенди шейхи. Кат жазыптыр, минтип «Мехдини көрөбүзбү? Мехдинин кызматы эмне? Мехди кандай болот?» деген сыяктуу суроолор узатыптыр. Устат айтты, **Мехдини мен көрбөйм, бирок Кечели сен көрөсүң деди.** Минтип так деп башыма урду Устат Азрети. Анан Мехдинин программасы Рисали Нур болот деди. Рисалеи Нурду колдонот деди... **Болмок беле? Мехди албетте бир адам болот. Устат Азрети айткан. Дажжал да бир адам болот, Мехди да бир адам болот. Устат муну айткан, ачык айткан.** (Сейийд Салих Өзжан Агайдын бир маегинен)

## ОСМАН ЧАТАКЛЫ

Профессор Осман Чатаклы да көп жылдар бою алектенип мехдилик жөнүндө эмгектерди даярдаган. 1949-1952-жылдары арасында «**Абдулазиз Бекиненин» «Рамузул эль-хадис»**тен алган мехдилик жана кыямат жөнүндөгү жазгандарынан даярдалган **«Кыямат алааматтары»** китебинде бул темага өзгөчө маани берген:

«...Жалпысынан мындай деп айтууга болот: кыяматтын кичине алааматтарынын дээрлик баары чыкты жана кезек чоң алааматтарга келди.

Ошондуктан, ар бир Мусулман ыйманын коргой алуу үчүн ошого жараша даярданып, өзгөчө дажжал фитнасына каршы сак болушу өзүнүн

кутулушуна бир себепчи болот...

Бул эмгекте кыяматтын жакындаганын көрсөткөн алааматтарды баяндаган куттуу хадистер топтоштурулуп сунулуп, дин бир туугандарыбызга пайдалуу болууга аракет кылынган...

18/11. Силерди менден кийин боло турган жети фитнадан сактанууга чакырам: Мединадан чыга турган бир фитна, Меккеден чыга турган бир фитна, Йеменден чыга турган бир фитна, Шамдан (Дамасктан) чыга турган бир фитна, чыгыштан чыга турган бир фитна, батыштан чыга турган бир фитна... Бир фитна Шамдын (Дамасктын) борборунан чыгат, мына ушул Сүфйанинин фитнасы. (Аз. Мехди (ас)дан бир жыл мурун чыга турган бир фитна.) *(Аз. Ибни Месъуд РА)*

300/3. Менден кийин фитналар болот. Бирөө «ахлас» фитнасы. (Төө кабы фитнасы, б.а. элдин мойнунда көпкө турат.) Согуштар, хижраттар болот. Анан андан да күчтүү бир фитна болот. Бүттү дегенде, кайра эле уланат. Ушундай даражада болгондуктан, фитналар тийбеген үй менен Мусулман калбайт. Мындай абал урпактарымдан бир Мусулман (Аз. Мехди (ас)) чыкканга чейин уланат. *(Аз. Эбу Саид ра)*

...Кичине алааматтардан соң келе турган чоң алааматтар согуштар жана Аз. Мехди (ас) менен башталат жана күн батыштан чыкканга чейин, болжол менен 55-60 жылга созулат. Бул доор адамдар үчүн чоң сыноолорго толо болуу менен бирге, Аз. Мехди (ас)дын 7 жылдык жана андан соң Аз. Иса (ас)дын 40 жылдык жер жүзүн адилеттикке толтурган башкаруулары да ушул доор ичинде болот.

**299/8. Жакында силер менен Румдар арасында төрт тынчтык келишими болот. Төртүнчү Ал-и Харундан бирөө менен турмушка ашат. Жана бул жети жылга созулат.**

**Айтылды:**

**«-Эй РасулАллах, ал күнү адамдардын имамы ким?»**

**Айтты:**

**«Имам менин урпактарымдан кырк жашта, жүзү жаркыраган бир жылдыз сыяктуу, оң бетинде кара бир меңи бар жана үстүндө эки куттуу кийими бар бирөө болот. Кыймылдары Бани Исраил уламасына окшош. Жыйырма жыл өкүм сүрөт. Жердеги казыналарды чыгарат жана ширк аймактарын каратат.» (Аз. Эбу Умаме РА)**

***Аз. Мехди (ас)дын чыгышы, өзгөчөлүктөрү жана мөөнөтү***

344/7. Кантип бир үммөт кыйрасын, башында мен, аягында Мариям уулу Иса (АС) жана ортосунда болсо Ахли Байтымдан (урпактарымдан) Мехди (ас) бар. *(Аз. Ибни Аббас РА)*

236/21. Аз. Мехди (ас) менин Ахли Байтымдан жана Фатыманын

урпактарынан. *(Аз. Үммү Селеме РА)*

236/20. Аз. Мехди (ас) агам Аббастын урпактарынан. *(Аз. Осман ибни Аффан РА)*

237/2. Аз. Мехди (ас)дын ысмы ысмыма, атасынын ысмы болсо атамдын ысмына дал келет. *(Аз. Ибни Месъуд РА)*

508/10. Ахли Байтымдан бир адам чыгат, ысмы ысмыма, мүнөзү мүнөзүмө окшошот. Дүйнөнү адеп-ахлак жана ынсаптуулукка толтурат; мурда зулумдук менен кыйынчылыкка толгон сыяктуу. *(Аз. Ибни Месъуд РА)*

237/1. Аз. Мехди (ас) бизден, эй Ахли Байт! Силерге сүйүнчү. Аллах аны бир түндө жетилтет. *(Аз. Али РА)*

359/2. Дүйнөнүн бир күндүк өмүрү калса дагы, Аллах ал бир күндү созмок жана урпактарымдан ысмы ысмыма, атасынын ысмы атамдын ысмына туура келген бирөөнү чыгармак (Мехди (ас)) жана ал дүйнөнү адилеттик жана ынсаптуулукка толтурмак. Мурда зулумдук менен кыйынчылыкка толтурган сыяктуу. *(Аз. Ибни Месъуд РА)*

508/6. Чыгыштан бир жамаат чыгып, Мехдинин салтанатына жардам беришет. *(Аз. Абдуллах бини Харис РА)*

508/4. Хорасандан кара желектүүлөр чыгат жана Илйага (Иерусалимге) чейин алдыларында эч нерсе тура албайт. *(Аз. Эбу Хурайра РА)*

33/5. Кара желектүүлөр келип алдыңардан чыкканда, перстиктерге даам таттыргыла. Себеби силердин өлкөңөр алар менен бирге. *(Аз. Ибни Аббас РА)*

135/3. Биз ушундай бир Ахли Байтпыз, Аллах бизге дүйнөнү эмес, акыретти насип кылды. Менден кийин Ахли Байтым балээ, зомбулук жана тарчылыкта калышат; чыгыш тараптан кара желектүүлөр келгенге чейин... Алар мүлк сурашат, аларга мүлк берилбейт. Каалаганы аларга берилет, бирок кабыл алышпайт. Жана аны ысмы ысмыма, атасынын аты атамдын атына туура келген, Ахли Байтымдан бирөөгө тапшырышат.

Ал (Аз. Мехди (ас)) жерге өкүмдар болот жана андан мурда кысымчылык менен зулумдукка толгон дүйнөнү чынчылдык менен адилеттикке толтурат. Силерден же кийин келгендерден бирөө ага жетсе, кар үстүндө сойлоп болсо дагы барып ага кошулсун! Сөзсүз алар хидаят желектери. *(Аз. Ибни Месъуд РА)*

48/1. Хорасан тараптан келген каоа желектүүлөрдү көргөнүңөрдө аларга кошулгула! Себеби алардын ичинде Аллахтын халифасы Аз. Мехди (ас) бар. *(Аз. Севбан РА)*

298/2. Жакында силерге Хорасан тараптан кара желектүүлөр келет. Кар үстүндө жөрмөлөп болсо да аларга кошулгула! Себеби алардын арасында Аллахтын халифасы Аз. Мехди (ас) бар. *(Аз. Севбан РА)*

518/5. Рамазанда бир үн чыгат. (Мааниси билинет). Шаввальда бир үн чыгат. (Мааниси билинбейт). Зилкадада уруулар бир-бири менен урушат. Зилхижжада ажылар тонолот. Мухаррамда асмандан мындай деп жар

салынат: «Көңүл бургула. Баланча киши Аллах калкынын жакшыларынан. Аны уккула жана аны ээрчигиле!» *(Аз. Шехр ибни Хавшеб РА)*

346/6. Эч күмөнсүз, жер жүзү кыйынчылык менен зулумдукка толот. Кыйынчылык менен зулумдукка толгон ошол кезде Аллах урпактарымдан аты менин атымда, атасынын аты атамдын атында болгон бирөөнү жөнөтөт; ал дүйнөнү адилеттик менен ынсаптуулукка толтурат. Мурда зулумдук менен кыйынчылыкка толгон сыяктуу. Ошондо асман жамгырын, жер түшүмүн аябайт жана ал араңарда жети, сегиз, эң көп тогуз убакыт болот. *(Аз. Муавийе ибни Куръа РА)*

508/8. Үммөтүмдүн арасынан Аз. Мехди (ас) чыгат. Беш же жети же тогуз (жыл) турат. (Риваят кылуучулар санда күмөн санашкан.) Анан аларга мол мээрим жөнөтүлөт. Жер түшүмүн аябастан берет. Мал-мүлк мол болот. Бир адам ага келип, мындай дейт: «Эй Мехди мага бер, мага бер!» Ага кийими көтөрө алганчалык берет. *(Аз. Эбу Саид РА)*

508/7. Үммөтүмдүн аягында Аз. Мехди (ас) чыгат. Аллаху Зулжалал Азреттери ага мээримин түшүрөт. Жер ага түшүмүн чыгарат. Мал-мүлк тең таркатылат жана бирдей бөлүштүрүлөт. Малдар көп болот. Күндөр да урматталат. Жети же сегиз жыл жашайт. (Риваят кылуучулар жети же сегизде күмөн санашкан.) *(Аз. Эбу Саид РА)*

7/7. Аз. Мехди (ас) менен сүйүнчүлөшкүлө. Ал Курейштен жана ахли байтымдан бир киши. Ал адамдар урушуп, укуктук чайпалуулар ичинде болгон бир кезде чыгат. Ал жер жүзүн, андан мурда зулумдук менен кысымчылыкка толтурулган сыяктуу, адилеттик менен ынсапка толтурат. Андан жер менен асман жашоочулары ыраазы. Жана ал мал-мүлктү сахах кылым таркатат.

Сурашты:

«Сахах деген эмне?»

Айтты:

«Бирдей деген.

Жана Мухаммед үммөтүнүн жүрөктөрүн байлыкка толтурат жана адилеттикти аларга сиңирет. Ушунчалык даражада болгондуктан, бир жарчыга «кимдин муктаждыгы болсо мага келсин!» деп жар салышы буйрулганда, бир кишиден башка эч ким келбейт. Ал киши мүлк сурайт. Ал болсо «казыначыга бар, сага берсин» дейт. Ал барып: «мен Аз. Мехди (ас) тарабынан каалаганым берилиши үчүн жөнөтүлгөн кишимин.» дегенде, казыначы «ал!» дейт. Ал алат.

Бирок алганын көтөргөнгө күчү жетпейт. Анан көтөрө алышынча алат, ашыкчасын таштайт. Ал мүлк менен чыгат, бирок бушайман болуп: «Мухаммед үммөтүнүн напси жагынан эң ач көзү мен окшоймун. Алардын баары мал-мүлк алганы чакырылганда, менден башка эч ким келген жок.» деп

алган мүлкүн кайра тапшыргысы келет. Казыначы болсо: «Биз бергенибизди эч качан кайра албайбыз!» дейт. Мындай доор алты, жети, сегиз же тогуз жылга созулат. Андан кийинки жашоодо болсо жакшылык жок. *(Osman Çataklı-Lütfi Doğan -M. Cevad"Ramuz el-Ehàdis, Hadisler Deryası" Kıyamet Alametleri, 1982)*

Мындан тышкары, Осман Чатаклы «Son Mürşitlerimiz (Акыркы устаттарыбыз)» аттуу макала сериясында бул жөнүндө төмөнкүлөрдү жазган:

«...Азрети Мехдинин чыгаар убактысы төмөнкү куттуу хадисте 4-келишимге карата мындайча берилген.

Жети жылга созула турган 4-тынчтык келишиминен соң Аз. Мехди (ас)дын чыгаары.

2.15. Эбу Наим Эбу Умамеден Расулуллах (сав)дын мындай дегенин риваят кылды: Силер менен адамдар (бир нускада Румдар деп айтылат) арасында төрт тынчтык келишими болот, төртүнчү тынчтык Геракл калкынан бир адам аркылуу болот жана ал жети жылга созулат. Бир адам «Эй Расулуллах (САВ) ал күнү адамдардын имамы ким?» деди. Ал айтты: Урпактарымдан кырк жашта Мехди. Жүзү жаркыраган жылдыз сыяктуу, бетинде кара бир мең бар, үстүндө эки кийим бар. Кыймылдары Бани Исраилге окшошот, жердеги казыналарды чыгарат жана ширк аймактарын өзүнө караТат.» (кыймылынын Бани Исраилге окшошу ошолор (еврейлер) сыяктуу сөөлөттүү жана жарашыктуу маанисине келет.)

Көп кишинин ою боюнча 4-тынчтык келишими 1979-жылы АКШ-Израил менен Египеттин арасында Америкада президенттердин резиденциясы Camp David'де түзүлгөн келишим.

...Бирок Аз. Мехди (ас)дын келээринин эң ачык алааматы болсо келе турган Мухарремдин алдындагы Рамазандын ортосунда күндүн тутулушу. Белгилүү болгондой, күн кадимки шарттарда ай башында күн, ай менен жер бир горизонтто кезде, б.а. чогулуу саатында болот. Бул жерде болсо кереметтүү абалда ай күнгө карата дүйнөнүн артында турганда күн тутулат.

Мына бул куттуу хадис:

АМА 4.15- Дарекутнисүнен Мухаммед бин Алиден риваят кылды. Ал мындай деди: Биздин Мехдибиздин эки алааматы бар, Аллах асмандар менен жерди жаратхандан бери мындай нерсе болгон эмес. Булар Рамазандын биринчи түнү айдын, жарымында болсо күндүн тутулушу. Аллах асмандар менен жерди жараткандан бери мындай болгон эмес.

Мына ошол Рамазандан кийин келген Мухарремдин 9унан 10уна караган түнү куптан намазынан соң Аз. Мехди (ас) чыгат жана Каабада Рүкун менен Макам арасында биат (моюн сунууларды) алат жана ошондо адамдарга мындай дейт...

АМА 6.3- Кеза (Н.Б.Хаммад) Жаферден риваят кылды, ал мындай деди:

Аз. Мехди (ас) куптан убагында Расулуллах (сав)дын желеги, көйнөгү, кылычы жана Нур жана баян сыяктуу дагы көптөгөн алааматтарды жанына алып Меккеде чыгат. Куптан намазын кылган соң эң бийик үнү менен кайрылат. «Эй адамдар! Мен силерге Аллахты эстетип жатам. Эртең махшар күнү Аллахтын алдында ордуңардын кандай болоорун кабар берип жатам. Аллах Таала силерге көптөгөн далилдер менен пайгамбарлар жөнөтүп, Куранды түшүрүп, силерге мындай деп буйрук кылган:

Аллахка эч нерсени шерик кошпогула. Аллах менен Элчисине моюн сунгула. Куран бутка тургузганды тирилткиле, тыюу салганды болсо тыюу салгыла жана силер Мехдиге жардамчы жана көмөкчү болгула. Себеби дүйнөнүн кыйрашына аз калды. Жана бул анык. Мен силерди Аллах менен Элчисине, Анын китеби менен амал кылууга, батылды (жалганды) жок кылып, сүннөттү жандандырууга чакырып жатам.»

Бул кайрылуусунан соң жанында күзгү булуттар сыяктуу бир-биринен кабарсыз чогулган Бедирдегилердей сандагы үч жүз он үчтөй адам менен бирге чыгат. Анын асхабы (тобу) түнкүсүн абид (көп ибадат кылган), күндүз болсо арстан сыяктуу. Аллах Аз. Мехди (ас) үчүн Хижаз жерлерин каратып, түрмөдөгү Хашимилердин баарын куткарат. Кара желектүүлөр болсо Куфага түшүп, биат (моюн сунуу) үчүн Аз. Мехдиге киши жөнөтүшөт. Зулумдукту жана заалымдардын баарын жок кылат. Аймактар анын буйругуна кирет. Аллах Таала анын колунда Константинопольдун каратылышын насип кылат.

Көрүнүп тургандай, Аз. Мехди (ас) кайрылуусунда Аллах силерге мындай деп буйруган: «...Силер Мехдиге жардамчы жана көмөкчү болгула.»

Бирок Куранда сыртынан караганда Аз. Мехди (ас) жөнүндө бир аят көрүнбөгөн сыяктуу болгон менен көптөр өзгөчө Саф Сүрөсү жана башка бир канча сүрөдө Аз. Мехди (ас) жөнүндө аяттар бар экенин баян кылышкан. Бир куттуу хадисте болсо Пайгамбар (сав) Аз. Мехдиге кошулууну караңыз кандай буйрук кылган:

Р.эль-Эхадис 298.2- жакында силерге Хорасан тараптан кара желектүүлөр келет. Кар үстүндө жөрмөлөп болсо да аларга кошулгула. Себеби алардын арасында «Мехди» бар.

Бул куттуу хадисте бир караганда Аз. Мехди (ас) Хорасандан чыга тургандай бир маани чыккандай көрүнгөнү менен, негизи Аз. Мехди (ас) Меккеден чыгат. Бул жерде айтылган Хорасандан келе турган кара желектүүлөр Аз. Мехди (ас)дын жардамчылары болуп, баштарында «Шуайб Ибни Салихи Темими» турган абалда Аз. Мехдиге кошулушат жана анын алгачкы күчтөрүн түзүшөт...» *(Osman Çataklı, Son Mürşidler, 4. bölüm, yazı dizisi)*

**ХҮСЕЙИН ХАТЕМИ**

Хүсейин Хатеми «İnsanlık ve Sevgi Dini: İslam (Адамгерчилик жана сүйүү дини: Ислам)» аттуу китебинин бир бөлүмүндө;

«Азрети Муса Аллах тарабынан билдирилип андан илим жагынан жогорураак даражада болгону менен, элге «расул» элчи катары жөнөтүлбөстөн, жашыруун калган бир «набини», эл арасында Кыдыр деп айтылган кишини көрүү үчүн чыккан сапарында «Межмаъил-бахрейн» (эки деңиз кошулган жер) бир жагынан эки деңиз кошулган жер болушу керек, экинчи жагынан болсо бул термин менен Муса менен Кыдырдын жолугушуусуна ишарат кылынган болушу керек. Бул окуялар чоң ыктымалдык менен Стамбулдун тегерегинде жана Стамбулда болгон. Стамбул сөзү кийинки бурмалоолор эске алынбаса, Бейкоздо азыркы Йуша Төбөсү жанындагы шаарды курган финикиялыктардан бери шаардын сами тилдериндеги Межмаъул Бахрейндин грекчеси. «Isthyme-pole (Истиме-поле)» - «эки деңиз арасындагы шаар» дегенди билдирет. **Келечектеги мураскорлук укуктарынын корголушунда да «Месих» менен апасы ушул шаарда төрөлө турган Аз. «Мехдиге» ишарат бар болуш керек.** *(Hüseyin Hatemi, İnsanlık ve Sevgi Dini İslam, s. 107, Birleşik Yayıncılık. 1998)*

**ЙАШАР НУРИ ӨЗТҮРК**

Йашар Нури Өзтүрк «*Depremin Gösterdikleri» (Жер титирөөнүн ишараттары)* китебинин бир бөлүмүндө акыр заманда келе турган «Эскертүүчү» жөнүндө төмөнкүлөрдү жазган:

«Жер титирөө айтат! Эскертүүчүлөрдү жакшы уккула!

Адамзат эч кайсы доордо эскертүүчүлөрдү жакшы уккан жок. **Аллах ар доордо ар элге «незирлер» (эскертүүчүлөр) жөнөттү.** *(караңыз: Куран, Фатыр Сүрөсү, 24)*

Эскертүүчүлөр дайыма жөнөтүлүшкөн, бирок адамзат аларды уккан эмес.

Эскертүүчүлөр кээде пайгамбар (расул, наби) катары жөнөтүлсө, кээде болсо пайгамбар ачкан негизги жолдо кызмат кылган динге чакыруучулар катары... Мындай динге чакыруучулар кээде мужтахид болот, кээде мужаддид...

Пайгамбарлар болсо незир (эскертүүчү) сыпатынан тышкары, ал тургай андан мурда бешир (сүйүнчүлөөчү) сыпаты бар.

Динге чакыруучу эскертүүчүлөрдө бешир сыпаты боло бербейт. Себеби алар мурда пайгамбар тарабынан ансыз да көңүл бурулган камырабастык жана зулумдуктар бузган тең салмактарды оңдоо үчүн сүйлөшөт. Алардын сөздөрү дээрлик дайыма катуу жана ойго сала турган абалда болот.

Эскертүүчүлөрдүн катуулугун, коркутуучулугун алар мээрим менен

боорукердиктен узак деген мааниде карабаш керек. Алар ошол эле учурда мээримдүү жана боорукер болушат, бирок негизги кызматы адамдын кулагына чочута турган сөздөрдү жеткирүү болгондуктан көбүнчө катуу жана капалантуучу болушат.

Эскертүүчүлөрдүн өтө маанилүү убакыт периоддоруна кайрылгандарын «жылаңач эскертүүчү» дейбиз.

Жылаңач эскертүүчү көбүнчө жүз жылда бир келет. Куран камарий календарь (ай календарын) колдонгондуктан, **15-кылымдын жылаңач эскертүүчүсү болжол менен чейрек кылымдан бери күтүлүүдө.**

**Мен 15-кылымдын жылаңач эскертүүчүсү келип, кызматын баштады дейм.**

Бул жерде дагы бир өзгөчөлүк көңүл бурат. Христиан календарын негиз алып караганыбызда, камарий календардын 15-кылым жылаңач эскертүүчүсү Христиан календары боюнча эки кылымга тең эскертүү жасайт дегенди билдирет. 20- жана 21-кылымдарга. Бул жагдай Аллахтын бул кылымдын жылаңач эскертүүчүсүнө болгон берешендигинин бир көрсөткүчү. **«Бул Аллахтан берешендиги, Аллах аны каалаганына берет. Аллах өтө берешен.»** *(Куран, Жума Сүрөсү, 4)*

Бул жагдайдын дагы бири мааниси бар: бул кылымдын жылаңач эскертүүчүсү камарий календарь символу болгон Ислам дүйнөсүнө гана эмес, Христиан календары символу болгон Батыш дүйнөсүнө да кайрылган бир эскертүүчү болот.

Чындыгында ал бир «орток-бүт ааламдык эскертүүчү».

*(Depremin Gösterdikleri, Yeni Boyut Yayınları s. 232-233)*

**СЕРКАН ТЕКИН**

Өткөн аалымдардын Аз. Мехди жөнүндө жасаган эмгектери Аз. Мехди (ас)дын чыгаар убактысы катары хижрий 1400-1500-жылдарды берүүдө. Бул даталарга карап учурда кээ бир изилдөөчүлөр Аз. Мехди (ас) жөнүндө тереңирээк жана олуттуураак изилдөөлөрдү жасап, хадистерден жана улуу Ислам аалымдарынын бул жөнүндө айткандарынан эбжед эсептөөлөрү менен күтүлгөн Аз. Мехди (ас)дын чыгуу алааматтарын жана чыгаар жылын эсептөөгө аракет кылышып, ушул эле жылдарды табышкан...

**Жаш изилдөөчүлөрдөн Серкан Текин да жазган бир китебинде Аз. Мехди (ас)дын чыгаар убактысын жифр эсеби менен ушул жылдар деп тапкан.**

Жаш изилдөөчү Серкан Текиндин жазгандары төмөнкүдөй:

«Төрт мазхап аалымынын көз-карашы да ушундай. Аз. Мехди (ас) жөнүндөгү хадистердин көпчүлүгү сахих (ишенимдүү). Риваят кылгандар кадыр-барктуу кишилер. Бул көз-карашты жактаган аалымдар Ислам

ааалымдарынын жетимиш тогуз пайызын түзөт. Ал кишилер Ислам дининин эң чоң аалымдары. Ислам аалымдарынын арасында башчылардан.

Саит Бин Жубейр жана төрт мазхап имамдары «Имам Ханефи, Имам Малик, Имам Шафи, Имам Ханбели» жана эки акида имамдары «Эбу Хасан Эшари, Эбу Мансур Матуриди» жана Ислам күнү деген ат менен эскерилген Имам Газали жана аалымдардан Молдо Фенари, Сади Тефтазани жана Давуди Антаки, Имам Шарани, Мухиддин Араби, Шейхүлислам Ибни Хажер эль-Хейтеми, мужтахид Имам Суйути, Алламе Саббан, Мухаммед Берзенжи, Алламе Ресул Эссибки, Хасан Ираки, Имам Касталани, Абдулкадир Гейлани, Кады Бейдави, Мухаммед Рамли, Шихаби Ремли, Алламе Алааттини Аттар, Мевлана Халиди Багдади, Имам Раббани, Алиййул Хавас, Имам Невеви, Йахйа Музури, Саид Нурси, Молла Жами, Алламе Абдул Гафыри Бакилани, Кады Ийаз, Мухаммед Сави, Фетхуллах Верканиси, Мухиддин Хавейли жана Алааддин Охини сыяктуу аалымдар бар.

Бул аалымдардын баары жана шакирттери Аз. Мехди (ас) жөнүндө ушундай көз-караштты айтышкан...

Бул аалымдардын көз-карашы кадыр-барктуураак жана сахих барктуу болгондуктан биз да акыр заман темасын ошолордун баяндарын негиз алып карайбыз...

...Улуу аалым Сибгатуллахи Арвасинин жээни Алламе Мухаммед Хафиддин улуу аалым Хафыз Мухиттинге айтканы боюнча;

**Зухуру (чыгышы): 1425-жыл.**

Мындан тышкары, бул эмгекте; **«Аз. Мехди (ас)дын артында үстүндө бул Аллахтын халифасы, күтүлгөн мехди деп жазылган бир мөөр болот деп айтылат.» Ошондой эле Аз. Мехди (ас)дын мужтахид (шарияттык өкүм чыгаруучу) өтө улуу бир Ислам аалымы болоору да ошол эмгекте айтылат.» «Zuhrul Mehdi ve Deccal» аттуу китеп Алламе Расул Сибки жазган эң акыркы эмгек.**

**...«Сөзсүз Аллахтын тараптарлары үстөм болуучулар дал ошолор.» сүйлөмүнүн жифр эсебинен көрүнүп турат. Бул сүйлөмдүн жифр эсеби Хижрий 1428-жыл чыгууда. Бул Аз. Мехди (ас)дын чыгышынан үч жыл кийинки убакыт. Себеби Аз. Мехди (ас) чыккандан үч жылдан кийин биринчи эң чоң жеңишине жетет...**

...Бул аяттагы үстөмдүктүн Аз. Мехди (ас)дын жеңиши экени кайсы маалыматтардан көрүнүп турат. Мурда болгон Ислам дининин жеңиштеринин кандайдыр бирөөсү болушу мүмкүн эмеспи? Эмне үчүн сөзсүз Аз. Мехди (ас) деген жыйынтык чыгарылууда... Аяттагы сөздөрдү «Куран Белагати» илимине карап анализ кылганыбызда, аяттагы жеңиштин Аз. Мехди (ас)дын жеңиши гана экенин апачык көрөбүз.

Себеби аятта 4 текид (бекемдөө) бар... Эң чоң текиддин сүйлөмдө

айтылышы сүйлөмдөгү жеңиштин эң чоң жеңиш экени апачык билдирилүүдө... Тарыхта мындай бир жеңиш ушул күнгө чейин эч боло элек. Бирок Аз. Мехди (ас)ды сүйүнчүлөгөн хадистер мындай жеңиштин акыр заманда Аз. Мехди (ас) урматында болоорун апачык кабар берет...

Жасаган изилдөөлөрүм Аз. Мехди (ас)дын 2005-жылы чыгаарын көрсөткөндүктөн, Сүфйандын 2004-жылдын аягында чыгаарын көрсөтүүдө. *(Serkan Tekin, Kuran'da Gizlenen Tarihler. s. 160-202, Nokta Yayınları, 2002)*

**ИБРАХИМ КОЖАБЫЙЫК**

Эми болсо «Mehdilik ve İmamiye» (Мехдилик жана Имамдык) китебинин автору Ибрахим Кожабыйыктын 2000-ж. 15-21-январындагы Aksiyon журналында жарыяланган бир интервьюда Мехдилик жөнүндө айткан көз-караштарын сиздерге суналы:

*Mehdilik ve İmamiye* китебинин автору Ибрахим Кожабыйык:

**«Мехди адамзаттын оңолушу-тазаланышы үчүн иш-аракет жүргүзөт»**

Мехди менен муждеддид окшош маанидеги сөздөр катары колдонулган. Эбу Давуддун Сүненинде айтылган, Аллах жүз жылда бир жаңылаган ал мехдилер же мужеддиддер ар кандай өзгөчөлүктөр менен элдерге келишкен.

- Мехди темасы диний булактарда кандай орун алат?

**- Бул тема Куранда Мехди деп айтылбайт. Хади ысмы 5 жерде Курани Керимде эскерилет. Хадийен жана Насира деп. Тамыр катары Хеда уңгусунан келгендиктен Мехди менен Хади ысмынын байланышы бар.**

- Б.а. Мехди Аллахтын Хади ысмына бөлөнгөн киши.

- Ооба.

- Б.а. **чектен чыгуулардын масштабы кыяматтын келишин зарыл кыла турган даражаларга жетет.** Бул чектен чыгуулар ушундай даражага жетет; анан менин урпактарымдан деп айткан, бузулдаган, илгеркилер айткандай силсиле-и зехеб, сейиттер деп айтылган ошол алтын урпактардан келет дейт.

Кыямат келээрден мурда бүт адамзатка кучак жайган бир оңдоо иш-аракети болот. Муну баса белгилеп кетүү керек. Мехдилик бир аймакты, же бир өлкөнү гана көздөгөн бир кыймыл эмес.

- Бул жерде уруксат берсеңиз бир жагдайды айтып кетели. Чыныгы Аз. Мехди (ас) – бул Пайгамбарыбыз. Хади ысмына бөлөнгөн инсан же инсандар ал алып келген жана сиз негизги жол деп атаган жолго көбүрөөк адамды салууда роль ойношот.

- Албетте.

- Акыр заман Мехдиси болсо ошол жолду өз заманына эң сонун алып

бара турган инсан болот.

- Ооба. Ошол үчүн бул мааниде Мехди менен Мужеддид окшош мааниде колдонулган. Эбу Давуддун Сүненинде айтылган, Аллах жүз жылда бир жаңылаган ал Мехдилер же Мужеддиддер ар кандай өзгөчөлүктөрдө ошол сиз айткан элдерге келишкен.

Мисалы, Имам Раббани өз доорунда каттар менен алыс жердегилерге да жетип бул жаңылоо кызматын аткарууга аракет кылат. Мисалы, бир Имам Газалини алалы. Эййүхел Велед китебин жазат, баласына насыйкат сыяктуу. Бир Техафүтүъл Феласифе'ни жазат философторго каршы. Ал доордо грек философиясынын жаштардын диний ишенимине терс таасир бергенин көрөт. Бүгүнкү күндө да көп агымдар таасир берген сыяктуу. Бир тараптан Ихйа-и Улумиъд-дин, экинчи тараптан Техафүт, Ислам илимдери талкаланып кайрадан оңдолуп жаткан сыяктуу бир оңдоо.

Бир оңдоо кыймылы, ансыз да булар ошол эле учурда. Ошондуктан жаңылоонун астында да ушул оңдоо турат. Бир реформа сыяктуу түшүнүү керек бул жаңылоону. Ошон үчүн Куран жолу деп аталган бул негизги жолго, пайгамбар жолуна чакырган бул мужеддиддер көп элдерге үнүн жеткирүү үчүн же китеп жазышкан, чакырык жасашкан же шакирттерди тарбиялап ал шакирттерди дүйнөгө таратышкан...

**- Эң ишенимдүү эки булак катары белгилүү болгон Бухари менен Муслимде кандайча орун алат?**

- Мехди ысмы эскерилбестен, оңдой турган момун деп айтылат. Башка хадис китептеринде болсо Аз. Мехди (ас) деп айтылат. **Өзгөчө Тирмизи бул хадистерди алган соң «Хаза сахихун хасенүн» дейт. Тирмизинин өз пикири боюнча, бул сөз менен берилген хадистер Бухари менен Муслим хадиси сыяктуу ишенимдүү. Биздин доордо жашаган Киттани Мехдилик жөнүндөгү риваяттарды бир китеп кылып, ал риваяттардын жалпысынын теватүр даражасына жеткенин айткан.** *(Aksiyon dergisi, 15-21 Ocak 2000)*

## СҮЛЕЙМАН КӨСМЕНЕ

Учурдагы изилдөөчүлөрдөн Сүлейман Көсмененин да Мехдилик жөнүндө көп макалалары бар. Төмөндөгү баян автордун "Fıkıh Günlüğü" деп аталган макалаларын жазган Yeni Asya гезитинин 2003-ж. 2-январындагы макаласынан алынган.

### ***Азрети Мехди (ас)дын жашыруундугу***

Зонгулдактан бир аял окурманыбыз: **«Устат Азрети (Бедиүззаман) Аз. Мехди (ас) жөнүндө кээ бир жерлерде «кийин келет; биз ага негиз даярдап жатабыз» дейт. Бул кандай мааниге келет? Негиз даярдоо**

**дегендин мааниси кандай? Аз. Мехди кийин келеби?»**

Аланиядан Ремзи Четин: **«Рисели-и Нурду окугандар арасында Аз. Мехдини издегендер бар. Аз. Мехди (ас) келгенби? Келеби? Аз. Мехдини тапкан эмне кылышы керек?»**

Стамбул/Пендиктен Румейса окурманыбыз: **«Бир күнү кечинде телевизор программасында бир дин изилдөөчү «аяттардан түшүнгөнүм боюнча Азрети Мехди (ас) 2005-жылы келет» деди. Бул кандай мааниге келет? Канчалык туура?»**

Азрети Мехди Алейхиссаламдын чыгышы Пайгамбар Мырзабыз Алейхиссалату Вассаламдын акыр заман жөнүндө берген кайыптык кабарлардын бирөөсү. Бир миң төрт жүз жылдан бери үммөт бул кабарды бийик тутуп сактап келген; дажжалдан канчалык Аллахка корголонсо, Аз. Мехдини да ошончолук Аллахтын мээриминен күтүшкөн. Ар кылым бир түр Мехдиге муктаж болуп, мужеддид маанисинде бир түр Мехдини көргөн болсо да; бул акыркы кылымдагы Улуу Мехди өзүнчө бир өзгөчөлүк, сыпат, наам жана даража менен күтүлгөн жана бүт оңолуу үмүттөрү дээрлик ага болгон.

Бирок Азрети Мехди Алейхиссалам жөнүндөгү кабарлар да, башка акыр заман кабарлары сыяктуу жашыруун, пардалуу жана туура чечмелөө керек болгон кабарлардан. Азрети Иса Алейхиссалам келгенде аны баары таанбай, анын жакындары менен алдыңкы адамдар ыймандын нуру менен аны тааный турган сыяктуу, Азрети Мехди Алейхиссаламга да ушундай абал тиешелүү. Б.а. бүт баары Азрети Мехди Алейхиссаламды ачык таанбайт. Мунун өзгөчө ибадатка, сыноо сырына жана кулчулукка тиешелүү маанилүү сырлары бар.

**Бул бир пайгамбарлык эмес, апачык билингидей. Мехдилик макамы жашыруун даражалуу бир макам.** Сыноо сыры бул макамдын жашыруун калышын талап кылат. Бул макамдын ээси пайгамбарлар сыяктуу өзүн ачык жарыялабайт. Бул макам үчүн мындай мажбурлук жана муктаждык жок.

Пайгамбарлык макамын тануу каапырдык болот. Мындан улам пайгамбарлар «Ла Илаха ИллАллах» сөзүнөн соң өздөрүнүн Аллахтын кулу жана элчиси экенин бир ыйман шарты катары калыпка салышып, адамдарды ушул ыйманга чакырышкан. Мунун тууралыгын тастыктоо үчүн болсо керек болгондо Аллахтын жардамы менен керемет көрсөтүшкөн.

Бирок Мехдилик макамы «Аллахка жана пайгамбарга ыйман» акыйкатынын ичинде жана түпкүрүндө бул акыйкатты далилдөө үчүн Аллах тарабынан жаратылган бир акыр заман күзгүсү. Б.а. ыйман үчүн бир күзгү; бирок ыймандын өзү эмес. Азрети Мехди Алейхиссаламдын Мехди экенине ыйман кылуу эмес, ага моюн сунуу жана ал сунган акыйкаттарга ишенүү керек. Бул жагынан Мехди Алейхиссалам пайгамбар сыяктуу ачык келбейт, өзүн мен Мехдимин деп жарыялабайт.

# БУЛАКТАР

1- Feraidu Fevaidi'l Fikr Fi'l İmam El-Mehdi El-Muntazar, Yazar: Mer'iy b. Yusuf b. Ebibekir b. Ahmet b. Yusuf el-Makdisi
2- En-Necmu’s-sakıb fi Beyanı Enne’l Mehdi min Evladı Ali b. Ebi Talib
3- Ali b. Sultan Muhammed el-Kari el-Hanefi’nin “Risaletül Meşreb elverdi fi mezhebil Mehdi”
4- Feraidu Fevaidi'l Fikr Fi'l İmam El-Mehdi El-Muntazar, Yazar: Mer'iy b. Yusuf b. Ebibekir b. Ahmet b. Yusuf el-Makdisi
5- Ali b. Sultan Muhammed el-Kari el-Hanefi’nin “Risaletül Meşreb elverdi fi mezhebil Mehdi”
6- Feraidu Fevaidi'l Fikr Fi'l İmam El-Mehdi El-Muntazar, Yazar: Mer'iy b. Yusuf b. Ebibekir b. Ahmet b. Yusuf el-Makdisi,
7- Ali b. Sultan Muhammed el-Kari el-Hanefi’nin “Risaletül Meşreb elverdi fi mezhebil Mehdi”
8- Feraidu Fevaidi'l Fikr Fi'l İmam El-Mehdi El-Muntazar, Yazar: Mer'iy b. Yusuf b. Ebibekir b. Ahmet b. Yusuf el-Makdisi,
9- Ukayli “En-Necmu’s-sakıb fi Beyanı Enne’l Mehdi min Evladı Ali b. Ebi Talib Ale’t Temam ve’l kamal”,
10- Ali b. Sultan Muhammed el-Kari el-Hanefi “Risaletül Meşreb elverdi fi mezhebil Mehdi”,
11- Mer'iy b. Yusuf b. Ebi bekir b. Ahmet b. Yusuf el-Makdi’si “Feraidu Fevaidi'l Fikr Fi'l İmam El-Mehdi El-Muntazar”
12- A.g.e.
13- A.g.e
14- A.g.e
15- Ali b. Sultan Muhammed el-Kari el-Hanefi “Risaletül Meşreb elverdi fi mezhebil Mehdi”,
16- A.g.e.
17- A.g.e
18- Ukayli “En-Necmu’s-sakıb fi Beyanı Enne’l Mehdi min Evladı Ali b. Ebi Talib Ale’t-Temam ve’l kamal”,
19- A.g.e.
20- A.g.e.
21- A.g.e.
22- Mer'iy b. Yusuf b. Ebi bekir b. Ahmet b. Yusuf el-Makdi’si “Feraidu Fevaidi'l Fikr Fi'l İmam El-Mehdi El-Muntazar”
23- A.g.e.

24- A.g.e.

25- Ali b. Sultan Muhammed el-Kari el-Hanefi “Risaletül Meşreb elverdi fi mezhebil Mehdi”

26- Mer'iy b. Yusuf b. Ebi bekir b. Ahmet b. Yusuf el-Makdi’si “Feraidu Fevaidi'l Fikr Fi'l İmam El-Mehdi El-Muntazar”

27- Ali b. Sultan Muhammed el-Kari el-Hanefi “Risaletül Meşreb elverdi fi mezhebil Mehdi”

28- Ukayli “En-Necmu’s-sakıb fi Beyanı Enne’l Mehdi min Evladı Ali b. Ebi Talib Ale’t-Temam ve’l kamal”,

29- Ukayli “En-Necmu’s-sakıb fi Beyanı Enne’l Mehdi min Evladı Ali b. Ebi Talib Ale’t-Temam ve’l kamal”,

30- Ali b. Sultan Muhammed el-Kari el-Hanefi “Risaletül Meşreb elverdi fi mezhebil Mehdi”

31- Mer'iy b. Yusuf b. Ebi bekir b. Ahmet b. Yusuf el-Makdi’si “Feraidu Fevaidi'l Fikr Fi'l İmam El-Mehdi El-Muntazar”

32- A.g.e.

33- Ukayli “En-Necmu’s-sakıb fi Beyanı Enne’l Mehdi min Evladı Ali b. Ebi Talib Ale’t-Temam ve’l kamal”,

34- A.g.e.

35- A.g.e.

36- A.g.e.

37- A.g.e.

38- A.g.e.

39- A.g.e.

40- A.g.e.

41- Mer'iy b. Yusuf b. Ebi bekir b. Ahmet b. Yusuf el-Makdi’si “Feraidu Fevaidi'l Fikr Fi'l İmam El-Mehdi El-Muntazar”

42- A.g.e.

43- A.g.e.

44- A.g.e.

45- A.g.e.

46- A.g.e.

47- A.g.e.

48- A.g.e.

49- A.g.e.

50- A.g.e.

51- A.g.e.

52- A.g.e.

53- Ukayli “En-Necmu’s-sakıb fi Beyanı Enne’l Mehdi min Evladı Ali b. Ebi Talib Ale’t-Temam ve’l kamal”

54- A.g.e.
55- A.g.e.
56- A.g.e.
57- A.g.e.
58- A.g.e.
59- Mer'iy b. Yusuf b. Ebi bekir b. Ahmet b. Yusuf el-Makdi'si "Feraidu Fevaidi'l Fikr Fi'l İmam El-Mehdi El-Muntazar"
60- A.g.e.
61- A.g.e.
62- A.g.e.
63- A.g.e.
64- Ali b. Sultan Muhammed el-Kari el-Hanefi "Risaletül Meşreb elverdi fi mezhebil Mehdi"
65- Mer'iy b. Yusuf b. Ebi bekir b. Ahmet b. Yusuf el-Makdi'si "Feraidu Fevaidi'l Fikr Fi'l İmam El-Mehdi El-Muntazar"
66- Ukayli "En-Necmu's-sakıb fi Beyanı Enne'l Mehdi min Evladı Ali b. Ebi Talib Ale't-Temam ve'l kamal"
67- Mer'iy b. Yusuf b. Ebi bekir b. Ahmet b. Yusuf el-Makdi'si "Feraidu Fevaidi'l Fikr Fi'l İmam El-Mehdi El-Muntazar"
68- Ukayli "En-Necmu's-sakıb fi Beyanı Enne'l Mehdi min Evladı Ali b. Ebi Talib Ale't-Temam ve'l kamal"
69- A.g.e.
70- A.g.e.
71- Mer'iy b. Yusuf b. Ebi bekir b. Ahmet b. Yusuf el-Makdi'si "Feraidu Fevaidi'l Fikr Fi'l İmam El-Mehdi El-Muntazar"
72- A.g.e.
73- A.g.e.
74- A.g.e.
75- A.g.e.
76- Mer'iy b. Yusuf b. Ebi bekir b. Ahmet b. Yusuf el-Makdi'si "Feraidu Fevaidi'l Fikr Fi'l İmam El-Mehdi El-Muntazar"
77- A.g.e.
78- A.g.e.
79- A.g.e.
80- A.g.e.
81- Ukayli "En-Necmu's-sakıb fi Beyanı Enne'l Mehdi min Evladı Ali b. Ebi Talib Ale't-Temam ve'l kamal"
82- A.g.e.
83- Mer'iy b. Yusuf b. Ebi bekir b. Ahmet b. Yusuf el-Makdi'si "Feraidu Fevaidi'l Fikr Fi'l İmam El-Mehdi El-Muntazar"

84- Ukayli “En-Necmu’s-sakıb fi Beyanı Enne’l Mehdi min Evladı Ali b. Ebi Talib Ale’t-Temam ve’l kamal”
85- A.g.e.
86- A.g.e.
87- Mer'iy b. Yusuf b. Ebi bekir b. Ahmet b. Yusuf el-Makdi’si “Feraidu Fevaidi'l Fikr Fi'l İmam El-Mehdi El-Muntazar”
88- A.g.e.
89- A.g.e.
90- A.g.e.
91- Ukayli “En-Necmu’s-sakıb fi Beyanı Enne’l Mehdi min Evladı Ali b. Ebi Talib Ale’t-Temam ve’l kamal”
92- A.g.e.
93- A.g.e.
94- Ali b. Sultan Muhammed el-Kari el-Hanefi “Risaletül Meşreb elverdi fi mezhebil Mehdi”
95- A.g.e.
96- A.g.e.
97- A.g.e.
98- A.g.e.
99- A.g.e.
100- A.g.e.
101- A.g.e.
102- A.g.e.
103- A.g.e.
104-Ukayli “En-Necmu’s-sakıb fi Beyanı Enne’l Mehdi min Evladı Ali b. Ebi Talib Ale’t-Temam ve’l kamal”
105- A.g.e.
106- A.g.e.
107- A.g.e.
108- A.g.e.
109- A.g.e.
110-A.g.e.
111-Mer'iy b. Yusuf b. Ebi bekir b. Ahmet b. Yusuf el-Makdi’si “Feraidu Fevaidi'l Fikr Fi'l İmam El-Mehdi El-Muntazar”
112-A.g.e.
113-A.g.e.
114-A.g.e.
115-Ali b. Sultan Muhammed el-Kari el-Hanefi “Risaletül Meşreb elverdi fi mezhebil Mehdi”
116-A.g.e.
117-Mer'iy b. Yusuf b. Ebi bekir b. Ahmet b. Yusuf el-Makdi’si “Feraidu Fevaidi'l Fikr Fi'l

İmam El-Mehdi El-Muntazar”

118-Ukayli “En-Necmu’s-sakıb fi Beyanı Enne’l Mehdi min Evladı Ali b. Ebi Talib Ale’t-Temam ve’l kamal”

119-Mer'iy b. Yusuf b. Ebi bekir b. Ahmet b. Yusuf el-Makdi’si “Feraidu Fevaidi'l Fikr Fi'l İmam El-Mehdi El-Muntazar”

120-Ukayli “En-Necmu’s-sakıb fi Beyanı Enne’l Mehdi min Evladı Ali b. Ebi Talib Ale’t-Temam ve’l kamal”

121-Mer'iy b. Yusuf b. Ebi bekir b. Ahmet b. Yusuf el-Makdi’si “Feraidu Fevaidi'l Fikr Fi'l İmam El-Mehdi El-Muntazar”

122- A.g.e.

123- A.g.e.

124 -A.g.e.

Пайгамбар Мырзабыз (сав) мындай деген: «Адамдар 1400-жылы Аз.Мехди (ас)дын жанында чогулушат.»

(Risalet-ül Huruc-ül Mehdi, б.108)